Кырг.
С9

# Манас

## энциклопедия

«Манас» эпосунун 1000 жылдыгына арналат

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ
КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МАМЛЕКЕТТИК «АКЫЛ» КОНЦЕРНИ

КЭнин БАШКЫ РЕДАКТОРУ А. КАРЫПКУЛОВ

БАШКЫ РЕДАКЦИЯ МҮЧӨЛӨРҮ:

И. Т. АЙТМАТОВ, Ж. АКИМАЛИЕВ, Ж. А. АКИНЕЕВ, К. АСАНОВ, А. БАКИРОВ, З. БЕЙШЕЕВ (жооптуу секретарь), Э. Ж. БЕЙШЕНБИЕВ, И. БЕКБОЕВ, С. С. ДАНИЯРОВ, Ч. Ж. ЖАКЫПОВА, С. ЖИГИТОВ, Ж. ЖЭЭНБАЕВ, О. ИБРАИМОВ, М. ИМАНАЛИЕВ, А. Ч. КАКЕЕВ, Т. КОЗУБЕКОВ, Т. КОЙЧУЕВ, К. КОНКОБАЕВ, К. МОЛДОБАСАНОВ, А. М. МУРАЛИЕВ, А. МУРЗАЛИЕВ, К. К. НАНАЕВ, О. НАРБЕКОВ, Б. Ө. ОРУЗБАЕВА, Ю. Ж. ТОЙЧУБЕКОВ, С. Ж. ТОКТОМУШЕВ, А. ЭРКЕБАЕВ.

ИЛИМИЙ РЕДАКЦИЯЛЫК КЕҢЕШ;

Э. АБДЫЛДАЕВ, Ч. АЙТМАТОВ (төрага), Б. АЛАГУШОВ, А. АЛДАШЕВ, С. АЛИЕВ («МАНАС» редакциясынын башчысы), М. БОРБУГУЛОВ (төраганын орун басары), А. ЖАКЫПБЕКОВ, Д. ЖАПАРОВ, К. ЖУСУПОВ, С. КАЙЫПОВ, Ө. КАРАЕВ, Р. КЫДЫРБАЕВА, И. МОЛДОБАЕВ, С. МУСАЕВ, Б. ОРУЗБАЕВА, С. ӨМҮРЗАКОВ, Т. СЫДЫКБЕКОВ.

АДИС РЕДАКТОРУ Р. САРЫПБЕКОВ

# Манас

## ЭНЦИКЛОПЕДИЯ



# I

## ААЛАМ — МАНАСТЫН МУЗЫКАСЫ

Кыргыз энциклопедиясынын Башкы редакциясы
«Мурас» илимий-пропагандалык ишкер долбоору
Бишкек, 1995

**АВТОРЛОР**

Абдрахманов Гыламидин
Абдувалиев Ибраим
Абдыкадыров Абдылда
Абдылдаев Өзүбек
Абдылдаев Эсеналы
Абдыракунов Турдубай
Абилов Абдимухтар
Абылгазиев Бектурган
Айдаркулов Кадыркул
Айдаров Чынарбек
Акматалиев Абдылдажан
Акматалиев Амантур
Акматалиев Козубек
Акматбеков Анарбек
Акынбекова Медеркүл
Алагушов Балбай
Алиев Зарлык
Алиев Мар
Алиев Сатыбек
Алтыбаев Шаршенбек
Алымбаев Абдурахман
Алымбаева Бүбүайша
Аманкулов Сапарбек
Апышев Бекенбай
Арзыкулов Жорупбек
Аттокуров Четинбай
Ахметов Төлөндү
Ашымбаев Калканбай
Ашымов Каарман
Ашырбаев Тойто
Байбосунов Али-Аскар
Байгазиев Советбек
Байжигитов Калыбек
Байзаков А.
Байсеркеев Керимбай
Бакенов Сатыбалды
Бакиров Апас
Бапаев Халил
Бапиева Света
Бараталиев Өмүрбек
Баялиева Токтобүбү
Бегалиев Сапар
Бейшеев Закон
Бейшембиев Бектен
Бектенов Зыяш
Беренaлиев Октябрь
Беркбаев Үсөн
Бобукеев Рыскулбек
Болчуров Токтобек
Боронов Адина
Ботбаев Аскер
Ботояров Камбаралы
Бөкөшов Жамгырбек
Брудный Арон Абрамович
Буланов Шарше
Буудайчиев Байышбек
Винник Дмитрий Фёдорович
Дакыбаев Билим
Дүйшалиев Камчыбек
Дүйшөнбеков Майрамбек
Жайнакова Айнек
Жакыпбеков Асанбек
Жаманкараев Айтбек
Жапаров Дүрбөлөң
Жапаров Шералы
Жолдошев Рыскул
Жолдошева Чолпон
Жумаканов Султан
Жумакунова Гүлзура
Жумалиев Жээнкул
Жумалиев Курманбек
Жээнбаев Акимжан
Еркетанов Омор
Ибраев Шакир
Ивгин Хайретдин
Иманалиев Сыдык
Иптаров Сабыр
Исаев Мурат
Исаков Сайдин
Исмаилов Ооганбек
Ишеналиева Казира
Ишенов Сайнидин
Кадыров Ысмайыл
Казакбаев Айтбай
Казакбаев Дайырбек
Казыбаев Памирбек
Кайбылдаев Асан
Кайыпов Сулайман
Какеев Аскар
Калдаров Эсенбай
Калчакеев Кубанычбек
Канаев Койчуке
Карагулов Салвар
Караев Өмүркул
Карасартов Абдылда
Каримов Мурзахолим
Карпеков Азиз
Карымшаков Төлөгөн
Кебекова Батма
Кенжебай Акмат уулу
Кенчиев Жапар
Кодоров Базарбай
Кожобеков Мурат
Козубаев Өскөнбай
Койчиев Арслан
Короглы Халык Хусейинович
Көчкүнов Айдарбек
Кулмамбетов Жаныш
Күрөгөнов Абласбек
Кыдырбаева Бурул
Кыдырбаева Раиса
Кырбашев Кеңеш
Мамасалиев Мейман
Мамбеткалиев Султан
Мамыралиев Миңгелди
Матенова Жеңишбүбү
Матиев Кадырбек
Матисаков Абдиламит
Махмануров Абдулхак
Медетов Жакып
Молдобаев Жанузак
Молдобаев Имель
Мокеев Анварбек
Мукасов Мурат
Мукашева Жаңыл
Мукашева Клара
Мураталиев Муканбет
Муратов Абдыкерим
Мурзабекова Бурулуш
Мусаев Самар
Мүлкүбатов Токтобай
Нарбеков Оморбай
Оморкулов Кутубек
Оморов Ибраим
Оморов Кубанычбек
Орозобекова Жылдыз
Орусбаев Абдыкадыр
Осмонбетов Кубат
Осмонов Сатылган
Өмүралиев Кушубек
Өмүрбай Макелек
Өмүрбеков Токторбек
Өмүрзаков Садыбакас
Өмүрзаков Төлөбек
Өмүров Кемел
Рыспаев Ишимбай
Саалиева Дамира
Саатов Жапар
Сагынов Жолдошбек
Садык Алахан
Садыков Болотбек
Саламатов Тимур
Сапарбаев Асанкан
Сарыгулов Садыр
Сарыпбеков Райкул
Сейдакматов Касымбек
Соороноов Омор
Субаналиев Сагыналы
Субанкулов Ниязбек
Сушанло Мукамбет Язысович
Суеркулова Анархан
Сүйөнкова Асылбүбү
Сыдыков Жеңиш
Сыдыков Маматбек
Сыдыков Сагалы
Ташмаматов Таалайбек
Ташпаева Кадича
Токомбаева Анара
Токтогазиев Темирбек
Токторбаев Саты
Токтосунова Гүлчахра
Толубаев Мамыр
Төлөгөнова Сайракан
Төлөев Жаныбек
Төлөмүшев Мырзаян
Төрөкулова Бурма
Урдавлетов Мирзат
Усубалиев Бейшенбай
Үсөнов Мурзапар
Үсөнов Эркинбек
Хажиев Абдукарим
Чороев Тынчтыкбек
Чыныбаев Билал
Шаваева Калбүбү
Шаршеев Жуматай
Шаршеналиева Акжолтой
Шералиева Ырыскан
Шүкүров Шерназар
Эгембердиев Раимжан
Элебесова Айгүл
Эркебаев Абдыганы
Ярков Александр Павлович

ISBN 5—89750—013—4
© Кыргыз энциклопедиясынын Башкы редакциясы, 1995

Н...ОН... Я
Б... ЛИ... КА
1
...Кыргы...кой ...спублики
5929

## АЛГЫ СӨЗ

Колуңузда турган энциклопедиянын көздөгөн максаты кыргыздын баатырдык эпосу «Манастын» өз-өз алдынча атайын бөлүмдөрдөн турган көркөм текстин, ошондой эле бул улуу эстеликтин кагаз бетине түшүрүлүш тарыхын, айтуучуларын, мазмунун, сюжетин, варианттарын, поэтикасын, мотивдерин, образдык түзүлүшүн, көркөм каражаттарын, топонимикасын, этностук аталыштарын, антропонимдерин, философиялык жана диний түшүнүктөрүнүн катмарларын, жалпы эле анын кыргыз элинин рухий турмушуна тийгизген таасирлеринин кеңири чөйрөсүн чечмелеп берүү, маңызын сыгып, ток этер жерин айтып түшүндүрүү болуп саналат.

Эпос боюнча түзүлгөн мындай энциклопедия республикада буга чейин болгон эмес, биринчи жолу кыргыз тилинде колго алынып жатат. Ушул себептен улам анда материалдарды толук камтуу, аларды илимий жагынан шөкөттөп түшүндүрүүдө айрым кемчиликтердин, мүчүлүштөрдүн кезигиши, эске алынбай же жеткиликтүү ачылбай калган терминдердин болушу мүмкүн. Мындай өзгөчө эмгекти жаратуудагы кыйынчылыктар биринчи кезекте эпостун сюжетинде этностук, топонимикалык, антропонимикалык терминдердин эбегейсиз ар түрдүүлүгү, каармандар галереясынын жана түркүн архаизмдердин чексиз арбындыгы менен байланышкан. Анын үстүнө макалаларды жазуу менен бирге, бир эле учурда изилдөө ишин да жүргүзүүгө туура келди деп айтууга да болот. Бул жагдай асыресе эпостун тарыхый-көркөм компоненттеринин али толук иликтөөгө алына электигинен улам болуп отурат. Мындай абал кээ бир макалалардын сапатына да таасир тийгизбей койгон жок.

Макалалардын авторлорунун адистик деңгээлинин ар түрдүүлүгү да энциклопедиянын жалпы мазмунуна таасирин тийгизди. Бул эмгекти даярдоодо Кыргыз Республикасынын Илимдер академиясынын окумуштуу-адистери, жогорку окуу жайларынын окутуучулары, ошондой эле, албетте, Кыргыз Энциклопедиясынын кызматкерлери катышты. Ошентсе да мындагы иштердин негизги жүгүн Илимдер Академиясынын азыркы Адабият жана искусство институтунун «Манастаануу» бөлүмү көтөрдү десек болот. Андай болуунун жөнү да бар. Эпостун варианттарын жарыялоо, анын тарыхый-көркөм катмарларынын жаралышын жана поэтикасын изилдөө боюнча атайын адистердин мурунтан бери топтолгон тажрыйбалары энциклопедияны түзүү ишинде өзүнчө бир таяныч, негиз болду.

Бул энциклопедиядан фольклордук, тарыхтык, этнографиялык, философиялык, лингвистикалык багыттарда маалымат берген макалаларды, мындан башка да эпосту изилдөөчүлөргө, эпикалык образдарды музыкада, сахнада, полотнодо, скульптурада жараткан искусство ишмерлерине, ошондой эле тиги же бул даражада эпикалык мотивдер менен коштолгон элдин турмуш-тиричилигиндеги ар түркүн

көрүнүштөргө арналган макалалардын бүтүндөй бир сериясы да орун алган. Бирок, кантсе да, энциклопедиянын мерчемдүү чордонун, албетте, кыргыз эпосунун ички мазмунун, образдык курулмасын ачып көрсөткөн макалалар түзөт. Энциклопедия окурманга эпостун сюжети, мотиви, каармандары, поэтикалык тутуму, эпикалык түркүн түстөр аркылуу сүрөттөлгөн байыркы жана орто кылымдардагы кыргыз коомунун тарыхы, идеологиясы, маданияты тууралуу түшүнүк алууга мүмкүнчүлүк берет.

Энциклопедиянын мазмунун камтыган 3 миңден ашуун терминсөздөр, түшүнүктөр мурда басылып чыккан, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Илимдер Академиясынын кол жазмалар фондусунда сакталып турган эпостун дээрлик бардык варианттарынан, «Манастаануу» бөлүмүнүн жана Кол жазмалар фондусунун карточкаларынан иргелип, тандалып алынды. Мындай материалдарга 16-кылымдын баш ченинде жазылган «Мажму ат-таварих» («Тарыхтар жыйнагы»), революцияга чейин Ч. Ч. Валиханов, В. В. Радлов, Г. Алмаши, С. Смирновдун «Манас» эпосу боюнча жазып алган материалдары, «Семетей» эпосунун Тыныбектин айтуусу боюнча басылып чыккан үзүндүсү, 40-жылдарда «Манас» серияларында жарыяланган эпостун кээ бир эпизоддору, эпостун үч бөлүмүн тең камтыган курама варианты, Сагымбай Орозбак уулунун вариантынын 4 китептен, Саякбай Карала уулунун вариантынын 5 китептен, «Манастын» СССР элдеринин эпостору сериясынан орус жана кыргыз тилдеринде басылып чыккан китептери кирет. Ошону менен катар Шапак Рысменде уулунун, Багыш Сазан уулунун, Молдобасан Мусулманкул уулунун, Тоголок Молдонун варианттары, булардан тышкары Жусуп Мамайдын варианты боюнча Кытайда басылып чыккан айрым китептер да пайдаланылды.

Энциклопедиянын сөздүгүн түзүү, терминдерди бир иретке келтирип, системага салуу да аябагандай зор ишти талап кылды. Мүмкүн болушунча маанилүү терминдер иргелип алынып, анча кызыкчылык туудурбаган айрым түшүнүктөр энциклопедияга киргизилген жок. Көптөгөн убаракерчиликтин натыйжасында макалалардын алфавиттик тартипте жайгашкан энциклопедиялык типтүү схемасы түзүлдү. Алар: «Манас» эпосунун идеялык-көркөмдүк мазмуну, эпосту жыйноонун, жазып алуунун, бастырып чыгаруунун тарыхы, «Манас», «Семетей», «Сейтек» үчилтигинин генеалогиялык циклдешүү туруму, эпостун варианттары, манасчылардын айтуучулук өнөрү, эпосту изилдөө маселелери, эпостун дүйнө элдеринин тилдерине которулушу, элдин рухий турмушунда эпостун ролу, эпос жана тарых ж. б.

Ар бир схема-тема боюнча макалалар кандай планда жазылып, эмнелерди камтышы керек экендиги жөнүндө атайын проспекти иштелип чыкты. Маселен, эпостогу образдарды кандайча изилдөө, активдүү жана пассивдүү каармандарга канча көлөм берүү же ар түркүн этнонимдерди, топонимдерди кандай планда берүү керектиги.

Тийиштүү схемада берилген түшүнүктөр дефиниция боюнча белгилүү даражада иштелип чыкты десек болот; ушундан улам «Манас» энциклопедиясынын план-проспектисинин принциптерин иштеп чыгуу, макалаларды жазуу, редакторлоо иштери энциклопедияны түзүү-




Эпос боюнча ар кыл жылдары жарык көргөн китептер.

чүлөр, илимий редакторлор үчүн өзүнчө эле мектеп болду. Булар канчалык түйшүктүү болсо да мүмкүнчүлүккө жараша энциклопедияны түзүү иши жүзөгө ашырылды. Муну менен кыргыз элинин, кыргыз маданиятынын байыркы рухий мурасы болгон миллион ыр сабынан турган «Манас» эпосу туурасындагы улуттук биринчи энциклопедия окурмандарга сунуш кылынып отурат.

Кыргыз элинин укмуштуу эпосу «Манас» — чексиз кайраттуулукту, жоокерлик ар-намысты, Ата Журтту терең сүйүүнү даңктаган чыгарма. Нечен кылымдарды камтыган кары тарыхында кыргыздар өздөрүнүн көз карандысыздыгы, эркиндиги үчүн баатырдык күрөш жүргүзүп келген. Душманга көжөлө каршылык көрсөткөн элдин кебелгис күчү, кажыбас кайраттуулук жана чексиз каармандык кыргыз элин таптакыр жок болуп кетүүдөн сактап калган. Мына ушундан улам каармандыкты, эрдикти даңазалоо кыргыз поэзиясынын түбөлүк темасына айланган, улуу эпостун жаралышына негиздүү өбөлгө түзгөн.

«Манас» эпосу — кыргыз элинин тарыхын гана эмес, анын турмушунун, жашоо-тиричилигинин түрдүү жагын: этникалык курамын, чарбасын, күндөлүк тиричилигин, салт-санаасын, адеп-ахлагын, эстетикалык табиятын, жүрүм-турумунун жол-жобосун, адамдык оң-терс сапаттар жөнүндөгү бааларын, айлана-чөйрөгө, жаратылышка карата мамилесин, көз карашын, диндик түшүнүгүн, астрономиялык, географиялык ж. б. билимдерин, элдик поэтикасын жана тилин кеңири арымда чагылдырган нукура эпикалык чыгарма. «Манаста» баяндалган окуялар эң биринчи иретте кыргыз элинин тарыхынын байыркы доорун сүрөттөйт. Эң алды менен байыркы коомдук түзүлүштүн, аскердик демократиянын кээ бир мүнөздүү белгилери (согуш олжолорун бөлүштүрүүдө аскердеги ар бир жоокердин тең укуктуулугу, жетекчини шайлоо жолу менен тандоо ж. б.), эпостун окуялары болуп өткөн жер-суулардын аталыштары, эл, уруу жана кейипкерлердин энчилүү аттары ж. б. түшүнүктөр байыркылык мүнөзгө ээ. Эпостун байыркылыгын «Мажму ат-таварихте» камтылган тарыхый кабарлар да таасын ырастайт.

«Манас» — муундан муунга, кылымдан кылымга стадиялуу өнүккөн эпос. Ал элдик таланттар — манасчылардын улам жаңы муундарынын чыгармачылыгы, күч-аракети менен өзүнө тарыхый жаңы окуяларды, жаңы кейипкерлерди сиңирип, сюжет курулушу улам татаалдашып олтуруп, зор эпопеяга өсүп жеткен. Шарттуу түрдө айтканда, азыркы эпопея кыргыз элинин миң жылдык баатырдык тарыхынын көркөм чагылдырылышынын натыйжасы.

«Манас» эпосу элдик оозеки чыгармачылыктын дүйнөлүк казынасында өзүнчө өзгөчө орунга ээ. «Манас» боюнча энциклопедиянын жарыкка чыгышына байланыштуу анын байыркы текстин комплекстүү усулдун аспектисинде изилдөөнүн жаңы этабы башталды дешке негиз бар. Канткенде да манастаануу илими бүгүнкү күнгө чейин ар түрдүү саясатташкан чектөөлөрдүн негизинде психологиялык тосмого өтө тыгыз байланып келди; эми ал тосмодон чечкиндүү өтүү кыргыз эпосуна тарыхый-эстетикалык феномен катары көп тараптуу баа берүүнүн жаңы тилкесин, жаңы баскычын ачууга тийиш.

«Манас» эпосу баатырдык баяндын өнүккөн классикалык түрүнө

жатат. Бирок, бул анын өтө байыркы катмарларында мамлекетке чейинки, б. а. эң алгачкы уруулук коомдун көөнө сөз өнөрү жатканын четке какпайт. «Манас» биздин күндөргө жеткен көп катмарлуу поэтикалык көрүнүш, анын салттуу тексти өзүнүн жашоо процессинде көптөгөн өзгөрүүлөргө дуушар болгону талашсыз. Байыркы замандын бул оригиналдуу эстелигинин оозеки түрдө жашап келүүсүнүн өзү эле анын текстинин өзгөрмөлүүлүгүн, варианттуулугун алдын ала шарттаган. Ошого карабастан, эпос айрым сюжеттик сызыктардын, образдардын байыркы поэтикалык формулаларынын таң каларлык туруктуулугун аныктаган экинчи бир өзгөчөлүккө да ээ. Мындай өзгөчө касиет белгилүү даражада эпикалык дүйнөнүн алгачкы көрүнүшүн калыбына келтирүүгө мүмкүнчүлүк берет. «Манаста» бутпарас дининин бир кыйла издери, ар түрдүү нерселердин магиялык кудуретине, сөздүн магиялык касиетине ишенүү сакталган. Эпосто магиялык сыйкыр аркылуу жортуулдун эмне менен аяктарын алдын ала айткан далычы жөнүндө кабар берилет. Койдун далысы менен бал ачуу — жаныбарлар сөөгүнүн укмуштуу магиялык кудуретине ишенүүнүн байыркы жаңырыгы болуп саналат. Төлгөчү Кара Төлөк, далы көрүүчү Агыдай деген чоролор дайыма Манасты жандап жүрүшөт, анын буйругу боюнча төлгө салып, далы карап келечекте эмне болорун дароо айтып беришет. Ошондой эле эпосто табиятка сыйынуу жана атайын тандалмалуу адамдардын жаратылыш кубулуштарына таасир тийгизгени ачык көрүнөт. Айталык, Манастын башкы чоросу Алмамбет Чоң казатка барганда жай ташын дубалап сууга салып, жай күнүн кыш кылып, бороон-чапкын жасап, күркүрөп кирип жаткан Уркун дарыясын тартылтып, Бээжинге бараткан колду дарыядан аман-эсен өткөрөт. Адамдын жаратылыш менен байланышы жөнүндөгү байыркы мифологиялык мотивдердин «Манас» эпосунда сакталышы ар кыл. Эпосто кепшөөчү жапайы жаныбарлардын кереметтүү колдоочусу Кайыпка (көбүнчө алты айры мүйүздүү бугу түрүндө элестетилет) да өзгөчө назар салынат.

Кыргыз эпосунун катмарында эң байыркы ишенимдин калдыгы — энелик доордун культу (мисалы, жаш балдарды кырсыктан коргоочу Умай эне) ачык байкалат. Эпосто Умай эненин катышы Манастын төрөлүшүндө берилип, баатырдын жарык дүйнөгө келиши үчүн анын аракети таасын сүрөттөлгөн. Бул Умай эне жөнүндө байыркы түрктөрдүн эстеликтеринде бир нече жолу эскерилет. Мисалы, Тону Көктүн урматына коюлган эстеликте мындайча баяндалат: «Теңири, Умай, ыйык Жер-Суу жеңиш берди, неге качабыз» (Орхон-Енисей тексттери, Фр., 1982, 98-б.).

«Манас» эпосунун көптөгөн мотивдери, образдары байыркы түрктөрдүн доорунда калыптанып түптөнгөн жана ошол алыскы мезгилдеги ишенимдер, үрп-адат, салт-санаа менен генетикалык байланышы бар деп болжолдоого болот. «Манас» эпосундагы ушул сыяктуу байыркы мифологиялык рудименттер кийинки тарыхый окуялардын калың катмарынын алдына бекем бастырылып калганын айта кетүү керек.

«Манас» эпосун өтө байыркынын жаңырыгы, жакынкы мезгилдердин элеси деп кароо туура болор эле. Ал турмуш чындыгын өтө кеңири жана ар тараптан камтыган чыгарма, ошондуктан эпосту белгилүү

тарыхый доорлор боюнча айрып, бөлүп кароо өтө эле кыйындыкты туудурат. Ар кыл көптөгөн окуяларды өзүнүн көркөм өнүгүү мыйзам ченемине ылайыктап, кайрадан иштеп чыгып өзүнө сиңиргендиктен анын текстинен таза конкреттүү тарыхый окуяны же тарыхый инсанды бөлүп чыгууга мүмкүнчүлүк аздай. Конкреттүү тарыхый фактыларды чагылдыруу ар бир доордо ар башкача, өзгөчөлүү келип, чындыгы да ар кыл деңгээлде болгон. Бирок, мезгил өткөн сайын эпос өзүнө тарыхый окуяларды активдүү түрдө кабыл алып, ал окуялар реалдуу фактыларга жакын талкуулана баштаган. Башкача айтканда эпос элдик уламыштарды тарыхка айкалыштырып, жакындаштырып баяндаган. «Мажму ат-таварихтин» мазмуну буга ачык далил боло алат. Мындайча айтканда тарых менен көркөм аңдоонун айкалышы, өтмө катар бири-бирине өтүп турушу кыргыз эпосунун өзгөчө бир касиетине жатат. Мисалы, «Мажму ат-таварихте» Манас калмак Жолойго каршы мусулмандар тарабында күрөшүп, колго түшкөн калмактарды мусулман кылат деп айтылат (Мажму ат-таварих. КФ, 5154-инв., 44-б.).

Шамандык диндеги көчмөндөрдүн чөйрөсүнө исламдын кириши менен жаңы тарыхый-турмуштук кырдаалдар түзүлүп, түрк тилдүү маданиятка бул мезгилде араб-иран маданиятынын, араб, фарсы тилдеринин таасири тие баштайт. Байыркы түрктөрдүн көптөгөн поэтикалык эстеликтери унутулуп, араб-иран адабиятынын таасири күч алат. Кебетеси, ушул мезгилдерде Үрүстөм, Искендер Зулкарнайндын образдары «Манаска» кирген. Атап айтканда, көчмөн жана отурукташкан элдердин маданияты өз ара тогошкон учурда ислам мотивдери эпоско сиңе баштаганы күмөн туудурбайт. Ушундан улам «Мажму ат-таварихте» Сейф ад-Дин Аксыкентинин чыгармасындагы уламыш, эпос мотивдери бир бүтүн түйүн катары, ошондой эле тарыхтын таза чындык фактысы катары да көрсөтүлгөн.

Ногой ордосу менен байланышкан доор кыргыз эпосунун түзүлүшүндө, калыптанып жашоосунда өтө маанилүү учур болгон. Манастын Ногой уруусуна киргендиги жөнүндөгү мотив эпостун бардык версияларында, анын ичинде «Мажму ат-таварихте» да жолугат. Кыргыздардын Эне-Сайдан Орто Азияга жер которгон мезгили элдик аңыздарда, аздыр-көптүр уламыш-тарыхый эскерүүлөрдө, санжыраларда сакталган. Ногой, Шыгайдын эпикалык аттары ошондой эле элдик уламыштарда да учурайт. Мисалы, кыргыздардын башчылары Ногой жана Шыгай Эне-Сайда турушканда эле ислам динин кабыл алышат да, наймандардын уруу топтору менен бирдикте Орто Азия аймагына жер которуу жөнүндө макулдашат. Көчүп Чүй өрөөнүнө келишип, Ак-Суу, Кара-Балтанын аймагына жайгашышат. Бул жерде алар Ногой, Шыгайдын атындагы ордолорду негиздешет (Алымбеков Т., Кыргыз тарыхы боюнча фольклордук материалдар. КФ, 1165-инв., 9-дептер, 231-б.).

Кийинчерээк элдик уламаларга жаңы катмар катары Алтын Ордодогу түмөн башы Ногойдун аты менен байланышкан жаңы окуялар да кирген. Сыягы эпосту ушул бөтөнчө бир инсандын тегерегиндеги кийинки эволюциялык өнүгүшү Эне-Сайлык Ногойдун ысымына байланыштуу катмарларды чүмбөттөп, жаап калган сыяктуу. Ошентип

эпостун көп катмарлуу сюжетинде эки башка мезгилдеги окуялардын бир эпикалык фонго биригиши келип чыккан.

«Манас» эпосу Орто Азия аймагында узак өнүгүү процессинде тарыхый-баатырдык жанр катары калыптанып, эпостун байыркы урууучулук сюжети бир кыйла жаңы конкреттүү тарыхый катмарлар менен толукталган. Эпосто мындай катмарлардын эң көрүнүктүүсү катары калмак баскынчыларынын ысымдары менен байланышкан доорду эсептөөгө болот. Академик В. М. Жирмунский белгилегендей,—«Манастын» тарыхый сюжетинин биротоло калыптанып бүткөнүн, өзгөчө 16—17-кылымдардагы калмак согушу мезгили аныктайт (В. М. Жирмунский. Введение в изучение эпоса «Манас». Фр., 1948, 59-б.). Жунгар кандыгына каршы күрөшүү кыргыз эпосу «Манаста» эле эмес, өзбек, каракалпак, казак сыяктуу түрк элдеринин эпосторунан да белгилүү орун ээлейт. Демек, калмак баскынчыларынын доору, түрк элдеринин эпосуна кеңири масштабдагы сырттан келген баскынчыларга каршы күрөшүү темасы менен бекемделген десе болот.

«Манас» эпосунда баатырдык тема кеңири орун алган. Ногой уруусунан чыккан Манас өзүнүн жерин, өзүнүн уруусунун эркиндигин, теңдигин коргогон баатыр болгон. Кыргыз элинин эпосу калмак баскынчыларынын доорун башынан өткөрүп, андагы окуялар акырында келип сюжеттин өнүгүшүн, анын көркөм поэтикалык салтын трансформациялаган. Мындай трансформацияланыш эпостогу каармандарды сүрөттөөдө, айрыкча Манастын портреттик мүнөздөмөсүндө байыркы жана андан кийинки поэтикалык элементтер менен сиңишип, жуурулушуп кеткенинен айкын көрүнөт. Баатырдын мүнөзүн сүрөттөөдөгү анын каарданган учурунда түнөрүшү, эки көзү оттой жайнап, тиштерин качыратышы, бул эпостун көөнө белгилерине жатат. Ошондой эле баатырды такай коштоп жүргөн ар кандай жан-жаныбарлардын сүрөттөлүшүнөн да эпостун дагы бир катмарын айкын көрүүгө болот. Эпосто Манастын «жүзүндө жаман заары» бар, «көзүндө кара калы» бар, ошондуктан анын тике караганы аман калбаганы жөнүндө да айтылат. Мисалы, Манас үзүлүп баратып, кокусунан Көкбөрүнүн уулу Коёнаалыга көзүнүн сугу түшүп, өзү менен кошо «о дүйнөгө» ала кетет. Демек, Манастын карапайым адамга окшобогону, туталануусу, көзүнүн кара калы, жүзүнүн заары бар экендиги ж. б. жекече мүнөздүк өзгөчөлүгү мифтик кудайлардын образына жакындашат.

Эпостун баштапкы версияларында кыргыз баатыры кадыресе адамдардай күлгөндү да билген эмес, ал өзүнүн түнөрүнкү кебетеси, чалкар турпаты менен адамдарда бир эле учурда коркуу жана жалтануу сезимдерин козгогон. Ошондой эле Манастын образы калыптануунун эң байыркы баскычтарын түгөл басып өтүү менен бирге, улам кийинчерээк андагы мифологиялык катмарлар жаңы поэтикалык формулалар менен алмашылып, катмарланып турган. Натыйжада эпостун тексти татаал салыштыруулар менен толукталган, күчөтүлгөн. Эпостун стили жөн эле татаалданган формага ээ болуу менен чектелбейт, ал эволюциялык узак өнүгүүнү басып өтүү менен бирге, өзүнүн мазмундук субстанциясы боюнча жалпы ааламдык мейкиндик даражага көтөрүлө баштайт. Манасты түздөн-түз айга окшоштуруу менен

бирге, анын келбети «асман менен жериңдин тирөөсүнөн бүткөндөй», «ай алдында дайранын толкунунан бүткөндөй», «алтын менен күмүштүн ширөөсүнөн бүткөндөй» деген сыяктуу кеңири салыштыруулар менен берилет. Акыры Манастын образын мүнөздөөдө өзүнчө бир өзгөчөлүү эстетикалык реалдуулук жаралат. Аны күн, ай, теңир жана жер менен салыштыруу — бул аң-сезимдүү алдын ала максатталган көркөмдүк курулма. Ушунун өзүнөн эпостун эволюциялык өнүгүшүндө адамды айбан сымал (зооморфтук) кебете-кешпиринде сүрөттөө улам басаңдап баратканы көрүнөт. Адамдардын образы баштапкы зооморфтук образдардан акырындап айырмаланып бөлүнүп, субъективдүү поэтикалык образ кеңири орун ала баштайт. Мындай субъективдүүлүк өзгөчө Алмамбеттин образын сүрөттөөдө да көрүнүп турат. Алмамбеттин тагдыры, анын мекенинен ажыраган кайгылуу арман монологу — эпостун көркөм образдык татаалдашынын белгиси. Анын образы эпикалык процессте көп маанилүү мотивдер менен улам тереңделип отурат. Эгерде баштапкы көөнө катмарында анын образы магиялык образга жакындашып, үндөшүп сыйкырдуу ташты (жай ташты) сууга салып күндү жаадырса, анын образы кийинки катмарларында турмуштагыдай реалдуулукка өтө баштайт. Алмамбеттин арманы — бул эпостун трагедиялык мотивдеринин эң бийик көркөмдүк көрүнүшү. Алмамбеттин Көкчө менен болгон чатагында баатырдын ички драмасын ачып бере турган таң каларлыктай бийик деңгээлдеги психологиялык мотив жатат. Чоң казаттагы чалгын окуясында ичи күйгөн Чубак Алмамбетти «эли жок элкин кул» деп кемсинтет. Ошондо Алмамбет «калкынан азган кор экен, элдүүнүн баары эр экен» деген ички күйүтүн Манас баатырга айтат. Ушунун өзүнөн эле эл-жеринен кетип, кыргыз элине кызмат кылуу ага канчалык кайгыга, кыйындыкка турганын көрүүгө болот. Алмамбеттин драмалуу образынын көп жактуу берилиши, ошондой эле каармандын психологиялык мүнөздөмөсүнүн тереңделиши өзүнүн өнүгүшүнүн кийинки этабында бышып жетилип, эпикалык сюжеттин чыңдалышына негизги өбөлгөлөрдү түзөт. Жыйынтыктап айтканда, эпостун бардык каармандары, элдин дүйнөгө болгон көз карашынын өзгөрүшүнө жараша, ушул эволюциялык көз караштарды да камтып, б. а. эпостун кайсы гана каарманы болбосун табигый түрдө, кандайдыр бир деңгээлде, көркөмдүк системанын байыркы катмарынан баштап, трансформацияланып өзгөрүшүнө чейинки узак жолду чагылтат.

Мындай жолду басып өтүп, өзүнө шамандык белгилерди сиңирген, ошондой эле психологиялык чыңалуу деңгээлине чейин стадиялык түрдө өнүккөн образ — Каныкейдин да образы.

Алтай духтарынын шамандык арбоолорунда төмөнкүдөй туруктуу формулалар сакталган: ӱзуlганiн улап jадары канді? (Жыртылганы уланар бекен?) (А. В. Анохин. Материалы по шаманству у алтайцев. Л., 1924, 72-б.). Бул туруктуу формуланын бир азыраак өзгөргөн түрү кыргыз эпосунда да жолугат. Манастын аялы уз, чебер Каныкейге карата айтылган «үзүлгөндү улаган, чачылганды жыйнаган» деген стилистикалык формула бардык варианттарда кезигет. «Манаста» Каныкейдин образына мүнөздөмө берүүдө бул формула магиялык функциясынан ажырап, поэтикалык стереотип катары колдонулат,

муну байыркы уруу түзүлүшүнүн калдыктары деп ойлоого болот. Ошондуктан Каныкейдин алгачкы учурда калыптанган образы болгондо да шамандык ритуалдарды колдоно билген акылман, даанышман эненин ролун аткарат. Алтайлыктардын «Барчын-Бөкө» эпосунда баатыр Кан-Көкөлөңгө багытталган төмөнкүдөй формула бар:

Öлгöндöрин тиргисти,
Öчкöндöрин камысти... (Н. Баскаков. Диалект черневых татар (Тува-Кижи) эпос «Барчын-Бөкө». М., 1965, 337-б.).

Кыргыз эпосунда «өчкөн отун тамызып, өлгөн жанды тиргизип» деген туруктуу формула даанышман Каныкейге карата да айтылып жүрөт. Мында көрүнгөндөй кеңири жайылган байыркы поэтикалык модель акырындап жаңы мотивдер менен толуктала берген.

Эпостогу психологизм бир далай кийинчерээк калыптанган көрүнүш. Алсак, Алмамбеттин, Манастын, Каныкейдин классикалык формадагы армандарынын жаралышы, бул элдин ата-журт жөнүндөгү улуттук аң-сезими уруулук чектен чыгып, жалпы кыргыз эли деген деңгээлге көтөрүлгөн мезгилге туура келет десек болот.

«Манастагы» Жолой алп өзүнүн байыркы мифологиялык калдыктарына караганда бир топ байыркы образ, бирок тарыхый катмарлануунун натыйжасында бул образ дагы эски белгилерин сактоо менен бирге жаңы сапаттарга ээ болуп, жаңы милдеттерди аткарып калган. Эң алгач жазылып алынган Ч. Валихановдун материалында Жолой адамдарды жей турган кадимки эле жомоктогу дөө катары мүнөздөлөт:

Алтымыш жылы жөө басып
Тер жыттанган бөрүк,
Алтымыш эрди (бир) жутуп
Кан жыттанган бөрүк...

Кийинки варианттарда, атап айтканда, Сагымбай Орозбак уулунун айтуусунда «алтымыш жылы жөө басып, тер жыттанган бүрүк» туруктуу салтка айланган «Алты батман буудай жеп, дан жыттанган чоң Жолой, алтымыш алпты бир союп, кан жыттанган чоң Жолой» деген саптар менен алмашылган. Жолой эми эпосто кыргыздардын конкреттүү душманы — калмактар тарабында кармашат. Жолойдун апыртылган образы бара-бара жаңыча түскө ээ болуп, дааналана берет. Буга караганда акыры Манасты өлтүргөн калмак баатыры Коңурбайдын образы өзгөрүүгө анча учурабаган сыяктуу. В. М. Жирмунский: «Коңурбай деген ат тарыхый булактарда эскертилген, калмактын XVI кылымдын экинчи жарымында жашаган көрүнүктүү жол башчысы Хан-нойон — Хонгор дегенден алынган болушу ыктымал» (В. М. Жирмунский. Введение в изучение эпоса «Манас». Фр., 1948, 64—65-б.), деп эсептейт. Бул тарыхый адам менен эпикалык каармандын хронологиялык тартипте дал келүүсү эмес, кеп ошол образ эпостун көркөм мыйзамына ылайыкташтырылып кайрадан жаратылып чыккандыгында. Муундардын эсинде тарыхый прототиптин ысмы гана сакталышы мүмкүн, а эпикалык каарман болсо бул жаңы көрүнүш, ал эпикалык сюжеттин мыйзам ченемине ылайык өзүнүн өзгөчө жашоосун улантат:

Алоокенин Коңурбай
Арзан эмес, бир далай...

Жан казандай башы бар,
Жаткан иттей кашы бар...
Кебез өтүк чоң байпак,
Кечилдин каны чоң калмак (ММ, КФ, 1061-инв.).

Бул саптар Коңурбайдын өтө акылдуу, айлакер душман экенин атайлап баса көрсөтөт. Бардык дээрлик вариантта Коңурбайдын образы абдан жеткиликтүү иштелген. Анын күчү, эрдиги, баатырдык сыны ар качан эпикалык арымда сүрөттөлөт. «Капырдыгы болбосо, жылдызы жарык, оң экен» деп, ал турсун айрым убакта айтуучулар Коңурбайдын калмак баатыры болуп калганына өкүнгөнсүйт. Коңурбай — көөнө катмарлардын эпикалык подтекстинен сырткары турган сейрек каармандардын бири. Бул образ бардык варианттарда бирдей туруктуу сүрөттөлөт, түшүнүксүз чечмелөөлөр жок катары. Мына ушунун баары Коңурбайдын образынын кийинки доордун туундусу экендигин бекемдейт. Бардык айтуучуларда Коңурбайдын баатырдыгын белгилеген бир касиет — «найзакердин ыктуусу» катарында, ал эми кийим-кечеси «кебез белбоо, кең өтүк» деген туруктуу поэтикалык саптар аркылуу сүрөттөлөт. «Канаты бар кара аты, Алоокенин Коңурбай» делип, анын образы канаттуу тулпары Алгаранын образы менен да тыгыз байланышкан. Коңурбайдын образын сүрөттөөдө орун алган бир көөнө элемент ушул дешке болот. «Манастын» басып өткөн өнүгүш баскычтарын мүнөздөө максатында биз бул жерде кээ бир маанилүү каармандарга гана токтолдук.

«Манас» эпосундагы кыргыз элинин көптөгөн кылымдар бою иштеп чыккан жалпы салттык көрүнүштөргө айланып кеткен оң-терс, жакшы-жаман жөнүндөгү көз караш-түшүнүктөрүнүн көбү чыгармадагы катышкан каармандардын образдары аркылуу чагылдырылган. «Манастын» өзгөчө зор көлөмүнө жараша андагы баяндалган окуяларга катышкан каармандар да өтө арбын. Анын үстүнө алар окуялардагы орду, аткарган милдеттери боюнча да ар түркүн. Ал гана турмак эл турмушунун кайсы тарыхый учуруна, эл башынан өткөн кайсы окуяга тиешеси бар экенине жараша «Манастын» каармандары да көп катмарлуу, ошондой эле ар түркүн топторго бөлүнөт. Ошондуктан энциклопедияда бир кыйла көлөмдүү орун чыгармадагы каармандардын мүнөздөмөлөрүнө ыйгарылган. Окуяларга көп катышып, алардын жүрүшүндө, өнүгүшүндө активдүү роль ойногон Манас, Бакай, Кошой, Алмамбет, Семетей, Сейтек, Каныкей, Айчүрөк, Коңурбай, Жолой ж. б. башкы каармандардын ар бирин сыпаттаган көлөмдүү макалалар менен бирге эле окуяларда аты гана эскерилген же бир гана эпизоддо катышкан кейипкерлерге берилген чакан шилтеме маалыматтарга чейинки материалдар аркылуу окурмандар «Манас» үчилтигинде катышкан, сөз болгон, аты эскерилген ар бир кейипкер — каарман жөнүндө кабар алуу мүмкүнчүлүгүнө ээ.

Адамдар менен катар кыргыз эпосунда тулпарларга да не бир кайталангыс поэтикалык сонун саптар арналат, эпикалык аттар ар качан зор сүймөнчүлүк менен даңазалуу сүрөттөлөт. Ар бир ат — кыймыл-аракеттүү, ачык, даана образ. Аттын сын-сыпаты, учкаактыгын, чыдамдуулугун көркөм сүрөттөө — кыргыз эпосундагы кеңири тараган сүйүктүү ыкмалардын бири. Манас жана анын тулпары

Аккула эпосто ажырагыс бир бүтүн образды түзүп турат, бир да согуш, бир да жеңиш тулпарсыз өтпөйт; жакшы ат — жеңиштин бирден-бир көмөкчүсү. Мына ошондуктан Көкөтөйдүн ашындагы Мааникер тулпар үчүн болгон чыр чоң кагылышка өтүп кете жаздайт. Эпостогу ар бир тулпар өзүнө гана таандык касиет, сын-сыпат менен мүнөздөлөт: Көкчөнүн Көкала тулпары кең соорулуу, жайык төш, Мааникер өзгөчө чыдамкай, Аккула ат чабышта астына ат чыгарбайт. Ар бир тулпардын өзүнө коюлган менчик аты бар: Алмамбеттики — Сарала, Жолойдуку — Ачбуудан, Коңурбайдыкы — Алгара, Кошойдуку — Керкабылан ж. б. Көчмөн элдердин эпосторунда аттардын өзү эле эмес, жарак-жабдыгына, ээр-токумуна дейре зор ынтаа менен сүрөттөлүп, ар бир аттын жеке өзгөчөлүгү, күчтүүлүгү, күлүктүгү, бышыктыгы айтор бардык тарабы камтылып, аттын толук «образы» жаратылат. Ошон үчүн энциклопедияда өзүнө татыктуу орунду көлөмү жактан да, иштетүү деңгээли жактан да башка темалардан кем калышпаган тулпарларды мүнөздөгөн макалалар тобу ээлейт.

Манас баш болгон оң жана терс мүнөздөгү баатырлардын пайдаланган курал-жарактарына (Аккелте, Сырнайза, Ачалбарс, Алмабаш ж. б.), жоо кийимдерине (аколпок, күрөөкө, соот, чарайна, туулга, калкан ж. б.), баатырлар урунган буюмдарга (дүрбү, кисе, булдурсун ж. б.), Манастын колдоочулары катары аракеттенген Алп кара куш, Ажыдаар, Арстан ж. б. сыяктуу мифтик жандыктарга, ошондой эле Манастын өзүнө таандык болгон Кумайык, Акшумкар, Желмаян ж. б. айбанаттарга арналган макалалар да өзүнчө топту түзөт.

Кыргыз эпосунда кеңири сүрөттөлүп, түрдүү жактан сыпатталган, ошондой эле сөзгө алынып же эскерилген географиялык чөйрө да

Эпостун чет тилдерде чыккан китептери.



жетишерлик деңгээлде. Ушуга байланыштуу эпостогу топонимдер да арбын жана ар түрдүү. Алардын ичинен кыргыз элинин мекени, ата-бабасы турактаган жай катары эсептелген Ала-Тоо аймагы коктуколотуна, жайлоо-төрлөрүнө, кашка суулары менен берекеси төгүлгөн өрөөндөрүнө, түркүн илбээсин, жапайы айбандарга бай тоолоруна чейин зор сүймөнчүлүк, мактаныч менен даңазаланып сүрөттөлөт. Борбордук Азиядан тартып (Саян тоолору, Эне-Сай), Орто Азияга чейин, Кавказ жергесинен тартып (Урум, Кырым) алыскы күн чыгыш Сыямун (Жапан) аралдарына чейин, жердин чети Желпиништен тартып түндүк тараптагы аталган жерлерге чейин, эпостун географиялык чөйрөсүнө айланат. Ошол эпосто сөз болгон нары арбын, нары татаал топонимдер да тиешелүү макалаларда түшүндүрмөлөргө ээ болду. Бул маселелерде реалдуу тарыхый топонимдер менен эпикалык топонимдердин ажыты ажыратылуу аракеттери көрүлдү жана мүмкүнчүлүккө жараша алардын эпоско кирүү себептери чечмеленди.

Жеке кыргыздарга таандык башка жомоктор гана эмес, жалпы эле дүйнө элдеринин көптөгөн белгилүү жомокторунун ичинде да «Манас» эпосу — этнонимдерге өзгөчө бай чыгармалардын бири. Анда шибе, манжу, бурут, аз, дөөлөс ж. б. сыяктуу көөнө маңыздагы этнонимдер менен катар салыштырмалуу алып караганда кийинки тарыхый учурларга тиешелүү болгон кытай, ойрот, калмак, тыргоот, өзбек, казак ж. б. көптөгөн эл, уруу аттары эскерилет, алар жөнүндө сөз болот. Ошол «Манастагы» жолуккан этнонимдердин ар бири колдон келишинче тарыхый ыкка негизделген талкуу, түшүндүрмөлөр менен сыпатталып, өз-өзүнчө, макалаларда берилди. Ал макалалардын көлөмү ар кыл. Анткени кыргыздардын эпикалык душмандары аталган калмак, кара кытай ж. б. мурдатан элибиз менен карым-катнашта болуп, кээде жоолашып, кээде жай алакалашып жүргөн белгилүү элдер жөнүндө алда канча кеңири мүнөздөгү маалыматтар берилсе, аталышы гана эскерилген же мифтик-эпикалык этнонимдик түшүнүктөр бир шилтем түрүндө кыска баяндалды. Албетте, эпосто аталган ушунчалык көп топоним, этнонимдердин ар биринин ажытын ачып, так түшүндүрмөлөр берүү, кыргыз тарыхын изилдөөнүн бүгүнкү деңгээлинде өзгөчө татаал, кайсы бир жактары боюнча так жана ачык ой айтуу кыйын экени жалпыга маалым. Ошон үчүн даярдалган макалалар көлөмү эле эмес, деңгээли жактан да бир кылка болбошу абзел. Ошондой болсо да азыр эпостун эбегейсиз зор көлөмдүү мазмунунда камтылган ар бир этноним, топонимдерди толук түрүндө тиешелүү сөзгө алуу максаты көрүлдү. Мындай аракет «Манас» энциклопедиясын даярдоодо колдон келишинче эпостун ички көркөмдүк өзгөчөлүгүн кеңири ачуу аракети менен да тыгыз шарттакан.

«Манас» энциклопедиясы тарыхый жана фольклордук терминдердин, түшүнүктөрдүн сөздүгү гана катары кабыл алынуучу китеп эмес. Ошон үчүн бул эмгекте «Манастын» эл турмушунун көркөм энциклопедиясы экендигинин айгине күбөлөрүнөн боло турган бай маалыматтардын өзүнчө чоң тобун түзө турган этнографиялык маңыздагы түшүнүктөрдү чечмелөөгө да кеңири орун берилди. Элдин эпосто чагылдырылган материалдык маданияты, үй-бүлө мамилелери, салтжөрөлгөлөрү, диний түшүнүктөрү ж. б. жөнүндөгү бай маалыматтар-

дын өткөндү билип-таанууда, элибиз басып өткөн тарыхый жол, учурлардан кабар алууда мааниси чоң.

Айрыкча үгүт-насыят жаатында Орхон-Эне-Сай жазуу эстеликтери менен айрым жалпылыктары байкалган эпостун поэтикасы да өзүнчө сөз кылууга татыктуу. Ч. Валиханов жазып алган «Көкөтөйдүн ашындагы» Көкөтөйдүн керээзи Күл-Тегиндин керээзинин эркин көчүрмөсү сыяктуу. Көкөтөй өлөрүндө баласы менен элине керээз калтырат. Көкөтөй карыя Билге-Каган сыяктуу эле өлүм алдында өзүнүн «журтун» биримдикке чакырып, «тентектин баарысын таратпай, кураманын баарысын эл-элине таратпай, Оо аман боло көр юрт» деп кайрылат. Ушундай акыл-насаат, жакшы каалоо мотивдери байыркы түрк эстеликтеринде да учурайт. Рун жазуулары менен «Манас» эпосундагы айрым сюжеттик-стилистикалык типтештиктер, бул жазуулардагы көркөм сөз каражаттары мурда эле кеңири тараган оозеки поэтикалык маданиятка негизделгенин далилдейт. Рун жазууларынан мурда эле түрк тилиндеги элдердин арасында оозеки чыгармаларында, эстеликтерде эпитафиялык рун жазууларынын алгачкы өбөлгөлөрү жашаганы көрүнөт. Орхон-Эне-Сай эстеликтеринде мүнөздүү болуп, ар дайым жолуккан ыргактык-синтаксистик параллелизмдер менен поэтикалык кайталоолор эпостун байыркы көркөм каражаттарынан болуп эсептелет да, аз эле саптарга чоң-чоң ойлор сыйдырылып, маанилик кайталоонун ырааты макал-ылакаптардын структурасына окшоштурулуп, натыйжада ар бир турмуштук жагдай элдик акылмандыктын үлгүлөрүндө жалпылаштырылат.

«Манастагы» байыркы уйкаштыктын бир түрү болгон аллитерация — эпостун поэтикалык түзүлүшүндө туруктуу форма. Ал эми «Манас» эпосундагы көпчүлүк үндөштүк системасы аллитерациялык каражаттардын негизинде курулган. Аллитерациялык үндөштүк поэтикалык кайталоону түзгөн сөздөр менен күчөтүлүп берилген. Ыр түзүлүшүндөгү үндөштүк кайталоо байыркы түрк системасындагы жашап келген формалардан. Ыр түзүлүшүнүн бул формасы «Манас» ырына өтө мүнөздүү:

Найзанын учу жылтылдап,
Аскердин башы кылкылдап,
Жер союлуп былкылдап,
Көргөндө жүрөк болкулдап,
Көк найзалар солкулдап... (СО, 4. 160).

Бул мисалдагы уйкаштык курулган этиш сөздөр (жылтылдап, кылкылдап, былкылдап, болкулдап, солкулдап) кайра эч кайталанбастан, ар бир сөз өз алдынча мааниге ээ болуу менен калың колдун кыймыл-аракетин айкын көрсөтүп жатат.

Оозеки сүйлөө речинин уйкаштыгы, өзгөчө «Манас» эпосунда, өз алдынчалык, бөтөнчөлүк мааниге ээ, анткени уйкаштык эпостун речитативине, ошондой эле оозеки айтуу өнөрүнө баш ийдирилген. Уйкашкан сөздөр биринен экинчисине өтүп, куюлушуп, бүткөн бир ойдун речитативдик паузасын жыйынтыктайт. Капысынан кирип келген кыргыз колун күтпөгөн душмандын ал-абалын сүрөттөгөн «элейип, селейип, далдайып, шалдайып, умпайып, сумсайып» деген бир типтүү этиштик уйкаштыктар ошол учурду мерчемине жеткире



5929

бере алган. Бул учурда оозеки сүйлөө речи бир типтүү этиш сөздөрдүн бардык варианттырын жана ар кыл маанилерин кеңири пайдаланган. Эпикалык ыр негизинен аллитерациянын, уйкаштыктын жана синтаксистик параллелизмдин жардамы аркылуу курулат. Эпикалык ырда саптардагы салттык 7—8 муундун айрым учурда бузулушу боло турган көрүнүш. Анткени эпикалык ырга редиф, анафора, рефрен сыяктуу кыстырынды сөздөр кирип кеткенине байланыштуу, муун санактары өзгөрүүгө учурашы ыктымал. Мындай учурлар окуянын өөрчүшүндө манасчынын эмоцияга берилишине, эргүү экстазына жараша болот. Ошентип, аллитерация менен уйкаштык эпикалык ырда жетектөөчүлүк милдетти аткарат. Аллитерация өзүнүн байыркылыгы менен да айырмаланып турат. Сан жактан башка топтордун бир кыйласынан чамалуу экенине карабастан, маңызы жана даярдалышынын татаалдыгы жагынан өзгөчө орунда турган эпостун поэтикасына байланыштуу макалалар да энциклопедиядагы маанилүү орундардын бирин ээлеп, «Манасты» терең билүүгө дадалаттангандар үчүн нары пайдалуу, нары зор кызыгуу туудурары күмөнсүз.

Мезгил нарылаган сайын улуу муундар менен урпактардын ортосундагы байланышты сактоодо манасчылардын ролу өтө зор. Манасчылар өз учурундагы көчмөн турмушта жашаган кыргыз элинин акыл-эстүү көркөм казнасы болуп эсептелет. Алар ошондой эле эл тарыхынан кабар берген, тарыхый маалыматты сактаган өз алдынча жандуу жазманын милдетин да аткарып келген. Эпикалык ырчы элдик эпосту сактоочу жана аткаруучу, ошол эле мезгилде ал поэтикалык салтты, эпостун бир бүтүн стилин жаратуучу да болуп саналат. Сезимтал, көркөм дүйнөнү тааный билген эл «Манасты» айтуучуга салттан четтеп кетүүгө мүмкүнчүлүк берген эмес, тескерисинче, манасчынын эпикалык салттын нугуна ылайыктуу кошкон кошумчаларын кубаттап, аны баалай билген. Манасчы чыгарманы айтуу учурунда эпоско алымча-кошумчаларды киргизүү аркылуу аны чыгармачылык менен өнүктүрүп, жаңыртып турган. Ар бир таланттуу айтылган эпикалык чыгарма манасчынын чыгармачылык зор эмгеги катары эсептелген. Ал эми оозеки айтылып келген эпос жазма түрүнө өткөндө башка сапаттык касиеттер менен жашай баштайт, оозеки айтылып келген жаратылышынан, жеке өзүнө гана таандык эпикалык дүйнөсүнөн, б. а. кылымдар бою нечен муундар иштеп чыккан өзүнчөлүккө ээ болгон оозеки айтуу өнөрүнөн (речитация), кыймыл жана жаңдоо чеберчилигинен, ошондой эле угуучу аудиториядан ажырап, жандуу эпикалык табиятын жогото баштайт.

«Манас» эпосу азыркы биздин доорго Ырчыуул, Жайсаң сыяктуу байыркы манасчылардын ысымын калтырды. Ырчыуул Манастын кырк чоросунун бири болуп, кандуу жортуулдарда бирге жүрүп, ошол баатырдык жүрүштөрдү даңазалап ырдап келген. Эпосто Ырчыуул «Ырамандын Ырчыуул, ычкыры бапик кырк муун» деп өзгөчө сүрөттөлөт. Ошондой эле ырчы Жайсаң жөнүндө «жалаң үйдүн борумун, жарым күнү ырдаган» деп берилет. Тилекке каршы, революцияга чейинки манасчылардын ысымдары элдик уламыштарда, аңыз сөздөрдө гана сакталып, алар жөнүндө толук маалымат болбогондуктан, алардын чыгармачылык таржымалын толугу менен жазып берүү мүмкүн-

чүлүгү болгон жок. Бирок эки доордун (19—20-к.) чегинде жашап өткөн улуу манасчылардын ысымдары биздин заманга чейин сакталып, айтылып келди. Өткөн жүз жылдык заманда Келдибек, Акылбек, Назар, Тыныбек, Балык, Дыйканбай, Сураичы, Чоңбаш, Телтай, Калмырза, Доңузбай, Жандаке, Чоодан ж. б. чыгаан манасчылардын каада-салттык наркын, көөнөрбөс мурасын совет доорунда жашап өткөн жана жашап жаткан Чоюке, Шапак, Тоголок Молдо, Багыш, Молдобасан, Мамбет, Сагымбай, Саякбай, Шаабай, Кааба сыяктуу манасчылар улантышты.

Манасчы салт боюнча өзүнүн вариантын түш көргөндөн кийин гана эл арасына чыгып айта баштаган. «Түш көрүү» ишеними жөн гана ойдон чыгарылган нерсе болбостон, бул реалдуу шарттан келип чыккан натыйжа дешке негиз бар. Анткени, ар бир жаңы манасчы өз насаатчысынан алган өнөрүн чыгармачылык менен өздөштүрүү түйшүгүн, азабын өткөрүп жүргөн учурда эпикалык каармандар анын түшүнө кириши да мүмкүн, алар менен бетме-бет баарлашуусу да мүмкүн, ушунун баары манасчылык чыгармачылык кесипти өздөштүрүүнүн канчалык азаптуу, түйшүктүү экенин аныктайт. «Түш көрүү» — чыгармачылык багытка жол ачуунун башталышы.

Өз учурунда М. О. Ауэзов манасчыларды бир нече топко бөлүп, аларды мектеп катары иликтеген эле, биз да окумуштуунун оюна кошулуп манасчыларды топторго бөлүп, манасчылардын бир нече мектебин ушул эмгекте белгиледик. Алар: ысык-көлдүк манасчылар,

Г. А. Айтиев, Ж. Кожахметов. «Акындар» 1956—57. КМСМ.



тянь-шандык манасчылар, айтуучулардын түштүк тобу жана түштүк манасчылар тобу, мектеби. Ошол ар бир топ, мектеп (сюжет куруу ыкмалары м-н кейипкерлердин аттары менен, кээ бир мотивировкалары жана эпосту айтуу ыгы менен өзүнүн кандайдыр өзгөчөлүгүнө ээ. Бирок, ушундай мектептерге бөлүштүрүү шарттуу түрдө гана кабыл алынышы керек, себеби бир да мектеп, бир да манасчы эпосту башка манасчылардан уккан же болбосо алган тажрыйбасын өзүнүн айтуусуна кошкондон качпайт. Башкача айтканда ар бир манасчы эпосту айтуудагы көрүнүктүү, кызыктуу жана бийик поэтикалык табылгаларды өзүнүн чыгармачылыгында өздөштүрбөй койбойт. «Манаста» өзүнчө бир салтка ээ болуп калган ыкмалар, сюжеттер, мотивдер ар бир манасчынын айтуусуна камтылбай койбойт. Мисалга алсак, семетейчи Жаңыбай Кожеков Жумгалда төрөлүп, 29 жашында Кетмен-Төбөгө көчүп кетет, өмүрүнүн аягына чейин ошо жерде жашап калат. Жаңыбай түндүк тарапта жүргөндө бир нече жолу Сагымбайдын «Манас» айтканын уккан, ошондон таалим алган, кийин түштүккө көчүп кеткенде ошол чөйрөдөгү жашаган манасчылар менен да кездешип (ал жакта да чоң манасчылар жашаган, ошол чөйрөдө калыптанган өзгөчө салты болгон; мисалы 19-кылымда жашап өткөн Чоодан манасчынын үлгүлөрү), эки мектептин жетишкендиктерин өзүнүн вариантында камтыган жана өздөштүргөн.

Көлөм жагынан да, мааниси жагынан да энциклопедиядагы өзгөчө орунду ээлеген материалдар эпостун жаратуучулары жана сактоочулары манасчылар жөнүндөгү баяндамалар. Бүт элибизге кеңири белгилүү болгон улуу жомокчулардан тартып, аты, атагы бир айылдын чөйрөсү менен чектелген эпос айтуучуларга чейинки ар бир инсан, алардын варианттары, манасчылык өнөрү, жеке табылгалары менен салттык көрүнүштөрдү өздөштүрүү жана пайдалануу чеберчилиги, аткарган вариантындагы сюжеттик нук, салттык өзөк сыяктуу орчундуу маселелер боюнча кыскача маалыматтар, ошондой эле эпостун тексттери качан, ким тарабынан жазылып алынганы, ал материалдардын кийинки тагдыры, кайда сакталганы, көлөмү ж. б. маалымат-кабарлар берилген. Бул топтогу макалалар «Манас» эпосуна кызыккан ар бир окурман үчүн гана эмес, кыргыздардын улуу мурасына тиешелүү көптөгөн илимий проблемалар боюнча пикир айтууга далалаттанган иликтөөчү окумуштууларга да көптөгөн кызыктуу маалыматтар, фактылар берерине күмөн жок. Энциклопедияга илимге белгилүү 85 манасчынын ысмы камтылды. Бирок, алардын ар биринин чыгармачылык өнөрү, айткан, түзгөн вариантынын орду, мааниси, өзгөчөлүгү жөнүндөгү маселелер бардык жактан бирдей деңгээлде изилдөөнүн элегинен өтүп, такталган жыйынтыктар чыгарыла элек. Ошого карабастан энциклопедиянын түзүүчүлөрү ар бир аты аталган инсандын өмүр баяны, чыгармачылык чөйрөсү, кимден же кимдерден таалим алгандыгы, вариантынын көлөмү жана мазмуну сыяктуу негизги маселелерге жооп берүү аракетин жасап көрүштү. Жалаң ушул топтогу макалалардан да «Манас» энциклопедиясын түзүү аракетиндеги жумшалган, кетирилген күч-аракеттин чен-өлчөмүн, кандай кыйынчылыктарды жеңүүгө туура келгендигин, кээде бир-эки саптан турган маалыматтан терең мааниге ээ, илимге керектүү информациянын үлгүлөрүн көрүүгө болор эле.

Энциклопediянын мазмунун түзгөн макалалардын чоң тобун «Манас» эпосунун идеялык көркөмдүк турпат-касиеттерин ачып берген материалдар түзөт. Айрыкча баатырдык эпос, вариант, генеалогиялык циклдешүү мыйзамы, манасчы-айтуучу ж. б. багыттагы жалпы мүнөздөгү теориялык жоболор, ошондой эле кыргыз жомогуна тиешелүү өзгөчөлүктөр жөнүндөгү көлөмдүү, жалпылоочулук мүнөздөгү ойлорду камтыган макалалар эпос күйөрмандары үчүн да, аны үйрөнүүгө даалаттанып кызыккандар үчүн да орчундуу мааниге ээ.

«Манас» эпосун изилдөөчүлөр, окурмандар арасында зор кызыгууну туудуруучу макалалардын тобун «Манас», «Семетей», «Сейтек» жана алардын уландылары болгон «Кенен», «Алымсарык», «Кулансарыктардын» толук сюжеттери түзөт. Ал сюжеттерди мүнөздөөдө колдо бар, илимге белгилүү варианттардын өзгөчө толугу, көркөмдүгү жогоркусу негиз кылынып, башка варианттардагы айырмачылыктар менен салыштырылып, атайылап белгиленип аныкталды. Мисалы, эпостун үч бөлүмүнүн негизгиси эсептелген «Манас» бөлүгүнүн сюжети улуу манасчылар Сагымбай, Саякбайдын варианттары менен академик В. В. Радлов жазып алып, жарыялаган тексттери негиз катары толук алынып, калган варианттардын белгилүүлөрү аларга салыштырылды. Ал эми «Семетей» менен «Сейтектин» сюжети Саякбайдын вариантынын негизинде, башка варианттарга салыштырылуу аркылуу иштелди. Демек, бул сюжеттер менен терең таанышкан эпос күйөрманы чыгарманы илимге белгилүү тексттеринин дээрлик бардыгынан маалымат ала алат дешке толук негиз бар.

Кыргыз эпосу жөнүндөгү илим революцияга чейин эле орустун белгилүү окумуштуусу В. В. Радлов (Радлов В. В. Образцы народной литературы северных тюркских племен. Ч. I—X. СПб., 1886—1907) жана казак ориенталисти Ч. Ч. Валиханов (Валиханов Ч. Ч. Собрание соч. в пяти томах. Алма-Ата, 1958) тарабынан негизделген. Өздөрүнүн алгач жазмаларында (В. В. Радлов 1862-ж., Ч. Ч. Валиханов 1856-ж.) кыргыз эпосу «Манасты» жана анын тексттерин илимий талдоонун натыйжасында алар кыргыз фольклористикасынын эң биринчи барактарын ачышты. «Манастын» эпизодун В. В. Радлов 1862-жылы бугу уруусунан чыккан манасчыдан, андан кийин 1869-ж. сарбагыш уруусундагы манасчыдан да жазып алган. Ал тарабынан жазылып алынган эпизоддор жалпы көлөмү 14 миң саптан турган, орус транскрипциясы менен кыргыз тилинде жана немец тилиндеги котормосу 1885-ж. Санк-Петербургдан чыккан. Өз убагында В. В. Радловдун ишин жогору баалагандардын ичинде Петербург университетинин профессору Э. Петери (Петери Э. Образцы народной литературы северных тюркских племён, собранные и переведенные доктором В. Радловым. Сибирский сборник. Под редакцией Ядринцева. Кн., I.СПб.1886) бар эле. Ал «Манас» текстинин жарыкка чыкканын чоң ийгилик деп баалаган.

Ал эми «Манас» жөнүндө эң биринчи маалымат Сейф ад-Дин Аксыкентинин «Мажму ат-таварих» аттуу кол жазмасына таандык.

Кыргыздар жөнүндөгү этнографиялык маалыматтар, «Манас» жөнүндөгү билдирүүлөрү орус жана Европа басмаларында 1861—1917-жылдары басылып чыккан. Алар академик В. В. Бартольд (Бар-

тольд В. В. Киргизы. Соч. т. II, ч. I., М., 1968), венгер изилдөөчүсү Г. Алмаши (Almagy Der atgchicd deg Halden Manag oon Seinen Sohne Semetei — Keleti SZemle, 1911 — 1912, t., XII), орус саякатчысы П. Т. Семёнов-Тян-Шанский (Семёнов-Тян-Шанский. Путешествие в Тянь-Шань. М., 1958), Г. Н. Потаниндин (Потанин Г. Н. Восточные мотивы в средневековом Европейском эпосе. М., 1899) эмгектери болгон. Орус окумуштуусу П. М. Мелиоранский (Мелиоранский П. М. О составе и общем характере киргизских былин. Тургайская газета, 1886, № 68), эпостун тарыхый катмарларына көңүл бурган, Ф. Е. Корш (Корш Ф. Е. Древнейший народный стих тюркских племён. Записки ВО, РАО, СПТ, т. XIX, вып. 2—3. 1909) болсо чыгарманын поэтикасын жана анын жанрлык өзгөчөлүктөрү жөнүндө өзүнүн көз карашын айткан. 1921—23-жылдары улуттук маданияттын илим-изилдөө комитети ачылып, анын негизинде кийинчерээк СССР илимдер академиясынын кыргыз филиалынын Тил жана адабият институту түзүлгөн. Институттун кызматкерлери кыргыз элинин тарыхы, этнографиясы, фольклору боюнча бай материалдарды чогултуп, кызыктуу изилдөө иштерин жүргүздү. «Манас» эпосун, манасчылардын чыгармачылыгын изилдөөдө К. Рахматуллин, Ө. Жакишев, З. Бектенов, Б. Юнусалиевдер бир кыйла эмгек сиңиришкен. «Манас» эпосун толук жазуу 1924-ж. К. Мифтаков тарабынан башталган. Ошондой эле «Манас» эпосун топтоодо, жазууда Ы. Абдыракмановдун да эмгеги зор.

20- жана 30-жылдарда «Манас» ошол кезде аты элге кыйла таанымал болуп калган Сагымбай Орозбаков, Саякбай Каралаев, Байымбет Абдыракманов, Багыш Сазанов, Шапак Рысмендеев ж. б. айтуучулардын өз ооздорунан жазылып алынган. Эпосту тыкан, ырааттуу изилдөө да ушул кезге туура келет. Түркологи П. А. Фалев эпосту Орхон-Эне-Сай рун эстеликтерине салыштыруу менен анын поэтикасы маселесине кайрылат. К. Рахматуллин эпостун Сагымбай Орозбак уулунун, Саякбай Карала уулунун айтуусундагы варианттарын изилдей баштайт. Эпосту изилдөөгө М. О. Ауэзов, П. Н. Берков, С. М. Абрамзон, В. М. Жирмунский, М. И. Богданова (бул жерде жана мындан ары да аталган окумуштуулардын изилдөөлөрүнө шилтеме бербейбиз. ~~Булар~~ «Энциклопедияда» толук келтирилет) сыяктуу советтик көрүнүктүү окумуштуулар да кошулуп, өздөрүнүн эмгектерин жарыялоого киришишкен. Мында, асыресе, жарыялоо иштеринде кыргыздын белгилүү жазуучулары А. Токомбаев, Т. Сыдыкбеков, К. Маликов, Ч. Айтматов да өздөрүнүн күч, аракеттерин аяшкан жок. 1958-жылдан баштап республиканын илимдер академиясынын Тил жана адабият институту «Манас» эпосунун бир нече басып чыгууларын ишке ашырды, алар: эпостун төрт китептен турган курама варианты, С. Орозбаковдун төрт китептен, С. Каралаевдин беш китептен турган варианттары, ошондой эле «СССР элдеринин эпостору» деген сериядан орус жана кыргыз тилдеринде чыгып жаткан төрт томдук ж. б. Азыркы мезгилде «Манастаануу» бөлүмүнүн кызматкерлери С. Орозбаковдун варианты боюнча академиялык толук басылышты даярдоонун үстүндө иштеп жатышат.

Манастаануу ата мекендик жана чет өлкөлүк изилдөөчүлөрдүн жаңы эмгектери менен улам толукталууда. Булардын ичинде Р. З. Кы-

дырбаеванын, Э. Абдылдаевдин, Р. Сарыпбековдун, А. Жайнакованын, К. Кырбашевдин монографияларын, С. Мусаевдин эпос тууралуу кыргыз, орус, англис тилдеринде чыккан популярдуу очеркин келтирсек болот. Казак окумуштуусу А. Х. Маргулан Ч. Валиханов жазып алган «Көкөтөйдүн ашынын» текстин таап, жарыялаган, ошондой эле ал эмгегинде кыргыз, казак элдеринин тарыхый, этногенезистик байланыштары тууралуу маселе козгогон. Чет элдик изилдөөчүлөрдүн катарынан англис окумуштуусу Х. Хаттонун ысымын атоо жөндүү. Ал өзүнүн монографиясында «Көкөтөйдүн ашы» эпизодун текстологиялык жактан изилдеп жана кеңири комментарий берген. Ал эми Кембриж университетинин профессорлору бир нууган Н. М. жана Н. К. Чедвиктер эпосту жалпы контекстте кароо менен бирге «Манаска» да атайын көңүл бөлүп өтүшөт. Бирок бул окумуштуулар эпостун ички мазмуну менен толук тааныш болбогондуктан айрым учурларда туура эмес жыйынтыктарга келишкен. Мисалга алсак, алар «Манас» эпосунда чарбачылыкка аракети жок, көчмөн элдин турмушу гана чагылдырылган, кейипкерлердин улуттук сезими таптакыр байкалбайт деп жазышкан. Бул ойдун эч туура эмес экени ачык эле көрүнүп турат. Чет өлкөлөрдө «Манастын» текстине болгон кызыгуу улам күчөп баратат. Анын жаңы котормолору пайда болууда. Эпостун кээ бир үзүндүлөрү Германияда, Польшада, Венгрияда, Моңголияда жарыяланган. Биздин коомчулук Жусуп Мамайдын вариантынын кыргыз тилинде кытайда басылып чыгышы менен тааныш. Ал манасчы 7 томду даярдап берип, калганын дагы улантып жатат. «Манас» эпосунан үзүндүлөр орус, өзбек, казак, түркмөн, тажик

«Манас» бөлүмүнүн кызматкерлери кеңешме учурунда.



тилдерине которулган. Ошентип, «Манас» эпосун жарыялоо жагынан да, изилдөө-иликтөө жагынан да кыйла тажрыйба топтолуп калды деп ачык эле айта алабыз. «Манас» эпосун изилдөөнүн тарыхы, анын негизги этаптары, манастаануу илиминин башкы багыттары, эпосту изилдөөгө катышкан белгилүү окумуштуулар, алардын бул чыгармага арналган эмгектери ж. б. сыяктуу маселелердин тобундагы макалалар да энциклопедиянын орчундуу бөлүгүн түзөт. Бул темадагы макалалар «Манаска» арналган чоң-кичине эмгектерди бүт — газет, журналдык майда макалалардан тартып, өзүнчө жарык көргөн китептерге чейин бүт камтыды дешке болбойт. Ошондой эле кыргыздын бул эпосунун учу-кыйры жок көптөгөн проблемаларынын айрым аспектилери боюнча айтылган айрым пикирлер да, алардын авторлору да атайын макала катары берилген жок. Бирок, китепке тиркеме катары «Манаска» тиешелүү бүт маалыматтардын библиографиясы берилди. Бул абал энциклопедия «Манас» жөнүндөгү кабар-маалыматтардын эң эски учурлардан тартып бүгүнкү күнгө чейинки илимге белгилүүлөрүнүн дээрлик толук жыйындысы дешке негиз берет.

Чет өлкөлөрдө түрдүү элдердин тилдеринде жарыяланган «Манастын» тексттери менен айрым чет элдик окумуштуулардын кыргыз эпосунун ар кыл проблемалары боюнча жүргүзгөн изилдөө иштери жөнүндөгү маалыматтар да — энциклопедиянын мазмунундагы өзүнчө топту түзгөн материалдар. Мында илимге белгилүү болгон бардык маалыматтар толук камтылды деш аша чапкандык болот, бирок өзүнчө китеп катары жарык көргөн эмгектерден тартып, орчундуу маселелер козголгон көлөмдүү макалаларга чейинки кыргыз фольклорчуларына белгилүү иштердин дээрлик бардыгы боюнча аннотациялык кабарлар берилди, жок эле дегенде шилтемелер жасалды. Ушундай эле аннотациялар, маалыматтар, шилтемелер мурдагы СССР элдери деп аталган элдер менен мамлекеттерде «Манастын» жарык көргөн котормолору, илимий эмгектер, ал эмгектин авторлору, котормочулар боюнча да берилди.

Мындан башка да «Манас» энциклопедиясында ушул эпостун мазмунуна байланышкан темаларда жаралган опералар, драмалар, кинофильмдер, сүрөт, скульптура ж. б. багыттардагы көптөгөн эмгектер, аларды жараткан авторлорунан тартып, айрым негизги ролдорду аткарган белгилүү артисттердин чоң тобуна чейинки маалыматтар камтылды.

Ошентип «Манас» боюнча энциклопедияны түзүү эпостун бүткүл турпатын комплекстүү аңдап-таанып билүүдөгү өзүнчө жаңы баскыч, жаңы деңгээл болуп саналат. «Энциклопедияны» жарыкка чыгаруу менен кыргыз элинин улуу эпосун изилдеп-үйрөнүүдө жаңы этап башталат десек жаңылышпайбыз. Кандайынан алганда да азыркы учурда манастаанууда эпосту тарыхый-эстетикалык феномен катары фундаменталдуу иликтөөнүн жаңы тилкесин, жаңы өрүшүн ачууга мүмкүнчүлүк түзүлүп жатат. Колуңуздардагы «Манас» энциклопедиясы — мунун айкын күбөсү.

*Р. З. Кыдырбаева*
*Кыргыз Республикасынын ИАсынын*
*корреспондент мүчөсү.*

## БАШКЫ РЕДАКЦИЯДАН

«Манас» энциклопедиясы — адабий-фольклордук илимий маалыматтама китеп. Ал дүйнөлүк тажрыйбада биринчи болуп кыргыз тилинде чыгып жатат. Эки томдон турган бул энциклопедия дүйнө эпосторунун ичинде теңдеши жок «Манас» эпосунун негизинде түзүлүп, эпос б-ча толук маалымат берет. Энциклопедияга 3000ден ашуун термин (макала) камтылып, алар алфавит тартибинде жайгаштырылды. «Манас» эпосундагы окуяларды чагылдырган, о. эле чоң манасчылар менен семетейчилердин, көрүнүктүү изилдөөчү-илимпоздордун, жазуучулардын, маданият ишмерлеринин портреттери, жер-суу, жоо жарак ж. б-дын 95 түстүү ж-а 300дөй ак-кара сүрөтү берилди (сюжеттердеги ж-а айрым макалалардагы аты жазылбаган сүрөттөр Т. Герцен, Т. Курманов, В. Рогачев ж-а Г. Петровдуку).

Энциклопедияны жаратууга 170тен ашуун автор катышты. Алар — Москванын, чет өлкөлөрдүн (Түркия) окумуштуулары, Кыргыз республикасынын ИАсынын окумуштуу-адистери, жогорку окуу жайларынын окутуучулары, жазуучулар, журналисттер, иск-во кызматкерлери, эл чарба адистери, коомдук ж-а мамлекеттик ишмерлер.

«Манас» энциклопедиясын даярдоодо ушуга чейин кыргыз тилинде чыгарылган универсал, универсал-улуттук жана тармактык энциклопедиялардын тажрыйбалары жетекчиликке алынды.

Энциклопедияга макала болуп кире турган терминдердин тизмеси адегенде тиешелүү илимий мекемелерде, окуу жайлардын кафедраларында, чыгармачыл уюмдарда ж-а Кыргыз энциклопедиясынын Башкы редакциясынын алдында түзүлгөн редакциялык кеңеште кеңири талкууланып, такталып, толукталды. Ошондон кийин гана макалалар авторлордон жаздырылып алынды. Эки томго кирген макалалардын тексти 9 макетке китепчеге чыгарылып, алар редакциялык кеңеште ж-а илимий мекемелерде бардык жагынан каралды ж-а адистер тарабынан рецензияланды. Мунун баары терминдердин такталышына ж-а иргелишине, макалалардын сапат жагынан жакшырышына мүмкүнчүлүк түздү.

«Манас» энциклопедиясы нукура оригинал эмгек катары илимпоздорго, жазуучуларга, котормочуларга, журналисттерге ж-а маданият ишмерлерине, орто, жогорку окуу жайларынын окутуучуларына, студенттерине, о. эле мектеп мугалимдерине, окуучуларына ж-а өз элин, ата журтун кадырлап сүйгөн, фольклорго кызыккан жалпы окурмандарга арналат.

Кыргыз энциклопедиясынын Башкы редакциясы «Манас» энциклопедиясын чыгаруу ишине активдүү катышкан мекемелерге, айрыкча Кыргыз Республикасынын ИАсынын «Манастаануу» бөлүмүнө, жогорку окуу жайларына, бардык авторлорго, илимий консультанттарга, рецензенттерге жана редкеңеш мүчөлөрүнө чын пейилден ыраазылыгын билдирет жана жалпы окурмандардан бул энциклопедия ж-дө баалуу сын-пикирлерин, сунуштарын күтөт.

## ЭНЦИКЛОПЕДИЯДАН ПАЙДАЛАНУУЧУЛАРГА

«Манас» энциклопедиясынын макалалары (терминдер) алфавит тартибинде жайгаштырылып, терминдердин аталыштары чоң кара арип м-н терилди. Айрым ири макалалар, б. а. үчилтиктин сюжети берилгенде эпостун ар бир бөлүгүнүн туруктуу салттык окуялары өз ичинен майда эпизоддорго бөлүнгөн кичине темалары б-ча берилди.

Манасчылар ж-дө жазылган таржымал макалаларда гана адегенде ысмы жазылып, андан кийин атасынын аты берилди. Мис., САГЫМБАЙ Орозбак уулу, УРКАШ Мамбеталы уулу. Ал эми жыйноочулар, изилдөөчүлөр, котормочулар, жазуучулар, маданият ишмерлери ж-дө жазылган таржымал макалаларда инсандын фамилиясы м-н ысмы берилип, кашаанын ичинде туулган жылы, жери ж-а өлгөн жылы, жери көрсөтүлдү. Жылды билдирген цифрага «жыл» деген сөз же кыскартылган «ж» тамгасы кошулуп жазылбастан, сандын өзү эле алынды, Мис., АЙТМАТОВ Чыңгыз (1928, Киров р-ну, Шекер айылы) же МАЛДЫБАЕВ Абдылас (1906, Кемин р-ну, Кара-Булак айылы — 1978, Фрунзе). Көлөмдүн чектелгендигине байланыштуу таржымал макалаларда ишмердин илимий ж-а ардактуу наамдары, кызмат орду, «Манаска» байланыштуу илимий эмгектери, көркөм чыгармалары, сыйланган ордендери ж-дө гана кыскача маалымат берилди.

Кээ бир атактуу адамдар эл оозуна ж-а тарыхка ылакап ат м-н кирсе, макала ошол атына жазылып, чын аты көрсөтүлгөн жерде ага аныктама гана берилип, шилтеме жасалды. Мис., АБДЫРАКМАНОВ Байымбет (1860—1940)— кыргыздын улуу жазма ырчысы, кыргыз ырчылар поэзиясынын классиги, жомокчу, к. *Тоголок Молдо.*

Энциклопедияда негизинен таржымалдык макалаларда инсандарга ыйгарылган наамдар, сыйлыктар ж. б. (мис., Кыргыз ССРинин эл жазуучусу, Кыргыз ССРинин маданиятына эмгек сиңирген ишмер, СССР эл артисти, СССР көркөм сүрөт академиясынын академиги ж. б.) мурдагы аталыштары боюнча берилди. Анткени СССРдин жоюлуп, Кыргыз ССРинин Кыргыз Республикасы болуп аталып калышына байланыштуу бул наамдар азыр ыйгарылбай калгандыктан алар тарыхта мурдагы аттары менен сакталышы абзел.

Мурда берилген материалдарды кайталабоо ж-а окурмандардын керектүү материалды тез табышына жардам иретинде шилтемелер арбын колдонулду. Шилтеменин бир нече түрү бар. Мис., сөз болуп жаткан макаланы толуктай турган материалга шилтеме «к.» (кара) деген тамга м-н көрсөтүлүп, шилтеме берилген макаланын аты жантайыңкыраак бөтөнчө тамгалар (курсив) м-н берилди. Мындай учурда окурман ошол окуя же каарман тууралуу алфавит б-ча энциклопедиянын тиешелүү томунда, бетинде өзүнчө макала берилгенин туюнат.

Энциклопедияда кыскартуу системасы кеңири колдонулду. Жалпы кабыл алынгандар («ж. б.» — жана башка, «б. а.» — башкача айтканда, «д. у. с.» — дагы ушул сыяктуу) м-н катар «Манас» энциклопедиясы үчүн атайын иштелип чыккан кыскартуулар колдонулду.

Макаланын аты тексттин ичинде кайталанганда анын биринчи тамгасы гана берилди (мис., Бакай— Б. же Кыз оюн — К. о.). Библиография хронологиялык тартипте 2-томдун аягына берилди.

# А

**ААЛАМ** — бизди курчап турган түбөлүктүү ж-а чексиз кең дүйнө. «Аалам» м-н «космос» деген сөз маанилеш. Асмандагы жылдыздардын бардыгы А-га кирет. Жер ж-а күн ошондой жылдыздардан. Күндүн айланасындагы жерден башка дагы 8 планета (Меркурий, Чолпон, Марс, Юпитер, Сатурн, Уран, Нептун, Плутон) ж-а миңдеген майда телолор (астероиддер ж-а кометалар) айланып жүрөт. Алар биригип Күн системасын түзөт. Анын диаметри 10 миллиард *км*ге жакын. Бул аралыкты жарык нуру 10 саатта өтөт (жарык нуру Күндөн Жерге 8 минутада жетет). Күн ж. б. планеталар системасын кошо камтыган өтө чоң жылдыздар системасы галактика деп аталат. Биздин галактикага Күндөн башка 100 миллиардга жакын жылдыз кирет. Анын чеги 100 миң жарык жылына барабар ж-а андан тышкары башка галактикалар да бар экендиги белгилүү. Жарык нуру эң алыскы галактикалардан Жерге миллиарддаган жылдарда жетет. Бирок, бул да А-дын чеги эмес. Андан ары да мейкиндик болушу мүмкүн. Бардык асман жылдыздары өнүгүүнүн татаал жолун басып өтүшөт. Бирок, алар кандай гана өзгөрүүгө дуушарланса да, эмнелерден түзүлсө да баары бир жоголуп кетпейт. А. чексиз гана эмес, о. эле түбөлүктүү. «Манас» эпосунда А. термини көп колдонулуп эки мааниге ээ: 1) Жер жүзү, бардык эл; 2) бүткүл дүйнө, бизди курчап турган жаратылыш. Манас баатыр «Чоң казатта» жүрүп, чоролорунан айрылып, жалгыз калганда мындайча арман кылат:

Он сегиз миң ааламды,
Сындап турган кезимде.
Калдайган шаардын баарысын,
Камап турган кезимде,
Мында өлбөй не болдум (СК, 2. 225).

Бул жерде Манас «он сегиз миң ааламды» же бүт жер жүзүндөгү элди сурап турганы айтылып, байыркы кезде учу-кыйры жок жер бети А. катары сезилгенин кабарлап турат. Ал эми адамзатты курчаган дүйнөнүн жалпы турум-турпатын туюндурган А-дын тутумунда турган бөлүктөр Күн, Ай, Асман (Көк), Жер ж-дөгү түшүнүктөрдүн төркүн-теги кыргыз элинин илгертен келе жаткан салттык ой-түшүнүгүнө байланышкан. Ал «дүйнө элесине», менталитке, маданият категорияларына киргендиктен, ошол маданияттын, элдин өкүлдөрү ага атайылап маани бербейт, таасындапдайындап кеп кылбайт, өзүнөн өзү түшүнүктүү, калайык-калкка маалым көрүнүш катары кабылдашат. Демек, эпосто ал кыйыр-көмүскө түрдө берилет. «Манас» эпосунда адам баласы көрүп-билген дүйнөнүн көп түрдүүлүгү, ар кылдыгы айтылат («Алтымыш миң ааламдан», «Жети кабат кара жер»). А-ды түзүп турган кубулуш-көрүнүштөр (Күн, Ай, Жылдыз, Көк, Жер, табияттын башка кубулуштары) өз ара байланышта туруп, белгилүү тартипте жайгашканы туюнтулат. Ар кандай космологияда дүйнөнүн төрт тарабы ажыратылат. Бул универсалит «Манаста» да кезигет:

Күн батышка бир карап,
Күн чыгышка бир карап,
Жолборсум турду ыңгырап.
Күн тарапка бир карап,
Түн тарапка бир карап,
Жолборсум турду күркүрөп.
Төрт тараптан айбанат
Төгүлүп кирди дүркүрөп (СО, 2. 279—280).

Эпосто көк, асман байыркы түрк мифологиясынын каада-салтына ылайык Теңир-кудай катары да белгиленет. Жоого каршы «Көк Теңирим колдо деп» атташат. О. эле Манаска карата «үстүңкү Көк Теңирдей» деген салыштыруу колдонулат. Манастын өзү да: «Асман менен жериңдин Тиреөсүнөн бүткөндөй, Айың менен күнүңдүн, Бир өзүнөн бүткөндөй» (СО, 2. 248) мүнөздөлөт. Мында биринчиден, бир учу жерге такалып, бир учу асман тиреген нерсе ж-дөгү түшүнүк турат, экинчиден, Манастын Көк Теңирге окшош, тектеш экени туюнтулат. А. тууралуу ой-түшүнүк «Манас» эпосунда кадимки реалисттик ж-а мифологиялык мүнөздө колдонулат. О. эле ай-жылдарга байланыштуу астрологиялык («жылдызы түшүп», «жылдызы оң экен», «Атка каршы ай экен, Эрге каршы жыл экен» — дейт далычы Таргыл таз), же табият кубулуштарына байланыштуу магиялык (эпостогу жайчылардын иш-аракети) маани-мазмундар кезигет. Дүйнөлүк мифологиянын универсалийлеринин бири А-дын, мейкиндин үч катмары тууралуу ой-түшүнүк: «Жогорку дүйнө», «ортоңку дүйнө», «жер алды дүйнө». Бул эпосто Манастын үстүнөн уча коштогон ала кара куш, капталдай жандаган көсөө куйрук көк бөрү, артынан ээрчиген ажыдаар (жылан) аркылуу берилет. А-дын турум-турпатын тартууда экилтик (бинарчыл) жол-жобо колдонулат. Дүйнөнүн түзүлүшүндө, табият кубулушунда «оң» м-н «сол» ажыратылат. Эпосто «Шымал жагын сол деген, Жануп жагын оң деген»,— деп баяндалат. Парсыча «шымал» — «түндүк», «жануп» — «түштүк» болот. Ушу сыяктуу эле Күн м-н Ай, Жер м-н Көк, тоо м-н суу, түн м-н күн карама-каршы коюлуп, кошмок мүнөздө сыпатталат. Эпосто жер ж-дө маалымат бир кыйла. Эгер жерди А-дын бир бөлүгү катары карасак, анда ага байланыштуу мүнөздөмөлөр алда канча акылга сыярлык көрүнүш: «Жеткен жан келер жөргөлөп, Жердин өзү дөңгөлөк»; «Толгонуп дүйнө жүзүнө, Тогуз айда жетиптир». Албетте, эпос түзүлө баштаган маалда эле кыргыздар жердин тоголок экенин билишкен деш кыйын. Ошол эле учурда муну жокко чыгаруу да натуура. «Манаста» А. «бардык эл», «жумурай журт» деген маанide да колдонулат («Ааламга болдук тама-

ша», «Ааламга жеткен даңкым бар»). Демек, коом мейкиндигине космологиялык элес м-н туташ карашат. А. түшүнүгү эпосто көркөм апыртма каражаты, мифтик-поэтикалык элесте да кезигет. Маселен, Чыйырды байбиче көргөн түшүн баян этип: «Ажыдаар болуптур, Ачууланып оп тартса, Ай-ааламды соруптур» (СО, 1.23)— дейт. Кыргыздар мусулман динин кабыл алышы м-н бирге анын догмаларына ылайыкташкан А. ж-дө түшүнүктөр да «Манаска» кире баштаган. Мис., Алмамбетти мусулман динине кирүүгө үндөгөн Көкчө А. ж-дө төмөндөгүдөй баяндайт:

Астындагы жер деди,
Жер көтөргөн жел деди,
Жел экен деп тим болбой
Жеткирип ойло сен деди.
Жеке кудай өзү деп
Кудайдан биле бер деди.
Үстүндөгү көк деди.
Көк бирөө деп ойлобо,
Катар-катар көп деди.
Арша-күршү жайлар бар,
Төртүнчү кабат асманда
Күнүң менен айлар бар,
Асмандагы жылдызды
Адам болжоор неме эмес,
Ар бир жылдыз ай, күндөн
Чоңдугу да кем эмес,
Жетинчи кабат асмандан
Жетип тур, көрдүң жарыгын
Жеке жалгыз Алданын
Аңдап билгин бардыгын (СО, КФ, 1972-инв., 185-б.).

Мына ошентип А-ды таанып-билүүгө, ал ж-дө билимдерди топтоодо ж-а күндөлүк турмуш процессинин жүрүшүндө кыргыздар тиричиликке, жоокерчиликке байланыштуу толуп жаткан түшүнүктөрдү иштеп чыккандыгы белгилүү. *З. Бейшеев, Ж. Бекешев*

**ААЛЫ**, к. *Азирет*.

**АБАЙ** — эпизоддук кейипкер. Алмамбет м-н Көкчөнү араздаштыргандардын бири. Калыстыгы, жалпы эле адамгерчилиги м-н элге алынып кеткен Алмамбетти ичи тардык кылып күнүлөшкөн казак бийлери анын таянганы кан Көкчөдөн ажыратуу ж-дө жыйылып алып өз ара кеңеш курушканда, А. Алмамбеттин издеп келер кишиси жок, өлтүрүп салалы деп кеңеш кошот (СО, 2. 245).

**АБАЙ** — этноним. Көкөтөйдүн керээзинде: «Ай алдына барбасын, Абайга кабар салбасын... Атпай кыргыз журтуна Азапты кылып салбасын» (СО, 3. 12),— деп алыскы жерде жашаган мифтик-эпикалык эл катары айтылат.

**АБАК** — этноним. Эпосто казак каны Көкчөнүн ж. б. бир катар кейипкерлердин уруусу. Казак элинин эпикалык чыгармаларында да (казакча уак, увак) эр Көкчөнүн, анын баласы эр Косайдын уруусу катары сүрөттөлөт. Ишим талаасында жашаган уактар кийинки учурларга чейин өздөрүнүн түп атасы катары Көкчөнү эсептешип келген. Тарыхый уактар казактардын орто жүз курамындагы ири уруу. А. аттуу майда уруу кыргыздардын чекир саяктарынын арасында да кезигет. 17-к-дагы казак, кыргыздардын жунгарларга каршы күрөшүндө А. активдүү роль ойногон.

**АБАҢ**, Абаңды талаа — топоним. Эпосто Чүй өрөөнүнүн аймагы катары баяндалат, к. *Чүй*.

**АБА ЫРАЙЫ** — белгилүү бир убакта же учурда бир аймактагы атмосферанын абалы, атмосферанын космос ж-а жер бети м-н өз ара аракетинен пайда болгон физикалык процесс. Адам баласы — табиятты үйрөнүп билүүгө байыртадан эле умтулуп келген. Адамдын ар бир нерсени баамдоого, баалоого, аңдоого багытталган кудурети адамзаттын бүткүл рухий ж-а материалдык прогрессинин өзөгү болуп эсептелип, алардын чыныгы (бул) дүйнөнү таанып-билүү аракеттери тарыхый өнүгүүнүн ар кандай этаптарында түрдүү жолдор м-н ишке ашырылган. Мунун өзү аларга билим түшүнүктөрүн өздөштүрүүнүн өзгөчө ыкмаларын жараткан. Элдеги эзелтен бери кеңири орун алган уламыш, санжыра түрүндөгү ж. б. фольклордук материалдар дал ушуну ырастайт. Кыргыз эли дээрлик мал чарбачылык м-н оокат кылгандыктан жакшы жайыт издеп, көбүнчө тоодон тоого көчүп жүрүп, кара нөшөр жамгырга, мөндүргө, кар аралаш бороон-чапкындарга далай дуушар болушкандыгы «Манас» эпосунда:

Асмандан булут айланып,
Ачып көздү жумганча,
Айдын көзү байланып,
Жылдыздын баары жабылды,
Жылгадан туман табылды.
Тоодой булут толгонуп,
Бөксөдөн булут бөлүнүп,
Кыбыладан күркүрөп,
Кызыл мунар көрүнүп,
Көнөктөгөн немедей,
Көктөн көк кашка мөндүр төгүлүп,
Арыктын баары жыгындап,
Аңдын баары тыгындап,
Асмандан алты сай мөндүр шыбыргак,
Бороошосу бургулап,
Адамдын башын көтөртпөй,
Аркы-терки ургулап (СО, 4. 261),— деп

ачык ж-а кеңири сүрөттөлөт. Айрыкча эрте жазда капысынан боло калчу кара тоңголокто малдын көп кырылышына, ылаң оорулардын таралышына алып келген.

Борошолоп, бургулап,
Караганга өлчөөсүз
Каршы-терши ургулап,
Тоолорго толук кыш болду,
Жакага жалтыр муз болду.
Адам, малдын баарысын
Оору, сыркоо каптады
Арык-торук малдарды
Аяз менен өлтүрдү (СО, 4. 158).

Ушундай шарттарда кыйын абалда калган эл табияттын мындай көрүнүштөрүнө каршы турууга, б. а. жаратылышта дайыма болуп өтүүчү табышмактуу, каардуу кубулуштарга

көңүл буруп, алардын сырын ачууга аракеттенишкен. Эл илгертен эле А. ы-нын бузулушун же тескерисинче, анын оңоло баштаганын айгинелөөчү белгилерге байкоо жүргүзүп, аларды жыйынтыктап, корутунду чыгарышкан. Бул өнөрдү жакшы өздөштүрүп билүү, адамдан өзгөчө бир шыктуулукту, жөндөмдүүлүктү талап кылган. Ушундай сапаттарга ээ болгон зээндүү адамдарды «олуя киши» же көп учурда жөн эле «эсепчи», «жылдыз саноочу», «жайчы» деп коюшкан. Элдин арасынан эсепчилердин пайда болушу — бул күндөлүк турмуштагы мыйзам ченемдүү көрүнүш болгон. А. ы-н болжолдоого эсепчилер эң алгач элдик жыл аттарына таянган ж-а илгертен эле ар бир жылдын өзүнө тийиштүү белгилерин аныкташкан. Маселен, «коён» жылы — кыш мелүүн, ал эми «доңуз» жылы — кыш ызгаардуу, «жылан», «мечин» жылдары — жай ысык, кургакчыл келсе, «кой» ж-а «уй» жылдары — жаанчыл болуп, чөп, эгин жакшы чыгат ж. б. деп түшүнүшкөн. Жылдыз саноочулар А. ы-н аныктоодо айрыкча жылдыздардын (планета деп бөлгөн эмес) кайсы мезгилде ж-а кайсы тараптан, кандай абалда көрүнөрүнө көп көңүл бурушкан. О. эле Ай, Күндүн тегерегинде пайда боло калуучу алкактарга да көз жүгүртүшкөн. Бул жагдай, албетте, алда канча тагыраак жыйынтык чыгарууга шарт түзгөн. Ушуну м-н бирге алар шамал ж-а булуттун багытына, жылыш ылдамдыгына, келгин куштардын кайсы учурда жергебизге учуп келишерине ж-а күзүндө кайрадан жылуу өлкөлөргө кайтышарына, бакма, жапайы айбандардын, жергемүш, чымын-чиркей сыяктуу жандыктардын жүрүм-турумуна, өсүмдүктөрдүн сырткы түрлөрүнүн кескин өзгөрүп кетүүлөрүнө тынымсыз байкоо жүргүзүүдөн А. ы-нын бир жумалык, ал түгүл бир нече айлык прогнозун түзө алышкан. Эсепчилердин күн мурунтан болжолдоп айткандары жөн эле курулай жоромолдоого же төлгө ачууга негизделбестен, метеорологиялык фактыларды тыкандык м-н салыштырып, аларды өз ыкмалары аркылуу талдоонун белгилүү даражада туура жыйынтыгы болуп эсептелет. Мында элдик эсепчилер көпчүлүк учурда турмушта негизинен көп ирет кайталанган ж-а далилденген, ошого байланыштуу өздөрү иштеп чыккан ыкмага таянышкан. «Манас» эпосунда Алмамбет баатыр гана болбостон, чоң жайчы болуп, зарыл учурда ал өзүнүн жайчылык өнөрүн колдонгон. «Көкөтөйдүн ашында» чабыла турган аттардын саны 2 миңге жеткенде Манас баатыр акыры эмне м-н бүтөрүн билип мыктылардын мыктылары чабылышы керек деген ой м-н А. ы-н өзгөртүп, алсыз, начар тобурчактардан кутулуу амалында Алмамбетти «катыра күндү жайлап көр» деп кайрылат:

Алмамбет жайга киргени
Нурку асылы кытайдан,
Өнөр алган ал жайдан
Касийдадан кат окуп,
Калмакча кара дуба жат окуп,
Барайыздан бат окуп,
Бачымырак жат окуп,
Тегерете терс окуп,
Кытайча дуба нече окуп,
Сурданып Алмаң калганы
Суугa жай таш салганы (СО, 3. 150),—

деп Алмамбеттин жайчылык өнөрү аркылуу А. ы-н өзгөртүп жиберүү кудеретине ээ экени көрсөтүлөт. Эпосто жайчылыктын чагылдырылышы табият кубулуштарынын ички сырларын үйрөнүүгө, аны адамдын эркине баш ийдирүүгө болгон иш-аракеттин көркөм көрүнүшү болуп саналат, к. *Жайташ, Жайчы.*

*А. Байбосунов*

**АБДУЛКАДЫР ИНАН** (1889, Башкортстан, Екатеринбург-Чыгай —1976, Анкара)— түрк тилдүү окумуштуу, манасизилдөөчү. Улуту башкырт. Алгач Чыгайда Усулу Жадид мектебинен окуган, кийин Троицкидеги Расулие мектебин бүтүргөн. Алгачкы илимий макаласы Оренбургдан чыгуучу «Вахт» («Убакыт») гезитине жарыяланган (1908). 1914-ж. жогорку мектепти бүтүрүп, 1915-ж. «Мусулмандар шарыят мекемесинин» кеңешинде мударис (профессор) наамын алган. 1915—23-жылдары мектептерде мугалим болуп иштеген. Орустарга каршы көз каранды эместик күрөш жеңилгенден кийин Иранга, андан Ооганстанга, Индистанга кетет. 1925-ж. Европага келип, Марсель, Париж, Берлинде болгон. 1925-жылдын теммуз айында Түркияга, Стамбулга келип, Түркийат ин-туна кызматка алынган. 1910-жылдан баштап жүргүзө баштаган түрк элдеринин фольклору тууралуу илимий иштерин Түркияга келгенден кийин да уланткан. 1933-ж. Түрк тил коомунун чакыруусу м-н Анкарага келет. 1935-ж. Ататүрктүн буйругу м-н чыгыш түрк диалектилеринин профессору наамы ыйгарылган.

Этнография, фольклор, түрк тарыхы, түрк элдеринин дини, ишеними, түрк диалектилери, түрк филологиясы жөнүндө эмгектер жазган. Түркияда «Манас» эпосу тууралуу алгачкы маалымдама-баяндамаларды, илимий эмгектерди А. И. жазган. 1936—68-жылдарда «Манаска» байланыштуу жазган ондогон макалаларында, эпостун кыргыз тили б-ча мол материал берген зор эстелик экендиги, эпостун каармандары, андагы элдин турмушу, каада-салтынын, аш-той расмысынын орун алышын, эпостун идеологиясы иликтенген ж-а түрк элдеринин эпосторунун ичинде «Манас» эпосунун өзгөчө ордун белгилеген. Түрк энциклопедияларына чыккан «Манас» тууралуу макалалардын автору. Түрк маданиятын изилдөө ин-тунун, Түрк тарых коомунун анык мүчөсү.

*Н. Абдувахиев*

**АБДЫКАДЫР** — эпизоддук кейипкер. Көкөтөйдүн ашын кандайча өткөрүү ж-дөгү кеңешке чакырылган уруу башчылардын бири катарында аты гана аталат (СО, 3. 81, 83).

**АБДЫКАДЫРОВ** Жалил (1932, Жети-Өгүз р-ну, Чырак айылы —1984, Фрунзе ш.)— кыргыз театр режиссёру, Кыргыз ССРинин иск-вого эмгек сиң. ишмери (1964), республиканын Токтогул атн. мамл. сыйл. лауреаты



(1986). А-дун чыгармачылык ийгиликтери анын режиссурасына таандык болгон көптөгөн мыкты спектаклдерден көрүнөт. Айрыкча Ж. Садыковдун «Манастын уулу Семетей» (1982) драмасын сахнага коюу м-н ал өзүнүн көркөм концепциясынын тереңдигин ж-а айкындыгын көрсөтө алган. А. баатырдык маанайдагы спектаклди жаратууну гана эмес, улуу эпостун өзөгүндөгү ата журтту, элди, жерди сүйүү идеяларын көрүүчүлөрдүн көңүл түпкүрүнө жеткирүүнү көздөгөн ж-а бул максатын жүзөгө ашырган. «Манастын уулу Семетей» спектакли Москвада да көрсөтүлүп, жогору бааланышы А-дун элдик эпикалык көркөм өнөрдүн салттарын терең өздөштүргөндүгүн, режиссёр катары кайталангыс өзүнчөлүгүн тапкандыгын далилдейт. Ал бир нече медалдар м-н сыйланган.

*Э. Калдаров*

**АБДЫКАЛЫК** — эпизоддук кейипкер, Букардын каны Атемирдин жакын кеңешчилеринин бири. СОВ б-ча Жакып Каныкейге куда түшкөнү барганда аны м-н сүйлөшүп, ким экендигин билип, Атемирге келип айтат. Атемир Жакып м-н кудалашып, анын уулу Манаска Каныкейди беребизби же бербей аны м-н согушабызбы деп кеңеш курганда, А. согушкан м-н кыргызды жеңе албайбыз, андан көрө калыңды көп сурап коркутуп качыралы деп кеңеш берет (СО, 2. 362—376).

**АБДЫКЕРИМ** Беки уулу (1880, Базар-Коргон р-ну, Сейдикум айылы — өлгөн жылы белгисиз)— манасчы. Мундуздун аркалык уруусунан. «Манас» эпосун атасынан үйрөнгөн. Жаш кезинде аш-тойлордо, кыз оюндарында жамактатып ыр чыгарып айта коюп жүргөн. Элдик жөө жомокторду да билген. А-дин айтуусунда «Манастын кыз Сайкалды алышы» эпизоду жазып алынган. Окуяда Манас кырк чоросу м-н аттанып, кыз Сайкалды алууга жөнөйт. Манастын келгенин сыйкырында билген Сайкал жөн коёт да, кези келсе кырк чоросунан ажыратып өзүн экинчи бастырып келгис кыламын деп камынып калат. Манасчынын айтуусунда кыз Сайкал кайыптан жаралган деп эскерилет. Ал Манастын айтканына көнбөйт ж-а жеңилбейт. Манас кайрылып элине кетет. Экинчи жолу барганда кыз Сайкал сайышка чыкпастан Манастын алдына Тайбуурул тулпарын тартуулап, өзүн бир түнөтөт да тиги дүйнөлүк жарың болом, бул дүйнөлүк жарың Каныкей деп узатат. Манас элине келип Каныкейге кайра жаңыдан нике кыйдырат. А-ден жазып алынган бул эпизод Кыргыз ССР ИАнын Кол жазмалар бөлүмүндө сакталып турат.

*К. Кырбашев*

**АБДЫЛДА** — Манастын чоросу Ажыбайдын өз ысымы. СОВ б-ча «Түмөнбайдын Абдылда», ЖМВда «Кыпчактын уулу Абдылда» деп айтылып экөөндө тең кийин Ажыбай деген ат алат, к. *Ажыбай.*

**АБДЫЛДА** Дөөлөт уулу (1899, Өзгөн р-ну, Алга айылы — өлгөн жылы белгисиз)— манасчы. Басыз уруусунан. «Манас» эпосун жездеси Казыбай устадан үйрөнгөн. Ал дастандын көп эпизоддорун билген ж-а мыкты айткан. 1966—70-ж. «Манас» эпосунун айрым эпизоддору (2427 сап ыр) жазылып алынган (КФ, 630-инв.). Бул эпизоддор негизинен Манас жана анын кырк чоросу менен Алмамбеттин таанышышы, Алмамбеттин аларга кошулушу, Алмамбеттин кеңеши боюнча Манастын Каныкейге үйлөнүшү, алардын (кыз-күйөөнүн) шаан-шөкөт менен Таласка көчүшү окуяларынан турат. А-нын айтуусунда Манас м-н Көкчө таяке-жээн болгондугуна карабастан бири-бири м-н эки-үч курдай согушат. Акыркы кармашта Манас оор жарадар болот.

Кайта берип Көкала
Алып келип Эр Көкчө,
Манасты атып таштады.
Чоң өпкөнүн жарымы жок,
Боорунун теңи жок (АДВ, КФ, 630-инв., 101-б.).

Бул кабар Каныкейге жетет. Акылман, айлакер Каныкей нечен дарылар м-н дарылап Манасты өлүмдөн алып калат. Ошентип, «жаккан отун өчүрүп, эки айча аерде жатып бу Манас, Каныкейди көчүрүп, сексен төөгө сеп жүктөп, анан Таласка келет экен» (КФ, 630-инв., 109-б.).

1970-ж. А-дан (көлөмү 32 бет) «Көкөтөйдүн ашы» жазылып алынган (КФ, 630-инв.). Эпизод Көкөтөй өлүп, кара ашын берип, ага көк күмбөз (кээде ак күмбөз деп да аталат) салдырып, эми чоң ашын кантип беребиз деген кеңештен башталат. Көкөтөйдүн жалгыз уулу Бокмурун ашты Манаска башкартам деген чечим м-н жайма көкүл жаш Айдарды Мааникерди мингизип, Манаска кабарга чаптырат. Баяндоодогу окуялар андан ары чиеленип, татаалданып өнүгө берет.

Атаңдын гөрү бул гулду,
Карадан жорго жооруса,
Кең Анжыян бозунда,
Кан Гөкөтөй ооруса,
Мында гандай чакыртпайт.
Аладан жорго бөлгөндө,
Алп Гөкөтөй өлгөндө,
Мында кандай чакыртпайт.
Гөкүмдүн суусун бурганда,
Тавагын Ташкент кырганда
Гөк күмбөзүн курганда
Мында кандай чакыртпайт (АДВ, КФ, 668-инв., 129—130-б.),— деп Манастын каары келип, жаш Айдарды жайлап, Мааникерди сойгула деп чоролоруна буйрук берет. Мындай кысталыш учурда акылман Каныкей: «Жаш Айдарды жайласаң, Мааникерди сойдурсаң мен башка эрге тийип кетип, катыны таштап

кеткен Манас деген жаман аттыга калтырам, элге шылдың кылам» — дейт. Мындай жаман атты шылдыңдан чочулаган Манас кайра жазылып, жаш Айдарды коноктоп, ашка барууга макулдугун берет. Окуя ашка даярданып, Манас чоролорун ээрчитип, жолго чыгышы м-н бүтөт. Аштын кандай өткөнү ж-а башка окуялар ж-дө сөз болбойт. А-нын айтуусунда «Манас» дастанындагы туруктуу салт катарында саналган сүрөттөөлөр көркөмдүгү, маңыздуулугу жагынан көп манасчылардыкынан калышпайт. Бир топ манасчыларда туруктуу салт катарында тулпарларды сүрөттөө, алардын сын-сыпатын даңазалоо — негизги көркөм ыкма, формалардан болуп келген. Мындай салт, көркөм ыкма, форма А-нын «Манас» айтуусунда кеңири колдонулат. Өзгөчө Манастын Аккуласынын сын-сыпаты, сыртқы көрүнүшү кадимкидей эргүү ж-а чеберчилик м-н сүрөттөлөт:

Аккуладай күлүктөн
Карчытында шам күйөт,
Каражал гулат кимдики.
Томугунда шам күйөт,
Тоодой гулат кимдики.
Вул гулаттан кандай бенде гутулат?
Кокустан чуркап бергенде
Кайгылуу тайган ит жетпейт,
Канаттуудан Кара ылачын куш жетпейт
(АДВ, КФ, 668-инв., 125-б.).

*Ж. Төлөев*

**АБДЫЛДАЕВ** Эсеналы (1932, Ысык-Көл р-ну, Жаркынбаев айылы) — «Манас» изилдөөчү, жыйноочу ж-а түзүүчү. Филология илимдеринин кандидаты (1967). Пржевальск мугалимдер ин-тунун физика-математика факультетин бүтүргөн (1951). 1951—55-ж. Ысык-Көл р-нундагы мектептерде физика-математика мугалими болуп иштеген. КМУнун кыргыз тили ж-а адабияты факультетин артыкчылык дипломү м-н бүтүргөн (1960). 1960-жылдан Кыргыз ССР ИАнын Тил ж-а адабият ин-тундагы «Манас» секторунда кенже ж-а улук илимий кызматкер, азыр жетектөөчү илимий кызматкер. ««Манас» эпосунун эволюциялык өнүгүшү жөнүндө» деген темада кандидаттык диссертация (1967) коргогон. «Манас» эпосун үйрөнүү, таануу, изилдөө б-ча ««Манас» эпосунун алтайлыктардын баатырдык поэмалары менен болгон эпикалык катышы» (1966), ««Манас» эпосунун тарыхый өнүгүшүнүн негизги этаптары» (1981), «Кыргыз фольклорунун тарыхынан» (1983), ««Манас» эпосунун историзм» (1987), ««Манас» эпосунун эпикалык формулалары» (1991) аттуу монографиялык эмгектери бар. Мындан башка да «Манас» эпосу ж-а кыргыз фольклористикасы б-ча бир кыйла илимий ж-а илимий-популярдуу макалаларды жазган. А. манасчы Мамбет Чокмор уулунан 100 басма табак көлөмүндөгү «Манас» бөлүмүн жыйноо ж-а жазып алууга активдүү катышкан. Москвадан орус тилинде жарык көрүүчү төрт томдуктун төртүнчү томунун (30 басма табак) «Чоң чабуул» эпизодун түзгөн. СКВ б-ча «Семетей» бөлүмүн басмага даярдоого катышкан (1989). О. эле СОВ б-ча жарык көргөн «Манас» эпосунун 4-китебинин «Чоң казат» эпизодун даярдаган (1982).

*Ж. Төлөев*

**АБДЫЛКАДЫР** — эпизоддук кейипкер, тажик каны. Көкөтөй өлөрүндө жер жүзүндөгү белгилүү кандарды чакырып, мага арнап аш берип, бекеринен зордукчу кандардын кыстоо-кыйноосуна калбагыла деген керээзинде жоо элдин кандарынын катарында А-ды да эскерет (СО, 3. 23).

**АБДЫРАКМАНОВ** Байымбет, к. *Тоголок Молдо.*

**АБДЫРАКМАНОВ** Ыбырайым, к. *Ыбырайым* Абдыракман уулу.

**АБДЫРАКУНОВ** Турдубай (1937, Жети-Өгүз р-ну, Ак-Дөбө айылы) — фольклорчу, изилдөөчү. КМУнун филология факультетин (1960), Кыргыз ССР ИАнын Тил ж-а адабият ин-тунун аспирантурасын (1968) бүтүргөн. «Кыргыз эл табышмактары» деген темада кандидаттык диссертация (1973) коргогон. 1988-жылдан тартып Кыргыз ССР ИАнын Тил ж-а адабият ин-тунун улук илимий кызматкери. «Бабалардан калган сөз» (1980) аттуу кыргыз фольклорунун тарыхы ж-дөгү макалалар жыйнагынын автору. «Манас» эпосу м-н башка элдердин эпикалык чыгармаларынын окшоштук, айырмачылык маселелери, «Манастын» арым өзөк окуяларынын тарыхый чындык м-н байланышына арналган макалалары бар. А-дун илимий талдоолору кыргыз элинин тарыхый даректеринин фактыларына, диний-мифологиялык түшүнүктөрдүн реалдуу турмуш м-н байланыштуулугуна таянат. *И. Абдувалиев*

**АБДЫРАМАН** — эпизоддук кейипкер, Саяттын уулу. Кабарыш элинин баатыры. Көкөтөйдүн ашында Жолой м-н балбан күрөшкө чыгууга белгилүү балбан, баатыр катары Кошой Чегиштен кийин А-га кайрылат. А. «Жолобоймун Жолойго, Жолуга албайм андайга» (СО, 3. 187),— деп күрөшкө чыкпай коёт.

**АБИИ** — эпизоддук кейипкер. Манастан жеңилген Шоорук кан өзүнө караган кыпчактардын ичинде А-дин бар экенин эскерет (КВ, 1. 165).

**АБРАМЗОН** Саул Матвеевич (1905, Орлов губерниясы, Димбровск ш.— 1977, Ленинград) — кырыгыз этнографиясына негиз салуучулардан, тарых илимдеринин доктору (1968). Ленинград мамл. ун-тинин география факультетин бүтүргөн (1926). 1926-жылдан Кыргыз АОнын музейинин башчысы. А. 1928-ж. Кыргыз АССР ЭКСтин алдындагы Край таануу б-ча алгачкы илим-изилдөө мекемесин уюштурууга катышкан. 1931-жылга чейин Кыргызстан маданий курулуш ин-тунун директору. А-дун эмгектеринде негизинен кыргыз элинин этнографиясынын көптөгөн маселелери изилденген. Анын кыргыз этнографиясын чогултуу ж-а изилдөө иштери м-н катар «Манас» эпосу тууралуу изилдөөлөрү да өтө баалуу. «Баатырдык «Манас» эпосу кыргыз маданиятынын эстелиги», «Кыргыздын «Манас эпосундагы этнографиялык сюжеттер», «Кыргыз-



дын баатырдык «Манас» эпосу — этнографиялык булак», «Кыргыздардын аскердик уюштурулушуна жана техникасына мүнөздөмө», «Кыргыздардын уул асырап алуу салты» ж. б. илимий макалаларында А. сов. этнографтардан биринчи болуп «Манас » эпосун этнографиялык жагдайда изилдөө проблемасына жол ачкан. Ал кыргыздардын көп кырдуу турмуш-тиричилигиндеги, салт-санаасындагы унут болуп кеткен көптөгөн этнографиялык кызык окуялардын, фактылардын «Манас эпосунда чагылышы эпостун этнографиялык булак катары теңдешсиз материал берерин ж-а аларды изилдөө кыргыз маданиятынын тарыхын, анын ар түрдүү этабын ретроспективдүү түрдө эң байыркы элементтерин ачууга мүмкүндүк берет деп белгилеген. «Ардак Белгиси» ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

*Т. Баялиева*

**АБСУН** — эпос б-ча сыйкырлап кубулта турган дуба. Көбүнчө душмандын аярлары А. окуу м-н ар түрлүү нерселерди кубултуп, жол тоскон, чек ара кайтарган коркунучтуу жан-жаныбарга айландырып, душманынын сезин алат. Мис., кытайдын Бооң аяры Чүйдү бошоткону келе жаткан кыргыз колунун жолунан өзүн, 90 жолдошун ажыдаар, жолборс, илбирс, бөрү кылып кубултуп тостурат (СО, 2. 108—111).

**АБУНАСИР САМАНИ,** к. *Айкожо.*

**АБЫКЕ** — Жакыптын кичи аялынан төрөлгөн алты уулунун бири. Эпостун биринчи, экинчи бөлүмдөрүнүн бардык варианттарында катышат. А. иниси Көбөш м-н бирдикте Манаска каршы иш жүргүзөт. Айрым учурда Көбөшкө караганда ак көңүл, абийирдүү адам катары көрсөтүлгөнү м-н басымдуу учурда Көбөштүн жетегинен чыкпаган жетелеме адам. «Чоң Казатка» аттанарда Манас баатыр калың элге жар чакыртып, жортуулду каалабагандарга үйлөрүндө калууга эрк берет. Ошондо А. м-н Көбөш да барбай коюшат:

Дөбөгө чыгып дардактап,
Эми Манас өлдү деп,
Эгем бизге берди деп,
Барса келбес Бээжинден
Манас кайдан келсин деп,
Дөбөгө чыгып дардактап,
Элди көздөп бакырып,
Абыке, Көбөш эки арам
Көбөштөп ураан чакырып,
Кутуруп булар калыптыр (СК, КФ, 540-инв., 1641-б.).

А. эч качан Манас баштаган жортуулдарга катышпайт. Тескерисинче, ал Манастын жоктугунан пайдаланып ооруктa калган элдин ыркын кетирип, баш-аламандыкты күчөтүүгө аракет жасайт. Анын Көбөш сыяктуу эле өзүмчүл, мансапкорлук мүнөзү бара-бара эпостун «Семетей» бөлүмүндө айрыкча айкын ачылат. Манас өлгөндөн кийин анын аялы м-н баласын куугунтуктап, кандыкты, дүйнө-мүлкүн ээлөөгө умтулушунда феодалдык-патриархалдык уруулук түзүлүштүн өзгөчө мүнөзү, талап-түшүнүгү жатат. Уруулук түзүлүштүн салты б-ча Семетейге өтө күйүмдүү жакын агасы катары эсептелген А. Семетей эр жетип Таласка, элине келгенде ак пейил, жарык маанай м-н тосуп алып, анын жылкыларын багып жүргөндүгүн айтып, өзүндөгү Манастын курал-жарагын чыр-чатаксыз кайтарып бергендиги СКВ, ТМВ, МЧВда айтылат. Бирок, А-нин Көбөшкө кошулуп, кайтадан Семетейге жамандык ойлоп уруш баштаганынан анын мүнөзүндөгү ээрчиме жасакердиги, эки жүздүүлүгү, жойпулугу көрүнөт. СКВда Семетейден өлөт, ал эми БСВ б-ча А. энеси Бакдөөлөт м-н бирге Мекеге көчүрүп жиберилет.

*А. Жайнакова*

**АБЫЛ** — эпизоддук кейипкер, Атемирдин уулу, Санирабиганын агасы. Жакып Атемир м-н кудалашып келгенде Манаска болочок кайындарынын жөн жайын билдиргенде атын айтат (СО, 2. 384).

**АБЫЛГАЗЫ** Жумабай уулу (Кочкор р-ну, Кочкор айлы, туулган, өлгөн жылы белгисиз)— манасчы. Андан «Манас» эпосунан үзүндү жазып алынган (КФ, 265-инв.). «Манастын туулушу жана алгачкы эрдиктери» гана ыр түрүндө баяндалат. Манастын төрөлүшүндө жалпы мотивдик көрүнүштөр сакталып, кыскача айтылат. Үзүндүдө негизинен Нескара м-н болгон согуш ж-а орустун баатыры Муробезге (Илья Муромец) байланыштуу окуялар баяндалат. Окуяда Бөлөкбай уста оруска колго түшүп кетип, ошол жакта калган болот. Манас м-н Муробез достук мамиледе болуп, Манастын курал-жарагын Муробездин тапшыруусу б-ча Бөлөкбай даярдайт. Калмактар басып киргенде Сыргак барып, Манастын Бөлөкбай жасаган курал-жарактарын алып келет.

**АБЫЛКАСЫМ,** Абдылкасым— эпизоддук кейипкер, Атемирдин иниси. СОВдо Жакып Санирабигага куда түшүп келгенден баштап аны келин кылып алып кеткенге чейинки окуяларда катышат. Санирабиганы кандын (кан Манастын) никейине бердик деп аны Каныкей деген титул аты м-н биринчи А. атаган (СО, 2. 416).

**АБЫШ** (Кошабыш)— кырк чоронун бири. Манас Анжыянды басып алган кытай каны Алоокени багындырганда анын өз уулу Бооке м-н агасы Коңгуроолунун уулу А-ты ак үйлүү катары тартууга алат. А-тын «э дегенде эл эсебин алган» укмуштуу өнөрү болот (СО, 2. 197). А. Манас Каныкейге күйөөлөп бargандагы ат чаап жар тандоодо аты отуз жетинчи болуп келип, суксур моюн Сулайкага үйлөнөт (СО, 2. 427).

**АВЕРДЕН,** Аберген— топоним. Эпосто жомоктук-фантастикалык элесте чагылдырылган

А. көлүн табияттын стихиялуу күчүн элестеткен, б. а. суунун, жаан-чачындын ээси, аны пайда кыла турган сыйкырдуу күч катарында баяндалган 60 баштуу ажыдаар ээлеп жаткандыгы айтылат.

Төмөнкү жалгыз көздүн элинде,
Суук-Төр деген төрүндө,
Аверден деген көлүндө,
Алтымыш баштуу ажыдаар
Андан барып окуп кел (СК, 2. 106),—

деп жиберилген Алмамбет бала кезинде бул фантастикалык көлдөгү ажыдаардан окуп, магиялык укмуштуу өнөр, билимге үйрөнгөнү анын Манаска келгенден кийинки согуштук окуяларда көрсөткөн аярлык, жайчылык өнөрү м-н далилденет. Жеке Алмамбет эмес, кытайдын Коңурбай, Кожожаш ж. б. аяр, баатырлары да ушул жерден укмуштуу өнөргө ээ болуп чыгышат. Абарга — калмак-моңгол, бурят элдеринин оозеки чыгармачылыгында мифологиялык зор жылан (ажыдаар). Демек, кыргызча А. Ажыдаар-Көл деген мааниге ээ.

*М. Мукасов*

**АВУЗ** (ар. хавуз — жасалма тосмо, бассейн)— топоним. Манаска колукту издеп Букарга барган Жакып «Авуздун жогор жагынан» (СО, 2. 367) Атемир кандын кыздарын көрүп калып, баласына Санирабиганы жактырып, жуучу түшкөнү айтылат.

**АГАЛДАЙ** — эпизоддук кейипкер. СОВдо Үсөндүн (Көзкаман) балдарынын бири. Ички чыккынчы душман катары сүрөттөлөт. А. табиятынан коркок, бирок айла-амалдуу. Өзүнүн бир туугандары м-н бирдикте аталаш агасы Манасты ууландырып өлтүрүп дүнүйөсүн бөлүп алып баюуну, анын аялдарынын бирин алууну көздөйт. Ички душман катарында элдик баатырларга карама-каршы коюлган А-дын образы эпосто ачык элестүү, терс тип катарында иштелип чыккан.

**АГАЯР** — эпизоддук кейипкер, кытай мергени. А. Чоң казатта Бокмурунду атып өлтүргөнү айтылат (СК, 2. 176).

**АГУЛУК** — эпизоддук кейипкер, Алооке кандын ажайыпканасындагы айбанаттарды багуучу адам. Манас ажайыпкананы аралап көрүп жүргөндө Алооке ишенген жырткыч жаныбарлар Манаска, анын чоролоруна катылбай, А-ту жеп коюшат (СО, 2. 191).

**АГЫДАЙ** — кырк чоронун бири, далычы. Кырк чоронун катарында дайыма саналып, «Агыдай далы көрүүчү, ашкере айтып берүүчү» (СО, 3. 49) делип сүрөттөлөт. Кээ бир эпизоддордо Манас жортуулга чыгарда ага атайы далы ачтырып, иштин кандай аяктарынан алдын ала кабардар болот, мис., Шоорук кан м-н урушта (КВ, 1. 138). Адамдар шаманизмге ишенген байыркы мезгилдерде далычылардын, төлгөчүлөрдүн, балчылардын коомдук турмушта таасири күчтүү болгон. Жортуулга чыгуу же чыкпоо сыяктуу зор маанилүү иштер алардын алдын ала айтуусуна ылайык чечилгени байыркы түрк-моңгол элдеринин тарыхынан белгилүү. А-дын далы ачуусу окуянын өнүгүшүнө олуттуу таасир тийгизбегени м-н эпосто төлгөчү кара *Төлөк* м-н А. далы көрүүчү өзгөчө касиетке ээ адамдар катары эсептелип, ысымдары дайыма өнөрү м-н бирге аталышы элдин байыркы ишеними м-н байланышкан. СОВ б-ча А. Котон шаарынын башкаруучусу Ороңгу катындын аяры болот. Манас Кошой м-н бирдикте Алты-Шаарды каратып келе жатканда, анын кабарын уккан Ороңгу 13 аярына бал ачтырат. Алардын ичинен А. далы ачып, Манастын Котонду багынтарын алдын ала айтат. Ороңгу коркуп качат, кошо үркмөк болгон элди А. акыл айтып токтотот. Өз ыктыяры м-н баш ийген А-ды Манас чоро кылып алып, Алты-Шаарга бек дайындайт (СО, КФ, 572-инв., 436—556-б.). Сагымбай Орозбак уулунда кээде Акдай деп айтылса (СО, КФ, 572-инв., 561-б.), Жусуп Мамайда Актай (ЖМВ, 1. 494) делет.

*Р. Сарыпбеков*

**АГЫЛЫК** — эпизоддук кейипкер, калмак баатыры. Манастын Орго кан м-н болгон согушунда (СО, 2. 121), Көкөтөйдүн ашында ат чабыштын байгесин талап алууга камынган калмак, кытай баатырларынын катарында аты аталат (СО, 3. 260).

**АГЫНАЙ** — эпизоддук кейипкер, СКВда Алмамбеттин жары Аруукенин атасы *Каракандын* (Каныкейдин атасы) бир тууганы делет. Семетей Таласка кетеринде А-дын *Туучунак* деген күлүгүн Сарытаз жактырып минип кетет.

**АГЫНЕК** — топоним. Айчүрөккө күйөөлөп бараткан Семетей Оогандын каны Акундун шаарына дүрбү салып, нөкөр кыздары м-н Үргөнчтүн боюна келип күтүп жаткан Айчүрөктү көргөн бел (СК, «Семетей», 2. 42).

**АГЫШ** — эпизоддук кейипкер, Жеткир бийдин уулу, Кыястын атасы. А. Көкөтөйдүн ашында кытай балбаны «түктүү таман Түкүбайды» жыгып элге намыс алып берген каарман катары белгилүү. Башка каармандардан «Чыканактай эр Агыш, Бүткөн бою тарамыш» (СК, 2. 26), чакан боюна жык толгон кайраткүчү, шайырлыгы, оюн-шоокту жакшы көргөндүгү, кыз жандуулугу «Чоң оюнчу кыз накыш Агыштың жайы ушундай» (СК, 2. 52) сапаты м-н айырмаланып турат. Ашка Манас келе электе кыргыз баатырларын бирден сынаган Нескара А-тын балбандыгын, жоодон жалтанбас эрдигин, найзага ыктуулугун белгилейт. Түкүбай м-н күрөшүүгө даап балбан чыкпай турганда Каныкей Түкүбайга жалгыз А. жарайт деп, төмөнкүчө сыпат берет:

Оролмо тоонун ак ийиндей бүркүттү
Балдагы жок кондуруп,
Салып чыгып келаткан
Агыштай эрди көргөмүн...
Керекке жарар эр экен,
Кең пейил тууган шер экен (СК, 2. 52).

Ашка келип зыйнатка турган элдин ичинен А-ты издеп таппай жүрүп ордо кыздарынын арасынан табышат. Күрөшөрүндө Манаска «камчы менен чаап жиберип этимди ачынтпасаң күлүп жүрө берем» дейт да, эки күн, эки түн Түкүбай м-н күрөшүп күлүп жүрүп алат. Күлкүсүнө ачуусу келген Манас камчы м-н аны томукка бир салганда гана ачынган

А. Түкүбайды көтөрүп туруп, башынан айлантып балбан ташка чаап салат. «Бул байгеңди албаймын, Кыздарымдан калбаймын»,— деп байгеге да карабай ордо кыздарды карай жөнөп кеткени А-тын өзүнө гана таандык кызык мүнөзүн көрсөтүп турат (СК, 2. 53—54). СОВдо уруу башчыларынын катарында саналат. Кытайлар байгеге зордук кылганда колу м-н Манаска кошулат (СО, 2. 278).

*С. Төлөгенова*

**АГЫЯЗ**, к. *Акыяс.*

**АДАМ АТА** — мифологиялык кейипкер. Библия м-н куранда адамзаттын түпкү атасы. А.А. м-н Аба Эне — жарык дүйнөгө эң биринчи жаралган адамдар. Ал экөө азезилдин тилине кирип азгырылып кудайдын айтканын аткарбай күнөкөр болуп, бейиштен куулуп, ошондон кийин эмгек этүү м-н жер үстүндө күн өткөрүп калышкан. Бул СОВдо «Алмамбет баатырдын окуясында» Көкчө тарабынан кеңири баяндалса, башка манасчыларда элге мурдатан белгилүү аңыз катары эскерилет.

**АДАМДҮК** — мифологиялык кейипкер. «Манаста» А. дөөнүн образы жамандыктын символу катарында берилет. Анын жомоктук образы СОВдо кеңири чагылдырылган. Эпостун «Дөө-пери жомогу» деген эпизодунда Кутубий адамдын алы жетпөөчү А-тү маңдайындагы жалгыз көзүнө атып өлтүрүп, ал туткундаган адамдарды бошотуп, байлыгын аларга бөлүп бергендиги баяндалат. А. тиричилик каражаттарын өндүрбөйт. Түрдүү өсүмдүктөр, мөмө-жемиштер, жан-жаныбарлар м-н азыктанат. О. эле үңкүрлөрдө жашап, киши этин жейт. Акыл жөндөмү чектелген А. өзгөчө чоң көлөмгө, чексиз кара күчкө ээ. А-түн аң уулап барган адамдарды кармап алып, үңкүргө камап, шишкебек кылып жеши жөө жомоктук мотивдерге жатат. А-түн тоонун ээси болуудан башка байыркы адамдардын чектелген түшүнүгү м-н шартталган дагы бир өзгөчө сапат белгиси бар, ал — оорунун, өлүм-житимдин ээси, духу. Бул белги анын киши этин жегендигинен, б. а. өлүмгө себепчи болгондугунан айкын көрүнөт. Ушул белгиси аркылуу А. адамга, болгондо да бардык адамдарга жат тескери күчтөрдүн тибине жатат. Ошон үчүн баатырдык эпостордун алгачкы үлгүсүнүн туруктуу терс кейипкери болгон антропоморфтук типтеги жомоктук-фантастикалык жалгыз көздүү дөөлөр конкреттүү бир элдин душманы болбостон, жалпы адамзаттын эң коркунучтуу душманы катарында мүнөздөлөт. «Дөө-пери жомогунда» баяндалган А. мына ушундай типтин элеси. Анын мифтик образы түрк-моңгол элдеринин фольклорунда кеңири кездешет.

*С. Алиев*

**АДАМ ИШМЕРДҮҮЛҮГҮ** — «Манас» эпосунда дүйнөнү, өзүн курчап турган чөйрөнү аң-сезимдүү, максатка ылайыктуу өзгөртүү ж-а кайра түзүү багыттарындагы адамдык аракеттердин көп түрдүү формалары катары көрүнөт. А. и. коомдун, элдин турмушунун бардык чөйрөлөрүнөн орун алуу м-н, асыресе материалдык ж-а рухий жактан даана байкалат. Өзүнүн көп кылымдык өнүгүү тарыхында башка элдердей эле кыргыз эли да эмгек ишмердиктери, социалдык чыгармачылык аракеттери м-н улам алга умтулуп келген. Бул жагдай «Манас» эпосунда жалпысынан алганда тарыхый, социалдык-экономикалык, турмуш-тиричиликтик, жашоо ыңгайлары м-н ажырагыс байланышкан ишмердиктин эки түрү: практикалык же предметтик ишмердик (К. Маркс) ж-а рухий ишмердик тараптарында ачык сезилет. Эпостун мазмуну айгинелеп тургандай кыргыз элинин көп кылымдар бою көчмөн турмушта жашап келген ишмердүүлүк аракеттери да негизинен ушул жагдайлар м-н шартталган. Элдин эмгек ишмердүүлүгүндө тигил же бул даражада дыйканчылык, кол өнөрчүлүк, уздук чеберчилик, аңчылык сыяктуу аракеттер орун алган. Мында адамдардын үй айбандарына, андан калса жапайы айбандарга жасаган мамилеси өзгөчө мааниге ээ болгон. Бул жерде адегенде эле элдин төрт түлүк малга айрыкча тен берип, пайдасын көрүү жагынан кыйла билгичтикке жетишкендикти баса белгилеп өтүүгө туура келет.

Ар бир тарыхый шарттын, коомдук турмуштун жашоо ыңгайларынын, тиричилик жүргүзүүнүн өзгөчөлүктөрүнө ылайык ишмердүүлүктүн бөтөнчө түрлөрү да пайда болгон. Маселен, «Манас» эпосунда кеңири чагылдырылган жылкычылык ж-а жоокерчилик багытындагы ишмердүүлүк да ушуну ырастайт.

Дегеле, көчмөндөрдүн байлыгы, дөөлөттүгү, салмагы, демдүүлүгү малдын саны м-н өлчөнүп, мунун негизин дайыма жылкы түзүп келген. Мында жылкы, биринчиден, оокат азыктын булагы, экинчиден, жоого минчү ат, үчүнчүдөн, аш-тойлордун, оюн-тамашалардын шааниси, төртүнчүдөн, «универсалдуу унаа» катарында кыргыздардын жашоо-тиричилигинде, жоокерчилик турмушунда чоң роль ойногон. Бул жерде анын эки гана учуруна токтолуп өтүүгө туура келет. Мында адегенде эле анык байлык, мүлк, дөөлөт гана эмес, дал ушуларды табуунун да эң алгылыктуу, бирден бир каражаты экендигин да бөлө белгилеп кетүү зарыл. Бул жерде кеп, албетте, күлүктөр, жорголор ж-дө болуп жатат. Даңазалуу күлүктөр ар кандай аш, тойлордо жарышка салынып, кээде өтө чоң байгелерди жеңип алуу м-н ээсин заматта дүнүйөгө, мүлккө карк кылган. Буга айкын далил катары Көкөтөйдүн ашында чабылган аттарга сайылган баш байгени келтирсек болот:

Баш байгеге сайганы
Сексен миң жылкы, миң атан,
Жана жүз миң кой болду
Эсебин малдын ала албай,
Эл жакшысы буй болду,
Жабык башы кундуздан,
Жана токсон үй болду.
Үй башына карасаң
Бирден эркек ээси бар
Экиден шайдоот күң болду (СО, 3. 146).

Ушундай байгени жеңип алган күлүктүн баасын ченеп айтуу, албетте, кыйын. Атагы чыккан мыкты тулпарлар, аргымактар, тобур-

чактар, буудандардын даңкы баатырлардын даңкынан кем калган эмес. Алар кээде уурдап кетүүлөрдүн, зордоп тартып алуулардын объектиси, талаш-тартыштардын, жаңжалдардын шылтоосу болуп турган. Мис., Көкөтөйдүн ашында кытай баатыры Коңурбайдын «Мааникерди бер» деп чыр салганы.

Күлүктөр ж-дө сөз болгондо дагы бир жагдай жоокердин аты тууралуу айтып өтүү абзел. Элдин, алардын ичинен чыккан баатырлардын тышкы душмандар м-н тынымсыз кармашууларда, эрегишүүлөрдө, эрөөлдөрдө болушу жоого минчү аттардын өзүнчө түрүн пайда кылган. Ар бир баатырдын өзүнүн жоого минчү энчилүү аты болгон. Маселен, Манастын Аккуласы, Алмамбеттин Сараласы, Семетейдин Тайбуурулу ж. б. Булар таймашта да, кармашта да чечүүчү мааниге ээ болгон. Баатырдын өзүнүн атынан ажырашы анын жеңилиши катары каралган. Эпосто жоокердин аты негизинен согуштук окуяларда сүрөттөлүп, күлүк, күчтүү, чыдамкай, талбас, шамдагай, ал түгүл канаты бар сыяктуу сапаттар м-н мүнөздөлүп, аларга өтө чоң баа берилет.

Төрт түлүк, асыресе жылкы м-н тиричилик кылган кыргыздар ал ж-дө көп нерселерди билип, терең түшүнүктөрү болгон. Элдин арасынан атактуу саяпкерлердин, сынчылардын арбын чыгышы да ушул жагдай м-н ажырагыс байланышкан. Маселен, алар бээнин кандай күлүк туурун, келечекте ал күлүк кандай болорун, же конкреттүү бир жылкыны көргөндө аны ар тараптан сыпаттап да кандай экендигин бир көргөндө эле аныктап бере алышкан. Ошондуктан, кээ бир саяпкерлердин, сынчылардын элдин эсинде сакталып, аңыз сөзгө айланып калышы кокусунан эмес.

Саяпкерлик, сынчылык жөндөм тубаса болуу м-н баарыдан мурда узак тажрыйбадан ж-а үзгүлтүксүз байкоолордон келип чыккан белгилүү маалыматты, тагыраак айтканда адамдардын акыл-эс өнүгүүсүн айгинелеген рухий ишмердүүлүктү күбөлөйт. Мунун издери эпосто күлүктөргө, жалпы эле аттарга берилген мүнөздөмөлөрдө кеңири учурайт. Маселен, Мааникер «чалгынга минсе чарчабас, ооруkка минсе оорубас», Сарала «кетмен туяк, кең соору, керишке минер мал» катары сыпатталат. Көкөтөйдүн ашында чабылган күлүктөр тууралуу мындайча айтылат:

Саяпкерге көп түлүк
Өркөчү бийик, зээри бас
Өкүм күлүк бир канча
Өөдө жерден ноюбас
Токсон күн минсе жоорубас,
Тобурчак бар бир канча...
Кара байыр, казанат
Калбыр өпкө, жез канат,
Камыш кулак, сом туяк
Каса тулпар андан көп... (СО, 3. 148).

Мында көрүнүп тургандай, байгеге кошулган күлүктөрдү кеңири сын-сыпаттоо гана эмес, алардын түрлөрүн тандоо, «жөндөмдүүлүктөрүн» таасын аныктоо да өтө жогору билгичтикте берилген.

Жыйынтыктап айтканда, эпосто кыргыз элинин жылкычылык ж-дөгү түшүнүктөрү, байкоолору терең ж-а таамай. Чыгармада жылкынын өңү-түсүн шөкөттөө үчүн эле 200-дөн ашык сөздөр кездешет. Ал эми жылкычылыкка тийиштүү сөздөрдү, сөз айкалыштарын алып көрсөк, алардын саны 1000ден ашат. Муну кыргыз элинин жылкычылыкка тийиштүү рухий ишмердүүлүгүнүн натыйжасы катары кароо абзел.

Эпосто даана байкалган А. и-нүн дагы бир салаасы — жоокерчилик. Бул дагы кыргыз элинин көчмөн турмушунан, жашоо үчүн болгон татаал тагдырынан келип чыккан. Дегеле тынбай көчүп-конуп жүрүү, жайыт талашуу жоокерчилик доордун шартында малга, а. и. жылкы тийип алуу, уруу-уруу м-н жаңжалдашып туруу адамдарды дайыма сак, шамдагай болууга үйрөткөн. Бөтөнчө тышкы душмандардын кутуусуздон кол салып, элдин мал-мүлкүн талап, өзүн айдап кетүү, аны туулган жеринен ажыратуу сыяктуу баскынчылык жортуулдар элдин көзүн ачып, дайыма кыраакы болууга, жоого каршы даяр, камдуу турууга, канды-жанды аябай кармашууга мажбур кылган. «Мына ушундай кырдаалдардын аркасында,— деп жазган В. В. Радлов,— кара кыргыздар бүгүнкү күнгө чейин өзүлөрүнө өтө мүнөздүү жоокердик салтын сактап калган. Ар бир боз үйдүн жанында найза турат». Демек, жоо менен кармашуу, коргонуу, аны айдап чыгуу, же талкалоо элдин ушул багыттарда тынбай изденүүлөрүнө, аракеттенүүлөрүнө алып келген. Эпосто бул жагдайдагы ишмердүүлүктөрү негизинен баатырдын, эрдин, аскердин жоо-жарактарын жасоо иштеринде таасын байкалат. Маселен, баатырдыкты алсак, дегеле жоокерчилик заманды ансыз элестетүү мүмкүн эмес. Ал, биринчи кезекте адамдын жеке сапатын мүнөздөп турат. Алсак, Манасты сыпаттаган арстан, жолборс, кабылан, көк жал ж. б. эпитеттер ага анчейин тотемдик түшүнүктөн эмес, көркөм каражат катары анын уруштагы, кармаштагы жекече артыкчылыгына, жоокердик мыкты өзгөчөлүктөрүнө, жалпы эле баатырдык турпатына карата ыйгарылган. Же болбосо баатырлардын жекече жоо-жарактарын алып көрөлү. Манастын *Зулпукору*, Алмамбеттин *Жойкумасы*, Бакайдын *Кылболоту*, Чубактын *Ачалбарсы*, Сыргактын *Наркескени* өздөрүнө таандык кылычтар. Алар өзүнүн куралы м-н гана мыкты согуша алат. Мындан жалпы эле баатырлардын жеке жөндөмдүүлүгүнө, ыктуулугуна, илээкерлигине ылайык куралга ээ болуунун өзү рухий зор ишмердүүлүктү талап кылгандыгы ачык байкалат. Мыкты найзакер, таамай аткыч болуу, же кылычты бек кармап ээрде бекем олтуруу ж. б. жоокерчилик сапаттар талбаган, тынбаган машыгуулардын негизинде жетишилген. Баатырлык, балбандык сапат рухий турмуштун ажырагыс бөлүгү болуп калгандыктан, аш-тойлор, элдик тамашалар ж. б. алардын катышуусуз өткөн эмес. Эр сайыш, балбан күрөш, эңиш, көкбөрү тартуу ж. б. намыс талашуу, намысты алдырбоо ыңгайында

өтүп, өзүнүн курчтугу жагынан жоо м-н кадимкидей таймашты, эрегишти элестеткен. Ушундан улам кыргыздарда балдарды жашынан баштап, ушул багыттарга жөндөмдүү (тырышчаак, чапчаң, бышык, ыктуу, күчтүү, тартынбас, жалтанбас) болууга тарбиялоо негизги максат болуп келген.

Эпосто баатырдыктын чагылышы көп кырдуу, ар жактуу (к. *Баатырдык, Каармандык*). Чыгармада ал нечендеген каармандардын образдарында сыпатталуу м-н коомдук прогрессивдүү көрүнүш катары, асыресе элдин бийик рухий дараметин ырастап турат. А. и. аскер жагында да бийик деңгээлге жетишкен. Мында адегенде эле «аскердик демократияны» эске алуу абзел. Бул курал кармаганга жарактуунун баарысы өз элин, өз жерин душмандан коргоого милдеттүү дегендикти гана билдирген эмес. Мында мейли коомдо болсун, мейли аскер кызматында болсун ээлеген чоң абалдарына, байлыктарына, орундарына карабастан, ар ким согуш мезгилинде тең, бирдей укукка ээ экендик баса белгиленет. Башкы баатыр Манас аскер башчы болсо да, өзү катардагы жоокердин эсебине кирген. «Аскердик демократия» бир жагынан зордуктоону, опузалоону четке какса, экинчи жагынан бекем тартипти талап кылган. Эпостун көпчүлүк варианттарында Манас Чоң казатка даярдык көрүп жатканда жыйылган колго кайрылып:

> Бээжинге казат кыларга
> Найзакерден мыктың бар,
> Айбалта чабар ыктуун бар,
> Кайра тартпас эриң бар,
> Канды суудай агызган
> Кара кулак шериң бар (СК, 2. 80),—

деп Манастын элге кайрылуусу буйрук эмес, кеңеш, акылдашуу иретинде болот.

Чоң казатка аттанган колго Алмамбеттин башчылык кылышы кокустук көрүнүш эмес. Мындагы түрдүү кыйын кырдаалдарды туура тандоо элдин, жердин сырын, кытайлар м-н кармашуунун жөн жайын мыкты билген Алмамбеттин гана колунан келмек. Согушта жекече эрдикти, каармандыкты, иш билгиликти көрсөткөн жоокерлер өз учурунда байкалып, эске алынып, татыктуу баага ээ болуп турган.

Эпосто сүрөттөлгөн аскерлер топураган атчандардын тобун эмес, асыресе өзүнчө уюштурулган, атайын эрежеге баш ийген, куралдуу жоокерлердин түрлөрүнүн бирикмелеринен турган аскердик күчтү туюндурат. Эпосто кошунга синоним катарында көбүнчө кол, аскер, черүү деген сөздөр көп колдонулат.

Эпостун согуш эпизоддорунда Манастын чоролору душмандын бир жерин «оюп», бир жерин «жиреп», бир жерин «түрүп» бараткан жекече көрүнүштөрдө сүрөттөлөт. Ал эми реалдуу алып караганда, чоролор өзүнчө куралдуу жоокерлердин бөлүктөрүн башкарган. Мис., Ошол чакта Алмамбет

> Найзаны колго алуучу
> Аянбай жоого кирүүчү
> Арстандарды бир бөлүп,...
> Бөрүдөй көк жал мыктысын
> Байкагандай кубантып
> Он эки кандын калың кол
> Сан-сан кылып чубатып
> Алып жүрдү Алмамбет (СК, 2. 83—84).

Контексттен алдыдагы согушка карата куралдуу бөлүктөр жоокерлердин жеке жөндөмүнө, кандай куралды жакшы биле ж-а колдоно ала тургандыгына ылайык курулгандыгын ачык сезүүгө болот. «Манаста» согуштун стратегиясына ж-а тактикасына жараша жоокерлердин аткычтары өзүнчө, чабууга өтө маш кылыччандар өзүнчө, найзакерлер, чалма чалчулар ж. б. өздөрүнчө онго, жүзгө, миңге бөлүнүп кармашка киргендиктери көп эле көрсөтүлгөн. Урушта аскерлердин башкы туусу ж-а ар бир куралдуу бөлүктөрдүн өздөрүнүн туусу болгон. Алар өздөрүнүн бөлүктөрүнүн туусу астында салгылашкан. Кан төгүлгөн ар бир кармаштан кийин жоокердин саны катталып турган:

> Буйрук кылып Эр Манас,
> Алдыдагы белеске
> Арстан туусун орнотуп,
> Алышканын токтотуп,
> Чогулушуп алышып,
> Жанды катка салышып,
> Калк эсебин алышып.
> Элүү башы, он башы
> Жүз башы менен миң башы
> Баары турду эсептеп (СК, 2. 154).

Согуштагы ийгиликтерде аскер ишинин туура уюштурулушу м-н катар, жоокерлердин мыкты куралданышы чоң мааниге ээ болгондугу эпосто таасын сүрөттөлгөн. Анда жоо-жарактарынын миңден ашуун аты кездешет ж-а алардын кандайча жасалгандыгы айтылат. Маселен, кылыч эң мыкты сапаттагы «ак болоттун» ж-а «кара курчтун» өзгөчө кошулмаларынан жаралган өткүр курал.

Металлдын ачылышы м-н аскердик куралжаракты жасоодо адамдардын ойлоп табуучулук аракеттери да кеңири кадам таштаган. Маселен, чабуул куралдары (кылыч, мылтык, найза, жебе, чокмор, балта ж. б.) ж-а коргонуу куралдары (зоот, калкан, белдемчи, туулга, чарайна, чайинги, чопкут, бадана ж. б.) арбын жасала баштаган. Жоокердин жоо-жарактары анын алдындагы күлүк, күчтүү аты сыяктуу эле таймашта зор роль ойногон. Андыктан ага айрыкча көңүл бурулуп, ар бир баатырдын өзүнө таандык энчилүү жоо кийимдеринин болушуна чейин жетишилген. Алсак, Манасты *Аккелте, Аколпок, Айбалта, Ачалбарс, Бозкисе, Сырнайзасыз* элестетүүгө мүмкүн эмес. Булар атайын Манаска арналган ж-а өзүнчө рухий бийик дем, күч м-н жасалып, адаттан сырткары касиеттерге да ээ. Ал түгүл кээ бир куралдар адам колунан эмес, кандайдыр бир керемет күчтөн жаралып (асмандан түшөт ж. б.), баатырга энчиленет. Мындай сыпаттоолор жоо-жарактарына айрыкча маани берилгендиктен улам пайда болгон.

Эпосто жоо куралдары негизинен адам колунан жасалып, алар өтө көп машакатты, акыл ж-а күч эмгегин талап кылгандыгы даана байкалат. Мында адамдын өнөрү, зээндүүлүгү, тапкычтыгы, дайыма баса белгиленет. Масе-

лен, Каныкей ашкан акылман, билерман. Анын туура берген кеңеши м-н гана Манас жаңжалдарда, согуштарда жеңиштерге жетишет. Ошону м-н бирге, ал колунан көөрү төгүлгөн уз. Анын бул жөндөмү Манасты артыкча табылгыс жоо кийимдери, куралдары м-н гана камсыз кылгандыкта эмес, о. эле кырк чорого, жалпы эле жоого атанган жоокерлердин бардыгына сарамжалдуулугун көрсөтүп: «Жакасы алтын жеңи жез, Кош бадана, торгой көз, Келеме бото, кең күрмө» (СО, 4. 93) кийгизет. Манастын Аколпогун тигүүдө ал кандай гана акылын, күчүн, чеберчилигин жумшабаган:

Кан Манастын Аколпок,
Тиштеп жатып Каныкей
Кашка тиши жоюлган,
Кара көзү оюлган
Кокон менен Ташкенге
Колу жетип турганда
Анжыянды чалдырган
Ак була жибек алдырган
Арасына салдырган (СК, 2. 82).

Эпос Каныкейдин ишкердүүлүгүн, чыныгы жоокердик сапатын айгинелеп турат. Бул анын акылдуу кеңештеринде да, жекече эрдиктеринде да, согуш жабдыктарын камсыз кылууда да көзгө даана элестейт. Ошентип, кыргыз элинин басып өткөн татаал жолунда, жашоо үчүн болгон күрөшүндө, жалпы эле турмуш-тиричилигинде жылкычылык ж-а жоокерчилик негизги кесиптерден болуп келген. Кыргыз эли көчмөн турмушта жашаса да эпосто көрүнүп тургандай, анын ишмердүүлүк чөйрөсү жалаң гана жылкычылык ж-а жоокерчилик м-н чектелип калган эмес. Ал өзүнүн талыбаган эмгеги, умтулуулары м-н материалдык ж-а рухий багыттарда, мезгилдин, адамдардын суроо-талаптарына, керектөөлөрүнө ылайык ишмердүүлүктүн көптөгөн түрлөрүн жараткан.

*О. Исмаилов*

**АДАМНОО** — жомоктук жапайы адам, киши кийик, адам кебетелүү айбан. Эпосто Манас алтымыш жигит кошчу м-н салбырынга чыккан Арпа тоосунда көп түрдүү жапайы жаныбарлар ж-а укмуштуу айбанаттар бар экени баяндалат. Алардын ичинде А. да аталат:

Алаткак, жезит дагы бар,
Тумшугу жез киши бар —
Убара, чаркоо дегени
Адамноо, чыңыроон
Айтылгандын баары бар (СО, 2. 170).

**АДАШБАЕВ** Турсунбай (1939, Ала-Бука р-ну, Мазар айылы)— кыргыз совет жазуучусу, котормочу. Ташкен мамл. ун-тин бүтүргөн (1968). 1960—67-жылдары Ош обл. «Ленин йули» газетасында иштеген. Азыр Өзбекстандагы «Чолпон» басмасынын башкы редакторунун орун басары. А. кыргыз совет көркөм адабиятын которуп, өзбек окурмандарына жеткирүүдө чоң иш аткарган. «Манас» эпосунун 440 ыр сабын которгон, к. *«Манас»* (өзбекче).

**АДИРАБИЙГА** — эпизоддук кейипкер, *Санирабиганын* (Каныкей) эжеси. Жакып куда түшкөнү Букарга баргандагы Атемир экөөнүн сүйлөшкөн сөзүндө Атемирдин улуу кызы экени айтылат (СО, 2. 378).

**АДЫБАЙ** — эпизоддук кейипкер, Манастын аталаш иниси, «алты арамдын» бири. Манас өлгөндө бир туугандарына кошулуп каралуу Каныкейге кордук көрсөтүшкөн. А-дын жеке өзү эмне иш кылганы көрсөтүлбөсө да, бир туугандары м-н бирдикте алардын бардык иштерине катышат. Кырк чоро ж-а Кочкор, Чыйбыт, Көлбай, А. болуп экинчи жолу качканда Семетейдин колунан өлөт (СК, «Семетей», 1. 276, 310, 319, 330, 336, 339; 2. 249).

**АДЫК КАН** — эпизоддук кейипкер. *Акжолтойдун* атасы экендиги гана айтылат (СК, 1. 195).

**АДЫЛБЕК** — эпизоддук кейипкер, Жакыптын теңтөш өскөн курбусу, айылдагы кадырлуу, аксакал адам. Кытайлык кыргыз манасчы Жусуп Мамайдын вариантында Магдымдын баласы Чыйырдыга тамак жеткирип барып, Манасты ж. б. балдарды көргөнүн Жакыпка айтып келет. Кытайлар Манасты издетип жүргөнүнөн корккон Жакып баланын көзүн тазалап койгондо А. арага түшүп, Магдымды Жакыпка алып берет да, чырды басат. А. Манастын төрөлүшүнө, ага ат коюуга катышат.

**АДХАМ АСЛАМ** (Ахматов) (1939, Самаркан ш.)— тажик совет котормочусу, жазуучу. Навои атн. Самаркан мамл. ун-тинен билим алган. А. боордош элдердин эпосторун, фольклорун тажик тилине которот. А. и. «Манасты» да биринчи болуп тажик окурмандарына тааныштырган, к. *«Манас»* (тажикче).

**АЖАЙЫПКАНА** (ар. «эджайеб» — укмуштуу, ир. «хана» — үй)— ар түрдүү жапайы айбанаттар м-н канаттуулар багылган жай. СОВ 6-ча Анжыянды бийлеген Алоокенин чарбагындагы «падышалык салтанат үчүн багылган» түрдүү жаныбарлар, мурда киши көрбөгөн, аты-затын да укпаган мифтик-фантастикалык жандыктар бар А. сүрөттөлөт. Алооке кан өзүнө жакпаган адамдарды, элге жан тарткан баатырларды А-га киргизип, жырткычтарга талатып өлтүрүп жүргөн. Алооке канга ата конушумду, жер-суумду бошот, болбосо согушамын,— деп келген Манас баатырды жекеме-жеке кармаш-

Манас Алоокенин ажайыпканасында.



та жеңе албастыгын сезип, аны жок кылуу үчүн кырк чоросу м-н бирге А-га киргизет. А-дагы Алоокенин аябай ишенген ажыдаары да Манаска даай албай коёт (СО, 2. 189—190). Алар Манастын тотем (Жакып м-н Чыйырдынын түшүнө кирген, кийин Манастын тотемине айланган *ажыдаар, алп кара куш*, көсөө куйрук көк арстан, кара чаар кабылан, *жолборс*) жаныбарларынан коркуп кол сала алышпайт. Эпосто чагылдырылган бул окуя байыркы заманда эле элибиздин А-дан кабары бар экенин билдирет.

**АЖО.** А ж а (моңг. ажа — ата) — Эне-Сай кыргыздарынын 840-жылдарындагы башкаруучусу. Ал уйгур кагандыгынын борбору, Орхон дарыясынын боюндагы Орду-Балык (Хара-Балгас) шаарына жүз миң аскери м-н барган. Кытай авторунун маалыматы б-ча уйгур ханынын сарайын талкалоого өзү катышкан. 847-ж. дүйнөдөн кайткан. Андан кийин кыргыздар бытырап, бүлүнгөн экен. Ошондон улам «ай деп коёр Ажоо жок, кой деп коёр кожо жок» деген ылакап чыккан. Кийин «ажа» (моңголчо ата) деген маанидеги сөз тараган. Кээ бир изилдөөчүлөр ушул А-ну Манастын прототиби катары карашат.

**АЖЫ** (ар. хадж)— ислам done дининде Мекеге барып зыярат кылуу ж-а ошо зыярат кылып келген адамга берилген наам. СОВдо Манас алтымыш жашка келгенче бала көрбөй арман кылып, Мекеге барууну ойлойт, Каныкей боюнда бар экендигин айтып аны токтотот. Каныкей төрөп, Семетей үч жашка келгенде, Манас ажыга жөнөйт. Аны м-н Алмамбет, Сыргак, Токотой кошо барат. Манастын Мекеге кетиши, анын жогунан пайдаланган Коңурбайдан жеңилишине себеп болгон.

**АЖЫ** — эпизоддук кейипкер, ооган Ажыбайдын атасы, Түлкүнүн бир тууганы экендиги гана айтылат (СК, «Семетей», 2. 70, 83, 126).

**АЖЫБАЙ** — Манастын башкы чоролорунун бири. СКВда А-дын Манаска чоро болуп келиши ж-дө кеңири баяндалат. Манас касиеттүү думана чалдын кеңеши б-ча өзүнө ылайык жолдош издеп, Таластан атханып чыгып Бакайга, анан А-га жолугат.

> Карткүрөң сындуу ат минген
> Кара ок өтпөгөн тон кийген...
> Ача сакал, кызыл жүз,
> Эңчегер бойлуу, кең далы
> Аргын кандын Ажыбай
> Ажыбайдын өзү экен (СК, 1. 192).

Эпостук салт б-ча баш каарман өзүнө тете эрлерди издеп чыгып, алар м-н күч сынашып, же жөн жай сөз табышкандан кийин гана чоро болуп калат. А. да Манастын башка чоролору сыяктуу теңдеш баатыр таап достошом деген ойдо Манас м-н Бакайды издеп чыгып, чаалыгып-чарчап, эзн талаада уктап калат. Бакай м-н Манас анын үстүнөн чыгып, жай сурашып таанышат. СОВдо А-дын өз аты *Абдылда*, сөз билги, чечен, элчи катары баяндалат. А-дын Манаска келип кошулуш окуясы өзүнчө баян этилбейт. Бирок, кырк чоро тууралуу сөз болгондо «күлдүргүчү Ажыбай», «өткүр чечен Ажыбай», «өткүр баатыр Ажыбай» сыяктуу сыпаттоолор м-н кошо ысымы дайыма аталат. Ишкердиги ж-а элчилик жүйөкөрлүгү төмөнкү окуялардан ачык байкалат. А. чабарман элчи болуп Арапстандагы Айкожого барып келет. Манастын түшүн жоруп өзүнө теңдеш эр жүрөк баатыр Алмамбет келээрин айткандыгы үчүн той берилип, ошол тойдо өткүр чечен Абдылдага Ажы бий наам берилет да чоролор арасында А. аталып кетет:

> Айтар сөздөн, акылдан
> Алдырбайсың адамга,
> Жаның тирүү турганда
> Жаактуудан адам жанашпас,
> Таалайыңды адам талашпас,
> Бийлик тонду алдың деп,
> Бий болдуңуз Ажым деп.
> Ажы бий болду атагы...
> (Ажыбай деп атаган
> Акындар билбес чатагы) (СО, 2. 282—283).

Бий болгондугун билгизип, Манас А-га тон жабат. А. Алмамбетти тосуп чыгып аттан түшүрүп, Манаска ээрчитип кирет. Кенжут шаарына аттанганда өзүнчө кол башчы болуп барат. СКВда анын элчилик ролу өтө ачык берилген. Чоң казат мезгилинде Кошойдун сунушу б-ча Эсенкандын сөзсүз жеңилгенин моюнга алдырыш үчүн «башына жаман иш түшсө, капаланып кайгырбас кыраан, жазы жаак, жалпак тил, жаңылбай сөздү айтуучу чечен» элчини Бээжинге жибермек болушат. Ага «жетимиш уруу тил билген» А. тандалып, ал өзүнчө тагылган тапшырманы ийгиликтүү аткарып келет. Манас өлгөндө да, анын зыйнатына туруучу кандарга чабарман — элчи катары А. кабарга барат. А. Манастын жеке сакчысы да болуп саналат. Кичи казат мезгилинде сакчылыкта анын уктап кетишинен пайдаланып Коңурбай жоо кийимсиз турган Манасты аңдоосуздан жаралайт. Айрым маалыматтарга караганда 14-к-да Аксак Темирге каршы согушта сол канаттагы колду башкарган тарыхый инсан болуп эскерилген аргындардын Ажыбек деген болгон. Эскерилген тарыхый окуя «Манас» эпосунда чагылдырылган деген көз караш да бар.

*К. Кырбашев*

**АЖЫБАЙ** — кейипкер, Айчүрөктүн жакын агаларынын бири. Чечен, айлакер, жүйөкөр адам. Түлкүнүн уулу Түмөнбай Ажынын уулу Ажыбайды жанына алып, Айчүрөктү алабыз деп, Ооганды камап турган Чынкожо, Толтойго элчи болуп барышат. А. чечендигине, айлакерлигине салып, белгилүү мөөнөт сурап, элди бүлүндүрбөй душманды токтотуп турушат. А. шартка ылайык Семетейге да жөндүү кебин айтат (СК, «Семетей», 2. 70—83; КВ, «Семетей», 195—206). Кийин жедигер м-н болгон урушка катышат (СК, «Семетей», 2. 126).

**АЖЫДААР** (ар. аждаха)— мифологиялык жаныбар, көпчүлүк элдик жомоктордо адамды да, айбанды да оп тартып соруп коюучу,

каардаиса оозунан от чыккан, көп баштуу, өлчөмсүз чоң, укмуштуу жылан. Фольклордо оң образ катарында да, терс образ катарында да кеңири белгилүү. А-дын элесинин мындай карама-каршы сүрөттөлүшү ал образдын эволюциясынын стадиялык баскычтары м-н байланышкан. А-дын алгачкы образы табияттын стихиялык күчүн элестетип, адамга жакшылык да, жамандык да кылуучу мифтик жаныбар катары пайда болгон. Кийин элдик оозеки чыгармачылыкта анын жогоркудай касиеттери эки ажырым болуп, эки образды түзүп калган. «Манас» эпосунда бул образдын эки тиби тең жолугат. А-дын эпикалык образы толугураак чагылган СКВда адамга жакшылык да, жамандык да кылуучу, б. а. алгачкы ишенимдеги А-дын образы суунун ж-а жаан-чачындын ээси, аны пайда кыла турган күч катары баяндалат. Эпосто табияттын стихиялуу күчүн элестеткен, бир жаккы башын көтөрсө жамгырдай жайнап от чыккан, бир жаккы башын көтөрсө каптап жалын чок чыккан алтымыш баштуу А.— өз алдынча жаткан фантастикалык жаныбар. Алмамбет алты жашка чыкканда Азизкан «Коңурбайдан өчүмдү алып бер, тартып алган жеримди бөлүп бер»,— деп А-га окууга жиберет.

Төмөнкү жалгыз көздүн элинде,
Суук-Төр деген төрүндө,
Аверден деген көлүндө,
Алтымыш баштуу Ажыдаар
Андан барып окуп кел.
Күндүзү бүркөк, түнү ачык,
Бурганактап шыбыргак,
Кубултуп күндү бузуучу
Жайдын жайын окутат,
Атышка кирсең алдырбас
Октун жайын окутат,
Адамды өрттөп жиберер
Чоктун жайын окутат (СК, 2. 106—107).

Элдик оозеки чыгармачылыкта окуунун кандай процессте жүргөнү ж-дө ачык кабар берилбейт. Жөн гана кандайдыр бир сыйкырдуу, касиеттүү адам (карыя, аяр, акылман ж. б.) же А. сабак бергени айтылат. Бала устатынан сыйкырчылык, аярлык, көбүнесе ар түрдүү жаныбарга айлануу өнөрүнө ээ болот. «Манаста» бир аз башкача, жумшартылган түрдө кездешет. Мында Алмамбет адегенде алты миң, анан жети миң д. у. с. эпикалык сандардагы балдар м-н бара берип, алар бүт кырылат. Алмамбет м-н бирге барган балдар А-дын кастыгынан өлбөйт, анын фантастикалык көрүнүштөрүнөн коркуп же уусунун зардабын көтөрө албай кырылышат. Алмамбет м-н Кожожаш (СКВда Кожожаш терс каарман Алмамбеттен үч ай ашык окуган, ашкан мерген болуп сүрөттөлөт) ошончо баланын ичинен аман калып, окуп чыгышы ал экөөнүн өзгөчөлүгү, ашкере баатырдыгы, күчтүүлүгү, чыдамкайлыгы катары бааланат. А. бир эле учурда оң каарман Алмамбетти да, терс каарман Кожожашты да магиялык укмуштуу өнөрбилимге үйрөтөт. Бул жагынан ал оңго да, терске да бирдей кызмат кылган ортоқ мүнөзгө ээ. Бирок А-дын душман тарапка таандык жандык болушу анын образы терс жакка өтө баштаганын кабарлайт. «Манас» эпопеясында магиялык өнөр-билим берүүдөн башка учурда башкы баатырды колдоочу, коргоочу, жакшылык кылуучу симпатиялуу А-дын образы элестетилет. СОВ 6-ча Манас Чыйырдынын боюна бүтөрдө А. түшүнө кирет.

Алиги жеген ак алмам,
Курсагыма толуптур,
Артымдан чыкты ышкырып,
Ажыдаар болуптур,
Ачууланып оп тартса
Ай ааламды соруптур (СО, 1. 11).

Укмуштуу А. чексиз күч-кубаттын символу катары көрүнөт. Ал башка тотем жаныбарлар (бөрү, бугу, жолборс ж. б.) м-н бирге жоого кирген Манаска сүр-айбат, кайрат берет, колдоочулук касиетке ээ образ маанисинде элестетилет. Фольклорчу окумуштуулар белгилегендей «Манаста» чагылдырылган фантастикалык А-дын образы дүйнөлүк мифологиядагы А-дын классикалык үлгүсүнө (жакшылык кылуу, символ, кубаттуулук ж. б.) өтө жакын сүрөттөлөт.

*С. Алиев*

**АЖЫКАН** — эпизоддук кейипкер, Тазбайматтын атасы, шайык. Манас ооруп жатканда Каныкей Ажыбайды кабарга жөнөтүп жатып, А-га да кабар бер дейт (СК, 2. 234). Манас дүйнөдөн өтөрүндө «Ажыкан уулу Баймат таз, Ыйман айтчы кашыма» (СК, 2. 146),— деп Тазбайматка кайрылат.

**АЖЫМООЛУК ЖӨНҮНДӨ УЛАМЫШ.** Коңурбай өзү даап бара албай, кыргыздардын үшүн алып туруу үчүн өтө тээжик, барып турган кежир, нары жыгыл десе бери жыгылган, эч нерсеге тойбогон соргок Ажымоолук деген «бурут деген тигил жакта, сен тойсоң ошол жактан бир тоёсуң» деп алдап жөнөтүп жиберген. Ал алдынан чыккандын, көзүнө көрүнгөндүн баарын жалмап олтуруп Ат-Башы өрөөнүнө келип жетет. Анда бугу-марал, эчкитеке, аркар-кулжа, кулан-жылкы ж. б. аңдар мекендеп, эл-журт жок ээн жер экен. Ошондо Ажымоолук тоодой эт чогултуп аны шишкебек кылуу үчүн токойду эки көтөрүп, Кара-Коюн суусунун жээгиндеги тал-терек токойду бир көтөрүп келип бышырып жей берет. Каргыш тийген жалгыз көз кайберендин этинен орто тоют болгончо кактап жеп, анан суусаганда Ат-Башынын суусун көл кылам деп бир күрөк топуракты суунун нугуна ыргытыптыр. Олокосу жок неме топуракты жаза ыргытып, суу тосулбай ал топурак ошол бойдон калыптыр. Бул Чеч-Дөбө. Анын бийиктиги 200, узуну 5000, туурасы 1500 ждей. Ошондо жини келген Ажымоолук Ат-Башынын суусун аттайм дегенде тайгаланып жыгылып, буту сынып, ошондон өлүптүр. Ал өлүп бара жатып «Аттиң, бейажал кеттим. Ат-Башынын күн чыгыш жакты тоосунда эки көтөрүм, суунун жээгинде бир көтөрүм токой калып калды» деп жалгыз көзү жумулуптур. Ошондуктан, Ат-Башы тоосунун батыш жагы м-н Кара-Коюн

өрөөнүндө токой өспөйт. Эпосто Ажымоолук тууралуу маалымат жолукпайт.

*Ш. Алтыбаев*

**АЖЫРАШ АЯК** — көптөн бери жашаган жеринен башка жакка кетер алдында тууган-дарын, коңшуларын, жолдош-жоролорун чакырып, меймандап коштошуу салты. СОВдо Манас баштаган кыргыздар Алтайдан Ала-Тоого көчөрдө А. а. берилгендиги айтылат:

Сойдурган экен шол күнү
Сегиз жүз кой, сексен бээ,
Жай олтуруп тамак жеп...
Ажыраш аяк деген сөз
Атпай журттун мойнуна
Куржун сындуу илинди (СО, 2. 156).

О. эле Байжигит Алтайга кайра көчөм деп элден уруксат сурап, А. а. бергендиги айтылат.

**АЗА** — өлгөнгө кайгырып, күйүт тартуу салты. СКВда Манас өлгөндө «Калайык ыйлап, кан ыйлап, Кошой, Төштүк дагы ыйлап, Ажыбай, Бакай кары ыйлап, Кан Манастын кырк чоро Найза сайып бакырып» А. күтүшөт. А. күтүүдө аялдар чачын жазып, бетин тытат, башына кара салынып, кошок кошот:

Ошондо кайран катын Каныкей
Кандуу бети жыртылуу,
Кара чачы жайылуу,
Калдайган кара башында (СК, 2. 249),

же «Ошо кезде кыз Сайкал, Кандуу бети жыртылуу, Кара чачы жайылуу» (СК, 2. 253). Эпосто А. күтүүгө табийгат, жан-жаныбарлар кошо катышат: «алты күнү ай чыкпай, ай караңгы түн болот», «кайың ыйлап, тал ыйлап», жер силкинет, таш ыйлайт. Желмаян кашпытка чөгүп, көз жашын төгөт. Кумайык Манастын аягына жатып алып асманга карап оозун ачып, адамдан бетер ыйлайт. Акшумкар тескери учат, Тайбуурул оттобой башын жерге салат. Эпостогу А. күтүүнүн мынчалык эмоциялуулугу, курч ж-а көркөм сүрөттөлүшү эл өзүнүн ишенген баатырынан, сырткары душмандардан коргоочусунан айрылышы, мындан артык жоготуунун жоктугу ж-а алардын башына кайрадан оор күн түшөрүн билдирип тургандыгы м-н байланыштуу. А. күтүү эпостун башка каармандары өлгөндө да сүрөттөлөт. Мис., Алмамбет өлгөндө аты Сарала:

Айбандан эстүү жарыктык,
Башын жерге салыптыр,
Кындырдай жарап жарыктык,
Аза күтүп калыптыр (СК, 2. 220).

Семетей кайып болгондо да Кумайык улуп, Акшумкар токтобой, «саңоор жүнүн тыткылап, канатын күүлөп», «мүрүсүн жерге каккылап, канатын жерге чапкылап» А. күткөндүгү айтылат.

*С. Алиев*

**АЗАЙМАТ** — эпизоддук кейипкер. Жакып Каныкейге куда түшүп келип, элин чакырып кеңеш курганда ага катышкандардын бири (СО, 2. 383).

**АЗАЛОО**, азала — жакын адамы өлгөндө куда-сөөгү, көңүлү жакын адамдары мал жетелеп же башка бир нерсе алып барып көңүл айтуу (мурунку заманда көбүнчө мал берүүчү).

Береним төрөм өлгөндө,
Катагандын кан Кошой,
Кагылайын абакем,
Асага берген мал эле (СК, «Семетей», 1. 78)

делип, Тайторуну Манас өлгөндө Кошой алп азалап алып келгендиги Каныкейдин сөзү аркылуу берилет, к. *Аза*.

**АЗАН** (ар. кабарлоо, жарыялоо)— беш убак намаз окууга мусулмандарды чакыруу. Жети формуладан турат. Шариат б-ча беш убак намаз окуунун алдында мечитте атайын иштеген адам мунарадан катуу үн м-н элге кабарлайт. «Манас» эпосунда Айкожо, Жаангер сыяктуу ислам дининин өкүлдөрү А. чакырат.

**АЗАР-ТҮМӨН** (ир. хазар — миң; түрк-монг. түмөн — он миң)— эпосто көптүктү (аскер, эл, мал ж. б.) туюндуруучу сан эсебинде эсепсиз, сансыз деген мааниде көп колдонулат. Мис., «Аз гана эмес мол менен, Азар-түмөн кол менен, Баштап келип калыптыр» (СО, 2. 38).

Алтын-күмүш зар калды,
Андабай күттүм жалганды,
Айры менен нар калды,
Азар-түмөн мал калды (СО, 3. 27).

**АЗАТ** — топоним. Үч-Турпан м-н Жылдыздын ортосунан орун алган тоо. Каар аярдын баласы Култаң баатыр качып, А. тоодон ашат, бала баатыр Манастын жайын түшүндүрүп, Терс-Маёодогу Текес канга жардам сурап барат (СО, 2. 33).

**АЗГАНАКАЙ ТАЛААСЫ** — топоним. Манастын колу Орго канды жеңген соң. «Асты-үстү болгон тоодон» өтүп А. т-на чыгат. Беттешкен жоону талкалап, Манастын колу калмактын орчун шаары Булагасынга кирет (СО, 2. 118, 120, 124).

**АЗЕЗИЛ** — Библияда ж-а мусулман уламыштарында шайтандын күнөөгө бата элек периште кездеги ысымы. Уламыш б-ча А. адам пайда боло электе Алла тарабынан жердеги жиндердин башкаруучусу болуп дайындалган имиш. Кыргыздар азгырык, шайтан катары түшүнөт. «Манаста» А. бутпарас дининдеги эпикалык душмандарды кудаймын деп алдап, азгыруучу.

**АЗЕЛКАН** — эпизоддук кейипкер, Каныкейдин нөкөрү, *Абылкасымдын* кызы. Манас Каныкейге күйөөлөп барганда жар тандоо салтына ылайык өткөрүлгөн ат чабышта аты он экинчи келген *Бообекке* турмушка чыгат (СО, 2. 418, 424).

**АЗЕМИЛ** — топоним. Дайра ж-а анын боюнда жайгашкан өрөөн. Жакып Алтайда турганда жердеген. Борб. Азияда Эмел аттуу жер-суу ысымдары көп. А. ошолордун өзгөргөн бир түрү болушу мүмкүн.

**АЗЗААР ТАШ**, Ажыдаар таш Баткен чөлкөмүнүн түштүк чыгышынан орун алган. Сок дайрасынын баш жагында Ормурзан жайлоосунун башталышында, Дөңмөн айлынан Зардалиге кетип бараткан жолдун маңдайынан көрүнөт. Кудум эле башы кесилген ажыдаар сыяктуу кызгылтым таш. Аны эл Манастын кылычынан ажал тапкан Алооке кандын ажы-

даары м-н байланыштырат. СОВ б-ча да Анжыянды бийлеген Алоокенин ажайыпканасында багылган ажыдаар Соктон өрдөп кеткендиги айтылат:

Ажыдаар кетти жайына,
Аттуу киши көрүнгүс
Сойлоп кеткен сайына.
Сойлогон жери коо болду,
Тоого барып жоголду,
Ажыдаар сокту деп,
Сок атагы шо болду (СО, 2. 192—193).

*М. Үсөнов*

**АЗИЗКАН** — эпизоддук кейипкер, кытайдын башкы кандарынын бири, Алмамбеттин атасы (СКВ б-ча). Эпосто А. негизинен Алмамбеттин төрөлүшүнө ж-а кытайдан кетишине байланыштуу окуяларда эскерилет. СКВ б-ча А-дын алтымыш аялы болсо да жетимишке чыкканча балалуу болбойт. Бир тууганы Эсенкан, Алоокелердин уулдары Бөрүкөз, Коңурбайлар ага көп кысым көрсөтүшөт. Коңурбай Кан-Жайлак жайлоосун ээлеп алат. Ыза болгон А. кытайдын башкы каны Карыканга Коңурбайдан өткөн баатыр уул төрөй турган аял алып берсин деген талап м-н кат жиберет. Ал элиндеги бүт кыздарды чубатып, сынчыаярларына сындатып, Соорондүктүн кызы *Алтынайды* алып берет. Алтынай А-га келгенге чейин эле керемет м-н нурдан бүткөн үч айлык боюнда болот ж-а ал төрөгөндө түрдүү сырдуу белгилер берилет. Баласын атасы Соорондүккө бактырып, келгени тогуз айга толгондо А-га алып келет. А. баласына ат койдурганы Карыканга алпарат. Баланы колуна алганда эле касташып кетерин туйган Карыкан түпсүз кудукка салып сынайт. Алмамбет алтыга чыкканда А. ажыдаардан окутуп, баласын кытай элин билген кан болууга даярдайт. Алмамбет эрезеге жеткенде ата-баланын ортосунда дин маселеси б-ча чатак чыгып, А. баласы колдуу каза болот. А-дын баласы м-н дин үчүн чырдашуусу мусулман идеологиясынын таасири м-н эпоско кийин кирген мотив. Анын алгачкы башталышында энелик доор ыдырап, анын ордуна аталык доор орной баштаган мезгилдеги коомдук кагылыштардын издери жатат. Энелик доордун мезгилинде баланын атасы ким экенине кайдыгер мамиле жасалса, аталык доордо баланын сөзсүз никелүү атасынан туулушу талап кылынган. Тескерисинче болгондо ортодо каршылык келип чыккан. Ушул социалдык конфликтинин таасиринде дүйнө элдеринин эпикалык чыгармаларында, *ата менен баланын касташуусу* деген салттык сюжет пайда болгон. А-дын баласы м-н кагылышка барышы ошол салттык сюжеттин «Манас» эпосунан орун алгандыгын көрсөтөт. А-дын атынын этимологиясы тарыхый жагынан өзүнө кызыгууну туудурат. Изилдөөчүлөрдүн тобу Алмамбеттин прототиби 9-к-да кыргыз тарыхында көрүнүктүү роль ойногон уйгур кол башчысы Күлү Бага деп болжошот. Күлү Баганын уруусу — эдиздер уйгур кагандыгын түзгөн 15 уруунун бири болгон. «Манас» эпосунда А., кийин анын баласы Алмамбет туугандары — кытай кандары Алооке, Эсенкан, Коңурбай ж. б. м-н каршылашып келгендей эле, тарыхый эдиздер да башка уруулар м-н бийлик талашып келген. Күлү Бага да өз элинен кетип, алардын күчтүү жоосу кыргыздар тарабына өтүп кетет. Эдиздер уруусу м-н Алмамбеттин атасы А-дын аттарынын үндөштүгү ж-а алардын айрым окуяларынын окшоштугу А-дын аты «эдиз» деген сөздөн алынып, эпоско кирген деген божомолду айтууга түрткү берет. Эпосто каармандын уруусу атасынын аты катары берилиши типтүү көрүнүш. Мис., Аргынкандын Ажыбай, Жедигердин Багышы, Эштектердин Жамгырчы. Мындагы аргын, жедигер, эштек кыргыз урууларынын кийинки күндөргө чейин сакталган аттары. А. Алмамбеттин атасынын өз аты эмес, урусунун аты экендиги ж-дөгү кандайдыр бир кабарлар кийинки манасчыларга чейин сакталып келген болуу керек. Мис., СОВ б-ча Соорондүк Алмамбекттин атасынын өз аты ал эми А. анын ылакап аты (псевдоними) делип айтылат. Байыркы түрк тилиндеги «д» фонемасы кийин бир катар тилдерде «з» тыбышына алмашылып калган. Азыркы кыргыз тилинде байыркы «эдиз» деген сөз «эзиз», «азиз» болуп өзгөрүп кеткен.

*Р. Сарыпбеков*

**АЗИРЕТ**, Азирет аалы (ар. хазрет — улуу урматтуу, улуу даражалуу, касиеттүү, ыйык)— кудай аталышына, пайгамбардын, имамдардын, таанымал ыйыктардын ысымдарына кошуп айтыла турган ардактуу наам, мартаба. А. түшүнүгү СКВда жолугат. Манастын бабалары тууралуу бөлүмдө Каракан өлгөндөн кийин Алооке баштаган калмак, кытай баскынчыларынын кыргыздарга кол салып, көрсөткөн кордугу баяндалат. Зордук-зомбулукка чыдабаган, намыскөй кыргыздар Акбалта, Жакып баш болуп калмак м-н кармашууга бел байлап жоого каршы аттанышат. Бул жерде А-ке сыйынуу адаты төмөндөгүчө берилет:

Аттанууга камынып,
Азирет деп жалынып,
Жай-жарагын шайланып,
Жоо кылычын байланып (СК, 1. 31).

Кыргыздардын диний уламыштарында А. көбүнчө Алинин ысмы м-н байланыштырылат (Азирети Алинин кылычы — күн желеси). Али ибн Аби Талиб (б. з. 7-к.)— такыба халифтердин төртүнчүсү, Мухаммед пайгамбардын аталаш тууганы ж-а күйөө баласы (Фатиманын жубайы), исламдын бир агымын туткан шейиттердин ыйык жол башчысы, башкы пайгамбары. А. көптөгөн жеңиштүү согуштарды башынан өткөргөн, кийин душмандардын колунан кайгылуу өлүмгө дуушар болуп, анын сөөгү коюлган көрүстөн — бейит шейиттер сыйына турган ыйык жайга айланат. Кыргыздардын көздө А-ке сыйынып калуусунун себеби жоокерчилик доор м-н шартталышы ыктымал.

*Т. Н. Өмүрбеков*

**АЗИРЕТТИН КАРА-ТОО** — топоним, тоолуу, бөксөлүү жер. Алтайдан көчүп келгенден кийин Таласка орношконго чейин Манас эли м-н

А. К-Т-ну жерден турган (СО, 2. 152, 205, 275, 359, 360, 381).

**АЗИЯ** (гр. Asia, балким ассир, asy — чыгыш)— топоним, эпосто эскерилген дүйнө бөлүгүнүн аты. СОВдо гана:

Ойрон кылат катылган
Оңу менен солду деп,
Шамал жагын сол деген,
Жануп жагын оң деген,
Иним Жакып баласы
Азияда чоң деген (СО, КФ, 581-инв., 419-б.),— деп эскерилет. Бул топонимди манасчы эпоско кийин эле илимий чөйрөгө жакындашканда киргизген сыяктуу. Географиялык реалияда А. дүйнөнүн эң чоң бөлүгү (бүткүл кургактыктын 30%ке жакыны, Евразия материгинин бир бөлүгү).

**АЗОО-БЕЛ** — топоним. Кытайлар кыргыздарды чаап, туш-тушка таратканда Ногойдун төрт баласынын бири, Алтайдагы калмактын арасына сүрүлгөн Жакып азган-тозгон 70 үйлүү элди чогултуп, жайлап турган жер (СО, 1. 50). Географиялык реалияда А.-Б.— Иле дарыясынын баш жагындагы жер.

**АЗЫРЕЙИЛ**, Азраил, Израил — мусулман мифологиясындагы диний түшүнүк — жан алгыч, жан алуучу периште, ислам дининдеги негизги төрт периштенин бири (Жебиреил, Минал ж-а Исрафил м-н тең ата). Бөлөк көптөгөн диний түшүнүктөр, касиеттүү күчтөр сыяктуу эле эпосто А. да жолугат: «Айбат менен караса Азырейил түсү бар» (СО, 2. 189). Уламыш б-ча А. адегенде кадимки эле катардагы периште болгон экен, бирок кудай топурактан Адам-Атаны жасай турган болгондо жердин катуу каршылык көрсөткөнүнө карабай топуракты күч м-н жулуп алып барыптыр. Ошондо Алла-таала А-ди өлүмгө кожоюн кылып дайындаган имиш. Ал өтө зор, алп, көп сандаган буттары ж-а канаттары бар, төрт жүздүү, денеси тирүү адамдын саны канча болсо ошончо көздөр м-н тилдерден турат. А. адамдардын тагдырын билет, бирок алардын ар биринин өлөр күнүн, мөөнөтүн билбейт. Кимдир бирөөнүн ичер суусу түгөнүп, көрөр күнү бүткөндө, жашоо мөөнөтү аяктап, өлөр убагы келгенде Алла-тааланын тагынын жанында өсүп турган дарактын күнү бүткөндүн ысмы бар жалбырагы үзүлүп каалгый учат. Мына ошондон соң А. кырк күндүн ичинде ал кишинин жаны м-н денесин бири биринен ажыратууга, б. а. жанын алууга милдеттүү. Такыбалардын жанын абайлап, кыйнабай тартат, ал эми күнөкөрлөр м-н капырлардыкын кыйнап туруп суурун алат. Адам баласы ар кандай ыкмалар м-н А-ге каршылык көрсөтсө болот, бирок баары бир акыр аягында ар дайым А-дин жеңгени жеңген деп айтылат.

*Т. Н. Өмүрбеков*

**АЙБА** — эпизоддук кейипкер, кытай балбаны. Чоң казатта Чубак ыргыта сайган кытай баатыры Канжарколду атка мингизип алып кетмекчи болгондо, Ажыбай А-дан мурун жетип Канжарколдун башын кесип кетет (СК, 2. 192).

**АЙБАЛТА** — согуштук курал. Байыртадан көп элдер колдонуп келген. Ал курч темирден жарты ай сымак жасалып, катуу жыгач м-н сапталат. Кыргыздарда согуштук балталар 6—9-к-дан бери белгилүү. Эпосто А. темир м-н болоттун ширетүүсүнөн жасалып, сабы



ыргай, ага кайыштан бүлдүргү тагылат. Айрым учурда алтын м-н кооздолот. «Манастагы» А. дал ошондой курал.

**АЙБАНБОЗ** — Манастын аяк улоо катарында ич-арага мине турган аты. СОВ б-ча Чоң казатта А-ду Манас чалгындын жолун талашып чырдашкан Алмамбет м-н Чубакты жараштырууга артынан барганда минет. Ошол б-ча ал жерде калган Манас чалгындап барып, жылкы тийген Алмамбет, Чубак, Сыргактардын соңунан kуип келген кытайларга каршы согушка А-ду минип кирүүгө мажбур болот. А. Манасты көтөрө албай Коңурбайдын көп колунун курчоосунда калат. Эпосто бул мотив аркылуу А-дун тулпарлык касиетинин начардыгы, Манасты Аккула м-н Тайбуурулдан башка ат көтөрө албастыгы көрсөтүлгөн.

**АЙБАНБОЗ** — Айкожонун тулпары. ВЖЭ б-ча Көкөтөйдүн ашында «Айбанбоздой күлүк ат» (ВЖЭ, «Ала-Тоо», 1979, № 7, 78-б.) алып келип чапсын деп айтылат.

**АЙГАНЫШ** — Көкөтөйдүн аялы Күлайымдын атынын ордуна кээде колдонулган эпитет.

**АЙГАНЫШ** — эпизоддук кейипкер, Жолойдун аялы. Аярлык касиети бар аял катары айтылат (СО, 3. 293).

**АЙГЫМ** — этноним, Кырк чоронун бири Калдар А. уруусунан болот (СО, 2. 427).

**АЙДАР** — эпизоддук каарман. Бардык варианттарда айтылып, бирдей же окшош түрдө мүнөздөлөт. Негизинен «Көкөтөйдүн ашында» катышып:

Ар жумушка дилгирген,
Алтымыш бурку тил билген,
Ары тилмеч, ары акын
Ар жакшыга көп жакын.
Ыраакы, жакын иш кылсак
Ыкчылдыгы бар эле (СО, 3. 86), деп сүрөттөлөт. Мааникерди минип ошол кездеги кыргыздарга белгилүү болгон бүткүл жерди кыдырып, ашка элди чакырып, эң жоопту милдет аткарат. Ашта Ырчыуул м-н бирге жарчы болот.

**АЙДАР** Жаныбек уулу (1888, Алай р-ну, Сабай айылы — 1936, ошол эле жер)— манасчы. А-дын шыгынын ойгонушуна таякеси Чомо түрткү болгон. Замандаштарынын эскерүүсүндө А. Чомо сыяктуу эле «Манас» эпосун 8 муун кылып айткан, бирок, анын айтканы кагаз бетине түшүрүлбөгөн.

**АЙДАРКАН** — каарман, казак каны Көкчөнүн атасы. А-дын башкаруучулук, баатырдык иш-аракети СОВдо башка варианттарга салыштырганда кенен чагылдырылган. Эпостун алгачкы окуяларында ал жекеме-жеке сайыш-

ка түшкөн баатыр гана эмес, кеп-кеңеш берген карылардын катарында да сүрөттөлөт. Манастын төрөлүшүндөгү тойдо кытайдын Күнөс балбаны м-н беттешүүсүнүн (СО, 1. 86, 98) тыянагы белгисиз калган, ал эми Нескара м-н болгон урушта Даң-Даңды жеңет. Бирок, андан кийин жекеге чыккан баатыр Күдөңгө каршы баралбай качып берет (СО, 1. 204). Ал эми карылар кеңешинде ал тайманбас баатыр, кайраттуу акылман абышканын кебин салат:

Кан Жакып баштап карыңар
Кайратты таштап салдыңар
Качууну сүйүп калдыңар...
Туулмак бар, өлмөк бар,
Жакшылык менен жамандык
Туш-тушунда көрмөк бар (СО, 2. 17—18).

Ţекес кан м-н болгон согушта кол башчы (кан) да болот (СО, 2. 39). СКВ б-ча Кошойдун Билерик м-н Жарманасты бошотуу үчүн Бээжинге жасаган жортуулуна катышып, кайра келаткан жолдо Манас м-н Кутубийге жардамга келишип, кытайлар м-н согушка да катышканы айтылат (СК, 1. 147, 150, 159, 161).
*И. Абдувалиев*

**АЙДАРКУЛОВ** Кадыркул (1946, Жаңы-Жол р-ну, Кызыл-Жар айылы)— тарыхчы, «Манас» изилдөөчү. 1969-жылдан КПСС мүчөсү. КМУнун тарых факультетин артыкчылык диплому м-н бүтүргөн (1973). 1974-ж-дан Кыргыз ССР ИАнын тарых ин-тунда илимий кызматкер. А-дун «Манас» изилдөөдө негизинен «Семетей» бөлүгүнө кайрылып, көптөгөн илимий-популярдуу макалаларды ж-а «Кылымдар жаңырыгы» (1991) аттуу китебин жазган, к. *Кылымдар жаңырыгы.*

**АЙДЫҢ-КӨЛ** — топоним. Эпосто учураган А.-К. аттуу чакан көлдөр негизинен Алтай аймагына туура келет. Суусу тунук, айланасы кооз, мал-жанга ыңгайлуу болгондуктан, көл жээги айыл-апага толуп, той-тамашага батып, «ар-кайсынысы өз ураанын чакырчу». Манас кан көтөрүүлгөндө Жакыптын айлы А.-К-дүн жээгине конуп той өткөргөн. (СО, 1. 232, 261).



**АЙЖАҢЖУҢ** (кырг. ай ж-а кыт. цзяньцзунь — генерал-губернатор, генерал) — эпизоддук кейипкер, манасчы бирде адамдын энчилүү аты катары, бирде эпикалык душмандын кол башчыларынын даражасын билдирген жалпы ат катары колдоно берет, к. *Жаңжуң*. СКВда Эсенкандын жакын кеңешчиси. *Бирмыскалдын* атасы.

**АЙКАН** — эпизоддук кейипкер. ВЖЭде Көкөтөйдүн ашында Төштүк жер алдында жүргөндө А-дын кызы Алтынайды күч м-н тартып алганын эскерет (ВЖЭ, «Ала-Тоо», 1979, № 7, 85-б.).

**АЙКОЖО** (өз аты — Абунасир Самани)— каарман. А-нун эпостун ар башка варианттарында сүрөттөлгөн образында айырмачылык бар. СОВдо ак пайгамбар Мустапанын (Мухаммеддин) сабаларынын (диний жанжөкөрлөрүнүн) бири. Мустапа бир күндөрү сабаларынын ортосунда олтуруп: биздин көзүбүз өткөндөн 400 жылдан кийин (башка бир жерлерде 250 жыл) «Түркстанда туулган, түмөн кытай журтуна сала турган чуулган, түрк уругу кыргыздан» Манас баатыр туларын айтат. Жанындагылардын өтүнүчү б-ча пайгамбар «Минген аты баары чаар, Кийген тону баары таар, Кийиз калпак башында, Найза, күрсү колунда, Аккелте мылтык жонунда, Айбалтасы белинде» Манастын ж-а анын кырк чоросунун ороюн (сырткы элесин) көз алдыга тартып, мына ушул адамга калтыра турган аманатым кылыч (Ачалбарс), мылтыгым (Аккелте) бар, кимиң тирүү калып тапшырасың? — дейт. Сабалардын ичинен А. (Абунасир Самани) бул милдетти мойнуна алат. Манас эрезеге жетип, душманына каршы аттанганда, атайы издеп келип, Алтайдан жолугуп пайгамбардын аманаттарын (кылыч, мылтык) тапшырат, мусулман болууга ж-а дин үчүн күрөшүүгө үндөйт да, өзү кайра Арабстанга кетет. Манас кийин Абдылданы (Ажыбай) жиберип чакыртып алат. А. Манастан жеңилген элди мусулман динин тутууга үндөгөн насаатчы болуп, кээде керемет иштерди да жасайт. Мис., Манас ата конушу Ала-Тоону душмандан бошоткону Алтайдан аттанып чыкканда душмандын Куяс аяры жолдогу дарак, чөп-чарды куралдуу аскер кылып кубултуп, жол тостурат. Каршы келген жоосунаң бет буруп, аркасын салып көрбөгөн Манас баатыр Аккелте м-н атса, сыйкыр м-н жасалган аскерлер жоош кылып мылтык атат. Сандаган мылтыктын атылышынан Манастын көзү көрбөй калып, А-нун дубасынан кийин гана ачылат. СОВдо өз ысымы Абунасир Самани, кээде Бузурук Саба деп да айтылат (СО, КФ, 574—576-инв.). Абунасир Самани тарыхый адам. 9—10-к-да О. Азияны ж-а Хорасанды башкарган, тажиктерден чыккан феодалдык сулаленин өкүлү, 864—892-ж. эмирлик кылган. Демек, ал Мухаммеддин сабасы эмес, андан кыйла кийин жашаган. Өз учурунда О. Азияда жашаган көчмөн түрк элдеринде ислам дининин таралышында активдүү роль ойногон (Ч. Ч. Валиханов. Соб. соч., А.-А., 1985, т. 3, 126, 367-б.). Тарыхый булактарга таянганда диний насаатчы катары А-нун образынын калыптанышына жеке Абунасир Самани эмес, көптөгөн дин өкүлдөрүнүн иш-аракети түрткү болгон. Муну «Манас» ж-дөгү жазма даректердин эң алгачкыларынын бири 16-к-га таандык молдо Сейф ад-Дин ибн даммула

Шах Аббас Акcыкенти калтырган *«Мажму ат-таварихтеги»* («Тарыхтар жыйнагы») маалыматтар да толук ырастайт. Кара кытай Гуркандан жеңилген Тули-кан, Дува-кандар Хорезм-шах Махмуд м-н кеңешкенден кийин, Дува-кан элчиликке барып, Багдаддан пайгамбардын тукуму катары имам Ибрагимди алып келет. Ибрагим Коженттеги кыргыздарды оң канат, сол канатка бөлүп, алардан куралган кол м-н Касандын жанында Гурканды талкалайт. Ширкенттик шайык Жалал-аддин Манастын Жолой м-н күрөшүнө бир нече жолу көмөк көрсөтөт. Жолой жиберген чыккынчы Тубай ууландырган Манасты айыктырат. Бул Абдылданы (Ажыбай) жиберип, Манастын А-ну чакыртып алышын, көзү көрбөй калган Манасты А-нун айыктырышын эске түшүрөт. Эпостук ар кайсы варианттарын салыштырганда А-нун образы түрк-моңгол элдеринин эпикалык чыгармаларында кеңири тараган, түпкүлүгү тотемдик бабага барып такалуучу — укмуштуу колдоочу карыянын айрым милдетин өзүнө сиңирүү м-н анын ордун ээлөөгө өткөнүн байкоого болот. Мис., СКВда Манастын кылычы укмуштуу жол м-н асмандан түшүп, аны СОВдогудай А. эмес, дүйнө кезип жүргөн аксакал думана берет. Узак жашаган (250—500 жыл) акылман, көзү ачык карыянын баатырларды, кол башчыларды жандай жүрүп насаатчы болушу да түрк элдеринин эпикалык чыгармаларында байыртан келе жаткан салттык көрүнүш. Огуз кандарынын бир нече муунунун жеке турмушундагы ж-а мамлекеттик саясий иштериндеги акылчы-насаатчы 500 жыл жашаган Коркут-ата ж-дөгү аңыз сөздөрдүн үлгүсүндө муну даана көрүүгө болот. СКВда «Ала чапан Айкожо» анжыяндык кожо катары айтылат. Кытайларга колго түшүп калганда Кошой куткарып чыккан Билерик А-нун баласы делет (СОВдо ал Жаангер кожонун баласы). Манас Таласка көчүп келгенден кийин Алоокеден кордук көрүп жаткан элдин камын ойлоп, А. Манаска келип:

Атышаарың Алооке,
Арбын кыргын салыңыз,
Ордолуу шайык, көк жөкөр,
Орчун Кокон, Маргалаң,
Эр экениң чын болсо,
Алоокенин колунан
Ажыратып алыңыз (СК, 1. 198),— дейт.

СКВда кожолорго, а. и. А-го ашкере баа берүүчүлүк жокко эсе, тескерисинче, эпостун башкы каармандары ачуусуна тийгенде кожо-молдолорду сабаган учурлары да эскерилет. «Чоң казаттагы» бир тыныгууда элди эсепке алганда Чубак м-н Төштүк жок болуп чыгат. Нескараны баш кылып кытайдын кырк баатырын колго түшүрүп кечиккен Чубак, А. азан чакырып, эл намазга жыгылып жатканда келет. Чубактын келе жатканын көргөн Манас:

Аппак кожо, Айкожо,
Кереленип каласың,
Кечке окуу саласың,
Бейишиңди өзүң ал,
Береним Чубак келатат (СК, 2. 155),—

деп тура жөнөйт.

*Р. Сарыпбеков*

**АЙКӨЛ** — Манастын жеке өзүнө гана колдонулган туруктуу эпитетинин бири: «Алмамбетке көп айтып, Айкөл Манас бек айтып» (СО, 3. 149), «Дууга кирди Манас шер, Аты кызыр кырк чилтен, Айкөл эрдин жолдошу» (СК, 1. 95), «Карааны Семетей турат аманат, Ашылбас аскар бел элең, Айкөлүм Манас ала жат!» (СК, «Семетей», 1. 40). А. Манастын адилет, ак көңүл, кең пейил, баарын көтөргөн, баарына чыдаган сапаттарын чагылдырып, арыстан, көк жал, төрө, канкор сыяктуу эпитеттер м-н бирге эпосто абдан арбын жолугат.

*Ж. Тɵлɵев*

**«АЙКӨЛ МАНАС»** — ыр м-н жазылган эки бөлүмдүү эпикалык драма-трагедия. «Манас» эпосунун сюжетинин негизинде белгилүү драматург *Ж. Садыков* жазган. Драма 1990-ж. Кыргыз мамл. академиялык драма театрында коюлган. Спектаклди режиссёр Б. *Ибраев* сахнага алып чыккан, жасалгалаган сүрөтчүлөр М. *Сыдыкбаев*, М. *Искаков*, музыкалаштырган композитор К. *Молдобасанов*.

«Айкөл Манас» драмасынын негизги өзөгүн Манас эпосундагы Көкөтөйдүн ашы м-н Чоң казат окуялары түзөт. Биринчи бөлүм Көкөтөйдүн ашы, андагы шаан-шөкөттөр ж-а салттык мелдештер (Кошой м-н Жолойдун күрөшү), кытай-калмактар байгеге байланыштуу чыгарган чатак, Нескара м-н Коңурбайдын кол курап келип кыргыздарды чаап алабыз деп кетиши м-н аяктайт. Экинчи бөлүм Манас кыргыз уруу кандарын өзүнүн айланасына баш коштуруу аракети м-н башталат. Алты кан Манаска биригип, калгандары ынабай коюшат. Драманын бул бөлүгү негизинен согуш окуяларын сүрөттөөгө арналат. Чоң казат башталып, Капкандын кара тоосундагы согуш Манастын жеңиши м-н аякталат. Бирок, Коңурбай амал м-н Манасты жарадар кылат. Манастын белгилүү чоролору Алмамбет, Чубак, Сыргак, Серек окко учат. Жаралуу болуп Таласка келген Манастын дүйнөдөн кайтышы м-н экинчи бөлүм бүтөт. Драмадагы баатырдык, патриоттуулукка байланышкан негизги идея м-н бирге адамкерчиликти жогору баалап, акылмандыкты даңазалаган, чебер уз, сарамжалдуулукту үлгү катары көрсөтүп, калыстыкты, карапайымдыкты мактаган ж. б. элдик идеал түшүнүктөр кеңири баяндалат. Драманын башкы каарманы — Манас. Анын ролун арт. К. *Досумбаев*, А. Жолдошев аткарган. Досумбаев түзгөн Манас — чексиз баатыр, жөн билги уюштуруучу, калыс, акылман жетекчи. Ошон үчүн ал элден чыккан эрлерди айланасына топтоп, душмандарына каршы күрөшөт, жоосун жеңип, мекенин баскынчылардан коргойт. Бул зор маанилүү, адилет күрөштө Манас жалгыз эмес, анын күчү элден чыккан жакын жардамчыларында, жалпы элге таянгандыгында. Спектаклде акылман, калыс кары Бакай (С. *Жумадылов*, К. *Табалдиев*), алп Кошой (А. Осмонов), Чыйырды (К. *Дулатова*, Н. Исмаилова), акылман, чебер уз Каныкей



«Айкөл Манас». Спектаклден бир көрүнүш (1990).

(М. *Далбаева,* Ш. Алсеитова, А. Сыдыгалиева), Арууке (С. Мырзагалиева), билими, өнөрү м-н таанылган Алмамбет (И. *Эшимбеков*), карандай күчтүн ээси Чубак (Ч. *Думанаев),* жаш баатыр, эпчил Сыргак (Э. Бекболиев), Серек (Ү. Мурадилов), Айдар (М. Алышбаев), Кыргылчал (А. Мураталиев, А. Усупбеков), Тазбаймат (Р. Жунусов), Коңурбай (Т. Бердалиев), Нескара (М. Асанбаев), Жолой (А. Жолдошев) ж. б. көптөгөн каармандар бар. Драмадагы согуштук сценалардагы чабыштарды Кара-Калпак АССРинин эмгек сиңирген артисти, Ташкендеги А. Островский атн. Театр ж-а сүрөт ин-тунун доценти А. Исмаилов койгон.

*Ж. Сагынов*

**АЙЛАМОР** (орусча Илья Муромец)— каарман. СОВдо гана кездешүүчү «Түндүккө чабуул» аттуу окуяда Манас м-н кармашкан эпостук баатырлардын бири. А. орус элинин баатырдык эпосторунун (былиналарынын) Киев циклине кирген варианттарында айтылуучу каарман Илья Муромецтин ысымынын манасчы тарабынан кыргызчаланып айтылышы. А. — кыргыз элинин эпикалык чыгармачылыгындагы орус эпосторунан өздөштүрүлгөн образдардын эң ириси. Аталган эпизоддордо Манас түндүктө жашоочу элдерге чабуул жасап, аларды багындырат. Орус баатыры А. м-н сайышка түшүп, анан кылычташууга өтөт. Акырында А-дун Доңкара аттуу аты аны ала качып жөнөйт. Ошентип, А. жеңилип, орустар Манаска 300 сулуу кыз тартуу берет да «Атабыз Жаяпис бир» деп элдешип кайтат.

**АЙМАНБЕТТИН (АЙТЫМБЕТТИН) ООЗУ** — Кочкор р-нундагы Ниязбек уулу Ормонкан атн. (мурдагы Фрунзе дыйкан чарба бирикменин түш. тарабындагы Үкөк ж-а Чуңкур-Төр жайлоолоруна жакын бийик өрдөй кеткен чоң кокту. Улуу манасчы Сагымбай Орозбак уулунун бейити мына ушул коктунун кире беришинде.

**АЙ МҮЙҮЗ** — жакшы тилек үчүн аталып союлган бодо мал. Эпостун негизги варианттарындагы айрым окуяларында сыйынуу, табынуу ж-а жакшы тилек тилөө ырым-жырымдарына байланыштуу эскерилет. Манас төрөлгөндө А. м-гө ак өгүз чалышат (СО, 1. 73).

**АЙНАКУЛ** — Кыргылчалдын чыныгы аты (СО, 2. 18, 142, 177), к. *Кыргылчал.*

**АЙНЕКЕ** — эпизоддук кейипкер. Көкчөнүн уулу *Үмөтөй* Семетейге каршылашып келгендеги эпизоддо А. Темиркандын он эки кызынын бири, Текечи кандын аялы, өзүнүн эжеси экендигин Каныкей Семетейге айтат (СК, «Семетей», 2. 274).

**АЙРЫШТЫН САРЫ КАЙКАҢЫ** — топоним. Кыргыздардын жылкысына тиймек болгон Домабил баштаган алтайлык калмактар Манастан сокку жеп качышат. Ошондо Жакып жоону кууп бараткан Манасты А. С. К-нан токтотот (СО, 1. 167).

**АЙТАК** — эпизоддук кейипкер. Алмамбет м-н Көкчөнү араздаштырган казак бийлеринин бири (СО, 2. 243).

**АЙТИЕВ** Гапар (1912, Кара-Суу р-ну, Төлөйкөн айылы — 1984, Фрунзе ш.)— улуттук туңгуч сүрөтчү, кыргыздын профессионалдык сүрөт өнөрүнүн негиздөөчүлөрүнөн, СССР эл сүрөтчүсү (1971), СССР көркөм сүрөт академиясынын корреспондент мүчөсү (1973), Кыргыз ССР Токтогул атн. Мамл. сыйл. лауреаты (1967), Соц. Эмг. Баатыры (1980), Кыргыз жергесинин кооз табиятын, кайталангыс көрүнүштөрүн гана мыкты тартпастан, улуттук маданияттын улуу устаттарынын портреттерин да зор чеберчилик м-н ачып берүүгө жетишкен. Алардын бири — Саякбай Карала уулунун скульптуралык портрети болуп са-



налат (1965). Сүрөтчү бул эмгегинде манасчынын чылк ырдан бүткөн образын, анын инсандык ж-а чыгармачылык жан дүйнөсүн, көөнөрбөс көркөм талантын чеберчилик м-н көрүүчүлөргө жеткире алган. Ушул скульптуралык портретте Саякбай улуу дастанга жан дили м-н берилип, андагы окуяларга өзү да аралашып кеткендей таасир калтырат. А. Ленин, Октябрь Революциясы, эки Эмгек Кызыл Туу, «Ардак Белгиси» ордендери ж-а медалдары м-н сыйланган.

*Э. Калдаров*

**АЙТМАТОВ** Чыңгыз Төрөкул уулу (1928, Кара-Бура р-ну, Шекер айылы) — кыргыз совет жазуучусу, коомдук ишмер. Кыргыз ССР эл жазуучусу (1968), Кыргыз ССР Токтогул атн. мамл. сыйл. лауреаты (1979), Кыргыз ССР ИАнын анык мүчөсү (1974). Соц. Эмг. Баатыры (1978), СССР эл депутаты (1989), Лениндик (1963) ж-а СССР мамл. сыйл. лауреаты (1968, 1977, 1983), Европа Илимдер, искусство ж-а адабият академиясынын анык мүчөсү (1983), Бүткүл дүйнөлүк Илимдер ж-а искусство академиясынын академиги (1987), ГДРдин Искусство академиясынын ардактуу корр. мүчөсү (1978), «Ысык-Көл форумунун» президенти (1986), Италиянын «Этрурия» (1979), «Алтын бутак» (1988), Индиянын Ж. Неру атн. (1985) ж-а Япониянын Чыгыш философия интунун (1988), Американын «Ыймандуулукка чакыруу» (1990) эл аралык сыйлыктарынын лауреаты, түрк тилдүү элдеринин өркүндөшүнө кошкон зор салымы үчүн Түркиянын жазуучулар кошунунун «Илесам» сыйл. лауреаты (1992). СССР Жазуучулар Союзунун секретары, Кыргызстан жазуучулар Союзунун башкармасынын төрагасы (1986), СССР Президенттик Советтин мүчөсү (1990). 1990-жылдан Люксембург Улуу герцогдугундагы СССРдин атайын ж-а толук укуктуу элчиси. «Манас» эпосу А-дун чыгармачылыгынын башатына жол ачкан көркөм булактардын бири болуп саналат. Жазуучунун «Жамийла» повестинен «Кыямат» романына чейинки чыгармачылыгында «Манас» эпосунун стихиясы каармандардын мүнөзү, ички дүйнөсүн сүрөттөөдө, гуманисттик, философиялык ой айтууда, адеп-ахлактык проблемаларды козгоодо кызыл сызык сымал чыгармалардын «жүлүнүнөн» өтүп тургандыгы байкалат. А. «Манас» баштаган элдик оозеки чыгармачылыктын алтын казынасына кайрылуунун, аны иштеп чыгуунун үлгүсүн өз чыгармачылык тажрыйбасында бүткүл дүйнө адабиятына көрсөткөн. А-дун эпосту пропагандалоо багыты ар түрдүү. Ал «Манас» эпосу кайталангыс ж-а катасыз көркөм тажрыйба аркылуу адабияттын бардык проблемаларына, тематикаларына ой жүгүртүп, анын бийик гуманизмин даңазалаган эркиндик, көз каранды эместик идеясын, терең философиясын, имандык сабагын, укмуштуу фантазиясын, оптимисттик трагедиялуулугун, поэтикалык көркөмдүгүн, пафосун, структуралык табиятын, стилдик чен-өлчөмдөрүн, сөздөрдүн тактыгын, образдардын ички дүйнөсүнүн кылдат ачылышын, жаратылыштын ар түрдүү кубулуштарынын сүрөттөлүшүн талдайт: «Маселе бул жерде таамай, так айтылган салыштыруу, эпитетте гана эмес. Кеп, кылымдар бою өз ичине камтыган көп катмарлуу эпостун мазмунга, адам турмушунун ар түрдүү жактарын, социалдык-турмуш, сүйүү-лирикалык, моралдык-этикалык маселелерин, байыркы кыргыздардын географиялык, медициналык, астрономиялык, философиялык түшүнүктөрүн бүтүндөй камтыган эпостук мазмунга, бир учу жомоктон, мифтен, фантастикадан башталып, бир учу реализмге (фольклордук маанидеги) келип жеткен көркөм форманын бипбирдей жанаша өсүп, бир бүтүн гармония түзгөнүндө».



Жазуучу уникалдуу «Манасты» жараткан элдин акылмандыгына, даанышмандыгына, укумдан-тукумга жеткирген Сагымбай Орозбак уулунун, Саякбай Карала уулу сыяктуу «легендарлуу эпик», «азыркынын Гомери», «XX гасырдын рапсоду» деп аталган индивидуалдуу залкар көркөм сүрөткерлердин ролуна чоң баа берет. Сагымбай Орозбак уулу ж-дө мындай дейт: «Сагымбайдан жазылып калган тексттерди кунт коюп окуп чыккан ар бир адам Сагымбайдын сөз байлыгына, акындык чеберчилигине, сүрөткер кудуретине баш ийбей койбойт. Бул бир ааламда укмуш жаралган уникалдуу талант. «Манас» — «Манас» болгондон берки эпостун тамчыга тамчы кошулуп, сөзгө сөз, ойго ой кыналып, байыркы кыргыз журтунун бүткүл чыгармачылык кубатын

Сагымбай бир өзү дилине сыйгызып тургандай сезилет». СОВго башкы редакторлук кызмат аткарып, «Байыркы кыргыз рухунун туу чокусу» деген баш сөз жазды. Ал эми Саякбай Карала уулунан «Манасты» угуп, өзү м-н кошо жүргөнү баарыга белгилүү. А. «Ал океан сымал «Манастын» миллион сабын жат билген» деген макаласында улуу манасчылардын эң акыркысы Саякбайдын портретин жандуу тартат. Манасчынын фантазиясына, артисттик талантына, ашкан өнөрүнө тен берет: «Каралаев «Манас» айтып жатканда андан көзүңдү тартып ала албай, кирпигинин ирмелишинен тартып колунун жаңсалышына чейинки ар бир кыймылына арбалып, көрөңгөнүн көөр таштай чанда бир кезиге турган шыбаганы даарыган бул адамдын абазына кулак төшөп, муюп олтуруп, анын жасат-жаны эпикалык уюткунун өзүнөн бүткөнбү деп ойлой кетесиң». Саякбай Карала уулунун сөөгүн коюу зыйнатында жазуучунун кабыргасы кайышып, «дүйнө жүзүндө өзүнчө жалгыз гана болгон улуу талант асмандан кулаган жылдыздай жарк этип өчтү» деп улутунуп турбадыбы!

А. «Манасты» оозго алганда казак элинин улуу жазуучусу ж-а окумуштуусу Мухтар Ауэзовдун ысмын бирге эскерет. 1950-жылдары М. Ауэзов эпостун элдүүлүгүнө шек келтиришкендерге каршы туруп, бул чыгарма кыргыз элинин гана эмес, бүткүл совет элинин сыймыктана турган зор эпопеясы экендигин көрсөтүп, 1952-ж. «Манас» эпосуна байланыштуу бүткүл союздук илимий конференцияда «Манас» эпосунун элдик вариантын түзүү керек» деген темада доклад жасаган. Ошондогу казак жазуучусунун кара жанын карч уруп энциклопедиялык билимге таянып «Манасты» обу жок айыптоолордон коргогонун А. өтө жогору баалайт. «Ауэзовдун атуулдук азаматтыгын, жазуучулук эрдигин биздин эл эч качан унутпайт» — дейт ал. А. м-н «Манасты», Сагымбай Орозбак уулу, Саякбай Карала уулу м-н «Манасты» бөлүп караганга болбогон сыяктуу эле, Ауэзов м-н «Манасты» ажырым кароого болбойт. А. чет өлкөлүк окурмандардын «кай жерликсиз» — деген суроосуна «Манас» жаралган жана Ауэзов туулган жерденмин»,— деп сыймык м-н жооп берет.

А. «Манас» эпосун дүйнө, совет элдердин арасына пропагандалап, эпостун которулушуна дайыма камкордук кылып келет. «Манас» эпосун өзбек тилине белгилүү акын Миртемир которгондо А. да баалуу кеңештерди берген. Котормочуга эл алдында жылуу пикир айткан: «Ал бул чоң жана татаал ишке канчалык жан дили менен берилип мамиле жасагандыгын мен азыр толкундабай эскере албайм. Эпостун өзбекче котормосу «Манастын» өзүнүн гениалдуу оригиналына тете монолиттүү, колориттүү чыкты». Азыр болсо белгилүү орус акыны В. Солоухин «Манастын» орусчасын калың элге жеткирүү үчүн А-дун тапшырмасы м-н иштеп жатат. «Өз элинин тарыхына жана чыгармачылыгына сыймыктанбаган жан болбос, ошентсе да «Манас» эпосун ойлой калсам, аны минтип жалпы совет элинин орток маданий байлыгына айланып отурганын эстеп, мартабам артып, баймана ташыгандай өзүмчө эле кудуңдап, териме батпай кетем» — дейт ал. Муну анын эпостун жалпы дүйнөгө тароого жасаган камкордугунун күбөсү катары баалоого болот.



А. Асанов. Манас жергесинде.

В. Коркиндин «Манас» эпосун укканда ыйлаганыңыз барбы? — деген суроосуна жазуучу ««Манасты» укканда ыйлабаган кыргыз болбойт»,— деп жооп бериши эпостун ар бир кыргыз баласы үчүн өтө ыйыктыгын, асылдыгын, улуулугун, касиеттүүлүгүн билдирет. «Манастын» улуттук аң-сезимге сиңиши эне сүтүнө, эне тилине барабар, аны м-н бирге чогуу келген табигый көрүнүш. ««Манасты» билбеген адам өз элин, тилин, жерин билбегендик» — деген сөздүн афоризмге айланып кетиши бекеринен эмес. Ошондон улам азыркы учурда дагы бир жаңы учкул сөз жаңырып калат: «Кыргыз адабияты «Манас» эпосунан Чыңгыз Айтматовдун эпосуна чейинки доорду басып өттү». Ооба, кыргыз эли дүйнөгө ушул эки көркөм маданияттын бийик үлгүсү катары, эки эстетикалык дүйнөнүн эриш-аркак далма-дал келиши, тогошуусу м-н сыймыктана алат. Дүйнө м-н алакада болуп, аралашып, дүйнөнү көрүп туруу үчүн «Манас», А. сыяктуу түбөлүктүү, муундан-муунга аңыз болуп

жашай турган улуу бийиктиктер керек. Биздин көркөм дөөлөттөрдүн кыл чокусунда кечээ да, бүгүн да, эртең да туу катары кармаганыбыз да, карманганыбыз да дал ушул — «Манас» м-н А. экендигин эч ким тана албайт.

*А. Акматалиев*

**АЙ ТУТУЛУУ** — Ай толук бойдон же жарым-жартылай жердин көлөкөсүнө кирип калган кездеги көрүнүш. Айдын тутулушу элдик ишеним б-ча жамандыктын белгиси. Бул «Манас» эпосунда да чагылдырылган. СКВ б-ча Манас дүйнөдөн кайтканда «калайык ыйлап, кан ыйлап, калың журттун баары ыйлап» аза күтөт. Ал гана эмес «кайың ыйлап, тал ыйлап, таш да ыйлайт». Манаска таандык жаныбарлар (Тайбуурул, Акшумкар, Желмаян, Кумайык) кайып болушат. Жаратылыш кубулуштарына бүлүк түшүп жер титирейт, Ай тутулат. Ал көрүнүш эпосто «Алты күнү ай чыкпай, Ой тобо-ой, ай караңгы түн болду» (СК, 2. 249),— деп сүрөттөлөт. Күн м-н айдын тутулганын байыркы элдер падышалардын, кандардын өлө тургандыгы, согуш, ачарчылык, кургакчылык, жут болорун алдын-ала билдирген кереметтүү белги катары карашкан. А. т. чындыгында ай, күндүн тутулушу м-н стихиялык ар кандай кырсыктын, трагедиянын ортосунда эч кандай деле байланыш жок. Ал эми Манастын «Кичи казатта» жарадар болуп келип өлүп, эл өзүнүн башкы идеал баатырынан, сырткы баскынчы душмандан коргоочусунан айрылган учурда айдын тутулгандыгы элдин трагедиясынын оордугун эң жогорку көркөмдүктө чагылдыруу болуп саналат.

*М. Мукасов*

**АЙТУУЧУ** — элдик эпикалык чыгармаларды, дастандарды аткаруучу, к. *Манасчы.*

**АЙ ТУЯК** — курмандыкка чалынуучу жылкы. Эпосто мындай жөрөлгө элдик баатырлар жеңишке ээ болгондо, кереметтүү түш жакшылыкка жорулганда, арбакка сыйынганда, куда-сөөк келгенде, аш-той ж. б. каада-салттарга байланыштуу өткөрүлгөн.

**АЙТЫКЕ** (чын аты Айты, 1816—87, Жумгал өрөөнү)— манасчы, акын. Эл арасында таланты м-н кадыр-барктуу болгондуктан Айтыке аталган. Өмүрү ж-а чыгармачылыгы тууралуу маалыматтар жокко эсе. Акын айтылуу манасчы Балык м-н айтышы, Калыгул м-н үзөңгүлөш теңтуш болгондугу ж-дө азыноолак маалыматтар бар. Таластан чыккан *Чоңду* ырчыны өз баласындай туткан. Чоңдунун айтымына караганда А. «Манас», «Семетей», «Сейтек» бүтүндөй айткан. Зор масштабдуулук, эпиктик сапат, касиетке ээ. А-нин турмуштагы негизги кесиби — манасчылык өнөр болгонун Тоголок Молдо:

Балыкты жыккан Айтыке —
Жумгалдагы Саяктан.
Үйрөнгөнүн билбеймин
Айтыке ырчы каяктан.
Манасты бу да салдырган,
Дүйнөнү бүтүн алдырган.
Аңгемеси бир далай,
Артына нуска калтырган (ТМВ, 2. 135),— деп мүнөздөйт. Өткөн кылымда жашап, ысымдары эл эсинде тагыраак сакталган, бирок варианттары кагазга түшүрүлбөгөн манасчылар сыяктуу эле А-нин айтуусундагы «Манастын» тексттери да жазылбай калган.

*Ы. Кадыров*

**АЙТЫШ** — кыргыз элдик оозеки чыгармачылыктагы жанр. А. ырчылар, чечендер, айтуучулар (манасчылар, семетейчилер) арасында чыгармачылык кудуретин, чеберчилигин сыноо үчүн жүргүзүлгөн. Манасчылардын А-ы чоң төкмөлүк өнөрдү талап кылат ж-а өзүнчө өзгөчөлүктөргө ээ. Мелдештин шарты б-ча «Манас» айтууну бирөө баштап, ал токтогон жерден экинчиси, үчүнчүсү улап кеткен. Кээде белгилүү бир окуяны же үзүндүнү кимиси ары кызык, ары узак ж-а көркөм аткарганына карап баалашкан. Сөз кудуретин жогору баалаган угуучулардын сынынан айтуучунун аткаруучулук манерасы да куру калбаган. Изилдөөчүлөр А. б-ча элге атагы кеңири тараган манасчылар катары *Балык, Найманбай, Назардын* ысымдарын аташат. 1917-ж. кыш маалында Какшаалда (азыр КЭРде) жүргөн Сагымбай м-н какшаалдык манасчы Жусубакунду «Манас» айттырышат. Сагымбай жети кан колу м-н келип, Манастын колу Бээжинге аттангандагы эпизоддон баштап, күнү-түнү тынбай айтат. Анан Сагымбайды токтотуп, Жусубакунга ошол жерден ары айттырышат. Ал да күнү-түнү тынбай улантат. Андан кийин экөөнү айткандарын алмаштырып, кайрадан айттырышып сындашат. Эки манасчыга төрт күнү-түнү «Манас» айттырышып, экөөнө тең жакшы баа беришип, ат тартып, тон кийгизишет (Макелек Өмүрбай, «Жусуп Мамай», «КМ», 1988, № 41). Кезегинде Назар манасчы м-н А-ынан кийин *Тыныбектин* даңкы чыга баштаган.

*С. Төлөгенова*

**АЙЧАК ДӨӨ** — эпизоддук кейипкер. А. д-нүн баласы Манас м-н беттешип жеңе турган болгондо Чубак жардамга келгени эпосто эскерилет (СО, 4. 193).

**АЙЧАҢ** — эпизоддук кейипкер, Кеселиктин атасы. Араниктеги согушта Манас м-н чабышкан калмак баатыры катары аты гана аталат (КВ, 1. 115).

**«АЙ-ЧҮРӨК»** («Лунная красавица»)—«Айчүрөк» операсынын либреттосунун өзүнчө китеп болуп чыккан орусча-кыргызча тексти. (М., 1958). Көлөмү 264 бет, нускасы 700. Либретто фортепьяного ылайыкталып нотасы м-н кошо басылган. Орусча тексти А. Винниковдуку.

**«АЙЧҮРӨК»** — Волгоград шаарындагы аялдар дүкөнү. Ленин проспектисинде, Волга дарыясынын жээгинде. Дүкөн жеңиштин 40 жылдыгына карата ачылып (1985), «Семетей» эпосунун каарманы Айчүрөктүн ысымын алган. Кыргыз ССРинин көркөм фондусу сатуучулары үчүн улуттук стилдеги костюмдар даярдап берип, дүкөндүн сырткы көрүнүшү улуттук колоритте асемделген. Товарларды Кыргызстандагы «1-Май», «Октябрдын 40 жылдыгы», «ВЛКСМ» ж. б. фабрикалардан, о. эле «Кыял» ж-а Бишкектеги бут кийим өндүрүштүк бирикмесинен алат.

**АЙЧҮРӨК** — үчилтиктин «Семетей», «Сейтек» бөлүмдөрүнүн негизги каармандарынын бири. Манасчылар А-түн түпкү тегин периге же кайыпка байланыштырат. СКВда оогандын каны Акун перинин жаңы төрөлгөн кызын талаадан таап алып тарбиялагандыгы айтылат.



Б. Жумабаев. Айчүрөк.

А. катышкан окуянын чордону «Семетей», «Сейтекке» тиешелүү болсо да Акун м-н Манас бел куда болушканы эпостун «Манас» бөлүмүндө эле айтылат. Эпостун кийинки бөлүмдөрүндө А. Семетей баатырдын ысыгына күйүп, суугуна тоңгон акылдаш, сүйгөн өмүрлүк жарына ж-а баласы Сейтекти калкалап өстүрүп, калкына кошкон камкор энеге айланат. А. м-н Семетей буйруктуу, акыры кошула турган жубайлар экенине карабастан бирибирин азап чегип издеп, ар кандай тоскоолдуктарды басып өтүшөт. А. ак куу кейпинде кубулуп учуп Семетейди тапса, Акшумкарды издеген Семетей акыры А-кө кабылат. Муну м-н эпоско таандык салттуу баатырдык үйлөнүү сюжетиндеги буйруктуу колуктуларды кайдан да, кандай да болбосун издеп таап алуунун көөнө ыкмасы сакталган. А-түн түрдүү нерсеге (ак кууга, ак булага, ак балыкка, торгойго) кубулуу жөндөмдүүлүгү анын байыркы мезгилдердин мифтик-жомоктук катмары басымдуу сакталган көрүнүктүү каарман экенин көрсөтөт. Анын сыйкырчылык касиеттери «Семетейде» ачык-айкын көрүнөт. Окуянын реалдуу жүрүшүнө байланыштуу А. жөнөкөй эле пенде катары аракеттенип, зарыл учурларда сыйкырчылыгы көмөктөшөт. А. кубулганда кадимки Ак куу:

Кукулуктап жорголойт,
Куудан бөлөк үнү бар.
Куйругу менен кум сабайт,
Канаты менен жер сабайт,
Толкуп жүнү бөлүнөт,
Кукулуктап унчукса
Жез комуз үнү көрүнөт (СК, КФ, 552-инв., 144-б.).

А-түн образындагы мифтик айрым мотивдер элдик оозеки чыгармачылыктын эволюциялык өнүгүшүнүн узак жолунда алгачкы булактарынан кескин айырмачылыкка ээ болуп, мифтик башатынан алыстап фольклордук каарманга айланган. Анын образы түз сызыктуу эволюциялык өнүгүүгө ээ болбостон, өз жолунда башка элдердин мифологиялык-жомоктук түшүнүктөрүндө жаралган, өзүнө жакындыгы бар типтеш образдар м-н да контаминациялана баштаганы байкалат. А-түн образындагы өзгөчөлүк кадимки турмуштук шарттар м-н кошо кыялдан бүткөн сапаттардын адам ишенээрлик деңгээлде жуурулуша келишинде. Манастын өмүрүндө Каныкей кандай мааниге ээ болсо, Семетейдин турмушунда А. да ошондой. Каныкейге баатырдык, уздук, сарамжалдуулук мүнөздүү болсо, А-тө ашкан сулуулук, сыйкырчылык, аялдык назиктик ж-а кирсиз таза сүйүүнү жогору баалоочулук басымдуулук кылат. Анын жеке керт башына таандык жандан башкача сырдуулук, сыйкырдуулук керемети кадимки эле жакшы аялга мүнөздүү акылмандык, кыраакылык, уздук, сарамжалдуулук сыяктуу мыкты сапаттар м-н толукталган. А. өзүнүн сулуулугу, кирсиз таза аруулугу м-н гана Семетейге жуп келбестен, айрым учурда анын ажалына аралжы болуп, керек учурда ордун басып ишин уланткандыгы м-н «Сейтек» эпосунда да өз аброю м-н болот. А-түн Семетей өлгөндөн кийин Кыяска баш кошууга моюн сунуп көнүшү, баатырдан калган туякты жетилтип өз элине кошушу өңдүү мотив м-н байланышкан. А. «Сейтекте» болочок баатырдын өмүрү үчүн кам көргөн мээрман эненин гана милдетин аткарбастан, кордукта калган элинин тагдырына кабыргасы кайышкан патриот да. Жоо бетинде дайынсыз жоголгон Семетейди издеп табууга зор күч жумшаган туруктуу жар да. Сейтекти чоңой-

Айчүрөктүн өргөөсүндө «Айчүрөк» операсынан.



туп, кыргыз жерине алып кетүүдөн мурун Күлчорону дарылоодо, Кыястан өч алууда, Желмогуз уулу Сарыбайдын баскынчылыгынан кутулуш үчүн жардамга Куялы аттуу балбан кызды таап, чакырып келүүдө да А-түн кызматы зор. А. — каргышыката кетпеген «тилинде мөөрү, тишинде сөөлү бар» магиялык күчкө ээ каарман. Ал «Семетейде» кара ташты дубалап, аба ырайын өзгөртүп табиятты башкарса, «Сейтекте» кыргыз баатырларынын жеңиши үчүн Кыястын Тооторусунун тилин байлап, уйга жеткис чобурга айлантат. А-түн учушун, ок түшүргүч касиетин, аярлыгын элдин кыялында жашаган дарыгерликтен, жаратылышты башкарууга болгон далалатынан ажыратып кароого мүмкүн эмес. Ушулардын бардыгы мифти жараткан байыркы коомдун алга умтулуусу, тилеги. Бирок ал мифтик образ эмес. Каныкей сыяктуу эле көп түйшүккө ылайыктала жаратылып, өзүнүн аруулугу, нукура жомоктук касиеттери м-н «Семетей», «Сейтек» эпосторунун көркөмдүгүн, кызыктуулугун арттырып турган толук кандуу эпикалык көркөм образ.

*А. Жайнакова*

**«АЙЧҮРӨК»** — *Айчүрөктүн* ысмынан аталган Бишкек шаарындагы борб. дүр-дүйнө дүкөн (Чүй проспекти, 155). Кыргыз ССРинин 50 жылдык мааракесине карата курулуп, 1974-ж. ачылган.

**«АЙЧҮРӨК»** — «Семетей» эпосунун негизги каармандарынын бири Айчүрөктүн атына байланыштуу коюлган дүр-дүйнө дүкөн. 1977-ж. Ош шаарында ачылган.

**«АЙЧҮРӨК»** — кыргыздын туңгуч улуттук операсы. Төрт бөлүмдөн, алты сүрөттөн турган баатырдык-патриоттук, эпикалык-лирикалык опера. Либреттосун «Манас» үчилтигинин «Семетей» бөлүмүндөгү «Семетейдин Айчүрөккө үйлөнүшү» аттуу эпизоддун негизинде Ж. *Бөкөнбаев*, К. *Маликов*, Ж. *Турусбеков*, музыкасын В. *Власов*, А. *Малдыбаев*, В. *Фере* жазган. Алгач опера 1939-ж. 12-апрелде Кыргыз мамлекеттик музыка театрында коюл-

«Айчүрөк» макаласына. Операдан көрүнүштөр: 1) Семетей — Ж. Садыков, Айчүрөк — С. Кийизбаева, Калыйман — А. Куттубаева, Күлчоро — М. Ваетов (1939); 2) Айчүрөк — К. Сартбаева, Чачыкей — Ч. Иманкулова (1976); 3) Семетей — Э. Касымов,



1



2



3

ган (дирижёру В. Целиковский, сүрөтчүсү Я. Штоффер, балетмейстри Н. Холфин, хормейстри П. Меркулов, режиссёру В. Васильев м-н Куттубаев). Биринчи коюлушунда ролдорду С. Кийизбаева (Айчүрөк), Ж. Садыков (Семетей), А. Малдыбаев (Күлчоро), М. Сартбаев (Канчоро), М. Махмутова (Чачыкей), А. Куттубаева (Калыйман), Х. Темирбеков (Акункан), Н. Кытаев (Бакай), А. Боталиев (Чынкожо), К. Эшимбеков (Толтой) аткарган. Операнын сюжети бири-бирине карама-каршы турган эки күчтүн күрөшүнө негизделген. Бир жагында эл мүдөөсүн көздөгөн Семетей, Айчүрөк, Бакай, Күлчоро, Акункан ж. б. каармандар, экинчи тарапта Чынкожо, Толтой баштаган ички душмандар, буларга тилектеш Чачыкей, Канчоро, Кыяс турушат. Операнын музыкалык драматургиясын түзүүдө композиторлор кыргыз эпосторун аткаруудагы салттык обондордун, элдик ырлар м-н күүлөрдүн ж-а жалпы эле кыргыз элдик музыкасына таандык өнүгүү ыкмаларынын элементтерин интонациялык, метрдик-ритмикалык өзгөчөлүктөрүн композитордук жогорку чеберчиликте өнүктүрүүгө жетишкен. Каармандардын музыкалык мүнөздөмөлөрүн жаратууда лейтмотивдерди пайдалануу м-н аларды музыкалык драматургиянын өнүгүү жагдайларына ылайык ар кыл өзгөрүүлөргө дуушарлантып, татаал формаларга чейин өөрчүткөн. Семетейдин лейтмотивине манасчылардын байыртадан эл арасына кеңири таралган «Семетей күү» деген күүнүн обону пайдаланылып, эркиндикти, теңдикти баяндаган баатырдык планда чечилген. Айчүрөктүн лейтмотивине А. Огомбаевдин «Күйдүм чок» аттуу лирикалык ырынын обону пайдаланылып, татаал турмуш, чиеленишкен адам тагдырын баяндаган лирикалык маанай тартууланган. Чынкожонун темасы кастыкты, көралбастыкты чагылдырып турат. Операда оң каармандардын образдары өөрчүгөн музыкалык формаларда, ал эми терс образдар кыска репликалар ж-а речитативдер аркылуу чечилген. Айчүрөктүн образы кеңири, терең берилет. Анын ариясынын өзөгүн кошоктун интонациясы түзөт да, улам өнүктүрүлүп, акырындап өөрчүгөн арияга айланат. Биринчи көшөгөдө Айчүрөк кайгылуу ойдун кучагында турса (душмандардын курчоосунда), экинчи көшөгөдө (Чачыкей м-н жолугушууда) анын интонациясында кайраттуулук, кыжырдануу сезилет, андан нары анын назик сүйүүсүн баяндаган интонациялар пайда болот. Операда Калыйман м-н Күлчоронун образдарына да кеңири орун берилген. Калыймандын жандуу, шайыр образы эки ыр аркылуу сүрөттөлөт. Биринчи ыры эжеси Айчүрөктүн көңүлүн ачууга арналат (биринчи көшөгө); экинчисинде Айчүрөктүн укмуштуу түшүн жоруйт (үчүнчү көшөгө). Бул ырдын негизин «Ой тобо» аттуу элдик ыр түзөт. Күлчоро кеңири, созулуңку мүнөздөгү элдик музыка м-н сыпатталган. Оркестрдин маанилүүлүгү увертюрадан, Семетейдин кошунундагы бийлерден (экинчи көшөгө) байкалат. Семетейдин кошуну көрүнүшүндө кириш музыкага Ж. Богачиновдун «Толгонайдын селкинчек», кыз-жигиттердин бийине К. Орозовдун «Жаш кербез», аялдардын бийине «Тилендинин ботою» күүлөрүнүн, жалпы ыр-бийге «Кыздар» аттуу элдик ырдын темалары пайдаланылган. Үчүнчү көшөгөдөгү патриоттукту баяндаган «Аксакал Бакай» деген хордун өзөгүн «Төрөгелдинин какмасы» аттуу элдик күүнүн темасы түзөт. Семетей м-н Чынкожонун согушу симфониялык эпизод аркылуу сүрөттөлгөн. «А.» операсы — кыргыз маданиятынын өнүгүш тарыхында зор мааниси бар этаптык чыгарма. Элдик музыкага таянуу м-н аларды накта симфониялык өркүндөтүүгө жеткирип, көп үндүү хорлорду түзүү, куплеттик ырларды өөрчүтүлгөн ария ж-а речитатив ж. б. опералык формаларга жеткирип, татаал опера жанрын өздөштүрүүдө төл башы чыгарма «А.» операсы жаралды. «А.» операсынын жаралышы м-н улуттук опера өнөрү жаралды. Кыргыз профессионал музыкасынын алтын кенчинен орун алып, кыргыздын улуттук иск-восунун классикасына айланган «А.» операсы жаралган күндөн баштап үзүлбөй коюлуп келе жатат.

*Ө. Абдылдаев*

**АЙЧҮРӨК-БУЛАК** — Талас дарыясынын оң алабында, Кеңкол өрөөнүнүн ылдый жагындагы булак. Бүгүнкү күндө ал аймакка айыл



түшүп, булак Таш-Арык айылынын ичинде, «Долоно» орто мектебинин жанында. Эл оозунда «Айчүрөк Семетейди издеп ак куу болуп учуп келип ушул булактын башына конуп, Чачыкейге ушул жерден жолуккандыгы, кайгы-кубаныч аралаш көз жаштан пайда болгон»,— деп Айчүрөктүн өзү м-н байланыштырат.

**«АЙЧҮРӨКТҮН АКШУМКАРДЫ АЛА КАЧКАНЫ»** — «Семетейдин» сюжетине байланыштуу чертилген элдик күү. Чыңкожо, Толтой Айчүрөктү алабыз деп, Акункандын шаарын камаганда ак куу кебин кийип, Семетейди издеп учуп чыккан Айчүрөк акыры шумкары-

нын артынан келет деп Семетейдин Акшумкарын ала качканы сүрөттөлгөн салттык сюжет комуз күүсүнүн жаралышына себеп болгон. Күү Кыргыз үналгысынын музыкалык фондусуна комузчулар Ыбырай Туман уулунан, Асанаалы Кыштообай уулунан жазылып алынган.

**АЙЧЫК**, айчыктуу туу — түрдүү түстөгү кездемеге жарым ай түрүндө эмблема түшүрүлгөн туу. «Манаста» ар кандай шартта колдонулган. Көкөтөйдүн ашындагы «Айчыктуу туусу болбосо Ажеп эмес ал ашта Адашып киши жоголсо» (СО, 3. 223),— деп көп эл чогулган салттык мелдештер өз тууларынын айланасында өткөн, к. *Туу*.

**АЙЫМЖАН** — эпизоддук кейипкер, Каныкейдин нөкөрү, Манас Каныкейге күйөөлөп баргандагы ат чаап, жар тандоо салтында аты отуз үчүнчү келген Бозуул тагдырына буюрган А-га үйлөнөт (СО, 2. 419, 426).

**АЙЫМЖАН** — эпизоддук кейипкер, Каныкейдин нөкөрү, Акылдын кызы. Манас Каныкейге күйөөлөп баргандагы ат чаап, жар тандоо салтында аты отуз тогузунчу келген Калдар тагдырына буюрган А-га үйлөнөт (СО, 2. 419, 427).

**АЙЫМКҮЛ** — Көкөтөйдүн аялы, Күлайымдын атынын ыр ыргагына карай аллитерацияга ылайыкташтырылып өзгөртүлүп айтылышы: «Амбар толо алтын калды, Айымкүлдөй катын калды» (СО, 3. 8).

**АЙЫМ-МҮНСӨК** — топоним. Каныкей Көкөтөйдүн ашында Кошой кийип балбанга түшчү кандагай шымды даярдаш үчүн Абыке баштаган 60 мергенди атайы жиберип териси өтө бекем тоо текени аттырып алган жер.

**АК** — көркөм сөз каражаты, эпитет. А. эпитетинин өзүнчө өнүгүшү, эволюциясы бар. Коомдук өнүгүштүн алгачкы этаптарында адамдар жаратылыштын көп түрдүү кубулуш, көрүнүш касиеттерин адам сыяктуу эле жандуу нерсе катарында түшүнүшүп, алар эки түрдүү элес, таасир калтырган. Айрым кубулуш, көрүнүштөрдү адамдарга жакшылык, ийгилик алып келүүчү сыйкырдуу күч, рух, жышаан катары кабыл алышса, айрым башка көрүнүштөрдү, кубулуштарды, тескерисинче, адамдарга зыян, жамандыкты алып келет деп түшүнүшкөн. Жаратылыштын кубулуш, көрүнүштөрүн экиге ажыратуунун негизинде «ак» (ырайымдуу, пайдалуу, жагымдуу) ж-а «кара» (ырайымсыз, кырсыктуу, зыяндуу) деген түшүнүктөр келип чыккан. Демек «ак» деген түшүнүк адегенде зат, буюмдардын, кубулуш, көрүнүштөрдүн өңү-түсүн сыпаттоо м-н гана эмес, адамдарга кандайдыр бир түрдө ырайым кылуучу, колдоочу, пайда келтирүүчү фетиштик мазмундагы кереметтүү рухтарга, сыйкырдуу күчтөргө байланыштуу болгон. Алтайлыктардын баатырдык эпосторунда «ак» деген эпитет ырайымдуулук мааниде колдонулган: ак мал, ак чөп, ак жер, ак тоо, ак артыш (ак арча), ак мылтык, ак үлдү (ак кылыч), ак жыра (ак найза), ак бөрү, ак бичик (ак китеп) ж. б. Кыргыз элинде теңир жалга, кудай жалга деген синонимдик туюнтмалар м-н катар ак жалга деп да айтылат. Демек А. деген сөз «теңир», «кудай» сыяктуу сөздөрдүн синоними болуп ырайымдуу рухту билдирип турат. Ак санатай, ак жолтой, ак көңүл, ак ниеттүү, айкөл сыяктуу сөз айкаштарында А. өң-түсү эмес, адамдын эң жогорку оң сапаттарын мүнөздөйт. «Манас» эпосунда Манас баатырга таандык болгон буюм, курал-жарактар, аттар, айбанаттар ж. б. «ак» деген туруктуу эпитет аркылуу аталат. Алсак: Аккула, ак өргөө, аколпок, аккелте, акболот, ак ордо, акалбарс, ак шумкар, ак каңкы, ак тинте, ак инген (куу инген), ак кисе ж. б. «Манас» эпосундагы Манаска таандык болгон зат, буюм-терим, курал-жарак, кийимкечектердин А. деген эпитет м-н тутумдашып айтылышы коомдун алгачкы өнүгүш этаптарында пайда болгон фетиштик, магиялык түшүнүктөр м-н тыгыз байланыштуулугун көрсөтөт. Кийинки доорлордо пайда болгон кыргыз элинин эпикалык чыгармаларынын поэтикалык каражаттарында А. деген эпитет жыш эле учурайт, бирок алардын көпчүлүгү буюм-терим, заттардын өңү-түсүн гана туюндуруучу көркөм каражаттардын милдетин аткарат. *Ж. Төлөев.*

**АК АЛБАРС** — Манастын кылычы. «Ак албарс кылыч, ак келте, Жоо жарагы сегиз мүлк» (ЖКВ, КФ, 846-инв.), к. *Албарс*.

**АКАС МЕРГЕН** — уламыш б-ча атактуу тулпарлар Аккула, Ачбуудан, Мааникерди тууган Кула бээнин ээси. Жоокерчилик заманда калмактар кыргызга кол салып, аларды туш тарапка таратканда 10 түтүн кыргыз бөлүнүп, тоо арасында калып калат. Ушундай кыйынчылык учурда элден А. м. деген чыгып, кийик атып элди багып турат. А. м-дин Кула бээси болот. Күндөрдүн биринде ал мерген бээсин тоо арасындагы көлдүн боюна аркандап коюп, өзү кийикке чыгып кетет. Кула бээнин бооз экендиги жазга жакын билинет. Тоо арасында бөлүнүп калган бул элде бирин-серин гана жылкы болгон. Айгыр жок туруп эле Кула бээнин Кула кулун тууп коюшу, элди кубандырат, бир чети таң калтырат. Айылдагы акылман аксакалдар Кула бээ кайыптан тууду деп айтышат. Кула бээнин кулуну чоңоюп, тай болот. Кийинки жазда да Кула бээ куйругу агыш Сур кулун туулт. А. м. аксакалдарды чакыртып: Манас Алтайдан келип, калмак, кытайларды чаап кыргыз жеринен куул чыгыптыр; ашуу, жолдор ачык экен Кула тайды Ат-Башынын базарына алып барып сатайын деп кеңешет. А. м. жолдоштору м-н Арпаны ашып, Ат-Башынын базарына барышат. Жылкы сатуучулар, кардарлар, соодагерлер чыгыш м-н батыштан келишип, базар абдан чоң болуп, аргымактар өзүнчө, чобур аттар өзүнчө, кунан тайлар өзүнчө сатылат экен. А. м. жолдоштору м-н аргымактар сатылуучу жайдын четине Кула тайды кармап туруп калышат. Алардын жанына карооолчу келип: бул жерге силер турууга болбойт, бул жерде аргымактар сатылат, тигиндей чобур аттар сатылуучу жерге баргыла деп корсулдайт. Ошентип, булар акыйлашып турганда

базар башчы келип, Кула тайды айланып чыгып, жигиттер бул тайга окшошуп турат дейт. Анан алардын айланасында соодагерлер, кардарлар, сынчылар топтоло баштайт. Кула тайды бир соодагер он беш бээ, отуз атка сатып алып кетет. А. м. жылкыларды айлына алып келип, ар бир түтүнгө эки ат, бир бээден бөлүп берет. Кула тайды сатып алган соодагер Олуя-Ата, Түркстанды карай жол тартат. Бул маалда Манас баатыр Таласка көчүп келип, зериккенде ордо атып, чоролору м-н ууга чыгып, таң-тамаша өткөрүп жүрүп, өтүп бара жаткан соодагерге жолугуп, анын жылкыларынын арасындагы Кула тайды жактырып калат. Сынчы, далычы, төлгөчүлөрүн чакыртып тайды сынатат:

> Оң кулактын түбүндө
> Ак белгиси бар экен,
> Ал кайыптан калганы
> Аныктаган белги экен.
> Атасын абдан карасам,
> Суу түбүндө жаралган,
> Кула бээ жалын тараган,
> Суудан чыгып атасы
> Кула тай андан жаралган (КФ, 291-инв., 110-б.).

Сизге ылайык ат болот деп бүтүм чыгарышат. Манас баатыр кула тайды соодагерден отуз бээ, отуз кулун, отуз субайга сатып алып, атын «Аккула» коёт. А. м-дин Кула бээси кийинки жылы да керкашка кулун туулт. Бул маалда тай болуп калган агыш куйрук сур тайды Ат-Башынын базарына алып барып сатайын деп кеңеш курат. Ат-Башынын базарында:

> Арткы аягы майышчаак
> Алыска арбын жарабас,
> Жакыныраак чапканда
> Кула тайдан калышпас (КФ, 291-инв., 120-б.).

Ач куйрук тайды (сур тай) кулундуу он беш бээ, он беш атка бир соодагер сатып алып, чыгышка «Кайнаган калмак жерине, Жолой алптын элине» жол тартат. Базардан соодагер жетелеп турган ач куйрукту Жолой сатып алып, атын «Ачбуудан» деп коёт. А. м-дин Кула бээси дагы кулун тууганда кер маңдай тайын Ат-Башы базарына алып келип, кулунду жыйырма бээ ж-а отуз ат, тайга сатат. Кер маңдайды сатып алган соодагер Өзгөндү көздөй жол тартат. Соодагер Анжыян, Маргалаң, Коконду аралап Ташкенди көздөй бараткан маалда Ташкен каны Көкөтөй жигиттерин ээрчитип, аң уулап жүргөн болот. Ал соодагер айдап келаткан көп жылкынын арасында бир аргымак бар экенин угуп, аргымак эмес эле тай экен, тай болсо да өзү сынап жактырып, жалгыз уулу Бокмурунга арнап сатып алат.

> Маңдайы ачык кең экен
> Маанилүү жагы бар экен,
> Мен атасам Мааникер
> Ашкан күлүк бул экен (КФ. 291-инв., 134-б.),— деп атын «Мааникер» коёт. А. м-дин эли көбөйүп, жыйырма түтүнгө жетет. Алар Кула бээнин кулундарын сатып отуруп оокаттары жакшырып калат. Эч бир айгыр карабаса деле Кула бээ кулун тууп жатканына таң калган А. м. бээси акыркы жолу көк кулун тууганда аны жетелеп барып, көлдүн жээгине аркандап, өзү көмүскө жерде аңдып жатып алат. Бир маалда көлдөн көпкөк айгыр чыгып келип Кула бээни жыттагылап калат. Жашынып жаткан А. м-ди көрүп калган көк айгыр көк кулунду жалдан тиштеп, көлгө сүйрөп кирип кетет. Кула бээ тегеренип-тегеренип, кан сийип жиберет. А. м. Кула бээни айылына жетелеп келет, мал болбосун көргөн эл аны союп алышат. Ошондон кийин А. м. ооруп дүйнөдөн кайтат. Көк айгыр көк кулунду сүйрөп кирип кеткен көлдү эл «Кулун», ал эми жанындагы жайлоону «Акас жайлоосу» деп атап койгон экен.

*С. Карагулов*

**АКАЯР** — кырк чоронун бири, балбан. А-дын балбандыгы Көкөтөйдүн ашында Жолойду жыккан Кошойду көтөрүп кеткен (СК, 2. 47) жеринен көрүнөт. Эпосто дайыма «Чын ачуусу келгенде, Төөнү жаза муштаган, Төө көтөргөн Акаяр» (СК, 2. 65),— деп балбандыгы айтылат. А-дын адамгерчилиги, баатырлыгы Көзкамандардын алдап берген уусун ичип, каршылык көрсөтүүгө алы келбей калган Манасты жалгыз өзү салгылашып жүрүп ажыратып алганын, Каныкей Семетейге:

> Канча кытай балбанды
> Бучкагына теңебей,
> Каарданып жетелүп,
> Ала-Тоодой атанды,
> Артык балбан Акаяр,
> Жаш баладай көтөрүп (СК, «Семетей», 1. 199, 200—202),— деп баяндалат. Көзкамандар А-ды байлап алып, Таласка ор казып салып кетишет. А-ды ордон Кыргылчал тартып алып, Манастын эмне болгонун угат. А. Чоң казатта окко учат (СК, 2. 200).

**АКБАИ** — эпизоддук кейипкер, Жайдардын уулу, балбан. Көкөтөйдүн ашында Жолой м-н күрөшкө балбан тандап Кошой «оюлган кара кашы бар, он жетиде жашы бар» А-га да келет. Ал макул болот, бирок, «балтыр этиң толо элек, балбан кезиң боло элек» (СО, 3. 193),— деп күрөшкө чыгарбай коёт. А-дын балбандыгы Жолойду жыккан алп Кошойду көтөрүп кеткендигинен (СО, 3. 227) даана көрүнөт. Чоң казатта кыргыз баатырларынын катарында эскерилет.

**АКБАКАЙ** — Жабыкенин байгеге чапкан күлүгү. Манастын төрөлүшүнө арналган тойдогу ат чабышта байге алат.

**АКБАЛА** — эпизоддук кейипкер, Күлчоронун зайыбы, Эштектердин Жамгырчысынын кызы. Семетей Коңурбайды жеңип атасынын өчүн алды деп Жамгырчынын баласы Шайымбек карындашы А-ны алып келгенде Семетей аны Күлчорого алып берген. Семетей кайып болуп, Күлчоро Кыяска туткунга кеткенде Канчоро аны токолдукка алмак болот. Сулуулугуна топ

келген акылы, эр жигитке тете кайраты бар А. Канчорого тийгенден көрө өлүмдү артык көрүп, эркекче кийинип, колуна курал алып, далай балбанды жайлап, камап барып Канчорого алы жетпей колго түшүп калат. Канчоро Каныкей экөөнү күң кылып, А-га уй кайтартып, Каныкейге музоо бактырып коёт. Сейтек чоңоюп, Айчүрөк м-н Күлчоронун кайрылып келишин күтүп, тарткан азабына, көргөн кордугуна чыдап жүрөт.

**АКБАЛБАН** — эпизоддук кейипкер, Букардын балбаны. Семетей он экиге чыкканда «билбегенге Семетейдин тою, билгенге Манастын ашы»,— деп Темиркан Семетейди Букарга кан көтөргөндөгү тойдо балбан күрөшкө чыгып, А. кокондук Төөбалбандан жыгылып калат (СК, «Семетей», 1. 108, 109).

**АКБАЛТА** — каарман, кыргыздын нойгут уруусунун каны (уруу башчысы), Чубактын атасы. Кытайлар кыргызды чаап, туш-тушка таратканда Жакып м-н кошо айдалып Алтайга барган. Ошондой кыйын күндө элге туура акыл айтып, кайрат берген акылман карыя. Эпосто акылга дыйкан А. деп айтылышы А-нын ким экендигин кабарлап турат. Манастын элдик баатыр болуп өсүшүнө көп күч-кубатын, акылын сарптайт. Манас да анын адамгерчилигин, эмгегин баалай жүрөт. Мис., ал ушул А-нын, нойгут элинин намысы үчүн Шоорук кан м-н урушуп жеңип чыгат (СО, 2. 206—215). СКВда А-нын образы бир кыйла терең иштелген. Айрыкча эпостун башталыш эпизоддорунда, кыргыздар Алтайдан Ала-Тоого көчүп келгенге чейинки окуяларга активдүү катышат. Нойгутту Алооке, Молто чаап алганда Каракандын Жакып, Улаккан баш болгон балдарына качып келип, алар м-н бирдикте баскынчыларга каршы күрөшүүгө аракеттенет. Кытайдын токсон балбанын жолдон тосуп, элден тартып алып токсон беш төөгө жүктөп Бээжинге алып бараткан баалуу буюмдарды, алтын, күмүштү ажыратып алышат да, элге таратып беришет. Ушундан кийин кытайлар аларды туш-тушка айдап жиберет. Жакып А. баш болгон кырк үйлүү кыргыз Алтайга сүрүлүп барат, мал-мүлкүн кытайга тарттырып, оокатсыз калган эл А-нын акылы м-н дыйканчылык кылып жан багышат, акырындап мал-мүлк күтө башташат. Баарынан Жакып артыкча байыйт. Манастын төрөлүшүнөн аян берген Жакыптын түшүн жоруп, элди жакшылыкка үмүттөндүргөн да А. болот:

Кырк үйлүү кыргыз жакыр журт,
Сары адырмак шыбыргак
Белди табат экенбиз.
О, кудай киндик кесип, кир жууган
Жерди табат экенбиз!
Паана берип жараткан
Элди табат экенбиз (СК, 1. 45).

Манас туулганда Жакыпка уулдуу болгонун А. сүйүнчүлөп барат. Кытайлар кыргыздан Манас аттуу баатыр чыгарын сыйкырдуу китеби-даңзасынан билип, аны таап, эр жеткирбей жок кылуу үчүн издөө салат. Манасты өз атынан чакыртпай жашырып, ал он эки жашка келип баатырдык күч-кайратка киргиче амал м-н атын «Чоң жинди» дедиртип аман алып калган да А. болот. А. көптү көргөн көсөм карыя гана эмес, эр жүрөк, кайраттуу адам. Манас Кошойго жолукканы кетип, Эсенкан Манасты кармап келүүгө жиберген көп кол каптап келгенде элди көчүрүп жиберип, карыса да А. Кутубий экөө душмандын жолун тосуп чыгат (СК, 1. 126, 127—136). Кыргылчалдын ушагына ишенген Манаска тарынып, Чубак Таластан Алайга качып барганда А. баласына акылын айтып, аны оң жолго салат (СК, «Семетей», 1. 179). Кытайлык манасчы Жусуп Мамайда А. Чыйырдыны олжолоп алып келип, Жакыпка берет. Чыйырды А-ны агам деп, Манас тагам деп эсептейт. Манастын туулуп-өсүшүнө, баатыр болушуна эпостун бул вариантында да А-нын эмгеги зор. А-нын образы малга карoo, бакыл, суу жүрөк Жакыпка карама-каршы коюлат да, Бакай, Кошой сыяктуу эле эпикалык чыгармалардагы жаш баатырды элдик идеалга тарбиялаган ж-а ар кандай иштерде анын кеңешчиси болгон акылман карыялардын салттык образы. Жоо төбөдөн басып, үстөмдүк кылып турганда да элдин кул болуп багынып бербестен баатыр уулдарын белге таңуу кылып, акылга дыйкан карыяларын туу тутуп, эркиндигин сактап калуу үчүн тынымсыз күрөшү эпосто А-нын иш-аракеттери аркылуу берилген.

*Р. Сарыпбеков*

**АК БАРАҢ** — мылтык. Терминдин биринчи компоненти бараңдын маанисин күчөтүп турат: «Ак бараң мылтык чаңырып, Ач кыйкырык жаңырып» Эпосто «сыр бараң» түрүндө да учурайт, к. *Бараң, Ак*.

**АК-БАШАТ** — элдик уламыш б-ча Манас баатыр Шоорук канды Алай жеринен кууп чыгуу үчүн бара жатканда Манастын аты Аккула суу ичкен жер. А.-Б. Алай р-нунун Жошолу айыл советинин аймагында. Элде «Аккула таш акырдан жем жеген, Ак-Башаттан суу ичкен» — деген сөз азыркы кезге чейин айтылып келе жатат.

**АКБАРИ** Султан (Акбаров Султан Оморович; 1923, Ташкен ш.)— өзбек акыны, публицист. Ташкендеги Низами атн. педагогика ин-тунун адабият факультетинде окуп жатып, согушка кеткен. Согуштан кийин «Ленин учкуни» газетасында кызматкер, Каракалпакстанда лектор, областтык «Хорезм хакикати» газетасында бөлүм башчы, «Ёш ленинчи» газетасында жоопту катчы болуп иштейт. СССР жазуучулар союзунун алдындагы Жогорку адабий курсту бүтүргөн (1953). А. бир нече поэтикалык, публицистикалык китептердин автору, белгилүү котормочу. Ал «Манас» эпосунун 2-китебин өзбек тилине которгон, к. *«Манас»* (өзбекче).

**АКБЕРМЕТ**, Бермет — каарман, Сейтектин колуктусу. СКВда А-тин теги периге байланыштырылат. А. эпосто сулуулугуна акылы, кереметтүүлүгү төп келген кайраттуу, чечкиндүү, эр жүрөк баатыр кыз катары сүрөттөлөт:

Беризаада Акбермет
Алты кыздын кенжеси,

Ак жибектен чатыры,
Аялдыгы болбосо
Ургаачынын баатыры.
Он бир жашка келгенде
Атасы Султан өлүптүр.
Он үчкө жашы келгенде
Жаа тартып ойноп жүрүптүр.
Он төрткө жашы келгенде
Ай-ааламдын баарысын
Акыл менен билиптир.
Он бешке келгенде
Бериге султан кан болуп,
Атасынын алтын так
Ошондо Бермет миниптир (СК, «Сейтек», 251).

Эпикалык салт б-ча А. Сейтектин тагдырына буюрган колуктусу. Айчүрөк да уулуна өмүрлүк жары пери кыз экенин эскертет. А-ке түшүндө жыланайлак дубана келип, «кыяматтык күйөөсү» Сейтек экенин билдирет. Сейтектин А-ке үйлөнүшү да Семетейдин Айчүрөккө үйлөнүшүнө окшош. А. — жамандык жакшылыкты алдын-ала туя билген, баатырдын жоо кийимин камдай жүргөн камкор жары, акылман кеңешчиси. Чоң Билгичтин келатканын Сейтекке кабарлайт, атайылап жасалган көк күпөнү, атасынан калган ачалбарс кылычты берип узатат. «Сейтек» варианттарында Сейтектин аялы ар түрдүү ысым м-н айтылат (Жакшылык Сарык уулунда — Күлнар, Мамбет Чокмор уулунда Каракөз, Шапак Рысменде уулунда пери кыз Сейилкан ж. б.).

*С. Төлөгенова*

**АК-БЕШИМ** — топоним. Эпосто Чүй өрөөнүндө жайгашкан шаар катары сүрөттөлөт. Бул маалымат тарыхта белгилүү Ак-Бешим шаарчасы м-н байланышып, географиялык реалияда эпикалык топоним тарыхый топоним м-н дал келүүдө. Эпосто бу жерди Акунбешим бийлегендиги айтылат. СОВдо «Манас баатыр Чүйдөгү Акунбешимди жеңгени» деген өзүнчө окуя баяндалат. Бирок, жазма даректерде мындай ысымдагы башкаруучу кезикпейт. Токмок шаарынын түш.-батыш жагынан орун алган Ак-Бешим шаар чалдыбары 10—12-к-да «Караханийлердин» резиденциясы болгондугу чындык. Шаардын 7—8-к-да «Суяб», «Ордукент» аталгандыгы белгилүү. Тынымсыз чабышуулар м-н көчмөн турмуштун таасиринен шаар акырындап жоголгон. Элдик уламыштар м-н «Манас» эпосунун айрым эпизоддорунда 11—13-к-дагы окуялар чагылдырылып, шаар м-н эпикалык каарманга бирдей энчилүү ат берилген. 11-к-дан кийин шаар тарыхта такыр эле эскерилбейт.

**АКБОРЧУК** — Кыргылчалдын байгеге чапкан күлүгү. Көкөтөйдүн кара ашындагы ат чабышка кошулуп, марага бешинчи келет (СО, 3. 64).

**АК-БУЛУҢ** — топоним. Бокмурун атасынын кара ашын өткөрүүгө жер тандап отуруп, айтып өткөн жер: «Ак-Жар-Ойду кыдырып Ак-Булуңга кономун» (РЖВ, 147).

**АК-БУУРА** — Манасты колдоочу тотемдик жаныбарлардын бири. СОВдо төмөнкүдөй учурлар кездешет:

Кара башыл ак буура
Оң капталдан туптуура
Калжаң уруп качырып,
Кабактан чыга калгандай (СО, 2. 186).

Буура Караханийлердин тотеми болгондуктан ал сулаледегилер «Буура-кан» деген титулду да алып жүрүшкөн. О. эле Манастын ата-бабаларынын биринин ысмы да *Бууракан* деп аталат. СКВда «Булут аты Бууракан Мунун атын чакырып, Күндү жайлап турду эле» (СК, КФ, 541-инв., 495-б.); «Суу атасы Бууракан Сайың чыгып жол берчи» (СК, КФ, 541-инв., 150-б.),— деп айтылат. Демек, Буураканды жаан-чачындын, суунун кудайы деп эсептөө керек. Караханийлер ушул кудайга сыйынган деп болжоого болот. Манастын Караханийлер сулалеси м-н байланышы бар деп эсептөөгө да мүмкүн.

*Э. Абдылдаев*

**АК ДОБУЛ** — эпосто баатырлар урунган мылтык. А. д-дун согуштун жүрүшүнө ылайык жалпы мүнөздөгү ролу көркөмдүк күчтө поэтизацияланат (СО, 2. 139—140).

**АК-ДӨБӨ** — топоним. Көкөтөйдүн кара ашында байгеге чабылган күлүктөр басып өткөн жер. Анда күлүктөр Кош-Аралдын бою, атактуу А.-Д. аркылуу өткөндүгү айтылат (СО, 3. 64).

**АКДӨӨ** — мифологиялык кейипкер. «Манас» эпосунда, о. эле кыргыз элинин эпикалык чыгармаларында салттык кейипкер катары көп кездешет. А. кейипкердин энчилүү аты катары да колдонула берет. Көпчүлүк чыгармаларда А. Карадөөнүн карама-каршысында, ак санатай дөө катары мүнөздөлөт. «Манаста» эргежээл, итаалы элинин дөөсү делип Бокмурун атасынын ашына чакыртат (СО, 3. 99). Ашта Кошой Жолой м-н күрөшөрүндө А., Көкдөө м-н далай салгылашканын эскертет (СО, 3. 215). СКВда А. м-н Көкдөө Жарманастын элин камап, жети жыл тынымсыз салгылашканы айтылат (СК, «Семетей», 1. 269).

**АКЕРКЕЧ** — каарман, *Көкчөнүн* аялы. Көпчүлүк варианттарда Семетей м-н Үмөтөй карын бөлө, Каныкей м-н А. эже-сиңди болуп айтылат. РЖВда А. күйөөсү Көкчөгө караганда токтоо, айлакер, керек учурда чечкиндүү, сулуу аял.

Кар үстүнө кар жааса
Кардан аппак эти бар,
Кар үстүнө кан тамса
Кандан кызыл бети бар.
Сүлөөсүндөй керилип,
Сүйлөөр сөзгө эринип,
Күлсө күрөктөй тиши кашкаят,
Күймөнсө жыпар жыттанган

Буруксуган Акеркеч,— деп тартылган салттык эпикалык портрети эпостун өзүнүн түшүнүгүндөгү сулуулуктун бардык компоненттерин камтыйт. Анын сулуулугу алабарман Көкчөнүн ич тардыгын, ишенбөөчүлүгүн күч алдырат. Алмамбетке жакын болуп кетти деген казак төбөлдөрүнүн ушак сөзүнө ишенген Көкчөнү А. өзүнүн токтоо, нускалуу сөзү м-н уяткарат. СКВда да А. Каныкейдин бир тууган сиңдиси, Каракандын кызы. Ал чукул

мүнөз эр көкүрөк Көкчөнүн акылман ж-а боорукер жары, анын акылына акыл кошуп, оң жолго сүрөйт. А-тин асыл сапаттары Алмамбет баатырдын өз элинен кетип, Көкчөнү ба йырлап турган учурунда ж-а анын Манаска кетишине байланыштуу окуяларда даана көрүнөт. Алмамбеттин адамдык касиетин, баатырлыгын Көкчөгө караганда А. терең түшүнөт. Көкчөдөн шагы сынган Алмамбет баатырга тууган катары күтүп ала турган адилет адам айкөл Манас экендигин айтып багыт берет. Алмамбеттин трагедиялуу абалын түшүнүп, өзүнүн жеке намысын четке коюп, аны моралдык-материалдык жактан колдоого алат. РЖВда А. Алмамбет үчүн Көкчөнүн ат-тонун сураганга батынат. Көкчөнүн жел өпкөлүгүн бетине айтып, Алмамбеттин кетиши жеке Көкчө эмес, бүт казак эли үчүн чоң жоготуу экендигин күйүп-жанып түшүндүргөн кайраттуу аял. «Семетей» эпосунда да ушул мүнөзү м-н көрүнөт. А. ар качан достук, ынтымакка ынтызар экендиги «Семетейде» ачык берилет. Ал баласы Үмөтөйдүн атасы Көкчөнүн кунун шылтоолоп Семетейге жамандык ойлой баштагандыгын жактырбайт. Эки бөлөнүн душмандашпай туугандашып, бири-бирин кадырлап күтүп алуусу канчалык зарыл ж-а пайдалуу экендигин уулуна түшүндүрүүгө, баатырлардын ортосундагы, эки элдин ортосундагы ынтымакка чыныгы данакер болууга аракеттенет. А-тин каргышы ката кетпеген чоң касиети да бар. Ошон үчүн Семетей өзү катылган Үмөтөйдү жаздым кылганда «таяжен каргаса сени оң кылбайт» деп Каныкей бекеринен чочулабайт. Чынында эле Үмөтөйдүн Семетей колдуу болуп өлүшү А-тин аялдык назик мүнөзүн кескин өзгөртүп, анын кайраты таштай катат. Оор трагедияга учураган эне буга чейин пир тутуп сыйлаган карачечекей эжеси Каныкейдин баласын каргапшилөөдөн кайра тартпайт. Семетей күнөөсүн сезип, Тайбуурулду кунга тартып, бөлөсүнүн сөөгүн ага жүктөп жөнөтөт. Бирок, А-тин тоңгон жүрөгү жылыбай, Буурул аттан да өч алгысы келип:

Бекиткен чидер таккыла,
Муну караңгы жайга баккыла,
Эки кулак укпасын
Коргошун эритип куйгула,
А кулактын үстүнөн
Тасмал менен буугула,
Өзлигип турган Буурулду
Эшекке жеткис кылгыла,
Алтымыш нокто каткыла,
Алтымыш чылбыр таккыла,
Төрт бутунун муунуна
Он эки ийне каккыла,
Чогойно аксак болгон соң

Муну кербенчи сартка саткыла (СК, КФ, 560-инв., 460-б.),— деп өкүм чыгарат. Анысы аз келгенсип Семетей Тайбуурулдан ажырап атсыз калды, келип агаң Толтойдун өчүн ал деп, Кыяска кабар жиберет. Кыскасы А-тин образы —«Семетей» эпосундагы окуяларга байланыштуу өзгөрүп турган жандуу образ. Ал кылымдардан келаткан элдин өз түшүнүгүндө мыкты делип муундан-муунга зор сүймөнчүлүк м-н өткөн мээрман, меймандос, кыраакы аялдын бир тиби. Ал эми баласынын өлүмүнөн кийинки мүнөзүнүн өзгөрүшү эч убакта эч ким тарабынан толтурулгус эненин оор жоготуусу м-н шартталган.

*А. Жайнакова*

**АКЖАЙНАК** — кырк чоронун бири, Артык кандын уулу. Манас Таласка барып кан болгондо көчүп келип, Манаска чоро болгон (СК, 1. 195). СОВдо Жайнак деген ат м-н белгилүү.

**АКЖАЛ** — Акпайдын байгеге чапкан күлүгү. СОВ 6-ча Манас Каныкейге күйөөлөп барганда өткөрүлгөн ат чабышта аты кырк экинчи келген Акпай тагдыр буюрган колуктусу *Шыңгынай* аттуу кызга үйлөнөт (СО, 2. 427).

**АКЖАМБАШ** — *Аталабектин* күлүгү. Көкөтөйдүн ашында байге алган алтымыш аттын бири (СО, 3. 268).

**АК-ЖАР** — топоним, Чыгыш Түркстан жактагы жер. Манастан (Кытайды көздөй) качканда Алооке кан А.-Ж-ды басып өткөн (СК, 1. 201).

**АК-ЖАР-ОЙ** — топоним. Көкөтөйдүн уулу Бокмурун атасынын кара ашын өткөрүү үчүн жер тандаган учурда эскерилген жер. «Ак-Жар-Ойду кыдырып, Ак-Булуңга кономун» (РЖВ, 147),— деп айтылат.

**АКЖОЛТОЙ** — кырк чоронун бири, Адык кандын (башка бир жерлерде Арча кандын) уулу.

Адык кандын Акжолтой
Атышкан жоого сан колдой,
Келип конду Таласка

Чоро болду Манаска (СК, 1. 195),— деп сүрөттөлүп, Манаска эң алгачкылардан болуп кошулган чоролордон. «Аркан үзөр Акжолтой» делип анын күчтүүлүгү атайы белгиленип айтылат. Чоң казатта ок жаңылып өлгөн чоронун бири (СК, КФ, 922-инв., 548-б.).

**АКЖОЛТОЙ**, Жолтой — каарман, СКВда А. *Кутубийдин* баласы, белгилүү баатыр, акылман. Манас, Семетей үчүн Бакай кандай мааниге ээ болсо, «Сейтек» эпосунда Сейтек үчүн А. да — о. эле мааниге ээ акылман каарман, башкы баатырдын кеңешчиси, насаатчысы, жоону бирге жоолашкан жан бирге жолдошу. Сейтек өзү да А-ду төмөнкүчө баалайт:

Артык досум Акжолтой,
Караан кылган Акжолтой
Мени ээрчитип жүрүп эр кылган,
Эбегейсиз шер кылган.
Сайып жүрүп бак кылган,
Бет алганды мерт кылган,
Беттешкен жерге кан кылган.
Билбегенди билгизген
Манастан калган мураапым,
Туйгундан калган кыраакым,
Чачылганым жыйнаарым,
Үзүлгөнүм улаарым,
Казат кылсам душманга
Туу түбүндө тураарым (СК, «Сейтек», 244).

Жер кезип жүргөн А. Олуя чалга жолугуп, андан ал Сейтек экөөнө арнап алып келген

аттарды (Сейтекке *Кулансурду*, өзүнө *Кулунсурду)* алат. Олуя чалдан Акберметтин дайынын угуп, анын Олуя чалга таштап кеткен аманатын — көөхар шакегин Сейтекке алып келип берет. Сейтек Акберметке үйлөнгөндө А. тагдырына буюрган пери кыз Күлайымга үйлөнөт. Жолборстун жүрөгүнө талгак болгон Акберметке Кыдыр берген кол башындай жаңгакты алып келип берет. Чоң Билгич м-н согушка А. Сейтек экөө барат. Амалданып качкан Билгичти кууп бараткан Сейтекти токтотуп, аман алып калат. Жөн билгичтиги, акылмандыгы, м-н Кененге каршы кол курап келген Эбегей, Көгөйгө «түбүбүз бирге тууганбыз» элди бүлүнтүп, касташпай, биригип, сырттан келчү жоого каршы туралы деген жүйөлүү сөзү м-н Кулунсурду тартуу тартат. Эбегей, Көгөй эчаккы кастыкты унутуп, Кенен м-н эл болот. А. м-н Сейтек эпосто аты уйкаш делип сүрөттөлүп, окшош сур ат минип жүрөт. Сейтек экөө бир күндө, бир мезгилде дүйнөдөн кайтышат. Эпикалык акылман карыялардын салттык образынын «Сейтектеги» көрүнүшү, активдүү ролу А-дун образы аркылуу берилген.

*С. Төлөгенова*

**АКЖОЛТОЙ** — эпизоддук кейипкер, *Бөлөкбай* устанын баласы. Кыяс м-н Канчоро Айчүрөктү олжологону келгенде капканы коргоп, Жедигер м-н жети күн тынбай согушуп, капканы кайтарган балбандардын баары өлүп, «жети жерден жара жеп» жалгыз калган А. Кайыпчынын үңкүргө качып кутулат (СК, «Семетей», 2. 333—334).

**АКЖОЛТОЙ** — эпизоддук кейипкер. Кырк чоронун бири Төлгөчүнүн атасы экендиги гана айтылат (СК, «Семетей», 1. 158). Башка жерде Манастын чоролорунун бири катары да төлгөчүгө жанаша эскерилет, к. *Акжолтой.*

**АКИЛИК** — Манастын төрөлүшүнө арналган тойдо байгеге чабылган күлүктөрдүн бири. «Аркасынан караса, Анжыяндын Акилик бакпаягы майышып, кабыргасы кайышып (СО, 1. 82),— деп, жалпы күлүктөрдүн катарында саналып өтөт.

**АКИМ** (ар. хаким — ойчул, философ; соңку мааниси — диний ж-а ак сөөктөрдүн иштерин башкаруучу)— атайы дайындалган же шайланган башкаруучу. Кыргыздарда Кокон кандыгынын тушунда администрациялык аймактардын башында турган адам. А. эпосто кеңири жолугат: «Айтуудан чечен адашты, Акимдердин баарысы, Бири-бирин караштыₓ (СО, 3. 136).

**«АК-ИНЕКТИН БЕЛЕСИ»** — комузчу Асанаалы Кыштообай уулунун «Манастын» обонуна салып чыгарган күүсү. Күүдө Акшумкарын алдырып ийген Семетей Айчүрөктүн артынан барып, Ак-Инектин башында дүрбү салып Акункандын шаарын карап отуруп, Үргөнчтүн боюнда күтүп жаткан Айчүрөктү көргөнү, Тайбуурулду мингизип Күлчорону чалгынга жөнөткөнү баяндалат. Күү автордун өзүнүн аткаруусунда кыргыз үналгысынын фондусуна жазылып алынган.

**АК-КАЛАА** — топоним. Казак Камбар уулу Айдаркан салдырган шаар (СО, 1. 200).

**АККАН** — эпизоддук кейипкер, *Аруукенин* атасы. СКВда Арууке бирде *Агынай* кызы делсе (СК, 2. 123), бирде А-дын кызы делет (СК, 2. 183).

**АККАНЫШ** — эпизоддук кейипкер. РЖВ б-ча Көкөтөйдүн ашында Аккан кандын аялы экендиги айтылат.

**АК КАҢКЫ ЭЭР** — ээрдин өзүнчө түрү, алдыңкы кашы жазы ж-а тегерек формада, анын бети оюу, күмүш м-н коздолот. А. к. э-ди кээде кыргыз ээр деп аташат, к. *Ат жабдыктар.*

**АККЕЛТЕ** — Манастын мылтыгы. Манас баатырдын А-ге ээ болушу ар кайсы варианттарда ар түрдүүчө берилген: «Алачтан келген Аккелте» (РЖВ), «Айкожо берген Аккелте» (СОВ), «Бакай энчилеп берген Аккелте» (СКВ). Манастын негизги куралдарынын бири катары А-де да магиялык касиеттер бар. Алсак, А-нин согуш болоор алдында керегеде илинип турган жеринде өзүнөн өзү атылып, оозунан кан таамп калышы. Алмамбет Кытайдан качып келе жатканда А-нин өзүнөн өзү атылышы, же Манас өлгөндөн кийин Абыкенин колунда он эки жыл атылбай калышы ж. б. Эпиканын салты б-ча баатырлардын жоо куралдарынын баары өзгөчө сапаттарга ээ катары сыпатталат.

**АК-КОРГОН КЕНТ** — топоним. Эпосто Көкөтөйдүн кара ашына чакырылган Көкүм сарттын баласы Үрбүнүн калаасы РЖВ, 156). А.-к. к. аттуу кыштактар Кыргызстанда ж-а ага коңшулаш өлкөлөрдө кезигет.

**АККӨКҮЛ** — Эштектердин Жамгырчысынын күлүк аты. СКВ б-ча Көкөтөйдүн ашында байгеге чабылат.

**АККУЙРУК** — Абдылда балбандын жоого минген аты. Абдылда А-ту минип калмак балбаны Кегети м-н жекеге чыкканы эскерилет.

**АККУЛА**, Каккула, Ак сур ат— эпостун бардык варианттарында Манастын жанга өлчөлүү негизги тулпары. Байыркы жоокерчилик салттын талабын чагылдыруусуна ылайык А-нын эпикалык биографиясы, өзүнө мүнөздүү сын-сыпаты, энчилүү ысымы (кличка), баатырга эш өзгөчөлүктөрү бар. Манас да башка эпикалык каармандардай эле урунган куралы, кийген кийими, жоого минчү жакшы аты м-н гана баатыр, ансыз анын даңкы чыкпайт, эрдик сапаттары көрүнбөйт. Анын эрдиги ж-а жеңишке ээ болушу А-га да байланыштуу. Эпостогу каармандарды идеалдаштырууда эпикалык тулпарларга байланыштуу мифтик фантастикалык элементтердин көрүнүштөрү А-нын образынан орун алган. СОВ м-н ВСВда Манас м-н А. бири-бирине атайы арналып жаралган, тагдырлаштар катары бир күндө туулат. Манас төрөлгөн учурда Камбарбоздун үйрүнөн кара жалдуу Кула бээ ак сур кулун туулат. СКВда А-ны нойгуттун каны Карачадан буудайга сатып алат. Манасчы А-ны кайыптан туулган Куу байталдын Кула кулуну деп сыпаттайт. Буга чейин «бул Куланын ээси жок» болуп жүргөн А-нын тагдырлаш, идеялаш ээси Манас экени, анын өз ээсине сырткары күчтүн колдоосу м-н келген аксакал карыя бербестен, салттык мотив

трансформацияланып Карачанын образына алмаштырылып берилген. ЖМВ б-ча Манастын атасы Жакып Чыңгыш аттуу какандан А-ны жонунан даакысы түшө элек кулун кезинде сатып алат. Мында А. Коңурбайдын Алгарасы, Жолойдун Ачбууданы м-н бир тууган катары айтылат. Башкы каарманга тагдырлаш болочок тулпардын адегенде минтип көзгө комсоо көрүнүшү байыркы салттык мотив катарында бардык түрк элдеринин фольклорунда кеңири кездешет. Эпосто А-нын сын-сыпаты:

Өңү кула, кара жал,
Өзгөчө сонун бу бир мал.
Чаткаягы чаткалдай,
Жүрүп кетсе чатына
Жүктүү төө баткандай,
Желип кетсе жүрүшү
Жебенин огун аткандай,
Куюшкандын кошконго
Он бир карыш казанды
Ойноп-күлүп аскандай.
Болжолу жок чоңдугу,
Бооруна карандын
Момолой ийин казгандай.
Таноосуна-мурдуна
Кирер болсо жөргөлөп
Азыркы жүргөн адамдар
Кийими менен баткандай.
Камыш кулак, сом туяк,
Балтыры өгүз белиндей,
Басканы сырттын желиндей (СО, 1.

20),— деп сүрөттөлөт. А-га берилген мүнөздөмөлөрдө манасчылар негизинен анын күлүктүгүн, талбастыгын даңазалашат. А-нын өзгөчө күлүктүгү, тулпардык касиетинин күчтүүлүгү, арыбас чыдамдуулугу «айтайын десе тили жок, адамдан эстүүлүгү» канчалык апыртылбасын, аттын табигый чегинен чыгып кеткен эмес. Кээ бир баатырдык эпостордогу укмуштуу аттарга салыштырганда А. кийинки жоокерчилик доордун шартындагы күлүк аттарды элестетет. Анын адамча сүйлөгөн, ээсине жардам берүү үчүн өз алдынча акылдуулук м-н жасаган табияттан тышкары жосундары жок. Бирок, мунун өзү А-нын образы дайыма ушул калыбында болгон дегендикке жатпайт. Анын образында магиялык касиеттеги белгилер да сакталган: А-нын Манас м-н бир учурда туулушу; «Чоң казаттын» башталышында Манас Айбанбозду минип, майданга кирип Коңурбайдын колунун курчоосунда калат. Айбанбоз жүрбөй Манас коркунучтуу абалда калган учурда оорукта (тылда) Ажыбайга таштап кеткен А. эч оттобой, окуранып тынчсызданат (БСВ); Көзкамандар Манасты карасанатайлык м-н ууландырган учурда мамыда байланып турган А. жер чапчып отуруп айланасын казып жиберет (СОВ); Алмамбет Көкчөдөн чыгып келатканда Манас түш көрөт да, А. болсо көл-шал түшүп тердеп калат (СОВ); караңгыда жол жүрсө А-нын эки кулагынан шам күйүп, Манастын жүрөр жолун жарык кылып турушу (СОВ) сыяктуу мотивдер апыртмалуу ыкмада сүрөттөлөт. Ч. Валиханов жазып алган вариантта А-нын «бир жагында жыйырма бир, бир жагында жыйырма канаты бар, аркасында ажыдаар түгү бар». Түштүктөн жазылып алынган айрым бир варианттарда душмандан жарадар болгон Манасты канаты бар А. ала качып куткарып, айыктырганы айтылат. СОВ б-ча А. чуркап кызыганда капталынан канат өсүп чыгары эскерилет. Мына ушулар А-нын образы өтө байыркы мифтик-фантастикалык аттардан башталганын ж-а коомдук аң-сезимдин өсүшү, көз караш, түшү


Аккуланын акыры (Талас өрөөнү).

Б. Жумабаев. Аккула



нүктөрдүн өзгөрүшү м-н акырындап кадимки атка айланганын көрсөтөт. «Манас» эпосунун турмуштук ж-а согуштук окуяларында, тактап айтканда, Манастын алгачкы айкаштарында, «Көкөтөйдүн ашында», «Чоң казатта» ж. б. учурларда А-га таандык касиеттер өтө чеберчиликте, жогорку көркөмдүктө баяндалат. Манас А-сы м-н гана эрдиги ого бетер артып, күчүнө күч кошулуп, жоого алдырбайт. «Чоң казаттын» башталышында Манас Айбанбозду минип согушка киргенде аты жүрбөй, курчоодо калат. «Кичи казатта» А. окко учат. Андан көп узабай баатыр оор жарадар болуп келип өлөт. А-нын окко учушу Манастын ажалы жакындаганын көрсөткөн белги катары сүрөттөлөт. Мунун өзү тулпар аттын тагдырлаш ээси м-н бир күндө төрөлүшү ж-а аттан ажыроо



Аккуланын туягы (Талас өрөөнү).

м-н каармандын ажалынын жетиши сыяктуу атайы адабияттарда «симпатиялуу магия» деп аталган көрүнүш «Манас» эпосунда чагылдырылган А-нын образынан да орун алгандыгын көрсөтөт. *С. Алиев*

**АККУЛАНЫН ИЗИ** — Токтогул р-нундагы Кой-Таш айлындагы чоң таштын бетиндеги ат туягына окшош из. Жергиликтүү эл аны Аккуланын изи м-н байланыштырат.

**АККУЛАНЫН МАМЫСЫ** — Соң-Көлдүн тескейинде «Жылдыз-Көл» аталган майда көлдөрдүн батыш тарабындагы *мамы таш*. Ал жерде, о. эле *таш тулгалар* да бар. А. м-сы алардан 500—600 *м*дей обочороок жерде, көлгө жакын жатат. А. м-нын өңү чаар, көгүш тартып, төрт кырдуу. Жерден 1,45 *м*дей чыгып, саал батышка жантайып турат. Жер астындагы бөлүгү канча экендиги белгисиз. Ал аймакта дегеле мындай таштар жок, жайык келген көк шиберлүү жер, тоо алыс. Атайын алып келип коюлган эстелик таш болуу керек. Уламыш б-ча Манас кырк чоросу м-н Соң-Көлгө келип, Аккуланы мамыга байлап өздөрү ал жерге эс алып жатып, тамак бышырып, түнөп кеткен



Талас шаарынын саябан багындагы Аккуланын мамысы.

дешет. Тамак бышырып жеген таш тулгалар да ушул мезгилге чейин сакталып калган.

**АККУЛАНЫН ЧИДЕРИ** — Тянь-Шань р-нундагы Куланак кыштагынын батыш тарабында, кан жолдун боюнда өсүп турган үч түп байтерек бар. Болжол м-н 150—200 жылдан ашык мезгилден бери турат. Бул теректер алыстан караганда ат тушаган чидер түспөлдөшүп тургандыктан эл оозунда А. ч. аталып калган. Азыр ал байтеректердин экөө калып, бирөөнүн качан, кандайча кыйылып ташталгандыгы же куурап жок болгондугу белгисиз.

**АК-КЫЯ** — топоним. Алтай тарапта Нескара м-н болгон урушта анын колун туш-туштан курчап, бир жагынан Камбардын уулу Айдаркан, экинчи жагынан Үйшүн баатыр чыкканда Манас Ак-Кыянын белесин ээлеп душмандын жолун тосот (СО, 1. 201).

**АККЫЯЗ** — эпизоддук кейипкер, Көкчөнүн тууганы. РЖВда Көкчөнү Алмамбетке тукургандардын бири.

**АКМАМА** — эпизоддук кейипкер, Санирабиганын (Каныкей) энеси. Күйөөлөп барган Манас кайындарына тарынып чатак чыгарганда Манастын жинине тийип, чырдын себепчиси болгон Санирабиганы жемелейт (СО, 2. 411). СКВда Каныкейдин энеси *Алтынай* деген ат м-н айтылат.

**АК МАРАЛ** — байыркы түрк-моңгол элдеринин көпчүлүгүндө тотем жаныбар. «Манас» үчилтигинде каармандарды түрдүү кырсыктардан сактоочу, колдоочу дух катарында милдет аткарат. «Семетей» эпосу б-ча Абыке, Көбөштөн кордук көргөн каралуу Каныкей балтыр бешик Семетейди, кары Чыйырдыны алып качып, Кайыпчынын кара үңкүрүнө жетип жашынат. Алар үңкүрдүн жанында өскөн касиеттүү Байтеректен сырдуу чыккан сүттү ичип, кубат алып уктап калышат. Ошол учурда:

Күндүз эмес, түн экен,
Атасынан баласын
Колдоп эле жүргөн пир экен,
Ошондо он эки айры Ак Бугу,
Чуркап жетип келди эле,
Бешиктеги беренин,—
Семетейди көрдү эле.
Оозу башын каккылап,
Туяк менен баланын
Ошондо кундагын кирди чапкылап.
Үч айланып балага
Эне болуп калды эле...
Алты мүйүз Ак марал
Туура тартып баланы
Эмизип турган көрүнөт.
Эне кылып Маралды
Билип турган кези экен,
Бир эмчегин эмгиче
Бир эмчеги Маралдын
Ийип турган кези экен,
Көлпүгүп тердеп жетимиң
Болуп турган кези экен (СК, «Семетей»,
1. 50, 53).

Семетей бугуну ээмп укмуштуу касиетке ээ болгон. Ак бугу (марал) түрк элдеринин фольклорундагы зооморфтук образ. Анын образы уруулук коом үчүн мүнөздүү тотемдик түшүнүктөрдөн пайда болгон. Кыргыздын уруулары өздөрүнүн ушул тотем жаныбарынын атын алып жүрүшөт (багыш, кара багыш, чоң багыш, сары багыш, бугу). Ак бугу (марал) Семетейди багат, ага баатырдык, сүр, кайрат, күч берет. Семетейдин башына кыйынчылык түшкөндө колдоп жардам берген бугу Манастын да тотемдик колдоочусу болуп саналат. Бирок ал Манас баатыр жоого кирерде сүр, айбат, кайрат берип, курчап турган жырткыч айбандар м-н бирге жүрүп колдоо көрсөтпөйт. Бугунун бул топко кирбей калышынын себеби анын табиятында тигил жырткыч жаныбарларга таандык тартынбастыкка, эр жүрөктүүлүккө символ болуучу касиеттин жоктугу м-н мүнөздөлөт. Ал жай турмуш мезгилдеринде Манас ж-а анын жакын адамдарына колдоо көрсөтөт.
*С. Алиев*

**АКМАТ** Рысменде уулу (1891, азыркы Чүй р-нундагы Шамшы айлы — 1966, ошол эле жер)— семетейчи, Сагымбай Орозбак уулунун шакирти. Окт. рев-ясына чейин жалчы, Совет бийлиги орногондон кийин колхозчу. 1930-ждардын аягынан Кыргыз мамл. филармониясында артист, өмүрүнүн акыркы жылдары Чүй р-нундагы «Шамшы» совхозунда иштеген. А. өзүнүн «Семетей» айтып калуусун көпчүлүк манасчыларга мүнөздүү кереметтүү түш көрүү салты м-н байланыштырат. Бул окуя ал Суусамырда кой кайтарып жүрүп ээн талаада уктап калганда болот. Кереметтүү түшүндө бир жигит келип, эпостун каармандарынын атынан ага кур берип кетет. Ошол күндөн тартып «Манас» айта баштайт, кийин курбуларына ж-а кесиптештеринин алдына айтып чыккан. 1915-ж. Токмоктогу Мыктыбек деген кишиникине чакырылып, көпчүлүктүн алдында биринчи жолу «Семетейден» үзүндү айткан. Ошондон тартып манасчы катары таанылып, эл адында «Семетей» айта баштаган. Бара-бара чыгармачылык жактан такшалат. Ал өз учурунда аш-тойлордо жарчы да болуп ырдап жүргөн. 1938-ж. май айында акындардын слётуна чакырылып, «Семетейден» айткан үзүндүсү жогору бааланган. А-тын айтуусунда «Манас» эпосунан «Манастын Көзкамандардан көргөн жамандыгы» (5500 сап ыр), «Чоң казат» (3663 сап ыр) эпизодунан үзүндү жазылган ж-а Сагымбай Орозбак уулунун варианты м-н үндөшүп турат. Сагымбай Орозбак уулунан үйрөнүүдө А. «Манастын» байыртадан бери айтылып келген туруктуу өзөгүн бузбастан сактап калгандыгын байкоого болот. СОВ б-ча Көзкамандардын балдарынан уулангандa кырк чилтендин ж-а Бозуулдун жардамы м-н качып чыккан Манас Сыргак м-н Серекке кездешип, аларды Айганга жиберип, өзү аты м-н кошо кубулуп кетет. Манастын кубулуп кетишин Каныкейге Сыргак айтып түшүндүрөт. Ал эми А-тын эпизодунда бул Серектин баяны аркылуу берилет. СОВдогу салттык окуяларды А. сөзмө-сөз жаттап алган эмес. Бирок, «Манас» эпосунун сюжет курулушу м-н образ системасын бузбай сактоого аракеттенген. А-тын айтуусунда байыртадан бери айтылып келе жаткан сюжеттик композиция өзгөрүүгө учураган эмес. «Семетей» эпосунун салттык эпизоддорун түзүүчү: Семетейдин балалык чагы, Чынкожо, Толтой Акунканды камап жаткан жери, Көкөтөйдүн ашы, Семетей менен Чынкожонун жоолашканы, Чынкожо, Толтойдун Семетейден жеңилген жери ж. б. окуялар жазылып алынган. А-тын «Семетейи» көлдүк же тянь-шандык семетейчилердин варианттарынан айрым бир деталдары ж-а окуянын сүрөттөлүшү б-ча гана айырмаланбаса, сюжетинин түзүлүшү б-ча айырмаланбайт. Бирок, Каныкейдин Букарга качышы негизги варианттарга анча окшошпостон башкача чечилген. Эпостун башталышында Манас өлгөндөн үч ай өткөндөн кийин Көбөштүн Каныкейге жуучу жиберүүдөгү эпикалык баяндын кыскалыгы ж-а Манаска тиешелүү буюмдар м-н жаныбарлардын аттарынын айырмачылыктары айтылат. А-тын варианттарындагы Манаска таандык Куу тайган, Кара лөк башка варианттарда Кумайык, Желмаян аталат. Калган варианттардын ж-а буюмдардын аттары өзгөргөн эмес. Семетейдин Таласка келишине Көбөштүн каршылык көрсөтүшү башка варианттардан өзгөчөлөнүп турат. Семетейдин көчү жайлуу конуш таап коно электе Көбөш кол курап, каршылык көрсөтөт. Семетей Көбөштү бир тууган агасы катары санап, анын каршылыгына наразы болбостон алдына түшүп, кечирим сураганда агасынын каары басаңдагансып калат. Бул вариантта Көбөштүн аракети көч үстүндө болуп жаткан окуя катары сүрөттөлсө, Саякбай Карала уулунун айтуусунда Семетей конуш алып жайгашып калгандан кийин, аны Көбөш кырк жигит м-н чаап алууга аттануусу баяндалат. О. эле СКВ м-н ШРВда Коңурбайдан өч алуу үчүн Семетей м-н Чынкожонун ортосунда кеңеш болуп, анда Чынкожо Семе-

тейге жардам берүүгө сөз берип, жакындашууга аракеттенет. Бирок, бул кеңеш кандайдыр себептер м-н бузулуп, алар бири-бирине каршы жоо болуп калышат. Ал эми АРВ б-ча Семетей м-н Чынкожонун жакындашуусу эскерилбейт, тескерисинче, Чынкожо Жедигердин Толтою м-н туугандашып, экөө бирдей Семетейге каршы чыгышат. Семетейдин Акшумкарды издеп чыгып Үргөнч суусунун боюна келгени, Күлчоронун Тайбуурул м-н Үргөнч суусун кечкендеги көрүнүш семетейчилерде ар башкача сүрөттөлөт. А-тын ушул эле Үргөнчтү сүрөттөө деталдары башкалардыкына окшош болгону м-н баяндоо ыкмасы жагынан айырмаланып турат. Анткени, анын варианты Сагымбай Орозбак уулунун Оркон дайрасын сүрөттөөдөгү салыштыруу каражаттарына жакын. Эки манасчынын предметтик каражаттарды сүрөттөп берүү ыкмалары бирдей. Айрым бир эпизоддук майда окуялар, көрүнүштөрдү баяндоодо А. калыптанып калган жалпы үлгүнү сактоого аракеттенген. Жогоруда аталган окуяларды сүрөттөөдө башка семетейчилерге окшоп кеңири эпикалык планда эмес, ошолордун схемалык сүрөттөөсү түрүндө баяндаган. Бирок, эпизоддордогу айрым көрүнүштөр, элдин турмуш-тиричилиги, үрп-адаты, үй-эмеректери, пейзаждык сүрөттөөлөр эпикалык кайталоолор ж. б. көркөм формалар АРВда башка варианттардан айырмаланып турат. Ошентип, Акмат Рысменде уулу башка жомокчулар сыяктуу элдин улуу мурасы «Манасты» айтууда ага чыгармачылык м-н мамиле жасап, кайра элдин өзүнө тартуулап келген. Өз учурунда ал белгилүү семетейчилерден болуп эпосту таратуучу ж-а эл арасында жайылтуучулардын бири катары жогору бааланган. А-тын айтуусунда «Үргөнч» (1941) деген ат м-н «Семетейден» үзүндү өзүнчө китепче болуп жарык көргөн. «Семетей» б-ча жазылган материалдары «Манастын» курама вариантынын төрт томдугун (1958—60) чыгарууда толук пайдаланылган.

*Б. Кырбашев*

**АКМАТ** Токтогул уулу (1912, Өзгөн р-ну, Кош-Этер айылы — өлгөн жылы белгисиз)— манасчы. А-тын атасы өз учурунда чоң жомокчулардан болгон; ал Токтомуш деген бийдин эки жоргосун багып, кайда барса аны м-н чогуу жүрүп, көп жомокчу, ырчыларга жолугат; «Манас» айтууну Келдибек Карбоз уулу м-н Тыныбек Жапый уулунан угуп, үйрөнгөн экен. А. «Манас» айтканды атасынан үйрөнгөн. Андан «Манас» эпосунун биринчи бөлүмүнөн Манастын Алтайдан келиши, Шоорук менен Акылай, Манастын Алтайдан көчүп Анжыянга келиши, Алоокени жеңиши, Манастын Таласка келиши эпизоддору (1407 сап ыр) ж-а «Манас» эпосуна байланыштуу Аккула ж-дө баян, Манастын Аккулага ээ болушу, Ачбуудан, Мааникер ж-дө баян, Кулун көлү ж-дө уламыш жазып алынган, к. *Акас мерген, Кулун.*

**АКМОЮН** — Шыгайдын күлүк аты. Көкөтөйдүн ашындагы ат чабышта байгеге илинет (СО, 3. 268).

**АКОЛПОК** — кыргыз элинин эпикалык чыгармаларында кездешүүчү негизги жоокердик кийим. Ар бир эпикалык баатырдын чалгынга чыкканда жекеме-жеке беттешүүдө, кан майдан, кыргын согушка кийип жүрүүчү, коргонуучу кийим. А. эпосто ок өтпөгөн, найза тешпеген, кылыч кеспеген эң чыдамдуу ж-а касиеттүү, көркөм, азем-сый буюм катары сүрөттөлөт:

Жакасы алтын жеңи жез,
Жез бадана торгой көз,
Кош бадана торгой көз,
Келеме жака кең күрмө
Керишке кийсе ок өтпөс,
Найзанын учу тешпеген
Нар кескен огу кеспеген... (СК, 2. 59).

Аны Манаска окшогон баатырдын баатыры, эл башкаруучулар атак-даңк, сөөлөт үчүн да кийишкен. Алар ат жабдыктары өтө кооз күлүктөргө минишип, эл баштап, топ жарып, эл астында, көч астында өзгөчөлөнүп жүрүшкөн. А. жибек же башка кездемелер м-н ичинен ичтелип, сыртынан кийизди ж-а кайышты кабатташтырып жөрмөп тигилген. Анын чыдамкайлыгын ж-а көрктүүлүгүн арттыруу үчүн бир канча кабатташтырылган кийиз м-н кайышты беттештирип, кайра-кайра шырып жасашкан. Бет келген душманга сүрдүү көрүнүш үчүн А-тун сырткы беттерине жырткыч айбанаттардын (ажыдаар, жылан, арстан, жолборстун) ар түрдүү көрүнүштөгү сөлөкөтүн түшүрүп тигилгендиги эпосто көп жолу кайталанат:

Астыңдан душман көз келсе,
Жүрөгү чыгып кетсин деп,
Ак олпоктун сыртына,
Кара чаар жыландын
Бедерин салып койгомун.

Контексттеги маалыматтар байыркы скифтердин, сактардын доорлорундагы (б. з. ч. 6—2-к.) кийимдерге жырткычтардын сөлөкөтүн түшүрүп кооздук берүү салтынын түрк элдеринин доорунда да (б. з. 6—10-к.) сакталгандыгын көрөбүз. Бул жерде айтылган айбанаттардын кийимге тигилип түшүрүлүшүндө, баатырды ар кандай кокустуктан, өлүмдөн сактап калуучу «тотеминин» чагылдырылып берилиши да толук ыктымал. Олпоктун кабаттарынын арасына темирдин, албарстын майда өгөндүсүн же майда кумдун кошулгандыгы төмөнкүчө түшүндүрөт. Бул материалдар куюлушуп бир жерден экинчи жерге тез жылууга жөндөмдүү болгондуктан, аларды олпокту бышыктоо үчүн эмес, анын сырткы бетине өзгөчө түр берүүдө, оюм-чийимди же айбанаттын көрүнүшүн элестүү кылып түшүрүүдө атайы колдонулган. Мындай ыкма эл ичинде илгертен белгилүү, бирок эпосто башка маанide берилип калган. Анткени, кумду же таарындыны кабатталган кайыштын арасынан ары бери оңой эле шилеп жылдырып, каалагандай формага келтирүүгө болот. Ушундан кийин аны куюлтуп төгүп салып талаптагы форма көркөмдөлүп, жөрмөлүп тигилген же атайын кымбат заттан жа-

салган коздуктар кадалып коюлган. Ал эми олпоктун өңүрүнүн, этегинин, жакасынын, жеңинин кырларын чыгаруу үчүн кебезден же жүндөн атайын келептелинип алынган эшинди жип пайдаланылган. Аны тышкы кайыштын керектүү каттоосуна салып, анын эки жагынан тиш м-н тиштелип так салынган. Кайышка ушинтип «так» салып тигүү кийимдин керектүү көрүнүшүн сымбаттуу ж-а түз болушун арттырган, о. эле оюм-чийим түшүрүүдө атайын колдонулган. Бул ыкманы элдик чеберлер ушул убакка чейин кайыш иштетүүдө колдонуп келүүдө. Уздардын чебер колдорунан жаралган. А. атчан жоокердин кыймыл аракетине ылайыкташтырылып чолок этек, кыска жең, тик жака болуп, алды-арты туюк жасалып, эки капталы ачык болгондуктан кийип, чечүүдө атайын бүчүлөр м-н бүчүлөнгөн. Ушул себептүү баатырлар беттешкенде каршысына карата: «Өпкө боору тушу деп, Өлөөр жери ушу деп», олпоктун ошо бүчүлөнгөн ачык жерине карата мээлешип сайышышат. Согуштук беттешүүлөрдө А-ко кошуп, атайын *чарайна, чопкут*, карыпчы, *белдемчини* тартынышып, *кандагай, көкжеке, туулга* ж. б. жоокердик кийимдер да кошо кийилет. Алардын ар биринин өз алдынча тигилүү ыкмасы, эмнеден жасала тургандыгы ж-а пайдалануучу өз орду, керектелүүчү максаты болот. «Олпок» деген аталыш дагы, тигил кийимдин алды арты өзүнчө болуп, бүчүлөр м-н бириктирилгендиги үчүн болуу керек. Эпикалык баатырлардын «олпоктун бир этегин жамынып, бир этегин төшөнүп»,— деген даректерине караганда ал экиге бөлүнөт. Демек, кыргыз тилинде «олпок» деген сөздүн «төшөк» деген маанисинде сакталып калгандыгы да кокусунан эмес. Ал эми «ак» деген термин жалпы эле түрк тилиндеги элдерде түстү гана эмес, ыйык, касиеттүү, сыйкырдуу деген маанилерди да билдирет, к. *Ак.*

*К. Айдаркулов*

**АК ОРДО** — борборлошкон элдердин башкаруучусунун же жоокердик кошундун жетекчисинин туруктуу жайы. Эпосто Манастын А. о-су башка үйлөрдөн көлөмүнүн чоңдугу ж-а кооздугу б-ча өзгөчөлөнүп сүрөттөлөт. Ал жада калса бор м-н бордолуп, ак кийиз м-н жабылган көрүнүшү б-ча да айырмаланат. Жазма булактар маалыматтарына караганда байыркы гунндардын (3—5-к.) ж-а түрктөрдүн (6—8-к.) доорунда бир жерден сейрек көчүрүлгөн А. о-нун болгондугу айтылат. Көкүнор көлүнүн жээктеринен кетишип, Тибет мамлекетин башкарышкан «жетекчилердин» да бир нече жүздөн ашык адамдар бата турган үйлөрдө жашай тургандыгы кытай жазмаларында да айтылган. Мындай үйлөрдүн керегелерин «кош кабат» ж-а ууктары улама болгон көрүнүштөрдү Миң-Суу ойдуңунда аскага чегилген сүрөттөрдөн (2—3-к.) ж-а 14-к-дын биринчи жарымында тартылган «персиялык миниатюралардан» көрүүгө болот. Эпосто айтылган А. о-нун керегелери да эки кабат болуп, бийиктетилип, ар бир канат керегенин ортосуна орнотулган түркүктөргө керегелер чырмалып бекемделген. Ал эми ошол керегеден түндүккө чейин ууктарды жеткизүү үчүн алар сөзсүз түрдө бири-бири м-н улаштырылат. Өз учурунда жерге орнотулуп, узун түркүктөр м-н карматылган иймек чоң айлана түрүндөгү туура жыгачтар улаштырылган ууктардын асты жак ортосунан тиреп турган өбөк болуп калат. Ошондо гана А. о-нун жыгачтан кынаштырылып тургузулган бийик ж-а кенен көрүнүшү пайда болот. Үйдүн ушул жыгачтарына ак кийиздер жабылганда маңкайып башкалардан өзгөчөлөнгөн А. о. үйдүн тигилгенин көрөбүз. Эпосто айтылган Манас баштаган кырк чоро, кербендер, дагы толуп жаткан коноктор кенен баткан, эшигинен атчан адам эркин кирип чыккан эпикалык А. о-нун турмушта болгондугун ырастайт.

*К. Айдаркулов*

**АК-ӨЗӨН** — топоним. Ак-Дарыя, Ак-Суу дарыясынын синоними (дагы бир аталышы). Манас Анжыяндан качкан Алоокени артынан кууп жетип, колго түшүргөн талаа (СК, 1. 210).

**АК-ӨТӨК** — топоним. Алтайдагы арал ж-а талаа. СОнун вариантында айтылып, бай Жакыптын жайыты катары сүрөттөлөт (СО, 1. 35, 109).

**АК ПАДЫША** (Романовдордун сулалеси башкарган учурдагы Россия императорлорунун кыргызча жалпы аталышы)— эпизоддук кейипкер. РЖВда гана айтылат. Эпосто «Ак падыша мени аркалап турган соң маа урушаар киши жок болгон» (РЖВ, 64) деген Манастын сөзү, Көкчө м-н урушкандан кийин Манас «ак падыша м-н кеңешем» деп үч ай кеткени айтылуу м-н бирге Манас баатыр А. п. м-н сый, кеңештеш мамиледе болгон деген ой берилет. «Манас орусту жоолоп келген жок» (РЖВ, 62). Манас А. п. м-н кеңештеш болуп, Манаска орустан бөлөк журттун баары баш ийип турду деп айтылат. Айтуучунун Манасты орус эли ж-а А. п. м-н тынчтык маанайда жашаган баатыр катары көрсөткөнүнө В. Радлов да көңүл бөлгөн: «Мында падышанын эске алынышы менин катышып отурганыма байланыштуу болду. Ырчы Манастын орустарды жеңгенине орус чиновниги наразы болушу мүмкүн деп ойлоп, менин көңүлүмө жаккандай өзгөртүү киргизди» (РЖВ, 13),— деп белгилеген. Манасчынын угуучуга карата эпостун окуяларын кандайча өзгөртөрүн байкаган: «Бул шарт ырчы өзүнүн угуучуларына кандайча көңүл бурганын көрсөтөт» (РЖВ, 13—14). Манас А. п-га келип:

Каапырдын журтун какшатамын
Ачууланба падышам!
Кызыл баш журтун кырамын
Ачууланба Манаска!
Кокондун журтун коркутамын,
Ындынын журтун ыйлатамын,
Ачууланба Манаска (РЖВ, 72),— дейт.

А. п. м-н акылдашып Манастын орустан башка элдерди чаап, мал-мүлкүн олжолоп алуу идеясы падышалык орус баскынчыларынын сырткы саясатына, Кокон кандыгынын ж-а жер-

гиликтүү феодалдык бийлөөчүлөрдүн баатырдык, эрдик ж-дөгү түшүнүк, көз караштарына туура келген. Бирок, эпостун жалпы элдик идеясына жат көрүнүш катары кийинки эпизоддордо өнүктүрүлбөйт, эпос аткарылган учурга ылайык айтылган декларация бойдон кала берген.

*М. Алиев*

**АКПАЙ** — кырк чоронун бири. Манас Каныкейге күйөөлөп барганда ат чаап жар тандоо учурунда аты кырк экинчи келип, А. тагдырына буюрган Шыңгынайга үйлөнөт (СО, 2. 427).

**АК-САЙ** — топоним. Ат-Башы м-н Какшаал тоолорунун аралыгындагы өрөөн. Эпосто кыргыздар малын баккан кең жайлоо, кыштоо катары эскерилет (СО, 3. 47, 70).

**АКСАРГЫЛ** — Манас жоого минген аттардын бири. Текестин ордуна кан көтөрүлгөн Тейиштин тоюнда Манас баатыр Сайкалга каршы эр сайышка чыкканда минген аты. А. Манасты көтөрүп жүрө албай чабалдык кылып, Сайкалды жеңип чыгышына жолтоо болот (СО, 2. 55—56).

**АКСАРГЫЛ** — Жамгырчынын тулпары. Көкөтөйдүн ашында «Жамгырчынын алтын баштуу Аксаргылы» (ВЖЭ, «Ала-Тоо», 1979, № 7, 86-б.) байгеге чабылганы айтылат.

**АК САРЫ БАШЫЛ** — ырымчыл адамдар өз башына оор иш түшкөндө (көбүнчө кыйын оору, кырсык ж. б.) же сүйүнгөндө, тилек тилеп кудай жолуна аталчу мал. «Тилек» орундалса, аталган мал союлуп, түлөө өткөрүлгөн. А. с. б. адеп чыкканда өңү ак, боз болгон, бара-бара анын түсү ылганбай калган. Бул түшүнүк адамдар табияттын сырларын биле электе чыккан. А. с. б. ырымы «Манас» эпосунда чагылдырылган. Чыйырдынын толгоосу күчөп, кыйналып жаткан учурда «Алып келип бай Жакып Ак сары башыл кой чалды, Ай туякка бээ чалды. Ай мүйүзгө уй чалды» (СО, 1. 79),— деп эскерилет. А. с. б-га байыркы мезгилдерде өзү ак, башы бир аз саргыч мал гана чалынган болуу керек.

**АКСУР** — Ажыбайдын күлүгү. Алмамбет баатырдын Манаска келип кошулушунун урматына өткөрүлгөн тойдогу ат чабышта марага төртүнчү болуп келет (СО, 2. 327).

**АКСУР** — Калдардын аты. Манас Каныкейге күйөөлөп барганда ат чаап жар тандаган учурда аты отуз тогузунчу болуп келип, Калдар тагдырына буюрган Айымжанга үйлөнгөнү айтылат (СО, 2. 427).

**АК-СУУ** — топоним. Өзөн, дарыялардын аталышы катары түрк элдери жашаган жерлерде кеңири учурайт. Эпостогу А.-С. Алтай аймагына туура келет. Андан тышкары түштүк-чыгыш Кыргызстандан куралган А.-С. чыгыш Түркстанда Аксы, Кум-Арык деп айтыла берет (СО, 2. 161; СК, 1. 204).

**АКСЫ** — топоним. Эпостун Кашкарга байланышкан согуш окуяларында ж-а кыргыздардын соода-сатык, жай турмуштарына байланыштуу көп эскерилет. Географиялык реалия катарында Кашкардагы Ак-Суу шаары.

**АКСЫ,** — Ак-Суу топоним. Шиңжандагы Аксы шаары ж-а аны бойлоп агып өткөн дарыя.

**АКСЫ** — топоним. Жазма даректерде, элдин айтымында Чаткал тоосунун эки тарабындагы өрөөндөр Аксы (Фергана өрөөнү), Талас болуп экиге бөлүнөт. Наманагандын түш.-батышында орун алган орто кылымдагы шаардын урандысы Аксыкент (аксылыктардын шаары) деген ат м-н тарыхта белгилүү. «Мажму-ат-таварих» аттуу китептин автору Аксыкенттик Сайф ад-Дин молдо да ушул шаарда жашап өткөн. Эпосто эзелтен кыргыздар жашаган чөлкөм катары бир катар эпизоддордо эскерилет. Географиялык реалияда Жалал-Абад обл. түн.-батышында жайгашкан аймак (азыркы Аксы р-ну). Түштүгүнөн ж-а түш.-батышынан Өзбек респ-касы, батшынан Ала-Бука, түн.-батышынан Чаткал, түн.-чыгышынан Токтогул, чыгышынан Ноокен райондору м-н чектешет.

**АКТАЙ**, к. *Агыдай.*

**АК-ТАЛАА** — топоним. Алооке кыргыздарды чаап алып, туш-тушка бөлүп айдап жиберген-де Каракандын сегиз уулунун кенжеси Жакып баш болгон кырк үйлүү кыргыз Алтай тарапка сүрүлгөндө барып турган жер (СК, 1. 85). Ал Иле дарыясынын чыгыш оң жээгин бойлой жайланышкан баркандуу кеңири талаа катары сүрөттөлөт.

**АКТАН** Тыныбек уулу (1888, азыркы Тянь-Шань р-ну, Тегерек-Булак айылы —1951, ошол эле жер)— манасчы, акын ж-а комузчу. Белгилүү чоң манасчы Тыныбектин уулу. Жаштайынан атасы айткан «Манасты» угуп чоңойгон. А-дын сөз өнөрүнө шыктуулугу он үч жашында эле байкалган. Адегенде комуздун коштоосунда элдик ырларды аткаруучу катары таанылып, өзү да ыр чыгарып, элдик ырчылардын катарына кошулган. 1936—47-ж. Кыргыз мамл. филармониясында иштеген. Көптөгөн күүлөрдү, а. и. «Манас» эпосунун обонунун негизинде *«Чоң кошуун», «Семетей күү»* деген күүлөрдү жараткан. «Манас» эпосунан «Көкөтөйдүн ашынан» үзүндү, «Семетей» бөлүгүнөн «Семетейдин жетим калып Букарга барышы» ж-а «Семетей Букардан Таласка келип Манастан калган мүлктөрдү алып жаткан жери» деген эпизоддорду жаздырып, Кыргыз Улуттук Илимдер Академиясынын Кол жазмалар фондусуна өткөргөн. А. айткан «Манас» м-н «Семетей» үзүндүлөрү идеялык жактан таза, өз алдынча көркөмдүккө ж-а оригиналдуулукка ээ. «Көкөтөйдүн ашы» эпизодунда Бокмурун атасы Көкөтөйдүн ашын берүү



ж-дө Таластагы Манаска келип кеңешинен тартып, Мааникерди зордук м-н алмак болгон Коңурбай Манастын каарына чыдабай коркуп багынганга чейин жазылып алынган. Эпизоддун сюжети негизинен Сагымбай Орозбак уулунун мектебине жакын. А-дан жазылып алынган «Семетей» эпосунан үзүндүлөр башка варианттар м-н негизги сюжеттик өзгөү окшош. Эпостун башталуу эпизоддору, андагы окуялар турмуштук чындыкка жакындаштырылып баяндалат. Манас өлгөндөн кийин Абыке, Көбөштүн Каныкейге көрсөткөн кордугу башка семетейчилердин айткандарына жакын. Мында негизги айырмачылык Абыке, Көбөштөн корккон Чыйырды м-н Каныкей бешиктеги Семетейди жашырып, жер алдында багат да, Букарга аман алып качып, жолдо Каракандын балбаны Акбалбанга кезигет. Ал жолоочулардын кайдан келе жатканын сурайт. «Барар жерим Майстан, турар жерим Чилистан» — дейт Каныкей. Акбалбан Букарга келип жолдон жесир аял, жетим бала көргөнүн Караканга айтат. Каракан кейип ыйлап Каныкейдин карын бөлөсү Козубек баштаган бир тобун жиберип Каныкей, Чыйырды, Семетейди тосуп алышат. Каныкей атасына тарыначын айтып, анын колунда турбай кетерин айтат. «Талас калса, эл калса, Медина кирип сен барсаң, Медериң көрбөй Сен калсаң кандай болот» дейт Каракан. Каныкей: «жамандык менен жакшылык баарына кабар берсем да бала ордуна көрбөдүң. Мединага барып Манаска куран түшүртөм» — дейт. Каракан Каныкейдин келишине арнап той берип тарыначын жазат. Семетейди Козубекке бала кылып берет. Козубек Семетейди тарбиялап өстүрүп, жети жашка чыкканда молдого берип окутат. Семетей тентек өсүп, эч кимди көзүнө илбей кожо, молдолорду сабайт. Шоктугу токтолор деген ой м-н Козубек Семетейди койчулукка берет. Тентектиги аябай ашынган Семетей койчу болуп жүрүп, кой, козуларды союп, жолдош балдарын токмоктойт. Уйчу, жылкычы да болот. Семетей балдардын минген торпокторун союп, жылкыларды сабайт. Семетейдин тентектигинен бүткүл Букар эли «Же жубарымбек турсун Букарга, же журтуң турсун Букарга» — деп Темирканга арызданып барышат. Семетей он жашка чыкканда Каракандын колуна келет. Эпосто Семетейдин таятасы Каракандын колунда тарбияланышы кыска айтылат. Каныкей өз жомогунда кыргыз эли, Таластын жайы, Манастын күмбөзү ж-дө айтышы, Семетейдин Таласка келип Бакайга кезигиши, Абыке, Көбөшкө барышы, Жакыптын Семетейге уу берип өлтүрмөк болгону башка варианттарга окшош айтылат. Ырас, айрым мотивдер, көркөм сүрөттөөлөр б-ча өзүнчөлүккө ээ. Мис., Семетейдин төмөнкүдөй сүрөттөлгөн портреттери башка манасчылардыкынан кыйла айырмалуу:

Кеңдигин көрсөң Таластай,
Келбетин көрсөң Манастай,
Бука моюн, кең далы,
Кабагы бийик, өңү саз,
Кең көкүрөк жайык төш,
Эрди шалпык, ээги узун,
Эртеги кеткен султаның
Эр Манаска мүнөздөш.
Жазы маңдай кара сур,
Келте мурун, кең таноо,
Келбети сонун жаш бала,
Кулагы жазы калкайып,
Келишимдүү залкайып.
Кабагы бийик, бүркүт көз,
Карчыга далы, шумкар төш.
Айдай боз ат мингени,
Алтын жака торгой көз
Ак күрөөкө кийгени.
Оң далысы кең экен,
Баралына келгенде
Ойротту бузар эр экен.
Сол далысы кең экен,
Мүчөлүнөн өткөндө
Солоонду бузар шер экен.
Жолборстой көзү жайнаган
Жоон топ төөнү айдаган,
Кабагы бийик, өңү саз.
Каптап койгон эмедей,
Караганы баланын
Каз моюн эле эр Манас (АТВ, КФ, 990-инв., 256—257-б.).

Семетейдин өз жакындары саналган Абыке, Көбөш, кырк чоро ж-а чоң атасы Жакыпка жолугушуунун айрым мотивдери өзүнчөлүккө ээ болуу м-н кызыктуу. Мис., Бакай агаларына Семетейди тааныштыруу үчүн Көбөштүн үйүнө жакын ээрчитип келип, аны обочороок калтырып коюп, өзү Көбөштүн ак ордосунун капшытына келип тыңшап тура калат. Арак ичип кужулдөшүп олтурган чоролордон чынынңарды айткылачы деп сурап жаткан Көбөштүн көөсөрлүк сөзүн тыңшайт.

Байыркы Манас барында
Балкып турган чагында,
Тулпар минип жоо сайдың,
Туу көтөрүп эр сайдың,
Жортуул барып мал алдың,
Жоодон талап бул алдың.
Жыл маалына тентидиң,
Жамалбады жетигиң.
Анда жыргал бар беле?
Ордого чоро чогулткан,
Конок кылып олтурткан
Канда жыргал бар беле?
Атың семиз өзүң тынч,
Айта турган сөзүң тынч.
Жайыт малың өрүштө,
Жаш-карысы өзүнчө.
Жайыттын малы короодо,
Жаш карысы бөлүнүп
Шерине менен жородо.
Өөдөсүнгөн киши жок
Өзүнчө бийлик чородо.
Эмки кандай жыргал бар
Байыркы менен эмкиден
Баркын туура сынаңар (АТВ, КФ, 990-инв., 297—298-б.),— деп кан болуп алган Көбөш сураганда көөкөрлөп арак ичип олтурган чоролор:

Эми бизде жыргал көп,
Эркинче басып жүрмөй көп.
Нойгутка алман беребиз,
Андан башка чыр да жок.
Чубакты чоро кылам деп
Жоо сайдырып алам деп,
Бээжинге казат салам деп,
Берендин баарын кырдырды.
Чубакты анда өлтүрүп
Нойгутка бизди чыр кылды.
Чубактын куну түгөнбөй
Жылына алман жыйдырды.
Сайкал бизди коркутуп,
Сандаган малды жыйдырды.
Аргын менен Ногойго
Акимдик кылып кыз Сайкал
Азыраак бизди сындырды.
Андан башка чоңдукту
Абыке, Көбөш каныбыз
Адамдан бизге ким кылды (АТВ, КФ, 990-инв., 299-б.) дешет. Кызып калган Ырамандын Ырчыуулу карагай комузду карсылдата чалып, аикөл Манас барында ачыгып келген чорону тойгузганын, жалгыз келген чорону үй-бүлөлүү кылганын, Алмамбеттин Манаска келгенин, Манас да Абыке, Көбөштү урушта калкалаганын айтып ырдайт. Манаска Кайыптын кызы Сайкал о дүйнөлүк болуп антташып, Тайбуурулду бергенин, Сайкал азыр Семетейдин келээрин күтүп жүргөнүн, ачуусу келсе Тайбуурулду азыр эле тартып аларын айтат. Ырчыуулга жинденип Көбөш эшикке чыгат. Анан капшытта сөз тыңшап турган Бакайды көрүп, бакан м-н башка чаап кеткенин Абыке байкап калат. Ал жыгылып кеткен Бакайды тургузат. «Мен тартуумун» — дейт Абыке Бакайга. Бакай Семетейдин келгенин сүйүнчүлөйт. Абыке сүйүнүп, Бакайга: «башыңын айрылганын көрсөтпө, жаңы келген Семетей капа болот» — дейт. Семетейдин келгенине кубанган Ырчыуул аны м-н кучакташып көрүшөт. Абыке да Семетей м-н ыйлап көрүшөт. Семетей м-н Көбөштүн үйүнө барып атасы Манастан калган курал-жарактарды, Аколпокту күч м-н тартып алат. Бакай Семетейди ээрчитип алып чоң атасы Жакыптыкына жөнөйт. Үйүнө жакындаганда, Семетейди кабакка калтырып, өзү Жакыптын үйүнө келип: «Сүйүнчү Жакып, балаң Семетей келди, сизге учурашамын деди» — дейт. Жакып «баламды алып келип учураштыр» — дейт. Бакай Жакыптын үйүнөн чыгары м-н акырын тыңшап тура калса, Жакып «Ой Бакдөөлөт, канкордун уулу келиптир, ал менин балдарымды соо койбойт, аракка уу чыла, ичирип өлтүрөйүн» деп буйрук кылат. Бакдөөлөт: «оңбогон какбаш оңбойсуң, арстандан калган жалгызга кантип уу беремин» — дейт. Жакып күчтөп Бакдөөлөткө уу чылатат. Семетейге учурашамын деп келгенде калп эле «айланайын кулунум келдиңби» демиш болот. Чала-була бетинен өбүмүш болуп, «суусап келген балама суусун куй кемпир» — дейт. Семетей уу кошулган арактыı:
Айланайын атаке,
Ак сакалың турганда
Адепсиз ишке түшпөймүн.
Арак болсун, бал болсун
Атамдан мурда ичпеймин (АТВ, КФ, 990-инв., 376-б.), — деп чоң атасы Жакыпка сунат. «Кайран Манас өлгөндө капалыктан аракты каргыш кылып оозума, такыр ичпей калгамын» — дейт. Семетей каарданып Жакыпты сакалынан алганда арак чайпалып кетип, чачырандысы тийгенде сакалы жыдып түшүп калат. Семетей аракты ит аякка куйганда көк дөбөт жыттап эле өлөт. А-дын «Семетей» эпосунан айткан эпизоддор Семетей агалары Абыке, Көбөш, чоң атасы Жакыптан атасы Манастын курал-жабдыгын күч м-н тартып алып, Тайбуурулду минип. абасы Бакайга үч айдан кечикпей кайра келерин айтып, Букарга кетиши м-н аяктайт. А. Тыныбек уулу «Манас» эпосунун айрым үзүндүлөрүн гана эмес, кыргыздын баатырдык кенже эпосу «Эр Табылдыны» толук айткан. А-дын «Эр Табылдысы» колдогу варианттардын ичинен толугу ж-а идеялык мазмуну, көркөмдүгү жагынан көрүнүктүүсү.

*С. Алиев*

**АКТАР ТАЗ** — эпизоддук кейипкер. ВЖЭде *Үрбүнүн* атасы экендиги гана айтылат (ВЖЭ, «Ала-Тоо», 1979, № 7, 77, 82-б.). Үрбүнүн атасы СОВдо *Таз* чечен, СКВда *Эйбит* таз делет, «Бейбит» деп да айтылат.

**АК-ТАШ** — топоним. ВЖЭде:

Козу башы, Копого,
Койдун жүнүн аламын.
Үлкөн Ак-Таш барамын
Үй жаптырып аламын (ВЖЭ, «Ала-Тоо», 1979, № 7, 14-б.), — деп Бокмурун атасы Көкөтөйдүн ашын берерде өзүнө караштуу ногой элин А. Т-ка көчүрүп барарын айтат. Географиялык реалиявда Иле же Күнгөй Ала-Тоонун тескейиндеги бир нече. А.-Т-тардын бири.

**АК ТАЯК** — кандардын, бектердин эшик сакчысы. Эпосто Алмамбет баатырдын Көкчөдөн кетишине байланыштуу окуяда төмөнкүчө эскерилет:

Эсине албай эчтеме,
Эр Алмамбет кириптир,
Эшиктеги ак таяк
Эсеттердин Бөкөсү
Эшик ачып ийиптир (СО, 2. 257).

**АК-ТЕРСКЕН** — топоним, эпосто ашуунун аты. «Ак-Терскен ашамын, Аттын ээрин алдырбай, Ат чалдырып аламын» (ВЖЭ, «Ала-Тоо», 1979, № 7, 74-б.), — деп Көкөтөйдүн ашын бергени бараткан жолдо Бокмуруңдун көчү А.-Т-ди ашып барып, акырында Жолойго коңшу конору айтылат. Аталаган топоним Чыгыш Казакстандагы Жунгар Ала-Тоо түркүмүндөгү ашуу.

**АКТУЛПАР** — Темиркандын тулпары. Темиркан өзүнүн ордуна Семетейди кан шайлаганына арнап өткөргөн тойдогу ат чабышта А-ды байгеге кошот. Ал Каныкейдин алтымыш асый Тайтору баш болгон 361 күлүк ат м-н чабылып күч сынашат. А. чуркаган сайын кызып сынына келет. Каныкейдин эскерүүсү б-ча:

Атакем Темиркандын Актулпар
Теги күлүк мал эле.
Кара байыр, казанат
Калбыр өпкө, жез билек
Канаты бар жан эле (СК, «Семетей», 1. 99),— деп өзгөчө апыртылып сыпатталат. Бирок, А-дын «канаты бар жан экени» жомоктук-фантастикалык маанайда канчалык апыртылып айтылбасын, эпос чагылдырган доор м-н шартталган, жерде жашоого ылайыкташкан, кадимки эле күлүк аттардай сүрөттөлөт. А-дын негизги касиети чаалыкпас, чарчабас, күлүктүк сапаты м-н байланышкан. Мына ушундай өзгөчөлүккө ээ А. учкаяк күлүктөрдүн күлүгү күч сынашкан бул жарышта марага Тайторудан кийин экинчи болуп келет. Семетей Букардан Таласка биринчи жолу барганда, жаш баласынын алыскы жолго чыкканынан ж-а Абыке, Көбөш сыяктуу жоосуна жолугушуудагы чырдан кооптонгон Каныкей кадырын салып атасынан А-ды сурап берет.

*С. Алиев*

**АК-ТҮЗ** — топоним. Бала баатыр Манас атасынын жылкысына тиймек болгон калмактарга сокку уруп, аларды «Алты өзөндүн Ак-Түздө» (Алтайда) талкалайт (СО, 1, 130).

**АКУН**, к. *Акункан.*

**АКУНБЕК**, к. *Акынбек.*

**АКУНБЕШИМ**, Акунбешим пааша, Акун шаа — эпизоддук кейипкер, Чүйдү бийлеп турган калмак каны. Кырк беш жыл кан болуп эл бийлеген А. Орго кандын Манастан жеңилгенин уккандан кийин жер-жердеги адамдарына чабарман жиберип кол курап, үч ай он төрт күн согушка даярдык көрөт. Согушта А-дин колу жеңилип, өзүн Манас атынан түшүрө сайып, артынан жете келген Айнакул башын кесип кетет (СО, 2. 125—145).

**АКУНКАН** — каарман, Оогандын каны, Айчүрөктүн атасы. СОВдо Манас катаган, тейитти чаап кеткен, оогандын каны Түлкү м-н урушуп, жеңип алганда, иниси А-дын адамгерчилигин жактырып калат. А. да Манастын баатырдыгына, айкөлдүгүнө чексиз ыраазы болуп, бел куда болууну сунуш кылат. Манас Бакай, Алмамбет м-н кеңешип анын өтүнүчүн кабыл алат да, эгер балаң кыз болсо, бата аягыбыз, эркек болсо кийгизген кийитибиз деп үч миң жылкы тартуу кылат. СКВда «Көкөтөйдүн ашында» балбан күрөш бүткөндөн кийин А. Манаска Кошойдун батасын алып балалуу боло турган болдуң, Айчүрөк деген кызым бар, келин кылып ал,— дегенде, Манас калың мал берип, бел куда болот (СК, 2. 54). Башка варианттарда да Манастын эрдигине, жалпы эле адамгерчилигине тен берген А. ага куда болууну биринчи сунуш кылат. Манас өлгөндөн кийин да А. убадасында турат. Айчүрөктү зордук м-н тартып алмак болуп Чынкожо, Толтой шаарын камап келгенде кырк күн (СКВда сексен күн) мөөнөт сурайт. Айчүрөк ак куу кебин кийип жердин жүзүн кыдырып жүрүп, Семетейди табат. Семетей келип душманын жеңгенде А. чоң той өткөрүп, ага Айчүрөктү берет. Эпосто А-дын убадага бекемдиги көрсөтүлүп, адамгерчилигине жогору баа берилген. Ал Чынкожо, Толтой сыяктуу күчтүү жоо камап, атайылап басмырлап, кыстоого алганда да качанкы өлгөн Манаска берген эбакы убадасынан танбайт. Манастын өз атасы Жакып, аталаш инилери Абыке, Көбөштөр, жада калса жоону бирге жоолашкан кырк чоросу Манастын өлгөнүнө кырк күн боло элект чыккынчылык кылышып бүлөсүнө кордук көрсөтүшүп, мал-мүлкүн талап кеткенин эске алганда, А-дын жогоркудай эрдиги анын терең адамгерчилигинин белгиси катары бааланат. Кыргыздардын өзүлөрүнөн алыс, тектеш эмес элдер м-н да терең карым-катнашы, эки элдин бири-бирине болгон бийик урматтоосу А. м-н Манастын мамилеси аркылуу берилген.

*Р. Сарыпбеков*

**АКУН** Таш уулу (1890, Ноокат р-ну, Белек-Сарт айылы — өлгөн жылы белгисиз)— манасчы. Манасчылардын түштүк тобуна кирет. Адыгине (Бөрү) уруусунун Кожек тукумунан. «Манас» айтууну атасы Таш Сайба уулунан үйрөнгөн. Андан «Манастын бала чагы», «Манастын Каныкейге үйлөнүшү» эпизоддору жазып алынган. А-дун варианты эпостун салттык сюжетине жакын (КФ, 612-инв.).

**АКУН ШАА**, к. *Акунбешим.*

**АКУРУК** — эпизоддук кейипкер, калмактын туу сактоочу баатыры. Манас Орго кан м-н болгон согушта А-ту сайганда найзанын учуна илинип калган *Тагылыктын* өлүгү м-н уруп өлтүрөт (СО, 2. 123).

**АКУШ** (тажикче накш, уйгурча накша — «ыр»)— тойлордо, салтанаттуу кечелерде, көңүлдүү отурган убакта кезек м-н ырдачу ыр. «Манаста» А. тууралуу «...Барабанын тарттырып, Бала түйгүн жолунан, Тегиз акуш айттырып» (СК, «Семетей», 1. 131). «...Баягы арты кучак чоң комуз, Дутарларын тарттырды. Алтымыштай балбанга Тегиз акуш айттырды...» деп айтылат.

**АК ҮЙЛҮҮ** — бийлик ээлери тарабынан көз каранды элдин көрүнүктүү, кадырлуу, өкүлдөрүн (баласын же өзүн) барымтага алуу. Үстөмдүк кылуучу бийлик ээси буйругун эки кылбай аткарып туруш үчүн А. ү. ыкмасын колдонушкан. Эпостун негизги варианттарындагы согуштук окуяларда эскерилет. Алтайдан Ала-Тоого көчүп келишкен кыргыздарды коркутуу максатында Алооке кан:

Өкмөттөн айрылып,
Өкүнбөс боло турсун деп,
Улуктуктан айрылып
Урушпас боло турсун деп,
Манас алам ак үйлүү,
Мага моюн сунсун деп (СО, 2. 178)
Манастын өзүн А. ү-гө алмак болот. Алоокенин зордукчул өкүмүнө каршы турган Манас анын өзүн багындырып:

Башкы балаң Боокени
Мага жалдап бериңиз!
Ак үйлүүгө алганым,
Ал сөзүмө көнбөсөң
Азыр бүгүн башыңа
Акыр заман салганым! (СО, 2. 196),— деп айтат.

Манас баатыр багынып берген Алоокеден балдары Бооке м-н Кошабыштарды А. ү-гө алат. Кийин Бооке м-н Кошабыш Манастын чоролору болуп калат. А. ү. экинчи мааниде байлыктын ж-а бийликтин символу маанисин да билдирет.

**АКЧАБАК** — эпизоддук кейипкер, Каныкейдин нөкөрү, Миңбайдын кызы. Манас Каныкейге күйөөлөп барганда ат чаап жар тандоо салтында аты жыйырма тогузунчу келген Ырчыуул тагдырына буюрган А-ка үйлөнөт (СО, 2. 419, 426).

**АКЧАҢГЫЛ-ТАШ** — топоним. Чубак он үч жашында Манас м-н жолуккан Алтайдагы бел. Белде алар «кыл болот мизин жалашып» анттапкандыгы айтылат (СО, 4. 197).

**АК-ЧИЙ** — топоним, Манастан сокку жеген Алооке Бээжинди көздөй качып А.Ч-ге баратып алты боолуу чатырын тиктирип өргүп, эс алган жер. Географиялык реалияда Какшаал дарыясынын боюндагы Ак-Чий, Кара-Чий деген жерге туура келет.

**АКЧЫБЫК**, Көкчыбык — Бакайдын мылтыгы. А. жеке эле жоо куралы эмес, магиялык касиетке ээ буюм. Мис., СКВда Букарга Семетей, Чыйырды м-н качып бараткан Каныкейди жолду тоскон чоң суудан Бакай А-тын касиеттүү күчүнүн жардамы м-н өткөрөт.

**АКШАГЫЛ** — Каныкейдин атасы Каракандын минген аты. Манас өлгөндөн кийин алты айлык Семетейди ала качкан Каныкейдин агасы Солтонкул А-ды минип алдынан тосуп чыгат (РЖВ, 294).

**АКШУМКАР** — Манастын, кийин атадан калган мурас катары Семетейдин укмуштуу аңчылык кушу. БСВ б-ча «Арканын кара тоосунан, Адам жүрбөс зоосунан, Капкактуу таштын астында, Курбулуу тоонун боорунда, Жети аркан салса жетпеген, Адамзаат баласы, Алып муну кетпеген». А. темир канат кезинде уясынын кырында олтуруп, учуп бараткан кузгунду алам деп умтулуп кулап келе жатканда Алмамбет тосуп алып, кан баласы Каныкейге алып келип берет. Ал «тумшугу менен эт берип» багат (БСВ, КФ, 579-инв., 1253—1257-б.). ТМВда Арпанын башы жайыктагы Чырамыштын тоосунда А-ды саятчы Төлөн тор жайып кармап алып, Кошойго көрсөтөт. Ал «дөөлөт кушу ушул, Манаска тартуу кыл» — дейт. Манас тартуусуна көп мал берип А-ды алат (ТМВ, КФ, 572-инв., 90—94-б.). Башка варианттарда да Манастын А-га ээ болушу аталган айтымдарга жакын баяндалып, анын сын-сыпаты кеңири сүрөттөлөт:

Шумкардын сыны мына бу:
Көзү кара, көк шаал бут.
Көргөндөн кайра тартпаган,
Көнөктөй жемден артпаган.
Боору кара, сырты көк,
Көсөө куйрук, үнү ачуу.
Куш сыпаты мына бу:
Кукулуктап үн чыкса
Куштан ачуу үнү бар.
Култуя түшүп качырса,
Каманды серпип кан кылчу.
Кайратына келгенде,
Качыра түшүп күркүрөп,
Кара чаар жолборсту
Капталдан серпип жай кылчу (АЫВ, КФ, 184-инв., 149-б.).

«Манаска» арналган айрым изилдөөлөрдө А. м-н Кумайыктын образы тарыхта кыргыздардын куш салып, тайган агытып аңчылык кылып келишкен чарбачылык кесиби м-н байланыштырылат. Чындыгында «Манас» үчилтигинин биринчи бөлүмүндө алардын аңчылыкка пайдаланылгандыгын учуратпайбыз. А. сөөлөт үчүн алынып жүргөндөй айтылганы м-н иш жүзүндө колдоочу мифтик жаныбардын милдетин аткарат. Андыктан анын образынын пайда болушун алда канча кенен планда кароо керек. Эпосто А. Кумайык м-н катар айтылат, экөө бири-бирине жакын иш аткарышат. Бул бекеринен эмес, алар алгачкы учурда бир образды түзүшкөн. Иран элдеринин эң байыркы диндик китеби «Ригведе» жору түспөлдөш Хомай деген ыйык куштун образы жолугат. Хомайдын Симург м-н биригишкен образы маданий таасир катары түрк элдеринин оозеки чыгармаларына өтүп Кумайыктын образын түзөт. Анын баштагы аргын образы экиге ажырап, өз-өзүнчө персонификацияланган, куштун атрибуту А-га, иттин атрибуту Кумайыкка (кыраан итке) айланган. Бул экиге ажыраган образдар өз-өз алдынча өзгөрүүгө, жаңылануга туш болгон. Айрыкча А-дын образы жергиликтүү ишенимдердеги, түшүнүктөрдөгү куштун мурдатан келе жаткан образындагы көп элементтерди өзүнө сиңирип жаңы белгилер м-н байыган. А. бийликтин символу катары Манас тууларда ата-энесинин түшүнө кирет. ММВ б-ча Семетей Таласка алгач келгенде А. асманда айланып учуп Семетейдин башына конгондо Манасты колдогон укмуштуу жаныбарлар Семетейди тегеректешип, ага атасыныкындай сүр-айбат пайда болот (ММВ, КФ, 563-инв., 196—212-б.). ТМВда А. дөөлөт кушу катары баяндалса, БСВда сыймык кушу деп көрсөтүлөт. Бул вариантта А. дифференцияланып, экиге бөлүнүп, аңчылыктын кушу өзүнчө, бийликтин символ кушу өзүнчө образга айланган. Каныкей Семетейди Таласка алгач жөнөтүп, артынан дүрбү салып карап отуруп, Семетейге атасынын бардык колдоочулары, анын ичинде шумкар да келгенин төмөнкүчө көрөт:

Балага кудай бериптир
Куйругунда куту бар,
Боорунда жалгыз буту бар,
Башында жалгыз көзү бар,
Адам көргүз өзү бар,
Ошо күндө бир шумкар
Оң ийнине конуптур
Олутту султан болгонун
Ошондо долу көрүптүр
Көңүлү мындан тыныптыр (БСВ, КФ, 165-инв., 190-б.).

Варианттын башка жерлеринде бул башта Манастын сыймык кушу экени айтылат. Келтирилген мисалдагы шумкар бир жагынан башка варианттардагы Семетей Таласка кайт-

канда А-дын ага жолугушун толук эске түшүрсө, экинчи жагынан анын өзү эмес башка шумкар, өзүнчө жаңы образ. Байыркы учурда түрк элдери да адамдын жанын дал ошондой куш түрүндө элестетишкенин элдик оозеки чыгармачылыктын көптөгөн үлгүлөрү ачык далилдейт. Бир катар түрк элдеринде, а. и. кыргыздарга кеңири белгилүү «Кет-Бука» деген күүнүн текстинде ырчы канга «Алтын боолуу акшумкар, Алтын боосун тытыптыр, Айды карап сызыптыр, Ал эмине болуучу»,— деп табышмактатып айтса, кан баласынын өлгөнүн дароо түшүнүп: «Алтын боолуу акшумкар, Алтын боосун тыткан, Айды карай сызганы, Ал кулунум ботом болгону»— дейт. Бул саптар Манас өлгөндө Каныкей кошкон кошогу м-н түздөн-түз үндөшүп кетет: «Күмүш жагоо, жез чынжыр, Тынар эле падышам, Тынарым колдон учарбы? (БСВ, КФ, 579-инв., 421-б.). Бүгүнкү айтуучулардын баяндоосунда мындагы шумкар (тынар) адам жанынын аллегориялык маанисинде же салыштыруу иретиндеги көркөм каражат катарында берилет. Манас, Семетейлер өлгөндө А. аллегориялык мааниде эмес, түздөн-түз өзү учуп кеткени ачык көрсөтүлөт:

Тегеренип калкактап,
Тескери учуп чалкактап,
Сасык жемдин баарысын
Чачып кетти Акшумкар,
Кайып болуп көрүнбөй
Качып кетти Акшумкар (СК, КФ, 508-инв., 151-б.).

Байыркы грек мифологиясындагы жогорудагы мисалдарга типологиялаш көрүнүштөрдү изилдеп келип, А. Ф. Лосев минтип жазат: «Адам жанын куш түрүндө элестетүүнү бул жерде өтө байыркы деп эсептөө керек. Ырас, бул элестетүү көпчүлүк учурда куш м-н салыштыруу иретинде берилет. Бирок, мифтеги ар кандай салыштыруу бир кездеги анын так өзү болгонун көрсөтөт» (Лосев А. Ф., Античная мифология в её историческом развитии. — М., 1957, 24-б.). Семетей Кыяс тарабынан жараланып, талаада калганда анын денесин А. Кумайык м-н бирдикте душмандан сактап, эч кимди жолотпойт. Байыркы Египет мифиндеги кудай Осиристи иниси Сет өлтүргөндө анын куш түрүндөгү жаны шумкар денесин душманга бербей үстүнөн учуп кайтарып турат. Типологиялаш бул мисалга салыштырганда Семетейдин денесин кайтарган А. да качандыр бир кездерде анын жаны катары элестетилген. А. адамдын жаны (куту) катары сүрөттөлүшү Айчүрөктүн аны ала качышынан да байкалат. Кыргыз элинин эпосторунун ичинен мифология образдарды, түшүнүктөрдү көбүрөк ачык сактап калган. «Төштүктө» башкы каарман өзүнүн жаны болуп эсептелген болот өгөөнү уурдатып жиберип, аны издеп чыгып, жер алдындагы Көкдөөнүн кызы Күлайымга үйлөнөт (типологиялаш эпостордо жер астындагы дүйнөнүн өкүмдарынын кызы жер үстүндөгү баатырга ашык болуп калып, ага турмушка чыгышы үчүн анын жанын (кутун) же өзүн амал м-н атайы алдырат). Буга салыштырганда кереметтүү Айчүрөк Семетейдин жөнөкөй эле аңчылык кушун эмес, анын жанын (кутун) ала качат. Ошондуктан А. жоголгондо Семетей энеси Каныкей өлгөндөй абдан кайгыга батып издеп чыгат ж-а сыйкырдуу канаттуу ат минген душманын жеңүү м-н Айчүрөккө үйлөнөт.

*Р. Сарыпбеков*

**АКШУМКАРДЫН УЯСЫ** — Ат-Башы кыштагынын батышында Коргон-Таш деген жердеги зоо. Элдик уламыш б-ча ушул бийик зоодон Семетей Акшумкарын уядан алган экен. Ошол Акшумкардын тукумун кийин эле Улуу Ата Мекендик согуштун алдыңкы жылдарында эл көргөн дешет: «Күндөрдүн биринде бир боз шумкар учуп келип, асманда шаңшып туруп кайра жок болуп, бир аздан кийин жер жайнаган жапайы каздарды элдин алдына топулдатып тээп түшүрүп, «мени унутпай жүргүлө» дегенсип эрдемсип шаңшып үн салып кайдадыр учуп кетиптир».

**АКЫЙНЕК**, Акый — элдик оозеки чыгармачылыкта айтыш жанрынын бир түрү; акыйлашып, бирин-бири ыр түрүндө кордоо, шакаба чегүү, мыскылдоо, тамашалоо мүнөзүндө айтылып, сөз тапкычтыкты, чечендикти үйрөнүү, сынашуу максатындагы жаш балдар-кыздардын айтышы. А. ж-дө «Манас» эпосунан мындай ыр саптары кездешет:

Теректин башын бурушуп,
Аркы-терки турушуп,
Селкинчегин тебишип,
Акыйнегин айтышып,
Бирин-бири жеңишип... (СО, 3. 185).

Бул саптар А. оюнунун өтө байыркылыгынан кабар берип турат.

**АКЫЛАЙ** — каарман, Манастын аялы, *Шооруктун* кызы. Манас Оогандын каны Шоорукту жеңип, кызы А-ды тартууга алат. Жоокерчилик доордун салты б-ча кыз баатырдын «олжосу» болуп турган тарыхый шарттын көркөм элеси эпостун бардык варианттарында учурайт. Түш. Кыргызстандан (Ноокат, Алай р-ндору) жазылып алынган ж-а ЖМВда А. эмес Накылай. Бардык айтуучулар А-дын образын түзүүдө жалпы эпостук салтка ылайык анын портретине, ички сапат-касиетине, кылык-жоругуна таамай мүнөздөмө беришет:

Шооруктун кызы Акылай,
Шоодураган капырай,
Короз моюн, аппак бет,
Койкоңдогон кара бет.
Карагат көздүү, кардай эт,
Какшаңдаган кара бет (СО, 2. 221).

А. келишимдүү сымбаты, жасакерленген кылыкжоругу аркылуу Манаска жагууга аракеттенет. Анын колунан иш келбеген чоркоктук, эл тагдырына көңүл кош караган пассивдүүлүк, жеңил ойлуулук, туруксуздук, мансапкорлук ж-а күнүчүлдүк сыяктуу жагымсыз сапаттарын, акылсыздыгын байкаган Бакай: «Каада билбес катының, Кайдан келген каапырың. Катыным бар деп ойлопсуң, Канкорум Манас бойдоксуң»,— (СК, 1. 235),— деп Манаска «тагдырына багыштлаган», «маңдайына жа-

зылган» аялы башка экенин билдирет. Анткени А. Манаска ылайык жар эмес, эпикалык чыгармадагы башкы баатырдын аялына коюлуучу талаптарга жооп бербейт. Манастын жоо кийимин даярдап, сарамжалын көрүү милдетин аткара албаганы — А-дын Манаска татыктуу жар эместигинин далили. Манастын А-ды олжолоп үйлөнүшүнүн жалпылыктары ар бир айтуучунун окуяны берүү бөтөнчөлүгүн, образ түзүү өзгөчөлүгүн жокко чыгарбайт. А-дын образынын эволюциялык өнүгүшүндө белгилүү айырмачылыктар учурайт. СКВда Манастын өлгөнүнө кырк күн толо электе А. «ал уулга тийбес катындын жети атасы каапыр»,— деп Көбөшкө тийип алат. Кайрадан күйөөгө тийип, өз баркын көтөрүү максатын көздөгөн А-дын образы таптык коомдогу «канышаны» элестетет. Эпосто А-дын жагымсыз образы аркылуу өз элин эл тута албай жат болуп, ички душмандын кызматын кылган, өз кызыкчылыгын баарынан жогору койгон мансапкор аялдын элеси берилген. *С. Алиев*

**АКЫЛАЙ** — эпизоддук кейипкер, Айчүрөктүн нөкөрү. Айчүрөк Үргөнчтүн боюнда Семетейди тосуп жатканда А. кереметтүү түш көрүп, аны кыздарга баяндаганда түшүн Канымжан жоруп, Семетейдин келе турганын айтат (СК, «Семетей», 2. 46—47).

**АКЫЛАКУН** — эпизоддук кейипкер, Кашкар беги *Алакундун* аяры. Ал Кашкарлыктын колу м-н кыргыз колу беттешерде Манасты сынап келүүгө, колунан келсе өлтүрүүгө барат. Манастын сырткы келбетин көрүп эле жүрөгү түшүп өлөт (СО, КФ, 1792-инв., 59—61-б.).

**АКЫЛБАЙЫС** — эпизоддук кейипкер, Атемирдин кеңешчи бектеринен. Манастын Каныкейге үйлөнүшүндөгү окуяларга катышат (СО, 2. 360,—362, 414).

**АКЫЛБЕК** — эпизоддук кейипкер. Орго кан жеңилгенден кийин Акунбешим паашага каршы жөнөмөкчү болуп Манас кеңеш курганда эл билермандарынын ичинде анжыяндыктардын өкүлү катары аты аталат (СО, 2. 94).

**АКЫЛБЕК** (болжол м-н 1840-жылдары туулган — өлгөн жылы белгисиз)— эл арасында ысмы кеңири тараган манасчы. Колдо болгон маалыматтарга караганда А. эң таланттуу инсан экен. А-тин өтө таланттуу жомокчу болгондугун ал ж-дө бизге жеткен кабарлар айгинелейт. Маселен, манасчы Сагымбай Орозбак уулу өзү билген жомокчулардын ичинен А-ти жогору баалайт. Манасчылар ж-дө Сагымбай мындай ырдаар эле:

Назар менен Нармантай,
Келдибек, Балык, Тыныбек.
Баарысынан байкасам
Артык билет Акылбек (ЫАВ, КФ, 1150-инв., 3-б.).

Залкар манасчылардын бири Саякбай Карала уулу «Чоң манасчылардын кимисине жолугуп, таалим алып, бирге болгонсуз?»— деген суроого ал: «Чоң манасчыдан Акылбекке кезиктим. Тогуз баласы, жакшы байбичеси өлүп, өзү сексендин беш-алтысына барып калган кези экен. Ошондо да кебелбей айтып турат кайран киши»,— деп келип, А-тин айтуусунан Алмамбет м-н Чубактын жол талашкан жеринен мындай саптарды келтирет:

Ойлосоң боло ой Чубак
Олоңдогон кысталак.
Каалап билдим дилимди,
Калжырайсың жөнү жок,
Кан кыл дедим кимиңди.
Караалдуу Манас болбосо
Кагар белем капкайда кеткен жиниңди...
Мен талак кылдым бутумду,
Таштап келдим журтумду,
Элимен качып келгени
Жаманыңа жанаштым.
Какылдайсың жөнү жок
Кан кыл деп айтып бу сени
Киминден кандык талаштым,
Мен кай жолумдан адаштым (КФ, 151-инв., 198-б.).

«Мен өзүмдү бактылуумун деп сезэмин,— деп эскерген Ыбырайым Абдыракман уулу — ысык-көлдүк атактуу манасчылардын жетөөнү көрүп калдым, жетөөнүн оозунан тең «Манас» уктум. Мына ушул манасчылардын мыктыларынын бири Акылбекти биринчи ирет он үч жашымда көрдүм. Мен жыйырма сегизге чыкканча Акылбектин «Манасын» көп уктум». Анын А. баш болгон атактуу жомокчулардан таалим-тарбия алгандыгын «Сейтек» эпосунун аягында жазган төмөнкү ыр саптары да ырастайт:

Мен да билем башынан,
«Семетей», «Манас» жомогун,
Ойноо бала жашыман.
Ысык-Көлдүн жеринде,
Уруусу бугу элинде,
Уругу кытай Акылбек
Аксакалдар айтчу эле
«Семетей», «Манас» айтууда,
Акылбек сөзү макул деп.
Акылбектен көп уктум
Өздөштүрүп төп уктум (ЫАВ, КФ, 189-инв., 331—332-б.).

Ыбырайым Абдыракман уулунун эскерүүсүнө караганда А. «Манас» эпосун калмак тилинде да айта билген. «Акылбек Текесте жылкычы болуп жүргөн учурунда «Манасты» калмактардын ичине кирип барып, калмакча да айтып жүргөн» дешет (ЫАВ КФ, 190-(1150)-инв., 4-б.). Мына ушул эскерүүлөрдү эске алганда ысымдары эл арасына уламага айланган атактуу жомокчулардын «баарысынан артык билген Акылбек» манасчынын замандаштары Сагымбай Орозбак уулу м-н Ыбрайым Абдыракман уулу тарабынан өтө жогору бааланышы А. сыяктуу «Манасты» толук айткан, абдан таланттуу жомокчулардын чанда чыгарына далил боло алат. *С. Алиев*

**АКЫЛМАН** — акылга дыйкан, көптү билген, көптү көргөн, даанышман, кеменгер адам. Эзелтен эле кыргыз эли акылмандыкты, эл ичинен чыккан А. адамдарды кастарлап, алардын накыл кептерин көңүлгө тутуп келген. Элдеги, жамааттагы абийир, адеп, жалпы эле ымандык нормалардын сакталышын А. карыялар, аксакалдар көзөмөлдөп, багыттап

турган. Ушуну м-н катар журт башына кыйынчылык түшкөндө, кысталыш учурларда туура жол таба билген. Жаңжалдарды, чатактарды тыюуда ж. б. оорчулуктан чыгууда чоң роль ойношкон. А-дар калыстык, адилеттик м-н катар мамлекетти башкарууга да түздөн-түз катышкан. Бийлик ээлери өтө маанилүү чечимдерди акылчысы м-н кеңешкенден кийин гана кабыл алышкан. Мындай көрүнүштөрдү «Манас» эпосунан өтө кеңири байкоого болот. Манасты Манас кылган *Каныкей, Кошой, Бакай* А. каармандар катары сүрөттөлөт. Элдин камын ойлогон даанышман адамдар эпосто көп жолугат. Алтайга айдалып барган кырк үйлүү кыргыз кыйын абалда калганда Акбалтанын кеңеши м-н алтындын кенин казып, эгин эгип жан аябай эмгектенип эл байып, бакыбат турмушка жетишет (СК, 1. 36—37). Бул жагдай акыры келип элди материалдык көз карандылыктан бошотуп, тууган жер, эркиндик ж-дөгү сезимдеринин ойгонушун шарттайт. Ушул жагдайда Кошойдун образы да кыйла барандуу образ:

Катагандын кан Кошой
Пайгамбар чалыш карыя,
Адамдан артык тууган олуя.
Батасы эрди байыткан,
Дубасы жанды жарыткан,
Беделин көргөн чоочуган,
Он эки пирге кол берип,
Абаң Кошой кайран эр
Даанышман Кошой атанган (СК, 1. 108).

Кошой элге кадырлуу, кыраакы, кеменгер адам. Ал туш-тушка чилдей тарап кеткен кыргыздардын кимиси кай жакта экенин иликтеп биле жүргөн. Азган-тозгон элдин калганын эптеп жүрүп эл кылып, Чеч-Дөбөнү жер кылып, баскынчыларга моюн бербей турган. Элдин муң-зарын түшүнүп, келечегин терең ойлогон. Ошондуктан Акбалта карыя Манаска эң оболу «акылга дыйкан, кеменгер» Кошойго барып жолугууга кеңеш берет. Манас Кошойго жолуккандан баштап аны пирим деп эсептейт. Элдин камын, эркиндигин ойлоо керектигин, чачылган элди бириктирүү, элдик баатырдын иши экендигин Манаска Кошой туюнтат. О. эле Каныкей м-н Бакай да айрыкча А. адамдар катары сүрөттөлөт. Бакай Манаска келип кошулган күндөн анын А. кеңешчиси гана эмес, «жоону бирге жоолашкан, доону бирге доолашкан» жакын досу да болуп калат. «Калк энеси» атанган Каныкей Кошой Жолой м-н күрөшкөндө кийген кандагайды жасоодон баштап, Манасты бир канча жолу өлүмдөн да алып калат. Көрөгөчтүгүнө, билгичтигине шайкеш келген А-дыгынын натыйжасында Манастын сөөгүн жашырып, күмбөз салат, Манастан калган жалгыз туяк Семетейди багып, чоңойтуп элине, жерине ээ кылат, ичкитышкы душмандардын баш айланткан чатактарында уулунун туура багыт алышына көмөктөшөт. Баатырлар коркунучтуу абалда калган учурларда да жол таба билет. Каныкей А-дыгы, чыдамкайлыгы, кайраты, сарамжалдуулугу м-н катар камкор боорукер эне дагы. Эпосто *Акбалта*, Кошой, Каныкей, Бакайдан башка А-дын деңгээлине көтөрүлө албаса да, элге, журтка баш көз болуп, акыл айткан, жол баштаган, зарыл насааттарын аябаган көп каармандарды кездештирүүгө болот. Бирок, баары эле накта А. боло албайт. А-дык — эл тарабынан бааланган, ага коомчулук ыйгарган өзгөчө статус. Турмушта буга жалаң эле көп жашаган, көптү көргөн карыялар гана эмес, акылы жетик, түшүнүгү терең, татаал маселелерди калыс чече билген жаш адамдар да ээ болушу ыктымал. «Манас» эпосунда А-дарга «олуя», «олуят» деген эпитеттердин колдонулушу өтө маанилүү. Аны жөнөкөй түрдө колдонгондо ар нерсени алдын ала билген, философ деген маанини туюнтат. Алсак: «Акыл айтат Акбалта Олуя заада жан экен» (СК, 1. 37). «Катаган кандын кан Кошой Пайгамбар чалыш карыя, Адамдан артык тууган олуя» (СК, 1. 108).

Билбегенди билдирген
Билгич Бакай карыя.
Туйбаганды туйгузган.
Туйгун Бакай олуя (СК, 1. 187).

Эпосто А-ды сыпаттоодо карыя, аксакал, кызыр, касиеттүү, даанышман, кеменгер, көсөм деген сыяктуу сөздөр арбын пайдаланылат. Бул А. ж-дөгү элдик түшүнүктүн тереңдигин, кеңендигин айгинелейт. Жыйынтыктап айтканда А-дык эпосто элдик рухий дарамети, коомдун алга өнүгүшүнүн зор таянычы, прогресстин өзүнчө бир шам чырагы катары кеңири камтылып көрсөтүлүүсү м-н көңүлдү өзүнө бурат.

*О. Исмаилов*

**АКЫЛ-ЭС** — адамдын түшүнүү, ой-жүгүртүү, таанып билүү жөндөмдүүлүгү. Таанып-билүү жөндөмдүүлүгүнүн мүнөздөмөсү катары А.-э. «Манас» эпосунда философиялык, психологиялык, тарыхый ж. б. жагдайларда чагылдырылып ж-а адамдардын ойлоо аракеттерине, ой жүгүртүү өрүшүнө байланыштуу көрүнөт. Муну «Манас» эпосунун энциклопедиялык өзгөчөлүгү, б. а. эпосто элдин көп кылымдык тарыхы ичиндеги дүйнө түшүнүктөрүнүн кеңири камтылып турушу, аалам, коом, жаратылыш тууралуу түрдүү деңгээлдеги билимдердин, маалыматтардын топтолушу толук ырастайт. Ушул жагдайда «Манас» А. э-тин (память) сандыгы катары бөтөнчө мааниге ээ. Себеп дегенде ал, асыресе ата-бабалардын өткөндөгү тажрыйбасы болуп, узак мезгилдер бою А. э-тин терең түпкүрүндө сакталуу м-н учурдагы ж-а келечектеги муундар үчүн чеменсиз кызмат кыла турган касиетке жетише алган. Бул касиет бөтөнчө эпосто социалдык А. э-тин чагылдырылышынан даана байкалат. Эпосто эмгек куралдары, социалдык мамилелер, салттар, жүрүш-туруш нормалары өңдүү элдин материалдык, рухий маданиятына байланышкан маанилүү маалыматтар өтө көп. Эпостогу элдин эркиндик, келечек турмушу үчүн күрөш-аракеттери, тажрыйбалары, осуяттары көңүлдү өзүнө айрыкча бурат. Эпос б-ча кытай-калмактар кыргыздар м-н ээлтен

жоолашып келишкен. Улам бири жеңип, жеңилгени көз каранды болуп турган. Эпостогу Манастын атасы Жакыптын кырк үйлүү кыргыз м-н Алтайга айдалып барышы буга мисал. Бөтөн эл, бөтөн жерде, кара калмак, манжуу журттан запкы жеп, «кордук менен күн өткөрсө, кейиш менен суу ичсе» да, Жакып абдан байыйт. Элдин турмушу да оңолот. Бирок, кырк үйлүү кыргызды, кантсе да, бул абал эч канааттандыра албайт:

Алтайды айттың жерим деп,
Сен калмакты жүрдүң элим деп,
Бул Алтай бизге жер эмес,
Бул калмак бизге эл эмес (СК, 1. 69).

Кырк үйлүү кыргыздын көздөгөн түпкү максаты, тилеген тилеги — ата-бабасы мекендеп өткөн Ала-Тоого кайра кетүү. Манас эр жетип элди душмандан коргой ала турган баатыр болуп, катылгандын катыгын колуна бере баштаганда:

Жыйгандын баарын чачалы,
Бул алтайдан качалы,
Ала-Тоо артык жерине
Кетели кыргыз элине (СК, 1. 84) деген тыянакка келишет. Бул мисалдардан кыргыздардын аң-сезиминдеги мекен ж-дөгү түшүнүктүн башатын байкоо кыйын эмес. Алтай канчалык берекелүү келип, малга, данга, дүйнөгө карк кылса да, кыргыздар үчүн бөтөн жерде, бөтөн элдеги жашоо турмушу туулуп өскөн жерисиз, ата журтусуз эч нерсеге арзыбай тургандыгы көз алдыга айкын тартылат. Тарыхтын көп кырдуу коогалуу окуяларына, трагедиялуу кагылыштарына карабастан, кыргыздар өз жерин, өз элин сүйүү сыяктуу түшүнүктү А.-э-ине бекем сактап келди. Маселен, патриоттук ыйык, күчтүү сезимден ажыратуу үчүн кытайлар, калмактар кыргыздарды туш тарапка таратып гана тим болгон эмес. Алардын айрымдарын (мис., Көзкамандарды) эрксиз күң, денекул кылышып, ал түгүл башына шири кийгизип, маңкурт кылып, өзүнүн түпкү тамырынан ажыратып, тегин, элин, ата-энесин, өзүнүн ким экенин, кайдан келгенин аңдай албай, ээсинин айтканынан чыкпаган абалга жеткиришкен. Өткөндүн мындай коркунучтуу көрүнүштөрүн эске алуу бүгүнкү күндө адамдарды А.-э-ти жоготпоого, аны бекем сактоого үндөйт. Дегеле А.-э-те сакталган маалыматты жаңы маалымат м-н салыштыруу объективдүү чындыкты улам тереңирээк аңдап билүүгө мүмкүнчүлүк берет. Улуу эпос «Манас» көптөгөн муундардын А.-э-инин жыйындысы катары ченемсиз маалыматтарды камтып тургандыгы м-н улуттук ж-а рухани маданиятыбыздын зор кенчи, кыргыз элинин көркөм ойлоосунун көөнөрбөс мурасы, көп кылымдык тарыхынын көркөм эстелиги болуп турат.

*О. Исмаилов*

**АКЫМБЕК**, к. *Акынбек.*

**АКЫН** — кыргыз, казак элдеринде көргөндөрүн ж-а коомдук турмуштан баамдап байкагандарын эч даярдыксыз ыр м-н шыдыр баяндоого жөндөмдүү таланттуу адам, көркөм сөз өнөрүнүн өкүлү. «Ырчы» деген сөзгө маанилеш. «Акын» терминининин теги ж-дө филология илиминде эки көз караш бар. В. В. Радлов, В. Бартольд, А. Маргулан, И. А. Батманов өңдүү илимпоздордун болжолунда А. «ак» (течь, струя) деген сөздөн жасалган. К. К. Юдахиндин пикири б-ча окумал, акылман, билимдүү, урматтуу адамды туюнтуучу уйгурча «ахунд» деген сөздүн кыргыз тилине кирип, адегенде чыгарган ырын жаза билген бирин-экин сабаттуу ырчыларга карата айтылып, кийинчерээк гана төкмө ырчылар да А. атала баштаган. Өткөн кылымдын орто ченинде В. Радлов кыргыз жергесине келгенинде ошол кездеги көп эл катышкан жыйындарда өз оюн ыргактуу баяндоого жөндөмдүү, өнөргө маш, таланттуу адамдар ырдап чыгарып айтып, аларды эл ардактуу наам м-н «акын» (ырчы) деп атап, алардын көбү атак-даңкка, урматка ээ экенин белгилейт. «Манас» эпосунда да «акын» ж-а «ырчы» деген терминдер бир эле мааниде колдонулат, мис., СОВдо:

Ажы бий болду атагы,
(Ажыбай деп атаган
Акындар билбес чатагы) (СО, 2. 283).
Жайсаң ырчы дегени
Жалаң үйдүн борумун
Жарым күнү ырдаган (СО, 2. 11).

Акындык өнөр элдин рухий байлыгынын бир салаасы болуп, кылымдарды карытып, улам өнүгүп олтурган. А-дардын ырлары бизге белгисиз бойдон калганы м-н «Манас» эпосунун бизге жетиши — акындык өнөрдүн өнүккөндүгүнүн белгиси. Кыргыз акындарынын чыгармачылыгына карай легендарлык акындар, төкмө акындар, жазгыч акындар, жомокчу-манасчылар деп бөлүп карашат. А-дардын ичинен эң таланттуулары манасчы-акындар болуп саналат. Манасчылар «Манас» айткандан башка ар кандай тематикадагы ырлар да чыгарышкан, эл алдында төгүп ырдай да билишкен. Ал эми А-дын баары эле «Манас» айта алышпайт (к. *Манасчы*). Көптөгөн ырчы-акындардын чыгармалары бизге жетпей, айрымдарынын аттары да унут болгон. Кээ бирлери ж-дө уламыш мүнөзүндөгү бирин-экин гана маалыматтар сакталган. Мис., Жайсаң ырчы, Кет бука, Токтогул ырчы, Асан кайгы. Кыргыз А-дарынын чыгармачылыгы көп жактуу болгон. Мис., Токтогул айтыш, нуска ырлары м-н бирге кенже эпосторду да айткан. Ал эми Сагымбай Орозбак уулу, Саякбай Карала уулу «Манасты» бүтүндөй айткан улуу манасчылар болуу м-н бирге, нуска ырларды, тамсилдерди, поэмаларды да жараткан. Ошентип, ар бир А-дын жеке чыгармачылык өзгөчөлүгү болуп, бири лирикага ыктаса, экинчиси эпосторду аткарууга, башкасы насыят, нуска ыр чыгарса, дагы бири айтышка маш болгон. А-дардын чыгармалары, кыргыз элинин тарыхы м-н адабиятын үйрөнүү үчүн гана эмес, аларды философиялык, коомдук-саясий ой-пикирлерин изилдөө үчүн да зор мааниге ээ. Бири-биринин А-дык дараметин сындоодо жаш таланттарды өстүрүүдө А-дардын, манасчылардын айтыш-

тарынын мааниси зор болгон (к. *Айтыш*). Элдик оозеки чыгармаларды сактап, өнүктүрүп, аларды мурас катары кийинки муунга жеткирүүдө жазгыч А-дардын салымы чоң, кыргыз адабиятынын тарыхында жазгыч акындардын туңгуч өкүлү катары Молдо Нияз, Молдо Кылыч, Тоголок Молдо, Алдаш, Ысак, Абылкасым, Токторалы, Шамей, Абдыкалык ж. б. дын ысымдары белгилүү. Жазгыч А-дар ыр жаратууда элдин оозеки чыгармачылыгына ж-а аны сактап, өнүктүрүп келе жаткан төкмө А-дардын ырчылык салтына таянышат. Чыгарма жаратуу м-н гана чектелбестен А-дар элдин көркөм сөз казнасын жыйнап, кагазга түшүрүшкөн. Буга Кыргыз ССР ИАнын кол жазмалар фондусунда сакталып турган эпостун араб арибиндеги кол жазмалары далил (к. *«Кысса Семетей бу-турур»*). Азыр А. терминининин мааниси кеңейип, ыр жазган, ыр жазууну кесип кылган адамдар да А. аталып калды.

*Ы. Кадыров*

**АКЫН** Шадыкан уулу (1901, Өзгөн р-ну, Ана-Кызыл айылы —?)— манасчы. А. «Манас» айтканды атасынан үйрөнгөн. Атасы Шадыкан сыяктуу эле ал «Манастын» төрт бөлүмүн («Манас», «Семетей», «Сейтек», «Чийтек») айткан. 1952-ж. анын вариантынын «Манас» бөлүмүнөн Манастын туулушу жана балалык чагы, Манастын кан (башчы) болуп урушка жарап, Кошойго жана Канкожого жолукканы, Манастын мусулмандарга келген калмактарды кууп, эл коргоп кыргыздарды топтогону, Чоң казаттын башталуу себептери, Манастын өлүмү эпизоддорунун кыскача мазмуну жазып алынган.

**АКЫНБЕК,** Акымбек, Акунбек— эпизоддук кейипкер, *Меңдибайдын* атасы. Кыргыздардын жыйындарында катарда саналуучу уруу башчысы. Эпосто уруусу өзбек, набат, нойгут делип түрдүүчө берилет (СО, 1. 250; 2. 24, 68, 94, 383), о. эле Меңдибай тууралуу кеп болгондо Акымбек же Акынбек уулу Меңдибай делип айтылат (СО, 1. 41; 2. 372, 378).

**«АКЫНДАР ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫНЫН ТАРЫХЫНЫН ОЧЕРКТЕРИ»**— кыргыз акындарынын чыг-лыгына арналган, авторлор коллективи тарабынан жазылган китеп (Фр., 1988). Китепте Окт. рев-ясына чейинки ж-а андан кийин жашаган белгилүү ырчы, акын, манасчылардын чыгармачылык портреттери берилген. Китеп кириш сөздөн, Легендарлык акындар, Төкмө акындар, Куудулдар, Манасчылар деген бөлүктөрдөн турат. «Манасчылар» (471—492-б.) деген обзордук макаланы С. Мусаев жазган. Анда манасчылык кесипке ээ болуунун баскычтары белгиленип, манасчылык өнөргө байланыштуу маселелер ж-дө кеп болот. Манасчылар мектептери тууралуу да маалымат берилген. Айтуучулардын өмүрү, чыгармачылык жолу ж-дөгү төмөнкү макалалар кирген: Шапак Рысмендеев (500—515-б.), Сагымбай Орозбак уулу (515—534-б.), Жаңыбай Кожеков (534—543-б.), Жакшылык Сарыков (551—559-б.), Акмат Рысмендеев (595—602-б.), Мамбет Чокморов (жазган К. Кырбашев); Багыш Сазанов (543—551-б.), Молдобасан Мусулманкулов (559—570-б.), Саякбай Каралаев (602—639-б.) (жазган Р. Сарыпбеков) ж-а Тыныбек Жапый уулу (492—500-б.), Ыбырай Абдырахманов (578—595-б.), Дуңкана Кочукеев (570—578-б.) (жазгандар Р. Сарыпбеков, С. Алиев).

**АКЫРЕТ** (ар. ахрет — тиги дүйнө, а дүйнө)— диний түшүнүк б-ча өлгөн адам баруучу башка чыныгы дүйнө, адам өлгөндөн кийин жашоочу дүйнө. Ушул маанисинде эпосто арбын учурайт. Мис., «Алып келсе аламын, Ажалым жетсе арамдан, Акыретке барамын!» (СО, 2. 21). Эпостогу көпчүлүк каармандар А-тин бар экендигине ишенишет, к. *Тиги дүйнө*.

**АКЫРЕТТИК ЖАР,** кыяматтык жар— диний ишенимдерде эркек адамдын өлгөндөн кийин «чыныгы» дүйнөдө (тиги дүйнөдө) алуучу аялы, жары. Баатырлык үйлөнүү темасынын салттык сюжети белгилүү даражада Манас м-н Кыз *Сайкалдын* жекеме-жеке кармашуусунда сакталган. Экөөнүн жекеме-жеке кармашуусу эпостун негизги варианттарынын бардыгында айтылат. Бирок, ар бир вариантта ар башка турмуштук кырдаалда, ар башка мүнөздө мотивдештирилет. СОВдо Манас Текес канды жеңип, ордуна Текестин иниси Тейишти кан көтөрөт. Тейиш кан болгондугуна чоң той өткөрүп, ат чабыш, балбан күрөш, эр сайыш болот. Эр сайышка бир тараптан Кыз Сайкал чыгат. Экинчи тараптан ага эч ким даап чыга албай, акырында Манасты чыгарышат. Манас адегенде алдырып коё жаздап барып, анан гана мөрөйдү алат. Себеби, аялдыкка алууну ойлоп Сайкалды аяп кармашат. БСВда Текеликтин сеңиринен нойгут элинин кызы Сайкалдын жылкысын Манас м-н Чубак тийип баратканда, ал аркасынан кууп жетип Манас м-н чабышат. Экөө алыша албай жатканда Чубактын жардамы м-н Манас мөрөйгө ээ болот. Ошондо Сайкал: «Каныкейге күнү болуп барганым уят, акыреттик аялың болоюн» (БСВ, КФ, 1080-инв., 280—281-б.),— деп ант берет.

Эпостун башка варианттарында да ушул сыяктуу эле эки негизги учур туруктуу сакталган. Биринчи учур — Манас м-н Кыз Сайкалдын жекеме-жеке кармашы ж-а бардык учурда Сайкалдын жеңилиши. Экинчи — жеңилген соң Кыз Сайкалдын акыреттик жар болууга Манаска убада бериши. Бул жекеме-жеке кармашта мөрөйгө ээ болгондон кийин баатырлардын алп кыздарга үйлөнгөндүгү ж-дөгү эң байыркы эпикалык салттык сюжеттин көрүнүшү. Салттык сюжеттерде алп кыздар баатырлардан жеңилген соң ага чыгууга макул болсо, «Манас» эпосунда Кыз Сайкал мөрөйдү алдырган соң бул дүйнөлүк эмес, А. ж. болууга убада берет.

Эпостогу Манас м-н Сайкалдын жекеме-жеке кармашуусу ж-а А. ж. болушу ж-дөгү салттык сюжет байыркы көөнө эпостун бир кыйла өзгөрүлгөн формада сакталгандыгын көрсөтүп турат. Анткени коомдук мамилелердин өнүгүшү, өзгөрүшү м-н бүлөлүк салттар да өзгөргөндүктөн, мурунку бүлөлүк салттарды

улам кийинки муундар унутуп, салттык сюжеттер да улам кийинки доорлордогу үй-бүлөлүк мамилелердин салтына, нормасына ылайыкташа берген. Сайкалдын «Каныкейге күнү болуп баруу уят» деп «акыреттик» аял болууга убада бериши да ушуну м-н түшүндүрүлөт. О. эле «акыреттик үйлөнүү» ж-дөгү түшүнүктү ачыгыраак берүү максатында манасчылар айрым толуктоочу мотивдерди да киргизген. Мис., Манас дүйнөдөн кайтканда Кыз Сайкал келип жоктойт (СКВ, СОВ ж. б.). Манастын сөөгүн Бакай, Кошой, Кыз Сайкал үчөө гана алып барып жайына коюшат (ММВ). Себеби Манастын кайда коюлганын өтө ишенимдүү гана адамдары билүүгө тийиш. Кыз Сайкал Манас өлгөндөн көп узабай дайынсыз кайып болуп кетет (СКВ). Бул Манас өлгөн соң Кыз Сайкал убадасы б-ча анын акыреттик аялы болуш үчүн кетти деген түшүнүктү билдирет. Ар бир адамдын адилет, ак жашаган аялы тиги дүйнөдө да бирге жашайт деген түшүнүк байыркы убактагы чыгыш элдеринин көпчүлүгүндө айрыкча, түрк, моңгол элдеринде да салттык түрдө өкүм сүргөн. Айрым чыгыш элдеринде өлгөн адамдын аялын кошо көмүү салты кийинки Моңгол доорунда да сакталгандыгын тарыхый фактылар далилдеп турат. 13-к-да саякатчы Г. Рубрук: «моңголдордо жесир аял эч качан башка күйөөгө чыкпайт, анткени тиги дүйнөгө барганда (өлгөндө) ал өзүнүн күйөөсү м-н кайра кошулуп бирге жашарына ишенет» (Путешествия в Восточные страны Плано Карпини и Рубрука. — М., 1957.),— деп жазган.

Кыз Сайкалдын Манастан жеңилип, ага А. ж. болушу, Сайкалдын күйөөсү бар экени айтылбагандыгы, Манас өлгөндөн кийин берген анты б-ча кайып болуп кеткендиги баатырдык эпосторго таандык салттык баатырдык үйлөнүү сюжетинин «Манас» эпосунда аталык-феодалдык коомдун үй-бүлөлүк мамилелеринин ж-а түшүнүктөрүнүн нормаларына ылайыкталып өзгөртүлгөн түрдө да сакталгандыгын көрсөтүп турат.

*С. Алиев*

**АКЫР ТАШ** — узуну 3 *м*че келген акыр түрүндөгү таш. Нарын дарыясынын сол жээгинде Тогуз-Торо ойдуңунун күн чыгыш четинде, Туз-Тоосунун бет маңдайында анча чоң эмес зоонун түбүндө жайгашкан. Элдик уламыш б-ча ушул акырдан Манастын Аккуласы чөп жеп, дарыядан суу ичип, мойнун созуп өйүздөгү туздан жалап турчу экен.

**АКЫР-ТАШ** — Манас ж-а Семетейдин ысымдарына байланышкан о. кылымдагы эстелик. Казак ССРинин Жамбыл областында. Жамбыл шаарынын 35—40 *км* чыгышында Фрунзе — Жамбыл темир жолундагы Ак-Чолок станциясынан 5 *км* алыстыкта.

Уламышта А.-Т-ты Манас уулу Семетей экөө салган делет. Семетей тоодон таш ыргытып, атасы аларды тосуп алып, жылмалап тизе берген. Имарат курулуп бүткөндөн кийин Манас м-н Семетей чогуу турушкан. Атасынын көзү өткөндөн кийин Семетей Таластын ар жагындагы Олуя-Атадан 25 *км* алыстыктагы Манас мазарына барып жашаган. Ошол жерден көчмөндөр кол салып Семетейди өлтүрүшкөн.

1893—94-ж. академик В. В. Бартольд кыргыздардан жазып алган дагы бир уламышта Талас дарыясынан бул жакка суу өткөрүшмөк болушкан. Себеби, бул жер илгертен эле суусуз какыраган талаа экен. Ошол жылдары А.-Т.-ты В. В. Бартольд карап чыкканда бул жерде суу болгон эмес, бирок кургап калган сайдын нугун көргөн. Качандыр бир убакта чоң суу акканын ж-а анын бир нече куймасы болгонун байкаган. А.-Т-тын урандыларын 1221-ж. кытай саякатчысы Чан-Чун көргөн. Өткөн кылымдын аяк ченинде бул жерден оймо-чиймелүү таштарды табышкан. А.-Т-ты 1867-ж. П. И. Лерх, 1884-ж. Д. Л. Иванов, 1940-ж. Г. И. Пацевичтер изилдешкен.

Бул тарыхый эстелик өз убагында толук салынып бүтпөй калган. Тик бурчтук түрүндө туурасы 1 *м* болгон таш кесиндилеринен төгөректүн төрт бурчун көздөй багытталып салынган. Дубалдарынын калыңдыгы 2—4 *м*. Курулуш түндүктөн түштүктү көздөй 205 *м*, ал эми батыштан чыгышка кеткен жагы 185 *м*. негизги эшиги түн. тарабында, калган үчөө түштүгүндө. Ички короосу чоң тирөөчтөр (колоннадалар) м-н курчалган; алардын бир дубалынын жанында сүйрүсүнөн келген эки көлмө (хауз) жайгаштырылган. Имаратта түзүлүшү ж-а көлөмү түрдүү көп бөлмөлөрү болгон.

А.-Т-тын архитектуралык планы Ат-Башы кыштагынан алыс эмес жердеги о. кылымда курулган Таш-Рабат тарыхый эстелигине окшош ж-а аларды атасы м-н баласы салганы ж-дөгү уламыштар да үндөшүп турат.

*Д. Ф. Винник, А. Б. Жаманкараев*

**АКЫЯС** (Агиаз) — топоним. Эпосто дарыянын, анын жээгиндеги шаардын, ой жердин аталышы. Географиялык реалияда Иле чөлкөмүндөгү Текес дарыясынын оң куймасы (Синьцзян-Уйгур авт. р-ну).

**АК-ЭРМЕН** — топоним. Алмамбет Көкчөдөн кетип, капаланып келатып, уясын коргоймун деп кайра-кайра жолун торогон ызгычты атып түшүрүп, ага жалгыздыгы ж-дө арманын айткандан кийин анын сынган канатын дарылап: «Үйүңдү тап деп жаныбар, уяңда балаң дагы бар» (СО, 2. 299),— деп учуруп жиберген жер. Чүй өрөөнүндө Ашмарага жанаша жаткан өзөн.

**АЛА-АЙГЫР** — кытай-калмак балбаны Канжарколдун жоого минген аты. Эпосто:

Астыңдагы Ала айгыр,
Жаман күлүк ал айгыр.
Жайып ийсем оозунан
Куштай учуп кетет — деп,
Кутургурду карасаң
Кум салынып алыптыр (СК, 1. 65),—

деп гиперболалык ыкма аркылуу А.-А-дын эпикалык портрети тартылып, жоокерчилик доордун талабына ылайык күлүктүгү, тулпарлык касиетинин күчтүүлүгү, арыбас-чаалыкпастыгы мүнөздөлөт.

**АЛА-БАШ** — топоним. Кыргыздар калмак кандыктарынан Ала-Тоону бошоткондо: «Ала-

Баштын сазынан Кайып кандын кашынан
Элүү миң аскер алыптыр» (СО, КФ, 576-инв., 513-б.),— деп А.-Б. чөлкөмүнөн аскер жыйнаганы айтылат. Географиялык реалияда Тоң р-нунун аймагындагы Тескей Ала-Тоонун Түн. этегиндеги өрөөн.

**АЛАБЕК** — эпизоддук кейипкер, Кашкардын каны. Манас Алоокени жеңип олжосун бөлүштүргөндө Алоокеге ай сайын «алты миң жамбы, миң кундуз» алым төлөп кордук көргөн эле, эми келип олжо алсын деп чоросу Байчорону атайылап А-ке жиберет (СК, 1. 213). Кыргыз эли чогулган жерлерде «Алты-Шаардын Алабек» деген эпитет м-н кандардын катарында саналат.

**АЛА-БЕЛ** — топоним. Кыргызстандагы бир катар бийик белдердин аталышы. Кары жаздын акырына чейин кетпей, ала-телек болуп жатканынан улам аталган. Эпосто жортуулга чыккан кол ар кайсы жерлердеги ушундай белдерди ашканы бир катар эпизоддордо эскерилет.

**АЛАГЕР** — калмак баатыры *Жамыра* жайсаңдын жоого минген аты. Манастын Чүйдөгү Акунбешим м-н болгон урушунда жекеге чыккан Жамыраны эр Көкчө ыргыта сайып, аты А-ди олжолоп кетет (СО, 2. 135).

**АЛА-ЖУУКУ** — топоним. Кыргыздар Алтайдан Ала-Тоого көчүп келгенде Манас кырк чоросу м-н уугa чыккан Алайкуу тараптагы тоо (СО, 2. 288).

**АЛАЙ** — топоним. «Манас» эпосунун көптөгөн варианттарында кыргыз уруулары байыртан мекендеп келе жаткан белгилүү жерлердин бири катары: «Орозду деген агаң бар, жайлайт деп угам Алайды» (СО, 1. 118), «Кең-Алайды жердеген, андагы нойгут эл деген» (СК, 1. 218),— деп эскерилет. Манас Алтайдан Ала-Тоого көчүп келгенде, алгач ушул А. аймагында жашайт. Эпостун бир катар белгилүү окуялары А-да өтөт: Манас Шоорук м-н согушуп, аны жеңип кызы Акылайга үйлөнөт, Чоң казаттын астында Манаска каршы чыкмак болгон кыргыздын уруу кандары Төштүктүн тоюна келишип кеңеш курушат, Көкөтөйдүн ашын өткөрүү ж-дө аксакалдар кеңеш куруп, жер тандашканда белгилүү көп аймактардын ичинде А. эскерилет:

Жайдардын уулу эр Акбай:
Кеңдиги кыйла далай бар,
Кара-Тегин башында
Атактуу жайлоо Алай бар
Суусу тунук, чөп деди,
Арбын жери көп деди,
Анда Мамбет кеп айтат,
Алайың болбойт деп айтат:
Арбын түшөр бизге топ,
Көпчүлүк иши тарткан ок
Сындырып жагар жыгач жок
Отундан жутап аларбыз
Осол болуп каларбыз (СО, 3. 76)...
Алай коңуп аш берсек
Милдет кылып келген жан,
Тойгузгун деп чалкалаар,
Кызматчынын баарысы
Тезек терип аркалаар,
Алай — артык отун жок
Анысы болор чоң мүшкүл (СК, 2. 10).

Ошентип, негизги варианттарда А. жайлоосунда токой жок экендиги туура берилген. Географиялык реалияда азыркы Кыргызстандын түштүгүндөгү бийик тоолуу өрөөн ж-а жайлоо. *Э. Абдылдаев*

**АЛА-КАНЧЫК** — топоним. Алайкуу чөлкөмүндөгү тоо. Алтайдан Ала-Тоого көчүп келгенден кийин Манас, Бакай баш болгон кырк чоросу м-н уугa чыгат (СО, 2. 170).

**АЛАКЕН** — кырк чоронун бири, Алымшаанын уулу, албан уруусунан. Чоролордун ичинен көзгө атар мергендиги м-н айырмаланат. (СО, 3. 176). Манас Каныкейге күйөөлөп баргандагы ат чаап жар тандаган учурунда аты сегизинчи келип, А. тагдырына буюрган Өкүмканга үйлөнөт (СО, 2. 427).

**АЛА-КӨЛ** — топоним. Эпосто көлдүн ж-а анын айланасындагы жердин аты. Окуя Борбордук Азияда өтөт. Географиялык реалия катары Балкаш-Ала-Көл ойдуңундагы көл.

**АЛАКУН** — кейипкер, Кашкар беги. Кошой Кашкарды каратканда, ага Айтакты бек коёт. Манас, Кошой баш болгон кыргыз колу Кашкар айланасын толук багынтып бүтүп, жер-жерлерине тарап кеткенде, кашкарлыктар Айтакты өлтүрүп, ордуна А-ду бек кылышат. Манас элин Алтайдан Ала-Тоого көчүрүп келе жатып Кашкарга жакын Жай-Төбөдө тыныгып жатканда А. аларга каршы кол курап, урушмак болот, бирок жыйылган кол Манастын сүрайбатын көргөндөн кийин урушпай эле тартуу тартып, багынат (СО, КФ, 1792-инв., 57—90-б.).

**АЛАМАН** — эпизоддук кейипкер, Манастын чабарманы. Көкөтөй өлгөндө Манастын азага келатканын Бокмурунга алдын ала кабарлайт (СО, 3. 50).

**АЛАМАН КОЮУ** — атчан жоокерлердин душманды жапырт качырып чабуулга өтүүсү. Эпосто душмандар өзгөчө күчтүү, каардуу, амалдуу, ошондуктан алардын үстүнөн жеңишке жетишүү үчүн көрүлгөн жалпы аракеттин, согуштук ыктын бири. Эпикалык А. к. эпосто: «Айтылуу Манас көк жалга, Абийириң кеткен көп кытай Аламан коюп калганы» (СК, 1. 38),— деп баяндалат. А. к. кыргыз эл оюндарында ат санына чек коюлбай жапырт баарынын кыймылга киргенин да билдирет.

**АЛАМОЙНОК** — *Алтайдын* күлүгү. Манас Каныкейге күйөөлөп баргандагы ат чаап жар тандаган учурда А. он тогузунчу келип, Алтай тагдырына буюрган Калбүбүгө үйлөнөт (СО, 2. 424).

**АЛАНЧА КАН** — эпизоддук кейипкер, Манастын *Каракан, Угузкандан* кийинки түп аталарынын бири. А. к-дан Байгур, Уйгур ж-а алардын балдары таралган (СО, 1. 15).

**АЛАП** — топоним. Кытай шаары (СО, 4. 301). Алмамбет, Сыргак тийген жылкысынын артынан кубалап келген Коңурбай алгачкы айкашта Алмамбеттен качып барып А-ка жашырынат.

**АЛА-ТАШ** — топоним. «Өзү келип катылган Шоорук кандын кыргыздардан жеңилиши» окуясында Алайдын баш жагында экени айты-

лат. Шоорук кандын артынан кууган кыргыздардын калың колу А.-Т. аркылуу өтөт (КВ, 1. 163).

**АЛАТКАК** — адамга түспөлдөш мифтик жандык. «Көкөтөйдүн ашына» чакырылган элдин бири катары эскерилет: «Алаткак бар, Чыңыроон, Адамноо деген жандар бар Бирөөнүн бели билден жоон» (СО, 3. 67).

**АЛА-ТОО** — топоним, эпостун көп варианттарында эскерилген жердин аты. Эпосто кыргыздардын Алтайдан А.-Т-го көчүп келиши кеңири баяндалат. Азыркы кыргыз тоолору жалпысынан А.-Т. деп аталган. Кээ бир варианттарда айрым каармандардын образдары А.-Т-го салыштырылып берилет. Манастын образы «Ала-Тоодой эр Манас» (РЖВ, 95) делип,

Калмактардын кан Жолой
Сөлөкөтү, сөөлөтү
Атка минген келбети,
Ала-Тоодой көрүнүп (СК, 2. 21),— деп сыпатталат.

Айрым учурда: «Атакемдин ашына Ала-Тоодой эт кылам, Ала-Көлдөй чык кылам» (СК, 2. 9),— деп көптүктү, молдукту билдирүүчү салыштыруу иретинде да колдонулат.

**АЛАЧ** — этноним. Эпос б-ча Алашкандан тараган эл, кыргыз, казактын жалпы аты, ошондуктан эпосто А. балдары, А. эли деп көп жолу кезигет. Тарыхый жазма эстеликтерге таянганда орто кылымдагы казак, кыргыздардын уруу союзунун аталышы. Кыргыз, казак элдеринин курамына кирген бул союздагы уруулар: катаган, каңгы, жалайыр Урус кандын тушунда (14-к-да) Ак-Ордодо башкы ролду ойношуп, А. деген ат алгач жазма эстеликтерде белгилүү боло баштаган.

**АЛАШБЕК** — эпизоддук кейипкер. Көкөтөйдүн ашында калмак-кытай тараптан эр сайышка Коңурбай чыга турган болуп, жоо кийимин кийип, курал-жарагын шайланып, Алгараны токуп даярданып алганын Кошойго айтып келген адам (СО, 3. 237).

**АЛАЯК** — Шүкүрдүн байгеге чапкан күлүгү. Манас Каныкейге күйөөлөп барганда ат чаап жар тандаган учурда А. он жетинчи келип, Шүкүр тагдырына буюрган *Маарамкан* кызга үйлөнөт (СО, 2. 424).

**АЛБАН** — этноним, казактардын улуу жүз курамындагы негизги уруунун бири. Алайдан Анжиянга көчүү кеңешине чакырылган уруу башчылардын бири Бийназар (СО, 2. 25), Манастын чоросу *Алтай* ушул А. уруусунан экени айтылат.

**АЛБАРС** — сапаты эң жакшы болоттон жасалган өткүр кылыч. Эпостогу «ак албарс», «мизин болот чыгарган», «ак болоттон миз кылган», «уңгусу болот, учу курч» деген саптарга караганда баатырлардын кылычы ж. б. жоо-жарактары курч темирден жасалгандыгы байкалат. Тараптар душмандын жаратын ырбатыш үчүн курал жасатып жатканда аны уунун кошулмасына сугарышкан. Эпосто А. кылыч жасалганда ушул касиеттер толугу м-н сакталгандыгы айтылат. А. кылычтын айрым жасалгаланышы ж-а табияттын тышкы кереметтери төмөнкүчө чагылдырылат:

Атадан калган курч кылыч,
Борумун чабып чыгарган,
Уй майына сугарган
Караңгыда суурса
Кызыл өрттөй кызарган...
Бетине алтын чаптырган,
Кылычынын сабы алтын
Кармай турган жери алтын («Кысса Семетей бу-турур»).

А. ак албарс, ач албарс деп да аталган алты курчтун бири.

*К. Айдаркулов*

**АЛБҮБҮ** — эпизоддук кейипкер, Каныкейдин нөкөрү. Манас Каныкейге күйөөлөп барганда ат чаап, тагдыр буюрган жар тандоо салтына ылайык аты он жетинчи келген *Жайсаңга* турмушка чыгат (СО, 2. 418, 424)

**АЛГАРА** — *Коңурбайдын* тулпары. Эпостун бардык варианттарында кытайдын башкы баатыры, кол башчынын тулпары катары кеңири сыпатталат. Жусуп Мамайдын вариантында А., Манастын Аккуласы, Жолойдун Ачбууданы Чыңгыш аттуу какандын менчик бээсинен туулат. Коңурбай эпикалык душмандардын айла-амалдуусу ж-а эң коркунучтуусу. Эпостогу негизги оң, терс кейипкерлердей эле ал да согуштук тулпары м-н баатыр, ансыз анын эрдик сапаттары толук ачылмак эмес. Коңурбайдын согуш майданындагы тагдыры да түздөн-түз А-нын тулпардык касиетинин күчтүүлүгү м-н байланышкан. А-ны мингенде жоого алдырбайт. А.— артыкча күлүк тулпар. Кууганына жетет, качса ага «төрт аяктуу мал

Б. Жумабаев. Алгара.



жетпейт». Ал чуркаган сайын кызып сынына келет. Манасчылар да А-нын сын-сыпатына өзгөчө көңүл бөлүшөт. А-га төмөнкүдөй эпикалык мүнөздөмө берилет:

Астындагы Алгара
Ач маралдай шаңкайып,
Кайып түрдүү көркү бар,
Казандай соору даңкайып,
Кумдак жерге оонаткан,
Кудуктуу жерге сугарган,
Куланды кууса куткарбас,
Жалы саяң, куйругу аз,
Салышкан жоого болгон маш,
Туранын сөөгү көпкөк таш (СО, 4. 328).

А-нын адамча сүйлөп, ээсине жардам бериш үчүн өз алдынча акыл-эстүүлүк м-н жасаган табияттан тышкары магиялык жосундары жок. Кээ бир баатырдык эпостордогу укмуштуу тулпарларга салыштырганда А-нын образы кийинки жоокерчилик доорлордун шартындагы күлүк аттарды элестетет. Анын өзгөчө күлүктүгү, тулпардык касиетинин күчтүүлүгү, арыбастыгы эпикалык арымда апыртыла сыпатталса да, кадимки аттын табигый чегинен чыгып кеткен эмес. Негизги варианттарда А-нын образына ар түрдүү кырдаалдарда (Коңурбай минип жүргөндө, душман м-н жекеме-жеке кармашып жаткан учурда, душмандан качканда ж. б.) эпикалык мүнөздөмө берилүү аркылуу анын жекече өзүнө таандык касиеттери көрүнөт:

Коңурбайдын Кара аты,
Кара атынын бар болчу
Капталында канаты.
Качан болсо куугунга
Жеткирбеген адаты.
Алгара чындап чуркаса
Закым түгүл чаң жетпейт,
Канаттуу куш болбосо
Мындан башка жан жетпейт (СК, 2. 116).

Кыргыздардын, ага канатташ жашаган элдердин эпикалык чыгармаларында канаттуу тулпарлар ж-дө айтылат, бирок «Манастан» башка дастандарда — Кожожаштын Куубайталы, Чынкожонун Кара аты сыяктуу асмандап учкан канаттуу тулпарлар учурабайт. «Капталында канаты бар» А-нын эпикалык образы байыркы мифтик-фантастикалык аттардан башталганын ж-а коомдук аң-сезимдин өнүгүшү, көз караш түшүнүктөрдүн өсүшү м-н акырындап кадимки атка айланганын көрсөтөт. О. эле анын жекече сапаттары жомоктук-фантастикалык ыкмада канчалык апыртылып айтылбасын, эпос чагылдырган доор м-н шартталган, жердеги жашоого ылайыкташкан күлүк аттардай сүрөттөлөт. А-нын негизги өзгөчөлүгү чаалыкпас, күлүктүк касиети м-н байланышкан. А. өзүнүн укмуштуудай учкаяктыгы м-н Коңурбайды көп жолу өлүмдөн куткарып кетет. А. ал турсун Аккулага да жеткирбей кеткен учурлары болгон. А. эпостун «Семетей» бөлүгүндө Коңурбай м-н бир учурда өлөт.

*М. Мукасов*

**«АЛГАЧКЫ АЙКАШ»** — «Манас» сериялары» деген наам м-н жарык көргөн китепче (Фр., 1942). СОВ б-ча басмага даярдаган Ж. Бейшекеев, жооптуу редактору А. Токомбаев. Көлөмү 2644 сап ыр, 98 бет. Азыркы арип м-н басылган. Китептин аягында көөнө сөздөрдүн түшүндүрмөсү берилген. «А. а.» — эпостогу поэтикалык жактан эң күчтүү сүрөтөлгөн туруктуу салттык окуялардын бири. «Чоң Казаттын» үзүндүсү. Китепче композициялык жактан бир бүтүн чыгарма катары «Алмамбет менен Сыргактын кытайдын колу менен беттешкени» деген темада чоң окуянын башталышы катары айтылат. Окуя жылкы тийүүдөн башталып, Коңурбай жылкысын ажыратып алуу үчүн Алмамбет, Сыргактардын артынан көп жолу кол м-н kyyп келип, алар м-н беттешкенинен тартып ооруктагы кыргыз колуна кабар жетип жардамга келгенге чейинки кагылыштар баяндалат.

**АЛГЫР КУШТАР**, кыраан куштар — аң (карышкыр, түлкү, сүлөөсүн, коён ж. б.), илбээсин (кыргоол, кекилик, чил, тоодак, өрдөк, каз, көгүчкөн ж. б.), боз куштарды (чымчык, таранчы, торгой, чакчыгай ж. б.) алуучу ж-а аларды уулоо үчүн атайын тапталуучу жырткыч куштар. Аларга: буудайык, бүркүт, ителги, куш, ылаачын, турумтай, жагалмай, борбаш, кыргый өңдүүлөр кирет. Булардын ичинен бүркүт, куш, жагалмай, турумтай, кыргый шыпырып алуучулар-кармоочулар, ителги, ылаачын тебүүчүлөр болуп саналышат. Кыраандардын тумшуктары ичтерине ийрейип, текөөрлөрү сыртына чыгып, чалгындары тикендешип, өздөрү жүрөктүүлүгү аң, илбээсинге шамдагай тийип, тумшук матырып жибергендиги аркылуу башка куштардан айырмаланат. Куш төрөсү буудайыкты ж-а кыргыйды жети кесептин (качырганын куткарбас) бири дешкен. Кыргый турпатынын кичинекейлигине карабастан жебедей тез учуп, өзүнөн чоң кекилик, чилге чейин кол салат. Уусун алары м-н мууздап жиберет. Үндөктөөгө кеч көнөт. Алп кыраандардын бири бүркүттүн кырктан ашык түрү айтылат: чөл бүркүтү, сары бүркүт, төө комдой (олжосу төөгө сылай жүк болот), оролмо тоонун ак ийин, калбыр канат, муз мурут, ак канжыга, тынар, куу чегир, ур токмок, жылан көз (башы жыландын башына окшоп кетет), канжыгалуу кара кер, керегендүү кер көз ж. б. Кыраандыгына карата түлкүлүк бүркүт, карышкырдык бүркүт болуп бааланат. Ителгинин он-он беш уясынан бир шумкар чыгат, ылаачындын он-он беш уясынан бир шумпай чыгат. Ителгинин буту жоон, кыскараак келип, өңү көгүш болот. Ылаачындын арышы узун, шыйрагы бир аз ничке, буту м-н тумшугу сары болот. А. к. жаш өзгөчөлүгүнө карай бозум, туйгун, тунжур деп бөлүнөт. Ителги, ылаачын, илбээсин, куштарга, коён өңдүү айбанаттарды алууга чабыттайт. Жагалмайдын чоңдугу кыргыйдай, бирок, канаттары учтуу, ичкерээк, карлыгачтын канаты сымалданып кетет. Турумтайдын чалгындары анча узун эмес, тегерек тартып кичирээк, бутта-

ры кыска болот. Жагалмай м-н турумтай, таранчы, торгой, чакчыгай сыяктууларга өтө тап келет. Боз чымчыктын кыраанын — борбаш таранчыдан анча чоң эмес. А. к-ды жалпы сыпаттоочу «кыраан» деген эпитет Манастан баштап (Кырааным Манас, өзүң ук; СО, 4.171), Алмамбет (Кыраан эр кырга чыкканы; СО, 4. 213), Чубак, Сыргак ж. б. чоролорго, жалпы эле баатырларга карата колдонулат (Манас кандын кырк кыраан; СК, «Семетей», 1. 210). Ал эми бүркүттүн кырктан ашык түрүнүн бири, абдан кыраан сыргак делет. Манастын кырк чоросунун кыраны, өз аты Бердибек болсо да, сыны, баатырлыгы ошол кыраан бүркүткө окшоштурулуп Сыргак атка конгон. Чалгынга бararда Алмамбет:

Сыны Сыргак, ашык эр,
Атышкан жоону көргөндө
Ажал өлүм кайда дээр
Өлүмдү билбес өзү бар,
Өрт жалындай көзү бар.
Өчөшкөн жоону көргөндө
Өкүмат өткүр сөзү бар (СО, 4. 174)

Сыргакты тандайт. А. к-дын абдан тез учушу баатырлардын шамдагайлыгын, аңга, илбээсинге токтолбой кол салышы каармандардын көрсөткөн эрдигин белгилөө үчүн, айрыкча согуштук көрүнүштөрдү, баатырлардын согушка киришин сүрөттөөдө пайдаланылат:

Жагалмайдай эр Чубак
Көкөтөйдүн Бокмурун
Жерден эңип кетти эле,
Мааникерге мингизип
Аман алып өттү эми (СК, 2. 150), же
Берен Сыргак кыраанын
Ылаачын тийген таандай
Ар жагына бир чыгып,
Бер жагынан качырып
Калың кытай сан колду
Сүрүп кетип баратат (СК, 2. 152).

Эпосто о. эле каармандардын жаш өзгөчөлүгүн белгилөөдө да А. к-га байланыштуу айтылган учурлар кездешет. Жаралуу болуп казаттан кайтып келаткан Манас баласын алып алдынан тосуп чыккан Каныкейге төмөнкүчө кайрылат:

Алып келчи бер жакка
Өлгөндө көргөн баламды!
Боз ала туйгун болпоңду,
Алып келчи бер жакка
Боз карчыга чолпонду! (СК, 2. 223).

Көкөтөйдүн ашында түктүү таман Түкүбай м-н күрөшүүгө Агыштын жарай турганын айтып келип Каныкей:

Оролмо тоонун ак ийиндей бүркүттү
Балдагы жок кондуруп,
Салып чыгып келаткан
Агыштай эрди көргөмүн (СК, 2. 52),—

дейт. Карышкыр алчу алп бүркүттү балдагы жок кондуруп жүргөндүгүн айтуу м-н Агыштын балбандыгы белгиленип жатат. Кыраандардан ителги, ылаачын, куш, жагалмай, турумтай өңдүүлөргө томого катпайт. Мүнүшкөрлөр алгырларды таптоодо аларды кармоо (куш күйүү), үндөктөө (колго коңдуруу), түлөккө отургузуу (түлөтүү), таптоо (аңга даярдоо), аңга салуу (алдыруу) өңдүү жолдорду басып өтөт.

Иленин суусун бойлошуп,
Ителги салып ойношуп,
Чүйдүн суусун бойлошуп
Чүйлү салып ойношуп,— деп сүрөттөлгөндөй элдик таң-тамашалардын бир түрү болгон алгыр куштарды салуу эпостон айрыкча анын «Семетей» бөлүмүндө айтылат. Мис., Күлешендин Гүл-Токойдо шумкарына илбээсин алдырып жүргөн Семетей Сарытазга жолугуп, андан ата-тегин угат. Адатынча тапка келген Акшумкарды алып салбырынга чыккан Семетей аккуу болуп кубулган Айчүрөккө шумкарын алдырып жиберет ж. б. Кыраан куштар күлүк ат, сулуу кыз, алгыр тайган, жамбы өңдөнүп илгертен барккаркка өткөн. Бул эпосто Акшумкардын жогору бааланышынан да көрүнөт. Акшумкар Манастан Семетейге мурас болуп калат; Айчүрөк Семетей шумкары үчүн болсо да келет деп, атайылап Акшумкарды алып кетет; Үргөнчтүн боюнда Акшумкарды сурап Айчүрөккө кайрылган Күлчоро: Жоготуп койсоң шумкарды Сен өңдөнгөн кыздардан Токсон бир кыздын доосу бар (СК, «Семетей», 2. 54)— дейт. Азыр улуттук спорттун бир түрү катары бааланып, ири салтанаттарда куш салуу тамашасынын өткөрүлүшү байыркы өнөрдүн туура бааланышы болуп саналат.

*А. Акматалиев*

**АЛДАШЕВ** Абдулкай Алдашевич (1918, Жети-Өгүз р-ну, Ак-Кочкор айылы)— советтик фармаколог, котормочу. Кыргыз айыл чарба ин-тун бүтүргөн (1939). Ветеринария илимдеринин доктору (1965), профессор (1966), Улуу Ата мек. согуштун катышуучусу. Кыргыз ССРинин эмг. сиң вет. врачы (1974). 70-жылдардын башында Б. М. Юнусалиевдин жетекчилиги астында түзүлгөн «Манас» эпосунун канондук текстин орус тилине сапмасап которуу үчүн котормочулардын конкурсун өткөрүүгө (К. К. Юдахин м-н бирге) жетекчилик кылган. Редакциялык совет тандап алган 120 000 сап котормонун 115 000 сабын (5000 сапты К. К. Юдахин м-н бирге) А. илимий талапка ылайык иретке салып терминдерди орусча так берүүгө жетишкен. А. катышкан ж-а редакциялаган сапмасап котормонун негизинде «Манас» эпосунун илимий басылышы «СССР элдеринин эпостору» деген серияда Москвадан ишке ашырылып жатат. Орус тилине көркөм которулуп жаткан



«Манас» үчилтигинин «Семетей» ж-а «Сейтек» бөлүмдөрүнүн сапма-сап котормосунун 30 000 сабы да А-ге таандык. А. эки 2-даражадагы Ата Мекендик Согуш, «Кызыл Жылдыз», эки «Ардак Белгиси» ордендери ж-а медалдар м-н сыйланган. *А. Абилов*

**АЛЕҢГИР ЖАА** — эпосто баатырлардын алып жүргөн жоо жарагы: «Атынын мойну бир кулач, Айбандан түрлүү көрүнөт, Алеңгир жаа асынган, Адамдан сүрдүү көрүнөт» (СО, 2. 300). Алеңгир — байыркы түрк-моңгол сөзү. Саадак деген маанини билдирет. Ал эми жаа деген экинчи компоненти да саадак маанисинде колдонула берет. СОВдо А. ж. кытай жоокерлери колдонгон курал катары да айтылат. Мис., «Алеңгир жаа асынган, Азезил шайтан мас кылган Нескара деген эр экен» (СО, 1. 208), «Шаңмусары дегени... Алеңгир жаа, сыр жебе» (СО, 1. 273) салгылашта пайдаланат.

**АЛИЕВ** Сатыбек (1938, Чүй р-ну, Кегети айылы)— «Манас» эпосун изилдөөчү, жыйноочу, түзүүчү. 1968-ж. КМУнун филология факультетин бүтүргөн. 1969-жылдан Кыргыз ССР ИАнын Тил ж-а адабият ин-тунда кенже илимий кызматкер, 1982-жылдан Кыргыз Совет Энциклопедиясынын Башкы редакциясында корректорлор бөлүмүнүн башчысы, улук илимий редактор ж-а редакция башчысы болуп иштеп келет. «Акындар чыгармачылыгынын тарыхынын очерктери» (Фр., 1988) аттуу китепке кирген белгилүү манасчылар Тыныбек Жапый уулу, Ыбырайым Абдыракман уулу, Дуңкана Кочуке уулунун чыгармачылык портрети б-ча жазылган макалалардын (Р. Сарыпбеков м-н бирге) автору. Манасчы Мамбет Чокмор уулу ж-а Абдылда Дөөлөт уулунун айтуусунда «Манас» үчилтигинин айрым эпизоддорун жазып алган (көлөмү 20 басма табак). «Манастагы» мифтик түшүнүктөр» («Ала-Тоо», 1989, № 2), «Манас» энциклопедиясы чыгат», «Жаңы энциклопедия» ж. б. жыйырмадан ашуун макаланын автору. А. «Манас» энциклопедиясына кирген макалалардын тизмесинин сөздүгүн (4000 термин) түзүүчү. «Манас» энциклопедиясынан орун алган оригиналдуу макалалардын жазылышынын типтүү схемасын ж-а критерийин иштеп чыккан. «Манас» энциклопедиясына эки жүздөй макала жазган. *М. Мукасов*

**АЛИКЕ** — эпизоддук кейипкер, *Кошойдун* уулу. СОВдо Оогандын каны Түлкү катаган м-н тейиттерди чаап, А-ни өлтүрүп кетип, Манас Оогандар м-н согушуп Түлкүнүн иниси Акунду колго түшүргөнү айтылат (СО, 2. 439).

**АЛИКЕ** — эпизоддук кейипкер. Бокмурун ашка чакырткан уруу башчы баатырлардын ичинде А-нин да аты аталат (ВЖЭ, «Ала-Тоо», 1979, № 7, 77-б.). СОВдо А. Кошойдун баласы делет, к. *Алике.*

**АЛКЫШ** — сөздүн магиялык күчүнө ишенүү м-н адамга жакшылык каалоо, анын күнүмдүк жумуштарында же жоокерчилик иштерине ийгилик тилөө. А. өзүнө ар түрдүү магиялык милдеттерди камтыйт. Сөздүн магиялык күчүнө ишенүү коомдун өнүгүшүнүн эң төмөнкү баскычындагы уруу түзүлүшүнүн учурунда жаралган. Конкреттүү кырдаалга жараша жакшылык алып келе турган сөздүн сыйкырдуу күчүнө ишенүү анимисттик түшүнүктөрү (отко, сууга, айга, күнгө, асманга, жерге, теңирге, ата-бабалардын арбактарына ж-а ар кандай жан-жаныбарларга) сыйынууларды туудурган (к. *Анимизм).* Кыргыздар оттун, суунун тазарткыч күчүнө табынышкан. Мындан жаратылыштык культтар келип чыккан. Адамдар бул түшүнүктөргө карата өзүнүн мамилесин сөз м-н билдирген ж-а бул дайыма А. түрүндө айтылган. Бул багытта тотемдик көз караштар кеңири өнүгүп, кыргыздар ар кандай жаныбарларга (бугу, үкү, бүркүт, кайберен, жылан, карышкыр ж. б.) сыйынышып, аларды өздөрүнүн сактоочусу, колдоочусу, калканчы катары эсептешкен (к. *Тотемизм).*

Культтардын ичинде теңирге сыйынуу өзгөчө орунда турат. «Теңир жалгасын!», «Барган жериң от болсун, балакетиң жок болсун!» деген өңдүү А-тар салттуу болуп, мындай типтеги алкоолор эпосто көп жолугат. Адамдар теңирди ыйык деп эсептеп, ар кандай аракеттерди теңирге байланыштуу карап, алкоолорду жаратышкан. Ишенимдин өзгөчө түрлөрүн түзгөн салттар ата-бабалардын арбагына сыйынууга байланыштуу. Өлгөн адам тирүүлөрдүн өтүнүчүн угат, жардам берет, колдойт деген ишенимде болушкан. Бул багытта алардын арбактарына атап мал союп, бата тилешкен. Элдин күндөлүк турмушунда мындай А-тар («Манастын арбагы колдосун!», «Ата-бабалардын арбактары колдосун!») азыр да колдонулат. А. көбүнчө бата берген учурда айтылат. Эпосто Семетейге, Сейтекке, дайыма ата-бабаң Манастын арбагы колдосун деген А. айтылат. Бул ишенимдердин келип чыгышы көп кудайларга табынууга негизделген диндик доорго байланыштуу. Афористикалык жанрда учураган ишенимдер ислам дининин кыргыздар арасына кеңири тараган доорунда Алланын кудуретине ишенүүдөгү ар кандай жин-перилерге (ак санатай ж-а кара санатай) байланыштуу калыптанган. Көөнө мүнөздөгү көптөгөн түшүнүктөр кийин исламдын салттары м-н жуурулушуп кеткен. Баланын (баатырдын) төрөлүшүндө, ага ат коюуда, алгачкы эрдигин баяндоого, курал-жаракка, тулпарга ээ болгондо, согуштук окуялардын жүрүшүндө ж. б. эпизоддордо А. көп учурайт. Чыйырдынын эркек төрөгөнүн угуп, баланы көргөнү келген Жакып алдынан тосо чыккан аялдарга «Бешик боосу бек болсун, Кундагың боосу кут болсун» (СО, 1. 88)— дейт. Мында «бек болсун», «кут болсун» делип, баланын өмүрүнүн узун болушун, ага бакыт, жакшылык каалаган А. катары айтылды. Махмуд Кашкаринин «Диван лугат-ит-түрк» сөздүгүндө да «кут» деген сөз бакыт, ырыскы, байлык деген мааниде берилет.

Эпостогу «кундагың боосу кут болсун» деген А-та бакыт, байлык каалоонун байыркы мааниси сакталган. Байыркылардын ишениминде келечектеги баатырлардын өзүнө ыла-

йык коюлган ысым ыйык деп саналган. Себеби башкы баатырдын келечеги ысмына да байланыштуу болгон. Манаска ат коюуда думана А-ын каалоосу м-н мына мындай билдирет:

Аты болсун Манас,— деп
Алда таала сактасын
Ар балаадан калас,— деп
Бата кылды баарысы (СО, 1. 87).

Карыя баланын өмүрүн тилеп, кырсыктан, жамандыктан калкалоосун Алда тааладан суранат, ага коюлган аттын өзү кырсыктардан сактайт деген ишеними көрүнөт (к. *Ат коюу*). Көкөтөйдүн ашында Жолой м-н күрөшөрүндө Каныкей тиккен кандагайды кийип, уздугуна, акылына ыраазы болгон Кошой Каныкейди алкап, батасын берет:

Тилекти берсе бир Алда,
Туулса мындан бир бала
Ургаачы болбой, Эр болсун!
Аюу болбой, шер болсун!
Атышканын алсын, деп
Күрөшкөнүн чалсын, деп!... (СО, 3. 214).

Кошой о. эле учурда кандагайды жасашкандыгы үчүн Алмамбеттин аялы Аруукени да кошо алкап, келечектеги баатырдын, анын чоросу Күлчоронун атын атайт:

Арууке келин баласы
Акылдашы ар качан,
Ага болсун чын жоро,
Аты болсун Күлчоро (СО, 3. 215).

Кошойдун батасы ордунан чыгып, Каныкей м-н Арууке төрөгөн балдар Семетей, Күчоро аталат. Эпостун контекстинде магиялык сөз күчүнө ишенүү орундалып, Кошойдун бата-алкоолору ишке ашат. Эпостогу А-тар өзүнүк түзүлүшү б-ча ар түрдүү. Сөз айкалышы, туруктуу салттык алкоолор түрүндө кездешет, атүгүл толук сюжеттик мотивировканы камтыган учурлар да бар. А. негизинен эпостогу баатырдык маанайды күчөтүүдө поэтикалык каражат катары кызмат кылат.

*Б. Садыков*

**АЛЛЕГОРИЯ** (гр. allegoria — кыйытып айтуу каймана айтуу) — оозеки элдик чыгармачылыкта, жазма адабиятта кеңири колдонулуп келаткан стилистикалык ыкма, көркөм сөз каражаттарынын бири. А. аралашкан сүрөттөөлөрдүн, баяндоолордун көркөмдүгү, кооздугу күчө м-н кызыктуулугу да артып отурат. Адатта, А-да каймана түрдөгү кыйытып айтылуучу мазмун, ой-пикир ар кыл мүнөздөгү көркөм элестер, сүрөттөөлөр аркылуу ишке ашат. Кыргыз эл оозеки чыгармаларында, жомоктордо Күкүк м-н Зейнептин — бири-бирине жетпей калган эки жаштын А-лык символдуу образдары жашап келатат. Элдик ашыктык ырларында жигит булбулдун, кыз гүлдүн образдары аркылуу берилет. «Манас» эпосунда да А-лык сүрөттөөлөр, баяндоолор мол учурайт. Мис., Жакып, Чыйырды, Бакдөөлөттүн Манас төрөлөрдө көргөн түштөрүнүн А-лык сүрөттөлүшү:

Аяктай болгон ак алма,
Азелден ширин бал алма.
Алда буюруган алма деп,
Напсиң өлсүн жалма деп,
Кызыл алма кыз деди,
Кызматкербиз биз деди.
Алтымыш кулач ажыдаар.
Ат ордуна мин деди.
Алиги жеген ак алмам
Курсагыма толуптур,
Артымдан чыкты ышкырып,
Ажыдаар болуптур,
Ачууланып оп тартса
Ай ааламды соруптур (СО, 1. 29).

Демек, кызыл алма кыздын, алтымыш кулач ажыдаар — Манастын А-лык образдары. Манастын ж-а башка баатырлардан А-лык образдары айрым учурларда шумкар, тунжур сыяктуу алгыр куштарга салыштырып сүрөттөө аркылуу берилет. Келечекте төрөлчү бала атагы ааламга кеткен баатыр теңдешсиз эр боло тургандыгы төмөнкүдөй А-лык сүрөттөө м-н баяндалат:

Кукулуктап үн чыкса
Куштан башка үнү бар.
Куйрук башы жаркылдайт
Куудан аппак жүнү бар,
Айбат менен караса
Алп кара куш сүрү бар,
Саңоорлору сары алтын
Таканак жүнү баары алтын
Тумшугу болот тунжур — дейт,
Туяк болот канжар дейт.
Асмандагы канаттуу
Айбатынан уча албайт,
Жердеги жүргөн аяктуу
Желип чыгып кача албайт (СО, 1. 29).

Эпосто о. эле жаманчылык, алдыда болуучу коркунучтар да А-лык ыкма м-н сүрөттөлгөн, баяндалган учурлар арбын кездешет. Манас Коңурбайдан жарадар болордогу Каныкейдин көргөн түшү А-лык ыкма м-н сүрөттөлүп, акылман Каныкей бул жамандыктын жышааны экенин сезет: «Таңга жакын түш көрдүм, Кең-Колду өрт алды. Жердин баарын сел алды, багың тамыры м-н суурулду. Алтын-күмүшүң ылайга батты, төрөм, эрдигиң бар, эсиң жок эч нерсе менен ишиң жок» (ТМВ, КФ, 1073-инв., 509-б.),— дейт Манаска кайрылып.

*Ж. Төлөев*

**АЛЛИТЕРАЦИЯ** (лат. al — кошо, карай, littera — тамга)— ырда (айрым учурда кара сөздө да) сөз башында же сап башында бирдей үнсүз тыбыштардын айтылышы. А. дүйнө элдеринин көркөм сөз өнөрүндө кеңири тараган. Айрыкча түрк элдеринин поэзиясында ж-а желдирме, жорго сөз («ыргактуу проза») формасындагы чыгармачылыгында көп колдонулат. Кыргыз элдик оозеки эпикалык, лирикалык чыгармалардан тартып, макал-лакаптарга чейин А. өтө өнүккөн түрдө жолугат. Түрк поэзиясынын эзелки формаларында (б. з. 5—8-к.), Орхон-Эне-Сай таш жазмаларындагы материалдарда А-нын калыптанган, өнүккөн үлгүлөрү бар экендиги Ф. Корш, С. Малов, В. Радлов, И. Стеблева ж. б. тарабы-

нан далилденген. «Манас» эпосунда ыр саптарын баш-аяк тепчип өткөн ички А-дан тартып («Кагышмакка канкорго Каргышты катуу кылыптыр»; СО, 3. 235), сап башындагы А. («Күмүш кемер курчанып, Күркүрөгөн эрендин Күндөй бетин нур чалып»; СО, 1. 157) сап аягындагы ыргактуулук м-н айкалыша келген А.

(Каканчындын калкы бар,
Канча түрлүү алпы бар
Катылгандын баарысын
Канын ичкен салты бар; СО, 1. 167)

кеңири колдонулат. *С. Бегалиев*

**АЛМАБЕК** Тойчубек уулу (1887, Ысык-Көлдүн чыгышындагы Ой-Булак айылы — өлгөн жылы белгисиз)— манасчы. Атасы Тойчубек (1853—90) да, агасы Дыйканбай (1873—1923) да эл арасында «Манастан» үзүндү, негизинен «Семетейди» мыкты айткан адамдар катары белгилүү болушкан. А. Токтогул Сатылганов атн. кыргыз филармониясында иштеген жылдары эл арасына чыгып, «Манастан» үзүндүлөр айтып жүргөн. 1945—47, 1962—63, 1968-ж. «Манас», «Семетей», «Сейтектен» үзүндүлөр (63556 сап ыр) жазылып алынган. Бул үзүндүлөрдүн көпчүлүгү «Семетейден». Алар: Манас өлгөндө, Каныкейдин Семетейди Букарга алып качканынан тартып, эрезеге жеткен Семетей Таласка келип Жакып, Көбөш, кырк чорону өлтүрүп, атасынын ордосун ээлешине чейинки ж-а Айчүрөккө үйлөнүшү, Коңурбайдан кун куушу сыяктуу окуялардан, о. эле «Сейтек» бөлүмүндөгү Семетейдин кайып болушунан тартып, Күлчоро, Сейтектер Канчоро, Кыястан өч алышып, Сейтектин Таласка көчүп келишинен турат.

Бул вариант элге кеңири тараган туруктуу сюжеттүү варианттардан айрым бир деталдык жактан гана айырмачылыгы болбосо, негизинен аларга окшош. Манас өлгөндө Жакып өзүнүн балдары м-н Каныкейге кордук көрсөтөт. Семетейдин балалыгы Букардагы таякеси Ысмайылдын колунда өтөт. Бул жерде Тайторунун чабылышы, Каныкейдин жомогу айтылат. Башка варианттардагыдай эле Семетей алгач Таласка келгенде Жакып жамандык м-н каршы алат. Акыры бузуку туугандарын эсине келтирген Семетейге кырк чоро, Чынкожо, Толтойлор м-н кармашууга туура келет. Семетей Коңурбайдан атасынын өчүн алат, бирок, өзү Канчорого алдатып коёт. Анын Канчоро, Кыяс м-н болгон урушу жазылбаганы м-н окуянын өнүгүшүнөн улам Семетейдин дайынсыз жоголгонуна Канчоро, Кыяс себепчи болгондугу билинип турат. Семетейди Күлчоро (Гүлчоро) издеп таппай коюп, аш берүүгө камынат. Андан ары Семетейдин үй-бүлөсүнүн Кыяска олжо болушу, Күлчоронун далысы кесилип кордолушу, Сейтектин коопту чөйрөдө Айчүрөктүн аркасы м-н аман-эсен чоңоюп, эли-жерин таап, атасынын өчүн алышы айтылат. А. Тойчубек уулунан жазылып алынган «Манастын» үзүндүлөрү Кыргыз ССР ИАнын Кол жазмалар фондусунда сакталып турат (КФ, 191—198[а], 199, 199[а]-инв.).

*А. Жайнакова*

**АЛМА-КОЮР** — топоним, кыргыздар Алтайдан Ала-Тоого көчкөндө Айдаркан уулу эр Көкчө кызыккан жер (СО, 2. 155). Буга чейин кытайлардын Илебин баатыры жердегени айтылат (СО, 2. 34, 74, 129).

**АЛМАЛЫ** — топоним. Жакып Алтайда тургамда малы жайылган жайлоо. Ошпурдун колунда жүргөн Манас А. жылгада жолдоштору м-н бир нече күн айылга барбай тамаша курганы айтылат (СО, 1. 103). Манасты кармап кетүүгө келген Нескара да ушул А. тоосун ашып өткөн (СО, 1. 199, 200, 209).

**АЛМАМБЕТ** — Манастын кырк чоросунун эң көрүнүктүүсү. Теги б-ча кытай (кээде калмак) канзадасы, атасы *Соорондук* (айрым варианттарда *Азизкан*) кытайдын башкы кандары Эсенкан, Алооке, Карыкан м-н бир тууган. Эпостогу монументалдуу образдардын ичинен А-тин образы өзүнүн көп кырдуулугу м-н бөтөнчө орунга ээ. Манаска жакын башка адамдар өздөрүнө таандык сапаттары (Мис., Чубак, күч-кубатка эгедерлиги, намыскөйлүгү; Сыргак чыйрактыгы, шамдагайлыгы, моюбастыгы; Каныкей м-н Бакай акылмандыгы, көсөмдүгү) м-н өзгөчөлөнүп турушса, А-те аталган сапаттардын бардыгы тең бар. Ошондой эле ал — укмуштуу өлкө Кытайда окуган, аярлык, жайчылык өңдүү укмуштуу өнөрлөргө ээ ж-а аскердик өнөрдүн түрдүү жактарын терең билген каарман. Ал Манаска келип кошулгандан тартып эпостогу окуяларга активдүү катышып, Манас м-н тең катар эле айтылат. Мухтар Ауэзовдун сөзү м-н айтканда кээ бир учурда борбордук орунду Манас м-н бөлүшө алган бирден-бир образ. А-ке айрыкча көңүл бурулганы колдо бар варианттардын бардыгында тең анын эпикалык өмүр баянынын атайылап өзүнчө берилишинен да байкалат. Эпосто Манас сыяктуу эле анын басып өткөн өмүр жолу: бойго бүтүшү, төрөлүшү, эрезеге жетиши, үйлөнүшү, баатырдык иштери, жалпы эле адамгерчилиги, ат-тону, жаракжабдыгы, акырында салгылашып жүрүп курман болушу ийне-жибине чейин сүрөттөлүү м-н аскердик демократия шартындагы элдин талабына жооп берген идеал образды түзөт. Ал өзүнүн духуна туура келген, идеалына жооп берген баатырга жетүүнү көксөп, элден эл кыдырып, жер кезет. А. өз элинен кетип, кыргыздар тарапка өтүп, Манас м-н эмчектеш тууган болгон күнүнөн өзүндөгү өнөр-билим, акыл-айла, баатырдык күч-кубатты кыргыз элинин намысын, эркиндигин жат душмандардан коргоого арнайт. Кытайдын чегин кайтарган укмуштуу, сыйкырдуу жаныбарлар: куу түлкү, куу өрдөк, куу аркар ж-а жалгыз көздүү Макел-Малгунду А. өзүндөгү мына ошол касиеттеринин жардамы м-н жеңип чыгат. Жолду бууган агыны күчтүү дарыянын суусун жайчылык өнөрү м-н тарттырып, кыргыз колун суудан аман кечирип өтөт, керек жерде күндү жайлап, жайды кышка айлантат. Ал ошону м-н бирге таланттуу кол башчы катары кыргыз колун өтө узак, кыйын жортуулга билгичтик м-н баштап барып, душманды жеңип алууда зор роль ойнойт.

Анын минтип Манаска ак кызмат кылып, өзү туулуп өскөн эли кытайга каршы кол баштап барышы өз ата мекенине чыккынчылык катары каралбайт. Тескерисинче, мында кытай элин адилетсиз кандардын зулум бийлигинен эркиндикке чыгаруу сыяктуу бийик идеал жатат. Эл-жерди сүйүүнүн идеал образы да А-тин образына байланышкан. Анын эл-жерди сүйүүсү, «элди сагынбас эр болбойт, үйүрүн сагынбас ат болбойт» — дегендей, башка жерде канчалык сый урматта жүрсө да, эли-жерин эстен чыгарбай куса болуусу аркылуу берилет. А-тин образы ж-а ага байланышкан окуялар өзүнүн алгачкы башатын кыргыз элинин байыркы доорлорунан алат. Биздин күндөргө чейинки өсүп-өнүгүүсүндө ал улам кийинки коомдук мамилелердин, эл башынан кечирген окуялардын таасири м-н сюжет жагынан да, образ жагынан да өзгөрүүлөргө дуушар болгон. Натыйжада анын образы көөнө мифтик-фантастикалык элементтерге бай маданий каармандан биздин күндөргө жакын тарыхый доордун конкреттүү реалдуу каарманына өсүп жеткен. А-тин образына байланыштуу окуялардын эң байыркыларынын бири өз атасы м-н кагылышы энелик доордон аталык доорго өтүү мезгилиндеги социалдык конфликтинин натыйжасы. Аталык бийликтин күчкө кириши башта баланын кимден туулгандыгына кайдыгер караган энелик доордун укук нормаларына каршы келип, эми баланын мыйзамдуу атасынан туулушун талап кыла баштаган. Тескерисинче болгон учурда ата м-н законсуз туулган баланын ортосунда касташуу келип чыккан. Мунун өзү дүйнө элдеринин уламыш, легенда, жомок, эпос өңдүү оозеки чыгармаларында кеңири чагылдырылган. Бу мотив *ата менен баланын касташуусу* деген тема м-н илим дүйнөсүнө маалим. А-тин эпикалык өмүр баянындагы бойго бүтүшүнөн баштап эрезеге жетип, атасы Соорондук (Азизкан) м-н кандуу кагылышка барганга чейинки мотивдердин бардыгы тең дүйнө элдеринин эпикалык чыгармаларындагы биз эскерген ошол ата м-н баланын касташуусу деген байыркы (энелик доор ыдырай баштагандан тартып) сюжеттин салтуу мотивдери м-н окшоштугу А-тин образынын эң байыркылыгын ырастайт. А-тин Коңурбай, Эсенкан ж. б. жакын туугандары м-н пикир келишпестигинин алгачкы башаты да ушул эле энелик доор м-н аталык доордун кагылышынын бир көрүнүшү. Коомдо эркектердин үстөмдүгү жеке атанын гана эмес, ал таандык болгон чоң бүлөнүн же уруунун эркек өкүлдөрүнүн да «законсуз туулган балага» кастыгын туудурат. Бул да өз учурунда дүйнө элдеринин эпикалык чыгармаларында салттык тема катары кеңири орун алган. А-тин атасы Азизкандын бир тууганы Алоокенин баласы «Алтымыш жайсаң кенжеси, Алоокенин эркеси» Коңурбайдын «Азизкандын арам сийдик жалгызы»,— деп А-ке каршы турушундай көрүнүш түрк-моңгол элдериндеги Чыңгызкандын «законсуз туулган бала» катары бир туугандары м-н араздашканы ж-дөгү уламыш-



Л. А. Ильина. Алмамбет баатыр.

тан, Кавказ элдеринин орток эпосу «Нарттардагы» укмуштуу жол м-н туулган Сосурконун өзүнүн 99 бир тууганы м-н өмүр бою каршылашып өтүшүнөн көрүнөт. Мындай мотив бир кыйла өзгөртүлүп, жаңы түргө келген калыбында түрк элдеринин «Алпамыш» эпосунда Каражан ж-а анын бир тууғандары калмактын 90 баатырынын ортосундагы күрөшүндө учурайт. А-тин образынын байыркылыгын маданий каармандын образына таандык мифтик-фантастикалык элементтердин мол сакталып калышы да айгинелейт. А-тин табияттын каардуу күчтөрүн элестеткен укмуштуу жандарга (Макел-Малгун) каршы күрөшү, аярлык өнөрдүн түрдүү жактарына ээ болушу (мис., алтымыш баштуу ажыдаарды багындырышы), табиятты, аба ырайын өзгөртүшү (күндү жайлоо), жан-жаныбарлардын тилин билиши, керек учурда кубулуп кетиши (мис., Коңурбайдын кеп тонун кийип кубулуп, ал чекке койгон куу кулжа м-н сүйлөшүүсү) ж. б. сыйкырдуу өнөрлөрүнүн баары эпикалык чыгармалардагы маданий каарманга таандык белгилер (маданий каармандын образы адамдар алгачкы уруулук доордо жашап, табияттын жашыруун сырларын өздөштүрө баштаган мезгилинде пайда болгону атайын изилдөөлөрдө көрсөтүлгөн). А-тин образында адамзаттын байыркы учурда жан сактаткан бирден-бир ж-а алгачкы кесиби — аңчылыктын да айрым белгилери сакталганын байкайбыз. Ырас, бүгүнкү күндөгү баатырдык-тарыхый эпостун каарманы болуп калыптанган А-те аңчылык доордун уруу өкүлүнүн образынын айрым рудименти гана сакталган. Айрыкча кайберендер эгеси Байыңдын (Борб. Азиядагы түрк-моңгол элдеринде Байың аңчылыктын кудайы) кызы, кереметтүү Аруукеге үйлөнү-

шүндө аңчылык доорго таандык ишеним-түшүнүктөрдүн белгилери ачыгыраак байкалат. А-тин образынын байыркылыгын анын ысмынын этимологиясы да ачык көрсөтөт. Эпикалык чыгармалардын салтында (айрыкча алардын алгачкы үлгүлөрүндө) каармандын аты анын аткарган ишине, кесибине (анын ичинде сыйкырчылыгына, аярлыгына да) байланыштуу болот. Мис., орус былинасынын каарманы, аңчы ж-а жадыгөй Волх Всеславьевичтин аты «волхв» — «сыйкырчы» деген сөздөн алынган. Борб. Азияда жашаган түрк-моңгол элдеринин тилинде «албан» деген сөз бар. Ал кубулуп кетүүчү көз боочу, сыйкырчы, аяр, жадыгөй, айлакер жигит, шамдагай, эптүү деген маанилерге эгедер. Укмуштуу өнөрлөргө ээ эл кытайдан сыйкырчылыкты, аярлыкты, жайчылыкты үйрөнө келген адам катары чоролор ичинде орошон айырмаланып турган А-тин атынын төркүнү ушул сөз м-н байланыштуу болушу толук ыктымал. Ырас, «Манас» эпосун изилдеп жүрүшкөн айрым окумуштуулардын пикири б-ча «Алмамбет» деген ат «альмугаммед» деген араб сөзүнөн чыгат (Б. Юнусалиев). Бирок, бул сөз А-тин атына үндөш келип, сырткы формасы жакын

Т. Герцен. Алмамбет.



болгону м-н толук ынандыра албайт. Анткени, А. «Манас» эпосундагы эң байыркы образдардын бири ж-а пайда болуу доору адамдар табияттын үстүнөн адеп жеңишке жетише баштаган аңчылык мезгилге таандык. Демек, бул каармандын аты кыргыз тилине кийин кире баштаган араб сөзүнөн алынышы мүмкүн эмес. А-тин образы эпостун көөнө стадияларында, мифтик-фантастикалык элементтерди камтыган баатырдык жомоктордун тушунда пайда болсо да, өзүнүн калыптанып бүткөн түрүнө баатырдык-тарыхый эпостун чегинде гана ээ болгон. Анын образына көркөм конкреттүүлүк, кыргыз элинин белгилүү тарыхый окуялары м-н байланыштуулук, реалдуу эпикалык өмүр баян ушул мезгилде келип кирген. А-тин трансформацияланган эпикалык жаңы өмүр баяны таптык жиктелүү күч алган коомдун тушундагы социалдык кагылыштардын натыйжасында пайда болгон мотивдер м-н толукталган. Анын өз жакындары м-н кагылышын коом басып өтүп, унутула баштаган социалдык кагылыш м-н мотивдөө кийинки доордун өкүлдөрү үчүн түшүнүксүз болуп, жаңы доорго ылайык мотивдөөнү талап кылгандыктан анын Эсенкан, Коңурбай ж. б. өз жакындары м-н кагылышы энелик доордун укуктары м-н аталык доордун укуктарынын кагылышы эмес, жеке бийлик күч алган монарх м-н өз укугун коргогон инсандын күрөшү катары түс ала баштаган. А-тин адил, ак ниет, калыс башкаруучу катары элдин таламын талашып, алардын бийлигин кандардан коргоп чыгышы кытай жеринен куугунтукталып кетишине себеп болуп көрсөтүлөт. А-тин чыныгы динди издөөчү катары сүрөттөлүшү да ушул доорго туура келет. Кыргыздар ислам динин кабыл ала баштаганда, жогорудагы мурдатан кеңири белгилүү айрым мотивдер бурмаланып, мусулман идеологиясынын айрым түстөрүнө ээ болгон, мүмкүн бул максатта Орто Азия элдерине кеңири таралган Огуз-хан, Бугра-хан ж-дөгү уламыштардын айрым мотивдери пайдаланылган. А-тин бир элден бир элге өтүп келишиндеги мотивдердин калыптанышына феодалдык доордогу ич ара кагылышууларга байланышкан тарыхый фактылар да таасирин тийгизген. Орто кылымдагы бийлик талашуунун, о. эле башка чырлашуулардын натыйжасында феодал төбөлдөрүнүн жоо тарапка өтүп кетип, бийликке ээ болушу адаттагы көрүнүштөрүнүн бири болгон. Мындай фактылар кыргыз тарыхында да көп кездешет. Мис., эне-сайлык кыргыздардын жыйырма жылга созулган катуу кармаштардан кийин, ошол кездеги Борб. Азиядагы күчтүү мамлекеттин бири уйгурлардын үстүнөн болгон 840-жылдагы белгилүү чоң жеңишинде, уйгур ханы Чжан Синге каршы 839-ж. көтөрүлүш чыгаргандан кийин кыргыздар тарапка өтүп келген уйгур кол башчысы Күлү Баганын салымы зор болгон. Айрым окумуштуулар ушул Күлү Баганын «Манас» эпосундагы А-тин образынын прототиби деген жоромол айтышат. Мунун жүйөлүү жагы да бар. «Манас» изилдөөчү көрүнүктүү окумуш-

туулардын басымдуу көпчүлүгү эпостун эпикалык борборун кыргыздардын жогоруда айтылган тарыхый мезгилине, 9—10-к-дагы улуу державалык дооруна таандык кылышат. Кыргыз элинин ушул доордогу урунттуу чоң тарыхый окуясындагы көрүнүктүү инсан Күлү Баганын «Манас» эпосуна прототип болуп кириши толук ыктымал. Күлү Бага м-н эпостун каарманы А-тин өмүр жолуна байланышкан окуялардын айрым урунттуу жерлеринин окшош болушу да ушул жоромолдун пайдасына кызмат кылат. А-тин атасы Азизкан кытайдын башкы кандары: Карыкан, Эсенкан, Алоокелер м-н бир тууган ж-а бийлик жагынан тең ата укукта болгон сыяктуу эле тарыхый инсан Күлү Баганын уруусу — эдиздер да Уйгур конфедерациясын түзгөн он беш уруунун бири болуу м-н бирге бийлик башында турган урууга тең ата болуп, айрым учурда бийликке да келип турушкан. А. атасы Азизкан, жакын туугандары кытай кандары м-н каршылашып Манаска качып келип, кийин анын колун баштап барып Бээжинди багындырышындай окуяны тарыхый инсан Күлү Бага да башынан кечирген. Эдиздер уруусу элүү жыл бийлик талашып күрөшөт, бул күрөштүн аягында Күлү Бага кыргыздарга өтүп келип, алардын колун баштап барат да уйгурлардын борбору Орду-Балыкты талкалайт. Күлү Баганын уруусунун «эдиз» аталып, А-тин атасы Азизкандын атынын байыркы кыргыз тилиндеги формасы болуп саналышы да өзүнчө кызыгууну туудурат, к. *Азизкан*.

*Р. Сарыпбеков*

**«АЛМАМБЕТ И АЛТЫНАЙ»** («Алмамбет жана Алтынай»)— «Манас» эпосунан орус тилине которулуп жарык көргөн китеп (М., 1936). 168 беттен турат. «Манас» эпосунун сапма-сап которулган котормосунан акын Сергей Клычков «Алмамбеттин арманы» бөлүмүн орус тилине көркөм которгон. Бул чыгармада жомоктун сюжети, окуялары өзгөртүлгөн эмес, каармандардын кулк-мүнөзүн ачып берүүдө гана айрым өзгөртүүлөр киргени м-н негизинен кыргызча вариантынын көркөмдүк колорити сакталган.

**«АЛМАМБЕТТИН АРМАНЫ»**— манасчы Арзы Турду уулунун (КЭР) айтуусундагы «Манастан» үзүндү. Кызыл-Суу кыргыз автоном областтык адабият көркөм өнөр бирикмеси түзүп бастырган, «Кашкар гезити» басмаканасынан чыгуучу «Керме-Тоо» аттуу журналда (1987, № 3) жарыяланган. Көлөмү —293 сап ыр. Алмамбеттин окуясынын жалпы сюжеттик сызыгы сакталуу м-н анын трагедиялык образы өтө кыска мүнөздө берилген. Үзүндүдө Алмамбеттин казактарга келгени гана эскерилет да, Көкчөдөн кетишинин себептери ачык көрсөтүлбөйт. «А. а-нда» чалгынга барууга жол талашкан Чубактын «тентиген кытай» деп кордошу Алмамбетти арман айтууга аргасыз кылганы, муңкантканы байкалат. Жалпысынан бул үзүндү б-ча Алмамбеттин образы эли, жерин таштаган качкын эмес, адилет, чындык издеп Манаска келген элдик баатыр катары сүрөттөлөт.

**«АЛМАМБЕТТИН АРМАНЫ»**— элдик дастан күү. Комузчулар арасына кеңири таралган бул күүнүн чыгышына «Манас» эпосундагы *Алмамбет* баатырга байланыштуу окуялар себепчи болгон. Коңурбай баштаган кытай кандары м-н батыша албай, эли-жеринен кетүүгө аргасыз болгон Алмамбет казак баатыры Көкчөгө келип туруп калат. Анын келиши м-н казак элинин туурдугу май, өзүлөрү бай болуп, Алмамбеттин айбатынан казактарга даап эч ким кол сала албайт. Эл Алмамбетти өз элинен чыккан баатырдай урматташат. Алмамбет да аларды сыйлайт. Алмамбетти көрө албаган казак билермандары, алардын тилине кирген Көкчөнүн кичи аялы Буудайбек Алмамбетти каралайт. Аларга ишенген Көкчө «Элиңе, жериңе кет тентиген кул» — дейт. Кейиштүү тагдырга туш болуп, же түз бастырып кете берээр жери жок кайгыга баткан Алмамбетке Акеркеч Манас баатырга баргын деп кеңеш берет. Ошондо Алмамбет капалана:

> Көкчөдөн көргөн күнүм бул,
> Көсөмгө кантип барамын?
> Өлөңдүү жерге өрт койгон,
> Көсөлгө кантип барамын
> ...Нарынан качып пилине
> Барган менен нетейин?
> Башымды алып кутулуп,
> Башка бир жакка кетейин,— дейт каңырыгы түтөп.

«А. а.» айтым күү болгондуктан адатта комузчу адегенде күүгө өзөк болгон ушул окуяны аңгемелеп айтып келип, анан күүнү аткарат. Күү жай жүрүштөгү кайрыктарда өткөрө муңдуу чертилет.

*Б. Алагушов*

**«АЛМАМБЕТТИН АРМАНЫ»**— «Манастын» сюжетине байланыштуу кеңири белгилүү элдик күү. Анда Бээжинге кыргыз колун баштап барган Алмамбеттин туулган жерин көргөндө каңырыгы түтөп, жанындагы Сыргакка айткан арманы берилет. Күү кыргыз үналгысынын музыкалык фондусунда Ыбырай Туман уулу, Актан Тыныбек уулу, Мурсаалы Турсунбай уулу, Бексултан Бакы уулу ж. б. комузчулардын аткаруусунда жазылып алынган.

**«АЛМАМБЕТТИН ЖОМОГУ»**— «Манастын» сюжетине чертилген элдик күү. Бээжинге бараткан жолдо Манас, Алмамбет, Чубак, Сыргак төртөө Тал-Чокуда отуруп, Манас дүрбү салып кытайдын элин көрүп таң калганда Алмамбет кытайдын жайын айтат. Мурун билбейм деп койгон Алмамбетке Манас таарыныч кылганда, анан Алмамбет өзүнүн туулуп өскөнүнөн баштап, Коңурбай, Эсенкан м-н каршылашып, кытайдан кеткенине чейин, Көкчөдөн кетип, Манаска кошулганына чейин таржымалап, жомоктоп айтып бергени күүнүн чыгышына себеп болгон. Күү Ыбырай Туман уулунун, Актан Тыныбек уулунун, Асанаалы Кыштообай уулунун аткаруусунда кыргыз үналгысынын музыкалык фондусуна жазылган.

**АЛМАМБЕТТИН КАБЫРЫ** (кабырканасы)— Ат-Башынын Чеч-Дөбө деген жериндеги эски

моло дөбө. Эл оозунда мындай деп айтылат: «Манас Чоң казатта чоролорун Шыпшайдардын огуна учурганда, Алмамбет дагы мерт болот. Ошондо Алмамбеттин сөөгүн Саралага артып, ай талаада карга-кузгун, ит-кушка жем болбосун деп жөнөтүп жиберет. Адамдан эстүү Сарала аманат сөөктү Чеч-Дөбөгө алып келген. Ошентип, Алмамбет сөөгү ушул жерге коюлган.» Саякбай Карала уулунун айтуусунда бул уламыш эпостон орун алган (СК, 2. 227).

**АЛМАМБЕТТИН КҮМБӨЗҮ** — Батыш Кытайдын Манас шаарындагы Сөгөт мазарындагы күмбөз. Шаардын түш.-чыгышында, кадимки мусулмандардын күмбөзүндөй ак чополон жасалган. Ичине намаз окуй турган кобутча чыгарылып коюлган. Кашаттын алдындагы узундугу 3 *км*, туурасы 1 *км* келген тектирде чоңдугу койдой, салмагы 20—30 *кг* жумуру таштар жатат. Уламыш б-ча илгери Манас м-н Коңурбай согушканда ушул таштарды да колдонушкан. Ошол салгылашта эки тараптан тең көп кол кырылып, алар ушул Сөгөт мазарына коюлган имиш.

**«АЛМАМБЕТТИН ОБРАЗЫНЫН ЭВОЛЮЦИЯЛЫК ӨНҮГҮШҮ»** — Р. *Сарыпбековдун* монографиясы (Фр., 1977). Китеп эпостогу башкы каармандардын бири Алмамбеттин образынын алгач пайда болуу булактары, стадиялык өсүп-өнүгүшү ж-а калыптаныш маселелерине арналган. Эмгек «Алмамбеттин окуясында» матриархаттык доордон патриархаттык доорго өтүү мезгилиндеги социалдык кагылыштын чагылдырылышы», «Алмамбеттин образындагы маданий каарманга таандык мифтик-фантастикалык элементтердин көрүнүшү», «Манас» эпосунун тарыхый баатырдык эпос болуп кайрадан жаралуу мезгилинде Алмамбеттин образына кирген жаңы белгилер» деген үч баптан (главадан) ж-а кириш сөз, корутунду бөлүмдөрдөн турат. Иш түркмоңгол ж. б. элдердин фольклордук, лингвистикалык, тарыхый-этнографиялык материалдарынын негизинде салыштырма-тарыхый планда жазылган. Алгачкы булактарын энелик доордон аталык доорго өтүү мезгилиндеги социалдык конфликттерден башталган Алмамбеттин образы тарыхый-социалдык шарттардын алмашылышы м-н тынымсыз эволюцияда болуп, башынан көптөгөн трансформациялануну, алымча-кошумчаларды өткөрүп, байыркы мифтик-фантастикалык эпостун (баатырдык жомоктун) каарманынан классикалык формадагы тарыхый баатырдык эпостун каарманына айланышы изилдөөдө көрсөтүлгөн. О. эле каармандын ысмынын этимологиясы талкууга алынат.

*С. Алиев*

**АЛМАН** — салык, алым. А. өткөн заманда бийлик ээлери тарабынан шашылыш кырдаалга, зарылчылыкка байланыштуу элден чогултулган. «Манас» эпосунда душманды жеңүүгө жумшалчу чыгым ж-а согуштук куралжаракты даярдоого, ири курулуш иштерин жүргүзүүгө кеткен каражат А. катары элден жыйналган. Мис., Манастын күмбөзүн куруууда:

Алман салып кыргыздан
Алты миң эркеч бир жыйып,
Кыш кайнатып бек салып
Алты кылым өткөнчө

Кетилбесин деп салып (СК, КФ, 512-инв., 100-б.),— деп айтылат. Согушта жеңген тарап жеңилген тараптын элинен олжо түрүндө А. алып, жеңген эл бөлүп алган: «Алымга алган илгери, Ногойдон келген он төрт ат» (ЖКВ, КФ, 847-инв., 24-б.). Бир элдин ээлеген жери аркылуу өтүп бара жаткан жүргүнчүлөрдөн, жортуулчулардан, соодагер кербенчилерден, көчтөн да отко, азык-түлүккө зыян келтирилди деген доомат м-н А. алынган. «Конуп калган кербенден, Алман алык алалык» (ТМВ, КФ, 1076-инв., 287, 93-б.).

**АЛМАТЫ** — топоним. Айдаркан, Көкчө баштаган кол Кер-Көлдөн А. тарапка ашып түшүп, Иле боюн ээлеген Илебин деген калмак канына каршы барат (СО, 2. 127). А. Иленин боюндагы орто кылымдардагы белгилүү Алмалык шаарына (Кулжа калаасынан түн.-батышта) туура келет. Кулжага жакын азыр да Алматы деген кыштак бар.

**АЛМАШИ** Дёрдь (1867—1933)— венгр окумуштуусу, этнограф, зоогеограф. 1900-ж. (июль — ноябрь) А. Ысык-Көлдүн чыгыш жээги, Тескей Ала-Тоонун түн. ж-а түш. капталы, Жети-Өгүздүн сыртына, Сары-Жаз суусунун алабынын түн. ж-а түш. бөлүктөрүнө саякат жасаган. Нарынколдо бугу уруусунан чыккан манасчыдан «Манас» эпосунан үзүндү жазып алган. Ал жазып алган «Манас баатырдын уулу Семетей менен коштошкону» деген эпостун үзүндүсү 1911-ж. «Восточное обозрение» журналына чыккан. Кийинчерек, бул үзүндүнүн котормосу немец тилинде да басылып чыккан. Ал өзүнүн бул макаласында «Манас» эпосунун поэтикалык айтылышына анын ыр түзүлүшүнө кайрылат ж-а үчилтикке кыскача мүнөздөмө берет. Окумуштуунун билдирүүсү б-ча ал жазып алган эпостун үзүндүсүнүн тили бугу уруусунун кара кыргыздарына таандык. Тактап айтканда, Нарынкол аймактагылардын диалектиси, «ага таптакыр эле сарттар менен казактардын тилинин таасири тийген эмес». Үзүндүнүн 73 ыр сабынан турган кыргызча тексти латын транскрипциясы м-н жазылган. Бул чакан үзүндүнүн мазмуну мындай: Манас м-н Чубак алты ай жол жүрүп жетүүчү Бээжинге жөнөр алдында 80 жигит кошчу алып, өзүнүн аргын, ногой калкы м-н учурашып турганда алардын аман-эсен келишин тилеп журту чуулдап коштошуп узатат. Ошондо Аккулага кызыл үртүк жаптырып, кырк эки күлүк коштотуп, Манас алыска жолго чыгат. Төрөлгөнүнө 60 күн болгон уулу Семетейди Каныкей алардын алдына алып келет. Жортуулга даярданып жүрүп, уулун эсинен чыгарган Манас Семетейди колуна көтөрүп, эркелетип, аны эрезеге жеткирип чоңойтпой каларына арман кылат: «Аманат жанга өлүм ак, Ажалым жетсе өлөрмүн Кош эми балам, аман бол»,— деп коштошот. Ошентип, Манас он эки миң кол м-н «Эки ай сапар жол басып, Иртыш

дайра чоң суугa» душмандардын чегине жетет. Ушуну м-н окуя бүтөт. Окумуштуу бул үзүндүнү качан, кайсы жерде, кимден жазып алгандыгы ж-дө эч кандай маалымат бербейт.

*К. Айдаркулов*

**АЛООКЕ** — каарман, кытайдын башкы кандарынын бири, Коңурбайдын атасы А. эпостун «Манас» бөлүмүндө гана жолугат. СКВда А. м-н Молтонун кыргыздарды чаап алуусун баяндаган окуяда А-нин баскынчылык ролу баса көрсөтүлгөн. СОВ б-ча бул окуя өзүнчө эпизод катары айтылбайт, бирок кыргыздардын чабылышы, А-нин кан болуп бийлик жүргүзүп турушу ж-дө кабар берилет. А. бардык манасчыларда баскынчы терс каарман катары мүнөздөлөт. Бирок анын образы эпостун жалпы окуяларын эске алганда эпизоддук гана мүнөзгө ээ. А-нин элди чаап алып, баш көтөргөндөрүн туш-тушка айдашы эпосто төмөнкүдөй сүрөттөлөт:

Каракандын сегиз уул,
Улуусу Бай, Үсөндүр,
Үсөндүн колун байлады,
Орхон көздөй айдады.
Байдын колун байлады,
Төмөн желпиниш көздөй айдады.
Улаккан колун байлады,
Эренди көздөй айдады.
Баштыгы Балта, Жакыпты
Алтай көздөй айдады.
Азганактай кыргыздан
Алышаар алдуу калбады (СК, «Манас», КФ, 536-инв., 59-б.).

Кара кытайлардын кыргыздарды чаап алып, катуу эзип, кордук көрсөтүшүн баяндаган окуяда А-ге тең келип, каршы чыккан оң типтеги баатыр болбогондуктан, анын образы да конкреттештирилбестен шарттын талабына ылайык баскынчы экендиги ачылуу м-н гана чектелет. Ошондо кытай А. «Ордону бузуп, бул кылып, Катындардын баарысын Кара элечек тул кылып, Кайраттуунун баарысын Такыр айдап кул кылып» (СК, 1. 30),— кыргыздарга зордук-зомбулук жүргүзөт. Эпостун негизги варианттарынын кийинки окуяларында, мис., СКВда «Манас кытайга качкан Алоокени жеңип кан көтөрүлгөнү» деген окуясында А. өлтүрүлсө, СОВдо Кошабыш м-н Боокени Манаска ак үйлүү берип качып кутулат ж-а кийинки эпизоддордо анын ысымы баскынчы душман кол башчыларынын катарында эскерилип жүрүп отурат.

*С. Алиев*

**«АЛООКЕ КАН»** — «Манас» сериялары деген наам м-н жарыкка чыккан китепче (Фр., 1941). СОВ б-ча басмага даярдаган Ыбырайым Абдырахман уулу, жооптуу редактору Ж. Таласбаев. Көлөмү 1474 сап ыр, 56 бет. Латын ариби м-н басылган. Китептин аягына тиркеме түрүндө көөнө сөздөрдүн (59 сөз) түшүндүрмөсү берилген. Китепте Анжыяндын аймагын башкарып турган Алооке кан кыргыз м-н казакты катуу эзип, түтүнгө бир адамдан алым алып, залимдиги ашынып турганынан тартып, өзүнүн улуу уулу Боокени ж-а агасынын баласы Кошабышты Манаска тартуулап жарашканына чейинки окуялар камтылган. Бул басылышта айрым кыскартуулар, саптарды, сөздөрдү оңдоолор бар.

**АЛП** — эң зор, алибеттүү, күчтүү адам, дөө, ашкере кажырдуу баатыр. А. элдик эпикалык чыгармаларда баатырлардын туруктуу эпитети ж-а мифтик каармандардын (дөөлөрдүн) энчилүү атынын курамында (Чоюн алп, Кутан алп) колдонулат. Бул сөз байыркы түрк элдеринин Орхон-Енисей жазууларында кадимки эле адамдардын атынын компонентинде учурайт. Мис., Йигин Алп Туран, Ынанчу Алп. Ал эми А-ка синонимдеш бөкө, баатыр, дөө ж. б. сөздөр аталган учурдагы адам аттарынын компонентинде кезикпейт. Демек, аларга караганда А. өтө байыркы сөз. Ошондуктан адам аттарынын бул түрдө жасалышы азыр түрк тилинде сүйлөгөн элдердин көөнө типке жатуучу чыгармаларында кеңири учурап, салттык мүнөзгө ээ. Мис., алтай эпосунун башкы каарманы Алып-Манаш ж-а өзбектердин Алпамыш ж. б. А. «Манас» эпосунун поэтикалык стилинде да жомоктун каармандарынын образынын байыркылыгын айкындап турган көркөм сөз каражаттарынан. Мис., А. Манас, А. Кошой делип, бул эпитет оң каармандардын ичинен жалгыз ушул экөөнө колдонулуп, алардын образдарынын башкаларга салыштырганда өтө байыркылыгын кабарлап турат. Бул эпитет Кошойго салыштырганда Манастын образына карата сейрек колдонулат. Анткени, Манас эрдикти кара күчкө таянган балбан күрөштө эмес, ат үстүндө көргөзгөн атчан жоокерлердин өкүлү болсо, Кошой мифология өтө күч алып турган алгачкы уруулук коомдун чыгармасынын каарманына көбүрөөк жакын.

*С. Алиев*

**АЛПАЙ** — эпизоддук кейипкер. ВЖЭде ашка чакырылган баатырлардын бири (ВЖЭ, «Ала-Тоо», № 7, 1979, 77, 86-б.). СОВдо Акбай деген ысым м-н айтылат, к. *Акбай*.

**АЛП КАРА КУШ** — оң каармандарга колдоо көрсөтүүчү сыйкырдуу, абдан зор куш, бүркүттүн мифтештирилген кейпи. Түрк элдеринин оозеки чыгармаларында кездешүүчү А. к. к., ажыдаардын туруктуу колдоочулар болушун байыркы мезгилге байланыштуу карoo керек. А. П. Окладников түрк-моңгол элдеринин көпчүлүк чыгармаларында бүркүттүн образы ж-дө: «бакты-таалайдын жана молчулуктун залогу катары, мал м-н кесипчилик кылган коомдун эң жогорку колдоочусу катары ыйык асмандын ээси болуп саналат» — дейт. Айрым археологиялык табылгалардагы сүрөттөргө караганда бүркүттүн бул образы байыркы коло доорунда эле белгилүү болгон. Ал эстеликтердин айрымдарында: «Алп кара куш арбайып, Асмандан буту тарбайып, Манаска жолдош болуптур» — делип эпосто туруктуу сүрөттөлгөндөй бүркүт кармашып жаткан жоокердин үстүндө айланып турат. Борб. Азиядагы байыркы түрк мамлекетинин тушунда да А. к. к. колдоочулук касиетке ээ болгонун атактуу кол башчы Күлтегинге коюлган таш эсте-

лик ачык кабарлайт. Бул эстеликтеги адамдын баш кийиминин алдыңкы бетинде укмуштуу күчтүн сүрөтү түшүрүлүп, анын магиялык касиетке ээ экени ачык чагылдырылган. Бүркүттүн колдоочулук элеси байыркы Сибирь элдерине гана жайылган эмес: «көптөгөн элдердин түшүнүгүндө бүркүт асмандын ээси, ал эми бир кыйла өнүккөн диндерде асман ээсинин (Зевс, Один) жандоочусу эсептелет» (Ельницкий Л. А. Скифия Евразийских степей, Новосибирск, 1977, 236-б.). Келтирилген мисалдарга караганда бүркүттүн бул типологиялаш эволюциясында эки тенденция байкалат. Ал эгер өнүккөн динге карай ыкташса кудайлардын жандоочусуна, ал эми элдик оозеки чыгармачылыкта элдик баатырды колдоочу укмуштуу жаныбарга айланат. Дүйнө элдеринин көпчүлүгүнүн оозеки чыгармаларында бүркүт м-н катар ажыдаардын образы жүргөнүн көрөбүз. Мындай учурда жогоруда айтылгандай бүркүт асмандын ээси, адамга жакшылык алып келүүчү күч болуп сүрөттөлсө, ажыдаар тескерисинче, жер асты дүйнөнүн (өлүктөр жашаган дүйнөнүн) ээси. Бүркүтм-н ажыдардын ортосун адатта дүйнөнүн көпчүлүк элине кеңири белгилүү болгон өмүр дарагы — космостук дарак туташтырып турат. Түрк элдеринде деле булардын байланышы ушуга жакын элестетилет. Якут, алтай ж-а байыркы кыргыздардын оозеки чыгармаларында туулган жердин ээси, символу, төбөсү көккө тийип, тамыры жер астындагы өлүктөр дүйнөсүнүн каардуу кудайы — Эрликтин мекенинен орун алган дарактын башында бүркүт отуруп, баатырды кароолдоп отурганы, ал эми анын түбүндө ажыдаар тибиндеги жаныбар жатканы айтылат. Төштүк жер астына түшкөндө, дарактын башына чыгып, А. к. к-тун балапандарын жутмак болгон ажыдарды өлтүрөт. Мындан биз дүйнөлүк (космостук) дарактын классикалык үлгүсүнө жакын көрүнүш сакталганын, анын башын )асманды) А. к. к. (бүркүт), ажыдаар жер астындагы дүйнөнү (элдик баатыр аны жер алды дүйнөдө кездешип өлтүрөт) ээлеп турганын көрөбүз. Манасты А. к. к. м-н ажыдаар ушул космостук дарактай бири төбөсүндө айланып, бири алдында болуп колдоого алат. Мунун өзү Манастын күч-кайраты байыркы түрк элдеринин түшүнүгүндөгү үч сферага (жер алды — өлүктөр дүйнөсү, жер үстү — кадимки адамдардын өлкөсү, асман — кудайлар тибиндеги жогорку күчтөрдүн өлкөсүнө) тең жеткенин символдоштуруп турат. Кээ бир варианттарда А. к. к. — зымырык деп да айтыла берет. Бирок, А. к. к. байыркы түрк элдеринде, зымырык байыркы перси элдеринде пайда болгон типтеш эки башка образ. Кийинки манасчылар маданий-адабий таасирлердин натыйжасында чаташтырып айта баштагн.

*Р. Сарыпбеков*

**АЛП УЙКУ** — эпикалык салттык мотивдердин бири. Түрк-моңгол элдеринин эпикалык чыгармаларынын көпчүлүгүндө баш каармандын душман колуна түшүп туткундалышы негизинен анын узакка созулган А. у-су м-н байланыштырылат. Фольклористикада башкы баатырдын А. у. м-н ыкташы байыркы магиялык түшүнүктөн келип чыккан убактылуу өлүптирилүү мотивинин жумшартылган түрү катары каралат. А. у-да жаткан алтай баатыры Алып-Манаш м-н өзбек баатырдык эпосунун баш каарманы Алпамыштын денесине ок өтпөйт, кылыч кеспейт, найза кирбейт, душман канчалык аракеттерди жасаса да ал эч ойгонбойт. Алып-Манаш м-н Алпамыштын образдарында магиялык касиеттин эң байыркы белгилери сакталса, «Манас» эпосунун сүрөттөөсүндө А. у. м-н уктап жаткан Манас баатырга жоо куралдары (Аколпокту кийбей турган учурда) өтөт ж-а уйкусунан ойгонот. СОВ б-ча Тал-Чокуда Акканкы ээрин жазданып А. у-да жаткан Манас баатырды ойгото албай айласы түгөнгөн Чубак анын Аколпогун өйдө түрүп найза м-н сооруга сайып, ойготот. Бул болсо А. у. ж-дөгү байыркы магиялык түшүнүктүн калдык көрүнүшү катарында Манастын образында жумшартылган түрдө сакталгандыгын ж-а реалдуу турмушка жакындаштырылгандыгын көрсөтөт. А. у. ж-дөгү салттык мотив «Сейтек» эпосунун терс кейипкери бир уктаса жети күндөн аз уктабаган желмогуз уулу Сарыбай дөөнүн образына байланыштуу айтылат. «Манас» үчилтигинде орун алган А. у. ж-дөгү мотив эпикалык каармандын өзүнө чексиз ишенген эрдигин, баатырдыгын ж-а жоодон кенебестигин айкындаган көрүнүш катары поэтизациялайт.

*С. Алиев*

**АЛТАЙ** — кырк чоронун бири, албан уруусунан. Кырк чоронун катарында саналып өтөт да, эрдиктери, өзгөчөлүгү айтылбайт (СО, 2. 419; 3. 49). Манас Каныкейге күйөөлөп барганда ат чаап жар тандаган учурда аты он тогузунчу өргөөгө туш келип, А. тагдыр буюрган Калбүбүгө үйлөнөт (СО, 2. 424).

**АЛТАЙ** — этноним. «Кан тоосунун оюнда, Санар талаа боюнда Алтай деген эл бар деп» (СО, 1. 165),— айтылат. А. этноним катары кыргыздын азыркы санжыраларынан кезикпейт, казак санжырасында А. деген уруу аргындардын тутумунда бар.

**АЛТАЙ** (ал — рух, ыйык; тай — тоо)— Ыйык-Тоо же Алтын-Тоо деген мааниде айтылат. «Манас» эпосунун бардык варианттарында салт б-ча сакталып келген эпикалык жердин аты. 1) Эпостогу эпикалык душман эл катары баяндалган калмактардын жери (мекени) катары ВЖЭнин текстинде:

> Алтай толгон көп калмак
> Аралаша кономун,
> Каңгай толгон көп калмак
> Биргеле кономун (ВЖЭ, «Ала-Тоо», 1979, № 7, 74-б.),— деп эскерилет. Эпостун толук варианттарында Жакып кырк үйлүү кыргыз м-н А-га, калмактардын жерине сүрүлүп, ошол жерде Манас төрөлүп, чоңойгондугу өзүнчө салттык окуя болуп баяндалат. О. эле «Чоң казат» (чоң чабуул) сыяктуу негизги согуштук окуяда калмактарга каршы уруштар А. чөйрөсүндө өткөндүгүн байкоого болот.



Тексттерде «Эртыш, Оркун — эки суу, калмактын жери мынабу» же «Алтай деген эл бар дейт Алты зубун калмактын, Жердеп турган жер бар дейт» (СО, 1. 183); «Жерибиз Алтай дээр экен, Алтайда кара калмагың Эң эле сонун эл экен» (СК, 1. 37), «Биреөнү айда кара калмак — Алтайга» (СК, 1. 35),— деп эскерилет. Эпостун текстеринин мазмунунан А. мурда калмактардын мекени (Жуңгария) болгондугу тууралуу айтылып жаткандыгын байкоого болот. Тарыхый жактан алганда 13-к-дын 1-жарымында ойрот уруулары А.-Каңгай (Батыш Монголияда) тоолорунун этёктериндеги аймактарга ооп келишип, кыргыздардын чыгыш жагындагы коңшусу болуп калат. Моңголдор бул уруулар бирикмесиндеги элдерди «калмактар» (аралашма эл, аргын, куранды эл) деп аташкан. Ошол мезгилден бери «калмак» деген элдин аты (этникалык термин) кеңири чөйрөгө тарала баштаган. 15-к-дын 2-жарымынан баштап ойрот-калмактар О. Азия м-н Казакстанды, Алты-Шаарды басып алуу үчүн жортуул жасап келген. Ошондуктан бул жерлерде жашаган элдердин (кыргыз, казак, өзбек, каракалпак ж. б.) оозеки чыгармаларында «калмак» душман катары салттык түрдө айтылып келди. 2) Эposто Жакыптын айдалып барып жашап турган жери катары да кеңири айтылат:

Алтаидын тоосун жакалап
Анда алты зубун калмак бар,
Калмактын калкын аркалап,
Араң жүргөн буруттар (СО, 1. 174).
Аты Жакып — түрүк деп,
Ааламдан ашкан бай экен,
Алтай жакта жүрүп — деп,
Жери: Шыйкуу, Суушаңда
Калаасы Кара-Шаар болуп
Жердеген экен ошондо (СО, 1. 173).
Арбын малым Алтайда,
Канча малым Кан-Тоодо,
Жылкымдын чети Шыйкууда,
Конушум Кара-Шаарда (СО, 1. 74),—

деп Жакып өзү жердеген аймактар ж-дө баян кылат. Бул конкреттүү топонимдер б-ча Жакыптын жердеген конуштары Теңир-Тоонун чыгыш бөлүгүндөгү аймактар экендиги ачык берилген, б. а. Иртыштын жогорку агымынан чыгыш Түркстандын Кара-Шаар калаасына чейинки аймактарда жашагандыгын көрүүгө болот. Манастын туулган жери тууралуу:

Адамдын жетпес дабаасы,
Алтайдын Салкын-Суунда
Анда туулган неме дейт,
Кыргыздын кыраан Манасы.
Эртыштын суун жердеген,
Эрегишкен адамдар
Эгерде аны жеңбеген (СО, КФ, 1790-инв., 360-б.).

Өзү Алтайда туулду,
Билсең кадыр түн келди.
Бул Алтайдын түзүнө
Чоң кемеге оюлсун,
Уй менен төөң союлсун,
Бул Манастын тоюнда
Калбай баары тоюнсун (СК, 1. 155),—

деп айтылат. А. деген тарыхый топоним Түш. Сибирдин батыш бөлүгү м-н Батыш Моңголиядагы тоо системаларынын жалпысына колдонулган, өтө кеңири аймакты (чөлкөмдү) кучагына алган географиялык чөйрө болуп эсептелет. **Азыркы түшүнүк б-ча А.— Алтай, түнд.-чыгыш Казакстан, Монголия ж-а Кытай аймактарын камтыган Азиядагы тоо системасы. Ал А. же Советтик А., Гоби А-ы ж-а Моңгол А-ы болуп бөлүнөт. 3) Казак элинин айрым уруулары мекендеген жер (ата журту) катары да «Алтайдагы казактан, Арбын барды бул тойго» (СО, 1. 44), «Камбардын уулу Айдаркан, Алтай казак калкынан» (СО, 1. 200),— деп айтылат. Чыгыш Казакстан аймагы, б. а. Иртыш дарыясынын боюндагы чөлкөм да А. аталары белгилүү. «Манас» эposунда А. деген топоним кеңири аймакты кучагына алат. СОВдо «Алтайдан Жылдыз бөлүнүп, Агымы келип Ала-Тоо Тяншан тобу бөлүнүп» (СО, КФ, 1792-инв., 536-б.),— деп айтылат. Кыязы Иле дарыясынын күн чыгыш тарабы эле А. деп аталып жаткан сыяктуу:**

Кужулдап кытай, калмагы
Кулжага жакын барганы
Тескей тоосу түгөнбөй
Алтайга кирген учу бар.
Күңгөй тоосу түгөнүп
Талаа болгон тушу бар (СО, 3. 280).

Мында Ала-Тоодон ары, чыгышта, Теңир-Тоо А. м-н туташкандай сезилет.

*Э. Абдылдаев*

**АЛТАҢ** — эпизоддук кейипкер, *Оргонун* доотайы. Манастын Орго кан м-н болгон согушунда отуз миң адамы м-н Оргого жардамга келип, *Атан* аттуу балбанын жекеге жөнөтөт (СО, 2. 73, 77, 80).

**АЛТЫ АРАМ** — Манастын аталаш инилери, Жакыптын кичи аялы Бакдөөлөттөн туулган балдары: *Абыке, Көбөш, Кочкор, Чыйбыт, Адыбай, Көлбай.* Булар башынан эле Манастын

баатырдыгын, кандыгын көрө алышпайт. Инилери экендигине карабастан анын баатырдык иштерине катышпайт, ага жардамдашпайт. Атүгүл эр азамат бүт аттанган Чоң казатка да барбай Манастын казаттан кайтпашын тилеп калып калышат. Атганып жатып Манастын:

Аркамда эркек балам жаш,
Өлүп кетсем кокустан
Алты арам турат өзү баш,
Менин көзүм өткөндө
Буланы булап алабы,
Бузукту булар салабы? (СК, 2. 82),—

деп кабатырланганы да бекер эмес. А. а. Манастын өлгөнү кырк күн боло электе каралуу Каныкейге кордук көрсөтүшүп, дүйнөсүн бөлүп алуу үчүн балтыр бешик Семетейди өлтүрүп коюуга да даяр. Семетей Букардан келгенден кийин тууган экенбиз, өйдө болсом өбөк, ылдый болсом жөлөк болгула, башым тартуу, атым тартуу, кааласаңар эмемди биреөңөргө алып берейин десе болбой Семетейге каршы кол курайт. Бийликти бергилери, басып алган дүйнөдөн ажырагылары келбейт. Манас өлгөндө элдин А. а-дан көргөн азабын:

Атаң Манас өлгөндө,
Кайгыны журтуң көргөндө,
Алты арам бизге кан чыкты,
Каарынан жан чыкты,
Алым-салык көп салды,
Абал мурда малды алды,
Калайманды баштады,
Каяшаяк бергенди
Каарданып алты арам
Такыр кырып таштады (СК, «Семетей», 1. 324),—

деп Каныкей Семетейге билдирет. Семетей «койгула» десе болбой согушабыз деп уруш баштап, Абыке м-н Көбөш өлөт. Кочкор баш болгон төрт бир тууган кырк чорого кошулуп Коңурбайды көздөй качышат. Экинчи жолу качышканда Семетей аркасынан кууп барып, баарын кырат, төртөөнү чогуу коюп, кырк чорого кошуп күмбөз салдырганы айтылат. *С. Алиев, С. Телегенова*

**АЛТЫБАЙДЫН АРАЛЫ** — топоним. Манас өлгөндөн кийин Каныкей жаңы төрөлгөн Семетейди алып, Бакдөөлөттү ээрчитип Букарга качып баратып, Абыке м-н Көбөштөн жашынган жер.

Жаңы тууган баланы,
Койнуна салып алды дейт,
Алтымыш жашар энесин,
Бакдөөлөт байбиче,
Колунан жетелеп алды,
Алтыбайдын аралга
Эми кирип кетти дейт (РЖВ, 237).

**АЛТЫБАЙДЫН БӨКСӨСҮ** — топоним. Көкөтөйдүн керээзинде «Алтыбайдын бөксөгө Ат семиртип өтсүн деп» (СО, 3. 31) айтылат. Бокмурун атасына аш бериш үчүн Ташкенден Каркырага көчкөндө басып өткөн жерлердин бири.

**АЛТЫБАЙДЫН ТАРМАЛ-САЗ** — топоним. Нескарадан качкан маңгулдарга Манас «жер-дээр жериң бу болсун» (СО, 1. 211),— деп ыйгарган жер.

**АЛТЫ КУРЧ** — Манас ж-а анын эң жакын башкы чоролоруна арналып асмандан керемет м-н түшкөн кылычтардын жалпы аты. СКВда гана айтылып А. к-ка баатырлардын кандайча ээ болгондугу, алардын ар биринин өнчилүү аты, сын-сыпаты кеңири мүнөздөлөт:

Асмандан түшкөн алты курч,
Кылычтын кыл мыктысы
Манас алган Зулпукор,
Ажыбай алган Ачболот,
Бакай алган Кылболот,
Алмамбет алган Жойкума,
Чубак алган Ачалбарс,
Сыргак алган Наркескен,
Алты болот курч ошол,
Ачуусуна тийгенде,
Ааламды бузган мүлк ошол
Кыйкырып кындан алганда
Кан ичпей куру жүрбөгөн,
Кызыгып кындан чыгарса,
Кан ичпесе кайрылып кынга кирбеген,
Кабарын угуп алганда
Качып душман дүрбөгөн (СК, 2. 231).

Манас баатыр Жакыпка тарынып кетип, Боз-Талаага *Баба-Дыйкандын* колдоосу м-н аштык айдап, алган түшүмүн Карача канга Аккулага алмашып, кайтып келаткан жолдо ага бир аксакал думана жолугат. Ал А. к-тун маанисин, касиетин айтып Манаска тапшырып көздөн кайым болот. Мындан көрүнүп тургандай эпикалык башкы каарман эл эңсеген ой-тилекти аткарыш үчүн атайы жаралган сыяктуу, анын куралдары да ошол миссияга арналып, кереметтүү жол м-н атайы көктөн түшөт. Манас өзүнүн эң жакын чоролору м-н инсандык жакындыгы, бири үчүн бири жаралган тагдырлаштыгы алардын негизги жоо куралдары көктөн түшүп тектеш болушу аркылуу да айкын белгиленет. *С. Алиев*

**АЛТЫМЫШ БУРКУ ИЛИЙ** (ар. бурку — түр, түрдүү, түркүн; кыт. илий — заң, мыйзам)— эпосто ашкан өнөрлүү, келечекти алдын ала билген сыйкырчылык илим. Алооке кандын аярлары А. б. и-ди «жетик билип окугандыгы» (СК, 1. 34) айтылат.

**АЛТЫНАЙ** — каарман, Алмамбеттин энеси. Эпостун түрдүү варианттарында ар кандай ысым м-н берилет. СОВдо аты *Экзер*, өзү Соорондуктүн аялы болуп айтылат. РЖВда, СКВда А. Соорондуктүн кызы. Баласыз жүргөн Азизканга алып берүүгө кыз сынатканда Карыкандын аярлары ушул баатыр уул төрөйт деп үч айлык боюнда Алмамбет бар А-ды тандашат. А. акылдуулугу м-н Алмамбетти жан кишиге билгизбей төрөйт да атасы Соорондукко бактырып, аман алып калат. РЖВ б-ча Алмамбет энесине келип мусулман бололу десе А. болбой коёт. СКВда А-дын мусулман болуп көрсөтүлүшү Алмамбеттин мусулман динине өтүш себебин ачыш үчүн болгон аракет. Алмамбет туугандары м-н касташып, аркасынан кууп келген көп кол м-н согушуп жүргөндө А. жалгызыма караан болуп берейин деп

эркекче кийинип, колуна найза алып чыкканын:

Кызыл түпөк сыр найза
Энем колго алыптыр,
Мен шордуугa жеткирбей
Алоокенин Калчасын
Бөйрөктөн тосуп калыптыр (СК, 2. 115),— деп Алмамбет Манаска баяндайт. Ошондо Алгараны жарадар кылып, А. өзү курман болот.

**АЛТЫНАЙ** — эпизоддук кейипкер. ВЖЭ б-ча балбан күрөшкө түшүрүү үчүн Агышты издеп Аккандын кызы А-дын үйүнөн кыз оюндан табышат (ВЖЭ, «Ала-Тоо», 1979, № 7, 89-б.).

**АЛТЫНАЙ** — эпизоддук кейипкер, Каныкейдин энеси, Семетейдин таенеси. Сарытаздан атасы Манас экенин угуп тамак ичпей тарынып жатып алганда Семетейге келип, тарынба деп жалынат. Семетей Таласка барганы жатканда, ичинде кеги кетпесин деп, Актулпарды, Көк күпүнү, Боз келтени беришин Темиркандан суранат (СК, «Семетей», 1. 133, 140—144).

**АЛТЫНАЙ** — эпизоддук кейипкер. ВЖЭде Төштүк жер алдына түшкөндө Айкандын кызы А-ды күчтөп тартып алганын эскерет (ВЖЭ, «Ала-Тоо», 1979, № 7, 85-б.).

**АЛТЫНАЙ** — кейипкер. Манастын төртүнчү аялы, Кенжуттун каны Айгандын кызы. Алмамбеттин кеңеши б-ча Манас Айганга казат жасап жеңгенде анын кызы А-ды Алмамбет жактырып үйлөнмөк болот, бирок анын андай оюн билбеген Манас олжого түшкөн кыздарды бөлүштүргөндө өзү алат. Мендибайдын ушак сөзү м-н Манастын бул жоругуна тарынган Алмамбет андан кетмек болот. Мендибайдын ушагы ашкереленгенде Алмамбет м-н Манас элдешет.

**АЛТЫНАЙ** — эпизоддук кейипкер. Үргөнчтүн боюнда Семетейдин жолун тосуп жаткан Айчүрөктүн нөкөрү (СК, «Семетей», 2. 47).

**АЛТЫНКӨКҮЛ**, Көкүл — эпизоддук кейипкер, думара элинин белдүү адамы. Көкөтөйдүн ашында эр сайышка минерге Манаска ат издеген Кошой Үрбүнүн кара атынан кийин А-дүн Торкашка деген күлүгүн сынап, көрүп, жаратпай коёт (СО, 3. 243).

**АЛТЫН-ТОО** — топоним. Эпосто Чоң Бээжиндин оң тарабында алтын кени чыккан тоо (СО, 4. 215).

**АЛТЫН-ЭМЕЛ** — топоним. Семетей баатыр эр жетип, элин эңсеп чоролорунан «Алтын-Эмел, Күрөңкөй, Чором аны көргөн барсыңбы?» (РЖВ, 312),— деп сураган жер. Географиялык реалияда Казакстандын Талды-Коргон обл-ндагы тоо ж-а ашуу.

**АЛТЫ-ӨЗӨН** — топоним, кыргыздардын жылкысын тийген калмактар м-н бала Манас биринчи жолу беттешкен жер (СО, 1. 130).

**АЛТЫ-СУУ**, к. *Кайыңдынын Алты-Суу.*

**АЛТЫ-ШААР** — топоним. Шаарлардын санына карата (Ак-Суу, Жаркен, Кашкар, Котон, Жаңы-Гисар (Жаңы-Шаар) Үч-Турпан) 18-к-да пайда болгон реалдуу географиялык ат. Уйгурстандын батыш бөлүгү да А.-Ш. аталган. «Жергиликтүү эл өздөрүнүн Ата Мекенин Алты-Шаар деп аташат» (саякатчы М. В. Певцов). Эпостун негизги варианттарында ошол реалдуу өлкө ж-дөгү түшүнүктө айтылат. Мис., Манаска каршы аттанган алты кандын бири Жамгырчынын эли (колу) «Алты-Шаар уйгуру» (СО, 4. 47),— деп аталат. Кээде Чет-Бээжин деген эпикалык топонимге синонимдеш «Алты-Шаар — Чет-Бээжин» катары да учурайт.

**АЛТЫ ШЕРДИН КЕНЖЕСИ.** СКВ б-ча Манас баатыр Сулайман, Дауд, Искендер Зулкарнайн, Үрүстөм-Дастан, Азирет Аалы сыяктуу баатырлардын эң кичүүсү катары эсептелет. Кызыр (Хизр-Иляс), Кырк чилтен (чилтан) аттуу пир сыяктуу элес-образдар м-н катар Сулайман (Соломон), Искендер Зулкарнайн (Александр Македонский), Алишер (Хазрети Али, Шахимардан), Чалияр (төрт дос — Али, Осмон, Омар, Абубакир), Үрүстөм ж. б. легендарлык-фольклордук кейипкерлер О. Азия элдеринин оозеки чыгармаларына да кеңири тараган. Алар «Манас» эпосунда «алты шер» аталат. Манас баатыр А. ш. к. катары сүрөттөлөт. Эпос чагылдырган каармандарынын ичинен мындай артыкчылык сапат Манаска гана ыйгарылат:

Алты шердин артыкча
Кенжеси болуп жаралдың
Сайыппуруш көкжалдын
Берени болуп жаралдың (СК, 2. 46, 106, 242),— деп Манастын эрдик иш-аракетин легендарлык кейипкерлердин (Сулайман, Искендер, Азирет Аалы, Үрүстөм) образына салыштырып берүү максатында анын телегейи тегиз сапатын өзгөчө поэтикалык формада идеалдаштырат. *М. Мукасов*

**АЛЧАЛЫ-КЫР** — топоним. Чоң казатта Алмамбет м-н Сыргак жылкы тийгенин уккан Коңурбай кууп келип, уруш болгон жер (СО, 4. 320).

**АЛЧЫН** — этноним. Казактардын кичи жүзүнө караштуу уруу. Эпосто казактарга тиешелүү этноним экени айтылат: «Алчын, үйшүн, найман бар, Аргын Каракожо бар» (СО, 1. 263). Илимий адабияттарда А. м-н алакчындын бирдей колдонулушу көп айтылат. Кыргыз, казактардын алакчындар аркылуу этникалык байланышта болгону тарыхта белгилүү. Кыргыздын сарууларынын арасында алакчын деген уруу бар. Таластан жыйналган этнографиялык маалыматтарга караганда кыргыздардын алакчын деген уруусу казактардын бир бөлүгү м-н тыгыз этногенетикалык байланышта болуунун негизинде пайда болгон. Казактардын кичи жүзүндө да, кызыл курт, жети уруу, балыкчы (балыкшы) деген окшош ат м-н аталатасы экендиги гана аитылат (СО, 2. 349, 373).

**АЛЫБЕК** — эпизоддук кейипкер, *Жоокенин* атасы экендиги гана айтылат (СО, 2.349,373).

**АЛЫЙМАН** Муса кызы (1912, Оогонстандын Памиринде)— манасчы. Тажик ССРинин Тоолуу-Бадакшан автономия обл-нын Мургаб р-нундагы Раң-Көл кыштагында жашаган. «Манас» айтууну атасы Муса Жума уулунан үйрөнгөнүн эскерет. Муса өмүр бою оогандык Памирде жашаган экен. Оогонстандын

Памир өрөөнүн мекендеген кыргыздар да «Манас» эпосун билгендиги бул фактыдан көрүнүп турат. А. «Манасты» кара сөз м-н ыр аралаш айткан. А-дан Манастын төрөлүшү, балалык чагы, Шооруктун кызы Накылайга үйлөнүшү, Манастын казак каны Алмамбеттин жылкысын тийип, Акчимген деген жерде экөө беттешип жарадар болушу эпизоддору (800 сап) жазып алынган. А. «Аксаткын менен Кулмурза» дастанын да жакшы айткан.

**АЛЫМ** — эпизоддук кейипкер, казак уруу башчыларынын бири. Алмамбет м-н Көкчөнүн ортосуна чагым салгандардан (СО, 2. 243).

**АЛЫМ** — к. *Алымшаа.*

**АЛЫМБЕКЕ** — эпизоддук кейипкер. Шыгайдын уулу *Жапак* Байжигиттин тоюна Коңурбай камданып келсин, биргелешип Манасты жайлайбыз деп, А-ни Коңурбайга жиберет (СО, 2.439).

**АЛЫМ БИЙ,** к. *Алымсарык.*

**АЛЫМЖАН** Сырдыбай уулу (1932, Токтогул р-ну, Көдүл айылы)— семетейчи. «Семетей» айтууну атасынан үйрөнгөн. Атасы «Семетей» дастанынан Семетейдин төрөлгөнүнөн тартып анын Чынкожо м-н Толтойду жеңгенге чейин айткан. А. Айчүрөктүн Семетейди издеп чыгышынан ал алып кеткен Акшумкардын артынан барып, Семетей Айчүрөккө жолукканга чейин (1182 сап) айткан. Анын айтуусундагы Семетейдин Айчүрөккө үйлөнүшү көп жагынан башка варианттар м-н үндөш, жакын. Анткени, салттык бул окуя эл ичинде кеңири айтылган эпизод болгондуктан майда деталдарына чейин тактальп, терең иштелгендиктен кийинки айтуучулардын толуктоолоруна анча муктаж болгон эмес.

**АЛЫММЫРЗА** — эпизоддук кейипкер, Кейип шаарынын эл башчыларынын бири. Манаска ылайык кыз издеп эл кыдырып жүргөн Жакып Кейип калаасына келгенде эл башчысы А-дан ылайыктуу кыз барбы деп сурайт. Жакыптан эки жамбы алган А. Санирабиганын дайнын айтып, ал кызды алганга алыңар жетпейт дейт. А. баш болгон он чакты киши эки жамбыны бөлүп алышып, Жакыпты далдага алпарып сейилде жүргөн кыздарды көрсөтүшөт (СО, 2.351—352).

**АЛЫМСАК** — эпизоддук кейипкер, Алтайдан көчүп келгенге чейин Манастын жөкөрлөрүнүн бири катары айтылат (СК, 1. 132). Башка окуяларда жолукпайт.

**АЛЫМСАРЫК,** Алым бий, Сарык — эпизоддук кейипкер. СОВдо бирде Алым бий, бирде Сарык деп айтылат. Көкөтөйдүн ашына келгендердин бири. Эр сайышка түшчү Манаска минерге ат издеген Кошой Көкчөнүн элиндеги А. минип жүргөн *Жармаңдай* деген күлүктү сынына толтуруп жаратат. Жармаңдайды минип эр сайышка чыккан Манас жеңишке ээ болот (СО, 3.244).

**АЛЫМСАРЫК** — Манастын небереси Сейтектин уулу. Кенендин тушунда кыргыз м-н кытайдын ортосундагы кастык кайрадан курчуп, Коңурбайдын небереси Чыңтемир Кененге ж-а анын балдары Алымсарык, Кулансарыкка зордук-зомбулук көрсөтөт. Чыңтемирге каршы күрөштө балдары жаш болуп, башкы кыйынчылык Кененге түшөт. Кенен курман болот. Башкы баатырынан ажыраган элди душман адаттагыдай талап-тоноп, Алтай, Каңгай, Иреңге сүрөт. Баатырдын тукуму курут болбосун деп эл А-ты Кулансарык м-н бирге душман көзүнөн далдалап, алыс бир өзөнгө алып кетүүнү чечишет. Бул тапшырма кытайдан кыргыздарга качып келген Желжетпеске ыйгарылат. Алардын андан наркы коопсуз жайга жетишине касиеттүү Олуя Ата жардамдашат да качкандар эч ким тапкыс эки аралга конушуп, «Короо күтүп мал айдап, Оокат кылып дан чайнап» жатып калышат. Алымсарык м-н Кулансарык коркунучсуз жайга жайланышат, Манастын тукуму үзүлбөй акыры алар кыргыз элин таап, баш коштуруп коргоп алар күн келет деген оптимисттик ишеним м-н эпостун Саякбай Карала уулунан жазылып алынган варианты аяктайт.

*А. Жайнакова*

**«АЛЫМСАРЫК, КУЛАНСАРЫК»** — эпостун бешинчи бөлүмү, 1947-ж. К. Кыдырбаева тарабынан кагазга түшүрүлгөн. Азыр КФнын казынасында сакталып турат, к. *Кулансарык.*

**АЛЫМСЕЙИТ** — эпизоддук кейипкер, Алмамбет м-н Көкчөнүн ортосуна чагым салган уруу башчылардын бири (СО, 2.243, 247).

**АЛЫМСОК** — эпизоддук кейипкер, өтүкчү, Каныкей чоң казатка кийим даярдаганда А-ту баш кылып жүз өтүкчүнү алдырып келип, кырк чорого кырк өтүкултартат (СО, 4, 95—97).

**АЛЫМШАА,** Алым — эпизоддук кейипкер, Алакендин атасы. Алакен ж-дө көп болгондо гана «Алымшаа уулу» же «Алымдын уулу» делип аты аталат (СО, 3. 176; 2.150).

**АМАН** — эпизоддук кейипкер. Семетейдин жылкычы башчысы, кыялы чыргай, баатыр киши. Манастын тушунда да отоо башчысы болгону айтылат. Чынкожо Тайбуурулду суратып жиберген Эртиш м-н Токо адегенде А. баш болгон жылкычыларга келишет, чабармандардын түрүн көргөн А. аларды жоо катары сезип, Күлчоро м-н Канчорону чакырат (КВ, «Семетей», 142—143).

**АМАН-ЖОЛ** — топоним. Семетей Таласка алгач келе жатканда: «Ат аябай жол жүрүп, Аябастан мол жүрүп» А.-Ж-ду басып өткөнү эскерилет (СК, «Семетей», 1. 123).

**АМБАЛ** (кыт. амбань, анбань — округдун аскердик губернатору, Манжуриянын Цин династиясынын мезгилинде чыгыш Түркстандагы эң жогорку титулдун бири)— эпостун негизги варианттарында душман каармандарынын титулу (кээде энчилүү ат) катарында айтылат: «Амбал Чулу барыптыр, Аз күнү уруш салыптыр» (СО, 2. 100).

**АМБАЛ** — топоним. Манаска чыккынчылык кылып, бети ачылып ашкереленген Көзкамандар Эсенканга карай көчүп багыт алган тоо (КВ, 1.285).

**АМПЛИФИКАЦИЯ** (лат. amplificatio — көбөйүү, кеңейүү) стилистикалык фигура, текстте речтик конструкциялардын же айрым сөздөрдүн кайра-кайра кайталанышы. Чыгарма-

нын поэтикалуулугун, таасирдүүлүгүн арттыруучу каражаттардын бири. А. «Манас» эпосунда өтө көп кездешет:

Кара болот ок өтпөс,
Кырк кыраан, кие турган кез келди.
Качкындарды таандай
Чоролор, тие турган кез келди.
Какайлатып токмоктоп
Карыкандын алдында,
Баатырлар, кире турган кез келди.
Жүгөн катпай жайдактап,
Качкынды мине турган кез келди (СК, КФ, 548-инв., 400-б.).

**АНАЛ-ТОО** — топоним. Калаасы Кара-Шаар болуп, Анал-Тоону жердеген Кара-Курум талаасына чейин Манастын эли турган жер (СО, 2. 33—34). Географиялык реалияда Чыгыш Тянь-Шань системасына кирет.

**АНАРГҮЛ** Тажыбай кызы (1900, Ноокат р-ну, Кашкалдак айылы — өлгөн жылы белгисиз)— манасчы. Манасчылардын түштүк тобуна кирет. 15—16 жашынан ашыктык (сүйүү) ырларын жакшы аткарып, кошок чыгарып айтып жүргөн. «Манас» айтууну өзүнүн күйөөсү Бөрүбай Султан уулунан үйрөнгөн. Бирок, А. уяңдыгынан эл алдына «Манас» айтып чыга алган эмес. Ал тургай анын «Манас» айтарын өз туугандары деле укпаптыр. 1947-ж. К. Мифтаков андан бир топ лирикалык ырларды, «Мурза уул» поэмасын ж-а «Манас» эпосунун үзүндүлөрүн жазып алган. А-дөн жазылып алынган Манастын төрөлүшү, Манастын балалык чагы, Накылайга үйлөнүшү, Манастын Төштүк менен жекеме-жеке кармашуусу эпизоддору сюжети м-н поэтикасы түштүктүк айтуучулардын варианттарына өтө жакын. А-дүн «Манасы» башка варианттардан Манастын үч жолу өлүп ж-а үч жолу тирилүү мотиви б-ча айырмаланат.

**АНАФОРА** (гр. anaphora — өйдө чыгаруу)— бир өңчөй башталыш, ыр саптарынын бирдей сөздөр м-н башталышы. Эпосто А. кеңири колдонулат:

Мейли Манас алабы,
Мейли Манас баатырды
Балакеттүү Макел дөө
Байлап кетип калабы? (СО, 4.239).

«Манаста» синтаксистик бир өңчөй башталыш кеңири өнүккөн, айрыкча каармандардын диалог, монологдорунда көп учурайт: «Бирөөнүн тону тон болбос, Бирөөнүн аты ат болбос» (СК, 2.63).

**АНДАКЕН** — топоним. Эпос б-ча *Анжыяндын* мурдагы аты. Орто кылымдардагы тарыхый даректерде Анжыян, Андиган, Андүган, Андүкан, түрүндө кезигет.

**АНДРОНИМ** — актропонимдин түрү, аялдын күйөөсүнүн аты (фамилиясы) м-н аталып кеткен ысымы. Антропонимдин мындай сейрек түрү «Манас» эпосунда да жолугат. СОВдо Манастын энесинин *Чыйырды* деген ысымы А-ге жатат. Кыргыздар чабылып туш-тушка сүрүлгөндө Жакыптын Чыйыр деген агасы өлүп, анын аялы Шаканды Жакып алат. Ал «Чыйырдын аялы» делип жүрүп, кийин Чыйырды атка конуп кетет (СО, 1.33).

**АНЖЫ,** Анжур — топоним. Эпосто кытайлардын ири шаарларынын бири катары көп эскерилет.

**АНЖЫЯН** — топоним. Фергана өрөөнүндө жайгашкан байыркы шаар. Эпосто кыргыздар мекендеген жер катары өтө арбын жолугат. Эпостогу «Алтайдан көчүп алсак дейм, Анжыян жакка барсак дейм», «Атамдан калган Анжыян Акыры издеп табам деп», «Башта ушул Анжыян Бабаң өскөн жер экен» (СО, 2. 13, 147, 177) деген сыяктуу маалыматтар берилип, А. Алооке чапканга чейин эле кыргыздардын мекени болот. Кыргыздардын Манас баштап Алтайдан Ала-Тоого көчүшү да СОВдо «Жакып элди чогултуп, Алтайдан Анжыянга көчөлү деп айтканы» (СО, 2. 12) деген тема м-н берилет. Андан ары эпосто А-ды кыргыз уруулары жердегени айтылып жүрүп отурат. СКВда А. өтө көп кезигип, аны «айры сакал Сынчыбек» бийлеп, өзү Манаска баш ийип турат. Тарыхый маалыматтарда А. шаары 1282—1306-ж. Тува-хан тарабынан курулгандыгы айтылат (Б. Г. Гафуров. Таджики. II том)

**АНИМИЗМ** (лат. animus — жан, рух)— материалдык ж-а материалдык эмес бардык нерселер м-н кубулуштар сыйкырдуу, керемет күчкөээгедер, алардын үстүнөн башкарып турган жандардын бар экенине карата болгон ишеним. Анимисттик көз караш б-ча бүт табигат ак санатай же кара санатай рухтар м-н курчалган, ал эми табияттын кара күчтөрү фантастикалык рухий күч катары эсептелет. Кишилер тоо-ташка, бадалдарга, дарактарга, аска-чокуларга, күнгө, ай-жылдызга, жерге, сууга, отко, булактарга ж. б. сыйынышкан. Ошолордунээсине арнап курмандык чалышкан. Анимисттик ойлоонун элементтери «Манас» эпосунда да орун алган. А-дин негизги жоболорунун бири асман, жер ж-а суу ээсине, анын колдоочулугуна, зыян келтирүүчүлүгүнө ишенүү. Манастын төрөлүшү Жакыптын Теңир ээсине бала сурап жалынуусу ж-а ага арнап мал союп курман чалуусу м-н мотивдештирилет. Каармандар бири-бирине болгон ишенычти, актыкты, берилгендикти далилдөө ж-а душмандар м-н согуштарда жеңишке жетишүү үчүн Теңирлерге табынышат. Ошол себептен сюжеттик окуянын өнүгүшүндө, каармандардын мүнөзүн берүүдө «төбөсү ачык көк урсун, төшү түктүү жер урсун» деген ишеним кайталанып отурат. Каармандардын ой-тилегинин ишке ашпай калышы, согуштан жеңилиши, айрым жаңылыштыктары да Теңирдин каргышы м-н байланыштырылат. Эпостун «Манас» бөлүмүндөгү мындай архаикалык ишенимдер «Семетей» м-н «Сейтекте» улантылат. Ааламды үч баскычка, үч башка дүйнө, жашоо катары түшүнүү адаты да анимисттик аң-сезимдин бири болуп саналат. Атап айтканда жер асты, жер үстү ж-а асман мейкиндигине адамдардын жашоосунун мүмкүнчүлүгү ж-дөгү байыркылык ой-пикир «Манас» эпосунда образдардын бири Эр Төштүктүн окуяларына байланыштуу чагылтылат. Адам денеси м-н жанынын айырмачылыгы, жандын түбөлүк өлбөстүгү, анын башка фор-

мада жашашы өңдүү түшүнүктөр да анимисттик ойлоонун табигый жемиши. Жакып уулу Манастын «чымындай жанынын амандыгын тилеши», Бооң аяр м-н болгон урушта (СОВдо) Ошпур анын кардын канжар м-н жарса, кан ордуна суу чыгып, түтүн бөлүнүп, башын денесинен ажыратып, атка сүйрөтсө да жан чыкпай, атүгүл Бооңдун кесилген башы сүйрөгөн денenin артынан зэрчиши тек гана Ырдык аярдын дуба окуганында «көк түтүн чыгып буркурап, азыр турган токсон миң, түтүнүнөн көрө албай жүдөп чуркурап» (СО, 2.114) турушун баяндаган окуялар эпостогу А-дин белгилери болуп саналат. Анимисттик ойлоонун өзүнчөлүгү катарында же бул көрүнүштүн руху ж-дөгү түшүнүктөрдүн иштелиши ж-а ошого байланыштуу кыялый образдардын да орун алышын көрсөтүүгө болот. «Манас» эпосундагы монументтүү эпикалык баатырды колдоп жүргөн, багыт берген, душмандардан, түрдүү кырсыктардан сактаган пирлер Кырк чилтен, Кыдыр, Баба Дыйкан, Ойсул-Ата, Камбар-Ата, Шаймердендер А-дин эпостун образдык системасына, идеялык өзөгүнө, көркөмдүүлүгүнө бир кыйла таасир эткен. Эпостогу анимисттик аңсезимдин мыйзам ченемине ылайык бул фантастикалык-мифтик портреттик мүнөздөмөлөрү сырткы көрүнүшү, аткарган милдеттери б-ча биринен бири кыйла айырмаланып турат. Эпикалык баатырлар Алмамбет м-н Чубактын ж. б. элесин, монументтүүлүгүн жаратууда да анимисттик катмар, образдар ж-а түшүнүктөр ийкемдүү түрдө кызмат кылат. Эпостун «Семетей» бөлүмүнүн негизги окуяларынын дээрлик бардыгында Кызыр, Кырк чилтендин колдоочулук кызматы көрүнөт. Каныкейдин Тайторуну чабышында анын биринчи келиши, Семетейдин Таластын суусун кечиши, Күлчоро Кара-Үңкүрдө түнөп калганда өзүнчө аян бериши сыяктуу эпизоддордо да А-дин көрүнүштөрү чагылдырылат. «Сейтек» поэмасында мындай анимисттик демонологиялык образдар, түшүнүктөр айрым гана окуялардын тутумунда берилип, пассивдүү катышат. Эпостогу салттык мотив б-ча жаңы төрөлгөн Сейтекке эч ким ылайыктуу ысым коё албай турганда Кызыр ат коюп берет. «Семетей», «Сейтек» бөлүмдөрүндөгү Айчүрөктүн түпкү теги, Семетейдин кайып болушу ж-а Желмогуз уулу Сарыбайдын окуяларын баяндаган эпизоддорду да анимисттик ойлоонун туундусу катары эсептөөгө болот.

*К. Байжигито*

**АНТ** — эч качан бузулбас, салттык ыйык убада-бүтүм, шерт, касам. А. жоокерчиликте, достукка бекем болууда, ар кандай жашыруун ишти аткарууда берилген. Байыркы кыргыздарда баатырлар элдин эркиндиги, намысы үчүн жоого каршы аттанарда жан аябаска, максатты орундатууга, шартты бузбоого ок тиштешип же кылычтын мизин өбүшүп А. беришкен. Магиялык касиети бар катары аксак сары атты ортого коюп достошуу салты болгон. Эпосто Манас м-н Алмамбеттин ортосундагы достуктун негизинде дал ошондой А-ташуу жатат. Бул мотив эпостун «Семетей» бөлүгүндө генеологиялык принципте Семетейдин энеси Каныкейдин эмчегин Күлчоро, Канчоро эмишип туугандашуусу (побратимство) аркылуу улантылат. Эпосто А-ташып достошуу салты башка көптөгөн каармандар ортосунда да жүрөт. Манаска келип кошулган баатырлардын бардыгы А. берип достошкондугу ж-дө сөз болот. Алар «адам өлөөр шерт кылып, убаданы бек кылып» макулдашканда «төбөсү ачык көккө, төшү түктүү жерге», асмандагы ай, күнгө, караңгы түнгө ж-а өзүлөрү урунган жоо куралдарына сыйынышып А. беришкен. Мындай А-ты жеке оң каармандар эмес, терс каармандар да (мис., Манаска каршы кутум уюштурган алты кан, Семетейге каршы күрөшкөн Чынкожо м-н Толтой, Канчоро м-н Кыяс) өздөрүнүн чыккынчылык, жүзү каралык жашыруун иштерин жүргүзүү үчүн беришкен. Каармандардын бул түрдөгү эпикалык А-ынан алардын жомоктун чыгыш доорунда же андан мурун да, кийинчерээк да, көп кудайлуу диний ишенимде болгондугун ж-а сөздүн магиялык күчүнө ишенгендигин көрүүгө болот. Эпостогу баатырлар достошкондо салт б-ча боз бээ союп, канына колдорун матырып, «эгер арабыздан чыр-чатак чыгарсак, бузулушсак так ушул ак боз бээдей мууздалып калалы», же убаданы бузган ушул жаш чыбыктай кыркылсын дешип А. беришкен, «Манастагы» А. берүү салты ислам дининин талабына жараша «кудайга» сыйынууга багытталбастан, көбүнчө жаратылыш көрүнүштөрүнүн (Көккө, Айга, Күнгө, Жерге, тоого, сууга) ж-а жоокердик куралжарактардын касиети м-н байланышкан. Эпосто мусулман дининин таасири м-н келеме шарип (куран) кармап А-ташуу да айрым варианттарда жолугат.

*С. Алиев*

**АНТИТЕЗА** (гр. antithesis — карама-каршылык)— түшүнүктөрдү, көрүнүштөрдү бирибирине ачык карама-каршы коюу. Тексттин, ойдун эмоциялуулугун күчөтүп, көркөмдүгүн жогорулатуу үчүн кызмат кылат. А. «Манас» эпосунда да көп кездешет: «Батыш м-н чыгышка Айдап жүрдү чубатып» (ЖМВ, 1.540). Эпосто А. каармандарды сүрөттөгөн эпитеттерде жолугат. Мис., Бакайды мүнөздөгөндө: «Караңгыда көз тапкан, Капылетте сөз тапкан» (КВ, 2.44). А-ны түзүүдө көбүнчө *антонимдер* пайдаланылат:

> Ошо турган Акаяр
> Өчкөн отун тамызып,
> Өлгөн жанын тиргизип,
> Үзүлгөнүн улады,
> Салышпай карап турбады (СК, «Семетей», 1.200).

**«АНТОЛОГИЯ КИРГИЗСКОЙ ПОЭЗИИ»** («Кыргыз поэзиясынын антологиясы»)— кыргыз поэзиясынын тандалган үлгүлөрүнүн жыйнагы (М., «Государственное издательство художественной литературы», 1957). Көлөмү 444 б. Антологияга «Манас» эпосунан Баатырдын төрөлүшү (29—38-б.), Жамбы атыш (39—47-б.), Семетейдин элине кайтышы (48—54-б.), Сейтектин энеси менен коштошкону (55—61-б.)

деген үзүндүлөр кирген. Которгондор: С. Липкин, Л. Пеньковский, Б. Державин. Үзүндүлөрдүн кайсы манасчынын айтымы б-ча экендиги көрсөтүлбөгөн.

**«АНТОЛОГИЯ ПЕДАГОГИЧЕСКОЙ МЫСЛИ КИРГИЗСКОЙ ССР»** («Кыргыз ССРинин педагогикалык ойлорунун антологиясы»)—«СССР элдеринин педагогикалык ойлорунун антологиясы» сериясынан (М., 1988) орус тилинде чыккан китеп (көлөмү 968 б.). Антология Элдик педагогика, Эл акындарынын чыгармачылыгындагы педагогикалык ойлор, Улуу Октябрь социалисттик революциясынан кийинки Кыргызстандагы педагогикалык ойлор деген үч бөлүктөн турат.

Баш сөз ордуна Ч. *Айтматовдун* «Окурмандарга» ж-а педагогика илимдеринин доктору М. Р. Балтабаев м-н педагогика илимдеринин кандидаты А. И. Акулованын «Кыргызстандагы педагогикалык ойлор жана эл агартуунун өнүгүшү» деген макалалары басылган. Аларда кыргыз элинин педагогикалык ойлорунун, көз караштарынын көп кылымдык өнүгүү процессине баяндама берилген. Педагогика кыргыз элинде революцияга чейин өз алдынча илимдин тармагы болуп бөлүнүп чыкпаса да бала өстүрүү, ага тарбия берүү, тукум улантуу маселелери жагдайында эл ичинде топтолгон турмуштук тажрыйба, практикалык иш-аракеттер, акылман ойлор катары көп кылымдар жашап ж-а өнүгүп келгендиги айтылат. Ошол баа жеткис педагогикалык казына эң биринчи иретте фольклордук чыгармаларда ж-а акындар поэзиясында топтолгон. Ал эми кийинки мезгилде педагогика республикада илимдин өз алдынча тармагы катары өнүгүп жаткандыгы белгиленген.

Китепте кыргыз элинин байыркы доорлордон азыркы күндөргө чейинки педагогикалык мурасынын мыкты үлгүлөрү топтолгон. Элдик педагогиканын эстеликтери катары макал-лакаптар, терме, бешик, балдар, эмгек, санат-насыят, каада-салт, арман, кошок, каалоо, айтыш ырлары, калптар, табышмактар, жаңылмачтар, жөө жомоктор берилген. «Эр Төштүк», «Курманбек» кенже эпостору ж-а «Манас» эпосунан («Манас», «Семетей», «Сейтек») үзүндүлөр сунуш кылынган (29—57-б.). Чыгармада сүрөттөлгөн доордогу кыргыз элинин бала ж-дөгү, ага тарбия берүү, турмушка үйрөтүү жагдайындагы түшүнүктөрүн, көз караштарын кең-кесири чагылдыра алгандай ж-а көркөмдүгү жогору, зор тарбиялык касиетке ээ үзүндүлөр тандалган. «Манас» бөлүмүнөн эпостун башкы каарманынын төрөлүшү, атасы аны Ошпурга койчулукка бериши, тогуз жашар баланын калмактарга биринчи жолу каршылык көрсөтүшү, Манастын ж-а Бакайдын эр жигиттин эл алдындагы ыйык милдети, ынтымак, элдин биримдиги ж-дөгү ойлору баяндалган эпизоддор алынган.

«Семетей» бөлүмүнөн өзгөчө көркөмдүккө, терең психологизмге шыретилген эпизод — Каныкейдин Тайторуну чапканы, «Сейтек» бөлүмүнөн душман арасында чоңойгон Сейтектин ата-бабалары өскөн жер — Таласка келгендеги кыргыз жеринин ажайып коздугу, элинин баатырдыгы, меймандостугу сүрөттөлгөн үзүндүлөр берилген.

Антологияга ошондой эле атактуу эл акындарынын ж-а профессионал акын-жазуучулардын чыгармаларынан, кыргызстандык көрүнүктүү окумуштуулардын, эл агартуу ишмерлеринин педагогикалык көз-караштарын чагылткан эмгектеринен да үзүндүлөр киргизилген. Белгилүү окумуштуу Б. М. Юнусалиевдин ««Манас» эпосунун чыгыш доору жана жаралуу себептери жөнүндө», «Кыргыз баатырдык эпосу «Манас» деген эмгектеринен үзүндүлөр басылган. *Д. Саалиева*

**АНТОНИМДЕР** — карама-каршы маанидеги сөздөр. Мис., жакшы-жаман, узун-кыска, чоң-кичине, дос-кас ж. б. Көркөм сөз каражаты катары А. лексикалык кубулуштардын ичинде өзгөчө орунга ээ экендиги алардын стилдик функциясынын ар түрдүүлүгү м-н шартталат. А-дин стилдик максатта колдонулушуна эки нерсе өбөлгө түзөт: 1) А-дин семантикалык табияты; 2) ар кандай синтаксистик түзүлүштө колдонулгандыгы. А-дин семантикалык негизи карама-каршылык болгондуктан алар көркөм чыгармада контраст түзүүдөгү негизги каражат болуп саналат. Муну м-н катар А. көпте каршы гана коюлбастан, биригүүгө, бейтараптанууга чейинки жагдайларды туюнтууга да кызмат кылат. Мындай кырдаалда кубулуштардын, алардын касиет-сапаттарынын ар кандай абалын (туруктуулук, үзгүлтүксүздүк, кадыресэлик ж. б.) элестүү берүү м-н, күчөтүүчүлүк, толуктоочулук ж. б. функцияны аткарат. Ошентип, А-дин негизинде *антитеза*, бөлүнүү, биригүү, кезмектешүү, өтүү, окшошуу, каршылык, *оксюморон* өңдүү стилдик фигуралар жаралып, ошого ылайык А. ар кандай стилдик максатта колдонулат. Бул фигуралардын дээрлик бардыгы «Манас» эпосунда кеңири жолугат. Мис., А. антитезада предметтин, кубулуштун өзүндөгү ж-а ар кандай предметтердин, кубулуштардын ортосундагы карама-каршылыкты, айырмачылыкты элестүү берүүдө пайдаланылат:

Эркелеткен балаң жок,
Эрмек болор адам жок,
Же сүйөрүңө балаң жок,
Же сүйүнүшөр адам жок.
Ушундайды эстесем,
Сүлдөрүм бар, дарман жок (СО, 1. 19).
Кээде ач болсун кээде ток,
Кэби тийсе, ур да сок,
Катыксын деп баламды
Кан Жакыптын талабы (СО, 1.93).

Карама-каршы кубулуштарды, абалдарды, көрүнүштөрдү тең камтуу м-н алардагы туруктуулукту, үзгүлтүксүздүктү, ар дайым болуучулукту, жалпылыкты, баарын камтыгандыкты ж-а бүтүндүктү элестүү, таамай ачып берүүчү биригүү стилдик фигурасын түзүүдө да А. колдонулат. «Ар дайым», «баары» деген өңдүү сөздөр м-н синонимдик мааниде болуп, алардын экспрессиялуулугун арттырат. Эпосто:

Арам-адал түк билбейт,
Ар бир түрдүү иш кылат,
Ага-инисин көзгө илбейт.
Астындагы көк тулпар
Олбуй-солбуй камчы уруп,
Оң-тетири теминип,
Колундагы сыр найза
Оңго-солго булгалап,
Ойрондук жайын билгизип (СК, 1.203),—
деп сүрөттөлөт.

Турмуш диалектикасынын бир өңүртүн, б.а. карама-каршы кубулуштар, касиет-сапаттардын бири экинчисине өтүүсүн, айлануусун таасын чагылдырууда өтүү стилдик фигурасы да А-дин жардамы м-н түзүлөт:

Манасым саа келгени,
Арык элек — семирдик,
Ачыккан элек — тоюндук.
Кеңелип пейил чечилдик,
Кетилип келип жетилдик.
Аз болсо көптөй көрүнгөн
Өнөрүн көрдүм кыргыздын.

Бөлүнүү стилдик каражаты карама-каршы кубулуштардын, касиет-сапаттардын ж. б. белгилүү бир кырдаалда жанаша (бирге) жашоого мүмкүн эместигин, экөөнүн бирөө гана өкүм сүрүүгө тийиш экендигин элестүү ачып берүүдөгү каражаттардын бири:

Бээжин түгүл ар жагы
Кен тооңо кирип кетсе да
Артынан Манас жетем деп,
Же өлтүрбөй же өлбөй
Кантип кайра кетем деп (СО, 1.210).
Бала жерде туйлады,
Бар-бар этип ыйлады
Эркек бекен, кыз бекен,
Мага качан айтат деп,
Байбиче жашын тыйбады (СО, 1.59).

Карама-каршы кубулуштардын, касиет-сапаттардын кезмектешип кайталанып турушун берүүдө кезмектешүү стилдик фигурасында да А. колдонулат:

Кызматта жүргөн кырк чилтен
Каткырып күлүп калганы
Бир силкинип бирөөбү
Көк бөрү боло калганы
Бирде бөрү, бирде адам
Анык сонун экен деп
Көөнүнө бала алганы (СО, 1.97).

А-дердин негизинде пайда болгон эң оригиналдуу көркөм ыкма-оксюморон. Ал А-дин, дегеле карама-каршы маанидеги сөздөрдүн айкашышынан, биригишинен жаралат. Мис., далилсиз далил, эскинин жаңысы, тилдүү дудук, арбын туруп аз болуу ж. б. Турмуштагы кубулуштарды так, даана сүрөттөп, ойду элестүү, курч берүүдө оксюморондордун ролу зор. Оксюморон аркылуу автор сүрөттөп жаткан кубулушка карата өзүнүн жекече мамилесин, пикирин билдирип, окурмандарды таңдандырат, ойлонууга аргасыз кылат. Анткени оксюморон аркылуу бирикпегендер бириги п, сыйышпагандар сыйышкандыктан, сүрөттөлүп жаткан кубулуш таптакыр жаңы, адаттан тышкары көрсөтүлөт. «Манас» эпосунда түгөнгөн сайын түтөө, жумса көзүн ачкандай, күндүз күнү түн болуу, көрбөгөндү көрүү, тирүү өлүк ж. б. оксюморондор колдонулган:

Ал сөздү айтып Алооке
Калкынын көөнүн басыптыр,
Тирүү өлүк болбойм деп,
Түн киргенде качыптыр (СО, 2.236).
Түгөнгөн сайын түтөгөн
Тиги, дүмбөкүнүн тукуму,
Өлгөн сайын өөрчүгөн
Өрттөнгүрдүн тукуму (СК, «Семетей», 1.245).

*В. Усубалиев*

**АНТРОПОМОРФТУК ОБРАЗ** (гр. anthrōpos — адам ж-а morphé — түр, форма, кейип)— адам кейиптүү, жансыз нерселерге, табият кубулуштарына, ай-жылдыз, жан-жаныбарларга, мифтик жандыктарга кишинин касиетин (сүйлөө, ойлоо, туюм, сезим ж. б.) киргизүү. А. о. элдик оозеки чыгармачылыкта көп кездешип, айрыкча жөө жомок, эпостордо жан-жаныбарлар (айбанат, канаттуу) ж-а жансыз нерселер (тоо-таш, суу, өсүмдүктөр) адамча сүйлөп, ойлоп кишидеги касиетке да ээ болушат. А. о. оң же терс каарман катары да кезигет. Бирок, алардагы оң же терс сапаттар так кесе айтылбайт. Чыгыш элдеринин мифологиясында дөө, перилер бирде оң, бирде терс сапатка ээ. Элдин ишениминде айрым булак, тоо, суу, мазар ээлери да А. о-га жатат. Дөө, албарсты, жиндерден өзгөчөлөнүп, мифологиялык образ катары пери адам баласына кас эмес, тескерисинче аны колдойт. «Манас» эпосунда да А. о-ды көп кезиктирүүгө болот. Ч. Валиханов 1856-ж. Ысык-Көлдөн жазып алган «Көкөтөйдүн ашында» Манас Жолойду кууп баратканда минген атына тил бүтүп мындай дейт:

Айланайын атыңдан, ээм,
Мен көргөндү көрдүңбү, ээм?
Мен билгенди билдиңби
Ошо Сары-Белдин жонунда.
Кырчактын кызыл түлкү кубулуп.
Кечээги каапыр Жолойдун
Өткөн сулуу кызы экен.
Ошондо бизди көрүп калыптыр
Адамдын жиберген эриби?
Кудайдын жиберген кулубу?
Жерден чыккан жек бекен?
Жебирейил шум бекен?
Андан чыккан сук бекен?
Шумурайыл шум бекен?
Каапыр Жолой капырдын
Бар кароолу ал экен (ВЖЭ, «Ала-Тоо», 1979, № 7, 85-б.). Манас Жолойду колго түшүргөндө, Ачбуудан Манастан ээсинин жанын сурайт:

Карчыга болгон Ачбуудан
Айланып жүрүп үн салды:
— Хан, ээмдин карга чокуур канын койсоңчу
Түлкү шимшүүр жыттык дагы койсоңчу
Атаңдын кеги бар беле
Эми, баштагыдай жакшы боло албайм

(ВЖЭ, «Ала-Тоо», 1979, № 7, 87-б.),— деп алоолонгон отко түшүп кайып болуп кетет. О. эле эпосто мындай образдар көп кездешет. Мис., Нескаранын Чабдар аты (СОВ), Кыястын Төөторусу (СКВ) да адамча сүйлөйт.

*Х. Короглы*

**АНТРОПОНИМДЕР** (гр. anthrópos — киши, ónyma — ат, ысым)— энчилүү адам аттары, ысымдар, фамилиялар, атасынын аттары, ылакап аттар, псевдонимдер, патронимдер, андронимдер, гинеконимдер кирет. Көркөм адабиятта А-дин колдонулушун поэтикалык антропонимика изилдейт. Көркөм чыгармадагы каармандын ысымы адатта көркөм талапка байланыштуу тандалып алынат ж-а кейипкерди мүнөздөөчү каражаттардын бири болуп саналат. Чакыруу үчүн же стилдик, а түгүл кээде социалдык-идеологиялык мааниге да ээ болот. «Манас» эпосунда каармандардын абдан көптүгүнө байланыштуу ысымдар да өтө арбын ж-а алар түрдүүчө милдет аткарышат. Башкы каарман Манастын ысымына байланыштуу атайын изилдөөлөр бар, бул ысымдын чыгыш төркүнү, айрыкча мааниси ар түрдүүчө пикирлерди пайда кылып жүрөт. Чоң казаттын башында антандап шашып келген Чубак Манасты ойготкондо, ал кенеп да койбостон: «Жоо болсо, нетербиз, Жолуң болгур ыйлаба, Уруша-уруша чыгып кетербиз» — дейт. Ошондо Чубак:

Аты да Манас турбайбы,
Заты да Манас турбайбы,
Өзү да Манас турбайбы,
Сөзү да Манас турбайбы (СО, 4.308—309),— деп ага ыраазы болот. «Манас» деген сөз кандай мааниге ээ экендиги азырынча талаш маселе. СОВдо Каныкейдин кыз кезиндеги аты Санирабига, Манаска турмушка чыккандан кийин кандын никейине турду делип, анан Каныкей аталат (СО, 2.416). Стилдик маанидеги ысымдар да эпосто көп учурайт. Мис., Сыргактын, Серектин, Ырчыуулдун ысымдары алардын кулк-мүнөздөрүнө, аткарган иштерине жараша берилген. Эпосто о. эле аталып гана өткөн эпизоддук ысымдар да арбын.

*Х. Короглы*

**АҢГИР** — эпизоддук кейипкер, Конойдун атасы (СО, 1.239).

**АҢГИР,** Ангире — топоним. Манастын балалык чагындагы Алтайдагы окуяларда жыш эскерилет (СО, 1.164,180,189,191,199,215,233, 263). Географиялык реалиясы азыркы Моңгол-Алтайдын түш.-чыгыш тарабындагы тоо ж-а суу.

**АҢГҮК** — топоним, эпос б-ча кытайдын жабай журту турган калаа. Алмамбет м-н Сыргак Бээжинге чалгынга барып, кытайча кийинип А. шаарын жоо басып алды деген Алмамбеттин сөзүнө ишенген А-түн калкы Кентун шаарына жардамга кетип, шаарды Манастын колу согушсуз алганы айтылат (СО, 4. 269—270).

**АҢГҮРӨӨ** — этноним. Эпостогу кыргызга канатташ жашаган эпикалык душман, эл, каракытай, калмактардын бир бутагы. Сагымбай Орозбак уулунда айтылат.

**АҢЧЫЛЫК,** аң уулоо — эт, май, тери ж. б. алуу максатында ар түрдүү куралдардын жардамы м-н кайберен, илбээсин уулоо. Кыргыздар башка түрк уруулары сыяктуу эле А-ты кесип кылган. Жергебизде айбанат м-н илбээсиндин көптүгү ж-а ар түрдүүлүгү, жер шартынын аларга оңтойлуу болушу А. кесибинин өөрчүшүнө шарт түзгөн. «Манас» эпосунда да башкы каармандар Манастын, Семетейдин А-ка чыгышына байланыштуу урунттуу окуялар кездешет:

Кийик издеп, аң уулап,
Киши жүрбөс улуу тоо,
Тоону басып кадуулап,
Адырдан аркар аталык (СО, 2.285).

А-тын коллективдүү түрү эпосто салбырын катары айтылат, к. *Салбырын.*

**АҢЫРДЫН САЗЫ** — топоним, Сары-Колдогу жер. Жети кан чоң казаттын астында Манаска каршы кутум уюштурууда чогулган жер (СО, 4. 9).

**АҢЫРТЫ** — топоним. Манас жолдоштору м-н *Уркун* (Орхон) дарыясынын боюна ууга жөнөгөндө ашкан бел (СО, 1.241,242).

**АҢЫРТЫ** — топоним. Жакып Алтайда турганда анын айылы жердеген жерлерден. Манастын бала кезиндеги бир катар окуялары А-га байланыштуу сүрөттөлөт. Географиялык реалия катары Жунгариядагы жер.

**АПАРЫСЫЯП,** Афрасиаб, Афарисиаб, Афарысыйаб, Апарысыяп — иран ж-а түрк элдеринин фольклорундагы кеңири белгилүү каарман Афарсиабдын ысымынын кыргыз тилинин фонетикалык өзгөчөлүгүнө ылайык өзгөртүлүп айтылышы. «Манас» эпосунда кездешип түрктөрдүн байыркы бабасы катары айтылат. Афрасиабдын образы алгач иран элдеринин мифологиясында пайда болуп, андан түрк элдеринин фольклоруна өткөн. Бул образ узак убак өсүп-өнүгүүнүн натыйжасында түрктөшүп кеткени ж-а о. кылымдарда өзүнүн уламыштык мифтик сапаттарын жоготуп, Караханийлер мамлекетинин башкаруучуларынын бабасы катары айтылып калганы маалым. «Апарысыяп» ысымынын «Манас» эпосуна кирип калышы, биринчиден, бул ысымдын о. кылымдан бери карай түрк элдеринин чыгармачылыгында кеңири белгилүү экендигине байланыштуу болсо, экинчиден, Сагымбай Орозбак уулунун Фирдоусинин «Шах-намэ» ж-а Хива каны Абулгазынын (1603—64) «Шаджара-и-түрки» аттуу чыгармалары м-н тааныштыгы себепчи болгон. Анткени, Афрасиабдын образы бул чыгармаларда кеңири орун алган.

*А. Боронов*

**АПЫ,** апы-үпү — эпосто ж-а жалпы эле кыргыз фольклорунда дарынын аты. «Үпү деген дары бар, Апы деген бир дары, Төмөнкү кең Мысырдан алдырды» (СК, 2. 226). Ал эми «Жаныш-Байыш» эпосунун О. Урманбетов айткан вариантында А. деп кыргыздар апиймди айткандыгы эскерилет.

**АПЫЛАТУН ИЛАКАР** — байыркы грек философу Платондун (б. з. ч. 428 же 427—348 же 347) «Манас эпосундагы аты. СОВ б-ча

Искендер Зулкарнайынды (Александр Македондукту; б. з. ч. 356—323) «Аскер баштап, кол жайып ар өнөргө үйрөтүп жүргөн» (СО, КФ, 575-инв., 104-б.) адам. Эпос б-ча аярлык өнөр кийинкилерге ушул А. И-дан өткөн. Мис., калмактын Куяс аяры А. И-дан калган өнөрдү пайдаланып, жолдогу дарактарды, чөп-чарды жаракчан аскерге айландырып, Ала-Тоону душмандан бошоткону Алтайдан аттанып чыккан Манастын колун тостурат. Катыраң деген аяр кыз А. И-дан калган кернейди тартып, адамдарды кубултуп башка түргө өткөрөт (СО, КФ, 575-инв., 104—120-б.; 576-инв., 574—575-б.). Апылатунду улуу колбашчы Искендер Зулкарнайынга байланыштырган аңыз кыргыздардын арасында азыр да учурайт (мис., Аксы аймагындагы Афлатун тоосунун атына байланышкан аңызда). Чындыгында Платон Искендердин өзүнүн эмес, анын устаты Аристотелдин (б. з. ч. 384—322) таалимчиси болгон. *Р. Сарыпбеков*

**АРАБАЕВ** Ишенаалы (1882, азыркы Кочкор р-ну, Күн Батыш айылы — 1938)— кыргыздын туңгуч агартуучуларынан. Алгачкы билимди айыл мектебинен алган. 1900—10-ж. кыргыз айылдарында мугалим болуп иштеген. 1910—13-ж. Оренбург шаарындагы «Медресе Кусейиниядан» бир жыл окуп, анан Уфадагы «Медресе Галиядан» окуп билим алган. 1911-ж. Молдо Кылычтын «Кысса зилзаласын» Казан шаарынан чыгарган. Кыргыз, казак балдарына арнап «Алиппе жаки төтө окуу» аттуу туңгуч окуу китебин Сарсекеев экөө жазып, Уфадагы «Шарк» басмаканасынан бастырган. Бул туңгуч окуу китеп кыргыз, казак жаштарын кат таанып, билим алышына чоң салым кошкон. 1912-ж. «Жазуу өрнектери» (таза жазуунун үлгүлөрү) аттуу кичинекей китепче жазып, анын Оренбург ш-ндагы «Вахит» басмаканасынан бастырган. Эл арасында мугалим болуп иштеп жүргөндө Тыныбек манасчынын «Семетейинен» үзүндү, Боогачынын «Секетбайын» ж-а фольклордук материалдарды жыйнаган. А. 1922-ж. Сагымбай Орозбак уулунан «Манас» эпосун жаздырууну уюштурат. 1924-ж. туңгуч кыргыз алфавитин түзүп, «Кыргыз алиппесин» жазган. О. эле кыргыздын туңгуч газетасы «Эркин-Тоону» уюштурууга да катышкан. 1925-ж. «Сабатсыз чоңдор үчүн алипбээни» түзгөн. Тыныбек жомокчунун «Семетейин» Фрунзеден, Ташкенден ж-а Москвадагы СССР элдеринин басмаканасынан жарыкка чыгарып, эпостун жыйналышына, изилденишине чоң салым кошкон. *З. Бектенов*



**АРАБАНТЫ** — топоним. Эпосто Алооке кандын сарайы ушул тоого жакын жайгашкан (СО, 2. 181). Географиялык реалияда Ош м-н Аравандын ортосундагы тоолор — Таш-Ата, Чил-Майрам, Чил-Устун ж. б.

**АРА-БЕЛ** — топоним. СОВ б-ча *Кызарттын* баштагы аталышы (СО, КФ, 576-инв., 561, 621-б.).

**АРАК** — ачыган сүттөн же кымыздан тартылган алкогол ичимдиги. Бул түрдөгү ичимдиктерди түрк-моңгол элдери байыртан кеңири колдонуп келген. Ошондуктан, «Манас» эпосунда да А. ж-дө маалыматтар бар. Мис., РЖВда «аракыга бал кошуп алтындан кылган аякка ага куюп сунуңар» (РЖВ, 90-б.). Эпосто А. көпчүлүк учурда зыяндуу ичимдик катары баа берилет. А. душман тараптагы терс каармандардын сүйүктүү тамагы катары сүрөттөлөт. Оң каармандар аны ичкенде: «Арак деген аш ичтим балдар, акылымы кошо ичтим балдар»,— деп өзүн күнөөлөйт. Ырасында, А. ичүү м-н оң каарман туура эмес жолго барат, адашат. Мис., Көкчө өзүнүн айланасындагы арам ойлуу бийлердин амал м-н берген арагына мас болуп, Алмамбет м-н чатакташып айлынан кетирет, Көзкамандар Манаска арак берип мас кылып, ууландырып өлтүрө албай калышат. Кырк чоро Жакып берген аракка кызып, Каныкейге каршы аттанышат. *И. Молдобаев*

**АРА-КӨЛ** — топоним. Манас баатыр кырк чоросу м-н ууга чыккан тоолордун бири (СО, 2. 289). Географиялык реалия катары Өзгөн р-нундагы жер.

**АРА-КӨЛ** — топоним. Манас баштагы атажурту — Ала-Тоону калмак-кытайлардан бошоткондо, анын Үрбү, Мунаркан баштаган колу А.-К-дөгү душманды да багындырат (СО, КФ, 576-инв., 537-б.). Географиялык реалияда азыркы Кочкор р-нундагы «Чолпон» с-зуна караштуу аймак.

**АРАЛ**, к. *Үч-Арал.*

**АРАЛБАЙ** — эпизоддук кейипкер. Анжыянда эмне болуп жатканын чалгындап келүүгө аттанган Күлдүр м-н Чалыбайга жолугуп, Алоокенин Манастан коркуп качып кеткенин айтат (СК, 1.202).

**АРАЛ-КӨЛ** — топоним. Алтайдан көчүп келаткан жолдо кыргыздар калмак кандыктарынан Ала-Тоону бошоткондо: «Баарын алар түк койбой Башы Бабыл, Дарганды, Аягы Намут Арал-Көл дайраны» (СО, КФ, 576-инв., 606-б.) делип, Манас байыртан ата-бабасы жердеп келген мекени катары башка жерлер м-н бирге А.-К-дү бошотмок болгону айтылат. Географиялык реалияда Арал деңизи.

**АРАНИК** — топоним. Ала-Тоону душмандан бошоткону аттанган кыргыз колу м-н каңгайдын баатыры Кеселиктин колу беттешкен талаа (КВ, 1.114,115).

**АРАП** — этноним. Батыш Азия ж-а Түн. Африкадагы араб өлкөлөрүндө жашаган элдердин тобу. Араб халифтигин жеңип алуулары ж-а ислам дининин таралышы аркылуу О. Азиядагы элдер 7-к-дан тартып А. ж-дө кабардар болушкан. «Манас» ж-дө жазуу жүзүндө алгачкы маалымат берген «Мажму-ат-таварихте» эле А-тар тууралуу Манаска байланыштырылган кабар бар. Азыркы күндө колдо бар

варианттардын көпчүлүгүндө А-тарга байланышкан маалыматтар арбын, айрыкча Сагымбай Орозбак уулу, Тоголок Молдо сыяктуу рев-яга чейинки Чыгыш адабияттары м-н таанып манасчыларда андай маалыматтар мол.
**АРА-ТАЛАА** — топоним, Орго кандын эли жердеген аймактардын бири (СО,2.72).
**АРА-ТОО** — топоним. Эпос б-ча кыргыз уруулары Алтайдан Таласка көчөрдөн мурун жашап турган Тарбагатайга жакын жайгашкан тоо. Географиялык реалияда Моңгол-Алтайда Ар-Ула деген тоо.
**АРА-ТҮЗ** — топоним, Манас баатыр кырк чоросу м-н ууга чыкканда басып өткөн тоолордун бири. Эпос б-ча Арпанын мурдагы аты (СО, 2.169,289).
**АРБАК** (ар. рух)— эл ишениминде өлгөн денеден бөлүнүп, өз алдынча жашоосун улантуучу адам жаны, элеси, сөлөкөтү. Ата-бабанын А-ын ыйык эсептеп урматтоо расмиси түрк, моңгол элдеринин, а. и. О. Азия элдеринин оозеки чыгармаларында кеңири таралып, өзүнчө жалпылыкты түзөт. Мындай кеңири аймакка белгилүү болгон А. ж-дөгү миф денеден бөлүнүп чыккан «жан» (киши өлгөндө) тиги дүйнөдө жашоосун улантат деген түшүнүккө негизделген. А-ка сыйынуу, аны ыйык саноо ишеними эпосто кеңири кездешет. Ата-бабалардын А-ы эпикалык каармандарды кыйын шарттарда колдоп, аларга жардам кылып, дем берип туруучу сыйкырдуу, касиеттүү күчтүн милдетин аткарат. «Семетейде» Манастын А-ы өзүнүн жакын чоролору м-н Семетейди кысталыш жерлерде дайыма колдоп жүргөндүгү баяндалат. Семетей туулган жери Таласты биринчи жолу көргөнү келгенде (к. *Семетейдин сюжети)* энеси Каныкейдин айткан аманатын аткарып, атабабасынын А-ына сыйынып, атасы Манастын күмбөзүнө зыярат кылып, курмандык чалат. Талас суусун кечип өткөндө да аны кырк чилтен колдоп, Манастын пирлери жандайт. Ошондо Манастын А-ы көрүнүп:

> Атышка кирип барганда,
> Каарданып бакыргын,
> Кысталып жоого келгенде,
> Сен, балам, Манастап ураан чакыргын!
> Арбагым азыр бар болсо,
> Балам ар жерден колдоп аламын,— дейт.

А-ка сыйынуунун, А-тын күчүнө ишенүүнүн үлгүсү «Каныкейдин Тайторуну чапканы» аттуу эпизоддо чагылдырылган. Байгеге төлгө кылып чабылган алтымыш асый Тайторуну Манас ж-а анын чоролору Алмамбет, Чубак, Сыргактын А-тары сүрөөгө алышып, мөрөйгө биринчи болуп келишине колдоо көрсөтүшөт. Эпостун бардык бөлүктөрүндө кыялый жалган түшүнүккө негизделген кереметтүү күч катары А. тирүү адамдарга колдоо көрсөтүшкөн диний-мифологиялык маанисинде ж-а элди, жерди, айрыкча эпикалык каармандарды идеалдаштырууда өзгөчө поэтикалык ык катарында колдонулат. *С. Алиев*
**АРБАЛДАЙ** — эпизоддук кейипкер. СОВдо Көзкамандын бешинчи баласы. А. да башка бир тууганДарындай эле ач көз, мансапкор, акылы тайыз наадан болуп сүрөттөлөт (СО, 1.137).
**АРБАН** — этноним. *Алтайдын* уруусу.
**АРБОО** — сыйкырлоо, дубалоо. Байыркы адамдар тышкы дүйнөнүн ар түрдүү көрүнүштөрүн өзүнө багындыруу жолун жакшы билбегендигинен, аларды кандайдыр бир сырткы күчтөрдүн колдоосу м-н жеңип чыгуу тууралуу кыялдарынан келип чыккан. Мис., айлакер Айчүрөктүн дуба м-н адамча сүйлөөчү Тоторуну арбап, тилин бууп салышы, Тооторунун Айчүрөктү алып учуп жөнөшү, эң акырында, дубакөй аялдын А-су аркылуу Тоотору тулпардын «койго жеткис», «уйга жеткис» болуп калышы сыяктуу кереметтүү сыйкырлар адамдардын кара күчтүн үстүнөн болгон жеңишин көрсөтөт. Мындай жомоктук-фантастикалык учурлардын кадимки турмуштук катнаштар м-н айкалыштырылып сүрөттөлүшү образдын көркөмдүгүн арттырат, мазмунун тереңдетет. «Сейтекте» ушул драмалык окуядан кийин сюжет чиеленишет, б. а. Сейтек баш болгон элдик баатырлар ички душмандын адилетсиз бийлигинен элди, жерди бошотуу максаты ишке ашырылат.
**АРГЫМАК** — Музбурчактын байгеге чапкан күлүгү. Көкөтөйдүн кара ашында ат чабышта марага алтынчы келет (СО, 3. 58).
**АРГЫН** — этноним. Кыргызга жамаатташ жайгашкан түрк урууларынын бири. Азыркы учурда казактардын орто жүз курамынын ичиндеги эң ири уруусу. 8—12-к-да Жети-Сууну, а. и. Таласты жердеген аргу уруусу м-н байланышы бар. А., аргу экөө тең «аралаш», «курама», «ар кошкон уруулардын бирикмеси» маанисин туюнтат. Эпосто А. өз алдынча уруу катары сүрөттөлөт. Бул кыргыз м-н казактын 16—18-к-га таандык тарыхый алакалары гана эмес, 13-к-га чейинки кыргыз А. байланыштары тууралуу да эпикалык дарек болуп саналат. Кыргыздар м-н А. ата-журту б-ча коңшулаш, саясий багыты дайыма бирге, союздаш:

> Аман болсо Манасың,
> Кең-Кол, Талас жер табат,
> Атамдан калган мурас деп,
> Аргын, кыргыз эл табат (СК, 1.69).

**АРГЫН КАН** — эпизоддук кейипкер, *Ажыбайдын* атасы. СКВда «Аргын кандын Ажыбай», «Аргын кан уулу Ажыбай» делип, анын ысмы дайыма баласы м-н бирге айтылат. Кээде А. баласы Ажыбайдын жүйөлүү таламдарын канааттандырбай, аны м-н касташкан (натыйжада ага тарынган Ажыбай Манаска качып келет) тескери кейипкер катары эскерилет (СК, 1.190).
**АРГЫН-СҮМӨН**, Аргын-Зумун — этноним. Чыгыш Түркстанда жашаган калмактардын бир уруусу.
**АРДАЙ** — эпизоддук кейипкер, калмак кол башчыларынын бири. Манастын Орго кан м-н урушунда эскерилет (СО, 2. 96).
**АРДАКБОЗ** — Көкөтөйдүн минген аты. ВЖЭде эскерилет (ВЖЭ, «Ала-Тоо», 1979, №7, 85-б.).
**АРДАЛЫК** — эпизоддук кейипкер, *Атайдын* атасы катары гана аты аталат (СО, 3. 49).

**АРЕФЬЕВ** Анатолий Васильевич (1918, Ставрополь ш. —1989, Москва)— театр сүрөтчүсү, СССРдин эл сүрөтчүсү (1967), КПССтин мүчөсү (1945). 1947-ж. Кыргызстанга келип, Опера ж-а балет театрында башкы сүрөтчү болуп эмгектенип, жетимиштен ашык ар кандай спектаклдерди жасалгалоону жүзөгө ашырган. Алардын ичинен «Манас», «Айчүрөк» опералары



өзгөчө орунду ээлейт. А. аталган улуттук опералардын сахналык жасалгаларын ишке ашырууда уникалдуу эпостун өзөгүндөгү ар кандай окуялардын тереңинен кыргыз элинин тарыхый этнографиялык жашоо-шартын, ал мезгилдеги турмуштун мүнөзүн билгичтик м-н пайдаланган. Айрыкча, спектаклдин катышуучуларынын кийим-кечелерин, курал-жарак, жабдыктарын, улуттук жасалгалардын бүтүндөй ыргагын ишенимдүү чечип, эпикалык маанай берген. Ленин, Эмгек Кызыл Туу, Кызыл жылдыз ордендери м-н сыйланган.

**АРКАРБОЗ** — *Кутунайдын* байгеге чапкан күлүгү. Алмамбеттин Манаска келишине арналып өткөрүлгөн тойдогу ат чабышта марага алтынчы болуп келет (СО, 2. 327).

**АРМАН** — кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгында лирикалык ырлардын бир түрү. Манас эпосунда А. каармандардын кулк-мүнөзүн, дүйнөгө болгон көз карашы, жалпы эле адамдык сапатын ача турган көркөм ыкма катары жолугат. Жакыптын А-ы:

Акыретке бет алсам
Атакелеп артымдан
Наалып калаар балам жок...
Талаада жүрөт тайларым,
Таптап минер балам жок (СО, 1.17),— деп баласынын жоктугуна зарланганын, Алмамбеттин А-ы болсо эрксизден ажырап, көптөн бери көрбөгөн элин, жерин айтып (СО, 2.102—117, 4. 272—276) каңырыгы түтөгөнүн билгизет. Эпосто А. тиешелүү каармандын образынын ачылышына кошумча боёк берип, зоболо-абырой, даража орунун да билдирет. Сыргакты баш кылып курман болгон эрлердин сөөгүн койгондон кийин согушуп жатып кытайлардан Алмамбеттин сөөгүн тартып алгандагы Манастын А-ы — өйдө болсо өбөк, ылдый тартса жөлөк болор дос-жолдошторунан ажырап, алардын күйүтүн тарткан адамдын А-ы:

Жаагына жаагын жаздады,
Күңгүрөнүп токтобой,
Өкүрүп сөзүн баштады:
Эгиз козу түгөйүм,
Экөөнү бирдей жеп алып,
Эрикпей кантип жүрөмүн!
Аккула окко учуруп,
Алмамбет шейит кечирип,
Канатыман кайрылып,
Мен кантип кетем Таласка!
Алмамбет атышка салсам ак жолум,
Чубагым артымда жүрсө сан колум
Карагай жалгыз, кан жалгыз,
Долоно жалгыз, топ жалгыз,
Топ жолдоштон айрылып,
Томсоргон Манас мен жалгыз!... (СК, 2.219).

Ал эми Манас өлөрдө кабарга барып, Сайкалдан кордук көрүп келаткан Ажыбай «Айкөлүм Манас өлбөй кал, Азапты куу жан көрбөй кал!» (СК, 2.242),— деп Манас м-н чогуу жүргөн кезин эскерип, Манас жок кордук-зордук көргөнүнө А. кылат. Семетей Каныкейди эжем деп жүргөнүндө Манастын уулу болбой калганына:

Баласы болсом Манастын,
Жалгызы болсом ӛжемдин,
Санаса көңүл ток эле,
Алда таала кудайга
Түк арманым жок эле! (СК, «Семетей», 1.117),— деп А. кылса, Коңурбай:

Айкөлдөй болгон Семетей,
Менин уулум болсочу,
Айдап жүргөн көп жылкы,
Атаганат көр дүйнө,
Менин кунум болсочу (КВ, «Семетей», 260),— деп А. кылат.

**АРПА** — топоним. Нарын чөлкөмүнүн түштүк-батышындагы бийик тоолуу жайлоо. Эпосто кыргыздардын ээлтен мекендеген конушу катары сүрөттөлөт. Орто кылым мусулман даректеринде А. жайлоосу көп эскерилет. Өзгөн тараптан Жазы дарыясын бойлоп А. аркылуу Ысык-Көлгө карай байыркы соода жолу өткөндүгү да белгилүү.

**АРСУУ** — топоним. Жакып Манаска колукту издеп жүргөндө басып өткөн жерлердин бири (СО, 2. 384). Изилдөөчүлөр А-ну географиялык реалия — Арсубаникентке — *Сыр-Дарыянын* боюндагы байыркы шаарга таандык кылышат.

**АРСЫ** — эпизоддук кейипкер, калмактын башкаруучусу. Эпос б-ча Орго кандын Кочкорду башкарып турган жаң-жуңу.

**АРСЫ** — топоним. Калмак-кытайлар басып алган ата-журтун бошотуп келе жаткан кыргыз колунан Кочкор өрөөнүн бийлеп турган калмак жаң-жуңу (кээде калдай деп да айтылат) *Арсынын* өлгөн жери. Эпос б-ча бул жер ошонун атынан аталып калган (СО, КФ, 576-инв., 517-б.). Кочкор өрөөнүндөгү аймак.

**АРСЫ** — топоним. Эпос б-ча Көкөтөйдүн мал жайыты (СО, 3. 70). Географиялык реалияда Казакстандын түштүгүндөгү дарыя, Сыр-Дарыянын оң куймасы ж-а өрөөн.

**АРТЫК КАН** — эпизоддук кейипкер, *Акжайнактын* атасы деп гана айтылат (СК, 1. 195).

**АРТЫЛЫШТЫН-БЕЛИ** — топоним. Ат-Башы кыштагынан 35 *км* түн.-батышта, Кара-Коюн өрөөнүнөн Чаптуу-Жерге ашкан бел. Белдеги эски көрүстөндүн жанында «Манастын таш тулгасы» — деп аталган үч кызыл тоголок таш бар. Бул ж-дө мындай уламыш бар: «Манас жигиттери менен Кошой-Тоодогу ордодон келе жатып Тазбайматка: биз барганча Артылыштын-Белине бир аз шам-шум эткидей тамак даярдап тур деп жиберет. Ошондо Тазбаймат жанказанга тулга кылып ушул үч ташты Чаптын арасынан таш табылбайт деп камчысына кошо кармай келет. Ошол таш тулганын жанында көк бөрү тарткыдай түз талаага Манас жигиттери менен келип, Тазбаймат жасаган тамакты шам-шум этип отурушкан экен».

**АРУУКЕ** — кейипкер, Алмамбеттин аялы. Анын теги кайып, периге байланыштырылып, СОВдо кайберендердин каны Байыңдын кызы делсе, СКВда *Агынай* кызы А. Каныкейдин сиңдиси. Ал өзүнүн аярлыгы, сыйкырчылыгы м-н Айчүрөктүн образына жакын. А. да — «Кожожаш» эпосундагы Суречкинин кызы Ашайран сыяктуу эле аңчылык доордогу мифологиялык түшүнүктөн, ишенимден келип чыккан байыркы образ. Манасчылар аны пери тукумуна байланыштырышат. А. колунан келбеген эч нерсеси жок (түрдүүчө кубула алат, жаратылышты каалаганындай тейлөөгө мүмкүнчүлүгү бар) көрсөтүлгөнүнө карабастан, ал кайыптар дүйнөсүн кечип, адамзатка ыктайт, Каныкейге жакындайт, жөнөкөй пендени артык көрөт. СОВдо А-ге таандык кайыптар чөйрөсү сырдуу, күчтүү, касиеттүү көрсөтүлөт:

Акылга дыйкан, өзү уз
Ааламга келбейт мындай кыз.
Айтканы түркү, сөзү түз,
Адамча багып күлбөгөн
Атасы кайып өзү суз (СО, КФ, 581-инв., 204-б.).

А. жалпы түрк элдеринин байыркы түшүнүгүнөн жаратылган кейипкер катары көбүрөк айтылат да, бара-бара:

Кайсы күнү жатаарда
Кай кеткенин жан билбей,
Кайып болуп калат деп,
Кайсы күнү катарлаш
Кыздар менен кысылып,
Кошо жатып алат деп (СО, 4. 94), кайып да, адам да болуп көрсөтүлөт. А. Алмамбетке турмушка чыгарда бир топ сыр көргөзүп, түрүн бузуп, тилин чайнаган тантык кара кыз болуп, болочок күйөөсүнүн ыраакылыгын, акылын сындан өткөрөт. Минтип Алмамбетке өзүн таап алууга түрдүү шарт коюшу да байыркы энелик доор мамилелеринин көркөм чагылдырылышынын бир үзүмү катары анын образынын түпкү тамырын тереңдетет. Күйөө алдына түрдүү шарт коюп убаралантышын манасчылар кийинки көз карашка ылайыктап чечмелеген учурлар кезигет. СОВдо А-нин Алмамбеттен минтип качыңкырап турушу кайыпты чанып, тентиген бирөөгө тийди деген айыңдан корккондугу м-н негизделет. Алмамбетке кошулгандан баштап анын образы камкор, уз аял катары өнүгөт. Кошой кийип намыс алган кандагайды тиккенге катышып, ага жалпы элдин, Кошойдун ак батасы тиет. Чоң казатта жоо кийимдерди даярдоодо да ал маанилүү милдет аткарган. А. Алмамбетке жуп келип, ашкан касиеттүү, эл үчүн талыкпаган, анын оор жүгүн теңдешкен эмгекчи аял катары көрсөтүлөт. Алмамбет баатырдын ак ниет жары А. — Күлчородой элдик баатырдын энеси. Анын бүт жашоосу Манас м-н Алмамбеттин достугу, алардын ишинин ийгилиги, ар-намысы үчүн арналган.

*А. Жайнакова*

**АРУУКЕ** — эпизоддук кейипкер. СОВдо Кошойдун аялы. Ал алдыда боло тургандарды алдын ала сезген ыраакы, акылман, сыйкырчы аял. Кошой Билерикти Нескаранын туткунунан бошоткону жөнөгөндө А. алдынан жолуга турган аярлардын сырларын ачып берип, алардан сактануунун жолун үйрөтөт, к. *Жөө жомоктор.*

**АРХАИЗМ** (гр. archaios — байыркы), **архаикалык** сөздөр — эскирген, күндөлүк колдонуудан чыгып калган сөз, сөз айкашы же грамматикалык форма, к. *Көөнө сөздөр.*

**АРХАИКАЛЫК КАТМАР**, к. *Көөнө катмар.*

**АРХАИКАЛЫК МОТИВ**, к. *Көөнө мотив.*

**АРХАИКАЛЫК ОБРАЗ**, к. *Көөнө образ.*

**АРХАИКАЛЫК СЮЖЕТ**, к. *Көөнө сюжет.*

**АРХАИКАЛЫК ЭПОС**, к. *Көөнө эпос.*

**АРЧА КАН** — кырк чоронун бири *Акжолтойдун* атасы делет (СК, 2. 200). Башка учурларда Акжолтойдун атасы *Адыккан* деп да айтылат (СК, 1. 195).

**АРЧАТОРУ** — Көкөтөйдүн ашында Бокмурун Манаска тартуулаган тулпар. Манас Аккуланы ат чабышка кошуп, А-ну минип ашты башкарат (СО, 3. 114, 127).

**АРЫП** (ар. тамга)— сыйкырлап дуба окуп көз байлоо, кубултуу. Арабдардын диний ж-а көбүн эсе элдик оозеки чыгармалары (мис., «Миң бир түн» тибиндеги жомоктору) аркылуу кирген термин. Ал байыркы кыргыздардын магиялык көз карашындагы кубулуучулук ж-дөгү түшүнүгү м-н контаминацияланган. Ушуга

байланыштуу «Манас» эпосунда А. окуу м-н аракет кылуучу каармандардын эки тиби жолугат. Биринчи типке Алмамбет, Кошой, Айчүрөк, Көкмончок ж. б. эпостун өзүнүн байыркы каармандары жатат. Мис., А. окуп Алмамбет күндү жаадырат, Кошой Кашкарга аттанган жортуулунда көптөгөн сыйкырдуу эрдиктерди жасайт, Көкмончок Семетей Кыястан жараланганда кайыпка айлантып алып кетет, Айчүрөк уулу Сейтекке жардам бериш үчүн Кыястын сыйкырдуу аты Тооторунун тилин байлайт. Экинчи типке араб, фарсы жомокторунун таасири м-н эпоско кийин кошулган «аяр» деген жалпы аталыш м-н белгилүү кейипкерлер кирет. Булар көбүнчө Сагымбай сыяктуу байыркы чыгыштын жазма адабиятынын О. Азия элдеринин арасына тараган үлгүлөрү м-н тааныш манасчылардын варианттарында кеңири кездешет. Манас ата конушу Ала-Тоону душмандардан бошотуу үчүн жүргүзгөн согушта Үч-Турпандын каны Текестин аяры Куястын А. окуп жасаган укмуштуу сыйкырлыгы ж-дө:

Арып дуба салыптыр,
Жерден чыккан киеси
Адам болуп калыптыр.
Мейли камыш, мейли чий,
(Баатыр болсоң барып тий),
Мейли куурай, мейли чөп
Аскер болду сансыз көп,
Адам кылып жыгачтан
Аңгемелүү кандай кеп,
Карагайы, кайыңы,
Каптап барган аскердин
Чыгар эмес дайыны,
Өйүз менен бүйүзүн
Аскер кылды баарыны,
Суунун үстүн өрт кылды
Туу көтөргөн ар жерде
Султандарын көп кылды.
Ат минбеген жөө болду,
Ар бир чынар теректер
Адам эмес дөө болду.
Мылтык, кылыч бар жарак
Бутагынан бөлүндү
Найза кылыч көтөргөн
Айбаттары көрүндү (СО, 2. 36—37),—

деп сүрөттөлөт. *Р. Сарыпбеков*

**АРЫШ** — бир нече уруу топторунун бирикмеси. Негизги варианттардын бардыгында кездешет. РВЖ б-ча Алмамбет туруктуу түрдө «калмак» деп аталат да, «төрт арыштуу ойроттун төрөсүнүн баласы» катарында Эртыштын башын жердеген баатыр болуп саналат. Демек, эпосто «төрт арыштуу ойрот», б. а. төрт уруулар тобунун бирикмеси (калмакча «Дөрбөн ойрот») алардын ордо конуштары да Эртыштын башында болгондугу сүрөттөлүү м-н Ойрот-Жунгар мамлекети ж-дөгү тарыхый чындыкты чагылдырган.

**АРЫШКАН** — эпизоддук кейипкер, Каныкейдин нөкөрү. Манас Каныкейге күйөөлөп барганда ат чаап, тагдыр буюрган жар тандоо салтына ылайык аты жыйырма төртүнчү келген *Агыдайга* турмушка чыгат (СО, 2. 418, 425).

**АСА,** аса таяк (ар. аса — таяк; аса-муса)— Муса пайгамбардын таягы. Мусулман мифологиясы б-ча Алла берген таяк м-н Муса пайгамбар фараондун көзүнчө ар кандай сыйкыр көрсөткөн. Куранда айтылгандай, Муса таягын тирүү жыланга айланта алган; Фараондун куугунчуларынан качып келатып деңизди чапса деңиз ачылып, тоо болуп калган; чаңкаган элдин суусунун кандыруу үчүн асканы чапса, андан атырылып он эки булак чыккан (Куран, 2-, 20-, 26-сүрөөлөр) сопу дербиштердин, думаналардын, эшендердин «касиеттүү» таягы. А. таяк абели бадалынан жасалып, шалдырак-шулдуарактар тагылат. Элдин түшүнүгүндө А. таяк аруу, касиеттүү, аскеттик (такыба) жашоо мүнөзүнүн заттык белгиси, аяны катары элестетилген. Элдик оозеки чыгармачылыкта, а. и. «Манаста» А. таяк думана болуп жер кезгендердин ажырагыс буюму катары кызмат кылат. Эпосто мусулман мифологиясынын кеңири белгилүү кейипкери Кызыр дайыма «аса таяк колунда» (СК, 1. 222) жүрөт. Элдин азаттык ой чабыты чагылдырылган эпизоддордун биринде сегиз жашар Манастын тентек чыкканы: «Дубана көрсө уруптур, Асасын тартып алыптыр, Азапка бөөдө салыптыр» (СО, 1. 90),— деп баяндалат. *Т. Чороев*

**АСАБА** (ар. туу, байрак)— эпосто колдун жүрүшүндө, согушка кирүү учурунда көп айтылат:

Ак асаба туу менен,
Айгайлаган чуу менен,
Желеги алтын туу менен
Жер жаңырган чуу менен
Асманга чаңы созулуп,
Азыр келип турганы (СО, 4. 52)
Жети асаба туу келет,
•Жер жарылган чуу келет,
Баштагыдан беш бетер
Жер майышкан кол келет (СК, 2. 21), к.

*Туу.*

**АСАНАЛИЕВ** Кеңешбек (1928, Фрунзе, Сокулук р-ну, Саз айылы)— адабиятчы, адабий сынчы, филология илимдеринин доктору (1991), «Манас» эпосунун китебин түзүүчү. Кыргыз мамл. педагогика ин-тун бүтүргөн (1950). 1953-жылдан Кыргыз ССР ИАнын кенже илимий, 1955-жылдан улук илимий кызматкер, 1956-жылдан директордун орун басары, 1963-жылдан улук илимий кызматкер, 1981-жылдан сектордун башчысы,



1988-жылдан жетектөөчү илимий кызматкер, 1991-жылдан башкы илимий кызматкер болуп эмгектенүүдө.

Кыргыз прозасынын проблемалары ж-дөгү изилдөөлөрү м-н бирге «Манас» эпосун чыгарууга да үлүш кошкон. Эпостун КВнын

редколлегиясынын мүчөсү ж-а «Сейтек» бөлүмүнүн «*Кириш сөзүн*» жазган.

**АСАНБАЕВ** Мамбет (1939, Сокулук р-ну, Жал айылы)— кыргыз драма театрынын артисти. Кыргыз ССРинин эмг. сиң. арт. (1987). Эмгек жолун 1963-ж. Ташкендеги театрдык ин-тту бүтүргөндөн кийин Кыргыз драма театрында иштөө м-н баштаган. Ал көптөгөн драмалардан оң ж-а терс каармандардын ролдорун ойногон ж-а бир нече кинофильмге тартылган. Ж. Садыковдун үчилтик драмасында Нескаранын («Айкөл Манас», 1990), Кыргылчалдын («Манастын уулу Семетей»; 1982), Чалдын («Сейтек»; 1987) образын түзгөн.

**АСАН КАЙГЫ** — кейипкер. МЧВда Манастын эң түпкү чоң аталарынын бири, жер кезип жүргөн көзү ачык олуя. Ал Манас туула электен алда качан мурун анын келечектеги тагдыры ж-дө алдын ала айтат. Өз уулу Ногойдун турмушунда да көзү ачык олуя катары көрүнүктүү роль ойнойт. А. к. кыргыз, казак, ногой, каракалпак элдеринин оозеки чыгармаларында легендарлуу ойчул, сынчы, акылман. Ал өзүнүн элинин бейпил, жыргал турмушта жашашы үчүн кереметтүү өлкө Жер-Уюкту издеп жер кезет. Дүйнөдөгү мүлдө жан-жаныбар ж-дө:

Боорунда буту жок,
Жылан байкуш кантти экен?
Куйругу жок, жалы жок
Кулан байкуш кантти экен? (МЧВ, КФ, 5116-инв., 2-б.),— деп боору ооруп, ойго батат. Ушундан улам элде өзүнөн-өзү санаага баткан адамдарга карата А. к-чы деген ылакап айтылат. Тарыхта А. к. 14—15-к-дын аралыгында Алтын-Ордонун тегерегинде жашаганы болжолдонот. Өз мезгилинин белгилүү инсаны болуп, ишмердиги эл ичинде аңыз сөзгө айланышы, анын «Манаска» да кейипкер катары катышышын шарттаган. *С. Алиев*

**АСКАР** — эпизоддук кейипкер, *Жабагынын* атасы экендиги гана айтылат (СО, 1. 256).

**АСКАР** — эпизоддук кейипкер, *Жумабектин* атасы экендиги гана айтылат (СО, 2.280—281).

**АСКАРА** — Тазбайматтын байгеге чапкан күлүгү. «Манастын Каныкейге үйлөнүшү» эпизодунда тагдыр буюрган колуктуну табуу үчүн ат чаап, жар тандаган учурда А. отуз төртүнчү болуп келип, Тазбаймат нөкөр кыз Начарбүбүгө үйлөнөт (СО,2.426).

**АСКЕР** — эпосто чакан бөлүкчөдөн тартып зор бөлүктөргө чейинки куралдуу адамдардын жыйындысынан турган согуштук күчтү билдирет. «Манас» эпосунун сюжеттик нугунан айкын көрүнүп тургандай негизги эки варианттын (Сагымбай, Саякбай) мазмунунун көпчүлүк бөлүгүн согуш ж-а согуштук аракеттерге байланыштуу окуялар түзөт. Натыйжада көп адамдар катышкан чоң масштабдагы согуштар эле эмес, тийип-качты мүнөздөгү анча чоң эмес согуштарга деле бир нече жүз миңдеген адамдар катышат да:

Найзанын учу жылтылдап,
Аскердин башы кылкылдап,
Асаба, туусу жалпылдап,
Аргымак аттар алкылдап,
Алтындуу тондор жаркылдап
Жер жайнаган көпчүлүк...
Калкандын баары калкылдап

Каруу-жарак жаркылдап (СО, 4.160), шаңдуу көрүнгөн кыргыз жоокерлеринин эл таламын коргоп күрөшкөн иш-аракети элестүү сүрөттөлөт, к. *Кошун*. *С. Алиев*

**АСКЕРДИК БИЙЛИК ОРГАНДАРЫ** — аскердик демократия учурунда уруу союздарынын бийлик жүргүзүүчү уюму. Жоокерчилик доорлордун мүнөздүү салттары тарыхта гана сакталбастан, элдин оозеки чыгармачылыгында, айрыкча баатырдык эпосторунда кеңири сакталган. Элдик эпостордо бийликти жол башчылардын кеңеши — элдик чогулуш, аскердик жол башчы жүргүзгөндүгү чагылдырылган. К. Маркс баатырдык мезгилде афиналык грек урууларында бийликтин координацияланган үч органы: 1) жолбашчылардын кеңеши, 2) элдик чогулуш (агора), 3) аскердик жолбашчы (басилевс) болгондугун белгилейт. Афиналыктардай америкалык ирокез урууларында да бийликтин үч органы мүнөздүү болгондугун Ф. Энгельс аныктайт. «Манас» эпопеясынын сюжеттик системасынан да жоокерчилик доорго мүнөздүү болгон бийликтин координацияланган үч органын жолуктурабыз: 1) Уруу башчыларынын же аксакалдарынын кеңеши, 2) Элдик жыйын, 3) Аскердик жол башчы, к. *Аскердик демократия*. *С. Алиев*

**АСКЕРДИК ДЕМОКРАТИЯ.** «Манас» эпосу бир эле кылымдын же бир эле доордун көркөм эстелиги эмес. Эпосто кыргыз элинин басып өткөн узак ж-а татаал тарыхый жолу көркөм чагылдырылып, көптөгөн доорлордун мүнөздүү өзгөчөлүктөрү кеңири баяндалган. Анын татаал тутумунда А. д. мезгилинин олуттуу белгилеринин орун алышы талашсыз далил. А. д. доору уруулук-аталык түзүлүш ыдырай баштаган мезгилге туура келет. Бул доорго мүнөздүү салттар ж-дөгү даректер көптөгөн тарыхый эстеликтерде бар. О. эле элдик оозеки адабиятта баатырдык эпостон да кеңири орун алган. Ф. Энгельс байыркы гректердин баатырдык эпосунун гүлдөгөн мезгили варвардыктын жогорку баскычына туура келерин көрсөтөт. Ал эми К. Маркс болсо жоокерлик мезгилде афиналыктарда бийликтин үч органы: 1) жолбашчылардын кеңеши; 2) элдик чогулуш (агора); 3) аскердик жолбашчы (басилевс) болгондугун далилдейт. «Манас» эпосунда да А. д-нын бир катар белгилеринин бар экендигин ачык көрөбүз. «Манас» эпосунун идеялык мазмунун аныктаган негизги маанилүү бөлүк болуп саналган «Чоң казат» бөлүмүнөн К. Маркс белгилеген бийликтин үч органын жолуктурабыз. 1. Уруу башчыларынын же аскердик аксакалдардын кеңеши. Эпосто көптөгөн уруулар аталып ар бир уруунун уруу башчысы бар. Мис., Манас өзү ногой уруусунан, Акбалта — нойгут, Кошой — катаган ж. б. Олуттуу маселелер алгач уруу башчыларынын же аксакалдардын кеңешинде каралып, анан бир чечимге келишет. Мис., Манас уруу башчылары м-н кеңешип, алар макул болгондон кийин

Бээжинге казат жасайт. 2. Элдик жыйын. Уруу башчыларынын бүтүмү жалпы элге, кошунга (колго) салынат. Эпосто ар бир уруу башчысынын өзүнүн эли, уруусу, кошуну (колу) бар. Бээжинге казат жасоо ж-дөгү бүтүм жалпы элге же кошундарга жарыяланат. Алардын каалоосу, эрки м-н эсептешет. Зордоо, күчкө салуу жок экени Манастын Бээжинге казат жасар алдындагы колго кайрылуусунан көрүнөт:

Атым арык дегениң
Азыр кайткын үйүңө,
Өзүм жалгыз дегениң
Эми кеткин үйүңө (СК,2.80).

3. Аскердик жол башчы. Жортуулга аттанар алдында согуштуук колбашчы же аскер башчы дайындалат. Аскер башчынын бардык буйругун жортуулга катышкан ар бир жоокер аткарууга милдеттүү. Аскер башчынын бийлиги бекем, чексиз. «Манас» эпосунда адегенде Бакай аскер башчы болуп шайланат. Бирок, аскердик тартипти бекем кармай албагандыктан, кийин аскер башчылыкты Алмамбетке ыйгарышат. Аскер башчы өтө жөндөмдүү, кошундар арасына барктуу, согуштук стратегияны ж-а тактиканы мыкты билген адам болууга тийиш. Алмамбет ушул сапаттардын баарына ээ. А. д-га мүнөздүү болгон согуштук стратегиянын ж-а тактиканын айрым белгилерин «Манас» эпосунан учуратабыз. Эпосто кошунду онго, жүзгө, миңге, түмөнгө бөлүү салты да баяндалат:

Онун санап өтүптүр,
Он кишиге бир киши,
Он башы коюп кетиптир...
Жүзүн санап алганы
Жүз адамга бир адам
Жүз башы коюп салганы (СО, 4. 124).

Манас баатыр өзү да он башы Тазбайматка баш ийип келет. Элдин эсебин алган кезде Байматтын бир кишиси жок болуп чыгат. Алмамбет каарданып Бийматты жазаламак болот. Көрсө Баймат Манасты унутуп калыптыр. Ушундан улам «Манасты унуткандай» деген ылакап сөз тараган. А. д. мезгилинде согуш жан багуунун, «элдик турмуштун кадыресе функциясы болуп калат» (Ф. Энгельс). Бытыранды майда уруулар аргасыз биригип, өзүнчө эл болуп түзүлүүгө мүмкүнчүлүк алат. «Манас» эпосунда «Кулаалы таптап куш кылдым, Курама жыйып журт кылдым» деген ыр саптары өтө арбын жолугат. Майда, бытыранды урууларды бириктирүү эпостун негизги темаларынын бири. А. д-нын дагы бир белгиси — Манас баатырдын кан шайланышы. Уруу башчылары адегенде кеңешип Манасты кан көтөрүшөт да, анан бүтүмдү жалпы элге салат:

Кары-жашы күңгүрлөп,
Каныбыз Манас болду деп,
Калктын баары дүңгүрлөп,
Көпчүлүк топук алганы (СО, 1. 285).

«Айкөл эрди ошондо, Ай талаада калайык Кан көтөрүп салды эми» (СК, 1. 215). Эпосто жоокерчилик доор, ошол кездеги стратегия м-н тактика, адамдардын согуш учурундагы карым-катнаш мамилелери да реалдуу көркөм баяндалган.

*С. Бегалиев*

**АССОНАНС** (лат. assono, фр. assonanse — үндөшүү, ыргак м-н бирдей кайталануу)— ыр сабында үндүү тыбыштардын биринин басымдуу түрдө көбүрөөк кайталанышы. «Манас» эпосу А-ка өтө бай: «Өлгөнүн көзүң көрбөйбү, Өзү жалгыз алданын Өкүмүнө көнбөйбү» (СО, 1. 125).

**АСТРОЛОГИЯ** — асман телолорунун (жылдыздардын) жайгашуусу м-н тарыхый окуялардын, адамдардын ж-а элдердин тагдырынын ортосундагы байланыштар ж-дө окуу. Кыргыз элинин уламыш, эпосторунда А-лык түшүнүктөр маанилүү орунду ээлейт. Элдин Ай, Күн, Чолпон, Үркөр, Жетиген, учуучу жылдыз, куйруктуу жылдыз ж. б. көптөгөн асман телолору тууралуу көркөм поэтикалуу мифтерди, уламыштарды жаратышы ушуга далил. А. окуусу жарык чыгаруучу асман телолорунун, айрыкча планеталардын жайгашкан ордуна карап туруп, башталуучу иштин аягы эмне жыйынтык м-н бүтөрүн, кишинин же бүтүндөй бир элдин келечек тагдырын алдын ала айтууга негизделген. Астрологдордун оюн б-ча Күн, Юпитер, Сатурн, Марс, Чолпон, Меркурий, Ай адамдардын келечек тагдырына өз таасирлерин тийгизет. Жашырын сырдуу күчкө ээ болушат. Алар Күн баштаган жети планета м-н 12 топ жылдыздын (зодиак) абалына ж-а алардын өз ара жайгашуусуна жараша баланын (адамдын) келечегин аныктоочу кура (гороскоп) түзүшкөн. Мындай кура алдыда боло турган согушту кайсы учурда баштоо ыңгайын билүүдө, жайлоого көчүү ж-а кыштоого кайрадан кайтууну аныктоодо, эгин оруп-жыюуну белгилөөдө да пайдаланылган. Мына ушундай жагдайлардан А-лык түшүнүктөр пайда болгон ж-а эл арасында кеңири таралган. Кыргыздар кура түзүүдөгү эсеп, чиймелерди өзүлөрүнчө күчтүү мамлекет болуп турганда билишсе да кийинки кылымдарда, белгисиз себептердин натыйжасында унутуп коюшкан. Бирок, ошого карабастан алар А-лык билимдин айрым ыкмаларын, жолжоболорун мүмкүнчүлүктөрүнө жараша, билим деңгээлдерине, турмуштук шартка ылайыкташтырып колдонуп келишкен. «Манаста» «Оң чекеден Күн чыгып, сол чекеден Ай чыгып, Тогоол болуп, бул экөө Белги болуп алыптыр»,— деп айтылат. Мында баатырдын төрөлүшү алдындагы түшкө кирген Күн менен Айды, бул асмандык кубулуштар аркылуу анын келечегин бактылуу, таалайлуу болорун белгилеп өтүүдө.

Ата-бабаларыбыз «ар бир адам белгилүү бир жылдыз жарыгынын алдында туулат, анын жандоосу м-н өнүгүп, өсө баштайт; ал жылдыз канчалык бийик жайгашса, бөлөктөрдөн айырмаланып турса, ошол адамдын жолу шыдыр болот» дешкен. Иши алга жылып, бакыт, дөөлөт курчаган кишини «Жылдызынын өтө бийиктелиши» же жөн эле «Айы оңунан туугап» (КФ, 3032-инв., 9-б.; Юдахин К. К.

Киргизско-русский словарь. кн. 1, 26-б.),— деп коюшкан. Кыргыздардын асмандагы жылдыздарды карап, жортуулга чыгуучу күндү белгилеши «Манас» эпосундагы далычы Таргылтаздын:

Ушул быйыл аттанба,
Атка каршы ай экен,
Эрге каршы жыл экен,
Бул чыканактай канкор кул,
Жылдызга оңдоп салыптыр (РЖВ, 197),— деп Жолойго айтканынан ачык байкалат. Мында Жолойдун жортуулга чыккан учуруна мүчөл жылы бап келгени ж-а минген атына айдын каршы келгени аныкталганы белгилүү болуп турат. Бул мисалдан «Манас» эпосунда өткөндөгү ата-бабаларыбыздын А-лык түшүнүктөрү чагылдырылганы байкалат.

Кыргыз элинин астрологиялык түшүнүктөрү ж-дө сөз болгондо Чолпон жылдыз тууралуу легенда-мифти да келтире кетүү кызыктуу. Легенда — миф б-ча Чолпон жылдыз түпкүлүгү жерде жашаган, зээндүү, сергек, өтө сулуу кыз болгон. Көпчүлүк эл бул кыздан дайыма акыл сурап, кеңештерди алып турушкан. Нечен жигиттер анын сулуулугуна, акылына кызыгышып, ага үйлөнүүнү ниет кыла башташат. Акырында алар «мен алам, мен алам» дешип чыр-чатак чыгарышкандыктан, Чолпон аларга наалат айтып, көккө жылдыз болуп учуп кетет. Бирок, ал көктө дайыма эле бир жерде, бир калыпта учурабайт. Айдын онуна чейин он жерде: биринде арбий жанубида болуп, төрт аяк, төрт кадам жактарда которулуп жылып, тогузунда Жерде, онунда асманда болот экен. Анын «билсең билдирем, билбесең бүлдүрөмүн» деген шарты б-ча Чолпонду ар бир эле киши унутпоого ж-а аткарууга милдеттүү (КФ, 359-инв., 313-б.). Ошондон калк арасында тогуз деген сан сыйкырдуу делип, ага чоң маани берилип калган.

Кыргыздар байыркы замандан бери эле бирөөгө мүлк берсе, кудалыкка мал алып барса же белгилүү бир күнөөнү, жазаны тартса, өзгөчө, кун төлөсө аны дайыма тогуздап берүүгө, айып тартууга туура келген. Мис., «Манас» эпосунда Көкөтөйдүн ашы сыяктуу чоң жыйындарга кызмат өткөргөндөрдүн «Акысын санап дал алып, Алты тогуз мал алып» (СО, 3. 147) ыраазы болгондугу көрсөтүлөт. Же Манастын күйөөлөп барган жеринен келтирели:

Кудагыйдын жолдошун
Тогуз берип тыналык.
Тогуз байтал бир бөлөк
Соё турган тою ушул (СО, 2. 390—391).

Илгертен бери эле элде канга айрыкча сый кылып атан төө, жорго, күлүк ат, бүркүт, шумкар, асыл сапаттуу буюмдар (алтын, күмүш ж-а алар м-н кооздолгон бешик, зэр токум, жүгөн ж. б.), баалуу аң терилерди (илбирс, сүлөөсүн, суусар, кундуз ж. б.) тартуу кылууда дайыма тогуздап алып барышканы («Кан тартуусу тогуздан» деген макалга ылайык) маалым. Кыргыздарда илгертен бери эле оор мүшкүлгө дуушар болгон адам андан кутулуу үчүн «тогуз токоч баабедин»,— деп угуза айткан. Мунун баары, байыркы мезгилден баштап Чолпон жылдызы ж-дөгү айтылган окуянын элдин аң-сезимине терең сиңип кеткүсүнөн болуу керек. Муну элдин ага кулдук уруп, Чолпон жылдызына жакпаган жаңжал, чыр-чатактардан оолак болууга жасалган аракет катары түшүнүү абзел.

Суук көздөн (көз тийгенден) коргоп, Чолпон өзү колдойт деген ой м-н жалгыз эркек баласынын же сулуу кызынын мойнуна, билегине тогуз кызыл мончок тагышканы да ушундан болуу керек.

Кыргыздарда мыкты күлүк атты, атактуу жоргону ар түрдүү кырсыктардан сактоодо да жалаң гана «Камбар атага» сыйынышпастан, о. эле Чолпондон жардам күтүшкөн. Муну төмөнкү ыр саптардан байкоого болот: «Торкодон үртүк жаптырган Тогуздап тумар тактырган. Тобурчактан бир канча» (КФ, 5166-инв., 17—18-б.). Демек, ушул сыяктуу көптөгөн фактылар Чолпон жылдызына байланыштуу келип чыккандыгы талашсыз.

*А. Байбосунов*

**АСТРОНОМИЯ** — асман телолору, жалпы эле ааламдын түзүлүшү ж-а өнүгүшү ж-дө илим. Байыртан баштап эле кыргыздарды көмкөрүлүп турган көк асмандын сулуулугу дайыма суктантып келген. Мында бөтөнчө асмандын түнкү көрүнүшү адамдын, айрыкча, акындардын назарын өзүнө буруп, өзгөчө шыктануунун булагына, эстетикалык предметке айланган. «Манас» эпосундагы эл сүйгөн баатыр Манас асмандагы Айга, Күнгө теңештирилип сүрөттөлөт:

Асман менен Жериңдин,
Тирөөсүнөн бүткөндөй.
Айың менен Күнүңдүн,
Бир өзүнөн бүткөндөй.
Асмандагы Ай-Күндүн,
Жаркынынан бүткөндөй (СО, 2. 148).
Манастын сымбатына карата салыштыруунун эң элестүү үлгүлөрү берилет да, анын элеси Аалам Жер м-н ажырагыс экендигин айгинелеп турат. Аалам түзүлүшү м-н кооз. «Манас» эпосунда Каныкейдин келбети:

Ай чырайлуу, бото көз,
Кызыл жүзү нурданган.
Кыпча бели буралган,
Кырк бир кыздын ичинен
Артык турат жылдызы (СО, 23. 54),—деп ааламдын атрибуту болгон Айга салыштырылат. Жылдыздар сыйкырдуу, асманда канча жылдыз болсо, жер жүзүндө ошончо адам жашайт; ар бир адамдын өзүнө гана таандык жылдызы бар, нак ошол жылдыздан пайда болгон учурунда жанды алып келип денеге киргизип кетет имиш; көктөн учуп түшкөн жылдыз, жердеги кишинин өлгөнүн билдирет деген ишенчээк түшүнүк «Манас» эпосунда туусун колдон алдырып, жеңилип, баш ийген душмандарын: «Капырлардын бу күндө Башынан качып сыймыгы Жерге түштү жылдызы» (СО, 3. 291),— деп кулаган жылдыздарга теңешкен.

*А. Байбосунов*

**АСЫ** — топоним. Көкөтөй өлгөндө эли ашка чакырылган жерлердин бири (СО, 3. 54). Географиялык реалияда азыркы Жамбыл облнын аймагындагы жер, өзөн.

**АСЫЛБЕК** — эпизоддук кейипкер, кыргыз баатыры. Ташкенди бийлеген Панус кан Акунбешимдин өчүн алып, «чантууну бүт кырам» — деп кол курап, согушка аттанганда А. баш болгон кыргыздар Көкөтөй карынын айтуусу м-н Манаска кошулушат (СО, 2. 145—146).

**АСЫЛДЫК** — эстетикалык баалуулукка ээ көрүнүштөрдү мүнөздөөчү түшүнүк (категория). Бул түшүнүк «Манас» эпосунда кеңири чагылдырылып, анда реалдуу чындыкка, б. а. жаратылыштагы, социалдык чөйрөдөгү, адамдардын өз ара мамилелериндеги түрдүү көрүнүштөргө элдин оң баасы камтылган. В. Г. Чернышевскийдин сөзү м-н айтканда: «Асылдык — бул турмуш» (Эстетика, М., 1958, 55-б.) ж-а оомалуу-төкмөлүү бул жашоонун өзүн адамдар асыл нерсе катары баалашат. А. реалдуу, бирок, ар бир тарыхый конкреттүү турмуштук шарттарда ар башкача кабылданат, б. а. ошол шарттардын өзү тигил же бул кубулушту эстетикалык же эстетикалык эмес, асыл же асыл эмес деп аныктайт. Эгерде предмет, кубулуш биздин түшүнүгүбүздү көрсөтсө ж-а алар чыныгы турмушту, анын кандайча болуу керек экендигинин образдык чагылышын билдирсе, демек, ал — асыл. «Манас» эпосу күбөлөп тургандай өткөн мезгилдердеги жашоонун, турмуштун оор шарттары, социалдык азуу, тынымсыз согуштардагы бүлгүндөр кыргыз элинин асылдыкка, сулуулукка умтулушун, аларга болгон кызыгуусун басып коё алган эмес. Муну эпостун текстинде учураган А. түшүнүгү негизин түзгөн сонун, сулуу, асем, кооз, көркөм деген сөздөр да ырастайт. А. түшүнүгү предметтердин ж-а кубулуштардын маңыздык ички курулушун ж-а касиеттерин, алардагы мыйзам ченемдүү байланыштарды ачып көрсөтөт. Маселен, эпостогу каармандардын мүнөздөрү, эрдиги, эл-жерине болгон сүйүүсү, чыныгы достук, таза махабаты жан дүйнөнү тазартып, жаркыратып турушу, алардын асыл көрүнүштөр экендигинин белгиси. О. эле акыйкаттык, эркиндик, жакшылык сыяктуу рухий жактан бөтөнчө мазмунга ээ түшүнүктөр да А-ка жатат. Эпосто элдин өсүп-өнгөн, туулган жерине, ата-журттун ажайып кооздугуна, аны мекендеген жан-жаныбарларга түрдүү оюн-зооктогго, жоо-жарактарга болгон эстетикалык мамилесинде элдин А. тууралуу түшүнүктөрү иштелип чыккан. Эпосто Манас баатырдын төрөлүшү да асыл көрүнүш катары кабылданат. Мунун себеби, биринчиден, чачылган элди баш коштуруп бириктире турган, душманга намыс алдырбаган эр-азаматтардын туулушун эңсеген элдин тилегинин ишке ашкандыгында. Экинчиден, Манас, Семетей, Сейтектин укмуштуудай сырдуу жышаан м-н жаралып, жарык дүйнөгө келиши, бала чагынан баатырдык ишке ынтызарлыгы, кудуреттүү колдоочуларга ээ болушу да алардагы асыл сапаттар катары мүнөздөлөт. Үчүнчүдөн кырчылдашкан кандуу кармашта мертиниши же сырдуу себептер м-н кайып болуп кетиши А-тын баалуулугун, түбөлүктүүлүгүн көрсөтөт. Эпосто Манас айкөл, кабылан, арстан, асыл деп сыпатталып, анын артыкча асыл сапаттарга ээ экендиги айгинеленет. Манастын өзүнө ылайык жоо кийими, курал-жарагы бар. Эпосто баяндалгандай жоокерчилик доордогу согуштарда, салгылашууларда, негизинен, найза, кылыч, чокмор ж. б. куралдар колдонулуп, аны пайдаланууда эптүүлүк ж-а зор кара күч талап кылынган. Мында найза канчалык узун, жоон, кылыч канчалык оор болсо душманга ошончолук коркунучтуу болгон. Ал куралды алып жүргөн каарман ошончолук сүрдүү көрүнгөн. Мына ушулардын бардыгы тарыхый жактан шартталып, элдин түшүнүгүндө А-ты туюнтуучу мааниге ээ болуп калган. Эпостун оң каармандарынын адамдык мыкты сапаттары (айкөлдүк, берешендик, кең пейилдик, ак санаттайлык, ишмердүүлүк, чеберчилик ж. б.) дээрлик асыл көрүнүштөр катары сүрөттөлөт. Илгертен бери эле кыргыздардын түшүнүгүндө Ай м-н Күн, Асман м-н Жер өтө ыйык нерсе катары аздектелип, асыл көрүнүш катары орун алган. Бул асыресе, элдин фетиштик, магиялык, мифтик түшүнүктөрү м-н да белгилүү даражада байланышып турат. Эпикалык чыгармаларда бул түшүнүктөр поэтикалык планда туюнтулуп, өзүнүн башкы каарманын элестүү сыпаттап сүрөттөө элдин идеалына туура келген, б. а. өз түшүнүмдөрүндө сүйүктүү баатырларын (Манас, Алмамбет, Семетей) асылдардын асылы, мыктылардын мыктысы катары көрсөтүүгө умтулушкан. Ошондуктан, Манас сыяктуу эле Семетей да «Ай менен Күндүн жаркынынан», «Ай алдында булуттун салкынынан», «Алтын менен күмүштүн ширөөсүнөн», «Асман менен жериңдин тирөөсүнөн» жаралат. Алтын м-н күмүштүн өзү асыл, Ай м-н Күндүн өзү асыл, асман м-н жер асыл, ушундай асыл нерседен жаралган нерсе да — асыл. Эпосто аял затынын асылдыгы ж-дө да «сулуу», «көркөм», «асем» деген сыпаттоолор негизинен элдик идеалдарды алып жүрүүчү аял каармандарга колдонулат. Эпосто Каныкейдин рухани сулуулугу (аял заттын нурдуусу, ыктуусу, мыктысы) өңү-түсүнүн сулуулугу, керме кашы, узун чачы, келишимдүү өңүнө, сымбаттуу тулку боюна адамгерчилиги, иш билгилиги, уздугу, керек болсо баатырдыгы да шайкеш келип, эстетикалык таасирдүүлүктү, сулуулукту жаратkan. Эпосто аялдардын сулуулугу «ак», «кызыл» деген эпитеттер аркылуу да берилет. «Ак» деген сөз белгилүү даражада таза, тунук, нукура дегендикти туюнтуу м-н негизинен А-ты билгизип турат. Эпосто аял каармандардын келбетин сүрөттөөдө «кызыл» деген сөз да арбын колдонулат. Элдин кылымдар бою калыптанган түшүнүгүндө беттин кызылы — кан, адамдардын оору-сыркоодон, илдеттен алыс экендигинин белгиси катары кабылдангандыктан, аялдын көңүлү куунак болуп, жамалын кызыл нур чалып турса, ал бөтөнчө сүйкүм, сулуу көрүнгөн. Адатта аялзатынын сулуулугун сүрөттөөдө боёк жаратылыш көрүнүштөрүнөн

алынган. Мис., Айчүрөктү сыпаттоодо актыгын көбүк карга, чачы, тиши берметке салыштырылат. Өндүрүш каражаттарынын, эмгек куралдарынын өтө эле жөнөкөйлүгү адамдардын жаратылыштын даяр беренелерин пайдаланууга, жашоого ыңгайлуу жер издөөгө мажбурлаган. Малга жай, жер-жемиши төгүлгөн, кайберен-илбээсиндерге бай жерлер жашоо үчүн өтө ыңгайлуу келип, адамдарды өзүнө тартып турат. «Манас» эпосунда деги эле жаратылыштын байлыктары м-н табияттын кооз көрүнүштөрү ажырагыс биримдикте каралып, мындай жерлерде жашоо жыргал катары белгиленет. Мис., Таластын көркү сүрөттөлгөн жерде аны туура эле «жыргалдуу Кең-Кол, кең Талас, Жер соорусу турбайбы, Муну жердеген адам тунбайбы», болбосо Талас «бөтөнчө бейиш жер келет»,— деп мүнөздөлөт. Мындай асыл көрүнүштөр адамдардын материалдык гана эмес, алардын рухий таламдарын да канааттандырат:

Кермеге күлүк сергитип,
Байлап жатчу жер экен,
Күн тамаша, түн оюн,
Жайлап жатчу жер экен,
Коштоп кийип суусар бөрк,
Ыргап жатчу жер экен,
Кунан минип, куш салып
Жыргап жатчу жер экен (КВ, 2, 52).

Демек, жердин асылдыгы, кооздугу жалаң гана материалдык кенчинде эмес, ал жерде жашоонун көңүлдүү, шаттуу, эркин, бакыбат экендигине да байланыштуу. Мындайча алганда, эпостогу кеңири сүрөттөлгөн оюн-зоок, таңтамашалар (Көкөтөйдүн ашындагы түркүн мелдештер) элдин бакыбат жашоосунан, бактылуу турмушунан кабар берүү м-н элдин түшүнүгүндө өзүнө А-ты да камтыйт. Элдин эмгек ишмердүүлүгүн таасын айгинелеген мүнүшкөрдүк, мергенчилик, саяпкерлик, аңчылык жан багуунун амалы, көңүлдүү жашоонун ыңгайы катары өтө маанилүү. Эпосто жаратылыш кооздугу туурасында кеп болгондо анда элдин жаныбарлар дүйнөсүнө мамилеси да көрүнөт. Аялдардын сулуулугун сыпаттоодо да аларды өздөрү асыл, сулуу деп эсептеген жаныбарларга салыштырат (бото көз, кой көз, аркардай, ак куудай, чүрөктөй, кундуздай, калтардай ж. б.). Жаныбарлардын ичинен кыргыздар жылкы баласын бөтөнчө кастарлап келишкен. Жылкы минерине унаа, ичерине кымыз, жээрине тамак болуп, жоокерчилик доордогу жашоонун маанилүү бөлүгөсү болгон. Жылкынын пири Камбар атаны ыйык тутуп, чыгаан күлүктөрдү Камбар атанын тукуму дешкен. Эпосто ар бир каармандын өзүнө ылайык тулпары бар: Манастыкы — Аккула, Алмамбеттики — Сарала, Коңурбайдыкы — Алгара, Жолойдуку — Ачбуудан ж. б. Өз тулпарын минип жүргөн баатыр жоого тартынбай кирет, душманды кууса жетип, качса кутулат. Бекеринен Аккула окко учканда жөө калган Манас Таластан Тайбуурул келгенче башына «мээнеттүү канча күн түшүп, бек кейип» турбайт. Эпосто тулпарлардын өзгөчө касиеттери — чаалыгыш-чарчабастыгы, жел жетпеген күлүктүгү, ар тулпардын өзүнө гана таандык көркөм келбети зор ынтаа м-н сүрөттөлүп, асыл сапат катары бааланат. Элдин эпостон орун алган эстетикалык түшүнүктөрү жаратылышка, туулган жерге болгон сүйүүсү, турмуштагы, жүрүш-туруштарындагы, өз ара мамилелериндеги аздектелген А., сулуулук ж-дөгү түшүнүктөрү материалдык ж-а рухий турмушунун практикалык натыйжасы болуп саналат. *О. Исмаилов*

**«АСЫЛДЫК ПРОБЛЕМАСЫ»** — А. Медетбековдун «Манас» эпосуна арналган макалалар жыйнагы (Фр., 1978). 104 бет. Жыйнакка «Манас» эпосундагы асыл көрүнүштөр ж-а иск-вонун тигил же бул проблемалары ж-дө ар кайсы жылдарда газета-журналдарга жарыяланган макалалар («Улуу чыгарма», ««Манас» эпосундагы асыл көрүнүштөр», «Манасчы жөнүндө баян», «Поэзиянын спецификасы», «Эстетикалык сезим жагдайында») топтолгон. Автор «Манас» эпосун дүйнөлүк улуу эпосторго салыштырып изилдеп, анын эстетикалык кудурети дүйнөлүк поэзиянын улуу чыгармаларынын деңгээлинде турарын белгилеген; каармандын асылдык сапаттарына кеңири токтолуп, белгилүү манасчылардын айтуучулук касиеттерин изилдөөгө, поэтикалык өзгөчөлүгүн ачып берүүгө аракеттенген.

**АТАЙ** — кырк чоронун бири. Бирде Ардалыктын (СО, 3.49), бирде Шагыл бийдин (СО,3.175), бирде Сабай бийдин (СО,4.43) уулу деп айтылат. Манас Каныкейге күйөөлөп барганда ат чаап, жар тандаган учурда аты он үчүнчү келип, А. тагдыр буйурган Маарамбүбүгө үйлөнөт (СО, 2. 419, 424).

**АТАЙ** — эпизоддук кейипкер. *Боокенин* атасы экендиги гана айтылат (СО, 2. 349, 373).

**АТАЙБЕК** — эпизоддук кейипкер, Көкчөнүн желдети (СО, 2.254—256).

**АТАКУЛ** — эпизоддук кейипкер, манжулук калмактардын айыл башчысы. Манас Кортукту өлтүрүп салганда кун алмакчы болгон алтайлык калмактар адегенде манжулуктардын айылын талап, андан кийин Жакыптын жылкысын тийип кетмек болот. Ошондо А. «жылкыны алтайлык тийип кетсе, азабын манжулуктар тартпайбы» (СО, 1. 138, 139),— деп алтайлыктарды токтотууга аракеттенет.

**АТАЛА**, Аталабек — эпизоддук кейипкер, дөбөт элинин каны. Көкөтөйдүн ашына чакырылып, *Акжамбаш* деген күлүгү байге алган 60 аттын бири болот (СО, 3. 100, 268).

**АТАЛЫК** — эпизоддук кейипкер, Кошойдун атасы. Жашы жете элек же башкарууга жараксыз бирөө такка отурганга анын атынан бийлик жүргүзүүнү билдирген «аталык» аттуу сөз антропоним болуп эпоско Кошойго байланыштуу окуялар м-н кошо кирген болуу керек, к. *Кошой*, *Кундуз*.

**АТА МЕНЕН БАЛАНЫН КАСТАШУУСУ** — дүйнө элдеринин оозеки чыгармаларында (уламыш, жөө жомок, эпос) кеңири таралган салттык мотив. Аталык бийликтин күч ала башташы, башта баланын атасы ким экенине кайдыгер караган энелик коомдун укуктары-

нын нормаларына каршы келип, эми баланын сөзсүз закондуу атасынан туулушун талап кылган. Тескерисинче болгондо ата м-н никесиз туулган баланын ортосунда каршылык чыккан. Бул карама-каршылык көп элдердин оозеки чыгармаларында, айрыкча, эпостордо кеңири чагылдырылган ж-а «Ата менен баланын салгылашы» деген тема м-н фольклористикада кеңири маалым. Бул тема «Манас» үчилтигинен да орун алып, айтуучулардын нечен муундарынын элегинен кайра-кайра өтүп, көп кырдуу темага айланган. Эпостогу кеңири белгилүү чоң эпизоддордун бири «Алмамбеттин окуясында» өз алдынча тема катары кеңири өнүктүрүлгөн (к. *Алмамбет, Азизкан*). Мындан тышкары эпостун үч бөлүмүнүн тең башкы үч каарманынын аталары м-н кагылышы кийинки доорлордун көз карашына ылайыкташтырылганын, өзгөртүлгөн түрдө чагылдырылганын байкоого болот: 1) Манас өмүр бою өз атасы Жакып м-н ыркы келишпей өтөт. Ал эми ММВда Манастын туулушунун айрым белгилерине карап, Жакып ажалы акыры өз уулунан экенин сезет; 2) Семетей энеси Каныкей м-н кошо балтыр бешик кезинен чоң атасы Жакып тарабынан куугунтукка алынып, таятасынын колунда эрезеге жеткенче тарбияланат, кайтып келери м-н небереси Семетейди өлтүрмөкчү болгон Жакып акыры өзү өлүм табат; 3) Сейтектин өгөй атасы Кыязга каршы турушу баланын өз атасы м-н касташуусу ж-дөгү байыркы мотивдин өзгөргөн түрү болуп саналат.

*Р. Сарыпбеков*

**АТАН** — эпизоддук кейипкер, Орго кандын балбаны. Манастын Орго кан м-н болгон согушунда майдан талаасына жетпей Көйүш аярдан каза табат (СО, 2. 84).

**АТ-БАШЫ** — топоним. Нарын челкөмүнүн түштүгүндөгү чоң өрөөн. А.-Б. жердин, суунун, айрыкча сепилдин аты катары 9—10-к-дан белгилүү. Ал «Улуу жибек жолунун» Фергнадан Кашкарга ж-а Ысык-Көлдүн тескейиндеги Барскан шаарына кеткен соода жолунун боюнда орношкон. Караханийлер, моңгол ж-а Моголстан доорунда А.-Б. өрөөнүндө көп тарыхый окуялар болуп өткөн. «Манас» эпосунда кыргыздардын эзелки мекени катары көп айтылат. Сейф ад-Дин Ахсикентинин «Мажму ат-таварих» аттуу эмгегинде да Манас баатыр м-н калмактардын ортосундагы согуштарда А.-Б. көп жолу кездешет.

**АТ ЖАБДЫКТАРЫ** — атка минип жүрүүгө керектелүүчү буюмдар ж-а шаймандар. Кыргыздын А. ж-на: ээр, үзеңгү, жааз, канжыга, жүгөн, нокто, чылбыр, көмөлдүрүк, басмайыл, куюшкан, желдик, тердик, ичмек, көрпөчө (көпчүк), ат жабуу, үртүк, камчы кирет. Булардын ар биринин өзүнчө аткара турган милдеттери бар. «Манас» эпосунда да А. ж. кеңири сүрөттөлөт. Эпосто сүрөттөлгөн көпчүлүк А. ж-на эпикалык мүнөз берилген. Мис., *Акканкы, дүңгөр, ээр, үртүк, тердик, камчы, булдурсун* ж. б. Булардын арасынан Манастын Аккуласы үчүн Алмамбет жасап берген Акканкы ээр бир кыйла өзгөчө касиеттерге ээ:

Эңкейиште эзишсе,
Тамандашып айкөлүң,
Эчендер менен кезишсе,
Ээри кыйрап кетет деп,
Шашылыш жерден айкөлдүн
Ажалы бөөдө жетет деп
Артык кылган Акканкы
Аккулага чак канкы (СК, 2. 11).

Бул сүрөттөөдө көрүнүп тургандай ээрди жасоодо айрыкча анын бекемдигине, ишенимдүүлүгүнө көңүл бурулгандыгы айтылат. Анткени, жоокерчилик учурда ээрдин бекем болушу зор мааниге ээ болгон. Согуш учурунда ээрден кулап жоокерди өлүмгө алып келет. О. эле эпосто ээрди жасоодо анын кооздугуна да көңүл бурулгандыгын төмөнкү саптардан көрүүгө болот:

Алмамбет кылган Акканкы,
Алдыңкы кашы ак алтын,
Арткы кашы чылк күмүш
Эки каптал эн темир
Курч уютуп матаган,
Курдашың Алмаң жан досуң
Кабыланга куп ылайык жасаган (СК, 2, 211).

Мындан сырткары А. ж-ндагы башкы нерсе ээрден башка түрлөрү да эпосто сүрөттөлгөн учурлары кездешет. Мис., ооздук, тизгин, чылбыр, нокто, көмөлдүрүк, куюшкан, үзеңгү ж. б. Эпосто бул А. ж. жөн эле саналып гана кетпестен, алардын ар бири өз алдынча мааниге ээ. «Кара болот ооздук, Көмөкөйдө карсылдап» (СК, «Семетей», 2. 44) деген саптар ооздуктун болоттон жасалгандыгын билгизип турат, же «Окоро түйгөн ак тизгин, Тарталбай колу карышып» (СК, «Семетей», 2.44) деген саптардан тизгиндин кайсы ыкмада түйүлгөндүгүн (окоро түйгөн) көрүүгө болот. Мына ушундай эле сүрөттөөлөр м-н башка А. ж. да айтылат:

Эки кулач чоң чылбыр
Узунун тандап тапты эле.
Окоро түйгөн ак нокто,
Тайторуга чак нокто
Башына мыктап катты эле (СК, «Семетей», 1. 81), «Айкөлүңдүн чоң боз ат, Көмөлдүрүк, куюшкан, Көбүнчө боо жарашат» (СК, 1. 159). Эпосто А. ж-нын мынчалык орошон сүрөттөлүшү кыргыз элинин көчмөн турмушунда алардын кеңири пайдаланылып келгендигин айгинелейт.

*А. Акматалиев*

**АТЕМИР** — Каныкейдин атасы, к. *Темиркан*.

**АТ КАРА ТИЛ БОЛГОНДО** — жай келип, жылкы көккө тоё баштаган мезгил. «Манаста»: «Кечээ эл өөдөгө тартарда, Ат кара тил мезгилде» (СК, «Семетей», 2.72). «Ат кара тил болгондо, Тогуз айга толгондо, Бээжинден чалгын чаларбыз» (СО, 4.109),— деп сүрөттөлгөндөй көп кездешет.

**АТ КОЮУ** — «Манас» үчилтигинин ар бир бөлүмүндө башкы ж-а негизги каармандардын айрымдарынын келечек тагдырына байланыштуу маанилүү учур катары алар төрөлгөндө энчилүү ат коюуга өтө зор көңүл бурулат. Эпосто башкы оң каармандарга ылайыктуу

жакшы А. к. кыйын милдет экени ат таба албай кыйналганынан көрүүгө болот:

Ат коюңар деп айтып,
Ак сакал Жакып кеп айтып,
Көптүн келди кашына.
Ат асмандан дечү эле,
Жакшы ат коёр бекен?— деп
Көзүн салды бай Жакып
Аяк менен башына.
Олтурган эрлер дегдеди
Оозуна бир ат келбеди.
Ат коё албай алдырап,
Карап калды жалдырап (СО, 1.86).

Жаңы төрөлгөн балага А. к-нун татаалдыгы байыркы түрк элдеринин, а. и. кыргыздардын адамдын келечектеги тагдырына анын атынын магиялык таасири бардыгы ж-дөгү түшүнүктөрү м-н байланышкан. Мындай көз караш жер жүзүндөгү байыркы элдердин бардыгына мүнөздүү: «Ат — адамдардын байланыш жасоосунда эң биринчи каражат. Ал адамга сыймык алып келет жана анын тагдырын аныктайт. Адам аты менен даңкка жетет, ошондуктан ат коюу салтанаты эң жогорку даражада мактоого татыктуу»,— деп жазылган индиялыктардын этика ж-дөгү байыркы китебинде. Натыйжада, балага татыктуу А. к. үчүн байыркы элдердин баёо түшүнүгү б-ча ага татыктуу «көзү ачык» адамдар гана жарамдуу болушу мыйзам ченемдүү. Байыркы түрк-моңгол элдеринин реалдуу турмушунда мындай милдетти шамандар аткарса, алардын эпикалык чыгармаларында оң каарманды идеалдаштыруу салтына ылайык көктөн түшкөн же токойдон кайыбынан чыга келген касиеттүү карыя же кереметтүү күчтүн эгеси укмуштуу жаныбар балага ат коёт (түпкүлүгүндө бул эки кейипкер тең тотемдик түпкү бабага такалат). Демек, Жакып баласына ат коюларда «ат асмандан дечү эле,»— деп кандайдыр бир кереметти алдын ала күтүшү ушул байыркы ишенимдин көркөм чагылдырылышы. «Манас» эпосунун үчүнчү бөлүгү «Сейтектин» варианттарында да Сейтекке А. к. ар башкача кырдаалдарда жүзөгө ашырылат. РЖВда Сейтектин атын асмандан түшүп келген алтын сакал Айкожо коёт. Типологиялык көрүнүш индиялыктардын «Махабхаратасында» жолугат. Анын тигил же бул каарманы туулганда асмандан добулбастын күрүлдөгөн доошу угулуп, гүлдөр жаап, көзгө көрүнбөгөн кереметтүү күчтүн үнү анын келечекте аткаруучу улуу иштерин алдын ала айтып ж-а ага ат коёт. Түш. Сибирдеги түрк элдеринин эпосторунда кайыбынан пайда болгон касиеттүү карыя балага гана ат койбостон, анын мине турган тулпарын, жоо-жарагын берет же кайдан алууну айтат. Буга салыштырганда Манаска төмөнкүдөй түрдө аттын коюлушу байыртадан келе жаткан салттык көрүнүш:

Аты Манас болсун,
Жери Талас болсун,
Эли кыргыз болсун
Какырдан туулган Каккула
Манастын аты болсун («Манас», КФ, 387-инв., 16-б.). О. Азияда жашаган түрк элдеринин эпикалык чыгармаларында жогорудагы касиеттүү карыя мусулман дининдеги ыйыктар м-н алмаштырылган. Мис., өзбек эпосунда Алпамышка атты Шаймерден коёт, анын келечектеги баатырдык иштерин алдын ала айтат. Мындай трансформациялануу «Манас» эпосунда да орун алган, бир катар варианттарда башкы оң каармандарга Кызыр ж. б. мусулман ыйыктары ат коёт. Эпостордо келечек баатырдын атын кээде кайыбынан пайда болгон карыя эмес, ошол эле чыгарманын өзүндө активдүү роль ойногон белгилүү каармандардын бири — реалдуу адам коёт, ырас ал калк ичинде зор урматка ээ болот. Мис., көпчүлүк түрк элдеринин эпосторундагы каарман — өтө узак жашаган, акылман карыя Коркут ата бата берип баланы бойго бүтүрөт ж-а ага ат коёт. Көпчүлүк изилдөөчүлөр Коркуттун образы жогоруда эскерилген касиеттүү карыянын образынын эволюциясынын кийинки стадиясындагы көрүнүшү экенин белгилеп жүрөт:

Катылышкан душманын
Өгөөлөсүн темирдей,
Акыры туулса эркек уул
Аты болсун Семетей (СО, КФ, 546-инв., 331-б.),— деп Семетейди батасы м-н бойго бүтүрүп гана тим болбостон, ага атты да койгон, о. эле төрөлүүчү баланын келечекте эл кишиси — баатыр болуп өсүшүн каалаган калк карысы Кошой жогоруда эскерилген Коркуттун тибине жатат. Бир катар варианттарда Манас эрезеге жеткиче душмандардан аты жашырылып, «Чоң жинди» деген ат м-н жүрөт. Адамдын атынын душмандан жашырылышы алгачкы учурда байыркы тотемдик ишенимдерден келип чыккан. Ат тотемдик символ болуп саналган, ошондуктан магиялык мааниге ээ болгон. Байыркы адамдар ошол магиялык касиетке ээ чыныгы атын душман билип алса зыян келтирет деп, аны жашырын сактап, башка аттар м-н жүргөн. Мындай ишенимде элдик оозеки чыгармачылыктын чагылдырылышынын классикалык үлгүсү байыркы египеттиктердин мифтеринде берилген. Кудай аял Исида эң жогорку кудай Ранын (Күн кудайынын) үстүнөн бийликке жетиш үчүн «аны энеси төрөгөндө койгон чыныгы атын» — жашыруун атын билмек болуп аны жыланга чактырат. Жыландын уусунан жапа чеккен Ра айыгыш үчүн өзүнүн көптөгөн атынын ичиндеги жашыруун атын Исидага айтууга аргасыз болот. Исида аны айыктырып өз максатына жетет. Кыргыз эпосунда ушундай эле көрүнүш Төштүк м-н Чоюн кулак алптын ортосунда болот. Амал м-н Чоюн кулактын жаны жети кучкач экенин билип алган Төштүк аны оңой эле жеңет. Манасты жок кылуу үчүн Эсенкан анын аты б-ча издетиши ушул байыркы мотивдин рационалдуу түшүнүккө ылайыкташтырылып трансформацияланышы. Каарманга Чоң жинди сыяктуу «жаман» ат берүүнүн өзү да байыркы элдердин ишеними б-ча баланы ар түрдүү суук көздөн жашырып, анын өмүрүн сактап калуунун бир жолу болуп саналган.

Байыркы элдерде бала эрезеге жеткенде, жоо м-н кармашар чагы болгондо, анын жөндөмүнө, сырткы келбетине, алгачкы аткарган эрдик ишине ылайык экинчи сапар А. к. салт болгон. Баатырдык эпостор бул салтты өзүнүн духуна ылайыктап пайдаланган. Көпчүлүк түрк элдеринин эпосторунда каарман биринчи эрдигин жасаганда, ошонусуна ылайык келечекте аткаруучу эрдик иштеринин мүнөзүнө жараша ага ат коюлат. «Манас» эпосунда да башкы каармандын аты кийин коюлганы байкалат. СКВда алгач «Чоң жинди» деген ат м-н белгилүү болсо, ММВда, о. эле түштүктөн жазылып алынган айрым варианттарда адеп коюлган аты Ашырбек, кийин жогорку күчтөр тарабынан «Манас» деген ат берилет. Мифтаков элден чогултkан уламыш б-ча өз аты Сардар, Манас наамы, титул аты деп берилген. Эпосто жалаң Манас эмес, Алмамбет, Чубак, Сыргак, Серек, Ажыбай, Кыргылчал, Каныкей ж. б. бир катар каармандардын аттары алардын кылган иштерине, жекече мүнөздөрүнө, сапаттарына жараша алмаштырылат.

*Р. Сарыпбеков*

**АТ КОЮУ** — атчан аскерлердин душманга чабуул коюу ыкмасы. Эпостун согуштук окуяларында баатырларын, балбандарын, аткычтарын, найзачанын, кылыччанын өз-өзүнчө бөлүп, салгылашууга киргизгени жогорку көркөмдүктө элестүү сүрөттөлөт. Кыргыздын элдик оозеки чыгармаларында баатырларды, жоокерлерди атсыз элестетүү кыйын. Ошондуктан А. к. эпосто жоокерчилик окуялардын чордонун түзөт:

Күн жүрүш жактан күркүрөп,
Аркасынан Жолойдун
Алда канча көп аскер
Ат коюптур дүркүрөп (СО, 4. 314).

**АТОЙНОК** — эпизоддук кейипкер. Алтайдан көчүп келгенге чейин Манастын чоролорунун бири (СК, 1. 132).

**АТ-ӨТКӨӨЛ** — топоним. Сейтек Жети-Өзөндө аң уулап жүрүп «Ат-Өткөөлдүн жапыздан» (КВ, «Сейтек», 64) Карадөөгө жолугат. Географиялык реалия катары О. Азия м-н Казакстандын топонимдеринде кезигет.

**АТ ТАПТОО** — күлүктөрдү табына келтирүү ыкмасы. Ат чабышка кыргыздар туш келген эле аттарды кошо берген эмес. Күлүктү атайы бир жыл, алты ай, же үч ай байлап тапка келтирген. Байланган күлүккө жем-чөбү, суусу гана эмес аны маал-маалы м-н бастырып, чаптырып туруунун өзү да белгилүү өлчөмдө так ыргак м-н тартипке салынган. Учуру келгенде улам аттын терин алып (жылма терин, кара терин, анан акыр аягында ачуу терин алат) жүрүп олтуруп чоң байгеге таптаган. Ачуу тери таза алынбаган күлүктү алыс аралыкка чапканда ал буулугуп өлүп калышы мүмкүн. Кыргыз элинде даңазалуу чоң байгеге атайы таптаган күлүк аттарга чөпкө кошо туурaлган козунун этин, кээде жыланды да жедиргендиги айтылат. «Манаста» мындай маалыматтар түздөн-түз айтылбайт, бирок алыс аралыктарга талбай чуркаган, узак салгылаштарда арыбай жүргөн күлүктөрдүн А. т-нун катаал ыргак тартибин сактап тапка келтиргендигинен кабар берет. Мис., СОВ б-ча Көкөтөйдүн ашында чабылып биринчи келген Аккуланын тапталышы мындайча сүрөттөлөт:

Баатырдын аты Аккула,
Кабыргасы как Кула,
Каса тулпар Аккула
Этине келип ээлигип,
Эликтей башын көтөрүп,
Баскысы келип жээлигип,
Жарым күндүк эти бар,
Жаңыдан тердеткенинде
Жайына келип алыптыр,
Жаадай болгон чоң Кула ат
Табына жетип калыптыр (СО, 3. 151).

«Семетей» эпосундагы «Каныкейдин Тайторуну чапканы» эпизодунда:

Оргуй-оргуй чуратып
Ачуу терин алды эми...
Анык кайып буудандын
Оозу менен алышып,
Эңкейиштеп жүгүрсө,
Эликтей колу сайылып.
Өр таяна бергенде
Жал куйругу жайылып,
Табына келген Тайтору (СК, «Семетей», 1.79).

Букарда тарбияланган Семетейди кан көтөргөн тойдо төлгөгө чабылып, чыгып келет.

*М. Мукасов*

**АТ ҮСТҮНӨН САЛАМДАШУУ** — тең аталыкты, укугу, даражасы бирдейликти мүнөздөй турган жосун. Адатта эң жогорку даражалуу адамга (канга) көз каранды адамдар алыстан атынан түшүп, жөө келип салам айткан, ат үстүнөн саламды зоболосу бирдейлер гана айталган. Көкөтөйдүн ашында Кошой баш болгон кыргыз кандары Манаска баш ийгендеринин белгиси катары жөө келип салам берет. Чоң казаттын астында Манаска каршы аттанган кыргыз кандары аны көргөндө коркуп аттарынан түшүп келип салам айтышат. Жалгыз гана Төштүк Манаска баркы бар зобололуу баатыр катары ат үстүнөн салам айтат.

**АТ ЧАБЫШ** (байге)— эпосто кеңири жолуккан кыргыз элинин улуттук салт оюндарынын бири. Байыркы замандардан бери кыргыз эли өз өмүрүнүн ар кандай кубанычтуу учурун улуттук салт оюн-зооктор, көңүл ачуулар м-н өткөрүп келген. Мунун өзү «Манаста» кан көтөрүү, кан түшүш, кан тартуу өңдүү салттык үрп-адаттарды, аш-тойлорду дайыма элдик оюндар, көңүл ачуулар коштоп жүргөндүгү м-н далилденет. А. ч. байыртадан белгилүү болгон. Ал баатырдык үйлөнүү салтына, б. а. кызга үйлөнүүчү баатырга коюлган ар түрдүү шарттардагы сыноо талаптарга байланыштуу чыгышы мүмкүн. Баатырдык эпостордо чагылдырылган баатырдык үйлөнүү салтында кызга үйлөнүп бүлө куруучу талапкерлер үчүн атайын мелдештер уюштурулган ж-а кимиси мөрөй алса ошол үйлөнүүгө тийиш болгон. Талапкерлердин өнөрүн сыноодо көбүнчө үч





мелдеш: ат чабуу, бута атуу, күрөш мүнөздүү болуп эсептелген. Мына ошол А. ч. мелдешинин (байгенин) кыргыздарда бир канча түрлөрү болгон: аламан байге, чоң байге, кара жарыш, көр байге, мүрзө байге, кемеге байге. Булардын ар биринин өзүнө гана тиешелүү озуйпасы бар. Аламан байгеде аттар орто аралыктарга чабылып, күлүктөрдүн жаш өзгөчөлүктөрүнө чек коюлбайт. Чоң байгеде болсо (муну кыргыздар конолуу байге, коно ат чабыш, түнөтөр байге деп да атайт) өтө алыс аралыкка байге сайылат. Буга ашкан күлүк аттар гана катыша алат. Кара жарышта аттар жакын аралыкка чуркап, байге сайылбайт. Бул чоң байгенин алдында өткөрүлүп, аттарды сыноо, туяк-баштарын байкоо сыяктуу гана милдет аткарат. Көр байге өлгөндүн урматына өткөрүлгөн. Кара ашта чабылчу А. ч-тын бул түрү маркумду жайына койгон учурда чабылып, байгесине анын урунган айрым буюмдары, дүнүйөсү сайылган. Эпосто бул көркана (СО, 3. 43) деген ат м-н учурап, Көкөтөйдү койгондо анын сансыз малынын байгеге сайылганы сүрөттөлөт. Мүрзө байге болсо кырк ашта чабылат. Ашка даярдык көрүп аш өткөрөр жерге кемеге казганда кемеге байге чабылган. Көкөтөйдүн ашында өткөрүлгөн А. ч.— байгенин дал мына ушул коно А. ч. деген түрү. Эпосто «Атты айдатып ийгени, Атпай журттун баарысы Ашты көздөй киргени» (СО, 3. 160) баяндалып, А. ч-ка кошулган аттар чаап келгенче элдик оюндардын башка түрлөрү өткөрүлгөн, о. эле чапкан аттардын байгеси, күлүктөрдүн марага келиши өзүнчө сүрөттөлгөн (СО, 3. 258—273). Манасчылар чабылчу күлүктөрдүн тапталышына, аттарды чубатуудан өткөрүп сыноого, ат сүрөөгө кеңири токтолушат: А. ч-ка Манастын Аккуласы ж-а Жолойдун Ачбууданын кошуп эсептегенде миң тулпар чабылат. Аккуласыз Манасты эр сайышта аларына ишенген Коңурбайдын арам ою оңунан чыкпай жеңилет. Бул гана эмес чоң байге сайылган тулпарлардын жарышында Манастын Аккуласынын биринчи болуп (экинчи Төштүктүн Чалкуйругу, үчүнчү Жолойдун Ачбууданы) марага келиши Коңурбай, Жолой баш болгон кытай, калмак колбашчы баатырларынын намысына тиет. А. ч-та алдыга чыгып келаткан Жолойдун Ачбууданын кыргыздар атайылап жыкты деген шылтоо м-н кытай, калмактар жаңжал чыгарып байгени талап алат. Байгеден чыккан жаңжал «Манас» эпосунун көпчүлүк варианттарына мүнөздүү. Анткени:

Баш байгеге сайганы,
Сексен миң жылкы, миң атан,
Жана жүз миң кой болду,
Тогуз миң толук уй болду,
Эсебин малдын ала албай
Эл жакшысы буй болду.
Жабыкбашы кундуздан
Жана токсон үй болду,
Үй башына карасаң
Бирден эркек ээси бар,
Экиден шайдоот күң болду (СО, 3.146).

Эпостогу Көкөтөйдүн ашында чоң байгеге сайылган бул баш байге айтып тургандай чыгып келген күлүктүн ээси мына ушунча мал-мүлк ж-а кул, күңдүү болот. Мунун өзү ошол салттык мелдештин да, ошондой оюнзооктору мол сүрөттөлгөн «Манастын» өзүнүн да байыркылыгынан кабар берет. Байгеге минтип кишинин кошо сайылышы эпосто Манаска Алмамбеттин келишиндеги кан тартышта да элестүү сүрөттөлгөн.

Жыйырма чоро жаштардан
Байге боло калбаспы.
Атты чапкан өзүбүз,
Макул болсо сөзүбүз,
Башканын аты алабы?!...
Адамды байге сайды деп
Алмамбеттин көңүлүн
Бир көтөрүп салалы! (СО, 3.325).

Чапкан күлүгү м-н кошо эрктүү түрдө өз башын да байгеге сайганы чоролордун Алмамбетке чоң урмат көрсөтүшкөнүн, анын кан тукуму экенин сыйлагандыктарын ж-а өмүр бою ага чоролук кызмат кылууга өзүлөрүнүн даяр экендиктерин көрсөтүп турат. Бул жерде өзелтен сөөк урматтап, адилет башчы күтүүнү эсеп келген элдин нукура акыл-эс, ой-пикири чагылдырылган.

Манастын Каныкейге үйлөнгөн тоюндагы жар тандоо салтында чабылган А. ч. байгенин өзгөчө түрү (СО, 2. 421—427) катарында сүрөттөлөт. Манасчы Саякбай Карала уулу өзгөчө берилүү, зор эргүү м-н айткан «Каныкейдин Тайторуну чабышы» эпизоду «Семетей»

эпосунда өзүнчө бөлүмдү түзөт. Анда Букарда тарбияланган Семетей он экиге толгондо таятасы Темиркан аны кан көтөрүп той берет. Тойдо өткөрүлгөн А. ч-та Каныкейдин Семетейдин келечегин билиш үчүн, алтымыш асый Тайторуну чабышы, анын чыгып келиши жогорку көркөмдүктө эмоциялуу баяндалат. Коомдун өнүккөн кийинки баскычында байыркы мезгилдердеги батырдык үйлөнүүдөгү салттык мелдештер коомдун социалдык абалы өзгөргөнүнө байланыштуу өзүнүн алгачкы функциясын жоготот да, ар кандай жыйындарда (түшүм майрамдарында, өкмөттүк салтанаттарда) гана өткөрүлүүчү улуттук-салттык оюндарга айланат. Мис., кыргыздарда кыз куумай, балбан күрөш, эр эңиш, улак тартыш, ат чабыш ж. б. оюндар ушул кезге чейин улуттук-салттык оюн катарында сакталып келе жатат.

*И. Абдувалиев*

**АУЭЗОВ** Мухтар Оморханович (1897, Абай р-ну —1961, Москва, сөөгү Алматыга коюлган)— казак совет жазуучусу, көрүнүктүү илимпоз, коомдук ишмер. Казак ССР ИАнын академиги (1946), Казакстандын илимине эмг. сиң. ишмер (1957), Лениндик (1959), СССР мамл. (1949) сыйлыктарынын лауреаты.



Семей шаардык орус окуу жайын (училище) ж-а мугалимдер семинариясын (1919) бүтүргөн. 1928-ж. Ленинград ун-тин, андан соң Ташкендеги О. Азия мамл. ун-тинин чыгыш факультетинде аспирантураны аяктаган. А-дун чыгармачылык жолу 1917-ж. «Эңлик-Кебек» деген пьесадан башталган. Өткөн доордогу феодалдык-уруучулук түзүлүштүн зыяндуу каада-салттарын, 1916-жылдагы улуттук-боштондук козголоңду, жаңы турмушту, колхоз курулушун, Улуу Ата Мекендик согуштагы каармандыктарды камтыган көптөгөн аңгеме, повесть, драма, романдары калкка кеңири белгилүү. А-дун талантынын гүлдөгөн мезгили «Абай жолу» роман-эпопеясын жараткан жылдарга туш келет. Романдын 1—2-китеби (1942—47) СССР мамл. сыйлыгына (1949), 3—4-китептери Лениндик сыйлыкка (1959) арзыган. А. атактуу жазуучу, ишмер гана эмес, көрүнүктүү окумуштуу катары да кеңири таанылган. Анын калеминен казак ж-а СССР элдеринин адабияттарынын тарыхы м-н теориясына арналган ондогон салмактуу эмгектер жаралган. Ал казак адабият илиминдеги абай таануунун негиз салуучусу, казак фольклору м-н адабиятынын көптөгөн маселелерин кылдат изилдеген илимпоз болгон. А. кыргыз адабиятынын досу, кеңешчиси ж-а мыкты изилдөөчүсү катары да жакшы белгилүү. Ал 20-жылдардан тартып эле Кыргызстанда көп болуп, кыргыз фольклору ж-а адабияты м-н жакындан таанышып, Т. Сыдыкбеков, К. Баялинов, Т. Үмөталиев ж. б. м-н карым-катнашта болуп, алардын чыгармаларына өзүнүн баалуу пикирлерин, кеп-кеңештерин айткан. Ч. Айтматовдун зор талантын А. алгачкылардан болуп көрө билип, ак батасын берген. А. кыргыз фольклорун, айрыкча, «Манас» эпосун изилдөөгө чоң салым кошкон. Анын бул жанрдагы көп жылдык изденүүлөрү ««Манас»— кыргыздын баатырдык эпосу» аттуу фундаменталдуу эмгегинде терең чагылдырылган. Эмгекте эпостун айтуучулары, түрдүү варианттары, мазмун м-н форманын негизги өзгөчөлүктөрү, башкы темалары м-н сюжеттери, жаралыш доору, каармандардын образдары, көркөм сөз каражаттары, чыгыш элдеринин эпикалык мурастары м-н байланыштары сыяктуу өтө орчундуу маселелер каралган. А-дун «Манас» эпосуна карата мамилеси 1952-ж. өткөрүлгөн Бүткүл союздук илимий конференцияда бөтөнчө ачык көрүнгөн. Анда А. кыргыздын улуу мурасына вульгардык социологиянын көз карашынан мамиле жасаган изилдөөчүлөргө чечкиндүү каршы чыгып, «Манастын» элдик эпос экенин далилдеген. А. Ленин ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

*А. Эркебаев*

**АФОРИЗМ** (гр. aphorismos — кыска накыл сөз)— курч ж-а таамай айтылган терең маанилүү нуска сөз. «Манас» эпосу А-дерге бай. «Сынбасты уста жаратбайт, Өлбөстү кудай жаратбайт» (СК, «Семетей», 1. 62). Түзүлүшү б-ча А-дер макал-ылакаптарга жакын, адатта макал-ылакаптардан авторунун бар болгону м-н айырмаланат. Фольклордо макал-ылакаптарды да А-дерге кошуп карашат. «Манас» эпосунда А-дер көбүнчө Кошой, Бакай өңдүү акылман, нускалуу карыялардын сөздөрүндө учурайт, к. *Учкул сөздөр.*

**АЧ АЛБАРС**, к. *Албарс.*

**АЧА-ТАШ** — топоним. Кыргыздар Ала-Тоону калмак кандыктарынан бошоткондо: Анжым калмак элин А.-Т-тын белинен багындырып, олжо алышканы айтылат (СО, КФ, 576-инв., 511-б.).

**АЧ-БЕЛ**, Күмсаранын Ач-Бели — топоним. Бээжинге Чоң казат м-н бараткан кол басып өткөн жерлердин бири (СО, 4. 143).

**АЧБУУДАН** — Жолойдун жоого минген аты ж-а байгеге чапкан күлүгү. Негизги варианттардын бардыгында айтылат. А. Жолойдун эрдик иш-аракеттерин идеялдаштырууда ажырагыс бирдикте сүрөттөлөт. Айрым варианттарда А-дын байыркы образына таандык магиялык ж-а жомоктук-фантастикалык элементтер сакталган эмес. Негизинен күлүктүк сапаттары (арыбастыгы, күлүктүгү, күч-кубаттуулугу ж. б.) гиперболалык ыкмада сыпатталат. А-дын ар түрдүү жагдайларда (каарман минип бараткан, душман м-н бетме-бет кармашып жаткан учурда, душманды кууп же андан качып бара жатканда, күлүккө чапкан мезгилде ж. б.) мүнөздөлүшү м-н анын жеке өзүнө таандык касиеттери көрүнөт. Анын жекече сапаты «Көкөтөйдүн ашында» өткөрүл-



Б. Жумабаев. Ачбуудан (Жолойдун аты).

гөн ат чабышта элестүү ачылат. А. белгилүү күлүктүн бири катары чубатуудан өткөрүү мезгилинде ж-а баш байгелүү орундардын бирине ээ болушуна учкаяктыгы, арыбастыгы өтө чебер, жогорку көркөмдүктө сүрөттөлөт.

**АЧКУЛА** — Алмамбеттин Манаска келишиндеги эпизоддо жаңы келген канга тартуу берүү салты м-н тартууга берилген тогуз аттын бири (СО, 2. 318).

**АЧ-МАРАЛ** — топоним. «Каныкейдин жомогунда»:

Калың кытай козголуп,
Иле бойлоп жол жүрүп,
Ач-Маралды басканда,
Төрт түлүктү чачканда (СК, «Семетей», 1. 181) делип Чубак Манаска тарынып өз жерине кетип калганын уккан Коңурбай Манасты капыстан чаап алмак болуп Таласка келе жатканда басып өткөн жерлердин бири.

**АШ** — киши өлгөнүнө жыл айланган учурда же андан кийинчерээк өткөрүлүүчү маркумду эскерүү жөрөлгөсү. Аш түрк-моңгол элдеринде эң эле байыртадан келаткан салт. Аш «Манас» эпосунда айрыкча эпостун борбордук окуяларынын бири — «Көкөтөйдүн ашы» бөлүмүндө кеңири баяндалат. Аш деген термин кыргыз элинин турмуш-тиричилик салтында татаал, идеологиялык көз караштарга бай, уруулук-жамааттык мамилелерди даана көрсөтө ала турган туюнтма. Маркумдун арбагына багыштап аш берүү жалпы жонунан кыргыз элинде өлүктү коюу ж-а арбакты эскерүү салттарына кирип кетет. Элдин анимисттик маанайдагы түшүнүктөрү б-ча адам өлгөндөн кийин анын денесинен жаны бөлүнүп чыгып арбакка айланат. Өлгөн адамдын арбагы өзүнүн журтуна кайтып келип өз бала-чакасын, тууган-дарын, досторун колдоп жүрөт имиш. Элдик түшүнүк б-ча арбак да кадимкидей тамаксырайт. Эгерде арбакка багыштап тамак бербесе анда арбак ошол жакындарына жамандык алып келиши ыктымал деп эсептешкен. Мына ошондуктан, арбактан коркушуп ага атайын багыштап мал союп, элге тамак беришкен. Экинчи жагынан, ошол өлгөн кишини эскерүү иретинде анын урматына арнап тамак берүү расмиси. Аштын төмөндөгүдөй түрлөрү бар: кара аш, кырк аш, аш же чоң аш (кээде жылдыгы деп аталат). Булардын ар бири өткөрүлүүчү мезгили, катышкан элдин саны, жасалуучу жөрөлгөлөрү ж. б. белгилери м-н бири-биринен айырмаланып турат. Кара аш адам өлгөн күнү, эртеси берилет. Кырк аш (кээде жөн эле кыркы) адам өлгөндөн кырк күн өткөндөн кийин беришкен. Көпчүлүк убакта кырк күнгө жеткирбей эле 37—39 күн өткөндөн кийин да бере беришкен. Мындан сырткары анча чоң эмес ат чабыш уюштурулушу мүмкүн. Эпосто да Көкөтөйдүн кырк ашында Бокмурун байге сайып ат чаптырат. Кырк ашта маркумдун жакындары өз ара кеңешип чоң ашты качан берерин аныкташат да, элге кабарлашат. Эпосто Бокмурун атасы Көкөтөйдүн ашын качан берерин айтып мындай дейт:

Өткүр бала Бокмурун
Өз журтуна сөз салды:
Бакардын сүтү көлдөсүн,
Малдын баары төлдөсүн
Быйылдан бөлөк эки жыл,
Үчүнчү жылда аш берсек
Ага-ини, журтум амал кыл (СО, 3. 65).

Чоң аштын мөөнөтү келгенде маркумдун жакындары чогулуп кеңеш курушат. Уруулук мамилелердин салты б-ча аш өткөрүү ошол өлгөн адамдын жакын туугандарынын иши эмес, ал бүт уруунун, ал эми маркум тирүү кезинде өз элине аттын кашкасындай таанымал болуп, элге эмгеги сиңген адам болсо анда жалпы элдин милдетине айланат. Мис., Көкөтөйдүн ашын өткөрүү б-ча кеңеште ашка кимди чакыруу керек, келген меймандарды кандай жайгаштыруу керек, ашты ким бийлеши керек деген сыяктуу маселелер чечилет. Бокмурун ашты бийлөөнү Кошойдон суранат: «Абаке Кошой сүйлө деп, Аш берээр жерди бийле деп Бокмурун айтты мындай кеп» (СО, 3.75—76). Ашты өткөрүүгө ылайык жер тандоо да маанилүү маселе болуп эсептелген. Биринчиден — меймандардын аттары кененкесири оттогудай жер болуш керек, экинчиден — суусу мол болушу керек, үчүнчүдөн — бардык тигилген үйлөр бири-бирине тоскоол болбой батыш керек, төртүнчүдөн — өткөрүлүүчү оюндарга, ат чабышка ылайык жер болуш керек. Көкөтөйдүн ашын өткөрүү б-ча кеңешке катышкандар ашка ылайык жерди бир топко чейин талашышат. Кээ бирлери



Алтайдын туура тушундагы Сары-Арка деген жерди сунуш этишет, дагы бирөөлөрү Алай, Суусамырды ылайык дешет. Отургандардын калган көпчүлүгү бул айтылган жерлерге макул болушпайт, анда Кошой мындай дейт:

Аш берээр жерин тандады
Абаң Кошой токто деп
Көбүнө сүйлөп калганы:
Баарыңарга эп болсо,
Бабаңар айткан кеп болсо,
Күн батыш жагы Ысык-Көл,
Ар тарабы бирдей тең,
Иледен ылдый айдаса
Ат чабуучу жери кең,
Ашка ылайык ушу бар,
Ар тараптан сандалып
Аккан булак суусу бар,
Кең Каркыра атагы,
Сиркедей шакел чыкпаган
Кайнатып алма тузу бар.
Карагат, кайың, тереги,
Канчалык жагып жатсаң да
Отунга тиер кереги
Ат чабылар жери мол
Ашка ылайык жер ошол (СО,3.77),—

деп отургандар Кошойдун сунушун эп көрүшүп, ашты Каркырада бермек болушат. Ашка элди чакырууга да атайын кабарчыларды белгилешкен. Кабарчы токтоо, жөн билги, ишенимдүү адамдардан болуш керек. Эпосто жаш Айдарды кабарчы кылып дайындап жатышып мындай дейт:

Ар жумушка дилгирген,
Алтымыш түрдүү тил билген,
Ары тилмеч, ары акын
Ар жакшыга көп жакын (СО, 3. 86).

Салт б-ча, элдик диний көз караш б-ча ашка чакырылган адамдар дене-башы соо болсо сөзсүз келиш керек. Келбесе арбак ыраазы болбой калат, ошол адамды арбак колдобой иши оңбой калат деп эсептешкен. Мына ошондуктан, ашка чакырганда өкүм м-н «баланча күнү түкүнчөнүн ашы, келсин»,— деп айтышат. Эпосто да Бокмурун кабарчы жаш Айдарга чакыра турган адамдарды санап берип жатып кабарды аттан түшпөй туруп катуу айт: «Келбеген болсо ашыма Кесири тиер башына» (СО, 3. 98),— дейт. Аш берилүүчү күн бул улуу күн. Так ушул күнү бардык даярдыктар бүтүп ар кимиси кеңеште белгиленген иш м-н алек болушат. Мына ушундай даярдыктардын бири ж-дө эпосто мындай ыр саптары бар:

Эртесинде шашкеде
Миң кемеге ойдуруп,
Ар кемегеде бир киши
Миң азамат койдуруп,
Көтөргөнү миң отоо,
Эт жыйнатып ошого,
Бирден бирден чал турган
Эт кайтарып босого (СО, 3.121—122).

Чоң аштын жүрүшүнө ар кандай оюн-зооктор да кирет: *жамбы атуу, балбан күрөш, эр сайыш, ат чабыш* ж. б. Бул оюндар элдин черин жазып, көңүлүн аччу тамашалар экендиги маалым. Бирок, аза күтүү салтынын бул элементи — ашта кандайча орун ээлеп калган, ал кыргыз тарых, этнография, фольклористика илиминде терең иликтөөгө алына элек илимий проблемалардын бири. Чоң аш берүү салты жеке эле «Манас» эпосунда эмес, кыргыз элинин кечээ жакындагы эле турмушунда, о. эле тарыхый булактардагы маалымат б-ча байыркы замандардан бери келе жаткан салт. Ал эми байыркы заманда, мис., Орхон-Эне-Сай жазууларында көзү өткөн Каганды көмүү, аза күтүү расмиси болгондугу тууралуу, ага төгөрөктүн чар тарабынан ар түрдүү адамдар келип кагандын элесине таазим кылгандыгы ж-дө маалыматтар калган. Алардын бирине Кыргыздардын да каганы келгендиги тууралуу айтылат. Албетте, келген коноктор жөн кетпестен тигил же бул оюндун түрү б-ча күч сынаша кетишкен. Ал эми аскердик демократиялык коомдун жашоо шартында көз жумган жол башчынын ордун ээлөө максатында уруулардын ортосундагы талаш-тартыш ат чабыш, эр сайыш, балбан күрөш, оодарыш, жамбы атуу ж. б. у. с. оюндар аркылуу чечилиши ыктымал. Мындай оюндарда кайсы уруунун жоокерлери тайманбас, эр жүрөк, шамдагай экендиги, аттардын мыктылыгы дегинкисин айтканда, жоого чыгууга, эл-жерди коргоого кимдин даярдыгы талаптагыдай болсо топтун жетекчиси жол башчынын ордун ээлеген. Кийинчерээк, аскердик демократиялык коомдун ыркы кетип, бийлик мурас катары атадан балага өтө баштаганда бул оюндардын да адепки мааниси өзгөрүп, аш тек гана өлүктү коюу ж-а аны эскерүү маанисиндеги туруктуу салттарга айланып калышы ыктымал. Үчүнчүдөн, негизгиси, чоң аш өлгөн адамдын байлыгын, даңкын, эрдигин даңазалоонун бир түрү. Демек, аш бардык атрибуттары м-н бай адамдардын гана колунан келчү иш. Анын үстүнө мындай аштарды өткөрүү кедей-кембагалдардын башына түшкөн мүшкүл. Алар көпчүлүк убакта өз эсебинен келген конокту күткөн: малын сойгон, минип келген аттарын от м-н камсыз кылган ж. б. Аш бүтөрүндө өткөрүлүүчү салттардын бири өлгөн адамдын жесирине, анын кыздарына байланыштуу. Элдик салт б-ча өлгөн адамдын тулу (к. *Тул*) боз үйдөн бейитине алып барып ташталат. Жесирдин кара кийими чечилип отко жагылат, ага жакын туугандары алып келген кийим жабылат. Кыздарынын башындагы кара жоолук чечилип, ак жоолук салынат. Балдарынын бел курчоолору да жаңырат. Ушундан баштап

аза күтүү, ый, кошок басылат, журт жаңыртышат.

*А. Кочкунов*

**АШАЙ** — эпизоддук кейипкер, кытай баатыры. Араниктеги согушта азар түмөн кол м-н *Кеселикке* келип кошулганы айтылат (КВ, 1. 116).

**АШАҢ** — эпизоддук кейипкер, казак балбаны, *Кабай* байдын уулу. Араниктеги согушта *Качалык* м-н жекеге чыкканда көзүнө найзанын сыныгы кирип, кошунун көздөй кетип баратканда Качалык артынан келип жарадар кылганы айтылат (КВ, 1. 121).

**АШАРСУУ** — эпизоддук кейипкер, калмак баатыры, *Панус* кандын жээни. А. кыргыздын жылкысын тийип алып, Манас м-н согушуп жеңилет да, тартуу тартып жарашат. Манастан Алооке кандын зомбулугунан сактап калуусун өтүнөт.

**АШМАРА** — топоним. Көкчөдөн кеткен Алмамбет баатыр Манаска келе жатканда басып өткөн жер (СО, 2. 299, 303). Географиялык реалияда Чүй өрөөнүнүн батышындагы өзөн. Тарыхый даректер б-ча 9-к-дан түрк урууларынын кыштагы (азыркы Чалдыбар урандылары) ж-а о. кылымдарда (Аспар, Ашпар) этноним катары да белгилүү.

**АШТАР, Наштар** — кыргыздардын элдик медицинасында колдонулган байыркы аспап. Кош миздүү, болоттон жасалган курч бычак. Жоокердик замандагы негизги милдети жараттагы бузук канды чыгаруу болгон. Эпосто А. денеге сайылып токтоп калган жебенин сыныгын же окту тилип чыгарып алуу үчүн да колдонулганы айтылат:

> Сом этине калды деп,
> Чыкпай туруп алды деп,
> Аштар алып колуна
> Тилип жаткан андан көп (СО, 1. 287).

Денеге токтоп калган жебенин сыныгын же окту А. м-н тилип алуу процесси эпосто аштарлоо деп аталат: «Токтогон окту аштарлап — тилип жаткан андан көп» (КВ, 1.130).

**АШЫК, чүкө оюну** — байыркы убактарда жоокерчиликтин таасиринен ж-а мал чарбачылыгы м-н мергенчиликке байланыштуу келип чыккан кыргыз элинин улуттук оюну. Кан таламай, канымдат, ордо, упай, үчүм, чокон, атмай, сасыткы, жеп кетти, чүкө бекитмей, ашык калчоо, нөлдө ж. б. оюндардын жалпы аталышы. Эпосто А. Манас бала кезинен тартып ойногон оюн катары учурайт: «Алты бала чогулдук, Нак ушу жерге жатабыз, Ашык оюн атабыз» (СО, 1. 120). «Семетей» эпосунда да А. эскерилет: «Ашык атып ойногон, Балдар аман жатабыз» (КВ, «Семетей», 143).

**АШЫМ** Афер (1922, Оогандагы Бадакшан вилайетиндеги Чоң-Памир өрөөнү)— манасчы, комузчу. Кызылаяк уруусунан. А-дан 1973-ж. 1-июль күнү француз профессору, түркolog *Реми Дор* «Манас» эпосунан: «Манастын Шооруктун кызы Накылайга үйлөнүүгө кылган аракети», «Манас Таластын жылкысын тийип, экөө беттешүүдө жарадар болушу» деген үзүндү жазып алган. Ал үзүндү 1982-ж. «Орто Азия» илимий журналынын 1—2-сандарына «Манастын» «Памирдеги үзүндүсү» (616 сап ыр) деген ат м-н француз тилине которулуп жарыялаган. «Манас» эпосунун окуяларынан башка «Көр уулу» дастанын да айтат. Көптөгөн күүлөрдү чебер аткарган белгилүү комузчу.

**АШЫР** — кейипкер. Эпосто датка деген мансапка ээ эл бийлөөчүлөрдүн бири катары айрым эпизоддор эскерилип жүрүп олтурат. Мис., Чубак жол талашып чалгынга кеткен Алмамбет м-н Сыргактын артынан жөнөгөндө Бакайдын кеңеши б-ча А. датка жанына алты жайсаң алып Аксаргыл деген атты тартууга алып барат (КВ, 2. 139).

**АЯГҮЗ, Аягөз** — топоним, дарыя ж-а анын чөйрөсүндөгү өрөөн. Байыртадан кыргыз, казак мекендеп келе жаткан жер катары эпостун көпчүлүк эпизоддорунда, айрыкча, Манас Алтайда жашап турган мезгилдеги окуяларда, «Көкөтөйдүн ашында», «Чоң казатта» ж-а «Семетейдин Коңурбайдан кун куушунда» көп эскерилет. Географиялык реалияда Казакстандын Семей, Талды-Коргон обл-тарынан агып өтүп, Балкаш көлүнө куйган дарыя.

**АЯДИЛ** — эпизоддук кейипкер, Манас Шооруканды жеңгенде Акылай м-н кошо тартууга келген отуз кыздын бири. Кыздар өз эрки, каалоосу м-н өзүнө ылайык күйөө тандоодо кысылып, тартынып турушканда А.: «Астыңкы тандоо биз эмес, Акылайдын жолу деп»,— адегенде Акылай тандасын деген сунушту айтат. Акылай Манасты тандайт, башка кыздар да бирден жигит жактырышат (СО, 2. 219).

**АЯЗ** — эпизоддук кейипкер. Эпосто кытай балбаны *Туктамандын* атасы экендиги гана эскерилет (СК, «Семетей», 2. 238).

**АЯ-КӨЗ**, к. *Аягуз*.

**АЯЛ МАНАСЧЫЛАР.** Окт. рев-ясына чейин аялдар эл алдында «Манас» айтып белгилүү болгону анчалык маалым эмес. Патриархалдык-феодалдык доордун заң-мыйзамына, адеп-ахлак, жүрүм-турум эрежелерине, аялдардын турмуштук жеке мүмкүнчүлүктөрүнө байланышкан объективдүү, субъективдүү себептер буга түрткү болгон. Мындан аялдардын «Манас» эпосунун пайда болушуна, өсүп-өнүгүшүнө чыгармачылык катышы болгон эмес деген бүтүм чыгарууга болбойт. Элдик айрым аңыздарда Манас өлгөндө Каныкей айткан кошокту кийин жомокчу-акындар улам өнүктүрүп, улам молуктуруп зор көлөмдүү чыгармага айландырганы айтылат. Чындыгында эле РЖВда ж-а кийинки манасчылардын варианттарында Каныкейдин кошогу бар. М. Ауэзов бир катар ынанымдуу аргументтер м-н «Манастын» түпкү өнүгүшүндө кошоктун кыйла роль ойногонун белгилеген. Чындыгында эпосто чагылдырылган тарыхый окуялар прототип болгон инсандардын өмүр баяны өздөрү күбө болгон, аларды өз көзү м-н көргөн, иштерине аралашып жүргөн адамдар тарабынан алгач баяндалганы, аңызга айланганы талашсыз. Чыгармачылык мындай салттын издери эпосто бүгүн да даана сакталган. Мис., Манаска турмушка чыккандан тартып өзү күбө болгон

окуяларды Каныкей баласы Семетейге эскерүү-монолог түрүндө баштан аяк узун жомок кылып айтып берет (СКВ); Алмамбет Манаска келгенге чейинки өмүр жолун өзү айтса (СОВ), көпчүлүк варианттарда Көкөтөйдүн ашы Толтой бала кезинде Багышты ээрчип жүрүп өз көзү м-н көргөн окуя катары баяндалат. Демек, «Манас» эпосунун өз фактыларынан көрүнгөндөй Каныкей Манастын эрдик иштерин кошок түрүндө да, жомок-аңыз түрүндө да даңазалап, ал ж-дөгү эпопеянын жаралыш башатында турат. Улуу Манасчы Саякбай Карала уулунун эң алгачкы устаты чоң энеси Дакиш болгон. Ал киши элдик чыгармалардын, а. и. «Манастын» бал-шекер даамын болочок манасчы — кичинекей небересине таттырып:

Беренжини жамынып,
Береги, Бээжин минээр мал экен.
Карыпчыны салынып,
Кангай минээр мал экен.
Дегениме көн бурут,
Мааникерди бер бурут.
Мааникерди бербесең.
Тарткан этиң жебеймин.
Андай-мындай дебеймин
Ашыңа апаат кыламын,
Айдап жүрүп кырамын,— деп Сураңчы ж. б. манасчылардан уккан «Манасынын» эсте калган ыр саптарын небересинин кулагына куя берген. Саякбай Карала уулу «Манастын» кара сөз түрүндөгү толук сюжетин чоң энеси Дакиштен уккан. Бул факт «Манастын» эл ичинде жашап, өсүп-өнүгүшүнө аялдар да ар дайым зор салым кошуп келгенин, алар эркек манасчылардай эле эл алдына чыгышпаса да, өздөрүнө ылайык чөйрөдө улуу дастанды айтып келишкенин эң сонун кабарлап турат. Окт. рев-ясынан кийин аялдардын теңдикке жетиши, алардын жалпы элдин алдында «Манас» айтып чыгууга мүмкүнчүлүк ачты. Азыр алардын ар кандай сынактарга, кароолорго, үналгы-сыналгы берүүлөрүнө катышуусу адаттагы көрүнүшкө айланды. Аялдардын ичинде *Сейдене* Молдоке кызы сыяктуу чыныгы манасчылык деңгээлге өсүп жеткендери да бар (к. *Сейдене*). *Р. Сарыпбеков*

**АЯН** — алдын ала жакшылык же жамандык боло тургандыгын билгизген жышаан, белги. Баатырдык эпостордо А. эпикалык мотив катарында эң алды башкы идеал каармандын образынын жаралуусу м-н шартталган. Келечекте эл, жерин душмандардан коргоочу баатырдын жарык дүйнөгө келиши укмуштуу символикалык белгилер аркылуу даярдалат. Карыганча бала көрбөгөн ата-эненин арманы, түш көрүү, кереметтүү бойго бүтүү, укмуштуу төрөлүү ж. б. салттык көрүнүштөр болочок баатырдын өзгөчө касиет сапаттарынан алдын ала кабар берген белги, жышааналар болуп эсептелет. А. адегенде жашырын сыр катары бала көрүүнү тилеген карыган эне-атага билинет. «Манас» эпосунда Жакып м-н Чыйырдынын көргөн укмуштуу түшү, баланын кереметтүү бойго бүтүшү А-дын байыркы бир түрүнө жатат. Мындай эпикалык мотив көпчүлүк элдердин баатырдык эпосторунда кеңири кездешет. Ал ар бир элдин тарыхый шартына, жашоо тиричилигине байланыштуу поэтизацияланат. Укмуштуудай түш көрүүдөн сырткары магиялык элементтердин берилиши да келечектеги баатырдын төрөлүшүнөн кабардар кылат. Мис., Жакыпка мындайча кереметтүү дабыштын угулушу:

Атаке неге кайгырдың,
Акылыңдан айрылдың.
Алты суу толгон мал кылдың,
Алганыңды дал кылдың.
Кулакка келди бир добуш
Куп тыңшаса эр добуш.
Көрүнбөдү көзүнө,
Элең-селең караса
Билинбеди өзүнө (СО, 1. 48),— деп сүрөттөлөт.

Башкы каармандын жарык дүйнөгө келиши да укмуштуу А. м-н мотивдештирилет. Манас төрөлгөндө «колуна кош колдоп заар кармап, курсакта жатып бакырып, Манастап ураан чакырып» жерге тамаяы м-н тик түшүшү (СКВ), Алмамбет төрөлгөндө «Ала-Тоо коркконунан бас болуп, агын суу коркконунан сай болушу» (РЖВ), «бир ай бою кар жаап, качан бала төрөлгөндө күн ачылып, бутканада турган кудайлардын кыйрашы» (СОВ), «жетимиш күнү күн жаап, жер титиреши» (СКВ) ашкан баатырдын төрөлөрүн алдын ала билгизген А. болуп эсептелет. Башкы баатырдын укмуштуу төрөлүшү ж-дөгү эпикалык мотив «Сейтек» бөлүгүндө да учурайт. Айчүрөк Сейтекти он эки ай көтөрүп, тогуз күнү толготот. Бала төрөлгөндө колуна кан чеңгелдеп түшөт. «Күңдүр-түңдүр түн түшүп, жер айрылып, тоо кулап» табигат кубулат. Эпостогу бул мотив келечекте атасы Семетейдин өчүн алууга жарамдуу, чыныгы баатырдын төрөлгөнүн алдын ала кабарлаган А. экендигин көрсөтөт. Эпосто Семетей атактуу атынан, жоого кийчү кийиминен ажырап, күчсүз болуп калышы, Айчүрөк м-н Каныкейдин жаман түш көрүшү, Манастын арбагына арнап сойгон Акбоз бээнин этин салган казандан чий көбүк чыкпай «кара кочкул кан чыкканы» баатырдын ажалынын жеткенин алдын ала кабарлаган А. катары көрсөтүлөт.Манасчылар Манас ж-а анын чоролорун эл м-н түбөлүк бирге жашаган «ыйык» каармандар катарында урматташат. Өзүлөрүнүн «Манас» айтып калышы, бул өнөрдүн касиеттүүлүгү ж-дө бизге белгилүү жомокчулардын алгачкыларынан болгон Келдибек Карбоз уулунан (1800—79-ж.) тартып Саякбай Карала уулуна чейинки манасчылардын айтуучулук өнөргө ээ болушун эпостун каармандары түшүнө кирип «Манас» айт деп А. бериши м-н түшүндүрүшөт. *С. Алиев*

**АЯНБОЗ**, Каянбоз — эпизоддук кейипкер. Кытай каны. «Чоң казатта» Мадыкан м-н болгон урушта анын эпсиз күчтүү экени айтылат. Согушта Мадыканды аттан сайып түшүргөн Төштүктүн башын кескени келаткан А-ду Манас качырынан жыга сайып, Бакай башын кесип кетет (КВ, 2. 214—215).

**АЯР** — эпосто бардык иш колунан келген, дегеле билбегени жок сыйкырдуу касиети бар адам: «Актарга мылтык ондогун Аярың болсо жоктогун», же «Аяр Култаң барганы айтып кабар салганы» (СО, 2. 72). А. эпос б-ча кыргыздарда да, алардын душмандарында да болгон. «Манастын» варианттарында А. деген сөз ар түрдүү мааниге ээ: коргоочу, сактоочу, сыйкыр, сыйкырчы, кандайдыр дубанын күчү м-н өз каалаганын ишке ашырып алуу касиетине ээ болгон адам ж. б. Ал «Манас» эпосуна араб-фарсы адабиятынын таасири м-н кирген. А. араб тилинде митайым, шумшук, эр жүрөк, бекерчи, ууру, уюштургуч деген маанидеги түшүнүктөрдү билдирет. Мис., о. кылымдарда А-лар Рудакиде, Ирандын эски тарыхый чыгармасы «Тарих-е Систанда», «Саман аяр» деген 11-кылымдарда жазылган фарсы дастанында ж. б. чыгармаларда чагылдырылып, чындык турмуштагы эле адамдар болгон. Алар уурулук, каракчылыкты мамлекетке кызмат өтөө м-н айкалыштырышкан. Ошентип, о. кылымдардагы О. Азия аймагында тараган чыгармалар аркылуу кыргыз жомокчулары өздөрүнүн репертуарына акырындык м-н киргизип отуруп, кийинчерээк «Манас» эпосунун нукура сиңип кеткен сөзү катары айтылып калган. *Н. Молдобаев*

**АЯТ** — этноним. СОВдо Көкөтөй өлөр алдындагы ага-туугандарына айткан керээзинде эскерилген ж-а анын ашына чакырылган эпикалык көп элдин бири: «Араптын журту чөлдө бар, Ааттын журту көлдө бар» (СО, 3. 14).

**АЯТТЫН-КАРА-СУУСУ** — топоним. Жээгинде жекен, камыш өскөн суу. Чоң казаттагы алгачкы айкашта калмак баатырлары Ушаң, Бороончу Алмамбетке капыстан бет алганда баатыр сүрдөп, А.-К.-С-на качып кетет (СО, 4. 303).

# Б

**БААБЕДИН** — эпизоддук кейипкер, *Байчорондун* атасы экендиги гана айтылат (СО, 1. 195).

**БААБЕДИН** (Бахауддин деген ысымдын кыргызча аталышы)— легендалык кейипкер, диний уламыш б-ча Бухара шаарын колдоочу пир. Түпкү теги тарыхта белгилүү адам Бахауддин м-н байланышкан. О. Азия мусулман элдеринде ыйык бааланган бул киши ислам Дининин таасири аркылуу кыргыз элине Б. деген ат м-н белгилүү болуп, колдоочу ыйык образга айланган. Диний мүнөздөгү ырым-жырымда адамдар түрлүү кырсыктан, жамандыктан кутулуу үчүн тилек тилеп же коркунучтуу апаттан аман калгандыгы үчүн Б-ге атап курмандык чалган, о. эле жети, тогуз нан Б. берилген. «Манаста» негизги оң каармандардын тагдырына, алардын жоокердик жүрүштөрүнө байланыштуу ар түрлүү кырдаалдарда (жоого аттанарда, жекеге чыгарда, эпикалык душмандын курчоосунда калган учурларда ж. б. коркунучтарда же түшүндө берилген жакшы, жаман аян, белгилерге карата) Б-ге жардам суроо иретинде кайрылышкан. Мис., «Баабединге бата айтып, Коросонго кой айтып, Баабединин бакырып» (СК, «Семетей», КФ, 108—109-инв.). Элдик уламыш б-ча Б. өз мезгилинде дыйканчылык кылып, буудай ж-а буурчак эгип тиричилик өткөргөн, кийин шайы кездемелерге түр, миске оймо-чийме түшүрүү м-н кесип кылган. «Манас» эпосунда Б. дыйканчылыктын пири Баба-Дыйкан катары Манас баатырдын буудай эгип мол түшүм алышына колдоо көрсөтөт (СК, 1. 174). Б-ге атоо же Б. берүү ырым-жырымы азыркы мезгилге чейин эл арасында сакталып келе жатат.
*С. Алиев*

**БААТЫР** (ир. бахадур — эр, кайраттуу)— эпикалык душманга каршы күрөшүүдө, салгылашууда жоокердик эрдик көрсөткөн, ар кандай коркунучтуу тоскоолдуктардан жалтанбаган, тайманбас, эр жүрөк адамдарга карата айтылат. Кыргыздар байыртан эле Б-дыгы, жоокердиги м-н белгилүү эл. Жоокердик курал-жарак жокко эсе кезиндеги согуштарда ийгилик, жеңиш жалгыз гана Б-дыкка, эрдикке негизделген, бүт элдин Б-дыгы м-н чечилген. Мындай бүт элге мүнөздүү эрдик, Б-дык аркалуу гана кыргыздар өздөрүнүн элдигин нечен кылымдардан бери сактап келген. Ошондуктан баатыр элдин тарыхы да Б-лык окуялар м-н толгон. «Моголстандын жапайы арстандары» деген баа кыргыздардын улуттук мүнөзүнө, Б-лык сапатына, жоокерлик шайдоот шаңына жараша берилген. Кыргыз эли уул-кыздарын жаштайынан «эл четинде, жоо бетинде» тайманбай турууга, эрдикке тарбиялаган. Эр жүрөктүүлүк, чыдамкайлык, Ата-Журт үчүн курман болууга даяр сыяктуу сапаттар элдик духка айланган. Элдин ошол духуна жооп берген эр уулдар эле эмес, жоокер аял каармандар да:

Урунаарга тоо таппай,
Урушаарга жоо таппай,
Тиштээрине таш таппай,
Кесээрине баш таппай,
Сары коңуш бел таппай
Сайыша турган эр таппай (СО, 2. 65)

бук болуп турат. Жоокерчилик доордун шартына ылайык эрдик м-н эл багып, атак-даңк, абройго ээ болгон Б-лар тынч турмушта бекер тура алышпайт. Манас ж-а анын чоролору «эр семирип бук болуп, ат семирип нык болду» делип тулпарлар кыймылсыз куру семирип, эр жигиттер кылар иши жок зериккен учурларында чатыраш ойноп, ордо атып чер жазышат, же ууга чыгып, ит агытып, куш салып, мергенчилик кылып бош убактыларын көңүлдүү өткөрүшөт. Бирок эпостун башкы темасы сырткы баскынчы душманга каршы күрөш болгондуктан элдик Б-лар тынч турмушка караганда согуш аракетинде көбүрөөк

сүрөттөлөт. Жоокерлик салта ылайык Б-лардын согушту самап турушу түрк-моңгол эпосторунун көпчүлүгүндө кезиге турган туруктуу мотивдерден. «Манаста» оң каармандардын образын терең, кенен ачууда ж-а артык сапаттарын айрыкча аларга карама-каршы коюлган терс каармандар алынган. Алардын да жоо саяр Б-лары, тоо бузар балбандары бар. Чексиз кара күч эпостогу негизги каармандардын басымдуу көпчүлүгүнө таандык же Б-дык сапат оң каармандар эле эмес, терс каармандарга да мүнөздүү көрүнүш. Мис., Жолойду күчсүз, же Коңурбайды Б. эмес деп эч ким айта албайт. Бирок, алар моралдык сапат жактан оң каармандардын кимисинен болбосун алда канча төмөн турат. Эпикалык салгылашуунун жүрүшүндөгү чечүүчү учурда уруш салтын бузуп качуу, же митайымдык кылуу душман Б-лары үчүн мүнөздүү көрүнүш болсо, кыргыз жоокерлеринин мүнөзүндөгү жетектөөчү белги эр жүрөктүүлүк, таймanбастык. Эпосто элдик баатырларды кас душмандары да жогору баалашат. Коңурбайдын атасы Алооке Манасты арстанга салыштырат, анын айтуусу б-ча Манаска «ок өтпөйт», «отто күйбөйт», «сууда чөкпөйт», «аны жеңиш кыйын». Калмактардын Акунбешим канынын кыргыздар кандай жоо экен деген суроосуна калмак аярынын жообунда эч тоскоолдукту билбес, жоодон жалтаңбас шаңдуу жоокерлердин, душмандары үчүн сүрдүү күчтүн элесин — Б. элдин мүнөздөмөсү берилет. Жер жайнаган душманга жеке кирип кол салуу кыргыз жоокерлери үчүн адаттагы көрүнүш. Ал ошон үчүн Б. Б-лык аркасында гана эл өзүнүн элдигин сактап келди. Ошон үчүн «Манас» үчилтигинин идеялык мазмунун түзгөн адилет күрөш ж-а жеңиш м-н шыктанган кыргыз Б-ларынын милдети — элди коргоо «эл четинде, жоо бетинде» туруу.

*С. Алиев*

**БААТЫР БАШЫ** — он миң аскерди башкарган аскер башчысы. СОВдо аскердик ушул мааниде берилген. Чоң казатка аттанган колго Бээжинге туулуп-өскөн, анын жайын толук билген Алмамбет жол башчылыкка дайындалат. Он башы, жүз башы, миң башы, о. эле он миң аскерге башчы кылып «Он миңди баатыр башы деп, Ойлонсоң жумуш ушу деп» (СО, 4. 124) Б. б-ны шайлайт.

**БААТЫРДЫК ҮЙЛӨНҮҮ** — эпикалык башкы каармандын өзүнө ылайыктуу жарды издеп таап, ар кандай шарттарды аткарып, сыноолордон өтүп ага үйлөнүшү. Фольклорчу окумуштуулар алгачкы жамаат коомунун бузулуу мезгилинде эпикалык чыгарманын борбордук темалары «баатырдык үйлөнүү» жана «укмуштар менен күрөшүү» ж-дө болорун белгилешет. Анткени, Б. ү. алгачкы эпостордун негизги темаларынын бири катарында адамзат коомунун белгилүү тарыхый доору м-н шартталат. Эпикалык башкы каармандын үйлөнүшү ж-дөгү салттык эпизод же мотив — ар кандай окуялардын өнүгүшүнүн бардык этаптарына, баскычтарына тиешелүү болот да, ар башка доорлордогу бүлө ж-а нике мамилелеринин мүнөзүнө жараша чагылдырылып ж-а өзгөрүп-өнүгүп турат. Адамзат коомунун ар бир доорунун өзүнүн эң башкы карама-каршылыгы болот. Элдик баатырдык эпостор ушул доорлордун негизги карама-каршылыктарынын натыйжасында пайда болот ж-а салттык көрүнүшкө айланып, өзүнүн өнүгүшүнүн ар түрдүү этаптарын башынан өткөрөт.

Мурунку уруулук жамааттын өндүрүш каражаттары бара-бара айрым бүлөлөргө таандык болуп жеке менчик негизги ролду ойной баштайт. Мындай өндүрүш каражаттарына болгон жаңы мамилелер эски түзүлүштүн түптамырынан бери бузулушуна алып келет. Ошентип, жаңыдан курула баштаган түзүлүш м-н эски түзүлүштүн ортосунда зор карама-каршылык пайда болот. Бул кырдаал моногамиялык (бир нике келип чыккан ж-а аялдар күйөөсүнүн жамаатында турушу керек болгон) бүлөнүн түзүлүшү м-н шартталышкан. Моногамиялык бүлө алгачкы жамааттык түзүлүштүн этикалык нормаларын, социалдык эрежелерин бузуп, прогрессивдүү умтулуш катарында аренага чыгат. Мына ушул моногамиялык бүлө үчүн күрөшүү ж-а аны идеализациялоо коомдун эң башкы идеологиялык маселелеринин бири болуп калат. Бул тарыхый кырдаал алгачкы эпостордогу Б. ү. ж-дөгү сюжеттердин пайда болушуна зарыл шарт түзөт. Уруулук-патриархалдык коомдун шартында үйлөнүү экзогамиялык (алгачкы коом мезгилинде; кийинчерээк да, жакын туугандардын же бир жерде чогуу жашаган жамаат мүчөлөрүнүн ортосундагы никеге тыюу салган салт. Кыргыз элинде кан жагынан болгон жакындык үйлөнүүгө тыюу салган. Жети атадан өтүп кеткенден кийин гана ошол уруудан аял алууга мүмкүндүк берген. Мындай эреже казактарда да болгон. Территориялык жайгашуу уруу группаларына байланыштуу болгондуктан, колуктуну дайым алыс жактан алышкан. Демек, бул түрк-моңгол урууларынын көпчүлүгүндө туруктуу салтка айланган) мүнөздө болгон. Башка элден же уруудан аял алуу максатында баруу үчүн баатыр бир топ тоскоолдуктардан, кыйынчылыктардан өтүүгө тийиш болгон. Мындай шарт ар кандай өнөрдү билүүнү, адамдын күчүн, кайратын талап кылган. Бул доордо матриархаттык мамилелердин ролу өз укугун анча жогото элек болгондуктан үйлөнүү конфликти өтө татаал болуп, күчтүү ситуациялык абалды түзгөн. Уруулук-патриархалдык коом бир нече кылымдарды кучагына алып, өзүнүн өнүгүшүндө тарыхый этаптарга бөлүнөт. Ошондуктан үйлөнүү ж-дөгү баатырдык эпостордун тематикасы да өз учурунда өзгөрүп, ар түрдүү варианттагы салттык сюжеттердин, эпикалык образдардын системасын пайда кылган.

Түрк-моңгол элдеринин баатырдык эпосторунун баш каармандарынын бүлөлүү болуу үчүн күрөшү түрдүү салттык сюжеттерден түзүлгөн. Бул салттык сюжеттерден элдин байыркы доордогу бүлөлүк мамилелери, турмуштук салттары м-н түздөн-түз шартталышкан Б.

ү-нүн бир нече түрү болгондугун «Манас» изилдөөчү Э. Абдылдаев төмөнкүчө белгилейт:

1) Жомоктук-мифологиялык мүнөздөгү үйлөнүү. Мында эпикалык баатырлар ар кандай мифологиялык жандыктардын (Теңери-каан, Ай-каан, Күн-каан, Жылан-бий ж. б.) кыздарына үйлөнөт.

2) Байыркы элдин турмушунда болгон үйлөнүү каада-салтынын чагылышы. Мында эпикалык баатырлар кыз м-н жекеме-жеке кармашып ж-а ар кандай мөрөйдү жеңип (баатырдын кыз же кыздын атасы койгон түрдүү тапшырмаларды аткарышы, тоскоолдуктардан өтүшү, негизинен мындай сыноолорго бир нече талапкерлер катышып, ошондо баатырдын жеңип чыгышы) үйлөнүшү, же болочок колуктунун өз каалоосу б-ча баатырды тандап, жактырып турмуш куруусу.

3) Элдердин кийинки доорлордогу коомдук турмушундагы үйлөнүү каада-салтынын чагылышы. Мында эпикалык баатырлар куда түшүү жолу м-н калың берип же зордуктап тартып алуу м-н үйлөнгөн.

Б. ү. темасындагы эпостун байыркы түрлөрүнүн белгилүүлөрүнүн бири катары эпикалык баатырлар алп кыздар м-н жекеме-жеке кармашып жеңишке ээ болгондон кийин гана ага үйлөнүшү ж-дөгү салттык сюжет эсептелет. Бул түрдөгү салттык сюжеттер түрк-монгол элдеринин эпикалык чыгармаларында ар түрдүү версияларда кеңири учурайт. Мис., хакастар м-н якуттардын бир катар алптык эпосторунда, алтайдын «Ай-Маныс», шордун «Оглак», буряттардын «Аламжи Мерген», казактардын «Таласпай Мерген», огуздардын «Коркут атанын китеби», башкырлардын «Алпамыша жана Барсын-Хылуу» ж. б. элдик эпостордо сакталган.

Б. ү. салтынын эртеги доорго таандык стадиялык өнүгүшү алтайлыктардын эпосторунан ачык-айкын көрүнөт. Б. ү. салтынын алгачкы стадиясына тиешелүү болгон эпикалык сюжет «Кан-Бүдей» эпосунан жолугат. Кан-Бүдөй Теңери-каандын кызы Темене-Коону алыш үчүн асманга жөнөйт. Жылан-бий, Узун-Калап, Кыска-Калап («калап» — ырайымсыз, таш боор) Теңери-кааны коркутуп кызына кудалашып койгон болот. Теңери-каан: «Ушул үчөөнү жоготсоң Темене-Коо сеники болот» дейт. Кан-Бүдөй нечен жылы кармашып бул мифологиялык жандыктарды өлтүрүп, Теңери-каанга келет. Теңери-каан Кан-Бүдейге дагы бир нече кыйын шарт коёт. Үч аюуну, Үч көк буканы, Кер балыкты ж. б. жандыктарды кармап, алып келгин деген тапшырма берет. Кан-Бүдей бул мифологиялык жандыктарды нечен кыйынчылыктар м-н кармап келип берип Темене-Коого үйлөнөт (Алтай баатырлар. Горно-Алтайск, 1-т., 1958, 24—31-б.). Б. ү-нүн бул тибинде эпикалык аракеттер негизинен жомоктук мифологиялык фондо мотивировкаланат. Эпикалык сюжеттердин курулушу көбүнчө фантастикалык ой жүгүртүүлөрдүн продуктусу катарында көрүнөт. Эпикалык баатырлардын ж-а алар үйлөнчү колуктунун кайсы элден же кайсы уруудан экендиги ж-дө эч кандай түшүнүк сезилбейт. Бар болгону бүлө куруу ж-дөгү түшүнүктү гана учуратабыз. Алтайлыктардын бул типтеги эпосторунун кейипкерлери да мифологиялык кейипкерлер болуп эсептелет. Мис., Күн-каан, Ай-каан, Теңери-каан, Эрлик-бий жана эпикалык баатырдын үйлөнүшүнө тоскоолдук кылуучу мифологиялык жандыктар: Жылан-бий, Кер-Балык, Көк-Бука ж. б.

Б. ү. салтынын стадиялык өнүгүшүнө мүнөздүү дагы бир байыркы эпикалык сюжет күйөө м-н кыздын жекече мелдеши. Бул сюжет көп элдердин эпосторунда чагылдырылган баатыр кыздардын образы м-н байланышкан. Баатырдык эпостордо экзогамиялык салт б-ча бүлө курууда кызды алуу үчүн бир нече талапкер аракет кылган. Талапкерлердин бири үйлөнүш үчүн атайын ар кандай мелдештер уюштурулган ж-а мөрөйдү кимиси утса, ошол үйлөнүүгө тийиш болгон. Талапкерлердин өнөрүн сыноодо көбүнчө үч мелдеш — ат чабуу, жаа атуу, жекеме-жеке күрөш мүнөздүү болгон. Турмуш куруудагы мындай салт байыркы мезгилдерде эле О. Азия м-н Борб. Азиянын элдеринде болгондугун этнографиялык материалдар ырастайт. 2-к-дын акырында 3-к-дын башында жашаган грек жазуучусу Клавдий Элиандын жазган маалыматында: «Сактардын кимиси кыздарга үйлөнгүсү келсе, аны менен күрөшүүгө тийиш болгон. Эгерде кыз жеңсе, жеңилген киши туткун болуп анын карамагында калган. Күрөштө кызды жеңсе гана аны өзүнүн бийлигине алган» (Клавдий Элиан, Разнообразные повествования. СБ. Древние авторы о Средней Азии, Ташкент, 1940, 23—24-б.),— деп көрсөтүлөт. Өткөн кылымдын акырында этнограф В. И. Вербицкий тарабынан жыйналып, «Алтайские инородцы» деген ат м-н жарыяланган фольклордук материалдардын ичинде кара сөз түрүндө жазылган бир катар эпостор бар. Ал материалдарда Б. ү. салтынын алгачкы тибине кире турган ж-а «Манас» эпосунун байыркы катмарын аныктоодо алтайлыктардын «Ай-Маныс» аттуу баатырдык эпосунун мазмуну ишенимдүү далил болуп берет. Жөөк м-н Ай-Маныс баатыр үйлөнүү үчүн Кан-Кызга барышат. Кан-Кыз: Күрөшкөндө кимди жыксам аны өлтүрөм, эгер жыгылсам — ошо кишиге тием» деген шартты коёт. Алар жети жылы күрөшүп, чабышып жатып экөө тең жеңилет. Ай-Маныс кайра Кан-Кыз менен күрөшүп, чабышып отуруп акырында жеңишке ээ болот. Шарт боюнча кыз ага тиет» (В. И. Вербицкий, Алтайские инородцы. — М., 1893, 146—165-б.). В. М. Жирмунский ушундай эле салт түрк-монгол элдеринде байыртадан сакталып келатканынын ж-а 13-к-да дагы учурай тургандыгын белгилеп, бир катар фактыларды келтирет (В. М. Жирмунский. Сказание об Алпамыше и богатырская сказка, М., 1960, 221—226-б.). Бул сыяктуу байыркы эпикалык сюжеттер «Манас» эпосунун тутумунан айкын көрүнөт. Маселен, Сагымбай Орозбак уулунун вариантындагы (башка варианттарда да чала чарпып айтылат) Манас менен Сайкалдын жекеме-жеке

сайышын атоого болот. Жекеме-жекеде жеңилген Сайкал Манаска акыреттик жар болууга никелешсе, калмактын Кайыпдаң деген канынын кызы Карабөрк м-н беттешип жеңишке ээ болуп Манас ага үйлөнөт. Алгачкы адамдардын дүйнөгө көз карашы чектелүү болгондуктан коомдун ж-а жаратылыштын ар түрдүү кубулуштарын натура түшүнүшкөн жана алардын дүйнөгө болгон мамилеси алгачкы коомдордо мифологиялык мүнөздө болгон. Ошондуктан байыркы жамаат түзүлүшү кулап, уруулук-патриархалдык коомдун түзүлүү доорундагы үй-бүлө куруу үчүн күрөшү алгачкы Б. ү. тибиндеги эпостордун негизги идеясын түзөт да, ал тарыхый доордун поэтикалык чагылышы мифологиялык мүнөздө болот.

Б. ү. салтынын кийинки этабында окуя жомоктук мүнөздө болуп, айрым мифологиялык кейипкерлер катышкандыгына карабастан доордун тарыхый чындыктарынын көп үлүштөрү поэтикалык жактан реалдуу сүрөттөлөт. Бул типтеги Б. ү. салтында башкы кейипкер негизинен мифологиялык кейипкер эмес, кандайдыр бир шарттуу элдердин өкүлдөрү м-н кандары болот. Чынында жар издөө, аны кыйынчылык м-н табуу, көп тоскоолдуктар, кыйын тапшырмаларды аткаруу аркылуу гана аны алуу эпикалык салттардын ичинен жөө жомоктук мотивдердин эң эскилеринен. Укмуштуу көп окуялар, адам таң каларлык сыйкырдуу эпизоддордун көпчүлүк башаты да колукту издөө, аял алуудан башталат. Ал бирде алты баштуу ажыдаарды жеңсе, бирде алоолонгон отту кечип өтүп, укмуштуудай тоону ашып колуктусун тапкан же жер алдына түшүп кызды алууга жөндөмдүүлүгүн далилдеген ар түрдүү тапшырмаларды аткарган. Б. ү. салтынын мына ушундай тибине кыргыздын баатырдык эпосторунун ичинен жалгыз «Эр Төштүктөгү» Төштүк баатырдын жер алдына түшүп Көк-дөөнүн кызы Күлайымга үйлөнүшү кирет.

Эпикалык баатырларга турмушка чыгуучу кыздар белгилүү эрежелер б-ча өздөрүнүн тандоосу же каалоосу менен барышат. Кыздын түбөлүк жарды «эркин» тандашы этнографиялык ж-а тарыхый материалдарга караганда энелик доорго таандык экени айтылат. Төштүк жер алдына түшкөндөн кийин кубулуп таз кейпин кийип, Көк-дөөнүн уюн кайтарат. Ушул учурда кандын бойго жеткен үч кызы өзүлөрүнө ылайыктуу күйөө тандашат. Кичүү кызы Күлайым Төштүктү тандап жактырат. Ага үйлөнгөндөн кийин баатыр кайын атасынын татаал тапшырмаларынан, сыноолорунан өтөт. Бир катар мифологиялык душмандарды жеңет. Үйлөнүүнүн ар кандай тиби сүрөттөлгөн эпостордо кандай гана мелдештин түрү болбосун негизинен баатырлар үйлөнгөнгө чейин аткарышат. «Төштүк» эпосунда бул мотив башкача берилет. Кызга үйлөнгөнгө чейин эмес, үйлөнгөндөн кийин гана Төштүк каардуу кайын атасынын татаал тапшырмаларын аткара баштайт. Баатырдын үйлөнүшүндагы эң эски мотивдер м-н коштолгон. Кандын алдына Төштүк таз кейпинде барат. Таз кейпин кийүү (түрк-моңгол элдеринин фольклорунда көп учуроочу образ. Көбүнчө эпикалык баатырлар башка элге же душмандарына барганда таз болуп кубулуп алат) эртеги адамдардын кубулуу ишеними м-н байланышкан байыркы мотивдердин бири. Кыргыз эпосторунда бул өңдүү мотив жокко эсе. Жомоктордун эң эски үлгүлөрүндө гана бир аз кезигет. Мындай кубулуу хакас, алтай, якут, моңгол жомокторунда да, баатырдык эпосторунда да жыш учурайт.

...Алтай баатыры Козын-Эркеш Каратыкандын Байым-Сур деген кызын алуу үчүн жоо кийимин кийип, курал-жарагын алып жөнөйт. Кан кызынын колуна бир аяк кымыз, кунан койдун куйругун берип, элди чубатууга салат. Байым-Сур эч кимди урбай, элдин артында келе жаткан тазтаракайды (тазды) урат. Ачуусу келген кан элди кайрадан чубатат. Кызы кайра эле баягы тазды урат. Мындан кийин Козын-Эркеш кайын атасынын бир катар татаал тапшырмаларын аткарып кызына үйлөнөт (Алтай баатырлар. Горно-Алтайск, 1959, 2-т., 113—150-б.). «Төштүк» эпосу б-ча Көкдөө бойго жеткен кыздарын күйөөгө бермек болуп, күйөө тандоону кыздардын эркине коёт. Колдоруна алма берет, кимди кааласа алма м-н уруп, ошого чыгышмак (алма м-н уруу эпостогу кийинки кошумча болуу керек). Анткени бул мотив элдин оозеки чыгармаларында негизинен кымыз, эт айтылат. Алма м-н уруу иран, араб жомокторунда күчтүү. Мисалы, «Шах-Намэде» ушул мотив учурайт. Көкдөө кол алдындагы элдин баарын жыйнатып, чубатууга салат. Биринчи кызы бектин уулу Бекбачаны, экинчи кызы кандын уулу Канбачаны уруп, ошолорго турмушка чыгат. Үчүнчү кызы Күлайым эч кимди карабай коёт. Кайра-кайра чубатат, бирөөнү да алма м-н урбайт. Акырында унутулуп калган уйчу тазды (Төштүктү) алып келишет. Кыз «тазды» уруп, ага тиет. Кыздын каалоосу б-ча элди чубатмага салып, алма ыргытып күйөө тандоо өзбектердин баатырдык «Рустем кан» поэмасында да кезигет (В. М. Жирмунский, Х. Т. Зарифов. Узбекский народный героический эпос, М., 1948, 158-б.).

Эртеги эпикалык баатырларга чыгуучу кыздар белгилүү эрежелер б-ча өздөрүнүн тандоосу же каалоосу м-н барышат. Алтай баатырдык эпосторунда мындай мотив айрыкча мааниге ээ. «Киндигибиз биздин бирге бүткөн, кирпигибиз биздин бирге ачылган», «Отум аны менен бирге күйгөн, орунум (төшөгүм) аны менен бирге салынган» деп баатырга турмушка чыгат. Кайсы гана элдин оозеки чыгармаларында болбосун эркин жар тандоо матриархаттык доордон келе жаткан мотив экендиги талашсыз. Бул эң эски мотив «Эр Төштүк» эпосунда да сакталып калган.

«Кожожаш» эпосунда да эркин күйөө тандоо идеясы айтылат. Бирок, мында мотив башкачараак талкууланат. Каракожонун кызы Зулайка Кожожаш мергенди жактырып баш кошот. Зулайканын Кожожаштын жаман ки-

йимине карабай, адамдык сапатына карап мамиле кылууга жасаган аракети, «чарыкчанга тийди деп, чапаны жокту сүйдү деп»,— кээде бир акылы тайкы мырзалардын ушагы, таптык жиктелүү ачык көрүнүп, социалдык карама-каршылык тереңдеп турган учурду көрсөтөт. Кандын кызы Зулайканын көп адамдын ичинен карапайым мергенди жактырышы, ага чын берилген татыктуу жар болушу аркылуу элдин адамгерчилик, карапайымдык ж-дөгү түшүнүктөрүнүн элеси берилген. Эпостун өзүндө да Күлайым м-н Зулайканын эркин жар тандоо үлгүлөрүнөн бардык адам бирдей, аял м-н эркек тең деген демократтык көз караштын жыйынтыгы чыгарылган.

Ал эми «Манас», «Курманбек», «Жаныш, Байыш» ж. б. баатырдык эпостордо бүлө куруунун байыркы сюжетинин элементтери сакталган. Сагымбай Орозбак уулунун вариантында Шоорук тун кызы Акылай Манаска өзү каалап барат. Башка кыздар да чоролорду тандап жактырышат. Мис.,

Болсун Манас эрим деп,
Кыздардан чыгып бөлүнүп,
Кыргоолдой мойну көрүнүп,
Сунала басып суйкайып,
Суу чыбыктай буралып,
Султан эрге бет алып,
Манастын барды кашына,
Кыз да болсо Акылай
Конду дөөлөт башына.
Теңин тапты, теңи деп,
Келди мунун эби деп,
Акылай мурда каалады,
Артыкпызбы андан деп
Алиги турган отуз кыз
Бирден бирден кармады (СО, 2. 221),—

деп Акылай баш болгон кыздар өзүлөрүнө күйөө тандашат. Саякбай Карала уулунун айтуусунда Карачтын кызы Көрпаян өзүнүн каалоосу б-ча Бакайды тандап барат.

Кыргыздын кенже баатырдык эпосторунда башка уруудан аял ала турган баатыр алп кыз м-н жекеме-жеке кармашып жеңип же кайын атасынын татаал тапшырмаларын аткарып үйлөнүүдөн башка да, болочокку кайын атасы м-н жекеге чыгып, аны жеңип, кызына үйлөнүшү ж-дөгү мотив сакталган. Ушул эң эски мотив «Курманбек» эпосунда коомдук талапка байланыштуу талкууланат. «Мени сайып ким жыкса, Канышайды берем деп Каалап жүргөн шарты бар» чоң баатыр Бакбуркан: ким Үргөнчтүн суусун кечип өтүп, мени жеңип, өзүнүн баатырдыгын, балбандыгын, эл коргоого жарамдуулугун көрсөтсө, кызымды ошого берем деп жар чакыртат; анын максаты өзү карыганда элге коргон боло турган баатырды даярдоо, табуу. Атасынын бул максатын туура түшүнгөн Канышай каршылык кылбайт ж-а сынга толгон Курманбек баатырга турмушка чыгат. Мындан байыркы симпатиялык байланыш, б. а. күн мурунтан тагдырына жазылган жар ж-дөгү мотивдин жаңырыгын көрүүгө болот.

Курманбекке чейин чамынып аккан Үргөнчтү эпикалык баатырлар — Семетей м-н Күлчоро гана кечкен. Анда да Ооган каны Акундун кызы Айчүрөктү алуу үчүн барган кыргыз баатырлары эрдигине салышып эркы өйүзгө сүзүп өтүшкөн. Семетейдин да, Курманбектин да Ооган канынын кыздарына үйлөнүшү биздин оюбузча улуу эпостун кенже эпоско тийгизген таасиринен болушу ыктымал. Бирок, эки эпос бул мотивди эки башка талкуулайт. «Семетей» эпосунда матриархаттын элементтери кезигет. Ал аялдардын күйөө тандашынан байкалат. Айчүрөктүн баатырларды сынашында матриархаттын элементтери сакталган. Ошондой болсо да Чынкожо, Толтой Айчүрөктү алабыз деп көп кол м-н келип, шаарын курчап алганы көпчүлүк варианттарда салттык түрдө айтылат. Айчүрөк 40 күн күтүүгө убадалашып, аккуу көбин кийип, Таласка келип, шумкарды амал м-н алып кеткенде, аны издеп барган Семетей өзүнө ылайык өмүрлүк жары Айчүрөктү Чынкожо, Толтой м-н салгылашып жатып, күч м-н алганы белгилүү. «Курманбекте» болсо баатыр мурда эч качан көрбөгөн кыздын кабарын угуп, кайын атасынын шартын аткарып үйлөнөт.

«Манас» үчилтигиндеги негизги теманын бири болгон Б. ү. темасы эпостун ар бир бөлүгүндө, ар башка варианттарында көп өзгөрүүгө дуушар болуп, ар түрдүү айтыла баштаган. Ч. Валиханов жазып алган версияда Б. ү-нүн байыркы белгилери сакталып, Манас аялын салгылашып жатып күч м-н тартып алат. Анда «өңүнүн актыгы ак кардай, бетинин кызылы ак карга тамган кандай болуп кызарып турган, чачы согончогуна жеткен, жыты жыпар жыттанган, тиши акактай агарган» Каракандын кызы Каныкейге (түп нуска б-ча Ханкей) Манас атасы Жакыпты куда түшкөнү жибергени м-н башталат. Жакып уулуна ылайыктуу кыз издеп, көп жерди кыдырып жүрүп Букарга барат. Бирок Жакыптын уулуна кан кызын бербейт да: «Менин кызыма кандын уулу тең келет, сенин уулуңа кедей бийдин кызы татыктуу» дейт. Манас согуш ачат дагы кызды зордоп алат». Мындан элдик оозеки адабиятта кездешкен колуктуну күч м-н зордоп алган Б. ү. салты б-ча Манас Карақандын кызы Каныкейди алганы көрүнөт. «Манастын балалык чагы жана Каныкейге үйлөнгөнү» ж-дө Ч. Валиханов кыскача жазып алган эпизоду ушуну м-н бүтөт (Вестник Академии наук Казахской ССР, 1965, № 8. 421-б.).

«Манас» эпопеясынын сюжеттик сызыгында үйлөнүү салты б-ча эң көрүнүктүү орунду ээлеген эпизод Манастын Каныкейге үйлөнүшү. Бул эпизоддо элдин бүлөлүк, никелик каада-салттары кенен сүрөттөлөт. Айрым эпикалык мотивдердин байыркы белгилери учураган м-н негизинен кыргыздардын кийинки доорлордогу үй-бүлөлүк салттардын атмосферасы м-н шартталышат. «Байыркы кыргыздарда социалдык абалына жараша калың үчүн ар кандай санда мал берип үйлөнүшкөндүгү жөнүндө байыркы даректерде эскерилет» (Н. Я. Бичурин. Собрание сведений... М.—Л., 1950, 1-т., 353-б.). Кыргыздарда кудалашып калыңына төрт түлүк мал төлөп үйлөнүү —

байыркы мезгилдерден тартып кийинки эле убактарга чейин өкүм сүрүп келген салт. Ошондуктан Манастын Шатемирдин (Каракан) кызы Каныкейге үйлөнүшү кийинки салт б-ча конкреттештирилип берилген. «Сейтек» эпосунда да Б. ү. өзгөрүп, кийинки мезгилдеги турмушта учураган асыресе көрүнүштөргө өтө жакын сүрөттөлөт.

*Б. Кыдырбаева, А. Мурато*

**БААТЫРДЫК ЭПОС** — элдин (уруктун, уруунун, тайпанын) өзүнүн жашоосу, көз карандысыздыгы үчүн душман күчтөр ж-а көбүнесе тарыхый, социалдык-саясий шарттар м-н кагылышууларынан келип чыккан күрөшүн чагылдырган чылк ыр же кара сөз аралашкан көркөм баян. Бул эпостордун борборунда өз жамаатынын эң жакшы жактарын, баатырдык сапаттарын типтештирген каарман турат. Мындай эпикалык чыгармалардын кээ бирлеринде «аскердик демократия» доорунун шартына ылайык өздөрүнүн этникалык аймагын кеңейтүү, согуш олжосуна ээ болуу үчүн күрөшкөн тигил же бул уруунун, тайпанын жортуулдары баяндалган. Көп элдердин фольклорундагы мындай чыгармаларды конкреттүү тарыхый, илимий талдоо аларды классикалык мурастын ажырагыс бөлүгү катары туура иликтөөгө ж-а сын көз м-н өздөштүрүүгө толук кызмат кылат. Ошону м-н катар Б. э-тордун, айрыкча феодалдык доордогу эпостордун мазмунун элдердин эркиндиги ж-а көз карандысыздыгы үчүн баскынчыларга каршы күрөшү түзөт. Ошондуктан ар бир эл өзүнүн Б. э-ун басып өткөн тарыхый жолунун улуу эстелиги катары, урпактарды патриоттук духта тарбиялоонун булагы катары карайт. Өзүнүн формасы, композициялык түзүлүшү б-ча Б. э-тор бир түрдүү эмес, ар бир элдин өзгөчөлүгүнө ылайык айырмачылыктарга ээ. Бирок, бардык элдердин Б. э-торуна типологиялык окшоштуктар да мүнөздүү. Оң каармандын өз уруусуна же элине чексиз берилгендиги, душман м-н келишпестиги, чечкиндүүлүгү, баатырдыгы, кара күчкө карктыгы, өлбөстүгү ж. б. бардык Б. э-торго жалпы орток типтүү көрүнүш. О. эле көпчүлүк эпосторго мүнөздүү көрүнүштөр: фантастикалык гиперболалаштыруу, композициялык жактан окуялардын үзгүлтүксүз өнүгүшү, стилдик жагдайда салмактуу ыраатта баяндалышы, эпизоддорду, көрүнүштөрдү деталдаштыруу; салттык кырдаалдардын, мотивдердин, формулалардын, жалпы оруңдардын (айрыкча баатырдын жортуулунун сүрөттөлүшү, каармандын үйүнөн аттанып чыгышы ж-а кайтып келиши, душманды куугунтукташы, жекеге чыгышы, куралдарынын сүрөттөлүшү ж. б.), туруктуу эпитеттердин, кайталоолордун молдугу ж. б. Б. э. тарыхый өсүп-өнүгүп олтуруучу жанр ж-а стадиялык өнүгүшү жагынан мифологиялык эпосторго караганда бир кыйла кийин пайда болгон, бирок ал дагы таптык коомго чейин, атап айтканда, энелик коом ыдырап, аталык коом м-н алмашыла баштаганда түзүлө баштап, «аскердик демократия» доорунда ж-а тайпалардын курала баштаган мезгилинде калыптанып, кул ээлик ж-а феодалдык коомдордо өсүп-өнүгүшүн улантат. Эпостордун өнүгүшүнүн көөнө (архаикалык) стадиясында ненецтердин сюдбоби, эвенктердин нимканы, карел-фииндердин руналары, якуттардын олонхосу, бурят-тардын улигери, алтай, хакас, тувалардын эпикалык ырлары, кавказ элдеринин нарттары ж. б. пайда болгон. Мамлекеттер түзүлгөндөн кийин пайда болгон эпостор да бир кылка эмес, булар бир жагынан кул ээлик дүйнөнүн классикалык эпопеялары, экинчи жагынан европалык эрте феодализмдин эпикалык ырлары ж-а поэмалары, акырында мамлекетинин калыптанышы өтө создугуп кеткен көчмөн элдердин эпопеялары («Алпамыш», «Жангар», «Гэсэр») пайда болгон. Өнүккөн феодализмдин типтүү эпикалык чыгармаларына орустардын былиналарын, түш. славяндарда юнактардын ырларын, «Сасундук Давид», «Роланд жөнүндө ыр», «Сид жөнүндө ыр» ж. б. чыгармаларды кошсо болот. Б. э-тордун стадиялык ар кыл түрлөрү «таптаза» формалардан турбайт. Бүгүнкү күндө жазылып алынган көөнө формадагы эпостор узакка созулган эволюцияны башынан өткөрүү м-н кийинки тарыхый шарттардын, идеологиянын элементтерин өзүнө сиңирип, жаңыланган, толукталган мүнөзгө ээ болсо, «классикалык» феодализмдин шартында калыптанган нагыз тарыхый эпикалык чыгармалар эң көп сандагы көөнө элементтерди өзүндө сактап жүргөн болот. «Манас» эпосу өсүп-өнүгүшү ж-а түзүлүшү б-ча өтө татаал чыгарма болгондуктан, андагы ар кыл мүнөздөгү көптөгөн окуялар эпикалык циклдештирүүнүн мүмкүн болгон бардык түрлөрүн (биографиялык, генеологиялык, эпикалык борбордун айланасында циклдештирүү) өзүнө камтуу аркылуу өтө бекем тутумдашкан. Ал бул түрдөгү фабулалык синтезге ээ укмуштуудай зор эпопеяга соңку кездердеги компилятивдүү мүнөздөгү механикалык кураштыруу жолу м-н эмес, элдик оозеки эпикалык чыгармачылыктагы жанр катары тарыхый өнүгүүнүн бардык баскычтарын басып өтүп, табигый түрдө келген. Бул жагынан «Манас» эпосу уникалдуу чыгарма, анткени дүйнө элдеринин бүгүнкү күндө илимге белгилүү бир да эпос «Манас» сыяктуу көөнө формасынан тартып эпостун гүлдөп өнүгүүнүн жогорку деңгээлине жеткен классикалык формасы тарыхый-баатырдык эпопеяга чейинки эволюциясын (эпос мындан кийин жанрдык өнүгүүсүн токтотуп авантюралык, сүйүү мотивдерине жол бошотсо, экинчи жагынан тарыхый ыр, баллада жанрына трансформацияланат) өз башынан кечирген эмес. «Манас» эпосунун Түш. Сибирь, Борб. Азиядагы түрк-моңгол элдеринин баатырдык жомоктору (көөнө эпостору) м-н генетикалык-типологиялык жакындыгы бар экендигин В. В. Радлов революцияга чейин эле хакастардын эпостору м-н параллель карап көрсөткөн. В. М. Жирмунский «Манастын» жомоктук мифологиялык фантастика үстөмдүк кылган байыркы тарыхка чейинки катмары баатырдык жомоктун көөнө тибине жатарын бел-

гилөө м-н анын каармандарынын, сюжетинин Сибирдеги түрк элдеринин баатырдык жомокторү м-н окшоштугун көрсөткөн. Окумуштуунун ою б-ча бул катмар кыргыздардын байыркы мекени Эне-Сай (Енисей) боюнда 6-к-дан тартып түзүлгөн. Ошентип, «Манас» эпосунун алгачкы башаты көөнө эпостон (В. М. Жирмунский б-ча баатырдык жомок) башталат ж-а ал катмар якут, хакас, бурят, алтай элдеринин эпикалык чыгармалары м-н түптөш. Бирок, «Манаста» жомоктук фантастика негизги ж-а жетектөөчү элемент эмес, анын окуялары элдин башынан өткөргөн тарыхый шарттарга бекем байланыштуу келип, өзүнүн мазмуну б-ча байыркылык кылган баатырдык жомоктордон айырмаланып турат. В. М. Мелетинский дүйнөдөгү илимге белгилүү эпостордун бардыгын салыштырып келип, «Манасты» бул жанрдагы чыгармалардын тарыхый өнүгүүсүнүн соңку этабына таандык деп эсептеп, классикалык формадагы баатырдык-тарыхый эпоско кошот. Окумуштуу эпостордун көөнө формадан классикалык тарыхый-баатырдык формага өтүшүн талдай келип: «...түрк элдеринин эпосторунун чегинде көөнө баскыч якуттардын, алтай-саяндыктардын эпосторунда кашкая көрүнөт, башка түрк элдеринин фольклорунда бул баскыч калдык түрүндө гана сакталган. Классикалык эпика үчүн мүнөздүү көрүнүш катары — жомоктук өмүр баян мотивдери кыргыз эпосунда Гесер, Жангар сыяктуу чексиз баатыр жана өкүмдар — Манастын балалык, жигиттик кези м-н чектелет. Бирок Манастын биринчи эрдиги фантастикалык желмогузду өлтүрүү эмес, баскынчы калмактын үстүнөн болгон жеңиш. Манастын негизги душмандары Гесер өзүнүн жортуулдарын жасаган сыйкырдуу күчкө ээ падышаларга салыштырганда алда канча тарыхый конкреттүү. ««Жангардагы-эпикалык душмандар сыяктуу аларда жомоктук шарттуулуктун чүмбөттөмөсү жок» (Е. М. Мелетинский. Введение в историческую поэтику эпоса и романа. М., 1986, 103-б.). Ошентип, «Манас» эпосу өзүнүн көп кылымдык өнүгүү тарыхында эпос жанрынын эволюциялык өнүгүшүнүн бардык баскычтарын басып өтүп ж-а эпикалык циклдештирүүнүн мүмкүн болгон бардык түрүн өз ичине камтып, байыркы баатырдык жомоктон (көөнө эпостон) классикалык формадагы тарыхый-баатырдык зор көлөмдүү эпопеяга айлануу м-н эпос жанрынын гүлдөп өнүккөн эң жогорку чегине жеткен үлгүсү болуп саналат, к. *Тарыхый-баатырдык эпос.*

*Р. Сарыпбеков*

**БААТЫРКАН** — эпизоддук кейипкер. Жакыптын кичи аялы Бакдөөлөттүн атасы экендиги гана айтылат (СК, 1. 38).

**БАБА-ДЫЙКАН** — мифологиялык кейипкер О. Азия элдеринин мифологиясында (өзбектерде — Бобо-Дехкон, түркмөндөрдө — Баба-Дыйхан, казактарда — Дикан-Баба, Дикан-Ата, каракалпактарда — Дийхан-Баба, тажиктерде — Бобо-и-Дехкон) дыйканчылыктын пири. Кыргыз элинин оозеки чыгармаларында Б.-Д. аксакал, көөде куш түрүндө сүрөттөлөт. «Манас» эпосунун бир катар эпизоддорунда колдоочу катары активдүү роль ойнойт. БСВда кытайлар тарабынан чабылып Алтайга сүрүлүп, анын үстүнө атасынан жаш калып жетинбеген турмушта жашап, агасы Байга көз каранды жүргөн Жакыпка жайдак кызыл өгүз минген селдечен аксакал киши жолугуп, Ай-Көл деген жерге эгин эк деп кеңеш берет. Анын кеңеши б-ча Жакып агасы Байдан курджун көзү буудай алып, айтылган жерге барат. Б.-Д-дын касиети м-н Жакып эккен эгининен мол түшүм алат. Ошол жылы кара чегиртке каптап, башкалардын эгини апатка учурайт. Жакып эгинин элге сатып байый баштайт. СКВда болсо малымды элге таратып, байлыгымды түгөтүп жатасың деп ачууланган атасына тарынып кеткен Манаска аксакалчан думана жолугуп, ортоктош болуп эгин эгели деп сунуш кылат. Манас макул болуп, абышка кайыптан пайда кылган кош өгүздү буурусун кармап, аксакал жетелеп кош айдап, урук себишет. Эгин бышканда Манас уктап кетсе эгин орулуп бастырылып, кызылы тоодой болуп жыйылып калат. Бул иштин баарын карыя керемет м-н бүтүрөт, ал Манаска жоого минүүгө тулпар сатып ал деп кеңеш айтып, көздөн кайым болот. Манас чоңдугу тоодой болгон эгинин бүт берип Карача кандан Кула Тайды, келечектеги Аккуланы сатып алат. СКВда бул кейипкердин аты Баабедин деп берилет. Элдик уламышта, оозеки адабиятта Баабединдин аткарган милдети башка (к. *Баабедин*). Сыягы айтуучу Б.-Д. м-н Баабединдин аттарын алмаштырып, чаташууга жол берген.

*Р. Сарыпбеков*

**«БАБАЛАРДАН КАЛГАН СӨЗ»** — *Т. Абдыракуновдун* кыргыз фольклорунун тарыхы ж-ө-гү макалалар жыйнагы (Фр., 1990). Автордун бул китебине мурда мезгилдүү басма беттеринде жарыяланган 6 макаласы топтоштурулган. «Енисейлик кыргыздар жөнүндө этнографиялык маалыматтар жана азыркы элдик оозеки чыгармачылык», ««Манас» жана «Алып-Манаш»», «Манастын үйлөнүшү жана тарых маселелери», ««Манас» эпосундагы «Көзкамандар окуясы» жана тарых чындыгы», «Алмамбеттин ата-теги» «Кайыптан туулган Аккула» аттуу макалалардан турат.

**«БАБАМ МАНАС ЖӨНҮНДӨ БАЛЛАДА»** — композитор *Глуховдун* кеңири өөрчүтүлгөн, үч бөлүмдөн турган хордук капеллалык поэмасы (1974). Тексти акын Т. Кожомбердиевдики. Биринчи бөлүмдү бешик ырын элестеткен жай ыргактын коштоосунда элдин эркиндиги үчүн таңда боло турган кандуу кыргынды токтотууга мүмкүн эместиги тууралуу Манастын ой толгоосу түзөт. Экинчи бөлүмдө Манастын адамдык мыкты сапаттары чагылдырылып, капарсыз уктап жаткан жаш жоокерлердин далайлары курман болорун ойлоп, убайым тартканы берилет. Үчүнчү бөлүмүндө коогалуу түн, жоокерлер кошуну сүрөттөлөт. Сыдырым желден улам, күзөттөгү жоокерлердин кылычынын шыңгыр үндөрү гана угулат. Бул чыгармада Манаска тиешелүү монументалдуулук болбогону м-н тарыхый татаал жолду

басып өткөн элдин аздектеген баатырынын элестүү музыкалык образы түзүлгөн.

**БАБАТАЙ** — эпизоддук кейипкер, Ороздунун ыркы жок он уулунун бири (СО, 1. 190).

**БАБУР,** к. *Бабыр.*

**БАБЫЛ** — топоним. Алтайдан көчүп келаткан жолдо кыргыздар калмак кандыктарынан Ала-Тоону бошоткондо, Манас ата-бабасы эзелтен мекендеп келе жаткан жерлердин бири катары Б-ды да бошотуп аларын айтат.

**БАБЫР,** Бабыркан — эпизоддук кейипкер. СОВдо эпостун ата-тек санжыра саптарында Манастын түпкү аталарынын бири делип айтылат (СО, 1. 15, 270; 2. 28, 34, 363, 364). Элдик оозеки чыгармалар улам кийинки доорлордогу урунттуу окуяларды, баатырлардын иш-аракеттерин өз ичине сиңирип жүрүп олтурат. Мына ушул өзгөчөлүктөрдүн негизинде атактуу тарыхый инсан Закиридин Бабырдын ысмы эпоско кириши мүмкүн. Бирок «кабылан» деген мааниге ээ иран сөзү «бабр» тотем жаныбар — түпкү бабанын атын билдирип, эпостон байыртан орун алып келатышы да ыктымал.

**БАГАЛАК** — абалактын синоними. Ал кулжанын, тоо текенин мүйүзүнөн төрт кырлуу жасалат. Ордо оюнунда колдонулуучу негизги куралдардын бири. Эпостогу: «Багалак салып, ордо атып, ойнобоочу жер бекен!» (КВ, 1. 111), «Багалак ойноп, даң салып, Чатыраш ойноп чаң салып» (СК, 1. 167)— деген саптардын биринчисинде Б. абалак катары, экинчисинде жалпы эле ордо оюну маанисинде айтылган.

**БАГДАТ** — топоним. Эсенкандын колу чаап, кыргыздардын бир тобу качкан тарап (СО, 1. 118), кийин Көкөтөйдүн ашында кабар берилип, эли чакырылган шаар (СО, 3. 14, 43) катары айтылат. Азыркы араб өлкөсү, Ирактын борбору.

**БАГЫШ** — кейипкер, Толтойдун атасы. Жедигер уруусунан чыккан баатыр, акылман, нарк билги адам. Манас төрөлгөндө берилген тойдогу ат чабышта Б-тын Суркийиги баш байгени алат. Ошондо Б. байгенин жылкы, койлорун Жакыптын өзүнө кайра берип, «беш жүз кызыл нарын», «эки төө алтын зарын» элге тараткан (СО, 1. 81—82). Эпостун мындан башка да көптөгөн окуяларында кыргыздын уруу башчыларынын бири катары катышат (СО, 2. 276—277; 3. 53, 57, 60, 101—104, 137, 177, 268, 278).

**БАГЫШ** — эпизоддук кейипкер, Байжигиттин уулу. Алмамбетке каршы уюшкан Көкчөнүн тегерегиндеги бузукулардын бири (СО, 2. 243).

**БАГЫШ** — этноним. Байыркы кыргыздын бир уруусу:

> Кара калпак үйшүн бар,
> Каңыры, тейит, багышы,
> Канча журтка угулган,
> Кара кыргыз дабышы (СО, 3. 15) делип

көп уруулар катышкан чоң-чоң окуяларда эскерилет.

**БАГЫШ** Сазан уулу (1878, азыркы Жумгал р-ну, Кара-Суу айылы — 1958, ошол эле р-н, Кызыл-Туу айылы)— манасчы. «Манастын» үч бөлүмүн тең айткан. Б-тын атасы Сазан сөзмөр, уламачы, усталык кесип кылган адам болгон. «Манасты» Б. башка манасчылардай кесип кылып эл кыдырып айткан эмес. Чакырылган жерлерге гана анда-санда барып айткан. Б-тын манасчы болуп калганына жакын тууганы Байбагыш Жакып уулунун (1914-ж. ө.) таасири чоң. Байбагыш чоң манасчы Тыныбек Жапый уулунун жээни болуп, жаш чагын ошонун айылында өткөргөн. Улуу манасчынын айылында жүрүп, андан таалим-тарбия алып белгилүү манасчы болгондо өз айылына көчүп барып, Б-тын бүлөсү м-н айылдаш жашаган. Байбагыш эл аралап «Манасты» айтканда Б-ты өзү м-н кошо ээрчите жүргөн. Белгилүү манасчыны ээрчип жүрүп таалим-тарбия алуу Б-тын талантынын эртелеп ойгонушуна себепчи болгон. Замандаштарынын эскерүүсүндө Б. 17—19 жашында эл алдында «Манасты» айта баштаган. Б. Сагымбай Орозбак уулунан да «Манастын» айрым эпизоддорун уккан. Ал өзүнүн «Манас» айтып калуусун башка манасчылар сыяктуу эле түш көрүү м-н байланыштырса да, чоң манасчылардан таалим алуусу негизги роль ойногон. Адатта көпчүлүк манасчылар өзүнүн негизги репертуары —«Манас» үчилтигинен башка да элдик оозеки чыгармаларга көңүл бура келген, өз алдынча чыгармаларды жаратышкан. Б-тан мындай мүнөз байкалбайт. Ал «Манастан» башка «Жаңыл Мырза», «Түгөлбай» деген элдик чыгармаларды кара сөз түрүндө айткандан башка чыгармаларды аткарганы белгисиз. Б-тан 1938—41, 1949-ж. «Манас» үчилтиги жазылып алынат. Жазуу ишине өзүнүн баласы Мухамед-Садыр ж-а Абдыраков Токтаалы деген адамдар катышкан. Б-тан «Манас» үчилтигинин биринчи бөлүмүнөн: Жакыптын эгин айдап байыганы жана кан көтөрүлүшү, Манастын төрөлүшү жана балалык чагы, Алмамбеттин келиши, Көкөтөйдүн ашы, Чоң казат жана кичи казат бөлүмдөрү жазылып алынган. Аталган эпизоддордун ичинен «Чоң казат» ырааттуу жазылып көлөмү, окуялардын кеңири баяндалышы жагынан башка манасчылардыкы м-н чамалашып барат. Андан жазылып алынган «Манас» башка белгилүү манасчылардыкына салыштырганда көлөмү жагынан чакан, бардыгы 101580 сап ыр («Манастан» 41000 сап, «Семетейден» 55000 сап, «Сейтектен» 5580 сап). Ал азыр өзүнчө жарыялана элек. Б. ««Манасты» айта берсе түгөнбөйт, бирок жаздырып жатканда көп жерлери калып калат экен»,— деп айтканына караганда андан профессионал жыйноочулар эмес, жогоруда айтылгандай карапайым адамдар жазып алышкандыктан анын «Манасынын» көп эпизоддору жазылбай же жазылгандарынын бир кыйласы схема, фрагмент түрүндө берилген. Манасчы «Кезка-



мандардын окуясынан» башка салттык окуяларды толук айтып келгенин аны м-н бирге жүрүп «Манасын» такай уккан замандаштарынын эскерүүлөрү ырастайт. Б-тын варианты сюжеттик нугу жагынан манасчы Сагымбай Орозбак уулунун ж-а Тоголок Молдонун варианттарына жакын. Бул мыйзам ченемдүү көрүнүш. Эл өз кезегинде өтө белгилүү манасчы Тыныбек Жапый уулуна: «Сизден кимдер таалим-тарбия алды» — деп сурашканда, «Менден да үйрөнүп, сурап алып, жазып алып жүргөндөр бар. Алар кимдер дегенде: Сагымбай, Калыгул, Тоголок Молдо, Касымбай, Байбагыш, Кожомберди, Доңузбай, Жакып ж. б. бар» — деген. Б. чоң манасчылардын ичинен жалгыз Сагымбай Орозбак уулуна жолугуп айрым таасирлерди алышы да бул жакындыкты, окшоштукту бекемдеген. Б-тын варианты Сагымбай Орозбак уулунукуна жакын болушунун себебин экөө бир мектептин өкүлү экендигинен гана көрүү бир жактуулукка алып келет. Варианттар ортосундагы жакындыкка, окшоштукка башка кырдаалдар да себеп болушу мүмкүн. Б-тын вариантында Манастын атасы Жакыптын дыйканчылык кылып байышы башка варианттардан кыйла айырмаланып турат. Бул эпизоддун кеңири сүрөттөлүшүнөн Б-тын өзүнүн өмүр бою дыйканчылык, устачылык м-н кесип кылып келиши да түрткү болгон. Б-тын кесибине таандык мындай мүнөздүүлүк анын вариантында курал-жарактардын жасалышын сүрөттөгөн жерде ачык көрүнөт. Жоо куралдарынын, жарак-жабдык, кийимдердин кандайча жасалганы анын айтуусунда деталдуу, көркөм сүрөттөлүп, бул иш м-н терең тааныштыгы даана байкалат. Мис., Манастын Сырнайзасы мындайча сүрөттөлөт:

> Колундагы сыр найза
> Сары карагай кыйдырган,
> Саратанга жыйдырган,
> Күрөтүп кумга көмдүргөн,
> Сегиз ай чаап кырдырган,
> Сексен түрдүү сырдырган,
> Чарайна менен чаптаган,
> Сынып кетме болот деп,
> Пил терисин каптаган,
> Коло менен чырмаган,
> Тийген жери ырбаган,
> Кош кара кыл productions тактырган,
> Душманды көздөй бактырган,
> Колго жылуу болсун деп,
> Кой макмал менен тыштаган,
> Уңгусу болот, учу курч,
> Учуна салган кара курч,
> Соот бузаар, бөрү тил
> Карагайдын жармасы,
> Ак болоттун кыймасы,
> Темирди сайса тешүүчү
> Нечен теңирсиген дөөлөрдү
> Тебетей сайган немедей,
> Тегеретип кетээр деп,
> Дөөгө ажал жетээр деп,
> Өзү соот бузаар бөрү тил (БСВ, КФ, 1079-инв., 106-б.).

Манасчынын курал-жарактын жасалышына айрыкча көңүл бурушу жоо куралын баяндаган жерлеринде да ачык көрүнөт. Көпчүлүк манасчыларда Манасты чаап жарадар кылган Коңурбайдын айбалтасына ачык көңүл бурулбайт. Б-та Манастын аты аярлар аркылуу кытайларга белгилүү болгон күндөн тартып аны өлтүрүүчү айбалта жасала баштайт да «Манас алтымыш жашка чыкканча» бүтпөйт. Анын жасалышына да кеңири сүрөттөө берилет:

> Удан курап чыгартып
> Уй майына сугартып,
> Кумтуйта согуп көк темир
> Уу чылатып алдырып,
> Уу челекке салдырып
> Таштатып койгон жайына
> Аскар тоонун боюна,
> ...Анын сугаты уба май болгон,
> Аны көрөм деген көп элдин
> Көзү соолуп жай болгон
> (БСВ, КФ, 1079-инв., 81—82-б.).

Манасчы эпосту айтууда өзүнө таанып, жакын көрүнүштөрдү ишенимдүү, көркөм сүрөттөгөн. Мындай өзгөчөлүк жалпы манасчыларга мүнөздүү. Б-тын вариантында Жакып Баба-Дыйкандын жардамы м-н мол түшүм өстүрүп, байыйт. Башка варианттарда да эпостун каармандары дыйканчылык кылышат. СОВдо кытайлар тарабынан сүрүлгөн Үсөн (Көзкаман) барган жеринде дыйканчылык кылып ирденет. СКВда атасына таарынган Манас үйүнөн кетип, ай талаада Баба-Дыйканга жолугуп ортоктошуп эгин айдап мол түшүм алып, аны сатып Аккулага ээ болот. Башка варианттарда Алтайга сүрүлгөн мал-мүлксүз Жакыптын тез эле бай болуп кетиши мотивделбей, түшүнүксүз болсо, Б-тын вариантында жарды кишинин дыйканчылык кылып, аябай эмгектенүүсү м-н баюусу өзүн логикалык жактан актап, эпосто мурдатан орун алып келе жаткан эпизоддордун бири экенин тастыктайт. Б-тын вариантында Манастын балалык чагы башка варианттардан айрым мотивдер, деталдар б-ча айырмаланат, бирок окуянын жалпы жүрүшү анчалык өзгөчөлүктөргө ээ эмес. Ошондой болсо да колдо бар варианттардын эч биринде жолукпаган Чыйырды эл кыдырган аксак боз кемпирдин кара кызы болушу сыяктуу кызыктуу деталдар жолугат. «Манас» эпосунда бул мотив сейрек кездешкени м-н дүйнө элдеринин оозеки чыгармаларында салттык мотивдердин бири. Каарманды демократиялаштыруу максатында көпчүлүк чыгармаларда анын тегин эл ичинде эң жарды адам кылып көрсөтүү жолугат, муну м-н чыныгы элдик баатыр элдин терең катмарынан чыгат деген ой берилген. Б-тын вариантында сюжеттин нугу башкалардыкынан айрым деталдары, мотивдери б-ча айырмачылыкка ээ болгону м-н элдик оозеки чыгармачылыктын салттарынын чегинен чыкпайт. Кайра аны сактап, колдон келишинче өз шыгына жараша бардык эле манасчылардай пайдаланууга аракеттенет, мурдатан калыптанып, эл ичине кеңири сиңген «Манаска» анын алымча-кошумчасы ошол элдик оозеки чыгармачылыктын салттарынын

эсебинен болот. Ар бир айтуучу өз доорунун өкүлү, дүйнөгө ошол доордун көз карашы, ишеними, түшүнүгү м-н карайт. Башка варианттарда кытай кандары жоо келип шашылыш болгондо бири-бирине кабарды укмуштуу канаттуу жаныбар аркылуу жиберет. Бул образдар мифологиянын кыртышында жаралып көп элдерде (мис., Түш.-Сибирдеги түрк-моңгол элдеринде) кеңири тараган. Ал эми Б.:

Карагайдын башында
Катырып койгон чыны бар,
Алты айчылык жолдордон
Аш бышымда тил алган
Чочконун (Коңурбайдын — Р. С.)
Ар кандай болгон зымы бар,
Айта турган эби бар,
Асман менен сүйлөшкөн
Тилипон деген кеби бар,— деп өзү үчүн анча түшүнүксүз болгон мифтик образды кыргыз эли кечээ 19-к-дан тартып тааныша баштаган телефон м-н алмаштырган. Буга окшогон модернизациялоо кеңири орун алганын телефондон башка да телеграмма, замбирек, тапанча, алты атаар, пагон (чинди көрсөткөн белги), ок-дары салынган араба ж. б. терминдердин киришинен байкоого болот. Бүгүнкү күндө Аккелте, дүрбү, Манастын башка жоо куралдары сырнайза, айбалта, ач албарстай эле мааниге ээ. Аларсыз Манасты элестетүү кыйын. Бирок найза, кылыч, айбалта сыяктуу байыркы куралдарына салыштырганда, алда канча кийин, кыргыздар жогорку цивилизациялуу элдер м-н байланышта баштаганда гана мылтык, дүрбүдөн кабардар болушкан. Алардын «Манаска» кириши өз учурунда модернизациялык көрүнүш болгон. Бирок мындай кошумчалардын, толуктоолордун, модернизациялоонун бардыгы эле эпостон туруктуу орун алып жашап кете бербейт. Анын идеялык-көркөмдүк түзүлүшүнө зыян келтирүүчү кошумчалар, модернизациялоолор сырткы таасирдин күчтүүлүгүнө карабастан элдик эпоско сиңип, биротоло жашап кете албайт. Акыркы кылымдарда Кыргызстанда мусулман дини таркалышына байланыштуу, кээ бир башка варианттардагыдай эле Б-та да айрым мотивдерге исламдын тийгизген таасири байкалып, элдик баатырлардын образын «мусулмандаштыруу», аларды дин идеологиясына ылайыкташтырып көрсөтүүгө аракеттер кездешет. Айтуучунун жеке көз карашынын чектелгенине, мусулман дининин таасирине карабастан эбактан эл ичинде калыптанган элдин эркиндиги, биримдиги тууралуу идеяны негизги багыттоочу нук кылып алган «Манас» эпосу бул вариантта да өзүнүн негизги нугунан оол кетпеген, жогоркудай сырттан кирищүүлөр үстүртөн калган. Үчилтиктин экинчи бөлүмүнүн башы 1941-ж., ал эми анын аяк жагы ж-а үчүнчү бөлүмү 1949-ж. жазылган. Бул эки бөлүм үчилтиктин биринчи бөлүмүнө караганда ырааттуу жазылып, аларга мүнөздүү салттык окуялар толук камтылган. Б-тын «Семетейи» башка манасчылардай Каныкейдин Темирканга тентип барышы, эр жеткен Семетей Сарытаз м-н таанышышы ж-а андан ата-тегин угушу, Таласка келиши, Темиркандын шаарынан Каныкейди көчүрүп келиши, Чынкожо, Толтойдун чыры, Айчүрөккө үйлөнүшү, Коңурбайдан атасынын кунун куушу, Семетейдин Канчоро, Чачыкейдин чыккынчылыгы м-н Кыястан өлүшү сыяктуу окуялардан турат. Башка семетейчилерде кыскача берилген Семетейдин Үмөтөй м-н чыры Б-та өзүнчө атайын эпизод катары айтылат. Анын айтуусунда Сейтектин төрөлүшүнөн тартып эр жетип Кыястан өч алып, элине кайра келип кошулушуна чейинки окуялар негизинен «Сейтекке» мүнөздүү салттуу сюжеттик нукту сактайт. Мындан тышкары Сейтектин Айчүрөктүн сиңдилеринин бири Орозкандын кызы Гүлнарга үйлөнүшү, Коңурбайдын уулу Куялы м-н согушу өзүнчө кыска эпизоддор катары берилет. Улуу Манасчылар Сагымбай Орозбак уулу, Саякбай Карала уулуна салыштырганда Б-тын варианты окуялары чектелүү, кээ бир эпизоддор схема түрүндө кыска баяндалып, катышкан каармандары, эл-жер аттары аз санда болуп, көркөм каражаттарды пайдаланууда айрым мүчүлүштүктөрдүн орун алганына карабастан, эпопеянын үч бөлүгүн тең өзүнө толук камтыган, эпостун элдик идеясын негизинен сактаган, көп жагынан өз алдынчалыкка ээ болгон белгилүү варианттардын бири.

*Р. Сарыпбеков*

**БАДАКШАН,** Бадахшан — топоним. Көкөтөйдүн ашына кабар берилип, эли чакырылган жерлердин бири (СО, 3. 14, 23, 43, 89). Географиялык реалияда азыркы Тажикстандын ж-а Ооганстандын тоолуу аймагы. Эпосто да тажик элинин жери экени айтылат.

**БАДАЛБАЙ** — эпизоддук кейипкер. Жолборстун жүрөгүнө талгак болгон Чыйырдыга каңгайдын Кара мергени аткан жолборстун жүрөгүн алып келип берген жылкычы (СО, 1. 51—53).

**БАДАЛДУУ** — топоним. Жакып алтымыш кишиси м-н жылкысын көргөнү келип, калмактардын арбын колун көрүп, беттеше албай конгон жер (СО, 1. 143).

**БАДАН** — топоним. Манас чоролору м-н ууга чыккан жайлоо (СО, 2. 288).

**БАДАНА** (ир. дене, бой)— эпосто жоокерлер кийүүчү зоот, кээде баатырлардын сырт кийими маанисинде колдонулуп, ок өтпөгөн Б. тон же кош Б. деп да берилет:

Жакасы алтын, жеңи жез,
Кош бадана, торгой көз
Келеме жака, кең күрмө,
Керишке кийсе ок өтпөс (КВ, 2. 111).

Айрым учурда чың Б. деп берилет: «Чыйырчык алтын чымчык көз Чың бадана торгой көз» (КВ, 2. 51). Б. алтын зымдан (чынжырлардан) турган зоот кийим экендигин төмөнкү саптардан жоромолдоого болот:

Торгой көзү жыбырап
Түөк көзү быжырап,
Машаанын мурду батпаган,
Чиркейдин мурду өтпөгөн (КВ, 2. 51).

Кыргыз фольклорунда Б. шым деген да согуштук кийим кезиккенден улам Б. деп ичке металл зымдан жасалган чынжырчалардан турган зоот кийимдер белгилениши мүмкүн.
*И. Молдобаев*

**БАДАҢ** — эпизоддук кейипкер, калмак аяры. Кыргыздар Ала-Тоону душмандан бошоткондо капчыгайды бөгөп сарай болуп, Кайыпкан баштаган колдун жолун тосот. Таскыл аяр экөө аярлык өнөрлөрүнүн жардамы м-н түрдүүчө кубулуп, көпкө кармашышат. Аягында Б. жеңилет, түлкү болгон Б-дын терисин таскыл тирүүлөй сыйрыйт. Кайыпкандын иниси Кошумбек түлкүнүн мурдунун учун кесип алгандан кийин гана Б. аяр өлөт (СО, КФ, 576-инв., 501—511-б.).

**БАДАҢ** — эпизоддук кейипкер, бий. Алмамбеттин келишиндеги кан тартуу ырасминде аты аталат (СО, 2. 318).

**БАЕТОВ** Муса (1902, Ак-Талаа р-ну, Байгөнчөк айылы — 1949, Фрунзе ш.)— ырчы, обончу, Кыргыз ССРинин эл арт. (1939). Б. жөнөкөй



М. Баетов — Күлчоро («Айчүрөк» операсы, 1939).

элдик аткаруучудан профессионал опера ырчысына чейин өсүп, «Манас» операсынан Алмамбет м-н Сыргактын, «Айчүрөктөн» Күлчоронун партияларын аткарган.

**БАЖЫ** Бир мамлекеттен экинчи мамлекетке өткөрүлүүчү товарлардан алына турган өкмөттүк салык, мамл. тарабынан жүргүзүлүп, жөнгө салына турган кээ бир тейлөө кызматтары үчүн алынуучу алым. «Манас» эпосунда Б. көбүнесе кытай кандары элден зордоп казынага чогулткан мал катары сүрөттөлөт:

Бажыдан жыйган түмөн мал,
Казыналык түмөн мал
Кастык кылып бу бурут,
Алганы жүргөн кези экен (СК, 1. 118).

**БАЗЫЛБЕК** — эпизоддук кейипкер. Алтайдагы Мамырдын Кара сазына Жакып м-н бирге конгон уруу өкүлдөрүнүн бири (СО, 1. 232; 2. 24).

**БАЙ** — эпизоддук кейипкер, Аралбайдын атасы экендиги гана айтылат (СК, 1. 202).

**БАЙ** — кейипкер, Бакайдын атасы, Жакыптын бир тууганы. СОВдо Б-дын окуясына кеңири орун берилет (СО, 1. 171—192). Алоокеден кордук көргөн кыргыздар туш-тушка тарап кетет. Ошондо Ороздунун ыркы жок он уулу Б-дын эки баласына бейпилдик бербегендиктен, Б. он жети жашында бөлүнгөн иниси Жакыпты издеп чыгат. Жолдо арык казууга алы келбей жатып калган карыя Б-ды Нескара көмдүрүп салат. Чала көмүлүп, эптеп эсине келген Б. Нескарага Чабдар аты адамча сүйлөп: «Манасты күчүнө толо электе кармап ал»,— деп айтып жатканын угуп калат. Каздырып жаткан арыгын таштап, кишилерин түп көтөрө алып, Нескара Манасты соймокко аттанып кеткенден кийин эптеп бошонуп, Нескаранын артынан жөнөгөн Б. Жакыпка жолугуп, эки бир тууган табышат. Нескаранын ой-мүдөөсүн айтып кабар берет. Ошол б-ча алты жылга жакын Алтайда туруп калган Б. Дагалак шаарын алуу үчүн аттанган Манастын колу м-н кошо жөнөйт. Ошол учурда Ала-Тоо тараптан келген Кошой баштаган колдун ичинде Бакай болот. Эки кол жолугушканда Б. баласы Бакайды Манаска тааныштырат. СКВда Б. баласы Бакай бир жашка чыкканда душмандын айдоосунда жүрүп каза болот. Эпос б-ча чыгыш Түркстандагы шаар Б-дын атынан коюлган (СК, 1. 188).
*И. Абдувалиев*

**БАЙБАК** — эпизоддук кейипкер, Коңурат уруусунун карысы. Манас Ошпурда койчу болуп жүргөндө атасынын жылкысына тийген калмактарды өлтүргөндүгү үчүн өч алганы келаткан жоого каршы Жакып м-н бирге аттанат (СО, 1. 128).

**БАЙБОЛ** — эпизоддук кейипкер, Жакыптын бадачысы. Жакып, Чыйырды, Бакдөөлөт үчөө көргөн түштөрүн жорутуу үчүн той бергенде мал айдап түшөт (СО, 1. 42).

**БАЙБОЛОТ** — эпизоддук кейипкер. Өзүн кармап алган Семетейди Карагул Каракандын сегиз уулунун бири Б-тун баласы Жоодур баатырмын деп алдайт (СК, «Семетей», 2. 172).

**БАЙГЕ** — мелдеште жеңгендер үчүн берилүүчү сыйлык. Б. *ат чабыш, балбан күрөш, эр эңиш* ж. б. ар кандай мелдештерде берилет. Мелдештин Б-син алууга аракеттенүү элдин ар-намысын, кызыкчылыгын коргоодон чыгат. Улуттук салттык оюндар: ат чабыш, балбан күрөш, эр эңиш, *эр сайыш, жамбы атуу* сыяктуу этнографиялык шаан-шөкөттөрдөгү ж-а оюн-зооктун Б-син утуп алууда катышкан каармандардын иш-аракети «Көкөтөйдүн ашында» элестүү берилген. Элдик оюндарга коюлган Б-ни балбандык кара күч, эрдик, көзгө атар мергендик, айлакерлик м-н жеңип алууга кыргыздардан Манас, Кошой, Алмамбет, Бакай, Чубак, Сыргак ж. б. катышса, экинчи тараптан алар м-н ээлтен эрегиш-

кен атактуу баатыр жоолор — Коңурбай, Жолой, Нескаралар чыгат. Жекеме-жеке мелдеште душман тараптагылар утулуп, мөрөйдү алдырып, ыза болушат. Жалгыз гана Төө чечмейден абийири ачылганына кайыл болгон Ороңгу Б. алат. Даңазалуу ашта өткөн ар кандай мелдештин сыноолорунда элдик баатырлардын эрдик, чеберчилик м-н мөрөйдү утуп алышы бардык варианттар үчүн мүнөздүү. Чоң Б. сайылган ат чабыштын Б-си төрт түлүк мал башы м-н бычылат. Эпосто Б.:

Көкөтөйдүн өлүгү
Көп адамга той болду.
Баш байгеге сайганы
Сексен миң жылкы, миң атан
Жана жүз миң кой болду,
Тогуз миң толук үй болду,
Эсебин малдын ала албай
Эл жакшысы буй болду,
Жабык башы кундуздай
Жана токсон үй болду (СО, 3. 146),—

деп сүрөттөлөт.

Чоң Б. сайылган тулпарлар жарышында Манастын Аккуласынын биринчи болуп (экинчи Төштүктүн Чалкуйругу, үчүнчү Жолойдун Ачбууданы) келиши кытай, калмак колбашчыларынын намысына тиет. Ат чабышта чыгып келе жаткан Жолойдун Ачбууданын өчтүк м-н жыкты деп кытай, калмактар уруш чыгарып, Коңурбай, Жолойлор баш болгон ичи күйгөн жоо:

Көкөтөйдүн ашына
Келимиш болуп кытайлар,
Кагыша турган кези экен.
Түрүнүп кытай, көп калмак
Көкөтөйдүн көп байге
Аны талап алганы (СК, 2. 70) гана эмес,

Б-ге сайылган малга кошуп кыргыздардын жылкыларын кошо тийип, кууп жөнөшөт. Баскынчылардан малды кайтарып алуу үчүн Манас баатыр казат жарыялайт. Кытай, калмак м-н кыргыздардын ортосунда уруш чыгат. Ушундан улам «Көкөтөйдүн ашы экен, көп чатактын башы экен» деген накыл сөз да Б-ге байланыштуу чыккан. Бул бардык варианттарга мүнөздүү.

*С. Алиев*

**БАЙГУР** — эпизоддук кейипкер, Манастын түпкү аталарынын бири. Аланча кан уругунан, Уйгурдун бир тууганы. Эпостун өзүндөгү санжырада аты гана аталат (СО, 1. 15. 27, 184, 194).

**БАЙГҮРӨС** — эпизоддук кейипкер, Кашкар беги Алакундун баатырларынын бири. Манас Алтайдан Ала-Тоого көчүп келе жатып, Жайтөбөдө тыныгып жатканда, «Кыргыз деген эмине, Кырып салам дегеле, Кызыл чака пул берсем, Кылайтпай мени жемеле»,— деп кара күчкө мактанып аттанып чыгат, бирок Манастын сүрүнөн эле коркуп каршылык кылбай багынат (СО, КФ, 792-инв., 58—72-б.).

**БАЙДАМТАЛ** — топоним. Орго кан м-н болгон урушта Манастын Кыргылчал баштаган колу «эки күнү, бир түнү» өргүгөн жер (СО, 2. 106). Географиялык реалияда Боом капчыгайына Кер-Көл тараптан кире бериште, Кыргыз Ала-Тоосунун күн чыгыш учунан түшкөн өзөн.

**БАЙЖИГИТ** — эпизоддук кейипкер. СОВдо Алтайдан келе электе кыргыздын жыйындарында, кеп-кеңештеринде уруу аксакалы катары дайыма катышат (СО, 1. 44—48, 86; 2. 13—16, 25, 94, 149, 340).

**БАЙЖИЕВ** Мар (1935, Жалал-Абад ш.)— кыргыз совет жазуучусу, драматург, сценарист, прозачы. КМУнун филология факультетин (1960), Москвадагы Жогорку сценаристтер курсун бүтүргөн (1964). «Манас» эпосуна байланыштуу «Улуу эпос» илимий-популярдуу фильминин сценарийин (1962) жазган. Кыргыз ССРинин иск-вого эмг. сиң. ишмери (1984).

**БАЙЖИЕВ** Ташым Ыскакович (1909, Түп р-ну, Тепке айылы — 1952, Караганда, Булак лагери)— кыргыз совет адабиятчысы, фольклор изилдөөчү, котормочу ж-а жазуучу. 1940—42 ж-а 1944—49-ж. СССР ИАнын кыргыз филиалында «Фольклор ж-а «Манас»» секторунда илимий кызматкер, сектор башчысы болуп эмгектенген. Б. кыргыз тили ж-а адабият окуу куралдарын түзгөн. «Манас», «Семетей» эпостору ж-а анын тили ж-дө онго жакын илимий ж-а сын макалаларды жазган. «Манас» эпосун жазып алууга катышкан ж-а Сагымбай Орозбак уулунун вариантын редакциялаган.



**БАЙКАП** — эпизоддук кейипкер, балбан. Эпосто Б. казактардын кызай уруусунан деп айтылат. *Тейиш* кандын тоюнда күрөшкө чыгып, *Көкжору* балбандан жеңилип калат (СО, 2. 51).

**БАЙКОҢУР** — эпизоддук кейипкер, Коңурбайдын баласы, атасынын ордуна мураскор катары кан болуп, өмүрү өткөнчө Бээжинди бийлеп турганы айтылат (СК, «Семетей», 270—271).

**БАЙКҮШ** — эпизоддук кейипкер, аяр. Кошойдун шакирти. Оргону жеңип, Акунбешим надышаны карай жөнөгөн Манастын колунун жолун тосуп турган Боон аярды ж-а ал дубалап ажыдаар, түрдүү жырткычка айлантып койгон токсон балбанды *Ырдык* аяр экөөлөп жеңип чыгат (СО, 2. 112—116).

**БАЙМЫРЗА** — кейипкер, Байдын уулу. Манас Каныкейге күйөөлөп барганында Б. Жанай м-н бирге калыңга берилчү малды айдагандардын башкаруучусу болуп барат (СО, 2. 391). Көкөтөй өлөрүндө керээзин ушул «Байдын уулу Баймырза» сырдаш курбусуна айтат (СО, 2. 8, 13, 26, 33, 38). Б. Көкөтөйдүн кара ашындагы байгени да уюштургандардын бири (СО, 3. 63). СКВда Б. Бокмурунга акыл-насаат берген аксакалдардын катарында айтылат (СК, 2. 13). Семетей Букардан Таласка көчүп

келгенде токсон беш жашаган Б. каза болот. Азасына Сары канды жиберип чакыртса, «алты арам» келбейт (СК, «Семетей», 1. 309—313). СОВдо Байдын уулу деген м-н катар эле Кашымдын уулу деп да айтылган учурлар бар (СО, 3. 81, 83).

**БАЙМАК ТАШ** — «Акыр таш» деп аталган акырдын жанындагы үйдөй болгон кара ташка Аккула баймакталып турчу экен. Ошондон Б. т. аталып калган деген эл арасында уламыш бар.

**БАЙМАН** — эпизоддук кейипкер, кытай кол башчыларынын бири. Араниктеги согушка сансыз кошунду баштап барганы айтылат (КВ, 2. 116).

**БАЙМАТ**, к. *Тазбаймат*.

**БАЙРАК**, желек, туу. Эпосто желек, туу м-н бирдей мааниде айтыла берет, к. *Туу*.

**БАЙСАБАЙ** — Серектин чыныгы аты, к. *Серек*.

**БАЙТАЙЛАК** — эпизоддук кейипкер, Бакайдын баласы. Таласка көчүп келген Семетейге каршы Абыке, Көбөш кол курап согуш ачканда Семетей тарапка согушка кирет (СК, «Семетей», 1. 318).

**БАЙТЕРЕК**, Чынар терек — эпос б-ча бутагынан адамга укмуштуу ал-кубат берүүчү сүт чыккан касиеттүү дарак. Дүйнөлүк оозеки чыгармачылыкта ж-а диний түшүнүктөрдө аалам дарагы (өмүр дарагы, космос дарагы) ж-дөгү миф кеңири белгилүү. Ал дарактын тамыры жер астындагы дүйнөдө (өлүктөр өлкөсүндө), ортоңку сөңгөгү жер үстүндө (кадимки адамдар өлкөсүндө), башы асманда (кудайлар өлкөсүндө) жайгашып, бүткүл ааламды өзүнө туташтырып турат деген ишенимге ээ. Б-тин ээси көпчүлүк учурда аял (эне) түрүндө элестетилип, ал өзү каалаган учурда өлүп бараткан, чарчап-чаалыккан адамга өлбөс же укмуштуу ал-кубатка ээ кылуучу, жашартуучу ичимдик, тамак (сүт, мүрөктүн суусу, алма ж. б.) тартуу кылат. «Манастагы» Б. ушул аалам дарагы ж-дөгү мифтин кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгында унутулуп бараткан бир үлгүсү. Абыке, Көбөштүн талоонуна түшүп, аябай кордук көргөн Каныкей жалгыз баласы Семетейди душмандан сактап калыш үчүн Букарга алып качып бараткан узак, татаал жолдо аш-тамаксыз калып, катуу кыйналат да, астынан кезиккен Б-ке мындайча кайрылат:

Олуя болсоң кол жайып,  
Бата болчу Байтерек.  
Олуямдан айрылып,  
Караан таппай турабыз,  
Биз өңдөнгөн бакырга  
Ата болчу Байтерек.  
Кайран жандан түңүлдүк,  
Бир корголоп кетүүгө,  
Ата-а айланайын Байтерек.  
Алдыңызга жүгүндүк,  
Чаалыктым уйку кандырчы,  
Айланайын Байтерек.  
Чарчадым жанды тындырчы,  
Уктайын кана Байтерек.  
Жетимиңе күч берчи.  
Кагылайын Байтерек,  
Акысыз калдым сүт берчи.  
Өчкөн отум тамызчы,  
Өлгөн жанды тиргизчи.  
Үзүлүп кеттим улачы (СК, КФ, 544-инв., 139-б.).

Б. Каныкейдин өтүнүчүн кабыл кылып куттпа жакки бутагынан булактай кылып сүт агызат, аны ичип, күч-кубат алышып кадимкидей демденишет. «Манас» эпосундагы Б-ке генетикалык-типологиялык жакындыгы бар дарак Борб. Азияда ж-а Сибирде жашаган түрк элдеринин фольклорунда кеңири жолугат. Алар аткарган милдети б-ча гана эмес көпчүлүк учурда (кээде Байкайың, Байтал) делип аталышы б-ча да окшош. Атайы изилдөө жүргүзүшкөн окумуштуулардын пикирине караганда «бай» — «ыйык», «жаратуучу» (кудай) деген мааниге ээ. Демек, «Байтерек» — «ыйык терек», «жаратман терек» дегенди билдирет. Соңку мезгилдерге чейин байыркы дини — шаманизмди тутуп келген Борб. Азияда ж-а Сибирде жашаган түрк элдеринин чыгармаларында Б. биздин эпостогуга салыштырганда байыркы белгилерин толук сактай алган. Алтайлыктардын эпикалык чыгармаларында башкы оң каармандын өргөөсүнүн алдында башкы кудай Үч-Курбустан жараткан бутагынан жерге алтын, күмүш жалбырак жааган Б-тин өсүп турганы туруктуу эскерилет. Ал дарак үч катмар-жер асты (өлүктөр өлкөсү), жер үстү (кадимки адамдар өлкөсү), асмандан турган (кудайлар өлкөсү) ааламды бири-бири м-н туташтырган борбору да болуп саналат. Анын чокусунда бүркүт же күкүк конуп олтурса, түбүндө бөрү жатат. Күкүктүн сайраганынан өлгөн адам тирилет, өчкөн от тамат, куураган дарак бүрдөйт, өрттөнгөн талаа көк майсага айланат. Кыскасы бул дарак каармандын мекени Алтайдын теңдешсиз кеңдигин, берекебайлыкка молдугун дайын кылуу м-н бирге жалпы эле Ата Мекен деген түшүнүктүн символу катары да кызмат кылат. Якуттардын баатырдык эпостору — олонхолордо ушундай эле дарак бардык жан-жаныбарларды ж-а адамдарды ичирип-жедирип такай багып, аларга кереметтүү ал-күч берет. Ал адамдарды ар кандай кырсыктан сактоочу гана эмес, алардын түпкү энеси да болуп саналат. Уруунун сакталышы ж-а уланышы ушул касиеттүү даракка байланыштуу, аны жок кылуу урууну жок кылуу м-н бирдей саналган. «Манас» эпосунда Б-тин образы жогоруда аталган элдердин эпикалык чыгармаларындагыдай бир бүтүндүктү түзгөн байыркы формасында сакталбастан, анын айрым атрибуттары — реликти түрүндө ар кайсы эпизоддорунун арасына чачырап кеткен. Алмамбет «Чоң казатта» чалгынга чыгып, жолдо туулуп-өскөн жерине кез келип, бала кезде «өз колу менен тиккен чынар багын» «аттуу туруп кучактап, агып жашы бурчактап» (СО, 4. 272) өткөн күнүн эскерип арман кылганы туруктуу айтылат. Чынарды көргөндө Алмамбеттин туулган жер ж-дө арманы козголушу, бир кезде бул чынардын да алтай эпосторундагыдай ата мекендин символу

болуп кызмат кылганын кабарлайт. Ушул эле дарактын адамдын жаны, анын уруусу м-н тыгыз байланыштуулугу ж-дөгү эң байыркы түшүнүк айрым варианттарда сакталган.

Ортодо турган чоң чынар,
Азиз энем Алтынай
Мени тууган жер ошол.
Мен туулган чынарым,
Бүткүл чирип тамыры
Такыр куурап калыптыр.
Төбөсүндө чачырап
Бүчүрдүн учу калыптыр, Сыргак,
Таласка эсен тартпаймын,
Бээжинден бекер кайтпаймын!
Шордуу энем айткан кеп эле
Менден тукум бар болсо,
Чынарымдын түбүнөн
Чырпык чыгат деди эле, Сыргак,
Түбүнөн чыккан чырпыгы
Чынарга чалыш болуптур,
Бузулуп кетер санаа бар,
Артымда калаар бала бар! (СК, 2. 136).

Деги эле адам баласынын бардык тагдырынын касиеттүү чынарга байланыштуулугу эпостун башка эпизоддорунда да эскерилет. Мис., Абыке, Көбөштөн качып баратып, Каныкей кыз кезинде сейилдеп олтурууучу чынары соолуп калганын көрүп катуу кайгырганда, кайын энеси Чыйырды: «Чынарың соолуп калганы, Тайган иттей желгениң, ...Букарга тентип келгениң,» — деп чечмелейт. Алар булактын көзүн ачып, чынарды сугарганда ал кадимкисиндей кайра гүлдөйт. Мындан өткөндөгүдөй бактылуу күн кайрылып келерин, Семетей душмандан өч алып, атасы Манастын ордун басарын билишет. Байыркы мифтик түшүнүктөрдө эпикалык каармандардын, кудайлардын аалам дарагынын кейпинде жүрүшү салттык мотив. Түрк элдеринин оозеки чыгармаларында каарман м-н даракты катар коюп сүрөттөө байыртан келаткан салт. Көптөгөн кошоктордо терек бүтүндөй элдин, уруунун эң белсемдүү адамынын символу катары көрүнөт. Мис., «Кет-Бука» деген белгилүү легендада «Терек түптөн жулунду. Ким тургузар, каным?» — делип, кан баласы Жуучуну терекке символдоштурат. Манас өлгөндө Каныкей: «Алтын мөмө дарактуу, Чынар эле падышам, Чынарым чындап сынарбы?» — деп кошот. Бүгүнкү угуучуга мындагы «терек» («чынар») салыштыруу түрүндө көркөм каражат катары кабыл алынат. Бирок эпикалык чыгармалардагы бул түрдөгү салыштыруулар, эпитеттер байыркы кезде көркөм каражат эмес, ошол нерсенин дал өзү болгону фольклористикада белгилүү. Манастын өзү бир кезде аалам дарагы түрүндө элестетилгени азыркыга чейин сакталып калган айрым реликтилери да ырастайт. Аалам дарагынын классикалык үлгүлөрүндө анын башын (асманды) алп кара куш (бүркүт) ээлесе, ажыдаар анын түбүн, жер астындагы дүйнөнү ээлеп турат. Манасты алп кара куш м-н ажыдаар ушул аалам дарагындай бири башына айланып, бири аягында сойлоп дайым колдоого алганын көрөбүз. Мунун өзү Манастын күч кайраты байыркы түрк элдеринин мифтик түшүнүгүндөгү ааламдын үч катмарына (жер алды, жер үстү, асман) жеткенин символдоштурат. Ушундан улам Манаска карата айтылуучу: «Асман менен жериңдин Тирөөсүнөн бүткөндөй... Алды катуу кара жер жердигинен түткөндөй» — деген саптар бир учурда Манастын образына азыркыдай поэтикалык көркөм салыштыруу каражаты эмес, түз маанисинде, Манастын бийлиги аалам дарагындай үч катмарга (жер асты, жер үстү, асман) жеткенин көрсөткөн мааниде колдонулган деп болжолдоого болот.

*Р. Сарыпбеков*

**БАЙТУР** Анвар (1938, Чыгыш Түркстан — Шинжаңда, Көөнө шаар (Вынсу) ооданындагы Боз-Дөң айылы — 1991, Түркия, сөөгү Шинжаңга коюлган)— кытайлык кыргыз тарыхчысы. Үрүмчү шаарындагы Шинжаң ин-тунун тарых-география факультетин (1956) бүтүргөн. 1959—62-ж. Шинжаң аз сандуу улуттар коомун ж-а тарыхын изилдөө тобунда иштеген. Б. Кытай Коомдук ИАнын улуттарды изилдөө ин-тунун доценти. Бир катар илимий коомдордун мүчөсү. Анын эмгектеринин ичинен өзгөчө 1986-ж. «Кызыл суу кыргыз басмасы» тарабынан араб арибиинде кыргызча жарыяланган «Кыргыз тарыхы лексийалары» баалуу. Мында «Манас» дастаны тарыхыйэтнографиялык булактардын бири катары пайдаланылат.

**БАЙТҮГӨЛ**, к. *Түгөлбай.*

**БАЙЧОРО** — кырк чоронун бири, *Баабединдин* уулу. Манас Таласка келгенде чоро болгондон баштап, Манастын бардык баатырдык иштерине катышат. «Колу күчтүү Байчоро» делип айтылып, чоролордун ичинен күчтүүлүгү, баатырлыгы м-н айырмаланат. «Чоң казатта» окко учканы айтылса да (СК, 2. 200), кийин алты арамга кошулуп кеткен чоролор м-н бирге Семетейдин колунан өлдү делет (СК, «Семетей, 1. 339).

**БАЙШЕРИ** Албан уулу (туулган ж-а өлгөн жылы белгисиз, Өзгөн р-ну, Төрт-Көл айылы)— семетейчи. Б-ден «Семетей» бөлүмүнөн 3 дептер эпизод жазып алынган. Эпостун эпизоддору кара сөз м-н ыр аралаш жазылган. Окуя негизинен Манас жарадар болуп келип, ага Каныкей тирүүсүндө күмбөз тургузуп, Семетей төрөлгөндөн кийин көз жумушу м-н башталат да, Семетей Акшумкарын качырып, Айчүрөктү издеп Үргөнчкө келип, Боз-Дөбөдөн Айчүрөктүн шаарына дүрбү салып карап турганы м-н бүтөт. Негизги варианттардагы Семетей, Айчүрөк, Чачыкейге байланыштуу айтылган мотивдик кырдаалдар сакталган. Семетейчи бул чоң эпизоддун схемасын гана кара сөз м-н айрым жерлеринде ыр кошуп айтып берген (КФ, 271-инв.).

**БАЙЫЗ** — эпизоддук кейипкер. Көкөтөйгө аш берүү кеңешине катышкан мыктылардын бири (СО, 3. 81, 85).

**БАЙЫҢ** — мифологиялык кейипкер. СОВдо кайберендердин каны. Алмамбеттин аялы *Аруукенин* атасы. Ал кызы жиберген үч көгүчкөндөн кабар алып, кайыптар дүйнөсүнөн өз

кошуну м-н кийик, бугу минип кызынын күйөөгө чыккан тоюна келет. Той бүткөндө дароо көздөн кайым болот. Б-дын образы башка түрк элдеринин эпикалык чыгармаларында, мифтеринде да жолугат. Якуттардын мифтик түшүнүгү б-ча ал тайганын бирден бир ээси, бардык жаныбарлардын, канаттуулардын кожоюну, ага арналган ырымдарды, табуну сактаган аңчынын колдоочусу. Типологиялык салыштыруулар көрсөткөндөй Б. «Кожожашта» чагылдырылган байыркы аңчылык мезгилиндеги Сурэчкинин тибиндеги кайберендердин ж-а аңчылыктын кудай энесинин кийинки доорлордо өзгөргөн образы болуп саналат.

**БАЙЫҢ** — этноним. Калмактардын бир уруусу. Ала-Тоону кара кытай, калмактардан бошотуу жортуулдарында Б. уруусундагы калмак баатыры Тулус жекеге чыгып Манастан өлөт (СО, 2. 137, 138).

**«БАЙЫРКЫ КЫРГЫЗ РУХУНУН ТУУ ЧОКУСУ»** — Ч. *Айтматовдун* Сагымбай Орозбак уулунун айтуусундагы «Манас» эпосунун жарыкка чыгышына баш сөз иретинде жазган (алгач ирет «КМга» жарыяланган —1979, 11-янв.) макаласы. Макалада «Манас» эпосуна ар тараптуу терең баа берилген. Анда автор кыргыз элинин эпостук чыгармаларынын баа жеткис руханий байлык болуп, алардын туу чокусу улуу «Манас» экендигин, ал дүйнөдөгү эң сейрек кездешкен дүйнөлүк поэтиканын эстеликтеринин үлгүлөрүнө жатарын белгилейт. Макалада «Манас» эпосу элдин көркөм аң-сезими аркылуу муундан муунга өтүп, жетилип отуруп биздин күнгө туш келгендигин, Улуу Окт. рев-ясынын жеңиши анын кайра жаралуусуна мүмкүнчүлүк бергенин айтат. Эпостун эң негизги идеясы катары эркиндик идеясы, көз каранды эместик идеясы экендигин көрсөтөт ж-а эпос гуманизм идеясына сугарылгандыгын белгилейт. Эпостун финалындагы Манастын өлүмүн, кырк чоронун кырылышын «айтып бүткүс трагедия... Шекспирдин талантына шайкеш трагедия» катары баалайт. Эпостогу ар бир сүрөттөө өз ордунда экенин, ар бир сүрөттөөнүн өзүнчө көркөмдүк системасы, көркөмдүк максаты бар экенин белгилеп, элдин көркөмдүк фантазиясына өтө жогору баа берет. Макалада эпостун мазмундук ж-а көркөмдүк гармониясы айрыкча манасчы айтып жаткан учурда даана сезилери айтылат. Музыканы, сөздү, театрды бириктирген гармония аркылуу эпостогу борбордук кейипкерлер гана эмес, эпизоддук деген каармандардын образынын таасын ачылышы да элдин көркөм ойлоо аң-сезиминин өтө бышып жетилгендиги, өнүккөндүгү экендигин көрсөтөт. Автор «Манас» эпосу дүйнөлүк эпикалык практикада өтө уникалдуу көрүнүшкө жатарын айтат. Көркөм ойлоо аң-сезиминин бай ж-а күчтүү традициясынын негизинде Сагымбай ж-а Саякбай өңдүү улуу манасчылардын өсүп чыккандыгын белгилеп, Сагымбайдын акындык чеберчилигине өтө жогору баа берет. Автор Сагымбай Орозбак уулун «Бул бир ааламда укмуш жаралган уникалдуу талант. Балким, эч убакытта кайталанбас руханий көрүнүштүр»,— деп баалайт. Макала автордун «Замандан заман өтүп, кыргыз тили жашап тургуча «Манас» биздин улуттук туу чокубуз катарында тура бермек»— деген сөздөрү м-н аяктайт.

А. Абилов

А. Асанов. Манас дайым чакырат.



**БАКАЙ** — «Манас» үчилтигинин бардык бөлүмүндө башкы каармандардын (Манас, Семетей, Сейтек) жашы улуу, көптү көргөн, кыраакы ж-а акылман кеңешчиси, насаатчысы катары активдүү роль ойногон негизги каармандардын бири. Ал кырк чоронун ичинен Манаска эң жакын тууганы. Атасы *Бай* м-н Манастын атасы Жакып экөө бир тууган. СКВда кээде Олуят чалдын эр Бакай деп да айтылат, анткени бул вариант б-ча Б. бир жашка толо элегинде атасы Бай кытайлардын колуна түшүп кетип өлөт да, жетим калган баланы Олуят чал жердин түбү Желпинишке алып кетип багып өстүрөт. Эрезеге жеткенде Манасты издеп чыккан Б. душман тарабынан чабылып-чачылган туугандарын таап чогултмак болуп аттанып чыккан Манаска жолугат. Экөө бири-биринин сынына толуп, түбөлүк бирге болууга антташканда Манас Б-га кайрылат:

Кайыбынан табылган
Кан абам сендей эр болбойт,
Кабак ачып ойноорго
Кең Таластай жер болбойт.
О дүйнөгө кеткиче,
Уйпаланып кайран жан
Топуракка жеткиче,
Тулпардын оозун буруп бер,
Туйгун аба, эр Бакай
Ата болуп өзүмө
Тутка болуп туруп бер.
Эки тизгин, бир чылбыр
Эл билигин алыңыз,
Эдене-тайтаң өзүмдү
Эптеп жолго салыңыз.
Туйгун Бакай, кан аба,

Туура караан маа болуп,
Кара жаак айбалта
Кайкалатпай аштаңыз.
Казак менен кыргыздын
Жолун өзүң баштаңыз.
Бирдикти колго алыңыз,
Билген жолго салыңыз! (СК, 1. 187).

Бул жолугушуу Манас эли м-н Алтайдан Таласка көчүп келгенден кийин малын аяган атасы Жакыпка тарынып үйүнөн кетип, Боз



Б. Жумабаев. Бакай

талааны жайлап Баба-Дыйкан экөө ортоктошуп эккен эгинине Аккуланы сатып алганына удаа болот. СОВдо Манас м-н Б-дын алгач кездешүүсү башкача кырдаалда өтөт. Иниси Жакыпты издеп Алтайга барган Бай ал жерде алты жылдай конок болуп тургандан кийин Дагалак шаарын алганы аттанган Манастын колу м-н Бай да жөнөйт. Ушул эле учурда Ала-Тоо тараптан келген Кошой баштаган колдун ичинде Б. да болот. Эки кол кезиккенде Бай баласы Б-ды Манаска кошот. Манас м-н Б. жаңыдан таанышып олтурганда Кызыр м-н Бак (таалай-бактын пири) аксакал түрүндө кубулуп келип, аларга жолугат да Кызыр аларды Бак даарыганын айтып келип, Манаска Б-ды «Өбөгүң болот өзүңдүн, айнеги болот көзүңдүн» — дейт. Ошентип, эпос б-ча Б. Манас үчүн атайын жаралат да ага кошулган күнүнөн тартып, үзүлгөнүн улаган, чачылганын жыйнаган, ийрисин түзөгөн, «сайып жүрүп бак кылган, салып жүрүп там кылган», «аркадан жүрсө сан колдой, астында жүрсө ак жолтой» арка белине, таянычына, «капилетте сөз тапкан, караңгыда көз тапкан» кеңешчисине, насаатчысына айланат. Акылмандыгы, кыраакылыгы м-н «алты ай келер азапты» күн мурун билип, аны болтурбай, Манасты ар кандай кырсыктардан сактайт. Б. өзүнүн Манаска жан-дили м-н берилип, мындай ак кызматын жалпы кыргыз элине, анын биримдигине, көз карандысыз эркин жашоосуна кызмат кылуу деп эсептейт ж-а башкалардан да ушуну талап кылат, элди ынтымакка үндөйт. Б-дын бул кредосу «Чоң казат» мезгилинде чалгынга кеткен Алмамбетке атаандашып, чыр чыгарган Чубакка айткан сөзүнөн айрыкча даана көрүнөт. Чубак — Б. сыяктуу эле Манаска адал кызмат өтөгөн чоролордун бири, бир чети тууганы. Ал мурда өткөн кызматтарын санап келип, анымды Манас баалабады, Алмамбетке тең көрбөй, кеп-кеңештен калтырды деп өпкөлөгөндө Б. ага мындай дейт:

Ак тааланын жараткан
Албан түрдүү кушу бар
Канаты менен учуп жүр.
Калкылдап көктө ушу жүр.
Куйругу менен конуучу,
Манастын Манас болмогу
Экөөбүздөн болуучу.
Бузулуш бизден чыккан соң,
Бутунан тартып жыккан соң
Бил да болсок жыгылдык,
Миң да болсок кырылдык.
...Баштап колду жөнөгөн
Бала деймин өзүңдү,
Байкагын Чубак сөзүмдү.
Бөлүнсөң бөрү жеп кетет,
Бөлүнүп кыргыз калды деп
Бөлөк элге кеп кетет.
Жарылсаң ууру алуучу
Жай уксаң акыл нак ушу (СО, 4. 195).

Жеке эле Чубактын эмес, Манас баш болгон баатырлардын бардыгынын тең жаңылыштыгын көрсөтүп, туура эмес иштерин убагында токтотуп оңдоп турат. Мис., Чоң казатта Манас, Алмамбет, Чубак, Сыргак төртөө кытайдын колу м-н алгач бет келишип, жоо көптөп баратканда Сыргакты ооруктагы кыргыз колуна кабарга жиберишет. Жол карап кароолдо жүргөн Б. Сыргакты токтотуп алып акыл үйрөтүп, бул кебетең м-н кирип барсаң Манастан коркконунан келген кол согушка кирбестен кайтып кетип калат, а көрөкчө жаратыңды таңып, сыр билгизбей зымпыйып жетип барып, олжо алгыла деп чакырсаң токтобой шар барышып, курчоодо калган баатырларды куткарышат дейт. Ошентип, Сыргактын абайсыздыгын оңдоп, Чоң казатка барган кыргыз колун кокусунан тарап кетүүдөн сактайт. Б-дын мындай алдын ала көрөгөчтүгү, акылмандыгы элдердин ынтымагын сактап, бөөдө кан төгүшпөй достук алей мамиледе жашашына көп сапар кызмат кылат. Мис., СОВдо Каныкейге күйөөлөп барган Манас байкоосуздук кылган кайындарына тарынып, алардын шаарын чапмак болгондо акылман Б. Манасты жайкап ачуусун басып, жазыксыз жерден кан төктүрбөйт. СКВда Чоң казаттын алдында Манасты чабабыз деп күүлөнүп келген алты кандын колу м-н Манастын кырк чоросунун ортосунда боло турган кандуу кагылышты да Б. токтотот. Калың элде жазык жогун, күнөө аларды баштап келген кандарында экенин, жазаласа ошолорду жазалоо керектигин айтып, чоролорго чабуул жасаттырбайт. Б-дын акылмандыгы, гумандуулугу жеке коңшу, тектеш элдер м-н



Т. Герцен. Бакай.

гана эмес, башынан жоолашып келген элдер м-н да тынчтык мамиледе жашоону көздөп, бири-бири м-н согушуп, талоончулук м-н байлыкка ээ болууга каршы турушунан көрүнөт, өзү келип катылган өчмөндүү жоо багынганда да мөрөйү үстөм болгон элди гумандуулукка чакырат: «Союштан артык албаңар, Бүгүн душман эртең эл, Бүлүндүрүп салбаңар». Б. Манастын тышкы иштерине гана эмес, жеке турмушунда да башкы кеңешчиси, камкор жардамчысы болот. СКВда Манастын мурунку алган аялдары баатырдын өзүнө ылайык жар эмес экендигин учурунда байкаган Б. Манаска кайрадан үйлөнгүн деп кеңеш берет. «Каныкей алсаң оңосуң, Калкка бааша болосуң. Каныкей келсе Таласка, Кадыр түн келет жолуңа,... Качканың келет колуңа» (СК, 1. 235)— дейт, баатырга келечек жарын тандап. Жакып малын аяп, калың төлөөдөн баш тартканда Б. Букардын каны Темирканга өзү куда түшүп, кызы Каныкейди Манаска алып берет. Б-дын эң негизги асыл сапаттарынын бири — башына кандай гана каран түн түшпөсүн, кандай гана кыйынчылыкка учурабасын бийик адамгерчилигинен жазбаганы, өз башын корголотуп чыккынчылыкка барбаганы, даанышмандыгы, акылмандыгы, кайраты м-н бардык кыйын кезеңди жеңе билгендиги. Манас өлгөндө атасы Жакып, инилери Абыке, Көбөш, аларга кошулуп кырк чоросу чыккынчылыкка барышат; Абыке, Көбөштүн бири Каныкейге зордоп үйлөнмөк болуп, макул болбой койсо эмчегин жара чаап кордук көрсөтүшөт, баатырдын ордосун чаап, мал-мүлкүн талап олжо кылышат, балтыр бешик Семетейди өлтүрүүгө аракеттенишет. Ушундай чалкеш учурда Манастын жакын адамдарынын ичинен жалгыз гана Б. мурдагысындай ага берилген бойдон калат. Өтө кыйын абалда калган анын бүлөсүнүн бирден-бир ишеничтүү адамына, арка-жөлөгүнө айланат. Аларды ажалдан коргоп, минерине унаа, жээрине азык камдап берип Букарга качырат. Баатырдан калган жалгыз туяк Семетей он экиге келип эр жеткенче Манастан калган төөлөрдү багып күтүп жүрөт. Букардан Таласка кайтып келгенде Семетей душмандарын жеңип, атасы Манастын ордун ээлешине Б. түздөн-түз жетекчилик кылат. Дегеле Манастын жакын туугандарынын бардыгы: Көзкамандар, Ороздунун балдары, жада калса өз атасы Жакып, аталаш инилери Абыке, Көбөш (к. *Алгы арам*) көрө албастык м-н Манаска кастык кылып келишсе, Б. гана өмүр бою Манаска кандай ак кызмат өтөсө, анын баласы Семетейге, небереси Сейтекке да ошондой эле адал кызмат

Т. Курманов. Бакай.





Л. А. Ильина. Бакай.

кылып, өзүнүн даанышмандыгы м-н аларды элдик иштерге баштаган кеңешчиси болот. Ушундан улам академик В. М. Жирмунский: «Бакай Илиададагы ак чач Нестор, орто кылымдагы француз эпосундагы герцог Нэм Бабарлык, «Жангардагы» Алтын Цежи, «Сасундук Давиддеги» армян баатырларынын жашы улуу тууганы Кери-Торос аба сыяктуу карт баатырлардын жана эпикалык өкүмдарлардын акылман кеңешчилеринин окшош фигураларын эске түшүрөт» — деген (В. М. Жирмунский, Тюркский героический эпос, Л., 1974, 62-б.). Б-дын образына айрыкча, түрк-моңгол элдеринин эпосторунун көптөгөн каармандарынын образы өтө типтеш, жакын турат. Өгүз түрктөрүнүн о. кылымга таандык «Атам Коркуттун китеби» деген жазма эстелигиндеги Коркут 250 жыл өмүр сүрүп, өгүз кандарынын беш мууну м-н замандаш жашап, алардын бардыгынын даанышман кеңешчиси болот. В. В. Бартольд ал ж-дө: «Элдик акылдын айгагы жана сактоочусу, анын имандык (нравалык) авторитетине бүткүл эл баш иет» — дейт (В. В. Бартольд, Соч. М., 1968, 5-т., 264-б.). Б. тууралуу да ушуну айтса болот. Үчилтиктин кийинки бөлүмдөрү «Семетей», «Сейтек» «Манаска» караганда коомдук өнүгүүнүн кийинки этаптарын чагылдыргандыктан Б-дын образы да жаңы доордун талаптарына ылайык кошумча жаңы түс алып, улам кийиндеген сайын жаңы өзгөчөлүктөргө ээ боло баштаганын белгилөөгө болот. Түрк-моңгол элдеринин көпчүлүк эпосторунда «аксакал атчы» деген туруктуу каарман бар. Ал — атасынан жаш калган эпикалык баатырга ата ордуна ата болгон камкор адам. Анын жылкысын жоого талатпай көздүн карегиндей сактап багат, баатыр эрезеге жеткенде жылкы ичинен жоого минүүчү тулпар тандап мингизет, ар кандай татаал кыйын кезеңде акыл кеңешин айтып жол көрсөтөт. «Аксакал атчы» жаш баатыр эрезеге жеткенче социалдык жактан басынып кул абалда болот. Эпикалык баатырдын элдин төмөнкү катмарынан чыккан акылман кеңешчинин образы таптык жиктелүү ачык көрүнө баштаган феодалдык доордо калыптанышы мүмкүн. «Аксакал атчынын» образындагы мындай белгилер «Семетейдеги» Б-да бар. Чыгарманын башталышында ал Абыке, Көбөш тарабынан куугунтукталып, элден четтеп, Манастан калган төөлөрдү Семетейге арнап багып, жаргак шым кийип, Көктулпары Көкчолок атка айланып, өзү карып-арыган абалда калат. Семетей Таласка келгенден кийин гана баштагы абалына келет. Демек, уруунун даанышман патриархы Б-дын мурдагы образына жиктелүү мезгилинде пайда болгон элдин төмөнкү катмарынын феодалдык таптын өкүлүнүн образы контаминацияланган. Уруулук-патриархалдык коомдун мурдагы моралдык, адеп-аклактык туруктуу принциптери ыдырай баштаганы кийинки бөлүмдөрдө ачык көрүнөт ж-а бул Семетейдин Б-га жасаган айрым мамилелеринен да байкалат. Манас канчалык күчкө толуп, ички-тышкы элдерден ага каш кайтарар эч ким калбаган күндө да жашы улуу абасы катары Б-дын астынан кыя өтпөйт, айтканын эч качан эки кылбайт. Ал эми кызуу кандуу жаш жигит Семетей абасынын берген кеңештерине анча көңүл бөлбөй моюн толгогон учурлары кездешет. Мис., ал Б-дын Айчүрөктү алып кандуу бут болуп калдың, бир жыл эс алып, анан Коңурбайга каршы аттан деген тилин албай жоого атланып, Коңурбайдан жараланат. Кытайдын чебин кайтарган куу түлкү, куу аркар, куу өрдөктөрдү өзүм жок кылам деп Б-дан жол талашат ж-а мында да жолу болбой Б-дын астында туура эмес иш жасаганын мойнуна алат. Б-га кеңешпей туруп Тайбуурулду Үмөтөйдүн куну үчүн казактарга тартууга берет, акыры бул анын ажалынын жетишине себепчи болот. Эпикалык башчынын даанышман кеңешчиси катары Б-дын образынын калыптанышына конкреттүү тарыхый шарттардын таасири тийиши мүмкүн. Байыркы түрк кагандыгы күчүнө толуп турган мезгилде (551—744) калтырылган таш эстеликтердин бири атактуу Тонукөккө арналган ж-а анын мамл. ишмердигинен кеңири кабар берип турат. Бул таштагы жазууга ж. б. тарыхый маалыматтарга караганда эпикалык каармандар Б., Коркут сыяктуу эле Тонукөк да көк түрктөрдүн бир нече кагандары: Илтереш каган (681—691), Капаган каган (691—716), Билге каган (716—734) м-н бир учурда жашап, алардын башкы кеңешчиси ж-а мамл-те кагандан кийинки биринчи адам болгон. Анын кеңеши б-ча ж-а түздөн-түз жетекчилиги м-н түрк кагандыгы көптөгөн ийгиликтүү жортуулдарды жасап, күч кубатын арттырган. Бытырандылыкка учурап тарап кеткен түрк урууларын бириктирип, мамл. курап, Илтерешти кагандыкка көтөрүү да Тонукөктүн демилгеси м-н ишке ашкан. Түрк кагандыгындагы кудурети күчтүү ушул адам-

дын эң жогорку титулу — Бойла Бага таркан болгон. Көк түрктөрдөн жүз жылча кийин Борб. Азияда өздөрүнүн улуу державасын түзгөн кыргыз кагандыгында да дал Тонукөктөй мансап-даражага ээ ж-а ошонукундай титул алып жүргөн инсан бар. Кыргыздардын ошол кездеги негизги жоосу уйгурлар м-н согушта (820—840) ж-а алардын үстүнөн болгон жеңиште башкы командачы катары ал көрүнүктүү роль ойногонун кыргыздар таш бетине калтырган айрым жазмалар кабарлап турат (С. Г. Кляшторный, Историко-культурное значение Суджинской надписи. Журн.: — «Проблемы востоковедения», 1959, № 5, 163-б.). Ал башкы командачы гана эмес, мамл-тер арасында жүргөн дипломат да болгон. Уйгурларды жеңип, Борб. Азияда үстөмдүктү колго алгандан кийин кыргыздарга Кытай империясы м-н алака түзүүгө туура келген. Катнаш айрыкча 840—847-ж-да күч алган. Жаңыдан жогорку бийиктикке көтөрүлгөн түндүктөгү жоокер коңшусу кыргыздардын мамл-и м-н жакшы мамиледе болууга кытай императору да көп эле аракеттенген. Кыргыз элчилерин башка элчилеринен жогору отургузуп, зор урмат көрсөтүп турган. Ушундай элчиликтин бири 842-ж. болгон. Жогоруда аталган таркан башында турган кыргыз элчилерин император У-цзу өзү ордо сарайында кабыл алган. Кытай жазма эстелигинде кыргыз элчилигинин башчысынын толук аты «Гэ-си-хэ-хай-и» деп берилген, аны кыргызчага которуп транскрипциялаca: «Улуу кол башчы Бакай адилеттүү таркан» болот. Мына ушул инсан эпикалык Б-дын тарыхый прототиби деп болжошко толук негиз бар. Анткени, экөөнүн ысымдары гана окшош болбостон, тарыхый инсан окумуштуулар тарабынан «Манас» эпосунун эпикалык борбору, мезгили катары эсептелген 9-к-дагы кыргыз тарыхында алган орду адамдык жеке мүнөзүнүн айрым жактары м-н эпикалык Б-ды эске салат. «Бакай» деген ысым түрк-моңгол тилдеринде сүйлөгөн элдерде байыркы мезгилден бери кеңири тараган антропоним, «бага» ж-а «акай» деген эки



Т. Садыков. Бакай. Манас архитектуралык-скульптуралык композициясынан. 1981.

сөздүн айкалышынан түзүлгөн. «Бага» — тилдердин инди-европалык чоң тобуна таандык байыркы сөз. Андыктан, бул тилдерде сүйлөгөн элдердин дээрлик бардыгында жолугат. Сөздүн байыркы мааниси сакталып калган байыркы инди тилинде: «бага» — господин, дөөлөт таратуучу. Ал эми славян тилдеринде «бог» формасында айтылып, «кудай» деген түшүнүккө өтсө, иран тилдеринде, анын ичинде байыркы Чыгыш Түркстанды мекендеп, канатташ жашаган түрк элдерине маданий зор таасир тийгизген согдилердин тилинде «бага» — «господин», «кудай» маанисинде колдонулган. О. эле алар бул сөздү антропоним, титул катары же эпитет үчүн да пайдаланышкан. Борб. Азияда жашаган түрк элдерине бул сөз согдилер аркылуу эң кеми 3-к-дан белгилүү боло баштаган, кагандардын эң башкы кеңешчисинин, насаатчысынын титулу катары колдонулган. Ушул сөзгө байыркы түрк тилдериндеги жашы улуу, бийик даражалуу адамдарга урмат м-н кайрылганда айтылуучу сөз «акай» айкашып («вага» + «акай»), гаплология мыйзамына ылайык окшош муундардын («ага» — «ака») бири кыскарган да, каткалаң тыбыш «к» катышкан жеңүүчү болуп, натыйжада, сөздүн «Бакай» деген жаңы формасы жаралган.

*Р. Сарыпбеков*

**БАКАЙДЫН ҮҢКҮРҮ** — Талас Ала-Тоосунун түн.-чыгыш этегиндеги кыштактын аты, азыркы № 113-жылкы заводунан 10 *км* түш.-чыгыш тараптагы үңкүр. Б. ү-нүн ички аянты бир короо кой батарлык (болжол м-н 400 $м^2$). Үңкүрдүн алдында чоң-чоң кызыл түстөгү таштарды «Бакайдын ташы» деп аташат. Ушул таштардын арасында «Бакайдын таш казаны» деген да таш бар. Үңкүр м-н байланышкан ар кандай уламыштар эл ичинде айтылып жүрөт. Бирок, бүгүнкү күнгө чейин үңкүр толук изилдене элек.

**БАКАЙ-ТАШ** — топоним. Кошой-Тоодогу чоку, Талас обл-нын күн чыгыш чети, Каракол м-н Үч-Кошой сууларынын ортосунда. Эпостун каарманы Бакайдын ысмына байланыштуу.

**БАКАНООЗ** — тыңчы. Душман тарабынан экинчи тараптын ал-абалын, жөн-жайын, согуштук аракеттерин ж. б. жагдайларды билип келүү үчүн атайын жиберилген адам. СОВдо эскерилет.

**БАКАТИЛ**, Макатил — эпизоддук кейипкер, баатыр. Көкөтөйдүн бабасы экендиги гана айтылат (СО, 3. 48).

**БАКБУРЧУН** (ир. «багфурчин»; сөзмө-сөз которгондо баг — кудай; фур — уулу, баласы; чин — кытай) — кытай кудайынын баласы, б. а. Кытай императору, Кытай падышасы деген мааниге синоним катары айтылат: «Кармашаарым Каканчын, Басташаарым Бакбурчун», «Башчы болгон Бакбурчун» (СО, 1. 220). Мында Кытай императору маанисинде айтылган. Кээде жалпы эле Кытай өлкөсү ж-а Кытай эли деген мааниде да айтылган учурлар бар. Мис., «Башалуу журт Бакбурчун» (КФ, 585-инв., 16-б.). Ушул сыяктуу башка тилдерден кирген татаал терминдер эпосто ар түрдүү мааниде айтыла берет. Бул элдик чыгарма-

лардын оозеки айтылып келүү учурларында боло бере турган табигый көрүнүш.

**БАКДӨӨЛӨТ** — кейипкер, Жакыптын кичүү аялы, Абыке, Көбөштүн, кээ бир варианттарда, о. эле Чыйбыт, Кочкор, Адыбай, Көлбайдын да энеси. Эпостун «Манас», «Семетей» бөлүмдөрүндө тең катышкан кейипкер болгону м-н окуялардын жүрүшүндө анчалык чечүүчү роль ойнобойт. Семетей Букардан адеп Таласка келип, Жакыпка жолуккандагы эпизоддо Б-түн калыстыгы, адилдиги, ак ниеттиги ачык көрүнөт:

Минтсең какбаш оңбойсуң,
Өз balaңды өлтүрсөң
Эгерде эки болбойсуң.
Кепинин жеген иш кыйын,
Кепинсиз сендей болобу,
Керденге бүткөн чунагын,
Капырай өлтүрөм деген оңорбу?!
Сенин бул ишиң калсын талаага,
Алты уулуң келип жыйылып,
Жалгыз Манаска кетсин садага (СК, «Семетей», 1. 245),— деп Семетейге уу бердирип өлтүрмөкчү болгон, кара ниет, керт башынын кызыкчылыгынан башканы көздөбөгөн Жакыпка каршылык көрсөтүп, өз балдарына өз экен деп жан тартпастан, калыстык м-н эл кишиси Манасты жогору коёт. Башка айтымдарда Б-түн кийинки тагдыры ж-дө сөз болбойт. Багыш Сазан уулунун айтымында Семетей Жакып, Көбөштү жок кылгандан кийин, тирүү калган Абыкеге мал-мүлкүн берип энеси Бакдөөлөт м-н Мекеге көчүрүп жибергени айтылат. *Р. Сарыпбеков*

**БАКТУУ-КУУРАЙ** — топоним. Эпосто Көкөтөйдүн уулу Бокмурун атасынын ашын өткөзүү үчүн жер тандап турган учурда эскерилет:

Бактуу-Куурай басамын,
Куш-Мурун тоосун ашамын.
Улуу-Кулжа чатынын,
Кичи-Кулжа башынын
Ортосуна кономун (РЖВ, 147).

Географиялык реалияда Алматы обл-ндагы өрөөн.

**БАКТЫГУЛ** — эпизоддук кейипкер, кыргыз байы. Жакып, Чыйырды, Бакдөөлөт үчөө түш көрүп, берген тою тарагандан кийин, түш жоруткана алып калган аксакалдардын ичинде Б. Жакыптын жакын тууганы экени айтылат (СО, 1. 62).

**БАКҮРҮШ** — эпизоддук кейипкер. Көкөтөйдүн ашына миң киши м-н келгени гана айтылат (СО, 3. 108). Ыйбанкулка удаа айтылганына караганда орусча бүлө атынын кыргыз тилинин тыбыштык өзгөчөлүгүнө ылайык өзгөрүп айтылышы.

**БАКЧА БИЙ** — эпизоддук кейипкер. Көкөтөйдүн ашындагы ат чабышта Баркызыл деген күлүгү байгелүү орунга ээ болгону айтылат (СО, 3. 268).

**БАКШЫ** (санскр. бхихшу — будда дининин молдосу)— ооруга чалдыккан адамды дубалап, «жин-шайтандарды» кубалап чыга турган сыяктанып, буркан-шаркан түшүп, жаалданган аракеттер м-н эмдеп-домдой турган дарымчы. «Манас» эпосунда да Б. мына ушул мааниде колдонулат: «Баканды кармап бакырып, Бакшы менен бүбүдөн, Немесин койбой чакырды» (КВ, 1. 22). Сибирь элдеринде кам, шаман ж. б. түрлөрдө айтылып кыргыз тилиндеги Б-нын маанисине дал келет. О. азиялык тектеш элдерде (өзбек, түркмөн, уйгур, каракалпак) ушул эле маани м-н катар сабаттуу адам, мугалим, элдик ырчы, акын ж-а куп салуучу аңчы деген маанилерге да ээ.

**БАКШЫН** (рекш — «Шах-Наме» б-ча)— Үрүстөм (Рустам) баатырдын минген аты СОВдо гана эскерилет:

Бактыңа кудай бериптир,
Бакшын минген Үрүстөм,
Так ошонун атындай
Ырысыңа келиптир (СО, КФ, 580-инв., 642-б.).

Рекш деген аттын Б. болуп айтылышы кыргыз тилинин өзгөчөлүгүнө ылайыкташып аталышы, же текстти кагазга түшүргөндө, аны жазган адам тарабынан кеткен ката болушу мүмкүн.

**БАКЫРБАЙ** — эпизоддук кейипкер. Каныкей Манастын күмбөзүнүн ичине тартылган сүрөттөр ж-дө Семетейге баяндаганда Б-дын да сүрөтүн тартканын айтат (СК, «Семетей», 1. 155).

**БАЛ** — «Манас» эпосу б-ча дарылык касиети бар ж-а жөн эле тамак катары колдонулган саргыч түстөгү коюу ширелүү, таттуу азык. Мис., «Мажму ат-таварих» б-ча Манас душман тарабынан ууланганда, уусун жандыра турган дары катары Б. колдонулат. Ууланган Манас бир топ күн жатып калат. Каракожо аттуу адам Манаска күнүгө чаарчыктын этин бышырып, бал м-н берип сакайтат. РЖВ б-ча Б. кымыз м-н да берилгени айтылат:

Байтал бээден бал кымыс
Бал чайкатып алыңар!
Чыңгырлуу кесе чыны айак
Чырмалтып айак сунуңар (РЖВ, 84).

Б-дын «Манас» эпосунун алгачкы версияларында кездешкени бул азыктын кыргыздарга бир топ кылым мурун эле белгилүү болгондугун көрсөтүп турат.

**БАЛАКАН** — эпизоддук кейипкер, Манастын чоң аталарынын бири, Каракандын атасы. Манастын бабалары тууралуу баянда белдүү баатыр адам катары эскерилет (СК, 1. 27).

**БАЛАСАГЫН** — топоним. О. кылымдарда гүлдөп турган Чүй өрөөнүндөгү тарыхый шаар. Эпосто Булагасын (СО, 2. 79, 95, 120) деген ат м-н учурайт. к. *Булагасын.*

**БАЛ АЧУУ** — койдун далысын, күзгүнү, китепти карап туруп адам тагдырынын келечегин, боло турган окуяларды колдогону бар касиеттүү адам айтып бере алат деген диний түшүнүк. Шаманизмдин калдыгы катарында эпостун көпчүлүк варианттарындагы ырымжырым окуяларында эскерилет. Манастын чоролорунун ичинде да кандайдыр бир табигый күч колдогон, боло турган окуяларды алдын ала төлгө тартып, же далы көрүп билүүчүлөр болгон. Баатыр Манастын «Төлгөчү Кара Төлөгү, Агыдай далы көрүүчү, Ашкере айтып берүүчү» чоролорунун бар экендиги айтылат.

**БАЛБАН КҮРӨШ** — спорт оюнунун бир түрү; эки балбандын белгилүү тартип б-ча жекеме-жеке кармашып күчтүүсү күчсүзүн жыгышы. Б. к. байыртан белгилүү болгон. Ал элдик оозеки чыгармачылыктагы мотив баатырдык үйлөнүү салтына, б. а. баатыр же балбан кыз м-н ага үйлөнүүчү талапкердин жекеме-жеке күрөшүнө байланыштуу чыгышы мүмкүн.



Т. Герцен. Кошой м-н Жолойдун күрөшү.

Баатырдык эпостордо чагылдырылган баатырдык үйлөнүү салтында кызга үйлөнүп бүлө куруучу талапкерлер үчүн атайын мелдештер уюштурулган ж-а кимиси мөрөй алса, ошол үйлөнүүгө тийиш болгон. Талапкерлердин өнөрүн ж-а күчүн сыноодо көбүнчө салттык үч милдет: ат чабуу, бута атуу, жекече күрөшүү салты мүнөздүү болуп эсептелген. Мына ошол байыркы мелдештин түрлөрү белгилүү даражада «Манаста» сакталган. Көкөтөйдүн ашына көп элдин чакырылышы, алардын келиши, кытай, калмак бир, калган эл өз ара биригип салттык мелдештерди өткөргөндүгү кеңири масштабдуулукта баяндалат. Эпостун негизги варианттарындагы (СО, СК) «Көкөтөйдүн ашы чоң чатактын башы» гана эмес, бул чоң казаттын алдындагы кыргыз м-н кытай, калмактардын күч сынашуусу. Ошондой эпизоддун бири — Б. к. СКВда Жолой м-н күрөшүүгө киши даабай, Манастын өтүнүчү б-ча Кошой чыгат. Күрөшүп күч сынашар алдында Манас атайы даярдалган кандагайды алп Кошойго берип, Кошойдон балалуу бол деген бата алат. Жолойду жыгып, Кошой намыс алат. Экинчи жолку Б. к-кө кытайлардан түктүү таман Түкүбай, кыргыздардан «бүткөн бою тарамыш, чыканактай эр Агыш» чыгып, байгени кыргыз балбаны жеңип алгандыгы айтылат. СОВ б-ча да кытай, калмак тарап күрөшкө Жолой дөөнү салат: «Кедердин уулу Жолой дөө, балбанга чыкты басып жөө». Калк карысы Кошой балбан издеп кыргыздын алптарына, эрлерине кайрылат. Бирок эч кимиси Жолойго даабайт. Манастын өзү дагы «жөө күрөшкө жок элем» деп кемчилигин мойнуна алат. Б. к-кө катагандын кан Кошой чыгат. Бул эпизод этнографиялык багытта айтылганы м-н окуя баатырдык пафос м-н шөкөттөлгөн. Б. к-түн жүрүшүндө Кошой балбандын «уктап калышы» эпикалык арымы жагынан теңдешсиз айтылган окуя десе болот. Мында Кошойдун балбандыгы, баатырдыгы гана эмес, баарынан мурда бул эпизоддо пластикалык образ көзгө көрүнөт. Жөө күрөштө Жолой балбанды легендарлуу Кошой алп жыгып, кыргыз элинин намысын коргогондугу «Манас» варианттарынын көпчүлүгүндө эмоциялуу поэтизацияланат. СОВдо:

Жалпы журт карап туруптур,
Тоодой Жолой балбанды
Томкоруп жерден алганы,
Көтөрүп жерге уруптур (СО, 3. 26),—

деп сүрөттөлөт.

Көкөтөйдүн ашында өткөрүлгөн күрөштүн финалында Жолойду Кошой алптын жыгышы бул бир адамдын эпикалык образы аркылуу бүткүл кыргыз элинин майтарылгыс күчү, жоо бетинде кылар иши берилген. Салттык Б. к-түн финалында алп Кошойдон балбан Жолойдун жыгылышы бул бир адамдын эпикалык терс образы аркылуу баскынчы душман баатырлары канчалык алптын алпы болсо да чечүүчү кырдаалда алардын алсыздыгы, кеңдөйлүгү көрсөтүлгөн. Эпостун үлгүсүндө Жолойдун жыгылуусу — жеңилгендикти белгилесе, Кошой алптын Жолойду жыгуусу — анын күчтүүлүгүнүн, нагыз балбандыгынын ж-а жеңиш ар дайым адилет эл тарабында болорунун ачык-айкын далили. Көптөгөн элдер сыяктуу эле кыргыздарда да Б. к. ж. б. улуттук оюндар ушул кезге чейин салттык оюн катарында сакталып келе жатат.

*С. Алиев*

**БАЛБАН ТАШ** — эпостук түшүнүк б-ча адамдын табигый кара күчүн, баатырдыгын сыноонун ж-а жеңип чыгуунун жышааны катары мааниге ээ болгон таш. СОВдо калмак балбандарынын атайы Б. т. уюштурушканы сүрөттөлөт: «Бар бөкөлөр чогулуп, Алачык үйдөй бир ташты Балбан таш кылып таштаган» (СО, 3. 224). Эпосто Б. т-тын касиети ж-а керемети өзгөчө экени Семетей Канчоро м-н Кыястан жеңилерде да даана байкалат. Демей-

Манастын балбан ташы (Кетмен-Төбө, Токтогул р-ну).



де ууга же жоого жөнөгөндө төлгө кылып көтөргөн ташын Семетей м-н Күлчоро дал ошол күнү ордунан жылдыра албай калышат. Ал эми Канчоро көтөрүп алыска ыргытат. Жоодо же ууда кандайдыр кармашуунун ийгиликтүү болор-болбосунан жаратылыштын мындай «кабар берүүсү» элдик ишенимдин өтө байыркы формаларынан. Бирок, ар түрдүү күч сынашууларда (согуш, күрөш, уу, мелдеш) азыркыдай өркүндөгөн курал күчтөрү м-н эмес, киши өзүнүн табигый кара күчү м-н гана жеңишти камсыз кылып келген кадим доорлордун Б. т. сыяктуу айрым жышаан-белгилери ушу күнгө чейин эл арасында мааниге ээ. Кыргыз жеринин дээрлик бардык капчыгайларында өзүнүн Б.-т-ы бар. Алардын ар бири тиешелүү уламыш сөздөр м-н айтылат. Кетмен-Төбө аймагындагы *Балбан-Таш* дөңсөөсүнүн «Манастын балбан ташы» деп аталышы да буга мисал. Суусамырдагы Кожомкулдун ташы да дал ошол эпостук Б. т-тын касиетин толуктап турат.

*И. Абдувалиев*

**БАЛБАН ТАШ** — Токтогул р-нунун борборунун түн.-батыш тарабындагы дөңсөө. Ошол дөңсөөдө салмагы үч тоннадан ашыгыраак, бетине беш салаанын изи түшкөн сыяктуу таш бар. Жергиликтүү эл аны «Манастын балбан ташы» деп атайт. Манас миң кулунду тээктеген желенин бир учу байланган темир мамыны какканда ушул ташты пайдаланып, ага салаалары батып кеткен. Элдик уламыштарда ал таш ошол мезгилден бери төштүн боорунда жаткандыгы айтылат.

**БАЛКЫБЕК** — эпизоддук кейипкер. Алтайдан кыргыздар м-н кошо келген манжуриялык калмак. Маргалаңга мал сатып барып, Алоокенин кыргыздарды чапканы кол курап жатканын Жакыпка айтып келет (СО, 2. 172—174).

**БАЛКЫБЕКОВА** Сайрагүл (1923, Тянь-Шань р-ну, Эчки-Башы айылы)— Кыргыз ССРинин эл арт. (1964). Кыргыз театр өнөрүнүн калыптануу, өсүп-өнүгүү жолунда улуу муундагы сахна чеберлери м-н бирге иштеп, жүздөн ашык образдарды жараткан. Ал Кыргыз мамл. академиялык драма театрында коюлган Ж. Садыковдун «Манастын уулу Семетейде» (1982) Бакдөөлөттүн, «Сейтекте» (1988) Каныкейдин, «Айкөл Манаста» (1989) Чыйырдынын образдарын түзөт. Драмалык мүнөздөгү образдарды жеткире иштеп чыга алган Б-нын аткарган ролдорунун ичинен баласынын баласын көргөн, алардын иштеринде активдүү роль ойногон Каныкей чыныгы идеал аялдын үлгүсү катары көрүнөт. Айрыкча Каныкей м-н Сейтектин бири-бирине кездешкен жериндеги эпизоддо Б-нын ишенимдүү кыймыл-аракети анын жан дүйнөсү м-н айкалышып турат. «Ардак Белгиси» ордени ж-а бир нече медалдар м-н сыйланган.



С. Балкыбекова — Бакдөөлөт («Манастын уулу Семетей» драмасы, 1982).

**БАЛКЫ ТОН** — баалуу кездемеден тигилип, кандардын, байлардын байбичелери кие турган тон. Мис., Чыйырды кийген тон ж-дө «Байбиче турду балк этип, Балкы тон менен жалк этип» (СО, 1. 26),— деп сүрөттөлөт. Б. т. деген термин Ооганстандын Балх шаары м-н байланыштуу. Бул шаарда жасалган тон өзгөчө кымбат баалуулугу, кооздугу м-н айырмаланып, чыккан жеринин атынан аталган.

**БАЛКЫЯ** — эпизоддук кейипкер, Каныкейдин нөкөрү. Манас Каныкейге күйөөлөп баргандагы ат чаап жар тандоодо аты он төртүнчү келген *Шаабек* тагдырына буюрган Б-га үйлөнөт.

**БАЛТА**, к. *Акбалта*.

**БАЛТАМАТ** — кейипкер, бараң элинин баатыры. СОВдо Манас батыш тарапка жортуул жасап, бараңдын каны Б-ты каратат, башка эпизоддордо да аты эскерилет. Мис., «Көкөтөйдүн ашында» алыскы элдин кандарынын катарында саналып өтөт (СО, 3. 9). ММВда Семетей м-н араздашкан Чынкожо Б-тын канаттуу кара атын, мылтыгын уурдап келип Айчүрөккө күйөөлөп барган Семетейге каршы асмандан уруш ачат. Айрым изилдөөчүлөр Б-тын образын Бонопарт Напалеон м-н тогоштурушат. Мүмкүн, манасчылар сабаттуу адамдардан Бонапарт бараңдын (франктын) атактуу кол башчысы болгонун угушуп, эпоско кийинки эле мезгилдерде киргизишкен.

**БАЛЧАКАЙ** — топоним. Эпосто:

Балчакайдын белинде,
Аялым арбын дегенсип,
Мыктылык кылган жериңде
Айтышып сөздөн бир жеңдим (СО, 3. 218),— деп Кошой Жолойго Көкөтөйдүн ашында күрөшкө түшүп, бирин-бири опузалап айтышып турганда эскерет. Географиялык реалияда Иле м-н Текес дарыяларынын аралыгындагы Кетмен тоо түркүмүндөгү ашуу. Эпосто Былчакай, Былчакей түрүндө да кезигет (СО, 2. 68, 71. 75).

**БАЛЫК** — топоним. Эпосто кыргыздар м-н коңшу жашаган Ооган мамлекетинин чоң шаарларынын бири катары сүрөттөлөт. СОВдо «Бадакшан менен Балыкты, Башкы атасы бир бөтөн, Баары тажик калыкты»,— деп эскерилет. Б. тарыхта орчундуу соода борбору катары белгилүү болгон. О. эле эпосто «Балкы тон» деген термин да айрым учурда кезигет. Бул ошол Балх шаарынан жасалган тон кымбат баалуу болгондугу м-н өзгөчөлөнүп турган.

Географиялык реалияда Ооганстандын түн.-батышындагы Балх шаары.

**БАЛЫК** (Бекмурат Кумар уулу, болжол м-н 1793)— манасчы. Өз заманында чоң манасчылардын бири катары эл арасында кеңири белгилүү болгон. Өз аты Бекмурат, Б — эл тарабынан коюлган ылакап аты. Кумар сарыбагыш уруусунун ичинен чоңчарык деген кедей уруктан чыккан. Кумар туугандары м-н Чүй өрөөнүнөн Таласка көчүп кетишет— Бекмурат Таласта төрөлөт. Атасынан эрте ажыраган Бекмурат күндөлүк оокат үчүн жергиликтүү байларга жалданып күн көрөт. Б. эл жомокторун, ырларды ж-а «Манасты» 13—14 жашынан баштап айыл арасында айта баштаган. 20 жашка чыкканда кадимкидей жамактап чоң топко ырдап чыккан. Ал да салт б-ча «Манас» айтып калуусун түш көрүүгө байланыштырган. Б. жаш кезинде Наманганге мал айдап бара тканда жаанга калат. Жаандан коргологон Б. Манастын күмбөзүнө баш калкалап, чарчаган неме уктап кетип, түш көрөт. Б-ка түшүндө Манас баатыр кырк чоросу м-н келип, өздөрү ж-дө айтып жүрүүгө, ал түгүл Наманганге чейин минип баруута атайын ага «тору кунан арнап берет». Манас берген мингичти Б. мал айдап кетип бараткан жолунда Кабак деген жерден таап алат. Б. кийин «Манасты» айтып калган себебинин эң негиздүүсү катары ошол күмбөзгө түнөгөнүн себеп кылып, көп эскерип жүргөн. Ошентип, биринчи жолу Б. «Манасты» Наманган шаарынын Кушбегинин астында айтат. Ал «Манасты» ушунчалык берилип айтканын жогору баалаган Кушбеги баалуу сыйлыктар м-н сыйлап, таластык манаптарга жакшылап көз салып, урматтагыла деп кат жазып берет. Ошондон тартып ал урмат-сыйга бөлөнүп, эл астында «Манасты» айтып жүрөт. Б-тын манасчылык даңкы элге кеңири жайыла баштаганда, солтонун белгилүү манабы Байтиктин экинчи жолку чакыруусу м-н Чүйгө көчүп келет. Б. 75 жаш курагына келгенде Байтик дүйнөдөн кайтат. Улгайып калган Б. Кочкорго туугандарына көчүп барып, үч жылча жашап калат. Б. Кочкордо турганда он жаштагы *Шапак Рысменде* уулу м-н кездешет. Б-тын улуу мурасын, айтуу чеберчилигин үйрөнө баштайт. 75 жаш курагында да Б-тын бетине бырыш түшпөгөн, кыпкызыл болуп, үнү жаш кезиндегидей шаңкылдап бийик чыга тургандыгын Шапак эскерет. Үч жылдан кийин ал Кочкордон кайра Чүй өрөөнүнө көчүп келет да 80 жаш курагында кайтыш болот. Анын сөөгү Байтиктин жанына, Боз-Бөлтөктүн этегине коюлат. Анын чыгармачылыгын кылдат карап көрсөк үч түрдүү багытта өнүккөндүгү байкалат. Б-тын биринчи негизги кесиби «Манас» айтуу болгон. Экинчи орунда жамактап ырдоо, ырчылык кесиби турган. Ал эми аксакалдар м-н отурганда же тар чөйрөдө санжыра айткан. «А дегенде үч чай кайнам айтсам, кийин үч айга чейин айтсам түгөнбөдү» деп чыгармачылыгы күчөп, атагы алыска кеткен мезгилди айткан экен. Балык манасчы «Манас» айтканда аккан суудай шар кетип күнү-түнү айта берчү,— деген эл сөзү чын сезилет. Ал эми Б-тын өзүнүн сөзүнө караганда «Манас» эпосу эки бөлүмдөн турган: биринчи бөлүмүндө «Манастан» мурдагы кыргыз тарыхы, ал бөлүм «Оторхан» аталат: экинчи бөлүмү Манастын окуялары. «Манас» бөлүмүндө катагандын кан Кошой, Бокмурун кан, Коёш кан, Жүгөрү кан, Үрпү кан, Музбурчак, Жамгырчы, Айдаркан, Көкчөкан, Буудайыккан ж. б. баяндалган. Бирок Б-тын «Манасты» кимден үйрөнгөндүгүн далилдөөчү так материал жок. Ошондой болсо да жомокчулугун түш көрүү м-н байланыштырган Б. «Манасты» өзүнөн мурункулардан укканын жокко чыгарууга болбойт. Ага түрдүү жерден жыйналган «Манастын» варианттарынын ортосундагы жалпылык Б-тын вариантында да бардыгы далил болуп турат. Экинчиден, жазгыч акын, манасчы бир чети эл оозеки чыгармасын эң сонун билген Тоголок Молдонун маалыматына караганда Б. «Манасты» Ноорустан уккан сыяктуу. Анын айткан «Манасындагы» байыркы замандан бери келе жаткан салттык өзөк окуяларды сактап жолун жолдоп, чыгармачылык үлгүсүн уланткан шакирттери Шапак Рысменде уулу м-н Сагымбай Орозбак уулу болгон. Уулу Найманбай да атасынан манасчылык кесипти үйрөнүп, эл арасына манасчы катары таанылган Найманбайдын айтуусунда Б-тын варианты б-ча айрым эпизоддордон үзүндү биздин күнгө жеткендигин айтууга болот. Мис., «Таласты мактоо», «Манастын кээ бир кийимдери», «Манастын күмбөзү» ж. б. Б-тын вариантына таандык үзүндүлөрдү 1923-ж. К. Мифтаков Таластын Кең-Кол ж-а Улуу-Төр жайлоосунда Сулайман Рыскулбек уулунун аткаруусунда жазып алган. Сулайман бул үзүндүлөрдү Б-тын уулу Найманбайдын өз оозунан угуп үйрөнгөн экен. Бул эпизоддук үзүндүлөр Кыргыз ССР ИАсынын КФде 1838-номерлүү инвентарь китепчесинде сакталуу турат. Эл арасында Б-тын белгилүү акындар, мис., Айтике акын м-н болгон айтышы да жогоруда эскерилген фондунун 312-номерлүү инвентарь китепчесинде сакталууда.

*Р. Кыдырбаева*

**БАНАЛ УЙКАШ** — өтө көп колдонулуп, биротоло кулакка сиңип калган сөздөрдөн түзүлгөн уйкаштык. Айрыкча элдик оозеки чыгармачылыкка мүнөздүү болгон Б. у. «Манаста» арбын. Эпосто өтө көп колдонулганына карабастан айтуучулардын акындык чеберчилигине шек келтирбейт. Анткени манасчылардын айтымында Б. у. көбүнчө толук уйкаш, редифтүү татаал уйкаштар м-н шерелише келип, тексттин маанисине кандайдыр бир даражада кошумча түс берип турат: «Кез келгенин соёрмун, Канын ичип тоёрмун, Карадан көзүн оёрмун!» (СО, 3. 98); «Адырдан чыкты бакырып, Манастап ураан чакырып» (СК, 1. 159).

**БАҢ** — этноним, кыргызга канатташ жашаган эпостук душман эл (СО, 2. 227).

**БАҢБАҢ** — эпос б-ча кытай аскер кызматчысынын наамы. «Манаста» эпикалык душман элинин согуштук-административдик башкаруу системасынын бир катар мансаптык титулдары

б-ча жалпылаштырылып түзүлгөн образдардын системасында Б-дын да элеси чагылдырылган. «Чоң казатта» Манастан жарадар болуп дарыланып айыккан Коңурбай кыргыздардын колунун чабуулуна каршы чара колдонуу ж-дө өзүнүн чөйрөсүндөгү адамдар м-н кеңеш куат: «Баңбаң менен чыйтайым, Бадышалык тыйтайым» (СО, 4. 344).

**БАҢДУУЛУ** — кытай, калмак кандарынын ордоканасына орнотулган коңгуроо. Анын негизги аткара турган милдети шаарды жоо басканда же эл башына кандайдыр коркунуч түшкөндө калкка шашылыш кабар берүү үчүн колдонулат. СОВдо Манастын Орго кан м-н болгон согушунда эскерилет. Окуя б-ча Акунбешим пааша Шамың шаа деген баатырына Боoң м-н Жайсаң аярды кошуп берип кароолго жиберет. Булар Манастын колуна туш келип Боoң м-н Жайсаң курман болот да, Шамың шаа жарат алып, Акунбешимдин ордосуна келип, көргөн-билгенин айтып түшүндүрөт. Ошондо:

Ордокана коңгуроо —
Баңдуулуга жеткени,
Майканага туруптур,
Баңдуулусун уруптур.
Каңгыраган добушун
Бир күндүк жер угуптур (СО, 2. 126)

делип Акунбешим шашылыш кол жыйып Манас м-н кармашууга камданат.

**БАРАЙЫЗ** (ар. бе — айиз — акындардын ырларынан бириктирилген жыйнак)— жай ташты сууга салып күн жайлоо учурунда айтыла турган дубанын түрү. Негизги варианттарда Алмамбет күн жайлаганда айтылат:

Касыйдадан кат окуп,
Калмакча кара дуба жат окуп,
Барайыздан бат окуп,
Бачымыраак жат окуп (СО, 3. 150).

Эпостогу бул сүрөттөө касиеттүү эсептелген ар кайсы диний китептердеги дубалардан окуса жаан-чачын болуп, бороон түшөт деген элдик магиялык ишенимге ылайык айтылып жатат.

**БАРАК КАН** — эпизоддук кейипкер. Көкчөнүн түпкү атасы экендиги гана айтылат (СО, 1. 98, 256).

**БАРАҢ** (ар.-ир. — ференг, паранги)— этноним. О. кылымда мусулман чыгышында элдер европалыктарды ушундай аташкан (байыркы европалык этноним «франктын» өзгөртүлүп айтылышы). Эпосто кыргыздардан алыста жашаган эпикалык эл катары айтылат. СОВдо Манас Б. каңы Балтаматты жеңгени өзүнчө чакая эпизод катары сүрөттөлөт. «Көкөтөйдүн ашында» Б-дын канына да башка элдер м-н катар кабар айтылат: ММВнын «Семетей» бөлүмүндө Семетей м-н араздашып, андан өч алууну ойлогон Чынкожо Б-дын каны Балтаматка жөө тентип барып, кызматын кылып, ишенечине кирип, алты жылдан кийин канаттуу кара атын, алты атар мылтыгын уурдап качканы айтылат. СКВда «маңдайында бараң бар, балталашчу душман далай бар» — делип кыргыздын жоосу катары эскерилет.

**БАРАҢ** (ар.-ир. — паранги, франки)— мылтыктын аты. Милте м-н от алдырган сайлуу мылтыктын бир түрү. Эпосто Б. «ак бараң», «сыр бараң» формаларында да сыпатталат. Б-дын түпкү теги «Франк мылтыгы» м-н байланышып, ал адегенде Түн. Африкага, андан Алдыңкы Азияга, о. эле О. Азияга (өзбектерге — фаранги милтик, кыргыздарга — Б. формасында) таралып, жоокерчиликте ж-а мергенчиликте урунган. Эпостогу «милтелерин чоктошуп, мылтыктарын октошуп» деп сүрөттөө милте коюп, дарысы, огу оозунан дүрмөттөлүп атылма Б. мылтык ж-дө кабар берет. Б. «Манас» эпосунда башка жоо куралдары сыяктуу эле кеңири планда сүрөттөлөт. Азыр Б. мылтыгы музейлерде гана кездешет, к. *Аккелте.*

**БАРБАЛДАЙ** — эпизоддук кейипкер. Үсөндүн (Көзкамандын) уулу экендигин Акбалта Манаска туш-тушка тарап кеткен элдин дайнын баяндаганда айтат (СК, 1. 108). Кийин Көзкамандар окуясында аты аталбайт, Көзкамандын тогуз уул делип айтылат.

**БАРБАР** — топоним. Эсенкандын аярлары м-н сыйкырчылары Манасты таап, тирүү алып келүү үчүн кең Б-ды кыдырат (СК, 2. 42).

**БАРГАНА,** Паргана — топоним. Эпосто кыргыздар байыртадан мекендеп келе жаткан жер катары көп кездешет. Географиялык реалия катары Фергана өрөөнү.

**БАРГЕК** — желбирөөч сөйкө. Чыгыш аялдары маңдайына же чачына тагуучу алтын же күмүш желбирөөч: «Маңдайда баргек тынарым, Балбылдап күйгөн чырагым» («Манас»). Эпосто Б. ыйык, касиеттүү деген мааниде да колдонулат: «Башын баргек талга жөлөгөн, Басташкан душман жүдөгөн» («Манас»). Кээде коздук, чачы, чок маанилеринде да айтылат: «Баргектен боо мээлейим Колдо калган бир жанмын» (СО, 2. 314).

**БАР-КӨЛ,** Баркөл — топоним. Кыргыздар Алтайды мекендеп тургандагы бала Манас жолдоштору м-н ар жагы Уркун суусу, аягы Б.-К., түндүгү Аңгир белине чейин салбырынга барат. Ошол жерден балдар Манасты кан көтөрүп кайтышат, Үрбү баштаган кыпчактар Алтайдан Ала-Тоого көчкөндө Б.-К. аркылуу өтөт (СО, 1. 233; 2. 160, 176, 207). Бул чоң көл Чыгыш Тянь-Шанда кытай аймагында жайгашкан.

**БАРКЫЗЫЛ** — Бакчабийдин байгеге чапкан күлүгү. «Көкөтөйдүн ашындагы» ат чабышта байге алган алтымыш аттын катарында айтылат (СО, 3. 268).

**БАРШЫ** — эпос б-ча кытай кандарын жашартып, узак жашатыш үчүн табыптар атайы даярдаган дары. СОВдо аны даярдоо ыкмасы төмөнкүчө баяндалат. Эсенкандын буйругу б-ча табыптар элдин он бир жаштагы өтө сулуу уул-кыздарын чогултуп бөтөн жан каттабаган ээн асем сарайда бир кыз, бир баладан жуп кылып багышат. Адегенде аларды күндүз бирге коюп, түн ичинде бөлүп кетип турушат. Күн өткөн сайын бири-бирине ашыктыгы күчөгөн аларды уламдан-улам сейрек кездештирип, аябай куса кылышат. Ошентип кыз-жигит он алтыга келип бири бирисиз жашай албаган

абалга келгенде кошулгула деп дары чыланган таш карапага киргизип оозун бекитишет. Ашык болгон жаштар кучакташкан бойдон жан берет. Карападагы чыланган дарыдан денелери үч-төрт жылда буламыкка айланып, андан падышалык дары Б. даярдалат. Алмамбет Кытайда аскер башы кан болуп турганда Б. даярдоого туткундалган балдар — кыздар ж-де кокусунан билип калып аларды бошотуп, мындай залимдикке барган кытай кандарына кыжырланганы өзүнчө чакан эпизод болуп берилет.

*Р. Сарыпбеков*

**БАРСА-КЕЛБЕС,** Барса келбес — топоним. Түрк тилдүү элдердин фольклорунда көп кездешет, барган кишини өлүмгө дуушар кылуучу шумдуктуу жандыктардын, сыйкырдуу күчтөрдүн мекени катары айтылат. «Манас» эпосундагы Б. -К. эки мааниге ээ: биринчи — жалпы түрк мифологиясына таандык мифотопоним маанисинде, экинчи — өтмө, каймана түрдө, мис., адам өлгөндө баруучу тиги дүйнө маанисинде («Барса келбес чын жайдан»). Айрым түрк элдеринин фольклорунда алдына барган адам өлмөйүнчө келбеген залим падыша катары да айтылат. Мис., татар дастандарындагы Барса Килмас падыша (Татар халык ижаты: Дастанлар. — Казан, 1984, 73-б.).

**БАРСКАН** — чоюн баш, башына темир бекитилген чокмор. Эпосто көбүнчө калмак-кытай жоокерлеринин куралы катары айтылат:

Күрсүлөрү өгүздөй
Күчтүүнүн баары ошондо
Барскандары өгүздөй
Балбандын баары ошондо (СО, 4. 216).

**БАРСКАН** — топоним. Жакып агасы Байдан Нескара алты миң кол м-н Манас аттуу баланы издеп келе жатканын угуп, Балта карыяны Жети-Суу, Ала-Тоого кабарга жөнөтөт. Балта тынымсыз алты күн жүрүп, Иле суусун кесип Б., дарканда жашагандарга болгон окуяны кабарлайт (СО, 1. 192). Манас кан шайланганда кандыктын ээлигине кирген аймак катары айтылат (СО, 1. 263). Бул эпизоддордогу Б. — жердин ж-а шаардын аты. 9—10-к-дан баштап араб-перс авторлорунун эмгектеринде кездешкен маалымат б-ча Б. шаары Ысык-Көлдүн түш. жээгинде, Тоңго жакын жерден орун алган, карамагында төрт чоң ж-а беш кичине кыштак болгон. 9—11-к-да бул жерлерде чигилдер жашаган. Б-дын башкаруучусунун «манак», «жетебин» аттуу титулу болгон. Ал керек учурда алты миң аскер чогулта алган. Батышынан Талас, Чүй өрөөнү, Боом капчыгайы, түштүгүнөн Фергана, Ош, Өзгөн, Арпа, Нарын аркылуу келген соода жолдору Б. шаарына келип кошулган.

Түрк элиндеги уламыштарда Яфеттин эки баласы болуптур. Анын бири Түрктүн Тутель, Барсхан ж-а Илак аттуу перзенттери болгон экен. Алардын акыркы үчөөнөн чигил, барскан ж-а илактар (Ангрен өрөөнүндө жашагандар) тараптыр. Бул уламышта Б-дын ж-а анын аймагын мекендеген чигилдердин эскертилиши бекеринен эмес.

*Ө. Караев*

**БАРТАЛ АТ** (ир. жүк жүктөөчү ат)— СОВдо Манас кырк чоросу м-н ууга аттанганда, казатка жөнөгөндө, «Токсон баштуу жолум үй, Баарын чечип бүктөтүп, Бартал атка жүктөтүп» (СО, 4. 263),— деп эскерилет.

**БАС** — этноним. Эпосто кыргыз урууларынын бири Б. журтунан Эштектин Жамгырчысы экени айтылат (СО, 3. 61). Кыргыз санжырасында Б. деген уруу жок, бирок ал басыз м-н уңгулаш.

**БАСАНКУЛ** (түрк-моңг. басаң — бешинчи күн, жума ж-а кул — эркектердин ысымына жалганчу мүчө)— эпизоддук кейипкер, Нескара арык каздырган алты миңден ашуун кишинин башчысы. Ары-бери өткөн жолоочуну кармап алып, атын союп салып, өздөрүнө тыным бербей иштетет. Арык чапкандар да Б-дан коркуп турушат. Манасты өлтүрүп, Жакыптын сан жылкысын тийип кетмекчи болуп, Нескара ал жердеги адамдарды түп көтөрө чогултуп Алтайга жөнөйт. Адашып маңгулдарга өтүп кеткен Нескаранын аскерлери Жакыптыкы деп маңгул байы Жайсаңбайдын жылкысын тийип алат. Жакып деп кармап алмакчы болуп Жайсаңбайды кууп келаткан Б-ду Таноо деген калмак атып өлтүрөт (СО, 1. 194, 211—215).

**БАСЫЗ** — этноним, кыргыз элинин сол канатына жаткан уруулардын бири. «Манаска» анын баатырдык-тарыхый эпос болуп калыптануу мезгилинде кирген деп болжолдоого болот, чыгармада сырткы жоо м-н кармаштарга башка уруулар м-н бирдикте катышып келгени айтылат.

**БАСЫМ** — кеп бирдиктеринин бир бөлүгүнүн күчтүү сезим м-н айтылышы. Сөздөгү Б. (сөз ичинде), кептеги Б. (кайсы бир ойго түшкөн Б.) ж-а логикалык Б. (сүйлөмдөгү бир сөзгө түшмө Б.) болуп бөлүнөт. Эпосто көркөм каражат катары мунун акыркы экөө кеңири жолугат: «Алтын курбу доолду Даң дедире салганы» (СО, 3. 138); «Атсыз келген чорого Аркар аяк, жез билек Ат мингизди зор Манас» (СК, 1. 196). «Манас» эпосунун аткарылыш обонунун да ар бир манасчыга тиешелүү өзгөчөлүгү бар. Манасчы ырды айтуу ыкмасына жараша муундарга, сөздөргө, кээде бир нече сүйлөмгө да өзгөчө Б. берип айтат. Бул, албетте, кайсы бир ойдун же сөздүн окуяга тиешелүүлүгүн, мааниси зор экенин билдирет, к. *Манастын обону.*

**БАТА** (ар. фатиха — тилек, башталыш)—1) курандын биринчи сүрөсүнүн (главасынын, бөлүмүнүн) аты; 2) дүйнөдөн кайткан адамга куран окуу, үйүнө барып көңүл айтуу. «Манаста» Б. түрдүү окуяларга, көрүнүштөргө, өлүмгө, сөөк коюуга, эскерүүгө байланыштуу кеңири айтылат. Мис., өлүктү коюуга, эскерүүгө, б. а. Көкөтөйдүн ашы, Кичи казатта окко учкан элдик баатырлардын ж-а Манастын өлүмүнө байланыштуу эскерүүлөрдө Б. берилет; 3) о. эле тилек, каалоо, алкоо иретиндеги ж-а болочокто боло турган окуяны, ишти алдын ала билдирүү иретинде да айтылат. Эпосто эскерилген Б-лардын эң негизгиси баатыр баланын кереметтүү бойго бүтүү мотивинин эволюциялык өнүгүүсүндөгү элементтердин бири



Кошойдун бата берүүсү («Айкөл Манас» драмасы, 1990).

Б-нын магиялык күчүнө ишенүү түшүнүгү м-н байланышкан. «Манас» эпосунун көпчүлүк варианттарындагы туруктуу мотив — Кошойдун Б-сы м-н Семетейдин бойго бүтүүсү. Каныкей узакка балалуу болбой жүрөт. Балалуу болуш үчүн атайын аракеттер жасайт: «Бабам Кошой кийсе деп, Бала үчүн жүрөм ынтызар. Батасы мага тийсе — деп», (СО, 3. 209), «Батасы журтту байыткан» Кошойдун Б-сын алуу үчүн ага атайы арнап 12 жыл шым жасайт, анын Б-сын алгандан кийин боюна бүтүп, Семетей төрөлөт. Эпосто Кошой карыянын тилеги, максаты тике баяндалат:

Катылышкан душманын
Өгөөлөсүн темирдей.
Акыры туулса эркек уул
Аты болсун Семетей (СО, 3. 214),— деп

үчилтиктин экинчи бөлүгүнүн баш каарманын Б-дан бойго бүтүргөн уруулук тотем же уруунун башчысы касиеттүү карыя гана болбостон, ага ат койгон да калк карысы Кошой болот. «Манас» эпосундагы Кошойдун Б-сы Манаска, анын жеңиштерине, уулу Семетейге арналган. Бул Кошойдун Манас баатырга бекем берилгендигин айгинелейт. Чынында эле Кошой өмүрүнүн аягына чейин, башка кандардай болуп Манастын бийлигинен баш тартпаганы, ак ниет кызмат кылганы эпосто баса белгиленет. Түрк-моңгол эпосторунда Кошойдун тибиндеги каармандар көп кезигет. Мис., көпчүлүк түрк элдеринин оозеки чыгармаларында белгилүү кейипкер Коркут атанын образы көп жагынан Кошойдун образына типтеш. Ал образ түпкүлүгүндө тотемдик атага барып такалары атайы изилдөөлөрдө белгиленген.

*С. Алиев*

**БАТМАБҮБҮ** — эпизоддук кейипкер, Каныкейдин нөкөрү. Манас Каныкейге күйөөлөп баргандагы ат чаап жар тандоо салтында күлүгү кырк биринчи келген Көккоён тагдырына буюрган Б-гө үйлөнөт (СО, 2. 419, 427).

**БАТМАН** (ир.— оордуктун өлчөмү)— кыргыздарда Окт. рев-ясына чейин колдонулуп келген салмак чен бирдиги (4 пуддан 16 пудга чейин), кай бир жерлерде аянт өлчөө бирдиги (мис., Талас өрөөнүндө 2 теше жерге жакын). Чыгыш өлкөлөрүнүн көбүндө колдонулат. «Манас» эпосунда Б. салмак бирдиги катарында чагылдырылган:

Алты батман данды жеп
Дан жыттанган чоң Жолой.
Жети батман буудай жеп,
Дан жыттанган чоң Жолой (СО, 3. 120, 121),

«Үч жүз батман салмагы Соот деген жонунда» (СО, 2. 134), Жыйырма батман туулга Кийип алып тургандар (СО, 4. 210).

**БАТМАСАМ** — эпизоддук кейипкер, Каныкейдин нөкөрү. Манас Каныкейге күйөөлөп барганда ат чаап жар тандоо салтында аты алтынчы келген Мажик тагдырына буюрган Б-га үйлөнөт (СО, 2. 418, 423).

**БАХРИНДЕР**, Баарын — этноним, түрктөшкөн моңгол уруусу. Моголстан мамлекетинин (14-к-дын ортосу, 17-к.) Жети-Суу аймагында жашаган. «Мажму ат-таварихте» алар Манастын башкы душманы Жолойго каршы согушка катышышат. Б-дин башында Моголстан мамлекетинин улус башкаруучуларынын бири Энге-Төрө турган. Ал Жолойго каршы уулу Мухаммед-бек баш болгон он миң моголдорду жиберген. «Манас» эпосунун кийинки учурларда жазылып алынган варианттарында кыргыз урууларынын бири катары эскерилет. Элдик санжыра б-ча Б. оң канатка кирген уруу.

**БАЯНДОО** — эпикалык чыгармаларда айтуучунун (автордун) речи, б. а. каармандардын тике сөзүнөн башка чыгарманын толук тексти. Айтуучунун жеке талантына, диндик-идеологиялык түшүнүгүнө, улуттук психологияга, салт-санаага ылайык ар бир манасчыда Б.

өзүнчө өзгөчөлүктөргө ээ. Эпикалык чыгармаларда, а. и. «Манас» эпосунда Б. ыкмасы кеңири колдонулат. Жаратылыш коoздугун сүрөттөөдө, жүрүп жаткан окуяга баа берүүдө, каармандын айлана-чөйрөгө жасаган мамилелерин, иш-аракеттерин көрсөтүүдө, каармандарга портреттик мүнөздөмө берүүдө, психологиялык абалын сүрөттөөдө, эпизод м-н эпизодду, окуя менен окуяны байланыштырууда Б. кеңири пайдаланылат. Эпосто сюжеттин өнүгүшү негизинен манасчынын Б-су аркылуу ишке ашырылат да, каармандардын иш-аракеттери эпикалык Б-дон башка диалог-речтер ж-а монолог ой-жүргүзүүлөр м-н жабдылат. Эпикалык Б. каармандардын ички сезимдерин, карым-катышын, эпикалык сүрөттөмөлөрдү, пейзаждык көрүнүштөрдү, эпикалык мезгил, кыскача речтерди, о. эле окуялардын талкууланышын, мотивдердин, кырдаалдардын түшүндүрүлүшүн ичине камтыйт. «Манас» эпосунда Б. эки түрдүү формада — тигил же бул окуяга киришүү алдында кара сөз (жорго сөз) ж-а көп учурларда ыр түрүндө берилет.

*К. Кырбашев*

**БАЯНДОС** — эпосто башы балык, аягы адам түспөлүндөгү элдин аталышы. Көкөтөйдүн ашына чакырылган көп элдин бири катары эскерилет: «Аягы адамдай бөлүнгөн, Башы балык көрүнгөн Баяндос деген бири бар» (СО, 3. 15). «Манас» эпосунун айрым вариантында Б. этноним эмес, адамдын аты катары да айтылат. Анда Б. терс каармандардын бири, качыр минген калмак баатыры болуп берилет.

**БАЯНДЫ** (моңг. баян — бай, байлык)— топоним. Араниктеги согушта Манас м-н Кеселиктин колу беттешкен талаа (КВ, 1. 115). Эпос б-ча бул жердин орду — Каңгай Моңголиянын ортолук бөлүгү. СОВдо Манастын сөөгү Б. талаасына коюлат (СО, 4. 353).

**БАЯНДЫ-СУУ** — топоним. Чоң казаттын башталышында кыргыздар тийген жылкысынын артынан кууп келаткан Коңурбайды Сыргак сайган жер (СО, 4. 297).

**БАЯНЧОР** — эпизоддук кейипкер. Ошпурда козу кайтарып жүргөн Манас Чегебай (Кутубий) экөө козу союп алышып, эт бышырганга оту жок отурушса калмак чал Б. келип калат. Оттугун сураса бербей коёт. Жини келген Манас Б-дун оттугун бычагы м-н кошо тартып алат (СО, 1. 116—118).

**БАЯР** — топоним. Кыргыздар калмак кандыктарынан Ала-Тоону бошотконунда:

Табам деп бурут жайыңды
Баят Чолак-Кайыңды
Баяр менен Шорону
Баят өтүп шолорду (СО, КФ, 576-инв., 663-б.),— деп Шүмшүң аяр уйгур м-н кыргыздардан Кулутканы куткаруу үчүн келатканда Б. аркылуу өткөндүгү айтылат.

**БАЯС** — жалпы эле кыргыз фольклорунда кездешүүчү мифтик жандык. «Манаста» адаттан тышкаркы укмуштуу жаныбарлар ж-де сөз болгондо, мис., Алоокенин ажайыпканасы сүрөттөлгөндө: «Кызыл аюу саяс бар, Кылыч куйрук баяс бар» (СО, 2. 183) делип Б-тын аты эскерилет. СОВдо Б-тын фантастикалык толук кебете-кешпири «Дөө-пери жомогунда» кеңири берилет. Б. токойду аралап өткөндө куйругу м-н чапкан куу жыгачтар өрттөнүп, карагайлар карщы-терши кулайт, «кырк жолборс бир келсе да» «таш-талкан кылып, чайнап жутуп салат». Ал «он эки асый өгүздөй, соорусу, көкүрөгү даңкайган», «башы он беш карыш казандай», «арсайган азуулары канжардай», «болот тырмагынын учунда заары бар» жандык болот. Б. жолборстун чоңу тайбасты жарадар кылып кууп келе жатканда ууга чыккан мергендер атып өлтүрөт. Мындай фантастикалык жаныбарлар элдик оозеки чыгармаларда гана эмес, евразия талааларында скиф доорунан бери карай «айбанат стили» деген жалпы ат м-н археологиялык табылгалары жолуккан иск-во чыгармаларында кеңири белгилүү. Б. сыяктуу жаныбарлардын образы кээ бир изилдөөчүлөр болжошкондой эпоско кийинки айтуучулардын фантазиясынан жаралып киргизилбестен, ошол байыркы элдердин чыгармачылыгынан келе жатышы ыктымал.

*Н. Молдобаев, Р. Сарыпбеков*

**БЕГАЛИЕВ** Муратбек Акимович (1955, Жумгал р-ну, Миң-Куш шаарчасы)— кыргыз композитору. Кыргызстан Ленин комсомолу сыйл. лауреаты (1985). Б. Москвадагы П. И. Чайковский атн. консерваторияны (1983) бүткөн. Б. СССРдеги ж-а чет элдик көптөгөн ири коллективдерде аткарган түрдүү жанрдагы музыкалык чыгармалардын автору. Ал «Манас» темасына кайрылып «Манас» аттуу симфониясын (1990), «Манастын уулу Семетей» драмасына музыка жазган. О. эле көпчүлүк чыгармасында «Манас» темасы чагылат.

**БЕГАЛИЕВ** Сапар (1934, Ысык-Көл р-ну, Орто-Өрүктү айылы)— адабиятчы, «Манас» изилдөөчү. Филология илимдеринин кандидаты (1968), доцент (1977). Ленинграддагы Герцен атн. педагогика ин-тун бүтүргөн (1958). 1959—61-ж. Кыргыз ССР ИАнын Тил ж-а адабият ин-тунда аспирант. 1961-жылдан «Манас» секторунда кенже, улук илимий кызматкер. «Манас» эпосунун поэтикасы» деген темада кандидаттык диссертациясын (1967) коргогон. 1970-жылдан КМУнун улук окутуучусу, доцент. 1983—89-жылдары СССР элдеринин адабияты кафедрасынын башчысы. Б-дин илим майданындагы эмгек жолу негизинен «Манас» эпосун изилдөөгө арналган. Ал «Манас» эпосунун поэтикасы» (1969), ««Манастагы» көркөм каражаттар» (1988) аттуу монографияларды, «Кыргыз элдик оозеки чыгармачылыгы» (1979) окуу методикалык куралын жазган. Филология факультетинде «Манас» эпосу б-ча атайын курсту окутат. Кыргыз ССР эл агартуу отличниги (1984).

**БЕГИМЖАН** — эпизоддук кейипкер, Айчүректүн нөкөрлөрүнүн башчысы. Күлчоро Үргөнчтөн өтүп келип, Айчүрөккө жолуккандагы эпизоддо Б-дын ысымы аталат (КВ, «Семетей», 189).

**БЕГИШ** — эпизоддук кейипкер. Ала-Тоого көчкөндө ж-а Орго кан м-н болгон согушта кыр-

гыздар тараптагы уруу башчылардын катарында Б. аярдын аты гана аталат (СО, 2. 30, 94).

**БЕДӨӨ** (ар. беди — чөл; бедуин — чөлдүк эл, чөлдүктөр)— Арабия чөлдөрүндө жашаган көчмөн ж-а чала көчмөн арабдарга берилген жалпы ат. «Манас» эпосунда эпикалык тулпар аттарга карата гана айтылат. Мис., «Алты бедөө ат берди, Колубузга кат берди» (СО, 4. 35). Чөлдүк көчмөн арабдардын (бедуин) аттары чыдамкай, чаалыкпас жылкынын тукумунан болгондуктан, согуштук окуяларда жоокерлер минип, анын артыкчылык сапаттары сыноодон өткөн. Ошондуктан, араб (бедуин) аттары эпосто «бедөө» («бедөө ат») деген термин «чаалыкпас ат» деген жалпы мааниде негизги варианттарда колдонулат.

**БЕДӨӨҢ** — эпизоддук кейипкер, Чыраш уруусунан. Көкөтөйдүн ашында Коңурбайга болушуп, чыр чыгаруу кеңешине катышкан кытай улуктарынын бири катары аты гана аталат (СО, 3. 261).

**БЕЙИШ** (ир. жаннат, жыргал жай)— дин ишениминде дин жолунан чыкпай жүргөндөргө «тиги» дүйнөдөн берилүүчү жыргалчылык, ыракат жай, жаннат. Жалпы эле жыргал, ыракат маанисинде да жолугат. Таптык коомго чейинки диндерде Б. ж-дө түшүнүк болгон эмес. Таптык коомдун пайда болушу м-н келип чыккан ислам дининин тагы «Манастын» ар бир вариантында бар, а. и. СОВдо диндик ишенимдер көбүрөөк орун алган, анда Б. төмөнкүчө сүрөттөлөт.

Турпагы жыпар, суусу бал
Бейиштин жайын угуп ал.
Көхар болор көз учкан
Бейишке чыккан терек, тал.
Уксаң сонун ушу деп
Нурдан болор кушу деп,
Лайли жакут сарайы
Буга кирип кете албас
Мусулмандын далайы.
Шол бейиштин жемишин
Бу дүнүйөдө ашасаң,
Өлбөй миң жыл жашасаң,
Бузулбас эле калыбың.
Миң жыл жүрсөң наарсыз,
Ачпас эле карының (СО, КФ, 576-инв., 828—829-б.).

Андан ары «Шейиттердин жайы деп, Сегиз бейиш жаралганы» айтылат Ислам дини б-ча шейит кеткен адамдын жаны эч суроосопкутсуз эле Б-ке барат деп эсептелинет. Б. ж-а тозок ж-дөгү түшүнүк башка варианттардан да орун алган. Алардын айрымдарында Б-ке элдик атеисттик көз караштан баа берилип, ага элдин анча ишене бербестиги көрсөтүлөт. Чоң казат аяктап калганда, эл эсебин алышса, кыргыз колунан Төштүк м-н Чубак жок болуп чыгат. Манас санаага батып, кол ал түнү жатып калат. Эртеси таң ата «дин мусулман баарысы» багымдат намаз окуй баштаганда, Нескараны баш кылып, кытайдын кырк төрөсүн байлап алып айдап келе жаткан Чубак көрүнөт. Намазын бузуп барбалактап тура калган Манас:

Аппак кожо — Айкожо
Кереленип каласың
Кечке окуу саласың
Бейишинди өзүң ал,
Береним Чубак келатат (СК, 2. 155).

Мындан Манастын өзү деле дин жолунда жүргөнү м-н ага болгон кайдыгер мамилеси байкалат.

*Ы. Кадыров*

**БЕК**, бег, бей, бий (түрк. — бийлөөчү, төрө; ал амир же эмир дегендин синоними)— эпосто кезиккен бийлик даражаларынын бири: «Жедигер Чегиш калды, Жети бек тегиз калды» (СО, 4. 9). Б. аскердик титул катары да учурайт: «Жүз миңге барып бек кылды, Дүйнөгө сонун кеп кылды» (СО, 4. 124). Алтын Ордонун каны мусулман динин кабыл алган моңгол нойондоруна Б. титулун берген. Б. Кыргызстанда Кокон кандыгынын мезгилинде болгон. Ал канга түздөн-түз баш ийип, вилайетте бүт бийликти өз колунда кармап турган, элден алык-салык жыйнатып кандын казынасына өткөргөн, аскерине толуктоо жиберип, өз вилайеттеги жоокерлерге башчылык кылган.

**БЕКБОЛИЕВ** Эгемберди Жайлобекович (1955, Панфилов р-ну, Букара айылы)— драмалык артист. Кыргыз ССРинин эмг. сиңирген арт. (1986). Кыргыз драма театрында эмгектенет.

Э. Бекболиев — Сейтек. «Сейтек» драмасы, 1987.



Ал «Манастын уулу Семетей» (1982) драмасында негизги ролдордун бири Абыкенин өзүмчүл, мансапкор, арам ойлуулугун ишенимдүү ачкан. «Сейтек» (1986) драмасынын баш каарманы Сейтектин образын ачууда Б. аны ата-бабанын ишин улап, туулуп-өскөн жерди ички-тышкы душмандардан коргогон чыныгы баатыр катары көрсөтө алган. Ошондой күрөштөрдүн бирине Сейтектин Кыясты жок кылышы кирет. Кыясты жок кылууда Сейтек өзү жалгыз эмес, Күлчоро, Айчүрөктөрдүн жардамына таянат, бул аркылуу драмада күч бирдикте экендиги ж-дөгү идея ишке ашат. Б. «Айкөл Манас» драмасында да Сыргактын ролун, анын баатырдыгын жогору деңгээлде аткарууга жетишкен.

**БЕКБОТО** Итике уулу — (1868, Тянь-Шань р-ну, Бас-Кыя айылы — 1948, ошол эле жер)— семетейчи. Кара-моңолдор уруусунан. Анын айткан «Семетейи» жазылып алынбаган. Ал ж-дө: «Бекбото эт бышымча «Семетей» айтты»; «Аттар алыс айдалып, күлүктөр кайра келгенче Бекботого «Семетей» айттырып отурдук»; «Биринчи жолку чоң шайлоодо (1936) Бекботого түнү менен «Семетей» айттырып олтурдук»; «Ата Мекендик согуш учурунда майданга аттанган жоокерлерди Казан-Куйганга топтогондо Б. ырчыны атайын алдырып ырдатып, «Семетей» айттырганыбыз» деген сөздөр эл арасында сакталып калган.

**БЕКЕБАЙ** — эпизоддук кейипкер, Үсөндүн — Көзкамандын баласы. Манас атасы Жакыптан тегин сураганда туш-тушка тентип кеткен туугандарынын жайын айтып, Жакып Б. бир тууганы Үсөндүн баласы экендигин Манаска билдирет (СО, 1. 137). Көзкамандардын окуясында да айтылат. СКВда жок.

**БЕК-ЖАЙЛОО** — топоним, Көзкамандар уу берип жарадар кылган Манасты Каныкей алып качкан тараптагы ашуу (КВ, 1. 279).

**БЕКЗААДА,** Бек заада, Бек зат — бектин баласы, бектин тукуму, теги ак сөөк. «Манас» эпосунда калк башкарган көпчүлүк кейипкерлер Б. деп аталат:

> Калк ичинде баркы бар —
> Төрө заада төртөө бар,
> Кан заададан канча бар,
> Бек заададан бешөө бар (СО, 2. 241).

«Манастын Каныкейди алганы» окуясындагы «Бекер келген мен эмес, Бекер неге жүрсүң деп, Бекзаада айтар кеп эмес» (СО, 2. 357),— деген саптар Б-нын калкка кадыры өтүмдүү, сыпаа жан экендигин айгинелейт.

**БЕКИШ** — эпизоддук кейипкер. Көкөтөйдүн ашына чакырылган баатырлардын бири (ВЖЭ, «Ала-Тоо», 1979, № 7, 77-б.).

**БЕККОЖО.** Манас Торучаарды окко учуруп жөө калганда жардамга келген Кошой Манаска арнап алып келаткан Айбанбозду берет. Ушул эле жерде «Беккожо берген Айбанбоз азыр эми токунуп» (СК, 1. 159) деген саптар бар. «Беккожо» деген сөз адамдын аты же Кошойго карата айтылган, анын кандайдыр бир артыкчылыгын билдирген наам же даража болушу этимал.

**БЕКМУРАТОВА** Салима Саидовна (1932, Кара-Суу р-ну, Жыл-Келди айылы)— опера ырчысы (лирикалык сопрано), Кыргыз ССРинин эл арт. (1973). Б. «Айчүрөк» операсынан Айчүрөктүн, «Манас» операсынан Канайымдын партияларын лирикалык маанайда, ырчылык жогорку чеберчилик м-н аткарып, кыргыздардын акылман кыздарынын жаркын образын түзгөн.

**БЕКТЕНОВ** Зияш (1911, Түп р-ну, Кең-Суу айылы)— кыргыз филология илимин негиздегендердин бири, ардактуу профессор (1991), котормочу, жазуучу.



«Манас» эпосун алгачкы изилдөөчүлөрдөн. 1946—47-ж. СССР ИАнын Кыргызстандагы филиалынын Тил ж-а адабият ин-тунда «Манас» секторун башкарган. 1940-ж. «Манастын» 1-бөлүгүнүн сюжетин кара сөзгө айлантып жазып чыккан. Бул бөлүк согуш жылдарында орус тилине которулган ж-а орус илимпоздорунун эпос м-н таанышуусуна өбөлгө түзгөн. Б-дун «Манас» эпосу ж-дө лекциялары кыргыз үналгысынын алтын фондусуна жазылып алынган. Манасчылар, а. и. Саякбай Карала уулу ж-дө эскерүүлөрдү жазган.

**БЕЛДЕМЧИ** — 1) согуштук кийим; 2) аялдардын белден ылдый тартынчу кийими. «Манаста» согуштук кийим маанисинде гана кеңири айтылат. Согуштук беттешүүдө жоокердин бел курчоосун тизеге чейин октон, найза, кылычтан сактоо максатында кийилет. Эпосто «Белдемчи темир байланып, Бел булуттай айланып...» (СО, 2. 212),— деп айтылат. Кийиз м-н кайыштан кабатталып шырылып жасалат. Сыртына темирдин калкан бөлүкчөлөрү кадалат. Ал чопкут, чарайна, карыпчы ж. б. кийимдер м-н кошо кийилген. Атка минүүгө, кыймылдоого жараша Б-нин алды арты ачык болот.

**БЕЛ-ДӨБӨ** — топоним. «Үч кайкаңдын Бел-Дөбө, Үч айланта кууду эми» (СК, «Семетей», 1. 38),— деп Бакай Букарга качкан Каныкей, Чыйырды ж-а Семетейди артынан издеп чыкканда Кумайыкты шаштырып из чалдырганы айтылат.

**БЕЛ-ЖАЙЛОО** — топоним. «Улуу суунун боюнда, Бел-Жайлоонун оюнда Суусамыр келчү жолунда» (СО, КФ, 576-инв., 530-б.). Үрбү м-н Мунар Кочкордогу Арсы калдайды чапканы айтылат. Географиялык реалияда Кочкордун түн. батышындагы жайлоо (туурасы Ак-Бел).

**БЕЛ КУДА** — ата-энелердин балдары төрөлө электе эле кудалашуусу. Ымаласы жакын адамдар өздөрүнүн жакындыгын бекемдөө же сөөк жаңыртуу максатында, же жоокерчилик согушта жеңилген элдин башчысынын жеңген тараптын каны м-н достошкон учурда, эгерде

келечекте бири уулдуу, экинчиси кыздуу болсо баш коштуруу үчүн кудалашкан. Никенин мындай түрү алгачкы жамаат коом м-н байланышкан. Өнүгүүнүн бул баскычында бир уруунун кыздары, экинчи бир уруунун балдары м-н (туулгандан тартып) колукту, күйөө болушкан. Тарыхый-этнографиялык материалдар ырастаган никенин бул түрү бизге жумшартылган, өзгөргөн түрүндө келип жетти. Болочокку баатыр м-н анын ала турган колуктусун алар төрөлө электе эле бири-бирине ыйгарып коюу, кээде экөөнүн бир убакытта төрөлүшү, алардын бойго жеткенде бири-бирин издешип, акырында ар кыл кыйынчылыктарды башынан өткөрүп үйлөнүшү да түрдүү эпостордо кеңири кездешкен эпикалык салттардан. Мис., өзбектердин «Алпамыш», казактардын «Козу Көрпөш менен Баян сулуу», түркмөндөрдүн «Тахир менен Зухра» эпосторунун баш каармандарынын ж-а алардын алган колуктусунун аталарынын Б. к. болушканын айтсак болот. Кудалашуунун бул түрү «Манаста» да чагылдырылган. Эпосто Семетей м-н Айчүрөк төрөлө электе эле Манас м-н Ооганднын каны Акун Б. к. болушат. СОВ б-ча Акун кан колго түшүп, Манас м-н достошуп кудалашса, СКВда:

Кан Көкөтөй ашында,
Калың жыйын кашында,
Канкор Манас Акунга
Бел куда болгон жери бар (СК, 2. 54),—

деп сүрөттөлөт. Көп өтпөй Манас уулдуу, Акун кыздуу болуп, баланын аты Семетей, кыздын аты Айчүрөк коюлат. Эпосто Семетей м-н Айчүрөктүн үйлөнүшү Б. к-лык салт б-ча эмес, ыктыярдуу эркин махабатка негизделген.

*С. Алиев*

**БЕЛ-МОЙНОК** — топоним. СКВ б-ча Акбалтанын кеңеши м-н Манас Кошойду издеп жүрүп, Б.-М-ту ашат (СК, 1. 109). Географиялык реалияда Текес дарыясынын баш жагындагы жапыс ашуу.

**БЕЛ-САЗ** — топоним. Жакып жайлаган жайлоо. Алмамбеттин келишин Б. С-ды жайлап жаткан Жакыпка Манастын төрт чоросу сүйүнчүлөп барат.

Самаркандын сыртында,
Бээ байлап Бел-Саз, Кырчында,
Жаткан экен Жакып бай,
Малын багып, жайма-жай (СО, 2. 334).

**БЕРДИБАЕВ** Рахманкул (1927, Түш. Казакстан обл., Түркстан р-ну, Икон айылы) — адабият таануучу, фольклорчу, филология илимдеринин доктору, профессор, Казакстан Улуттук ИАнын корр.-мүчөсү, Казакстандын илимине Эмгек сиңирген ишмер, Казакстан Улуттук ИАнын М. О. Ауэзов атн. адабият ж-а өнөр ин-тунун фольклор бөлүмүнүн башчысы. Б. чыгармачылык жолунда казак ж-а боордош элдердин адабияттарынын ар салаасын камтыган миңден ашык макала, жыйырмадан ашык китеп жазган. Фольклорчу катарында казак эпосу, ырчылык өнөр ж-дө бир нече эмгектери бар. Айрыкча, «Казак эпосу» деген монографиясында көөнө баатырдык, ашыктык ж-а нагыз тарыхый эпостордун жанрдык орток окшоштуктары м-н өзгөчөлүктөрү, алардын стадиалдык өнүгүшү изилденип, казак эпостору м-н түрк-моңгол калктарынын (кыргыз, башкырт, бурят ж. б.) эпикалык чыгармалары тарыхый-типологиялык планда салыштырылган. Монографияда «Манас» м-н казактардын баатырдык «Кабыланды баатыр», «Алпамыш» эпосторун тарыхый-типологиялык планда салыштырууга кыйла көңүл бөлүнгөн. «М. Ауэзов — «Манас» изилдөөчү» (1987), «Ч. Валиханов жана кыргыз фольклору» (1989) аттуу эмгектердин автору. В. 1988-ж. Фрунзеде өткөн «Манас» эпосу б-ча бүткүл союздук симпозиумга активдүү катышып, «Манас» жана казактын эпикалык традициясы» деген темада доклад жасаган. Б. докладында кыргыз ж-а казак элдеринин эпикалык салттарынын окшош, жакын белгилеринин бир катар себептерин ж-а шарттарын ачып көрсөтөт.

*Р. Сарыпбеков*

**БЕРДИБАЙ** — эпизоддук кейипкер. Жакып Атемир м-н кудалашып келгенден кийин, кудага кайра кантип баруу ж-дө жакындарын чогултуп, кеңеш курган жыйынга келген аксакалдардын катарында аты гана аталат (СО, 2. 383).

**БЕРДИБЕК** — Сыргактын өз аты, к. *Сыргак*.

**БЕРДИКЕ** — кейипкер, Жакыптын айылдашы, кеңешчиси. Алтайдагы окуялардан баштап, Манас Каныкейге үйлөнгөнгө чейинки эл чогулган жыйындарга, кеңешүүлөргө катышат. Көбүнчө Акбалта м-н катар айтылып («Акбалта менен Бердике, Ак сакалдар барышты», СО, 2. 435), керек жерде кебин эл уккан наркттуу, насааттуу кары.

**БЕРКОВ** Павел Наумович (1896, Белгород-Днестровский —1969)— орус совет адабиятчысы, СССР ИА корреспондент мүчөсү (1960). Ал 18-,19-,20-к-дагы орус адабияты, анын чет элдер адабияттары м-н байланыштары, театр, журналистика, китеп таануу, библиография, адабият таануунун техникасы м-н методикасы б-ча көптөгөн эмгектерди, СССР элдеринин адабияттарын изилдөөгө арналган бир нече макалаларды жазган. «Манас» эпосун иликтөөгө да көңүл бөлүп, «Алтайский эпос и «Манас»" деген макала жазып «Манас» эпосун түрк тилдүү башка элдердин эпостору, атап айтканда, О. Азия м-н Казакстанда кеңири тараган «Алпамыш» ж-а алтайлыктардын «Алып-Манаш» аттуу эпикалык чыгармалары м-н салыштырып караган. К. Сагидова м-н бирдикте «Манас» эпосу ж-дөгү адабияттар б-ча жети жүздөн ашуун наамдан турган библиографиялык көрсөткүчтү түзүшкөн.

**БЕРНШТАМ** Александр Натанович (1910—1956)— сов. көрүнүктүү тарыхчы, археолог ж-а этнограф. «Манас» эпосун тарыхый жактан изилдөөчү. Тарых илимдеринин доктору (1942), Ленинград мамл. ун-тинин профессору (1946—52). Кыргыз ССРинин илимге эмг. сиң. ишмери (1945). 1940-жылдан КПССтин мүчөсү. 1931-ж. Ленинград мамл. ун-тинин география факультетиндеги этнография бөлүмүн бүтүргөн. Мамл. Ленинград материалдык маданият тарыхы академиясынын (кийинчерээк СССР



ИА материалдык маданият тарыхы инту) кенже илимий кызматкери ж-а аспиранты 1931—34). Андан кийин өмүрүнүн аягына чейин ошол эле ин-тта улук илимий кызматкер. Б. 250дөн ашык эмгектин автору. Ал «Манас» эпосуна байланыштуу 20дан ашык илимий ж-а илимий-популярдуу эмгектерди, макалаларды жазган. Алардын көпчүлүгү 1940—50-ж. «Советтик Кыргызстан», «Советская Киргизия», «Вечерний Ленинград» ж. б. газета-журналдарга жарыяланган. Атайын «Манас» эпосуна арналган илимий макалаларынын арасынан көрүнүктүүлөрү («Манас эпосунун жаралыш доору», "«Манас» деген аттын чыгышына карата») Б. дүйнөдөн кайткандан кийин жарык көргөн. Б. илимий эмгектеринде эпостогу маалыматтарды кыргыз элинин тарыхы, этнографиясы ж-а археологиясы м-н тыгыз байланыштырып караган. Б-дын манастаануга кошкон негизги салымы эпосто баяндалган окуялардын көпчүлүгүн, андагы жер-суу, адам аттарын ж. б. маалыматтарды тарыхый окуялар м-н байланыштырып изилдегенинде. Б. «Байыркы Кыргызстандын маданияты» (1942), «Кыргыз элинин тарыхый турмушу» (1942), «Кыргыз элинин улуу мурасы» (1945) ж. б. эмгектеринде 9-к-га таандык кыргыздардын таштагы жазуусундагы Яглакаркан деген сөздү кыргыздын ханынын аты, ошол «Манас» эпосундагы Манастын прототиби деп караган. Б-дын бул көз карашы С. Е. Малов, В. М. Жирмунский ж. б. айрым окумуштуулар тарабынан сынга алынган. Ошого карабастан «Манас» эпосун тарыхый-этнографиялык жактан тереңирээк изилдеп көргөндө Б-дын кээ бир гипотезалары ж-а ойлору акылга сыярлык. Эмгек Кызыл Туу ордени, медалдар м-н

*И. Молдобаев*

**БЕШ-БУГУ** — топоним. Алооке кандын Манаска багынгандагы окуяда Алоокенин элчилеринен корккон Жакып Манасты издеп чыгып, Б.-Б. жайлоосунан жолукканы айтылат (СО, 2. 175). Географиялык реалияда Фергана м-н Тарим өрөөндөрүнүн ортосундагы тоолордогу жайлоо.

**БЕШИК-БОЗ** — топоним. Эпоско байланыштуу уламыш б-ча Өзбек ССРинин Анжыян обл-на караштуу Бостон чөлкөмүндөгү адыр. Перинин кызы Айсалкын Эр-Төштүктү сүйүп калып, андан эркек бала төрөйт. Баласын куржунга салып барып ээн чөлдөгү Кызылнардын өркөчүнө арта салып коюп өзү кайып болот. Баласыз Көкөтөй кан ал баланы таап алат да, атын эркелетип Бокмурун коёт. Кайып кыз болсо ичтен чыккан баласынан айрылып, күйүтүнө чыдабай Б.-Б. адырына келип ушул күнгө чейин бош бешикти терметип «Алдей-алдей ак бөпөм, Ак бешикке жат бөпөм» — деп ыйлайыйлай терметип жүрөт имиш. Бул жерден ак ниет, бирөөгө жамандыгы жок таза адамдар тыңшаса анын ырдаганы Б.-Б-до кадимкидей угулат дешет.

**БЕШ-МОЙНОК** — топоним. Сейтек Таласка көчүп келаткан жолдо «Беш-Куюм-Суу, Беш-Мойнокту» (КВ, «Сейтек», 135) басып өтөт. Географиялык реалия катары Кыргызстандын топонимдеринде кезигет.

**БЕШ-ТАШ** — топоним. Манастын эгин айдап Аккуланы сатып алышы окуясында:

> Беш-Таш бек жайлоо
> Бек жайлоону ашты эле,
> Ары жагы Анжыян
> Анжыянды басты эле (СК, 1. 173),—

деп айтылат.
Эпостун башкы каармандары мекендеген жерлердин бири катары көп эскерилет. Географиялык реалия катары Б.-Т.— Ала-Тоонун түш. чыгышындагы капчыгай, Кетмен-Төбөгө ашып түшүүчү анын башындагы ашуу. Ашуудан Талас дарыясынын сол куймасы Б.-Т. суусу башталат.

**БЕШ-ТЕРЕК** — топоним. ВЖЭде:

> Кыл-Эртиштин башына,
> Беш-Терек менен ашамын.
> Жоргонун суусун кечемин,
> Хандын тоосун ашамын.
> Молдоторгой басамын (ВЖЭ, «Ала-Тоо», 1979, № 7, 83-б.),—

деп Көкөтөйдүн ашын бергени бараткан Бокмурундун көчү басып өтүүчү жерлердин бири катары эскерилет. Аталган топонимдер Чыгыш Казакстандагы жер-суу аттары.

**«БИБЛИОГРАФИЧЕСКИЙ УКАЗАТЕЛЬ ЛИТЕРАТУРЫ О "МАНАСЕ"** («"Манас" тууралуу адабияттардын библиографиялык көрсөткүчү»)— «Манас» эпосу ж-дөгү адабияттардын библиографиялык көрсөткүчү. П. Н. *Берков* м-н Э. К. Сагидова түзгөн. 1961-ж. СССР ИАнын басмасынан (Москва) чыккан «Киргизский героический эпос «Манас» аттуу китепте (298—377-б.). Көрсөткүчтө 1849-жылдан (кыргыз эпосу «Манас» ж-дөгү майор Франелдин маалыматынан баштап) 1960-жылга чейинки «Манас» эпосуна байланыштуу (негизинен жарыяланган материалдар) 12 тилдеги (кыргыз, орус, немис, түрк, англис, литва, алтай, француз, казак, украин, өзбек, венгер) 695 адабият топтолгон. Эпостун музыкалык жагы, обону тууралуу маалыматтарды камтыган адабияттар м-н «Манастагы» антропоним, топоним, этнонимдерге байланыштуу материалдарга да көрсөткүчтөн орун ыйгарылган. Хронологиялык тартипте берилип, ар бир жылдагы материалдар бөлүм-бөлүм б-ча жайгаштырылган; 1) эпостун кыргыз тилинде жарык көргөн тексттери (өзүнчө китеп болуп чыккан) журналга же жыйнактарга жарыяланган; газетага басылган: 2) «Манастын» текстинин кыргызча кара сөз м-н берилген баяндамалары; 3) тексттин орус тилиндеги котормолору (китеп; журналдагы, жыйнактагы; газетадагы); 4) башка тилдердеги котормолор (китеп, жур-

налдагы, же жыйнактагы; газетадагы). Көрсөткүч чакан кириш макала, пайдаланууга ыңгайлуу болсун үчүн предметтик ж-а ысымдык көрсөткүчтөр м-н жабдылган. Түзүүчүлөр «Манас» изилдөөнүн өнүгүшү үчүн маанилүү деп эсептеген айрым машинкага басылган кол жазмалар (мис., М. О. Ауэзовдун) да көрсөткүчкө киргизилген. Кыргыз ССР ИАнын КФда сакталуу турган «Манас», «Семетей», «Сейтектин» көптөгөн айтуучулардан жазылып алынган кол жазма тексттери көрсөткүчкө киргизилбеген, аларды баяндап жазып чыгуу ишин академия кызматкерлеринин милдети деп эсептейт, көрсөткүчтүн түзүүчүлөрү.

*С. Төлөгенова*

**БИБЛИОГРАФИЯ** (гр. biblion — китеп, grapho — жазам)— басма сөз ж-а жазма чыгармалар ж-дөгү маалыматтарды даярдоочу ж-а таратуучу илимий-практикалык тармак. Б. чыгармаларды издөө, аларды атайын белгилери б-ча топтоо, сыпаттап жазуу, системага салуу, адабияттардын көрсөткүчтөрүн, тизмелерин, баяндамаларын түзүү ж. б. иштерди аткарат. «Манас» эпосу б-ча эң алгачкы Б. — С. Вельтмандын «Устное народное творчество народов СССР» (М., 1938, 78—79-б.) аттуу китебиндеги кыскача библиография. 1939-ж. Х. Надель түзгөн «Художня література фольклор народов СРСР» (Киев, украин тилинде) аттуу аннотациялуу библиографиялык көрсөткүчтө берилген кыргыз адабияты м-н фольклорунун кыскача Б-сында да «Манаска» байланыштуу адабияттар бар. Е. Р. Бинкевичтин «Устное творчество народов СССР» (М., 1940) деген эмгегинде берилген кыргыз фольклорунун Б-сында «Манас» б-ча адабияттар да көрсөтүлгөн. 1945-ж. «СССР ИАнын Кыргыз филиалынын кабарларына» (1-чыгарылышы, 151—166-б.) А. П. Кулаковдун «Кыргызстандын илими жана техникасы Улуу Ата Мекендик согуш жылдарында» аттуу макаласы жарыяланып, ага кошо берилген Б-да «Манаска» байланыштуу адабияттар да көрсөтүлгөн. «Манас» б-ча алда канча толук Б-ны П. Н. Берков м-н Э. К. Сагидова түзгөн («Киргизский героический эпос "Манас"», М., 1961). «Манас» эпосу б-ча жарык көргөн монографиялардын айрымдарында да Б-лык көрсөткүч тиркелип берилген. Бирок эпоско байланыштуу адабияттардын атайын Б-лык жыйнагы өзүнчө китеп болуп жарык көрө элек.

*С. Төлөгенова*

**БИЙ** — титул. Түрк элдеринин уруу аксакалдарынын мансап наамы. Кыргызда 17—19-к-дарда Б. уруунун, уруктун башчысы болуу м-н бирге саясий, административдик, чарбалык ж-а соттук милдеттерди да аткарып, мурас катары атадан балага өткөн. «Манаста» да Б. башкаруучу, бийлиги бар адамдар катары көп кездешет. Мис., «Манжудан келген журт үчүн, атасы өлгөн баланы, бий көтөрүп алганы» (СО, 1. 150).

**БИЙ** — дене кыймылынын жардамы м-н ыраатка салынган ыргактуу кыймыл. Б. түпкүлүгүндө байыркы магиялык оюндардан, эмгек процессине байланыштуу кыймыл-аракеттерден ж. б. келип чыккан. Б. музыка м-н коштоло турган көркөм өнөрдүн бир салаасы болуп эсептелет. Табият кубулуштарын, аңчылык ж-а согуш өнөрүн, үрп-адатты белгилүү тартипке түшүргөн Б. өнөрү байыркы заманда эле пайда болгон. Кыргыз эли да Б. өнөрүн байыртадан эле билгени эпостон көрүнөт. Эпосто кыргыздардын Б-и тууралуу толук маалымат болбосо да тойлордо, көңүл ачууларда бий өнөрү кеңири колдонулганы айтылат. Алсак, «Алмамбет Тыргооттун каны Каныкшайды өлтүргөнү» деген окуяда Алмамбет суу ташыган Эшек кулак балбанды өлтүрүп, анын кийимин кийип, Канышайдын ордосуна кирет. Чаган айы болуп, ордодо эл чогулган тойдун үстүнөн чыгат. Ошондо Алмамбеттин бийлегени төмөнкүчө сүрөттөлөт:

Чекири жок кой көздүү,
Сепкили жок ак жүздүү,
Азизкандын Алмамбет
Укуруктай моюндан
Ак тамагын кылайтып,
Бийлеп турду муңайып (СК, 2. 134).

Ал бийлемиш болуп камдай келген ууну билгизбей көнөк м-н көөкөргө салып, айтылуу балбан, эрлерге арак сунуп, кытайлардын көбүн кырат. Ал эми «Көзкамандардын окуясында» Көзкамандар Манасты уу берип, өлтүрдүк деген ойдо кубанып бийлешкени айтылат: «Манасты сойгон ойну деп, Калмактары былкылдап, Катуу бийлеп алыптыр» (СК, «Семетей», 1. 206). Эпосто Б. ж-дө ушундай эле маанидеги башка маалыматтар да бар.

*Ы. Кадыров*

**БИЙНАЗАР** — эпизоддук кейипкер. Жакып элин чогултуп Алтайдан Анжыянга көчөлү деген кеңешке катышат (СО, 2. 25).

**БИЛЕРИК** — кейипкер. Негизги варианттарда Б-тин кытайларга колго түшүү окуясы ар башкача берилет. СОВдо *Жаангер* кожонун баласы делет. Б-ти колго түшүрүп алган Нескара аны Кырмус шаага берет. Кырмус шаа баланы зынданга салып коёт. Жаангер кожо Кошойду издеп таап, андан жардам сурайт. Кошой кол курап алып Кырмус шааны өлтүрүп Б-ти бошотот (СО, 2. 10—11). Туткундан бошонгон Б. атасына баратып, экинчи жолу дагы колго түшүп, зынданда жаткан жеринде Арсалаң кандын кызы Нургусар м-н таанышып, экөө бири-бирине ашык болуп кошулушат. В. Жирмунский белгилегендей мындай мотив эпикалык чыгармаларда ж-а элдик романдарда кеңири тараган. СКВда Б. Айкожонун баласы деп айтылат. Бээжинге элчи барган Б-ти сынап көрүп, кармап алышкан Нескара м-н Жолой «Буруттун ушул белдүү баатыры чекти бузуп келип, согушта далай эрди өлтүрдү эле, кармап сизге тартууга алып келдик» деп Эсенкандын колуна берет. Эсенкан Б-ти кырк аркан бою зынданга салып коёт. Кытайлардын колунда туткунда жаткан Б. м-н Жарманасты куткаруу үчүн бара турганын Кошой өзүнө жолугууга келген Манаска айтат. Манас м-н Кутубий Эсенкан жиберген көп кол м-н Алтайда согушуп жатканда кол курап Бээжинге барган Кошой эки баланы бошотуп алат (СК,

1. 146—147). Эки вариантта тең Б-ти Кошой бошотуп, анын баатыр экендиги айтылса да өзгөчө эрдик иштери сүрөттөлбөйт.

*Р. Сарыпбеков*

**БИОГРАФИЯЛЫК ЦИКЛДЕШТИРҮҮ** — чыгарманын ар кыл окуяларынын башкы каармандын өмүр жолунун айланасына топтоштурулуп (көбүнчө туулганынан өлгөнүнө чейин), ал аркылуу өз ара тыгыз байланышта болуп, бир бүтүн чыгарма катары көрүнүшү. Элдик оозеки чыгармачылыкта эпостордун, б. а. «Манастын» азыркы классикалык абалга жетишинде өтө узак ж-а татаал эволюциялык процесс болгон эпикалык циклдештирүүнүн ролу зор. «Манас» эпосунун тарыхый жактан пайда болушу ж-а өнүгүшү ж-дөгү маселени атайылап изилдеген фольклорчу Э. *Абдылдаев* «байыркы элдердин эпикалык салты болуп келген ар түрдүү тематикадагы баатырдык жомоктор эволюциялык өнүгүүнүн белгилүү учурунда зарыл процесс катарында эпикалык циклизация принцибинде курулуп, «Манас» эпопеясынын жаралышын камсыз кылгандыгын» белгилейт. Эпикалык циклдештирүү өрчүп, өмүр баяндык масштабы кеңип, генеалогиялык циклдешүүгө өтөт. Бул көрүнүш жеке эле «Манас» эпосуна таандык көрүнүш эмес. Баатырдык эпостордун алгачкы этабында алардын поэтикалык түзүлүшү негизинен өмүр баян (биография) формасында болот. Түрк-моңгол элдериндеги эпикалык салттардын өнүгүшүнүн алгачкы мезгилине мүнөздүү поэтикалык системанын структурасында эпикалык баатырлардын өмүр баяны эки бөлүктөн: туулгандан үйлөнгөнгө чейинки башынан кечирген окуялардан ж-а баатырдык иштерин сүрөттөөдөн турат. Б. а. көпчүлүк элдердин эпосторунун сюжеттик курулушун көркөм сүрөттөлгөн баатырдык өмүр баянсыз элестетүү кыйын. «Манас» эпосунун алгачкы өзөгү да ушул эле салттык көркөм системада, өмүр баян формасында болгондугу шексиз. «Манас» эпосунда сакталып калган көөнө (архаикалык) белгилер анын алгачкы поэтикалык системасынын түзүлүшүн төмөнкүчө элестетүүгө мүмкүндүк берет: эпикалык Манастын төрөлүшү, ат коюлушу ж-дөгү салттык сюжеттердин системасы, баатырдык үйлөнүшү (Кыз Сайкал м-н жекеме-жеке кармашуу аркылуу) ж-а мифтик жандыктар (жалгыз көздүү дөө, Макел, Мадыкан) м-н күрөшүп, жеңиши. Минтип салттык структурага киргизилген түрдүү темадагы эпикалык окуялардын бир борб. каармандын айланасына топтолуу процесси коомдун өнүгүшүнүн белгилүү бир кырдаалындагы жалпы элдик идеологияны чагылдырат ж-а тарыхый конкреттүү окуяга тикеден-тике байланышат. «Манас» эпосунун эпикалык цикли жөн гана эпикалык окуялардын жыйындысы болбостон, кыргыз элинин тарыхынын урунттуу бир кырдаалында ошол учурдагы негизги идеологиялык—эстетикалык талапка ылайык жаралган мыйзам ченемдүү кубулуш. О. Азия элдеринин орток эпикалык салттарынан болгон «Огуз-наме», «Коркут атанын китеби», «Көр уулу» сыяктуу чыгармалар да поэтикалык түзүлүштөрү б-ча «Манас» эпосу м-н бирдей жалпылыкта турушат. «Манастын» композициялык структурасы эпикалык өмүр баян принцибинде курулгандыктан көптөгөн эпикалык окуялар борб. каармандын ысымына байланыштырылып, тизмектелип, бир бүтүндүктү жаратып калган. Мындай типтеги баатырдык эпосторго генеалогиялык циклдештирүү принцибинде өнүгүү да мүнөздүү (Манас, анын уулу Семетей, небереси Сейтек ж-дө чыгармалар, өзбектердеги Алпамыш, анын уулу Ядгар ж-дө, Көруулунун асыранды уулдары Аваз м-н Хасан, неберелери Нурали, Равшан ж-дөгү элдик поэмалар ж. б.).

*А. Жайнакова*

**БИР АРТИСТТИН ТЕАТРЫ.** «Манас» эпосун же башка кичи эпосторду аткаруу сөзсүз түрдө театр өнөрүнө тийиштүү эки компонентти талап этет: аткаруучуну ж-а көрүүчү-угуучуну. «Манас» оозеки чыгарма болгондуктан бул эки компонентсиз эпостун аткарылышын элестетүү мүмкүн эмес. «Манастын» окуясынын өнүгүшүн, кейипкерлеринин образдарынын түзүлүшүн, монологдорун ж-а диалогдорун бир гана аткаруучу-манасчы көргөзөт. Ошондуктан, манасчыда акындык касиеттен тышкары сөзсүз түрдө аткаруучулук (лицедейство) дарамет болушу зарыл. Ушул жагдайлардан алганда манасчылык өнөр «бир артисттин театры» деген аныктамага толук жооп берет. Манасчынын театры В. Н. Яхонтов, С. А. Кочаряндын театрлары м-н дээрлик үн алышып турат. Манасчылык өнөр кадимки европалык типтеги театрга окшобосо дагы анын негизги принцибин сактаган өнөр: эпос аткаруучу (артист) м-н көрүүчү-угуучунун бир-бирине таасир эткен жандуу процессинде гана жаралып, аткарылат, к. *Манасчы, Семетейчи, Айтуучу.* Сүрөтү 148—149-бетте.

**«БИРИНЧИ КАЗАТ»**—"«Манас» сериялары» деген наам м-н басмадан жарык көргөн китепче (Фр., 1944). Басмага даярдаган жооптуу редактор К. Рахматуллин. Азыркы ариб м-н Сагымбай Орозбак уулунун варианты б-ча басылган. Китепте камтылган окуялар Манас баатырдын сырткы баскынчы душмандарга каршы жүргүзгөн адилет күрөшүн чагылдырат. Эпосто баяндалган Манастын бардык «майда казаттары» кыргыздарды чапмак болгон тышкы баскынчыларга каршы күрөштүн түрдүү этаптарын баяндап, Бээжинге жасалган «Чоң казаттын» себептерин даярдайт. Манастын Кашкарга жасаган казатынын максаты да ал жерлерди душмандардан бошотуу үчүн жүргүзгөндүгү айкын. Ошого жараша китептин аталышы да «Биринчи казат». «Б. к.» эң алды м-н коркунучтуу душманга каршы туруу, эл башына келер азаптын алдын алуу максатын көздөйт.

**БИРМОЮН** — эпизоддук кейипкер. Үргөнчтүн боюнда Семетейди күтүп жаткан Айчүрөктүн нөкөр кыздарынын бири (СК, «Семетей», 2. 47).

**БИРМЫСКАЛ** — кейипкер, Бурулчанын сырдаш курбусу, *Айжаңжуңдун* кызы. Алмамбет м-н Бурулчанын убадалашканын, анын ушунча жыл Алмамбетти күтүп жүргөнүн Б. гана



Саякбай Карала уулунун «Манас» айтып жаткан учуру (М. Убукеевдин сүрөттөрү).

















билет. Алмамбет келип жолугарында көргөн түшүн да Бурулча Б-га айтат (СК, 2. 140). Манас жеңишке ээ болгондо Эсенкан Бурулча м-н Б-ды баш кылып көп тартуу тартып, Манаска Чет Бээжиндин кандыгын берет. Б-ды Чубакка алып беришет. Бакай Бурулча м-н Б-ды Таласка көчүрүп кетет (СК, 2. 160—162, 168).

**БИЧИК** (моңг. битиг, бичиг — жазуу; тунгус-манжур тил тобунда, бичи, битик, бачик, битэхэ — жазуу, китеп, документ, кереэз, тумар, алтайча, якутча — жазуу)— эпосто «Бичиктерин алышып Аяр менен сыйкырчы Балын ачып салышып» (СК, 1. 34),— деп айтылат. Мында Б. китеп деген маанини билдирип турат. Б. кытай, калмактардын касиеттүү дин китеби катары түшүндүрүлөт.

**БОГДАНОВА** Медина Искендеровна (1908—1962, Москва)— орус совет адабиятчысы. О. Азия ж-а Казакстан түрк элдеринин адабияты ж-а фольклору б-ча белгилүү адис, филология илимдеринин кандидаты. Кыргыз тилин, фольклордук акындар чыгармачылыгын изилдеген, кыргыз тили ж-а адабияты б-ча адистерди даярдаган. Ал Ташкендеги О. Азия ин-тунун чыгыштаануу факультетин (1932), СССР аткомунун алдындагы улуттар ин-тунун аспирантурасын бүтүргөн (1945). Б-нын илимий иштеринин көпчүлүгү кыргыз филологиясына арналган. Ал 40-жылдары республиканын ар кайсы тарабына уюштурулган диалектологиялык экспедицияларга катышкан. Б. кыргыз фольклорун жыйноого орчундуу салым кошкон. Кыргыз адабияты тарыхынын орус тилинде жазылган алгачкы очеркинин автору, Т. Сатылгановдун өмүрү, чыгармачылыгына атайын изилдөө арнаган. Б-нын бул эмгектеринде кыргыз көөнө рухий маданиятынын эстеликтери, о. эле «Манас» эпосу көп эскерилет. Б. «Манас» эпосун атайын изилдөөгө алган макалалардын автору. Ал 1952-ж. «Манас» эпосу б-ча болуп өткөн бүткүл союздук илимий конференцияга активдүү катышкан. Ошонун негизинде жазылган «Об особенностях киргизского героического эпоса «Манас»» (М., 1961) деген эмгек жазган. «Манас» эпосунун айрым өзгөчөлүктөрү «Об эпосе народов Советского Востока» (М., 1960) деген изилдөөсүндө да кеңири талкууланган. Б-нын «Манаска» арналган эмгектеринде эпостун элдүүлүгү, идеялык мазмуну ж-а анын образдары ж-дө сөз болот.

*С. Кайыпов*

**БОЗАЙГЫР** — Көкөтөйдүн тулпарларынын бири. ВЖЭ б-ча Бокмурун эл чакырууга жаш Айдарды жибererде каалаcаң Б-ды минип бар дейт.

Кабыргада калкан бар,
Кап жайласа кебелбес.
Куйругунда кудук бар
Кулан суулап түгөтпөс,
Баш жагында манат бар
Марал суулап түгөтпөс.
Алты ай минсе арыбас,
Аркасын кесип алса жоорубас
Асти көөнүң оорубас (ВЖЭ, «Ала-Тоо», 1979, № 7, 73-б.).

**БОЗБАЛА** — эпизоддук кейипкер. Коңурбайдын жылкычыларынын кичүүсү. Түшүндө Семетейди көргөнүн айтып, Карагулдан таяк жейт (СК, «Семетей», 2. 168—171). КВда от жаккыч Б-ны жаман түш көрсөң деп Карагул сабатып өлтүрөт (КВ, «Семетей», 253—254).

**БОЗБАЛА** — эпизоддук кейипкер. Кыястын жылкычыларынын кичүүсү, от жакчусу, Күлчоронун досу. Кордукта жүргөн Күлчорого жан тартып, Сейтектин төрөлгөнүн, анын элге кайрымдуу адам болуп чоңоюп келатканын айтып берет Айчүрөккө жолукмак болуп Карагулдан мөөнөт сураганы үчүн жылкычыларга сабатканда Күлчорону арачалап калат. Күлчоро м-н кошо келген Сейтек Карагулду өлтүрүп салганда, элди күтүп алуучу ээси келиптир,— деп сүйүнүп той берет (КВ, «Сейтек», 68—70, 83—84).

**БОЗ-БӨЛТӨК** — топоним. «Каныкейдин жомогунда»:

Боз ала чаңгыл Боз-Бөлтөк.
Боз-Бөлтөккө жетесиң,
Боз-Бөлтөккө чыкканда...
Кулунум бир ээлигип кетесиң (СК, «Семетей», 1. 145),— деп Таласка келаткан жолдо Б.-Б. деген жер бар экендиги айтылат.

**БОЗ-ДӨБӨ** — топоним. Элдик уламыш б-ча Манас баатыр калмактар м-н согушкан мезгилде өзүнүн аскерин жайгаштырган оорук. Бул уламышты 19-к-дын орто ченинде Ч. Валиханов жазып алган. Анын басылып чыккан эмгегинде «Манастын Боз-Дөбөсү» деп берилген. Манастын Б.-Д-сү Каркыра жайлоосу тарапта, Кыргызстандын чек арасынан 15 *км* түндүктө, Казакстандын Алматы обл-ндагы р-ндун борбору Кеген кыштагынын түш.-чыгыш жагында. Дөбө турган жер түз талаа, ошондуктан ал абдан бийик көрүнүп, айланадагы жерден айырмаланып алыстан эле көрүнүп турат. Б.-Д-нүн бийиктиги болжол м-н 20—25 *м*. Негизги варианттарда Жакып жашап турган жер катары Манастын төрөлүшү ж-дөгү эпизоддо «Жер ортосу Боз-Дөбө» (СО, 1. 20) деп Алтайдагы Б.-Д. айтылат. Манас 15 жашында салбырынга чыгарда:

Мергени кийик карашып,
Бет-бетине тарашып,
Эндөөлөп жолго салыптыр
Эсилдин башы Боз-Дөбө
Эр Манас чыгып алыптыр (СО, 1. 216).— деп Чыгыш Казакстандагы Б.-Д. сүрөттөлөт. ВЖЭ б-ча Көкөтөйдүн ашы Кыл-Эртыш, Каңгай тарапка көчүп барып берилген деп баяндалса да Манастын Жолой ж-а Коңурбай м-н согушу Иле өрөөнүнүн тегерегинде эле болгондугу Көкөтөй кандын ашы мезгилинде калмактардын чатагынан чыккан согуш ушул Б.-Д-нүн айланасында болгондугу географиялык аталыштардан ачык көрүнөт. Салгылашта Манас Жолойду өлтүрүп, Коңурбайды жарадар кылат, бирок ал Иле дарыясын Алгара м-н аттатып кутулуп кетет. «Манастын» Ч. Валиханов жазып алган вариантында эле төрт жолу «Жер ортосу Боз-Дөбө» деп айтылат. «Жер ортосу Боз-Дөбө Боз-Дөбөгө Манас жатып алган дейт» («Көкөтөйдүн эрте-

гиси», 93-б.). Эпосто Б.-Д. Манастын ордосунун бири катарындагы мааниде берилгендиги байкалат. Б.-Д. топоними О. Азия м-н Казакстанда кеңири таралган. Алтай аймагында Б.-Д. деген жер бар экени да белгилүү.

*А. Жаманкараев*

**БОЗЕК** — этноним. «Манас» эпосунда «Бозек менен Шаңкай бар, Ойрон кылды баарысын Оңолбогон далай бар» (КВ, 1. 165)— делип Б-тер кыргыздарга коңшу эл катары сүрөттөлөт. Б. тууралуу каракалпак элинин санжырасында кездешет. Каракалпактардын кай бир урууларынын аттары «Манас» эпосунда аталышы бекер эмес, кыргыздар м-н каракалпактардын санжыраларында 20дан ашуун чоң ж-а майда уруулардын аттары бирдей экенин көрүүгө болот (к. *Каракалпактар).* Б-тер Түн. Кавказда жашап турушкандыгы ногой элинин санжырасында да кездешет. Ногойлор болсо кыргыздар м-н этникалык байланышы болгон эл (к. *Ногойлор*). Ошентип, Б. этнониминин «Манаста» чагылдырылып калышы каракалпактар м-н кыргыздардын ж-а алардын курамындагы уруулардын туугандык ж-а тыгыз карым-катнаштарынын негизинде десек болот. Бул мамилелер Ордо кандыгынын тушунда же болбосо 13—15-к-да болуп өткөн. Биздин божомолдо кыргыздар О. Азия чөйрөсүнө келгенден кийин, алардын кай бир бөлүктөрү Алтын Ордонун курамында болгон. Мына ошол убактагы окуялар көркөм түрдө «Манас» эпосунда сакталып калганын Б-тердин мисалынан көрүүгө болот.

*И. Молдобаев*

**БОЗЖОРГО** — Бакайдын жоого минген аты (СО, 3. 169).

**БОЗЖОРГО** — Чыйырдынын Алмамбетти тосуп чыкканда минген аты (СО, 2. 335).

**БОЗКАЧЫР** — антропоморфтук типтеги жалгыз көздүү Малгун дөөнүн минген унаасы. СКВда чагылдырылган Б. кадимки эшек м-н жылкынын (бээнин) жалгашуусунан жаралган аргын, б. а. жылкы тукумунан кичине, эшек жаныбарынан чоңураак көлөмдө берилбестен, эпостун стилине ылайык өзгөчө апыртылган зооморфтук типтеги фантастикалык зор жандык түрүндө элестетилет. Б-дын унаалык сапаты тоодой болгон чоң Малгун дөөнү кебелбей көтөрүп согуштук майданда желе жортуп да, таскактап чуркап, ачкалыкка, ысык-суукка чыдамдуулугу ж-а күчтүүлүгү м-н өзгөчөлөнөт. Эпосто:

Ит Малгундун Бозкачыр
Башы үзүлдү быркырап,
Тоо ураган немедей
Кулап кетти дыркырап (СК, 2. 130),—

деп ажал тапканы айтылат.

Эшек м-н жылкынын аргынынан бүткөн жаныбардын атын билгизген «качыр» сөзү байыркы түрк тилинде «катыр» түрүндө болгон. Анткени катыр сөзү кат+ыр морфемаларынан куралган. Анын «кат» уңгусу байыркы түрк тилинде «кош, аралаштыр, аргындаштыр» маанисин берген. Ошол этишке зат атооч жасоочу «ыр» мүчөсү жалганып, «катыр» сөзү келип чыккан. Ал аргын дегенге жакын маани берген. Кийин т тыбышы ч тыбышына өтүп, азыркыдай качыр түрүнө келген.

*С. Алиев*

**БОЗКЕРТИК** — кейипкер, эпосто душман баатырларынын бири, кытайдын мангут деген элинин каны. Кыргыздар м-н кагылышкан душмандардын катарында «Токшукердин Бозкертик» өтө көп жолугат. Мис., Манастын 11 дуу-дуу м-н согушунда активдүү роль ойнойт. Көкөтөйдүн ашында Манас м-н эр сайышка чыгууга Коңурбайга кеңеш берип (СО, 3. 230—231), сайышка чыккан Коңурбайды Будаңчаң экөө коштоп чыкканы баяндалат (СО, 3. 248). Чоң казатта Алмамбет м-н Сыргак чалгынга барып, кытайлардын жылкысын тийип, Коңурбайдын колу м-н кагылышканда гана Б-тин баатырдык иш-аракети сүрөттөлүп, ал Алмамбет, Сыргак, Чубактарга тете баатыр катары айтылат (СО, 4. 304—306). СКВда Алмамбет м-н Сыргак тыргооттун каны Каныншайды өлтүргөндөгү эпизоддо Б-тин да өлгөнү баяндалат (СК, 2. 134), бирок кийин жаралуу болгон Манастын акырка огунан өлгөн кытайдын сегиз канынын бири да Б. делет (СК, 2. 208).

**БОЗ КИСЕ** (моңг. бусе — белбоо, ир. кисе — белбоо)— 1) эр азаматтын өзүнө гана таандык болгон майда буюмдары тагылуучу кайыш кур; 2) калың кайыштан кооздолуп оттук ж-а милте салынуу үчүн жасалган баштык. Муну негизинен кисе же кур деп да жалпы жонунан атай берет. Ал эми эпосто Б. к. болсо жалгыз гана Манастын өзүнө таандык болуп эсептелет. СКВда Манастын Б. к-си өзүнчө касиетке ээ буюм. Б. к. асмандан атайын Манаска арналып башка куралдары м-н бирге түшкөн. Анын касиеттүүлүгү Манас жоого аттанып, Б. к. курун белге чалганда кырк чилтен жолдош болуп, капталынан кара чаар кабылан чамынып, алдына келген душманын баса калчудай чолок куйрук арстан камынып калат. Айрым бир учурларда Б. к. эмес, ак кисе деп да айтылат:

Сырттан Манас зыңгырап,
Ак олпокту кийди эми
Асмандан түшкөн ак кисе
Айкырып белге илди эми (СК, 2. 211).

Калган эскерүүлөрдө Б. к. деп айтылып олтурат. Манастын Каныкейге айткан керээзинде да Б. к-нын касиеттүүлүгү эскерилет:

Кысталыш жолго киргенде,
Кыйкырып белге чалганда,
Кырк чилтен жолдош бир болгон.
Касташкан жоону көргөндө,
Каарданып курчанса,
Кара чаар кабылан
Капталында чамынган.
Чолок куйрук арстан
Жандай салып камынган
Асмандан түшкөн бос кисе,
Жаным менен дос кисе,
Каныкей, илип койчу кашыма (СК, 2. 231).

Демек, Б. к. жөнөкөй эле ар кандай керектелүүчү буюмдар тагылуучу кур катары айтылбас-

тан, дайыма Манастын колдоочуларын алып жүргөн касиеттүү кур катары сүрөттөлөт.

*К. Кырбашев*

**БОЗ МОЙНОК** — топоним. Семетей м-н Бакайдын Жакып канга жолукканында:

Ээй кагылайын кулунум,
Ушу жаткан Боз-Мойнок,
Боз-Мойнокту көргөндө
Көңүлүм кетет көп ойноп (СК, «Семетей», 1. 240),— деп Бакай мурда жерден, оюн куруп жүргөн Б.-М. жерин көргөндө кубанып толкунданат. Эпос б-ча Б.-М. Гала.. чөлкөмүндө жайгашкан бел.

**БОЗТАЙЛАК** — Жакыптын минген аттарынын бири, Камбарбоздун үйүрүнөн. Чыйырды Манасты издегенде мингени айтылат (СО, 1. 126).

**БОЗ-ТАЛАА** — топоним. СКВда Жакыпка тарынып кеткен Манас Баба-Дыйканга жолугуп, экөө ортоктошуп эгин айдаган жер (СК, 1. 173—174).

**БОЗУУЛ**, Бозжигит — кырк чоронун бири. Өз аты — Чынаалы, «Бозуул» деген ысым ылакап аты (СО, КФ, 575-инв., 120-б.). Б-га карата айтылган «болумдуусу», «ыктуусу» сыяктуу эпитеттер анын кырк чоронун ичиндеги нары акылдуусу, ар ишке маш чоролордун бири экенин көрсөтүп турат. Эпосто ыктуу, жөн билги адам катары Манастын ич ара иштерин көбүнчө Б. бүткөрөт. Манас ата конушу Ала-Тоону душмандан бошоткону Алтайдан аттанып жортуулга чыкканда калмактын Текес канынын Куяс аяры апсун окуп бак-дарак, чөп-чардын баарын жарак-жабдыктуу жоокер кылып кубултуп жол тостурат. Анын сыйкыр экенин элес албаган Манас Аккелте м-н атат, сыйкырланган «жоокерлер» жоош кылып мылтык атышат, андан Манастын көзү көрбөй калат. Манасты айыктырыш үчүн алтын сакал Айкожону алып келүүгө атка жеңил, тайга чак, он төрт жашар Б. барат (СО, КФ, 575-инв., 105—123-б.). «Чоң казат» мезгилинде чалгынга бараткан Алмамбет жолдоштукка Сыргакты, коштоо атка Ажыбайдын Карткүрөңүн каалайт. Манас Ырчыуул, Бозуул ыктууларды жиберип Ажыбайдан Карткүрөңдү суратат (СО, 4. 175—179). Алмамбет Манаска келип кошулганда анын урматына ат чабылат. Талаа жеринде байгеге сайганга мал жок, Манас кысталышта турганда Серек Алмамбеттин көңүлү бир көтөрүлүп калсын, чоролордон эле байгеге сая коёлу дейт. Ошондо да Б. өз эрки м-н баш байгеге сайылып жөн билгилигин көрсөтөт (СО, 2. 320—328). Кээ бир эпизоддордо да Б. маанилүү роль ойнойт. «Чоң казат» мезгилинде ал он башы болуп дайындалат. Бээжинге бараткан узак жолдо Б-дун ондугундагы узак жолдун оорчулугун көтөрө албай кыйналган Кыргылчал м-н Б-дун окуясы өтө юморлуу берилет. Алмамбет м-н Чубактын жол талашкан чатагына да ушул Б. м-н Кыргылчалдын ордо ойноп чырлашуусу себепчи болот (СО, 4. 131—141, 180—187). Көзкамандар алдап уу берип, өлтүргөнү жаткан Манасты Б. Аккулага эптеп мингизип, качырып куткарат. СОВ б-ча Б. кыргыздын окчу уруусунан болот, бирок Манас аны кырк чоронун ичинен жакын тууганым деп эсептейт. Көзкамандардан ууланып өлүм алдында турган Манас: «Эч болбосо жанымда, Жамандык күндө карашкан, Жакшылыкта сыйлашкан, Өлүмдүү күндө ыйлашкан. Өчөгүшкөн душманга, Өлүмдөн качпай кыйрашкан, Өзүмдүн жакын тууганым, Өткүрүм Бозуул болсочу, Өрттөнүп кеткен калмактан Ажыратып койсочу»,— деп өмүрү бычактын мизинде турганда да Б-ду эстейт. Б. СКВ б-ча да Манастын жакын тууганы делет (СК, 1. 195).

*Р. Сарыпбеков*

**БОЗ-УЧУК** — топоним. «Чоң казатта» Коңурбайдын жылкысына тийген Алмамбет, Чубак, Сыргактын аркасынан кууган Токшукердин Бозкертиги Алмамбетке жетип найза саярда Сыргак Б.-У-тан тосуп, аны өлтүрөт (СО, 4. 305).

**БОЗ ҮЙ** — Борб. ж-а О. Азия талааларында байыркы көчмөн элдердин негизги турак жайы, элдик мүлк. Алардын ичинен түрк ж-а моңгол элдери жашаган турак жай жеңил келип, көчүп конууга ылайыкталып, суукта жылуулугу, ысыкта салкындыгы м-н айырмаланган. Б. ү. түрк-моңгол элине жеткенге чейин да ар кандай көчмөндөр тарабынан анын тигил же бул элементтери көп жолу өзгөрүлүп өнүгүп келген. Акыры биздин замандын биринчи миң жылынын орто ченинде түрк көчмөндөрү тарабынан ал үйлөрдүн негизине эң чоң өзгөрүү киргизилген. Ал өзгөрүү — бүктөөгө ж-а жазууга боло турган тор көздүү керege болгон. Керегенин жасалышы мал чарбалыгы м-н тоо-талааларда көчүп-конуп жүргөн көчмөн турмуштун зарылчылыгынан келип чыккан. Көчүүгө жеңил, каалаган жайга тигүүгө ылайыкташкан, жаан суусун тез агызган, табияттын ар кандай таасирине чыдамдуу Б. ү-дүн жыгаччылыгына (сөөгүнө): уук-керege, босого-таяк (баш босого, аяк босого), түндүк, каалга кирет. Үзүк, туурдук, түндүк жабуу, эшик тыш, боз үйдүн өрө кийизин түзөт. Үйдүн ички — сырткы жасалгалары: жабыкбаш боо, тегирич боо, үзүк боо, туурдук боо, жел боо, уук учтук, саканак таңгыч, кылдырооч, төтөгө канат чий, чыгдан өңдүүлөрдөн турат да, алардын өзүлөрүнө тиешелүү көркөм оюмдары ж-а көчөттөрү түшүрүлөт. Эпосто «Асемдеген ак сарай, Салтанаты бир далай» (СО, 3. 51),— деп сүрөттөлгөндөй, Б. ү-дүн чоңу «ак сарай», же ордо, андан кичирээгин «ак өргөө», ал — жасалгалуу үй. Ал эми күнүмдүк турмушта колдонулганы Б. ү., жолум үй. Анын жыгачтарына алтын күмүштөн көрчөгө чабылган.

Кайыңдан түндүк ийдирген,
Каалга, таяк босого,
Канча түрдөп чийдирген,
Ууктарын нылдаган,
Каалга менен босого
Канча түрдөп сырдалган
Чийин жибек чырмаган (СО, 3. 50).

Б. ү-дүн каалга, босого — таяктарына жыгач оюм-чийимдери түшүрүлүп, укмуштай кооз сырдалган, чийлер чырмалган. Ак өргөөнүн

В. Верщагин. Кыргыздардын революцияга чейинки тиричилиги.



түндүгүнөн айчыгы алтындан жибек асаба күнгө чагылышып, алыстан эле дүпөктүү көрүнөт. Ак сарайдын жыгач бөлүгү, чийлери кандай асемделсе, сырткы жабдуусу ж-а ички жасалгасы да о. эле асемделгени эпосто белгиленет:

Үзүгүнүн баарысын
Ак манат менен тыштатып,
Ууктарын учтатып,
Учу сайын ууктун
Учуна манат тыштатып (СО, 3. 102).

Келтирилген саптардан ак сарайды чечкенде, ууктарынын учтары сынбасын үчүн ар бир ууктуу кийгизгени айтылат. Ак сарайдын ички жасалгасынын эң көрүнүктүү элементтеринин бири жабык баш болгондуктан ал ж-дө: «Жабык башы кундуздан Жана токсон үй болду» (СО, 3. 146). Боочулары ж-дө төмөндөгүчө айтылат: «Аземдүү боо тартылган Тагылганы зымдар боо» (СО, 3. 117). Эпосто ак сарайды жалаң эле өзүнүн негизги аткарган милдети — турак жай катары гана эмес кыргыз элине, кыргыз жерине келген чет элдик коноктор, саякатчылар, элчилер, соодагерлер кабыл алынган, эл тагдыры чечилген маселелер каралган жай катары көрсөтүлгөн. Ак сарай эпосто сулуулуктун символу ж-а эң баалуу, эң аялуу буюм катары ак кийиз м-н жабылып, кыздарга сеп катары берилет. Уулдар үйлөнгөндө чакан төрт канат өргөө көтөрүлгөн. Кыздын себине өргөө берүү, уул үйлөнгөндө өргөө көтөрүү салттары «Манас» эпосунда да кеңири баяндалат. Мис., Манас Карабөрккө үйлөнгөндө кайын атасы Кайып дaң сепке берген өргөөнүн коoздугун Жайсаң ырчы жарым күнү ырдайт (СО, КФ, 572-инв., 545-б.).

*А. Акматалиев, Б. Алымбаева*

**БОЙТОРУ** — Бозкертиктин байгеге чапкан күлүгү. Көкөтөйдүн ашында ат чабышка салынганы айтылат (СО, 3. 154).

**БОКМУРУН** — кейипкер, Көкөтөй байдын баласы (к. *Көкөтөй*). СКВда Перинин кызы Айсалкын Төштүктөн тууп, куржунга салып,



Боз үйдүн сырткы көрүнүшү.



Т. Герцен. Бокмурун атасы өлгөндө.

Көкөтөйдүн төөсүнүн өркөчүнө илип калтырган баланы карыганча бала көрбөй жүргөн Көкөтөй асырап алат. Эпостун бир катар эпизоддоруна көпчүлүк кандардын катарында катышат. «Чоң казатта» Кожожаштын огунан өлөт. Ал көбүнчө атасы Көкөтөйгө берген ашка байланыштуу белгилүү. Эпосто ал эки жактуу мүнөздөлөт. Бир жагынан жоомарт, намыскөй баатыр катары, бир жагынан атасынан калган сансыз байлыкка эсирген, алды-артын байкабаган көпкөлөң байбача катары сүрөттөлөт. Анын өкүмдүгү жер жүзүндөгү кандардын бардыгына:

Бул ашыма келсин де,
Бул ашыма келбесе,
Көкөтөйдүн айчыгы алтын кызыл туу,
Үйү үстүнөн көрсүн де (СК, 2. 14);
Босогоңду кыйратып,
Боордон бээң туйлатып,
Боз уланың ыйлатып,
Керегеңди кыйратып,
Кериден байтал туйлатып,
Келин-кызың ыйлатып,
Там-коргонуң талкалап,
Кум коргонуң куйкалап,
Тап кушуңдай мырзаңды
Таманга басып жүн кылып,
Тал чыбыктай кыздарың
Даңкайган кара күң кылып...,
Билген ишин кылат де,
Бириңди койбой кырат де! (СО, 3. 98),—

деп опуза кабар жибергенинен ачык көрүнөт. Алды-артына карабай иш кылган Б. нускалуу атасы Көкөтөйдүн элге бүлүк түшөрүн алдын ала билип аш бербесин деген керээзин аткарбайт. «Көкөтөйдүн ашы, көп чырдын башы» болорун билбей, эч кимдин тилин албай, ат туягы жеткен жердеги элдин баарын чакырып аш берет. Кыргыз элин тышкы жоодон коргогон Манас баатырды баалабай, текеберленип, адегенде ашка да чакырбай коёт. СКВда байдын эрке баласы, дөөлөткө мас, шайкелең Б. атасынын дүнүйөсүн чачып жер кыдырып, кыз тандап, колукту издеп кетет. СОВдо да күйөөлөп кетип, атасы өлгөндө үстүндө болбойт. Б-дун өрөзгөй аты узакка бала көрбөгөн атасынын көз тийбей өссүн деп ырым кылышына байланыштуу коюлуп калышы мүмкүн (байыркы элдердин ишеними б-ча Б. сыяктуу «жаман» ат берүү ар түрдүү суук көздөрдөн жазгырып, баланын өмүрүн сактап калуунун бир жолу болуп саналган):

Ат коюудан кызганып,
Алда кандай болот деп
Аманат жаным кысталып,
Мурдунан чыгып чимкирик,
Бала койбой чимкирип,
Эркелетип эл жүрүп
Бокмурун болуп атагы,
Атын жакшы койбогон
Атасынын чатагы (СО, 3. 8).

Бирок, бул ысым анын эсин толук жыя элек ала кеөдөн, дөөлөткө мас бала катары сүрөттөлгөн образына шай келишине караганда — шылдыңдуу ылакап ат (прозвище) коюлушу мүмкүн деп ойлоого да түрткү берет.

*Р. Сарыпбеков*

**БОКЧО** (ир. бокча — түрмөк, таңык)—1) баалуу буюм-терим сакталуучу сандыкча, куржун баштык; 2) бирөөнүн сырын, ал-жайын билүү үчүн жасалган аракет. СОВдо буюм сакталуучу нерсе катарында «Канча там толгон дүйнө бар, Арттырып бокчо катпаңар» (СО, 3. 66),— деп айтылат. Ал эми СКВда Б-нун сүрөттөлүшүн төмөнкү саптардан көрөбүз:

Колдун баарын мол жыйнап,
Үй үстүнөн басалы.
Үйүң күйгөн буруттун
Капкайда жинин чачалы,
Бокчолорун тинтели.
Төрүнө чийип сызыкты,
Кызыталак бурутка
Бир кылалы кызыкты (СК, 1. 34).

**БОЛЖОҢ** — эпизоддук кейипкер, кытай баатыры. Эсенкан Манасты издөөгө соодагер кылып жиберип, ың-жыңсыз жоголгон адамдарынын дайнын билүүгө жөнөткөн тогуз жүз кишиден турган Нуукер баштаган кытай аскери салбырында жүргөн Манастарга жолугат. Жекеде Кымкар деген баатырын өлтүрүп салган Көкчөгө каршы Б. чыгат. Манас Б-ду Көкчөгө жеткирбей атып салат (СО, 1. 273—274).

**БОЛОТ** — эпизоддук кейипкер, Кыз Сайкалдын кырк чоросунун башчысы. Сайкалга байланыштуу эпизоддордо ж-а Манас Карачадан Аккуланы сатып алгандагы эпизоддо катышат.

**БОЛОТ** — эпизоддук кейипкер, Манастын Алтайда жүргөндөгү жолдошторунун бири. Жакып эл чогултуп Алтайдан Анжыянга көчөлү деген кеңешке Манас м-н бирге келгени айтылат (СО, 2. 18).

**БОЛОТ** — Чубактын өз ысымы. РЖВда бирде Чубак деп берилсе, бирде «Акбалта уулу Болотум, чором»,— деп айтылат. СОВдо:

Акбалтанын Чубагы
Болот эле өз аты
Чууга жакын болгондон
Чубак болду бу дагы — (СО, КФ., 657-инв., 69-б.)— делип Чубак Б-тун чын аты экени айтылат, к. *Чубак.*

**БОЛПОКАН** — эпизоддук кейипкер, Үргөнчтүн боюнда Семетейди тосуп жаткан Айчүрөктүн нөкөр кыздарынын бири (СК, «Семетей», 2.47).

**БОМБЕЙ,** Бамбей — Мамбай — топоним. Кыргыздардан алыс турган атактуу шаар, өлкө катары эпостун айрым эпизоддорунда эскерилет. Географиялык реалияда Индиянын ири шаары.

**БООБЕК** — кырк чоронун бири. Манас Каныкейге күйөөлөп баргандагы ат чабышта күлүгү он экинчи келген, Б. тагдырына буюрган Аземканга үйлөнөт (СО, 2. 424). Эпосто казактын алчын уруусунан экени айтылат.

**БООБЕК** — эпизоддук кейипкер. Манас Алтайда экенинде уруу билермандарынын катарында аталат (СО, 1. 250). Кийин Көкчө м-н Алмамбетти араздаштыргандардын бири (СО, 2. 243).

**БООКЕ** — кырк чоронун бири. Теги кытай, Алоокенин уулу. Манас Алоокени жеңгенден кийин анын көзгө атар мерген уулу Б-ни өзүнө чоро кылып алат (СО, 2. 196—197). Каныкейге күйөөлөп баргандагы ат чаап жар тандоодо күлүгү он алтынчы келген Б. тагдырына буюрган Тизеканга үйлөнөт (СО, 2. 424).

**БООКЕ,** Беке — эпизоддук кейипкер, Атайдын уулу. Жакыптын Манаска ылайык кыз издегенде кошо жүргөн жолдошу (СО, 2. 349, 373).

**БООҢ** — эпизоддук кейипкер, Акунбешим паашанын сыйкырчы аяры. Орго кандын жеңилгенин уккан Акунбешим Шамың шаа деген балбаны м-н Б-ду көп кол берип Манастын жолун тосууга жиберет. Манастын сүрүнөн коркуп Шамың шаа качып кетип, алтымыш балбаны м-н калган Б. аларды сыйкырлап ажыдаар, башка түрдүү жырткычтарга айландырып коюп, Манастын жолун тосоттоп калат. Кыргыз кошуну үч бөлүнүп, капчыгай м-н келген Кыргылчал баштаган кол капчыгай толо шумдуктуу тоскоолго келип такалат. Б. аяр түрдүүчө кубулуп аскерди алекке салат. Башка жол м-н кеткен Бакай капчыгайдын ичи каптара болуп, түн түшүп калганын көрөт. Аскердин ичиндеги Ырдык аярдын алы жетпей, Бакайдын колундагы Байкүш аяр жардамга келип, экөөлөп Б-ду жеңип, ал ажыдаар болуп оп тартып койгон кырк миң аскерди бошотот (СО, 2. 101—102, 108, 110—115, 117, 129).

**БОР** — замбиректин бир түрү. «Манас» эпосунда чагылдырылган согуштук курал-жарактардын ичинен Б. арналышына карата атылма куралдардын тобуна кирет. Ал согуш куралдарынын атылма түрүнөн айырмаланып, замбирек сыяктуу найы узун артиллериялык курал катарында алыскы аралыкка атат. Эпосто: «Кез-кез жерде Бор атып» деп согушуп жаткан эки тарап тең бири-биринин күчүн жок кылууга арналган бул куралды колдонгондугу айтылат (СК, 1. 14).

**БОРБИЕВ** Нуртай (1937, азыркы Бишкек ш., Кызыл-Аскер айылы)— кыргыз кинооператору. Кыргыз ССРинин маданиятына эмг. сиң. кызматкер (1979). «Манасчы» илимий-популярдык фильмин (А. Петров м-н бирдикте) тарткан. Б-дин чыгармачылыгы лирикалык ж-а эпикалык маанайда, к. *«Манасчы».*

**БОРБУГУЛОВ** Мухтар (1930, Сузак р-ну, Актоок айылы)— кыргыз совет адабиятчысы, жазуучу, тамсилчи, филология илиминин доктору (1967), профессор (1967). 1988-жылдан КСЭнин башкы редактору.



Б. кыргыз Совет адабиятында тамсил жанрын калыптандырууга белгилүү роль ойногон. Анын кыргыз көркөм сөз өнөрүнүн фольклордон реалисттик адабиятка өсүп, өнүгүшүнүн негизги проблемалары, реалисттик усулдун калыптанышы, кыргыз совет адабияттындагы улуттук ж-а интернационалдык мамилелердин карым-катнашы, фольклордук салттын эволюциясы ж-а диалектикасы б-ча изилдөөлөрү бар. Б. «Манас» эпосуна байланыштуу илимий макалаларында эпостун чыгыш тарыхы ж-дөгү В. В. Радловдун, П. Н. Берковдун, В. М. Жирмунскийдин, М. О. Ауэзовдун, Б. М. Юнусалиевдин ар түрдүү көз караштарын кеңири иликтөөгө алуу м-н о. эле Манастын образын улуу эпостор «Илиада» м-н «Одиссеядагы» Зевс м-н Ахиллдин, «Махабхаратадагы» Аржуна м-н Карьонун образдары м-н салыштыра изилдөө аркылуу Б-дун чыгарган жыйынтык оюу, сунуш кылган жыйынтык-гипотезасы өзүнөн мурдагы окумуштуулардын чыгарган жыйынтыктарынын катарынан орун алган. Ал ««Манас» эпосунун байыркы башаттары» («КМ», 1987, № 3—4), «Токомбаевке тийишкен ким?» («КМ», 1988, 1. № 27), «Элдик сатира: Кыргыз фольклористикасынын маселелери» («КМ», 1978, № 13, 14, 16) деген «Манас» эпосуна арналган макалалардын автору. *А. Абилов*

**БОРКАРА** — *Боообектин* аты. Манастын Каныкейге күйөөлөп барганындагы ат чаап жар тандоодо чапкан күлүгү он экинчи болуп келип Боообек тагдырына буюрган *Аземканга* үйлөнөт (СО. 2. 424).



**БОРОВКОВ** Александр Константинович (1904, Ташкен — 1962, Ленинград) — советтик окумуштуу, түркolog, Өзбек ССР ИАнын корреспондент-мүчөсү (1943), СССР ИАнын корреспондент-мүчөсү (1958). О. Азия унтинин күн чыгыш факультетин (1928) бүтүргөн. Түрк элдеринин тарыхы, этнографиясы, фольклору ж-а тили б-ча илимий иштер алып барган. Б. «Алпамыш», «Кобланды», «Манас», «Козу Көрпөш менен Баян сулуу» сыяктуу эпосторун жыйноо, изилдөө иштерине түздөн-түз катышып, эмгектер жазган. 1952-ж. «Манас» эпосун изилдөөгө арналган бүткүл союздук илимий конференцияда «Манастын» элдүүлүк проблемасы» («Проблема народности киргизского эпоса «Манас»») деген темада баяндама жасаган. Ушул сөзүнүн негизинде жазылган макаласы «Дружба народов» журналына (1952, № 5) басылган. Б. «Манас» эпосун башка түрк элдеринин эпосторуна салыштырып, алар м-н байыркы тек, өзөк окуяларынын жалпылыгына да маани берген. Б. Ленин, Эмгек Кызыл Туу, «Ардак Белгиси» ордендери м-н сыйланган.

**БОРОНОВ** Адина Айылчиевич (1957, Алай р-ну, Жошолу айылы)— «Манас» изилдөөчү, филология илимдеринин кандидаты (1988). КМУнун филология факультетин бүтүргөн (1981). 1981—83-ж. Москвада СССР ИАнын Тил таануу ин-тунда стажировкада болгон, 1983-жылдан ушул эле ин-тта аспирант. 1988—90-ж. Кыргыз ССР ИАнын Тил ж-а адабият ин-тунда илимий кызматкер, 1989-жылдан Кыргыз айыл чарба ин-тунда улуу окутуучу, 1991-жылдан кафедра башчысы. «Кыргыздын баатырдык эпосу «Манастагы» адам аттары» деген темада кандидаттык диссертация (1988) коргогон. Анда эпостогу адам ысымдары, алардын этимологиясы иликтенген. «Манас» эпосу м-н кыргыз тилинин карым-катнашына, эпостун тилине байланыштуу илимий макалалардын автору.

**БОРООНЧУ** — каарман, кытай кандарынын бири, баатыр. Эпосто көбүнчө «Кара жалдуу Бороончу» деген туруктуу эпитет м-н айтылат да, кытай кандарынын катарында такай эскерилет. Көкөтөйдүн ашында эр сайышка кытайлар тараптан Коңурбай чыгарын Кошойго Б. билдирет (СО, 3. 238). Чалгынга барган Алмамбет м-н Сыргак кытайлардын жылкысын тийип алгандагы кагылышта Алмамбет, Чубак м-н найзалашкан (СО, 4. 302—304), Чоң казаттагы согушта Манас м-н бетме-бет келип найза сайышууга кудурети жеткен чоң баатыр (СО, 4. 333). СКВда Жолой м-н Нескарага көп кол берип, Эсенкан экинчи жолу Манаска жибергендеги согушта Кутубийдин найзасынан өлөт (СК, 1. 140).

**БОТАЛИЕВ** Ашыралы (1906, Чүй р-ну, Кызыл-Арык айылы — 1981, Фрунзе)— кыргыз совет артисти, улуттук театр өнөрүн баштоочулардын бири, Кыргыз ССР эл арт. (1939). Токмоктогу балдар үйүндө тарбияланып, 1926—30-ж. Кыргыз театр студиясында окуган; 1930—34-ж Кыргыз мамл. театрынын, 1934—42-ж. Кыргыз музыкалык драма театрынын, 1942—52-ж. Кыргыз опера ж-а балет театрында солист, 1952-жылдан бери Кыргыз мамл. академиялык драма театрында улуттук ар кыл образдарды жараткан. Б-дин «Манаска» байланышкан чыгармачылык ишмердүүлүгү «Айчүрөк» операсынан башталган. 1939-ж. Москвада өткөн кыргыз иск-восунун он күндүгүнө даярдалган бул операда Б-ге Чынкожонун партиясы ыйгарылган. Ички душман катары сүрөттөлгөн бул каармандын татаал образын чеберчилик м-н сахнага алып чыккан ырчынын ийгилиги москвалыктардын купулуна толот. Согуштан кийин «Манас» операсынан Бокмурундун партиясын аткарат. Б-дин операльк ырчы катары таанылышы биринчи кезекте залкар, кайталангыс каармандарынын образдары м-н тыгыз байланыштуу. Б. эки Ленин ордени, эки Эмгек Кызыл Туу, «Ардак Белгиси» ордендери, бир нече медалдар м-н сыйланган.



А. Боталиев — Бокмурун («Манас» операсы, 1946).

**БОТБАЙ** — эпизоддук кейипкер. Тейишкандын тоюнан кийин Кер-Көлдөгү ООрго канды көздөй жөнөгөн колду баштаган баатырлардын катарындаагы аталып өтөт (СО, 2. 68).

**БОТОКАН** — эпизоддук кейипкер, Бозуулдун атасы экендиги гана айтылат (СК, «Семетей», 1. 173).

**БОТОКУР** — эпостук ж-а этнографиялык материалдар б-ча калың, эндүү кайыштан сырткы бетине оюм-чийим салынып, алтын, күмүш, ар түрдүү асыл таштар чөгөрүлүп жасалган кур. Эпосто Б-ду азем буюм катары эл башкаруучулар курчанышкандыгы айтылат:

Саймалуу калпак, сары шым,
Шалдыркан кисе, бото кур,
Наалысы алтын, жез өкчө
Айдаркан уулу Эр Көкчө (СО, 3. 76).

Б. майданда белди коргоо үчүн да кызмат кылган. О. эле бийликтин, баатырдыктын символу катары да көрсөтүлөт. Башка элдин өкүлүн кабыл алганда сөзсүз Б. белде курчалуу болуу керек. Б-ду белден чечүү же моюнга салуу жеңилгендикти билдирген: «Бото куру мойнунда, Эки колу боорунда» (СО, 2. 218).

**БОТО-МОЙНОК** — топоним. Манас Алмамбетке алгач жолугарда кырк чоросу м-н ууга чыгып, тамаша кылып жүрүп, Көкчөгө тарынып келаткан Алмамбетти көргөн жер (СО, 2. 290). Географиялык реалияда Ашмара суусунун башы Кыргыз Ала-Тоосундагы бел.

**БОТОНУН-БЕЛИ** — топоним. Көкчөгө тарынып капаланып келе жаткан Алмамбетти Манас алыстан көрүп, аны сынамакка Чалыбай, Ажыбай, Сыргак, Кутунай, Чубак Б.-Б-нен тосуп туруп, тоноп, топондото алдыңарга салып топко айдап келгиле деп жөнөткөн бел (СО, 2. 304).

**БОТОНУН САЗЫ** — топоним. Эпостун варианттарында Жолойдун жашаган жери катары: «Ботонун сазын бойлогон, Күндө кумар ойногон, Кедердин уулу эр Жолой» (ВЖЭ, «Ала-Тоо», № 7, 1979, 76-б.)— деп айтылат. Географиялык реалияда Б. С. — Барлык менен Майлы тоолорунун ортосундагы жердин аты.

**БӨБӨТАЙ** — эпизоддук кейипкер. Ороздунун ырКы жок он уулунун төртүнчүсү (СО, 1. 189—190).

**БӨГӨЛ** — кырк чоронун бири. Ысымы дайыма Кайгыл, Тоорулчу чоролор м-н бирге айтылат. «Кайгуул», «Тоорул» деген аскердик терминдер «кароол», «чалгын» деген мааниге ээ синоним сөздөр, Б-дүн мааниси да аларга жакын «бөгөө», «тосуу» дегенди билдирет. Демек, бул үч чоронун аскердик кызматын (чалгынчы) билдирген жалпы аты, кийинки айтуучулар тарабынан энчилүү ысым катары айтылып калган. «Бөрү жолдуу» деген эпитет да Б-дүн аткарган кызматын белгилеп турат. Манас Каныкейге күйөөлөп баргандагы ат чаап жар тандоодо Бөрүкөк тулпары жыйырма сегизинчи келип Б. тагдырына буюрган *Жанымжанга* үйлөнөт (СО, 2. 420, 426). Чоң казатка катышкан чоролордун бири катары да эскерилет.

**БӨЙӨН** — эпизоддук кейипкер. Бир катар варианттарда Манастын түп аталарынын бири катары эскерилет.

**БӨЙӨН** — эпизоддук кейипкер. СОВ б-ча калмак байыш *Чаяндын* атасы, Жакыптын кичи аялы *Бакдөөлөттүн* чоң атасы экендиги гана айтылат (СО, 1. 33).

**БӨЙРӨК** — топоним. Анжыяндан Бээжинди көздөй качкан Алооке Кашкар жактагы Ак-Чий, Б. сууларынын боюнда өргүйт (СК, 1. 204). Географиялык реалияда Какшаал кырка тоосунун күн жүрүш этегинде.

**БӨКӨ** — балбан, карылуу, алп адам. Түрк-моңгол эпосторунда жеке адамдын күч-кубатын, тайманбас кайратын мүнөздөй турган көркөм каражат катарында милдет аткарат. «Манас» эпосунун поэтикасында каармандардын жекече касиеттерин туюндуруп мүнөздөмө берүүдө сүрөттөө каражаты катары колдонулат. Эпосто сейрек болсо да сакталып калган Б. деген көркөм каражаттын байыркылыгы байкалат. Анткени, алгачкы баатырдык эпостордун салттык эпитеттеринин бири болгон Б. деген сөздүн Манас м-н Жолойго карата айтылгандыгы алардын байыркы образ экенин аныктайт. Манасчы Сагымбайдын варианты б-ча жалгыз көздүү Макел дөө кытай баатыры Коңурбайга: «Манасың кандай бөкө деп, Бадыректи көргөзчү, Байлайын барып жеке деп» (СО, 4. 231) каарданат. Бирок, «Манас» эпосунун поэтикасында өтө сейрек учураган абстракттуу маанидеги Б. деген термин архаизмге өтүп, анын орду иран тилинен кирген семантикасы б-ча маанилеш «балбан» деген сөз м-н алмашкан. Б. иран тилинен кийин эле өздөштүрүлгөн «балбан» деген сөз м-н синонимдик мааниде болгондуктан эпосто кош сөз түрүндө да айтылат. Мис., Иле боюн башкарып турган калмак каны: «Илебинде бар деген Төрт жүз бөкө-балбаны» (СО, КФ, 575-инв., 98-б.),— деп сүрөттөлөт. Ал эми 19-к-да жазылып калган ВЖЭ м-н РЖВнын тексттеринде ж-а «Манастын» кийинки көптөгөн варианттарында Б. деген сөздүн учурабашы, албетте андан мурун эле архаизмге өткөндүгүн билгизет. Ал эми Түштүк Сибирде жашаган түрк-моңгол элдеринин адабий тилинде ж-а фольклордук чыгармаларында Б. деген термин өзгөчө күчтүү, балбан адамдарга карата айтылып, мис., моңголдордо — бөх, алтайлыктарда — бөкө, тубалыктарда — мөгө деп аталып өзүнүн эң байыркы семантикалык маанисин жоготпостон, активдүү колдонулуп келе жатат.

*С. Алиев*

**БӨКӨ**, Атайдын уулу *Боокенин* эркелетип чакырылган аты.

**БӨКӨ** — эпизоддук кейипкер, Көкчөнүн жигити. Казак билермандарынын ушагына ишенген Көкчөнүн чакыруусу б-ча келаткан Алмамбетке Б. эшик ачып берип, үйгө киргизет (СО, 2. 257).

**БӨКӨЙ** — топоним. Бээжинге карай аттанып, Б. белине келгенде Алмамбет Манас баатырга кайрылып, Каныкейдин ордосуна тийип, кеңеше кетели деп сунуш кылат (СО, 4. 81).

**БӨКӨН** — эпизоддук кейипкер. «Көкөтөйдүн ашында» Коңурбай баштаган калмак-кытайлар байгеге зордук кылып, чыр баштамак болушуп кеңеш курушканда аты аталат (СО, 3. 260).

**БӨКӨНБАЕВ** Жоомарт [1910, Кетмен-Төбө (азыркы Токтогул р-ну) өрөөнү, Мазар-Сай айылы —1944, Ысык-Көл обл., Чоң-Сары-Ой айылы, сөөгү Бишкекке коюлган)— акын, драматург, кыргыз совет жазма адабиятын баштоочулардын бири. 1924—26-ж. «Көк-Арт» балдар үйүндө тарбияланган. Фрунзедеги педтехникумду (1931), Москвадагы Коммунисттик ун-тинин журналистика бөлүмүн (1935) бүтүргөн. 1935—41-ж. «Кызыл Кыргызстан» газетасынын бөлүм башчысы, «Ленинчил жаш» газетасынын, «Советтик адабият жана искусство» (азыркы «Ала-Тоо») журналынын редактору. Б-дин көптөгөн ырлары, поэмалары, аңгемелери ж-а «Алтын кыз» аттуу драмасы кыргыз адабиятынын алтын фондусунан



орун таап, жогорку ж-а орто мектептерде окутулуп жатат.

Б. «Манас» эпосунун экинчи бөлүмүнүн окуяларынан алынып жазылган «Айчүрөк» операсынын либреттосун Ж. Турусбеков, К. Маликов м-н биргелешип жазган. Опера 1939-ж. кыргыз адабияты м-н иск-восунун Москвада өткөн 1-декадасында көрсөтүлгөн. Бүгүнкү күнгө чейин театрдын репертуарынан түшпөй коюлуп келатат. Б. «Манас» эпосу б-ча кинофильм тартууга камылга кылып жүрүп каза болгон. «Ардак Белгиси» ордени м-н сыйланган.

**БӨЛӨКБАЙ,** Төкөр уста — Манастын жарак-жабдыгын жасаган укмуштуу уста ж-а кырк мүңкүрдүн башында турган казына сакчысы. Эски варианттарда аты аталбай, «т ө к ө р  у с т а» (РЖВ), «т ө к ө р  д а р к а н» (ВЖЭ) делет. БСВда «кандык уста» деген туруктуу эпитетке да ээ. СКВнын «Семетей» бөлүмүндө Б-дын ролу бир кыйла жогорулап, кеңип, усталык казына башчылыктан тышкары Бакай, Сарытаз м-н бирдикте Семетейдин кеңешчиси, жардамчысы катары бул бөлүмдүн окуяларынын активдүү катышуучусу. Семетей Букардан Таласка адеп келгенде кырк мүңкүрдү (калчасы) м-н кубанып тосуп чыгат (СК, «Семетей», 1. 238—239) ж-а эпостун кийинки окуяларында катышат. Кийин Семетей кайып болуп кетип, Кыяс м-н Канчоро казынаны талаганда кырк мүңкүрү м-н казынаны коргоп жатып курман болот. Эпосто Б. устачылыктын пири Дөөтү м-н дос болгон кандайдыр кереметтүү уста катары сүрөттөлөт (айрым учурларда Б-дын өзү Дөөтү уста деп да айтылат). Ал Манастын укмуштуу курал-жарактарын — Айбалтасын, Сырнайзасын, Ач албарс кылычын жасайт (кээ бир варианттарда Манастын кылычы асмандан түшөт же мисирдик кереметтүү уста жасап, Манаска пайгамбардан белекке калат), кандайдыр себептер м-н бузулган Аккелтени, дүрбү сыяктуу татаал курал-жарактарды да оңдойт, доолбас, булдурсун сыяктуу күнүмдүк жай турмуштун буюмдары да анын колунан чыгат. Б-дын өз ишин терең билгендиги, ченебегендей чеберчилиги анын колунан жаралган курал-жарактар өтө татаал жол м-н жасалышын сүрөттөгөн эпизоддордон ачык көрүнөт. Мис., Сырнайзаны «сары карагайдан кыйып, саратандын ысыгында алты ай бою кумга бөлөп жаткырып, чарайна менен чаптап, пил териси менен каптап, колдон тайып кетет деп кош тутам жерин төрт кырдуу кылып, колго жылуу болсун деп кой макмал менен тыштап, улатпай учун болоттон чыгарып, тийген жери ырбасын деп көз жаш менен сугарып», узундугун кырк кез кылат. Кытайлык манасчы *Жусуп Мамайдын* вариантында Б-дын Манастын курал-жарагын жасашы өзүнчө чоң эпизод болуп берилип, өтө кеңири баяндалат. Анда кендин иштетилишинен тартып, Манастын өзүнө гана ылайык курал-жарактын жасалып бүтүшүнө чейинки аткарылган иштер ырааттуу ж-а реалдуу сүрөттөлөт. Б-дын Манастын курал-жарагын жасашына Кошой, Бакай, Акбалта, Жамгырчы башында турган атпай кыргыз журтчулугу жардамга келет. Изилдөөчүлөр кыргыздардын байыркы мекени Миң-Суу өрөөнүндө кара металлдардын пайдаланыла башташын б. з. ч. 7—2-к-га, адис кол өнөрчүлөрдүн пайда болушун 1—5-к-га, мыкты уюштурулган металлургиялык өндүрүшкө ээ болуп, коңшу элдерге атагы чыккан өтө мыкты жоо куралдарын (мис., кылычты) жасоо мезгилин 6—14-к-га таандык кылышат. «Манас» эпосунда Б-дай колунан көөрү төгүлгөн чебер устанын образынын жаралышы ушул тарыхый мезгилдер м-н шартталган. Б. сыяктуу идеалдаштырылган кереметтүү устаоардын образы дүйнө элдеринин мифтеринде, эпосторунда кеңири тараган типтүү каармандардын образы болуп саналат. Гректердин мифологиясындагы Гефест, скандинавиялыктардын эпосторундагы Веленд, Тор, карел-финндердин руносундагы Ильмаринен, кавказдыктардын нарттарындагы Тлепш, армяндардын «Давид Сасундугундагы» Кери-Торос, якуттардын олонхосундагы Куэттээни (кытай баксы), перс элдеринин «Авест» ж-а «Шахнамесинде» Кавелер өңдүү каармандар — Б. сыяктуу мифтик же чет элдик каардуу душманга каршы күрөшкөн баатырга атайы арнап укмуштуу куралдарды (көбүнчө кылыч) жасаган усталар. Көөнө оозеки элдик чыгармачылыкта усталардын мындай кереметтүү, теңдешсиз чебер болуп сүрөттөлүшү, металлдан курал жасоо адеп өздөштүрүлө баштаган ал доордо адамдардын магиялык түшүнүктөн али кутула электиги м-н шартталган.

*Р. Сарыпбеков*

**БӨРК,** бөрүк — түрк тилдеринин басымдуу көпчүлүгүндө, о. эле кыргыз тилинде да баш кийим. Б. Махмуд Кашкаринин эмгегинде да кездешет. Азыр кыргыз тилинде активдүү колдонулбайт. Тек гана макал-ылакаптарда айтылып калган: «Бөрк ал десе, баш алган». Б. «Манас» эпосунун бардык варианттарында учурайт, кээ бир варианттарда өңү-түсү ажыратылат: кызыл бөрк, кара бөрк ж. б.

**БӨРҮ** — тотем жаныбар. Дүйнөлүк эпостордун салтында болочок баатыр эрдик иштерге алгач киришерде кандайдыр бир укмуштуу колдоочуга кезигип, кеп-кеңешин угуп, өзүнүн келечектеги баатырдык иштерине керектүү жараак-жабдык ж. б. буюмдарды алгандыгы айтылат. Салттык ушул көрүнүштүн айрым элементи «Манас» эпосунда сакталган. Сагымбай Орозбак уулунун ж-а ага жакын турган варианттарда Манас бала кезинде өтө тентек чыгып, атасы аны тарбиялоо максатында Ошпур деген койчусуна жиберет. Манас Ошпурдун баласы м-н козу кайтарып жүрүп өзүнүн келечектеги колдоочусуна кезигет. Эпосто мифтик колдоочу Б-нүн бир козуну «Көтөргөн бойдон тоодон ашып кеткени» (СО, 1. 112)

баяндалат. Козуну көтөрө качкан Көк-Бөрүнү кууп, Манас асканын түбүндөгү үңкүргө кирет. Үңкүрдөн кырк кишиге жолугат. Алар өздөрүн кырк чилтенбиз деп тааныштырат. Манас чилтендерден Б-нү сурайт. Кырк чилтендин башчысы козуну алып келген Б-нү бала Манаска тааныштырып:

Кубалап келген Карышкыр,
Кыяматтык досуң деп.
Манас тура жолборсум,
Кыямат кайым болгуча
Сага кошкон жолдошум.
Атышам деген душмандын
Артындан ээрчип жүрөт деп,
Кабарын билип келет деп,
Көсөө куйрук,, көк даңгыт
Көт жагыңдан жүрөт деп,
Кыйкырсаң мурун кирет деп (ММВ, КФ, 551-инв., 72-б.), Манаска кеңеш айтып көздөн кайым болот. Эпостун согуш окуяларында Манас баатыр душмандары м-н салгылашкан учурда аны коргогон мифтик (тотем) жаныбарлар сыяктуу Б-нүн да колдоосуна ээ. Демек, эпостогу Б-нүн эпикалык образынан анын тотем жаныбар экени сезилип турса, экинчи жагынан Б-нүн тотемдик образы мусулмандашкан чыгыш элдеринин мифологиясындагы Кырк чилтен, Кызыр Иляс ж. б. диний кейипкерлер м-н алмашылган. Манасчынын Б-нү кубулуп жүргөн кырк чилтендин бири, аны Кызыр Иляс Манасты колдоочу-жолдош кылып берген деп түшүндүрүшү ислам динине байланыштуу кийин киргизилген кошумча. «Манас» эпосундагы «атышам деген душмандын, кабарын билип келүүчү», «бет алышкан душманга, кыйкырса мурун кирүүчү» көсөө куйрук Көк-Бөрүнүн эпикалык образы түрк-моңгол элдеринин санжыра-уламыштарында айтылган тотем-бөрү (мис., Ак-Бөрү) м-н үндөшкөн генетикалык байланышы бар экени атайын изилдөөлөрдө далилденип келе жатат. Тотем өз учурунда жеке эле Б-дөн болгон эмес. Тотем ар бир уруунун жашоо тиричилигине тикелей байланышы бар түрдүү жаныбарлар боло берген ж-а алардын аткарган милдети бирдей болгон. Элдик оозеки чыгармачылыкта зооморфтук укмуштуу жаныбар Б-нүн бирде Бугу же башка айбанаттардын образында жолугушу мыйзам ченемдүү. Түрк-моңгол элдеринин баатырдык эпосторунда Ак-Бугу (Марал) м-н Ак-Бөрү бирдей роль аткарышы, биринин ордун бири алмашышы же бир эле учурда экөө бирдей кызмат кылышы адаттагы көрүнүш. Эгер алгачкы мезгилдерде тотемдик түшүнүктөрдүн өкүм сүрүшүнө байланыштуу көөнө чыгармаларда чагылдырылган жырткыч жаныбарлар урууну же эпикалык каармандарды колдой турган магиялык мүнөздөгү кейипкер болуп катышса, баатырдык эпостордун эволюциялык өнүгүшүнүн кийинки этаптарында мурдагы тотемдик-колдоочулук, коргоочулук касиети унутулуп же жумшарып, эпикалык салттарда гана алардын аты аталуу м-н кыймыл-аракеттери өтмө мааниде чагылып, көркөм каражаттын милдетин аткарып калган. Көпчүлүк учурларда Б. ж. б. жырткыч айбанаттардын аталышы эпикалык каармандардын энчилүү ысмынын ордуна жүрөт же эпитет, салыштыруу түрүндө колдонулат. Ал эми жаныбарлардын көркөм сөз каражаты катары колдонулушу кийинки көрүнүш. Алгач алар эпостун каармандары м-н тотемдик культ катары байланышкан. Элдин кийинки көз карашы, түшүнүгүнө ылайык өзгөрүп олтуруп, жаныбарлардын өзүнөн аларды элестеткен салыштыруу, эпитетке айланган. «Манастын» каармандарынын эрдигин ж-а элесин мүнөздөөдө «ач бөрүдөй жулушуп, аябай жатып урушуп» сыяктуу көркөм салыштыруулар кеңири колдонулат. О. эле ВЖЭде «Баатыр Манас сурасаң Көкжал дөбөт бөрү эле» — деп Б-нүн образы мүнөздөмө эпитет маанисинде башкы каармандын энчилүү атынын ордуна колдонулат. «Көсөө куйрук Көк-Бөрү, Көкжал эрдин жөкөрү», — деп «Манас» эпосунда «Көкжал» эпитет катары Манаска, кээде анын эң жакын чоролоруна (Алмамбет, Чубак, Сыргак ж-а уулу Семетей) да айтылат. Бул сыяктуу тотемдик көз караштын калдыктарынын «Манаста» сакталып калышы эпостун кээ бир окуялары байыркы убакта эле пайда болгондугунан кабар берет.

*С. Алиев*

**БӨРҮБАЙ** Султан уулу (1897, Кара-Суу р-ну, Сакмоол айылы — 1940, ошол эле жер) — манасчы. «Манас» айтууну түштүктөгү белгилүү манасчы Чоодандан ж-а өзүнүн айылынан алыс эмес жашаган өзгөндүк айтуучулардан үйрөнгөн. Өзүн дасыккан (профессионал) манасчы катары эсептебесе да, 17 жашынан тартып «Манас» эпосун өз айылында, башка жерлерде айта баштаган. Андан «Манастын балалык чагы», «Накылайга үйлөнүшү» ж-дө чакан эпизоддор жазып алынган (КФ, 612[а]-инв.).

**БӨРҮКӨЗ** — эпизоддук кейипкер, кытай баатыры, солоондун каны, Эсенкандын баласы. Манаска Бээжинден кетишинин тарыхын баян эткенде Алмамбет Б-дүн атасы м-н Азизкан бир тууган экенин, эли-жеринен кеткенче Б., Коңурбай м-н каршылашып жүргөнүн эскерет (СК, 2. 103—108). Айрым учурларда гана аты аталганы болбосо, Б-дүн эрдиги сүрөттөлгөн эпизод жок. Кытай жеңилип, Манас Чет-Бээжинге кан болгондо Түп-Бээжинге качып барган Коңурбай Карыканга казатта өлгөн кытай баатырларынын катарында Б-дү айтып өтөт (СК, 2. 162).

**БӨРҮКӨК** — *Бөгөлдүн* аты. Манас Каныкейге күйөөлөп баргандагы жар тандаган ат чабышта Б. жыйырма сегизинчи болуп келип, Бөгөл тагдырына буюрган Санарбүбүгө үйлөнөт (СО, 2. 426).

**БУГУЛУК** — топоним. Манастын Орго кан м-н болгон урушунда Орго кандын Алтаң, Калтаң деген доотайлары отуз миң кол м-н Б. ашуусун ашып жардамга келген (СО, 2. 73, 77).

**БУДАҢЧАҢ** — кейипкер. Кытайдын Манаска каршы күрөшкөн он бир дуу-дуусунун бири, эпос б-ча Кусар көлүнүн боюндагы Токонарат шаарынын каны. Көкөтөйдүн ашындагы эр

сайышка Бозкертик экөө Коңурбайды коштоп чыгат. Ат чабышта Б-дын Салкарасы Кошойдун Чоңсарысынан кийин келет. Коңурбай, Жолой баш болгон кытай, калмактар Ушаңдын тилин албай байгеге зордук кылып, чыр баштboard ташканда Б. м-н Ушаң талоончуларга кошулбай коюшуп, Жолойдон запкы көрүп калышат (СО, 3. 248, 267, 277).

**БУДАЧА** — топоним. Алмамбеттин атасы Соорондүктүн шаары (СО, 4. 216).

**БУДУРМАК** — топоним. Каныкей Чыйырды м-н Семетейди алып Букарга качканда: «Будурмактын кең өзөн Бурчун салып алды эле» (СК, «Семетей», 1. 45),— деп Бакай жылкы издеп келатканда Б-ты басып өтөт.

**БУЗУЛГАН ЧАМБЫЛ** — топоним. Эпос б-ча Буудайык уулу *Музбурчактын* мекени, Орто-Чткалдын нары жагындагы жер (СО, 3. 88).

**БУЙДА-СУУ**, Буйгат, Бойгот — топоним. СОВ б-ча Жумгалдын мурдагы аталышы, кыргыздар кытай-калмак басып алган ата-журтун бошотконго чейин бул жерди Кубан калдай бийлеп турган. Эпосто көбүнчө Бойгот Кубан деген ат м-н кезигет (КФ, 576-инв, 545—621-б.).

**БУКАР** — топоним. Каныкейдин атасы Атемир *(Каракан*, Темиркан) кандын ордо калаасы ж-а ага баш ийген өлкө. Кээде Б. кыргыздардын жери (СК, 1. 31, 42, 192), кол өнөрчүлүк өнүккөн калаа (СО, 2. 179, 319, 350) катары да сүрөттөлөт. Географиялык реалия катары Өзбекстандын байыркы шаарларынын бири.

**БУЛАГАСЫН**, Баласагун — топоним. Акунбешимдин ордо калаасы. Эпосто Б. кыргыздардын илгерки журту экени, кытай-калмактар Манас төрөлө электе кыргыздарды туштушка сүргөндө ал жерди Акунбешим ээлеп калып, кыргыздар Алтайдан келип кайра алганы айтылат (СО, 2. 79, 95, 120). Тарыхый Баласагун Кыргызстандын Чүй өрөөнүнөн орун алган о. кылымга таандык шаар; адегенде караханийлердин, андан кийин О. Азияга сүрүлүп келген кара кытайлардын (кидандар) борбору болгон. Айрым изилдөөчүлөр Манастын пайда болуу доорун караханийлердин, кара кытайлардын мезгилиндеги тарыхый окуяларга байланыштуу карайт. Буга караганда Б. эпосто баштатан белгилүү болгон.

**БУЛА-КЫР** — топоним. Кыргыздар Ала-Тоону душмандан бошоткондо «Орток тоонун оюнда Була-Кыр суунун боюнда Тарлан уруш салыптыр» (СО, КФ, 576-инв., 590-б.),— деп Б.-К-дын боюнда калмак башчысы Тарлан кыргыз колун баштап барган Мунаркан, Үрбү м-н чабышып жеңилгени айтылат.

**БУЛГУР** — топоним. Айдаркан м-н Көкчө Илебин канды жеңгенде:

Булгур суунун боюнда
Шамың шаанын калаасын
Сандыргалуу баласың

Тартып Манас алыптыр (СО, КФ, 576-инв., 521-б.),— деп кыргыздар Ала-Тоону душмандан бошоткондо салгылаш болгон жерлердин бири катары эскерилет.

**БУЛДУРСУН** — эпосто баатырлардын (Манас, Семетей) камчысы. Көкөтөйдүн ашындагы балбан күрөштө Жолой м-н күрөшүп жатып уктап кеткен Кошойду Манас «Чапса кулак тундурган Кара жаак булдурсун» (СК, 2. 47) м-н куйрукка чапканда, көзү умачтай ачылып Жолойду жыгып жеңишке жетет.

**БУЛТА**, Каар булта, Кара булта — мифологиялык кейипкер. Будданын кыргыз тилине ылайыкташтырылып айтылышы. «Туңша кытай баласы, Сүрөттөрүн Булта дейт», «Булта деген бут экен», «Көөхар таштан көздөгөн, Эрини жакут, инжи тиш, Каар Булта сүрөтү» деген сүрөттөөлөрдөн же эпостогу кытай, калмак элдеринин: «Кара Булта теңирим», «Каар Булта кудайым»,— деп кайрылуулары көрсөтүп тургандай (СО, КФ, 575-инв., 9-б; 576-инв., 876, 886-б.) манасчы буддизм ж-а анын башкы кудайы Будда ж-дө бир кыйла терең кабардар болгон. «Будда» деген сөздү санскрит тилинен сөзмө-сөз которгондо «нурданган» деген түшүнүктү билдирет ж-а буддизмди негиздеген Сиддхартхе Гаутаменин (б. з. ч. 623—554-ж.) ардактуу аты. Буддисттер анын сүрөтүнө (статуясына) чокунуп сыйынышат. Эпосто ага ушундайча жол м-н кытай-калмактар ар түрдүү тилек тилеп кайрылганы көп жолу эскерилет. Манасчы буддистче чокунуунун эрежелери, дубасынын тексттери м-н да тааныш болгону байкалат. «Лайламалуу» деп кытайча намаз окунуп, алтын буттун алдында кырк төрт кайра чокунуп: «Маны, маны батманхун» калмагынча окунуп, Жалынып турду бутуна» (СО, КФ, 576-инв., 658-б.). Бул ыр саптарында кезиккен: «Мани, мани батманхун» («Оммане, манне падмехум»)— «Жараткан, бере көр!» деген маанидё буддисттердин келме катары такай колдонгон дубасы. Дин өкүлдөрү калтырган бул дуба Кыргызстандагы байыркы таш эстелик — жазуулардан жолугат (Ч. Джумагулов. Эпиграфи-а Киргизии, в. 3. — Фр., 1987, 78—79-б.).

*Р. Сарыпбеков*

**БУРАК АТ** (ар. бурак — көз ирмегенче, көз ачып-жумганча)— мусулман уламышы б-ча Мухамбет пайгамбарды Мекеден Иерусалимге (Кудус) андан асманга алланын алдына көз ачып-жумганча алып барган мифтик канаттуу мингич жаныбар (ат же төө). Эпостун кээ бир вариантында өлгөн адамды коюу учурундагы диний ырым-жырымдарда айтылат. Мис., Көкөтөй өлгөндө: «Чоңтору деген күлүгүн Бурак атка токушуп» (СО, 3. 55), же: «Бурак атын токутуп, Жаназасын окутуп» (СО, 3. 54). Элдин диний ишеними б-ча өлгөн адамдын жанын бейишке мингизип алып баруучу ат маанисинде колдонулат. Бирок, бардык токулгасы м-н даярдалган Б. а. сөөктү койгондон кийин дин өкүлдөрүнүн бирине ыйгарылган. Окт. Рев-ясына чейин ушундай диний ырым-жырымды кыргыздар да иш жүзүндө колдонгондугу белгилүү.

**БУРАМБЕК**, Бурумбек, Буянбек — эпизоддук кейипкер, Музбурчактын уулу. Атасынын ордуна Бузулган Чамбылга кан болот. Семетей м-н замандаш катары эпостун экинчи, үчүнчү бөлүмүнүн айрым эпизоддоруна катышат (СК, «Семетей», 1. 77, 312; КВ, «Сейтек», 45).

**БУРКАН** — топоним. Кытай, калмактар башта басып алган ата-журтун кыргыздар бошоткондо, калмактын айрым бөлүктөрү качып барып жашынып, бурканынан жардам сураган жер. Ошондон тартып ошол жер Б. аталып калган (КФ, 576-инв.). Географиялык реалияда Кочкор өрөөнүндөгү жайлоо.

**БУРКАН** — эпосто калмак-кытайлардаколодон жасалган кудайынын (идол) сөлөкөтү. Б-га сыйынат, аны олуя кудай катары көрүшөт. «Манас» эпосунда да ушундай мааниде чагылдырылган: «Калмакча динге кирди дейт, Жүк бурчунда бурканын Кудайым деп жүрөт дейт» (СК, 1. 108).

**БУРКАН** — эпизоддук кейипкер, калмак калдайы. Текес кандын өлгөнүн угуп кол курай баштаган Орго канга жыйырма миң колу м-н келип кошулат (СО, 2. 72, 77).

**БУРМАЖАН** — эпизоддук кейипкер, Каныкейдин нөкөрү. Манас Каныкейге күйөөлөп баргандагы ат чаап, жар тандоодо аты жыйырма экинчи келген *Төлөк* тагдырына буюрган Б-га үйлөнөт (СО, 2. 418, 425).

**БУРУЛКАН** — эпизоддук кейипкер, Буудайкандын аялы. Үмөтөй Семетейге каршылашып келген учурда Б. ж-дө Каныкей Темиркандын он эки кызынын бири, өзүнүн эжеси экендигин Семетейге айтат.

**БУРУЛКАН** — эпизоддук кейипкер. Айчүрөктү жандап жүргөн нөкөрү экени гана айтылат (КВ, «Семетей», 185).

**БУРУЛЧА** — кейипкер, кытай каны Эсенкандын кызы, Алмамбеттин аялы. Алмамбет кытайдан кеткенге чейин эле Б. анын антташкан колуктусу болот (РЖВ). Атасы м-н жоолашканына карабай Алмамбетти жактырып сүйөт, анын кытайдан кетишине каршы болбойт, кайрылып келгенче канча болсо да күтө турганын билдирет. Б-нын убадага бекемдиги, туруктуулугу Алмамбетти зарыгып күткөнүнөн көрүнөт. Анын анча-мынча ишти алдын ала биле турган өзгөчөлүгү да бар. Түш көрүп Алмамбеттин келатканын сезет. Б-нын аруулугу, сезиминин бийиктиги Алмамбетти да көп ойго салат. Чет-Бээжинге чалгынга барганда Алмамбет: «Учурашпай кетти деп, Убайым тарткан Бурулча, Анык күдөр үзбөйбү, Сыргак» (СК, 2. 138),— деп атайлап барып Б-га жолугат. Акыры ар кандай тоскоолдуктардан өтүп Алмамбет м-н Б. баш кошот. Алмамбет окко учуп, Манас жарадар болуп Таласка келип өлгөндөн кийин Каныкей Семетейди ала качып Букарга кетет. «Алты арам» Манастын бүлөсүнө гана эмес Б-га да далай кордук көрсөтүшүп, уйчуларга саанчы кылып коюшат. Арууке төрөгөндөн үч күндөн кийин өлүп, Күлчорону Б. багып калат. Азап тартканча өлүп алайын деп нечен санаасы бузулса да, Алмамбеттин артында калган жалгыз туягы Күлчорону медер тутуп, калган өмүрүн Күлчорону тарбиялап өстүрүүгө арнайт (СК, 2. 160—162; «Семетей», 161—163, 250—253). Сагымбай Орозбак уулунун вариантында Семетей төрөлгөндөгү тойдогу чатактан кийин кытай кандары Б-ны Алмамбетке берүүгө макул болушат. *А. Жайнакова*

**БУРУМБЕК**, к. *Бурамбек*.

**БУРУТ** — калмактардын, андан кийин кытайлардын кыргыздарды келекелей аташы. Кыргыздар өзүлөрүн бул ат м-н эч убакта аташкан эмес. Бирок аларга Б. этноними кеңири маалым. «Манас» эпосунун бардык варианттарында калмак-кытай тарабындагы терс каармандар кыргыздарды ушундай аташат. Айрым окумуштуулар Б-тарды биздин доордун 4-кылымынан баштап Хотан чөйрөсүндө жашаган болу, булу, болюйлар м-н окшоштурушат. Мындан тышкары 13-к-дан тартып Саян-Алтай тоолорунда көчүп жүрүшкөн бурут, буру аттуу элдер ж-дө маалыматтар бар. Бирок алардын «Манас» эпосундагы ж-а калмак-кытай тарабынан аталган Б-тарга эч кандай тиешеси жок. Ойрот-калмактар Жунгарияга ооп келгенден кийин (13—14-к.) Чыгыш Тянь-Шанда жашаган кыргыздар м-н коңшу көчүп жүрүшкөн. 15—16-к-да негизинен Жети-Суу, Тянь-Шань ж-а Чыгыш Түркстанда жашаган Моголстан м-н калмак бийлөөчүлөрүнүн ортосунда узакка созулган согуштар болуп, аларга кыргыздар да катышкан. Бул мезгилдерде калмактар м-н кыргыздарда саясий мамиле туруктуу болгон эмес. Ошондуктан, калмактар кыргыздарга өз тилинде «буруттар» б. а. «күнөөлүүлөр», «чыккынчылар», «башка диндегилер» деген маанидеги жасалма ат берген болушу ыктымал. 19-к-дан кийин Б. этноними жоюлуп кеткен. *Ө. Караев*

**БУРЧАК**, к. *Музбурчак*.

**БУРЧАК** — эпизоддук кейипкер, Каракыш шаарынын баатыры. Манас Анжыяңды бошотуу үчүн жөнөрдө кырк миң колу м-н келип Манаска кошулганы айтылат (СО, 2. 30)

**БУТ** — сыйынуу, табынуу үчүн ар кандай материалдан жасалган кудайдын сөлөкөтү. Б. кыргыз тилине санскриттен кытай тили аркылуу кирген. Кыргыздарда Б-ка сыйынуу көрүнүшү алгач ирет 1602-ж. жазылган араб тилиндеги «Зийа ал-кулуб» аттуу чыгармада баяндалат. Мында Чыгыш Түркстанда жашоочу кыргыздардын бир бакка илинген күмүш Б-ка ж-а анын тегерегине илинген таштан ж-а жыгачтан жасалган 2000дей Б-тарга сыйынганы тууралуу айтылат. Демек кыргыздар 16-к-да будда дини м-н тааныш болгон. Бул ойду «Манас» эпосу да ырастап турат: «Жамандык көргөн күнүңдө, Жалынып келсең чоң колдойт, Бут койдуруп бултуйтуп, Эки ууртун дулдуйтуп» (СО, 1. 178). «Манаста» Б. алтындан да жасалат деген маалыматтар бар.

**БУТАЛАЧ** — этноним. Б. теги б-ча Алмамбетке жакындыгы бар кытай эли (уруу).

Мурунку Бээжин жер эле,
Бул олтурган кулуңдун
Белине таңуу эл эле,
Буталач журту дээр эле (СО, 4. 214),—

деп Алмамбет баатыр чалгынга жөнөөрдүн алдында кытайлардын көптүгүн Манаска айтканда эскерет.

**БУТКАНА** — будда дининдегилердин ибадатканасы. Б. «Зийа ал-кулуб» деген чыгармада айтылгандай (к. *Бут*) жаратылыш объектеринде, мис., өз алдынча өсүп турган бакка көп

сандаган буттар илинсе ошол бак да Б. болот. «Манас» эпосунда да Б. жогоруда айтылган мааниде колдонулат: «Бутканага чокунуп, Булуттай кара ат токунуп,» (СО, 3. 239).

**БУУДАЙБЕК** — эпизоддук кейипкер, Көкчөнүн кичи аялы, калмак байы *Чыңшанын* кызы. Көкчө м-н Алмамбетти араздаштырмакчы болгон бузукулардын «күбө болуп берсең байбичеден өтөсүң» дегенине макул болуп, Алмамбет м-н Акеркечти каралайт. Ушул кичине эпизоддо эле Б-тин ичинин тарлыгы, адамкерчилигинин төмөндүгүн, «өңү сулуу болсо да, өзүндө акыл аз экендиги» көрүнүп турат (СО, 2. 127, 247, 253).

**БУУДАЙБЕК** Сабыр уулу (1933, Чүй р-ну, Дөң-Арык айылы)—«Манас» жыйноочу. 1954-ж. КМУну бүтүргөн. Көп жылдар республикалык гезит, журналдардын редакцияларында иштеп элдик чыгармаларды жыйнаган. Кыргыз эл өнөрпоздору ж-дөгү «Унутулгус кездешүүлөр», «Эл шайырлары», «Эл куудулдары» деген китептердин автору. Аты элге анча белгилүү эмес манасчыларды эл арасынан иликтеп, таап, алардын айткандарын чогултуп, радиого жаздырып, сүрөттөрүн сүрөтчүлөргө тарттырып, фондуга өткөрүп, гезитке жарыялап келе жатат. «Эл шайырлары» китебинде манасчылар Молдобасан Мусулманкулов, Ыбырайым Абдракманов, Сейдене Молдокеева, Уркаш Мамбеталиев, Мамбеталы Ашымбаевдин өмүр жолдорун, чыгармачылыгын баяндаган очерктери берилген. Азыр Кыргыз Республикасынын ИАсынын Адабият ж-а искусство ин-тунун Кол жазмаларды сактоо ж-а жарыялоо бөлүмүндө илимий кызматкер болуп иштеп, эпосту жыйноо ишин улантууда.

**БУУДАЙКАН** — эпизоддук кейипкер. Кыргызда Манас аттуу баатыр туулат, ошону таап келгиле деп Эсенкан м-н жөнөткөн сынчы аярлар, баатырлар Бузулган Чамбылды жердеген Б-дын да элин жыйып, балдарын чубатууга салып Манасты издегени айтылат (СК, 1. 42).

**БУУДАЙЫК** — эпизоддук кейипкер, кыргыз кандарынын бири. Музбурчактын атасы, Алоокени жеңип, түшкөн олжону элге бөлүштүрүү үчүн кыргыз кандарын чакыртканда Б. кан да келет. Ошол жерде Манасты кан көтөрүүгө катышат (СК, 1. 213—215). Эпостун башка окуяларына катышпайт. СОВдо да Музбурчактын атасы экени гана айтылат (СО, 3. 24, 88, 107, 195; 4. 17, 39, 52, 80, 166).

**БУУЛУМ** — кымбат баалуу кездеменин бир түрү:

> Барча, буулум, дүрүйө,
> Баасы кыйын дүнүйө (СО, 2. 427);
> Буулум да бар, бута бар,
> Дейилдеден сексен миң
> Кызылдан кымкап жуда бар,
> Зерисабар бу да бар (СО, 3. 9).

Эпосто өтө баалуу, сейрек кездешүүчү кездеме катары «Каныкейдин сарамжалы» деген окуяда Б-дун шымга ичтелгени айтылат (СО, 4. 25). Ал эми «Каныкей, Буурулду берчи — минейин, Каныкей, буулумду берчи — кийейин» деген саптар ошол кездемеден тигилген кийим да Б. деп аталарын айгинелейт.

**БУУРАКАН** — эпосто табияттын жаан-чачынга, сууга байланыштуу кубулуштарынын ээси, символу катары айтылган образ. Жай таш аркылуу күндү жаадыруу учурларын сүрөттөөлөрдө Б-дын аты көп жолугат: «Суу атасы Бууракан Сайың чыгып жол берчи» (СК, КФ, 541-инв., 150—152-б.). «Булут аты Бууракан, Мунун атын чакырып, Күндү жайлап турду эле» (СК, КФ, 541-инв., 495-б.). Эпостун поэтикалык текстиндеги сүрөттөөлөр Б-дын образы байыркы шамандык ишенимдеги түшүнүк м-н байланыштуу экендигин көрсөтүп турат.

**БУУРАКАН** — эпизоддук кейипкер, Манастын бабаларынын бири, Бабыркандын баласы, Түбөйдүн атасы. Букардын каны Темирканга (Атемир, Каракан) куда түшкөнү барган Жакып өзүн:

> Уругум улуу кыргыздан,
> Бабырдан кийин Бууракан,
> Бузук кылган душмандын
> Мурунтан башын тууратан (СО, 2. 364),— деп тааныштырат.

Б-дын өз мезгилинде элин душмандан коргогон баатыр адам болгондугу баяндалат. О. эле «Бууракан уулу Көгөйдү, Мындан кыргыз көбөйдү» (СО, КФ, 575-инв., 87-б.) делет (к. *Түбөй, Көгөй*). Эпосто Б. эпикалык Манастын генеологиялык санжырасына байланыштуу айтылган эпоним маанисинде чагылдырылган. Эпонимдин келип чыгышы Караханийлердин (10-к-дын орто ченинен 13-к-дын башына чейин азыркы Кашкар аймагы, Түш. Казакстан, асыресе Кыргызстан аймагындагы мамлекет), О. Азиядагы башкаруучулардын титулуна байланыштуу экендиги илимде белгилүү. Тарыхый маалыматтарда: «Ягмалар падышахты Богра-хан (Бууракан) деп аташат». Бул титулдук наам персонификацияланууңун (сөлөкөттөштүрүү) натыйжасында эпонимдик мааниге ээ болуп, Манастын бабаларынын бири катары айтылып калган болуу керек. *С. Алиев*

**БУУРУЛ-ТОО** — топоним. ВЖЭде Көкөтөйгө аш бергени элин көчүрүп келген Бокмурун Кыл-Эртыштеги Б.-Т-нун этегине конот. Географиялык реалияда Челек м-н Кум-Кечүүнүн ортосунда жайгашкан тоо, бул жердин шордуу топурагынан өткөн замандарда жергиликтүү эл туз кайнатып алышкан. Эпосто бул туз ж-дө да эскерилет: «Кайнатма тузга барамын, туз кайнатып аламын» (ВЖЭ, «Ала-Тоо», 1979, № 7, 73-б.).

**БУЧАЛА** — топоним, кытайдын башкы борбор шаары Чоң Бээжинге жакын жайгашкан тоо. «Тоосунун аты Бучала, Чыккан чөбү күчала» (СО, 4. 215) делип, эпосто өзгөчө жер катары сүрөттөлөт.

**БУЯНБЕК** — эпизоддук кейипкер, Музбурчактын баласы. Семетей Таласка келгенден кийин Абыке, Көбөш, Семетейдин көзүн тазаламакчы болуп кол курağанда, «атаңдын өчүн ал»,— деп Б-ти да чакыртышат (СК, «Семетей», 1. 312), к. *Бурамбек*.

**БҮБҮ**, Бүбү бакшы — бакшылыкты билген аял киши, к. *Бакшы*.

**БҮТКҮЛ СОЮЗДУК V ТҮРКОЛОГИЯ КОНФЕРЕНЦИЯСЫ** — 1988-ж. 7—9-сентябрда Фрунзе (азыркы Бишкек) шаарында түркология б-ча кезектеги өткөрүлгөн атайын илимий жыйын. Жыйынга мурдагы СССРдин аркыл шаарларынан 400гө жакын окумуштуулар катышып, анда түрк элдеринин тилдеринин, тарыхынын, этнографиясынын, адабияты м-н элдик оозеки чыгармачылыгынын түрдүү маселелерине арналган илимий докладдар, билдирүүлөр, тыянак-ойлор айтылган. Конференциянын чегинде кыргыз элинин улуу эпосу «Манас» б-ча атайын симпозиум өткөрүлгөн. к. *Симпозиум*.

**БЫЖЫ** — топоним. Кыргыздар калмактардан Ала-Тоону бошотконго чейин Б-ны алар жердеп турганы айтылат (СО, КФ, 576-инв., 539-б.). Кочкор өрөөнүнүн түштүгүндөгү тоолуу аймак, өзөн.

**БЫЛКЫЛДАК** — топоним, кыргыз эли жайлаган жерлердин бири. Манастын колу Бээжинге аттанганда Б. аркылуу өткөнү да айтылат (СО, 4. 130).

**БЭЭЖИН**, Түп Бээжин, Чоң Бээжин, Орто Бээжин, Кичи Бээжин, Чет Бээжин, Нур Бээжин — топоним. Кыргыздардын ж-а аларга жамаатташ тектеш элдердин эң негизги эпикалык душманы — кырк кан элинин (кытайлардын) башкы кандарынын ордо шаары, көпчүлүк учурда, өтмө мааниде жалпы эле кытай өлкөсү, мамлекети. Соңку мезгилдеги манасчылардын түшүнүгү б-ча эпостогу Б. географиялык реалия катары азыркы Пекин шаарына туура келет. Б. з. ч. 1-миң жылдык — б. з. 10-к-дагы жылнаамаларда ал Цзи шаары деп аталат. 936-ж. Сицзинь, 937-ж. Нанцзинь (12-к-дын ортосуна чейин кара кытайлар мамлекетинин түш. бөлүгүнүн борбору), 12-к-дын ортосунан Чжунду же Дисин (Цзинь мамлекетинин ортоңку бөлүгүнүн борбору) болгон. 1215-ж. шаарды моңголдор ээлеп, Даду же моңголчо Ханбалык (кандын шаары) деген ат м-н белгилүү. 13—14-к-да Юань моңгол империясынын борбору болуп турган. 1368-ж. Кытай моңголдордон бошонгон соң Бейжин (Түндүк бейпилдик) деп аталган. 1412-ж. кытайдын Мин империясынын, 1644-жылдан Цин династиясынын борбору болуп, ошондон ушул күнгө чейин Бейцзин (түн. бөлүгүнүн борбору) аталат (орусча транскрипциясы Пекин). Бэйцзинди кыргыздар өз тилинин өзгөчөлүктөрүнө ылайыктап Б. деп айткандай эле башка түрк-моңгол элдеринде да Пежин, Баачин, Баажин, Бейжин, Бэжин формасында айтылат. «Манас» эпосундагы эпикалык-географиялык ат Б. да ушул эле реалдуу Пекин шаарынын кытайча аталышына байланыштуу. Бээжинди борбор кылып алган Маньчжурдук Цин династиясы 1644—1912-ж. кытай мамлекетине үстөмдүк кылуу м-н бирге 17-к-дын 80-жылдарынан 18-к-дын 70-жылдарына чейин коңшу элдерге, а. и. Чыгыш Түркстандагы, О. Азиядагы элдерге каршы баскынчы саясат жүргүзүшкөн. Мындагы элдердин ал баскынчы саясатка каршы жүргүзүп келген биргелешкен күрөшүндө кыргыз урууларлы көбүнчө жетекчилик роль ойногон. Бул тарыхый конкреттүү кырдаал «Манас» эпосунун баштатан айтылып келе жаткан салттык-согуштук окуяларына жаңы тарыхый катмар болуп кирген. Эпостогу негизги эпикалык жоо *кара кытайлар м-н катар манжу* (маньчжу) деген реалдуу эл аты да эпикалык душман катары айтыла баштаган. Ушул эле учурда манжулардын борбору болгон Б. шаары эпосто башкы жоонун борбору катары айтыла баштаган. Б. деген географиялык аталыш кыргыздарга манжур Цин династиясынын мезгилинен алда качан мурун эле тааныш болгон. Байыркы кытайлар түн. жагындагы көчмөн түрк-моңгол элдеринин чек арасы м-н жакын турган чоң шаарларынын улам бирин шартка жараша Б. деп атап келишкен. Мис., азыркы Б. Чыңгызкан Кытайды караткан учурда Дасин (ортоңку борбор) аталган, ал эми Б. аттуу шаар азыркы Жэхэ провинциясынын аймагында жайгашкан. Кытайларда Б-ге мааниси жакын, үндөш Бейжин деген географиялык термин б. з. ч. эле алардын түн. жагындагы коңшуларынын ордосуна карата колдонулуп келген. Алгачкы учурда ал «түндүк ордо», «түндүк сарай» деген түшүнүккө ээ болуп, өтмө мааниде «түндүк варварлардын территориясы» деп да айтылган. Кыйла кийинчерээк топонимге айланган (мис., Чыгыш Түркстандагы уйгур бийлөөчүлөрүнүн ордо шаары Бешбалыктын кытайча варианты Бейтин болгон). Эне-Сай кыргыздары уйгурларды талкалап, качкандарын кубалап олтуруп, 843-ж. ушул Бейтинди (Бешбалыкты) караткан, бирок 1133-ж. Елюй Даши башында турган кара кытайларга тарттырып жиберишкен. Бейжин Бэй-цзин деген топоним белгилүү бир шаардын туруктуу энчилүү аты болбостон династиялар, кандыктар алмашкан сайын улам бир шаарга ыйгарыла беришинен түрк-моңгол элдеринде Б. деген термин белгилүү бир топоним эмес дубал, сепил деген жалпы ат катары колдонулуп калса керек (о. кылымда бардык шаарлар сепил, дуубал м-н курчалгандыгына байланыштуу). Эне-Сай кыргыздары күч алып турган чакта алардын Борб. Азиядагы түш. чек арасында курулган байыркы сепилдүү шаар чалдыбарын жергиликтүү эл бүгүнкү күндө да Бор-Бежин (чопо сепил, дубал) аташат. «Манаста» Түп Б., Орто Б. ж. б. бир нече Б. бар; алар алтымыш, жетимиш байсалуу сепилдер м-н курчалган, эпикалык душмандар жеңилип, баштарына кыйынчылык түшкөндө ага жашынып кутулат (мис., Манастан качканда Коңурбай Алгарасын ошол сепилден секиртип өтүп, дайыма кутулуп кетет). Эпосто да Б. бирде конкреттүү бир шаардын энчилүү аты, бирде сепилдүү шаар деген жалпы ат катары колдонулат.

«Манаста» Б-дин керемет сырдуу шаар катары сүрөттөлүшү кыргыздардын башка элдер, жерлер ж-дөгү байыркы мифологиялык түшүнүктөрү м-н байланышкан.

*Р. Сарыпбеков*

# В

**ВАЛИХАНОВ** Чокон Чынгызович (толук ысмы — Мухаммед — Ханафия, 1835, Куш-Мурун чеби, азыркы Кустанай шаарына жакын Аман-Карагай аймагы — 1865, Алтын-Эмел айылы)— казактын туңгуч илимпозу, демократ-агартуучусу, этнографы ж-а фольклорчусу, тарыхчы. Аблай кандын чебереси. Атасы Чынгыз 1834-ж. ошол Аман-Карагай округуна ага султан болуп шайланган. Ал илимди, адабият м-н искусствону баалаган маданияттуу ж-а Г. Н. Потанин, Н. Ф. Костылецкий, П. П. Семёнов-Тянь-Шанский, Н. М. Ядринцев сыяктуу орус окумуштуулары м-н тааныш адам болгон. 1847-ж. В. Омбудагы Сибирь кадеттик корпусуна окууга өтөт. 1853-ж. аны аяктап, Батыш Сибирь генерал — губернаторунун адьютанты болуп дайындалат. 1854—57-ж. жети-суулук казактар ж-а тянь-шандык кыргыздар Россияга каратылгандан кийин Жети-Суу м-н Ысык-Көлгө, кийинчерээк Кулжага бир нече жолу жөнөтүлгөн аскердик илимий экспедицияга катышкан. В-дун экспедицияга катышуудагы негизги тапшырмасы коңшу элдер м-н соода байланышын түзүү болгонуна карабастан, ал казак м-н кыргыздардын, О. Азия м-н Казакстанда жашаган башка элдердин материалдык ж-а рухий маданиятын үйрөнүүгө киришет. Анын «Чоң кыргыз-кайсак ордосунун уламыштары менен легендалары», «Кыргыз санжырасы», «XVIII кылымдын баатырлары жөнүндөгү уламыштар» деген белгилүү эмгектери, «Ысык-Көл күндөлүгү», «Кулжа күндөлүгү» аттуу жол очерктери — Жети-Суу м-н Ысык-Көлгө келген саякаттарынын натыйжасы. 1858—59-ж. В. Кокон көпөсү катары Кашкарга соода кербени м-н ийгиликтүү саякат жасаган. 1860-ж. Петербургда бир жылча жашап калат. Ушул мезгилде ал Азиялык департамент м-н Орус географиясы коомунда эмгектенет. П. П. Семёнов-Тянь-Шанскийдин жетекчилиги астында казак, кыргыздардын турмушу ж-дөгү этнографиялык материалдын үстүндө иштейт да, ошол эле учурда О. Азиянын картасын түзүүгө киришет. 1861-ж. оорусуна байланыштуу В. Петербургдан айлына кетет. Казак окумуштуусу манастаануу илиминин ж-а кыргыз фольклористикасынын башатында турган десек да болот. Ысык-Көлгө келген учурунда ал бугу уруусунан чыккан манасчыдан «Манастын» «Көкөтөй хандын өлүмү ж-а анын ашы» деген бөлүмүн жазып алат. Бул үзүндү кыргыз элинин турмушун ж-а салтын деталдаштырып сүрөттөгөн окуялуу эпизоддордон экендиги жалпыга белгилүү. Анда *ат чабыш, балбан күрөш, эр сайыш, жамбы атуу* сыяктуу элдин салттык оюндары баяндалат. Окумуштуу «кыргыз сагасынын байыркылыгын» көрөгөчтүк м-н тааный билип, байыркы кыргыздардын тарыхына тиешелүү тарыхый материалдардын негизги фактылары аркылуу эпоско кирген «кийинки кошумчалар менен көркөмдүктөр» ж-дөгү түшүнүктөрүн бекемдеген. Байыркы кыргыздардын тарыхын орто кылым ж-а жаңы тарых м-н салыштырып, Түш. Сибирь байыркы көчмөндөрдүн туруктуу жайыты болгон деген талашсыз жыйынтыкка келет. «Менин оюмча, кандай гана болбосун — деп, белгилейт В. — азыркы кыргыздарды байыркы кыргыздардан таптакыр бөлүп салууга жетишерлик негиз жок, тескерисинче, жалгыз гана алардын аттарынын өзүнөн, алардын сөзсүз түрдө бири-бири м-н байланышта экендиги көрүнүп турат. Бул жөнөкөй эле айтылган этимологиялык окшоштук же үндөштүк эмес» (Валиханов Ч. Ч., Собр. соч., в пяти томах, Алма-Ата, 1961, 360-б.). Кыргыз тилин жакшы билген ж-а түшүнгөн окумуштуу «бул тилде араб жана фарсы сөздөрүнүн дегеле жоктугун, болсо да өтө эле аз экендигин, ал эми моңгол м-н байыркы түрк сөздөрүнүн көп экендигин»— баса белгилейт. Мындай фактылардын бардыгы кыргыз тилинин, «Манас» эпосунун сөздүк тутумунда байыркы түрк тилинин көптөгөн элементтери сакталгандыгын билдирет. Элдик оозеки чыгармалардын уйкаштыгына кайрылып В. «кыргыз акындарынын араб поэзиясындагыдай так эрежеге баш ийген ыр жок, бирок ошондой болсо да кыргыз ырлары өзүнө тиешелүү эрежелер менен рифмаларга ээ»,— деп белгилейт. Муну м-н окумуштуу түрк уйкашынын байыркылыгы ж-дөгү ойду бекемдейт да, оозеки поэзиянын бай ыр түзүлүшүнүн материалы кыргыз ыр маданиятынын бир бөлүгү, ритм ж-а уйкаштык ар дайым көчмөн элдин канында жашап келген деген ойду айтат. Ал оозеки поэзияны «тубаса көркөм чыгарма» деп эсептеп, «ыр түзүүнүн татаалдыгын», андагы салыштыруунун молдугун белгилейт. Манастаануу илиминде манасчылар ж-дөгү алгачкы пикирди да В. айткан. Ал манасчылардын укмуштай эске тутуу жөндөмдүүлүктөрүнө, алардын элдин басып өткөн тарыхый ж-а рухий турмушун толук чагылдырган, азыр бизге айрым бир белгилүү тарыхый маалыматтарды толуктоого ж-а аларды тактоого мүмкүнчүлүк берген өз доорунун керемет чыгармасын эл эсинде түбөлүк сактап келгендиктерине чоң маани берген. Мунун өзү «Манас» эпосун биздин күнгө чейин сактап жеткирүүдө чоң роль ойногон, байыркы оозеки айтуучулук салтты В. жогору баалаган деп айтууга мүмкүнчүлүк берет. Ал «Манас» эпосунун айрым бир эпикалык мотивдерине тал-



доо берүү м-н ага гректердин эпикалык салттарынан окшоштук табат. Грек эпосундагы Полифемди кыргыз жомокторундагы жалгыз көздүү дөө м-н бирдей карайт. Эпоско карата болгон мындай мамиленин өзү фольклористикадагы орток сюжеттерди салыштырып издөөгө жол ачып берди. В. оозеки поэтикалык чыгармаларды изилдөөдөгү өз ара байланыш ж-а өз ара таасир тийгизүү проблемасынын алгачкы баскычында турган. Ошентип, оозеки чыгармаларды талдоодо козгогон проблемаларын жөн гана санап чыкканыбызда да В-ду терең изилдөөчү катары баалоого толук негиз бар.

*Р. Кыдырбаева*

**ВАРВАРИЗМ** (гр. barbaros — чет элдик)— чыгарма жаралган (жазылган же айтылган) элдин тилине мүнөздүү эмес чет элдик сөздөр, о. эле ал тилге башка тилдерден кабыл алынган сөздөр, сөз айкаштары. В-дин биринчи түрү каармандардын сүйлөгөн сөздөрүндө кеңири учурап анын тилинин, дегинкисин айтканда, кулк-мүнөзүнүн өзгөчөлүгүн ачат. «Манаста» В-дин бул түрү башка элдик кейипкерлердин сүйлөгөн сөздөрүндө жолугуу м-н анын улуттук тилинин айырмалуулугун көрсөтөт да, образдын тараптуу ачылышын шарттайт. Айрыкча, СОВдо баяндалып жаткан эпизоддо негизинен кайсыл эл ж-дө кеп болуп жатса, ошол элдин өкүлдөрүнүн сүйлөгөн сөздөрүндө В. атайын жыш берилет. Мис., калмак-кытайлардын арасында өсүп: «кыжыкужу сөздөрү, кыргыз деп айтар жери жок, кызылдай кытай өздөрү. Кажы-кужу сөздөрү, казак деп айтаар жери жок, кадимки калмак өздөрү» болуп калган Көзкамандардын сүйлөгөн сөздөрүндө кыргызча атоолордун көпчүлүгү алар мурун сүйлөп көнгөн калмак сөздөрү аркылуу берилет. Бул аркылуу адамдардын душманга түбөлүк берилип, кыргызга дили кошулбай жан дүйнөсү жат болуп калганы баса белгиленет. В. эпосто жоо элдерди сүрөттөгөндө гана эмес, коңшу дос элдердин тилинин өзгөчөлүгүн көрсөтүш үчүн колдонулат. Мис., Жакып тажик каны Атемирдин кызы Санирабигага (болочок Каныкейге) куда түшкөндө бул элдин тилинин өзгөчөлүгү төмөнкү мисалдын түрүндө көп жерде белгиленет.

Аспиден канча салалык,
Айдатып арбын алалык.
Келеден канча салалык
Келтирип арбын алалык
Көспанттан канча салалык,
Көбүрөөк кылып алалык (СО, 2. 373).

Мындагы жылкы (аспи), уй (келе), кой (көспант) сыяктуу кыргызча атоолор тажик элинин айырмалуу жактарын көрсөтүш үчүн айтуучу тарабынан атайы киргизилген. В-дин экинчи түрү — кабыл алынган сөздөр «Манаста» өтө арбын; алар кытай, калмак-моңгол, санскрит, араб, тажик — перс, орус (алар аркылуу европа элдеринен), казак, өзбек, уйгур ж. б. тилдерден кабыл алынган.

*С. Төлөгөнова*

**ВАРИАНТ** (лат. varians — өзгөрүүчү)— кандайдыр бир адабий же музыкалык чыгарманын же анын бөлүмдөрүнүн өзгөртүлгөн түрү, түрдүүчө чечмеленип берилиши. Көп В-туулук элдик оозеки чыгармаларга мүнөздүү өзгөчөлүк болуп саналат. Ушул жагдайда алып караганда «Манас» эпосунун В-тарынын көптүгү мыйзам ченемдүү көрүнүш, к. *«Манас» эпосунун варианттары.*

**«ВАРИАНТЫ ЭПОС «МАНАС»»—«"МАНАС" ЭПОСУНУН ВАРИАНТТАРЫ»** — эпостун Саякбай Карала уулу, Мамбет Чокмор уулунун варианттарынын өзгөчөлүктөрүн иликтөөгө арналган Р. З. Кыдырбаева, К. Кырбашев, А. Жайнаковалардын изилдөөлөрү. Китеп орус (1-бөлүм) ж-а кыргыз (2—3-бөлүм) тилдеринде жазылып, Кыргыз ИАнын (Фр., 1988) басмасынан жарык көргөн. Көлөмү 10 басма табак (160 бет). Китептин биринчи бөлүмүндө (Р. З. Кыдырбаева) эпостун МЧВдагы «Манас» бөлүмүнүн уруттуу өзгөчөлүктөрү ачылат. Негизги салттык өзөк окуялар сакталуу м-н Мамбет Чокмор уулунун «Манасында» ислам мотивдери, о эле ысык-көлдүктөргө мүнөздүү болгон Эне-Сайга байланыштуу окуялар чагылдырылгандыгы, Манастын ата-тек санжырасындагы ж-а бала чак окуяларындагы өзгөчөлүктөр көрсөтүлөт. Экинчи бөлүм (К. Кырбашев) Мамбет Чокмор уулунун «Семетейинин» бөтөнчөлүктөрүн изилдөөгө арналып, СКВ, ЖСВ, АРВ, ЖКВдагы «Семетей» м-н сюжети ж-а салттык окуялар негизинен бирдей деген тыянак айтылат да, МЧВнын өзгөчөлүгү «сюжетке сиңирилген айрым окуялардан, мотивдерден, деталдык көрүнүштөрдөн ж-а поэтикасынан» байкалары белгиленген. Үчүнчү бөлүм (А. Жайнакова) «С. Каралаевдин айтуусундагы «Семетей», «Сейтек» эпосторунун бөтөнчөлүктөрү» деп аталып, улуу манасчылардын чеберчилиги, анын вариантынын башка варианттардан толуктугу, көлөмдүүлүгү ж-а жогорку көркөмдүүлүгү тууралуу сөз болот.

*И. Абдувалиев*

**ВАСИЛЬЕВ** Владимир Яковлевич (1907, Киев —1977, Фрунзе)— сов. режиссёр, Кыргыз ССР эл арт. (1958). Москвадагы театр студиясын (1924—27) ж-а ГИТИСти (1930—35) бүтүргөн. Кыргыз опера ж-а балет театрына 1939-ж. «Айчүрөк», 1946-ж. «Манас» (А. Куттубаев м-н бирге) опералардын коюп, Кыргыз улуттук музыкалык театры м-н опералык өнөрдүн өнүгүшүнө режиссёр катары салым кошкон. В. эки Эмгек Кызыл Туу, эки «Ардак Белгиси» ордендери ж-а медалдар м-н сыйланган.

**«ВВЕДЕНИЕ В ИЗУЧЕНИЕ «МАНАСА»** («Манасты» изилдөөгө киришүү)— *В. М. Жирмунскийдин* 1948-ж. кол жазма укугунда жарык көргөн монографиясы (Фр., СССР ИАнын Кыргыз филиалынын басмасы, 111-б.). Китеп «Алгы сөздөн» («Предисловие»), беш баптан, корутундудан ж-а пайдаланылган адабияттардын тизмесинен турат. «Алгы сөздө» автор монографиянын максаты (16-б.), өзгөчөлүгү, аны жазууда колдонулган негизги булактар ж-дө кыскача баяндайт.

Биринчи бап — «Эпикалык салт» («Эпическая традиция»)— «Манасты» атадан балага мурасталып, такталып, өнүгүп, өсүп, өзгөрүп келе жаткан оозеки эпос экендигин белгилөөгө арналган. В. М. Жирмунский «Манастагы» окуялардын, мотивдердин ж-а сюжеттердин салттуулук белгилерин айтып келип, манасчыларды негизинен эки мектепке бөлгөн: биринчиси Тянь-Шань мектеби (Сагымбай Орозбак уулу), экинчиси Ысык-Көл мектеби (Саякбай Карала уулу). Ушул эле бапта Саякбай Карала уулу м-н Сагымбай Орозбак уулунун өмүрү, чыгармачылыгы ж-дө маалыматтар, Манасты жазып алуу, жарыялоо ж-а изилдөө тарыхы кыскача айтылган. «Манастын» сюжетин изилдөөгө арналган экинчи бапта баатыр «Манастын» эпикалык таржымалы (төрөлүшү, ат коюу, балалык чагы, биринчи эрдиги, үйлөнүшү, баатырдын иштери, өлүмү), өз туугандары ж-а вассалдары м-н болгон мамилелери (Көзкамандар, жети кан окуясы ж. б.), бейпил турмуштун, шаан-шөкөттөрдүн сүрөттөлүшү (Көкөтөйдүн ашы ж. б.), Манастын казаттары (Чоң казат, Кичи казат ж. б.), этнографиялык тарыхый материалдар ж-а дүйнө элдеринин эпикалык мурастарынын фактылары м-н салыштыра изилденген. Үчүнчү бапта эпостун идеясы ж-а образдары талдоого алынат. Манас, анын кырк чоросунун образдары ж-а алардын эпостогу идеялык мазмундук милдеттери, сүрөттөлүш өзгөчөлүктөрү, ж-дө кең-кесири сөз болот.

Монографиянын талаш-тартыш туудуруп, азыр да окумуштуулардын талкуусунан кала элек бөлүгү — төртүнчү бап — «Эпопеянын келип чыгышы жана өнүгүшү». Тарыхый, фольклордук материалдарды кеңири пайдалануу м-н «Манастын» эпос катары калыптаныш тарыхын изилдеген. «Манастын» башка түрк элдеринин эпикалык мурастары м-н болгон байланыштары ырааттуу түрдө талданган. Баптын негизин окумуштуунун «Манастын» эпос катары калыптаныш тарыхына карата айткан бүтүмү түзөт. Ал эпостун калыптанышы үч этаптан турарлыгын көрсөткөн. Ал эми акыркы бапта болсо, «Манастын» уландысы болгон «Семетей» ж-а «Сейтек» эпосторунун сюжеттик — композициялык өзгөчөлүктөрү, образдары талданат. Эки эпосто тең «Манаска» караганда кийинки мезгилдердин таасири көбүрөөк тийип, баяндоо ыкмалары да бир беткей болуп калгандыгын белгилейт. Окумуштуу акырында, «Семетей», «Сейтек» эпостору 17—18-к-да толук калыптанган болуу керек деген божомол айтат. В. М. Жирмунскийдин бул монографиясынын илимий мааниси азыр да өз күчүн жогото элек. «Манастын» калыптанышы, тарыхыйлыгы тууралуу айтылган пикири илимий көз караш катары жашап келет. Бул эмгек кийин айрым толуктоолор, тактоолор м-н В. М. Жирмунскийдин өзүнүн «Народный героический эпос» (М.—Л., 1962), «Тюркский героический эпос» (Л., 1974) деген китептеринде ж-а авторлор коллективинин «Киргизский героический эпос «Манас»» (М., 1961) аттуу жыйнакта жарык көргөн.

**«В. В. РАДЛОВДУН ЖЫЙНАГАН МАТЕРИАЛДАРЫНДАГЫ КЫРГЫЗ ТИЛИНИН ЛЕКСИКАЛЫК ЖАНА ГРАМАТИКАЛЫК ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ»** — филология илимдеринин кандидаты С. Кондучалованын эмгеги (Фр., 1964). Көлөмү 5,5 басма табак. Өткөн кылымдын экинчи жарымында В. В. Радлов жазып алган материалдагы көп сөз дөрдүн алиге чейин кыргыз лексикасында активдүү колдонулушун белгилеп, аларды маани жагынан негизги топторго бөлүп караган. Эмгектин экинчи бөлүгүндө материалдагы тексттердин айрым грамматикалык фактылары ж-дө сөз козголот. Бул бөлүктө жөндөмөлөр б-ча ат атооч сөздөрдөгү ж-а этиштерде учураган өзгөчөлүктөр талдоого алынган. В. В. Радловдун китебинен үзүндү берилген.

**В. В. РАДЛОВДУН ЖЫЙНАГАН МАТЕРИАЛДАРЫДАГЫ КЫРГЫЗ ТИЛИНИН ФОНЕТИКАЛЫК ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ»** — филология илимдеринин кандидаты С. Кондучалованын (Фр., 1961) эмгеги. Көлөмү 7 басма табак. Эмгек кириш сөздөн, негизги бөлүктөн, корутундудан турат. Кириш сөздө эмгектин максаты В. В. Радловдун 19-к-дын экинчи жарымында жыйналып ж-а жарыкка чыгарган кыргыз тексттерине фонетикалык талдоо жүргүзүп, фактыларды азыркы түн. кыргыз говорлору м-н адабий тилдин материалдарына салыштырылып изилденгенин экендигин эскертет. О. эле кыргыз тексттерин жазууда колдонулган В. В. Радловдун транскрипциясына таблица берилген. Эмгектин негизги бөлүмүндө таблицада колдонулган транскрипциялык белгилердин колдонуш ыктары ж-а берген маанилери ж-дө тексттерге фонетикалык талдоо жүргүзүлгөн. Автор В. В. Радлов кыргыз тексттерин жазууда он алты тыбышты белгилей турган тамгаларды, о. эле он тогуз фонемадан турган түн. кыргыз говорлорунун үнсүздөр системасын колдонгондугун айтып, аларды азыркы кыргыз тилинин фактыларына салыштырып изилдеп чыккан. Корутунду бөлүгүндө В. В. Радлов тарабынан жарыяланып бул тексттер 19-к-дын экинчи жарымында Түн. Кыргызстанда жашаган жергиликтүү өкүлдөрдүн тилдик өзгөчөлүктөрүн элестетүүчү эң баалуу эстелик болуп саналат деген ж. б. жыйынтыктарга келген. Бул эмгектин аяк жагына В. В. Радлов жазып алган тексттен үзүндү транскрипциясы эч өзгөрүлбөй берилген.

**ВИНОГРАДОВ** Виктор Сергеевич (1899., Калуга губ., Истик айылы)— сов. музыка изилдөөчү, Кыргыз ССРинин иск-вого эмг. ишмери (1957), Кыргыз ССРинин Токтогул атн. мамл. сыйл. лауреаты (1967), СССР ж-а РСФСР композиторлор союзунун башкармасынын ж-а ЮНЕСКОнун элдик музыка б-ча эл аралык советинин мүчөсү. В. 1938-ж-дан тартып кыргыздын элдик, профессионал музыкасынын тарыхына ж-а манасчылардын, обончулардын, комузчулардын чыгармачылыктарына байланыштуу ондогон эмгектерди жазган. Ал сов. музыка изилдөөчүлөрдүн ичинен алгачкылардан болуп манасчылар Саякбай Карала уулу



м-н Молдобасан Мусулманкул уулунун айтуучулук өнөрүнө ой жүгүртүп, талдоого алган. «Кыргыздын элдик речитативи» аттуу макаласында В. 1940-ж. алгачкылардан болуп «Манастан» 19 үзүндү жазып алган. Алардын арасында Саякбай Карала уулу, Ыбырайым Абдырахман уулунун, Жаңыбай Кожек уулунун, Молдобасан Мусулманкул уулунун, Актан Тыныбек уулунун да үзүндүлөрү бар. Аларды бири-бири м-н салыштыра талдап, мүнөздүү өзгөчөлүктөрүнө илимий байкоо жүргүзгөн. Манастын сабатмалуу обондорунун көркөмдүгүн, айырмачылыктарын, төкмөлүк м-н айтылышына жараша обондору өзгөрүлүп айтыларына токтолот да, «Манас» төрт түрдөгү сабатмалуу обондо айтыларын аныктайт. В. Эмгек Кызыл Туу, Элдердин Достугу, Ата Мекендик согуштун II даражадагы, Октябрь Революциясы ордендери ж-а медалдар м-н сыйланган.

*Б. Алагушов*

**ВЛАСОВ** Владимир Александрович (1903, Москва ш.)— сов. композитор, Кыргыз ССРинин иск-вого эмг. сиң. ишмери (1939), Кыргыз ССРинин эл арт. (1946), РСФСРдин иск-вого эмг. сиң. ишмери (1947), Кыргыз ССРинин Токтогул атн. мамл. сыйл. лауреаты (1970), РСФСРдин эл арт. (1973). Композиторлор А. Малдыбаев, В. Фере м-н бирге 4 көшөгөлүү, 6 сүрөттүү «Айчүрөк» (1939) операсын жазган. Ал ошол эле жылы 12-апрелде Кыргыз мамл музыкалуу драма театрында, 1939-ж. Москвада өткөн кыргыз иск-восунун он күндүгүндө алгач СССРдин Чоң театрынын филиалында, 1-июнда Чоң театрдын өзүндө коюлган. Операнын музыкасын авторлор «Манастын» элдик обондор м-н күүлөрдүн негизинде жазышкан. Операга манасчылар Саякбай Карала уулунун, Молдобасан Мусулманкул уулунун айтуусундагы сабатмалуу обондордун үлгүлөрүн пайдаланышкан. Бул музыка Семетейге баатырдык, эр жүрөктүүлүк, тайманбастык мүнөз берет. Опера коюлгандан бери сахнадан түшө элек. Ал эки жолу (1959, 1987) кайрадан редакцияланып көрүүчүлөргө тартууланды. 1944-ж. А. Токомбаев м-н К. Маликовдун либреттосуна 5 көшөгө 8 сүрөттөн турган «Манас» операсынын музыкасын (А. Малдыбаев, В. Фере м-н бирге) жазган. Опера 1946-ж. 3-мартта Ленин ордендүү Кыргыз мамл. опера ж-а балет театрында коюлган. Бирок, айрым кемчиликтердин кесепетинен опера сахнадан алынып салынган. 1966-ж. «Манас» операсынын жаңы вариантынын музыкасын В. А. Малдыбаев, В. Фере м-н биргелешип кайрадан жазышкан. В. эки жолу «Ардак Белгиси» (1939, 1958), Эмгек Кызыл Туу ордендери ж-а медалдар м-н сыйланган.



*Б. Алагушов*

**ВОЛКОВ** Геннадий Никандрович —(1927, Чуваш АССРи, Большие Яльчики кыш.)— белгилүү педагог. Чуваш педин-тунун физика-математика факультетин бүтүргөн (1949). Педагогика илимдеринин доктору (1967), профессор (1968), СССР Педагогика ИАнын академиги (1989). Улуту чуваш. 1972-ж-дан бери РСФСР эл агартуу министрлигинин улуттук мектептер илим-изилдөө ин-тунун сектор башчысы. Эрфурттагы Жогорку педагогикалык мектептин профессору (1979—1982), ошол эле окуу жайдын Ардактуу доктору (1984), ГДРдин бир нече өкмөттүк сыйлыктарынын ээси. В. жүздөгөн илимий макалалардын, илимий изилдөөлөрдүн ж-а ондон ашуун фундаменталдык монофиялардын автору. СССР элдеринин улуттук педагогикаларын ырааттуу изилдеген окумуштуу. Ал өзүнүн «Письма о Манасе» (Литературной Киргизстан, 1971, № 1), «Этнопедагогика» (Чебоксары, 1974), «Созвездия земли» (Чебоксары, 1979) монографияларында ж. б. макалаларында «Манас» эпосундагы байыркы кыргыздардын тарбия ж-дөгү ой толгоолорун, үрп-адат, салтсанааларын изилдеп үйрөнүп, «Манас»— элдин педагогикалык ой жүгүртүүсүнүн бийик сереси экендигин айгинелеген. 1979—82-ж. В. ГДРдин жогорку окуу жайларында ж-а илимий мекемелеринде кыргыз эпосундагы педагогикалык залкар идеяларды даңазалаган лекцияларды окуган.



*Б. Апыш уулу*

**ВУЛЬГАРИЗМ** (лат. vulgaris — демейки, кадыресе)— көркөм чыгармада каармандын сүйлөгөн сөзүндө колдонулуучу орой, одоно сөздөр. Текстте стилдик мааниге ээ болуп, каармандын кулк-мүнөзүн ачып берүүдө В-дер көмөкчү милдет аткарат. Образдын дагы да терең ачылышын шарттайт. «Манас» эпосунда да В. сөздөрдү жолуктурууга болот. Мис., «Көкөтөйдүн ашында» балбан күрөшкө чыгарында Кошойдун жашы улгайып кеткенине арман кылып, майданда отурган Жолойду мүнөздөп айткан сөзүндөгү В.:

Отуз беште жолукса
Ойрондобос эр белем,

Ошол иттен кем белем!
Обдулуп найза салышса,
Ойду-деңдү алышса,
Оролтуп аяк чалышса.
Оңдобой турган мен белем,
Оосурак иттен кем белем! (СО, 3. 199).

# Г

**ГАЛЛЮЦИНАЦИЯ** (лат. hallucinatio — *жөөлүү, көзгө көрүнүү*)— манасчылардын чыгармачылык жактан калыптануусуна байланышкан психологиялык кубулуш. Бул адамдардын сезим органдары, кабылдоолору чындыкты тикеден тике чагылдыруудан эмес, бөлөкчө өтүүдөн пайда болуп, адаттан тышкаркы абалга дуушар болуудан келип чыгат. Мунун негизги түйүнү—адамдарды чексиз бийлеп алган күчтүү толгонуулар, толкундоолор, түйшөлүүлөр ж-а алардан жаралган фантазия — элестер. Ал эми ушул «психологиялык абалдар белгилүү бир чектерден чыкканда фантазия — элестер алар жаралган сезүү органдарын (көзгө, кулакка ж. б.) тийиштүү аракеттерге келтирип, чынында эле болуп жаткан окуялардай таасирлерди туудуруп жиберет. Ар бир эле адам кээде жалгыз калганда кандайдыр бир үндөрдү уккансып, не бир кыймылдарды, же жыттарды сезгенсип, ал түгүл не бир караандарды көргөнсүп калган учурларды билет. Мындай учурларды галлюцинация дейт» (А. Салиев). Бул психологиялык кубулуш чоң илим, иск-во багытында түйшүк тарткандарга кыйла мүнөздүү. Маселен, манасчы болуу оңойго турган эмес. Бул эпостун зор көлөмүнө, аны аткаруудагы ашкере акындык, ырчылык талантка байланышкан. Ушундан улам манасчылык өнөргө умтулган адам адегенде эле психологиялык кыйын кырдаалга туш келген. Үйрөнүүгө кадам таштагандан тартып эле манасчы болор бекемин деген үмүттилек аны сар-санаага, убайымга салып, ушул багытта надентип, түйшүктөнтүп, булар күчөнүп олтуруп терең толкундоолорду, толгонууларды, чыңалган эмоцияларды жаратып, акырында тийиштүү фантазия — элестерди пайда кылган. Манасчыларда бул кубулуш негизинен кереметтүү түш көрүү, аян берүү, *ааруу* м-н түшүндүрүлөт. Мында эң эле мүнөздүү көрүнүш — кереметтүү түш көрүү. Көпчүлүк манасчылардын түш көрүүлөрү мазмуну жагынан дээрлик бири-бирине окшош келет. Дегинкисинде «түш көрүү аркылуу өзгөчө шыкка ээ болуу түрк элдеринде кеңири тараган, өзгөчө Орто Азия элдеринин бардыгында дээрлик жолуккан түшүнүк» (В. Жирмунский).

Манасчы болууда түш көрүүдөн башка көзгө көрүнүү да учурайт. Маселен, манасчы болууга аракеттенген адамдын түшүнө Манас же эпостун башка негизги каармандары кирип, кээде айрымдарга өңүндө жолугуп, манасчы болууга ишеним пайда кылып, шер байлаткан окуялар да кездешет. Буга Саякбай Карала уулу айкын мисал: «Орто-Токойдо айыл кыдырып, жарамазан айтып жүргөндө Саякбай Карала уулу жолдошторунан бөлүнүп, үйгө бет алат. Тар капчыгайдан өтүп келатканда кулак жарган укмуштай чаңырык чыгат. Тигил корккон бойдон атынын оозун коё берип, капчыгайдан өтө бергенде жол боюнда сонун өргөө туруп калган болот. Анын тушуна келгенде ашкере сулуу айым алдынан чыгып, аттан түшүп, даам тата кет,— деп кайрылат. Аң-таң болгон Саякбай атын мамыга байлай коюп, сулуу ачкан эшиктен кирсе, үйдө эч ким жок, дасторкон жайнаган дүйүм тамак, «уялба, уялба жигит, табактагылардын ар биринен даам тат» дейт. Жыртык жаргак шымынан кысынып, эптеп кымырынып-кымтынып, Саякбай сулуунун айтканын аткарат да, туруп кетмекчи болот. «Ай, жигит ай, неге шашасың, тамактан жеп кет» дегенине болбой, сыртка чыгат. Чыкса дүрбөгөн эле атчан жоокерлер. Чоң сакал карыя теминип-демитип кирип келет. Сол колунда аттын тизгин-чылбыры м-н кошо кармаган найза, оң колун асынган баштыгына салып бир нерсе ууртап чыгып, «мына жигит, момуну оозуңа салып, чайнап жут» дейт. Же тарыу эмес, же кум эмес бир нерсени ууртап алып оозума салсам, качырап чайналбайт. Какап-чакап жутуп жатам. Найзасы м-н тап берип: «Бирөөнү калтырбай жут»,— деп карыя ат үстүндө турат теминип. Анан тигил жоокерлерге кайрылып: «Мына бу Аккуланы мингенди өзүң билесиң. Наркысы — Алмамбет, тиги — Чубак, анын аркысы — Сыргак...» — деп эле санап кирет. «Андан кийин мына бул өз жолуңа чыкканда эки кой айдаган кишиге кезигет, ошол койлорду сатып алып, эл чакырып союп бер да, батасын ал, анан мына бул көргөндөрүңдүн баарын төкпөй-чачпай айтып жүр»,— дейт да, карыя жоокерлерге бир ураан таштайт. Жоокерлер дүр коёт, жер дүңгүрөп эле чаң асманга көтөрүлүп калат. Баягы чаң тарап кетет, караса Саякбай бир таштын түбүндө олтуруп калган болот, тигил ак өргө да жок. Кунаны башын жерге салып нары жакта турат. Бир чети аң-таң болуп, бир чети не бир толкуган сезимдерге батып, Саякбай жөнөп калат. Бара жатып, чыны м-н эле эки кой айдап бараткан кишиге жолугат, жарамазан айтып тапкан акчасын берип, эки койду алып кетет. Үйгө келип, аларды союп, эл чакырып бата алат, жанагыларды айтат» (А. Салиев, «Манас» жана Саякбай. «Ала-Тоо», 1988, № 8, 12-б.). Мына ушундан кийин эле ал уйкуда жатып да «Манас» айткан өнөкөткө туш болот. Албетте, мунун бардыгы Г-нын мыйзам ченеминен келип чыккан нерселер. Мындайча алганда «Манас» айтууга бүткүл дити м-н берилип калган Саякбай Карала уулу анын күчтүү таасиринде жүрүп, нечен түркүн толкундоолорго, толгонууларга учурап, бул багыттагы

эмоциялык чыңалуу ошол жарамазан айтып жүргөн мезгилде бөтөнчө абалга жеткен да, жанагыдай көзгө көрүнүүлөрдү, түш көрүүлөрдү пайда кылган. Кереметтүү түш көрүп, көзгө көрүнүп, арбак колдоп, касиеттүү күч дарып, аян берип «Манас» айтып калуу манасчылар үчүн психологиялык чоң өбөлгө. Буларды толук, кана кармагандарда бекем ишеним пайда болуп, чыгармачылыгынын андан ары уланышына мүмкүндүк ачылган. Бул психологиялык жагдайды окумуштуулар ар кандайча түшүндүрүшөт. Маселен, өздөрүнүн «Манас» тууралуу жазгандарында М. Ауэзов м-н К. Рахматуллин манасчылардын жогорудагыга байланыштуу айткандарын алар өз өнөрлөрүн өтө сырдуу кылып көрсөтүү үчүн гана жасаган аракеттери катары карашкан. Албетте, мунун белгилүү даражада чындыгы бар. Бирок, ошондой болсо да, мында негизги нерсе «Манасты» айтууну сырдуу кылып көрсөтүү аркылуу өздөрүнүн өнөрүн мактоодо эмес, асыресе аны м-н манасчылык өнөрдүн кашкайган өзгөчөлүгүнүн, дегеле «Манастын» ыйыктыгын, бөтөнчө маанисин баса белгилөө болуп саналган.

*О. Исмаилов*

**ГЕНЕАЛОГИЯЛЫК ЦИКЛДЕШТИРҮҮ** — эпостордун өсүп-өнүгүшүндөгү чыгармачыл процесс. Эпикалык циклдештирүү окуяларды башкы баатырдын жеке керт башына таандык кылып тизмектеп, анын өмүр баянына болгон кызыгууну канааттандыра алса, андан ары баатырдыгы өзүнөн кем калышпаган баласы, ал турсун небере-чеберелери ж-дөгү бөлүмдөр жаралат. Г. ц. мыйзамы биринчиден, элге өтө кеңири таралган, элдин сүймөнчүлүгүнө ээ болгон эпикалык башкы каармандын түпкү тегин таанытуу максатын ишке ашырат. Баатырдын эли-жери, ата-бабасы жайынча саналып өтүлөт да, кыскача баян м-н гана чектелет. Профессор В. М. Жирмунский «Манас» генеалогиялык принцип б-ча улантыларын белгилөө м-н Манастын ата теги тууралуу эпосто жомоктолуп так айтылбаганынан улам, адеп пайда болгондо окуя жалгыз гана Манас, анын атасы Жакып тууралуу өнүгүп, Манастын ата-бабаларынын саналып айтылышы эпоско кийин кирген нерсе болуш керек деп эсептейт. Анткени бардык варианттарда манасчылар Манастын тегин ар түрдүүчө айтышат. Ырас, айрым ысымдар окшош болгон учурлар жок эмес. Маселен, СОВ б-ча Манастын түпкү атасы Каракан, андан Огузкан — Аланча — Байгур — Бабыркан — Түбөй — Көгөй — Ногой — Жакып — Манас — Семетей — Сейтек; СКВда Түгөлкан — Бабыркан — Бөйөн — Чаян — Ногой — Балакан — Каракан — Жакып — Манас — Семетей — Сейтек деп айтылса, МЧВда Асанкайгыдан башталат. РЖВ м-н ВЖЭде Манастын түпкү аталарынын бири — Бөйөнкан. Бирок, Манастын өз атасынан баштап генеалогиялык байланыш үчилтикте түз сызык б-ча так алынып өтүлөт. Ч. Ч. Валиханов өзүнүн «Жунгария очерктеринде» Семетейдин атасынын өчүн алышы кыргыз эпопеясынын экинчи бөлүгүн түзөрүн айтып, эпостун ар бир бөлүгү өз алдынча чыгарма катары ошондой эле кеңири белгилүү экендигин көрсөтөт. Академик Б. М. Юнусалиев эпос алгач генеалогиялык циклсиз эле жашап, качан гана Чоң казатта баатырлардын көбү курман болуп, Манас өзү да катуу жараланып окуя кайгылуу аяктагандан улам сюжетти уланткан Манастын уулу Семетей ж-а анын жолдоштору ж-дөгү экинчи бөлүк пайда болгон болуу керек деген алгылыктуу ойду билдирет. Дүйнө элдеринин айрым баатырдык эпосторунда башкы каарман өлгөндөн кийин эл тилегин толук ишке ашыруучу баатырдын укум-тукуму ж-дөгү эпикалык сюжеттин келип чыгышы да трагедиялуулукка байланышкан. Мындай принциптеги эпостордо башкы баатыр максатына жетпей курман болуп калса, анын ишин улантып, бөксөсүн толтуруп, өктөсүнө чыга турган мурасчы жарала тургандыгы, бирок ал дайыма эле башкы баатырдын карачечекей баласы болбошу да мүмкүн экендиги белгилүү. Г. ц-нүн жаралышын шарттаган дагы бир маанилүү фактор — элдик баатырды, анын жардамчыларын жаңы окуялардын, эрдиктердин тегерегинде көрсөтүү. Бул угуучу аудиториянын талабы б-ча мурунку каармандардын өмүр баянына жаңы окуялар кошумчаланып, анын кийинки укум-тукумунун өстүрүлүшү аркылуу берилет. Фольклорго таандык оптимисттик идеянын күчү ушунда, угуучулар башкы баатырдын өткөн тарыхына караганда анын болочок тагдырына, келечек турмушуна көбүрөөк кызыгышат. Ушуга ылайык эпостун сюжеттик өнүгүшүн кеңейтүүгө мүмкүндүк түзүлөт. Урпактар тууралуу чыгармалар баатыр атанын өлүмүнө байланыштуу пландаштырылат, себеби, элдин идеяларын туу туткан эпикалык башкы каармандын иштеген иши, максаты биротоло жоголуп калууга тийиш эмес. Анын каардуу душмандарынан өч ала турган жаңы мурасчы келиш керек. Ушунун өзү Г. ц-нүн андан аркы багытын аныктайт. Г. ц. принцибинин негизинде мурунку бөлүмүндөгү тааныш мотивдерди жаңыча түзүп чыгуу (комбинирование) аркылуу жаш баатыр тууралуу мурдагыны уланта турган жаңы эпос жаралат. Мис., өзбек эпосу «Алпамышты» анын генеалогиялык уландысы болгон «Жедигер» («Ядгар») м-н салыштырсак, дастанды айтуучулар улуу каармандардын катарына кийинки муундагы баатырларды кошуп, негизинен мурунку бөлүмдөгү тааныш сюжеттик комбинацияларды кайталашат. Бирок мында башкы каармандар катары алдыңкы планда жаштар көрсөтүлөт. Алпамыштын ордун Жедигер ээлеп, атасы сыяктуу эле түрдүү окуяларга катышат. Кичинесинен кудалап койгон колуктусун алуу үчүн түрдүү кыйынчылыктарга учурайт. Акыры душмандарынан өч алып, максатына жетет. Башкы баатырлардын эпикалык өмүр баянын ушинтип вариациялоо аркылуу жаңы поэмаларды жаратуу Г. ц-нүн өөрчүшүнүн өбөлгөлөрүнүн бири болуу м-н эпос айтуучулардын чыгармачыл зор талантын да далилдейт. Г. ц. кичи поэмаларда мурунку бөлүмдөгү салттык мотивдер м-н кеңири белгилүү

стилдик формалардан пайдаланууга толук жол берет. Кийинки муундагы баатырлар ата-бабасынын ишин эпикалык хронологиялык тартипте улантса да, алар тууралуундагы поэмалар жакынкы учурларга чейин калыптанып, иштелип жүрүп олтурганы байкалат. Кыскасы генеалогиялык принцип элдик оозеки чыгармачылыктын көп кылымдык салтын жогорку билгичтик м-н пайдалануудан улам ишке ашат. Г. ц. бир эле чыгарманын ар башка элге таандык версияларында ар башкача деңгээлде ишке ашырыла тургандыгына «Көруулу» цикли ачык далил боло алат. Чыгармадагы образдар системасынын терең иштелгендиги, окуяларынын масштабдуулугу циклдештирүүнүн мыйзамынын так аткарылышына байланыштуу болору айрыкча феодалдык мамилелердин ар кайсы этабын чагылдырган эпостордон («Көруулу», «Жангар», «Манас», «Алпамыш» ж. б.) көрүнөт. Уруу коомун сүрөттөгөн эпостордо болсо циклдик түзүлүш жок катары (мисалы, шор эпосторунда; Н. В. Сангажиева, «Джангар» и шорский эпос. — К-пте: Проблемы алтаистики и монголоведения, 1974, 71-б.). Демек, ар бир эпос өзүн жараткан элдин тарыхий ж-а саясий экономикалык алакаларын чагылдыргандыктан эпикалык эволюциянын жогорку үлгүсү болгон Г. ц. принциби коомдун өнүгүшүнүн кийинки учурларына туура келет.

*А. Жайнакова*

**«ГЕНЕЗИС ЭПОСА "МАНАС"** («"Манас" эпосунун генезиси»)— Р. З. Кыдырбаеванын орус тилинде жазылган монографиясы (Фр., 1980). Тарыхый салыштырма планда иликтенген бул эмгек төрт баптан (главадан), киришүү ж-а жыйынтыктоочу бөлүмдөрдөн турат. Автор «Манас» эпосунун пайда болуш, калыптаныш процесстери сыяктуу орчундуу проблемаларды карап, анын түпкү булактары, ар кандай тарыхый доорлордо өнүгүшү, поэтикасынын эволюциясын талдоого алат. Окумуштуу өзүнүн илимий ой жүгүртүүлөрүндө эпос жанрынын өнүгүш проблемасын генетикалык ж-а типологиялык аспектиде чечүүдө, структуралык-мазмундук ж-а эстетикалык маанайдагы татаал кыймылын ачууда О. Азиянын, Казакстандын, Сибирдин тарыхый, фольклордук материалдарына көңүл бурган. Мунун өзү эмгектин илимий баалуулугун, масштабдуулугун көтөрүп, андагы козголгон маселенин канчалык терең иштелип чыккандыгын айгинелейт. Эпостун алгачкы өнүгүү мезгилин Р. Кыдырбаева «түрк-моңгол элдеринин алгачкы эпосторунун, уламыш, легендаларынын түздөн түз байланыштуу аренасы» деп эсептейт. Ушул элдердин алгачкы эпосторунун материалдарын салыштырып отуруп, автор баалуу ж-а конкреттүү жыйынтыктарды чыгарат. Алтай, якут ж-а буряттардын баатырдык эпосторунда көөнө көрүнүштөр, мифтер кеңири учураса, «Манас» эпопеясында тарыхый окуялар үстөмдүк кылат деген Р. Кыдырбаеванын пикири ынанымдуу көрүнөт. Өзүнүн генетикалык тамыры, байыркы эпикалык мазмуну, стилистикасы б-ча «Манас» эпосу якут ж-а алтай элдеринин эпостору м-н үндөшүп турат. Окумуштуу ошондуктан бул маселени атайын талдоого алып, генетикалык ж-а типологиялык жалпылыгын аныктоо м-н бирге алардын өнүгүшүнүн өзгөчөлүгүн көрсөтөт. Бул маанилүү салыштыруулар аркылуу автор якуттардын «Олонхосу» те байыркы, алгачкы жамаат коомдогу эпостордун түрүнө кирерин, андагы каармандардын кара күчтөр м-н кармашарын жалпылап туура жыйынтыктайт. Ал эми алтайлыктардын эпосу эпикалык чыгармачылыктын өнүгүшүндө каарман өз уруусун коргогон эр жүрөк баатыр, мерген ж-а малчы болгонун көрсөтөт. Кыргыз эпосунун өсүп-өнүгүүсүндө мына ушундай эки кырдаалды байкоого болот. Бирок ал түрк-моңгол элдеринин эпосунун сапаттык өнүгүүсүндө улам жаңы тарыхый окуяларга байланыштуу каармандын мүнөзү, иш аракети бир топ конкреттештирүүнүн натыйжасында «Манас» эпосу нукура тарыхый-баатырдык эпоско айланат.

Түрк кагандыгынын пайда болушу м-н Борб. Азиядагы элдердин тарыхый-баатырдык эпосу, а. и. «Манас» да жаңы көркөмдүк күчкө ээ болуу м-н айрым бир баатырдын эрдиги кеңенирээк чагылдырылат. Бул тарыхый мезгилде эпостун көркөм диапазону ого бетер кеңейип, элдин тарыхы м-н андан да тыгыз байланышып, эпикалык башкы каарман эл кызыкчылыгын коргоочу болуп калат. Өз кезегинде бул баатырдык эпостун классикалык түрүн түзүүгө алып келет. «Манас» эпосундагы ушул ж-а ушуга окшогон маанилүү маселелер «Эпостун классикалык формалары» деген бапта кеңири талкууланат.

Эмгектеги «Эпостун баатырдык-тарыхый трансформациясы» деген бап илимий-теоретикалык баалуу жыйынтыктары м-н айырмаланат. Анда «Манас» эпосунун ногой темасы ж-а сюжеттик кеңейиши м-н нускалык стили объективдүү алынган фактылардын негизинде деталдуу талданат. Автор бул маанилүү теориялык проблемаларды тактап карап чыгып, бул процесс байыркы сюжеттердин, мотивдердин, поэтикалык маанайдын негизинде өнүгүп отургандыгын О. Азия, Казакстандын эпосту таанып үйрөнүү тарыхында алгач ирет белгилейт.

Р. Кыдырбаева «Манас» эпосунун эволюциялык өнүгүүсүндөгү маанилүү этапты — «Эпостогу кийинки эпикалык формалар» деген бапта ар тараптан талдаган. Ал этап эпосту жаңы тарыхый окуялар м-н толуктайт. Натыйжада өз тобун, өз уруусун коргоп келген башкы каарман Манас бүтүндөй бир элдин — кыргыз элинин баатырына айланат. Эпостун темасы жаңы мотивдер м-н байып, анын негизги каармандары жалпы улуттук мүнөзгө ээ. Сырттан келген баскынчылар м-н болгон күрөш «Манас» эпосунун идеялык-тематикалык мейкинин кеңейтет. Ал ошентип отуруп, «Манас» эпосун түзүүчү элдин өлбөс-өчпөс талантын, улуулугун жаркырата көрсөткөн классикалык эпос катары калыптанат.

*С. Алиев*

**ГЕРЦЕН** Теодор Теодорович (1935, Бакай-Ата р-ну, Орловка айылы)— сүрөтчү, монументчи, графикачы. Кыргыз ССРинин иск-вого эмг. сиң. ишмери (1985). Г. манасчы Сагымбай Орозбак уулунун вариантынын негизинде жарык көргөн «Манас» эпосунун төрт томдугуна (1978—80) графикалык сүрөттөрдүн монумент



циклдерин түзгөн. Ал анда жанрдык, баатырдык, согуштук көрүнүштөрдү реалисттик маанайда чагылдырып, каармандардын жеке мүнөздөрүн терең ачып берүүгө аракеттенген. Г. тарткан сүрөттөрдөн жогорку профессионализм, образдарды, композицияларды чечүүдө ар түрдүүлүк байкалат.

**ГИПЕРБОЛА** (гр. hyperbole — апыртуу)— көркөм чыгармада окуянын, нерсенин, каармандын тигил же бул касиетин апыртылып сүрөттөө ыкмасы. Кыргыз адабият таануу илиминде кээде «апыртуу» деген котормосу да колдонулуп жүрөт. Г. айрыкча оозеки көркөм чыгармаларда, а. и. чыгыш доору байыркы мезгилдерге таандык эпостордо өтө кеңири пайдаланылат. Эпостун байыркылык касиетин Г. да мифология сыяктуу эле белгилеп, чектен тыш апыртып сүрөттөө м-н чыгарманын таасирдүүлүгүн, кооздугун жогорку нокотуна жеткирет. Башка элдердин эпосторундай эле «Манас» эпосунун окуяларынын, образдарынын Г. м-н берилиши мыйзам ченемдүү көрүнүш. Г. «Манаста» ар түрдүү формада, ар башка мааниде кеңири учурайт: Г.*-салыштырруу,* Г.*-градация,* Г.*-гротеск.* Окуяларды сүрөттөө амалы катары Г. эпостун ары кызыктуу, ары көркөм болуп, каармандарынын образдарын дагы терең ачылышын шарттайт. Эпос — чагылдырган доорлордун мүнөзүнө ылайык элдин жашоо-турмушун, үмүт-тилегин, кубанычы м-н кайгысын, жек көрүүсү м-н кайратын кенен сүрөттөгөн чыгарма. Эпостогу реалдуулук баарыдан мурда чыгарманын идеялык мазмунунан, элдин сырткы ж-а ички душмандар м-н кагылыш кармаштарынан, уруулук тирешүүлөрдөн, каармандардын иш-аракетинен, өз ара мамилелеринен ачык көрүнөт. Баатырлардын төрөлүшү, адаттан тыш тез чоңоюп, эр жетиши, алгачкы эрдиги, жоо кийимдеринин, тулпарларынын сыны, курал-жарактарынын жасалыш сыры, касиети, баатырлардын каары, жекеге чыгышы, массалык салгылашуунун жүрүшү, о. эле каармандардын жай турмуштагы жүрүш-турушу, айлана-чөйрөсү Г-лаштырылып сүрөттөлөт. Мына ушундай апыртуу аркылуу эпостун каармандарына ар бирөөнө адам тең келгис алптын элеси берилет. Ошол алптардын алпы — Манас, Семетей, Сейтек. Манастын тула боюнун зорлугу, адаттан тышкары күчтүүлүгү, душманына каардуу, ырайымсыз көрүнүшү, сүрү эпосто мындайча сүрөттөлөт: «Жалаяк ооз, жар кабак, айбаты катуу, жүзү заар, кең көкүрөк, жоон билек, жоорунy калың, таш жүрөк, бөрү кулак жолборс төш» баатыр. Ал каарданганда «күркүрөшү күн болуп, бетинен чыккан түгү, беш байпактык жүн болуп», чоңдугу «опол тоодой күчүнө «тоо туруштук бере албайт. Каарданып жоону бет алганда капталынан «кара чаар жолборс чамынып», астынан караганда «ажыдаар сүрү көрүнүп, артынан миң сан колдун элеси» кылкылдайт. Андай учурда Манас «каалгадай тиштүү болуп», «оозунан түтүн буркурап, көзүнөн жалын шыркырайт». Семетей баатырдын образындагы Г-лык сүрөттөөлөр да ушундай эле салттык салыштыруу, эпитет өңдүү көркөм каражаттардын жардамы м-н түзүлгөн. Эпостогу Алмамбет, Бакай, Кошой, Чубак, Сыргак, Күлчоро, Каныкей, Айчүрөк, Куялы ж. б. каармандардын эрдиктери да Г-нын жардамы м-н башкача касиеттеги каармандар катары апыртылып сүрөттөлөт. Бирок «Манастагы» Г. реалдуулук м-н шартталган. Апыртуунун, ашыра сүрөттөөнүн да өзүнчө ченеми бар. Кандайдыр бир көрүнүш же каарман апыртылып сүрөттөлгөндө көпчүлүк учурда реалдуулуктун чегинен чыгып кетпейт. Анын үстүнө өтө эле ашкан, чектен тыш өлчөм оң каарманга эле эмес, тескери көрүнүшкө, терс каармандарга (жалгыз көздүү Макел дөө, Жолой, алп катын Канышай, Оронгу ж. б.) да таандык. Мис., Макел дөөнү манасчылар өтө апыртып, шумдуктантып сүрөттөшөт. Макел дөө көзүнө эмне көрүнсө ошону жейт. Жылан көрсө жылып жейт, курт-кумурска терип жейт, бир булакты бир ичет... Алмамбетке Макел дөө түз жерде тоо пайда болгондой, тоо жылып келе жаткандай көрүнөт... Алмамбет, Чубак экөөлөп зорго Макел дөөнү өлтүрүшөт. Бир жагына таш артып, бир жагына Макел дөөнүн башын артып, Чубактын тулпары көтөрө албай коёт. Макел дөөнүн зорлугун манасчылар айрыкча апыртып, сатиралык мүнөздө көркөм сүрөттөшөт. Бирок ашкан кара күчүнө, зор тышкы көрүнүшүнө карабастан, эпосто негизги душман элдин эркиндигине зор коркунуч туудурган башкы душманы — Коңурбай, Жолой, Нескара баатырлар. Бул образдар эпостун өнүгүшүнүн бардык этаптарынан өтүп бизге жеткендей.

Манасчылар терс каармандарга мүнөздөмө берүүдө бир катар салттык көркөм ыкмаларды, а. и. Г-ны пайдаланышат, аларга дайыма кайрылышат. Бөтөнчө калмак балбаны Жолой, анын тышкы көрүнүшү Г. аркылуу айрыкча көркөм сүрөттөлөт:

Эки ийнине караса,
Эки киши конгондой,
Эки бетин караса
Эки дңгыт тойгондой (СО, 1. 72).

Терс мүнөздөмө берилгенде портреттин ар бир деталына чейин Г-лаштырылып, салыштырылып айтылат: «колдору бийик теректей, балтыры өгүздөй, мурдунан чыккан илеби Ала-Тоонун желиндей». Терс каармандардагы эпсиз чоң өлчөм, ыксыз кара күч акылдын өспөгөндүгүн, чектелгендикти, олдоксондукту, ырайы суукту, жалпы эле одоно терс сыпатты билдирет.

Оң каармандар сүрөттөлгөндө апыртуу реалдуулуктун чегинен чыкпайт ж-а бул учурда да Г. салыштыруу формасына ээ болгонун байкоого болот. Эл ичинен чыккан баатыр же көптүн бири болгон оң каарман сан ж-а кара күч жактан алда канча жогору турган душманга тайманбай каршы турушу, белгисиз жолго сапар тартып, коркунучтуу күчтөр м-н кармашышы эпостордогу адаттагы көрүнүш. Бул байыркы адамдардын өз чыгармасын көркөмдөтүүдөгү өзгөчө ыгы, окуя, көрүнүштөрдүн көркүн ачып, кызыктуулугун арттыруунун каражаты, көркөмдөткүч куралы катары милдет аткарат. Ошон үчүн эпос канчалык байыркы доорлорго таандык болсо анда ашыра сүрөттөө, апыртуу — Г. ошончолук кеңири колдонулат.

*С. Алиев*

**ГЛУХОВ** Борис Григорьевич (1941, Иркутск ш.)— композитор. Москвадагы П. И. Чайковский атн. мамл. консерваторияны бүтүргөн (1966). 1970—72-ж. Фрунзедеги Б. Бейшеналиева атн. иск-во ин-тунда окутуучу, 1972—76-ж. Кыргыз мамл. Т. Сатылганов атн. филармониянын көркөм жетекчиси. 1976-жылдан Кыргыз мамл. телекөрсөтүү ж-а радиоуктуруу комитетинин музыкалык редакциясында эмгектенет. Г. кыргыз музыка фольклоруна кайрылып бир нече көлөмдүү чыгармаларды жараткан. *«Бабам Манас жөнүндө баллада»* акапелласын Т. Кожомбердиевдин сөзүнө жазган.

**ГРАДАЦИЯ** (лат. gradatio — акырындап көтөрүлүү)— бирдей көркөм сөз каражаттарынын таасир берүүчү күчүнүн акырындык м-н жогорулашын же басаңдашын көрсөтүүчү стилистикалык фигура. «Манас» эпосунан Г-ны айрыкча баатырлардын курал-жарактарын, кийген кийимдерин, минген тулпарларын сүрөттөгөн эпизоддордон кезиктирүүгө болот:

Ойротту бузган Алмабаш,
Ортосу болот, оозу албарс,
Түтүнү туман, түбү ыспан,
Атканга дажаал,огу ажал (СО, 4. 241).
Каныкей тиккен Аколпок
Жакасы алтын жеңи жез,
Кош бадана торгой көз,
Келеме бото, кең күрмө (СК, 2. 82).

**ГРАФИКА** (гр. graphika, grapho — жазуу, чийүү, сүрөт тартуу)— сүрөт өнөрүнүн түрү. Буга сүрөт, гравюра, литография, монография ж. б. кирет. Негизи сүрөт болгону м-н, өзүнө таандык көркөм каражаттары, мүмкүнчүлүктөрү бар. Г. өнөрү китеп, газета-журнал (иллюстрация, басма чыгармаларынын жасалгаланышы ж-а түзүлүшү), колдонмо (ө. ж. Г., почта маркалары, экслибристер), станоктук графика (эстамп, лубок), плакат жанрларына бөлүнөт. «Манас» үчилтигине карата чыгарылган китептердин ичинен Г. м-н СКВнын «Манас» 1-(1984), 2-(1986) ж-а «Семетей» 1-(1987), 2-(1989) китептерин Т. *Курманов;* СОВдун «Манас» 1-(1978), 2-(1980), 3-(1981), 4-(1982) китептерин Т. Т. *Герцен* көркөмдөгөн. «Манас» эпосуна тийиштүү Г-лык сүрөттөр ж-дө кеңири маалымат алуу үчүн к. *Сүрөт өнөрү жана «Манас»* макаласын.

**ГРОТЕСК** (фр. grotesgue, итал. grottesco — укмуштуу, grotta — үңкүр; Байыркы Римдеги жер алдындагы үңкүрлөрдөн — гроттордон өсүмдүктөрдүн, айбандардын ж-а адамдардын сүрөттөрү бири-бирине чырмалышкан укмуштуу оймо-чиймелүү сүрөттөр табылган. Фантастикалык эркин ой жүгүртүүгө жол берген бул күлкүлүү сүрөттөр адабияттагы теориялык терминдин жаралышына негиз болгон)— фантастикага, күлкүгө, гиперболага негизделген көркөм образдуулук. Реалдуулук м-н фантастиканын, трагедиялуулук м-н комедиялуулуктун, асылдык м-н көрксүздүктүн карама-каршылыгы көркөм чагылдырылып, турмуштук көрүнүштөрдү сатиралык ыкмада карикатуралап, апыртып, бирок типтештирип берет. Г. образдуулуктун байыркы түрү болгондуктан бардык элдердин мифологиясында ж-а архаикасында жолугат. Ал эми эпикалык чыгармаларда көбүнчө идеалдаштырылган портреттик сүрөттөөлөр, б. а. Г-түү сүрөттөө кеңири колдонулат. О. эле «Манас» эпосунда да Г-түү сүрөттөөлөрдү өтө көп жолуктурууга болот. Мис., Оронгунун портрети:

Оронгу төрдө ороңдоп,
Ортосунда чачынын
Отуздай чычкан сороңдоп.
Оронгу жайын сурасаң,
Отуз калаа улугу,
Зуң кытайдан уругу,
Эркек эмес катындан,
Эрегишкен душмандан,
Далайдын шорун катырган.
Мурду тоонун сеңирдей,
Көзүн көрсөң капырай,
Көп өгөгөн темирдей.
Эриндери калбыйып,
Эки уурту балбыйып,
Көкүрөктө эмчеги
Киндигине салбайып.
Элүү менен кыркындын
Ортосунда жашы бар,
Анда-санда ак кирген
Аргамжыдай чачы бар (СО, КФ, 572-инв., 440-б.).

*Д. Телегенова*

**ГУБИЙ-ШАМУ** — топоним. Эпосто кыргыз м-н калмак-кытайлардын аралыгында жаткан чөл. Калмак-моңголчо — «Гоби», кытайча — «Шамо» кумдуу чөл дегенди билгизет. Географиялык реалияда Гоби Ички Моңголияда ж-а Кытайдын Түн. батышында жайгашкан чөл ж-а жарым чөл.

**ГУМАНИЗМ** — адам, инсан катары баалуу, ал эркиндикке, бакыт-таалайга акылуу, теңдик, адилеттик, адамкерчилик адамдар ортосундагы кадыресе мамиле болууга тийиш деп эсептеген өзгөрүп туруучу тарыхый көз караштар системасы. Адамды урматтоо, адамкерчилик, бакыт ж-а эркиндик ж-дөгү адамдардын көз караштары, ой-тилектери түрдүү элдердин эң байыртан берки оозеки көркөм чыгармаларында, түрдүү философиялык, адеп-ахлактык диний концепцияларында чагылдырылып келген. Бүткүл дүйнө эпикалык поэзиясынын ичинде өзгөчө орунга ээ «Манаста» да Азиядагы эң байыркы элдерден болгон кыргыздардын башынан кечирген татаал турмушунун, көп кырдуу тарыхынын издери гана сакталбастан, элдин келечекке болгон үмүт-тилеги, ой-максаттары кошо берилген. О. эле жаштарды эл-жерди сүйүүгө, аны ички-тышкы душмандардан коргоого, адамды урматтоого, эң башкысы бийик Г-ге тарбиялоого байланышкан жалпы эле адамзаттык идеялар кеңири орун алган. Ч. Айтматов эпостун манасчы Сагымбай Орозбак уулунун айтуусу б-ча жарыкка чыккан китебине жазган баш сөзүндө ««Манас» эпосу — бийик гуманизмге сугарылган эпос» (СО, 1. 10),— деп бекеринен жогору баалаган эмес. Чынында да «Манас» эпосу — жаралган мезгилинен ушул күнгө чейин өзүнүн баа жеткис баркын, бийик Г-ин жоготпой кайра улам жогорулатып, чабылып-чачылбай улам кийинки урпактар аны күндөн-күнгө молуктуруп, тарыхтын улуу жолунда чарчапчаалыкканда элдин күчүнө күч, демине дем кошуп келген улуу чыгарма. Эпостун Г-и барыдан мурда анын образдар системасы аркылуу, андагы көптөгөн каармандардын (баатыр Манас, акылман Кошой, Бакай, Каныкей, Айчүрөк, баатыр чоролор Алмамбет, Чубак, Сыргак, Серек ж-а Семетей, Күлчоро, Сейтек ж. б.) сүйлөгөн сөздөрү, аткарган күнүмдүк ж-а жоокерчилик иштери, өз ара мамилелери, эпостун түркүн окуялары аркылуу берилген. Эпостун башкы каарманы Манастын өзү — бийик Г-ди алып жүргөн каарман. Ага колдонулган *айкөл* деген эпитет эле анын жогорку адамкерчилигин, кең пейилдигин айгинелеп турат. Манас ат жалын тартып мингенден бүт өмүрүн ат үстүндө, казат жолунда, кандуу кыргында элдин көз каранды эместиги, биримдиги, бейкут турмушу үчүн күрөштө өтөт. Алгач кезигишкенде эле Кошой Манаска:

Көчө чыгып Алтайдан
Жериңе качан коносуң?!
Аз гана кыргыз элиңе
Качан караан болосуң?!
Ээн калган ээсиз элиңди
Качан ээлеп аласың?! (СК, 1. 114),—

деп бытыранды болгон элди бириктирип, баш болуу керек экенин билгизет. Алмамбет келгенде жоого минген тулпары Аккуланы, жоо кийимин, каруу-жарагын тартуу кылганы айкөл Манастын Алмамбеттин баатырдыгын баалаганы, элинен, жеринен кеткен адамдын трагедиялуу абалын терең түшүнгөндүгү, кайгысын тең бөлүшкөндүгү. Ашка чакырбай коюп, кытайлар күлүгүнө көз артып, кемегедеги этин талагандан кийин чакырткан Бокмурунга ачуусу келсе да, элдин бейкуттугун өзүнүн жеке тарынчынан жогору коюп, «Журт куруган экен деп» (СК, 2. 33) элди ойлоп ашка келип, чатакты басат. «Ардактап ашка чакырдым, Абийириң менен этиң же» (СК, 2. 37),— деп чатак баштагандарды адамкерчиликке чакырат. Жоого колго түшүп кеткен Билерик м-н Жарманасты калк атасы Кошойдун өзү барып туткундан бошотуп алышынын өзүндө да адам бейкүнөө жаза тартпоого тийиш деген гуманисттик идея жатат. Эпостогу аялдын эң сонун образы (Чыйырды, Каныкей, Айчүрөк, Акеркеч, Арууке ж. б.)— эпостун бийик Г-инин күбөсү. Баатырдын жары Каныкей сулуулугу келишкен, ишмер, колунан көөрү төгүлгөн уз, баласын аман чоңойтуп, атасынын ордун бастырган мээрбан эне гана эмес, баатырга билбегенди билгизип, акылына акыл кошуп турган даанышман кеңешчиси, керек жерде жоо кийимин кийип жоону бирге сайышкан жанга шерик баатыр жолдошу да. Эпос жаралган замандан бери келаткан аял затынын акылын, ишмердүүлүгүн, эркектерге тете эрдигин даңазалоону, аял затына, энеге деген урмат сыйды да эпостон көрөбүз:

Ургаачы жолу улук деп,
Өзү каңгай урук деп,
Ороңгунун Кулабээ...

Чубатууга чыгыптыр (СО, 3. 153),— деп Көкөтөйдүн ашында чабышка түшчү аттарды чубатууга чыгарганда Ороңгунун Кулабээсин биринчи коё бергени эле, элдин жалпы эле аял затына болгон мамилесин көрсөтөт. Ч. Айтматов айткандай: «Эпосту жараткан элдин акылмандуулугу көркөм чыгарманын трагедиялуу финалынан эле даана сезилип турат... Эгерде, элдин баатыры журттун айтканына көнбөй адилетсиз чабуулга аттанса, анда, эл өзүнүн сүйүктүү каарманын да аябайт. Эпостун гуманисттик жыйынтыгы да мына ушунда» (СО, 1. 10).

*К. Жумалиев*

**ГУРКАН** — «Мажму ат-таварихте» эпизоддук кейипкер, кан. Имам Ибрагим Ферганада ж-а Тянь-Шанда жашаган кыргыздардан он ж-а сол канат күч түзүп, Г-га каршы согуш жүргүзгөндүгү айтылат. Ал эми тарыхый булактар б-ча бул термин кара кытай башкаруучуларынын титулу. 1125-ж. кара кытайлар чжурчжендерден жеңилгенден кийин Г. Елюй-Даши баш болгон алардын бир бөлүгү Эмиль өрөөнүнө көчүп келишкен. 1130-жылдын орто чендеринде Баласагун, Кашкар, Бешбалыктын айланасындагы кыргыздарды

каратып алган. Ушул окуяларга байланыштуу «Гуркан» деген термин ысым катары кирип калган болуу керек.

**ГУЛАЙЫМ** — эпизоддук кейипкер, *Көкөтөйдүн* аялы. Көкөтөйдүн ашында көп эскерилет.

**ГҮЛБАК** (ир. гүлдүү, бактуу жер)— топоним. Алты-Шаарда (Чыгыш Түркстанда) чеп, сепил деген мааниде колдонулган. СОВдо да о. эле мааниде: «Гүлбагын бузуп күл кылып, Уратпасак болбос деп» (СО, 3. 260), же «Аламандап талайлы, Гүлбагына камайлы Күлдү журтун канайлы» (СО, 4. 219),— деп айтылат.

**ГҮЛКАНЫШ** — эпизоддук кейипкер, *Көкөтөйдүн* аялы Гүлайымдын аты кээде ушундайча эркелетип айтылат (СО, 3. 16).

**ГҮЛ-ТОКОЙ** — топоним. СКВда Букарга жакын жайгашкан токой:

Гүл-Токой-Ата дээр экен,
Нур төгүлгөн жер экен.
Жыгачтан жаңгак төгүлгөн,
Чыркыраган долуга
Ошол турган Гүл-Токой
Чын бейиштей көрүнгөн (СК, «Семетей», 1. 59).

Г.-Т. көбүнчө ары-бери каттаган жолоочулар эс алып өтүүчү ажайып жай катары эскерилет Г.-Т-дон көмүр өчүргөн *Сарытазга* жолугуп, Семетей андан өзүнүн теги ж-дө угат.

**ГЫРАТ**, Герат — топоним. Айрым «Манас» изилдөөчү окумуштуулардын пикири б-ча Г. шаары (түн.-батыш Ооганстанда) Шахрух (Аксак Темирдин төртүнчү уулу) башкарган жалпы мамлекеттин борбору болгон. Ал мамлекет уделдик башкаруучуларга бөлүнгөн. Демек, Шахрух башкарган мезгилде (1409—47) ал мамлекеттин борбору Г. Ооганстан аймагында болгондугу эпосто «Шоорук Оогандын каны» катары айтылышы толук мүмкүн экендигин көрсөтөт. Географиялык реалияда Г.— Оогандандын түн.-батышындагы шаар; Г. провинциясынын админ. борбору.

# Д

**ДААРУУ** — боло турган иш, окуя ж-дө жогорку күчтөр тарабынан алдын ала аян берилген белги. Манасчылар — укмуштуудай поэтикалык шыктын ээлери. Алар айтып атканын тарыхый болуп өткөн окуялар катарында, эпикалык каармандарды, айрыкча Манас ж-а анын чоролорун чыныгы жашап кеткен касиеттүү адамдар катарында санашып, угуучуларды ушуга ишендирүүгө аракеттенишет. Бул адат, ишеним салтка айланып манасчылардын да, угуучулардын да сезимин ээлеп алган. Анткени, ар бир ынтызар адам өз каалоосу м-н эпосту аткара албайт. Ал үчүн Манастын же анын чоролорунун даарышы (наитие) талап кылынат. Залкар чыгарманы үйрөнүп айтуу мүмкүн эмес деген ишеним манасчылардын арасына кеңири тарап, муундан-муунга салт катары өтүп кете берген. Бизге аты белгисиз же кийинки доорлордо жашаган манасчылар мындай турсун, замандаш манасчыларыбыздын бири Саякбай Карала уулу да бул салттан аттап кете албаган. Түш көргөнгө чейин эпосту айтышпаганын, түш көргөндөн кийин гана шык да, эпостун бүткүл мазмуну да көңүлдө дароо эле пайда боло калгандыгын эскеришет. Алар эпосту айтардан мурда белгилүү даярдыктан өтүп, башка айтуучунун көркөм ыктарын, чыгарманын мазмунун өздөштүрүшкөнүн адатта айтышпайт. Тескерисинче, Манастын арбагынын даарышы м-н түшүндүрүп, кереметтүү түш көргөндөн кийин манасчы болгондугун айтышат. Бул абал манасчылардын профессионалдык кадыр-баркын көтөрмөлөп көрсөтүү аракети м-н байланышкан. Чынында ар бир манасчынын чыгармачылык жолунда Д-га ишенүү өтө күчтүү. Ошондуктан, Манас ж-а анын негизги чоролорунун бири болочокто манасчы болуучу адамдын түшүнө кирип, даарып аян бериши ж-дөгү салттык ишеним эл арасында кеңири белгилүү.

*С. Алиев*

**ДАБАК** — эпизоддук кейипкер. Калмак каны *Акунбешим* Манастан жеңилгенден кийин Олуя-Атага качып барып, андагы жергиликтүү чантууларды кырып өлтүрүү ж-дөгү кеңешке катышкандардын бири (СО, 2. 145).

**ДАБАШ** — эпизоддук кейипкер. *Акунбешим* паашанын улуктарынын бири. Чүйдү калмактардан бошотуу үчүн кол курап келе жаткан Манаска каршы аттанууга Акунбешим Д., *Тулуш* ж. б. улуктарын чакыртат (СО, 2. 129).

**ДАВЛЕСОВ** (Дөөлөсов) Насыр (1929, Кемин р-ну, Кара-Булак айылы)— кыргыз совет композитору, дирижёр, профессор (1977), Кыргыз ССРинин эл арт. (1974). Москва консерваториясын опера-симфониялык дирижёр адистиги б-ча профессор А. П. Чугуновдун классынан бүтүргөн (1956). Д. «Айчүрөк» операсына (1970) дирижёр ж-а «Манас» операсынын кай-



ра иштелип чыккан вариантын дирижёр катары койгон (1984). «Манастын ордосунда» (К. Молдобасанов) симфониялык сүрөттөмөгө дирижёрлук кылып (1984), чыгармага мүнөздүү образдарды элестүү ачкан. Д. 1957-ж. (А. Аманбаев м-н бирдикте) «Айчүрөк», «Манас» операларындагы Сыргак м-н Күлчоронун образдарын түзүүдө А. Малдыбаевдин чеберчилиги ж-дө изилдөө мүнөзүндө көлөмдүү эмгек жазган. «Ардак Белгиси» ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

**ДАГАЛАК** — топоним. Кырмус шаанын калаасы, Манас он бир Дуу-дууга каршы жортуулунда Д-ты Кошой м-н бирдикте каратат (СО, 2. 9—10). Кийинки окуяларда Мунардын ж. б. мекени катары эскерилет.

**ДАГУЛУК** — эпизоддук кейипкер. Көкөтөйдүн ашына кеңешке чакырылгандардан (СО, 3. 81, 85).

**ДАГУЛУК** — эпизоддук кейипкер, Кашкар беги, Акундун баатыры. Кыргыз м-н Кашкарлыктардын колу беттешкенде жекеге чыгат. Ага каршы барууга Кыргыл м-н Бакай жол талашып калганда, Манас душмандын колунун абалын байкап, урушсуз эле жөн-жай эпке келтирүүгө ортого чыгат. Д. качырып келип Манасты саят, ал тоотпойт, экинчи сапар жарым төш жерден качырып келип сайганда анын кайра-кайра кол салганына ачуусу келген Манас аны шыйрагынан алып, камчы кылып булгалап, душмандын колун аралап жөнөйт. Д. м-н тууну кармаган кишисин уруп, экөөнү тең күм-жам кылат (КФ, 1792-инв., 15-б.).

**ДАГЫР** (моңг. дахур — кара кытайлардан калган уруунун аты)— этноним. Эпосто душман тарабындагы (калмак-кытай) эл (уруу) (СО, 3. 261). 17-к-га чейин Амур өзөнүнүн бойлорунда жашаган. 1654-ж. айрым бөлүгү Дун-Бэй провинциясына көчүрүлгөн. Бир бөлүгү ички Моңголияда жашайт. 18-к-дын экинчи жарымында Цин империясы тарабынан чек ара аскери катары бир бөлүгү солон, шибе уруулары м-н бирге Синьцзянга (Уйгур автономия р-ну) зордоп көчүрүлгөн дахурлардын атына дал келет.

**ДАЖААЛ**, тажаал — диний түшүнүк б-ча акыр заман болор алдында жерден чыгуучу укмуштуу азыткы. Мусулман мифологиясында акыр заман жакындаганда Көк эшекке минип, жер бетин кыдырып, жолунда учурагандарды талап, талкалоочу, ит жээр, бит жээрдин (Жажуж-Мажуж) башчысы. Негизги варианттардын ар түрдүү окуяларында көбүнчө каардуу, коркунучтуу деген өтмө маанидe колдонулат. Манас баатырдын Аккелтеси «кароолу дажаал, огу ажал» укмуштуу курал катары сүрөттөлөт. СОВдо терс кейипкерлердин ичинен кытай баатыры Коңурбай «Тажаалдын кара көзү ошо» деп сыпатталат.

**ДАЛБАЕВ** Сатыбалды [1934, Ачы р-ну (азыркы Базар-Коргон), Ооган-Талаа айылы]— кыргыз совет артисти, Кыргыз ССРинин эл. арт. (1974), Кыргыз ССРинин Токтогул атн. мамл. сыйл. лауреаты (1986). Москвадагы Луначарский атн. ГИТИСти бүткөн (1957). Чыгармачылык ишин 1957-ж. баштаган. Кыргыз мамл. академиялык драма театрынын сахнасында ар кандай жаркын образдарды жаратууда. «Манастын уулу Семетей» (1982) спектаклинде ички душман Жакыптын, «Сейтекте» (1988) оң каармандардын бири дарыгер Момунжандын ролдорун аткарып өзүнүн профессионалдык деңгээлин көрсөтө алды. Д-дин бул багытта жараткан кийинки образы «Айкөл Манас» (1990) драмасындагы Бүкүрдүн образы болду. Ал түзгөн эпикалык образдарда курч конфликттүү кагылыштарда калыптанган каармандардын мүнөзүн, коом м-н болгон мамилесинин ачылышындагы идеялык тереңдик, көркөмдүк жетилгендик айкын көрүнөт. Бир нече медалдар м-н сыйланган.

*Э. Калдаров*



С. Далбаев — Жакыпкан («Манастын уулу Семетей» драмасы, 1982).

**ДАЛБАЕВА** Мираида (1939, Кызыл-Кыя ш.)— кыргыз совет артисти, Кыргыз ССРинин эл арт. (1986). Ал Кыргыз мамл. академиялык драма театрында жогорку көркөмдүктө иштелип чыккан көптөгөн образдардын галереясын түздү. Улуу эпоско байланыштуу спектаклдерде жараткан образдары анын чыгармачылыгында олуттуу эмгектерден болуп калды. Ж. Садыковдун «Манастын уулу Семетей» драмасында (1982) Каныкейдин, «Сейтекте» (1988) Чачыкейдин ролдорун аткарат. Буга чейин көптөгөн аймончоктой келишимдүү, сымбаттуу аял затынын көркөм образын түзүп келген актриса үчүн эпостук каармандардын да сырткы келбетине айкалышкан ички дүйнөсү жакын. Ошондуктан, Д-нын Каныкейин, Чачыкейин театр адистери да, көрүүчүлөр да жылуу кабыл алышып, жогору баа беришти. Д. Каныкейдин адамкерчиликке, патриоттукка, элге кызмат кылууга, кыйынчылыктар м-н күрөшө ж-а жеңе билүүгө дем берген эрки күчтүүлүгүн ачып берсе, «эрке катын» Чачы-



М. Далбаева — Чачыкей («Сейтек» драмасы, 1989).

кейде эл тагдырына кош көңүл караган пассивдүү, терс мүнөздөгү аялдын тибин түзө алган. Ал эми «Айкөл Манас» драмасындагы (1990) Каныкейдин образын жаратышы анын актёрдук чеберчилигин дагы бир ирет айгинелеп турат. Д. медалдар м-н сыйланган.

*Э. Калдаров*

**ДАЛЫ АЧУУ** — койдун далысын карап же отко жагып боло турган окуяны алдын ала билүү ишеними. Д. а. же аны отко жагуу ырым-жырымы чыгыш элдеринин көпчүлүгүндө бар. Тарыхый-этнографиялык маалыматтарга караганда кара кытайлар (кидандар) жортуулга жөнөрдө ак койдун далысын отко күйгүзгөн. Эгер далы жарылып кетсе жортуулга чыккан, жарылбай калса чыкпаган. Кара кытайлар доорунда (10-к.) колдонулган магиялык бул ырым-жырым шаманизмдин калдыгы катары «Манаста» да учурайт. «Манастын» В. Радлов жазып алган вариантында душман жол башчысы Жолой жортуулга аттанарда Таргылтаз далычыга далы күйгүздүрөт:

Таргылтаз далы жаккан соң,
Далыга карап алган соң,
Таргылтаз туруп дагы айтат:
Капырдын каны чоң Жолой,
Мен коркомун далыдан,
Бул далынын ичинде,
Казанбактай кайран баш,
Кан алдынан жыгылды
Туулгадагы кайран баш,
Туу алдынан жыгылды,
Ушул быйыл аттанба
Атка каршы ай экен,
Эрге каршы жыл экен...
Ага десең болбосоң
Ай жаңыртып аттангын (РЖВ, 197).

Сагымбай Орозбак уулу м-н Саякбай Каралаа уулунун варианттарында кытай кандарынын бири Карыкан коркунуч болор алдында «далы жагып» көргөнү (СО, 2. 113; СК, 2. 113) сүрөттөлөт. Эпикалык душман тарап эле эмес, Манастын чоролорунун ичинде да болочокто боло турган окуяларды алдын ала бал ачып, төлгө тартып, Д. а-п билүүчүлөр болгон. Агыдай чоро далыны карап эле боло турган кыйынчылыктарды, жакшылыкты ж. б. окуяларды алдын ала айтат. Көрүнүп тургандай, «Манаста» душман тарабындагылар далыны отко күйгүзүп, ал эми кыргыздар далыны жөн эле карап көрүп алдыда күтүп турган окуяларды биле алышкан. Мунун өзү түрк элдери м-н моңгол ж-а кытай элдеринин диний ишеним салттарындагы айырмачылыкты айгинелейт. Койдун далысынын магиялык мындай күчүнө ишенүүчүлүк калмактардын «Жангарында» да жолугат.

*С. Алиев*

**ДАЛЫНЫН КЕЧИРИН КЕСҮҮ** — коркунучтуу душманды кыйнап, кордоп жазалоонун бир түрү. Элдик эпостордо мындай жазалоо көбүнчө терс каармандар тарабынан иштелет да, ал аркылуу душмандардын таш боорлугу ашкереленет. «Сейтекте» Күлчоронун колго түшкөндөн кийинки кордолушу: «Оң далыны ойду эми, Оң колунун кечирин, Такыр кесип койду эми» (СК, «Сейтек», 328),— деп сүрөттөлөт. Бул мотив түрк-моңгол элдеринин тарыхый поэма, уламыштарында кеңири жолугат.

**ДАМБЫЛДА** — эпизоддук кейипкер, уруу аксакалдарынын бири (СО, 1. 41, 44, 47, 48, 56, 59, 86, 127, 161). Өзбек элинин өкүлү (СО, 2. 68, 94, 149) катары көп жолугат.

**ДАҢГИР** — топоним. Кара кытайлар тарабынан жеринен сүрүлгөн Үсөндүн (Көзкамандын) айылы турган аймак (СО, 1. 118).

**ДАҢГҮЛҮ** — топоним. Эпос б-ча калмак каны Кемин шаанын шаары. Кемин шааны Манас багындырганда Үрбү анын ордун ээлейт.

**ДАҢГЫЛ** — эпизоддук кейипкер. Орго кан жеңилгенден кийин Акунбешимден Чүйдү бошотуу үчүн барууга курган кеңешке маңгул элинин баатыры Д. дагы катышканы айтылат (СО, 2. 95).

**ДАҢГЫТ** — этноним. Эпосто бирде Дүбүрөкан, Кайыпкан сыяктуу кадимки эле жердик адамдардын, бирде Чоюн алп сыяктуу мифологиялык кейипкердин эли катары айтыла берет. Д. ж-дөгү кеңири кабар Манастын Дүбүрөкан м-н болгон согушунда баяндалат. Манас он бир Дуу-дууну караткандан кийин көп кол м-н жортуулга чыгып, пил минип урушкан Д. элин багындырат, айрыкча анын Дөбөт деген баатыры м-н жекеме-жеке кармашы катуу болуп күнү-түнү салгылашып жеңет. Д. эли Кашкардан түштүккө жол жүргөндө Ималайдын чыгышында Индыстанга жакын жерде жашашат. Эпостогу бул маалыматтарга таянып Д. эли географиялык-тарыхый реалиядa Тибетте жашаган тангут эли экенин болжоого болот. Мында тангут кыргыз тилинин өзгөчөлүгүнө ылайыкташтырылып Д. деп берилсе, алар жашаган чөлкөм Тибет персонофикацияланып

Дөбөт баатыр (байыркы кыргыздар Тибетти Түпүт деп айтышкан, демек, Түпүт баатырдын өзгөрүлүшү) деп берилген. Орхон-Эне-Сай жазууларында көрсөтүлгөндөй (мис., Алтын-Көлдөн табылган кыргыз элчиси Эрем-Улугдун эстелигиндеги маалыматта) кыргыздардын түпүттүктөр м-н ар түрдүү алакасы 8-к-да башталган. А. Н. Бернштам 8-к-дын аягында Чыгыш Түркстан ж-а Тибетке жакын жерлерде кыргыздар жашаганын Тибет документтеринде жазылганын эскерет, С. Абрамзон азыркы мезгилде кыргыздардын айрым бөлүктөрү Кашмир, Тибетке жакын жайгашканын көрсөтөт. Демек, эпосто ушул байланыштар эпикалык планда чагылдырылган.

*Р. Сарыпбеков*

**ДАҢ-ДАҢ** — эпизоддук кейипкер, Кампас калаасынын балбаны. Манасты өлтүрмөкчү болуп келген Нескаранын колу м-н болгон урушта жекеде кыргыздардын Күнөс деген балбанын өлтүрүп, өзү казак баатыры Айдаркандын колунан өлөт (СО, 1. 219—222).

**ДАҢ-ДУҢ-БАШ**, Даң-Дуң-Тоо — топоним. Уйгур тили б-ча Тагдуң-Башы деген географиялык аттан алынган. Кашкар, Жаркен чөйрөсүндө жашаган уйгурлар *Сары-Кол, Памир* тоолорун Тоонун-Башы (Тагдуң-Башы) деп аташкан. Ч. Валиханов да: «Таш-Коргондун дарыясы агып түшкөн тоо жергиликтүү элде Сары-Кол, Тагдумбаш деп аталат» (Ч. Валиханов. Собр. соч. т. 2. Алматы, 1982, 719-б.),— деп жазат. Манасчы Сагымбай Орозбак уулу ошол уйгурча аталышы б-ча кабыл алып, өзүнүн вариантында колдонгон:

Ордо кылган Ополду
Даң-Дуң-Тоонун оюна
Далай журтун которду... (СО, 1. 117)
Даң-Дуң-Баштын тоо теке
Аң уулап адам көрбөгөн
Сырты кара зоо теке,
Абыкени баш кылып,
Алтымыш мерген аткарып,
Териге залал кылдырбай
Бир-бир көзгө атырып (СО, 3. 208).

Каныкей Манастын жоого кие турган шымын (кандагай) ошол Памир, Сары-Кол тоолорун мекендеген текенин терисинен жасайт. Чындыгында Памир, Сары-Кол тоолорунда жашаган тоо эчкилер өтө зор келип, териси калың, бышык болот деп жергиликтүү элдер да айтышат.

*Э. Абдылдаев*

**ДАҢЗА** (кыт. даңса — тизме, санжыра; белгилүү адамдардын тизмеси жазылган китеп)— эпосто «Атактуу Манас эр чыгып, Бээжинден сурак алат деп, Алдыңдагы чоң даңзага чийилди» (СК, 1. 40),— деп Манастын да атталгандыгы баян этилет.

**ДАҢКАРА** — калмак балбаны *Атан* алптын минген аты. Манастын Орго кан м-н болгон жекеме-жеке согушунда Көйүш Атанды өлтүрө сайып, Д-ны олжого алат (СО, 2. 81, 83).

**ДАП** — эки бети тең тери м-н капталган тегерек алкагына майда темир шакекчелер тагылган, уруп ойноочу музыкалык аспап. Ал уйгурлардын дапына, өзбектердин, тажиктердин (деф) дойрасына, түркмөндөрдүн дайрасына окшошот. Д. негизинен какма, үйлөмө, урма аспаптар м-н ансамблдешип аткарылган. Ал добушу жагынан да алар м-н ажарлана айкалышкан. Д. эпосто:

Керней тартып бапылдап,
Дап согулуп дапылдап,
Сурнайдын үнү такылдап,
Чилмардан кагып шакылдап (СО, 2. 121),— деп берилет. Ошентип, Д. керней, сурнай тартылып, чилмардан ж-а алтын купалуу добулбас кагылган жерде (жагдайда, шартта) ойнолгон.

**ДАРБА** — топоним. Алтайда кыргыздар мекендеген жер (СО, 2. 174). Географиялык реалияда Моңголиядагы тоолуу аймак.

**ДАРБАН** — топоним. Эпос б-ча кытай калааларынын бири. Алмамбеттин Бээжинге чалгынга жөнөр алдындагы кебинде айтылат (СО, 4. 255).

**ДАРГАН** — топоним. Кыргыздар эзелтен жашап келе жаткан жерлердин бири катары эпосто өп эскерилет. Алтайдан көчүп келаткан жолдо кыргыздардын калмак кандыктарынан Ала-Тоону бошоткондо: «Баарын алар түк койбой Башы Бабыл, Дарганды, Аягы Намут, Ара-Көл дайраны» (СО, КФ, 576-инв., 606-б.),— деп Манас ата-бабасынан калган мекени катары башка жерлер м-н катар Д-ды да бошоторун айтат. Географиялык реалияда Д. (Дарган-Ата)— Түркмөнстандын Чаржоу областына караштуу аймак (Аму-Дарыянын боюнда).

**ДАРДАК** — эпизоддук кейипкер, калмак балбаны. Текес кан өлгөндөн кийин Д-ты кан көтөрүүгө ой кылышат. Ал «Күчүм бар да, эбим жок, Айтууга жакшы кебим жок» (СО, 2. 46),— деп макул болбойт.

**ДАРКАН** — эпизоддук кейипкер, белгилүү уста. ВЖЭде Манастын тапшырмасы б-ча төкөр уста Д. ак болот кылыч жасап, Жолой м-н Коңурбайдын соңунан казатка жөнөмөк болгон Манаска өзү жеткирип берет. Жолойду Манас ошол кылыч м-н чаап өлтүрөт (ВЖЭ, «Ала-Тоо», 1979, № 7, 93, 95-б.). Башка варианттарда Манастын негизги куралдарын Бөлөкбай уста жасайт, к. *Бөлөкбай.*

**ДАРКАН**, Дархан — топоним, эпос б-ча кыргыз урууларынын биринин мекени экени гана белгилүү (СО, 1. 192; 4. 63, 130). Географиялык реалияда МЭРдин түндүгүндөгү шаар. Кыргызстандын көл кылаасындагы аты уйкаш кыштакка дал келет.

**ДАТКА** — Букар, Кокон кандыктарынын тушундагы бийлик жүргүзүүчү эң жогорку наам ж-а ушундай наамы бар адам. Эпостун көп эпизоддорунда жолугат. СОВдо Жакып кан кыз издеп Букарга келип, Санирабигага сөйкө салган окуясында эскерилет:

Бул шаарда бектерден
Аялдатпай табыңар,
Үйүнө бирин койбоңор,
Удайчы менен датка деп (СО, 2. 369).

**ДАШ КАЗАН** (ир. ылайдан же кыштан жасалган очок, кемеге)— чоң казан. Д. к. очокко,

чоӊ кемегеге асылчу зор казан. Тил угуму окшош келип кыргыз тилинде таш казан (көчмөн элде таштан каланган очок кеӊири тараган), тай казан (той казан), жоокердик турмушта жан казан ж. б. аталган бир топ түрлөрү бар. Эпосто Д. к. метафора катары салыштырып сүрөттөөдө колдонулат. Мис., калмак каны Жолой «Козголуучу дөө эмес, Даш казандай башы бар» (С, 3. 183),— деп сүрөттөлөт.

**ДЕБЕГИ** — эпизоддук кейипкер, Акунбешим паашанын улуктарынан. Чүйдү калмактардан бошотуу үчүн келе жаткан Манаска каршы аттанууда Акунбешим Д-ни да чакырат (СО, 2. 129). Коӊурбай Мааникерди сурап чыр салганда да душмандар тарабында (СО, 3. 129), ал эми Чоӊ казатта «Кумардын уулу Дебеги» кыргыз баатыры катары кытайды кууп барып, «Оӊ колунун карыга» ок жаӊылтып качып келгени айтылат (СО, 4. 347).

**ДЕЙИЛДЕ** — кымбат баалуу кездеме. Бул кездемеден баалуу сырт кийим жасалат. Ал сырт кийимдер сый катары ардактуу адамдарга берилет. СОВдо Д. эки жерде: биринде Ажыбай Манастын түшүн жоруганда Д. чапан жабат, экинчисинде Жакып Атемир м-н кудалашып, ага кызыл кымкап Д-га кошуп үч сарпай кийгизет (СО, 2. 282, 380).

**ДЕЛДЕШ** — эпизоддук кейипкер. Манас Каныкейге күйөөлөп барганда анын калыӊына уй айдаган бадачылардын башчысы (СО, 2. 394).

**ДЕРКЕМБАЕВА** Ирина Григорьевна (1927, РСФСР, Иркутск обл., Нукут р-ну, Үӊкүрлүк улусу)— кыргыз совет опера ырчысы (сопрано). Бурят АССРинин (1958), Кыргыз ССРинин эл арт. (1967). Москва консерваториясынын вокалдык факультетин профессор В. Ф. Рождественскаянын классынан бүтүргөн (1952). Ал «Манас» үчилтигинин негизинде жазылган «Айчүрөк», «Манас» операларынан Айчүрөк, Калыйман, Канайымдын партияларын ырдаган. Д. Берлинде өткөн жаштар ж-а студенттердин бүткүл дүйнөлүк фестивалынын (1951), Москвада өткөн вокалисттердин Бүткүл союздук (1956) конкурсунун лауреаты. Эмгек Кызыл Туу ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.



И. Деркембаева — Айчүрөк. «Айчүрөк» операсы, 1963.

**ДЕРКЕНБАЙ** — эпизоддук кейипкер, Калдайдын небереси. Манас жолдоштору м-н салбырында жүргөндө Д-ды да атыӊды сой, кан шайлайбыз деп кыйнашат (СО, 1. 257).

**ДИАЛОГ**, диалогдук речь— көркөм чыгармада каармандардын (көбүнчө экөөнүн) бири-бири м-н өз ара сүйлөшүүсү; речтик байланыштын эки тараптуу карым-катнашка негизделген тиби. Эпосто каармандардын сүйлөшүүлөрү, бири м-н экинчисинин пикирлешүүсү көп учураса да, ал азыркы жазма адабияттын эпикалык, драмалык чыгармаларындагыдай ачык, даана көрүнбөйт. Деги эле төкмөчүлүк өнөрүндө Д. азыраак колдонулган. Ал эми «Манас» аткарылып жатканда каармандардын сүйлөшүүлөрүнө манасчылар «кийлигишип», көп убакта алардын тике сөздөрүн чыгарма нын окуяларын, элге жеткирүүдө өздөрүнүн сөзүнө өткөрүп кыйыр сөз түрүндө берет. «Манас» эпосунда Д-дор төмөнкүдөй милдеттерди аткарат: 1) эки кишинин сүйлөшүүсүндө окуялардын жүрүшү, сюжеттин андан нары өсүп-өнүгүшү белгилүү болот; 2) сүйлөгөн сөздөрү аркылуу ошол каармандардын образы ачылат; 3) сүйлөшкөн тараптардын ар биринин өзүнө таандык речи,иш-аракети, түшүнүгү, бул же тигил көрүнүшкө, окуяга карата позициясы айкындалат; 4) чыгарманын жалпы интонациясына өзгөртүү киргизилет. Жакып м-н Манастын Д-унда:

— Айланайын каралдым,
Алды-артыӊды карагын,
Кызырлуу кыргыз элиӊ жок,
Азыр кыйындык кылар эбиӊ жок.
Жүргүн, кайра жөнөйлү,
Калмактарды көрөлү,
Кантер экен капырлар,
Кааласа кунун берели.
Бала Манас кеп айтат:
— Ай, атаке, деп айтат,
Курулай корктуӊ тегеле,
Кун дегениӊ эмине?
Анда Жакып кеп айтат:
— Кун деп санап мал алат,
Ал малына көнбөсөӊ
Бу курган кыргыз таланат.
Айбына санап мал алат,
Айтканына көнбөсөӊ
Аз кыргыз мында таланат.
Акырында кулунум,
Өлтүрбөй койбойт өзүӊдү,
Ойбой койбойт көзүӊдү,
Аӊдап бил айткан сөзүмдү.
Баласы Манас кеп айтат:
— Ай, атаке, деп айтат,
Абалында кол салып,
Сизди келип камалап
Урган калмак турбайбы.

Жалгыз чака пул берсем
Мени кудай урбайбы... (СО, 1. 132—134).

Бул Д-до Жакыптын баласы Манас м-н сүйлөшкөн сөзүндө атасынын турмушту көрүп калган, калмактан кагуу жеп, күнкор болуп, кун берип, биротоло жер карама болуп багынган кишп экендиги айкындалса, экинчисин мындай жагдай канааттандырбастыгы, атасычылап коркуп отурбастыгы, күнкор болуп жашаганча өлгөндү артык деп эсептегендиги көрүнөт. Д. эпостун бардык варианттарында жолугат. Мис., Алмамбет м-н Чубактын жол талашып чатакташуусундагы экөөнүн Д-унда Алмамбеттин ата-теги, кытайдан кетишинин себептери, Таласта жүргөндө эле Чубактын Алмамбеттен чалгынга ала кет деп суранып жүргөнү ж. б. айтылат (СК, 2. 91—94).

*А. Муратов. Б. Кыдырбаева*

**ДИДАКТИКАЛЫК ЫРЛАР** — дүйнөлүк адабиятта, а. и. кыргыз оозеки чыгармачылыгында кеңири учураган акыл-насаат үйрөтүүчүлүк, бул же тигил коом түзүлгөн ошол мезгил үчүн алдыңкы деп аталган адептик сапаттарга үндөөчүлүк мүнөздөгү чыгармалар. Д. ы-дын жаралышы жалпысынан элдин чыгармачылык жөндөмдүүлүгү м-н тыгыз байланышып өнүккөн. Анткени, таалим-тарбия берүүнү атайын максат эткен, жүрүш-туруш эрежелери, оң, терс, жакшы-жаман ж-дө айтылган таамай сөздөр аркылуу элестүү баяндап турган, зор тарбиялык мааниге ээ курч сөздөрдүн тизмеги Д. ы-дын тобун түзөт. Д. ы. өз ичине философиялык, диний, ыймандык маселелерди камтыйт. «Манас» эпосунун көркөм системасында Д. ы-дын өз орду бар. Санат-насыят, терме, үлгү ырлары, табышмак, тамсилдик, ийбараттык маанилер манасчылар тарабынан окуяларды тереңдетүү, образдарды ачуу, тексттин эмоциялык таасирин күчөтүү, угуучуларды тарбиялоо максатында колдонулат. Эпосто өзгөчө акылман, көптү көргөн, жөн билги каармандардын насааттары катары арбын учурайт. Мис., башынан көптү кечирген Алмамбеттин турмуштук тажрыйбадан келип чыккан сөзү бар:

Калк туткасы кан болот,
Казат — улуу жол болот.
Кан кайрылып конгон соң,
Канткенде жылдыз оң болот (СО, 4. 89).

Д-лык мүнөздөгү ырлар Бакайдын, Чыйырдынын, Каныкейдин, Алмамбеттин ички толгонууларына жык толгон монологдор, өткөн м-н азыркы учурду салыштырган адамдар, каармандардын курч кагылышууларын чагылдырган драмалык мүнөздөгү диалогдор аркылуу өздөрүнүн башынан кечирген окуяларынын негизинде кийинкилерге акыл-насаатын айтат. О. эле манасчылардын көркөм баяндоосу аркылуу да ишке ашырылат. Мындай ыр саптары, бизге жеткен кийинки муун эл ырчыларынын (Токтогул, Жеңижок, Барпы) Д. ына стилдик жактан, образдуулугу жагынан ж-а идеялык багыты жагынан айрым жалпылыктары бар экени байкалат. Мис., Каныкейдин сөзүнөн:

Ат кубаты жал менен,
Адамдын күчү мал менен,
Аарынын күчү бал менен,
Айымдын күчү кан менен
Булуттун күчү жел менен,
Буудандын күчү тер менен,
Улуктун күчү эл менен,
Дыйкандын күчү жер менен,
Кыяндын күчү сел менен,
Катындын күчү эр менен (СО, 4. 103)

деген ыр саптары аркылуу элдин миңдеген жылдар чогулткан философиялык ойлорунун жыйындысы берилгендигин байкоого болот. Д. ы. жаштардын тажрыйбасын кеңейтүүгө, турмуштагы түрдүү шарттарда пайда боло турган корутундулар м-н тааныштырууга, таптык сезимин ойготууга, курч көркөм сөздөр м-н куралдандырууга, аларды пайдалана билүүнү үйрөнүүгө жардам берет. Кыргыз элинде Д. ы-га макал-ылакаптар, санат-насыят ырлар, табышмактар ж. б. кирет.

*А. Муратов. Б. Кыдырбаева*

**ДИЛДЕ** (ир. тилля — алтын)— 19-к-да Чыгыш Түркстан м-н О. Азиядагы кандыктарда акча бирдиги катары колдонулуп келген алтын тыйын.

Дилдени санап сан кылып,
Бай Көкөтөй өлдү деп,
Дүнүйөгө даң кылып,
Жети кылым эл жыйып (СО, 3. 11).

Бир Д. орустун төрт күмүш сомуна барабар болгон. Эпосто кээде жалпы эле алтын деген мааниде да колдонула берет.

**ДИЛДЕБУРУШ** — эпизоддук кейипкер, Каныкейдин нөкөрү. Манас Каныкейге күйөөлөп баргандагы ат чаап жар тандоо салтында аты отуз алтынчы болуп келип *Жабыке* тагдырына буюрган Д-ка үйлөнөт (СО, 2. 419, 427).

**ДИҢСЕ** — кымбат баалуу таштар. Кытай, моңгол ж-а алардын кол алдындагы айрым элдерде төрөлүк даражаны билдирүүчү белги катары баш кийимге тагылган. Төрөлөрдүн кызмат даражасына жараша ар кыл түрдөгү ж-а түстөгү Д-лер колдонулган. Мис., кандар, княздар биринчи баскычтагы (алты даража) төрөлөр, тайчы, табунандар сары, кызыл лаал таштарды, андан кийинки баскычтагылар көк, көгүлтүр түстүү маржан, жакуттарды, тоо хрусталын, тунук түстүү асыл таштарды тагынышкан. Эпосто моңгол, кытай кейипкерлерин сүрөттөөдө жолугат: «таш сайынган калмактын тазаларын бир бөлүп» делет.

Кыз-келиндердин жекей, шөкүлө сыяктуу аземделген баш кийимдериндеги кооздук — огого м-н катар колдонулат: «Огого диңсе, шөкүлө Оолжута кийгизип, Он тобурчак мингизип...»

**ДИССЕРТАЦИЯ** (лат. dissertatio — ойлоп табуу, изилдөө)— илимий даража алуу үчүн коргоого даярдалган илимий эмгек. «Манас» эпосуна байланыштуу эң алгачкы кандидаттык Д. 1964-ж., алгачкы докторлук Д. 1983-ж. корголгон. 1991-жылга чейин эпосту үйрөнүүнүн, изилдөөнүн ар кандай проблемаларына арналып илимдин түрдүү тармактары (манас-

таануу, педагогика, тарых, этнография, тил, философия) б-ча төмөнкүдөй Д-лар корголгон. Илимдин доктору илимий даражасын алуу үчүн: Кыдырбаева Р. З. ««Кыргыздын баатырдык эпосу «Манас»» (Генезис. Поэтика. Айтуучулук), Алматы, 1983; Илимдин кандидаты илимий даражасын алуу үчүн: Мусаев С. «Каныкейдин образы» («Манас» эпосунун элдүүлүк проблемасына карата), Фр., 1964; Мамыров М. «"Манас"— кыргыз элинин баатырдык эпосу» (С. Каралаевдин варианты боюнча), Алматы, 1964; Кондучалова С. В. В. Радловдун кыргыз тили боюнча жыйнаган материалдары, Алматы, 1964; Абдылдаев Э. «"Манас" эпосунун эволюциялык өнүгүшү жөнүндө», Фр., 1967; Бегалиев С. «"Манас" эпосунун поэтикасынын проблемалары»', Фр., 1967; Медетбеков А. «"Манас" эпосундагы асылдык проблемасына карата», Фр., 1971; Сыдыков А. «"Манас" эпосундагы каармандык идеалдары», М., 1971; Ормонов Т. «"Манас"» эпосундагы педагогикалык көз караштар», Казан, 1972; Сапарбаев А. ««Манас" эпосундагы метафоралар», Фр., 1975; Эгембердиев Р. ««Манас" эпосундагы фразеологизмдер», Фр., 1980; Боронов А. «Кыргыздын баатырдык эпосу «"Манастагы" адам аттары», М., 1988; Жумакунова Г. «"Манас" эпосундагы тиричилик лексикасы», Фр., 1988; Садыков Б. «"Манас" эпосунун көркөм составындагы фольклордук жанрлардын функциясы» (кошок, керээз, арман, алкыш, каргыш), Алматы, 1992.

**ДОБУЛ** — үстү алкакка керилген, төөнүн терисинен жасалган анча чоң эмес, урма музыкалык аспап, добулбас м-н доолдун бир түрү. Ал колго алып жүрүп да, атчан жүргөндө ээрдин кашына илип коюп да ойнолгон. Бул байыркы аспап өзбектерге, тажиктерге чиндаул, казактарга, уйгурларга даулпаз деген аттарда тараган. Булар Д. м-н жасалышы, аткарылышы жагынан өтө окшош. Д-дун «Манаста» башка аспаптардай эмнеден жасалганы айтылбаса да, ар дайым колдонулганы ж-дө кеңири айтылат. Жоокерлер жоого аттанганда кабар берүүчү, жар салуучу ж. б. билдирүүчү аспап катарында колдонулган. Эпос б-ча Манас көк асаба туу алып, көк жаңырган чуу салып, сандаган кол м-н жоого аттанганда «Добул согулуп күңгүрлөп, Сел жүргөндөй күркүрөп, Өрт күйгөндөй дүркүрөгөн». Ал эми «Ордого добул согулса, Ойроттун баары чогулган» (СО, 2. 74). Бул жерде Д. калайык калкка кабар бериц, эл чогулткан аспап катарында сүрөттөлсө да койчагыр үнү чаңырып, барaң мылтык бадырап атылып, кан төгүлүп жаткан учурда да «басылбай добул дабыраган». Мындай учурда Д. жоокерлердин кайратына кайрат, эрдигине эрдик кошуп, тайманбастыкка, тартынбастыкка, жеңишке үндөгөн. Ал эми Д. кагылганда Манастын кырк чоросу чабуулга аттанып, согуш ачышкан. Ал ж-дө: «Кыйкырып добул кагышы Кырк баатырдын баарысы Кыямат кайым салышы» (СО, 2. 85),— деп сүрөттөлөт. Д. куш салганда суу куштарын үркүтүү, учуруу үчүн да колдонулган.

**ДОБУЛБАС,** доолбас (ар.-ир. дабылнуваз — барабанчы, барабан согуучу)— астыңкы, үстүңкү бетине төөнүн, пилдин териси м-н тартылган цилиндр түспөлүндөгү негизинен согуштарда, мергенчиликте пайдаланылуучу барабан түрүндөгү урма музыкалык аспап. Казактын даулпазына окшош. Согушта белги берүү, душмандын үрөйүн учуруу үчүн Д-ты колго же ээрдин кашына илип коюп тоголок баш таяк м-н ургулап кагышкан. Кыргыздын байыркы



музыкалык бул аспабы «Манаста» да кеңири колдонулган. Маселен, Манастын эшигинин алдында кырк балбан сакчысы м-н кошо:

Ал эшиктин оозунда,
Пил терисин каптаган,
Кабар салчу добулбас,
Добушун уксаң оолак бас.
Жоо-жобуркай барганда
Ошондо качат балбаны,
Обдулуп турат зардалы,
Добулбас үнүн укканда
Баатыр Манас баш болуп
Кырк чоро тегиз чыкканда
Жакын барган адамдын
Чыга жаздайт далдалы (СО, 2. 41),—

деп дайым даяр турган. Эпосто Д. көп түрдүү милдетти аткарган.

Күлөөчүгү күлдүргөн,
Добулбасты бир салып,
Жоо келерин билдирген
Добулбас колго алганы,
Жез чокморду көтөрүп
Ортого чапты балбаны.
Кулак тунуп кыйкырып
Жоо келгенсип калганы (СО, 2. 45),—

деп душмандын келерин кабар салса, бирде жоокерлерди чогултууга, бирде жоого жүрүшкө аттанганда, бирде жеңишти салтанаттаганда кагылган, бирде «Добулбас кагылып,

туура байрак тагылган». Ошентип, Д. согуштук музыкалык аспап болгон. «Манас» варианттарында чагылдырылган Д-тын добул, доол деген түрлөрү болгонун, алар бири-биринен көлөмү, жасалышы жагынан айырмаланарын ж-а Д-тай эле милдетти аткарарын музыка изилдөөчү Б. Алагушов белгилейт (Б. Алагушов, Ырдагы өмүрлөр. — Фр., 1988, 188-б.).

*С. Алиев, С. Субаналиев*

**ДОГОН** — эпизоддук кейипкер. Кыз Сайкал жекеме-жекеде Манасты аттан оодарарда Чубак жжетип аны жөлөп кеткен кезде, «Эсердин бирөө экенсиң, Экөөлөп неге кетесиң?» (СО, 2. 59),— деп ортого түшкөн казак бектеринин бири.

**ДОЛОН** — топоним, эпос б-ча Ала-Тоодогу ашуулардын бири катары сүрөттөлөт (СО, 1. 75; 2. 161). Географиялык реалияда Кочкор ж-а Нарын чөлкөмдөрүнүн ортосундагы бийик ашуу.

**ДОЛОНО-БУЛАК** — топоним. Эпосто калмак каны Жолойдун жылкыларына жоо тийген жер. «Долоно-Булак башынан Тогуз сан жылкы алдырдык» (РЖВ, 372),— деп айтылат.

**ДОМАБИЛ** — кейипкер, алтайлык калмак жайсаңы. *Кортукту* Манас өлтүргөндө кун алмакчы болуп келген Д. баш болгон алтайлык сегиз жүз калмак Жакыптын жылкысын түгөл тийип алып, ошол жерде кыргыздар м-н канатташ жашаган манжулук калмактарды да талоон кылып жиберишет. Дөгөн аттуу карыя кунга малды ченеп албайсыңарбы, эртең кыргызга биз эмне дейбиз десе, Д. аны айбалта м-н бир салып өлтүрүп, алтайлык м-н манжулук өз ара согушуп калат. Мына ошондо кыргыз, казак м-н манжулуктар биригип, Д-ди баш кылып бир топ алтайлык калмакты өлтүрөт, калгандары качып кетет (СО, 1. 154, 166).

**ДОМОК** (моңг. миф, мифология)—азыркы кыргыз тилинде жаңжал, опуза, коркутуп омурологу деген түшүмдү билдирген лексикалык бирдик. Элдик оозеки чыгармалардын материалдары б-ча түпкү мааниси байыркы моңгол, бурят тилдерине жакын мааниде колдонулат. Маселен, Көкөтөйдүн ашында (ВЖЭ б-ча) аламан байгеде Бокмурун келип жайма көкүл жаш Айдарга Мааникердин оозун тартып, аттардан кийинчерээк келгиниң дейт. Анткени, алдына ат салбаган Көкөтөйдүн тулпары баш байгеге чыгып келет да өз байгесин өзүлөрү алып алды деген сөзгө калып, алыс-жуукка уят болобуз деп Мааникерди чапкан чабандеске айткан өтүнүч маалыматта мындай айтылат:

Эми бери кайра тартканда,
Мааникердей күлүктүн
Оозун коё бербей кел.
Оозун коё сен берсең
Өзгө аттар алдында
Үч күн мурун келээрсиң чором.
Өз байгесин өзү алды деп
Жакынга домок калар,
Алыска жомок калар (ВЖЭ, «Ала-Тоо», 1979, № 7, 84-б.).

Д. түп мааниси б-ча миф деген маанини түшүндүргөн көөнө сөз катары эпосто сакталып калган. Кийинки мааниси жаңжал, чатак деген түшүмгө өтүп кеткен.

*К. Ботояров*

**ДООЛ** — кол башчынын, баатырдын жоокерлер ж-а эл алдына салтанаттуу чыгуусун, салгылашуунун башталышын билдирүү, элди, аскерлерди, жыйынга чогултуу ж-а коркунучту кабарлоо милдеттерин аткарган жаргактуу, урма музыкалык аспап. Эпосто: «Ордого доол согулду, Орго кандын үстүнө Ойроттун баары чогулду» (СО, 2. 274),— деп айтылат. Жортуулдарда, жоокерлер жүрүшүндө алардын кыймылын тартипке салууда да Д-дун ыргактары чоң роль ойногон. Эпосто көбүн эсе *добулбас* түрүндө кезигет.

«Манаста» кездешкен «алтын доол», «жезден кылып ойдурган» деген сүрөттөөлөрүнө таянып, Д-дун жезден, мистен ж. б. жумшак металлдан жасалганын ж-а кооздоо үчүн алтындын буусу жалатылганын айтууга болот: «Алтын курбу доолду Даң дедире салганы» (СО, 3. 138). Аспаптын сырткы тулкусу баатырлар кийген туулганы элестетет. Д. кайыш тасманын жардамы м-н ээрдин кашына же болбосо канжыгага илинип коюлган. Мындай ыкма аспаптын кандай гана шартта болбосун тез ара «добуш салууга» мүмкүндүк түзгөн.

*С. Субаналиев*

**ДООЛОН** — кымбат баалуу кездеменин бир түрү. «Доолон чүчтө бул да бар, Буулум, бута жуда бар» (СО, 3. 417) деген саптар Д-дун баалуу, кандын-бектин казынасында гана болуучу кездеме экендигин билгизет.

**ДООРОН, ДООРАН** (ар. даура — айландыруу, айлануу)— өлгөн адамды «күнөөдөн куткаруу» максатында өлүктү коюуга чейин мусулмандар арасында жасалуучу диний ырымжырым. Д. үчүн молдого акы берилчү. Диний эреже б-ча Д. мусулман динине сыйынган бардык адамдарга тийиштүү деп эсептелген. Ал жаназадан мурда өткөрүлгөн. О. эле өлгөн мусулмандын өмүрүнүн ар бир жылына (эркектердин 12 жашы, аялдардын 9 жашы алынып салынат) акчага, данга, малга же башка мүлккө айландырып жалпы элге, бей-бечараларга, кембагал, мискиндерге берилген. Бул салт «Манас» эпосунда да орун алган ж-а Көкөтөйдүн керээзинде төмөнкүчө айтылат:

Тогуз миң дооран сур байлап,
Баарысын семиз кур байлап,
Көкөтөй өлгөн экен деп
Көрмөккө келген адамдын
Көңүлүн басып куп жайлап.
Өз дүнүйөм бүлүнсүн,
Өлгөнүм журтка билинсин (СО, 3. 18—19).

*К. Ботояров*

**ДОРГО** (моңг. даруга — башчы, башкаруучу; калмактарда — айыл башчысы)— моңгол доорунда кан тарабынан шаарларды, аймактарды башкаруу үчүн дайындалган мансап титулунун аты. СОВдо Манастын Акунбешим м-н согушу эпизодунда айтылат:

Камданайын акыр деп
Доргосунан чаптырды.
Алты дорго чакырды
Ар тарапка чаптырды (СО, 2. 35, 72).

**ДОСУ** Ташмат уулу (1930, Жалал-Абад ш.)— манасчы. «Манас» айтууну атасынын бир тууганы Токтаалы Төрөгелди уулунан үйрөнгөн ж-а эпосту кара сөз түрүндө айткан. Андан: Жакыптын Алайдан Таласка көчүп келиши, Манастын төрөлүшү, Манастын Каныкейге үйлөнүшү, Көкөтөйдүн ашы эпизоддору жазылып алынган. Д-нун варианты башка манасчылардын вариантынан айрым мотивдери б-ча айырмаланып турат. Анын айтуусунда Абыке м-н Көбөш Манастын кулу — туткунга түшкөн калмактар болуп берилет. Көкчө Манастын бөлөсү, ал эми Коңурбай жээни болот. Манас үч жолу өлүп, үч жолу тирилет. Биринчи жолу Көкчөдөн, экинчи жолу Токтобай Орозбай уулунан өлөт. Үчүнчү жолу Кара дөөдөн өлгөндөн кийин Каныкей ага күмбөз тургузуп, дубалына Манастын жеңген душмандарынын аты-жөнүн жаздырып коёт. Д. Ташмат уулунун варианты Кыргыз ССР ИАнын Кол жазмаларды сактоо ж-а жарыялоо бөлүмүндө (КФ, 612а-инв.) сакталып турат.

**ДОСУМБАЕВ** Күмболот (1939, Кемин р-ну, Жаңы-Алыш айылы)— Кыргыз мамл. академиялык драма театрынын артисти. СССР кинематография союзунун мүчөсү. Кыргыз ССРинин Токтогул атн. мамл. сыйлыгынын лауреаты (1986). Ташкендеги А. Н. Островский атн.



К. Досумбаев — Манас. «Айкөл Манас» драмасы, 1990.

театр өнөр ин-тун бүткөн (1963); 1963-ж. Кыргыз мамл. академиялык драма театрында эмгек жолун баштаган. Д. бир топ драмаларда башкы каармандарынын ролун ойнойт. Кинодо бир нече кинофильмдерге тартылган. Ж. Садыковдун «Манастын уулу Семетей» (1982) спектаклинде Сарытаздын, «Сейтек» (1987) спектаклинде Кыястын, «Айкөл Манас» (1990) спектаклинде Манастын ролун аткарган. Д.. Маанастын образын ачууда Манасты башкалардан бөлүп бөтөнчө орунга койгон ж-а аны башкы каарман болууга укук берген өзгөчө артык сапаттары — эл башчы, жетекчи экендигин чебер аткарган. Драмадагы окуялардын курулушунда, негизги идеянын ачылышында Д. Манасты теңдеши жок баатыр, ашкан балбан, арстандай айбаттуу жоокер, кең пейил, калыс жол башчы, жоонун сырын билген кол башчы ж. б. артык сапаттарга ээ адам катары көрсөткөн.

**ДӨБӨТ** — этноним. СОВдо Көкөтөйдүн ашына чакырылган Дөмүл кандын эли катары айтылат, к. *Даңгыт*.

**ДӨГДҮР** — топоним. Көкөтөйдүн ашында Мааникерди зордук м-н алам деп, Манастын каарына калган Коңурбай корккондунан качып барып жашынган жер (СО, 3. 154). Коңурбай Д-дө жатканда чоң байгеге аттарды чубатуу болуп, Алгара ат чабышка кошулбай калат.

**ДӨГӨН** — каарман, Алтайда кыргыздар м-н канатташ жашаган манжулук калмактардын эл бийлеген карысы. Кортукту Манас өлтүргөндө кунуна Жакыптын жылкысын бүт тийип алмак болгон *Домабил* баштаган алтайлык калмактарга тоскоол кылам деп таяк жейт. Алтайлыктар ал жердеги манжуларга да кордук көрсөтөт. Жылкысын ажыратып алмак болуп кол курап жаткан кыргыздардан манжулар жардам сурайт. Манастын башчылыгы м-н кыргыздар, манжурлар Домабилди, бир топ алтайлыкты өлтүрөт, калганы качып кетет. Ушундан баштап кыргыздар Алтайдан көчүп кеткенге чейин Д. карыянын аты жыйындарда эл билермандары саналган жерде дайыма айтылат (СО, 1. 157—169, 229, 280; 2. 68, 93).

**ДӨГӨШӨ** — эпизоддук кейипкер. Шоорук кандын Манас м-н жекеме-жеке беттешип каза тапкан балбаны (СО, 2. 212, 213).

**ДӨГҮШ** — эпизоддук кейипкер. Көкөтөйдүн сөөгүн коюуга чакырылгандыгы гана эскерилет (СО, 3. 60).

**ДӨМҮЛ** — эпизоддук кейипкер, Дөбөт элинин беги. Көкөтөйдүн ашына чакырылып, үч миң кол м-н келгендиги айтылат (СО, 3. 100, 107).

**ДӨҢГӨ** — каарман. Кытайдын кыйын ишке салчу балбаны. Алооке Манас төрөлө электе Д. баш болгон балбандарын жумшап, каршылык көрсөтмөкчү болгон Каракандын сегиз уулун туш-тушка чилдей таратат. Манасты тирүү байлап, Бээжинге алып кел деп Эсенкан бекеринен Д-нү жибербейт. Баштап келген колун Манаска кырдырып, Д. өзү да Манастын колунан өлүм табат, Жолой күндү жайлап качып кутулат. Д-нүн өлгөнүн уккан Эсенкан «Баатыр Дөңгө, Каман алп Булардай болгон эр кана?» (СК, 1. 122),— деп Жолойду жемелейт.

**ДӨҢГӨ** — топоним. Орго кандын ымалаштарынын бири Кемен кандын мекени, калаа (СО, 2. 73).

**ДӨҢКАРА** — Манастын чоросу *Дөрбөндүн* аты. Каныкейге күйөөлөп баргандагы ат чаап жар тандоодо Д. отуз биринчи болуп келип, Дөрбөн тагдырына буюрган Талмаарамга үйлөнөт (СО, 2. 426).

**ДӨҢКӨЙ** — эпизоддук кейипкер, кытай алпы. Кытайлар м-н болгон согушта Манастын карындашы Кардыгачтын колунан өлгөнү эскерилет (СК, «Семетей», 1. 262).

**ДӨӨ, ЖАЛГЫЗ КӨЗДҮҮ ДӨӨ** (лат. Циклоптор)— маңдайында жалгыз көзү бар алп мүчөлүү, ченемсиз кара күчкө ээ мифологиялык кейипкер. Дөөлөрдүн образы дүйнөдөгү бардык

эле элдерде, асыресе чыгыш оозеки адабиятында көпчүлүк учурда туруктуу тескери тип, жагымсыз элес катары сүрөттөлөт. Жалгыз көздүү дөөлөр негизинен адамдарга окшошуп турса да, алардан өзгөчөлөнүп кебетеси коркунучтуу, кай биринин бир нече башы болот. Дөөнүн тулкусун бүтүндөй жүн баскан. Алардын сыйкырчылык касиети да бар. Көп учурларда Дөөлөр түнт токойлордо, коркунучтуу үңкүрлөрдө, кээде белгилүү бир өлкөлөрдө бийлик жүргүзөт. Күч м-н топтолгон байлыктын да ээси болушат. Тарыхчылардын далилинде жалгыз көздүү дөөлөрдү — аримаспалар дейт. Арима скифче — бир, спу — көз деген түшүнүктү берет. Мына ошол аримаспа жалгыз көздүү дөөлөрдүн мекени байыркы маалыматтарга караганда чыгыш Урал м-н Алтайдын аралыгында жайгашкан. Ушул чөлкөмдө жашаган элдердин таасири, карымкатнашы аркылуу мифологиялык бул образ кыргыз фольклоруна киргендиги шексиз.

Фольклордук чыгармаларда чагылдырылган жалгыз көздүү дөө тибиндеги жомоктук-фантастикалык жандыктарга каршы күрөшүү сюжети негизинен мифологиялык фондо берилген. Мындай мүнөздөгү эпикалык аракеттерди байыркы доордун баатырдык жомокторунун бири «Одиссеянын» терс каарманы Полифем дөө (циклоп) ж-дөгү эпикалык сюжеттен көрүүгө болот ж-а жалгыз эле гректердин маданиятында кездешпестен дүйнөлүк фольклордо кеңири учураган орток сюжетти түзөт. Айрыкча чыгыштын жомокторунда (иран, араб ж. б.) дөөлөр өтө көп катышкан кейипкерлердин бири. Кайсы гана элде айтылбасын алар адамдардын душмандары. Кишинин эти м-н тамактанышат. Кишилерди уурдап кетип же колго түшүрүп алып, шишкебек кылып жейт.

О. Азия элдеринин чыгармаларында жалгыз көздүү дөөлөрдү сокур кылып өлтүрүү сюжети академик В. М. Жирмунскийдин маалымдоосунда алтайлык версияларды кошпогондо ондон ашуун. «Манас» эпопеясындагы жомоктук-фантастикалык кейипкерлердин ичинен өзгөчө орун жалгыз көздүү дөөлөрдүн образына таандык. Эпикалык душман чегине барган Алмамбет баатырдын баяндоосу б-ча жалгыз көздүү дөөнүн мифтик образы мындайча элестетилет:

Калдайып туман сөгүлгөн,
Тетиги дүмүрөйүп көрүнгөн
Жалгыз көздүн эли бар,
Каарына алганда
Каршылашар чеби бар,
Ошол чептин ичинде
Алышса адамдын алы жетпеген
Атышса огу өтпөгөн
Жалгыз көз Малгун шери бар.
Орноткон калаа жөөсү ошол
Ойло Чубак кырааным
Ошондо жаткан жол тосуп
Жалгыз көздүү дөөсү ошол (СК, 2. 92).

Манасчы Сагымбай Орозбак уулунун вариантында:

Макел дөө дегендин
Баянын айтып берейин
Ант ургурдун өзү бар,
Бакыраят ачылса,
Маңдайда жалгыз көзү бар.
Адам уулу билгисиз,
Аркы-терки сөзү бар.
Байкаса адам үн өңдүү
Оозун ачып сүйлөсө,
Обо жарган обозу
Күркүрөгөн күн өңдүү,
Азат бойдон чыккан түк
Апсайган аюу жүнү өңдүү,
Аңдап көрсө дидаары
Ажыдаар түрү өңдүү (СО, 4. 224),—

деп сүрөттөлөт.

Эпостогу жалгыз көздүү дөөлөрдүн образынын эволюциялык өнүгүшү Сагымбай Орозбак уулунун айтуусунда даана байкалат. Мында жалгыз көздүү дөө катышкан эки эпизоддун биринчисинде (Кутубий баш болгон мергенчилерге жолуккан *Адамдук* аттуу дөө) образдын жөө жомоктук элеске жакын турган үлгүсү берилсе, экинчисинде («Макел дөө» эпизодундагы Макел) ошол элестин эпикалык душман колунун башчысына айлануудагы өткөөл мезгили баяндалган. Ал эми жалгыз көздүү дөөнүн эпикалык душмандардын кол башчысына толук өткөн элеси Саякбай Карала уулунун вариантында берилет, ал Көк-Бука минген Малгун дөө. Жалгыз көздүү дөө тибиндеги элестин өзүнө таандык ички ж-а сырткы белгилери бар. Алардын орчундууларына булар кирет: адатта дөөлөр адам баласы көп жүрбөгөн, жолу татаал, же алыс жерлердеги тоонун үңкүрүндө жашашат, киши этин жейт, курал пайдаланбайт, куралы болгон күндө да өтө жөнөкөй мүнөздө болот (мис., союл, таш ж. б.). Өзгөчө чоң көлөмгө ж-а чексиз кара күчкө ээ, бирок акыл деңгээли чектелген, алар оңойлук м-н өлбөйт.

Д-лөр тоонун ээси болуудан башка оорунун, өлүм-житимдин да ээси — духу. Бул жалгыз көздүү дөөлөрдүн адам этин жегендигинен, б. а. өлүмгө себепкер болушунан ачык көрүнөт. Ушул белгиси аркылуу алар адамга, болгондо да бардык адамдарга өтө коркунучтуу тескери күчтөрдүн тибине жатат. Ошон үчүн баатырдык эпостордун алгачкы үлгүсүнүн туруктуу терс кейипкери болгон антропоморфтук типтеги жалгыз көздүү дөөлөр конкреттүү бир элдин душманы болбостон, жалпы адамзаттын эң коркунучтуу душманы катары мүнөздөлөт. «Манас» эпосунун «Дөө-пери жомогунда» баяндалган жалгыз көздүү Адамдук дөө мына ушундай типтин бири. Мындай сюжет түрк-монгол фольклорунда кеңири кездешет. Демек, аң-сезими али өсүп жетиле элек байыркы адамдар өздөрүнүн жамандыкка, өлүмжитимге учуроо себептерин табияттын ар кандай сырдуу кубулуштарына (мифологиялык түшүнүктөрүнө) байланыштуу элестетишкен шарттарда өлүмдүн ээси катары киши эттин жей турган жалгыз көздүү дөөлөрдүн мифологиялык образы түзүлгөн болуу керек.

*Х. Короглы, С. Алиев*

**ДӨӨГӨР** — эпизоддук кейипкер. Манастын жоо-жарагын жасаган устасы. Д. иранча ка-

жырдуу уста. СКВдагы *Бөлөкбай* устаннын төкөр деген эпитети ушул сөздүн бузулуп айтылышы болуу керек.

**ДӨӨДҮР**, Дөөдүр алп, Чоң Дөөдүр — каарман. Кытайдын каны Эсенкандын ишенген белдүү балбаны. Манасты өлтүрүп же тирүү байлап кел деп Эсенкан Д-дү да эки жолу жиберет. Адегенде соодагер болумуш болуп келип, эки жүз балбанын кырдырып, кырк төөдөгү жүгүн тарттырып, өзү качып кутулат (СК, 1. 82—85, 121). Экинчи жолу он миң колду, Оргону баш кылып бир топ балбанын Манаска өлтүртүп, Жолой, Нескара, Каражой, Д. төртөө качып Эсенкандын алдына барышат (СК, 1. 124—126, 127, 136, 154, 156, 162). Кызыл-Суулук (КЭР) манасчы Жусуп Мамайдын вариантында Д. Манас м-н болгон согушта өлөт.

**ДӨӨКҮР** — эпизоддук кейипкер. Алмамбет м-н Көкчөнүн ортосуна чагым салган бузукулардын бири (СО, 2. 243).

**ДӨӨКАН** — эпизоддук кейипкер, Араникти жердеп, бийлик жүргүзгөн кытай каны. Кызыл-Суулук (КЭР) кыргыз манасчы Жусуп Мамайдын вариантында («Манастын» биринчи китеби) Манас м-н Дөөдүр алптын кагылышында чай жүктөлгөн үч жүз төө Д-дыкы экени эскерилет. Дөөдүр Манасты Д-га байлап алып барарын айтып коркутат. О. эле эпостун башка окуяларында ж-а Кошойдун эскерүүлөрүндө калмак, кытай ж-дө сөз болгондо, жер-жерди бийлеп турган кандар м-н катар «Араникте Дөөкан бар», «Дөөкан келип калбасын» делип айтылып отурат.

**ДӨӨ-ПЕРИ ЖОМОГУ** — СОВдо өзүнчө өнүктүрүлгөн жалгыз көздүү дөө ж-дөгү окуя. Окуя негизинен элдик оозеки чыгармачылыкта кеңири кездешүүчү укмуштуу-кереметтүү жомоктордун мотивинде айтылып эпоско киргизилген. Эпосто бул окуя башталганга чейин Кошой м-н Манас Дагалак шаарында кезде шет, экөө биригип, тынчтык бербеген кытайдын он бир дуу-дуусун жазалоону көздөп, алардын мыктысы Дүбүрө канга аттанып жолго чыгышат. Жол жүрүп, чаалыккан колго тыныгууга ж-а азык-түлүк камдоого уруксат берилет. Кол тыныгууга калганда мергендер аң уулашат. Аңга чыккан алты жүз киши он эки топко бөлүнүшөт. Күлдүрдүн уулу Чалыбай, күлкүлүү чечен Абдылда (Ажыбай), Куртка чалдын Мажиги, Кутубий башчы болгон бир бөлүк кийиктин этинен шишкебек жасап жеп олтурушканда Даңгулу тоосунун башында кароолдоп олтурган 16 кулач бою бар Кулачабдар ат минген, бүтүн карагайды камчы кылып, өзүнүн бою 7 кулач, маңдайында жалгыз көзү бар, эки кулагы эки кулач келип эки ийнинде салпайган, оозунан бир ыштыктын түтүнү чыккан, Индустандын ары жагынан келип туруп калган, миң жыл жашаган ажынадан жалгашкан, мажуждун тукуму Адамдүк деген дөө кечке маал төрт жүз киши айдап үңкүрүнө келип калат. Үңкүрдүн оозун бекиткен алты миң батман ташты алып ачканда ичинен доңузга окшош башы бар, эмчеги эки өгүздөй, тамандары туурулган, маймылдын этиндей сыртында сары түгү бар катыны чыгат. Ал чыгып келип он бир кишини бир кучактап көтөрүп, шишке сайып отко кактай баштайт. Артынан мергендер абайлап карап келишет да, ичинде көгөндөлүп жаткан кишилерди, дүр-дүнүйө мүлктү көрүшөт. Кутубий Адамдүк дөөнү көзгө атып жыгат. Аты атканга болбой тоо тарапка качып кутулат. Адамдүктү көптөп жатып өлтүрүшүп көгөндөгү элди бошотот. Кармалган кишилердин алды жети жыл, акыры эки жыл болгон экен. Муну ошолордун ичинен бирөөсү толуктап айтып берет. Кишилер бошонуп, дүр-дүнүйө мүлктү бөлүп кетишет. СОВдо гана айтылган мына ушул Д.-п. ж-ндагы жалгыз көздүү Адамдүк дөө ж-дөгү эпикалык окуяны сыйкырдуу жөө жомоктун сюжетинин кайрадан иштелген формасы катарында эсептөөгө болот. Мындай жөө жомоктук сюжеттин фактысын казактардын «Жалгыз көздүү дөө» («Одноглазый великан») деген жөө жомогунун мазмунунан көрүүгө болот. Башкы каарман Жаке баатыр бир күнү чоң үңкүрдү көрөт да, атын байлап коюп өзү кирет. Эшигин ачып жиберсе жалгыз көздүү бир зор адам олтурат. Бир жагында эки киши жатат. Бирөөнү шишке сайып таштаптыр. Жалгыз көздүү дөө Жакени көрүп «кудай берди, бери кел» деп чакырып алып, шишке сайылган кишини «быщыр» деп буйрук берет. Жалгыз көз эшикти бекитип коюп уктап калат. Жаке шиштеги кишини чыгарып салып, шишти кызарганча отко ысытып алып уктап жаткан дөөнү жалгыз көзгө сайып качат. Дөө айкырып үңкүрдүн ичинде ары-бери жүгүрөт. Жаке качып чыгайын десе, эшик чоң таш м-н бекитилүү экен. Үңкүрдөгү койлорго барып, бир серкени союп терисин жамынып алып, койдун арасында жүрө берет. Дөө үңкүрдүн эшигин ачып койлорду бирден өткөргөндө Жаке «серке» болуп өтүп кетет. Дөө Жакеге айтат: «Сен мени өлтүрмөк элең, өлтүрдүң, эми мени ушул абалда таштабай биротоло өлтүрүп казынамды, малымды бүтүн алгын»,— дейт. Дөөнүн өзүнүн кылычы м-н анын башын кесет. Жаке баатыр жалгыз көздүү дөөнүн малын айдап, башын кесип алып айлына барат. Кайра эл м-н үңкүргө келишип, дөөнүн алтын — күмүш дүйнөсүн элүү төөгө жүктөп алып кетишет. Ушул типтеги жөө жомоктук сюжет кыргыздын «Жайыл мерген» деген жөө жомогунда да айтылат. Бул жомоктун кыскача мазмуну мындай: Жайыл мерген жолдошу Эмил м-н аң уулап чыгат. Бир аркар атып алышып, кечкурун бир үңкүргө киришип таш кордо бышырып жатышса, жалгыз көздүү кемпир чыга калып Жайылды ары көздөй ыргытып жиберет. Эмил качып кетет. Жайыл эсине келип эки жагын караса, жыйырма киши көгөндө байлануу жатат. Үңкүрдө беш жүз чамасында кой да бар экен. Жалгыз көздүү кемпир үңкүрдүн ортосундагы чоң кемегеге бакандай темир көсөнү кызарганча ысытып алып, күнүнө бир туткунду шишкебек

кылып жечү экен. Кемпир уктаган кезде маңдайындагы жалгыз көзү жаркырап, үңкүрдүн ичин жарык кылып турчу экен. Ал ойгоо турган кезде үңкүрдүн караңгы болуп турарын туткундар билип алышат. Бир күнү кемпир уктап жатканда Жайыл баягы ысык темир м-н жалгыз көзгө саят. Туткундарды көгөндөн бошотуп, жашынтып коёт. Желмогуз кемпир көгөнгө барып эч кимди таппайт. «Баары бир силер үңкүрдөн чыгып кете албайсыңар» деп, кемпир үңкүрдүн оозуна барып отурат. Таң эртең м-н койлорду бирден чубатып, жонунан сыйпап текшерип туруп сыртка чыгарып жиберип, үйдөй кара таш м-н үңкүрдүн оозун бекитип коёт. Жайыл дагы башка амал ойлоп, койду баштап чыккан ак эркечти союп, анын кебин кийип алат да, эртең м-н сыртка чыгып мылтыгын алып келет. Койлорду үңкүрдөн чыгарып турган учурда жалгыз көздүү кемпирдин мээсин чыгара атып, туткундарды бошотуп, өзү желмогуздун койлорун айдап алып үйүнө келет (Казахский фольклор в собрании Г. Н. Потанина, Архивные материалы и публикации — Алма-Ата, 1972, 154—156-б.).

Демек, Манастын биринчи казатындагы жалгыз көздүү дөө ж-дөгү эпикалык окуяга кыргыз, казак элдеринин арасында кеңири белгилүү болгон жөө жомоктун сюжетин, анын негизги мотивдерин манасчы Сагымбай Орозбак уулу эпостун баатырдык стилине ылайыкташтырып, окуяга белгилүү эпикалык каармандарды (Кутубий, Ажыбай ж. б.) катыштыруу м-н өзүнчө иштеп чыккандыгын белгилөөгө болот. Ошону м-н бирге Сагымбай өзүнүн поэтикалык чыгармачылыгынын күчтүүлүгүнө байланыштуу бул жөө жомоктук сюжетке баатырдык мүнөз берүү м-н эпостун жалпы композициясына ж-а стилистикалык өзгөчөлүгүнө ылайыкташтырып аны ыр формасына айландырган. Албетте бул Д.-п. ж-нун негизи байыртадан бери карай өзүнчө айтылып келаткан салттык жөө жомоктук сюжет болсо да «Манас» эпосуна кийин гана кайрадан иштелип киргизилген эпизод катарында эсептөөгө болот.

*К. Кырбашев*

**ДӨӨТАЛЫ** Касымбай уулу (1899, азыркы Тянь-Шань р-ну, Эчки-Башы айылы — өлгөн жылы белгисиз) — манасчы. Тынымсейит уруусунан. Атасы Касымбай чоң манасчылардан болгон. Д. атасынын «Манас», «Семетей» айткандарын көкүрөгүнө түйүп, жаттап калган. Эл алдына чыгып атайы «Манас» айткан эмес. Андан эпостун «Манас» бөлүгүнөн Манастын бала чагы, Манастын Жолой менен Эсенканга каршы согуштары, Манастын Каныкейге үйлөнүшү, Көкөтөйдүн ашы, Жети кандын окуясы, Чоң казат, Манастын өлүшү, Каныкейдин Букарга качышы ж-а «Семетей» бөлүгүнөн Семетейдин Сарытазга жолугушу, Семетейдин Букардан Таласка келиши, Семетейдин Айчүрөккө үйлөнүшү (Чынкожо, Толтой чатагы), Семетей баатырдын Манастын кунун куушу (Чалгын, Коңурбайдын Таласка кол салышы), Семетейдин кайып болушу, Канчоронун кастыгы эпизоддору жазып алынган.

**ДӨӨТҮ** (ар. Дауд) — мусулман мифологиясында пайгамбардын аты; кыргыз элдик оозеки чыгармачылыгында темир устанын пири, усталардын колдоочусу. Д. түпкү теги библиядагы Давитке туура келет. «Манаста» чыгаан уста, өнөрпоз маанисинде да көп жолугат. Мис., *Алмабашты* жасаган Кара уста жөнүндө: «Кундагын куюп машаган, Дөөтү досу кара уста, Ошо байкуш жасаган» (СК, 1. 189), же болбосо: «Төкөр уста Бөлөкбай Дөөтү менен дос болгон» (КВ, «Семетей», 4) «Дөөтү менен Бөлөкбай, Кадимкидей сүйлөшкөн» (КВ, «Сейтек», 4) деген ыр саптарынан Д-нүн темир устанын пири экендиги көрүнүп турат.

**ДӨРБӨЛДӨЙ** — эпизоддук кейипкер, Үсөндүн (к. *Көзкаман)* уулу. Башка бир тууганларындай кара мүртөз, ач көз болуп сүрөттөлөт.

**ДӨРБӨН** (моңг. дервен — төрт) — кырк чоронун бири. Чоролордун катарында дайыма саналып өтүлөт да жекече иштери сүрөттөлбөйт. Манас Каныкейге күйөөлөп баргандагы жар тандоодо Деңкара отуз биринчи келип Д. тагдырына буюрган *Талмаарам* кызга үйлөнөт (СО, 2.150, 394, 420, 426; 3. 50, 176; 4. 25, 43).

**ДӨРБӨН** — эпизоддук кейипкер, эпосто кырк чоронун бири *Төртайдын* атасы деп гана эскерилет (СО, 3. 175).

**ДӨРӨ** — эпизоддук кейипкер. *Орго* кандын жеңилгенин угуп, Манастын жолуна тосот коймокчу болгон *Акунбешим* пааша балбандарына, аярларына кабарчы жөнөткөндө Д-гө да кабар жиберет (СО, 2. 101).

**ДРАМА** (гр. drama — кыймыл-аракет) — көркөм адабияттын бир тарамы, түрү. Адатта сахнада ойноого арналып жазылат да, жанр жагынан трагедия, комедия, мелодрама, фарс болуп салаалап кетет. Д-га прозадагыдай автордук мүнөздөмөлөр, сүрөттөөлөр, эпикалык баяндоолор мүнөздүү эмес. Драма диалогдук формада жазылат да, текст каармандардын кебинен (речь), өз ара сүйлөшүүлөрүнөн, монологдорунан турат (к. *Диалог*, *Монолог)*. Д-нын маңызы негизинен сюжеттик конфликт ж-а драмалык кыймыл-аракет аркылуу турмуштун, коомдун курч карама-каршылыктарын ж-а адам тагдырларынын татаал түйүндөрүн изилдөөдө турат.

Д-лык чыгарма үчүн сюжеттик материал бирде карама-каршылыкка толгон реалдуу турмуштун өзүнөн алынса, кээде даяр адабий, фольклордук же мифологиялык сюжетке негизделип жазылган учурлары да аз эмес. Мисален, Байыркы Чыгышта ж-а Байыркы Грецияда Д-нын предметин негизинен уламыш, миф түзгөн. Дүйнөлүк көркөм практикадагы мындай салттан кыргыз драматургиясы четте калган жок. Кыргыз драматургиясында фольклордук материалга негизделип жазылган драмалар, либреттолор аз эмес. Драматургдар «Манас» эпосунун сюжетине да кайрылышкан. Кыргыз Д-сынын, театрынын башаты түпкүлүгүндө элдин фольклордук оюн-шоок, карнавалдык маданиятынан агып чыгат. Мис., кыз-

жигиттин алым сабагы же төкмө ырчылардын айтышы Д-лык диалогду элестетсе, ал эми эл алдында чыккан манасчынын ыры кудум сахнадагы актёрдун монологуна окшошуп турат (к. *Бир артисттин театры).* Эпостук чыгармаларга кайрылуунун бир кыйла утуштуу жагдайлары да бар. Себеби кыргыз эпостору драмалык элементтерге өтө бай. Эпостук чыгармаларды сахнага коюу да ыңгайлуу, анткени, эпостук баяндар адатта сюжеттик-композициялык түзүлүшү жагынан тыкан, жыйынтыктуу келет (к. *Композиция).* Анда конфликт даана байкалып турат. Оң, терс каармандардын сапаттары таасын боёктор м-н ачык, көркөм тартылып, бири-биринен так ажырап, бири-бирине тикелей бетме-бет келип турат. Карама-каршы тараптардын ортосундагы күрөш кыймыл-аракетке, драматизмге карк келет (к. *Конфликт).* Ал эми кейипкерлердин бири-бири м-н пикир алышкан сөздөрү, айткан кептери кудум Д-дагыдай экспрессиялуу, так, таамай, кыска болот.

Мына ушундай касиет-сапаттарынан улам «Манас» эпосунун сюжети да бир нече драмаларга, либреттолорго негиз болду. «Манастын» сюжетинин негизиндеги эң биринчи пьесаны 1937-ж. Ж. Бөкөнбаев эпостун «Семетей» бөлүмүнүн сюжетинен алып жазган (к. *«Семетей»).* 1938—39-ж. *Ж. Турусбеков, К. Маликов, Ж. Бөкөнбаев* биргелешип кыргыздын туңгуч улуттук операсы *«Айчүрөктүн»* либреттосун жазышкан. Улуу Ата Мекендик согуштун мезгилинде (1941—45) Т. *Сыдыбеков* м-н *К. Рахматуллиндин "«Манас» менен Алмамбет»* драмасы, о. эле *А. Токомбаев* м-н К. Маликовдун «Манас», К. Маликовдун *«Сейтек»* аттуу либреттолору жаралган (к. *Либретто).* «Манас» либреттосуна *В. Власов, А. Малдыбаев, В. Фере* музыка жазып, опера өнөрүнүн алтын казынасынан орун алган «Манас» операсы жаралды. 1980-жылдарда драматург Ж. Садыков «Манастын» сюжетинин негизинде *«Манастын уулу Семетей»* (1980), *«Сейтек»* (1987), *«Айкөл Манас»* (1990) аттуу драмаларды жазып, Кыргыз мамл. академиялык драма театрында коюлду.

*С. Байгазиев*

**ДУБА** (ар. чакырык, өтүнүч; сыйынып-табынууда айтылчу сөз) — өлгөн адамга же башка бир диний жөрөлгөлөргө, ырым-жырымдарга байланыштуу жакшылык тилекти, көңүлдү билдирүү иретинде окулуучу бата ырымы. Д. сыйкырлоо маанисинде да колдонулат. Эпосто кудайга, табигый кубулуштарды башкаруучу сыйкырдуу күчтөргө кайрылуу маанисинде арбын кезигет. «Тескери дуба нече окуп... Калмакча дуба жат окуп» (СО, 4. 158) Алмамбет жоого каршы жайчылык кылат. Д. окуу мейман тосуу салт-каадасынан да орун алган: «Астына даам койгон соң, Аш-тамакка тойгон соң, Алакан жазып кол ачып, Дуба кылып болгон соң» гана Бакай карыя Ажыбай м-н Серектен келген жөн-жайын сурайт (СО, 4. 118).

**ДУГУЛ** — этноним. СОВ б-ча Көкөтөйдүн ашына чакырылган элдердин биринен. Бокмурун жаш Айдарга Мааникерди мингизип, күн чыгышта Күбө деген жерди жайлаган Д. деген элди кошо айтып чакыртканы эскерилет.

**ДУЛАТОВА** Гүлшара (1930, Токмок ш.) — кыргыз совет артисти. Кыргыз ССРинин эл арт. (1977). Ташкендеги Н. Островский атн. мамл. театр өнөр ин-тунун актёрдук бөлүмүн бүтүргөндөн (1953) бери Кыргыз мамл. академиялык драма театрынын артисти. Д. ар түрдүү драмалык, трагедиялык ж-а сатиралык пландагы каармандардын образын түзгөн диапазону кеңири артист. Анын театр өнөрүндөгү ишмердүүлүгү эпостук чыгармалардын негизинде жазылган драмаларда



Г. Дулатова — Чыйырды («Манастын уулу Семетей» драмасы, 1982).

аткарган ролдорунан айкын көрүнөт. «Манас» үчилтиги б-ча жазылган спектаклдерде Д. түзгөн эпикалык образдарга терең жарандык, психологизм мүнөздүү. Анын аткарган ролдору: «Манастын уулу Семетейде» Чыйырдынын жан-дүйнөсүн терең ачып берсе, «Сейтек» спектаклинде керт башынын кызыкчылыгын гана көздөгөн амалдуу, каардуу Мастан кемпирдин терс образын ж-а «Айкөл Манаста» «эл башына күн түшсө, эл коргоочу эр келет», алп Манасты тапкан жөнөкөй эне эле эмес, ал биринчи кезекте кысталышта жол тапкан, кыйын кезде сөз тапкан акылман, даанышман эне экендигин артисттик чеберчилиги м-н айкалыштырып, көрүүчүлөрдүн жүрөгүнө идеал эне катары жеткире алган. Элдердин достугу ордени м-н сыйланган.

*Э. Калдаров*

**ДУМАНА,** дубана — эл кыдырып диндик үгүт таратуучу адам, диний фанатик. «Манас» эпосунда башкы каармандын келечек тагдырына байланыштуу жакшы ат коюуга өзгөчө көңүл бурулуп, балага ысым берүүгө эч ким даабай турганда кайыбынан пайда болгон «ак күлөлүү думана» баланын «аты

Манас болсун деп» атын коюп, көздөн кайым болот.

**ДУМАНАЕВ** Чоробек (1952, Тянь-Шань р-ну, Миң-Булак айылы) — кыргыз драма театрынын артисти. Эмгек жолун Кыргыз драма театрындагы студиядан окуп бүткөндөн (1975) кийин баштаган. Ж. Садыковдун «Айкөл Манас» — Чубактын, «Манастын уулу Семетей» — Көбөштүн, «Сейтек» драмасында — Сейтектин ролун аткарган. Артист карандай күчтүн ээси, аны-муну көп байкабаган энөө, ишенчээк, ачуусу чукул, кыялы чорт, бирок, ак көңүл, ичине кир сактабаган Чубак баатырдын образын элестүү ачып берген. Д. айрыкча Сейтектин образын ачууда көп эмгектенип, бир топ ийгиликтерге жетишкен. Эл тилегинин таянычы болгон Сейтектин образынан эл ээсиз, баатырсыз калбайт, зарыл керек учурда эл иши үчүн курман болууга даяр турган чыныгы азаматтар чыга келет деген элдик ишенимди, оптимисттик идеяны көрөбүз. Айрыкча драманын корутундусунда Сейтектин элге ээ болуп, аларды ички ж-а сырткы душмандардан коргоп туруп калуусу бул образга элдин зор көңүл буруусун белгилейт ж-а ага берилген адилет баанын далили. Ал эми идеал каармандардын карама-каршысында турган өздөн чыккан жат, жеке керт башынын кызыкчылыгын көздөгөн Көбөштүн образын көрүүчүгө жеткирүүдө да Д. өзүнүн аткаруучулук чеберчилигин көрсөтө алган.

*Ж. Сагынов*

**ДУМАРА** — этноним. СОВдо Д. деген эл кыргыз, казак, нойгут ж. б. сыяктуу эле бир атадан тараган. Бул элдин аты «Манас баатыр баштаган кыргыздардын Алтайдан Ала-Тоого көчкөнү», «Алооке кандын Манаска багынганы» окуяларында ж-а «Көкөтөйдүн ашында» Д. элинин Алтынкөкүл деген баатыры Манаска сайышка минүүгө атын бергенинде эскерилет.

**ДУҢКАНА** Кочуке уулу (1886, азыркы Тянь-Шань р-ну, Эчки-Башы айылы —1981, ошол эле жер) — семетейчи. Д. Тыныбек, Касымбай манасчылардан «Манас», «Семетей» эпосун көп уккан. «Манас» айтуунун чеберчилигин Чоюке, Дыйканбай манасчылардан үйрөнгөн. Замандаштары Саякбай Карала уулу, Мамбет Чокмор уулу м-н тааныш болуп таасир алган. «Манас» эпосуна караганда «Семетейди» жакшы өздөштүрүп, эл арасында көбүрөөк айткан. Андан 1965—67-ж. «Манас» эпосунан Манастын бала чагы, Чоң казат эпизоддору, «Семетей» бөлүмү жазып алынган. Башка манасчылардай эле Д. өзүнүн «Манас» айтып калуусун кереметтүү түш көрүү м-н байланыштырып: «Жети жашар кезимде түшүмө Семетей, Күлчоро, Канчоролор кирипти, үч жыл айтпай жүрдүм. Түшүмдө Семетей келип найза м-н сайып кеткенден кийин айта баштадым, кийин Манас м-н Алмамбет түшүмө кирип, чалгынга кетип баратып бизди айткын дешти», — деп эскерет. Дуңкана Кочуке уулунун вариантынын сюжети көл айланасындагы манасчылардын (Саякбай Карала уулу, Мамбет Чокмор уулу) варианттарына жакын, о. эле айрым мотивдери, сүрөттөөлөрү Теңир-Тоо аймагынан чыккан манасчылардыкына окшоп кетет. Д. жаш кезинен көл кылаасындагы жек-жааттарына көп каттап, чыгармачылыгына көлдүк манасчылардын таасири тийгендиги байкалат. Анын вариантынын сюжети СКВ м-н МЧВнын варианттарына жакын болгону м-н өзүнчө өзгөчөлүгү да бар. Көпчүлүк варианттарда ооруктагы кыргыз колу Сыргактан кабар угуп, жоону каптап кирип, аларды багынтып алышат. ДКВда да эки кол беттешип, адаттагыдай салгылаш болот, бирок, чоң дайранын наркы өйүзүнө өтүп алган кытайлар кыргыздарды өткөрбөй үч ай кармап жатып алат. Алмамбет амал м-н суудан өтүп, Жолойду өлтүрүп, анын колун алдап алыс алып кеткенден кийин кадимки чоң салгылаш болот. Кытайлар анда да моюн сунбайт. Нескара, Шуйкучуларды Чубак колго түшүрүп келет. Башка варианттардын кай биринде мындай мотив кезиккендиги м-н Чубактын эрдиги мынчалык мааниге ээ эмес. ДКВнын сюжети мындай өзгөчөлүктөр гана эмес, андан майдараак деталдары м-н да айырмаланып турат. Көлдүк манасчыларда (айрыкча Мамбет Чокмор уулу) Алмамбеттин энеси Айганыштын образы байыркы мифтик каармандын образы жумшартылып, реалдуу турмушка жакындаштырылып, трансформациялануу аркылуу элдик эпоско киргени байкалат. Ал эми ДКВда жогорку варианттагы касиеттеринен тышкары Айганыш бирде аял, бирде ак жыланга айланып кетүүчү сыйкырдуу күчкө ээ ж-а бул образдын башаты ошол байыркы мифтен башталат. Анын варианты бардык учурда эле көркөмдүк жагынан терең иштелген эмес. Бир нече саптан кийин барып уйкашып же бир түрдүү этиш сөздөрдөн куралып, уйкаштык жактан кыйла аксайт. Негизинен сюжет кууп айткандыктан, белгилүү варианттарга салыштырганда ички көркөмдүк каражаттар сейрегирээк. Эпостун сюжети «Алооке менен Жезбилек, эки кытай оолугуп», кыргыздарды чаап алып, туш тарапка сүрүшүнөн башталат. Жакып Алтайга айдалат. Ал жерде Манас аттуу уулдуу болот. Бирок, башка манасчылардын айтуусунда Жакыптын эмгек кылып жүрүп, чоң бай, төрт түлүгү шай болгондугу карыганча балалуу болбой зарлашы, түш көрүү, эненин жолборстун жүрөгүнө талгак болушу, ат коюп, бешик той берүү сыяктуу салттык мотивдер айтылбайт. Д-нын вариантында Манастын туулушу «карапайым Жакыптан Манасты аягы менен тик тууду» деп кыскача гана түшүнүк берилет. Манас он экиге келгенде Алтай жериндеги кыргыздар кара кытайлардын Алооке м-н Жезбилек деген баскынчы баатырлары Ала-Тоодон сүрүп жибергендигин айтышат. Манас эр жетип Алтай жерине сүрүлүп барган кыргыздарды Ала-Тоого көчүрөт. Нойгуттардын Акбалтасы Жакыпка мал тартуулап келип, уулу Чубакты Манас м-н дос кылат. Манас м-н Чубак Анжияндагы Алоокени чаап, Акбалтанын Чубагынын

алымына чыдабай Алооке кан Бээжинге качат. Алоокенин качып келгенин уулу Коңурбай угуп «бурутту чаап кул кылам» деп күүлөнөт. «Бээжинге Манас казаттап келбей койбойт, кыйын болсоң ошондо беттешип көрөрсүң»,— деп Алооке баласын тыйып коет. Манас, Чубак, Бакай үчөө кара кытай, калмактарды Ала-Тоодон сүрүп чыгып, жоосу жок болуп, тынч жашап турган учурда Элемандын Эр Төштүк Жоодарга той берип алты канды чакырат.

Бет алышып алты кан,
Биз Манаска баралы.
Ушул тойдон тарабай
Үй үстүнө туу тигип
Манасты чаап алалы (КФ, 248-инв., 13-б.),— деп тойго келген алты кан кеңешип, Манаска каршы барышат. Бирок, Манаска каршы аттанган кандар кимдер экендигине, карама-каршылыктын келип чыгышынын себеби так айтылбайт. Каршы келген кандарды Манас каарданып Аккуланы минип, куралжарагы м-н кирип, кырып коё турган болгондо Бакай м-н Алмамбет арага түшүп токтотот. Кандар Манастан корккондуктан Бээжинге казат кылалы деп суранышат. Казатка аттанган кол жолдо тыныгат. Бээжиндин сыртынан чалгын чалып келүү үчүн Алмамбет жөнөрдө, Чубак мени да ала бар деп суранат. Алмамбет ала барууга убада берет. Манас баатыр кырк чоронун ичинен чалгынга тандап жолдош ал дегенде Алмамбет Чубак м-н антташып койгон убадасын айтат. Манас Чубакты оорукка калтырат. Алмамбетке Сыргакты кошуп чалгынга жөнөтөт. Чалгын чалуучу баатырлар Карткүрөң тулпарды коштой кетишет. Алмамбет м-н Сыргактын чалгынга кеткенине арданган Чубак баатыр Алмамбеттин артынан кууп барат. Кезенишип турган Алмамбет м-н Чубакка жете келген Манас баатыр экөөнү элдештирет. Эриккенден баатырлар ат жарыштырат. Бул вариантта колдун аттанышы, Алмамбет м-н Чубактын жаңжалы ж-а «Алмамбеттин арманы» кыска түрдө айтылат. Тал-Чокуга келгенде Манас баатыр дүрбү м-н Бээжинди карап отуруп, Алмамбеттен Бээжиндин жайын сурайт. Манас баатырдын суроосу б-ча Бээжиндин жайын ж-а өзүнүн арманын айтат. Алмамбет нурдун кызы Айганыштын боюна нурдан бүтөт. Энеси Айганыш Азизканга келгенде үч айлык боюнда болот. Айганыш жаңы туулган баласы Алмамбетти көргөзбөй багып, үч ай толгондо эркек уул туудум деп Азизканга сүйүнчүлөйт. Бирок, Эсенкан баланын мусулман экенин билип кудукка салып өлтүрмөк болгондо периштелер аман сактап калат. Алмамбет алты жашка чыкканда сыйкырчылык өнөрдүн окуусун окуп, он миң бала бир окуп, он миң баладан он бала калат. Ал он бала кийин кытайга бийлик жүргүзгөн баатырлардан болот. Алмамбет арманын айтып бүтүп, Чет-Бээжинге чалгынга жөнөйт. Жолдо чек кайтарган Куу кулжа, Куу түлкү, Макел дөөнү өлтүрүшөт. Чет-Бээжинге барып, Алмамбеттин сарайын көрүшөт. Эсенкан кызы Бурулча, Жаңжуңдун кызы Мыскалга жолугуп сырдашкандан кийин, кытайдын капкага камаган көп жылкысын айдап жөнөшөт. Карагулдан кабар алган Коңурбай жылкыны кубалап келип, Сыргактан жараланып, кайра качып Эсенканга барып көп кол м-н чыгат. Кууганчу кытайлар м-н салгылашта Манас минген Айбанбоз баспай калат. Баатырлар Тал-Чокуга корголошот. Сыргак оорукка кабарга барат. Бакайдын амалы м-н ооруктагы кол олжо алабыз деп чабуул жасайт. Ажыбай Тал-Чокуну курчап алган кытай колун алдап Манаска Аккуланы, Аколпок, Аккелтени жеткирет, кыргыз колу кытайларды сүрүп, Ак-Үргөнч суудан өткөрөт. Эки кол бири-бирине кечүү бербей турушат. Алмамбет Коңурбайдын кебин кийип кирип, түн ичинде Жолойду өлтүрүп, анын туусун көтөрүп Бээжинди көздөй качат, артынан кытай колу жөнөйт. Кечүү бошоп, кыргыз колу наркы өйүзгө өтөт. Көк-Букачан Мадыканды өлтүрүшөт. Манаска жекеге чыккан Коңурбай жаралуу болуп качат. Душман качып, кыргыздар кол эсебин алса Чубак жок. Ал Нескараны колго түшүрүп кийин келет. Нескара жан соога сурап, Эсенкандын кандыгын алып берүүгө убада кылат. Нескара Бээжин кандарына багынып берүүсүн суранып кат жазат. Кытайлар Манаска караштуу болуп Алмамбет, Чубак, Бакайды үч шаарга кан көтөрүшөт. Д-нын айтуусундагы эпостун «Семетей» бөлүгү Семетей баатырдын Кең-Колдон Айчүрөккө жөнөгөнү деген эпизоддон башталат. Бул эпизоддо Семетей абасы Бакайдан бата алып, эки чорону баштап, он төрт атты бош коштотуп Үргөнчкө жөнөгөнү кыскача баяндалат. Семетей баатыр дүрбү салып Акунканды күч м-н камап жаткан Чынкожо, Толтойду көрөт. Семетей Үргөнчтүн боюна сейил кылып келген бир топ кызды көрүп, аларды билип келүү үчүн Күлчорону Тайбуурулга мингизип жөнөтөт. Күлчоро эч кандай кыйынчылыксыз эле кирип жаткан Үргөнчтү кечип өтүп, Семетейдин келерин күтүп жаткан Айчүрөккө барып таанышат. Көпкө күткөн Семетей ачууланып, киргилденип кирип жаткан Үргөнчтү кечип, агып, араң дегенде суудан чыгат. Кабарсыз кечиккен Күлчорого келип жемелегенде Айчүрөк Семетейди сынап «Чороңду жемелебе, менин Чынкожодой күйөөм бар»— деп анын намысына тиет. Айчүрөк Чынкожо, Толтойдун зордугунан аккуу кебин кийип, асмандап учуп Семетейди издеп төгөрөктүн төрт бурчун айланып ааламдагы алп, баатырларды сынаганын, алардын ичинен Семетей баатырды сынына толтуруп, акыры анын келерин күтүп жолунан тосуп жүрүп жолукканын айтат. Семетей анын жүйөлүү сөзүнө жыгылат. Айчүрөк Семетейди жолдоштору м-н атасы Акункандын шаарына алып барып, сарайына багып жатып калат. Болжошкон мөөнөттү күтүп, туура алты ай толгондо Чынкожо, Толтой Акункандын кызы Айчүрөктү берер убактысы жеткенин айтып элчи жиберет. Акункандын Түмөнбай м-н

Ажыбай деген инилери шаарды камап жаткан Чынкожо, Толтойго келип эртең той жасап, Чүрөктү берели деп макулдашып кетет. Ошондо Толтой шектенип, бу кандай кеп, бу алдаганы го, кой, жер кыдырып чалайын деген ой м-н Суркоён атын минип жер чалып чыгат. Түн ичинде жол чалып жүргөн Күлчорого кокустан кабылып, Күлчоро тоодой болгон Толтойду кууп жетпей чала сайып калып куткарып жибергенин Семетейге чоң өкүнүч м-н айтып келет. Жаралуу качып кутулган Толтой да Чынкожого Семетей баатырдын кууп чала сайып калганын айтып барат. Чынкожо сени кууган Семетей эмес, ал сайса соо каласыңбы, Күлчоро сайгандыр, ошол баладан качып келгениң кандай деп Толтойду шылдыңдайт. Колуна жар чакырып урушка камынат. Ошондо Толтой Чынкожого Семетей баатыр м-н согушпай эле кайра кете берүүнү өтүнүп, бала кезинде атасын ээрчип барып өз көзү м-н көргөн «Көкөтөйдүн ашы» жомогун айта баштайт. Семетейчи Д. айткан «Көкөтөйдүн ашы» эпизодунда да Көкөтөй карыя Ташкенди жердеген кан болуп, малы ар тарапка толгон чоң бай болот. Көкөтөйдүн эркек баласы болбой жүрүп талаадан таап алган баланы «катыным эркек төрөдү» деп тоюна токсон союп, атын Бокмурун койдурат. Бокмуруну он эки жашка чыкканда Көкөтөй дүйнөдөн кайтат. Кары Көкөтөйдү асемдеп көмгөндөн кийинки жылдык ашын берер кеңеш аягына Манас баатырды чакырбай коёт. Жаш Айдардын ашка ал чакырышы эпосто кыскача берилип, көп жери айтылбай калат. Ашка кимди, кайсы элди, чакырганы башка версиялардай эле көрсөтүлгөн. Көпкөлөң Бокмурун жаш Айдарды кабарга жиберип, Коңурбай м-н Жолойдон жардам сурайт. Ашта каадасалт, мелдештер, элдик оюн-зооктор өткөрүлөт. Чатактын түйүнү ат чабыштын байгесинен башталарда мусулман м-н капырлар кеңешип байгени бөлүп алышат. Д-нын «Көкөтөйдүн ашы» эпизоду башка варианттардан ушул мотиви б-ча айырмаланып турат. «Көкөтөйдүн ашында өткөрүлгөн балбан күрөштө Каныкей тиккен кандагай шым кийип күрөшкө чыккан Кошой алп Жолой дөөнү жыгып байгени алат. Күрөшкө чыгар алдында кандагай шымды жактырган Кошой карыя Каныкейге берген батасында мен да бата кылгам. Ал бала азыр атасы Манасты тарткан баатыр болду деп уктум. Батадан бүткөн Семетей быйыл он беш жашка толду. Согушсак өлөбүз. Бирөөнүн баш байлап койгон жесирин не этебиз. Бөөдө элди кырып алабыз.

Алайдын башын алалы,
Анжиян түшүп качалы.
Анжиянда ooган бар
Кызыл тору кыз кармап
Атын Чүрөк коёлу
Баягы Чүрөк ушу деп

Мактанып элге коёлу (КФ, 248-инв., 114-б.) деген Толтойдун сөзүнө Чынкожо макул болбойт. Чынкожонун каарынан корккон Толтой аргасыздан Семетей баатыр м-н урушууга макул болот. Шыгайдын уулу Чынкожо канаттуу Кара аты м-н көктө учуп, Семетейдин он булчуңун жара атып жарадар кылат. Айласы түгөнгөн Семетейдин Шыгайдын уулу Чынкожого атамдан калган Тайбуурулга алтын, күмүш артып барып алдына тартып, Аколпокту жапсакпы, кандын кызы Чүрөктү кан Толтойго тартсакпы деген сунушуна Күлчоро болбой коёт. Асманда аты м-н учуп жүргөн Чынкожо каарданып Күлчоронун башын жара атарда адамдай эстүү Тайбуурул Акканкынын капталын окко тосуп калат. Аккелтенин акыркы огу м-н Күлчоро баатыр Шыгайдын уулу Чынкожонун канаттуу Кара атынын оң мүрүсүн сындыра атат, жан соогалап жалынган Чынкожонун башын Семетей кыя чабат. Чынкожо баатырынан ажырап, согуш майданынан качкан Толтойду Күлчоро өлтүрүп, анын Суркоён тулпарын олжолоп алат. Күлчоро м-н Канчоро олжого түшкөн Суркоёнду соогатка сурайт. Ошондо Семетей «Эки чоро эр чором, эрдигиң мага тең чором» — деп Күлчоро м-н Канчорону ат чаптырып жарыштырат.

Олбуй-солбуй теминип,
Оң-тетири камчы уруп,
Эки чоро келатат,
Көктөлки менен Суртелки
Далай буудан тазасы
Аныгы Желкайыптын баласы
Семетейге жеткенде
Көктөлкиден Суртелки
Моюнга чыгып барды эми
Манастын уулу Семетей
Ийе тартып ал жерден
Күлчоронун өзүнө
Айланайын Күлчором
Эрди сайган ат алат.
Суркоёндой күлүктү
Ийе тартып ал жерден
Күлчоронун өзүнө

Серпип бир салды чылбырды (КФ, 249-инв., 30—40-б.) Д-да Канчоронун тымызын кастыгы Семетей баатыр олжого түшкөн Толтойдун Суркоён тулпарынын Күлчорого берилишинен башталат. Чынкожо м-н Толтой жеңилгенден кийин Акункан чоң той берип Айчүрөктү узатат. Семетей Айчүрөктү алып көп олжо м-н Таласка келет. Бакай Каныкей, Айчүрөк келинине арнап чоң той берет. Эл тынчып жатып калат

*Р. Сарыпбеков*

**ДУҢША** — эпизоддук кейипкер, Коңурбайдын жөкөрү Курдун атасы, Бээжиндеги кытай төрөлөрүнүн бири:

Дуңша деген Бээжинде,
А да кыйла чоң төрө,
анын уулу Кур экен,
Коңбай мында барганы
Кызматында туру экен (СО, 2. 224).

**ДУРСУН ЙЫЛДЫРЫМ** (1946, Ризе ш., Түркия) — түрк окумуштуусу, «Манас» изилдөөчү. Анкарадагы Хажеттепе ун-тинин профессору. 1968-ж. Истамбул ун-тин бүтүргөн.

1975-ж. «Түрк адабиятында Бекташ типтүү мыскылдар» деген темада илимий диссертация коргоп, докторлук даража алган. Бул эмгеги 1976-ж. өзүнчө китеп болуп жарыяланган. 1979-ж. «"Манас" дастаны жана Көкөтөй хандын жомогу» деген темада атайын илимий иш жазып, доценттик наам алган. Ошол эле жылы бул илим-изилдөөсү өзүнчө китеп болуп, Анкарадан жарык көргөн.

**ДУУ-ДУУ** — кытай админ. мансабы. Д-д. эпоско 18—19-к-дагы кыргыздар м-н кытайлардын ортосундагы карым-катнаштарынын натыйжасында кирип калган. Д.-д. эпосто кээде кытайдын, кээде калмактын мансабы катары айтылганы м-н негизинен Кытай империясындагы шаар губер:атору маанисин билдирет. Буга орус сүрөтчүсү Н. Рерихтин 1925-ж. кытай аймагынан өтүп баратып үрүмчүлүк кыргыздардын Д.-д-ну Дуту деп айтарын жазып алганы далил болот.

**ДУУЛАТ** — эпизоддук кейипкер. Каныкей Таласка жөнөрүндө Семетейге Манастын күмбөзүнө Д. кандын сүрөтүн да тарттырганын айтат (СК, «Семетей», 1. 155).

**ДУУЛАТ**, дуглат, доглат — этноним, эпосто моңгол урууларынын бири. Тарыхый деректер б-ча Д-тар 13-к-дан кийин негизинен О. Азия Жети-Суу, айрыкча Чыгыш Түркстанга чейин көчүп келишкен. Алар бара-бара түрктөшүп, үрп-адаттарын, тилин жоготушкан. Д-тардын ири бөлүгү 15-к-дан тартып Жети-Суу аймагында казак элине сиңип кеткен. Алардын эмирлери Тимур ж-а тимурийлерге кызмат өтөшкөн. Д. эмирлери Чыгыш Түркстандын Маңлай-Суй аттуу аймагын бийлеп келишкен. Алардын ири өкүлдөрү Моголстан мамлекетинин улус бектери болуп, өлкөнү бийлөөдө көрүнүктүү роль ойногон. Айрым Д. эмирлери өзүлөрүнө жакпаган Моголстан кандарын өз каалолору б-ча алмаштырганга чейин барган. Ал гана эмес эмир Камар ад-дин кан Ильяс кожону өлтүрүп, Моголстанды өзү башкарып турган Д. эмирлеринин бири Мухаммед Хайдар 16-к-да «Рашидинин тарыхы» аттуу баалуу эмгекти парсы тилинде жазып калтырган. Ал Моголстан мамлекетинин тарыхына арналган. «Манас» эпосунда моңгол урууларынын бири Д-тар наймандар м-н бирге Чоң казатка активдүү катышкан эл катары сүрөттөлөт.

*Ө. Караев*

**ДУУШАҢГӨР** — эпизоддук кейипкер, Эсенкандын түп аталарынын бири. Манастын кабарын уккан Эсенкан эли м-н кеңешкенде Д. падышанын тушунда да кытайлар кыргыздарды чаап, туш-тушка таратканын айтат (СО, 1. 174).

**ДҮБҮРӨ КАН** — эпизоддук кейипкер, он бир Дуу-дуунун бири. Согушта Манастын колунан өлөт (СО, 2. 10).

**ДҮЙШӨ** Жанай уулу (1887, Ат-Башы р-ну, Кара-Суу айылы — 1983, ошол эле жер) — манасчы. Кыпчак уруусунан. Сабатсыз болгон. Д. элдик оозеки чыгармалардын үлгүлөрүн арбын билген. Жамактатып ыр айтып, айылдагы келин-кесектерге кошок үйрөтүп, эл арасында айтылган диний ырларды, дарым, бата, ырым-жырымдарды үйрөнүп айтып жүргөн. Аны «Манас» эпосу өтө кызыктырып, манасчылардан берилип угуп, өзү да айта баштаган. Жаш кезинде Сагымбай Орозбак уулунун «Манас» айтканын көргөн. «Манас» айтып калуусун кереметтүү түш көрүү м-н байланыштырат (түшүнө Бакай, Кыргылчал, Сыргак кирген). Д. уктап калган учурда түшүндө бирөө үн салып Бакай келаткандыгын айтат. Аны караса ак чепкен кийген, бетинен каны тамган, ак сакал, ак жуумал киши экен. Анын артынан Кыргыл келет. Мойну бир колтук болгон, бети тегерек, муруту чыга элек сары багылдыр жигит экен, ал өтүп кетет. Ошол түштөн кийин «Манас» айтып калган экен. Д. «Манастын төрөлүшү, балалык чагы, Алтайдан көчүшү», «Жети кандын кеңеши», «Айчүрөктүн түшү» сыяктуу эпизоддорду айткан (КФ, 258-инв., 281-б.). «Көкөтөйдүн ашын» кара сөз м-н кыскача жалпы окуянын мазмунун берген. Окуянын курулушу, айрым ситуациялык көрүнүштөр, мотивдик байланыштары б-ча Д-нүн варианты негизинен СОВго жакын. Д. «Манастын төрөлүшү» эпизодун башкы баатырдын төрөлүшүнөн баштап, Айкожодон аманатын алган жерине чейин айткан. «Жети кандын кеңеши» эпизодунда кандардын Манаска элчи жиберип анан кыргыз колунун Бээжинге аттанып жөнөп берген жерине чейин баяндалат. «Айчүрөктүн түшүндө» Айчүрөктүн Семетейдин чоролору Күлчоро м-н Канчоронун келиши тууралуу көргөн түшүн жоруганына чейин айтылат. Д-дөн мындан тышкары элдик оозеки чыгармалардын башка үлгүлөрү да жазып алынган.

*К. Кырбашев*

**ДҮМПҮЛДӨК** — кыргыз элинин байыркы оюндарынын бири. «Манас» эпосунда: «Сексен келин, сексен кыз Дүмпүлдөк ойноп даң салып» (КВ, «Сейтек», 164),— деп айтылат. Д. оюнун илгери жаштар көбүнчө кечинде, малды короого айдап келгенден кийин ойношкон.

**ДҮМҮР АЛП** — эпизоддук кейипкер. ВЖЭде Бокмурун атасынын ашына «Дүмүр кулак Дүмүр алпты» да чакырат (ВЖЭ, «Ала-Тоо», 1979, № 7, 77-б.).

**ДҮҢГӨР ЭЭР** — кашы жазы ээр. Эпосто көпчүлүк баатырлар Д. э. токулган тулпар ж. б. унааларды минип жүрүшөт. «Дүңгөр ээр кашы деп, Жүрөгүнүн башы деп» (СО, 4. 241) деген саптар аркылуу Алмамбет Макел дөөнү мээлеп атмак болгону айтылат.

**ДҮҢГҮРӨМӨ** — топоним. Алтайдан көчүп келаткан жолдо кыргыздардын калмак кандыктарынан Ала-Тоону бошоткондо: «Акылым жаман шашты деп, Дүңгүрөмө көл жакка Түндө үркүп качтым» (СО, КФ, 576-инв., 629-б.),— деп Килемче суңдуң мусулман аскерлеринен коркуп, Д-нү көздөй качат. Географиялык реалияда Кыргызстандын Тескей Ала-Тоосу м-н Нарын кырка тоосундагы ашуу.

**ДҮРБҮ**, турнабай — алыскы нерселерди жакын кылып көрсөтүүчү оптикалык курал.

«Манас» эпосунда Д. жоокердик курал катары көрүнүктүү роль аткарат. Негизги каармандар Манас, Алмамбет, Бакай ж. б. ар түрдүү кырдаалдарда Д. салышат: «Турнабай көзгө салыптыр Туйгунуң Манас бир кырдан, Аскерди карап калыптыр» (СО, 4. 141); «Оң көзгө дүрбү салганы, Оолжуп карап калганы» (СО, 4. 200); «Турнабайын алыптыр, Туйгун Бакай абаңыз, Оң көзүнө салыптыр» (СО, 4. 320). Эпостогу сүрөттөлүшүнө караганда Д. бир көз м-н гана карай турган оптикалык түтүк экендигин байкоого болот:

Айнек оозу кызарган,
Алты имерип чойгондо,
Кылабына койгондо
Кез жарымдай узарган,
Тиктегенин өлтүргөн,
Алмамбет чындап караса,
Алты күндүк жолдорду
Аркан бою келтирген (СО, 4. 200).

Д-нүн сүрөттөлүшү эпикалык апыртуулар м-н коштолот. СКВда Манастын Тал-Чокудан Д. салышы эпостун урунттуу учурларынан болуп саналат:

Муну менен эр Манас
Күн чыгыш жакка толгонуп,
Түздөп бурап дүрбүсүн
Карап калды оңдонуп, (СК, 2. 100).

Манас Д. м-н Бээжинди карап, таң калып, Бээжиндин жайын Алмамбеттен сурайт. Алмамбет төкпөй-чачпай баяндап берет.

*А. Абилов, Ы. Кадыров*

**ДЫЙКАНБАЙ** Тойчубек уулу (1873, Түп р-ну, Ой-Булак айылы —1923, ошол эле жер) — семетейчи. Көлдөгү белектин алдаяр уруусунан. Бир тууган иниси Алмабек Тойчубек уулунун эскерүүсүнө караганда атасы Тойчубек сыяктуу Д. да «Семетей» эпосун айтканы өтө жашынан билинген. Бирок, ал эпосту айтуу м-н чектелбей, элдик ырларды чыгарган жамакчы-ырчы да болуптур. Бала ырчы аталып жүргөн кезинде бир дубана жолугуп, оозуна үч түкүрүп, кор болбо деп маңдайынан сылап, Манасты айтып жүр деп айткан экен. Дубана даарыганга чейин эле Д. эпосту айтып жүргөн. Д-дын жамакчылыгына Балыктын уулу Найманбай м-н айтышы кирет. Мис., Д-га Найманбай:

Жай айтасың «Семетей»,
Кыш айтасың «Семетей»
Кийбейсиң бир башыңа
Алакандай бүтүн тебетей (КФ, 233-инв., 49-б.) десе:

Мен ырдайын бугудан
Аркы атамды сурасаң,
Атаң эмес, нар деген,
Алтын эмес зар деген
Мен белектин баласы,
Жашыман берди арбакты
Ырдап өттүм Семетей менен Манасты (КФ, 233-инв., 49-б.),— деп кордошо турган болгондо эл тыйып коёт. Д. Солтонкул деген чоң байдын ашында жар чакырат. Ыры кордоо мүнөзүндө болгондуктан билермандары Д-дан мындан ары жар чакырып жаман айтуусун токтотуп, жомок гана айтуусун суранган. Мына ошондон баштап Д. жаман айтып ырдаганын койгон экен. Ал солто, сарбагыш, көл өрөөнүндө, Нарын, Ат-Башы ж. б. жерлерге барып (Нарын-Көл, Жаргент) эпос айткан учуру болгон. Д. кытай жериндеги черик уруусуна барып, «Манас» айткан. Үркүндө да кытайга кыргыздарга барып, эпос айтып жүргөн. Д. чоң жомокчулардан Акылбек, Назар, Тыныбек, Сагымбай өндүүлөргө жолуккан. Тыныбек «Дыйканбайдын алдына Семетейди айтууда ак калпактуу кыргыздан эч ким чыга албайт» (КФ, 233-инв., 50-б.).— деп эскериптир.

*С. Алиев*

**ДЫЙКАНОВ** Карбоз (1922, Жайыл р-ну, Орто-Суу айылы)— тилчи, филология илимдеринин кандидаты (1955), профессор (1989). Улуу Ата Мекендик согуштун катышуучусу. 1949-ж. Кыргыз мамл. пед. ин-тун бүтүргөн. Кыргыз Республикасынын ИАда ж-а жогорку окуу жайларда эмгектенген. Д-дун илимий эмгектери кыргыз тилинин грамматикасы, тарыхы, морфологиясы, орфографиясы, фонетика ж-а лексикасы сыяктуу маселелерге арналган. Манас эпосуна арналган *«Манас» эпосунун жиги алфавиттүү сөздүгү* ж-а «"Манас» эпосунун жыштык сөздүгүн түзүү тажрыйбасы» деген эмгектери бар.

**ДЫҢША** — топоним, эпостун варианттарында дуңша, дыңша, туңша, дуңшаң деген формаларда айтылып, негизинен эл ж-а жер (шаар, чөл, талаа маанисинде айтылат: «Беги качкан берен журт Бейпай Туңша деген журт» (СО, 4. 275), «Кытайлар Дыңша дээр экен, Кырк күнчүлүк чөл экен» (СК, 1, 11). «Качып кетер жолуна, Дыңша талаа боюна, Он эки чоро жиберген» (СК, 1. 210). Мында «дыңшаң» же «дуңшаң» термини м-н Кытайдын Гансу провинциясында жашаган моңгол тилинде сүйлөгөн эл (дунсян) ж-а ошол эл жашаган реалдуу аймак аталат. Дагы бир учурда:

Чынмачынга, Бээжинге
Чын Каканга, Туңшага
Алоокенин Коңурбай
Улук болду мынчага (СК, 1. 166),—

деп айтылат.

**ЕДИГЕ,** к. *Эдиге.*
**ЕНИСЕЙ,** к. *Эне-Сай.*

# Ж

**ЖАА** — жебе м-н атуучу жоокердик курал. Дого сымал ийилген серпилгич катуу жыгачтын эки учу жип тептир м-н катуу тарты-

лып байланат. Жебенин түп жагын Ж-нын тептиргесине такай катуу тартып туруп, мээлеген нерсени көздөй коё берет. Ж. адамзат тарыхынын бардык этаптарында: согуштук беттешүүлөрдө, уучулукта, мелдештерде *(жамбы атуу)* кеңири пайдаланылган. Ж. дүйнөнүн бардык элдеринде (Австралия м-н Микронезиянын жергиликтүү элдеринен башка) мезолит (б. з. ч. 12—7-к) доорунан б. з. 17-к-на (кээ бир жерлерде азыр да бар) чейин колдонулган. Ж-нын жөнөкөй ж-а татаал түрү бар.



Жөнөкөй Ж. тептирге, Ж. жыгач, жебе, саадак деп аталган бөлүктөрдөн турат. Адамдар Ж-нын бул түрүн Түш. Африка, Түш. Америка, Меланезия, Рим, Байыркы Германияда урунган. Татаал Ж-ны жасаганда, жыгачынын сырт жагына майда таралган тарамышты жыш желимдеп, ич жаккы бетин жука мүйүз м-н каптайт, эки четине ж-а ортосундагы кармоочуна сөөктөн эн кыят. Мындай Ж-ларды гунндар, О. Азия ж-а Сибирь элдери, скиф ж-а сармат уруулары б. з. ч. 1-миң жылдыкта эле колдонушкан. Кыргыз эли урунган Ж. жасалышы б-ча кытай, моңгол, араб элдерине мүнөздүү татаал Ж. түрүнө кирет. Мындай Ж-лар жергебизде кенен жолугуучу сак, усун этносторунун маданиятынан (б. з. ч. 6—2-к.) ж-а байыркы кыргыз доорунун эстеликтеринен да (6—10-к.) жолугат. Атак-даңктуу баатырлардын өздөрүнө гана таандык-Ж-сы болуп, ага алтын, күмүш, асыл таш чөгөрүлүп өзгөчө кооздолгон.

Ж. түрк-моңгол элдеринин эпосторунун сюжетинде ж-а поэтикасында көрүнүктүү орунду ээлейт. Түрк-моңгол элдеринин эпосторунда Ж. мүйүздөн курацтырылып жасалгандыгы айтылат. Тува эпосунда Ж. жетимиш тоо эчкисинин мүйүзүнөн бири-бирине туташтырылып жасалгандыгы, жебеси кара эчкинин бүтүн терисинен жасалгандыгы айтылат. «Манас» эпосунда Ж-нын эмнеден, кантип жасалгандыгы эпостун «Чоң казат» бөлүмүндө кеңири сүрөттөлөт.

*К. Айдаркулов*

**ЖААНБАЙ** — эпизоддук кейипкер. ВЖЭде Нурдун уулу Ж. Манастын кырк чоросунун бири катары айтылат (ВЖЭ, «Ала-Too», 1979, № 7, 79-б.).

**ЖААНГЕР КОЖО** — эпизоддук кейипкер. СОВдо эпикалык өмүр жолу толугураак берилген. Ж. к. Иса пайгамбарга 40 жыл кызмат кылып, батасын алгандан кийин Мухамед пайгамбарга кезигип анын да батасын алат. 850 жыл жашаган Ж. к. жер кезип жүрүп, баласы Билерик экөө Нескаранын колуна түшүп калат. Нескара аларды Кырмус шаага тапшырат. Кырмус шаа Ж. к-нун баласын барымтага алып калып, зынданга салат да атасын коё берет. Туткундагы баласына айланчыктаган Ж. к. ал жерге жакын кумга ырабат салганы үчүн Кумарайым падыша атыгат, ал жерде кудайга жети жыл зар айтат. Ошондо ага Кызыр келип, сенин зарың Алдага угулуп, тилегиң орундалмак болду, катагандын кан Кошоюна бар дейт. Кошой Ж. к-нун өтүнүчүн орундатып, Кашкар, Котон, Жаркен ж. б. бир катар шаарларды нечен айлаамал, сыйкыр, эрдик м-н каратып, Билерикти туткундан куткарат. А. А. Валитова «Манастагы» Ж. к., анын баласы Билерик ж-дөгү эпизодду 1822—28-жылдардагы Жаангер кожонун Цин династиясына каршы көтөрүлүшүнө тийиштүү Чыгыш Түркстандагы тарыхый окуялар м-н байланыштуу караган. Бирок, бул В. М. Жирмунский белгилегендей байыртан келе жаткан эпикалык баянга кийинки кошулган жаңы катмарлардан. «Зийа-ал-кулуб», «Жалис-и Муштакин» сыяктуу тарыхый булактарга караганда Жаангердин тибиндеги кожонун образы 16-к-да түзүлө баштаган болуу керек. Себеби, Махдум-и Азам, Кожо Искахтар ушул кездерде Чыгыш-Түркстандагы бутпарас дининдеги элдерди, а. и. кыргыздарды мусулман динин алгач кабыл алдырган. Ошол мезгилдерге чамалаш О. Азиядан жаңыдан ооп барган катаган уруусунун өкүлдөрү мамл. иштерде активдүү роль ойногондугу, а түгүл бийлик башында тургандыгы катагандын кан Кошоюна байланыштырылып, кожо ж-дөгү мотивдин эпоско киришине шарт түзгөн болуу керек, к. *Кошой*.

*Р. Сарыпбеков*

**ЖАА ТАРТУУ** — согушта, уучулукта, мелдештерге жаа м-н жебе атуу өнөрү. Ж. т. өтө зор чеберчиликти, кайраттуулукту, күчтүүлүктү талап кылган. Жааны тизелеп олтуруп, жөө да, атчан да, басып баратып, чаап баратып тартышкан. Ж. т. чеберчилигинин мыкты үлгүлөрү «Манас» эпосунда өтө таасын сүрөттөлгөн. Көкөтөйдүн ашында Манастын чоролору төрткө бөлүнүп жоокердик түрдүү оюндарды көрсөтөт (СО, 3. 166—174). Бири-бирине бет маңдай турушуп жаа да тартышат:

Шарт этип саадак тартылды,
Өнөрү журттан артылды.
Саадактын огу жеткени,
Бөркүнө таккан чокуну,
Үзгөн бойдон кеткени.
Саадактан көрдү огуну
Баары кыркып өтүптүр
Тебетейдин чогуну (СО, 3. 171).

Ошол эле Көкөтөйдүн ашында Кыргылчалдын асманга ыргыткан тебетейин чоролор жерге түшүрбөй эт бышымга чейин асманда атып турганы сүрөттөлөт (СО, 3. 167—168). Буга дагы бир мисал орус совет фольклорчусу Р. С. Липецтин «Түрк-моңгол эпосторундагы баатырдын жана анын атынын образы» (М., 1981) деген эмгегинде Манастын чоролорунун тарткан жааларынын да жебеси мээлеген бутага бир нече буюмдун тешиктеринен өтүп

барып тийгендиги көңүлгө алынган. Учуп баратканда жебе талааларды өрттөп, дарактарды жарып кеткени, керек болсо баатырлар жебени кууп жетип кармап да алгандыгы белгиленген (86-б.). Албетте эпосто Ж. т-ну сүрөттөөдө эпостук апыртуулар да колдонулган. Ошого карабастан эпостогу Ж. т. чеберчиликтеринин чагылдырылышы кыргыз элинде анын өнүккөндүгүн айгинелеп турат.

*А. Абилов*

**ЖАБА**, жабай — этноним. Эпос б-ча кырк кан кытай элинин бир уруусу. Алмамбет Бээжинде жүргөн кезинде «жаба журту» м-н жоолашып, аларды «жадатып сүргөн» болот. «Чоң казатка» жөнөп баратышканда Манас Бээжиндин жолун, эл-жерин билгендер ж-дө сурамжылап көрсө, андай киши Алмамбет болуп чыгат:

Ант урган кытай элинде
Жүргөн чороң мен бармын.
Жаба журтун жадатып
Сүргөн чороң мен бармын (СО, 4. 68).

Алмамбеттин Бээжиндин жайын баяндап айтып берген сөздөрүнүн арасынан Ж. учурайт. Кийин Алмамбет баштаган Манастын колу Бээжиндин жерине жеткенде да ошол Ж-га дуушар болушат: «Андан өтүп Алакең (Алмамбет) Аңгүктүн жабай журтуна Аралап кирип барганы» (СО, 4. 269). О. эле Алмамбеттин кеңеши б-ча Манас Кенжут шаарындагы Айганды (Айган-канды) чапканы барганда да ал жерде «жаба калмагы» бар экендиги эскерилет:

Кигит, жаба журтунун,
Кишиси арбын ушунун...
Кенжуттуктан улугу
Кигиттен болгон уругу,
Кигит өзү калча экен,
Оюнда жаба калмагы
Ойлоп турсак канча экен (СО, КФ, 1794-инв., 95, 9-б.).

Эпостогу Ж., жабагы деген душман элдин кимдер экендиги ж-дө Манас таанууда эки түрдүү көз караш бар: 1) Манас чаап алган «Кенжут», «Кигит» деген эпикалык топонимдерди Индиянын (Кашмирдин) түн. жагындагы Канжут, Гильгит княздыктарына окшоштурулат ж-а ошол жерде жашаган Ж., жабагы дегенди «жаба эли» деп карайт аны иран тилиндеги «джабали» («тоолуктар») сөзү м-н маанилеш деп эсептейт. Бирок Манастын «Кенжут» шаарындагы Айган канга каршы жасаган чабуулу, ал жердеги ар түрдүү элдер (Ж., жабагы ж. б.) ж-дөгү маалыматтар чыныгы тарыхый окуялардын (согуштук кагылышуулардын) негизинде жаралбастан Чыгыш Түркстанда (Кашкар, Жаркен, Котон шаарларынын аймактарында) ж-а Памирде жашаган жергиликтүү кыргыздар аркылуу, о. эле Индиянын түн. тарабындагы өлкөлөр (Кенжут княздыгы ж. б.) м-н кабардар болгон манасчы Сагымбай Орозбак уулу тарабынан эпоско киргизилиши мүмкүн деген. О. эле ал эпикалык окуянын өнүгүшүнө географиялык адабияттардын таасири да тийгени болжол кылынат (Э. Абдылдаев). 2) Манас, Бакай, Алмамбет баш болгон кыргыз жоокерлеринин Ж., жабай м-н эки жолу эки башка жерден — Бээжинден ж-а Кенжуттан кездешип жоолашканы ж-дөгү маалыматтар кыргыз элинин башынан өткөргөн турмуш чындыгы катары божомолдонот. Манастын Бээжин, Каңгайга жасаган казаттарын, эпостогу ж. б. көптөгөн эпизоддорду 11-к-дын ортосунда (1050—1051-ж.) Кара Иртыштан баскынчылык жортуул жасап келген калмак-кыпчактардын сырдарыялык огуз мамлекетин (9—11-к.) биротоло талкалаган согушу м-н байланышта карайт да, ошого жараша Ж., жабай дегени Махмуд Кашкар (11-к.) тарабынан катталган огуздардын «ива», «йива» (Толстов, Короглы) же «заба», «зыба» (Орузбаева) деген уруусунун атынан келип чыгышы мүмкүн деп белгиленет.

*Т. Абдыракунов*

**ЖАБАГЫ** — этноним. Борб. ж-а О. Азиядагы түркий уруунун аты. Ж. уруусунун бир бөлүгү кыргыздарга да жуурулушкан. Түрктүн улуу аалымы Махмуд Кашкар (11-к.) йабаку, кыргыз, кыпчактардын көк кылычты алдыга коюп шерттешүү салты жалпы болгондугу тууралуу эскерген. О. кылымдардагы фарсы булактарында «йабаги» аттуу түркий этноним жолугат. «Манас» эпосунда Ж. адамдын энчилүү аты катары эскерилет: «Аскардын уулу Жабагы» (СО, 1. 238). Бул ысым кыргыз урууларынын бири үчүн этноним болуп калган.

**ЖАБЫКЕ** — кырк чоронун бири. Ж. Алмамбеттин келишинде жан кесеге куюлган бал кымызды Алмамбетке сунган чоро (СО, 2. 312). Каныкейге күйөөлөп баргандагы ат чаап жар тандоодо аты отуз алтынчы келип, Ж. Дилдебурушка үйлөнөт (СО, 2. 420, 427).

**ЖАБЫР-БАЯН** (ир. бабр — жолборс, жаён — каардуу, сүрдүү)— эпосто Сагымбай Орозбак уулунун вариантында эки мааниде айтылат. 1) Өтө күчтүү жырткыч жаныбар: «Баарысынан кыйыны Жабыр-Баян деген бар» (СО, 2. 190); «Жалпы жырткыч ичинде Жабыр-Баян улугу» (СО, 2. 192). 2) Алмамбеттин жоо кийими маанисинде сүрөттөлөт: «Жамынганы сыртынан Жабыр-Баян териси» (СО, 2. 211). Бул термин «Манас» эпосунда «Шах-Наме» дастанынын таасири аркылуу 19-к-дын 2-жарымында кирген. «Шах-Наменин» негизги каарманы Үрүстөмдүн жоо кийими да бабр-е бейан» деп аталып, ал кабылан, илбирс, жолборс сыяктуу жырткыч айбандардын терисинен жасалган сырт кийим ж-а анын башынын формасындагы туулга болгон. Ж.-Б-дын терисинен жасалган сырт кийимди легендарлуу баатырлар соотунун сыртынан жамынып жүрүү салты чыгыш элдеринин фольклорунда кеңири белгилүү. Мис., Аалы (Азырети Алы), Тариел, Үрүстөм ж. б. Ошондуктан, Сагымбай өз вариантында мындай сырткы кийимди Алмамбет да жамынып жүргөн катары сыпаттайт.

*Э. Абдылдаев*

**ЖАГАЛБАЙ** — эпизоддук кейипкер, Алмамбет м-н Көкчөнүн ортосуна чагым салгандардын бири Жанбайдын атасы экени гана айтылат (СО, 2. 243).

**ЖАДИГЕР** — эпизоддук кейипкер, Багыштын Жедигерден кийинки бабаларынын бири (СО, 3. 101).

**ЖАЖУЖ-МАЖУЖ** — этноним. СОВ б-ча Ж.-м. пери элинен болот. Көкөтөйдүн ашына ал элдин Киеңкис м-н Кишидаш деген дөөлөрү чакырылат. Диний жомокто Искендер Зулкарнайн оттуу чокмор м-н айдап, Кап тоосунун ары жагына бекитип салган жандар (кыямат-кайым болгондо чыгат имиш. Кыргыздар аны «ит жээр, бит жээр» деп да айтат).

**ЖАЗАЙЫЛ МЫЛТЫК** (ар. ал — жезаир — «арал», Алжирдин борбору аралда жайгашкандыктан ушундай аталат) — эпосто мылтыктын бир түрү катары айтылат: («Жазайыл мылтык күркүрөп»). Алжирден чыккан мылтык 17-к-дан баштап Алдыңкы Азия аркылуу О. Азия элдерине тараган. Ошондуктан өзбек эпосторунда «жозаил милтик», казактарда «жезаир мылтык» түрүндө аталат.

**ЖАЗИРЕ** — топоним, бел.

Ала-Тоонун бетинде,
Анжыяндын ары жагы
Мыргаптын туура четинде
Жазире, Жет-кайт белинде
Аркы атасы Жедигер,
Берки атасы Жадыгер,
Уюктун уулу Багышка айт (СО, 3. 101),— деп Бокмурун жаш Айдарга Мааниңкерди мингизип, Көкөтөйдүн ашына кабарга жибергенде айтылат.

**ЖАЙДАР** — эпизоддук кейипкер. Көкөтөйгө аш берүү кеңешине катышкандардын бири Акбайдын атасы катары ысымы гана аталат (СО, 3. 76).

**ЖАЙ-ДӨБӨ** — топоним. Манас баштаган кыргыздар Алтайдан Ала-Тоого көчүп баратып сегиз ай туруп калган жер (СО, 2. 161). Географиялык реалияда Кашкардан түндүк-чыгышта, Кара-Теке тоосунун этегинде жайгашкан тайпак какыр талаа.

**ЖАЙНАК** — кырк чоронун бири. Каныкейге күйөөлөп баргандагы ат чаап жар тандоодо аты Чалаңкөк жыйырма бешинчи болуп келип, Ж. Көгүчкөн деген кызга үйлөнөт (СО, 2. 425). Ж. из кубар мыкты чоро катары белгилүү (СО, 3. 176).

**ЖАЙНАКЕ** — эпизоддук кейипкер, Кыястын аялы, Жанаалынын кызы. Кыяс аялдары Ж. м-н Каракөздүн төрөбөгөнүн Айчүрөккө айтат (КВ, «Сейтек», 81).

**ЖАЙНАКЕ** — эпизоддук кейипкер, Эштектин Жамгырчысынын байбичеси. Чачыкейден Акшумкардын дайынын билгени арага түшкөн үч байбиченин бири (СК, «Семетей», 2. 27—29). Үмөтөй Семетейге каршылашып келгендеги эпизоддо Каныкей Ж-ни Темиркандын кызы, өзүнүн эжеси экендигин Семетейге айтат (СК, «Семетей», 2. 274).

**ЖАЙНАКОВА** Айнек (1940, Жети-Өгүз р-ну, Тосор айылы) — адабиятчы, илимпоз. Филология илимдеринин кандидаты (1985). 1964-ж. КМУнун филология факультетин, 1968-ж. аспирантурасын бүтүргөн. 1969-жылдан Кыргыз ССР ИАнын Тил ж-а адабият ин-тунун «Манас» бөлүмүндө эмгектенет. «Манас» эпосунун ар түрдүү проблемалары б-ча монографиялары бар: *«Семетей» эпосунун тарыхый-генеалогиялык негизи»* (1982), *«Сейтек» — «Манас» трилогиясынын корутунду бөлүмү»* (1984) ж-а «Манас» эпосунун варианттарындагы «С. Каралаевдин айтуусундагы «Семетей», «Сейтек» эпосторунун бөтөнчөлүгү» (1988). О. эле СКВ б-ча «Манастын 1-томун, «Сейтекти» (Р. З. Кыдырбаева м-н бирдикте) түзүп, баш сөзүн жазган.

**ЖАЙСАҢ** — топоним. Эпос б-ча Алтай тараптагы *Уркун* суусунун куймасы (СО, 1. 246). Географиялык реалияда Зайсаң Чыгыш Казакстандагы тоолуу өрөөн ж-а андагы суу.

**ЖАЙСАҢ** — кырк чоронун бири, Үмөттүн уулу. Чоролордун катарында дайыма аты аталат. Манас Каныкейге күйөөлөп баргандагы ат чаап жар тандоодо аты он сегизинчи келип Ж. тагдырына буюрган Албүбүгө үйлөнөт (СО, 2. 68, 93, 149, 394, 419, 424; 3. 49, 175; 4. 43).

**ЖАЙСАҢ ЫРЧЫ** — манасчы. Ж. ы-нын тарыхта болгондугу ж-дө маалыматтар жок. 14—18-к. Жайсаң деген ат Юань суалесинин (1260—1368) мезгилиндеги кытайдын «Цзайсян» деген титулуна байланыштуу пайда болгон ысым. Бул титулдук термин кийинчерек 14—15-к-дан тартып ойроттор м-н моңголдордун арасына кеңири таралып, алардын феодалдык ак сөөктөрүнө да колдонула баштаган. Ал эми кыргыздарга ойрот-моңголдор аркылуу кийин кирип, энчилүү ысым катары колдонулуп калган. Сагымбай Орозбак уулунун вариантында Ж. ы. Манас м-н Кайыпдаңдын урушунан кийинки окуяда эскерилет. Манас Кайыпдаңды согушта жеңип анын кызы Карабөркту алганда тигилген боз үйдүн жасалгасын:

Салтанатын көргөндө,
Жайсаңчы ырчы дегени
Жалаң үйдүн порумун,
Жарым күнү ырдаган (СО, КФ, 572-инв., 554-б.) калмак ырчысы катары айтылат. Сов. белгилүү эпос изилдөөчүлөр М. Ауэзов, К. Рахматуллин ж. б. эмгектеринде «Манасты» жараткан, айтып, эл арасында сактап келген биринчи манасчы ким болгондугу ж-дө айрым маалыматтар берилет. Манастаануу илиминде биринчи манасчы ким болгон деген суроону койгон ж-а бул маселе б-ча өзүнүн жоромолун айткан окумуштуу М. Ауэзов болгон. Ал Сагымбай Орозбак уулунун вариантында «Жалаң үйдүн порумун Жарым күнү ырдаган» Ж. ы. деген адам кезигерин эскерип «Манастын» алгачкы ырларын ушул акын түзүшү мүмкүн деген.

*С. Алиев*

**ЖАЙТАШ** — аба ырайынын өзгөрүшүнө таасир кылуучу магиялык күчкө ээ таш. Коомдук өнүгүштүн алгачкы учурларында адам табияттын сырын билип, баш ийдирүүгө

кылган аракетинен келип чыккан. Ж-тын магиялык касиетке ээ экендиги ж-дөгү шамандык түшүнүктүн пайда болушуна, биринчиден, эң алгачкы эмгек куралынын болушу, ал таштын көбүнчө суунун түбүндө же башка нерселерде орун алышы түрткү болгон. Ж. моңголдордо «жада», «яда», казактарда «жайтас», якуттарда «сата» деп аталып, сыйкырдуу магиялык күчкө ээ таш катары сүреттөлөт. Байыркы кыргыздардын ишениминде Ж. көбүнчө койдун же уйдун карынынан табылган. Эпосто жайчылык өнөр жылан-ажыдаар м-н байланыштырылат. Мифтик мындай ишенимди дүйнө элдеринин оозеки чыгармаларында кеңири кездешкен суунун ээси жылан, ажыдаар болуп эсептелген белгилүү салттык сюжеттин бир элеси, көрүнүшү катары кароого болот. Ж-ты пайдалана билүү үчүн анын окуусун окуу керектиги түрк-моңгол элдеринин оозеки чыгармаларында көп айтылат. Бирок, башка элдердин эпикалык чыгармаларына караганда «Манас» эпосунун байыркы катмарында жаткан шамандык Ж. өтө кеңири баяндалат. Саякбай Карала уулунун айтуусунда Ж-тын (жайчылыктын) эпикалык душман тарапка түшүргөн алааматы элестүү сүрөттөлөт:

Алтын айдар, чок белбоо,
Азизкандын жалгызы,
Карыкандын жай ташын
Чап жанынан алды эле,
Бир чөйчөктөй кара суу
Кур дегизе салды эле.
Жаканын баары жамгырлап,
Бөксөнүн баары мөндүрлөп
Жайдын күнүн кыш кылып (СК, 2. 194).

«Семетейде» да Ж. согуш мезгилдеринде же бир зарыл учурларда колдонулат. Коңурбай, Мурадыл, Карагулдар кысталыш учурларда күндү жайлап, алай-дүлөй түшүрүп, изин жашырып кутулуп кетишет. Ж-ты колдонгондо жайчылардын атайын окула турган магиялык күчкө ээ дубасы болгондугу да айтылат:

Жай ташты көлгө урду эле,
Күндү жайлап турду эле,
Булут ээси Бууракан,
Мунун атын чакырып
Жердин аты Жершамал,
Мунун атын чакырып (СК, КФ. 554-инв., 375-б.), к. *Жайчы.* *С. Алиев*

**ЖАЙЧЫ** — жайташтын магиялык күчү м-н аба ырайын өзгөртүп жиберүү кудуретине ээ киши. Эпосто көбүнчө аярлар Ж-лык өнөргө ээ. Түрк-моңгол элдеринин оозеки чыгармаларында күндү жайлоо ж-дө көп айтылат. Мындай сюжеттик мотив «Манас» эпосунан да орун алган. Ж-лык башкы оң каармандардын ичинен Алмамбетке гана мүнөздүү. Алмамбет бала кезинде Аберген деген көлдөгү укмуштуу ажыдаардан Ж-лыктын, аярлыктын окуусун окугандыгы эпосто кеңири баяндалат. Ал Ж-лыгы м-н агыны катуу суудан өзү тараптагы жоокерлерди аман өткөрүп, душманды суукка үшүтүп, жеңишке жетишкен учурлары болот. Анын Ж-лыгы чоң казатта айрыкча элестүү сүрөттөлөт:

Каптап кытай келгенде,
Караандуу жоону көргөндө,
Күндүзү бүркөк, түнү ачык,
Ала канчык шыбыргак,
Алмамбет жайын салды эле:
Ошондо бөксөнүн башы мөндүрлөп,
Жаканын баары жамгырлап,
Асмандан булут сабалап,
Көктөн булут күркүрөп,
Жер жүзүнө камалып,
Тик каптаган кытай журт
Күн көрөргө зар болуп,
Согуш кылган чоң майдан
Найза бою кар болуп,
Жай убакта кыш болуп,
Жабылган кытай, көп манжу
Ошондо кыңшылаган кыз болуп (СК, 2. 194).

Душман бир жагынан суукка тоңсо, экинчи жагынан Манас баатыр баштаган кыргыз жоокерлеринин катуу чабуулунан кырылат. Эпосто Ж-нын чагылдырылышы табияттын ар кандай кубулуштарынын ички сырларын үйрөнүүгө, аны адамдын эркине баш ийдирүүгө болгон ой-мүдөө болуп эсептелет, к. *Жайташ.* *С. Алиев*

**ЖАЙЫК** (Орол, Урал) — топоним. Эпос б-ча түрк уруулары мекендеген жерлердин бири: «Эдил, Жайык жери бар, Эне-атабыз өскөн деп, Бир кыйла элдин кеби бар» (СО, 2. 16),— деп айтылат. Түш. Урал ж-а Каспий бою ойдуңундагы дарыя. Эдил (Волга), Ж. (Урал) дарыялары түркчө мурдагы аталышы м-н «Манас» эпосунда гана эмес, казак-кыргыздардын оозеки чыгармаларында алар качандыр бир кездерде мекендеп келген жерлер катары көп эскерилет. Бул Чыңгызкандын тукумдары негиздеген Алтын-Ордонун талкаланып, анын курамындагы айрым уруулардын кийин казак-кыргыздардын арасына келип сиңип кетиши м-н байланыштуу.

Географиялык реалияда Урал 1775-ж. чейин Жайык деп аталган. Түш. Урал ж-а Каспий бою ойдуңундагы дарыя.

**ЖАКИШЕВ** Өмүркул (1909, Кант р-ну, Үч-Эмчек айылы — 1978, Фрунзе ш.) — кыргыз совет адабиятчысы, «Манас» изилдөөчү, түзүүчү. Алгачкы билимди Бишкектеги интернаттан, педагогикалык техникумдан алган. 1931—34-ж. Москвадагы редакциялык басма ин-тунда окуган. 1934—37-ж. Кырг-н мамл. басмада редактор, Кырг-н жазуучулар союзунун жооптуу секретары, 1940—49-ж. Кыргыз ССР Министрлер Советинин алдындагы иск-во иштери б-ча Башкарманын начальниги болуп иштеген. 1952—62-ж. Кыргыз ССР ИАнын Тил ж-а адабият ин-тунун «Манас» секторун жетектеген. Адабий-сын ишмердүүлүгүн 30-жылдары баштап, кыргыз адабиятына тийиштүү бир катар рецензияларды, обзорлорду, проблемалык мүнөздөгү макалаларды жазган. Өмүрүнүн кыйла бөлүгүн «Манасты» изилдөөгө ж-а жарыялоого арнаган. Союздук

ж-а республикалык басма сөз беттеринде макалаларын жарыялап, «Манас» эпосунун көркөмдүк чен-кудуретин кыргыз ж-а дүйнөлүк оозеки адабияттагы ордун, беделин белгилеген. 1946-ж. Москвадан чыккан «Манас» эпосунун бир томдук орусча көркөм котормосун редакциялоого катышып, Е. Мозольков м-н бирдикте кириш сөзүн жазган. «Манас» эпосунун 1958—60-жылдарда жарыяланган курама төрт томдугунун башкы редакторунун орун басары болгон. 1952-жылдагы «Манас» изилдөөгө арналган бүткүл союздук илимий конференцияда марксизм-ленинизмдин жоболорунун негизинде вульгардык социологиялык сындан коргоп, ««Манастын» негизги варианттарына кыскача обзор» деген доклад жасаган.

*Р. Сарыпбеков*

**ЖАКУТ** — кымбат баалуу асыл таш, яхонт. Жашыл саффир м-н кызыл рубиндин кымбат баалуу түрлөрүнүн жалпы аты. Кээде гранит ж-а асыл шпинель сыяктуу кызыл түстөгү асыл таштар Ж. деп аталган. Эпостон Ж-тун байыртадан эле асем буюмдарга, жасалгаларга, кооздуктарга колдонулганы, нур чачыратып, жарык чыгаруучу каражат катары пайдаланылганы көрүнөт. Мис., Алмамбет Бээжиндеги өзүнүн алтын тагын Сыргакка төмөнкүчө сүрөттөйт: «Бу туш менен тиги туш Жакут таштан жабылуу» (СК, 2. 136), «Жакут менен көөкардан Босогого салдырган» (СК, 2. 136). Алмамбеттин атасы Азизкандын сейилдикке кийүүчү жарым кандык чен тонунун жасалгасы төмөнкүчө баяндалат: «Жакут ташты жардырган Көкүрөккө тонунун Асыл таштан салдырган» (СК, 2. 139). Ж-тун баалуулугу төмөнкү саптардан да көрүнөт: «Жакут, көөхар, лагыл таш, Жандар өлүп калган соң Аны эмине кылабыз!» (СО, 4. 349). Жарык болуп турсун үчүн Каныкей Манастын сөөгү коюлган жайга да Ж-ту колдонот: «Жакут таштан жардырдым, Алтымыш уруу жерине Жакут, көөхар аралаш Чырак гана кылып салдырдым» (СО, «Семетей», 1. 154).

*Ы. Кадыров*

**ЖАКШЫЛЫК** — эпосто элдин моралдык аңсезимин чагылдыруу м-н жалпысынан этикалык түшүнүмдөрдөн кабар берет. Ал өзүнүн мазмуну б-ча жамандыкка карама-каршы. Бул антипод көрүнүш чыгармада «Туулмак бар, өлмөк бар, Жакшы менен жамандык Туш-тушунда көрмөк бар» (СО, 2. 24) — делинип, жашоодогу түбөлүктүү маселе катары тастыкталат.

Элдин социалдык-этикалык ойлорунун, идеяларынын тарыхы негизинен жакшылык менен жамандыктын (к. *Жамандык)* ортосундагы келишпес күрөш болуп келген. Бул учурлар «Манаста» дайыма Ж-тын жамандыктын үстүнөн болгон жеңиши, салтанат курушу м-н көрүнөт. Ушул ыңгайдан алып караганда эпостун «кан тамырына терең тараган, мазмунунда чордонун аныктаган өмүр, жашоо, эркиндик, көз каранды эместик, адилеттүүлүк үчүн жан аябай күрөшүү ириде Ж-тын жаркын жышааналарын билдирет. Алсак, эпостун сюжеттик өзөгүн түзгөн окуялар (Манастын туулушу ж-а эрезеге жетип, элин жыйып Ала-Тоого келиши, баскынчы душмандарды багындырышы, Семетейдин эли-жерине келип, ички ж-а тышкы душмандар м-н талбай кармашып, элине, мекенине ээ болушу ж. б.) дал ушундай.

Эпосто чагылдырылгандай, Ж. ж-дөгү түшүнүктү адамдар жүрөгүндө бекем сактап, аспиеттеп жүргөн түпкү кызыкчылыктары, умтулуулары, мүдөөлөрү, каалоолору, үмүттилектери м-н ажырагыс байланыштырышкан. Муну барыдан мурда чыгарманын негизги оң каармандарынын кылган иштеринен, кылык-жоруктарынан таасын байкоого болот. Маселен, Манас баш болгон: Каныкей, Бакай, Кошой, Семетей, Алмамбет, Айчүрөк, Сейтек ж. б. көптөгөн каармандардын бардык аракеттеринде элдин эртеңки күнү, эркиндикке умтулуусу үчүн астейдил күрөш, бийик ыймандык, адамгерчилик сапаттар башкы орунду ээлейт. Маселен, Манас 24 жаш курагында эле элге баш-көз болуп, келечегине кам көрүп, анын зор күч-аракети менен:

> Азган-тозгон кайран эл,
> Чогулушуп калды эми.
> Медер кылып Манасты,
> Мекен кылып Таласты (СК, 1. 183).

Ушул сыяктуу умтулуулар берки каармандарда да даана байкалат. Алсак, Каныкей бүткүл турган-турпаты м-н Ж-ка жаралып калган адамды элестетет. Анын бул бийик сапаты Манаска ишенимдүү жан-шерик, ийги акылман болуп бергендикте гана эмес, андан да нары элдин мыкты билерманы, көсөмү даражасына да жетишкендикте. Каныкей эркинин бекемдиги, акылынын тунуктугу м-н башына түшкөн бардык оор кыйынчылыктарды жеңип, өз максатына жетет. Манастын ысмын өчүрбөй сактап калууда, Семетейди эр жетилтип, элине ээ кылууда анын эмгеги аябай зор. Анын Ж. иштери жалаң эле Эл, Жер, Мекен, Манас, Семетей үчүн болгон түйшүктөрдө гана эмес, каска, доско кылган адилет, ак ниет мамилесинде да айкын сезилет. Маселен, Каныкейдин дааналыгы Кошой сыяктуу абасына чак келген кандагай тигип, анын Жолойду жыгышына өбөлгө түзгөндөн да, түбүндө душман болгон Канчоро сыяктуу адамды ак сүтү м-н баккандан да байкалат.

Мындай асыл сапаттар Кошой, Бакай ж. б. каармандарга да мүнөздүү. Ошол жоокерчилик заманда Ж. м-н жамандык тынбай кагышып, кармашып, улам биринин үстүнө бири ала салып жаткан мезгилде, эл арасынан чыккан жогорудагыдай акылмандар чоң демөөр болгон. Маселен, согуш болгон жерде талоон бар. Бирок, эпосто сүрөттөлгөндөй Манас душманын багындырганда мындай учурлар байкалбайт. Ал душманынын колун гана кайратат, бейкүнөө элди чаппайт. Ал гана эмес душмандан олжолоп алынган дүнүйөнү элге таратып берет. Алсак, Манас элге аябай эапкы көрсөткөн Алооке канды жеңгенде эпосто айтылгандай:

Алоокенин сан дүйнө,
Келген жандын баарына
Атаң Кошой ошондо
Камчыга ченеп бөлдү эми (СК, 1. 215).

Акыл үстөмдүк кылган жерде Ж. болору шексиз. Манастын жогорудагыдай позициясына албетте Кошой, Бакай, Каныкей сыяктуу акылмандар таасир берген. Маселен, Бакай жоокердик артыкчылыгына караганда туура кеңеш берген, билгилик, олуялык жагы м-н Манаска зор тутка, жөлөк болгон. Ал душманга дайыма келишпес мамиле кылат, о. эле аны жетиштүү деңгээлде баалай билет, эч качан адамгерчиликке жатпаган чеки ишке барбайт. Кырк чоро Семетейдин айтканына көнбөй, бийлигине ыкрар кылбай ага дайыма жаман иштерди жасап, акырында кытайды көздөй качышат. Семетей алардын артынан кууп жетип, бардыгын тындым кылып таштайт. Ошондо Бакай Семетейге кайрылып мындай дейт:

Манастан калган кырк чоро
Жашырып жүзүн кетпесек
Карагаттай кайран көз
Каркылдап карга ойбосун,
Каалгадай кашка тиш,
Сагызган чычып койбосун,
Бөйрөгүн бөрү ойбосун
Бөтөн эттин баарына,
Түлкүлөр капыр тойбосун.
Мингендерин союп кет,
Кетмендеп жерди оюп кет
Мингенин атап союп кет
Кырк чоронун баарысын
Белгилеп жерге коюп кет (СК, «Семетей», 1. 340).

Семетей Бакайдын тилин алып, ары-бери өткөн жолоочуларды уюштуруп, кырк чорого кырк күмбөз, кызык кылып салдырат. Мындан Семетейдин да, Бакайдын да жамандыкка жакшылык м-н жооп бергендигин байкоого болот.

Эпос күбөлөп тургандай, элдин көп кылымды ичине алган социалдык-саясий экономикалык, турмуштук изденүүлөрүндө мезгилдин сынынан өтүп, адамдарга дайыма аброй болуп келген баалуу, көөнөрбөс моралдык сапаттар иштелип чыккан. Мында асыресе Ж. идеясына дем берүү чоң мааниге ээ болгон. Мындай идеянын шарданы м-н адамдардын прогрессивдүү социалдык практикасы, жашоо ыңгайлары, кылган иштери, кылык-жоруктары, жүрүш-туруштары, аракеттери калыптанган. Мына ушулардын пайдалуу, оң болушуна жараша Ж. мазмуну жагынан кеңейип көп түрдүү, конкреттүү көрүнүштөрү келип чыккан. Маселен, Ж. кылуу (добродеяние, доброта), кең пейилдик (широта души), ажат ачуу (благодеяние), ак көңүлдүк (добродушие) адамдардын моралдык сапаттарына айланган. Эпосто булардан сырткары айрыкча көңүл бура турган нерсе — жакшылыкчыл (добродетель) көрүнүштөр. Бул дегинкисинде инсандык туруктуу оң, мыкты моралдык сапатын мүнөздөйт, анын моралдык абройлуулугун, нарктуулугун айгинелейт. Мында Ж-тын эч ноюбастыгы, жашоонун эң алгылыктуулугу, ишмердүүлүгү. Ал өзү асыресе Ж-ты, ыймандуулукту активдүү алып жүрүүчүнүн ролун да көрсөтөт. Жакшылыкчыл ж-дө түшүнүк ар бир мезгилде шартка жараша өзгөрүлүп келсе да, анын кайраттуулук, патриоттуулук, акылмандык, кең пейилдик, эрктүүлүк сапаттары дайыма сакталып калган. Эпосто буга бирден бир мисал Манаска карата колдонулган айкөл, асыл, эр, зор, сырттан, кызырдуу деген сыяктуу эпитеттер анын ашкере жакшылыкчыл адам экендигин ырастайт. Бул жерде ага карата берилген «айкөл» деген сыпаттама өзгөчө маанилүү. Ал биринчиден, өтө сыйымдуу моралдык сапатты көрсөтсө, экинчиден, эпостук каармандардын ичинен Манаска карата гана айтылат. Манасты «айкөл» деп атоо м-н эл андан бүткүл жакшы нерсени көргөн. Анын ысмы жалпы эле Ж-тын символу болуп калган. Манастын туулушу эпосто кыргыздар үчүн чоң Ж-тын келиши катары көрсөтүлөт. Чындыгында эле ал «үзүлгөндү улаган, чачылганды жыйнаган», «өчкөн отту күйгүзгөн, өлгөн жанды тиргизген» улуу иштерди жасайт. Эл ага тең берип, «Өйдө бассак Манасты Өбөк кылып алалы, Ылдый түшсөк Манасты Жөлөк кылып алалы» деп өздөрүнүн бүткүл үмүт-тилегин, мүдөөлөрүн, максаттарын анын аты м-н байланыштырат.

Эпосто сүрөттөлгөндөй Манас өмүрүндө бирөөгө жамандык кылган жан эмес. Ырас, анын алабармандык, ээнөөлүк жагы да бар. Бул сапаттар анын жакшылыкчыл мүнөзүн кемитпестен, кайра толуктап турат. Бөтөнчө ага зордукчулдук жат нерсе. Маселен, Алтайда эл жыйылып, Ала-Тоого көчүү ж-дөгү масилетте Манас ким кааласа көчө тургандыгын эскертет. Жоого карата аттанганда адамдарды аскерге, кошунга кысым, күч колдонуу м-н албайт. Ал түгүл чет Бээжинди ээлеп турганда кайра кайтуу ж-дө Каныкейден кат барганда да абалдын татаалдыгына карабастан, каалагандарга элге кайтууга уруксат берет. Колундагысын аябай элге чачат. Душмандын тилине да кирип кете берет.

Ушулардын бардыгы анын дегеле дилинде эч кимге залал келтирбей тургандыгын ачык далилдейт. Анын жакшылыкчыл иштери жалпы элге гана эмес, ар түрдүү адамдарга да жугумдуу. Маселен, кырк чоро ким эле:

Тонсуз келди бир чоро,
Тонсуз келген чорого,
Жакасы алтын, жеңи жез.
Кош бадана, торгой көз,
Келеме бото, кең жака,
Керишке кийсе ок өтпөс,
Тон кийгизди зор Манас.
Атсыз келген чорого,
Аркар аяк, жез билек,
Ат мингизди зор Манас.

Манастын кырк чорого кылган жакшылыгы ченемсиз. Мындай иштерди ал мамилелешкендердин бардыгына, ал түгүл душмандарына да жасайт. Анын жакшылыкчыл-

дыгы дегинкисинде адилеттүүлүктү, бийик ыймандык сапатты күбөлөп турат.

Эпосто Ж. ж-дөгү элдик түшүнүмдөрү жалаң эле адамдардын жүрүш-туруш чөйрөсүндө эмес, о. эле анын мифтик, диний, космологиялык ж. б. көз караштарында ширешкен формаларда чагылдырылган. Маселен, баланын жакшы жышааны м-н туулушу (Манас), дуба окуу м-н кыйын кырдаалдан чыгуу (Алмамбет), Ж-тын түш, аян аркылуу берилиши, Манасты дайыма сырдуу күчтөрдүн колдошу *(Баба-Дыйкан, Кырк чилтен,* Кызыр, жаныбарлар ж. б.), асмандагы ай, жылдыздардын жайгашына, көрүнүшүнө карата алдыдагы иштерди аныктоо ж. б. дайыма Ж-ка байланыштырган. Эпостун мазмунунда адамдардын өздөрүнүн жашоо турмушунда коомдогу, айлана-чөйрөдөгү жакшы нерселерди улам өздөштүрүп, үйрөнүүгө, үлгү алууга, тууроого боло турган баалуу көрүнүштөрдү дайыма алып, байытып олтурушкандыгы даана байкалат.

*О. Исмаилов*

**ЖАКШЫЛЫК** Сарык уулу (1880, Ысык-Көлдүн Шаты айылы — 1934, ошол эле жер) — манасчы. Бугу урууcунан. Эл арасында «Кара ырчы» деген ат м-н таанымал. Ж. тогуз жашынан жамактатып ыр айтып, он эки жашында эл аралап, жамакчы-ырчы катары белгилүү болгон. Анын «Жылдыз» аттуу дастаны мазмунунун кызыктуулугу ж-а уккулуктуулугу м-н эл арасына кеңири тараган. Жыйырма бешке чыкканча аш-тойлордо жар чакырып, жамак айтып жүргөн. «Семетей» айта баштаганын кереметтүү түш көрүү м-н байланыштырат.

Жыйырма беш кезимде,
Күнү-түнү үч күндө,
Аян берип өзүмө,
Түшүмдө келди көзүмө.
Белги берип берерним,
Жамагыңды ташта деп,
Түшүмдө сөзүн уккамын.
Түшүмдө сөзүн уккан соң
Жамакты мындай таштадым.
«Семетей» менен «Сейтекти»
Ошондо айта баштадым (ЖСВ, КФ, 57-инв., 1684-б.), — деп эскерет. 1929-жылдан баштап андан «Семетей» м-н «Сейтек» эпостору жазып алынган. Ж. өмүрүнүн акырына чейин жомок айтууну атайын кесип кылып калгандыгы ж-дө:

«Семетей» менен «Сейтекти»
Катар айтып чакылдап,
Акын-ырчы атанып,
Жашымдан берген кесипти,
Карыганча таштабай
Айтып жүрөм таштабай (ЖСВ, КФ, 57-инв., 1682-б,), — деп өмүрү өткөнчө эпосту айткандыгын баса белгилеген. «Семетей» эпосу — эл арасына кеңири тарап, сюжеттик, тематикалык, композициялык жактан калыптанып калган чыгарма. Ж. Сарык уулунун «Семетейинде» да бардык семетейчилерге мүнөздүү сюжеттик нук сакталып, Саякбай Карала уулу, Тоголок Молдо, Шапак Рысменде уулу сыяктуу манасчылардын варианттары м-н жалпы сюжеттик схемасы, окуялардын чечмелениши б-ча үндөшүп турат. ЖСВнын «Семетей» бөлүгү: Каныкейдин Букарга качканы, Семетейдин балалык чагы, Семетейдин эл-жерин угуп Таласка жөнөөгө камынганы, Каныкейдин жомогу, Семетейдин Таласка келип Абыке, Көбөш, Жакыптарга жолукканы, Атасынын алты мүлкүн алганы, Чачыкейге үйлөнгөнү, Айчүрөктүн ак куу кебин кийип учуп баатырларды сынаганы, Семетейдин Чынкожо, Толтой менен урушу, Толтойдун жомогу, Семетейдин Айчүрөккө үйлөнгөнү, Семетейдин Коңурбай менен урушу, Кыяс менен Семетейдин урушу, Семетейдин өлүмү, Айчүрөктүн олжого кетиши, Сейтектин тарыхы ж. б. окуяларды камтыйт. Көпчүлүк семетейчилерде Манас дүйнөдөн кайтканда Каныкей күмбөзүн салдырып, аны жайына койгондон кийин көп өтпөй Манастын инилери Абыке, Көбөш Каныкейге сөз айттырып, аны аялдыкка алууга аракеттенгендиктен Каныкей аргасыздан атасы Темир кандын шаарына качып баргандыгы баяндалат. Ж. деле жалпы сюжеттик нукту улантканы м-н эпостун «Семетей» бөлүмүнө «Манастын» акыркы финалдык бөлүмүн кошуп айтуу м-н айырмаланып турат. Семетейдин төрөлүшүнө чейин айткан баяндамасында Манастын туяксыз өтөмбү деген зары ж-а Көкөтөйдүн ашында Кошойдун берген батасынан бүтүп эли-жерин тышкы ж-а ички душмандан коргой ала турган болочокку баатыр баланын — Семетейдин дүйнөгө келиши ж-дө айтылат. Семетей төрөлгөндөн кийин Манас жортуулга чыгып, Коңурбайды жеңип, Орто Бээжин, Чет Бээжинге сурак жүргүзөт. Бээжинди алгандан кийин Манас душманга алдатып, бүт колун кырдырып Алмамбет м-н Чубактан айрылып, өзү башынан жарадар болот, Аккула аты окко учат. Абалдын оордугун байкаган Каныкей Манастын көзү өткөндө Жакып төрт уулу м-н ордону талап, мени бир уулуна алып берүүгө аракеттенет деген ишеничке келип, тийиштүү ырым-жырымдарды өткөрүп, Манаска арнап күмбөз салдырат да, аны коштоп күмбөзгө алып келет. Каныкейдин камбылдыгына ыраазы болгон Манас баарын көргөндөн кийин, Семетей м-н Чыйырдыны Бакайга табыштап көз жумат. Манас дүйнөдөн кайткандан кийин Каныкей Семетейди алып, Чыйырдыны ээрчитип Букарга качып барат. Семетейдиң бала чагы, жигиттик курагы Букарда өтөт. Окуянын экинчи этабы — Семетейдин Таласка келиш эпизоду Сарытазга байланыштырылган. ЖСВда Сарытаз Манастын чоролорунун бири катары баяндалат да, ал Абыке, Көбөш ж-а Жакыптан качып, Семетейдин артынан Букарга келет. Сарытаздын негизги максаты — Семетейге эли-жерин таанытуу. Ар бир семетейчиде Сарытаздын тарыхы ар кыл айтылса да, негизги мотив бардыгына тең бирдей жалпылыкты түзөт. Семетейдин Букардан Таласка көчүшү ж-дөгү баяндамада Ысмайыл элин чогултуп той кылып, Семетейге көп мал берип, жездемдин кабарын билип келем дейт деп Семетейди Таласка чейин жеткирип келет. Ал

эми Канчоро м-н Күлчоронун образы Канчоро м-н Күлчоронун эпиканын дүйнөсүнө келиши ЖСВда бир аз өзгөчөлөнүп сүрөттөлгөн. Бул окуянын чечмелениши сюжеттик нукта түрк элдеринин, о эле дүйнө элдеринин фольклорунда салттык түрдө айтылып келе жаткан туугандашуу мотиви м-н үндөшүп, эки чоронун Семетей м-н эмчектеш тууган болушу баяндалат. Ж-тын айтуусунда Айчүрөк periден жаралган кыз экендиги ачык баяндалат. Өзүн Кайкынын сары белине перинин кызы тууп таштап кеткендигин ж-а аны Акун кан таап асырап баккандыгын:

Алакандай энеме,
Акункандай атама,
Пери ойногон жеринен,
Кайкынын сары белинен,
Перинин кызы тууп кеткен,
Таап алган талаадан
Асыранды кыз болдум (ЖСВ, КФ, 54-инв., 620-б.),— деп эскерет. Семетей өлгөндөн кийин ордосу таланып, Айчүрөк баш болуп олжого кетет. Күлчоронун далысы кесилип, кул катары Айчүрөк м-н кошо Кыяска берилет. Ушул учурду пайдаланып, Күлчородон өч алуу үчүн, Карагул Кыяска жылкычы башы болуп келет. Башка варианттагыдай эле Сейтектин дүйнөгө келиши ж-а жүргүзгөн иш-аракеттери айрым бир көрүнүштөрүнө карабастан сюжети жагынан бир жалпылыкты түзөт. Айчүрөк Кыяска келгенде боюнда бар экендиги белгилүү болот. Бала төрөлгөндө анын көзүн тазалоо Кыястын оюнда жүрөт. Ошентип, Сейтек төрөлгөндө аны жок кылууну Кыяс беш мастан кемпирге тапшырат. Сейтек дүйнөгө келип, көз жарып жаткан учурунда Айчүрөктүн сиңдиси Көкмончок беш кемпирди дубалап, баланы өлүмдөн куткарып калат. Сейтек эс тартып эрезеге жеткенде Орус кандын кызы Күлнаарыга үйлөнөт. Сейтек Кара дөө м-н кармашып, аны жеңет. Эпостун финалында Сейтек м-н Күлчоро душмандарын жеңип, Таласка келгенден кийин Сейтек энеси Айчүрөктү Күлчорого тийсин деп ортомчу салат. Айчүрөк макул болгону м-н Күлчоро макул болбойт. Жалпысынан алганда ЖСВда Семетейдин Чачыкейге үйлөнүшү, Семетейдин Коңурбайдан атасынын кунун кууганы, Семетейдин өлүмү ж. б. салттык эпизоддор бүтүндөй кезигет. Бул жогоруда эскерилгендей айрым бир окуялардагы мотивдердин берилиши б-ча айырмачылыктар ж-а кошумчалар бар экендиги байкалат. «Сейтек» бөлүмүндө да туугандар арасындагы араздашуунун натыйжасында Айчүрөк колго түшүп туткунга кетет. Атабабасы сыяктуу эле Сейтектин да балалык күнү башка эл, башка жерде өтөт. Акыры өз эл, жерин таап, атасынын кунун кубалап, өчүн алгандыгы баяндалат. Ж. Сарык уулунун айтуусунда жазылып алынган «Семетей», «Сейтектин» варианты кол жазма түрүндө 12 китеп (дептер) болуп Кыргыз республикасынын ИАнын Кол жазмалар бөлүмүндө сакталып турат (КФ, 53—54, 57, 214-инв.).

*К. Кырбашев*

**ЖАКЫП** — каарман, Манастын атасы. СОВдо Ногойдун уулу. СКВда Ж-тын атасы Каракан. Ж-тын образы эпостогу татаал, карама-каршылыктуу образдардын бири. Эпостун башында каны өлүп, душмандан кордук көргөн эл туш-тушка чилдей тараганда, Ж., Акбалта баштаган кырк үйлүү кыргыз Алтайга айдалат. Алтындын кенин казышып, эгин айдап, мал багып, эл бакыбат турмушка жетишет. Айрыкча Ж. абдан бай болот. Бирок, көпкө чейин ал балалуу болбой жүрөт.

Долоно саптуу ай балта
Муну толгонтуп ийбей ким аштайт?
Бу тозуп жүргөн көп журтту,
Томсортпой муну ким баштайт? (СК, 1. 38),— деп кейиш кылат. Бул арманында Ж. керт башынын камын гана эмес жалпы журттун кызыкчылыгы, келечеги үчүн санаа тартат. Бирок малга кароо Ж. бай ушинтип зарлап жүрүп көргөн баласы төрөлгөндө эле «Малымды суудай чачарда» (СО, 1. 69) дейт. СОВдо Манас атасы Ж-ка кыргыз элинин салтына ылайык куда түшүп, калың берип, аял алып беришин суранат, өзүнө кандай аял ылайык экендигин айтат. Ж. кыйла жерди

Т. Герцен. Жакып.



кыдырып, бир да кыз көңүлүнө толбойт. Акыры Атемир кандын кызы Санирабиганы көрүп, сынына толтурат, кыздын бой турпатын, жүрүм-турумун гана электен өткөрбөстөн, келечек тагдырынан өйдө таасын көрө билет. Куда түшүп Атемир сурагандан алда канча көп калың төлөп, Санирабиганы Манаска алып берет. Ал эми СКВда кара ниет Ж. калың төлөмөк түгүл, «кара тай бербеймин» деп чыкканда Бакай өзү жуучу түшүп, калыңын төлөп Манасты Каныкейге үйлөндүрөт. Манастын көзү өткөндө Ж.:

Ат өлгөндө кесек ит
Соору керек болучу,
Ага өлгөндө иниге,
Кесек ит, жеңе керек болуучу (СК, «Семетей», 1. 12),— деп Бакдөөлөттөн төрөлгөн алты уулун тукуруп, бирин Каныкейди ал дейт. Левират салтына ылайык бул адаттагы эле көрүнүш болгон (к. *Левират).* «Бирок Манастын жесирине Көбөштүн көз артуусу ж-а мындагы Жакыптын ролу кордогондук катары кабыл алынат» (В. М. Жирмунский).

Семетей Таласка кайтып келгенде Ж. кичи аялынан төрөлгөн балдары басып калган бийликти ж-а байлыкты сактап калууга жан далбас кылат. Ачыктан-ачык душмандыкка өтүп, Семетейге уу берип, өлтүрмөкчү болгондо, Ж-тын эки жүздүүлүгүн башынан билген кыраакы Бакай Семетейди өлүмдөн алып калат. СКВда Манас эр жетип, элге таанылып, Таласка келип туруп калган мезгилде эле атасынын «малымды түгөттүң» деген кебине тарынып кетип калып, эгин айдап, түшүмүнө Аккуланы айырбаштап алганы айтылат. Манастын атасына: «Малга кароо сырың бар, Мал жагына калганда, Басылбаган чырың бар» (СО, 2. 349),— деп баа беришинин да жөнү бар. Ж-тын ач көздүк, дүнүйөкордук, өзүмчүлдүк өңдүү терс сапаттары бара-бара киши өлтүрүүдөн, болгондо да өз небересин өлтүрүүдөн кайра тартпаган жүзү каралыкка чейин өсүп жетет. Анын образынын эволюциясы эпосто ишенимдүү көрсөтүлгөн. Бул жеке эле Ж-тын керт башына мүнөздүү терс сапаттары м-н гана эмес, ошол учурдагы коомдук шартка дагы негизделет. Эпостун «Семетей» бөлүгүнүн окуялары феодалдык уруу түзүлүшүнүн учуруна туура келет. Бул мезгилде жеке кызыкчылык уруунун кызыкчылыгынан жогору коюлуп, адамдардын өз ара мамилеси (ал түгүл тууган арасында) мал-мүлккө, бийликке көз каранды болот. Ушул шартта токол аялынан көргөн балдарына тийген дүнүйөнү, мансапты Семетей м-н бөлүштүрүүнү каалабаганы, аны өлтүрүүгө жасаган аракети ишенимдүү мотивдештирилген. Ж-тын Семетейди өлтүрүүгө аракеттениши эпостун дээрлик бүт варианттарында бар. ТМВ б-ча Жакып өзү даярдаткан ууну өзү ичип өлсө, СКВда жүзүкаралыгы ашкереленген Ж-ты Чыйырды, Бакдөөлөт, Каныкей үчөөлөп өлтүрөт.

Көп элдердин, а. и. кыргыз элинин фольклордук чыгармаларында ата м-н баланын касташуусу кенен кезиге турган салттык мотив. Мис., «Курманбек» эпосунда Курманбектин атасы Тейитбек м-н, Алмамбеттин атасы Азизкан (Соорондук) м-н касташуусу аркылуу берилет. «Эр Төштүктө» саран бай Элеман өзү аман калыш үчүн желмогуз кемпирге Төштүктү баш кылып, тогуз уулун, балдарынын энесин кошуп туруп берип жиберүүгө да даяр. Ал эми Манас м-н Ж-тын ортосундагы карама-каршылык анчалык ачык байкалбай, ата-бала өмүр бою бир пикирге келе алышпаса, Манастын баласы Семетейге Ж. тикеден-тике душмандыкка барат (к. *Ата менен баланын касташуусу).* «Мажму-ат-таварихте» да Ж-тын (Якуб-бектин) Манастын атасы катары берилиши, бул каарманды эпостогу байыркы образдардын бири катары кароого негиз берет.
*Д. Саалиева*

**ЖАКЫПБЕКОВ** Ашым (1935, Киров р-ну, Шекер айылы) — жазуучу, котормочу. 1963-жылдан СССР жазуучулар союзунун мүчөсү. КМУнун филология факультетин бүтүргөн (1958). «Ала-Тоо» журналында адабий кызматкер (1958—60), Шекер айылында мугалим (1961—64). «Мектеп» басмасында редакция башчысы (1965—69), «Кыргызфильм» киностудиясында башкы редактор (1969—83) болуп иштеген, 1987-жылдан «Кыргызстан маданияты» жумалыгынын башкы редактору орун басар. К. *Жусупов* м-н бирге «Манас» эпосунун кара сөз нускасын жазган. Үзүндүлөрү бир нече жолу газета, журналдарга жарыяланды. Ж.— бир нече китептин автору.

**ЖАЛГАСЫНОВА** Дарыйка (1941, Киров р-ну, Чолпонбай айылы) — кыргыз совет ырчы-



Д. Жалгасынова — Канайым. «Манас» операсы, 1977.

сы, Кыргыз ССРинин эл арт. (1983). Ар түрдүү концерттик программалардагы аткаруучулук-ырчылык чеберчилиги м-н белгилүү. «Айчүрөк» (1966) операсындагы татаал образдардын бири Калыймандын, «Манас» (1968) операсындагы Канайымдын партияларын аткарып, эпостогу бул эки каармандын ээлеген ордун терең түшүнгөн ырчынын вокалдык өнөргө берилген ынтызардыгы актёрдук чеберчилиги м-н тыгыз айкалышкан. Калыймандын шайыр мүнөзүн ишенимдүү ачып берип, азапка батып турган эжесинин кайгысын жеңилдетүүгө жасаган аракети, же калктын камын ойлогон Канайым сулуунун ажарлуу жүзү Ж-нын арияларында элестүү ж-а таасирдүү көрүнөт.

**ЖАЛГЫЗ-КЫР** — топоним, калмактардын Тулус баатыры мекендеген жер (СО, 2. 137).

**ЖАЛГЫЗ-ТЕРЕК** — топоним. Кыястын колу тарабынан жараланган Күлчоро Кара-Үңкүргө бараткан жолдогу жер (КВ, «Сейтек», 7).

**ЖАЛ-КАМЫШ** — топоним. «Чоң казатта» кыргыздар тийген жылкынын артынан кууп келе жаткан Коңурбайды Алмамбеттин айтуусу б-ча Сыргак баатыр астынан жашынып тоскон жер (СО, 4.297).

**ЖАЛПЫ БИЛИМ БЕРҮҮЧҮ МЕКТЕП ЖАНА «МАНАС».** «Манас» эпосу жалпы билим берүүчү мектептер м-н бир нече жагдайда байланышат. Биринчиси, мектептерде эпосту окутуу маселеси. Аны окутуунун башаты 30-жылдардан башталат. Ушул мезгилдеги адабият хрестоматияларына эпостун чакан үзүндүлөрү кире баштаган. 1941-жылдагы мектеп программасында 8-класска оозеки эл адабияты б-ча 20 саат сунуш кылынып, анда «Манас» бөлүмүнөн «Чоң казат», «Көкөтөйдүн ашы», «Каныкейдин тою», «Манастын өлүмү», «Семетейден» — «Семетейдин балалык чагы», «Таласка келиши», «Айчүрөктү алышы», «Коңурбайдын өлтүрүлүшү», «Кыястын Семетейди өлтүрүшү» деген эпизоддор м-н бирге чыгарманын келип чыгышы, идеясы, образдары, эпостогу сүрөттөөлөр ж-а ыр түзүлүшү, айтуучулардын эпосту аткаруудагы өзгөчөлүктөрү окутулган. Бул «Манасты» окутуудагы алгачкы ири кадам болгон. Ал эми 1949-ж. З. Бектенов, Т. Байжиев жазган 8-класс үчүн «Кыргыз адабияты» окуу китебинде эпостун текстинен үзүндүлөр комментарийлер м-н берилип, адабий талдоо жасалган. Келдибек, Балык, Тыныбек, Чоюке, Сагымбай, Шапак, Саякбай сыяктуу чоң манасчылардын, эпосту алгачкы жазып алган жыйноочулардын өмүрү, чыгармачылыгы ж-дө маалыматтар берилген.

50-жылдарда 8-класстарда 12 саат м-н «Манас» бөлүмү окутулган. 1961-ж. программада эки саат кириш ж-а 6 саат «Семетей» бөлүмүнөн үзүндү сунуш этилген. 1963—64-ж. эпостун жалпы маселелерине 2, «Манаска» 3, «Семетейге» 3, «Сейтекке» 2 саат, жалпысынан эпосту үйрөнүү үчүн 10 саат бөлүнгөн. 1965-ж. 11, 1966-ж. 14, 1967-ж. 15, 1969—70-ж-да 14, 1972-ж. 17, 1980-ж. 12, 1982-ж. 15 саат ыйгарылган. 1989-жылдагы программага ылайык азыр 5-класста «Манастын балалык чагы» 2 саат м-н, 9-класста эпос бардыгы 22 саат м-н окутулуп жатат. Окуу китебиндеги эпоско тийиштүү бөлүмүн С. Мусаев жазган. Мектеп окуучулары манасчылардан Сагымбай м-н Саякбайдын өмүр баяндары, чыгармачылык өзгөчөлүктөрү, о. эле эпосту эл оозунан жыйноо ж-а изилдөө тарыхы, варианттары м-н таанышат. Окуучулардын эпостун негизги салттык өзөк окуяларын, идеясын, темасын, образдык системасын, композициясын билип чыгышына басым жасалып, сабак процессинде тексттен үзүндүлөр талдашат. Эпос мугалимдердин кесиптик өнөрүн жогорулатууга, усулдук тажрыйбасын байытууга, мектеп окуучуларынын ыймандык-рухтук жетилүүсүнө, эстетикалык табитинин өсүшүнө чоң салым кошууда. Адабият сабагында «Манас» эпосун окутуп-үйрөтүүдө текстти көркөм окуу, техникалык каражаттардан манасчылардын үнүн угуу, манасчылар ж-дөгү кинофильмдерди («Манасчы» ж. б.), операларды («Манас», «Айчүрөк»), драма спектаклдерин («Манастын уулу Семетей», «Сейтек», «Айкөл Манас») көрүү, айрым бөлүмдөрдү ролдоштуруп аткаруу, сабак-сахна, сабак-жомок, талаш-тартыш сабактарын өткөрүү, сөздүк м-н иштөө, эпоско байланыштуу сүрөттөрдү тартуу ж-а көрүү сыяктуу усулдар ж-а ыкмалар кеңири колдонулууда. Жаңычыл-мугалим Б. *Исаковдун «Манас» эпосун окутуу»* деген китебинин чыгышы жалпы билим берүүчү мектептердин «Манас» м-н байланышкан экинчи жагдайы класстан тышкаркы иштерде, викториналарда, конференцияларда, сүрөт көргөзмөлөрүндө, тарбиялык сааттарда ж. б. мектептин ар кандай окуу тарбиялык иштери м-н «Манас» эпосун окуп үйрөнүүгө дагы бир жакшы өбөлгө түздү. Мектеп иштеринде эпосту пайдалануу, анын тарбиялык маанисин ачып көрсөтүү, балдарга ыймандык-көркөмдүк күчүн жеткирүү болуп саналат.

*Б. Кыдырбаева, А. Муратов*

**ЖАМАН-ДАБААН** — топоним. Кыргыздар Алтайдан көчүп келатып калмак кандыктарынан Ала-Тоону бошотконунда: Жаман-Дабаан, Кара-Тоо, Мунун баары мурда жоо» (СО, КФ, 576-инв., 646-б.),— деп Ж.-Д-да мурдатан эле жоо жатканы айтылат. Географиялык реалияда Ж.-Д. Кыргызстанда Ак-Талаа р-нундагы жер, ашуу, суу.

**ЖАМАНДЫК** — эпосто элдик этикалык түшүнүм катары чагылдырылып, мазмуну б-ча жакшылыкка (к. *Жакшылык)* карама-каршы турат. Анын маңызын ошол мезгилдердеги моралдык талабына ылайык күнөөлөгө, айыптоого, жазалоого, жектөөгө туура келген социалдык турмуштагы ж-а адамдардын кылык-жорук, кылган иштериндеги терс көрүнүштөр түзөт. Бул жагдайда адегенде эле социалдык Ж-ка токтолуп өтүү абзел. Чыгармада мунун басымдуу орун алышы элдин ошол замандардагы жоокерчилик турмушу м-н байланышкан. Маселен, согуш — адамдарды азаптозокко салган ашкан социалдык Ж. Ал — өлүм, ый, апат; элге кыйроо, талкалануу,

талоон алып келген алаамат. Эпостун негизги мазмунун түзгөн кыргыз элинин ички ж-а тышкы душмандар м-н болгон тынымсыз согушу ириде дал ушуну күбөлөйт. Чыгармада согуштук окуялар адамдын жүрөгүн титиреткен өзүнчө бир оор-мүшкүл, каран түн, кыйноо, кайгы, муң катары сүрөттөлөт. Мындай социалдык Ж-тын тамыры ошол доордогу баскынчылык, талоончулук, «ким күчтүү болсо, ошол туура» деген жапайылыктын мыйзамдарында жатат. Жоого каршы күрөштө душмандан алдын ала сактануу, андан келечекте келип чыгуучу коркунучту жоюу максатында озунуп кол салуу да болот. Эпостогу Чоң казат окуясы дал ушундай. Ал эми негизинен алганда башка элди каратуу, басып алуу, кара ниеттик, ач көздүк, дүнүйөкорлук максатта жүргүзүлүп, ал элдин мал-мүлкүн олжолоо, өзүн кара күчкө айландыруу сыяктуу Ж-ты жаратат. Мына ушундан келип чыккан зомбулук, зордук, эзүү турган турпаты м-н өтө зор социалдык Ж.— кытай кандары Алооке м-н Молтонун кыргыздарга көргөзгөн кордугу буга айкын күбө.

Кыргыздарды бакубат кылып турган Каракан өлгөндөн кийин анын жетим калган сегиз уулунун жаштыгынан пайдаланып, кытайлардын Молто, Алооке кандары аларды басып алат. Элдин башына оор кайгы, кыйын иш түшөт. Кытай, калмактар «төрөсү өлгөн буруттун төбөсүнөн басып, төрт түлүгүн чачып, төшүнө казан асып, каяшаяк кылганды кырып, балбандарды байлап, эрендерин түк койбой жайлап, чалдын баарын сабап, кыздардын баарын олжолоп, туура чыккан кыргызды туура күңкөр тул кылып, азаматты кор кылып, колуна чеге кадап», элди каалагандай талайт. Ошондо: «Өлөйүн деп өлө албай Өкүрүп турат кайран журт Өз жанын өзү кыя албай» (СК, 1. 31) Алооке, Молто элге карата эң ырайымсыз мамиле кылган. Алдыга койгон пландары, арам ойлору өтө коркунучтуу болгон. Маселен, Молто көп кыргызды кырып таштаганга караганда, алардан алым алып турууну ыңгайлуу, пайдалуу көрсө Алооке кыргыздар түбү бөтөн журт:

Чамасы келсе бу бурут
Чалышкан турат өзүмө
Ушунчадан күтүнүп,
Мунун үйүрүн бузуп тийбесек
Эгерде бизди соо кылбайт
Муну туш-тушка бөлүп ийбесек (СК, 1. 35),— деп акчыланып, элди бүтүндүгүнөн, мекенинен ажыратып биротоло түбүнө жетүүнү көздөйт. Чындыгында эле анын бул буйругу кыргызды абдан катаал, оор кейиштүү тагдырга туш кылды:

Бирөө айдалды Иренге,
Бирөө түшүп кетти тереңге
Жер таба албай конушка
Оолку дарты козголду,
Тополоңу тоз болду.
Колу артына байланып,
Кордук көрүп айдалып,
Буларды бөлүп турганда
Калайык ыйлап, кары ыйлап,
Калайык журттун баары ыйлап:
Ай, Каракан, өлбө — деп
Азапты бу журт көрбө!— деп,
Бул өңдөнгөн кордукту,
Мендесине бербе деп,
Көөдөнгө батпай көп санаа
Талоон көргөн кайран журт,
Көзүнүн жашы он талаа (СК, 1. 35).

Кытай, калмак-манжу төбөлдөрү элди ушундай азапка салуу м-н чектелбестен, эзүүнү ого бетер улантып, анын жаңы формаларын таап, кийирип турушкан. Маселен, буга калкты тынымсыз талап-тоноодон башка балдарды байлап кетип, денекул, маңкурт кылуу сыяктуу акылга сыйбаган иштерди да жасашкан. Мына ушундай Ж-тар акыры келип элдин эзүүгө каршы чыгуусуна, эркиндик үчүн күрөшүүсүнө себепчи болгон. Ошентип, эпосто таасын сүрөттөлгөндөй, социалдык жамандык — жыргал, оомат деген түшүнүктөргө карата алганда ал жалаң эле моралдык көрүнүш эмес. Ал өзүнө асырессе элдин, адамдардын турмуштук керектөөлөрүнө, мүдөө-талаптарына, муктаждыктарына ж-а кызыкчылыктарына карама-каршы келген, коомдук прогресске тоскоол болгон кеңири түшүнүктү камтыйт. Социалдык Ж. дегинкисинде моралдык Ж-тын булагы. Тагыраак айтканда, адамдардын социалдык шарттары гана алардын ошол коомго ж-а мезгилге типтүү болгон жүрүш-туруш формаларын аныктайт. Адатта моралдык Ж. адамдардын тескери, жарамсыз жүрүш-турушу катары бааланат. Бирок, коомдун бардык эле мүчөлөрү мындай сапатка ээ эмес. Эгерде кээ бирөөлөрдү тескери жолго барууга колундагы зор байлык түртсө, айрымдарга оор турмуш-жагдай себепчи болушу мүмкүн. Жалпы алганда, моралдык Ж. белгилүү бир адамдардын (социалдык топтордун, жааттардын) тийиштүү моралдык нормадан четтеп, андан чегинүүсүн, тескери ишке түшүүсүн, Ж-ка баруусун, чектен чыгуусун мүнөздөйт. Андыктан, тигил же бул адамдын адилетсиз, кара ниеттик м-н кылган иши, кылык-жоругу, аракеттери да (мейли ал душман, бай, ж. б. болсун) моралдык Ж. катары каралат. Себеби, аларды ушул жакка түртүп жаткан нерсе: жалаң эле социалдык жагдай, теңсиздик эмес, алардын өздөрүнүн эрки (наадандык, мансапкорлук, өзүмчүлдүк, мерездик ж. б.) Эпосто моралдык Ж-тар негизинен ошол мезгилдердеги көчмөн турмуштун, уруулук-феодалдык түзүлүштүн, жоолашуунун шарттарында келип чыккандыгы ачык сезилет. Маселен, буга кек сактоо, өч алуу, кун кубалоо сыяктуу сыртынан караганда туурадай сезилген, бирок ички мазмуну б-ча таптакыр адамкерчиликке жатпаган көрүнүштөрдү келтирүүгө болот. Мындай кесепеттердин натыйжасында көпчүлүк учурларда эч күнөөсү жок адамдар материалдык гана эмес моралдык, психологиялык жактан да зыян тартышкан, көз караштарындагы, кулк-мүнөзүндөгү өзгөрүүлөргө учурашкан. Эпосто буларга байланышкан окуялар (Чубактын, Үмөтөйдүн куну ж. б.) көп кездешет. Эл ара-

сында ушуга тийиштүү макал, ылакаптардын кеңири тарашы да (маселен, «Чубактын кунундай чубалган...», «Тайбуурулдун тартуу болуп кеткени, Семетейдин ажалынын жеткени» ж. б.) аталган терс көрүнүштөрдүн адамдарга терең из калтыргандыгын күбөлөйт.

Элдердин бирин-бири чабуусу, басуусу, душмандык, кастык мамилелер, социалдык теңсиздик, адилетсиздик, кызыкчылыктардын ж-а мамилелердин ортосундагы кыйчалыштыктар түбү келип ыймандуулукка жат көрүнүштөрдү жаратат. Бул багыттарда эпостон орун алган көптөгөн фактылардын ичинен бир гана учурга, атап айтканда Манастын өлүмүнө атайын токтолуп өтүү зарыл. Анын дүйнөдөн кайтышы — чындыгында да эч орду толгус жоготуу. Ал каза болгондо «Айкөлүм Манас өлбөй кал, азапты куу баш көрбөй кал» деп анын күйөрмандары Каныкей, Бакай, Кошой ж. б. ыйлабастан, жалпы эл («Калың журттун баары ыйлап»), ал гана эмес жаныбарлар (Кумайык, Желмаян, Нарбуудан тынчы кетип, аза күтүп, Ак шумкар боосун үзүп), жаратылыш көрүнүштөрү муңайып («карагай ыйлап, тал ыйлап, алты күнү ай чыкпай, ай караңгы түн болуп»), дегеле турмушта болбой турган чоң кайгыга батышат. Мына ушулар жалаң эле өлчөмсүз жоготууну билдирбестен, Манас дүйнөдөн кайткандан кийинки элдин азаптуу турмушун, ашынган жамандыктын өкүм сүрө тургандыгынан кабар берет. Эпосто сүрөттөлгөндөй, чындыгында да ушундай болот. Манастын зор кыйынчылыктар м-н жасагандары, тургузгандары бүт бүлгүнгө учурайт. Мурунтан ичтен кекенип жүргөн Абыке, Көбөш сыяктуу арамдарды «таптакыр кудай уруп, жетим менен жесирди талаганга» чейин барып, ыйманга сыйбас ыплас иштерди жасашат. Ал гана эмес, «Кан Манастын өлгөнүнө али кырк күн боло электе баягы Манастан калган кырк чоро Көбөшкө айыл конуп», анын талабын талашып, өздөрүнүн бир мезгилдеги ыйык адамына каршы чыгышат:

Жамгырдай кылып жаа тартып,
Кырк чоро, мөндүрдөй кылып ок атып,
Каарданып бакырып
Кан Манас атын өчүрүп,
Баарысы «Көбөш» деп ураан чакырып (СК, «Семетей», 1. 21), Манастын ордосуна тартынбай кол салышат. Албетте, алар бул кыйды иштери үчүн жаза алышат. Манастын дүйнөдөн өтүшү м-н элден оомат кетет, башына мүшкүл түшөт. Калк моралдык жактан ыдырайт, чыр-чатак ырбап, ыймансыздар көбөйө баштайт:

Башка сая бак бол деп,
Кара жүрбөй, ак бол деп
Калк ичинде шумдук кеп
Ушул кепке сак бол деп
Көрө албай жүргөн көөсөр бар,
Бата албай жүргөн байкуш бар,
Өтө албай жүргөн өксүк бар,
Жете албай жүргөн жезит бар (СО, 2. 250).

Эпосто чагылдырылгандай, мына ушулардын бардыгы элди башы-көзүнө карабастан аябай эзүүдөн гана келип чыгып олтурат. Ж. көрүнүштөр, ал тууралуу ойлор, түшүнүктөр эпосто дайыма терс каармандардын (Алооке, Нескара, Коңурбай, Жолой, Канчоро, Чынкожо ж. б.) кылган иштеринде, кылык-жоруктарында, келтирилген зыяндарында даана чагылдырылган. Алардын турган турушу: басып алуу, өлтүрүү, зордуктоо, алдоо, аксымдык, жүзү каралык, ашынган катаалдык, каардуулук, ырайымсыздык, мыкаачылык, зөөкүрлүк, митаамдык ж. б. Макел дөө сыяктуу жалгыз көздүү да, Шыпшайдар сыяктуу мерген да душмандык көрүнүштөрү м-н биринчи кезекте Ж-ты айгинелеп турушат.

Моралдык Ж-тын орчундуу жагы — жамандык кылуу. Ал дилинде жакшылык кылууга карама-каршы аракет. Ал — кылмыш, болгондо да ыймандыктын ыйык талабына, гумандуулук м-н адилеттүүлүктүн принциптерин тебелеп-тепсеген кылмыш. Эпосто булар көбүнчө кара ниеттик, чыккынчылык, кара мүртөздүк, бузукулук, арамзалык кылган Манастын аталашы Абыке, Көбөш, Чыйбыт, Кочкор, Адыбай, Көлбай сыяктуу алты арамдын кылмыштарында, кылык-жоруктарында таасын көрсөтүлгөн. Ушундан келип «арам» деген түшүнүк эч качан моралга сыйбаган нерсе катары кабылданат. Эпосто кырк чоронун жакшылыкты унутушу, «Манастын тузуна сийгендик» катары айыпталат. Жашоодо нандын, туздун эң зарылдыгы алардын улук, ыйык болушун шарттаган. Демек, нанга, тузга шек келтиргенчелик жолго барган адам каргышка калып, эч жакшылык көрбөйт. Ушул сыяктуу этикалык, моралдык түшүнүктөр эпосто көп кырдуу ж-а терең маанилери м-н айырмаланат. Алардан дайыма «жамандыкты амандык жеңет» деген эртеңки, турмушка, жашоого умтулуу ачык сезилип турат.
*О. Исмаилов*

**ЖАМАНОВ** Сыдыкбек (1913, Жумгал р-ну, Беш-Терек айылы) — кыргыз актёру, Кыргыз



С. Жаманов — Бакай («Манастын уулу Семетей драмасы, 1982).

ССР эл арт. (1958), Токтогул атн. мамл. сыйл. лауреаты (1986). Ж. «Манастын уулу Семетей» (1982), «Сейтек» (1987) драмасында Бакайдын образын түзгөн. Анын Бакайы — сырткы келбети келишкен, акыл-ою тунук, турмушка кеңири байкоо жүргүзгөн сынчы, насаатчы, эл камын ойлогон патриот. Уруу башчылары, аксакалдар бийлеген мезгилдин көп мүнөздүү белгилери анын образында сакталгандыгы Ж-дун аткаруусунда таасирлүү ж-а жыйнактуу көрүнөт.

**ЖАМАН-СУУ** — топоним. Айчүрөк аккуу болуп учуп баатырларды сынап жүрүп «Ал Какшаалдын оюнда, Жаман-Суунун боюнда» (СК, «Семетей», 1. 361) Эр Төштүктү көргөн жер.

**ЖАМБЫ** (кытай сөзү юань — уюткан, бао — баалуу) — койдун, жылкынын ж. б. малдын туягынын формасындагы ар түрдүү көлөмдө ж-а ар кандай салмакта уютулган күмүш. Ж. Кытай мамлекети тарабынан көчмөн элдер м-н соода жүргүзүү үчүн киргизилген. Цин империясы чыгыш Түркстанды (Синьцзян) басып алгандан кийин (18-к-дын экинчи жарымы) Ж. жергиликтүү ж-а О. Азия элдерине да тарала баштаган. «Манас» эпосунда Ж. негизинен жогорудагы эле мааниде айтылат. Бирок эпосто Ж-ны алтындан куюлган деп да айтат: «Көкөтөй жыйган пул экен, Жүргөн алтын бир жамбы. Жүз адамдын куну экен» (СО, 3. 163—164). Эпосто Ж-нын кээ бир түрлөрү өз алдынча учурайт. «Бөйрөк жамбым бөтөн бар Тай туягым бирөө бар Чыныгы жамбым үчөө бар» (РЖВ, 148). Соода иши м-н катар Ж. кыргыздардын турмушунда да, о. эле «Манас» эпосунда көбүнчө жамбы атууда колдонулган, к. *Жамбы атуу.*

**ЖАМБЫ АТУУ** — кыргыздын элдик оюндарынын бири. Учуна 3—4 *м* туура жыгач бекитилген 10—15 *м* узундуктагы шыргый тикесинен орнотулган. Бийиктиги туура жыгачтын ар кайсы жерине ар түрдүү чоңдуктагы бир же бир нече жамбы кыйыкка илип байланган. Адатта, атууга кыйын болсун үчүн, чоң жамбы эң кичине кыйыкка, кичине жамбыны жазыраак кыйыкка байлашкан. Аларды мыкты мергендер жөө туруп (100 *м*), атчан бастырып (50 *м*) же чаап баратып атышкан. Жамбы илинген кыйыкты ким кыя атып түшүрсө, жамбыны ошол киши алган. Ж. а.



башка элдик оюндар сыяктуу эле чоң майрам, той-аштарда өткөрүлгөн. Ж. а-да алгачкы учурда жаа, анан милтелүү, кийин пистондуу мылтык колдонулган. Кыргыз элинин салттык байыркы оюндарынын бир түрү болгон Ж. а. мелдеши «Манас» эпосунда да чагылдырылган. Ж- а-да жаа, милтелүү мылтык, барaң колдонулган. Эпостун каармандары жамбы ж. б. атуу аркылуу жоокерчиликке, мергенчиликке машыгышкан. Көкөтөйдүн ашында Ж. а. үчүн атайын кыйып даярдалган карагайлардын «Алты жүзүн асманга, Чыгарып ийди улатып» (СО, 3. 164) орнотулган устундун башына туурасынан кагылган жыгачка бири-бирине байланыштырып түйүштүрүлгөн жип м-н байлап: «Жамбыны бийик зоо кылды, Сары алтынды жоо кылды, Кырк эки танап боо кылды» (СО, 3. 164). Салт б-ча атканы жаза кетпеген, ашкан мергендиги бар белгилүү баатырлар мелдешке катышып, жөө туруп же «Ат менен чаап жөнөл деп Атып алсаң өнөр деп» (СО, 3. 164),— оболотуп «асманга» илип койгон жамбыны аты м-н чаап келип атат. Ж. а-га жаа ж-а мылтыктын ар кандай түрлөрү колдонулганы айтылат:

Кечилдин каны Коңурбай
Керилип туруп атты эле,
Жаачысы жааны тартты эле
Кебелген жок бу жамбы.
Манжунун каны Нескара
Басып атып берди эле,
Караса көзгө илинбей,
Огу кайда кеткени
Кайда экени билинбей (СК, 2. 65).

Кытай, калмак баатырлары гана эмес ашка келген бүт эл жамбыны ата алышпайт. Манастын баатыр-мерген кырк чоросунун ар бири көзгө атар мергендигин көрсөтүп, таамай атып бирден танап жипти түшүрөт. О. эле Кыргылчал көкөлөтө ыргыткан:

Бир калпакты эт бышым
Асманга атып токтотуп,
Түк келтирбей бер жакка,
Түшүрбөдү жер жакка (СО, 3. 168),—

деп апыртылып сүрөттөлөт. Ал эми Манас баатырдын мергендик эң жогору чеберчилиги чоң сары алтын жамбы байланган, атуу үчүн эң кыйын, эң ичке танап жипти кыя атып мөрөйдү жеңет. Ал учур төмөнкү сүрөттөөдөн айкын көрүнөт:

Арчатору закымдап,
Жамбыга жетти жакындап,
Көтөргөндө мылтыкты
Көк түтүнү бурады,
Көктөгү жамбы кулады.
Түркүгүн түптүн сындырды,
Дүйнөнүн көөнүн тындырды.
Туура таңган жыгачын
Туйгунуң Манас сындырды,
Душмандын көөнүн тындырды,
Тууганга кубанычы кылдырды.
Түшүрдү көктөн жамбыны,
Түмөнгө сөзүн даң кылды.
Арчатору чуратып

Арстан Манас жеткени,
Тоголонуп калганча,
Көктөн түшкөн жамбысы
Токтоп орун алганча
Чапкан баатыр жеткени,
Кыргый илген торгойдой
Илип алып кеткени,
Арстан Манас баатырдын
Андистиги эмей неткени! (СО, 3. 177).

*С. Алиев, И. Молдобаев*

**ЖАМБЫЛ** — топоним, Жакыптын көп сандаган малы жайлап, кыштаган жерлердин бири (СО, 1. 74). Жунгария м-н Чыгыш Түркстандын ортолугунда.

**ЖАМГЫРЧЫ** — каарман, уруу башчы кандардын бири. Көпчүлүк учурда эштектердин Жамгырчы делип туруктуу эпитет м-н айтылат. Эштек аттуу урууну ичине камтыган бас деген журттун каны, кол башчысы, баатыры катары баяндалат: «Эштектердин Жамгырчы, Бас журтунда бу бир кан» (СО, 3. 61). Ж. борборунда турган атайын эпикалык сюжет жок. Түрк урууларынын биримдиги, биргелеш өткөргөн жыйындары же казаттары баяндалган эпизоддордун бардыгында Ж. уруу башчы катары көрсөтүлөт. Көкөтөйдүн ашына Ж. өзүнүн колу, эли м-н катышат. Ж.— Манаска каршы кутум уюштурган жети кандын бири, күүлөнүп барып, Манастын сүрүн көргөндө аны м-н басташмакчы болгон максатынан кайра тарткан кандардын эң алдыңкысы:

Каршы келген Жамгырчы
Каарына тура албай...
Улук эрди көргөндө
Учуп түштү атынан,
Кол куушуруп бооруна (СО, 4. 47).

«Чоң казатка» да өз колу м-н катышып эрдик көрсөтөт, кытай, калмактарды жеңүүдө үлүшүн кошот. Семетей Таласка кайрылып келгенден кийин Ж. Семетейге канатташ жашап, керек учурларда акыл-насаатын айтып турат. Эпостун бүт дээрлик варианттарында кыргыз кандарынын бири катары айтылса, ВЖЭде карама-каршы планда берилип, Көкөтөйдүн ашында эр сайышка чыккан «каапырдын каны» Ж. Манастан жеңилип калганы сүрөттөлөт (ВЖЭ, «Ала-Тоо», 1979, № 7, 87—88-б.). «Мажму ат-таварихте» Йамгурчи аталып, Фулад м-н бирге Манасия шаарына жортуулга барган ногой эмири делет, к. *Йамгурчи*.

*С. Кайыпов*

**ЖАМЫРА** — эпизоддук кейипкер, калмак баатыры, Акунбешимдин топ башчысы. Жекеге чыгып, эр Көкчөнүн колунан өлөт (СО, 2. 135).

**ЖАНААЛЫ, КАРАЧ** — кейипкер, Чамбыл-Белди жердеген эки эр (к. *Карач*). Бокмурун Көкөтөйдүн ашына чакырткан ы айтылат (СК, 2. 15). Манастын өлгөнүн билген Ж., К. мурунтан касташып жүргөн жоосу Көкбөрүнүн Таласка келгенин билип, көп кол м-н жолун тосот. Уруш болуп Ж., К. жеңилет. Жоо кийимин чечип салып уктап жаткан Коёнаалыны Ж. атып өлтүрөт. Ж-нын жоокердик салтты бузган бул жоругу анын намызсыз адам экенин көрсөтүп турат (СК, 2. 254—255). Семетей Таласка адеп келип Бакайга кезиккенде өзүн К-тын уулумун деп, Бакайдын сырын тартып билмек болот: Бакай Ж., К. м-н алты жолу чабышып, *Көрпаянды* тартып алганын Семетейге айтат (СК, «Семетей», 1. 226—227). Алгач Ж., К. бир эле кейипкердин аты болгон болуу керек: Ж. негизги аты, К. титулу (Карач, Карача байыркы түрк элдеринде кандын башкы кеңешчиси). К. көөнөргөн сөзгө айлангандыктан кийинки айтуучулар анын маанисин түшүнбөй, Ж. м-н катар жүргөн кейипкердин аты катары кабыл алган болуу керек.

*С. Төлөгенова*

**ЖАНАДИЛ** — эпизоддук кейипкер. Каныкейдин атасы Атемирдин уулу экени гана эскерилет (СО, 2. 384).

**ЖАНАДИЛ** — эпизоддук кейипкер. Көкөтөйдүн атасы экени гана эскерилет (СО, 3. 37, 48).

**ЖАНАЙ** — эпизоддук кейипкер. Кыргыз уруу башчыларынын катарында аты көп эскерилет. Алмамбеттин келишинин урматына өткөрүлгөн тойдогу ат чабышта аты он үчүнчү келип байге алат (СО, 2. 341). Жакып Каныкейге жуучу түшүп келгендеги кеңешке катышып (СО, 2. 383), кудага жөнөгөндө калыңга айдалган малды башкарып жүргөндөрдүн бири болуп барат (СО, 2. 391). Көкөтөйдүн ашында да кыргыз бектеринин катарында «Көчпөс байдын Жанайы» (СО, 3. 43, 61, 105, 178) катышат.

**ЖАНБАЙ** — эпизоддук кейипкер. Алмамбетке каршы кутум уюштурган Көкчөнүн тегерегиндеги бузукулардын бири (СО, 2. 243).

**ЖАНГЕР** — эпизоддук кейипкер. Манастын чоролорунун бири Жабыкенин атасы катары аты гана аталат (СО, 2. 420).

**ЖАНДАКЕ** Байболот уулу (1853, Жети-Өгүз аймагы, Чырак айылы —1917, Жети-Өгүздүн сырты, Ак-Шыйрак) — манасчы. Атасы Байболот элдик салтты, динди катуу туткан, сабаттуу адам болгон. Ж. жаштайынан малжандуу болуп, ыр-күүгө шыктуу болгон. «Манас» айтууну атактуу Назар манасчыдан үйрөнгөн. Ал «Манас» эпосунун орчундуу жерлеринен, а. и. «Көкөтөйдүн ашын» көбүрөөк айткан. Ж. «Манас» айтып жатканда боз үйгө эл батпай, толуп кетчү экен. Белгилүү манасчы ж-а «Манас» изилдөөчү Ыбырайым Абдыракман уулу Ж-ни өзүнүн устаты катары эсептеген ж-а аны м-н 20 жылча бирге жүрүп, таалим алгандыгын эскерет.

**ЖАНДАНДЫРУУ** — «Манас» эпосунда жаратылыш көрүнүштөрүн же жансыз нерселерди, айбанаттарды адам сыяктуу ойлотуп, кайгыртып көрсөтүүчү стилдик көркөм ыкма же каражат. Эпостордо кеңири колдонулган бул ыкма «Манас» эпосунун поэтикасында да белгилүү стилдик-көркөмдүк мааниге ээ. Бул көркөм каражат СОВдо, СКВда кеңири учурайт. Эпикалык чыгармалардагы Ж-ну жандуу жаратылышты (айбанаттар, канаттуулар ж. б.) ж-а жансыз жаратылышты (тоо-таш, бак-дарак, жер-суу ж. б.) Ж. же адамдаштыруу деп шарттуу түрдө экиге бөлүүгө болот.

«Манас» эпосунда Ж-нун ушул эки түрү тең кезигет. Ушул жагдайда ар бир вариант өзүнчө өзгөчөлүктөргө ээ. СОВдо Нескаранын Чабдар ат м-н Төштүктүн Чалкуйругу жогоркудай сапаттарга ээ. Бул каармандардын тулпарларынын «адамдык» касиеттери ж-а белгилери, кызматтары жалпы элдик идеяга үндөшүп, эпостун жалпы көркөм-эстетикалык мазмунунун артылышына кол кабыш этет. Нескара Манас баатырдын сырткы душмандарынан болгондуктан анын Чабдарын «адамдаштыруу» ошол душмандык, баскынчылык идеянын ишке ашырылышына багытталган. Жакыптын агасы Бай инисин издеп келе жатып, арык каздырып жаткан Нескаранын колуна түшкөндө ал аты м-н сүйлөшкөнүн угат. Чабдар ээсине акыл үйрөткөн, анын келечегин таамай аныктаган көрөгөч, аяр, ээсинин тагдырына камкор буудан болуп сыпатталат. Жер астынан чыкканы аз убакыт болгон «алты эсе күчтөн айрылган», табына келе элек Чалкуйрук Көкөтөйдүн ашындагы ат чабышта: «Ачбуудандан өтсөм деп, Ашка чукул жетсем деп, Көй күлүктөн чыксам деп Көкөтөй туусун жыксам деп» (СО, 3. 265) ээсине намыс алып берүүгө бар күчүн үрөйт. Эгерде, СОВдо стилдик-көркөм мындай ыкма эпостун жалпы духуна, мазмунуна өзүнчө эстетикалык, идеялык кошумча кошуп, Ж-ну фольклордук чыгармачылыктагы натыйжалуу каражат катары көрүнсө, ал эми СКВда эпикалык поэзиянын бул өрнөктүү салты табигый түрдө улантылып, варианттын жалпы поэтикасынын деңгээлинин көтөрүлүшүнө, эмоциялуулугунун артылышына көмөктөшөт. Мында эпикалык каармандардын тулпарларын, «адамдаштыруу» м-н бирге (Алмамбет м-н Сыргак тийип алган кытайлардын жылкысын баштап бараткан Карткүрөң Манаска келгендеги эпизод; СК, 2. 143) жапайы айбанаттар, мифтик жаныбарларды ж-а жаратылыш көрүнүштөрүн Ж-га басым коёт. Бул өзгөчөлүк манасчынын жеке чыгармачылык өнөрүндөгү, поэтикалык ойлоосундагы касиеттерден болуп саналат. Монументалдуу образдардын бири Алмамбеттин аярлыгы, жайчылыгы ж-а билимдүүлүгү анын алтымыш баштуу ажыдаардан окугандыгы ж-а тарбия алгандыгы м-н түшүндүрүлөт. Ал эми Коңурбайдын жолго койгон кырк кулач кызыл түлкүсү, куу кулжасы, жез канаттуу куу өрдөгүнүн «адамдаштырылышы» Алмамбет м-н Сыргак чалгынга чыккандагы окуяларда кенен, так ж-а элестүү баяндалат. Алмамбет кырк кулач кызыл түлкүнү, куу кулжаны ж-а жез канаттуу өрдөктү билгизбей жок кылуу, аларды кабар берүүгө мүмкүнчүлүк бербөө максатында өзүнүн жайчылыгын пайдаланып аба ырайын өзгөртөт. Эпостогу түлкүнү «адамдаштыруу» кыргыз элинин фольклорундагы образ, түшүнүктөр м-н байланышта берилет. Түлкү аба ырайынын өзгөрүш себептерин талдайт, Алмамбеттин келер жылын болжолдойт, байкоо жүргүзүүнүн, кабар берүүнүн «тактикасын» эстен чыгарбайт, тактап айтканда, мындагы «адамдаштыруу» фольклордук эстетиканын талаптарына ылайык куулугу, сактыгы м-н айырмаланат. Ал эми кароолдо турган куу кулжаны «адамдаштыруу» бул сыяктуу ачык эмоциялуу белгилерди ж-а сапаттарды алып жүрбөйт. Анда Алмамбет Коңурбайдын каткан тонун таап кийип, Саралага Каныкей тиккен кепти кийгизип, сырткы көрүнүшүн өзгөртөт да, куу кулжаны мактап, анын кызматына ыраазычылыгын билгизет, аркардын үйүрүнө кошууга убада берет. Ошондо гана Коңурбай деп ойлоп, анын сөзүнө ишенип, Алмамбеттин жанына келип, андан өлүм табат. «Сейтекте» мындай салт чыгармачылык м-н өнүктүрүлөт ж-а өзүнчө көркөм-эстетикалык озуйпага ээ көрүнүш. Кыястын Тоотору тулпары анын башына түшүүчү мүшкүлдү, кырсыкты күн мурун сезип, аларды алдын ала айтып, билдирип, ээси м-н максатташ болуп, иштерине көмөктөшөт. Айчүрөккө Тооторуну берип алдатканда Кыяска тулпары аны күтүп турган алдыдагы кыйынчылыктарды айтып берүүгө ниеттенет. Бирок, Айчүрөк тилин байлап салган Тоотору тулпар эми ээсинин өчүн алууну ойлоп, аны ала качып жөнөйт. Жаратылыштын жансыз көрүнүштөрүн Ж. жандуу нерселерди «адамдаштырууга» караганда аз жолугат. Көркөм чагылдыруунун бул каражаты эпостогу башкы идеялардын, мотивдердин эмоциялуу берилишин камсыз кылуу м-н бирге анын образдар системасынын мазмундуулугун да көтөрүүгө мүмкүндүк түзөт. Эпикалык чыгармалардагы трагизм өз апогейине жеткенде анын рухун, мүнөзүн тереңдетүү үчүн жансыз предметтер жандандырылат. Манастын эң жакын чоролору, эпикалык баатырлар Алмамбет, Чубак ж-а Сыргак окко учканда мындай оор жоготуунун, кайгынын берилиши «кайың ыйлап, тал ыйлап, аскасы бийик тоо ыйлап» сыяктуу күчөтмө сыпаттоолор м-н баяндалат. Жаратылыш кубулуштарын, айбандарды «адамдаштыруу» өңдүү көркөм ыкма эпостун «Семетей», «Сейтек» бөлүмдөрүнүн поэтикасында туруктуу кездешет ж-а мындай көркөм каражат «Манаска» караганда жаңы белгилер, сапаттар м-н кошумчаланып өрчүтүлөт. Бул эпостун жалпы идеялык-эстетикалык маңызын тереңдетүүгө, образдар системасын арттырууга, поэтикалык речтин ийкемдүүлүгүн көтөрүүгө көмөктөшкөн. Эпостун «Манас» бөлүмүндө «карагай ыйлап, тал ыйлап, аска-тоо кошо ыйлап», каармандардын башына түшкөн оор кыйынчылыкты, терең трагедияны көрсөтүүгө баш ийдирилсе, дал ушундай мотив «Семетей» ж-а «Сейтекте» толугу м-н сакталып, жаңы кошумчалар м-н ширетилгенин байкоого болот. Анткени мында, карагай, тал, тоодон башка «Жер силкинип, таш ыйлап... Асты калың жер ыйлап» (КВ, «Сейтек», 25). «Жыгач боздоп, чыркырап чымчык, бото ыйлап, кара күрөң куу ыйлап» (КВ, «Сейтек», 66), «Куурап калган баш да ыйлап, Аркайган зоо таш да ыйлап, Аккан булак суу ыйлап, Албан түрлүү чөп ыйлап» (КВ, «Сейтек», 183) каармандардын кайгылуу абалын

көрсөтөт. Табияттын мындай көптөгөн кубулуштарынын көрүнүштөрүнүн жандандырылышы андагы идеяны, трагедияны дагы тереңдетүүгө өбөлгө түзөт. Бул Сейтек, Күлчоро, Айчүрөктөр Таласка кайтып келип Каныкей, Бакайга келгендиги, кайып болгон Семетейге Күлчоро жолуккандыгы ж. б. эпизоддордон ачык көрүнөт.

Жаратылыш көрүнүштөрүн Ж. каармандардын кайгыга же кубанычка батып турган абалын берүү үчүн гана колдонулбайт. Башкы каармандар кыйын кезеңге, кысталыш учурга кабылган мезгилде, б. а. элдик идеалды андан нары туруктуу улантуу максатында баш иет. Мис., Байтерек Семетейди алып Букарга качып бараткан Каныкей м-н Чыйырдынын кайгысын тең бөлүшүп, күңгүрөнүп сүйлөнөт. Өзгүндөгү сүтүн берип качкындарды тоюнтат, калкалап паана болот (СК, «Семетей», 1. 49—50).

*К. Байжигитов*

**ЖАНДЫН ДЕНЕДЕН БӨЛӨК САКТАЛЫШЫ** — элдик оозеки чыгармаларда айрым кейипкерлердин жаны өзүнүн денесинен тышкары башка нерселерде жан-жаныбарларда, буюмдарда болуп, каармандын өлбөстүгүн айгинелеген көркөм ык. Мис., «Эр Төштүк» эпосунда Төштүктүн жаны өгөөдө. Бул мифтик мотив түрк-моңгол ж. б. дүйнө элдеринин жомокторунда кеңири учурайт. Байыркы адамдардын магиялык күчкө болгон ишениминен пайда болгон Ж. д. б. с. «Манас» эпосунда да орун алган. Манаска каршы согушкан Күйөнүш аярдын жаны башка жакта:

> Күйөнүштүн өз жаны
> Кара курт деген куш экен.
> Жакындабай жанына
> Жарым таш жерде турчу экен (КВ, 1. 161).

Күйөнүштү «Канча туурап салса да, Кайтып болот ажыдаар». Күйөнүштүн жаны сакталган Кара курт деген кушту эр Камбар мылтык м-н атып түшүргөндө гана ал өлөт. Ж. д. б. с. эпосто жомоктук-мифологиялык кейипкер Көңгөй дөөнүн образына байланыштуу да учурайт.

**ЖАНТАК** — топоним. Эпос б-ча жалгыз көздүү Макел башында турган ит жээр, бит жээр дөөлөрдүн (Сазаншаң элинин) жери м-н кытайлардын жеринин ортосундагы чек болуп турган дарыя (СО, 4. 227).

**ЖАНТӨШЕВ** Касымалы (1904, Түп р-ну, Тепке айылы —1968, Фрунзе)— кыргыз совет жазуучусу, драматург. Кыргыз ССР эл жазуучусу (1968). Кыргыз ССРинин иск-вого эмг. сиң. ишмери (1946). Фрунзедеги педтехникумду бүтүргөн (1930). Чыгармачылык жолу педтехникумда окуп жүргөндөн башталып, өмүрүнүн акырына чейин ыр, аңгеме, роман, повесттердин ж-а балдар үчүн жазылган фантастикалык чыгармалардын автору болгон. Ж. акад. Б. М. Юнусалиевдин жалпы редакциясы м-н даярдалган курама төрт томдукту («Манас», 1—2-китептери, 1958; «Семетей», 1959; «Сейтек», 1960) редакциялоодо редколлегия мүчөсү катары бир кыйла иштерди жүргүзгөн. Ж. «Эмгек Кызыл Туу», «Ардак Белгиси» ордендери ж-а медалдары м-н сыйланган.



**ЖАНЫБАРЛАР ДҮЙНӨСҮ**, фауна. «Манас» эпосунда кылымдарды басып өткөн кыргыз элинин тарыхы, дүйнөгө көз карашы, салт-санаасы ж. б. толгон түшүнүктөрү м-н катар табият таануу жаатындагы, а. и. жаныбарлар ж-а өсүмдүктөр дүйнөсү ж-дөгү билимдери орун алган. О. эле элдин чарбачылыгы ж-дө да маалымат берилет. Эпосто каармандардан кийин түркүн жан-жаныбарларга көңүл көп бурулуп, адамдын жашоо тиричилигинде зор материалдык байлык болгон төрт түлүк малдан баштап, ар түркүн жапайы жан-жаныбарларга, түрдүү мифтик жандыктарга чейин учурайт. Үй жаныбарларынын ичинен жылкы өзгөчө мааниге ээ. Эпосто чагылдырылган жоокердик заманда «ат адамдын канаты» болуп, жылкы минерге унаа, жегенге эт, ичерге кымыз болгон. Ошондуктан, эпосто Аккула баштап баатырлардын көптөгөн тулпарлары ж-дө айтылат, алардын сын-сыпаттары көркөм баяндалат. Жылкыга байланыштуу алардын жаш өзгөчөлүгүн, өңүтүсүн ж. б. өзгөчөлүктөрүн туюнткан көп терминдерди жолуктурууга болот, о. эле ондогон тулпарлардын энчилүү аттары бар (к. *Зоонимдер).* Эпосто жылкы баласынан башка уй, топоз, кой, эчки, төө өңдүү төрт түлүк мал ж-дө кеңири айтылат. Мис., Каныкейдин калыңына Жакып жылкыдан баштап төө, уй, кой, эчки кылып толгон мал айдап барат (СОВ). Манастын жортуулга чыкканда окдары жүктөп жүрө турган *Желмаян* төөсү бар. Бакай Манастын төөлөрүн кайтарып Семетей чоңоюп, Таласка кайрылып келгенче күтүп жүрөт (СКВ). Эшек, качыр, керик, көк-бука көбүнесе мифтик кейипкерлердин мине турган унаасы катары берилет (Маамытбектин Бозкачыр, Макел-Малгундун Бозкерик, Мадыкандын Көк-Бука ж. б.) О. эле адамдардын илгертеден ишенимдүү досу ит ж-а ит төрөсү Кумайык ж-дө да айтылат. Чыгарманын каармандары ит агытып, куш салышат. Башкы каарман Манастын өзүнө таандык, күчүк кезинде таап алып, Каныкейге бактырган *Кумайыгы* бар.

Эпосто о. эле жапайы айбанаттар ж-дө да кеңири ж-а түрдүү кырдаалда баяндалат. Кайберендер тууралуу көбүнчө каармандар көңүл ачып, салбырынга чыкканда аңчылыктын объектиси катары сөз болот. Эпосто кийикке (аркар, кулжа, бугу, марал ж. б.) мергенчилик кылышат. Каармандар жашаган, көргөн жерлер аларды мекендеген жан-жаныбары, кайберендери м-н кооз экендиги айтылат

(«Будурунда бугу бар», «Адырдан аркар куюлуп»). Мекендеген кайберендин көптүгүнөн ошонун аты м-н аталып калган топонимдер да учурайт. Мис., *Кара-Кулжа*. Ал эми Манасчылар куланды көбүнчө тулпарлардын күлүктүгүн мүнөздөө үчүн колдонуп, «куланды кууса куткарбас» деген туруктуу ыр сабы м-н беришет. Эпосто арстан, бөрү, көк жал, шер, кабылан, жолборс ж. б. жырткыч айбандар да кеңири сүрөттөлөт. Алар көбүнчө «Манаста» баатырларга көркөм каражат катары колдонулуп алардын эрдигин, балбандыгын, тайманбастыгын белгилөө үчүн (Арстан Манас, Көк жал эр, Шер Манас ж. б.), о. эле эпосто Манастын кай бир колдоочулары да жырткыч жаныбарлар: көсөө куйрук көк жал бөрү коштоп, кара чаар кабылан капталында чамынып, жолборс м-н арстан аны жандап жүрөт. Бул жаныбарлар символ катары кабыл алынган учурлар да бар. Төрөй турган аял шердин, жолборстун жүрөгүнө талгак болушу келечекте баатыр болчу баланын туула тургандыгынын жышааны (Чыйырды Манасты. Арууке Күлчорону төрөрдө). Эпосто Ажайыпкана, анда багытталган жолборс, тайбас, арстан, кабылан, шер өңдүү көптөгөн жырткыч айбанаттар туурасында да айтылат (к. *Ажайыпкана)*. Эпосто парандалардын түркүн түрлөрү, алгыр куштардан суу куштарга, булбулдан таранчыга чейин бар. Парандалардан алгыр куштар өзгөчөлөнүп, каармандарды, окуяларды сүрөттөөдө салыштыруу, эпитет өңдүү көркөм каражаттарды түзүүдө пайдаланылат (к. *Алгыр куштар)*. Булбул, тоту, күкүк, торгой, улар, бөдөнө, кыргоол, үкү, каркыра, турна, куркулдай, карга, жору, кузгун, сагызган, таан ж. б. көптөгөн ар кандай канаттуулар, о. эле каз, өрдөк, чүрөк, аккуу ж. б. суу куштары ж-дө да айтылат. Мунун ичинде аккуу өзгөчөлөнүп турат. "Семетейдеги" негизги каармандардын бири Айчүрөк керек учурда аккуу болуп кубулуп уча алат. Булардан башка түрдүү жыландар, бака, суудагы балыктар, түркүн курт-кумурскалар, чымын-чиркейлер ж-дө да айтылат. Эпосто мифтик-жомоктук жандар да көп учурап, чыгарманын мазмунуна дагы бир өзгөчө түс киргизип турат.

*Н. Субанкулов*

**ЖАНЫБЕК** — эпизоддук кейипкер. ВЖЭде кырк чоронун бири. Манаска жакын жолдош болгон катары айтылат (ВЖЭ, «Ала-Тоо», 1979, № 7, 79-б.).

**ЖАНЫМЖАН** — эпизоддук кейипкер, Каныкейдин нөкөр кыздарынын бири. Манас Каныкейге күйөөлөп баргандагы ат чаап жар тандоо расмисинде аты жыйырма сегизинчи келип Бөгөл тагдырына буюрган Ж-га үйлөнөт (СО, 2. 418, 426).

**ЖАНЫШ** — эпизоддук кейипкер. Орто жүздүн билерманы. Алмамбет м-н Көкчөнүн ортосуна чагым салгандардан (СО, 2. 243).

**ЖАҢ-ЖУҢ** (кыт. цзянцзюнь; цзян — генерал, командачы; цзюнь — аскер, армия) — генерал-губернатор. Цин империясы Чыгыш Түркстанды басып алгандан (1758) кийин бул чөлкөмдө бийлигин бекемдөө максатында 1764-ж. Иле өзөнүнүн жээгинде Хой-Юан-Чен (азыркы Кулжа шаары) шаарын негиздеп, жалпы аймакты башкаруу үчүн атайын генерал-губернатор (жаң-жуң) дайындаган. «Цзянцзюнь» деген сөз вице-Король же Чыгыш Түркстандын генерал-губернатору, ошону м-н бирге бул өлкөдө жайгашкан бардык аскердин башкы командачысы» (Ч. Валиханов. Собр. соч. т. 2. А.-А. 1982).

«Манас» эпосунун негизги варианттарынын баарында Манас башында турган О. Азия элдеринин биргелешкен согушу ушул Ж.-ж-га каршы жүргүзүлөт. Мис., «Жаң-жуң, сундуң — баарысы Жабылып келип калышты» (СО, 2. 22; 4. 226, 344). «Мага өткөрө баатыр эр келсин Жаң-жуңдардын шаарынан» (БС, «Манас», КФ, 1090-инв., 672-б.), «Ошондо Жаңжуң баштап кан өлүп, Жалгыз жүрөт Коңурбай» (СК, 2. 230). Демек, кыргыздардын ж-а ага коңшу жашаган элдердин (өзбек, казак, уйгур, тажик ж. б.) Ж.-ж-га каршы күрөшү Чыгыш Түркстандагы кытай баскынчыларына каршы боштондук күрөш экендиги ачык көрүнөт. СКВнын «Чоң казат» эпизодунда Айжаңжуң, Күнжаңжуң деген каармандар согуштук окуяларга активдүү катышкан кейипкерлер болуп эсептелет.

Баатырдык эпостордун согуштук окуяларынын салттык түзүлүшү б-ча душман тарабы жеңилген соң, башкы же негизги каармандардын бири анын падышасынын же улуу даражалуу адамдарынын биринин кызына үйлөнөт. Ошондуктан, кытай тарабы жеңилгенден кийин Эсенкандын кызына (Вурулча) Алмамбет үйлөнөт (СОВ). Айжаңжуңдун кызы Бирмыскалга Чубак үйлөнөт (СКВ), Ж.-ж-дун кызына Алмамбет үйлөнөт (БСВ) ж. б.

Демек, Ж.-ж. деген термин душман тарабындагы каарман катары 18-к-дын 2-жарымынан кийин гана эпоско катмарлана баштаган. Асыресе, 19-к-дагы жергиликтүү (уйгур) ж-а коңшу элдердин (кыргыз, казак, өзбек, тажик ж. б.) боштондук көтөрүлүшүн кытай башкаруучуларынын баскынчылык образдарын кийинки айтуучулар арбытып сүрөттөп, окуяны кеңейтип баяндашкан.

*Э. Абдылдаев*

**ЖАҢШАА** — эпизоддук кейипкер. Кытай-калмак баатыры Чоюндун атасы экени гана айтылат (СО, 3. 231).

**ЖАҢЫ-АРЫК** — топоним. Тоотору атынан ажыраган Кыясты Күлчоро «Кашатчынын оюна, Кан Кыястын жолуна, Жаңы-Арыктын жанына» (КВ, «Сейтек», 116) келип, күтүп жатат.

**ЖАҢЫБАЙ** — эпизоддук кейипкер, Карагулдун кол алдындагы жылкычылардын башчысы. Коңурбай жакында келе турган душман сезилбейт, Семетей келип калбасын, жакшылап кароол чалгыла деп, Алгараны жылкыга кошуп кеткенден кийин, Карагул Ж-ды чакырып алып, семиз сексен жылкы кармап союп, «чагаандын тоюн» тойлогула деп буюрган учурда эскерилет (СК, «Семетей», 2. 170).

**ЖАҢЫБАЙ** — эпизоддук кейипкер, Көкөтөйдүн жылкычысы. Ашта Жолой Ж-дын укуру-

гун шиш кылып, казандагы этти сайып жейт (СО, 3. 121—124).



**ЖАҢЫБАЙ** Кожек уулу (1869, Жумгал — 1942, Токтогул р-ну, Өзгөрүш айылы) — манасчы. Ж-дын эскерүүсүндө анын жети атасы тең (Айдарбек, Сүйүнбай, Сакөчүк, Теңирбай Сары, Жаманкары, Кожек) «Манас» айтып, манасчылык атадан балага өтүп, мурас катары сакталып ж-а айтылып келген. Ж-дын атасы Кожек эл арасында көбүнчө үчилтиктин экинчи бөлүмү «Семетейди» айтып жүргөндүктөн аны эл семетейчи деп билишчү Ж. «Манасты» атасы Кожектен үйрөнүп, 16 жашынан айта баштагаң. «Манастан» «Көкөтөйдүн ашы», «Чоң казат» эпизодун ж-а «Семетей», «Сейтек» эпосторун толук айткан. Ж-дан жазылып алынган эпостун жалпы көлөмү 19445 сап ыр. Ал «Эр Төштүк», «Эр Табылды» эпосторун, элдик поэма «Ак Мөөрдү» ж-а салт ырларын да билген. К. Мифтаковдун жазып калтырган маалыматына караганда Кожектин баласы Матай да атасынан «Семетейди» үйрөнгөн ж-а айрым эпизоддорун атасынан жакшы билген. Анын айтып берүүсүндө К. Мифтаков 1941-ж. «Семетей менен Чынкожонун жоолашкан себеби» деген эпизодду жазып алган да, окуяны үзбөс үчүн бул үзүндүнү атасы жаздырган эпизодго кошуп 34-номерлүү дептерге киргизген. Бирок, Матай өзү билген эпизодду ыр формасында эмес, кара сөз түрүндө жаздырган. Анткени, айтуучулук өнөрдү өнүктүрүп жүрбөгөндүктөн, эпизоддун мазмунун гана эстеп калып, аны кара сөзгө айлантып айтып калган. Демек, бул көрүнүштүн өзү башка элдердегидей эле эпикалык чыгармаларды мурас катары бир бүлө мүчөлөрүнүн бардыгы айтып калышын эскертип жатат. Бул кесипчиликтин тукум куучулук салты. Кыргыздарда жомокчулукту түпкү тегинен бери сактап келген манасчыларды сейрек учуратабыз. Ошондуктан, Жаңыбай Кожек уулунун жети атасынан бери «Манас» айтуу салты — сейрек көрүнүштөрдөн болуу м-н кыргыздардын өз эпосун кастарлагандыгынын далили.

Ж. үчилтиктин «Семетей» м-н «Сейтек» бөлүмдөрүн айтуу м-н атасы сыяктуу эле негизинен эл арасына семетейчи катары таанылган. Ал да өзүнүн «Семетей» айтып калуусун кереметтүү түш көрүү салты м-н байланыштырат. «Семетей» айтуудан мурун үч жолу түш көрөт. Түш көргөн сайын үч киши дайыма келип: «Чочуба! Сен «Семетейди» айтасың деп буйрук берип жүрөт». Ошондон тартып Ж-дын түшүнө «Семетей» эпосунун башкы каармандары кире баштап, Семетей айтуусу күчөйт.

Айрым бир окуялардын сүрөттөлүшүнө ж-а мотивдердин берилишине караганда Ж-дын «Семетейи» башка варианттардан өзгөчөлөнүп турат. Сагымбайдын шакирттеринин, ысыккөлдүк манасчы ж-а семетейчилердин, Саякбайдын вариантынан мазмундук жагынан айырмаланып, өзүнчөлүк мааниге ээ экендигин белгилөөгө болот. Ошондуктан, бул семетейчиге башка өрөөндүн манасчыларынын таасири болгон эместей. Ж-дын Сагымбай Орозбак уулуна жолугуп, бирге жүрүп ырдашкан күндөрү болгон. Аны м-н чыгармачылык байланышы болсо да, Ж-дын варианты стилдик жагынан СОВго же СКВнын «Семетейине» же аларга жакын турган манасчылардын чыгармаларына жакындыгы байкалбайт, алардан таасир алгандыгы сезилбейт. Айрым жыйноочу, изилдөөчүлөрдүн (К. Мифтаков, К. Рахматуллин) пикири б-ча Ж-дын чыгармачылык бөтөнчөлүгүнө карата аны түштүк манасчылар мектебинин өкүлү катары эсептешет. Бирок, Ж-ды түштүк ареалдын манасчысы катары эсептөө анчалык ынанарлык эмес. Анткени, Жаңыбайдын жети атасынан бери манасчы болгондуктан таалим алуусу ж-а үйрөнүү жолу түндүк ареалда өткөн. Түштүк ареалга семетейчи чыгармачылык жактан толук жетилип, калыптанган мезгилде барат. Ушул учурдан тартып анын чыгармачылыгы өөрчүйт. Түштүк ареалдан чыгармачылыгына таасирин тийгизген эч ким болгон эмес. 1936-ж. Фрунзеде өткөрүлгөн эл чыгармачылыгына арналган олимпиадага Ж. да катышат. К. Мифтаковдун сөзүнө караганда Ж-дын олимпиадада айткан «Семетейи» башка семетейчилердикине үндөшпөгөндүктөн кароонун комиссия мүчөлөрү семетейчинин чыгармасын жалпы салттык үлгүгө салыштырганда анын идеялык мазмуну, көркөмдүк өзгөчөлүгү, башка семетейчилерден болгон айырмачылыгы бар экендигин көрсөтүп баалабастан, үстүртөн гана уйкаштыгы начар деген жыйынтыкка келип, «Семетейин» жокко чыгарышат. Ж-дын сөзүнө караганда аны түштүктөн чыккан семетейчи катары эсептешип, чыгармасын баалабай коюшканын эскерет. Семетейчинин чыгармачылык бөтөнчөлүгүн өз учурунда туура баалай билген ж-а жазып калууга дилгирленген К. Мифтаковго Ж. макул болуп, 1936-жылдын сентябрь айынан 1937-жылдын март айына чейин 100 басма табак көлөмүндө «Семетейди» толук ж-а «Манастан» үзүндү жазып калат. «Манас» бөлүмүнөн кара сөз түрүндө «Манастын санжырасы» ж-а ыр м-н кыскача «Манастын балалык чагы» деген эпизоддору гана жазылган. «Манастын санжырасында» кыргыздын таралыш тарыхы ж-а Манастын ата-тегинин чыгышы ж-дө айтылат. Жалпы салттык үлгүдө айтылып келген «Манастын төрөлүшү жана балалык чагы» эпизоду бардык манасчыларда негизинен бирдейликти түзсө, Ж-дын башка манасчылардан айырмаланып турган жактарын белгилей кетүү керек. Анын айтуусу б-ча Бакдөөлөт байбиче аялы болот. Жакыптын кийинки алган экинчи аялы Чыйырды

бала төрөбөгөндүгү үчүн аябагандай азапты Бакдөөлөттөн көрөт. Карып калган ата-энении көпкө чейин бала көрбөй келгендиги да тийди-качты эскерилет. Ал эми «Манас» эпосунун салтында Жакыптын аялдарынын кереметтүү түш көрүүсү айтылганы м-н бул вариантта жалгыз гана Чыйырдыга таандык. Көргөн түшүн Чыйырды Жакыпка айтпастан, тескерисинче, андан жашырып, Шыгайдын байбичеси Сейилканга айтып жорутат. Түштү жоруганда жалпы салтка мүнөздүү Манас баатыр төрөлө тургандыгы айтылат да, сюжеттик өзөк уланып Чыйырдынын талгак болуусу баяндалат.

Кара чаар жолборстун,
Өтү менен бооруна,
Ажыдаардын заарына,
Апакеси Чыйырды
Үч ай талгагы канбас жери бар (ЖКВ, КФ, 36-инв., 6-б.)— деп айтылып талгак болуу мотиви кыскача сүрөттөлөт да, Манастын төрөлүшү: «Кан менен жин чеңгелдеп Кабылан Манас башында Как ушундай түштү эле» (ЖКВ, КФ, 36-инв., 6-б.),— деп айтылат. Манастын төрөлүшү кеңири пландагы сүрөттөөлөр аркылуу берилбесе да, жогоркудай белгилерине караганда бул манасчынын ата-бабасынан бери айтып келе жаткан үлгү сакталып, өзүнчөлүк мааниге ээ экендигин көрсөтүп турат. Окуяларды куруудагы мотивдердин талкууланышы ж-а берилиши, о. эле сюжетти өөрчүтүү манерасы аталган кичинекей үзүндү б-ча алганда башка варианттардан өзгөчөлөнөт. Буга караганда аталган вариант манасчы тарабынан алымча-кошумчаларга учурабастан, өзүнүн алгачкы айтылышын сактап калгандай. Эпостун «Семетей» бөлүмү Манастын Бээжинден жарадар болуп келе жаткан жеринен башталат. Семетейчинин айтуусунда Манас жарадар болгондон кийин Бээжинден Таласка аны Кыз Сайкал жеткирип келет. Мында Бээжинге аттанганда Манастын кошуну м-н кошо Кыз Сайкалдын да баргандыгы эскерилип жатат. Кыз Сайкал Манас м-н кошо келет да, Манастын көзү тирүү кезинде Каныкей экөө биригип күмбөз салдырышат. Күмбөз салдыруу ж-а аны көркөмдөө, жазуу түшүрүү жагы башка семетейчилердикинен өзгөчө баяндалган. Күмбөз салынгандан кийин ичи коэздолуп, кимге таандык экендигин жаздырууда Манастын аты жазылбастан, кыздын аты жазылгандыгы Каныкей Семетейге айтып берген жомогунда эскерилет.

Семетейдин жарык дүйнөгө келиши башка варианттарда Манас Бээжинге аттанып жатканда төрөлгөн бала болсо, Ж-дын айтуусу б-ча Манас жарадар болуп келе жатканда астынан дубана тосуп чыгып, эркек балалуу болгондугун сүйүнчүлөйт. О. эле бардык семетейчилерге мүнөздүү көрүнүш Каныкейдин Букарга качканы, Семетейдин Букардагы таякесинин колунда чоңоюшу, Семетейдин Таласка келиши, Семетейдин Бээжинге жасаган казаты, Семетейдин атасы Манастан калган элди башкарганы, Айчүрөк жөнүндө баян, Семетей менен Чынкожонун жоолашканы, Семетейдин Чынкожо, Толтой менен болгон урушу деген салттык эпизоддорду ичине камтыйт. Буга караганда Ж-дын «Семетейи» деле башка варианттардан мазмундук жагынан анча айырмаланабастан, бирдей сюжеттик нукта айтылгандыгын баамдоого болот. Эскерилип жаткан окуялар «Семетей» эпосунда эл арасында кеңири тарап, ооздон оозго, атадан балага өтүп келе жаткан салттык туруктуу эпизоддордон экени белгилүү.

Башка варианттарда Жакыптын тапшыруусу б-ча Каныкейди Абыкеге тийсин деп арачы болуп Кыргыл барса, Ж-дын айтуусунда бул милдетти Серек м-н Сыргак аткарат. Мында да окуянын жыйынтыгы катуу кагылыш кырдаалдардын негизинде чечилет. Семетей Букарда жүргөндө бир гана Сарытазга эмес үч тазга жолугуп, атасы Манас, жери Талас ж-дө кабардар болот. Акыры Таласка келип, атасы Манастын алты мүлкүн алат. Бирок, бардык вариаттарында кездешүүчү ж-а кеңири баяндоого алынган Жакыптын Семетейге уу бергени Ж-да эскерилбейт.

Чынкожого байланыштуу окуяларда анын түбү душман экени эскерилсе да, Манас тууган иретинде Чынкожого өзүнчө айыл бөлүп берет. Бирок, түбүнөн бери келе жаткан көрө албастык сакталып, куйтулугун койбойт. Кийин Манас билип калат да Чынкожону алым төлөтүп кысып коёт. Манас дүйнөдөн кайткандан кийин Чынкожо өзүнчө бийлик жүргүзүп, Каныкейге запкы көрсөтүп, алымын төлөбөйт. Бул ж-дө Бакай Семетейге эскерткенде аны чакыртышат. Чынкожо келбей коёт. Семетей Бакайды жиберет да, Чынкожонун 12 жылдан бери төлөбөй жүргөн алымын алдырат. Ошентип, эки тууандын ортосундагы мамиле курчуп, бири-бирине болгон араздашуусу күчөп, жоо болуп калышат. Ал эми Чынкожо м-н Толтойдун ортосундагы жакындык мамилени эки баатырдын достошуу мотивин түшүндүрүү ж-а окуяны куруу жолу бир аз башкачарак нукта өткөн. Анткени, Толтойдун элине кошулуу үчүн Чынкожонун жүргүзгөн жигердүү аракетин башка варианттардан көрө албайбыз. Салт б-ча Айчүрөк м-н Семетейге, Күлчоро м-н Канчорого байланыштуу окуяларга да кеңири орун берилип, турмуштук жөрөлгөлөрдүн жагдайында эпикалык планда сүрөттөлгөн.

Семетейдин Коңурбайдан өч алуусуна байланыштуу эпизоддо салттык үлгүдөгү окуялар камтылат. Бул эпизоддон айырмачылыктар байкалат. Эпосто көбүнчө каармандардын аткарган милдеттери алмашылып айтылышы Коңурбайды жеңгенден кийин Бакайдын жети жыл кан болушу, аттардын аталышы, окуянын мотивдештирилиши ж. б. көрсөтүүгө болот.

Ж-дын аткаруусундагы «Семетей» эпосундагы салттык каармандардын алмашылып калгандыгын айтпай кетүүгө болбойт. Мис., Сейтек Семетейдин баласы эмес Көкчөнүн баласы делет. Салттык түрдө айтылып келген

Үмөтөйдүн ордуна Сейтектин айтылышы башка семетейчилерде кездешпейт. Ж. жашаган региондо андан башка семетейчилерден жазылып алынган материал жоктугунан, сөзсүз ушул тараптын мектебинин салттык багыты ушундай деген жыйынтыкка келүү кыйын.

Семетей Тайбуурулду Көкчөнүн уулуна бербейт. Тескерисинче, Канчоро Тайбуурулду кызыл май кылып, кандуу кармашта жүрбөй калат. Мына ушул мотив Семетейдин өлүмүнө, Канчоронун абалдан пайдалануусуна алып келет.

Ж-дын «Семетейинде» окуя түзүү жагынан алганда анын композициясында согуштук сценалар анча кеңири орун албастан, элдин жай турмушу, сезим күрөштөрү, көргөн оор кыйынчылыгы сыяктуу турмуш көрүнүштөрүнө өзгөчө көңүл бурулган. Балким, Ж-дын таалим алган нускоочусу атасынын чыгармачылыгы ушул багытта, өздөрүнүн бүлөлүк салтында ушундайча айтылып келген болуу керек. Ушундай көрүнүштөргө карабастан «Семетей» эпосунун жалпы сюжеттик нугу өзгөрүлбөстөн сакталган.

*К. Кырбашев*

**ЖАПАК** — эпизоддук кейипкер, Ногойдун иниси Шыгайдын уулу, Манастын аталаш тууганы. Алтайда Жакып Манаска ата-тегин, туш-тушка чилдей тарап кеткен туугандары тууралуу билдиргенде Ж-тын кабарын айтат (СО, 1. 137). Алооке кыргыздарды чапканда Шыгай Алай тарапка сүрүлүп, уулу Ж. Коңурбай м-н бирге өсөт. Байжигит Алтайга кайра көчмөкчү болуп ажыраш аяк той берүүгө камданат. Байжигиттин тоюна камданып келсин, Манастын көзүн тазалайбыз деп, Ж. Коңурбайга Алымбекени жөнөтөт. Коңурбай жок, Алооке азыр Манаска алыңар жетпейт, андан көрө Коңурбайды чаап алалы деп Манасты азгырып эли-жеринен алыс алып чыксын деген жоопберет. Байжигиттин тоюнда Манастын көзүнө бир көрүнүп коймокчу болуп чатак чыгарган Ж-ты Көкчөкөз өлтүрөт (СО, 2. 439).

**ЖАПАН** — этноним. СОВдо Көкөтөйдүн ашында Бокмурун Айдарга ашка келе турган элдердин арасына кошуп, Ж. деген элди да чакырууну буюрат:

Кытайдан качып кыйла журт
Жапан болуп калыптыр
Жайы жакшы болуптур,
Жапан атка конуптур (СО, 3. 94).

Контекст б-ча Ж. Кытайга жакын турган эл. Демек, Ж. деп манасчы япондорду белгилеген. Бул этноним ««Манаска» эки себептен кирип калышы мүмкүн. Биринчиден, Ж. журту м-н Борб. Азиянын аймагындагы Амур дарыясына чейин жеткен эне-сайлык кыргыздардын байыркы кылымдарда болгон маданий байланыштарынын бир булагы эпосто чагылдырылып калышы ыктымал. Экинчиден, Сагымбай Орозбак уулунун өзүнүн ой өрүшүнүн негизинде кошулган, б. а. айтуучунун эпоско кошкон жекече үлүшү катары кароого болот.

**ЖАПЫС** — топоним. Кыргыздар калмактардан Ала-Тоону бошоткондо Жумгалда турган калмактардын Катраң деген аяр кызы өз сыйкыры м-н көп каршылык көрсөтөт. Анын Суусамырдын Ж. деген жеринде жашынган жаны укмуштуу суусар болот. Аяр кыз кыргыз колунан жеңилгенде ушул жерде жаны чыгат, суусар жаны өлөт (СО, КФ, 576-инв., 619-б.).

**ЖАР-БАЗАР** — топоним. Кыргыздар Алтайдан көчүп келаткан жолдо калмак кандыктарынан Ала-Тоону бошоткондо: Көкчө, Айдаркан баш болгон казак колу Алма-Коюр, Чарын, Челек м-н кошо Жар-Базарды каратып алганы айтылат (СО, КФ, 524-инв., 525-б.).

**ЖАРГАК** — топоним. Бай иниси Жакыпты издеп баратып Нескаранын кордугун көрүп, көмүлгөн жерден бошонуп чыгып, эптеп минерге качыр кармап алган жер (СО, 1. 182).

**ЖАРГАК ШЫМ** — тоо эчкинин же эликтин жүнү жыдытылган терисинен жасалган шым. Ышкын түп же кабык м-н кызгылт сары түскө боёлуп, түгү тышына каратып тигилет. Багелеги жазы бычылып, эки жагы тилик болуп, кездеме м-н көбөлөнүп, саймаланып, бут кийимдин сыртына чыгарылып кийилет. Эпосто Ж. ш-дын кандагайдай керемет касиетинин бардыгы айтылбайт. Жолой м-н күрөшкө түшөрдө Кошойго Санжыбектин «сары жаргак шымынын» батпай калганы сүрөттөлөт (СО, 3. 201).

**ЖАРКЕНТ** — топоним, кыргыз уруулары жашаган шаарлардын бири катары эпосто көп эскерилет (СО, 3. 14). Географиялык реалияда Кашкар тараптагы шаар, к. *Жеркен.*

**ЖАРКЫЗЫЛ** — Жанайдын байгеге чапкан күлүгү. Алмамбеттин келишине арналып өткөрүлгөн тойдогу ат чабышта он үчүнчү болуп келет (СО, 2. 341).

**ЖАР-КЫЯ** — топоним. Таласка көчүп келгенден кийин Манас эли-журтун чогултканы чыгып Бакайга жолуккан жер. Ж.-К. эпосто керемет коoз жай катары сүрөттөлгөн (СК. 1. 185, 204).

**ЖАР-МАЗАР** — топоним. Көкөтөйдүн ашындагы ат чабышта байгеге чабылган күлүктөр өткөн жер.

Араандай оозун ачыптыр,
Кандуу көбүк чачыптыр.
Аккула келет арыштап,
Тазбаймат келет Манастап

Жар-Мазарга келгенде (РЖВ, 182) Манастап ураан чакырып Аккуланы сүрөгөн жер катары эскерилет.

**ЖАРМАНАС** — эпизоддук кейипкер. СКВда бирде Самаркандык Чоң Эшендин баласы делсе, бирде Карадөң уулу делет. Буруттан Манас аттуу баатыр чыгып, Бээжинге кан болот деген сыйкырчы аярларынын айтуусу б-ча кытайлардын башкы каны Эсенкан Манас аттуу баланы өзгөчө белгилери б-ча эмес, ысымы б-ча издетип сынчы-аярларын, балбан-баатырларын жөнөтөт. Алар жерден жерге кыдырып жүрүп акыры Самаркандан Ж. аттуу «бир дардайган баланы» таап ошону кармап алышат. Эсенкандын сынчылары: «Оң далысы

кең экен, Өзү ойротту бузар эр экен... Каканчылуу Бээжинди, Кырып кетер уул экен... Карап турган жолборстой, Буга кагышкан аман болбостой...» (СК, 1. 42), — деп сынап көрүп, анын «ойротту бузар» эр экенине көздөрү жеткенден кийин байлап, мойнуна коок кийгизип Бээжинге алып кетишет. Карыкан м-н Эсенкан душманыбыз кармалды деп кубанып, кырк күнү той берип, Ж-ты кырк аркан бою зынданга салып коюшат (СК, 1. 41, 44). Ж-тын согуш майданында көрсөткөн эрдиктери түздөн-түз сүрөттөлбөгөнү м-н аны Манас ушул деп кармап кетүүнүн өзү — анын баатырдыгынын күбөсү. Ж. м-н Билерикти калк атасы Кошойдун атайы кол курап барып туткундан бошотуп келиши (СК, 1. 120, 146—150) алардын эрдигин гана баалоо эмес, мында адам бейкүнөө жапа чекпөөгө тийиш деген гуманисттик идея да жатат. «Семетейдин» кээ бир варианттарында Ж. жердин түбү Желпиништи жердеген жаман элдин ээси делет ж-а Манас карындашы Кардыгачты Ж-ка күйөөгө бергени айтылат (СК, «Семетей» 1. 267, 269, 272). СОВдо да Ж. Кардыгачтын күйөөсү экени эскерилет.

*С. Алиев, С. Төлөгенова*

**ЖАРМАНДАЙ** — Алымсарыктын минген аты. Көкөтөйдүн кара ашында «Кара Төбөл Жармандай, Кара сыны тайгандай»,— деп сүрөттөлүп байгеге чабылат. Ал эми жылдык ашында Манас баатыр Коңурбай м-н эр сайышка Ж-ды минип түшкөнү эскерилет (СО, 3. 58, 244—250).

**ЖАР ЧАКЫРУУ**, жар салуу — көп эл чогулган жыйындарда, той-аштарда элге кабар, жарыя айтуу. Адатта Ж. ч-га эл ичинен чыккан белгилүү акындар дайындалып, алар жарчы деп аталган. Жарчылар той-аштарда аны өткөрүүчү адамдын кимдигин, байлыгы м-н ишмердигин мактап, кайсы оюн-тамашанын, мелдештин кезеги келгенин, аны өткөрүү тартибин, жеңгендерге берилүүчү байге ж. б. ж-дө элге ырдап жар салышкан. «Манас» эпосунда Ж. ч. салты кеңири сүрөттөлөт. Салтка ылайык Көкөтөйдүн ашында өткөрүлгөн элдин оюн-зоок мелдештери да Ж. ч. м-н башталган. Ж. ч-да даңазалуу ашты берген ким, анын камылгасы кандай экени, көрсөтүлүүчү оюн-зооктун түрү, аны өткөрүүнүн тартиби, байгеси ж-дө жарыя кылынат. Салттык мелдештер ашка келген элге кезеги м-н Ж. ч-чулар аркылуу жарыяланган. «Манас» эпосунда ар кандай үрп-адат, салтанаттарда жар салуучулар катары Манас баатырдын замандашы, кырк чоронун бири Ырамандын Ырчыуулу м-н Жайма көкүл жаш Айдардын ысымы дайыма эскерилет:

Ырамандын Ырчы уул,
Ычкыры бапик кырк муун...
Жанында бар жаш Айдар
Жалпы баары кеп айтат,
Жарчылар журтка бек айтат...
Көкөтөйдүн ашында
Көк жал Манас сөзүн тут.
...Темирди талдай сындырган,
Пил, керик араң жылдырган,
Душманды басып сындырган,
Тууганды көөнүн тындырган,
Дөө жеңбеген бөкөдөн,
Көптөн коркпос жекеден,
Журтка болгон чегеден
Мусулмандан, капырдан
Бура тартпас баатырдан
Эки балбан чыксын деп,
Кабар ушул уксун деп,
Жыкканы мөрөй алсын деп,
Жыгылган куру калсын деп,
Алты жүз жылкы, бир жүз төө
Байгесинин саны деп,
Аз десеңер аны деп,
Эки жүз сыйыр, беш жүз кой.
Кеңкү журтуң жыйылып
Көкөтөйгө берген той (СО, 3. 181—182).

СКВда «Керней-сурнай тарттырып, Жарчыга кабар айттырып», Бокмурун балбан күрөш болорун, байгесине эмне берилерин элге жарыялайт (СК, 2. 39). Чоң казатка бараткан жолдо да Алмамбеттин колго кан болгонун Ырчыуул жар салат (СО, 4. 122).

*С. Алиев, К. Кырбашев*

**«ЖАШ МАНАСЧЫЛАР»** («Юные сказители») — бир бөлүмдүү, кең экрандуу, кыска тасмалуу даректүү фильм. 1980-ж. тартылган. Фильмдин режиссёру Р. Байтемиров, оператору С. Макекадыров, үн оператору В. Лысенко, редактору С. Карымшаков, фильмдин сценарийин жазган Б. Сарыгулов, директору Д. Иманалиева. Фильм белгилүү илимпоз-философ А. Салиевдин кириш сөзү м-н башталат. «Манас» эпосун, анын «Семетей», «Сейтек» ж. б. бөлүмдөрүн Сагымбай Орозбак уулу, Саякбай Карала уулу сыяктуу эпостун негизги сюжеттик өзөгүн сактап, көркөмдүк сапатын арттырып, өнүктүрүп, молуктуруп айткан таланттуу айтуучулар эми чыкпайт го деген суроого жооп катары тартылып ж-а «эл ичи өнөр кенчи» экендигин, дагы далай таланттар жарала турганына көрүүчүлөрдү ынандырат. Жаш манасчы 6 жаштагы Асылбек Сыйдановдун «Манас» айтуу манерасы Саякбай Карала уулун элестетет. Ал тогуз баланын кенжеси, 5 жашынан эле «Манас» айта баштаган. Оттук 8 жылдык мектебинин 4-классынын окуучусу Бапа Турганбаев, «Манасты» Асылбек айтып токтогон жерден улайт. Бападан кийин анын курбусу Төлөш Омокеев андан ары узартат. Бул экөөнүн «Манас» айтуу ыкмасы Сагымбай Орозбак уулун элестетет. Бул үч манасчы көл кылаасынан. Ал эми таластык 11 жаштагы Бактыбек Акиев «Манасты» Төлөш токтогон жерден улап бир топ айткандан кийин, кезектеги Ключевка орто мектебинин окуучусу 15 жаштагы Үзейин Эсенамановго берет. Жаш манасчылардан чечендикти, чыгармачылык кудуретин, чеберчилигин талап кылган эмес. Кино тартуучулардын максаты алардын «Манас» айтуу ыкмаларын гана көрсөтүп, бири баштап токтогондон кийин, экинчиси, үчүнчүсү улашын, такалбай, жаңыл-

бай айтышын көздөгөн. Фильм А. Салиевдин элдик эпосту айтуу муундан-муунга өтө тургандыгына ишенген сөзү м-н аяктайт.

*Ж. Сагынов*

**ЖАШЫЛ-КӨЛ** — топоним. «Жакыптын агасы Байдын баяны» окуясында: «Жайлоосу Жашыл-Көл экен, Өлкөгө барып конору Кулан жайлоо бел экен» (СО, 1. 180),— деп Көктөмөн арт жагындагы Ж.-К. жайлоосу ж-дө айтылат. Географиялык реалияда кыргыздар жашаган жерлердеги бир катар чакан көлдөр Ж.-К. аталат.

**ЖЕБЕ** — жаанын огу. Ал табылгы, ыргай, шилби, кайыңга окшогон ийилчээк катуу жыгачтан жасалган. Тийген жерине кирип кетиши үчүн Ж-нин учуна кийгизген металлды (коло, жез, коргошун, темир) колок же кыма дешкен. Ал ар кандай формада жасалып, эки, үч же төрт кыр чыгарылып, тийген нерсеге сайылып же тешип өтүүгө ылайыктанат. Жасалгалуу формасына жараша «бөрү тил» Ж., ышкырык Ж. болуп бөлүнөт. Согуштук беттешүүлөрдө Ж-нин учуна айрыкча көңүл бурулган. Ж-нын кологу м-н сабынын кошулган жери бири-бирине сайылып кийгизилгенден кийин желим м-н жабыштырылган же тарамыш м-н кылдат чырмалып бекемделген. Кээде ушул кошулган жерге атайын көзөнөктөрү бар томпок, ичи көңдөй шакекче кийгизилип коюлган. Ж. атылганда ал абага урунуп «ышкырык» үн чыгарган. Мындай Ж-лер жоокерлердин бири-бирине кабар берүүдө, чабуулга өтүүдө, жыйналууда ж-а чегинүүдө белги катары колдонулган. Чабуул учурунда жабыла атылганда Ж-лерден пайда болгон ышкырык душмандын үрөйүн учуруп, шаштысын кетирген. Кээде бийлик ээлеринин Ж-синин кологу алтындан же күмүштөн жасалган. Аны бир эл м-н экинчи элдин ортосундагы мамилени оңдоодо же бузууда «бийликтин символу» катары пайдаланышкан. Бул Ж-ни алган тарап же багынууга же касташууга мажбур болгон. Ж. үй-бүлөлүк турмушта да колдонулган. Асманга атылган Ж. кайсы жерге түшсө ошол жерге кыздын үйүн тигүү салты да болгон. «Манас» эпосунда Ж. жоо куралы катары кеңири баяндалган.

*К. Айдаркулов*

**ЖЕДИГЕР** — эпизоддук кейипкер. Багыштын түпкү аталарынын бири экени гана эскерилет (СО, 3. 101).

**ЖЕДИГЕР** — этноним. Эпостун бүт дээрлик варианттарында кыргыз урууларынын бири катары учурайт: «Кыргыз уулу бу дагы, Улугу Багыш Жедигер» (СО, 3. 53). Сагымбай Орозбак уулу айткан варианттагы айрым саптарга («Казак, кыргыз, катаган, Жедигер, нойгут, думара Баарыбыз бир атадан» (СО, 3. 53) ж-а тектеш элдердин санжыра маалыматтарына караганда Ж. түрк элдеринде алгачкы пайда болгон ири урууга кирет. «Мажму аттаврихте» Ж-лер отузуулдун ичиндеги уруу деп айтылат.

**ЖЕЗБИЛЕК** — эпизоддук кейипкер. КВда Семетей Букардан Таласка көчүп келгенде Кожонун кызы Ж. Каныкей, Чыйырды м-н кубанып, ыйлап көрүшкөнү, Семетейдин ордосун тигишкени айтылат (КВ, «Семетей», 124—125).

**ЖЕЗИТ** (ар. язид) — ислам дининдеги төртүнчү халиф Алинин баласы имам Хусейинди Ирандын Кербала чөлүндө өлтүрткөн Шам (Дамаск) шаарынын акими. Ошондон улам өтмө мааниде, залим, канкор деген мааниде кеңири таралып бизге чейин жеткен. Эпостогу «Жете албай жүргөн жезит бар» деген сапта ушул мааниде айтылат. Бул термин турмушта жок жаныбарлардын катарында да саналат: «Алайман, жезит дагы бар, Тумшугу жез киши бар» (СО, 2. 170).

**ЖЕЗТУМШУК** (жез тырмак, жез кемпир)— кыргыз элинин кереметтүү жөө жомокторундагы салттуу терс каармандардын бири. Ж. кадимки адам түспөлүндө болуп, адамча сүйлөйт, өзү каалагандай кубулат, тумшугу, тырмагы курч (болоттон, жезден). Ж. адам жүрбөгөн алыскы жайлардан жолугат. Адамдар амалкөйлүк м-н Ж-ту өлтүрүп, тумшугун, тырмактарын керектөө үчүн кесип алат. «Манас» эпосунда Ж. тууралуу толугу м-н маалымат берилбесе да, алыскы жайларда жолуга турган тумушугу жез жапайы адам катары айтылып кетет: «Тумшугу жез киши бар — убара чаркоо дегени» (СО, 2. 170).

**ЖЕЙТ-КАЙТ**, Жет-Кайт — топоним. Ж.-К. кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгында жердин бүткөн четиндеги укмуштуу өлкө, ага чанда бир гана өзгөчө адам каттабаса эч ким жете албайт. «Манаста» да ушул мааниде кеңири кездешет.

**ЖЕКЕГЕ ЧЫГУУ** — чоң беттешүүлөр алдында эки тараптан эки тандамал жоокер ортого чыгып салгылашканы. Ж. ч. эпосто кеңири орун алган. Мис., «Нескара м-н Манастын урушу» окуясында душман жоокери Даң-Даң м-н Күнөс балбандын Ж. ч-су сүрөттөлөт. Алар адегенде найза м-н сайышат. Андан кийин күрсү м-н чабышат. Калканга күрсү тийгенде добушу күндүк жерге угулуп турат. Акырында жакадан кармап эңишет. Бул Ж. ч-да Даң-Даң Күнөстү жеңет. «Ажалыңды сагынган адам болсоң келгин»,— деп Даң-Даң кайрадан жекеге чакырып айгай салат. Даң-Даң жекеге чыккан Айдаркандын колунан өлөт (СО, 1. 219—222). Ж. ч. эпосто Манастын Чүйдөгү Акунбешимди жеңген бөлүмүндө да кенен кесири сүрөттөлөт. «Ак жалдуу кара ат минип, айчыгы алтын тон кийип, көмкөрө калкан тартынып, көпкөк темир артынып, Акунбешимдин Кегети деген жайсаңы жекеге чыкты. Ага каршы Манастын Абдылда чечен баатыры барды. Адегенде ал экөө ээринин кашы, как жүрөктүн башы — деп бири-бирине найза сайышып өтүштү. Найзаларын тирешип, үзөңгүнү чирешип, аянбастан сайышып, аттардын бели майышып, көпкө кармашты. Найза менен жеңише албай, албрас кылыч алышып, аркы терки салышып, алтымыш, элүү жолу чабышты. Андан да бири-бирин алыша албай, айбалта жондон чечишип, айкырышып жетишип, айбалта менен элүү, кырктай жолу чабышты. Мындан да айла болбоду, күүлөп күрсү алыш-

ты, күчү м-н салышты. Күрсү күчтүү чабылып, туулгага калкан жабылып, болотко болот тийгенде тутанган оттой көк жалын, туш-тушка чагылып, толгонушуп турушту, токсон-сексен урушту. Андан да арга болбоду. Жааны колго алышып, күчүгөн жүндүү сыр жебе, киричине чалышып, элүүдөн огу түгөнгүчө атышты. Анда да бирин-бири жеңбеди. Мылтыктарын октошуп, милтелерин чоктошуп, эки бөлөк турушуп, мылтык атып урушуп, жүздөн огу түгөндү. Күн тийгенде салышкан ал экөө бир бирине жеңише албай күүгүм кирип күн батып жай жайына барышты» (СО, 2. 130—133). Бул үзүндүдө Ж. ч-га мүнөздүү негизги белгилер толугураак чагылдырылган. Ж. ч. «Манас» эпосунда гана эмес жалпы түрк-моңгол элдеринин эпосторунда чагылдырылган согуштук эреже болуп саналат. Ал биринчиден, бардык элдердин эпосторунда апыртуу м-н коштолот. Тоолор түздүккө айланат, деңиздер чайпалат ж. б. Мындай апыртуулар «Манаста» да учурайт: «Күүлөп күрсү алышты, Күчү менен чабышты, Күндүк турган эл укту, Күрс деп чыккан дабышты» (СО, 2. 131) ж. б. Ж. ч-нун алдында жоокерлер бири-бирин шылдыңдап, кордоп, коркутуп сүйлөшөт. Бул душманынын кыжырын келтирип, жинине тийүү максатын көздөгөн. Ж. ч-да эгерде душман картаң болсо, карысың деп, жаш болсо, али баласың деп кордойт. Кошой м-н Жолойдун балбан күрөшүндө Жолой Кошойду «Кара сакал агында, Карууңдун кеткен чагында, Казаң жакын табында... Жашыңдан киши чыга албай... Карганда түшүп балбанга... Бир башында Кошоюм, Миң жаның болсо көёмбу. Ичип канга тоёмбу»,— деп кордоп, коркутат. Ага жооп катары Кошой Жолойду канча жолу кармаштарда жеңип уят кылгандыгын айтып, азыр да жерге киргизе чабарын эскертет. Күрөштө Кошой жеңип байгени алат. Мындай кордоолор, коркутуулар эпостогу жекеге чыккан окуяларда арбын учурайт. Жогоруда келтирилген «Ажалыңды сагынган, Адам болсоң келгин» деген сап Ж. ч-дагы коркутуунун бир үлгүсүнө жатат. Ж. ч-дагы курал алмашып салгылашуу жалпы түрк-моңгол элдеринин эпосторуна мүнөздүү. Ж. ч-да курал алмашып салгылашуу, куралдын сынып, жарабай калгандыгына, көбүнчө бир курал м-н салгылашып жеңишке жете албай калгандыгы м-н байланыштуу. Же болбосо бардык куралдар м-н салгылашып бири-бирин жеңе албаган соң куралсыз кармашуу көпчүлүк түрк-моңгол элдеринин эпосторунда кездешет. Мис, огуздардын «Коркуд ата китеби» эпосундагы Ж. ч. күрөш м-н аяктайт. «Манаста» да Дан-Даң м-н Күнөстүн Ж. ч-су эңишүү м-н бүтөт. Эпостогу көптөгөн Ж. ч-ларда жеңген баатыр жеңилген баатырдын минген атын олжого алат. Душман жоокери Жамыра м-н болгон жекеде Көкчө жеңишке жетишип, анын аты Алагерди алып кетет. Эр Тулус м-н болгон жекеде согушта Манас аны өлтүрүп, атын алып келгендиги айтылат (СО, 3. 139). *А. Абилов*

**ЖЕКЕСАН** —1) эпосто баатырлардын кооздолуп жасалган өтүгү: «Жекесан бутта чойкоюп, Желектүү найза койкоюп» (СО, 2. 53); 2) кербен баштаган атан төөгө тагылган коңгуроо: «Коңгуроолуу кара нар колго көчү барабар». Ж. кыргыздарда музыкалык аспап милдетин да аткарган: «Жебилгеси жер чийип, жекесаны баш жарып» (СО, 2. 157). Мындай аспаптар октавага күүлөнгөн; көлөмүн чоңойтуп, үнүн төмөндөтүүгө, кичирейтүү м-н бийиктетүүгө жетишилген.

**ЖЕЛДЕЙБОЗ** — эпизоддук кейипкер, Көзкамандардын бири. Кыргыздар чабылганда сүрүлүп кетип калмак болуп калган. Түбү кыргыз. Манастын аталаш туугандарынан. Манасты өлтүрүп келгиле деп Эсенкан атайын тапшырма м-н жибергенде Ж. да тогуз уулу м-н келген. Манаска алдап уу беришкенден кийин, Акаярды орго салып, Манастын ордосун талап алып, кытайга кайра качып баратышкан Көзкамандар Амбал тоону этектеп өргүп жатышканда кароолдо турган Ж. Бакай баштаган Манастын кырк чоросу аркасынан кууп жеткенин Көзкаманга кабарлайт. «Көзкамандар окуясынын» башында Чаңдуу аяк деген ат м-н айтылып, Манаска уу беришкенден баштап Ж. делет (СК, «Семетей», 1. 189—210; КВ, 1. 267—292). СОВдо Көзкамандардын ичинде мындай ысымдагысы жок.

**ЖЕЛДЕҢБАЙ** — кейипкер. Манаска келип кыргыз м-н туруп калган калмак. Манасты баласындай көргөн Ж. «алты арам» Манастын бүлөсүн чапканда: «Калаабыз Манас барында, Көр Көбөш качан жан элең» — деп Көбөшкө каршы сөз айтат. Ж-га жинденген Көбөш аны карматып алып, мойнунан байлап сүйрөтүп өлтүрөт (КВ, «Семетей», 14).

**ЖЕЛДЕТ** (ар. жаллад) — аким, эмирлердин буйругу б-ча өлүм жазасына же башкача бир өкүмүн жүзөгө ашыруучу кызматкер. Эпосто ушул маанисинде ж-а кызматчы жигит маанисинде учурайт: «Анда желдет кеп айтат, Ачууланып бек айтат» (СО, 3. 358).

**ЖЕЛКАЙЫП** — *Мамбеттин* байгеге чапкан күлүгү. Көкөтөйдүн кара ашындагы ат чабышта марага жетинчи келет (СО, 3. 58).

**ЖЕЛКАРА** — *Сейиттин* байгеге чапкан күлүгү. Көкөтөйдүн кара ашындагы ат чабышта марага тогузунчу келет (СО, 3. 58).

**ЖЕЛКЫЗЫЛ** — *Тейиш* кандын байгеге чапкан күлүгү. Көкөтөйдүн кара ашындагы ат чабышта байгелүү орунду ээлеген тулпар катары сүрөттөлөт (СО, 3. 64).

**ЖЕЛМАЯН** — төөнүн күлүгү. «Манас» эпосундагы зооморфтук образдардын бири. Байыркы кыргыздарда төө урмат-сыйга ээ. Илгери ал ботологондо сүйүнчүлөп, жентек беришчү. Аны адам сыяктуу эле ботосу өлсө же жоголсо кайгы тартууга, ал эмес жоктоого да жөндөмдүү деп эсептешкен. Казактарда да ак төө ыйык деп эсептелет. Аны аябай бир кубанычтуу учурларда курмандыкка чалышкан. Эки элдин диний ишениминен орун алган жогоркудай жалпы көз караштар алардын көркөм ойлоосунда окшош мотивдерди

жараткан. Дегеле кыргыз фольклорунда Ж-дын образы аңыз-уламыштан баштап, «Манас» эпопеясына чейин орун алган. Манас өлгөндө Ж. «Аза күтүп, ээй, от жебей, Армандуу болуп ээй, суу ичпей» (СК, «Семетей», 1. 223), чөгүп, адам сыяктуу кайгы-муңга батат. Семетей эр жетип элине келе жатканда алдынан тосуп чыгат ж-а аны ал курмандыкка чалганда: «Караса көзгө илинбейт, Кайда экени билинбейт... Жерге тамган каны жок, Желмаяны дагы жок» (СК, «Семетей», 548-инв., 154-б.), кайып болуп жоголуп кетет. Эпос б-ча Ж. жөнөкөй эле төө эмес, аны Манаска Шай ата (Шаймерден) кайыптын элинен алып келгенин айтып тапшырат. Айрым этнографиялык маалыматтарга караганда кыргыздар кээ бир касиеттерин адамга окшоштурушкан, ага арнап ар түрдүү ырым-жырымдарды иштешкен. Ошондуктан мындай түшүнүктөр качандыр бир убактарда төө кыргыздарда (түркмөндөр сыяктуу) тотем болгондугун айгинелейт. Касиеттүү эсептелип, сыйынуунун объектилеринен болгон жер-суу, тоо-таш, булак ээлери да ак тайлак делип, төөгө байланыштырылгандыгынан да тотемдин калдыгын көрүүгө болот. Ж. кайып болуп кеткенден кийин бейшемби, жума күндөрүндө Манастын күмбөзүнө келип тургандыгы айтылат. Демек, эпостун негизги варианттарында баяндалган Ж-дын образы Манастын күмбөзүнүн колдоочу ээси катары элес берет.

*С. Алиев*

**ЖЕЛМОГУЗ** (түрк-моңг.) — мифтик жандык. Көп элдердин фольклорунда киши кебетесиндеги Ж-дун образы кезигип, ал көпчүлүк учурларда башкы оң каармандар м-н согушат. Адам баласынын байыркы мезгилдеги түшүнүгүнө байланышкан Ж-дун образы көп белгиси, аткарган кызматы жагынан түрк-моңгол элдеринин эпостук чыгармаларында негизинен бирдей, окшош. Ал тургай мифтик бул кейипкердин ысымынын аталышынын үндөштүгү да алардын образынын теги бир экендигин айгинелейт. Мис., кыргыз мифологиясындагы Ж. казактарда «желмауз», өзбектерде «ялмогиз», алтайлыктарда «моңуз» («моос», «маңыз»), туваларда «маңгыс» («моос»), хакастарда «моос», моңголдордо «маңгас» («мангус»), буряттарда «мангадхай» деп аталат. Ж. элдик чыгармаларда тектеш, типтеш чагылдырылган м-н көркөм образ катары улуттук мүнөздөгү айырмачылыктарга ээ. Алар дайыма элдик баатырларга каршы туруп, кыянаттык кылат. «Манас» эпосунун «Сейтек» бөлүмүндө чагылдырылган Желмогуз уулу Сарыбай дөө м-н болгон күрөш (КВ, «Сейтек», 210—229) бөтөнчө көркөм сүрөттөлүп, Ж-дун типтүү образы мүнөздөлөт. Ж-га каршы күрөш поэманын баатырдык багытын жогорку бийиктикке чыгарат. Сарыбай желмогуздун жеңилиши адилетсиздикти акыйкаттык, жамандыкты жакшылык жеңиши, эл мүдөөсүнүн жүзөгө ашышы болуп эсептелет. Бул сыяктуу жомоктук мифологиялык мотивдер Ж-дун эпосто чагылышын, учкул кыял көркөм сөздүн мыйзамына ылайык апыртмалуу, укмуштуу-кереметтүү жагдайда (сыпатта) баяндалышын көрсөтүп турат.

*С. Алиев*

**ЖЕЛПИНИШ** — топоним. Эпосто күн батыштагы жердин түгөнгөн чеги, бүтүшү:

Жер урунту Желпиниш
Ага кирип кетерсиң.
Канаты бардан жин жүрөт,
Кайраты бардан пил жүрөт
Андан бөлөк ким жүрөт? (СО, 3. 93)—

делип, жин-пери дөө сыяктуу жомоктук жандыктын жери катары сүрөттөлөт. Ж. барган жанды аман койбогон бороон-чапкын, шамалдын мекени, же түшкөн адам кайра чыга албаган туңгуюк маанисинде да айтылат. СОВдо Ж. жетимурук деген мифтик элдин мекендеген жери, мифтик өлкө. «Жердин түбү Желпиништи жердеген Жаман элдин ээсине, Жарманас деген дөөсүнө» Манас карындашы Кардыгачты күйөөгө берет (СК, «Семетей», 1. 259—279).

**ЖЕЛТАМАН** — Эштектин байгеге чапкан күлүгү. Манастын төрөлүшүнө арналган тойдо байгеге чабылат (СО, 1. 81, 83).

**ЖЕЛТИЙБЕС** — эпизоддук кейипкер. Эсенкандын атайын тапшырмасы м-н Манасты өлтүрүү үчүн кытайдан келген Көзкамандардын бири. Алооке кыргыздарды чапканда сүрүлүп кетип, калмак болуп калган. Түбү Манастын аталаш тууганы. Манаска алдап уу бергенден кийин аны өлдү деп, ордосун талап алышып кытайга кетип баратышканда аркасынан кууп жеткен кырк чоронун колунан өлөт (КВ, 1. 267—292; СК, «Семетей», 1. 189—210).

**ЖЕНТЕК** — бала төрөлгөндө той берүү салты. «Манаста» да сакталган. Манас төрөлгөндө Ж. той берилип, тийиштүү жөрөлгөлөр м-н коштолуп өткөрүлгөндүгү сүрөттөлөт. Карыганча баласыз арманда жүргөн Жакып карыя м-н Чыйырды байбиче тилегине жетип, балалуу болот да бул тойго күн мурунтан даярданып, камдап жүргөн тамак-ашы (сары май, кошкон май, курут, бал-шекер ж. б.), боорсок жасалып, көп мал союлганы айтылат:

Чакырып журтка бериптир
Сегиз бээ союп жентекти.
Тоюнбаган тоюнуп,
Топтогон малдар союлуп
Ачтын баары тоюнуп (СО, 1. 79).

РЖВда төмөнкүчө сүрөттөлөт: «Жаткенден келген жети элчи, Жентегин мыктап жеп кетти, Манас желмогуз чыгат деп кетти».

**ЖЕҢИЖОК**, Өтө Көкө уулу (1860, Таластагы Сары-Көбөн деген жер, азыркы Манас р-ну —1918, Жаңы-Жол р-ну, Кара-Суу айылы) — акын. Ата-энесинен эрте ажырап, көрүнгөндүн эшигин сагалап, эптеп жан сактап жүрүп «ала» оорусуна (тери оорусуна) чалдыккан Өтө айыл билермандары тарабынан куугунтукталып, Аксыдагы таякелерине качып барат. Ырга болгон шыгы жаш кезинен эле ойгонот. Ошол учурларда Анжыян тарапта чоң той болуп, Өтө жеңи жок кемселчен



Т. Садыков. Жеңижок. Скульптура эскизи. 1990.

айтышка чыгып, Нурмолдону баш кылып бир нече ырчыны жеңип, калайыкка таанылат. Мына ошондон баштап анын Өтө аты калып, «Жеңижок» деген ылакап ат (псевдоним) м-н аталып калган. Кыргыз элинде Ж. деген ат м-н кеңири белгилүү болгон бул адам аалам, жер-суу, адам баласынын турмуштагы орду, милдети, жаратылыш м-н катышы ж-дө ырдалган философиялык маанайдагы термелери м-н өзгөчө таланттын ээси экенин айкындап турат. Ж.— элдик эпосторду да аткарган акын. Ал «Семетей» эпосунан «Семетейдин Таласка жөнөшүнөн» үзүндү айтканы бизге белгилүү. Үзүндү б-ча Каныкейден өзүнүн ата-тегин сурап билгенден кийин Семетей эл-жерин издеп жөнөйт. Анын туулган жери Таласка, атпай кыргыз элине келиши толгон жышааналар м-н байланышкан. Бала баатыр Семетейди эл карысы Бакай баш болуп Манастын Акшумкары, Желмаяны, Кумайыгы да зор кубаныч м-н тосуп алышат. Булар аркылуу Манастын ордун баса турган, ага тете эл баатыры келди, элдин күткөн тилеги ишке ашты деген ой берилген.

*Б. Кодоров*

**ЖЕР АЛДЫ** — байыркы мифологиянын негизинде пайда болгон түшүнүк. Байыркы адамдардын диний түшүнүгү б-ча дүйнө үчкө бөлүнгөн: биринчи — асман (кудайлар өлкөсү), экинчи — адамдар жашаган дүйнө, үчүнчү — жер астындагы дүйнө (өлүктөр дүйнөсү). Айрым адабиятчылардын пикири б-ча мифологиялык түшүнүктөрдүн алгачкы учурун таза диний мифология катары кароого болбойт. Кийинчерээк адамдар тапка бөлүнгөндөн кийин, бул элдик түшүнүк таптык кызыкчылыкка баш ийдирилип, мусулман дининин куралына айланган. Байыркы кыргыздар да кыял м-н жаратылышты бул тирүү адамдар жашаган дүйнө, өлгөн адамдар жашаган тигил — Ж. а-ндагы дүйнө деп экиге бөлүшкөн. Эпосто сүрөттөлгөн Ж. а-ндагы дүйнө жер үстүндөгү турмуштан эч бир айырмаланбайт. «Бокмурун элге кабар жибергени, Көкөтөйдү койгону» деген окуяда Ж. а-ндагы дүйнө төмөнкүчө сүрөттөлөт:

Күтүнүп турсаң ашыңа
Күлдү журт келер кашыңа.
Жердин өзү дөңгөлөк
Жеткен жан келер жөрмөлөп.
Жер астында эрлер бар (СО, 3. 67).

Мында кыргыз эпосундагы Ж. а-ндагы дүйнө ж-дөгү түшүнүк, башка түрк элдеринин көз карашындай эле бул элдин поэтикалык гана көз карашы деп жыйынтык чыгарууга болот.

9-к-га чейин кыргыздарда, Алтайда, Батыш Сибирде жашаган элдерде тигил дүйнө ж-дөгү түшүнүк абдан күчтүү болгон. Алтайлык ж-а Сибирде жашаган түрк элдеринин чыгармачылыгында Ж. а-ндагы кудайлар, шамандар м-н болгон согуш учурайт. Башкы каарман тагдырына багышталган аялды алуу үчүн Ж. а-на түшүү, болбосо алыскы бир жерге чоочун элге саякат жасоо башка элдердин эпикалык оозеки адабияттарында да кезигет. Бул мотив алардын өтө байыркылыгын белгилейт.

Академик В. В. Радлов алтайлыктардын элдик чыгармалары м-н таанышкандан кийин, бул түрк урууларынын оозеки чыгармаларында кеңири кезигүүчү Ж. а-ндагы дүйнө ж-дөгү түшүнүктөрдү шаманизмдин теңири катары карабастан, шамандык көз караштан өзгөчөлөнүп турган алтайлыктардын поэтикалык көз карашы катары караш керектигин эскерткен.

Ж. а-ндагы дүйнө ж-дө кыргыз элинин жөө жомокторунда, «Манас» эпосунда, негизинен «Эр Төштүктө» кеңири кездешет. «Эр Төштүк» эпосундагы Ж. а-ндагы турмуш ж-дөгү мифологиянын өнүгүшү тигил дүйнө ж-дөгү түшүнүктүн чыгышы, тактап айтканда, жан адамдын денесинен бөлөк жашайт деген түшүнүктүн келип чыгышы м-н байланыштырылган. «Манас» эпосунун негизги варианттарында да Төштүк Ж. а-на түшүп барып, кайра келген баатыр катары сүрөттөлөт:

Элемандын эркеси
Жер алдына түшкөнү
Жети жыл болгон чагы экен,
Жер үстүнө чыкканы
Жети күнчө бар экен
Ошо Төштүк келгени (СК, 2. 12, 40; СО, 3. 106).

Төштүктүн Ж. а-на түшүшүн шамандык мифология катары карабастан, байыркы адамдардын түшүнүгү катары караш керек.

*Ы. Кадыров*

**ЖЕРГЕ-ТАЛ** — топоним. «Жерге-Тал ылдый жүгүрүп, Энеңдин тизеси жерге бүгүлүп» (СК, «Семетей», 1. 32),— деп, Каныкей Чыйырды м-н Семетейди көтөрүп, төркүнүнө качып бааткaнда Ж.-Т. аркылуу өткөнү айтылат. Географиялык реалияда Кыргызстандагы бир катар жер, суулар Ж.-Т. аталары белгилүү.

**ЖЕР ЖӨНҮНДӨГҮ ИЛИМДЕР ЖАНА «МАНАС»** — табияттын кубулуштарын байкап,

ой жүгүрткөн адамдарды эзелтен бери жер бетинин түзүлүшү, анын өзгөчөлүктөрү кайдыгер калтырган эмес. Байыркы кыргыздардын жер кыртышынын кыймылдары ж-дө ой жүгүртүүлөрү «Манас» эпосунун ыр саптарында кезигет:

Тоо бузулуп сай болду,
Сай козголуп тоо болду.
Аты калып өзү жок,
Ар канча деңиз жоголду (КВ, 1. 2—3).
Ошол күндөн ушул күн,
Төккөн кумдай күн өттү,
Түгөнбөс нечен түн өттү,
Эсеп жеткис жыл өттү,
Сай ташындай жан өттү,
Санаттагы кан өттү,
Санжыргалуу эл өттү,
Ошол күндөн ушул күн,
Коо бузулуп сай болду,
Асты үстүнө айланып,
Сай бузулуп тоо болду.
Калдайып жаткан бул жердин,
Кайсы жери соо болду?!
Ошол күндөн ушул күн,
Деңиз кургап чөп болду,
Чөл бузулуп көл болду
Түз бузулуп төр болду.
Чокусу көктү тиреген,
Зоо бузулуп саз болду,
Каз-өрдөгү ойногон
Какыр жерге көл бүттү (КВ, «Семетей», 3—4).

Жер ж-дөгү илимдер м-н терең тааныш эмес адамдар бул мисалдарды «Манастагы» көп апыртмалардын бири, эпостогу негизги окуяларды кооздоо үчүн гана айтылган сөз ыкмалары деп коюшу ыктымал. Бирок, «Манас» эпосунун ушул саптары аркылуу табият чындыгы, жер ж-дөгү илимдер тарабынан аныкталган процесстер баяндалган. «Манас» эпосунун материалдарына таянып төмөнкүдөй илимий маселелерди кароого болот: 1) жер бетинин өзгөрүшү, жер кыртышындагы табигый кыймылдар; 2) өзгөрүүлөрдүн ылдамдыгы; 3) мезгилдүү (ритмдүү) өзгөрүүлөр; 4) өзгөрүүлөрдүн табияттык жолу; 5) мезгил ж-а табият.

1. Жер бетинин өзгөрүшү, жер кыртышындагы табигый кыймылдар. Эпостогу ырлардын жалпы мазмуну — жер бетинин түзүлүшү түбөлүк бир калыпта турбайт, дайыма бузулуп, өзгөрүлүп турат деген маанини түшүндүрөт. Бул — илимий чындык ж-а маанилүү жыйынтык. Мындай өзгөрүүлөр жер кыртышынын өйдө-ылдый кыймылдары (жердин ички процесстери, б. а. эндогендик процесстер) ж-а сырткы геологиялык процесстер (суу, шамал, мөңгү ж. б. тектерди талкалап, үбөлөнтөт, ал үбөлөндү чөгүндүгө айланат) м-н байланышкан. Деңиз жээктеринен мындай кыймылдар өзгөчө жакшы байкалат. Мурун кургак жерде салынган курулуштар кийин, жер кыртышы чөгүп кеткендиктен, суунун астында калган учурлар көп. Мис., Кара деңиздеги Сухуми булуңунда байыркы гректердин колониясынын курулуштары суунун түбүндө калган. Азов деңизинин түн. жээктеринде байыркы скифтердин мүрзөлөрү азыр деңиз м-н жабылып турат. Ысык-Көлдүн түбүндө калган шаар урандылары, о. эле карапалар, бышкан кыштар, куурлар да көпчүлүккө белгилүү. Арийне, мурунку турган деңгээлинен өйдө көтөрүлүп кеткен жерлер да көп учурайт: Жаңы-Жер аралында мурун жээкте салынган балыкчылардын тамдары ж-а кайык байлоочу мамылары азыр деңиз деңгээлинен бир топ бийиктикке көтөрүлүп калган. Суусамыр өрөөнүндөгү Айгыр-Жал деген дөңсөөгө мурда арык м-н суу чыгарылып, айдоо жерлер сугарылчу. Кийинчерээк, ал жер тектирче болуп, өйдө жылып кетип, арыктагы суу бөгөлүп, айдоого жетпей калды. Азыр Айгыр-Жалда кайрак эгин айдалат.

Биз узагыраак геологиялык мезгил ичинде камтылган окуяларды алсак, эпостогу келтирилген ойлордун анык экенин даанараак көрөбүз. Палеоген ж-а бор мезгилдеринде (мындан 37—137 млн жылдар мурун) биздин жерде азыркы аркайган кыргыз тоолору пайда боло элек, мелтиреген түз талаа жаткан. Климаты ысык ж-а кургак келип, өсүмдүктөр жок, азыркы Казакстандын Батпак Талаасы сыяктуу какыраган чөл болгон. Ал эми Фергана өрөөнү тарапта толкуган «көк деңиз» орун алган. Андан мурунураак, юра мезгилине (мындан 137—197 млн жыл мурун) көз чаптырсак, климат нымдуу ж-а жылуу болгондуктан, субтропикалык өсүмдүктөр дүркүрөп өсүп турганын билебиз. Көп жерлерде чытырман токой, былкылдак саз, майда көлдөр, суулар болгон. Ал эми пермь мезгилинде ж-а карбон мезгилинин аягында (мындан 240—325 млн жылдар мурун) О. Азияда мурункудан башкача жалпак тоолор, атылып турган жанар тоолор болгон. Улам өткөн доорлордун түпкүрүнө жылган сайын биздин жерибизде ар түрдүү тоолор, мелтиреген түздөр, чалкып жаткан деңиздер, какыраган чөлдөр орун алмашып, жер бети ала чакмак болуп өзгөрүп турганын геологиялык изилдөөлөр аныктоодо. Академик В. Е. Хаин мындай деп жазат: «Бардык жерде, ар убакта жер кыртышы тынымсыз кыймылдап турат: токумдай жер бети да кыймылсыз тынч турбайт жана турган эмес» («Общая геотектоника», М., 1964).

2. Өзгөрүүлөрдүн ылдамдыгы. «Элүү жылда эл жаңы, Жүз жылда болот жер жаңы»,— деп «Манаста» айтылат. Элге караганда жер кыртышында болгон окуялар өтө жай өтөт деген түшүнүк берилип жатат. Бул да чындык. Маселен, (тиешелүү аспаптар м-н) көп төгөн атайын илимий өлчөөлөрдүн натыйжасында Вильнюс шаары жылына 3,8 *мм*, Курск —3,6 *мм*, Харьков—3,9 *мм*, Донбасстын аймагы —10 *мм* өйдө көтөрүлүп, ал эми Витебск —1,4 *мм*, Москва —3,7 *мм*, Ленинград —2 *мм* ылдый чөгүп жатканы аныкталган. Жер кыртышы үчүн жылына 1—3 *см*ге жеткен кыймылдар өтө катуу кыймыл

катары эсептелинет. Ошентип, жердин жаңыланышы өтө акырындык м-н жүргөнүнө карабастан акылга сыярлык көрүнүш. Элдин жаңыланышы болсо, жашоонун өлбөстүгү, түбөлүктүүлүгү м-н мүнөздөлөт.

3. Мезгилдүү (ритмдүү) өзгөрүүлөр. Эпос «бардан жок болбойт» деген жаратылыш мыйзамы м-н үндөшүп турат. Жогоруда келтирилген мисалдардын ар бир сабында мурунку жерлер өйдө көтөрүлдү да (сай — тоого, деңиз — чөлгө, түз — төргө), ошол эле көтөрүлгөн жерлер кайрадан ойдуң түзгө (тоо — коого, чөл — көлгө, зоолор — сазга) айланды деп аныкталат. Бул азыркы түшүнүк м-н айтканда жер кыртышынын кыймылындагы биримдүүлүктү ж-а ритмдүүлүктү көрсөтүп турат деп айтсак болот. Жер ж-дөгү илимдердин илимий тыянагы буларды ырастайт.

4. Өзгөрүүлөрдүн табияттык жолу. «Манастын» табиятты сүрөттөгөн ыр саптары, жер кыртышындагы өзгөрүүлөр асты-үстүнө айлануу жолу м-н өтөт деген маанини берет. Бул жыйынтык геология илиминин азыркы учурдагы «жер кыртышынын кыймылы дайыма багытын өзгөртүп турат» — деген негизги тыянактарынын бирине туура келет. Терең чөккөн коо же сай бийик көтөрүлүп, тоо болорун билдирген жаратылыштык кубулуш геология илиминде «инверсия» деп аталат.

5. Мезгил ж-а табият. Убакыт ж-дө ар бир адам же илимпоз ар башка түшүнүктөрдө болот. Алсак, адамдын жашын бир нече жылдан ондогон жылдар м-н гана эсептейт. Тарыхчылар тарых ж-дө сөз болгондо убакытты мындан 25, 50, 100, 150 жыл мурун деп санашат. Ал эми археологдор болсо убакытты кылымдар же маданият доорлору м-н эсептешет. Геологдор болсо убакытты миллиондогон жылдар м-н эсептешет. 19-к-дын башында эле Европанын көпчүлүк окумуштуулары Библияда көрсөтүлгөн бар болгону 6000 жылды жер жаралгандан берки убакыт деп эсептешкен. Кийинчерээк, геология, физика илимдеринин өнүгүшүнүн натыйжасында убакыт чынында абдан узак экендиги, жердин жаралышынан бери 4,5—5,5 млрд жыл өткөндүгү аныкталды. Мунун өзү манасчылардын «Төккөн кумдай күн өттү, Түгөнбөс эчен түн өттү, Эсеп жеткис жыл өттү»,— деп мезгилдин эсеп жеткис узактыгын баяндаган ыр саптарынын табигый ырастыгын айгинелейт.

«Манас» эпосунда айтылган жер ж-дөгү ойлор терең мааниде экендиги кийинки илимий ачылыштардын жыйынтыгынан улам билинип турат. Жалаң гана геологиялык баян эмес, илимдин башка тармактары (биология, физика, медицина ж. б.) б-ча да кызык маалыматтар бул залкар эпостон табылышы мүмкүн. Бул келечектин иши. Илгерки замандардан бери кыргыз элинин ичинде табиятка көз карашы, дили реалдуу болуп, жер кыртышында жүрүп жаткан өзгөрүүлөргө дайыма байкоо жүргүзүп келген инсандар болгонун «Манас» эпосу да ырастап турат.

*А. Бакиров, К. Осмонбетов*

**ЖЕРКЕН** (Жаркент) — топоним. Эпосто кыргыздар эзелтеден ээлик кылып келген өрөөн, шаар.

Ээ боло албай малына,
Эми келди байыңыз
Кашкар менен Жеркендин
Как ортосу шаарына (СО, 1. 173),—

деп Жакыптын агасы Байдын Кашкар м-н Ж-ди ортолоп келгени айтылат. Географиялык реалияда — Яркенд—Синьцзяндагы шаар ж-а суу.

**ЖЕР-СУУ АТТАРЫ**, к. *Манастын топонимиясы.*

**ЖЕР ТИТИРӨӨ** — табигый күчтөрдүн таасиринен жер бетинин термелиши. «Манас» эпосунда да бул түшүнүк орун алган. Бирок Ж. т. кандайдыр бир чоң окуяларга байланыштуу болот, мис., Алмамбет төрөлгөндө, к. *Зилзала.*

**ЖЕСЕ** — эпизоддук кейипкер, кытай балбаны. Чоң казатта Сыргак кулата сайган Каражойду атка мингизип алып кетүүгө аракеттенген баатыр катары эскерилет (СК, 2. 190).

**ЖЕСЕК** — чалгын, кароол, сакчылык, күзөт. Ж-чи, чалгынчы, кароолчу, күзөтчү маанилерин билдирет. «Семетей» бөлүгүндө Ж. тууралуу мындай маалымат берилет:

Эл башкарып, жер болжоп
Жезекчи Жойку капыры,
Семетей башын кесүүгө
Кумарланган баатырың (СК, «Семетей», 2. 286), к. *Чалгын чалуу.*

**ЖЕСЕТ**, жасат —1) дене, келбет, бүткөн бой; 2) сөөк, өлүк. «Манас» эпосунда эки маанисинде тең учурайт: «Жесетин жерге токтотуп, Ак жоолуктун баарына Атакелеп жоктотуп (СО, 3. 40), «Талаада бекен деп турам Табытка салып жөнөөрдө» (СО, 2. 331).

**ЖЕТЕ**, Түндүк Жете — этноним. «Мажму аттаварикте» Моголстандын элин Ж. (каракчы) деп чагатай калкы аташкан.

**ЖЕТЕЛЕК** — мифтик кейипкер. Жомоктук-мифтик жаныбарлардын арасында суу адамы катары айтылат: «Дагы суунун адамы Жетелек деген жини бар» (СО, 3. 14).

**ЖЕТИГЕН** — эки жылдыздар тобу: бири — Чоң Ж., экинчиси — Кичи Ж. Бул эки жылдыздар тобунун уюткусу кичи Ж-ге таандык болгон Алтын казык жылдызына байланышкан. Кыргыз элинин уламышында Алтын казыкка Ак боз ат, Көк боз ат байланып турат. Ал эки жылдыз Алтын казыкка аябай жакын жайгашкан. Аларды уурдап кетсек деп жети каракчы түн бою айланып жүрөт, бирок түн сайын чечип аларында таң атып кетип, Ак боз ат м-н Көк боз атты уурдай албай калышат экен. Уламыштагы жети каракчы демейдеги Чоң Ж-ге туура келет. Ж. деген сөздүн өзү жети кан деген эки сөздүн биригишинен пайда болгон. Алтай элинин оозеки чыгармачылыгында кыргызча каракчыга байланыштуу айтылган легенда жети канга (канга) ыйгарылып алигиче айты-

лат. Болжолу о. кылымдарда түрктөр Ак боз ат м-н Көк боз атты алганы жүргөн жети кишинин каганы (каан, кан, хан) деп түшүнгөн. Эпосто Ж. географиялык багыттарды туюндуруучу терминдердин бири. Түн. тарап деген маанини билдирет. Көкөтөйдүн керээзинде:

Какандын шаарын каралап,
Каз моюл журтун аралап,
Жетиген жакка барбасын.
Жетимурук журту бар,
Желмогуздай ушулар (СО, 3. 12).

Ж. багыт катары эпостун башка эпизоддорунда б. а. эл көчкөндө, тигил же бул жердин ордун белгилөөдө арбын колдонулган: «Эми көчүп бул жерден Жетиген жакка кетеби» (СО, 3. 76).

Жетигендин тарабы
Жери Кенжут карады,
Күн чыгышы Ималай
Шолорду да жердеген
Шоорукtун эли бир далай (СО, 2. 203).

*К. Сейдакматов*

**ЖЕТИ КАШКА.** 16-к-га таандык Сейф аддин Аксыкентинин «Мажму ат-таварих» деген кол жазмасындагы «Манас» эпосуна тиешелүү болгон материалдарда Манас баатырдын ата-теги ж-а анын жакын туугандары ж-дө маалымат берилет. Анда Каркарадан Якуб, андан Манас м-н Карнас туулат. Каркарага тууган Ак-Темир деген кыпчактын Дөөлөт-Иар, Худа-Йар, Берди-Иар, Али-Йар, Муса-Иар, Иса-Иар, Түлө-Иар деген жети уулу болот. Жетөө тең көк кашка ат минип жоого чогуу кирчү экен. Ошондуктан алар Ж. к. аталып калганы айтылат санжырада.

**ЖЕТИ КЫЛЫМ** (ар. иклим — бөлүк). Ислам дининин түшүнүгүндө бүтүндөй жер чөлкөмүндөгү кургактык жети кылымга (бөлүккө) бөлүнгөн. Мусулман дүйнөсүндөгү касиеттүү аталган ошол Ж. к. төмөнкүдөй болуп бөлүнөт:

1-иклим, Мекке ж-а Мадина чөлкөмдөрү.

2-иклим, Кудус ж-а Шам (Дамаска) вилаеттери.

3-иклим, Багдад м-н Фейруз дубандары.

4-иклим, Кырым м-н Урум (Византия аймактары).

5-иклим, Чин, Мачын ж-а Кытай калкы.

6-иклим, Көк ордо ж-а Едил журту.

7-иклим, Самаркан, Бухара, Хорезм чөлкөмдөрү.

Кыргыз тилинде, о. эле эпосто: 1) доор, заман. 2) аалам, жер жүзү. 3) бүткүл, бардык маанилеринде кеңири жолугат. Мис., Көкөтөйдүн өлөрүндө Баймырзага айткан керээзинде: «Жети кылым эл жыйып, Жердин жүзүн чаң кылып» (СО, 3. 11),— деп бүткүл жер жүзүндөгү элди ашка чакырбоосун тапшырат.

*Т. Ташматов*

**ЖЕТИМ-МОЙНОК** — топоним. Эпос б-ча Букар шаарына жакын жерлердин бири, Семетей бала кезинде куш салып көңүл ачып жүрөт: «Жээк Акчийди басты эми, Жетим-Мойнок төрт кыраң Муну бала ашты эле» (СК, «Семетей», 1.

**ЖЕТИМУРУК** — этноним, *Желпиниш* деп аталган мифтик өлкөнү мекендеген эл.

**ЖЕТИ-СУУ** (Жети-Өзөн) — топоним, кыргыздардын ж-а ага жамаатташ элдердин абалтан мекендеген жери катары эпосто көп эскерилет.

Жети-Суу жердин соорусу,
Атынын жеми күрүчтөн,
Намыс ойлоп мен турам
Ага барбай жүрүштөн (СО, 2. 154),—

деп Айдаркан уулу Көкчөнүн ал жерди эңсегени айтылат. Географиялык реалияда Ж.-С. Казакстандын түш.-чыгышындагы агын сууларга бай аймак. 18-к-дын аягында —19-к-дын башында Ж.-С. деп Илепсинин (Лепси) орто бөлүгүндөгү жерлер гана аталган. Архивдик даректе ал жер Семейден 700 чакырым алыс турат деп белгиленген. Кийин 19-к-да бул ысым Аягүздөн Илеге чейинки кеңири аймакка таралган. Орто кылымдардагы чыгармаларда Ж.-С. топоними кезикбейт.

**ЖЕТИ-ТАШ**, к. *Таш.*

**ЖЕТИ-ТӨР** — топоним. Эпосто Манастын бабасы Бөйөн кан мекендеген жердин аталышы:

Жети-Төрдүн башында
Жеткилең тууган Бөйөн кан,
Бөйөн кандын баласы
Кайраттуу тууган Кара кан (РЖВ, 1).

**ЖЕТИ-ШААР** — топоним. Жакыпбектин убактылуу мамлекетине (Бак-Дөөлөт) (1864—78) баш ийип турган Чыгыш Түркстандагы шаарлардын санына (Котон, Жаркен, Жаңы-Гисар, Кашкар, Ак-Суу, Куча, Кара-Шаар) карата 19-к-дын 2-жарымында пайда болгон жалпы географиялык ат. «Манас» эпосунун варианттарында сейрек айтылып, Чыгыш Түркстандын (Алты-Шаар) бир аты катары жолугат. Мис., Көкөтөйдүн ашында Жолой байгеге сайган малды талап жатканда Манас «Жети-Шаарың бөлүшөм, Жеткире кууп өлүшөм» (СК, 2. 71),— деп айтат.

**ЖЕТКИР-БИЙ** — эпизоддук кейипкер. *Агыштын* атасы катары гана эскерилет (СО, 1. 90, 134, 177).

**ЖИРМУНСКИЙ** Виктор Максимович (1891, Санкт-Петербург —1971, Ленинград) — советтик филолог. СССР ИАнын корреспондент мүчөсү (1939), академиги (1966). Петербург ун-тин бүтүргөн (1912). Саратов ун-тинин (1917), Ленинград ун-тинин (1956), Москва ун-тинин профессору. Ж.— герман тилдерин изилдөө б-ча СССРдеги эң ири окумуштуулардын бири. Орус ж-а Батыш Европа адабиятынын теориясы, тарыхы б-ча көп эмгектерди жараткан. Ж-дин түрк элдеринин фольклору б-ча жазган эмгектери да арбын. Ал 1941-ж. Ленинград немец фашисттердин курчоосунда калганда Ташкенге эвакуацияланган. Бул жерде 1944-жылдын октябрь айына чейин калып, О. Азия мамл. ун-тинин профессору, Өзбек ССР ИАнын Тил ж-а адабият ин-тунун фоль-



клор бөлүмүнүн башчысы, Тарых-филология илим изилдөө институнун директору болуп иштеген. Ошол кезде түрк элдеринин эпостору м-н кеңири таанышып, омоктуу изилдөөлөрдү жараткан. Ж-дин изилдөөлөрүндө кыргыз эпостору, айрыкча «Манас» кеңири чагылдырылат. «Узбекский народный героический эпос» (1947, Х. Т. Зарифов м-н бирге), «Сказание об Алпамыше и богатырская сказка» (1960) деген эмгектеринде «Манас» эпосунун мотив, сюжет, образ ж. б-лары салыштырма материал катары тартылган. Ж-дин «Введение в изучение эпоса "Манас"» (1948) аттуу китеби «Манасты» көркөм мурас катары изилдөөнүн, манасчылардын айтуучулук өнөрүнө баа берүүнүн, образдар системасын, сюжеттерди, эпостун жаралуу тарыхын ж-а анда тарыхтын чагылдырылышын иликтөөнүн негизги багыттарын аныктады. Ж-дин бул китебиндеги илимий тыянактар азыр да өз күчүн жогото элек (к. *«Введение в изучение* эпоса "Манас"»*. Ж. Берлиндеги Герман ИАнын (1956), Британ ИАнын (1962), Дания ИАнын (1967), Бавария ИАнын (1970) корреспондент мүчөсү болгон. Ленин ордени, башка эки орден м-н сыйланган.

*С. Кайыпов*

**ЖОЙБОЛОТ** — жоокердик курал. Эпосто Ж. Алмамбетке таандык мылтык катары айтылат.

**ЖОЙБОЛОТ** — асмандан түшкөн алты курчтун бири, Бакайдын кылычы.

**ЖОЙКАРА** — көзгө атар кытай мергени, к. *Каражой.*

**ЖОЙКУМА** — асмандан түшкөн алты курчтун бири, Алмамбеттин кылычы.

**ЖОЙКЫНА** — эпизоддук кейипкер, кытай баатыры. Таластын суусун бурган тосмону кайтарган алтымыш балбандын башчысы Түктаман: «Коңурбайдан эр экен, Жойкынадан жоон эли, Нескарадан эки эли, Өөдө турган эме экен»,— деп Күлчорону сынаганда Ж-ны эскерет (СК, «Семетей», 2. 239).

**ЖОКТОО** — элдик салт ырларынын бир түрү. Мазмун жагынан кошокко жакын, к. *Кошок.*

**ЖОЛБОРС** — тотем жаныбар. Орхон-Эне-Сай жазмаларында көк түрктөрдүн уруу башчы, кандары, баатырлары жолборсту ыйык (тотем) тутуп өлтүрбөгөндүгү катталган. «Манас» эпосунда мифтик апыртма түшүнүктө сүрөттөлгөн. Ж-тун эпикалык образы башкы каармандын тотеми катары милдет аткарат. Манас жоого киргенде Ж. да мифтик башка жандыктар м-н кошо баатырды коштоп жүрөт. Манастын кереметтүү бойго бүтүшү ж-а укмуштуу төрөлүшү да магиялык түшүнүк м-н байланыштырылган. Бойго бүтөрдө эне-атасы элдин көз карашы б-ча тартынбастыктын, кайраттуулуктун, баатырдыктын символу болгон жырткыч жаныбарларды ж-а алгыр куштарды түштөрүндө көрүшөт. Түштө берилген аян аркылуу ошол жаныбарга таандык артыкча сапатка ээ эркек бала төрөлөрү алдын ала билинет. Болочокку баатыр бойго бүткөндө энеси жолборстун жүрөгүнө талгак болот. Тотем эсептелген Ж-тун бүткүл эти эмес, жүрөгүнүн гана магиялык касиет, күчкө ээ болушу — өзүнчө бир поэтикалык мотив. Эпикалык бул мотив өзүнүн негизин тотемдик түшүнүктөн алынган м-н болочокто элин душмандан коргой турган Ж-той жүрөктүү, күч-кубаттуу баатырдын жаралышын эңсеген элдин фантазиясы көтөрүңкү пафосто чагылдырылат. Болочоктогу баатырдын энеси арстандын жүрөгүнө талгак болуп, аны жегенден кийин же ажыдаардын башын чайнагандан кийин гана каалагандай баатыр уул төрөшү казактардын «Кабыланды» эпосунда да кезигет. «Манас» эпосунун сюжетиндеги Чыйырды м-н Жакыптын түшүнө кирген Ж. Манастын тотемине айланып, классикалык тотемдерге мүнөздүү белгилерди сактаганын, анын бардык милдетин аткарганын көрөбүз. СКВ б-ча Манас төрөлгөндө: «Бир карасаң баладай, Бир карасаң сур жолборс» (СК, 1. 54) болуп көрүнөт. СОВдо Көзкамандардан ууланып, жарадар болуп өлүм алдында жаткан Манас колдоочусу Ж-тон жардам аларын, өзүн издеп келген Сыргак м-н Серекке билдирет: «Мени дагы чоролор Бейдаарат бенде дебеңдер, Жолборстон болор жолдошум, Коркпостон болор колдошум» (СО, КФ, 1794-инв., 437-б.). Ж-тун жардамы м-н Манас жаратынан айыгат. Манас баатыр Анжыянды бийлеген Алоокеге барган учурда, ал Манасты тымызын жайлоо үчүн ажайышканасында багылган жырткыч жаныбарларын коё берет. Бирок, алар Манаска даап кол сала алышпайт. Мында да анын колдоочуларынын бири Ж. экени окуяга поэтикалык курчтук, баатырга тете алптык касиет берип турат. Баатырлардын чексиз кара күчүн, баатырдык сапатын Ж-тун элесине теңештирүү эпостогу терс каармандарга да мүнөздүү. «Көк күбө тонду жамынып, Көрөр болсоң Коң төрө Көк Жолборстой чамынып» турган Коңурбайдын баатырлыгын билдирет.

*С. Алиев*

**ЖОЛБОРСААЛЫ** Турдаалы уулу (Токтогул р-ну, Токтогул айылы) — «Манас» айтуучу. «Манасты» 1947-жылдан китептен үйрөнүп айта баштаган. Ата-бабаларынан, туугандарынан «Манас» айткандары болгон эмес. Андан «Алмамбет менен Чубактын жол талашканы» эпизодунан үзүндү (367 сап) гана жазып алынган.

**ЖОЛБОРСТУН ЖҮРӨГҮНӨ ТАЛГАК БОЛУУ** — баатырдык эпостордун баш каарманы энесинин боюна бүткөн кезинде эпикалык эненин кадимки тамакка көңүлү келбей, табылышы татаал башка бир даамды — жырткыч жаныбарлардын этин, жүрөгүн ж-а кыраан куштардын көз майын эңсеп күсөшү; жерик. Кыргыз элинин баатырдык эпосторунда болочокку башкы баатырдын энесинин



Ж. ж. т. б-су аны кана жегенден кийин гана ойдогудай жетилген баатыр баланын укмуштуу төрөлүшү ж-дөгү салттык мотив «Манас», «Жаныш-Байыш» ж-а казактардын «Кобыланды» эпосторунда даңазаланат, к. *Талгак болуу*.

**ЖОЛДОШЕВ** Токчоро (1902, Пишпек уезди, Сарбагыш болушу, Кара-Жылга айылы — 1937)— советтик партиялык ишмер, кыргыз совет адабиятчысы. 1925-ж. Алматыдагы Казак-кыргыз эл агартуу ин-тун бүтүргөн. 1925-жылдан Каракол-Нарын округунда эл агартуу бөлүмүн жетектеген. 1927-ж. Москвадагы Борб. улуттар басмасынын кыргыз секциясына жооптуу секретарь болгон. 1927—28-ж. Кыргыз ССР эл агартуу комиссариатынын Академиялык борборунда төрагасы, 1929—31-ж. Кыргызстан БАКтын президиумуна мүчө, жооптуу секретарь, 1931—32-ж. Кыргызстан колхоз борборунун (азыркы керек-жарак союзу) төрагасы, 1933—35-ж. Кыргыз АССР эл агартуу комиссары болгон. Ж-дын редакторлугу м-н Тоголок Молдонун «Насыят», Боогачынын «Күйгөнү», Тыныбек Жапый уулу айткан «Семетейден» үзүндү басылып чыккан. Сагымбай Орозбак уулунун вариантынын жазылып калышына камкордук кылган инсандардын бири.

**ЖОЛОЙ** — негизги терс каармандардын бири, калмак каны ж-а балбаны, жоо саяр баатыры. Эпостогу согуш эпизоддорунун көбүнө катышкан туруктуу каардуу душман. Академик Б. М. Юнусалиев «Манас» эпосунда чагылдырылган эпикалык Ж. кидандардын Елюй Даши деген аскер башчысынын ысымына байланыштуу пайда болгон деген көз караштты айтат. Окумуштуунун бул пикири белгилүү даражада чындыкка жакындайт. Тарыхый маалыматтар б-ча 10-к-дан тартып кидандардын (кара кытай) елюй (йолуй) уруусу Борб. Азияга өзүнүн үстөмдүгүн жүргүзөт. Кидандардын мамлекети Ляо империясы деп аталган. Ляо империясы 12-к-дын башында экиге бөлүнүп, бир бөлүгү Моңголия, Манжурия, Түн. Кытайдын чөлкөмүндө Цзинь империясын, экинчи бөлүгү кол башчы Елюй Дашинин жетекчилиги м-н О. Азияны басып кирип, Си Ляо (Батыш Ляо) деген мамлекет түзөт. Кидандар азыркы Кыргызстандын аймагына 1129—30-ж. келет. Демек, Елюй уруусу (10-к-дан тартып) бийликке келгенден кийин, башкаруу чөйрөсүндөгү адамдар салттык түрдө ушул уруунун атын кошо ала жүрүшкөн. Мис., Елюй Амбагань, Елюй Лубугу, Елюй Даши, Елюй Тэла, Елюй Чу-Цай, Елюй Юй-ду, Елюй Шу-Чен ж. б. «Манас» эпосундагы эпикалык Ж-дун мына ушул кидандардын башкаруучу уруусунун («Елюй») атына байланыштуу пайда болгон деген тыянакка келүүгө болот. Анткени, эпостук чыгармалардын тарыхый өнүгүшүнүн мыйзам ченемине ылайык эпикалык ысымдар (эпоним) көп учурда конкреттүү уруулардын, элдердин, ар түрдүү титулдарын, аттарын персонификациялаштыруу аркылуу кабыл алынат. Мис., Ногой-кан (Ногой ордосу), Бууракан (Караханийлердин титулдук наамы), Коңтаажы (калмактардын титулдук наамы) ж. б. Демек, «Манас» эпосу Ж-дун ысымы аркылуу кидандардын башкаруучу уруусун персонификациялаштыруу м-н аларды башкы душман экендигин жалпылаштырып туюндуруп жатат. «Мажму ат-таварих» («Тарыхтар жыйнагы») б-ча да Манас баатырдын эң башкы душманы Ж. согуштук окуяларда кеңири чагылдырылгандыгы белгилүү. Чыгармада Ж. калмак элинин каны, кол башчы баатыры катары мүнөздөлүп, Манас баатырга каршы күрөш жүргүзгөндүгү баяндалат. Ч. Валиханов жазып алган «Көкөй кандын ашы» эпизодунда капыр м-н мусулмандын ичинен Ж. жаңжал чыгарып Манас м-н согушат. В. В. Радлов жазып алган «Манастын» вариантындагы Ж-дун образына баскынчылык, ала көөдөндүк, кеңдөйлүк сыяктуу терс сапаттар мүнөздүү. Колдо бар материал-

Т. Герцен. Жолой.



дар б-ча Ж.— жоокер, баатыр, ошону м-н бирге эл бийлеген кан. «Манас» варианттарындагы Ж. катышкан бардык окуяларда ал «кан» деп аталат:

Кара калмак каны экен,
Сайыш менен чабышка
Башынан кадик жан экен,
Өзү жалпак, өңү саз,
Күрөш менен согушка
Эчак болгон эпчил маш (СК, КФ, 536-инв., 332-б.).

«Манаста» чагылдырылган Ж-дун образынан душмандын жоокер баатырынын элесин гана



Б. Жумабаев. Жолой.

көрөбүз. Саякбай Карала уулу Ж-дун портретин сүрөттөөдө баатырдык ж-а балбандык белгилери м-н шайкеш мыкаачылык ж-а кан ичкичтик сыяктуу терс сапаттардын бүтүндөй бир градациясын пайдаланат:

Өлчөөң кеткен бул Жолой
Өлтүрүп канга тойбогон.
Жан кыйгычтын бири ошол,
Жан алгычтын өзү ошол,
Кан ичип жүрүп катыккан.
Каары толук заары күч,
Бул капырдан күдөр үз.
Төбө чачы сүксүйүп,
Жеп ийчүдөй үксүйүп.
Качырган каман төштөнүп,
Алуучу аюу көздөнүп,
Көрсө көңүл бөлүнүп,
Айкырып сунган айзасы
Карагайдай көрүнүп,
Көргөндүн көөнү бөлүнүп,
Жолум үйдөй чоюн баш
Билекке орой чалынуу
Жолойду көрсөң көзүң ач! (СК, КФ, 536-инв., 325-б.).

Ж. баскынчы баатыр катарында калмак жоокерлерине кол башчылык кылып, талоончул жортуулдарга баштап кирет. Жекеге чыгып, согуш майданында эрдик көрсөтөт. Эпосто



Жолойдун оттук ташы (Кегети өрөөнү).

Ж-дун эзели жоого алдырбаган баатыр экендиги, атактуу балбан аталып калмак, кытайлардын бичигине чийилгендиги, өзүнө мүдөөлөш баскынчы душман баатырларынын колунан келбеген, күчү жетпеген иштерди аткарган эрдик сапаттары баяндалат. Ж.— Коңурбай сыяктуу айлакер, куу адам эмес, болжолсуз кара күчү бар балбан. Ж-дун жанда жок соргоктугу анын ушул өзгөчөлүгү м-н байланышкан. Ч. Валиханов жазып алган «Көкөтай кандын ашы» эпизодунда Ж-дун сурунган соргоктугу мындай берилет:

Бир күндө анын жегени —
Тогуз бука эти экен,
Тогуз кочкор эти экен
Тогуз буура эти экен
Тогуз айгыр эти экен.
Бир күндө анын ичкени —
Токсон саба кымыз экен (ВЖЭ, «Ала-Тоо», 1979, № 7. 83-б.).

РЖВда кан Ж-дун сурунган соргоктугу: «Тамак жесе тойбогон, Суусун ичсе канбаган»,— деп мүнөздөлөт. В. Радловдун пикири б-ча укмуштуудай сурунган соргок Ж. кан Манаска татыктуу баскынчы баатыр ж-а балбан. «Манас» эпопеясынын кийинки жазылган варианттарындагы туруктуу формулада айтылган поэтикалык ыр саптары да Ж-дун сурунган соргоктугун аныктап турат: «Алтымыш алпты бир союп, кан жыттанган чоң Жолой, Алты батман буудай жеп, дан жыттанган чоң Жолой». Ж-дун күчү духунун бекемдигинде эмес, бул сапат анын ички дүйнөсү м-н байланышпайт. Кеп ошол ички сапаттын жарды, кеңдөйлүгүндө. Аны күчтүү кылып жаткан эрдиктин күчү эмес, тамактын күчү. Чынында эле ар-намыс, адамкерчилиги бар киши конокко келип эт уурдап жемек эмес (Көкөтөйдүн ашында Ж-дун кемеге башында быша элек этти зордуктап жегени ж-дөгү эпизод). Ж-дун ыксыз кара күчү м-н жанда жок соргоктугуна ашкан ала көөдөн, мактанчактыгы шайкеш келип,

анын рухий жардылыгын, кеңдейлүгүн ого бетер айгинелеп турат. Жоо баатыры Жолойдун рухий жардылыгы, адепсиздик, кеңдейлүгүнөн тышкары анын образына кекчилдик, ач көздүк, жаңжал чыгарууга жакындык сыяктуу терс сапаттар мүнөздүү. Ж-дун ашынган ачкөздүгүн «Көкөтөйдүн ашында» өткөрүлгөн ат чабыштын байгесин күч м-н тартып алган зордукчулдук иш-аракети айгинелейт. «Ачбуудандын байгесин, алдырганча өлөлү» деп жаңжал чыгаргандардын бири Ж. болот. РЖВда да Ж. баш болгон калмактар кыргыздардын малмүлкүн талап алышат. Жекеме-жекеде Манас баатыр Ачалбарс кылычы м-н Ж-дун башын кыя чабат. СОВдо Ж. бул эпизоддо өлбөйт, «Манас» бөлүмүнүн дээрлик бардык окуяларына катышып, кийинчерээк ажал табат. Ал эми СКВ б-ча Ж-дун образынын салттуулугу сакталган ж-а акырына чейин элдин оң идеалына, көз карашына карама-каршы коюлган. Ошондуктан эпикалык Ж-дун образынын да кеңири масштабда жогорку көркөмдүктө баяндалышы «Манас» эпопеясынын монументалдуулугунун дагы бир фактору катары эсептелүүгө тийиш.

*С. Алиев*

**«ЖОЛ ТАЛАШ»**, «Алмамбет менен Чубак» — Алмамбет м-н Чубактын чатагына байланыштуу элдик күү. Күүнүн чыгышына эпостогу төмөнкү окуя себепчи болгон. Чоң казатка баратканда Алмамбет жанына Сыргакты алып, чалгынга жөнөйт. Бир кытайдан кем болдуң деген көкүткөн сөздөрдөн улам ачууланып, куру намыска алдырган Чубак Алмамбеттин аркасынан жөнөйт. Эрегиште бири-бирин мерт кылып койбосун деп артынан барган Манас тирешип калган экөөнү ажыратат. Алмамбет м-н Чубак элдешип, төртөө андан ары жүрүп, Тал-Чокуну таянышат. Бул күүнү Ыбырай Туман уулу «Ж. т.», Асанаалы Кыштообай уулу «Алмамбет менен Чубак» деген ат м-н кыргыз үналгысынын музыкалык фондусуна жаздырышкан.

**ЖОМОК** — жанрлык маанини туюндуруучу термин. Кыргыз фольклорунда «Ж.» термини жөө жомок жанрын туюнткан мааниден кеңири мааниде колдонулган, б. а. Ж. деп ыр түрүндөгү эпикалык дастандар гана аталган. В. М. Жирмунский архаикалык типтеги баатырдык эпосторду «баатырдык жомок» деп атаган. Ал казак, каракалпак, өзбек элдеринде айтылып келген «Алпамыш» эпосун алтайлыктардын «Алып-Манаш» деген баатырдык жомогу м-н тектеш экендигин далилдеп, эволюциялык жол м-н өнүгүп отуруп эпопеяга жеткен деген негиздүү корутундуга келген. Кыргыздар да «Манасты» Ж-тордун катарына кошушат. Мааниси ж-а негизги белгилери б-ча Ж. оозеки көркөм чыгармачылык ж-дөгү дүйнөлүк илимде кабыл алынган эпос түшүнүгүнө туура келген, к. *Эпос*.

**ЖОМОК БАШЫ** — элдик оозеки чыгармалардын башталышында айтылуучу кириш бөлүм. Ж. б. көбүнчө жөө жомоктордо, эпостук чыгармаларда колдонулат. Жомокто: «Вар экен, жок экен, ач экен, ток экен», же «Илгери-илгери өткөн заманда» өңдүү туруктуу сүйлөмдөр болот. Ж. б. «Манас» эпосунда өзүнчө кайырма түрдө айтылат:

Ээ-эй, байыркынын жомогу,  
Баштаса келер оролу.  
Эзелкинин жомогу  
Эстесе келер оролу.  
Жарымы төгүн, жарымы чын,  
Жарандардын көөнү үчүн.  
Көбү жалган, көбү чын  
Көпчүлүктүн көөнү үчүн.  
Күпүлдөтүп айтабыз  
Көк жал Манас көөнү үчүн (КВ, 1. 3).

Ж. б. манасчы тарабынан эл алдында эпосту айта баштаганда окуяга, чыгармага, угуучулардын көңүлүн бурдуруучу киришүүнүн милдетин аткарган. Эпосто ал ушундай озуйпасы м-н толук турпатында зор манасчылардын гана репертуарларында айтылат. Бирок айрым элге кеңири тараган «Көкөтөйдүн ашы», «Чоң казат» өңдүү окуяларда ж. б. өзүнчө кайырма сыңары чакан-чакан көлөмдө көпчүлүк манасчылардын репертуарына мүнөздүү.

**ЖОМОКЧУ** — «Манас» айтуучу. Бул наам, адатта эпостун үч бөлүмүн толук же бирөөнү айткан адамдарга карата колдонулган. 20-к-дын 30-жылдарына чейин «Манас» айткан адамдар эл ичинде «ырчы», «жомокчу» деген термин м-н аталып келген. Мис., 1925-ж. араб ариби м-н кыргыз тилинде Москвадан чыккан «Манас» эпосунун титулдук бетинде ал вариант Тыныбек жомокчуга таандык экендиги белгиленет ж-а китепченин кириш сөзүндө да Тыныбек «жомокчу» деген наам м-н эле аталат. Эпостун өзүнүн текстинде да:

Жомокчулар койбосо,  
Уйкаштырып ырды айтып,  
Келиштирип койбосо  
Жомокчулар калп айтып (СО, «Манас», КФ, 537-инв., 380-б.), — деп «Манас» айткан адамдар «жомокчу» деп айтылат. Бирок жазма адабияттарда Ж-га караганда «манасчы» деген термин кеңири колдонулуп жүрөт. «Манасчы» термин катары биринчи жолу профессор Х. Карасаевдин «Кызыл Кыргызстан» (азыркы «Кыргызстан туусу») газетасына 1930-ж. 27-майда жарыяланган «Манас» аттуу макаласында пайдаланылган. Манасчы кийин атайын адабий термин катары терминологиялык ж-а энциклопедиялык адабияттарга кирген, к. *Манасчы*.

*М. Мукасов*

**ЖОНДУК** — эпизоддук кейипкер. Бээжинге элчи барган Билерикти кармап, Эсенкандын алдына тартууга алып барганда Нескара Ж-ту Билерик м-н согушуп өлдү дейт (СК, 1. 119).

**ЖООБУЗАР** — эпизоддук кейипкер, Каныкейдин кызматчы кара күңүнүн баласы. Семетей м-н тең төрөлөт, экөө жолдош болуп жүрсүн деп, Манас атын Ж. коёт. Көбөш баш болгон «алты арам», аларга кошулган

кырк чоро Манастын бүлөсүн чапканы келатканда уулунун коопсуздугунан чочулаган Каныкей Семетей м-н Чыйырдыны качырып жиберип, Семетейдин ордуна Ж-ды бөлөп коёт да, Букарга Семетейге кошуп ала кетмекчи болот. Кундактагы Ж-ды Семетей деп кылыч м-н бөлө чапкан Көбөштүн канкорлугу эпосто:

Наркескенди аркырап,
Алып сууруп колуна
Дүмөктү иттер баштады,
Кундактагы баланы
Алтыга гана бөлүп таштады (СК, «Семетей», 1. 19—21),— деп сүрөттөлөт.

**ЖООДАРЫ** — эпизоддук кейипкер, *Чегиштин* атасы экендиги гана айтылат (СО, 3. 186).

**ЖООДУР** — эпизоддук кейипкер, эпосто аты гана аталат. Өзүн кармап алган Семетейди Карагул сенин кытайдын колуна түшүп кеткен тууганың Байболоттун уулу Ж. баатырмын деп алдайт (СК, «Семетей», 2. 172).

**ЖООКЕ, Жөкө** — эпизоддук кейипкер, Алыбектин уулу. Жакып Манаска ылайык кыз издегенде жанына алган жолдошу (СО, 2. 394, 373).

**ЖООКЕРДИК ОЮНДАР** — жоокерлердин курал-жарактарын колдонуу чеберчилигин арттырып, аскердик ыкка машыгуулар. Ж. о. Көкөтөйдүн ашында айрыкча апогейине жеткире сүрөттөлгөн. Эпос б-ча Ж. о. жамбы атуу м-н башталат. Миң узун устун кыйдырылып, алты жүзү бири бирине уланып, тигинен жерге орнотулат. Алты жүз адамдын кунуна барабар чоң алтын жамбы орнотулган бийик устундун учундагы туура жыгачка кырк эки танап болот зым м-н байланат. Мергендер мылтык октошуп, элүүдөн — жүздөн топтошуп атышат. Бирок эч ким жамбыны атып түшүрө албайт. Ошол учурда Манас кырк чоросу м-н өз өнөрлөрүн көрсөтүп согуш оюнун башташат:

Кыбылага бет алып
Кыраан төрө турганда,
Кызыл алтын доолду
Тарс дедире урганда
Себилдүүсү сексен төрт,
Серп салган жагы кызыл өрт,
Эки жаак бөлүндү,
Манаска жолдош кырк баатыр
Байкабайт экен өлүмдү (СО, 3. 166).

Манас алтын доолду урганда сексен төрт жолдошу экиге бөлүнүп бетме-бет турушуп, мылтык октошот. Манас доол урганда сексен төрт мылтык чогуу атылып, чоролордун баары аттан көз ирмемде жерге кулап калат. Атчан калган жалгыз Манас доолду кайра урганда жерде жаткан баатырлар, ачып көздү жумганча үзүңгүгө аяк салбастан доолдун кагылышы м-н ишке ашат. Кыргылчалдын көккө ыргыткан тебетейин чоролор жерге түшүрбөй эт бышымга атып турушат. Манас доол уруп дагы белги бергенде сексен төрт баатыр төрткө бөлүнүп, Бакай жыйырма жигити м-н Кыргыл баш болгон жыйырма жигитти качырып кирет: «Карыя Кыргыл акырды, Каар төгүп бакырды, Бакай канды бет алып Баатыр Кыргыл качырды» (СО, 3. 169). Эки топ найзалашып беттешип, акыры Кыргыл тарап бүт аттан жалп-жалп кулап түшөт. Манастын доолу кайра кагылганда Алмамбет баштаган чоролор ат коюп жетип, тебетей эңгендей жерде жаткан Кыргылчалдын тобун илип алышып, аттарына мингизип, алдыда бара жаткан Бакайдын тобун кууп жетип, аттарынан аңтара сайып кетишет. Артынан Ажыбайдын адамдары жетип, Бакайдын тобун атка мингизип өтүп, Алмамбетти баш кылып, анын жолдошторун бүт аттан сайып түшүрөт. Бакай жигиттери м-н жетип келип, Алмамбеттерди атка мингизип өтөт. Бакайдын тобун Кыргылдын тобу сайып өтүп, жыгылгандарды Ажыбай адамдары м-н жетип атына мингизет. Манас дагы доол урганда сексен төрт жигит экиге бөлүнүп маңдай тескей турушуп, алеңгир жааны колго алып, оройного жебе чалып бири-бирине ок кезешет. Дагы белги болгондо шарт этип саадак тартылып, октой учкан жебелер каршысында турган адамдын бөркүндөгү чогун кыркып өтөт. Манас урган доолдун үнү дагы чыкканда сексен төртү кылычты кындан чечишип, кыйкырышып жетишип, кылычташа кетишет. Кезектеги доол үнү м-н чоролор айбалта м-н чабыша баштышат. Акыркы кагылган доол добушу м-н чоролор жамбыны атышка киришет. Эпосто сүрөттөлгөн Ж. о. айтуучунун гана көркөм фантазиясынан жаралбастан, алар реалдуу турмушка негизделген. Анткени кыргыз эли өзүнүн көчмөн турмушунда ар дайым сырткы баскынчы душмандан коргонууга даяр туруу үчүн мезгил-мезгили м-н Ж. о-ды өткөрүп, согушка машыгып, такшалып тургандыгы белгилүү. Эпостогу Ж. о. кызыктуулугу м-н гана эмес өтө катаалдыгы м-н да өзгөчөлөнөт. Ж. о-да жоокерлер керек болсо өлүмдөн да коркпой тургандыгын, мүмкүнчүлүк болсо өлтүрө чабууга да даяр экендигин көрөбүз: «Өрттөнүп кеткен бул кулду, Өлтүрсөм экен деп жүргөн, Өчмөндүүсү дагы бар» (СО, 3. 172). Бул Ж. о. чыныгы согуштук машыгуу экендигин көрсөтөт. Көкөтөйдүн ашындагы Ж. о. бир жагынан кыргыздардын согуштук чеберчилигин ашка келген душмандарга көргөзүү максатын да көздөгөн: «Мусулман, капыр мынча журт, Карап туру зарылып, Кандай ушу жандар деп Эстен танып сабылып» (СО, 3. 173—174).

Ж. о. «Манас» эпосунда гана эмес түрк-моңгол элдеринин эпосторунан да орун алган. Алсак бурят элинин «Гесер» эпосунда мелдешке чыккан үч жаачынын асманга аткан жебелери биреөсүнүкү күн шашке болгондо, экинчисиники эки чай кайнамда, үчүнчүсү бир чай кайнамда, ал эми Гесердики күн батарда өзү турган жерге келип түшкөндүгү тууралуу айтылат (Р. С. Липец).

*А. Абилов*

**ЖООЛУК ТАШТАМАЙ** — кыргыз элинин байыркы оюндарынын бири. Көк майсаңда кечкисин же айлуу түндө ойнолот. Эпосто

Семетей Акункандын шаарына күйөөлөп бар ганда Айчүрөктүн тоюнда Ж. т. ойнолгондугу айтылат:

Сексен келин, сексен кыз
Сексен жигит, сексен уул
Серпилип оюн салышып,
Оромолдон жоолугун
Токмок кылып бурушуп,
Ургаачы, эркек аралаш,
Бири-бирин урушуп,
Кайран жеңең Айчүрөк
Ушундай салды тамаша (СК, «Семетей», 2. 69).

**ЖООН АЛП** — мифтик кейипкер. Алптардын катарында аты гана аталат. «Жору куйрук Жоон алп» (СО, 3. 99, 107; СК, 1. 80, 94) дөөлөрдүн келбет-сөөлөтүнө бап элестүү салыштыруудан улам кадимки эле «жоон» деген сөздүн эпонимдик мааниге өтүүсүнөн келип чыккан дешке болот, к. *Китен алп.*

**ЖООН-АРЫК** — топоним, эпосто кытай-калмактар башта басып алган ата-журтун бошото баштаган кыргыздар жоону кубалап басып өткөн жерлердин бири (КФ, 576-инв.). Географиялык реалияда Ж.-А. Кочкор өрөөнүнүн түштүгүндө Үкөк ж-а Баба-Ата тоолорунун ортосундагы капчыгай ж-а өзөн.

**ЖООРУНЧУ** — кырк чоронун бири. Чоролор ж-дө кеп болгондо «Казактардын Жооруңчу» делип саналып өтөт (СО, 2. 420). Манас Каныкейге күйөөлөп баргандагы ат чаап жар тандоо салтында Салкүрөң деген аты жыйырманчы болуп келип, Ж. тагдырына буюрган Мунусканга үйлөнөт (СО, 2. 425).

**ЖОРГОНУН БЕЛИ** — топоним. Эпосто Таластагы ашуу катары көп эскерилет. Манасты үйлөндүрүү үчүн Жакыпка кабарга жөнөгөндө Ажыбай ашкан бел (СК, 1. 236). «Семетейде» Каныкей Букарга качкан учурда: «Жоргонун белин аша албай, Энекең жобоп бир ыйлап басалбай» (СК, «Семетей», 1. 32) тургандгы эскерилет. Географиялык реалияда Кыргыз Ала-Тоосуна жанаша жайгашкан Кара-Жылга тоосундагы ашуу.

**ЖОРГОНУН СУУСУ** — топоним. ВЖЭ 6-ча Бокмурун атасы Көкөтөйдүн ашын өткөрүү үчүн жер тандаганда «Беш-Терек менен ашамын, Жоргонун суусун кечемин»,— деп башка жер аттары м-н катар айтып өтөт. Географиялык реалияда Эртиштын (Чыгыш Казакстан) сол куймасы Жорго суусу м-н тике байланышат .

**ЖОРГО СӨЗ** — аллитерация ж-а ыргактуулук сакталган, бирок ыр өлчөмү жок, кара сөз м-н ырдын ортосундагы жанр. Кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгында Ж. с. кеңири өнүккөн. «Манас» эпосунда айрым бөлүктөр же чоң окуялар Ж. с. м-н башталып, акырындап эпостун обонуна ж-а ыргагына ылайык 7—8 муундан турган ырга өтөт. Мис., СОВ 6-ча «Көкөтөйдүн ашы» эпизодунун башталышы:

Көкөтөй ооруп,
Ажал тооруп...
Өлөөрүндө,
Өтүрүк дүйнөдөн
Чын дүйнөгө жөнөөрүндө
Бай деген тууганы бар.
Башынан биргелешип тургангы бар,
Баймырза байдын баласы,
Чакыртып кашына алды,
Керээз кылып кебин салды (СО, 3.8).

**ЖОРО** эпосто үч мааниде колдонулат: 1) жолдош, теңтуш; 2) кезектешип өткөрүлүүчү бозо ичүү жыйыны, тамаша кылуу үлпөтү; 3) буйрук, өкүм. Биринчи маанисинде көп учурайт. Кырк чоро ж-дө: «Кылымды бузар кырк жоро Кыялын тапсаң кырк кашка, Кыркынын жөнү бир башка» (СК, 1. 183). Жакып түшүн жорутканда: «Жакып бай айтып токтолду, Жар жоронун баарынан Жалгыз жооп жок болду» (СО, 1. 47); Манасты кагылып, катыксын деп койчулукка Ошпурга бергенде: «Чеге бала чором деп, Жеке менин жором деп» (СО, 1. 93), Алмамбет Көкчөгө тарынып келе жатканда: «Жол сураргa жоро жок, Калк сураргa кара жок» (СО, 2. 293),— деп айтып арман кылат.

Ж. бозо ичүү үлпөтү маанисинде «Семетей» бөлүгүндө чыккынчылык кылып качкан кырк чорону артынан кууп барган Семетей алардын кайра кайтышын суранып турган жерден көрүнөт:

Жылтыркандуу Таласка
Жыргай турган кезиңде
Жыйылып жоро ичишип,
Ырдай турган кезиңде (КВ, «Семетей», 136-б.). Эпосто о. эле «Алымын артык жороду, Кайра айтып койгонду Кызыл канга боёду» (СК, 1. 27.) — деген саптар да жолугат. Мындан Ж-нун (жоронун) буйруу, өкүм кылуу, тапшыруу деген маанисин баамдоого болот.

**ЖОРТУУЛЧУ** — эпизоддук кейипкер. Манастын Алтайда жүргөндөгү жолдошторунун бири. Торучаарды окко учуруп, курчоодо жөө калган Манаска Кошой келип *Айбанбоздy* бергенден кийинки урушта «Жоорукер минген» Ж. Нескаранын найзасынан өлгөнү айтылат (СК, 1. 161).

**ЖОШО** — эпизоддук кейипкер. Айчүрөк Семетейди издеп ак куу болуп кубулуп учуп жүрүп баатырларды сынаганында Үрбүнүн уулу Ж-ну да сынап өтөт (СК, «Семетей», 2. 63).

**ЖӨКӨ**, к. *Жооке.*

**ЖӨКӨР** (моңг. нөкөр — жолдош)— эпосто колдонулган мылтыктын аты. «Асынды мылтык Ак жөкөр, Очогор мылтык жонунда» (СО, 3. 237). Термин мылтыкка карата Ж.—«жанжолдош» деген сөздү өтмө мааниде колдонуудан пайда болгон, б. а. жоокерчилик заманда курал-жарак адамдын коргонууда негизги таянычы болгондуктан, мылтык сыяктуу мыкты куралды урматтап, аздектеп өзүнүн Ж-ү — жан-жолдошу, «ак» эпитетин кошуу аркылуу ак ниет, чыныгы жан-жолдош аташы табигый көрүнүш. Ак Ж-лөр окшогон эпостук мүнөздө берилген курал аттары «Манаста» бир топ: *чотала, очогор, алмабаш, жазайыл, төө мылтык* ж. б. Мылтык аттуу куралдын О. Азия

чөйрөсүндө 16-к-дан бери белгилүү экенин эске алганда ак Ж. сыяктуу эпосто кездешүүчү маалыматтар элдин турмуш чындыгынан алынган деп болжолдоого болот ж-а ок атуучу куралдар м-н кыргыздардын илгертен эле таанып болгондугунун негизинде «Манас» эпосунан орун алган.

**ЖӨЛӨК** — топоним, кыргыз уруулары жердеген жерлердин бири. Көкөтөй өлгөндө Бокмурун Ж-төгү элге да кабар жиберет (СО, 3. 43, 54, 70). Эпостун башка эпизоддорунда да эскерилет.

**ЖӨӨ ЖЕЛДЕТ** — эпизоддук кейипкер, кытай жоокери. Алооке м-н Молто кан элден талап алган байлыктарды токсон беш төөгө жүктөп Бээжинге алып кетип бараткан кытай балбандарын Акбалта баштаган кыргыздар жолдон кармап алат. Балбандарын өлтүрүп, алтын-күмүш, көп дүйнөнү ажыратып алганда жалгыз Ж. ж. качып кутулуп кетет да Алоокеге кабар жеткизет (СК, 1. 32).

**ЖӨӨ ЖЕЛДЕТ** — эпизоддук кейипкер, Мурадылдын угар кулак, көрөр көз балбаны. Кароол карап чыккан Ж. ж. кун кууп келген Семетейлердин тиккен чатырын, оттоп жүргөн он төрт атты көрүп Мурадылга кабарлайт (СК, «Семетей», 2. 151). Кийин Семетей Мурадыл м-н согушуп жатканда кабарга бараткан Ж. ж. жолду тосуп турган Бакайдын колунан өлөт (СК, «Семетей», 2. 197—199).

**ЖӨӨ ЖОМОКТОР.** Эпосто тигил же бул деңгээлде жомоктук сюжет, кейипкер, жомоктук кагылышуулар м-н байланышпаган кандайдыр бир эпизодду атоо кыйын. Ушунун өзү эпостун сюжетинин өзөгү тээ байыртадан жомок м-н өз ара тыгыз карым-катнашта өнүккөндүгүн айгинелейт. Демек, сыйкырдуу жомок байыркы эпикалык сюжет м-н тең жарыша калыптанган деп ойлоого негиз берет. Карыя Кошойго байланышкан эпикалык сюжетте жомоктук мотивдер анын аялы Аруукенин аңгемесинин негизинде өнүгөт. Калмак каны Кырмус шаага каршы аттанган күйөөсүнө Арууке анын жолу коркунучтуу экенин айтып, бөөдө кырсыкка учурабоо үчүн сак болушун эскертет, жолдо кезиге турган кырсыктар ж-дө алдын ала айтып, этиятсыз бир дагы иш жасабоосун тапшырат (тыюу салуу жомокторго мүнөздүү белгилердин бири). Жолуңан дырдай жылаңач бала кезиксе аны карабай улам чүкө ыргытып бастырып кете бергин, ал чүкө сунса албагын дейт:

Маңгуттан өткөн жолунда
Жып-жылаңач башы бар,
Сегиз-тогуз жашы бар,
Жылаңайлак, жылаң баш,
Көйнөгү жок жылаңач...
Колу тийсе чылбырга
Аты-тонуң барысы
Күйүп-жанып кетер деп... (СО, КФ 572-инв.).

Арууке андан ары Кошойго эгерде жолуңан колуна кумган кармаган жалгыз аял кезиксе кумганга колуң тийгизбе, кумганга тийсең сел жүрүп кетет, ошондуктан аялды алаксытуу үчүн ага бугу атып, тарамышын бергин дейт. Аял ж-а бала Кырмус шаанын кубулуп алышкан сыйкырчылары экенин айтат. Эпизоддогу окуялар Кошойдун аялы алдын ала айткандай эле өөрчүп олтурат. Башка кейипкерлерге салыштырганда жомоктук эпизоддор көбүнчө Кошойго байланыштуу айтылат, укмуштуу окуяларга Кошой көбүрөөк катышат. Ошол эле Кырмус шаага каршы жортуулунда Кошой аны өлтүрүп, кийимин кийип, тактысына олтурат; Кошойдун келиши ж-дө кабар бере турган эң күчтүү алты сыйкырчысын өлтүрүүгө буйрук берет. Бирок алардын жаны кара кучкач болгондуктан сууга салса чөкпөйт, отко жакса күйбөйт, ошондуктан аларды өлтүрүү үчүн адегенде кара кучкачтарды өлтүрүү керек эле. Бул сыйкырчылардын жанын алуу үчүн аларды орго салдырып, үстүнө тор салып, от жактырып коёт. Сыйкырчылардын жандары кара кучкач кейпинде ордон учуп чыгып, торго чалынганда кармап алып, баштарын жулуп салышат. Ошентип, жомоктук сюжет эпосто жанрдын бардык негизги белгилери б-ча өнүгөт, жай башталган окуялар улам чиеленишип, бир катар укмуштуу көрүнүштөр м-н окуялар биринин артынан экинчиси баяндалып олтурат. Ошентип, Кырмус шаага каршы жортуулунда Кошой душманды балбандыгы ж-а баатырдыгы м-н гана эмес, өзүнүн аярлыгы, дуба окуп, башка нерсеге айланып кетүү өнөрүнүн жардамы м-н жеңишке жетишет. Кошой Кырмус шаанын калаасына кирерде капканы кайтарган чалды өлтүрүп, анын мойнундагы Будданын бедизин көрөт. Бөтөн элдин бир да сөзүн түшүнбөгөн Кошой ал бедиздин киндигиндеги ачкычты бурар замат алардын тилин түшүнө баштайт:

Ачкычын колуна алганы,
Киндигине салганы,
Бурап-бурап ийгени
Көңүлүнө Кошойдун
(Калмактын) сөзү киргени (СО, КФ, 572-инв.).

Кошойдун ар кандай дөөлөр, сыйкырчылар м-н укмуштуудай күрөшү, анын кубулуп турушу эпостун алгачкы, байыркы мезгилдеринде каармандардын мифтештирилген кейипкерлерге, каардуу дөөлөргө каршы күрөшүн эске салат. Кыязы мифтик кейипкерлерге каршы күрөш сыяктуу байыркы мотив бул жерде баатыр кыз м-н күч сынашып, аны жеңгенден кийин ага үйлөнүү сыяктуу жомоктун кийинчерек пайда болгон сюжеттик элементтери м-н толукталып отурат. Эпосто эпикалык жомоктук сюжеттердин мифтер м-н байланышы, айрыкча, жалгыз көздүү дөөгө (СОВдо Макел дөө; СКВда Мадыкан) каршы күрөштө ачык байкалат. Эпосто Макел дөө душмандын кара күчтөрү катары анын бейнесинде баскынчы душмандын бардык терс сапаттары чогултулган. Эпикалык баяндоодогу жомоктук сюжет жанрдын негизги фантастикалык элементтери сакталуу м-н өзгөрүүгө

дуушар болуп, чындыкка жакындашат. Мис., Маңдайында жалгыз көзү, төбөсүндө мүйүзү бар, денесин бүт түк баскан, күн күркүрөгөндөй үнү бар Макелдин өзгөчө көрүнүшү фантастикалык гиперболалаштыруу м-н катар анын адамча сүйлөй алышы реалдуу сүрөттөлөт:

Байкаса адам үн өңдүү
Оозун ачып сүйлөсө
Обо жарган обосу
Күркүрөгөн күн өңдүү...
Аңдап көрсө дидары
Ажыдаар түр өңдүү (СО, КФ, 585-инв.).

Эпостогу фантастикалык кырдаалдар каармандардын баатырдык сапатынын кеңири ачылышына шарт түзөт. Фантастикалык күчтөрдү канчалык көбүрөөк жеңген сайын баатырдын жакшы сапаттары — каармандыгы, кыраакылыгы, эпчилдиги, эрдиги, акылдуулугу ачык көрүнө баштайт. Мис., Бээжинге жетип, Чоң казат башталганча Манас, анын аскери ар кандай сыноолорду баштарынан кечирет. Баатырдын кармашуучу жоосу сырттан кол салууга каршы абдан сак турат. Карoолдогу «куу өрдөк», «куу кулжа» сыяктуу сергек сакчы-кабарчылары душмандын аскерлери көрүнөр замат дароо кабар беришет.

Куу өрдөк деген өрдөк бар
Канатынын баарысын
Карк алтынга каптаган,
Куйругунун баарысы
Зумурутка чаптаган (СО, КФ, 285-инв.).

Душмандын келаткандыгы ж-дөгү кабар кулжанын мүйүзүндө жазылуу болот. Эпосто Бээжин укмуштуу көрүнүштөр м-н кубулуштарга бай өлкө катары баяндалат. Калаага кирүү үчүн кууш капчыгайга арта салынган темир тирөөчтүү сыйкырдуу темир көпүрө аркылуу өтүү керек. Көпүрөнү кайтарган көптөгөн кароолчулар, коркунучтуу жырткычтар, ажыдаар ж-а ар кандай сыйкырдуу сөлөкөттөрдүн бардыгы душмандын жүрөгүнүн үшүн алуу үчүн коюлган. Алмамбет бул көпүрөнүн сырын билгендиктен Манас, Чубак ж-а Сыргакка сак болгула, менсиз көпүрөдөн өтпөгүлө деп эскертет. Бээжин шаарынын табышмактуулугуна ж-а укмуштуулугуна карабастан анын сүрөттөлүшү реалдуулукка жакын — укмуштуу шаар сюжеттин өнүгүшүндө тарыхый топонимика, душмандын сан жеткистигин реалдуу баяндоо, анын адаттарын ж-а кулк-мүнөзүн сүрөттөө м-н конкреттештирилет. «Манас» эпосунда жомоктун сюжети конкреттүү көрүнүштү дайыма толугураак ж-а айкыныраак ачып турат. Сюжет канчалык фантастикалуу болгону м-н ал жыйынтыгында реалдуу чечилет. Манастын кырк чоросу өзүлөрүнүн каармандыгы, тапкычтыгы, кыраакылыгы м-н сыйкырдуу, каардуу, бардык кара күчтөрдү жеңип чыгышат. Эпостогу жомоктук оң кейипкерлердин баатырдык сапаттарын даңазалап турат. Ошондой болсо да кaарман — баатырдын баяндалышында эпос өзүнүн кульминациясына жеткенге чейин ал өз очогун коргогон жеке баатырдан уругун, уруусун, андан кийин элин коргогон элдик баатырга айланганга чейин узак жолду басып өткөн.

*Р. Кыдырбаева*

**ЖӨӨ КУНАН ЧАБЫШ** — кыргыз элинин байыркы оюндарынын бири; балдардын ат (кунан) болуп алып жарышуу оюну. Эпосто:

Этке тойгон кырк бала
Жөө кунан чаап бакырат,
Астыга келген ал балдар
Манастап ураан чакырат (СО, 1. 68),—

деп жолугат.

**ЖӨӨ КҮЛҮК** — эпизоддук кейипкер, Каңгайдын аяры. Алмамбет кытай кандары м-н касташып, жеринен кетериндеги согушта Алмамбеттен найза жеген Коңурбайды чуркап жеткен Ж. к атына мингизип аман алып калат (КВ, 1. 204).

**ЖӨӨТ** (ир. яхот — еврей). Эпосто кыргыздардан алыста жашаган элдердин бири катары эскерилет. СОВдо Көкөтөйдүн ашына келген Тарса ж. б. элдер м-н катарлаш айтылып кетет:

Журттун баары чогулуп
Болжогон жерге барганы,
Тарса, жөөт, сакалат,
Аягы барып бул иштин
Ат келишке такалат (СО, 3. 263).

**ЖУЙКУ** — эпизоддук кейипкер. Алмамбет м-н Көкчөнүн ортосуна чагым салган казак бийлеринин бири (КВ, 1. 212).

**ЖУМАБАЕВ** Асек (1924, Нарын р-ну, Байказак айылы) — кыргыз совет ырчысы. Кыргыз ССР эл арт. (1964). Ж. «Айчүрөк» операсынан Күлчоронун партиясын аткарган. Операда Ж.— Күлчоро төрт тарабы шайма-шай, тартынбаган эр жүрөк баатырды элестет. Ж. бүткүл дүйнөлүк студенттер м-н жаштардын Варшавада өткөн 5-фестивалынын лауреаты (1955). Эмгек Кызыл Туу ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

**ЖУМАБАЕВ** Белек (1939, Жети-Өгүз р-ну, Жети-Өгүз айылы —1977, Фрунзе ш.) — графикачы, живописчи. Ж. цинкография техникасында Саякбай Карала уулунун «Тулпарлар» (1965), «Баатырлар, айымдар» (1969) китептерин көркөмдөгөн. Эпикалык баатырлардын. Аккула, Сарала, Тай тору, Алгара ж. б. тулпарларынын сын-сыпат, образдары жогорку көркөмдүктө иштелген ж-а эпостун Манас, Каныкей, Бакай, Сейтек, Айчүрөк, Сайкал ж. б. негизги каармандарынын портреттеринин галереясын түзгөн.



Ж-дин чыгармачылыгы жогорку көркөм табити, чыгармачылык фанта-



Б. Жумабаев. Манасчы Саякбай Карала уулу.

зиясынын байлыгы м-н айырмаланат. Ал эпостук образдар аркылуу улуттук мүнөздү ачууга аракеттенген. Ж. «Тулпарлар» аттуу китептин жасалгасы үчүн 1965-ж. О. Азия ж-а Казакстан респ-каларынын конкурсунда 1-даражадагы, Бүткүл Союздук конкурста 2-даражадагы диплом м-н сыйланган.

**ЖУМАБЕК** — эпизоддук кейипкер. Көкөтөйдүн ашында кытайлар Аккуланын байгесин талап алып качканда Жолой Коңурбайды тосконго даярданып турсун деп аялы Кыяшка Аскардын уулу Ж-ти жиберет (СО, 3. 280—281).

**ЖУМАДЫЛОВ** Советбек (1932, Түп р-ну, Тепке айылы) — кыргыз совет артисти, Кыргыз ССРинин эл арт. (1977). Улуу эпоско байланыштуу түзгөн образдарынын алгачкысы — «Сейтек» драмасы б-ча коюлган спектаклдеги Семетейдин образы. Ж-дун аткаруусундагы Семетей чыныгы эр жүрөк баатыр гана эмес, ал — эң биринчи кезекте адамдарга ишенген, жалпы элге таянган адилет каарман. Анын түзгөн бул образы спектаклдеги башка каармандар м-н эриш-аркак жуурулушуп, аларды кандайдыр бир деңгээлде толуктап турат. Актёр мында кыргыз элинин залкар эпосундагы кайталангыс каармандын бүткүл жан дүйнөсүн көрүүчүлөргө таасын ачып бере алган. Ж-дун кийинки ролу — «Айкөл Манас» драмасындагы негизги каармандардын бири Бакайдын образын да актёр өзүнө таандык аткаручуулук чеберчилиги м-н ачып берүүгө жетишкен. Ж. медалдар м-н сыйланган.



С. Жумадылов — Семетей («Сейтек» драмасы, 1989).

**ЖУМАКМАТОВ** Асанкан (1923, Ысык-Ата р-ну, Кызыл-Желек айылы) — Кыргыз совет дирижёру, СССР эл арт. (1977). Кыргыз ССРинин Токтогул атн. мамл. сыйл. лауреаты



(1972). Ленин ордендүү А. Малдыбаев атн. академиялык опера ж-а балет театрында *«Айчүрөк»* операсына (1948-жылдан мезгил-мезгили м-н), анын кайрадан иштелген жаңы вариантына (1959), *«Манас»* операсына (1982) ж-а *«Манастын кошуну»* аттуу симфониялык сүрөттөмөгө (1983) дирижёрлук кылган. Ж. эки Эмгек Кызыл Туу ордени, Кызыл Жылдыз ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

**ЖУМАКУНОВА** Гүлзура (1954, Тянь-Шань р-ну, Эчки-Башы айылы) — «Манас» изилдөөчү, филология илимдеринин кандидаты (1988). КМУну бүтүргөн (1976). 1976—84-ж. КСЭнин башкы редакциясында, 1984—88-ж. Кыргыз ССР ИАнын Тил ж-а адабият ин-тунда илимий кызматкер. 1988-жылдан КМУда окутуучу. «Манас» эпосундагы тиричилик лексикасы» деген темада кандидаттык диссертациясын (1988) жактаган. Диссертацияда эпостун турмуш-тиричиликке байланыштуу лексикасы тарыхый-салыштырма планда кеңири изилдөөгө алынган, тиркеме түрүндөгү сөздүгүндө этимологиясы да берилген. «Манас» эпосунун тилине арналган илимий макалалардын автору.

**ЖУМГАЛ** (моңг. зүүн, калмакча зүн. Бирок бул сөз эки маани берет. Биринчиси — күн чыгыш, экинчиси — сол)— топоним. Кыргыздар эзелтен мекендеп келе жаткан жерлердин бири катары эпосто көп эскерилет. Кытай-калмактар башта басып алган ата-журтун бошотуу үчүн Манас баш болуп Алтайдан аттанып чыккан кыргыздардын Үрбү, Мунаркан жетектеген колу бул өрөөндөгү калмактын Кубан калдайын багындырышкан (КФ, 576-инв.). СОВ б-ча анын баштагы аты — Буйда-Суу. Кыргыздар калмактарды багындыргандан кийин бул жер Ж. деген атка көчкөн. Бирок калмактар койгон ысым кала берген. Географиялык реалияда Нарын чөлкөмүнүн оң капшытындагы өзөн, өрөөн ж-а тоо кыркасы.

**ЖУСУБАКУН** — керме-тоолук (КЭР) манасчы (болжол м-н 1870—1920). 1916-жылкы үркүндө Какшаалга барган Сагымбай Орозбак уулу м-н айтышканы (к. *Айтыш)* тууралуу гана дарек бар (Макелек Өмүрбай «Жусуп Мамай», «КМ», 1988, № 41). Элдин айтымына караганда жомокчу Ж. «Манас» айтып жатып, Манас м-н Коңурбайдын сайышына келгенде олтурган б-ча тулгадан секирип кетчү экен. Анын варианты жазылып алынбай калган.

**ЖУСУП МАМАЙ** (1918, КЭР, Ак-Чий ооданы, Меркеч айылы) — манасчы, акын. Жети жашынан кат тааныган. Жомокчу Балбай (46 жашында Кашкардагы түрмөдө өлгөн)



«Манас» айтып, аны кагазга түшүрүп жүргөн ж-а иниси Жусуптун акындык жөндөмүн байкап, өзүнүн кол жазмаларын окута баштаган; Манас айтуунун ыкмасына үйрөткөн. Агасынан таасир алган Жусуп «Манасты» жазып чыккан, бирок, анын алгачкы варианты жоголуп кеткен. Ал мурда айткандарын жаңыртып, унуткан жерлерин эстеп, кайра кагазга түшүргөн. «Манастын» Жусуп айткан варианты 1984-жылдан басмадан чыгууда. Ал «Манас» дастанын 8 муунга («Манас», «Семетей», «Сейтек», «Кененим», «Сейитим», «Асылбача-Бекбача», «Сомбилек», «Чигитей») чейин айтып жаздырган. Мындан тышкары «Эр Төштүк», «Курманбек», «Толтой», «Көбөк», «Мамаке-Шопок», «Жаңыл-Мырза», «Тутан» сыяктуу кенже эпосторду да жакшы билет. Ж. М. жаздырган «Манас» эпосунун биринчи китеби: Кыргыздардын теги, Алоокенин кыргыздарды чабышы, Кардыгачтын туулушу, Жакыптын Магдымды алышы, Манастын төрөлүшү, Манастын Турпанда эгин эгиши, Жакыптын кандык алышы, Аккулага ээ болушу, Манастын куттуу үйүнө кайтышы, Балта дөөгө барышы, Акбалтанын Манаска айткан насааты, Манас менен Дөөдүр алптын кагылышы, Манастын Кошойго конок болушу, Бөдөнөнү кооптон куткарышы, Жамгырчы жана Шыгай менен көрүшкөнү, Кырк душмандын кырылышы, Манастын каруу-жарактарынын жасалышы, Аколпокту алып келүү, Кырк чоронун куралышы, Жаш Манастын Көңтөйдү сайышы, Элге акыл-наасат айтышы, Жеңиштен кийинки той, Манасты кан шайлоо, Манастын качкан калмакты кубалап Шоорукка барганы жана аны жеңип, кызы Накылайды алышы сыяктуу окуяларды камтыйт. Бул окуяларда кылымдардан оюздон оозго өтүп айтылып келе жаткан сюжеттик салттык нук бузулбастан сакталган. Башка манасчылар сыяктуу эле Ж. М. да чыгармачыл дареметине жараша эпоско алымча-кошумчаларын киргизип, өз алдынча талкуулоого аракеттенген. Манастын ата-бабалары ж-дөгү окуя анын айтуусунда өз алдынча болуу м-н башка манасчылардын варианттарынан айырмаланып, кыргыздардын таралышы Эне-Сайдан башталат. Кыргыз эли Эне-Сайда турганда аларды кан Мамай деген бийлеген. «Манас» эпосунда салттык түрдө туруктуу айтылып жүргөн кандардан Бөйөн кан, Чаян кан, Кара кан ж-а Орозду кандын ысымдары эскерилет. Бул кандардын тушунда сырткы душман дит багып кол салган эмес. Башка варианттарда Ногой өлгөндөн кийин калмактар кол салып кыргыздарды туш тарапка айдаса, Ж. М-дын вариантында Орозду кан өлгөндөн кийин Алооке кол салат. Мамай кандан Бөдөнө, Бөдөнөдөн Бөйөн кан, Чаян кан, андан Кара кандын тукумдары тарайт. Ал эми Каракандан тартып Орозду кандын тукумдары башталат. Орозду кандын «беш уз» аталган беш аялы болот. Ороздунун улуу аялынан Жакып м-н Шыгай, экинчисинен Катаган м-н Каткалаң, үчүнчүсүнөн Балта м-н Жамгырчы, төртүнчүсүнөн Касиет м-н Калкан, бешинчисинен Текечи м-н Кызалтай төрөлөт. Жакыптын Ороздунун баласы экендиги ала-тоолук манасчылардын варианттарынын бирөөндө да эскерилбейт, тескерисинче, Жакып м-н Орозду Ногойдун балдары болуп тууган чыгат. Ж. М-да Жакып Ороздунун улуу баласы болуп айтылат. Манастын аталарынын таралышындагы ысымдарынын жакын аталыштарында айырмачылык чыгып, башка варианттардан өзгөчөлөнүп турат. Алооке кандын кыргыздарды чабышы ж-а туш-тушка айдап жибериши бардык эле манасчыларда негизинен бирдей эле айтылат. Бирок, Ж. М-дын айтуусунда Ороздунун он уулу калмак байларына таркатылып берилет да (мис., Жакыпты Ногойго, Акбалтаны Нойгутка, Жамгырчыны Эштекке) алар ошолордун ысмы м-н Ногой эли, Нойгут эли, Эштек эли аталып калышкан. Жамгырчы Ж. М-да ала-тоолук Ороздунун он баласынын бири болсо, СОВдо Эштек Манастын таятасы катары эскерилип, Жамгырчы анын баласы делет. Жакыптын атасы Ногой, Акбалтанын атасы Нойгут болуп айтылат. Ушундай айырмачылыктарга кара-

бастан, кайсы гана варианттарда болбосун Акбалта, Жамгырчы, Орозду — эпостогу туруктуу айтылып келген кейипкерлерден ж-а Манастын жакын туугандары м-н жан-жөкөрлөрү катары эскерилет. Кытайлар Манасты туула элегинде эле издегендиги СКВдагыдай эле Ж. М-да да кеңири баяндагандыгы бул мотив бир гана манасчыга таандык өзгөчөлүк болбостон, башынан бери айтылып келе жаткан салттык окуя экендигин айгинелеп турат. Ж. М-дын вариантында Манастын төрөлө тургандыгын Акбалта:

Туулчу бала белгисин,
Элибизге тарат деп,
Эркек бала туулса,
Алаканын карат деп.
Баланын ал туулган,
Бир уучунда кан болот,
Бир уучунда май болот.
Алакандын бүлтөктө,
Көпкөнсүгөн төмпөктө,
Манас аты жазылуу,
Аппак мөөр басылуу (ЖМВ, 1. 33),—

деп элге айтып жүрөт. Калмактар да Манастын туула тургандыгын бал китептен окуп, төлгөсүн тартып билишет. Ошондуктан Чыңгыш кандын буйругу б-ча кош бойлуу аялдардын баарынын кардын жардырып, ар бир айылга «бир уучунда кан, бир уучунда май, алаканында Манас аты жазылуу, ак мөөрү басылуу» бала туулса алып келесиң деп бирден кечил коюлат. Жакып элдеги сөз б-ча, аялы Чыйырдыны токойго мурду жырык үй берип жаман кара үй тигип, жалгыз таштап кетет. Бул ырым-жырымды Жакып эки жолу кайталайт. Чыйырды биринчисинде кыз (Кардыгач), экинчисинде эркек (Манас) төрөйт. «Манас» эпосунда салт катары кеңири сакталган мотивдердин бири Манас төрөлө элегинде эле белги-жышаана Жакыпка, башка адамдарга көрүнүшү же бала ж-дө сырлуу добуш угулушу Чыйырдыга тамак жеткирген баланын көргөндөрү аркылуу баяндалат:

Бара жатса элеңдеп,
Топ-топ жүргөн кырк бала,
Көрүндү алды жагында.
Бар экен деп адамзат,
Куюлду кубат канына,
Жеңине байлап желени,
Чертмек ийип жаткан бар.
Кыргоол уулап кармаган,
Ойноп жүргөн дагы бар.
Өрдөк, казга куш салган,
Кезигип калды кырк арстан.
Бир сабакта алмадай,
Беттери кызыл анардай.
Күлгөнү сонун тамылжып,
Көзгө сүйкүм, гүл чырай (ЖМВ, 1. 61).

Манас ж-дөгү сөздү токтотуу үчүн Жакып ал баланы азоо байталга таңып, токойго айдап жиберип жок кылат. Акырында баланын энеси Магдымды Жакып аялдыкка алат да, Манас ж-дөгү сөз, чыр токтолот. Жакыпка тийгенден кийин Магдым Серек, Сыргак аттуу эки бала төрөйт. Эгерде башка варианттарда түш көргөндөн кийин гана Чыйырды кош бойлуу болсо, Ж. М-дын вариантында ырым-жырым жөрөлгөлөрү аркылуу турмушка жакын окуяларга байланыштырып, башкы каармандын дүйнөгө келишине шарт түзүлгөн. О. эле катышкан каармандардын ар түрдүүлүгү м-н бирдейлиги окуянын жүрүшүндө ж-а чечилишинде ар биринин аткарган милдети да эпикалык салтты бузбастан, өз шарты м-н берилген. Мында Чыйырдыны Акбалта колго түшүрүп келип Жакыпка тартууга берет, СОВдогудай Чыйырды Жакыптын агасынын аялы болгондугу эч жерде эскерилбейт. О. эле Жакыптын экинчи аялы Магдым ж-дө маалымат колдо турган варианттардын эч биринде учурабайт. Серек м-н Сыргак да Жакыптан кичи аялынан төрөлгөн балдары эмес, жакын аталаш туугандары катары баяндалат. Манастын укмуштуудай төрөлүшүн мотивдештирүүдө бардык манасчыларда салттык окуянын шарты бузулбастан баяндалат. Бирок, баланын баатырдык касиети, укмуштуудай жаралгандыгын баса көрсөтүүдө ар биринин өзүнчө бөтөнчөлүктөрү бар. Бул вариантта деле Чыйырды жолборстун жүрөгүнө, Зымырык куштун көз майына, шердин тилине талгак болот. Айтылган шарттын көпчүлүгүн Акбалта аткарып, Чыйырдынын талгагы канат. Чыйырды тогуз ай көтөрүп, он беш күн толготот; боюнан бошонгондо жерге баркырап ыйлаган бала эмес эле бир көк чаар тулум түшөт. Айылдагы төрөлгөн балдарды кароого коюлган кечилди чакыртып келип, тулумду көрсөтүшкөндө ал жүрөгү айланып чыга качат. Көк тулумдун сырын ачуу үчүн Жакып Акбалтага киши чаптырып, тез алдырат да, ырым-жырымын жасашып, тулумду жаргында баланын баркыраган үнү угулат. Ымыркайдын көрүнүшү:

Тулумду Балта жарганы,
Ичинен чыкты эр бала,
Тогуз жашар карааны.
Жакшыраак дагы көрүүгө,
Эңкейип колун карады.
Оң колунда майы бар,
Сол колунда каны бар.
Бүткүл дүйнө кылымды,
Кыйратчуудай жайы бар.
Келбетин көрсө баланын
Кере карыш ак маңдай,
Таңданып эл калгандай.
Кош жанары чолпондой,
Жаркырап шам жангандай.
Кең далысы керилет,
Тоотпой уктап жаткандай
Нурданып жүзү келишкен,
Агарып таң аткандай.
Баркыраган үнүнөн,
Айбанат үркүт дүркүрөп (ЖМВ, 1. 106).

Манасты сактап калуу үчүн Акбалтанын кеңеши м-н көк тулумга жаңы туулган эки күчүктү салат да кечилди чакыртып келип, жарып көрсөтүшөт. Кечил кеткенден кийин Акбалта, Жакып баш болгон эл баланы алдырып, анын алаканындагы «Манас» деп басылган мөөрдү окуп көрүшөт. Эл кеңешип,

Манас атын которуп «Чоң жинди» деп ат коюшат. Манастын колундагы белгиси ошол замат жок болуп кетет. ЖМВдагыдай баланын тулум төрөлүшү башка манасчыларда кездешпейт, ал эми май м-н кан уучтап түшкөнү айрым варианттарда учурайт. О. эле Манастын аты өзгөртүлүп «Чоң жинди» аталышы Ж. М-да да, Саякбай Карала уулунда да учурагандыгынын өзү эле «Манас» эпосунун сюжетинин туруктуу экендигине күбө. «Манас» эпосундагы Манастын жоо кийимдерине, курал-жарактарына, согушка минчү атына байланыштуу сүрөттөөлөр, кырк чоронун куралышы, алгачкы беттешүүлөргө байланыштуу салттык окуялар да ЖМВда кеңири сүрөттөлөт. Курал-жарак даярдоо орчундуу маселе катары өзүнчө чоң эпизод болуп баяндалган. Мында Акбалта, Кошой, Жамгырчы, Шыгай ж-а Бөлөкбай уста балдары м-н башкы милдетти аткарышат. О. эле Аколпокту Каныкей даярдабастан, Каныкейдин энеси жасап, Каракандан Буудайык сураттырып алат. Кырк чоронун Манастын тегерегине топтолушунун да өзүнчө шарты бар.

«Манас» эпосунун экинчи бөлүмү «Семетей» эпосунун биринчи китебине Жомок башы деп тема берилет да, Манастын өлүмү, күмбөздүн тургузулушу баяндалып, Абыке менен Көбөштүн Каныкейди чабышы, Каныкейдин Семетейди алып качышы, Семетейдин балалык чагы, Каныкейдин насааты, Семетейдин Таласка барышы, Семетейдин Абыке менен Көбөшкө кезигиши, Семетейдин Тайбуурулду табышы, Семетейдин Чачыкейди алышы, Кырк чоронун кырылышы, Күлчоро менен Канчоронун аңгемеси, Чынкожо менен Толтойдун Акунканга кол салышы, Айчүрөктүн ак куу болуп учушу, Семетейди сындашы, Акшумкарды алып качышы, Семетейдин Айчүрөктү издеп жөнөшү, Айчүрөктүн Семетейди тосуп чыгышы, Күлчоронун кайгуулга барышы, Семетейдин Үргөнчтү кечиши, Семетей менен Айчүрөктүн тою окуяларын камтыйт. Биринчи китептин сюжеттик өзөгүндө айрым окуялар бир тематикалык бирдикке топтоштурулуп, окуянын фабуласын ачууга аракеттенген. Семетейдин Букарага качышы м-н анын бой жетип, өз эл-жерине келгени, Айчүрөккө үйлөнгөнгө чейинки салттык окуялар ырааты бузулбастан берилген. Салттык окуялардын туруктуулугуна карабастан, ЖМВнын өзүнө таандык өзгөчөлүгү, окуялардын мотивдештирилиши, деталдык көрүнүштөрдүн берилиши, окуялардын талкууланышы аны башка варианттардан бөлүп турат. Бул вариантта Манастын төрөлүшүнөн тартып, өлүшү, күмбөз тургузуу ж-дөгү окуяны эпостун чени м-н кеңири бере албаса да, анын башкы мотивине гана кайрылып, ток этер жерин угуучуга жеткирген. Мунун да өзүнчө жөнү бар. Манастын өлүмү м-н эпос аяктайт. Манасчы экинчи бөлүмгө өтүүдөн мурун угуучуну өткөн окуя м-н тааныштыруу иретинде кыскача гана кабар берет да, анан негизги сюжетке өтүп кетет. Мына ушул ыкма манасчылардын көпчүлүгүнүн чыгармачылыгына мүнөздүү көрүнүштөрдөн. Дагы бир айырмачылык Манастын сөөгү Эчкилүүнүн тоосунда эмес, Кайнардын Кара суусуна коюлгандыгын айтат. Семетейди Абыке м-н Көбөштөн аман сактап калуу мотивинде да айырма бар. Башка варианттарда Семетейдин ордуна бешикке күңдүн баласы бөлөнсө, бул вариантта Сарытаз Семетейди алып кетет. Бош бешикти Абыке м-н Көбөш эңип алып, сууга ыргытып жиберишет да, Семетейден кутулдук деп кетип калышат. Сарытаз Бакайдын кеңеши б-ча Семетейдин артынан барып, Букарда соодагердик кылып, Семетей он экиге келгенде эли, жери ж-дө кабарлайт. Экөөнүн бетме-бет кездешүүсү башка варианттар м-н үндөшүп турат. Семетейдин Таласка келиши, чоң атасы Жакып, агалары Абыке м-н Көбөшкө кезигишип, Чачыкейге үйлөнүшү, Айчүрөккө байланыштуу айтылган окуялардын берилиши, Айчүрөк м-н Семетейдин тою сыяктуу окуялардын сүрөттөлүшүндө айрым бир көрүнүштөр, окуялардын жүрүшү, деталдык жагдайлар б-ча башка варианттардан өзгөчөлөнүп турат. ЖМВда окуялардын берилүү тартиби, баяндоо ыкмалары б-ча өз алдынча вариант экендигин баса көрсөтүп турат. О эле жер-суунун аттарында ж-а образдар системасында айырмачылыктар бар. Көркөмдүк жагы да башка варианттардан кем калышпайт. Дагы бир өзгөчөлүгү башка варианттардагы баатырдыкты даңазалоочу эпикалык пафос толук сакталбаса да берилип, турмуштук окуялар басымдуу айтылат. Жалпысынан алганда ЖМВ «Манас» эпосунун окуяларынын берилиши, образ системасынын курулушу, көркөмдүгү бөтөнчөлүккө ээ дагы бир варианты болуп эсептелет.

*К. Кырбашев*

**ЖУСУПОВ** Кеңеш (1937, Тянь-Шань р-ну, Эчки-Башы айылы) — жазуучу. Кыргызстан Ленин комсомолу сыйл. лауреаты (1974). КМУнун филология ф-тетин бүтүргөн (1961). Нарында обл. «Нарын правдасы» газетасында (1961—63), Кыргыз ССР Министрлер Советинин алдындагы басма бетинде Мамл. сырды сактоо башкармасында (1964—66), «Кыргызстан» басмасында (1966—68), «Кыргызфильм» киностудиясында (1968—73) иштеген. «Ала-Тоо» журналында адабий кызматкер (1978—82), 1987-жылдан башкы редактор. Үчилтиктин биринчи бөлүгүн —«Манас» эпосунун кара сөз нускасын жазган (к. *«Манас» кара сөздө).*

**ЖУУЧУ** — кызга куда түшүүгө ата-энесинин макулдугун алуу үчүн күйөө тараптан жиберилген атайын өкүл. Ж-га көбүнчө эркек адамдар барган, алар сөзсүз түрдө үйлөнө турган жигиттин өз атасы же эң жакын туугандары болушу керек. Кыргыз элинде Ж-ларды дайындоодо өтө кылдат мамиле кылышкан. Алардын сабында сөзсүз түрдө акылга дыйкан, сөзгө чечен, актаңдай, шайыр адамдар боло турган. Алар куда түшүп барган жеринде ар кандай күтүүсүз кырдаалдардан жол таап, сөз таап кете алган. Эпосто да Жа-

кып Санирабиганын атасы Атемир ж-а анын увазирлеринин какшык, кемсинтүү максатында айтылган сөздөрүнө курч, таамай жооп берип келечек кудаларынын купулуна толот. Кыргыз ж-а о. эле чыгыштын көптөгөн элдеринде Ж-га өзгөчө мамиле кылышкан. Кызын берүүгө макул болушпаса да Ж-ну урмат-сый м-н узатышкан. Ушуга байланыштуу кыргыз элинде «элчи менен жуучуга өлүм жок» деген ылакап сөз бар. Кыздын атасы кызын берүүгө макул болгон учурда калыңы бычылып, үйлөнүү үлпөтүн өткөрүүнүн күн тартиби, ирети макулдашылат. Кулдук уруу иретинде ала келген белек-бечкеги кыздын атасынын алдына тартылат. Эпосто да Жакып Атемирге жамбы, ай туяктарды кудалык пул деп берет. Кыздын атасы Ж-ларды жөн узатпастан кийит кийгизет. Ушундан баштап эки тарап тең тойго камдана башташат. Ж. адам эки башка бүлөнү, урукту, тайпаны, ал эми кээ бир убактарда элдерди да бири-бирине куда-сөөк кылган.

**ЖҮГӨРҮ** Назар уулу (болжол м-н 1864—1941) — семетейчи. Назар Манасчынын уулу. Эпостун «Семетей», «Сейтек» бөлүмдөрүн айткан жомокчу болгон. Ал ж-дө замандашы Беки уулу Жолочу буларды эскерет: «Жүгөрү согуш башталган жылы 77 жаш чамасында өлдү. Жүгөрүнү да Совет мезгилинин алгачкы жылдары тиешелүү мекемелер «Манас» айттырууга чакыртса өзүнүн карылыгын шылтоо кылып барган эмес экен. Ал эпостун «Семетейин» толук айтчу. Сейтектин төрөлүшү, кайра элине келишин да Жүгөрү айтчу. Ошондуктан эл аны семетейчи-жомокчу деше турган» (КФ, 233-инв., 1-б.).

**ЖҮГӨРҮ** — эпизоддук кейипкер. Каныкейге күйөөлөп келаткан Манастын кошунун көргөн Ж. Кейип шаарын чапканы келаткан кол деп ойлоп, Атемирге кабарлайт (СО, 2. 392).

**ЖҮГӨРҮ** — эпизоддук кейипкер, Котон шаарынын балбаны. Бокмурун ашка чакыртып (СК, 2. 14), биринчилерден болуп ашка келгени айтылат (СК, 2. 19).

**ЖҮГӨРҮ** — эпизоддук кейипкер. Тейиш кандын тоюнан кийин Кер-Көлдөгү Орго канды көздөй жөнөгөн Манастын колунун ичинде аты аталат (СО, 2.69), кийин Көкөтөйдүн ашына келгени айтылат (СО, 3. 105).

**ЖҮГӨРҮ** — эпизоддук кейипкер. Каракан өлүп эл чабылганда Кошой м-н бирге жүрүп, Алптын уулу Ж-нүн кытайлар м-н согушта өлгөнүн Кошой Манаска айтат (СК, 1. 114).

**ЖҮГҮРҮКТҮН ЖҮГӨН-ТАШ** — топоним. Эпос б-ча кыргыз уруулары мекендеген жер. Чоң казатка даярданганда айтылып (СО, 4. 63), Бээжинге жөнөгөн кол Ж. Ж.-Т. аркылуу өткөнү белгилүү (СО, 4. 130).

**ЖҮЗ БАШЫ** — түрк-моңгол элдеринде байыртан бери келе жаткан аскердик чин. Бул элдерде жоокерлерди онго, жүзгө, миңге, он миңге (түмөн) бөлүп, ар бир бөлүккө өзүнчө аскер башкаруучу коюлган. Кыргыздарда да жүз адамдан турган аскер бөлүгүн башкарган киши Ж. б. деп аталат. «Манас» эпосунда Ж. б-нын милдети, максаты ачык көрүнөт. Алмамбетти кан көтөрүп, аскерди башкаруу ага тапшырылганда, аскерди тартипке келтириш үчүн он башы, миң башы ж. б. даражаларын шайлайт. «Жүзүн санап алганы Жүз адамга бир адам Жүз башы коюп салганы» (СО, 4. 124). Эпосто Ж. б. аскердик тартипти чыңдоодо мааниси чоң экендигин ырастап турат:

> Ушу болгон жүз башы,
> Жүзүңдү жуур көз жашы,
> Жүздөн бир жоголсо,
> Жүдөп жолдо токтолсо,
> Кашык тамбас каныңдан
> Үз үмүтүң жаныңдан (СО, 4. 126).

**ЖҮЗГӨН** — эпизоддук кейипкер. *Каманбектин* атасы экендиги гана эскерилет (СО, 3. 216).

**ЖҮЙҮРМӨНҮН КАРА-САЗ** — топоним, эпос б-ча кыргыз уруулары мекендеген жер. Чоң казатка көрүлгөн даярдыкта айтылып (СО, 4. 63), Манастын колу Бээжинге аттанганда Ж. К.-С-ын басып өтөт (СО, 4. 130).

**ЖҮН ТАМАН**, к. *Туктаман.*

**ЖЫГА** —1) кандык белги — таажы сайылуу тебетей; 2) эң жогорку даражаны көргөзө турган кооз ж-а сымбаттуу жасалган атайын белги; 3) баш кийимге кооздук үчүн тагылган куштун куйрук же канат жүндөрү; 4) шөкүлө. «Манаста» Ж. кандык даражаны көрсөтө турган белгиси бар баш кийим маанисинде колдонулат: «Кан таажысы ушу деп Кан Манастын башына Жыгалуу бөрктү кийгизди» (СО, 1. 290).

Мөөрдүк белгини билдирген учурлар да кездешет. Ж-луу мөөр ар бир кандыкка энчилүү мөөр. Жети кан куралып Манаска каршы келгенде, алардын Бээжинге казаттап барууга макулдугун алып, кат жаздырып, ар биринин мөөрүн бастырганы эпосто: «Жыйып алып кандардын Жыгалуу мөөрүн бастырды» (СО, 4. 59).— деп айтылат.

**ЖЫГАЛУУ БӨРК** (ир. «жыга» — куштун таажысы; аялдардын баш кийимине сайыла турган топ үкү, канат) — асыл таш м-н асемдеген үкүсү бар тебетей, баш кийим; кандын таажысы. «Манас» эпосунда: «Кан таажысы ушу деп Кан Манастын башына Жыгалуу бөркту кийгизди» (СО, 1. 290),— деп айтылат.

**ЖЫГАЧ** — О. Азия элдеринде колдонулуп келген аралык өлчөмү. Бабурдун жазгандары б-ча бир жыгач 10—11 *км* аралыкка туура келген. Ал Анжыян м-н Оштун ортосу төрт жыгач деп жазган. Бул шаарлардын аралыгы азыр 45 *км* деп белгиленет. Эпосто да аралык өлчөмү маанисинде учурайт.

**ЖЫЗАК** — топоним. Эпос б-ча кыргыз уруулары жашаган жер. Манас төрөлгөндөгү тойго (СО, 1. 75), Көкөтөйдүн ашына (СО, 3. 43, 78) Ж-тын эли чакырылып, Жакып кыз издеп Каныкейге жуучу түшөрүндө Ж-ты да аралап өтөт (СО, 2. 350). Географиялык реалияда Өзбекстандагы Ж. обл., шаары жайгашкан аймак.

**ЖЫЛАҢАЧ** — топоним. ВЖЭде Көкөтөйгө аш бергени Ташкенден Каркырага көчүп бараткан Бокмурун Ж-ка жылкысын өргүтүп өтөт.

Географиялык реалияда Алматы обл-ндагы аймак, тоо (Челек дарыясынын боюнда).

**ЖЫЛАҢАЧ-БУГУ-ТООСУ** — топоним. Көзкамандардан ууланган Манасты Каныкей качырып келип айыктырган жер. Манастын сөөгүн Каныкей Эчкиликтин-Кара Зоосуна коюлду деп айттырып, чындыгында Ж.-Б-Т-на койдурган деген уламыш бар. М. Мусулманкуловдун вариантында Манастын сөөгү коюлган жай Ж.-Б-Т-сунда делет. Географиялык реалияда Ж.-Б-Т. Тогуз-Торо р-нунун түн. жагындагы Молдо-Тоонун уландысы. Жергиликтүү эл Ж.-Б-Т-н ыйык тутат.

**ЖЫЛГЫНДЫ** — топоним. Манас ата мекени Ала-Тоону душмандан бошото баштаганда Чүйдү бийлеп турган Акунбешим «Он беш жүз миң кол жыйнап, Жылгындуунун талаага» (СО, 2. 129) ага каршы даярданат. Ж.— азыркы Токмок шаары турган жер ж-а анын тегереги.

**ЖЫЛДЫЗ** — топоним, көп варианттарда кезигет. Кыргыздардын Алтайдан Ала-Тоого көчкөнүндө «Баштап кыпчак кыргызды, Басып өтүп Жылдызды» (СО, 2. 160), Үрбүнүн колу андан өткөнү айтылат. Географиялык реалия катары Ж. (Юлдус, Йулдуз) Синьцзяндагы суу, ойдуң (Чоң ж-а Кичи Ж.) Чыгыш Тянь-Шань тоо түркүмүндө жайгашкан.

**ЖЫЛКЫ ТИЙҮҮ** — мал чарбачылык м-н тиричилик өткөрүп келген көчмөн түрк, моңгол элдеринин баатырдык эпосторунун сюжеттик курулушунда туруктуу колдонулган типтүү учурлардын бири. Ж. т. эпостун согуштук эпизоддорунун өнүгүшү үчүн олуттуу роль





ойнойт. Душман тараптын жылкысын тийип айдап жөнөшү — негизги согуштук окуянын башталышына шарт түзүп, эки тараптын колунун (аскеринин) беттешүүсүнө себеп болот. Мис., «Чоң казат» эпизодундагы Алмамбет м-н Сыргактын чалгынга барып, Ажыбайдын Карткүрөңүн калмак-кытайлардын жылкысына кошуп жиберип, айдап жөнөшү бардык варианттa салттык түрдө айтылат. Жылкынын артынан душмандар кууп келип согуш болот, эки тараптын колдору беттешип кытайлар жеңилет.

Ушундай эле Алмамбет Көкчөгө келгенден кийин ар кайсы элдерден жылкы тийип келип, Көкчөнү байытат. Айрым варианттарда (Радлов, Түш. Кыргызстан) Алмамбет тарынып Көкчөдөн кеткен соң, Манасты ээрчитип барып анын жылкысын тиет ж. б. Жамаатташ жашаган элдер, уруулар бир-биринин жылкысын тийип алуу — аталык-феодалдык көчмөн коомдун шартында учуроочу салттык кадыресе көрүнүш болгон.

*Э. Абдылдаев*

**ЖЫЛ СҮРҮҮ** — мүчөлдүн жылдары б-ча кишинин канча жашта экендигин, кайсы жылы туулгандыгын, белгилүү бир окуянын качан болгондугун аныктоо, эсептөө. Жылдар айбанаттардын аты м-н аталып, акыркысы бүткөндөн кийин кайра баштан эсептеле берет ж-а он экиси бир мүчөлдү түзөт. Ж. с. төмөнкү тартипте эсептелет: 1) чычкан, 2) уй, 3) барс, 4) коён, 5) улуу, 6) жылан, 7) жылкы, 8) кой, 9) мечин, 10) тоок, 11) ит, 12) доңуз. Ж. с. түрк элдеринде 6—8-к-да эле белгилүү болгон. Эпосто Семетей он экиге чыкканда Таласка келип, Бакайга жолугат. Өзүнүн Семетей экендигин билгизбей аны сынап турганда Бакай жылды эсептеп Семетейдин келер жылы быйыл экендигин, аны күтүп жүргөндүгүн айтат:

Жыл эсебин алайын,
Эми жылды катка салайын,
Ал эле чычкан, ал эле уй,
Ал эле жылкы, а да барс
Ал эле коён, ал жылан,
Ал эле тоок, ал улуу,
Ал эле мечин, а да кой,
Ал эле доңуз, ал эле ит,
Айкөлдөн калган кулунум,
Өлбөй жүрсө Семетей
Быйыл он экиге толгон кез (СК, «Семетей», 1. 230).

Ж. с. кыргыздарда байыртадан эле колдонулгандыгын баамдоого болот, к. *Мүчөл.*

*Ы. Кадыров*

**ЖЫЛУУ-СУУ** — топоним, Орго канды жеңгенден кийин Манастын колу өргүп жаткан жер (СО, 2. 92). Географиялык реалияда Ысык-Көлдүн күн чыгышындагы Аксуу-Арашан аймагы.

**ЖЫҢ** (кыт.) — чен бирдиги. Бир Ж. 560 *г*га барабар. Эпостун кийин жазылган негизги варианттарында айтылат: «Кырк жың алтын бул алып, Алты атанга жамбы алып, Амбалды тосуп камданып» (СО, КФ, 1790-инв., 244-б.).

**ЖЫРАНТЫ** — топоним. Манас баштаган кыргыздар Алтайдан Ала-Тоого көчкөндө «Жы-

ранты менен Аңырты, Жык толтуруп жайнатып, Жылдырып жылкы айдатып» (СО, 2. 158) басып өткөн жерлердин бири.

**ЖЫРГАЛАҢ** — топоним. Орго канды жеңгенден кийин Манастын колу өргүгөн жердеги өзөн (СО, 2. 92). Географиялык реалияда Ысык-Көл кылаасындагы азыркы Жыргалаң суусу.

**ЖЫРЫНТА** (моңг. жирн, жирен — алтымыш) — эпизоддук кейипкер, калмактын малчы чалы. Козу издеп жүрүп талаада козу кайтарып жүргөн Манас баш болгон кыргыз балдарга жолугат. Манас анын от тутантып алганга оттугун сураса балдарды киши ордуна көрбөй, оройлук кылып тилдеп оттугун бербей коёт. Ачуусу келген Манас Ж-ны атынан оодарып, оттугун кисеси м-н кошо тартып алат (СК, 1. 66).

# З

**ЗАБАР** (ир. зар, зер, зээр) — эпосто алтын деген сөздүн синоними катары колдонулат: «Сары алтындай бой кылып, Забар зерден кол кылып» (СО, 1. 158).

**ЗАКЫМ** — топоним. Көкөтөйдүн ашындагы байгеге чабылган аттар басып өткөн жерлердин бири (СО, 3. 64).

**ЗАМБИРЕК** — алыска атуучу артиллериялык курал. «Манас» эпосунда аскердик курал катарында эскерилет, к. *Үркөрбоо.*

**ЗАМЗАМ** (ар. земзем) — Мекедеги Кабанын жанындагы ыйык булак. Булактын дарылык касиети бар деп эсептелинет. Ажыга баргандар көп учурда замзамия деген атайын идишке ал дары сууну куюп өз жерине ала кетет. «Манаста» ошол ыйык суугa өлгөн адамдын сөөгүн жууйт. Мис., Көкөтөй өлгөндө:

> Сарбап менен буудуруп,
> Замзам менен жуудуруп,
> Чарайнага чаптатып,
> Шайингиге каптатып (СО, 3. 11)— турup койгондугу айтылат.

**ЗАРАПШАН** — топоним. Эпостун айрым эпизоддорунда тажик эли м-н болгон мамилелерге байланыштуу айтылат. Географиялык реалияда З.— Тажикстан м-н Өзбекстандын аймагынан агып өтүүчү дарыя.

**ЗАТАЕВИЧ** Александр Викторович (1869, Волхов ш.—1936, Москва)— музыка изилдөөчү, этнограф ж-а композитор. Казак ССРинин эл арт. (1923), Кыргыз ССРинин эл арт. (1925). Казак, О. Азия, Сибирь элдеринин обондорун, күүлөрүн жыйноочу. З. 1928-ж. Кыргызстанга келип, атактуу комузчулардын аткаруусундагы обондорду, күүлөрдү жазып алат. Жыйнаган обон, күүлөрдүн ичинде Токтобек Багишевден «Манастын», Субанкул Юсуповдон «Семетейдин» обонун, Актан Тыныбек уулунан «Семетей күү» жазылып, «Кыргыздын аспаптык 250 күүсү жана обону» деген ат м-н 1934-ж. Москвадан жарык көргөн.



Жыйнакта кайсы күү, обон кандай аткарылып, айтыларын, кимден жазылганы, анын шыгын билдирген илимий мүнөздөгү кыскача түшүндүрмө да берилген. Алардын обондорун төкмөлүк ырааттуулук м-н айтылышын, угумдуулугун өзгөчө бөтөнчөлүгүнө ой жүргүзөт. З. музыка изилдөөчүлөрдүн ичинен биринчи жолу «Манас» эпосунун обонун нотага түшүрөт.

**ЗЕНГИ БАБА** — элдин ишениминде уйдун колдоочу пири, ээси. Диний түшүнүктө З. б. жылоологон адамдын уюнун тукуму көбөйүп, бай болот. Эпостун негизги варианттарындагы жай турмуш көрүнүштөрүн сүрөттөгөн окуяларда З. б. ж-дө эскерилет. Көкөтөйдүн ашында анын төрт түлүк малынын эпсиз көп экендиги саналып өткөндө «Сыр боюнда салдырган, Заңги баба мал экен, Эсеп кылса уйлары, Эки жүз миң бар экен» деп айтылат. О. эле «Манас» эпосунун «Семетей», «Сейтек» бөлүмдөрүндөгү окуяларда да З. б. ж-дө эскерилет.

**ЗЕРГЕР** (заргер) — алтын, күмүштөн түрдүү буюмдарды жасаган чебер уста. «Эр кадырын эл билет, Зергер кадырын зергер билет» (макал). Түрдүү түстүү металлдардан (алтын, күмүш, мельхиор, нейзильбер, жез, мис, датчалбас, болот) кыз-келиндердин азем буюмдары: шакек, билерик, сөйкө, желбирөөч, иймек, искек, бой тумар, оймок, топчу, чолпу, күбөк, кемер, кыргак, чачкеп; үй эмеректери: алабакан, такта, жагдан, сандык; ашкана буюмдары: чыны куту, көөкөр, үкөк; ат жабдыктары: ээр, жүгөн; көмөлдүрүк, басмайыл, куюшкан, камчы, үзөңгү, кичин (тердик); сөөк буюмдары: чанча, картык, туур; аваз аспаптары: комуз, чоор, кыл кыяк, добулбас жасап, аларды шөкөттөөчү уста. Эпосто жоокердик кийим-кечектерди, азем буюмдарын, жоо куралдарын (дүрбү) жасоодо З-дин чеберчилиги тууралуу айтылат.

**ЗИЛЗАЛА** — жер титирөө. «Манас» эпосунда да ушул эле мааниде пайдаланылып, Манас

төрөлгөндө «Чекеси жерге жеткени, Асмандан кудайдын нуру чачылып, Зилзала жүрүп кеткени» (СК, 1. 54),— деп сүрөттөлөт. Эпосто З. окуяга мифтик кырдаал, каармандын образында табиятынан ашка мүмкүнчүлүк болорунан кабар берет.

**ЗООЛУ** — эпос б-ча колго же моюнга салуучу кишен: «Шоктугум болсо, балдарым Зоолуңду мага камдагын» («Манас», 1. М., 1984, 181).

**ЗООНИМДЕР** (zóon — жаныбар, onum — ысым, ат) — жаныбарларга, айбанаттарга коюлган энчилүү аттар. Үй айбандарына энчилеп ат коюу жер-сууну атагандай эле турмуштук зарылчылыктан, практикалык муктаждыктардан улам келип чыккан. «Манас» эпосунда З-дин өтө көп учурашы да кыргыз элинин көп кылымдык тарыхына байланыштуу. Эпосто жылкы баласынын өңү-түсүн билдирген сөздөрдүн жалпы саны жүзгө жакын, жылкы чарбасына байланыштуу айтылчу сөздөрдүн саны миңден ашуун экенин «Манас» эпосу б-ча бүткүл союздук симпозиумга (1988) катышкан Г. Кушбакова белгилеген.

Согуштагы ийгилик баатырдын курал-жарагына, минген атына байланыштуу болгон жоокерчилик заманда «ат адамдын канаты» делип өтө жогору бааланган. «Манаста» башкы баатырдын туулгандан тартып, өлгөнгө чейинки өмүрү ат м-н тыгыз байланышкан. Эпосто аттын өтө көп ж-а ар түрдүүчө сүрөттөлүп берилиши кыргыз эли мал чарбачылык м-н кесип кылышынын негизинде келип чыккан. Анын себеби аттын эл турмушунда зор чарбачылык мааниге ээ болгондугу м-н түшүндүрүлөт. Жоокерчилик заманда ат баатырлардын согушта минген жакын жолдошу болгон. Ошондуктан ат көчмөн элдердин эпосунда, айрыкча «Манаста» өтө маанилүү орунду ээлейт да, баатырдын белсемдүү жарадмчысы, кээде аны өлүмдөн куткаэган досу катары идеалаштырылып, апыртылып сүрөттөлгөн. Эпикалык салтка ылайык эпостогу ар бир оң ж-а терс каармандын өзүнө таандык унаасы, ал унаанын өзүнө ылайык энчилүү ысымы бар. Мис., Манастын аты — Аккула, Алмамбеттики — Сарала, Коңурбайдыкы — Алгара, Оронгунуку — Кулабээ, Мадыкандыкы — Көкбука, Малгундуку — Боз качыр ж. б. Баатыр, анын минген аты, ал атка берилген ысым бирибирине байланыштуу деп эсептелинип, күлүккө ат энчилөөгө өзгөчө маани берилген. Тулпарларга ат коюуда өңү-түсүнө, сымбаттурпатына, мүнөзүнө, жашына ж. б. өзгөчөлүктөрүнө көңүл бурулуп, метафоралык ык, өң-түскө байланыштуу символика, сөздү өтмө мааниде колдонуу кеңири пайдаланылган. О. эле тотемдик түшүнүк — жаныбарларды ыйык тутуу, аларга табынуу салты да белгилүү роль ойногон (Камбароз ж. б.), өңү-түсүнө карай: Торучаар, Аккула, Сарала, Алгара, Көгала, Куучабдар ж. б.; өңүтүсүнө + жашына: Кулатай, Тайбуурул (кийин Нарбуудан болуп да айтылат) ж. б.; өңүтүсүнө + жынысына: Кулабээ, Торайгыр ж. б.; турпатына + өңү-түсүнө: Тоотору, Тоокара, Чоңкүрөң ж. б.; өңү-түсүнө + тукумуна: Бозжорго, Каракашка аргымак ж. б.; өңүтүсүнө + эмнеге окшоштугуна: Керкабылан, Көкчебич, Наркызыл, Суркоён, Уларбоз ж. б.; күлүктүгүнө: Желтаман ж. б. Эпосто о. эле жылкы баласынан башка айбанаттардын аттары да учурайт. Айрым эпикалык душмандардын унаалары эмне унаа экенине карай аталган: Көкбука, Бозкачыр, Бозкерик ж. б. Кызыгууну туудура турган Маанилкер өңдүү З. да учурайт.

Эпосто иттин (Кумайык, Актайган), куштун (Акшумкар), төөнүн (Желмаян, Агинген, Кууинген) энчилүү аттары да бар. Эпостогу З. негизинен кыргыз элинин, о. эле түркмоңгол элдеринин элдик оозеки чыгармаларында жолуккан энчилүү атоолорго окшош же жакын турат. Мындан З-дин келип чыгышы, таралышы элдик оозеки чыгармалардын талаптарына, максаттарына, принциптерине байланыштуу узак убакыттар бою өнүгүп келе жатканын байкоого болот.

*Ш. Жапаров*

**ЗООМОРФТУК ОБРАЗ** (гр. zóon — жаныбар morphe — форма, образ, көрүнүш) — кудайларды, пирлерди айбанат кебетесинде элестетүү. Зооморфизм антроморфизмден мурда пайда болгон; айрым учурларда гана тең өнүккөн. Адамдардын жаратылыш кубулуштары ж-дөгү түшүнүктөрү алгач негизинен зооморфтук формада болуп, антроморфтук элеске кийинчерээк өткөн ж-а З. о-дар да антроморфтук образдардан мурун түзүлгөн (к. *Антроломорфтук образ*). Алгач зооморфтук формадагы образдардын баары эле антропоморфтук формага өтө бербейт. «Манас» эпосунда да З. о-дарды учуратууга болот. Башкы каарман Манастын алп кара куш, ажыдаар, бөрү, жолборс ж. б. жаныбарлар колдоп жүргөндө ага эч кимдин алы жетпейт, ок өтпөйт, найза тешпейт:

Кара чаар кабылан
Капталында чамынып,
Чолок көк жал арстан
Жан жагында камынып.
Бет алдында сур жолборс,
Пендеде мындай жан болбос (СК, 1. 148).

Ажыдаар — жыланы
Артынан сойлоп калгандай,
Көсөө куйрук көк бөрү —
Көкжал эрдин жөкөрү
Көтүнөн ээрчип алгандай,
Асман жакты айбаты
Алп кара куш арбайып
Асмандан бутун салгандай (СО, 2. 186).

*Х. Короглы*

**ЗУБУН** (моңг. зуу — «жүз») — эпосто калмактардын уруу, топ, бөлүк, аскер бөлүгү маанилеринде айтылат: «Зубун-зубун калмактар, Эр өлгөн айылга барыптыр» (СО, 1. 154); «Майданга Манас барыптыр, Аны көрүп акырын, Зубундап ураан чакырып, Сайкал жөнөп калыптыр» (СО. 2. 60).

**ЗУЛПУКОР** (ар. зулфакар — аркалуу) — Манастын кылычы. Мусулман уламышы б-ча Мухаммед пайгамбар өзүнүн күйөө баласы, ары иниси Азирет Аалыга берген укмуштуу кылычтын аты да З. (Зулфакар) деп аталган. Бул ат эки миздүү, учу эки ача, кылычтын жеңил ж-а бекем болушу үчүн ортосуна жаныбардын кыр аркасын элестеткен быдырлар салынып өзгөчө ыкма м-н жасалышына карата берилген. «Манас» эпосунда кылычтын мындай аталышы дин уламыштары аркылуу кийин кирген. Көпчүлүк варианттарда Манастын кылычы нагыз кыргыз сөздөрү м-н аталат: Сагымбайда Ачалбарс, Б. Сазановдо Жойболот, М. Мусулманкуловдо Наркескен, А. Рысмендеевде Акболот (Акалбарс) ж. б. Баатырдык эпостордун салтында каармандын жеке керт башын эле идеалаштырып, баатырдык доордун рухуна ылайык жоодон жеңилбес кайрат күчкө, согуштук айла-амалга ээ кылбастан, ал урунган курал-жарактарды, ат-тонду да укмуштандырып, адаттан тышкары касиеттерге ээ катары баяндоо адаттагы көрүнүш. Көпчүлүк учурда курал-жарактар жандандырылып, касиеттүү (культтук) сапатка ээ болот. Бул бекеринен эмес, металл (темир) куралдардын пайда болушу баатырдык доордун пайда болушуна түрткү болгон. Бул тууралуу Ф. Энгельс минтип белгилеген: «Келерки кадам варварчылыктын жогорку баскычына, мына мындай бир доорго алып келди: бул доордо маданияттуу элдердин бардыгы тең өздөрүнүн баатырдык доорун, темир кылыч доорун баштарынан өткөздү» (Ф. Энгельс, Үй-бүлөнүн, жеке менчиктин жана мамлекеттин келип чыгышы, Фр., 1970, 281-б.). Көрүнүп тургандай, баатырдык эпостордун жаралышына түрткү болгон тарыхый шарт адамзат металлды өздөштүрүүсү м-н пайда болгон. Варварчылыктын жогорку баскычынын толук гүлдөшүн Гомердин поэмаларынан, асыресе «Илиададан» көрөбүз: «Өркүндөтүлгөн темир куралдар,... гомердик эпос жана бүткүл мифология — гректердин варварчылыктан цивилизацияга алып келген башкы мурасы мына ушулар» (Ф. Энгельс, жогоруда аталган эмгек, 3-б.). Эгерде баатырдык эпостор металлды өздөштүрүү баштала баштаганда жарала баштаса, табигый түрдө андан жаралган куралдардын кол салууга, коргонууга өтө жарамдуулугун даңазалаганы талашсыз. Бул «Манас» эпосунда ачык көрүнөт. Эпосто башкы каармандардын алып жүргөн ар бир куралынын «таржымалына» кеңири токтолуп, каарман ага кандайча ээ болгонун, качан, кандайча жасалганын, кандай укмуштуу касиеттер бардыгы кенен сүрөттөлөт. Ошол куралдардын ичинен жоокердик замандын негизги куралы кылычка да зор көңүл бурулат. Бул куралга жетүү өзгөчө кырдаалда болот. Манас ж-а анын чоролору урунган башка жоо куралдарынын мыкты сапатка ээ болушу эч бир кереметтүүлүк м-н байланышкан эмес. Андай касиет аларды жасаган усталардын (мис., төкөр уста Бөлөкбай), уздардын (Каныкей) чеберчилигине тийиштүү болсо, жалпысынан алты курч аталган кылычтар: Манастын Зулпукору, Бакайдын Кылболоту, Ажыбайдын Ачболоту, Алмамбеттин Жойкумасы, Чубактын Ачалбарсы, Сыргактын Аркескени асмандан түшүп, баатырлардын колуна керемет м-н тиет. Саякбайда Манас атасы Жакыпка тарынып кетип Боз-Талаага Баба-Дыйкандын жардамы м-н эгин эгип, түшүмүн Аккулага алмашып кайтып келе жатканда алдынан чыккан ак сакалчан думана Кайыпчал (Кызыр) ага алты курчту атайы сен үчүн асмандан түштү деп берет. Думана алты курчтун маанисин, касиетин сыпаттап келип: «Өзү тийген күчтүүгө, Кызылдай кыргын салыңыз! Зордукчул кытай элине, Ылайык кылган алты курч...» — деп атайы тапшырма берет (СК, КФ, 502-инв., 74-б.). Баатырдык эпостордо башкы оң каармандын өзү гана белгилүү бир миссияны аткарыш үчүн укмуштуу жол м-н атайы төрөлбөстөн, анын курал-жарагы да атайы ошол ишке арналган болот. Эл өзүнүн идеалын жүзөгө ашырчу каармандын жеке керт башын гана эмес бүткүл турушу м-н идеалдаштырат. Ошондуктан каарман ал миссияны аткарыш үчүн атайы жаралган сыяктуу, анын куралдары да ошол миссияга арналып, кереметтүү жол м-н атайы көктөн түшөт. Ушул салттык мотивге ылайык Сагымбайдын ж-а ага жакын турган варианттарда да Манас өзүнүн атактуу кылычына укмуштуу жол м-н жетет. Бирок мында эпостун байыртан келе жаткан мотиви мусулман динине ылайыкташып өзгөргөнү байкалат. Манаска Ачалбарсты Мекеден келген Айкожо пайгамбардан калган белек катары тапшырат. Чындыгында мусулман ыйыгынын аркасында байыркы элдердин мифтик түшүнүктөрүнөн, ишенгендеринен пайда болгон касиеттүү колдоочу карыя — тотемдик баба жатканын көрүү башка типтеш материалдар м-н салыштырганда ачык көрүнөт. Дүйнөдөгү байыркы элдердин салтында кылычка кудай катары сыйынуу тарыхый реалдуулук болгон. Мис., Геродоттун жазганына караганда байыркы скифтердин согуш кудайы кадимки эле кылыч болуп, ага арнап курмандык чалышкан. «Манас» эпосунда да кылыч скифтердегидей культтук касиетке ээ экенин көрөбүз, эпосто баатырлар антташканда: «Ушул анттан тангaнды Ачалбарстын мизи урсун» — дешип кылыч байыркы түрк-моңгол элдериндеги эң жогорку культтар «төбөсү ачык көккө», «төшү түктүү жерге» катар коюлат:

Түн ичинде суурса
Өрттөй болуп кызарган,
Уруштуу күндө узарган,
Заарын тарткан мунардан,
Учун кайкы чыгарган
Тоого чапса таш кескен
Белге чапса баш кескен
Шиберге койсо өрт кеткен
Шилтенгени мүрт кеткен (СО, 2. 210).
Алты болот курч ошол,
Ачуусуна тийгенде
Ааламды бузган мүлк ошол

Кыйкырып кындан алганда
Кан ичпей куру жүрбөгөн
Кызыгып кындан чыгарса
Кан ичпесе кирбеген
Кабарын угуп алганда
Качып душман сүрдөгөн (СК, КФ, 542-инв., 275-б.).
Шилтегенде бул кылыч
Аркан бою узарат,
Кайра тартып алганда
Керидей болуп тартылат (ММВ, КФ, 552-инв., 201-б.).

Бул сүрөттөөлөрдө Манастын кылычы өтө жогорку сапаттуу жоо куралы болуу м-н бирге кандайдыр адаттан тышкары укмуштуу касиетке ээ экени да айкын байкалат. Кээ бир варианттарда мындан да күчөтүлгөн гиперболалык сүрөттөөлөр бар. АРВда Манастын кылычы колдон түшүп кеткенден ташты, тоону оюп, жерди көтөрүп турган көк өгүзгө жетип, башын кыйып кетерде, бул дүнүйө кыйрап кетет — деп периштелер кармап алып келип турушканы айтылат.

*Р. Сарыпбеков*

**ЗУЛПУКОР КҮМБӨЗҮ** — архитектуралык эстелик. Талас — Суусамыр жолунун боюнда, Кара-Кол суусунун жээгинде, Талас р-нунун Арал айылынан 1,5 *км* аралыкта көрүстөнгө



жакын дөңсөөгө курулган. Элдик уламыш б-ча Манас баатырдын кош миз кылычы — Зулпукор сынган согушту эскерүү иретинде курулган. Эстеликтин көлөмү сыртынан эсептегенде 6,75×6,5 *м*, ичи 4,24×4,42 *м*. Күмбөз чарчы тик бурч формадагы бышкан кирпичтен салынган. Кумпасы сакталган эмес, фасадынын ж-а интерьеринин алгачкы оюмдары өчүп калган. Стилдик белгилеринин негизинде эстеликтин курулган мезгилин 12-к.—14-к-дын баш чендери деп айтууга болот. О. кылым мемориал курулмаларынын бир түрү катары кызыгуу туудурат.

**ЗУМУРУТ** — эпосто кымбат баалуу таш, андан жасалган буюм катары айтылат: «Жүгүн чечип караса Зумурут көөхар таш экен» (СО, 1. 169). Илимде изумруд деп аталат. Берилл минералынын бир түрү, 1-класстагы асыл таш. Мөлтүр тунук келип, өңү чымкый жашыл. Айрым түрү алмаздан кымбат бааланат.

**ЗУУРА** (ир. Зохре — чолпон, таңкы жылдыз) — кыргыз элинин ишениминде үйдүн кутун ж-а жаш балдарды, боюнда бар ж-а төрөп жаткан аялдарды көзгө көрүнбөй кайыбынан колдоочу ыйык эне. Элдик оозеки чыгармачылыкта маданий таасир катары иран элинин мифологиясынан кабыл алынып, байыркы түрк элдеринин кудай энеси Умай м-н катар же бир эле кейипкер катары кездешет. «Манас» эпосунда да ушул түрдө колдонулат. Мис., Айчүрөк Сейтекти төрөп жатканда:

Умай эне Зуурага
Уялбай ичин оңдотту.
Шек билгизбей эч кимге
Жети күнү толготту (СК, «Сейтек», 50),— деп сүрөттөлөт.

**ЗЫМЫН** — топоним. Манас өзү катылган Шоорукка каршы элди курап кошун топтогондо айтылган аймактардын бири (СО, 2. 207). Айтылышы азыркы Өзбекстандын Замин р-нуна үндөш.

**ЗЫМЫРЫК** (с и м у р г, с ы м ы р ы к) — иран мифологиясында керемёттүү куш, байыркы фарсы тилинде (авестаде) бүркүткө окшош куш деген түшүнүктү билдирет. Атайы изилдөөлөрдө анын образы скиф доорунан бери Евразияга белгилүү деп белгиленип жүрөт. З. мифологиялык дөө, ажыдаарлар сыяктуу эле иран ж-а түрк элдеринин керемёттүү жөө жомокторунун, укмуш окуялуу керемёттүү дастандарынын туруктуу каармандарынан. Мис., анын образы ирандардын «Рустам намэсинде», түркмөндүн «Шабахрам», азербайжандардын «Шахзада Бахрам», түркмөн, өзбек, тажиктердин «Көруулунда» жолугат. Айрыкча, элдик оозеки чыгармачылыктын негизинде жазылган Фирдоусинин «Шахнамэсинде» көрүнүктүү роль ойнойт. Ал башкы баатыр Үрүстөмдү, анын энеси Рудабени, атасы Залды бир нече жолу кырсыктан куткарып, ажалдан алып калат. Иран элдеринин жомокторунда З. биздин «Эр Төштүктөгү» алп кара куш сыяктуу кызмат аткарат. Ал балапандарын жыландан сактап калган Төштүктү жер астынан алып чыгат. Жолдо келе жатып азыгы түгөнгөндө Төштүк сан этинен кесип жедирет. Жер үстүнө чыкканда З. ал этти ордуна жабыштырат, жарат дароо айыгат. «Манас» эпосунда «Алп кара куш — зымурук асмандан бутун салыптыр» — делип, Манас жоону качырганда ажыдаар, жолборс, көкбөрү ж. б. жаныбарлар м-н бирге колдоочусу — алп кара куштун синонимдеш бир аты катары берилет, б. а. алп кара куш, З. бир эле куш. Түрк ж-а иран элдеринин оозеки чыгармачылыгында ал экөө бирдей милдет аткаргандыктан ж-а эки элдин бири-бирине өтмө катар маданий таасирлеринин натыйжасында башта өз-өз алдынча өнүккөн бир типтүү — бул эки образ кийин ажыратылбай бирге каралып калган, *к. Алп кара куш.*

*Р. Сарыпбеков*

**ЗЫЯҢДАШ** — эпизоддук кейипкер. Көкөтөйдүн ашында Кошой Акбайга кайрылганда З. Акбайдын колуктусу экенин айтат (СО, 3. 193).

# И

**ИБИЛИС** (ар. иблис — шайтан) — ислам дининде адамды азгырып күнөөгө батыруучу, ак жолдон адаштыруучу мифтик-фантастикалык образ. Эпосто И. мифтик терс каарман катары кездешет, айрым терс каармандарды (мис., Нескараны) азгырып, тескери жолго түртөт.

**ИБРАЕВ** Бообек (1935, Жети-Өгүз р-ну, Чоң-Кызыл-Суу айылы)— режиссёр. Кыргыз ССРинин иск-вого эмг. сиң ишмери (1985). 1961-ж. Ташкендеги А. Островский атн. театр ж-а сүрөт ин-тун бүтүргөн. Ал Жалал-Абад шаарындагы Кыргыз драма театрында,



Нарын обл. музыкалуу драма театрында, Кыргыз мамл. академиялык драма театрында, Ош обл. С. М. Киров атн. өзбек музыкалык драма театрында, Пржевальск шаарындагы Ысык-Көл обл. драма театрында, режиссёр, башкы режиссёр болуп эмгектенген. И. Ж. Садыковдун «Манастын уулу Семетей» драмасын (режиссёр Ж. Абдыкадыров м-н бирдикте) даярдоого киришип, 1982-ж. Кыргыз мамл. академиялык драма театрында койгон. Андан кийин «Сейтек» (1987), «Айкөл Манас» (1990) драмаларын сахнага даярдап, Кыргыз мамл. академиялык драма театрынын сахнасына алып чыккан.

**ИБРАИМОВ** Кубат (1948, Ат-Башы р-ну, Ак-Муз айылы) — фольклор изилдөөчү, педагог, филология илиминин кандидаты (1987). КМУнун филология факультетин бүтүргөн (1972). Мектепте мугалим, Кыргыз республикасынын ИАсынын ТАИде улуу илимий кызматкер болуп эмгектенген. И. кыргыз фольклоруна арналган 40ка жакын илимий макалалардын автору. Ал белгилүү фольклор жыйноочу, айрыкча «Манас» эпосун жазып алууда чоң эмгек сиңирген Ыбырайым Абдрахман уулунун өмүрүнө ж-а чыгармачылыгына арналган «Ыбырайым Абдрахманов» аттуу монография (1987) жазган.

**ИВГИН ХАЙРЕТДИН** (1945, Түркия, Везиркөпрү)— түркиялык фольклорчу, манасизилдөөчү. Аскер лицейин (1961), Газы педагогикалык ин-тунун адабият бөлүмүн бүтүргөн (1966). Түркиянын орто ж-а жогорку окуу жайларында окутуучу, билим берүү, маданият министрлигинде бөлүм башчы. И. Х. түрк элдеринин фольклорун жыйноо, иликтөө, жарыялоо иштеринде көп эмгек сиңирген. «Манас» дастанынын изилдениши, жарыяланышы б-ча да эмгектери бар. «Түркияда «Манас» тууралуу жарыкка чыккан эмгектер» деген көлөмдүү макаласы 56 наамдагы библиография м-н жабдылган. Ал. о. эле «Уйгур автоном районунда "Манас" дастаны жана «Диван-и лугат-и түрк»» (1987), «"Манас» дастаны» (1987), «"Манас" дастаны тууралуу Түркияда жана Кытайда жарыяланган эмгектер» (1987), «"Манас" дастаны тууралуу эмгектер» өңдүү бир нече эмгек жазган. Белгилүү түрк илимпозу Абдулкадыр Инан, кызылсуулук манасчы Жусуп Мамай ж-де да макалалар жараткан. Айрыкча эпостун Үрүмчүдөн жарыкка чыккан нускаларынын Түркия окуучуларына жетишине И. Х-дин эмгеги зор.



Ал Анкарада (Түркия) түзүлгөн «"Манас" дастанын изилдөө борборунун» мүчөсү.

*И. Абдувалиев*

**ИДЕАЛДАШТЫРУУ** чыгармада чагылдырылган көрүнүштөрдүн алгылыктуу жактарын баса белгилеп ажарын ачып ашкере сүрөттөөлөрдө таасын байкалат. И. иск-водо көрүнүштөрдүн «жакшы жагын да, жаман жагын да күчөтүп көрсөтүү же жөнөкөй айтканда апыртуу» (Н. Г. Чернышевский). Мындай сүрөттөөлөр «Манас» үчилтигинде өзүнүн табияты б-ча типтештирүү м-н жуурулушуп турса да, негизинен карама-каршы турган оң, терс көрүнүштөрдү, о. эле асыл сапаттарды, оң каармандарды көкөлөтүү, даңазалоо, аларга кынтыксыз турпат берүү м-н идеалдуу, өрнөк болуучу деңгээлге жеткирип, эстетикалык жактан бөтөнчө маанилүү кылуу аракеттеринде айкын көрүнөт. Эпосто сүрөттөлгөн көпчүлүк объектилер идеалдаштырылып асыресе оң каармандар, алардын курал-жарактары, жоо кийимдери, иш-аракеттерин сыпаттоодо көбүрөөк кездешет. Манастын туулушунан өмүрүнүн акырына чейинки бардык иштери бүтүндөй И-нун чегинде көрсөтүлөт: «Алтын менен күмүштүн Ширеесүнөн бүткөндөй, Айың менен Күнүңдүн Бир өзүнөн бүткөндөй, Асман менен жериңдин Тиреесүнөн

бүткөндөй»; «Акылмандын тунугу, Ак калпактын улугу»; «Бир карасаң бир киши, Бир карасаң миң киши»; «Жолборс моюн, жоон билек, Жоругу калың таш жүрөк»; «Алды жагын карасаң, Алты жүз эрдин сүрү бар, Аркасынан карасаң, Ажыдаардын түрү бар» ж. б. Адамдар гана эмес, табият кубулуштары, предметтик нерселер, адаттан сырткары сырдуу көрүнүштөр, кереметүү күчтөр да дайыма Манаска жан тартып, аны колдоп турушу да И-га жатат. Мунун түпкү максаты Манасты башкалардан өзгөчөлөөгө, артыкчалоого багытталган. Анын кырк чилтенге, Кызыр дубанага жолугушу ж-а жоо кийимин алышы мындайча баяндалат:

Белекке берген көк күрмө,
Ок өтпөй турган бек күрмө.
Кийсең жоого ылайык,
Ок өтпөгөн кылайып,
Табылгы жаксаң чок өтпөйт,
Очогор атса ок өтпөйт,
Жакадан тартсаң кол өтпөйт.
Жакасы алтын, жеңи жез,
Кош бадана, торгой көз.
Келеме жака, кең күрмө
Керишке кийсе ылайык.
Кызыр атам берди деп,
Арстан кийгин бул тонду,
Балбандыгың башкача,
Сенин баатырлыгың бир канча.
Отко салса күйбөйсүң,
Сел каптаса акпайсың,
Арбагың артык, заарың күч,
Катылгандын баарысын
Кыйратасың кылып түз... (СК, 1. 105—106).

Манастын телегейи тегиз, келечеги кең өзгөчө сапаттары, алдын ала эле аныкталып жатат. Кеп буларды адам эмес, Кызыр дубана айтып, ал асыресе жараткандын атынан күбөлөп жатышы ого бетер таасирлүү. Эпосто о. эле Манастын укмуштуудай баатырдыгы гана эмес, анын айкөлдүгү, ашкере берешендиги, кең пейилдиги, адилеттүүлүгү да жогорку деңгээлде идеалдаштырылган.

Эпосто аялзатын даңазалоо бөтөнчө мааниге ээ. Көбүнчө аялдардын даанышмандыгы, акылмандыгы, уздугу, сарамжалдуулугу м-н катар айрым учурларда эркектерден кем калышпаган эрдиги, кайраттуулугу да көрсөтүлөт. Мис., Каныкей:

Узун чачтын ыктуусу,
Ургачынын мыктуусу.
Кең көйнөктүн тазасы,
Ургачынын паашасы (СК, КФ, 539-инв., 217-б.).

Каныкейге мүнөздүү билермандык, бийик ыймандык сыпат да баса белгиленген. Айрыкча аялзатынын туруктуулугу, адептүүлүгү, ашкере сулуулугу көкөлөтө макталат. Каныкейди «мусулмандын нурдуусу, кара сурдун сулуусу», «төгүлгөн кара чачы бар, жүлүндөй түптүз бою бар» ж. б. Ушул жагдайда Айчүрөк да өзгөчө күчтүү поэтизацияланган. Дегеле эпосто аялдардын акылы, иштүүлүгү, сымбаты, келбети келиштире таргылган. Эпосто негизги оң каармандардын мыкты сапаттары дайыма алдыңкы планда көрсөтүлөт (Семетей, Сейтек, Алмамбет, Бакай, Күлчоро ж. б.), о. эле чыгарманын терс каармандары да унут калбай, аларды И-да жагымсыз иш-аракеттери, терс сапаттары гана эмес, алардагы баатырдык, эр жүрөктүүлүк, амалдуулук, айлакерлик өңдүү алгылыктуу сапаттары да белгилене кетет. Маселен, Жолой ж-дө:

Каардуу Жолой баатырда
Сакал да жок, мурут жок,
Балбандыгы башкача
Кан жыттанган Жолойдун
Баатырдыгы бир канча.
Өлчөөң кеткен бул Жолой,
Өлтүрүп канга тойбогон,
Жан кыйгычтын бирөө ошол,
Жалаңкычтын өзү ошол (СК, 1. 95).

Бир жагынан «Кан Жолой», «Жетик Жолой», «Эр Жолой», «Каардуу Жолой», «Көк жолборстой чамынып» деген сыяктуу эпитеттер м-н сыпатталса, экинчи жагынан анын аёону билбеген ашкан зордукчулдугу, баскынчылыгы, мыкачылыгы баса белгиленет. Мындай сүрөттөөлөр реалдуулукка, чындыкка жакын келүү м-н, жалпы эле чыгармандын таасирдүүлүгүн күчөтөт. Себеби душман эч качан начар болгон эмес, андыктан аны жеңүү да оңойго турбаган. Ушундан улам сырттан басып кирген душманбы, ичтен чыккан бузукуларбы, аларды эпосто коркунучтуу кылып сүрөттөө негизги орунду ээлейт. Эпостун борб. сюжетин согуштук окуялар түзүп, мында баатырдыкка, эрдикти даңазалоого айрыкча көңүл бөлүнгөндүктөн, эпостогу баатырлардын жоокердик куралы м-н жоокердин аты да идеалдаштырылган.

Эпосто жоокердик куралдардын нечендеген түрлөрү кездешет. Алардын көпчүлүгүнүн энчилүү аттары ж-а ээси бар. Чыгармада айрым баатырлардын өзүнө гана арналган укмуштуудай куралга ээ болушу атайын белгиленет же кеңири баяндалат. Ал куралдын оңой м-н табылбастыгы, өзгөчө материалдан жасалышы, даңкы таш жарган, атактуу устанын колунан чыгышы, ал түгүл айрым курал-жарактардын кудуреттүү күчтүн, кудай тааланын амири м-н белгилүү баатырларга атайын арналышы даана көрсөтүлүп өтөт, маселен, Манастын курал-жарактары: Аккелте, Сырнайза, Зулпукор ж. б., ар биринин таржымалы, татаал сырлары бар. Асмандан түшкөн алты курчтун эң мыктысы, кудайдын буйругу м-н Зулпукор аталып, ага Манастан ысымы да жазылып коюлган:

Асмандан түшкөн Зулпукор
Айкөл Манас курчу ошол,
Катылышкан душмандын
Канын төгөр мүлк ошол.
Кыйкырып кындан чыгарса,
Кан ичпей куру жүрбөгөн,
Канга мыктап тойбосо,
Кайта кынга кирбеген.
Кындан сууруп алганда
Көк жалын болуп кызарган,

Кыябын таап шилтесе
Кырк кулач бою узарган (СК, 1. 212).

Манастын жоо кийимдери, курал-жарагы өзгөчө идеалдаштырылган. Алар баатырдын өзүнө гана кызмат кылбастан Семетейге, анан Сейтекке ата мурас катары өтүп, касиетин жоготпой, алардын баатырдык иштеринде зор көмөк болот. Мис., Семетей атасынын куралдарын алганы Көбөштүкүнө келгенде илинип турган Аккелтеден шүйшүндөп кан агып, өзүнөн өзү эле тарсылдап добуш бергени айкын күбө. Эпосто жоо кийимдер, курал-жарактар баатырлардын эрдиктеринен кем эмес сыпатталып, даңазаланат. Баатырлардын тулпарларына да айрыкча көңүл бөлүнүп, ар бир баатырдын өзүнө ылайык жоого минген аты бар: Манастыкы Аккула, Коңурбайдыкы Алгара, Алмамбеттики Сарала, Семетейдики Тайбуурул ж. б. Аттардын ар биринин өзүнчө энчилүү атка ээ болушу эле көп нерсени билгизет. Чоң казатта Айбанбоз жүрбөй калып Аккула келгенче жөө калган Манас согуша албай коркунучта калат. Коңурбайды Коңурбай кылган атактуу Алгара тулпар. Көкөтөйдүн ашындагы эр сайышта Алгараны олжолоп алып, Коңурбайга кайра берип койгондо Алмамбет Манасты жемелеп, ыйлаганы бекер эмес. Ал эми «Тайбуурулдун тартууга кеткени, Семетейдин ажалынын жеткени» деген Тайбуурулдун Үмөтөйдүн кунуна берилип кетиши, Семетейдин Кыяс м-н Канчородон жеңилишине алып келет. Аштойлордогу ат чабыштарда, карсылдашкан кармаштарда күлүктүгү, чыдамдуулугу, көркөмдүгү м-н адамды суктандырган нечен түркүн тулпарлар сүрөттөлөт. Аккуланын сыпаты:

Кең көкүрөк, тайкы жал,
Кетмен туяк, кең соору,
Аркар аяк, капкан бел
Алыска чыдар мал экен,
Атасы тоонун кайыбы,
Энеси чөлдүн бууданы,
...Кыска көкүл жал экен,
Ай, жаныбар Аккула
Кырсыкты чечер мал экен (СК, 1. 179).

Аккуланын артыкча сапаттары, өзгөчө касиеттери СОВдо:

Маңдайында багы бар,
Ай караңгы түн болсо
Туман баскан жылчыксыз
Жер көрүнгүс күн болсо
Кулагында шамы бар (СО, 4. 338).

Эпосто таймашка катышкан атактуу аттар ээсинин айтканына түшүнүп, кээде көп коркунучтан алдын ала сактаган, ал түгүл канат бүткөн, тил бүткөн абалдарда да сүрөттөлөт.

Эпосто элди душмандан коргоочу баатыр — өзгөчө жаралган адам. Анын ишенимдүү курал-жарагы, жоого минчү тулпары зоболосун көтөрүп, эрдигин арттырып, күчүнө күч кошуп турат. «Манас» эпосунда бул үчөө бири-бири м-н ажырагыс байланышта берилип, атайын идеалдаштырылып, укмуштуу көрсөтүлөт. Мындай сүрөттөө биринчиден эпосто сүрөттөлгөн доордун талабынан келип чыкса, экинчиден баатырдык эпостун табиятына байланышкан.

*О. Исмаилов*

**ИДЕЯ** эпостун мазмунунда, образдар системасында камтылган негизги ой катары чоң мааниге ээ. Ч. Айтматовдун сөзү м-н айтканда «Ириде айтылуучу сөз мындай: эпостун негизги идеясы, анын бүткүл «кан тамырын» аралап өткөн идея адамзаттын жаралышынан бери адамды аздырып-тоздуруп, кубантыпсүйүнтүп, издентип, улам алдыңкы максаттарга умтултуп, адам чаалыгып, чарчап баратканда ага канат байлап, күч берип, дем берип келген өлбөс, карыбас идея. Эпостун бүткүл көркөмдүк түзүлүшү, пафосу эң негизги бир идеяны баштан аяк улап, өөрчүтүпөнүктүрүп отурат, ал эркиндик идеясы, көз карандгы эместиктин идеясы. «Манас» эпосунун өлбөс-өчпөстүгү, түбөлүктүүлүгү, дүйнөлүк баа жеткис маданий эстеликтердин катарынан орун алары да дал ушул идеялык-эстетикалык касиетине байланыштуу» («Байыркы кыргыз рухунун туу чокусу». К-пте: СО, 1. 9). Эл эркиндикке, көз карандысыздыкка жеткенге чейин ... күнкор эместикке күрөш аркылуу гана жетише алган. Ал эми күрөш элдин баатырларга, эр-азаматтарга муктаждыгын пайда кылган. Ушундан улам эпостун И-лык чордонун көп кылымдык тарыхында сандаган түркүк окуяларды башынан кечирген элдин эркиндик, күнкорсуздук үчүн баатырдык, каармандык күрөштөрү түзүп эпостун эң алгачкы калыптануу учурунан башталып, улам барган сайын тышкы душмандар м-н катар ички душмандарга каршы күрөштөрдө кеңири сүрөттөлөт. Эпостун Манас, Семетей, Сейтек, Каныкей, Бакай, Чубак, Сыргак, Айчүрөк, Күлчоро ж. б. каармандары — өз элин, жерин сүйгөн патриоттор. Алардын эрдик, баатырдык иштери, майтарылбас эрки, кайраттуулук, кужурмөндүк, өткүрлүк, көсөмдүк сапаттары, элдин кызыкчылыгы үчүн жан аябай күрөшү эпостун негизги И-сын улам тереңдетип турат. Эпосто элдин үмүт-тилегин, мүдөөсүн, максатын алып жүргөн башкы каарман — Манас. «Үзүлгөндү улап, чачылганды жыйнап», бытырап тарап кеткен элдин башын бириктирип, өз Ата Мекенине ээ кылуу, элди тышкы ж-а ички душмандардан коргоо, баскынчыларга каршы күрөшкө баш коштуруу Манастын зор ишенимдүүлүгүнө байланышкан. Ат жалын тартып мингенден баштап эле «өчкөн отту тамызган, өлгөн жанды тиргизген» иштерди жасап, элдин алкоосуна арзыйт, анын тирегине айланат. Манастын патриоттук сезиминин эрте ойгонушуна Алтайда турган кыргыздар м-н калмак, кытайлардын ортосундагы карама-каршылыктар, кытай, калмактардын зордук-зомбулуктары, о. эле ата-теги, эли-жери ж-дөгү уккандары себепчи болот. Ата Журтун табуу, элин ээүүдөн куткарууну алдына максат кылып коёт. Манастын кыргыз урууларын бириктирип, Алтайдан Ала-Тоого көчүү, ата-бабадан калган жерди баскынчы душмандан кайрып алуу

үчүн түшкөн багыты, иш-аракеттер эл тарабынан колдоого ээ болот.

Аттангандан тартынба,
Айтууга калсын артыңа.
Көптүгүнө ишенген
Көңкү кытай капырды
Көрүп турсун көз менен,
Аягың чыгар кишенден!
Арбынмын деп ишенген,
Арбак урган капырга,
Санын бириң өлтүрүп
Зарыкпай аяк чечиңер
Саныңды чыгар кишенден! (СО, 2, 151),— деп алдыда болууучу айыгышкан күрөштүн кыйындыгын ачык-айкын түшүндүрөт. Манастын аркасы м-н эл ата мурас жерине ээ болуп, колу-буту «кишенден» бошойт. Бирок, эңсеген эркиндик ушуну м-н эле камсыз болуп калган жок. Бул үчүн дагы ички ыйкы-тыйкы, чыр-чатактарды тышкы душмандын басып кирүү коркунучун жоюу зарылдыгы келип чыккан. Манастын жети кандын чатагын жөнгө салуу м-н башкы күчтү, негизги көңүлдү Бээжинге карата буруп, Чоң казатка аттанышынын негизги себеби да ушуну м-н түшүндүрүлөт. Анын элге, жерге деген сүйүүсү ушунчалык назик ж-а чексиз. Чоң казат жолунда эл тагдыры ж-дө бушайман болот, элижерин бир саамга эсинен чыгарбайт:

Жылгындуу Кең-Кол, кең Талас
Жерди айтып бир кейип,
Жыргалдуу кыргыз көп ногой
Элди санап бир кейип,
Кокустан өлүп кетсем Бээжинде
Бирөөнүн тилин бири албай,
Баш-аламан кокуй эл
Бирөөн бирөө көрө албай,
Ала болуп кетет бейм,
Аңдып жүргөн көп душман
Алакандай элимдин
Түбүнө түгөл жетет бейм (СК, 2. 98).

Манастын жолун уулу Семетей улап, талоонго калган элин эбине келтирип, Коңурбайдан атасынын өчүн алат. Семетей ишке ашыра албай калгандарды Сейтек жөнгө салат. Эпостун улам кийинки бөлүктөрүндө («Семетей», «Сейтек») кан күйгөн кармаштар, кырчылдашкан согуштар «Манастагыдай» көп болбосо да, чыгарманын негизги лейтмотиви — эркиндикти, күнкор эместикти коргоп калуу эч солгундабайт. Дегинкисинде, Манас да, Семетей да, Сейтек да элдин эңсеген тилегинен жаралган идеал каармандар. Алар элдин эркиндик үчүн күрөштөрүндө дайыма чоң тирек, өбөк, таянар тоо болуп, муундарды, элдин эркиндигин коргоочу болочокку жоокерлерди тарбиялоодо зор мааниге ээ болуп келген. Эпостун эркиндик, көз каранды эместик И-сы жуурулушуп турган баатырдык патриоттук элди, жерди, Мекенди сүйүү И-лары чыгарманын башынан аягына кызыл сызык болуп өтүп турат.

*О. Исмаилов*

**ИДИЛЛИЯ** эпосто көзгө урунтуктуу сүрөттөөлөрдүн катарына кирип, көркөм чыгармада адамдардын табияттын кучагында жөнөкөй, тынч эмгектенип, куунак өмүр өткөрүп жаткан бейгам турмушун көрсөтөт. И-нын пайда болушу байыркы грек акыны Феокриттин (б. з. ч. 4-к-дын аягы 3-к-дын биринчи жарымы) чыгармачылыгындагы И. жанрына байланыштуу. Антикалык мезгилде таралган И-нын мотивдери ар түрдүү. Маселен, эллин доорунда тартылган сүрөттөрдө негизинен беймарал жайылып жүргөн мал, табияттын кооз, түркүн көрүнүштөрү ж. б. сюжеттер бар. Мындай багыттагы сүрөттөөлөр ар кандай жанрдагы көркөм чыгармалардан орун алат ж-а атайын кеңири планда да, өз алдынча чакан эпизоддордо да кездеше берет. Жалпысынан алганда чыгармалардын И-лык мазмуну окшош келип, мында өткөндөгү кандайдыр бир жашоо ыңгайын, турмуш шарттарды өтө үзүрлүү, куунак, жанга жай, ыракаттуу кылып мактап, көкөлөтүп көрсөтүүгө айрыкча көңүл бурулат. «Манас» эпосунда жалпысынан жоокерлик турмуш сүрөттөлсө да элдин тынч, беймарал жашоого умтулушу өзүнүн салт-санаасы, үрп-адаты м-н бейгам жашоосу ж-дө да айтылат. Маселен, кыргыздардын Алтайдан ата журту Ала-Тоого, Таласка көчүп келиши, ошо жерде жашоо үчүн күсөгөн максаттарынын, аракеттеринин көрүнүшү дал И-лык планда берилет:

Эриксе элик атышып,
Эрикпесе кыргыздар
Эркин ойноп жатышып,
Кырк таман чийип ордону
Сары түзгө салышып,





16—2177

Багылан козу, кысыр тай
Бор кайнатып алышып,
Коштоп кийип суусар бөрк
Ыргап жатып калды дейт,
Кошоктошуп кайран журт
Жыргап жатып калды дейт (СК, 1. 183).

Эпосто асыресе Таластын көркүнө, берекесине тен берилип, анын ушул касиети бактылуу жашоонун накта өбөлгөсү экендиги таасын көрсөтүлөт. Таласта жашоого зарыл болгон бардык нерселер бар. Андагы шапата бүркөн ак кар, көк муздуу тоолор, аркайган бийик аскалар, аркы-терки айкашкан адыр, белдер, башынан булут кетпеген чокулар, жашыл ыраңга бөлөнгөн жайлоолор, жемиштери жер жайнаган чер токойлор, башайыдай кулпурган дүйүм чөптөр, салкын аба, атыр жел, шылдырап аккан тунук булактар — дүйнөнүн өзүнчө бир ажайып бурчу экенин элестетет. Ушундай жерди жердеген, элдин согуш жок мезгилдеги бакыбат турмушу, беймарал жашоосу эпосто кеңири сүрөттөлөт. Эпостогу «жер соорусу турбайбы, жердеген адам тунбайбы», о. эле ушул жагдайда кездешчү «Бөтөнчө бейиш жер келет» деген сыпаттоодон И лык сүрөттөөлөр ачык байкалып турат.

Эпосто адам м-н жаратылыштын ажырагыс биримдиги өтө даана чагылдырылган. Адамдар жаратылыштан материалдык байлыкты гана албастан, жаратылыштан рухий канeет алып, ага аяр мамиле жасалат. Элдин түшүнүгүндө мал-жанга жайлуу жерлер тиричиликтин гана булагы эмес, таң-тамаша, оюн-зоок куруп, көңүл ачуунун, куунак, үзүрлүү өмүр сүрүүнүн да зор өбөлгөсү.

*О. Исмаилов*

**ИЗАТ** — эпизоддук кейипкер, кытайда жашаган дунган аял. Энеси Экзердин эмчегинен сүт чыкпай калганда Алмамбет И-тын эмчегин ээмп чоңоёт.

**ИЛЕ** — топоним. «Манастын» көпчүлүк варианттарында кыргыздын жери катары сүрөттөлөт:

Кордой менен кол салып,
Көл-Камышка жол салып,
Ашкан журтум барсыңбы?
Ары багыт кең Иле
Түшкөн журтум, барсыңбы? (СО, 4. 63).

О. кылымдарда кыргыз элинин бир бөлүгү И., Эртиш бойлорунда көчүп-конуп өткөн жагдайлары болгон. И-нин эпосто чагылдырылып калышы мына ошол тарыхый окуяларга байланыштуу. Эпосто кытайдагы тескей м-н күңгөй сууларынын кошундусунан пайда болуп, Казакстандын территориясынан узундугу миң чакырымдан ашуун аккан чоң суу ж-дө да айтылат:

Ошо Кең Илени кыдырып,
Чоң Бууранын боюнда
Алты күнү жатам дейт
Ат сергитип өтөм дейт,
Кең Илени кеме менен кечем дейт
Кең Кулжаны тегерене өтөм дейт (РЖВ,4

Географиялык реалияда Казакстан м-н Кытайдагы дарыя, Текес м-н Күнөс (Күнгес) дарыяларынын кошулушунан пайда болот. Балкаш көлүнө куят.

**ИЛЕБИН** — кейипкер. Алма-Коюрду жердеген калмак каны. Орго канга жардамга барган И. аламан урушта Бакайдын колунан өлөт. Каны жок калмактар каршылык көрсөтө албай, жарашмак болуп, И-дин агасы Чыңша байдын кызы Буудабек сулууну баш кылып тартуу тартышат (СО, 2. 74, 88—89, 127).

**ИЛЕҢ** — эпизоддук кейипкер, кытай балбаны. Манас Кошойго жолукканы кеткенде каптап келген көп кол м-н Акбалта, Кутубий экөө согушуп калганда Кутубийдин найзасынан өлгөнүн Акбалта Манаска айтат (СК, 1. 134).

**ИЛЕПСИ, ЛЕПСИ** — топоним. Эпос б-ча кыргыз, казактар мекендеген жерлердин бири. Географиялык реалияда Жунгар Ала-Тоосунан агып чыгып Балкаш көлүнө куйган дарыя ж-а анын боюндагы өрөөн.

**ИЛИЙ БИЧИК** (кыт. ли — заң, закон; бичик — түрк-моңг. жазма, китеп, кат) — эпостун айрым варианттарында (мис., Саякбайда) кытайдын тарых, санжыра китеби деген мааниде айтылат.

**ИЛЬИНА** Лидия Александровна (1915, азыркы Рязань обл., Михайлов ш.) — кыргыз совет



графикачысы, Кыргыз ССРинин эл сүрөтчүсү (1963). Москва көркөм сүрөт ин-тун бүтүргөн (1939). Кыргызстанда 1939-жылдан иштейт. 1947-ж. окутуучусу В. Фаворскийдин таасири м-н «Манас» эпосуна кайрылган. Ал өзүнүн гравюраларындагы кыргыз улуттук оюмдарында эпостогу көрүнүштөрдү же эпизоддорду гана чагылдырбастан, баатыр-каармандардын образын да ачып берген. «Алмамбет — Манастын баатыры», «Бакай — Манастын баатыры» ж. б. гравюраларында бет маңдайынан жайгаштырылган баатырлардын тулкулары кагаздын тегиз бетине өзгөрүлбөгөн абалда ишке ашырылган. Ал «Манас» темасына 1972-ж. кайрадан кайрылып линогравюра техникасында «Эпос», «Ма-



Л. А. Ильина. Манас.

насчы» серияларын жараткан. СССР мамл. сыйл. лауреаты (1971). Кыргыз ССР Жогорку Советинин (6—7-шайл.) депутаты. Эмгек Кызыл Туу ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

**ИЛЯС** — адамды суунун ичинде колдоочу пири, к. *Кызыр Иляс.*

**ИМАЛАЙ,** Ымалай — топоним. Эпостун «Манас» баатыр өзү катылган Шоорук канды жеңип, Акылай деген кызын тартууга алганы» окуясында: «Күн чыгышы Ималай, Шолорду да жердеген Шооруктун эли бир далай» (СО, 2. 203),— деп Шоорук кандын эли И-ды жердегени айтылат. Географиялык реалияда Гималай — жер шарындагы эң бийик тоо системасы; Тибет тайпак тоосу (түндүгүндө) м-н Инд-Ганг түздүгүнүн (түштүгүндө) аралыгында.

**ИМАНГАЗЫ** Исагул уулу (1934, Токтогул р-ну, Толук айылы) — семетейчи. «Семетейди» 6—7 жашында айта баштаган. Анын жалпы мазмунун атасынан үйрөнгөн. Сюжеттик мазмунун ыр аралаш айтат. 1952-ж. Жалал-Абад шаарындагы орто мектептин 8-классында окуп жүргөн кезинде «Семетей» дастанынан 822 сап ыр көлөмүндө жазылып алынган (КФ, 274-инв.). Сюжети көп жактан салттык нукта айтылып, өзгөчө СКВга өтө жакын.

**ИНВЕРСИЯ** (лат. inversiō — орун алмаштыруу) — көркөм чыгармаларда сүйлөмдөгү сөздөрдүн грамматикалык ырааттуулугунун бузулуп, орундары алмашылып берилиши («Атын тартып мен алып, Не муратка жетейин»; СК, 2. 63). И көбүнчө ыр түрүндөгү чыгармаларга мүнөздүү болот ж-а чыгарманын көркөмдүгүн байытуучу каражат катары кызмат кылат. «Манас» эпосу баштан аяк ыр түрүндөгү чыгарма болгондуктан И-ны эпостун бардык варианттарынан учуратууга болот: «Талаадан жетим табылып, Менин, абийирим, минтип жабылып, Алышканга мен Бакай Эми жүрүп эле калдым камынып» (СК, «Семетей», 1. 243).

**ИНДИ** — этноним. «Манас» эпосунда Индустанды таянган, Кесектин уулу Шоорук кан тууралуу баяндалган, ж. б. айрым эпизоддордо кезиккен эл: «Жедигер менен инди бар, Шанкай менен кыргыз бар» (КВ, 1, 149), Бул саптарга караганда И. кыргыз уруулары м-н катар айтылууда. Демек, И. этнониминин «Манаста» эскертилиши бекер эмес. Эпостун саптарына о. кылымдарда кыргыз м-н И. элдеринин кандайдыр бир бучкактарынын кирип калышы ыктымал. Мис., 17-к-да Индия аскерлеринин мизин кайтарган, балх жоокерлерине жардам бергендердин арасында кыргыздар да болгону тарыхта белгилүү. Бул туралуу «Бахр альасрар» аттуу 17-к-да жазылган фарси тилиндеги кол жазма баяндайт.

**ИНДУСТАН** (Ындыстан) — топоним. Алтайдан көчүп келаткан жолдо кыргыздардын калмак кандыктарынан Ала-Тоону бошоткондо: «Күн жүрүшү Индустан, Өкүмүнө куп көнүп Нөкөр болор канча жан» (СО, КФ, 576-инв., 606-б.),— деп И-дын түш. тараптагы өлкө экени айтылат. Географиялык реалияда И. — Түш. Азиядагы өлкө.

**ИНЖИ** — эпосто кымбат баалуу таштын аты: «Инжиден сайып тиш кылып Жыргатчудай иш кылып» (СО, 1. 178). И. кыргыз лексикасына тарыхый маданий карым-катнаштардын негизинде кытай тилинен кирген.

**ИНТОНАЦИЯ** — текстти угуучуга жеткирүүдө айтуучунун ага эмоциялуу-экспрессиялуу маани берүү үчүн ж-а сүйлөмдөрдүн синтаксистик курулушун көрсөтүү үчүн айтуучунун речинин ыргактык-обондук жактан иштелиши. «Манас» эпосундагы И-нын тутумдук элементтери төмөнкүлөр болуп саналат: 1) речтин обондуулугу, мында чыгарманы угуучуга жеткирүүдө ырдалган, ыр м-н аткарылган ырдын бөтөнчөлүгү. Маселен, суроолуу, илептүү, жай сүйлөмдөр деп кийин бөлүштүрүлүп, тыныш белгилери коюлган өзгөчөлүктөр манасчылардын И-сында байыртадан эле болуп, сакталып келген. Мис., Карагул Алмамбеттин алдынан чыгып, анын сырын тартуу максатында мындай суроолор м-н кайрылат:

Билеги жоон, таш жүрөк,
Душманга салган чоң дүмөк,
Пил мүчөлүү бадырек,
Айбаты арыстан, жолборстой,
Алышкан аман болбостой,
Азыр келген сен кимсиң? (СО, 4. 279).

Мындай суроолуу маанини берүү үчүн манасчылар суроо И-сын колдонушат. О. эле жай маани, күчтүү сезим м-н айтылган жерлер өз-өзүнчө, бөлөк-бөлөк И-да айтылган. 2) речтин ыргагы, б. а. ыр жолдорундагы муун сандарынын, муундардын катышы, муун өлчөмү (к. *Ыргак).* 3) речтин интенсивдүүлүгү, б. а. текстти айтуунун бийиктиги же пастыгы, бул манасчынын эпосту кандай жагдайда аткарып жаткандыгына (жайлоодо,

боз үйдө, телестудияда, кабинетте ар башкача айтылышы белгилүү) байланыштуу болот. 4) речтин темпи, б. а. сөздөрдү, сүйлөмдөрдү айтуунун тездиги же жайлыгы ж-а текст ичиндеги тынымдар. 5) речтин тембри, б. а. бул же тигил эмоциялык-экспрессиялык белгилерди туюнтуу үчүн колдонулган үндүк өзгөрүүлөр, манасчынын сезиминин чагылышы, аткарып жаткан окуяга аткаруучунун мамилеси. «Көңүлдүү», «салтанаттуу», «кайгылуу», «ачуулуу», «тамашалуу» ж. б. тембрлердин тексттеги окуянын жүрүшүнө, маанисине карай колдонулушу. 6) фразалык же логикалык басымдан келип чыгуучу И., мында тексттеги негизги мааниге ээ айрым сөздөрдү бөлүп көрсөтүүнүн үндүк белгиси (к. *Басым*).

И-нын көп түрдүүлүгү — манасчынын таланттуулугунун көрсөткүчү. Музыка изилдөөчү В. Виноградов эпосту айтууда Саякбай Карала уулу жыйырмадан ашык обондорду, вариацияларды тапканын жазат. Философ изилдөөчү А. Салиев манасчылык өнөрдүн кудурети ж-дө мындай дейт: «Жөнөкөй ырлардын обондору өз алдынча чарчы келет да ошол бир түрдөгү обон-алкак ырдын башаягына чейин кайталана берет. Ал эми бизге Саякбай көрсөткөн «Манастын» ыр формасы андай эмес, бул дастандын өзгөчө мазмунуна байланышкан. Анда чыйралган динамика м-н өтүп жаткан күчтүү окуялар баяндалат эмеспи: ал окуялардын драмалуу башталыштары, бири-бирине эшилген, ойкукайкы тармактары болот, аларда адамдардын мүнөздөрү, иштери, мүдөөлөрү кагылышат. Мына ошол чыйралган окуяларды ж-а ойкукайкы кагылыштарды кайра-кайра кайталана берген чарчы калыптагы обон м-н баяндалганда ал мазмундун толгоосу, кубаты, күчү солгундап түшүп калат экен. Бул «манасчылар» деп аталып, бирок дастандын эпизоддорун динамикасы жок, бир калыптан чыкпаган сенек речитация м-н аткарып жүргөндөрдүн практикасынан ачык көрүнүп турат. Тиги мазмунга жараша ар түркүн И-ларга өтүп, өөрчүтүлүп турган музыкалык формалар да керек экен, аны тийиштүү даражада таасирдүү аткарып берген артисттик өнөр да керек экен. Саякбай дал ушуну көрсөттү («Манас» жана Саякбай» — «Ала-Тоо», № 8. 1988). Демек, манасчылык өнөрдүн ушундай өзгөчөлүгү эпосту аткарууда андагы И-лык белгилерди сактоого да байланышат.

И. тексттин угумдуулугун арттырат, элге жеткиликтүү кылат, ойду, анын астарин түшүнүүгө көмөктөшөт.

*Б. Кыдырбаева, А. Муратов*

**ИРЕН** — топоним. Эпосто ааламдын түбү катары сүрөттөлүп, Алоокенин буйругу б-ча Каракандын балдарынын бири айдалып барган жер (СО, 1. 35).

**ИРИСОВ** Жунуш, к. *Рисов* Жунуш.

**ИРОНИЯ** (гр. *eironeia* анткорлонуу, астыртан, жанытып жылмалап какшыктоо) — анткордук м-н макулдук же кубаттоо формасында билдирилген жокко чыгаруу же мыскыл. И. турмуштук көрүнүштү же предметти атайын апыртып мактоо м-н адам кемчиликтерин күлкүлүү какшыктап, жылмалап, сын — шылдыңын жөнөтөт. Бул ыкма тээ эзелтеден элдик оозеки адабиятынан бери келаткан көркөм табылга. Мис., Чоң казатка кыргыз колу аттанганда Манастын Тазбаймат он башы болгон топко аты катталат. Аны Тазбаймат да, Манас да билбейт, Кытай чегине жеткенде аскер башчы кан Алмамбет элди түгөлдөгөндө Тазбайматтын тобунан бир киши жетпей, ал бул күнөөсү үчүн өлүм жазасын тартмак болот. Серектин өтүнүчү м-н тизме текшерилгенде бул жаңылыштык такталат. Ошондо Манас он башы болуп аз жерден өлүм жазасына тартылбай калган оопай Тазбайматты эл: «Манаска болгон он башы, байкаңар кандай неме экен» — деп келекелеп күлүшөт.

**ИСАКОВ** Бектур Сыдыкович (1941, Талас р-ну, Арал айылы) — кыргыз тили ж-а адабияты мугалими, 1964-ж. КМУну бүтүргөн. «Манас» эпосун окутуу» усулдук (методикалык) китебинин автору. Кыргыз ССРинин, СССРдин эл агартуу отличниги. Мектеп окуучулары үчүн окуу китептерин, усулдук бир нече китепти түзүүгө катышкан, көптөгөн илимий макалалар жазган. «Манас» тарыхый-этнографиялык комплексин уюштурууга көп салым кошууда.

1990-жылдан тартып И. иштеген Арал орто мектебинин базасында алдыңкы тажрыйбаны үйрөнүүнүн ж-а жайылтуунун жумурияттык мектеби иштеп жатат.

**ИСАМУТДИНОВ** Зухритдин Низамутдинович (1953, Анжыян обл., Өзбек Республикасы) — филолог, журналист. 1976-ж. Ташкен мамл. ун-тин бүткөн. 1976-жылдан Өзбек Республикасынын ИАнын Тил ж-а адабият ин-тунда илимий кызматкер. 1991-ж. «Жакын түркий тилдерде поэтикалык котормонун өзгөчөлүктөрү» («Манас» эпосунун өзбек тилиндеги котормосунун мисалында) деген темада кандидаттык диссертациясын коргогон. «Манас» эпосу ж-а кыргыз адабияты маселелери б-ча 30га жакын ил. макалаларды жазган. Айрым кыргыз эл жомокторун, кыргыз жазуучуларынын аңгемелеринен өзбекчеге которгон.

**ИСКЕНДЕР ЗУЛКАРНАЙН,** Александр Македонский (б. з. ч. 356, Пелла — б. з ч. 323, Вавильон) — байыркы замандагы улуу кол башчы ж-а мамл. ишмер. Чыгыш элдерине И. З. деген ысым м-н белгилүү болгон. Илгерки грек тыйындарында Александрдын кош мүйүздүү туулгачан турган сүрөтү түшүрүлгөн (бул египеттик фараондорду тууроо болуп эсептелет), ошондон улам ага «Кош мүйүз» (Зу-л-Карнайн) деген ылакап ат кошулган. Ал эми «Искендер» аты Александр ысмын арабчага «ал-Искендер» деп ыңгайлаштыруудан улам келип чыккан. «Манас» эпосунда И. З-дын ысымы Манастын баатырдыгын белгилөө үчүн:

Топон суу тоздоп кирбеген,
Сулайман сурак албаган,

Үрүстөм Дастан, Искендер
Ошолор изин салбаган (КВ, 2. 155),— деп айтылып анын Бээжинге казат жасаган эрдиги И. 3-дан да жогору турганы белгиленет.

**ИСЛАМ** (мусулман дини, мусулманчылык) — дүйнөгө кеңири тараган диндердин бири. Биздин замандын 7-к-нда Арабстанда пайда болгон. Мухаммед пайгамбар негиздеген. Мусулман дини кыргыз элинин күндөлүк турмушунан, үрп-адаттарынан, оозеки чыгармачылыгынын идеялык-тематикасынан ж-а бейнелеринен кеңири орун алган. Башка диндер сыяктуу эле мусулман дининин жолжоболору, эрежелери «Манас» эпосунун бардык варианттарында ар кандай деңгээлде чагылдырылган. Мусулмандар адамдардын колдоочусу катары мазарларды, айрым дарактарды, булактарды ж. б. у. с-ды ыйык тутушуп, аларга сыйынып, баласыздар балалуу болуу, бейтаптар оорусунан айыгуу, таалайсыздар таалайлуу болууну тилөө м-н мусулман дининин ырым-жырымдарын өткөрүшкөн. «Манас» эпосундагы окуяларда диний ырым-жырымдар, жөрөлгөлөр ушундай формада орун алгандыгын көрүүгө болот. Мис., тотемдик түшүнүктөрдөн тартып фетишизм, шамандык көз караштарга чейинки диндик ишенимдердин издери бардык варианттардан жолугат. Адат катары эпосто бир дин м-н экинчи диндин арасында чек коюлбайт, тээ байыркы диндик түшүнүктөр м-н кечээ жакынкы ишенимдер аралаш айтыла берет. Айрыкча шаман дининин түшүнүктөрү м-н ислам дини көп учурда бири-биринен айырмасы жок катары берилет. Мазарды таюу, ай туякка ак боз бээ чалуу м-н катар ата-бабанын арбагын негизги колдоочу күч катары түшүнүп табынуу да, ошол эле учурда кудайга кайрылуу адаттагы көрүнүш. Эпосто негизги каармандардын (Манас, Алмамбет, Чубак ж. б.) дээрлик бардыгынын туулушу алардын ата-энелеринин (Жакып, Акбалта, Алтынай ж. б.) «ыйык мазарларга түнөшү, зыярат жасашы, кудай алардын үнүн угуп тилегин бергендигине» байланыштырып чагылдырылган. Мусулман дини кеңири тараган өлкөлөрдө жарык дүйнөнүн жыргалчылыгынан кечип, тигил дүйнөдөгү бейишке ишенип, аса-муса таягын алып, эл-жерди кезип, бул диндин жол-жоболорун үгүттөгөн думаналарды ыйык тутуп, ыйбаа кылуу, акарат кылбоо эрежелери иштелип чыккан. Муну кыргыз элинин «Манас» дастанында жаңы төрөлгөн болочоктогу башкы эпикалык каармандарга (Манас, Алмамбет, Чубак, Сейтек ж. б.) эл ылайыктуу ат коё албай турганда аса-мусалуу думана келип аларга ат коюп берип, көздөн кайым болуп кетиши м-н ачып берилген. Мусулман дининин талабы б-ча беш маал намаз окуу, эртең м-н азан чакыруу, арбактарга багыштап куран окуу, дооран түшүрүү ж-а жаназа окуу, садага берүү сымал жөрөлгөлөрдү кыйшаюусуз аткаруу, шариятка ылайык такыбачылык жасоо мусулман дининин негизги эрежелеринен болуп эсептелет. Бул эрежелерди эпостогу каармандардын аткарып турушу «Манас» варианттарында кездешет. Башка варианттар сыяктуу эле СОВдо ушулардын баары бар. Бирок СОВдо И. көбүрөөк орун алган, ал гана эмес башка диндеги элдерге кайрылып аларды мусулман болууга чакыруу сыяктуу И-ды үгүттөө учурлары да кезигет. Дин, анын ичинде И. дини Сагымбайга чейинки манасчылардын варианттарында да бир топ орун алган (мис., эпостун В. В. Радлов жазып алган үлгүсү). Негизги варианттарда Алмамбет баатырдын өз элин таштап, Манаска келип кошулушу ж-а чыныгы берилген чоросу болушу да анын өз каалоосу б-ча «кара динден, ак динге» (мусулман динине) өтүшү м-н байланышкан. Эпостун «Семетей» бөлүгүндө мусулман дининин жөрөлгөлөрү кадыресе салт катары улантылып, Бакайдын намаз окуганын жазбагандыгы, Каныкей, Чыйырды, Семетейлерди кудайдын колдоолору, алардын кудайдын кудуретине ишенүүлөрү бир кыйла эпизоддордо чагылдырылат. Бул эпизоддордо башка диндерге караганда мусулман дининин улук, ыйык тутулушу мусулман идеологиясын анын өкүлдөрү кийинки мезгилде гана кошумчалагандыгын айгинелеп турат. Чындыкты, берилгендикти далилдөө үчүн шерт кылып куран кармоо жөрөлгөсү мусулман дининин бирден бир өзгөчөлүгү болуп эсептелет. Жердеги адамдар үчүн кудай асмандан атайын түшүргөн ыйык китеп — курандын кереметтүүлүгүнө, касиеттүүлүгүнө ишенүү салты кандайдыр бир өлчөмдө эпостогу каармандардын аракеттеринен, максаттарынан айкын байкалат. Манастын, Чубактын туулушу ж-а чоңоюшун душмандарга билгизбөө үчүн Жакып м-н Акбалта шерт кылышат ж-а шертти бузбоо үчүн элге куран карматтырат. Бул ырым-жырымды так туткан эл эпикалык баатырлар, алардын артыкчылыктары ж-дө сырды сыртка чыгарбай шертти бекем сакташат. Эпостогу окуяларда мусулман динин үгүттөөчү эшен, кожо молдолор (анжыяндык Айкожо, кырк эшен) ж-дө ж-а Манастын Каныкейге үйлөнүшүндө, Көкөтөйдүн, Манастын сөөгүн коюуда диний жөрөлгөлөр баяндалган. Мындай жөрөлгөлөр эпостун «Семетей» бөлүмүндө да тиешелүү деңгээлде чагылдырылган. Эпосто эл турмушун туура чагылдыруу үчүн ошол эл эмнелерге ишенгенин, кандай үрп-адаттык эрежелерди пайдалангандыгын, ал гана турмак жокко ишенүү, чектелген түшүнүк сыяктуу чабал жактары да бурмаланбай чагылдырылган. Ансыз «Манас» эпосу элдик чыгарма болуудан калмак.

*К. Байжигитов*

**ИСПАКАН**, к. *Ысбакан*.

**ИСПАРА** — топоним. Эпос б-ча Манастын бабаларынын жери (СО, 2. 151). Географиялык реалиява Кыргызстан м-н Тажикстандын аймагындагы Исфара чөлкөмүнө дал келет.

**ИСТОРИЗМДЕР** — азыркы тилибизде сейрек колдонулган буюм, зат, кубулуш аттарын ж-а айрым адамдардын социалдык артыкчылык абалын билдирген сөздөр. «Манастын»

каармандарына карата айтылган кан, бек, төрө, корбашы сыяктуу титулдук наамдар; жаа, айбалта аттуу жоо куралдары, соот, чопкут, калкан ж. б. согуштук коргонуу кийимдери конкреттүү тарыхый шартка байланыштуу пайда болгонун аныктоо зарылдыгын белгилешет. И-дин архаизмдерден айырмасы — азыркы тилибиздин лексика системасында семантикалык эквиваленти болбойт. И. көбүнчө илимий эмгектерде ж-а тарыхый көркөм чыгармаларда колдонулат.

**ИСХАКОВ** Мелис (1946, Кочкор р-ну, Ак-Учук айылы)— Кыргыз драма театрынын сүрөтчү-коюучусу. Ташкендеги Островский атн. көркөм-театр ин-тун бүтүргөн (1970). Кыргыз



драма театрында эмгектенип, элүүдөн ашык драмалык спектаклдердин көркөм жасалгалоочу-сүрөтчүсү катары өзүн көрсөтө алды. Ж. Садыковдун «Айкөл Манас», «Манастын уулу Семетей», «Сейтек» драмаларын жасалгалаган. И. спектаклдердеги окуялардын идеялык маанисин, мазмунун толуктоо максатында кийимдердин эскизин, сахнадагы көрүнүштөрдү (*М. Сыдыкбаев* м-н бирге) көркөмдөгөн. И. негизинен үчилтикти драмага өзүнүн сүрөтчү-коюучу жөндөмдүүлүгү м-н көрүүчүлөргө жылуу сезим калтырат.

**ИТААЛЫ** — эпостун СОВдо «Кошойдун окуялары» деген бөлүмдө И. ж-дө өзүнчө эпизод айтылат. Бул окуянын кыскача мазмуну төмөндөгүдөй: Манастын чоролорунун бири — Жайнак өзүнүн башынан өткөргөн окуяларын баян кылганда И-нын элинде үч жыл жүргөнүн айтат. Жайнак кой кайтарып жүргөн И-га жолугат да, анын үйүнө барат. Анын аялы өтө сулуу экен. Дөбөт иттин буйругу м-н козу союлуп, ага эт бышырып берет. Бирок өздөрү жебейт. Эртесинде көйнөк, өтүк кийгизет. Жайнак беш-алты күн туруп кетейин деген өтүнүчүнө дөбөт ит макул болот. Күнүгө бир үйү чакырып козу союп коноктойт. Жайнак бир — эки жыл силерге кызмат кылып, кой кайтарып берейин деп суранат. Дөбөт ит көпкө каңкылдап туруп: «Адамга жакшылык кылып баксаң, курсагы тойгондо кайра жамандык кылат» — дейт. Бир күнү көп иттер келип, баягы козу сойгон келин экөөнү эки жоргого мингизип түштүк тарапты көздөй ээрчитип жөнөйт. Эртесинде ак ордо үйгө келишет. Жер жайнаган иттер Жайнакты баягы ак ордого киргизет. Көп тайгандар тегеректеген чоң жолборс түрүндөгү бир ит бар экен. Ал И-лардын беги (каны) экен. Жайнак анын аялынын сулуулугун көрүп талып калат. Суу сээп жатып араң эс алдырышат. Ал зор дөбөт көк чүпүрөккө мөөр басып берет да, эми баргын деп уруксат кылат. Жайнак кайра келип баягы И-нын коюн үч жыл багат. Үч жылдан кийин баягы келин: «Адам уулун издеп таап алгын» — деп, Жайнакка ат мингизип түндүк тарапка жөнөтөт экен. Ошол И. элинен келе жатып жалгыз көздүү Адамдүк дөөгө жолугуп калып, анын туткунунда алты жарым жыл жаткан экен (СО, КФ, 573-инв., 320—327-б.).

И. ж-дөгү мифтик уламыш Азия элдеринде байыркы доордо эле пайда болуп кеңири чөйрөгө таралган уламыштардын бири экендигин белгилөөгө болот. Изилдөөчүлөр И. ж-дөгү мифтик уламыш адегенде Индияда пайда болуп, улам Азиянын башка элдерине таралган деп эсептешет.

«Манас» эпосундагы И. ж-дөгү окуянын түзүлүшүнө бул мифтик уламыштын кандай версиясы негиз болгондугун белгилөө үчүн ар түрдүү адабияттардагы маалыматтарды келтирип көрөлү. А. Фирдоусинин белгилүү «Шахнаме» дастанында сегсар (ит башы) деген эл, тагыраак айтканда Сегсаран (ит башы өлкөсү) деген жомоктук жердин аты эскерилет. Поэма б-ча Сегсаран деген жер элдик ишенимде Ирандын түндүгүндөгү Мазендеран (Каспий деңизинин түштүгүндөгү бийик тоо кыркасы) м-н бирге дөө-перилердин өлкөсү катарында түшүндүрүлөт. Моңголдордун «Ганга — йин урусхал» («Ганганын агымы») аттуу жылнамасында Чыңгызкан башка элдерди багынтуу м-н бирге башы иттикиндей дене бою адам кебетесиндеги элди жеңгендиги тууралуу да маалымат айтылат. 13-к-дын орто ченинде Борб. Азияга келишкен Европа саякатчылары Марко Поло м-н Плано Карпини жазып кеткен маалыматтарда да И. ж-дө уламыш бар. Мында ал элдин сырткы көрүнүшү адам кебетесинде болгону м-н башы иттикиндей болуп, сүйлөшкөндө бир-экиооз сөздү адамча сүйлөп, арасында итче үрүп айтчу, оюн эптеп түшүндүрөт имиш. П. Карпини Азиянын элдеринде айтылган укмуштуу мифтик жандыктар ж-дөгү уламыштар б-ча алардын сүрөттөрүн да тарткан экен. Алардын ичинде И-нын да сүрөтү бар.

16-к-дын башында жазылган өзбек акыны Мажлисинин «Киссаи Сайфулмулк» аттуу поэмасында итбоши (итбашы) ж-дөгү окуя белгилүү орунду алат. Мажлиси бул поэмасына негиз кылып арабдын «Миң бир түн» деген чыгыш элдерине кеңири таралган

жөө жомокторунун сюжетин пайдаланган. О. эле элдик оозеки чыгармалардагы уламыштарды (И. ж-дө да) да поэмага кайрадан иштеп киргизгендиги ачык байкалат. Себеби, Итбашы (И.) ж-дөгү мифтик уламыш «Миң бир түн» жомогунда айтылбайт. Демек, бул итбашы тууралуу уламышты кийин өзү киргизгендиги даана эле көрүнүп турат. Мажлиси нин бул поэмасы эл арасына кеңири таанымал болгондуктан кол жазма түрүндө да таралып башка түрк элдеринде (татар, казак, уйгур, түркмөн) да анын өзүнчө улуттук версиялары пайда болгон.

«Киссаи Сайфулмулк» поэмасы «Калк китептери» деген серия б-ча 1-жолу 1883-ж., 2-жолу 1898-ж. Казанда басылып чыккан. 1916-ж. кыскартылган түрдө Ташкенде басылган. Бирок, поэма ушул сыяктуу кеңири белгилүү болуп коңшу элдерге да таралгандыгына карабастан, кыргыздарда өзүнчө версиясы болгондугу белгисиз. О. эле эпостогу И. ж-дөгү окуянын мазмуну м-н Мажлискийдин поэмасынын ортосунда жалпылык жок экендиги сезилет.

И. ж-дөгү уламыштын бир версиясы алтайлыктардан жазылып алынган. Бул версияда И. моңгол тилиндеги аталышы б-ча «нохой артыны» («ит адамдар») деп аталат. Уламыш б-ча «нохой артыны» элинин аялдары өтө сулуу келип, кадыресе адам кебетесинде болот да, эркектеринин гана башы иттикиндей болот имиш. Арийне, алтайлыктардагы версиясы моңгол термини («нохой артыны») м-н аталгандыктан, аны моңголдордон өздөштүрүлгөн деп эсептөөгө толук мүмкүн.

Мына ушул алтайлыктардан жазылган «нохой артыны» («ит адамдар») деген уламыштын мазмуну «Манас» эпосундагы «Итаалы жөнүндөгү окуя» м-н бирдей, б. а. генетикалык жагынан түздөн-түз байланышы бар деп айтууга болот. Эң негизгиси Нохой артыны м-н И-нын ж-а алардын аялдарынын образдары (өтө сулуу) бир типте болушу түпкү чыгышы бир экендигин аныктап турат.

И. ж-дөгү уламыш Түш. Сибирь м-н Борб. Азияда жашаган түрк-моңгол элдеринде гана эмес, О. Азия элдеринде (кыргыздар) да кеңири белгилүү болуп, өзүнчө версиясы таралгандыгы талашсыз. Ошондуктан СОВдогу И. ж-дөгү окуянын түзүлүшүнө кыргыз элинин өзүндө эле айтылып жүргөн уламыш негиз болгондугун белгилеөгө болот. Бул уламышты жомоктук окуяга айландырып, ыр түрүндө иштеп чыгуу м-н «Манаска» кошумчалап киргизүү Сагымбай Орозбак уулуна таандык.

СОВдогу И. ж-дө өзүнчө эпизод айтылуу м-н бирге бул эл Көкөтөйдүн ашында да эскерилет:

> Эргежээли, Итаалы —
> Катыны адам, эркеги ит.
> Кабарын уктум мен аны
> Аларга кабар салбасын (СО, 3. 14).

*Э. Абдылдаев*

**ИТ АГЫТЫП, КУШ САЛУУ** — байыркы элдердин жашоо тиричилигинде азык-түлүк табуу максатында качырганын куткарбаган алгыр ит (тайган) ж-а атайын тапталган кыраан куштар м-н аңчылык айбанаттарына ууга чыгуусу. Кыргыздар башка түрк уруулары сыяктуу илгертен эле мал чарбасы м-н бирге аңчылыкты кесип кылып, азыктүлүктүн айрым түрүн аңчылыктан алган. Аң уулоо куралы колдонулушуна жараша атылма (жаа, мылтык ж. б.) ж-а капкан, тор, тузак болуп бөлүнөт. Алгач жаа, кылтак, тузак, тор колдонулса, кийин аңчылыкта милте м-н атылма мылтык, капкан көбүрөөк колдонула баштаган. Кыргыз элинде тузак, капкан салуу, мергенчилик, мүнүшкөрлүк кылуу, бүркүт салуу, тайган агытуу д. у. с. кеңири таркап, ар бири өзүнчө жарым-жартылай кесип катары эсептелген. «Манас» ж-а «Жаныш-Байыш», «Эр Табылды» эпосторунда да И. а., к. с. өнөрү аңчылыктын өзүнчө түрү катары айтылат. О. эле И. а., к. с. ж-дөгү сюжет түрк-моңгол элдеринин эпосторунда байыркы доорлордон бери келаткан ардактуу салт катарында орун алышы мыйзам ченемдүү көрүнүш. Алтайлыктардын «Маадай-Кара», «Боодый-Мерген» эпосторунун баш каармандарынын окшош эки кара бүркүтү, эки кара тайганы болгондугу айтылат. «Кан-Сулутай» эпосунда бүркүт, тайгандан башка аюусу да болот. «Алтай-Буучайда» эки боз шумкар, эки боз тайган сүрөттөлөт. Булар негизинен эпикалык баатырлардын ата-журтун душмандардан коруп, кароолчулук милдет аткарышат. О. эле Алтай-Буучай аң уулоого эки тайганы м-н барса, Манас да «Ит агыта, куш салып Жети жигит кошчу алып» (СО, 1. 234) дегендей бардык варианттарда Кумайык баатырлардын жөнөкөй гана аңчылык тайганы болбостон, өзгөчө бир касиеттүү жаныбар катары сүрөттөлөт. Манас өлгөндө анын башка сыйкырдуу жаныбарларындай эле Кумайык аза күтөт. Семетей Букардан Таласка алгач келгенде жолунан биринчи болуп тосуп чыгат. Кийин Семетей Кыястан жарадар болгондо, сөөгүн душмандан коргоп Алтай-Буучайдын эки боз тайганы сыяктуу Кумайык да эч кимди жолотпойт. Айрым изилдөөчүлөрдүн (Р. Сарыпбеков) пикири б-ча бардык учурда тең ал иттен кушка айланган укмуштуу жандык, же бир эле учурда ит да, куш да болгон аргын жаныбардын баштагы аргын образы экиге ажырап, өз-өзүнчө персонификацияланган иттин атрибуту Кумайыкка куштун атрибуту Акшумкарга айланган. Манас өлгөндө «алтын туурун талкалап, жибек боосун тытып, айды көздөй сызып» кетип калган Акшумкар Семетей эр жетип, элине келээр жолуна уя салып, «куу арыктуу дайрадан куу бөктөрүп», «капчыгайлуу зоолордон каз бөктөрүп», «Качып калган түлкүнү Шукшуруп алып Акшумкар «Келегой жетим» дегенсип» (СК, КФ, 549-инв., 25-б.), Семетейди сагынычтуу тосуп алат. Эпосто Акшумкардын идеалдаштырылышы Семетей баатырдын бейкут тиричилигинде маанилүү роль ойношуна байланышкан. Анткени көчмөн

уруулардын түшүнүгүндө бүркүт, кыраан куш адамдын байлыгы эле эмес, мартабасын да көтөргөн. Элдик салт б-ча эң бир орчундуу учурларда (согуш мезгилинде, уруулардын өз ара чатактарын басууда) кушту сыйлыкка тартуулашкан. Бул ж-дө тарыхый материалдарда ачык маалыматтар сакталган. Мис., Моңгол жапырыгына байланыштуу маалымат б-ча кыргыздарга Чыңгызкан элчилерин жиберип, багынып беруүсүн өтүнгөн. Кыргыздар макулдугун билдирип, Чыңгызканга Акшумкар тартуулаган. Акшумкардын баалуу белек, жогорку сыйлык катарында канга тартууланышы Кыпчак талаасынын каны Жаныбектин алты шумкар баш болгон баалуу белектерди Мисир султанына бергени тарыхый факты м-н да аныкталат. Ошондуктан «Манастагы» Акшумкар м-н Кумайыктын образынын салттык мүнөзгө ээ болушу бекеринен эмес. Айрыкча Акшумкардын образынын ачык элеске, өзгөчө мүнөзгө ээ экени «Семетей» эпосунда Семетейдин куш салуу сөөлөтүнөн көрөбүз. Салттык бул көрүнүш эпостогу окуянын жүрүшүндө майда-чүйдөсүнө чейин сүрөттөлөт. И. а., к. с-нун ардактуулугу ж-а баалуулугу көлдөгү кууга салган Акшумкарды Айчүрөктүн амал м-н алып кетиши, дайынсыз жоголгон шумкары үчүн Семетейдин күйүткө түшүп кайгырышы, аны жер жүзүнөн издетмекчи болгону, «Шумкар табылмайынча жер кезем, дүйнөмдү чачам» деген сөзүнөн таасын сезилет. Демек, «Манас» бөлүгүндө коллективдүү аңчылыктын салбырын сыяктуу байыркы түрү сакталса, «Семетей» чагылдырган тарыхый шартта И. а., к. с.-нун эс алуу, денсоолук чыңоо, көңүл ачуу үчүн мааниси чоң. Буга түрк-моңгол элдеринде И. а., к. с. байыркы мезгилден тарта эле ардактуу өнөр-кесип болгондугу, баскынчы кандарга Акшумкар тартуулап адилет элдин жоодон чабылбай аман калгандыгына жогоруда келтирилген тарыхый фактылар далил болсо, элдик эпостон орун алган, мис., Алтай-Буучайдын эки боз тайганы м-н эки боз шумкары ата-журтун душмандардан коруганы ж-а Семетейдин уугa чыгып Акшумкарды жоготушу, аны азап м-н табышы кыраан куштардын жогору бааланышынын айкын күбөсү боло алат.

*С. Алиев*

**ИТ-ИЧПЕСТИН АЛА-КӨЛ** — топоним. Эпосто бирде: «Уркун, Эртиш эки суу Калмактын жайы мына бу, Ит ичпестин көлү бар» (СО, 3. 260),— деп айтылса, экинчи бир учурда Ала-Көл делет. Мис., бала чакта ойноп кетип, атасы Жакып аны Үч-Арал жолунан издеп «Алыскы жолго салганбы, Шумурай, Ала-Көл кетип калганбы?» (СО, 1. 216—217),— деп айтылса, РЖВда И.-И. А.-К. деген толук формасында «Баатыр Манас тентеги Ит-Ичпестин Ала-Көл Ит агытып, куш салган» (РЖВ, 166),— деп кездешет.

«Манастын» кийинки жазылган варианттарында бирде Ала-Көл, бирде Ит-Ичпестин көлү деп берилсе, рев-яга чейинки РЖВ м-н ВЖЭде И.-И. А.-К. деген толук формасы берилет. ВЖЭде төмөнкүдөй айтылат:

Андан ары чыккамын
Ит-Ичпестин Ала-Көл
Суу түбүнө түшкөмүн
Кырк кулактуу мыс кармап

Алып чыгып бергемин (ВЖЭ, КФ, 5187-инв., 64-б.). Ала-Көл аттуу көл «Мажму ат-таварихте» Жолой м-н Манас урушкан эпизоддо эскерилип кетет («Мажму ат-таварих», В. Ромодиндин котормосу. КФ. 5154-инв., 68-б.). «Манастан» тышкары кыргыз эпикалык чыгармаларында И.-И. А.-К. аттуу көл «Жаныш-Байыш», «Эр-Төштүк», «Жоодарбешим» эпосторунда да кездешет. Географиялык реалияда И.-И. А.-К. Казакстандын чыгышындагы көл. *Н. Молдобаев*

**ИТ-КЕЧПЕСТИН КАРА-СУУ** — топоним. Кытайлар м-н болгон согушта мөндүрдөй кылып ок атып, найза сайып, Манас баатырды жыга албай турган жердеги «аргымак түшсө ойнобогон, найза сайса бойлобогон кара суу» (СО, 4. 330).

**ИТ-КЕЧҮҮ** — топоним. Эпосто Көкөтөйдүн уулу Бокмурун атасынын кара ашын өткөрүү үчүн жер тандап бара жаткан көчү И.-К-нү кечип өткөнү айтылат (РЖВ, 147). Географиялык реалияда Чүй суусундагы белгилүү кечүү.

**ИТ-КЫЯ** — топоним. Кыястын Тоотору аты «Медиянын көлүнөн, Ит-Кыянын белинен Кайыбынан кабылгандыгы» (КВ, «Сейтек», 107-б.) айтылат.

**ИТ-ӨЛБӨС** — топоним. Алтайдагы кыргыздар Ала-Тоого көчүп келгенде И.-Ө чөлүнүн аты аталат. Элдик оозеки чыгармачылыкта адам жашай албас кыйын жер катары көп кездешет.

**ИТ-ӨЛӨР** — топоним. Каныкей Тайторуну чапканда байгеге кошулган күлүктөр басып өткөн чөл. «Ашып түшсө ар жагы Ит-Өлөрдүн чөлү ошол» (СК, «Семетей», 1. 89).

**ИТ-ТОРПУ** — топоним. Каныкей Тайторуну чапканда байгеге кошулган күлүктөр басып өткөн татаал жолдордун бири: «Ит-Торпунун жолунда, Кезең-Кырдын оюнда, Санап көрсө Тайтору, Келе жатат бууданың Алтымыш аттын соңунда» (СК, «Семетей», 1. 89).

**ИЧТЕН ТУЮНТУУ** «Манас» айтуу өнөрүндө. «Манас» айтууда манасчы актёрдук өнөрдүн И. т. (переживание) принцибин пайдаланат. Бир да образ көрсөтүп туюнтуу (представление) аркылуу жаралбайт. «Манас» айтып жаткан аткаруучу сөзсүз түрдө кейипкерлеринин «терисине кирип» кетет да, образды анын ички ал-абалын көрсөтүү аркылуу жаратат. Ошон үчүн манасчынын эмоциялык абалы өзгөчө концентрацияланган деңгээлде турат. Манасчы каарманы кубанса кошо кубанып, кайгырса кошо муңга чөгөт. Маселен, Каныкейдин Тайторуну чапканын айтканда Саякбай Карала уулунун көзүнөн бурчактаган жаш кетип, өңү буркураган муңдуу абалга келет Же болбосо Манас жоосун жеңип кубанып турганда манасчы жадырап-жайнап, үнү шаңдуу чыгып, жигерденип калат. Айтуучу жеке

эле кейипкеринин ички ал-абалын көргөзүп гана тим болбойт, ал өзү да чын дилинен кошо кубанат, кошо кайгырат (сопереживание). Бул принцип да актёрдук өнөрдүн бир белгиси болуп эсептелет.

**ИШЕНОВ** Сагынбек (1934, Чүй р-ну, Бурана айылы) — кыргыз совет сүрөтчүсү. Кыргыз ССР иск-вого эмг. сиң. ишмери (1974). Фрунзе сүрөт окуу жайын (1955), Москвадагы Бүткүл союздук мамл. кинематография ин-тун бүткөн (1961). «Кыргызфильм» киностудиясында сүрөтчү (1961—76). И. сүрөтчү-коюучу катары «Улуу эпос» аттуу киноочеркти көркөмдөгөн. Сагымбай Орозбак уулунун портретин



С. Ишенов. «Улуу эпос» фильмине иллюстрация. 1962.

тарткан («Элес», 1963; живопись, к. Сагымбай макаласынын баттамасын). 1977-ж. Кыргызстанда биринчи мультипликация тобун уюштурган ж-а жетектеген.

**ИАМГУРЧИ** — ногой эмири, Едигенин чөбөрөсү, «Мажму ат-таварихте» Фулад (к. *Фулад)* м-н бирге Манасия шаарына жортуулга барат. Манас баатыр ж-а анын союздаштары м-н болгон согушка активдүү катышкан. «Манас» эпосунун кийинки мезгилиндеги варианттарында Жамгырчы деген ат м-н уруу кандарынын бири катары белгилүү каарман, к. *Жамгырчы*.

# К

**КААДА-САЛТ ЫРЛАРЫ** — кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгындагы өз алдынча салттуу жанр. Негизинен үч чоң топко бөлүнөт, алар өз ара бир канча түрлөргө ажырайт. 1) Үйлөнүү үлпөтүнө, бүлөчүлүккө байланыштуу ырлар: той баштаар, токмок салуу-жар көрүштүрүү, жар-жар, көрүшүү, келиндин бетин ачуу, отко киргизүү, бешик ыры. 2) Үрп-адат ырлары: нооруз, жарамазан, ырым-жырым (эм-дом), алкоо, бата-каргыш. 3) Жоктоо ырлары: кереэз, угузуу, кошок, көңүл айтуу. Мындан башка жар чакыруу, саламдашуу, коштошуу сыяктуу салттык ырлардын башка да түрлөрү бар.

К.-с. ы-нын багытына, мазмунуна карата аткарыла турган орду ж-а жанрдык мүмкүнчүлүгүнө ылайык көтөрө турган социалдык-турмуштук, көркөм эстетикалык жүгү болуп, салт-санаалык жөрөлгөлөр м-н коштолуп аткарылат. Саламдашуу, коштошуу, жар чакыруу, каргыш, алкоо-бата (к. *Алкыш*) сыяктуу түрлөрү «Манаска» да кирип, эпостун жанрдык табиятына ылайык баатырдык темага баш ийдирилип, чыгарманын идеялык-мазмундук өзөгүнө сиңип кеткен. Айрыкча кереэз, угузуу, көңүл айтуу сыяктуу жоктоо ырларынын эпоско кириши чыгарманын мазмундук өзөгүндө орчундуу орунду ээлеп, чыгарманын идеясын тереңдетип угуучуларга жеткирүүдө, көркөм, эстетикалык таасирин арттырууда мааниси зор. Дегеле манасчылардын К.-с. ы-н пайдалануусу жөн жай коздук же ар түрдүүлүк үчүн эмес, белгилүү бир чыгармачылык максатты көздөйт. Бул же тигил окуянын маңызын ачып, эмоциялуулугун арттырууга, турмуштук көрүнүштөрдү көтөрүңкү эпикалык-баатырдык маанайда баяндоодо пайдаланылат. Мындай жагдай кандайдыр бир деңгээлде салттык ырлардын жанрдык табиятынын жаңыланышын аныктайт.

СКВда Манас баатырдын Алмамбет, Сыргак, Чубак баштаган чоролорунун теңдешсиз кармашта шейит болгонун элге, алардын жесирлери Арууке, Бирмыскал, Бурулчага өкүрүп ыйлап угузуп турганы армандуу жоктоосу, жесирлердин муң-зары ж-а айкөлүнөн ажырап, жалгыз уулу Семетейди каякка качырып баш калкалатарын билбей жан алакетке түшүп турган Каныкейдин армандуу кошогу, эл атасы Кошойдун Манасты жоктоосу, Алмамбет м-н Манастын армандуу кереэзи жогорку көркөмдүктө, терең психологизм м-н берилген. Философиялык терең мазмунга ээ Көкөтөйдүн кереэзи (СОВдо) да угуучуларды кайдыгер калтырбайт. Бирок, «Манастын» бардык эле варианттарында К.-с. ы-нын алган орду, көтөргөн жүгү бирдей эмес. Ал ар бир манасчынын талантынын күчүнө, чыгармачылык баамынын кеңдигине жараша ишке ашат. Мис., РЖВдагы К.-с. ы-нын стили турмуштук ырларга көбүрөөк жакын болуп, баатырдык тема ачык көрүнбөйт. Бул Манастын өлгөнүн (биринчи өлүшүн) Алмамбеттин Жакып канга угузуп турган жеринен, Манастын кереэзинен көрүнөт. Тескерисинче СКВда жоктоо ырлары күчтүү айтылып, салттык ырлардын чегинен чыгып, баатырдык эпостун табиятына баш ийдирилип, багыты, стили жаңыланган. Буга Саякбай Карала уулунда Манастын Алмамбетти жоктоосу ачык күбө. Мис.,

Алтын айдар чок белбоо
Алмамбет достум, ала жат,

Колоттогу карагат,
Кол кармашып кеткенге
Кокуй күн Алмам, ала жат сыяктуу салттуу ыр саптарын баатырдык эпостун салмагын көтөрө турган:

Алакем, кара жаак айбалта
Кайкалатпай ким аштайт?
Каран түн түшкөн Бээжиндин
Кадимки жолун ким баштайт? өңдүү ыр жолдору м-н бекемдеши чыгармадагы баатырдык идеяны тереңдетет.

Армандуу ыргакта айтылган Кошойдун Манасты жоктоосу да баатырдык теманы тереңдетип, көркүнө чыгарат. Кошой Манастан мурун өлбөй, айкөлдүн артында калганына, башчысыз калган кыргыздын тагдырына жаңы кейип, аңгырап ыйлап, муңдуу жоктойт:

Манасым, кара жаак айбалта
Кайкалатпай ким аштайт?
Алакандай журтумду,
Муну капа кылбай ким баштайт?
Долоно саптуу айбалта
Толгондурбай ким аштайт?
Тозок келсе кытайдан
Береги толкуп жаткан журтумду
Тополоң кылбай ким баштайт (СК, 2.246).

Каныкейдин кошогу да кадимки салттуу поэзиянын нугунда айтылат: «Кара чачы жайылып, кандуу бети жыртылып», кара кийип кайгыга баткан кан баатырдын жесири асылынан айрылгандагы армандуу күйүтүн кошокто чагылыштырат. Саякбай Каныкейдин күйүтүн төрт сап ырда эле апыртуу ыкмасы м-н таасын тартат. Айкөлүнөн ажыраган Каныкей «тарак тийбес кара чачынан» жулуп ыргытканда «тал-тал токой бүтөт», көз жашынан «дайра болуп кара суу агат». Бирок, кантсе да кошокто аялдын жеке кайгысына караганда баатырдын артындагы туягы жаш, башчысыз калган кыргыз калкынын тагдыры, келечеги ж-дөгү ой, ата журт темасы алдыңкы катарга чыгат:

А дүйнө кеткен сен болдуң,
Азапты тарткан мен болдум.
Береги кара жаак айбалтаң,
Кайкалатпай ким аштайт?
Сурап ичсе тойбогон,
Сугалагын койбогон,
Аргын кыргыз элиңди
Тополоң кылбай ким баштайт? (СК, 2.249).

Эпосто өз орду ж-а чыгармачылык чеберчилик м-н колдонулган жоктоо ырлары окуянын кульминациялык чегин, б. а. жалпы кыргыз журтчулугунун башына күн түшүп тургандыгын угуучулардын сезимине жеткирүүдө зор роль ойнойт. Эпосто берендерден ажырап, казаттан кайгылуу кайткан Манаска Каныкейдин көңүл айтуусу кадимки каада-салт ырынын нугунда, салтында түзүлгөн. Мазмуну, формасы жагынан элдик көңүл айтуу ырына жакын. СКВда окко учкан чоролорунун сөөгүн жерге тапшырып, алапайын таппай жер жаңыртып, өкүрүп турган Манаска Каныкей нускалуу сөз таштайт. «Телегейи тең да өтүп, ааламды гана бузган шер да өтүп» дүйнөгө түркүк болгон адамдын жоктугун, Чубак, Сыргак, Алмамбет айта берсе түгөнбөс асыл эрлерден экендигин баяндай келип:

Эчен бир дөбө жер өткөн,
Баатыр ай, ал эмес атабыз Адам тең өткөн.
Өткөнгө өксөгөн менен айла жок,
Кеткендерге кейиген менен пайда жок (СК, 2.225),— деп, баатырдын көңүлүн жубатат.

К.-с. ы-нын байыркы түрүнөн болгон керээз (Көкөтөйдүн, Алмамбеттин, Манастын) көпчүлүк манасчылардын реперртуарынан орун алса да, ар бир вариантта ар кандай көлөмдө, ар башка көркөмдүк деңгээлде, мазмундук айырмачылыктары м-н айтылат (к. *Керээз*). СОВдо Көкөтөйдүн керээзи лирика-эпикалык деңгээлге көтөрүлсө, СКВда Манастын керээзи көлөмдүү, мазмундуу ж-а көркөм айтылып, эпостун корутунду бөлүмүнүн окуясынын өнүгүшүндө ролу чоң. РЖВда Манастын бир уядан жалгыздыгына басым жасалып, керээз турмуштук эпостун стилине жакыныраак айтылат.

«Манаста» алкыш-бата, *каргыш*, ант берүү сыяктуу байыркы каада-салттык ишенимдерге байланыштуу түзүлгөн афоризмдик курулмалардын поэтикалык формалары кеңири орун алып, эпостун табиятына ылайык көбүнесе баатырдык мүнөз алып, алардын жанрдык мүмкүнчүлүгү бир топ кеңейген. Мис.,

Кабылан болгун, шер болгун,
Казына мүлкүң тең болсун,
Касташкан жооң кем болсун.

же Ок өтпөгөн тондуу бол,
Ок жетпеген аттуу бол.

же Жолуң кыдыр шар болсун,
Жолдошуң кызыр эр болсун,
Телегейи тең болсун,
Теминишкен душманың
Теги кырылып, кем болсун ж. б.

Кан Кошойдун Каныкейге берген батасында айтылыш формасында, структурасында салттуулук толук сакталгандыгына карабастан, айрыкча СКВда батанын багыты, мазмуну бир топ кеңейип, көркөмдүгү арткан:

Бу Семетей эр болсун,
Кара кулак шер болсун,
Эңкейиштен эр сайсын,
Эченди катар бир сайсын!
Телегейи тең болсун,
Теңиз Манас тукуму
Атасындай шер болсун!
Белеске күйгөн от болсун!
Бет алган душман жок болсун (СК, 2. 46).

«Манас» эпосунда саламдашуу, коштошуу сыяктуу К.-с. ы. негизинен чыгарманын маз-

мундук өзөгүнө сиңип, каармандардын өз ара пикир алмашуу, сүйлөшүү каражатына айланып, стили да ошого ылайыкташып кеткен. Айрым учурда салттык саламдашуу ырлары эпостун каармандарынын кулк-мүнөзүнө, пикир алмашуунун багытына ылайык поэтикалык мүнөз алып, байыркы формасын сактап калган.

Урааның ким, дайның ким?
Уругуң ким, айлың ким?
Тукумуң ким, дайның ким?
Балам, туура чыккан айлың ким?
Балам, киндигиң кескен жериң ким?
Балам өнүп өскөн элиң ким? (СК, «Семетей», 1.226).

Жар чакыруу — салттык ырдын калк арасына кеңири тараган түрлөрүнүн бири. Манасчылардын көпчүлүгүнүн репертуарынан орун алып, Көкөтөйдүн ашында чабыла турган тулпарлар, аштагы оюн-зооктун сыпатталышы, жеңүүчүлөргө берилүүчү байгелер ж-дө кабарлоо өзүнчө бир социалдык, таанытуучу-этнографиялык жана эстетикалык мааниси бар көркөм дүйнөнү түзөт (к. *Жар чакыруу*).

Эпостун идеялык-мазмундук, поэтикалык системасында К.-с. ы-нын ээлеген орду, көтөргөн жүгү ачык көрүнүп турат.

*Б. Кебекова*

**КААПЫР**, кьаапыр (ар. кьафир — динсиз) — ислам динин тутпаган элдин жалпы аталышы. Бардык варианттардагы окуяларда эскерилет. Эпос б-ча кыргыздар ж-а ага канатташ калктар, уруулар мусулман катары каралса, душмандар — кытай, калмак, ойрот, маңгул ж. б-лар К. деп аталат. К. диний-этникалык жалпы ат катары колдонулуп, таш боор, кара мүртөз, өзүмчүл адамдар да К. аталган. К. өзүнүн диний маңызынан ажыратылып, «акылсыз», «эссиз», «түркөй», «ыймансыз» маанисинде да колдонулат. Мис., кытайдын эр Жолою өз жылкычыларына «ат минбеген каапырлар...» деген ачуу сөз айтат (СО, 4. 313). Байбичеси Чыйырдыны бай Жакып: «Эсирген кандай каапырсың?» (СО, 1.19),— деп жемелейт.

**КААР АЯР** — эпизоддук кейипкер. Калмак аяры ж-а *Култаңдын* атасы экендиги гана айтылат (СО, 2.33).

**КААРМАНДЫК** «Манас» эпосунда эстетикалык көрүнүш катары өтө маанилүү, орчундуу орунду ээлейт. Бул жагдай кыргыз элинин көп кылымдык тарыхый жолундагы «жоокерчилик заман» деп аталган урунттуу окуяларды, жалпы эле жашоо үчүн күрөшкө жык толгон турмушун чагылдыруу м-н тыгыз байланышкан. К. — эстетикалык категория катары адамдар жамаатынан (социалдык топ, тап, эл) чымырканган рухий ж-а кара күчтү, кайраттуулукту, жан аябастыкты талап кылган коомдук мааниси бар зор иштердин аткарылышын түшүндүрөт. Турмуштук көрүнүш катары бул-ар «Манас» эпосунда конкреттүү сүрөттөлөргө ээ. Эпостун мазмунунда элдин бийик максатка, тилеген тилекке, эң жогорку гуманисттик идеалдарга умтулушу баатырдык жан аябастык, тайманбастык, эрдик, жалтанбастык, ноюбастык, кайраттуулук, жанын кыюу м-н коштолуп келип, кеңири планда көрсөтүлөт. Нукура К., эрдик, кайраттуулук, кайра тартпастык асыресе Манаска, анын чоролоруна өтө мүнөздүү. Мындай баатырдык белгилер башкы каарман Манаска туулгандан эле ыйгарыла баштайт. Анын алгачкы К-ы калмактар Жакыпты кордоп, жылкысын тийип жаткан учурда мындай зомбулукка чыдап тура албай, аларды тике качырып кирип, башчысы Кортукту кошуп калмактардын катыгын бериши, Манастын мүнөзүндөгү К-тын калыптанышы ушул алгачкы эрдиктен башталат. Оңойго турбаган ушул К-тан соң ал атасынан кыргыз уруулары кантип талкаланып, таланып туш-тушка тарапка айдалып, өсүп-өнгөн жеринен, мекенинен алыста жүрүшкөндүктөрү тууралуу угуп, намыс-арына келип, элине мурункудай эркиндикти, күнкорсуздукту алып берүүнү өз алдына максат кылып коёт.

Манастын нукура баатырдыгы, жекече эрдиги, майышпас кайраттуулугу анын Эсенкан жиберген калмак-кытай колу м-н согуштарында ачык көрүнөт. Анын:

Тегерегин карабай,
Теги жанын аябай,
Кыдырата карабай,
Кылча жанын аябай,
Күрдөөлдүү башым барында
Күлүгүм кантип берейин,
Күчөгөн экен бул калмак,
Мен бир күлжүктөшүп көрөйүн (СК, 1.72),— деп турушу өз элинин чыныгы патриоту экендигин жеке керт башынын эмес, асыресе жалпы кыргыз эли үчүн, анын эркиндигин коргоого анык бел байлап чыккандыгы, ал үчүн өмүрүн да кыюуга даяр экендигин айгинелейт.

Келечекте Манастан катуу сокку жээрин билген Эсенкан аны жок кылуу үчүн нечен ирет тыңчыларын, аскерлерин жөнөтөт. Бул кырчылдашкан согуштарда Манас өзүнүн жеке эрдигин аскер ишине жетекчилигин айкын далилдейт. Манастын мүнөзүндөгү К. бөтөнчө «Чоң казат» «Кичи казат», окуяларында даана көрүнөт. Ал теңдешсиз салгылашууда кытайлардан болгон жеңилүүнү эч калтаарыбастан, өтө кайраттуулук м-н кабыл алат. Эң акыркы кармаштарда жаралуу экенине карабастан Манас чоролоруна аралаша жүрүп дем берип, алардын окко учуп набыт болгондугун терең кайгыруу м-н элге угузат. Мейли согуштук кырдаалда, мейли байкерчилик турмушта болсун Манастын айкөлдүгү м-н К-ынын айкалышып турушу анын ыймандык бийик сапатын айгинелейт.

К. мүнөз эпосто *Кошой, Алмамбет, Сыргак, Чубак, Бакай, Каныкей, Семетей, Айчүрөк, Сейтек* ж. б. көптөгөн каармандарга тийиштүү. Мис., мындай сапат Каныкейде анын акылмандыгында, кыраакылыгында, уздугунда гана эмес, жекече көрсөткөн баатырдык, эрдик, ноюбастык аракеттеринен да көрүнөт. Чындыгында, Манасты Манас кылган Каныкей. Анын

ок өтпөс тону — Аколпок баш болгон жоо кийимдери Каныкейдин колунан чыккан, Каныкейдин берген туура кеңештери Манасты көптөгөн кыйын абалдардан куткарат. Ал керек учурда Манастан кем калбаган эрдик иштерди жасайт. Бир нече жолу Манасты өлүмдөн куткарып (мис., Көзкамандардан ж. б.), кыйын кезеңде Семетейди сактап калып, тарбиялап, эрезеге жеткирүү үчүн жасаган албан иштери — накта кайраткерликтин белгиси. Семетейдин Таласка келип, атасы Манастын ишин улантуу үчүн болгон кыйын күрөшүндө да Каныкейдин ролу өтө зор. Мында Каныкей баласынын кеңешчиси, насаатчысы гана эмес, о. эле жоо жарагын байланып, колуна курал алып, душманга каршы чыккан жоокер катары да көрүнөт. Манастын жогунан пайдаланып, элди оңду-солду бийлеп калган Абыке, Көбөштөр Семетейдин тынчтык, ынтымак м-н бийликти алышына каршы туруп, кырк чорону баш кылып кол курап, анын ордосуна кол салат. Ошондо:

Берен энең Каныкей
Алмамбеттин Сырбараң
Ала коюп колуна
Оңго ооп бир атып,
Он эчесин сулатып.
Солго ооп бир атып,
Солтондорун кулатып,
Катындыгын билгизбей
Абыке, Көбөш иттерди
Ал ордого киргизбей
Эпсиз эрдик кылды эми (СК, «Семетей», 1.321).

Каныкейдин бүткүл турпаты бардык жагынан К. аракеттер м-н каныктырылган. Мындай ыймандык сапат тигил же бул даражада эпостогу башка аялдардын образдарында да учурайт (*Сайкал, Куялы* ж. б.). Эпостогу К. тууралуу айтканда Бакайды унутууга болбойт. Ал — эпостун «Манас», «Семетей», «Сейтек» бөлүмдөрүнүн дээрлик бардык окуяларына катышкан негизги каарман. Бакай эпосто Манастын жоокер чоролорунун бири гана эмес, эң башкысы — элдик акылман катары ага туура жол көрсөткөн, туура кеңеш берген, турмуштун жаман-жакшысына, ысык-суугунда да кыябынан жазбаган көсөм, насаатчы экендиги м-н баалуу. Манастын Манас болушунда Каныкей сыяктуу эле Бакайдын да ролу чоң. Жеке турмушунда да, ички ж-а тышкы душмандар м-н айыгышкан күрөштөрүндө да ал Манастын жаңылыштыктарын өз учурунда эскертип, туура жолго салып турат. «Каныкей алсаң оңосуң, Калкка бааша болосуң» (СК, 1.235),— деп Манастын Каныкейди алышына себепчи болгон да Бакай, Манасты чабабыз деп күүлөнүп келген алты кандын колу м-н Манастын кырк чоросунун ортосунда боло турган кандуу кагылышты да Бакай токтотот. Бакайдын акылмандыгы, гумандуулугу канатташ жашаган же жеңилген элдердин мал-мүлкүн тартып алууга дайыма каршы тургандыгынан, алар м-н ынтымакта жашоого умтулгандыгынан да таасын байкалат. Ал согуштарда жекече эрдиктерди да көрсөтөт. Бирок, анын аскердик татаал иштерди акыл м-н абдан таразалап, калыс чече билгендиги көпчүлүк учурларда накта эрдикке тете. Маселен, Чоң казатка бараткан жолдо Чубак м-н Алмамбеттин чатагын басуудагы ролу, жалпы эле баатырлардын стратегиялык жактан кетирип жаткан жаңылыштыктарын ишенимдүү далилдеп көрсөтүүсү чыныгы К. болуп саналат. Бакайдын «алты ай келер азапты» алдын ала билип, аны болтурбай коюу кудурети, үзүлгөндү улаган, чачылганды жыйнаган, ийрини түзөгөн ашкере ишкердүүлүгү — накта баатырдыктын белгиси. Ал ушуну м-н гана чектелбей, жоо кийимин кийинип, курал-жарагын байланып, дайыма окуялардын кайнаган жеринде жүргөн кармаштардан кайра тартпаган жоокер десең жоокер, кысталышта айла тапкыч айлакер, ички, тышкы душмандар м-н болгон чыр-чатактарын, кагылышууларын кан чыгарбай, эки жакты тең абыгер чекпегендей адилеттүү жайгаштыра алган акылман десең акылман, эртеңки күндө, келечекте эмне болорун алдын ала билген көсөм десең көсөм. Бакайдын К-ы асыресе кыргыз элинин биримдигин бекемдөө, көз каранды эместигин чыңдоо үчүн күрөшкөн Манас, Семетей, Сейтекке да чоң өбөлгө болуп бергенинен ачык көрүнөт. Бакай өзүнүн бүткүл өмүрүндө аларга ак кызмат өтөдү. Бул анын жалпы кыргыз эли үчүн жан аябай эмгектенгендиги катары бааланат.

Эпосто мейли окуяларды сүрөттөөдө, мейли образдарды сыпаттоодо болсун дайыма К. аракеттер үстөмдүк кылып турат. Мунун өзү кыргыз элинин байыртадан башынан кечирип жаткан жоокердик, баатырдык турмушу м-н шартталып олтурат. Жашоо үчүн болгон күрөш жоокерчилик заман ошол мезгилде эркекти да, аялды да, жашты да, карыны да кыйынчылыктарга дайыма даяр турууга үйрөткөндүктөн, душмандан кайра тартпоо, эрдик кылуу аларга көнүмүш болуп, улам кийинки урпактарга сакталып келе берген. Эр жүрөктүүлүк, тайманбастык, Ата журт үчүн курман болууга даяр туруу, башка түшкөн ар кандай кыйынчылыктарга моюн сунбай, жеңе билүү сыяктуу сапаттар элдик рухий күчкө, ноюбас тирекке айланган.

К. көрүнүштөр, б. а. жоокердик дух м-н жашоо, күжүрмөн даярдыкта туруу эпосто жалаң эле согуш учурларында эмес, тынч эмгек өкүм сүргөн, кадимки турмуш-тиричилик шарданында да таасын байкалат. Маселен, Манастын Каныкейге үйлөнүшү же Көкөтөйдүн ашы сыяктуу окуяларда адамдардын мыкты сапаттары даңазаланат. Көкөтөйдүн ашындагы кеңири көрсөтүлгөн жамбы атуу, эр сайыш, балбан күрөш, ат чабыш сыяктуу улуттук оюндар курч өткөндүгү, адамдардан шамдагайлыкты, туруктуулукту, кажыбас кайратты, баатырдыкты талап кылгандыгы м-н айырмаланат. Мындагы таймашуулар согуштагы эрегишүүлөрдөн, карама-каршылыктардан кем калган эмес. Мөрөй, жеңиш үчүн, намысты алдырбоо үчүн керек болсо кээде

өмүрдү кыюуга чейин барган учурлар кезигет. Манас м-н Коңурбайдын сайышында Манас, Кошой м-н Жолойдун күрөшүндө Кошой өздөрүнүн каршылаштарын шамдагайлыгы, ыктуулугу, күчтүүлүгү м-н гана эмес, намыс үчүн жан аябаган рухий тырышчаактык артыкчылыгы м-н жеңишет. Манастын ордо ойногон кырк чоросунун өз ара мелдештериндеги таймашуулар кээде чыныгы сагылаштарга да окшоп кетет.

Кыргыз эли уул-кыздарын дайыма «эл четинде, жоо бетинде» болууга тарбиялап келген. Ар бир үйдө жоокердик куралдардын илинип, жоокердик аттардын токулуу даяр турушу жашоонун, турмуштун көнүмүш көрүнүшү болгон. Мына ушундай шарттардын негизинде элдин аң-сезиминен орун алган, ишенимине айланган каармандын ишмердүүлүк ж-дөгү ой-пикирлери калыптанган. Жыйынтыктап айтканда, адамдын эң жогорку жетиктиги, кажыбас кайраттуулугу, тайманбастыгы тууралуу түшүнүк катары «Манас» эпосунда кеңири чагылдырылат. К. өзүнүн мазмуну б-ча коомдук болумушту, адамдардын социалдык багытталгандыгын аныктап турат.

*О. Исмаилов*

**КАБА** Атабек уулу (1926, Тоң р-ну, Төрткүл айылы) — манасчы. Он жашынан «Манас» айта баштаган. «Манас» айтып калуусун көпчүлүк манасчылардай эле кереметтүү түш көрүү м-н байланыштырат. Ал түшүндө атынын жалы жерге тийген ак сакалдуу, ак калпакчан абышканы көрөт. Алыстан жер дүңгүрөткөн дабышты угат, ал дабыш улам жакындаган сайын найза, айбалта кармаган атчан кол болуп алыска жоо кууп бараткандай өңдөнөт. Кара чаң чыгып боз үйдүн керегелери качыр-кучур этип жер титирегенсийт. Маңдайындагы ак сакалдуу абышка колунан балага бир нерсе берет да «Жегин, жебесең атка сүйрөтүп, жоонун артынан алып кетем»,— деп катуу өкүм м-н айткандыктан бала корккондуктан колундагы нерсени шашып жей баштайт. Какап-чакап жеген нерсеси кумга окшоп куюлушуп турду деп эскерет. Эми мындан



ары айкөл Манасты айтасың, айтпасаң кайра келип майып кылам деп көздөн кайып болот. Эртеси эртең м-н ойгонуп эч кимге айтпай коргондун артына барып түндө көргөн түшүн элестетип Манасты кандай айтам деп ойлонот, ары-бери басса эле Манас айткысы келет. Анын манасчы катары калыптанышына белгилүү манасчы Саякбайдын таасири тийген. К-нын айтуусундагы «Манастын» үзүндүлөрү чоң-чоң окуялардын чиеленишинде ж-а көркөм образдарынын чечилиши жагынан Саякбайдын вариантына үндөшүп турат. «Манас» айтуудагы обондун созулушу же буркан-шаркан түшүп, отурган жеринен козголуп, колду жаңсап айтуусу да Саякбайдын манерасындай. Белгилүү манасчы Мамбет Чокмор уулуна жолугуп таасир алган. Андан 1962-ж. «Манас» эпосунун «Чоң казат» эпизодунан «Жылкы тийүү» окуясы жазылып алынган (КФ, 247-инв.). Жалпы сюжети көл мектебинин чоң манасчыларыныкына өтө жакын.

*Ж. Сагынов*

**КАБАЙ** — эпизоддук кейипкер. *Ашаң* дөөнүн атасы деп гана айтылат (КВ, 1.121).

**КАБАК** — топоним. Манас жердеген Таластагы Ак-Чийдин бир бурчу. Каныкей, Чыйырды, Семетейди Букарга качырмак болгон Бакай Кабак, Ак-Чий боюндагы Манастан калган жылкылардын ичинен Тайторуну кармап Каныкейлерге алып барат (СК, «Семетей», 1. 45). Географиялык реалияда К. — Ак-Чий азыркы Талас шаары турган чөлкөм.

**КАБАКАРТ** — топоним. Манас төрөлгөндө Жакып алыс, жакын туугандарын түгөл чакырып башын коштурмак болуп Сарыколдогу кыпчактарга кабар жиберилгенде кошо аталган жер (тоо, ашуу).

**КАБАНДАР** — топоним. Манас баатырга өзү катылган Шоорук кан анын каарына чыдабай 60 миң колу м-н качып баратып эки күн, эки түн басып өткөн жол (СО, 2.215).

**КАБАРТ** — эпизоддук кейипкер. Эпосто жоо тараптан кол башчы баатыры катары эскерилет (КВ, 1.164).

**КАБАТАЙ** — эпизоддук кейипкер. *Ороздун* ыркы жок он уулунун сегизинчиси (СО, 1. 190).

**КАБИЛ-КАБУЛ** — топоним. «Өзү келип катылган Шоорук кандын кыргыздардан жеңилиши» окуясында: «Башы Маймун калаасы, Азыр жердеп турганы — Таш-Котон, Кабил арасы» (КВ, 1. 150),— деп Шоорук жердеп турган жердин бир чеги катары айтылат. Географиялык реалияда Ооганстандын борбору — Кабул.

**КАБЫКЕ** — кырк чоронун бири. Манас Каныкейге күйөөлөп барганда гана Каратүлөө Кабыке делип кырк чоронун катарында саналат (СО, 2. 420).

**КАБЫЛ** — эпизоддук кейипкер. Манастын Каныкейге үйлөнүшүндө Атемирдин үч уулунун бири экени гана айтылат (СО, 2. 384).

**КАВАК**, Кувак — топоним. «Мажму ат-таварихте» Манас баатыр Жолойдун кол башчысы Жондолой (Чондолой) м-н согушканда аталат.

**КАДООБАЙ** — эпизоддук кейипкер. Ошпур-

дун айлында жашаган кыргыз. Жакып Манасты Ошпурга бергенде, К-дын баласы *Чегебай* экөөлөп козу кайтарсын дейт (СО, 1. 111).

**КАДЫРБАЙ** — эпизоддук кейипкер, жедигер элинин баатыры. Жедигер эли Канчорону кан көтөргөндө ал отурган килемди Кыяс, Төлөбай, К. үчөө көтөрүп келет. Семетей кайып болгон согушта Төлөбай экөөнү Күлчоро өлтүрөт (КВ, «Семетей», 310—311).

**КАДЫРСЕЙИТ** — эпизоддук кейипкер, сабаттуу адам (молдо). Бээжинге казатка бараткан колдун тизмесин К-ке окутса, Таабаймат Манасты унутуп койгон болот (СО, 3. 170).

**КАЖЫРТЫ** — топоним. Нескара м-н Манастын урушун баяндаган окуяда эскерилет. Согушта Нескара качып кутулат. Ошондо бошотулган Маңгулдарга Манас баатыр К. деген жерге отурукташып жашоону сунуш кылат (СО, 1. 211).

**КАЗАКТАР** — этноним. К. кыргыздарга жакын эл катары эпосто кеңири учурайт. «Манас» вариантында чагылдырылган чоң, кичине согуштарга, аш-тойлорго, ар кандай жыйын, кеңештерге урааны, жалпы максаты бир элдей алардын көп сандаган өкүлдөрү катышат. Мис., кыргыздардын өз эркиндиги, көз каранды болбостугу үчүн жүргүзгөн күрөштүн ар бир этабында аларга К. баш болгон түрк тилинде сүйлөгөн элдер жардам беришет, союздаштар катары бирге аракеттенишет. СОВ б-ча К. кыргыздардын бир бөлүгү м-н бирге Алтайды жердеп турушканы баяндалат:

Алтайдагы казактан
Арбын барды бу тойго.
Кыргыздын байы Бактыгул,
Жакын тууган мына бул.
Казактан Үйшүн карыя,
Алчын менен абагы,
Ата уулудан калганы (СО, 1.44).

К. «Манас» эпосуна кыргыздар м-н бери эле дегенде 15-к-дан тартып жамаатташ болгондугунун негизинде кирип калганына күмөн жок. Жунгар феодалдык баскынчыларына каршы 16—17-к-да биргелешип согушкан мезгили «Манас» эпосунда кеңири чагылган. Муну эпостун бардык варианттарында К. ж-а казактын каны Көкчөнүн катышы да айгинелейт.

*Н. Молдобаев*

**КАЗАН АЛП** — эпизоддук кейипкер. Алптардын катарында аты гана аталат (СК, 1. 80). Эпосто көпчүлүк жер-суу аттарынын ошол жердик каармандын ысымынаооп кетиши арбын. Чыгыш элдеринин бул аты (фамилиясы) да кичимекенинин (төрөлгөн шаары, айылы) аты м-н аталары белгилүү. Татар, башкырт элдеринин оозеки адабиятында Казан аттуу баатыр, алп көп жолугат. Ошентип, эпостук, К. а-ты Эдил бою тараптан келген дөө деп болжолдоого болот.

**КАЗАТ** (ар. газават,— ыйык согуш) — ислам дини үчүн мусулмандардын жүргүзгөн ыйык согушу. «Манаста» салттуу түрдө поэтикалык термин катары кеңири колдонулат. Эпостогу: «Калдайдын уулу капырга Кан Коңурбай баатырга, Казат кылсакканетет» (СО, 4. 58),

Аттанып чыкты кан Манас
Кырк чоросу кашында,
Бээжинге казат кылам деп,
Элүү эки жашында (СК, 2. 83),
Калың казат көп кыргын,
Дагы тарткан сүрөткө (СК, «Семетей», 1. 221),— деген саптардан К. өзүнүн түпкү маанисинде колдонулгандыгын баамдоого болот. О. эле К. эпосто диний мааниде эмес жөнөкөй эле кадыресе «согуш», «уруш», «кан майдан», «чабуул» деген мааниде колдонулгандыгын төмөнкү саптар айкын далилдейт: «Казат десе камданып, Каршы жоого чыкчусу» (СО, 2.150), «Казатка барды деп жүрсөң, Калгандын камын жеп жүрсөк, Казат деп мурун барыптыр» (СО, 2. 155), «Казаттын жолун билбеген Капилет өскөн калктыр» (СО, 2. 203). «Манаста» кеңири колдонулган бул термин эч кандай түпкү маанисине семантикалык жактан туура келбейт. Эпосто эпикалык термин катары гана колдонулган. Ошондуктан, диний катмарларды көбүрөөк киргизген деп эсептелип жүргөн Сагымбай Орозбак уулунун вариантында да салттык түрдө айтылып келаткан «Чоң казат» деген эпикалык термин ага синонимдик маанидеги «Чоң чабуул» деген термин м-н аталат. Ал эми:

Казат үчүн камданып,
Кан Коңурдун каарына
Калкы чоочуп таңданып (СО, 4. 230),
Чоң казат деп атанып,
Ушу болгон чоң кыргын
Каканчалуу Бээжиндин
Даңзасына катталып (СК, 2. 214),— деген саптардан К. түпкү диний маанисинен башкача колдонулганы байкалат. Себеби, «каапыр» деп эсептелген эл «мусулман» элине дин үчүн ыйык согуш (казат) жасабагандыгы түшүнүктүү. Бир диндеги элдер да бири-бири м-н дин үчүн согушкан эмес. Демек, К. термини эпоско кийин гана айтуучулар тарабынан колдонулган. Эпосто жылкы жөнүндө:

Эркегинин баарысын,
Нээти казат караткан,
Ургаачысын ар качан
Ак түлөөгө тараткан (СО, 2. 19),— деген саптар көп учурайт. Мындан жоокерчилик заманда жылкыны жогору баалоочулук, атты ар дайым согушка минүүгө даяр кармап турганы байкалат. Ал эми «Манас» деп тикти казатын» (СО, 1. 191),— дегендей саптар да бар. Мындагы «казатты» «кастар» деген маанидe гана кабылдоо керек.

*Ы. Кадыров*

**КАЗГАРА** — Калкамандын байгеге чапкан күлүгү. Көкөтөйдүн ашында байгеге чабылганы эскерилет (СО, 3. 268).

**КАЗ МОЮЛ** — этноним. СОВдо Көкөтөйдүн ашына чакырылган элдердин арасында айтылат. «Какандын шаарын каралап, Каз моюл журтун аралап, Жетиген жакка барбасын» (СО, 3. 12).

**КАЗЫ, КАЗЫЙ** — шарыят жолу м-н дин эрежелеринин талабына ылайык иш алып баруучу өкүм ээси. сот. Ишти тергөөгө алып, тийиш-

түү чечим чыгара алган. Эпосто төмөнкүчө эскерилет:

Казы менен муптусун
Калкы сөзүн укчусун,
Удайчы менен бектерин,
Үстүнө алып келгени (СО, 2. 369).

**КАЗЫ-КУРТ, КАЗЫКУРТ** — топоним. Каныкей Чыйырды м-н Семетейди алып Букарга качып баратканда басып өткөн белес. «Казы-Курттун кайкысын Кайран энең таянып, Ары жагы кара талаага Эңкейип энең жетти эле» (СК, Семетей, 1. 32). Географиялык реалияда Чымкент обл. түштүк чыгышында жайгашкан тоо.

**КАЙБЕРЕН** (кайп, кайып, кайып эрен) — 1) кепшөөчү жапайы жаныбарлардын (кийик, аркар ж. б.) жалпы аты; 2) мифологияда ошол жаныбарлардын ээси, колдоочусу; 3) көзгө көрүнбөй кубулуп жүрүп адамдарды колдоочу кереметтүү күчтөр. «Манас» эпосунда аталган үч маанисинде тең колдонулат. К. арабдардын «кайп» — көзгө илешпөөчү, көрүнбөөчү жашыруун ж-а «яран» — жолдош, дос деген сөздөрүнөн турат. Бирок анын мифологиялык образы кыргыздар арабдар м-н маданий байланыш жасаганга чейин алда качан мурун алардын тотемдик ж-а анимисттик көз караштарынын негизинде пайда болгон. Эпосто кайыптардын образы татаал ж-а көп кырдуу. Көпчүлүк учурда кереметтүү кыздар Арууке, Айчүрөк, Көкмончок, Куялылардын ата-энеси, эли-журту кайыптар болот. Мис., Аруукенин атасы кайыптын каны болот. Ал Байың деп аталып, якуттардын аңчылыктын кудайы м-н аты уйкаш ж-а аткарган милдети окшош. Байың кулжа, кийик, бугу ж. б. К-дерди башкарат. Кызы Арууке Алмамбетке турмушка чыкмак болуп үч көгүчкөндөн кабар бердиргенде 12 айры бугу минип, заматта эли-журту м-н жетип келет. Манасчы кайып журтун «адамдардан анча өөдө, жин уруктан канча өөдө, Акка (Аллага, кудайга) жакын» кереметтүү күч катары мүнөздөйт (СО, КФ, 581-инв., 202-б.). Байыңдын кызы Арууке м-н «Кожожаш» эпосундагы К-дердин ээси ж-а энеси Суречкинин кызы Ашайрандын окшош жактары бар. Келтирилген мисалдардан көрүнгөндөй бул типтеги кайыптардын образы алгач энелик доордогу аңчылыкка байланыштуу пайда болгон. Эпосто Айчүрөк да кайыптын кызы делет. Манасчылар «периден эмес кайыптан» деп Аруукенин тегин даана белгилешсе (СО, КФ, 581-инв., 202-б.), Акундун кызы Чүрөктүн перинин кызы деген да, кайыптын кызы деген да «эки таалай кеби бар» дешип, теги тайталаш экенин көрсөтүшөт. Кайыптын кыздары Арууке да, Айчүрөк да кереметтүү күчтөргө ээ. Арууке өзү каалагандай өңүн кубулта алат, ал бирде адамдар, бирде кайыптар м-н жашай берет. Айчүрөк кереметтүү аял катары өз каалаганындай кубула алат (ак кууга, ак чабакка, ак булага); табиятка түздөн-түз таасир этет (Семетейдин Акшумкарын ала качканда жамгыр жаадырат, туман түшүрөт); ал кааласа өлгөн адамды тирилтет (Коңурбайдан жараланган Семетей өлгөнү жатканда үстүнөн үч аттап өтүп, анын жараатындагы окту түшүрүп айыктырат) же өлүмгө туш кылат (Семетей өлөр астында анын тилин албай Манастын күмбөзүнө тайынганы жөнөгөндө каргайт). Мунун баары энелик доор күч алып турган мезгилде жаралган — улуу кудай аял — табияттын улуу энесине таандык касиеттер. Бирок, ак куу кыз — Айчүрөктүн мифологиялык образы түпкүлүгүндө тотемизм мезгилиндеги көз карашка барып такалат, б. а. Суречкинин тибиндеги мифологиялык образдын стадиялык өнүгүшүнүн жогорку чекке жеткен көрүнүшү. Түпкүлүгүнө тотемдик жаныбарларга барып такалуучу кайыптардын образы эволюциялык өнүгүшүндө өзүнө типологиялык образдар м-н биригишип, жаңыча түскө ээ боло башташкан. Мис., Манас жоого киргенде сүр-айбат болуп кошо кирген укмуштуу жаныбарлар ж-дө манасчы «Каршы алдынан көрүндү, Кара чаар жолборсу — Кайып эрен кырк чилтен Канкор эрдин жолдошу, Кырк чилтендин бирөөбү, Ажыдаар болуп сойлошуп» (СО, 2. 186),— деп сүрөттөйт. Баштагы тотемдик колдоочунун, түпкү бабанын ордун ээлей баштаган кайып эрен — кырк чилтен, алардын башчысы Кызыр Иляс элдик баатырларга кысталыш жерде жардам көрсөтөт, кайыбынан кезигип, курал-жарак, ат-тон м-н жабдыйт. Аксакал думана кебетесинде келип жаңыдан туулган баатырга ат коёт, анын келечегин алдын ала айтат. Кайыптар байыркы формасында — зооморфтук жаныбар түрүндө да каарманга жардамга келет. СОВдо Көзкамандар тарабынан ууланып, өлүм алдында жаткан Манас өзүн издеп келген Сыргак, Серекке «Мени дагы чоролор, Бейсаадат бенде дебеңер, Жолборстон болоор жолдошум, коркпостон болоор колдошум. Жолборстон жолдош келүүчү, Жот дары алып берүүчү, Бөрүдөн бөлө келүүчү. Бөлөкчө дары берүүчү, Илбирстен ини келүүчү, Искеме дары берүүчү, Аюудан ага келүүчү, Ак дары казып берүүчү, Өлөт деп жүрсүң оюңар, Өкүнүчтү коюңар» (СО, КФ, 1794-инв., 437-б.) — дейт. Эпостун аркы бөлүгүндө Манас айткан жаныбарлар келип, ал айыгат. ММВда Манасты кайыптар (бугулар) Жылаңач-Бугу тоосуна алып барып дарылашып, айыктырып элге кошот. Энеси Букарга ала качып баратканда, жолдо азык түгөнүп ачка калган балтыр бешик Семетейди К. Акмарал эмчегин эмизет. Кайыптар жеке адамдардын гана эмес, баатырдын курал-жарагынын, тулпар атынын да колдоочусу же жаратуучусу. Баатырлардын аттары көбүнчө «кайыптан бүткөн жаныбар» — деп сүрөттөлөт. Тайбууруулдун «энеси чөлдүн кайыбы» болот. Багыш Сазан уулунун вариантында Аккула да кайыптан туулат. «Асмандан түшкөн алты куч, Кайыптан кылыч табылган, Калкта болбойт мындай иш» (СК, КФ, 502-инв., 73-б.),—деп сүрөттөлгөндөй Манастын бир катар куралы кайыбынан табылат. «Кайыптан акыл табылып» — деген сүрөттөөлөргө караганда кайыптар кысталыш-

та көзгө көрүнбөй келип, адамга акыл-кеңеш берүүчү болуп да саналат. Эпосто жердик адамдар, жан-жаныбар да кайыпка айланат. Элдик уламыш б-ча эпостун каармандары Бакай, Каныкей, Семетей, Күлчоро, Айчүрөк, о. эле Тайбуурул, Акшумкар, Кумайыктар өмүрүнүн акырында кайып болуп кетишет. Алар азыр да дүйнө кезип кыдырып, кайыбынан жолуккан адамдарга жардам көрсөтүшөт имиш.

*Р. Сарыпбеков*

**КАЙГЫЛ** — кырк чоронун бири, дайыма чоролордун катарында саналып өтүлөт. Манастын кайынына мал айдашып барганы ж-а жети кандан келген элчилерди Манастын алдына алпарып салам бердиргени эпосто эскерлет. Манас Каныкейге күйөөлөп баргандагы ат чаап жар тандоо расмисинде аты Карагер жыйырма жетинчи келип К. тагдырына буюрган *Үркөрбубүгө* үйлөнөт (СО, 2. 150, 394, 420, 425, 3. 50, 176, 25, 27, 44).

**КАЙКЫБОЗ** — Бокмурундун карындашы Карлыгачтын минген аты. ВЖЭде гана айтылат (ВЖЭ, «Ала-Тоо», 1979, № 7, 76-б.).

**КАЙНАР** — топоним. Манас баатыр *Терс-Суудагы* Текес канды өлтүрүп, анын иниси Тейишти кан көтөрүп той бергенден кийин «Баштаганы эр Манас, Баскан жолу болуптур Төтө, Кайнар, Былчакай, Төңкөрүлгөн көп аскер» (СО, 2. 68) калмак каны Орго мекендеген *Кер-Көлдү* көздөй баратып өткөн жер. Географиялык реалияда түштүк-чыгыш Казакстандагы (Алматы обл.) жер.

**КАЙНАРДЫН-КАРА-СУУСУ** — топоним. Эпосто Манас баатырдын сөөгү коюлган жердин аталышы. ЖМВда «Манас» эпосунун экинчи бөлүгү «Семетейдин» биринчи китебинде Каныкей Манастын сөөгүн негизги варианттардагыдай Баяндынын талаасына (СОВ), Эчкиликтин тоосуна (СКВ) эмес:

Таба албай душман тынсын деп,
Билиндирбей тир жанга
Бузулбай дени турсун деп,
Туйгузбастан бир жанга
Кайнардын-Кара-Суусуна
Көр каздырды ушуга.
Сууну тетир бурдурду,
Алдында сайды ойдурду,
Кара-Суунун Кайнарга

Манастын сөөгүн койдурду (ЖМВ, «Семетей», 1. 4—5),— деп К.-К.-С-нун нугуна (таманына) койдургандыгы айтылат.

**КАЙНАР-КАШАТ** — топоним. Көкөтөйдүн ашындагы эр эңишке балбандарын салган элди К.-К., Үч-Башатта конок күткөн (СО, 3. 256).

**КАЙНАТМА КАРА ДАРЫ** — эпосто чагылдырылган дарынын эмчилүү аты. К. К. Юдахиндин кыргызча-орусча сөздүгүндө К. к. д — апийим деп божомолдонот. «Манаста» көбүнчө башка дары-дармектердин катарында айтылат: «Кайнатма кара дарыдан Баягы кайран катын Каныкей Жарасына салды эми» (СК, 2. 226). Эпосто К. к. д. жарат м-н сыныкка колдонулган дары катары айтылган: «Кайнатма кара дары бар, Канатын азыр бүтүрчү Канча дары баары бар» (СО, 2. 298). К. к. д. аты айтып тургандай кайнатылып (же эритилип) туруп жаратка же сыныкка сүйкөлгөн. Мындай сапатына караганда К. к. д. мумияга жакындап кетет.

**КАЙРАК ТАШ**, Манастын кайрак ташы — узуну 1 *м* 15 *см*, туурасы 53 *см* келген таш. Илгертен бери Манастын кайрак ташы деп аталган. К. т. Сузак, Базар-Коргон р-нуна караштуу Чал-Жайлоо, Күрөбөс жайлоолоруна бара турган жолдо суунун боюнда орун алган.

**КАЙСАР** — эпизоддук кейипкер. Айжаң-жуңдун уулу. Кытай баатыры. Чоң Билгич м-н бирге Таласка жортуулга келип, согушта өлгөнү айтылат (СК. «Сейтек», 300).

**КАЙЫҢДЫ** — топоним. Алтайда Жакыптын малы жайлаган өзөн. Манасты байлап кетмек болуп келип ажал тапкан адамдардын өчүн алуу үчүн Жакыптын жылкысын тийген калмактардын жети жүздөй колун кыргыздар мына ушул К-нун боюнда талкалайт (СО, 1. 137).

**КАЙЫҢДЫ** — топоним. Алтайдан көчүп келе жаткан кыргыздар калмак кандыктарынан бошоткон Ала-Тоодогу жерлердин бири. «Кайыңды сууну басыптыр, Кара-Кырды ашыптыр» (СО, КФ, 576-инв., 715-б.) делип калмактын Дөдөмөл жайсаңы бу жерден келип кыргыз колунан жеңилет.

**КАЙЫҢДЫНЫН АЛТЫ-СУУ** — топоним. Манасты өлтүрмөккө келаткан Нескаранын кошуну өргүгөн жер. «Өткөнүн Жакып көрүптүр, Кайыңдынын Алты-Суу, Бу кошун шондой өрүптүр» (СО, 1. 181).

**КАЙЫП ДАҢ** — кейипкер. Калмак кандарынын бири (даң — калмактарда акимдик титул). Манастын аялы *Карабөрктүн* атасы К. д. Манас м-н урушуп колго түшүп, элдешип, кызын Манаска берет да андан наркы окуяларда кыргыздар тарабында болот (СО, 2. 10, 11, 13, 31, 94, 95, 346). СКВда Карабөрктүн атасы Кайып кан делет (СК, 2. 43).

**КАЙЫП КАН** — эпизоддук кейипкер. СКВда Карабөрктүн атасы (СК, 2. 42), к. *айып даң*.

**КАЙЫП-МАЗАР** — топоним. Манас жолдоштору м-н салбырынга барганда ашып өткөн кыр. Эпосто «Кайып-Мазар, Кара-Кыр, Кайыпчынын мазарын, Жаңыдан Манас ашты эле» (СК, 1. 233),— деп айтылат.

**КАЙЫПЧАЛ** — эпизоддук кейипкер. *Куялынын* атасы экендиги, Манас м-н достугу ж-а өзү баатыр адам болгондугу айтылат (КВ, «Сейтек», 227—230, 236—257).

**КАЙЫПЧЫ**, к. *Кайыпчынын Кара-Тоосу*.

**КАЙЫПЧЫНЫН КАРА-ТООСУ**, Кайыпчынын Кара-Үңкүр — топоним. Эпосто Кайып колдогон сыйкырдуу жай, ашына кыйындык түшкө каармандар жашынып жан багат. Көзкамандарданууланган Манасты Каныкей ала качып барып багат. Каныке Абыке, Көбөштөн Букарга качып баратканда корголойт, жоодон жараланган башка каармандар да ага барып жашынганы айтылат. Мис., эпосто Кыястан жараланган Семетейди:

Перизада Көкмончок,
Берен катын Чүрөктүн

Бейбактын жакын сиңдиси,
Кайыпчынын тоосуна
Ала качып кетиптир (СК, «Семетей», 2. 320) делет.

Хакас, Алтай элдеринин эпосторунда да каармандар аскадагы үңкүргө кирип жоодон кутулганы, калканч тапканы салттык мотив. Кыргыздын кенже баатырдык эпосу «Жаныш, Байышта» Байышты да асканын үңкүрүнө жашырып койгондугу айтылат.

*Р. Сарыпбеков, Б. Төрөкулова*

**КАЙЫРДИН**, кайрыдин (ар. гайру-д-дин; «гайр» — башка чоочун, жат же тангыч — «сыз» мүчөсү катары) — 1) исламга жат, башка дин. Мусулмандар бир гана динди туура, акыйкаттуу эсептегендиктен, мунун өзү «динсиз», «кудайсыз» деп да түшүндүрүлөт. «Манаста» чылгый динсиз «Чынмачын» деп айтылат («Манас», 1. М., 1984, 150-б.). Ал эми «Кашына келди калдайдын Кайрыдиндин баарысы» (СО, 3. 233) — деген саптарында К. каапыр маанисинде кытайларга карата колдонулган. 2) ыймансыз, адамкерчиликсиз, каапыр (кишти). Фольклордо кыргыздар К. сөзүн диний мааниде эле эмес адебинен ксаган адам маанисинде да көп пайдаланган.

**КАКАН**, Каканчын, Каканчы — кытай императору (түрк тилдеринде кахан — кандардын каны, ир. чин — кытай өлкөсү). Эпосто өтмө маанде кытай өлкөсү, кытай калкы катары да айтылат. СОВдо Алмамбет баатыр чалгынга жөнөр алдында Кытайдын көптүгүн Манаска айтканда: «Какан кала, Чынмачын, Казалдаган Чоң-Бээжин» (СО, 4. 216),— деп эскерилет. Кандардын Манаска барып жолугушканында:

Байкаймын кытай баш журтун,
Чынмачын менен Каканды
Жыйылып мынча келген соң
Чыгарыңар капамды (СО, 4. 58),— деп айтылат.

Негизги варианттардагы көптөгөн окуяларда катышып, кыргыздын эпикалык душманы катары берилет. «Какандын журту кара курт, Кайнаган кытай калың журт» (СО, 4. 323(7 О. эле байыркы түрк элдеринин фольклорунда К. ж-а Чын адатта Кытайды билдирет. К. К. Юдахиндин кыргызча-орусча сөздүгүндө да К. титул ж-а кытай мамлекетинин синоними катары түшүндүрүлөт.

**КАККУЛА** — Манастын аты. Түштүктөн *Матисак* Акбай уулу ж. б. манасчылардан жазылып алынган варианттардын көпчүлүгүндө Аккула ушундай аталып, эпостук баатырга тете тулпарлыгы да сүрөттөлөт. Ал гана эмес, «Жүгөн салганда кунан болду, Ээр-токум салганда бышты болду, Токуп болгондо асый болуп, ырас өзүнө келип, Каккула ат болду» (КФ, 387-инв., 176, 23-б.),— деп жомоктук-мифтик касиети да айтылат.

**КАККУЛАНЫН ИЗИ**, Аккуланын изи — казак элинде (Чыгыш Казакстан обл.) Манас ж-дө төмөнкүдөй уламыш бар. Токрау өзөнүнүн аймагында көчүп жүргөн кыргыздар (казактар — ред.) Эр-Көкчө деген адамдын Эр-Манас аттуу уулу болгон. Кобландынын минген аты Тайбуурул, Манастын минген аты Каккула ат *(Аккула ат)* деп аталат. Жергиликтүү эл Токрау өрөөнүндө Каккула аттын турган жеринде анын туяктарынын издери сакталган сыяктуу көрсөтүшөт. Каккула ат Бегазы тоосунун этегинде туруп алып, анын чокусундагы чөптү отточу экен дешет. Бегазы тоосу ыйык (касиеттүү) деп эсептелинет.

**КАКТЕЛКИ** — Абыкенин байгеге чапкан күлүгү. Алмамбеттин келишине арнап өткөрүлгөн тойдогу ат чабышта марага он төртүнчү болуп келет (СО, 2. 341). «Семетейде» Абыкенин окуяларына байланыштуу айтылат.

**КАКШААЛ** — топоним. Кыргыздар жашаган жерлердин бири. Кыргыздар Алтайдан Ала-Тоого көчкөндө Аксы, Шаа сууларын кечип өтүшөт да, маллга карап К-ды таянып сегиз айча туруп калышат (СО, 2. 161, 162). Анжыяндан качкан Алооке К. аркылуу өтөт (СК, 1. 201, 216). Географиялык реалияда Кыргыз республикасы м-н КЭРдин аймагында түштүк-чыгыштан түштүк-батышка карай созулуп жаткан кырка тоо системасы жалпысынан К. деп аталат.

**КАЛБЕК** Жумагул уулу (1889, Ноокат р-ну, Жар-Коргон айылы — өлгөн жылы белгисиз) — семетейчи. Улукатын уруусунан (мунгуш). К. «Семетейди» Борболдой Жетикул уулунан отуз жашында үйрөнгөн. К. Мифтаков К-тин «Семетейинин» көп жери 1925-ж. араб тамгасы м-н басылган Тыныбек жомокчунун «Семетейине» окшоштугун белгилеген. Чынында К-тин айтуусундагы үзүндү айрым окуяларынын чиелениши ж-а образдарынын чечилиши жагынан Тыныбек жомокчунун «Семетейине» үндөшүп турат. Анын айтуусундагы «Семетейдин Айчүрөккө үйлөнүшү» үзүндүсү лира-эпостук мүнөзгө ээ, бүлө куруу укугуна жетишүү идеясын даңазалайт.

«Семетейдин Айчүрөккө үйлөнүшү» эпизоду салт б-ча ата-энеси Семетейге *бел куда* болуп койгон айдай сулуу Айчүрөктү күч м-н олжолоп тартып алмакчы болгон Манастын кыйыр тууганы Чынкожо ж-а жедигерлердин баатыры Толтой биргелешип кол курап келип, кыздын атасы Акундун элин камайт. Семетей м-н Айчүрөктүн сүйүү мамилелери мына ошол Чынкожо м-н Толтойдун Акункандын элин курчап кирген мезгилинен тартып көрсөтүлөт. Акылы м-н келбети төп келишкен Айчүрөк эрдемсиген бирөөнүн олжолоп алган жары болгусу келбейт. Элине бүлүк салып, каптап келген Чынкожо, Толтойду акыл-айла м-н кырк күн мөөнөт сурап, тойго камынууга токтотот. Айчүрөк Семетейди издеп, ак куу кебин кийип учуп жөнөйт. Анын учар учуру жайчылык өнөрү м-н байланыштырылат: «Жаканын баары жамгырлап, Бөксөнүн башы мөндүрлөп, Шүүдүрүм, шамал жүргүзүп, Алты сай мөндүр куйдуруп, Күн жаап ачылат» (КФ, 176-инв., 80-б.). Ал кулак угуп, көз көрбөгөн жерлерден учуп, алптардын баарын сынап отуруп, Опол-Тоону айланып учуп өтүп, ак сакал болуп калган Коңурбайды көрөт. «Буга тийип мен алсам, Качып барып кара бет Карыга

тийди дээр бекен» (КФ, 176-инв., 82-б.), — деп аны сынап өтөт да, жер соорусу Таласка келет. Айчүрөк үчүн ата салтын сактоо шылтоо гана, негизгиси сүйгөн теңин издеп табуу. Бул максатты жүзөгө ашыруу үчүн Айчүрөк түрдүү кордоолорду көтөрүүгө аргасыз болот. Чыгармада Семетейдин аялы Чачыкей жүрүш-турушу, адамдык сапаты, аялзаттык мамилеси б-ча Айчүрөккө карама-каршы коюлган. Ага карата «эрке катын» деген эпитет колдонулат.

Эр Толтойдун айынан,
Чынкожонун дартынан
Журтума бузук салгандан
Качып чыктым мен өзүм,
Эр Семеңдей баатырың
Эсен-аман барбы дейт.
Толтойго бузук салабы,
Же анташкан жарын алдырып,
Же намысы жок балабы
Же кылган иши чалабы (КФ, 176-инв., 84-б.), — деп Айчүрөк эрке катын Чачыкейди жолунан тосуп жолугат, жалынат. Күнүлөшү катары кордолгон Айчүрөк Семетейге өзүн тааныштыруу максатын көздөп салттык үч шартын коёт. Ошондо Чачыкей сулуулук келбети, акылмандыгы жагынан өзүнөн жогору турган Айчүрөктү кандай гана болбосун Семетейге алдырбоонун аракетин жасайт, ар түрдүү айла-амал колдонот. Бирок, жайчы ж-а сыйкырчы катары сүрөттөлгөн Айчүрөк кубулуп кетүүгө да жөндөмдүү. «Айчүрөктү карачы, Коргошун болуп көйкөлүп, Сымап болуп суюлуп. Чачыкейдин колунан, Чыгып кетти кубулуп» (КФ, 176-инв., 85—86-б.), ал ак куу болуп кубулуп, куш салып сейилде жүргөн Семетейдин Акшумкарын алып кетет. Белгисиз жерден учуп келип «сыр» көрсөткөн кереметтүү кыздын кабарын уккандан тартып Семетейдин тынчы кетет. «Калк атасы Бакай кан, Эл атасы Бакай кан» (КФ, 176-инв., 97-б.) м-н кеңешет. Атасы Манастын Акункан м-н бел куда болгону, Бээжинде Коңурбайдын жылкысын тийип алганы, чоң Ормондун чоң үйүн айбалкалап бузганы ж-дө маалымат алат. Бакай атаң үч өлүп, үч тирилген дейт (КФ, 176-инв., 99-б.). Жашым токсондо, карыдым, арыдым, алыска баралбайм. Акункандын шаарына 80 күндө жетесиң деп жол эсебин айтат. Кыздын төгүн эмесин, шумкарынын жоголушунун себебин билген Семетей Айчүрөктү издеп ат арытып *Үргөнч* суусуна келет. Суунун ары жагында оромпой тээп ойноп жүргөн отуз келин, отуз кыздын жөн-жайын билип кел десе, «Ат үстүндө зор элем, Келин, кызга жок элем, Күлчоро барсын»,— деп айтат (КФ, 176-инв., 105-б.) Канчоро. Күлчоро Тайбуурулду минип, Үргөнч суусун кечип, чалгындап келет. Киргилденип ташкындаган Үргөнчтү Семетей өзү кечип жатып шаштысы кеткенде:

Кайда кудай дечү эле,
Кудай дебес Семетей.
Эми тооба деди го.
Суунун пири Илияс
Азыр акең жар болуп,
Ошол жерде бар болуп,
Семетейди жылоосунан алды дейт
(КФ, 176-инв., 114-б.).

Суунун пири Илиястын колдоосу м-н Үргөнчтөн өткөн Семетей Айчүрөккө келет. Бирин-бири көрөр замат жактырышат. Экөөнүн сүйүүсү — сырткы келбет-сымбаты м-н ички акыл-эс адамдык сапаты жагынан бир-бирине төп келишкен баатыр жигит, акылман кыздын сүйүүсү. Ал экөөнүн турмуш курушу да бөтөнчө. Салт б-ча күйөө күйөөлөп келгенде колукту болучу кыз күйөөнүн алдынан тосуп чыкпайт. Ал эми Айчүрөк болсо бири-биринин күчүн сынашкан теңдеш баатыр катары Семетейди күтүп алдынан тосуп чыгат. Эли Толтой м-н Чынкожодон чабылганы жаткан Акун кандын шаарына келип, Семетей душманга каршы аттанат. Эликкен душман жеңилет. Семетей м-н Айчүрөк баш кошуп, Акун чоң той өткөрүп, жерине узатат.

*С. Алиев*

**КАЛБҮБҮ** Сүйүнбай кызы (1923, Ат-Башы р-ну, Баш-Кайыңды айылы) — «Манас» айтуучу. Жаш кезинен «Манас» айтканга дилгир болгон. «Манас» айткан айрым кишилерди көрүп, алардын айткандарын уккан. Манастын жарык көргөн китептерин окуп үйрөнгөн. Андан эпостун «Манас» бөлүмүнөн «Манастын өлүмү», «Семетей» бөлүмүнөн «Каныкейдин Таластан Букарга качышы», «Семетейдин бала чагы», «Тайторуну чабуу», «Семетейдин кайра Таласка кеелиши» эпизоддору жазылып алынган.

**КАЛБҮБҮ** — эпизоддук кейипкер, Каныкейдин нөкөрү, Карабектин кызы. Манас Каныкейге күйөөлөп баргандагы ат чаап жар тандоодо аты он тогузунчу келген Алтай тагдырына буюрган К-гө үйлөнөт (СО, 2. 418, 424).

**КАЛДАЙ** (кыт. колдай) — согуштук кенже наам. Манжуриядагы Цин империясынын (18—19-к-дын башы) административдик башкаруучуларынын мансаптык наамын билдирет. «Манас» эпосунун бардык варианттарында К. негизинен кытай-калмактардын титулдук наамы ж-а адамдын энчилүү аты катары колдонулат. О. эле мансаптык бул наам энчилүү ысым маанисинде да айтылып, эпикалык душман катарында согуштук окуяларга катышкан каарман болуп сүрөттөлөт. Мис., «Карыпчысын байланып, Калдай минер ат экен» (ВЖЭ, «Ала-Тоо», 1979, № 7, 63-б.), «Кандырагын салынган, Калдайым келчи жаныма» (РЖВ, 196). СКВда:

Кара чоктуу калмактын
Калдайынын уулу элем
Кызыл чоктуу кытайдын,
Кыйынынын уулу элем — деген контекстте «кара чок Калдай» — кара түстөгү мансаптык белгисин тагынып жүргөн К. аттуу терс каарман маанисинде айтылып жатат.

*Э. Абдылдаев*

**КАЛДАЙ** — эпизоддук кейипкер. Тыргоот *Деркенбайдын* атасы экендиги гана айтылат (СО, 1. 257).

**КАЛДАР** — эпизоддук кейипкер, казак балбаны. Манас туулгандагы тойдо балбан күрөштө калмактын *Карасман* деген балбанын жыгып, байгеге ээ болот (СО, 1. 97).

**КАЛДАРБЕК** — эпизоддук кейипкер. Алмамбет м-н Көкчөнү араздаштырган казак бектеринин бири. Буудайбектин өргөөсүнө жыйналган казак бектери «Канжардын курчун алгын деп, Как жүрөккө малгын деп» Алмамбетти өлтүрүүнү К-ке тапшырат. Бирок, Алмамбеттин каарынан корккон чагымчылдардын эч кимиси даап анын жанына да бара албай коёт (СО, 2. 255).

**КАЛЕМКАШ** — эпизоддук кейипкер, Каныкейдин нөкөрү. Манас Каныкейге күйөөлөп баргандагы ат чаап жар тандоодо аты отуз бешинчи келген Түлөөке тагдырына буюрган К-ка үйлөнөт (СО, 2. 419, 427).

**КАЛКАМАН** — кырк чоронун бири. Чоролордун катарында дайыма калк башкарган билерман катары саналат. Манас Каныкейге күйөөлөп барганда ат чаап жар тандоодо аты онунчу келген К. тагдырына буюрган *Ташбубүгө* үйлөнөт (СО, 2. 150, 341, 419; 3.49, 176; 4. 175). СКВда К. белгилүү күлүк «капталында кайкалай бүткөн канаты» бар Кара аттын ээси катары гана айтылат (СК, 2. 60, 63).

**КАЛКАН** — сайышып, кылыч м-н чабышканда коргонууга ылайыкталып металлдан, кээде калың териден жасалган жоокер куралы. К. байыркы убакта эле пайда болуп, сүйрү, тегерек, төрт бурчтуу түрдө болгон. «Манас» үчилтигинин согуш окуяларында баатырлардын коргонуу жабдыктарынын бири катарында айтылат. Мис., Манастын Чүйдөгү Акунбешим м-н болгон согушунда Тугалык баатырдын урушка кирер алдындагы жоожарыгы шайма-шай көрүнөт:



Туулга бар башында,
Тулуму бар чачында,
Карыпчы бар колунда,
Калканы бар жонунда (СО, 1. 134),—

деп сүрөттөлөт.

**КАЛКАН** — топоним. Эпостун сүрөттөөсү б-ча, мис., Манас төрөлгөндөгү жентек тойдо байгеге чабылган күлүктөр К-дан коё берилет (СО, 1. 81). Чоң казатка аттанган Манастын колу Бээжинге бараткан учурда К-ды басып өтүшөт (СО, 4. 63). Географиялык реалияда Иле өзүнүнүн оң жээгиндеги (Талды-Корган обл., аймагы) чакан, жапыс тоо.

**КАЛМАК** (моңг. хальмг, халимаг — аралашма, курама) — моңгол тилинде сүйлөгөн эл. Эпостун бардык вариантында салттуу түрдө айтылган кыргыздардын душманы болуп баяндалат. К. деген этникалык термин 13-к-дын орто ченинде Алтай, Каңгай тоолорунун аймактарына оол келишкен уруулардын тобуна карата пайда болгон. Ушул мезгилден тартып алар кыргыз урууларынын айрым топтору м-н чектеш жашап, карым-катышта болгондуктан өз ара мамилелери да (тынчтык, согуштук) өнүгө баштаган. 16-к-дын башында жазылган «Мажму ат-таварих» кол жазмасындагы «Манас» эпосуна тиешелүү окуяда Манас баатыр Жолой башчылык кылган калмак баскынчыларына каршы согушкан эпизод баяндалат. 10—12-к-да Кара кытай мамлекетинин курамына кирген солон, шибе уруулары да К. деп аталганына караганда «Манас» эпосуна 14—15-к-да эле салттык душман катары катмарланган деп эсептөөгө болот. Себеби, эпостун текстиндеги айрым маалыматтар 14-к-дын аягында түзүлгөн ойрот (калмак) мамл. бирикмеси ж-дө так даректерди чагылдыргандыгы айкын аныктайт. Мис., Алмамбет ж-дө «Төрт арыштуу ойроттун Төрөсүнүн баласы» (РЖВ, 23) экендиги айтылган. К-тардын (ойрот) 14-к-дын аягында түзүлгөн бул мамл. бирикменин тарыхта ж-а жазылып калган элдик санжыраларда «Дөрбөн ойрот» («Төрт ойрот») деген ат м-н белгилүү. Арийне, «Төрт арыштуу ойрот» деген салттуу туюнтма «Төрт уруудан турган мамлекеттик бирикме» же «төрт уруудан куралган ойрот эли» деген түшүнүктү берип жаткандыгы айкын байкалат. 14-к-дын аягында куралган ойрот — калмактардын төмөнкү төрт чоң уруусу (чорос, хошоут, тыргоот, хойт) экендиги ж-дө ж-а ушул мезгилден баштап Моголстанга (О. Азиянын чыгыш бөлүгү) чабуул жасай баштаганын В. В. Бартольд тарыхый даректердин негизинде белгилеген (Бартольд, Соч. т. 2, ч. 1,86). «Манас» эпосунун варианттарынын жалпысында айтылган негизги салттык окуялардын барында кыргыздардын калмактар м-н болгон карама-каршылыктары чагылдырылган. О. эле калмактардын ата журту ж-дөгү түшүнүктөр да өтө реалдуу мүнөздө чагылып сакталып келген. Мис., ВЖЭде: «Алтай толгон көп калмак, Аралаша кономун, Каңгай толгон көп калмак, Биргелешип кономун» (ВЖЭ, «Ала-Тоо», 1979, № 7, 74-б.) деген саптар айтылат. Башка негизги варианттарда Жакып Алтай жерине (калмактардын ата журту) сүрүлүп, Манас ошол аймакта туулгандыгы — окуянын салттык мотивдеринин бирине жатат:

Адамдын жетпес далбаасы,
Алтайдын салкын суунда,
Анда туулган неме дейт,
Кыргыздын кыраан Манасы,
Эртыштын суун жердеген,
Эрегишкен адамдар
Эгерде аны жеңбеген (СО, КФ, 575-инв., 360-б.).

«Чоң чабуул» эпизодундагы баяндалган согуштук окуялар адегенде калмактар м-н болгондугу (Жунгарияда) андагы реалдуу геогра-

фиялык аттардын эң туура аталып, тексттерде ошол реалдуу топонимдер салттуу сакталып келгендигинен да айкын туюуга болот.

«Дөрбөн ойрот» мамл. бирикмесинин башчысына Эсентайчы (15-к-дын ортосу) келгенден кийин О. Азия ж-а Казакстандын элдерине (кыргыз, казак, өзбек, кара калпак) үзгүлтүксүз чабуулдарды жүргүзүп өтө оор бүлгүнгө учуратып турган. Мына ушул доордо (15—16-к.) К. деген реалдуу элдин аты О. Азия элдеринин оозеки чыгармаларында (асыресе, эпикалык чыгармалар) да салттык душмандын функциясын аткара баштады. 17-к-дын жарымында Батыр-Коңтажы бийликке келгенден баштап (1634—1653) калмактар О. Азия элдерине өтө күчтүү согуштук чабуулдарды жүргүзүп кыргыз м-н казактарды өз ата журтунан сүрүп чыгарып, оор кезеңдерге дуушар кылган. Бул тарыхый кырдаал эпостун окуяларынын өнүгүшүнө ж-а жаңы эпикалык эпизоддордун жаралып, циклизацияланышына өбөлгө түздү. Кыргыздар м-н коңшу элдердин К-тарга каршы өз эркиндигин коргогон бир нече кылымдык (14—19-к.) күрөшү «Манас» эпосунун салттык окуяларына тарыхый фон берип тарыхый-баатырдык эпос катары калыптанышына шарт түзгөн. Калмактар эпосто салттык душман болуп баяндалып келгендигине алардын үрп-адаты, турмуш-тиричилиги ж-а диний түшүнүгү ж-дө туюндурган терминдердин эпикалык тексттерде көп сакталып калгандыгынан айкын байкоого болот. Мис., кечил, күрөө, аркыт, далай лама, тайчы, жайсаң, сумун, сетер, кочку, чагаан (ай), ок, мөңдү, жабу ж.б.

К. деген реалдуу эпикалык термин «Манас» эпосунда гана эмес, кыргыз элинин кенже эпосторунда, о. эле башка фольклордук жанрларда (уламыш-аңыз, жөө жомок, тарыхый ырлар ж. б.) да салттык душман катары кеңири колдонулат.

*Э. Абдылдаев*

**КАЛМАТ** — эпизоддук кейипкер, кашкарлык акын. Манаска ат койгон дубана албай кеткен эки кымкап чапандын бири К. акынга берилет. (СО, 1. 106).

**КАЛТАҢ** — эпизоддук кейипкер. Калмак баатыры, бирде доотай, бирде жаң-жуң делет. Кол курап жаткан Орго кан кабарчы жөнөтүп чакыртып, К. отуз миң аскери м-н Оргого келип кошулат. Согуш башталарда К. колундагы *Атан* аттуу балбанын жекеге жөнөткөнү айтылат (СО, 2. 73, 80).

Бул ысым моңголдорго тибет тилинен кирип, «кубанычтуу, сүйүнүчтүү» деген маанини билдирет. Эпоско киришине жунгар доорундагы кыргыздар м-н калмактардын ортосундагы окуялар себепчи болгон сыяктанат. Тарыхта ошол мезгилдерде Жунгар мамлекетин башкарган ж-а баскынчылык согуштары м-н белгилүү болгон Галдан Бошокту ж-а Галдан Церен деген эки кан маалым. Эпосто Жунгар мамлекети м-н кыргыздардын ортосундагы окуялар чагылдырылгандыгын эске алсак, ушул эки кандын ысымы ошол учурларда эпоско кирипкалышы ыктымал. Эпосто бул антропоним Калдан (казак бийи), Калдаң (кыпчак балбаны) болуп өзгөргөн түрдө башка кейипкерлердин ысымы катары да жолугат.

*А. Воронов*

**КАЛЧА** — эпизоддук кейипкер. Көкөтөйдүн кырк ашындагы ат чабышта К-нын аты алтынчы келгени айтылат (СО, 1. 64).

**КАЛЧА** —1) тажиктин «галча» — тоолук деген сөзүнөн пайда болуп, «Тоодо жашаган эл» (тоолуктар) деген мааниде айтылат. «Манас» эпосунда «тоолук тажиктер» деген түшүнүктө колдонулат:

> Маймундуктун Шоорук кан
> Калча деген калкы бар,
> Калча жайын сурасаң
> Кыргызга жакын каркыбар (СО, КФ, 580-инв., 197-б.) же «Калча — тажик Шоорук-кан, Алты миң аскер барганы» (СО, КФ, 582-инв., 93-б.). 2) өтмө мааниде «түрү суук» деген түшүнүктө баатырлардын (Манас, Коңурбай, Семетей) портреттерин сыпаттоодо да колдонулат: «Кочкор тумшук кош кирпик, көркү калча, көзү тик» деген саптар бар.

**КАЛЫК** — эпизоддук кейипкер, Сары кандын *(Сарытаз)* уулу. Семетейдин айрым жортуулдарына катышат.

**КАМАН АЛП** — мифтик каарман. Эпосто дайыма Китен алп, Кутан алп, Манжуу алп сыяктуулар менен бирге жолугат. «Кайчы кулак Каман алп» (СО, 3. 99, 107; СК, 1. 80) да «куман» («коман») этноними м-н байланыштуу деп айтууга негиз бар.

К. а. СОВдо жезтумшук чыңыроо калкынын алпы делет. Көкөтөйдүн ашына чакыртылып, ашка башка алптар м-н бирге келгени айтылат: «Дөөкүрсүгөн Чоюн алп, Жору куйрук Жоон алп, Кайчы кулак Каман алп, Киндиги темир Китен алп Жезтумшуктун уругу, Жергеси бөлөк бу бир калк» (СО, 3. 99, 107). СКВда дөөлөр м-н согушуп Жолой «Кулагы темир Кутан алп, Маңдайы темир Манжуу алп, Киндиги темир Китен алп, Карагер минген Казан алп, Кайчы кулак Каман алп» бешөөнү байлап алып, эл кылат (СК, 1. 80). Ошол эле учурда К. а. шибээ журтунун алпы делет. Манасты байлап келүүгө Эсенкан Жолой м-н Доңгөнү баш кылып Чоң Дөөдүрдү, Жоон алп м-н К. а-ты кошуп жибергендеги согушта Манастын колунан өлөт (СК, 1. 102—103).

**КАМАНБАЙ** — эпизоддук кейипкер, оогандын белгилүү баатырларынын бири. КВда Түмөнбай, Ажыбай м-н кошо Кашканын уулу К-дын Айчүрөктү алабыз деп Ооганды камап турган Чынкожо, Толтойдун алдына элчиликке барганы айтылат (КВ, «Семетей», 195—199).

**КАМАНБЕК** — эпизоддук кейипкер, калмак Жүзгөндүн уулу. Балбан күрөшкө түшөрүндө белин тебелетип жаткан Кошойду көрүп: «Чалын тебелеп өзүлөрү өлтүргөнү жатыр, биздин Жолой баатыр муну коймок беле» (СО, 3. 217),— деп мактанычкылат.

**КАМАНКӨЗ**, к. *Көзкаман.*

**КАМАР-АД-ДИН** — «Мажму ат-таварихтеги» маалымат б-ча Жолойдун уулу. Ал атасынын ишин улап Манастын союздаштарына каршы

согушту улантат. Чындыгында К. а.-Д. Чыгыш Түркстанды мекендеген дуглат эмирлеринин бири болгон. Ал 1363-ж. Моголстан каны Илияс-Кожону өлтүрүп, бийликке келген. Өмүрүнүн аягына чейин эмир Тимурдун жортуулдарына каршы согуш жүргүзгөн.

**КАМБАР** — кырк чоронун бири. СКВ б-ча Манас Таласка көчүп келгенден кийин издеп келип Манаска кошулуп чоро болгон. Кийин Чубактын аялын Камбар алгандыктан айрым учурларда Канчоро К-дын уулу делет (СК, 1. 195; «Семетей», 1. 164).

**КАМБАР**, Камбарбек — эпизоддук кейипкер. *Чаликтин* атасы экендиги гана айтылып өтөт (СО, 2. 141, 149, 180, 393, 419; 3. 49, 175; 4. 43).

**КАМБАР**, Камбаркан — эпизоддук кейипкер, *Көкчөнүн* чоң атасы. Көп учурларда Айдаркандын атасы экени, кан болгондугу гана айтылат: «Камбардын туун аштады, Жүз элүү миң кол алып, Айдаркан жолду баштады» (СО, 2. 95). Манасты кан көтөргөндөгү эпизоддо гана атын союп бербей койгон небереси Көкчөнү жемелеп, бир тайды аяп кандыкты Манаска алдырып жибердиң,— дейт (СО, 1. 98, 163, 210, 218, 256, 287; 2. 14, 16, 39, 95).

**КАМБАР АТА** — жылкынын пири, колдоочусу. Жалпы эле түрк элдеринде, ошону м-н катар кыргыздарда да төрт түлүк малдын ар биринин колдоочусу, ээси болот деген ишеним болгон. Эпосто К. а. СКВда төмөнкүчө айтылат:

Камбар ата — кара айгыр,
Камбар алып бай Жакып,
Мойнуна кисе салынып,
Жаратканга жалынып,
Камбар ата айгырды
Ай туякка чалды эми (СК, 1. 51).

Мусулман уламыштарында Азирет Аалынын дулдулун баккан адам К. а. болгон. Кийин анын аты жылкынын пири катары колдонула баштаган. Ырас, кыргыздар ислам динине чейин эле жылкынын ээсине (колдоочусуна) ишенип келишкен, алардын ошол байыркы ишенимине К. а-нын ысмы жаңы катмар болуп бириккен.

**КАМБАРКАН** — эпизоддук кейипкер, Көкчөнүн чоң атасы, к. *Камбар.*

**КАМБЫЛ** — топоним. Эпосто өзүнчө кандыкка ээ шаар, кээде өлкө, жер катары да айтылат. Алтайдагы Жакыптын жылкысына тийген калмактарды Манас К-дан талкалап, башчысы Домабилди өлтүрөт. Согушта тирүү калган калмактар К-га кире качып кутулат (СО, 1. 148), Манасты байлап алып кетүү үчүн келип ажал тапкан он бир дуу-дуунун бири К-дан болот (СО, 1. 219). Манас казат жарыялап Чоң казатка аттанар алдында сарамжалдуу Каныкей кырк чорого арнап жасап кийгизген чопкуттардын (ок өтпөй турган жоо кийим) «кымбат баа кырмызы» материалы К-дан атайын алынган (СО, 4.92).

**КАМПАС** — топоним. Нескара м-н Манастын урушунда кытай балбаны Даң-даң башкарган калаа катарында эскерилет (СО, 1. 219).

**«КАМУС НААМА»**, «Манас» сөздүгү — *Х. Карасаевдин* «Манас» эпосу б-ча түзгөн сөздүгү (Фр., 1990). Китеп эки бөлүктөн түзүлүп, 1-бөлүгүндө эпоско башка тилдерден кирген сөздөрдүн тизмеси алфавит тартиби б-ча берилген. Анын катарына сыйпырлар (катар номери) коюлган. Ошол сыйпырлар аркылуу окурмандар негизги бөлүктөн кеңири мисалдарды, анын маанилерин табат. «К. н.» ичиндеги араб сөздөрүнүн түшүндүрүлүшү «Манаста» колдонулган мааниси б-ча берилген. Кээ бир учурда түпкү мааниси да айтылган. Сөздүктө берилген фарсы сөздөрү да жогорку тартипте берилген. Ал эми араб-иран сөздөрүнүн биригип кеткендери экиге ажыратылып, мааниси түшүндүрүлөт. Кээ бир учурда кыргыз сөзү м-н бириккендери да бар. Аларга жогоркудай эле түшүндүрмө берилген.

**КАМЧЫ** — унааны башкаруу, малды айдоо үчүн колдонулуучу курал. Көчмөн ж-а жоокердик турмуштун күнүмдүк зарылчылыгынан келип чыккан. Ал бүлдүргө жыгач сап ж-а кадалып бекемделинген кат-катталып шырылып кооздолгон «алакандан» ж-а уландысы болуп кеткен тасма өрүмдөн турат. К-нын бүлдүргүсү бугунун же кара малдын терисинен тилинип алынган ичке кайыштан жасалып, эки учу бирдей кабатталып К. саптын көзөнөгүнөн өткөрүлүп чийе байланып түйүштүрүлөт. Ал иймек болуп жасалгандыктан К-ны колго кармап жүрүүгө же илип коюуга ылайыкташтырылган. К. сап атайын тандалып алынган өзгөчө катуу жыгачты (ыргай, табылгы) керектүү узундукта кесип алып көлөкөдө кургатылат. К. сап сөөктөн да (эликтин же улактын шыйрагы териси ж-а туягы м-н кошо катырылып) ж-а мүйүздөн да (эликтин, кийиктин) жасалат. К. саптын өзгөчөлүгүнө жараша эл ичинде эпосто: «Кара аламан элинде, Бир камчы саптык жок беле?» — деген ылакап айтылат. Б. а. эл керегине жараган баатырың же эл тагдырын чечкен акылманың жок беле деген каймана маани берилет. О. эле «күмүш сап камчы», «алтын сап камчы», делинген эпикалык ж-а элдик даректердин да турмуштук негизи бар. Байыртадан эле атакдаңктуу баатырлар, эл башкаруучулары өтө кымбат кийим ж-а ат жабдыктарга кошуп өзгөчө сөөлөт ж-а көркөм коолдук үчүн бетине оймо-чийме салынган, асыл таш чөгөрүлүп, күмүш же алтын алкак кадалган саптарды колдонушкандыгы белгилүү. Алардын колунан түшпөгөн «өмүр шериги» катары бааланган «камчысын үйрүп топ жарып» же «камчысын сүйрөп жөө калып», «камчысын таянып муңкүрөдү» деген саптар далилдейт. Дайыма эл көзүндө, дайыма керектөөдө болгондуктан К-нын өрүмүнө өзгөчө көңүл бурулган. Ал эчкинин, кийиктин, бугунун териллеринен атайын даярдалынган тасмадан ичке тилинип алынып, өрүмчү каалаган санда (5, 7, 9, 12) өрүм жүргүзөт. Мындай К-лардын бүлдүргөсүнөн тартып, өрүмүнө чейин кайыштардын атайын тандалмасынан жасалат. К-нын өрүмү эчкинин ж-а кийиктин терисинен жасалган тасмадан ичке тегиз тилинип алынып, өзөктүн сыртынан жумуру же кырдуу өрүм болуп өрүлөт. Кээде кош өрүм, жалгыз өрүм болуп да бөлү-

нөт. Өрүм: ит тиш өрүм, жылан боор өрүм болуп өзгөчөлөнөт. Өрүм м-н өзөктүн башталышында атайын калтырылган кайыштын жазы бөлүгү сапка кадоо м-н бириктирилип «алакандык» милдетти аткарат. Алакандын андан аркы калдыгы саптын ченине чейин «гүл мык» м-н кадалып, тасма м-н сапка кош-кош болуп көркөм чырмалып бекемделинет. К-нын кулагы же көкүлү өрүмдүн үстүнөн, алакандан чыгарылат. Эпостогу «Камчы тиштеп теминип, Жулкулдашып калыптыр»,— деген саптарда жоокерлердин душман м-н урушуусунда ж-а бири-бири м-н эңишүүдө, көк бөрү тартышууда эркин кыймылдаш үчүн «камчыны «алакандан» тиштеп алышып аракеттенишкен. Баатырлар бири-бирине сөз берип убадалашканда «камчы тиштеп» убадаларын бекемдешкен. О. эле эл ичинде ж-а эпосто «камчы сал» деген сөздүн эки адамдын чабышуусунда колдонулгандыгы байкалат. Б. а. биринчиси экинчисине багынып баш ийгенде мойнуна камчысын салып, башын ийип, тизе бүккөн, о. эле К. күлүк, жорго аттарга ж-а айттырбай билген акылман адамдарга карата да айтылып «камчы салдырбаган күлүк эле» делинип даңазаланган. Далай кылымдарды кучагына камтыган теңсиздик заман учурунда айрым бийлиги катуу «өкүмдарларга» карата «баланчанын камчысы катуу» деген наалат айтып муңкүрөшкөн. Ошол бийликтин белгиси катары, тигил «билермандар» өз атынан бирөөдөн камчысын бердирип, доосун доолап, салыгын салдырып, салам дубайын айттырып, өз пайдасындагы иштерин жүргүзүшкөн. Эпикалык деректерге караганда К. кандайдыр бир «ченем» бирдиги катары да пайдаланылат. Мис., эпосто Манас өлүп, анын дүнүйөсү талоонго түшкөндө «камчыга ченеп бөлүштү» — деген сөз айтылат. К. эпосто төмөнкүчө сүрөттөлөт:

> Чокусунда чогу бар,
> Өзгүнүн ичинде
> Көк коргошун огу бар.
> Толгомолуу камчыны
> Сол имерип алганы
> Качырып келип каапырды
> Жоңгулдата салганы (СО, 3. 226).

Бул сүрөттөөдөн К-нын кадыресе К-дан өзгөчөлөнүп жасалгандыгы, о. эле кандай шартта пайдаланылгандыгы байкалып турат. Эпостун сюжетине караганда Манастын кимдир бирөөгө ачуусу келгенде, адилетсиз, жагымсыз иши үчүн колдонгондугун көрөбүз. Алсак сөз талашкан Үрбүнү «толгомо түшкүн чоң камчы» м-н оройго тартып калат же Кошой м-н Жолойдун балбан күрөшүндө Кошой Жолойду жерге көтөрө чаап башынан аттап кетип бараткана артынан кандагайдын бөгелегинен кармап алып Жолой Кошойду кайра чабарында Манас жетип келип Жолойду К. м-н жоңгулдата берип калат. Эпосто, о. эле Манас Коңурбайды да К. м-н чапканы кездешет. Бул эпизоддор К-нын курал катары да эпосто өз орду, аткарган милдети бар экендигин көрсөтүп турат. К-га келтирилген жогорудагы сүрөттөө бул эпизоддордун баарында тең колдонулган. Моңгол-түрк тилиндеги элдердин эпосторунда да К-га өзгөчө орун берилген. Анын жасалгаланышы апыртуулар м-н көркөм сүрөттөлүп, этнографиялык маанилери да кызыктуу ачылат. Демек, К. жалпы эле көчмөн элдер эпосторуна мүнөздүү.

*К. Айдаркулов*

**КАМЫС-КАМАР КАЛААСЫ**, к. *Кампас.*

**КАН** (кыт. хуан — император, башкаруучу; маньч. «хаан», моңг. «хаан», алт. «каан» — башкаруучу, жол башчы) — элдин сүйлөө тилинде да, башка фольклордук чыгармалар м-н бирге «Манас» эпосунда да кеңири колдонулган титул. К. кытай тилинен алтай тобундагы элдердин (түрк-моңгол, тунгус, манжур) тилдерине эң байыркы мезгилде кытайдын «хуан» (башчы, башкаруучу) деген сөзүнөн өздөштүрүлгөндүктөн ал элдердин мифологиялык персонаждары да К. деген титул м-н аталат. Мис., Теңиркан, Күнкан, Бууракан ж. б. Кытайдын «хуан» (мамлекетти башкарган адамдын титулу) деген титулдук терминин уруулук-жамааттык түзүлүштө жашаган уруулар өздөштүргөндө социалдык абалынын деңгээлине ж-а коомдук мамилелерине болгон түшүнүгүнө карата семантикалык мааниси өзгөрүлүп кабыл алынган. Себеби, али таптык коом калыптана элек болгондуктан уруулук коллективдин ички мамилелерине ылайык уруу башчысы (уруу аксакалл) ушул титул м-н аталган деп айтууга болот. Ал эми уруулук-жамааттык түзүлүштөн алгачкы феодалдык мамилелерге өтүүдөгү өткөөл мезгилге (согуштук демократия) да К. деген термин уруулар союздагы күчтүү уруунун башчысына, о. эле жеке уруулардын башчыларына да титулдук мааниде колдонулат. Патриархалдык-феодалдык мамилелер пайда болуп, территориалык жактан ар башка уруулардын биригип, уруулар союзунун негизинде өзүнчө эл болуп түзүлгөн кырдаалда «кан» деген титул жалпы элдин башчысын түшүндүрөт. Ал эми феодалдык типтеги мамл. биригүүлөр пайда болгон процессте К-дын семантикалык мааниси дагы кеңейип, мамлекеттин башкаруучуларына берилген. Демек, тапсыз коомдо эле пайда болгон бул титулдук термин узак эволюциянын негизинде мааниси өзгөрүп таптык коомдо үстөмдүк кылган таптын бийлөөчүсүнө да мансаптык даража катарында колдонулган.

«Манас» эпосунда К. «уруу башчысы», «элдин башчысы», о. эле «мамлекеттик биригүүнүн башчысы» сыяктуу ар башка мааниде айтылат. Албетте, эпикалык тексттердеги К. деген терминди контексттеги маанилерине карата элдик (оң ж-а терс) түшүнүктө ж-а аны көркөм-эстетикалык сапатына жараша түшүнүү. «Манас» эпосундагы кыргыз элинин душмандарынын башчылары да «кан», «падыша», «төрө» деген титулдар м-н аталат, о. эле элди-жерди басып алууга аракеттенген баскынчыларга каршы күрөшкөн патриот элдик башчыларга да ушул эле титул катарында колдонулат: «Каспаңдагы кан Коңур Каары

катуу оңбогур» (СО, КФ, 580-инв., 292-б.). «Кан Манастын башына Жыгалуу бөркту кийгизди» (СО, 2. 27). Ушул сыяктуу эле башка негизги каармандарга да бул титулдук терминдер колдонула берет. Эпосто кыргыз урууларынын ар биринин башчылары да, уруулардын бириккен топторунун (арыш) башчылары да, жалпы кыргыз урууларынын башчысы, коңшу жашаган уруулардын башчылары да, душман элдеринин башчылары да К. деген титулдук наам м-н атала берет. Мис., Катагандын кан Кошой, Казактардын кан Көкчө же Букардын каны, Оогандын каны, эпикалык душмандар ж-дө Бээжиндин каны Коңурбай ж. б. Эпостогу К. терминининин эволюциясы ж-дө СОВдо талдоого ала турган бир факт бар. Бээжинге жортуулга аттанар алдында шарт б-ча бир кишини (башчы) көтөрүү керек болот. Ошондо Манас өзүнүн сунушун айтат: «Аксакал Бакай абамды, Калк агасы бабаңды Кан көтөрсөк канетет» (СО, КФ, 584-инв., 121-б.). Мындай салт моңгол элдеринде да болгондугу белгилүү. Демек, бул (кан көтөрүү) аталык уруулук ж-а уруулар союзунун (арыш) шарттарындагы салттуу эреже экендигин айгинелейт.

*А. Абилов*

**КАНАР-ТОО** — топоним. Манасты чаап алмак болуп көп кол м-н атганган он бир Дуу-ду сары ногойлордун Эштегине К.-Т-до жолугуп токсон төрт күн уруш кылып жеңилет (СО, 2. 10).

**КАНАТТУУ АТ** — кыргыз элинин мифологиялык түшүнүктөрүнүн эң байыркы катмарларынан келе жаткан, жан-жаныбарлар тууралуу мифтердин эң өнүккөн тибине жаткан көөнө аң-сезим жараткан мифологиялык о раз. Мындай байыркы түшүнүктөр м-н рухий дөөлөттөрдүн учурдагы адабий-маданий өнүгүштөгү ролу ж-дө Ч. Т. Айтматов даана белгилеген: «Ажайып искусство образдарында, башкача айтканда байыркы мифтерде, аңыз аңгемелерде (легендаларда), классикада сакталып калган рухий таржымалы менен тарыхын унутуп калган адам акыл-эс жагынан эч качан жарыбайт, андай адам азыркы ашкан татаал турмушту аңдаганга алсыздык кылат» (Ч. Айтматов. «В соавторстве с землею и водою...» Фр., 1978, 381-б.). Көөнө коллективдүү элес-түшүнүктөрдүн, элдик этика м-н эстетикадагы нускалуу салттардын рухий-аксиологиялык бай арсеналында мал киндиктүү жергени мекендеген ат жандуу эл — кыргыздар үчүн так ошо жашоо-тиричилиги м-н аң-сезимдеги мифологиялык көөнөнүн көптөгөн түрлөрүнүн ичинен (космогониялык, лунардык, солярдык, астралдык, антропоморфтук, кудай, пайгамбар, пир, периште, жин-шайтан, гиги дүйнө, тозок, бейиш, этиологиялык мифтер, тотем, жан-жаныбарлар ж-дөгү мифтер ж. б.) ит төрөсү Кумайык, куш төрөсү Буудайык, төөнүн пири Ойсул-Ата, койдун пири Чолпон-Ата, уйдун пири Заңги баба, жылкынын пири Камбар ата ж. б. болуп, ар бири өз-өзүнчө жиктелет. Ат кудайы мифологиялык түшүнүк катары байыртан бери белгилүү, маселен кытайдын элдик мифологиясында Ма-ван-ат төрөсү аталып жылкы тукумунун кудайы катары эң байыртан келаткан культ. Болгондо да ал моңголдор м-н чектеш Түн. Кытайда кенен таралган (Мифы народов мира, М., 1982, 2, 86—87-с.).

Байыркы көчмөн уруулардын чарбалык ж-а жоокерчилик турмушунда аттын ролу өтө зор болгон. Ошо себептүү атка айрыкча ызат м-н карашкан. Анын адамга кылган ак кызматын баалашкан, күлүктөргө тең беришкен. Ушундай асыл касиеттери ж-а канаттуудай учкулдугу үчүн аны асманга танапташ кылышкан. Байыркы түрк-моңгол урууларынын мифологиялык түшүнүгүндө асман — карапайым көр пенделер жашаган кара жерден айырмалуу духтар м-н теңирлер мекендеген ажайып бир чөйрө. Демек, ат асманга танапташтырылуу м-н теңирге теңештирилген. Теңирди болсо түрктөр күн түспөлдүү элестетишип, көкө теңирдин жүзү деп күнгө сыйынышкан. Бул жагынан алганда дүйнөдөгү эң байыркы диндердин бири Зороастризм культуна оропара келген, күнгө, отко (очок) табынып, ыйык тутуу жагынан окшош мотивдер чыгат. Ошентип, ат алардын аң-сезиминде күндүн ыйык символуна айланган. «Күлүк атуу күндүн» символдору болушкан тулпарлардын образдары алардын иск-восунда эң кеңири колдонулган. Ыйык асман атынын жарташтарга тартылган сүрөттөрү Борб. Азияда б. з. ч. миңинчи жылдарда эле пайда боло баштап, б. з. ч. 8—5-к-дарда алар Саян-Алтай тоолуу жерлери м-н Моңголиянын мейкин талааларынан тартып Скиф-Сак дүйнөсүнүн күн батыштагы чегине чейинки көз жетпеген аймакта кеңири таралган. Жоокерчилик доорлордо жашаган байыркы көчмөн элдер атты акылдуу жаныбар, ишенимдүү жардамчы катары барктап, кадырлаган. Жоокерлердин күрөшү м-н жеңишинин ажырагыс атрибуту болгон жакшы аттар, а. и. кереметтүү касиетке ээ канаттуу тулпарлардын образы эл чыгармаларынан туруктуу орун алган өзүнчө бир идеалдар. Эл аралык салттык орток мотивге негизделген мифтик тулпарлардын эпикалык образы жаратылыштан тышкары (сверх «естественный») «канаттуулугу» м-н мис., грек мифтеринде Пегас ж-а Көруулунун Гыраты, Алпамыштын Байчубары өзгөчөлөнөт. Канаттуу тулпарлар баатырдык жомок тибиндеги эпостун алгачкы үлгүлөрүндө ээсинен жогору коюлуп, каарман аткара албаган кыйын милдеттерди аткарат. Айткан акыл-кеңешин аткарбай душман тарабынан өлтүрүлгөн ээсин ар кандай кереметтүү жол м-н тирилтет. «Барса келбестеги» кайнак көл, от көлдөрдөн өтүп, укмуштуудай тоскоолдуктарды жеңип, аял алып берет ж. б. сапаттык артыкчылыгын көрсөтөт. Мунун өзү канаттуу тулпарлардын образынын байыртадан бери элдик эпостордон кеңири орун алып келгенин белгилейт.

Түрк-моңгол элдеринин эпостору сыяктуу эле «Манас» үчилтигинде сыпатталган аттын мифтик элементтерди сактап калышынын бир белгиси катары баатыр минген тулпардын капталында канаты болот. Канаттуу аттын

мифтик образы үчилтиктин башкы идеал баатырларынын каршысында турган эпикалык душмандардын айрым өкүлдөрүнө кызмат кылган терс күч катары сүрөттөлөт. Үчилтиктин көркөм образдар системасындагы терс каармандардын ичинен Кожожаш м-н Чынкожо К. а. минип согуш майданында жүргөнү айтылат. Алар минген тулпарлардын өзүнө гана таандык сын-сыпаты, өзгөчөлүгү, энчилүү аты (кличка) бар. СКВ б-ча «Кичи казатта» кытайлардын көзгө атар мергени Кожожаштын (Шапак Рысменде уулунда Шыпшайдар деп аталат) кыргыздын кыйын баатырларын окко учурууда минген аты асман м-н учуп жүргөн Куубайталдын ролу зор. «Семетей» бөлүмүндө ички душмандардын көрүнүктүүлөрүнүн бири Чынкожо да К. а. минип, асмандап учуп, Семетейге уруш салат. Чынкожонун канаттуу Кара аты эпосто төмөнкүдөй сүрөттөлөт:

Эр Семетей киргенде,
Семетейдин айбатын
Кан Чынкожо билгенде,
Кара ат менен чаргытып,
Аңгемесин арбытып,
Чыдай албай шашканда,
Чынкожо чыкты асманга.
Көк жорудай айланып,
Учуп жүрөт асманда.
Чынкожонун Кара аты:
Капталында бар эле
Калдайган эки канаты (КВ, «Семетей», 222) болгон канаттуу Кара ат минип учуп урушкан Чынкожо Семетейлерге үстөмдүк кылат. Качан гана Күлчоро канатка атканда Кара ат жерге түшүп, Чынкожо жеңилет. «Сейтек» бөлүмүндөгү эпикалык башкы душман Кыястын Тооторусу асман м-н учат, адамча сүйлөй алат. Тоотору тулпарды анын өзүндөй эле керемет күчкө ээ Айчүрөк «тилин байлап», «койго жеткис, уйга жеткис» кылып багындырат.

«Манас» изилдөөчү окумуштуулар (Р. Сарыпбеков) мифтик-фантастикалык тулпарлардын баштагы оң образы (б. а. кереметтүү колдоочулугу) өзүнүн эволюциялык өнүгүшүндө эки тенденцияга туш болорун белгилейт: «Аттын образынын оң багытта өнүгүүсү акырындап мифтик касиеттеринен ажырап, кадимки жердик атка айлануу менен башкы идеал каармандын ишенимдүү жардамчысы боюнча калат. Ал эми экинчи учурда мифтик-фантастикалык касиеттерин (канаттуулугун) дагы эле сактап калуу менен, коомдун алга өскөн көз карашында айыпталган жат көрүнүш катары терс мүнөзгө ээ болуп, жаманчылыктын (зло) өкүлү катары душмаан тарабына кызмат кылат, жакшылыкты (добро) көздөгөн оң каарман өз максатына жетишине тоскоол болот, терс каармандарга кереметтүү жардамдарды көрсөткөн ишенимдүү жолдошуна айланат» — деп белгилейт. Эпикалык душман элдин тулпар аттарындай адаттан тышкары укмуштуу сапатка, мифтик катмар негизин түзгөн баатырдык эпостун баш каарманы Төштүктүн Чалкуйругун айтпаганда, «Манас» эпосунун бүгүнкү колдо бар негизги варианттарындагы оң каармандардын эч кимисинин аты ээ эмес. Ырас, мындан бир кылым мурда эле. Ч. Валиханов жазып алган вариантта Аккуланын «бир жагында 21, бир жагында 20 канаты бар, аркасында ажыдаар түгү бар» укмуштуу тулпар катары сыпатталат. Айтуучулардын түштүк группасынын айрым өкүлдөрүнөн жазылган варианттарда жоодон жараланган Манасты канаты бар Аккула ала качып куткарып айыктырганы айтылат. Мунун өзү анын алгачкы образы мифтик-фантастикалык аттардан башталып, коомдун алга жылышы, аң-сезим, көз караштардын өзгөрүшү м-н кошо акырындап жердик атка айланганын көрсөтөт. Негизги варианттарда (СОВ, СКВ) Манастын Аккуласы эти кызыган кезде өпкөсүнөн канат өсүп чыгары эскерилет. Эпикалык душмандардын башкы баатыры «Коңурбайдын Кара аты Кара атынын бар эле, Капталында канаты» деп ээсин дайыма кысталыш учурда «куштай учкан күлүктүгү» м-н ажалдан куткарат. Бирок, Кожожаштын Куубайтал, Чынкожонун Кара аты сыяктуу Аккула да, Алгара да асмандап уча албайт. Манасчылар аларды сыпаттоодо канчалык гиперболизациялабасын жердик аттын табигый чегинин рамкасынан чыгарбайт. Жалпы эле үчилтикте чагылдырылган оң, терс каармандардын минген аттарынын образдарында өз-өзүнө мүнөздүү айырмачылыктары болуу м-н бирге, негизинен алардын күлүктүгү, чаалыкпастыгы баса көрсөтүлөт.

*С. Алиев*

**КАНАТТУУ КАБАРЧЫ** — фольклордук чыгармалардын баш каармандарынын окуясы, дарек-дайны, ал-абалы ж. б. жазылган каткабарларды жеткирүүчү куштар. Табияттын жапайы күчүн элестеткен ар кандай канаттуу байланышчынын кат ташып кабарчылык кылышы ж-дөгү жөө жомоктук мотивдер түркмоңгол элдеринин эпикалык чыгармаларында кеңири учурайт. Бизге жомок ж-а миф түрүндө жеткен мындай мотивдердин келип чыгышы жаратылыштын табигый мыйзамдарын билишпеген байыркы адамдардын анимисттик түшүнүктөрүнө байланыштуу экени белгилүү. Байыркы коомдо жашаган түшүнүгү чектелүү адамдар айбанаттарды да адам сыяктуу ой жүгүртүүгө, сүйлөшүүгө ж-а эс-акылдуу аракет жасоого жөндөмдүү деп ишенишкен. Айрыкча канаттуу куштар м-н эпикалык каармандардын ортосундагы байланыш элдик баатырлардын туткундалып ордо (зынданда) жаткан же жарадар болгон учурдагы оор абалын билдирген катын алыста калган элине жапайы каз, торгой, көгүчкөн жеткиргендиги бир катар эпостордо салттык түрдө баяндалат. Академик В. М. Жирмунский К. к. ж-дөгү мотивди түрк элдеринин баатырдык жомокторунда (эпосторунда) кеңири кездеше турган эң эски мотивдердин бири катары карайт. Ал эми Алтай эпосторун изилдөөчү А. Коптелов К. к-дын алтай эпосторунда болушун «көгүчкөн почточу» ж-дөгү түшүнүктүн поэтикалык чагылышы деп эсептейт.

Түрк-моңгол элдеринин эпостук чыгармаларынын баш каармандары м-н канаттуулардын ортосундагы байланышты, ал гана эмес тектештиги, жакындыгы ж-дөгү түшүнүктөрүнөн келип чыккан көз караштардын эпостордогу калдык элестери экенин мына бул маалыматтар аныктайт: алтайлыктардын «Алтай-Буучай» эпосунда эки өрдөк, хакас элинин «Судэй-Мерген» жомогунда чабалекей, «Ай-Мерген жана Алтын кыз» жомогунда эки үкү, бурят-моңголдордун «Гэсэринде» карга, тоту куш, казактардын «Козу Көрпеш, Баян Сулуусунда» бакма кара кучкач, өзбектердин «Алпамышында» жапайы каз, «Равшанда» кара кучкач кат ташып, кабарчылык милдет аткарат. Кыргыз эпосторунда да канаттуулар кабарчылык милдетти аткаруу м-н элдик ишенимде зор симпатияга ээ. Мис., «Жаныш, Байышта» көгүчкөн, «Эр Табылдыда» күкүк, «Олжобай менен Кишимжанда» торгой, «Манаста» көгүчкөн аркылуу кабар бериши эпостордун байыркы жомоктук-мифтик абалына байланыштуу болот. «Манас» эпосунда ушуга жакын элес Коңурбай канатына кат байлап Эсенканга жиберген Карганын, кытай чегин кайтарган тыңчы-кабарчы Куу Өрдөктүн образынан көрүнөт. Эпосто кат ташыган Көгүчкөн делбей, Карга м-н алмашылган мифтик кабарчынын терс мүнөзү — анын эпикалык душмандарга кызмат кылышы м-н түшүндүрүлөт. Демек, кабарчы канаттуулардын эпикалык каармандар м-н болгон байланышын ошол байыркы доордогу «көгүчкөн почточу» ж-дөгү түшүнүктүн кыргыздын улуу ж-а кенже эпосторунда чагылган жаңырыгы катары каралууга тийиш.

*С. Алиев*

**КАНГУ** — этноним. Эпосто кытайлардын бир уруусу. Чоң казат мезгилинде чалгынга барган Алмамбет м-н Сыргак жылкы айдаган Карагулга жолугушат. Ошондо Алмамбет аны алдап колго түшүрүш үчүн өзүнүн кимдигин жашырып ага мындай дейт:

Шаарым менин Чынмачын,
Жайымды менин тыңдагын.
Кангулардын калкымын.
Бакбурчунга падыша
Бир атадан жалкымын (СО, 4. 279).

**КАНДАГАЙ** (моңг. «кандага» — багыш) — тоо текенин, багыштын ж. б. терисинен жасалып, баатырлар, балбандар жоого, балбан күрөшкө, эр сайышка, оодарышка кийиш үчүн тигилген чалбар шым. Калың териден, булгаарыдан жасалып, кылыч, жебе өтпөй турган согуштук ат жабуу да К. деп аталат. К. кенен, согончокко жете узун, кашатынан карышча жери эки катталып, шырылып, тигиштерине башка түскө боёлгон жаргактан милте коюлуп, кош тарамыш м-н тигилген. Кашатына тигилген бүгүшкө кайыштан ычкыр өткөрүлгөн. «Манас» эпосунда да жоого кийчү кийим катары К-га кеңири көңүл бурулат. Мис., Көкөтөйдүн ашында Кошой кийип балбанга түшкөн К-дын тарыхына өзгөчө көңүл бурулат. Аны тигиш үчүн Каныкей Анжыяндын



ары жагы, Айым-Мүнсөк бери жагы Дандун-Баштын тоо текесинин териси калың болот деп угуп, Абыке баш болгон алтымыш мергенди атайы жөнөтүп, териге залал кылдырбай жалаң көзгө аттырып алат. Аны күндүн көзүн көрсөтпөй кургатып, жез челекке алты ай алманын кабыгынан жасалган малмага салып ашаттырат. Кайыптын кызы Арууке баш болгон токсон узга тиктирет. Ичине буулум ичтеп, тышы бышык болсун деп болот эгер ширетет. Мусулман кандарынын кийген шымдарынын ичинен жалгыз ушул К. балбанга түшчү Кошойго бап келип, ыразы болгон ал аны жасаган Каныкейге батасын берет. Ошол батадан Семетей бойго бүтөт. Эпосто К-га мындай олутуу көңүл бурулушу, анын түпкүлүгүндө тотемдик жаныбар м-н байланыштуулугунда. Адепки учурда ал магиялык күчкө ээ шым катары эсептелген. Муну анын К. аталышы ырастайт. Алтай тилдеринин чоң тобунда багыш — кандага (эвенкиче), кандахан (манжурча), хандагай (моңголчо) деп айтылат. Якуттардын мифтик ишениминде Алып хандагай токойдун ээси, аңчылыкты колдоочу. Байыркы Сибирь элдеринде Хандагай (багыш) кудай жаныбар — тотем болгон. Ошондуктан кыргыздардын көп учурлары ушул тотем жаныбардын атын алып жүргөн (сары багыш, кара багыш, чоң багыш, багыш). Тотемдик жаныбардын терисин кийген адам анын колдоосу м-н жеңилбес күчкө ээ болот деген ишеним болгон. Ошондуктан арстан кебин кийген Рүстөм, Геракл сыяктуу эле Кошой да багыш терисинен шым кийгенде кебелгис күчкө ээ болуп, эч кимден жыгылбаган Жолойду жеңет.

*Ы. Кадыров, М. Толубаев*

**КАНДАРДЫН ЧАТАГЫ** — «Манас» эпосунда айтылган алты кан кеңешип, кол курап Манасты чаап алмак болуп Таласка баргандагы окуя м-н байланышкан. Чоң казат бөлүмүнүн киришүүсү катарында милдет аткарган салттык бул окуя эпостун көпчүлүк варианттарында бар ж-а туруктуу айтылат. К. *«Манастын» сюжети.*

**КАНДЫ-ТОО** — топоним. Манас төрөлгөндөгү жентек тою К.-Т-нун оюнда өткөрүлөт. Ал эпосто:

Канды-Тоонун оюна,
Кара-Суунун боюна,
Карап тургун калайык
Кан Жакып кылган тоюна (СО, 1. 79),–

деп Алтай чөлкөмүндөгү тоо катары сүрөттөлөт.

**КАНЖА** (кыт. ганцзы) — тамеки салып тарта турган түтүк. Эпосто көбүнчө кытай-калмак баатырларынын (мис., Макел дөө, Коңурбай) түрү суукутугун, алптыгын көрсөтүү үчүн алардын өздөрүнө таандык опсуз зор буюм катары сүрөттөлөт.

Капчыгынан бу доңуз
Канжасын сууруп алганы,
Канжасына салганы
Алтымыш чейрек тамеки,
Аз бөксө болуп калганы (СО, 4. 233).

Эпостогу сүрөттөөлөр б-ча К. колодон, алтындан жасалат: «Алтын найлуу чоң канжа, Жаткан экен дат басып, Найын жарып ат басып» (СО, 4. 276—277). Мындай К-нын баасы кымбат экени төмөнкү эпостун саптарынан көрүнүп турат: «Алиги алтын канжанын, Аз болгондо капырай, Он жети байтал баасы бар» (СО, 4.277). К-ны кыргыздар да колдонгондугу белгилүү. К. кыргыз тилине кытай тилинен кирген. Бул болсо кытай эли м-н кыргыз элдеринде рев-яга чейин маданий карым-катнаштардын болгондугун айгинелеп турат.

**КАН-ЖАЙЛАК** — топоним. Манас баатыр Ала-Тоого жүрүш жасап, ата-бабанын туулуп өскөн жерин сырткы душмандардан бошотуп, Алтайдагы кырк үйлүү (уруу) кыргыз элин өз жерине көчүрүп келишин баяндаган окуяда айтылат. Эпосто «жер соорусу» аталган Талас өрөөнүндөгү мал чарбасына ыңгайлуу, климаты жагымдуу, табияты кооз, идеалдуу жер катарында сүрөттөлөт. Географиялык реалияда Талас өрөөнүндөгү жайлоо.

**КАН-ЖАЙЛАК** — топоним. Алмамбеттин атасы Азизкандын жайлоосу. Баласыз Азизкандын жакын туугандары Алооке уулу Коңурбай, Эсенкан уулу Бөрүкөз аны басмырлап К.-Ж-ты тартып алышат. Буга арданган Азизкан карыганда кайра үйлөнүп, ал аялынан Алмамбет төрөлүп, эрезе тартканда аны Коңурбайга өч алууга жиберет (СК, 2. 101—137). Чоң казат мезгилинде кытай чек арасындагы К.-Ж. аттуу белди Коңурбайдын укмуштуу жаныбарларынын бири Куу түлкү кайтарып, кабарчылык милдет аткарат. Эпосто чай алучу тоонун тумшугу катары сүрөттөлөт:

Билген жанга ал тумшук
Кан-Жайлактын бели ушул
Кароолго койчу түлкүнүн
Качып кетер жери ошол (СК, 2. 126).

**КАНЖАР** — кооз кыны бар, кош миздүү, болоттон жасалган өтө курч бычак, эпосто көбүнчө согушта колдонулган курал катары сүрөттөлөт: «Канжарлуу канжар алышты, Капташып кетип эки кол, Кайрыла албай калышты» (СО, 2. 139). Ошону м-н катар эпосто К-ды уруш маалында гана эмес, күндөлүк турмушта ар бир адам (аял киши деле) тагынып (байланып, асынып) жүрө турган коргонуч курал катары айтылат. Мис., Манас Каныкейге күйөөлөп барып, анын койнуна жашырнып кирмек болгондо Каныкей канжарлуу жүргөнү сүрөттөлөт: «Айтып аны кан кызы, Атемирдин жалгызы Алды канжар колуна» (СО, 2. 402). Археологиялык казуулардын негизинде К. кыргыздарда да болгону аныкталган. Араб тилинен алынган К. деген сөз «Манас» эпосуна кыргыздар О. Азия аймагына келгенден кийин кирген болуу керек.

**КАНЖАР КОЛ** — жоокерлердин куралсыз мушташа билген тобу. Эпостогу кытай аскерлеринин бул түрү жаш кезинен атайын машыктырылат, машыгуусун адегенде эң жөнөкөй дене тарбия (гимнастика) жасоодон баштап, бара-бара дем алуунун ар кандай ыкмаларынын жардамы м-н бүт ой-дилин, энергиясын, күчүн ж-а бардык салмагын денесинин белгилүү бир бөлүгүнө (бут, кол, чыканак, тизе, чеке, жамбаш, ич, манжалардын учу ж. б.) топтой алууга үйрөнүшөт; ылайды, дубалга кадалган кийизди, тактайды ургулап-тепкилөө ж-а туура дем алуу, ой-дил мүмкүнчүлүгүнүн ачылбай жаткан ички жигерин пайдаланууга багыттап машыгуунун натыйжасында жоокердин буту-кол, чыканак, тизе, чеке, ич, манжалардын учтары ж-а дененин башка бөлүктөрү уруш маалында таштай катуу же өзгөчө ийкемдүү абалга келет. Абдан машыгып, дасыккан жоокерди сайган найза, чапкан кылыч сынып калган учурлар болот. Мындай жоокерлер арстан, жолборстун акырегин оңой эле сындыра тээп, буура, бука, айгырдын курсагын колунун учу м-н жыра сая алышкан. Эпостун «Манас» бөлүгүндө К. к-дор калмак, кытайлардын баскынчы жортуулдарына катышкан аскерлердин (жоокерлердин) тобу сүрөттөлөт: «Темир аркан торчону Каптап уруш салды эми. Тегиз канжар колчону Тегиз кирип урушту» (СК, 1.89).

*С. Карагулов*

**КАНЖЫТ**, к. *Кенжут*.

**КАНКОР** — Манастын кайратмандыгын, эр жүрөктүүлүгүн, казаттарда жеңилбестигин туюндурган баатырдык эпитет. Бул терминдин мааниси абдан кенен. К. моңгол тилинде «хонгор» деп айтылып, сүйкүмдүү, аздек, ажарлуу, даңктуу деген маанилерди билдирет. Калмак тилиндеги «кангор» кыргызча — баатыр. Б. Юнусалиев манасчылар тарабынан К. бурмаланып, «кан ичкич» маанисинде да айтылып калгандыгын белгилеген (Б. Юнусалиев, Тандалган эмгектер, 1985, 441). Моңгол фольклорун изилдөөчү Г. О. Санжеев «Манас» эпосундагы К-ду моңголдун «хонгор» деген сөзүнөн алынгандыгын белгилейт. Академик В. В. Бартольд иран тилинде да «Хункор» деген сөз «төрө» же «башчы» деген маанide колдонулгандыгын көрсөткөн. К. «кан ичер» деген мүнөздөмө түпкүлүгүндө каймана, о. эле түз маанисинде болгон деген көз караш бар. Бул көз караш б-ча адам көп кудайга сыйынган доордо К. кудай деген түшүнүк болушу мүмкүн. Байыркы адам кудай кан м-н оокат кылат деп ишенген, кудайга арнап кур-

мандыкка адам, кийинчерээк мал чалган. Эпостун азыркы күндөгү айтымдарында да «кан ичмеси кармады» деген сыпаттама көп учурайт. Кара жини кармаганда эч кимге ээ-жаа бербей, кишини таанибай калат, кан төкмөйүнчө эсине келбейт. Мунун баары бир кездеги «кан ичер» кудайдын образынын белгилеринин калдыктары. Манас манихей дининин кудайларынын пантеонуна кирген деген көз караш да бар.

*С. Алиев*

**КАНКУУ** — эпизоддук кейипкер. Кашкардын беги, калмак. Мурун Манасты таап келүүгө жиберилген кырк төөдөгү мал-пулу м-н ың-жыңсыз жоголгон кишилеринин дайнын иликтөөгө, Манасты издетүүгө тогуз жүз аскер м-н Нуукерди жөөнөтүп жатып Эсенкан: «Кашкардын беги Канкууга» да барып сураштыр дейт (СО, 1. 269). Бул антропонимдин төркүнү моңгол тилинде азыркы мезгилге чейин колдонулуп келген Ганхүү антропоними м-н өзөктөш ж-а ган(г) (болот) ж-а хүү (бала, уул, уул бала) деген эки сөздүн айкалышынан түзүлгөн.

**КАН ТАЛООН** — артында эрезеге жеткен туягы жок кан өлгөндө анын малы-башын талап кетүү салты. Бул байыркы замандагы салт «Манас» эпосунда да эскерилет: «Кайран көзүм жумулса, Кан талоонун кылдырбай, Кайтарып алчу неме ошол» (КВ, 2. 293). Манас өлгөндө анын мүлкү К. т-го түшкөн. Ошондон улам Каныкей Семетейди төркүнүнө алып качып кеткен да, агасы Ысмайылга бала кылып берип аман чоңойтот.

**КАН ТАРТУУ** — достошом деп келгенге ызат көрсөтүү м-н алдына ашкан күлүк ат, кымкап тон, мыкты жоо-жарак тартуулоо салты. К. т. СОВдо кеңири сүрөттөлүп, Алмамбет Манаска келгенде Аккула баш болгон тогуз күлүк, Аккүбө тон, Аккелте мылтык, Сырнайза, Ачалбарс кылыч тартуу кылып тосуп алышат. Ошондо акылга дыйкан Алмамбет айкөл адамга кез келгенине ыраазы болуп:

Аккула Манас аты экен,
Кара жанын өлчөгөн,
Кас тулпарын мингизген,
Ашкере чыккан март экен
Аккүбө Манас тону экен.
Азыркысын сүйүнүп,
Мага кылган жолу экен.
Аккелте Манас мүлкү экен,
Байкап турсам, Сарала ат
Мага ылайык жылкы экен (СО, 2. 321),—

деп Манас баатырдын буюмдарын кайрып берип, өзүнө ылайыктууларын гана алат.

**КАН-ТОО** — топоним. Алтайдагы Жакыптын тургун жери. Эпосто Манастын ордо ойногон ж-а Эсенкандын соодагер-тыңчылары бала Манасты издеп келип, өзүлөрү катылып, ажал тапкан жер катары айтылат (СО, 1. 73, 165).

**КАНТОН** (Кантун), к. *Кентун.*

**КАН ТҮШҮШ** — кандын канга моюн сунуп достошуп келгендеги аттан түшүү салты. К. т. дос болгондуктун да белгиси болуп, тосуп алган тараптан аттан түшкөн канга кан тартуу, ат чабыш өңдүү ызаттар көрсөтүлгөн. «Манаста» Алмамбеттин келишиндеги К. т. тиешелүү шаан-шөкөттөрү м-н аткарылганы сүрөттөлөт (СО, 2. 320—332).

**КАНЧОРО** — эпостун «Семетей», «Сейтек» бөлүмдөрүндөгү негизги каармандардын бири. *Чубактын* баласы. К-нун акыры Семетейге кас болушу көпчүлүк семетейчилерге таандык салттык көрүнүш. Айтуучулар К-ну ар дайым Күлчоро м-н бирдикте Семетейдин акын туугана катары көрсөтөт. Душманга каршы согуштарда К. да Күлчоро сыяктуу активдүү ролдордун бирин аткарат. Семетей экөөнү тең жогору санап:

Канчоро менен Күлчоро —
Өөдө тартса өбөгүм,
Ылдый тартса жөлөгүм.
Астыга салса ак жолум,
Айдап жүрсө сан колум,
Болоттон кылган сом балтамм,
Болжолу жок чоң аркам (СК, КФ, 557-инв., 278-б.),— деп сыймыктангандыгы бекеринен эмес. Бирок, андагы айрым адамдарга таандык ич тардык сапат бара-бара күчөп отуруп, ачык эле душмандыкка айлангандыгынан улам, эпостун «Семетей» бөлүмүндө терс каарманга биротоло өтөт.

Эпосто К-нун терс кыялы өтө ырааттуу, ишенимдүү далилдер м-н мотивделип отурат. Манассчылар Семетей м-н эмчектештик салтын айтканда К. эмген эмчектен бекеринен кан чыкты дешпейт. Мындай белгилер К-нун кийин терс каарманга өтүшүнөн шек туугузбайт. Чыккынчы К-нун портрети Саякбайдын «Семетейинде»:

Каарланып сүксүйүп,
Кайраттанып үксүйүп,
Ачылган ороо көздөнүп,
Майлаган буудай жүздөнүп,
Эки бети салаңдап,
Эки даңгыт тойгудай.
Каарланса кутургур
Кармашканды сойгудай (СК, КФ, 952-инв., 644-б.),— деп чыныгы эпикалык сырткы душмандардай мүнөздөлөт. Бул образдын көркөмдүк таасири анын адамдык сапаттарынын, мүнөзүндөгү татаал бурулуштардын акырындап, ырааттуу сүрөттөлүшү м-н түшүндүрүлөт. К-нун образынын биротоло калыптанышы эпостун өнүгүшүнүн кийинки учурларына таандык. Аталарынын адилет иштерин уланткан Семетей м-н Күлчородон караөзгөйлүгү, терс мүнөзү м-н кескин айырмаланып, К. эпостогу экинчи сюжеттик өзөктүн өөрчүшүндө белгилүү ролду аткарып турат. Бардык варианттарда Семетейдин өлүмү же кайып болушу. К-нун чыккынчылыгы м-н түздөн-түз байланыштырылат. Тоголок Молдонун вариантында ал Семетейди балта м-н башка уруп өлтүрүп (КФ, 1078-инв.), бийликти алып Семетейдин аялы Чачыкейге үйлөнөт.

*А. Жайнакова*

**КАНЫКЕЙ** — үчиликтеги негизги башкы каармандардын бири. Манастын аялы, Темиркан



Т. Герцен. Санирабига (Каныкей).

дын (Каракандын) кызы. К-дин образы «Манас» эпосундагы аялдардын образдарынын ичинен айрыкча бөлүнүп турат. Ал Манас баатырга дайыма жардам берген, акыл айткан мыкты кеңешчиси. Эпостун бардык негизги окуяларына катышып, чыгарманын сюжетинде чечүүчү роль ойнойт. К-дин образы аркылуу баяндалган элдик идеялар эпостун башкы идеясынын ачылышында чоң мааниге ээ. Көп учурда Манаска акыл айтып, аны кыйынчылыктардан, айрым мезгилде ажалдан сактап калат. Айлакерлик, акылмандык, чечкиндүүлүк, чыдамкайлык — К-дин негизги касиеттери. К-дин образында баатырдык касиеттер да жок эмес. СКВда К-дин образы эрдиги, кайраттуулугу ж-а күчү м-н айырмаланган баатырдык образ катары берилет. Анын эр жүрөк баатырдыгы «өрүмдөн чачы өтө элек, өзү бала секелек» кезинде эле башталат. Сүрүнөн «жалпы Букар чайпалып, өлүп кете жаздаган» Чубак баатыр м-н жекеме-жеке кармашып, намыс алат. К-дин эрдиги «Букарды төрт жолу курчоодон куткарды» деген сүрөттөөдөн көрүнөт. Аны Айкожо көрүп эч жеринде кеми жок экен, эркек болсо он сегиз миң ааламга тутка болчу неме экен,— деп сын берет. «Кыз да болсо, кылым чайкап журт бузган Каныкей»:

Узун чачтын ыктуусу,
Ургаачынын мыктуусу,
Кең көйнөктүн тазасы
Ургаачынын паашасы (СК, КФ, 539-инв., 217-б.),— деп мүнөздөлөт. Манастын образы эпосто кандай негизги мааниге ээ болсо, К. да ошого барабар. К. катышпаган окуялар өтө аз. Манастын балалык күндөрү ж-а эң алгачкы баатырдык иштери гана К-сиз өтөт. Манаска баш кошкондон тартып анын образы тереңдетилип, элдин асыл сапаттары көркөм чагылган. Каныкейдин сапаттары негизинен эпостун биринчи бөлүмүндө ачылат. К. айрым эпизоддордо башкы ролду ойнойт. Мис., К-дин тоюнда, Чубактын Букарды камаганында ж-а Манастын сөөгүн коюуда, ага күмбөз салууда акылмандык кылат. Көзкамандар окуясында, Көкөтөйдүн ашында, Чоң казатта ж. б. көп окуяларга активдүү катышат. Көзкамандар чыккынчылык м-н Манасты ууландырганда кыраакы К. Манасты өңөрө качып, өлүмдөн куткарат. Эпосто К. өзү түздөн-түз катышпаган окуяларда да кыйыр түрдө катышы бар, анын аты аталат. Сарамжалы, акылы, берген кеңеши эскерилет. Жоо бетинде

Т. Герцен. Каныкей.





К. Орозматов. «Жер эне». 1983.

жүргөн баатырлар эл-жердин кабарын алганда «калк энеси Каныкей, кайгысын тарткан эл-журттун, Жеңебиз аман жатабы» — деп атайын эскерип, ал-абалын сурап билишет. К-дин көңүлдү өзүнө бурган башкы белгиси — колунан көөрү төгүлгөн уздугу. Баатырлардын бою-башына, жаш өзгөчөлүгүнө ылайыктап, эл намысы үчүн жоодо кийилүүчү ок өткүс кийим, курал-жарактарды алдын ала даярдайт. Көкөтөйдүн ашындагы балбан күрөштө Жолойду жыгып, Кошойдун намыс алышы К. тиккен кандагай шымга байланыштуу. К-дин камкор, сарамжалдуулугу булар м-н эле чектелбейт Камкордугу жоокерлердин башына кыйынчылык түшүп, арып-ачканда жей турган күл азык камдап, түрдүү дарыдармекти баатырлардын жанына салып бергенден да көрүнөт. Мис., Алмамбет Чоң казатта жарадар болгондо К. берген дары м-н күчкубатына кирип, кайрадан майданга кирет, К. жасаган Алгаранын кебин Саралага кийгизип, душмандын чегинен өтөт. К-дин камкордугу баатырлардын тулпарларына кандай кам көргөнүнөн да айкын көрүнөт. Жоокерчилик мезгилде тулпардын кандай мааниге ээ экендигин жакшы түшүнгөн К. Аккулага «күрүчтөн күрмөк жем берип, күндө терин алып», ар качан саяпкерлердей таптайт. К-де алдыда боло турган жакшылык-жамандыкты сезип турган көзү ачыктык да бар. Манастын Чоң казатка аттанышына К. каршы тургандыгы да ошого байланыштуу. Манас Бээжинди алып, такка отурду деген кабар К-ди кубантпайт тескерисинче баатырлардан ажырап калбасын деп сар-санаа болот. Чынында Кичи казат кыргыз баатырларынын жеңилиши м-н аяктайт. Манас өлгөндөн кийин бардык оорчулук К-дин мойнуна түшөт. Баатырдын өчүн алып, эли-жерине баш-көз болчу Семетейдин өмүрү үчүн болгон мүмкүнчүлүгүн жумшап, акыры максатын ишке ашырат. Семетейге турмушту таанытууда, эли-жерин сүйүү, душманын жек көрүү сезимин курчутууда маанилүү милдет аткарат. Айрыкча К-дин «Тайторуну чапканы», «Каныкейдин жомогу» өңдүү эпизоддордо анын ар-намыс, эл-жер үчүн түрдүү ой-толгоолорго баткан психологиялык абалынын кеңири берилиши каармандын образын дагы тереңдетип, анын мүнөзүн ого бетер курчутат ж-а толуктайт. «Семетейде» К. өткөн муундун өкүлү катары акылман тарбиячы, камкор эне болсо, «Сейтек» бөлүмүндө келечектен үмүт үзбөй, карыса да ар-намыска белбайлап, кыйынчылыктарга майышпай чыдаган туруктуулугу баса көрсөтүлөт. Эл өткөн коомдук түзүлүштөрдүн шартындагы социалдык чындыктан алда канча жогору турган өзүнүн адеп-ахлактык нормаларын да ушул образ м-н тыгыз байланыштырышкан. К-дин образы — кыргыз элинин нечен кылымдардан берки жашоо-тиричилигинен келип чыккан, мыкты деп эсептелген түрдүү касиеттерди топтоштуруу аркылуу жаратылган образ. Анын бүткүл өмүрүндөгү иш-аракети элдин ар-намысын, эркиндигин, жыргалчылыгын коргоого арналган. Кыскасы К. кыргыз аялдарына таандык болгон акылмандык, мээримдүүлүк сыяктуу асыл сапаттарды сактайт ж-а өнүктүрөт. Элдик кыял аны биротоло ажалдын алы жетпеген аңыз каарманга айландырган. Жомокчулар Сейтектин эр жетиши м-н Семетей, Айчүрөк, Бакайга кошулуп К. да түбөлүк аалам кезип кетти деп баяндашат. Манасчылар өзү өлсө да иши өлбөгөн, тукумдан тукумга түбөлүк үлгү катары сактала



Т. Садыков. Каныкей. «Манас» архитектуралык-скульптуралык композициясынан, 1981.

турган көркөм салттуу элести ушундайча жаратышкан. *А. Жайнакова*

**«КАНЫКЕЙДИН АРМАНЫ»** — классикалык элдик күү. «Манас» эпосундагы негизги каармандардын бири Каныкейдин айланасындагы окуялардын негизинде чыгарылган. Калкк кастарлап уккан улуу эпостун кызык окуяларынын негизинде жаралган татаал кайрыктардагы нечен залкар күүлөр бар (к. *«Алмамбеттин арманы», «Семетей күү»).* Ал эпикалык күүлөр музыкалык ойлорунун терендиги, көркөм каражаттарынын молдугу м-н мүнөздөлөт. Көбүнчө айтым күүлөр болуп комузчу адегенде күүгө өзөк болгон окуяны жорго сөз м-н чечмелей айта отуруп, күүнү анан черткен. Мына ошондой күүлөрдүн бири «К. а.» чертилерде төмөнкү окуяны айтышкан. Аййтылуу Манас атабыз өлгөндө, Абыке, Көбөш, Көлбай, Чыйбыт, Кочкор Манастан калган дүйнөнү камчыга ченеп бөлгөндө, Каныкейди Абыке алам деп, Ырамандын Ырчыуулун сен барып Манастын аялына: «Ат өлсө соору керек, ага өлсө жеңе керек» — жообун ала кел дейт. Ал Каныкейге барып, атчан туруп: Каныкей жеңе, кайнилериң жиберди. «Ат өлсө соору, ага өлсө жеңе керек» — экен дейт. «Арага келчү сен белең? Алуучу алты арам беле?» — деп, Каныкей оттун жанында жаткан шамшарды ала коюп уруп калат. Түнүндө кайненеси Чыйырды м-н Семетейди Кайыпчынын кара үңкүргө жашырат. Эртең м-н үрөң-баранда Абыке, Көбөш келип Каныкейдин эмчегин жара чаап, «Ишенген балаң ушубу!» — деп жабылуу бешикти кылыч м-н бөлө чаап кете берет. Ошондо Каныкей атасы Темиркандыкына кетмек болуп, Чыйырдыны айдалыга мингизип, Семетейди бооруна көтөрүп, Алмамбеттин сыр бараңын таянып:

Жоргонун белин аша албай,
Боздоп ыйлап баса албай,
Күйүктүн белин аша албай,
Күрмөлүп ыйлап баса албай
Балтырдан кара кан кетип,

Каныкейден ал кетип, жолго жөө чыкканын билген Бакай минерине унаа, жээрине азык камдап Чакмактын белинен Каныкейге жолугат. Ошондо Каныкей Бакайга кайрылып: — Ушул жетимди алып барып таятасы Темирканга бала кылып берейин. Атасын тарткан эр болсо, чоңойгондо элин бошотуп, «алты арамдан» кегин алар. Жаман болсо кул болуп жүрүп өлөр... дегенде, Бакай эки тулпарга Чыйырды м-н Каныкейди мингизип, азыгын берип, Темирканга качырганын айтып келип, андан соң жалаң кайрыктардан турган «К. а-н» чертишкен. Эпостун обону, күүнүн чертилердеги баяндамасы муңайыңкы жүрүштөгү албан кайрыктарда түрлөнө кайталанып, күүнү уккан адамдын көз алдына Семетейди ала качып кетип бараткан Каныкейдин кайгылуу элеси тартылат.

*Б. Алагушов*

**«КАНЫКЕЙДИН ЖОМОГУ»** — Саякбай Карала уулунун варианты б-ча жарык көргөн китепче (Фр., 1940). Басмага даярдаган Ы. Абдыракманов. Латын тамгасы м-н басылган. 288 сап ыр. (к. *«Семетейдин» сюжети*).

**«КАНЫКЕЙДИН ТАЙТОРУНУ ЧАПКАНЫ»** — Саякбай Карала уулунун варианты б-ча жарык көргөн китепче (Фр., 1941). Жоопту редактору Ө. Жакишев. Латын тамгасы м-н басылган, 4466 сап ыр. Китептеги «К. Т. ч.» эпизодунун сюжети Манастын өлүмүнө байланышкан кайгы сууп, көз жаш кургай электе анын арсыз бир тууғандары — Абыке м-н Көбөш жаш балалуу Каныкейге, кары чоң эне Чыйырдыга, баатырдын акылман кеңешчиси Бакайга кордук көрсөтө баштаган наадандык иштерин баяндаган салттык окуядан башталып, башка эл-жерде тарбияланган Семетей он экиге келгенде таятасы аны кан көтөргөн тойдо Каныкей Семетейдин келечегин билгени Тайторуну төлгө кылып чаап, Тайтору чыгып келгенге чейинки окуялар камтылган.

**КАНЫКЕЙДИН ҮҢКҮРҮ.** Ичке ж-а Таш-Рабат ашуулары аркылуу Ат-Башыдан Ак-Сай өрөөнүнө ашып түшө берердеги капчыгайдан (Ат-Башы кырка тоосунун күңгөй бетинде) орун алган. Уламышка караганда бул үңкүргө Каныкей түнөп кеткен имиш.

**КАНЫМЖАН** — эпизоддук кейипкер, Айчүрөктүн нөкөрү. Үргөнчтүн боюнда Семетейдин келерин күтүп жатышканда Акылай көргөн кереметтүү түштү К. жоруп, Семетейдин келе тургандыгын айтат (СК, «Семетей», 2. 47—48).

**КАНЫМЖАН** — эпизоддук кейипкер, *Меңдибайдын* энеси. Жакып мал четинде жүрүп, баласы жогуна кайгырып, айлына келгенде минген аты Туучунакты байлабай бош коё берип, үйүнө кирип кетет. Бош калган ат талаага качып жөнөгөндө Меңдибай кармап келмек болуп артынан кууп барып, токойдон Манас баш болгон кырк чоронун руханине жолугуп, алар м-н ойноп кечиккенде К. баламды таап бер деп Жакыпка доо коёт. Чыйырдыны төрөтүүгө катышып, *Канышбек* экөө үйүнө келаткан Жакыпты утурлап чыгып, сүйүнчүлөшөт (СО, 1. 51, 56, 77, 88).

**КАНЫШАЙ** — эпизоддук кейипкер. Кытай чегин кайтарган балбан аял, тыргооттун каны. Аял болсо да баатырдыгы, балбандыгы, кыраакылыгы м-н айырмаланган К-га Эсенкан бекеринен бир элдин кандыгын берип, чекке коюп Манасын жолун тостурбайт (СК, 1. 166). К-дын оңой жоо эмес экенин, көзүн тазаласа Бээжинге барчу жол ачыларын билген Алмамбет амал м-н анын ордосуна кирет. Ордодогу адамдардын ууланганына түшүнөр замат кыраакы К. Алмамбеттин Эсенкан чекке сакчы койгон Кулжа м-н кырк кулач кызыл Түлкүнү, Маамытбек сокурду кырк кечили м-н кошо жайлап келгенин туят.

К-дын буйругу м-н кармамакчы болуп жабылганда күйүп турган чыракты Алмамбет ыргыта тээп Канжаркол, Музкиндик баштаган ууланган, мас балбандарын караңгыда бүт кырып салат. Каарданган К. ордону бир колу м-н уратып тышка чыгып, байлануу күлүгүн минип Бээжинди карай чабат. Артынан кууп жетип К-ды өлтүрүшкөндөн кийин Ал-

мамбет жанындагы Сыргакка: «Көңүлдө эми арман жок, Сыргак, Топон суу тийбес Бээжиндин Тосоту эми калган жок Сыргак»,— дейт (СК, 2. 136).

**КАНЫШАЙ** — эпизоддук кейипкер. Ооган каны Түлкүнүн кызы, Бокмурундун жубайы. Оогандар тейит м-н катаганды чаап алып, Кошойдун баласы Аликени өлтүрүп кеткенде эл Манастан жардам сурайт. Согушта оогандар жеңилип, Түлкүнүн иниси Акун колго түшүп калат. Акундун өтүнүчү б-ча эки эл жарашып, Акун Ооганга кан болот. Ошондо Бокмурун Канышайды жактырып калып, Манас куда түшөт. Бокмурун К-ды алганы кеткенде атасы Көкөтөй дүйнөдөн өтүп, баласы аялы м-н өлүктүн үстүнөн чыгат. К. кайнатасына кайгырып ыйлап, ошондон ««келиндин аягынан, койчунун таягынан» деген ылакап айтылып калган делет эпосто (СО, 2. 439; 3. 9—10, 19, 20, 27, 28).

**КАНЫШБЕК** — эпизоддук кейипкер, Курткандын зайыбы. Манас төрөлгөндө аны жерден биринчи алып, эмчек берип оозантат (СО, 1. 79).

**КАҢГАЙ** — топоним. 1) Моңголиянын батышындагы тоолуу аймак. Негизги варианттарда калмактардын өлкөсү катары эскерилет; 2) этноним. Эпостун бардык варианттарындагы негизги окуяларда катышып, кыргыздын эпикалык душманы катары берилет; 3) кээде кытай мамлекети катары да айтылып, анын башында Ороңгу аттуу аял кан тургандыгы сүрөттөлөт.

**КАҢГАР-ТОО** — топоним. Эпос б-ча Чын калаага (Чоң-Бээжинге) жакын жайгашкан тоо, Алоокенин мекени. Эпостун башка бөлүмдөрүндө Манастан жеңилип качкан Алоокеге Каңгайга барып жердеп турат. Буга караганда, географиялык реалияда К.-Т. Хангай тоосунун түштүгү Баян-Хонгор аймагы ж-дө айтылган деп болжоого болот.

**КАҢГУРДУН КАРА КООСУ** — топоним, эпосто калмак каны Кайыпдаңдын баатыр мерген кызы *Карабөрк* м-н Манас жекеме-жеке беттешип, жеңген жер катарында эскерилет (СО, 2. 11, 346).

**КАҢГУШ** — топоним. Эпосто: «Карагайлуу талаа бар, Каңгуш аттуу калаа бар» (СО, 1. 232),— деп баяндалат. 10-к-дагы Аль-Истахрининин «Китаб масалик ал-малсалик» деген географиялык чыгармасында эскерилген.

**КАҢГЫ** — этноним. Кыргыздардын ичкилик бөлүгүнүн негизги урууларынын бири. Бакайдын атасы Бай Жакыпка жолуккандан кийинки окуяларда төмөндөгүдөй айтылат:

> Жаңыдан келген тууганы,
> Бай Жакыпты маанилап
> Бир жыл болгон турганы,
> Алты, бештен түтүнү,
> Каңгы деген калк эле.
> Каңгылардын ичинде
> Чегиш деген алп эле (СО, 1. 191).

К. (орусча — канглы, казакча — каңлы — И. М.) тарыхта белгилүү этноним. 11—12-к-да Хорезм м-н Волганын аралыгында огуздар м-н 11-к-да Иртыш аймагынан О. Азияга келген кыпчактардын аралашмасынан түзүлгөн уруу бирикмеси. Алар көбүнчө көчмөн ж-а кол өнөрчүлүк турмушта жашашкан. К-лар о. кылымдарда О. Азия мамлекеттеринде белгилүү роль ойногон. Алардын айрым бөлүктөрү 13-к-да Ысык-Көлгө да оошуп келгени белгилүү. Бирок, моңголдор аларды таптакыр алсыздандырып таштunion. Кийинки мезгилдерде К-лар кыргыз, өзбек, казак, каракалпак ж-а башкырт элдеринин курамына сиңип кеткен. «Манас» эпосу ушул тарыхый чындыкты жалпылаштырып көркөм чагылдырганын айтууга болот.

*И. Молдобаев*

**КАҢШААК-ТАШ** — топоним. Каныкей Семетейди куткарыш үчүн Букарга качып жөнөгөндө басып өткөн жерлердин бири. Качкындарды артынан издеп келген Бакай ушул жерден жетип, аларды Кара-Кырдын чоң үңкүрүнө жашынтып, өзү азык, ат алып келиш үчүн кетет (СК, «Семетей», 1, 43).

**КАҢШЫБЕК** — эпизоддук кейипкер, Кашкардын каны. Аккуу кеп кийип Семетейди издеп Оогандан учуп чыккан Айчүрөк адегенде Кашкарга жетип, «Төгөрөк бышкан наны бар, Төрт булуң болгон тамы бар», отурукташкан, дыйканчылык м-н кесиптенип, соода-сатыкта турмуш кечирген элди башкарган К-ти көрөт:

> Кербендерин башкарып,
> Жолдо жүргөн эме экен,
> Боз качырын кекейтип,
> Чомго минген эме экен.
> Ысык жайды жайлаган,
> Басса турса белине
> Кетмендей токоч байлаган,
> Жору куйрук чоң кетмен
> Жонуна салып байлаган (СК, «Семетей»,

1. 360),— деп сынайт да мындай турмуш көңүлүнө туура келбеген Айчүрөк андан ары сапарын улайт.

**КАҢЫРЫ** — этноним. Эпостогу байыркы кыргыздын бир уруусу. СОВдо Көкөтөй кандын керээзинде:

> Кара калпак, үйшүн бар,
> Каңыры, тейит, багышы,
> Канча журтка угулган,
> Кара кыргыз дабышы (СО, 3. 15),—

деп катардагы саналган көптөгөн уруулардын бири катары эскерилет.

**КАП** — топоним. Кыргыздар калмак кандыктарынан Ала-Тоону бошоткондо, алардын Үрбү, Мунар баш болгон Арсы калдайдын аскерлери м-н беттешкен жерлердин бири. «Кап экен ушул коосу деп, Жымырайган жыластын түк билинбейт оозу деп» (СО, КФ, 576-инв., 540-б.) эпосто ал жер өзүнүн көрүнүшүнө жараша ошондон бери К. аталып калганы айтылат. Географиялык реалияда Кочкор өрөөнүндөгү тоо.

**КАПАЛ** — топоним. Эпосто «Аккан Иле суусу бар. Ар жагы Капал тоосу бар» (СО, 3. 264) делип Көкөтөйдүн ашында байгеге чабылган аттар өткөн тоо. Географиялык реалияда Казакстандын Талды-Коргон обл-ндагы тоо ж-а андагы өрөөн.

**КАПИЯ** — эпизоддук кейипкер. Каныкейге күйөөлөп барган Манас ордодо үстүнө киши кирбей эки күн ачка калып, каарданып отурганда кырк-элүү аял жанына жолдош кошуп берип, К-ны баатыр күйөөнү көрүп келүүгө жиберишет. Манастын ыраңын көрө сала эси ооп, эшиктин алдына жыгылып калган К-ны жөлөп-таяп Санирабигага алпарышса, эр көрбөгөн экенсиңер деп күлөт (СО, 2. 405, 407). Кайнына келген күйөөнү көрүү салты ошондон калган экен делет эпосто.

**КАПКАК-ТАШ** — топоним. Чоң энесине кезиккен Сейтек «Тиги карарыңкы Капкак-Таш, Кандай кандын бели эле?» (КВ, «Сейтек», 155),— деп Каныкейден сурайт. Географиялык реалия катары кыргызстандын топонимдеринде кезигет.

**КАПКА-ТАШ** — топоним. Желмогуз уулу Сарыбайдын урушунда Бозбала «Дөбө-Мойнок, Капка-Таш, Көтөрмөнүн жонунан» (КВ, «Сейтек», 219) элге кайрылып, Сарыбайга каршы Карадөөгө жардам берүү ж-дө айтат. Капка, К-Т. аттуу тоо, суу, көл, капчыгайлар (Кичи-Нарын, Он-Арча бою, Алайкуу, Үч-Терек аймагы ж. б.) Кыргызстанда арбын.

**КАП-ТОО**, к. *Көйкап.*

**КАРА** — элдик оозеки чыгармаларда, эпостордо эпитет ж-а символдук маанaнде колдонулат. Кара кан, Кара дөө, Кара жер, Кара кабылан, Алп кара куш өңдүү энчилүү аттардын тутумунда келген К. сөзү өң-түскө байланыштуу эмес, күчтүү, өтө зор, опсуз айбаттуу, алп, каардуу, тайманбас, эр жүрөк же анын тескерисинче терс кыял, кырс, орой, ой-санаасы арам, мүнөзү жаман деген мааниде айтылган. Мис., «Кара оозуна кан толгур, Кандай неме айтты экен» (СК, 1. 138). Этноним сөздөр м-н бирге келгенде өтө көп, сан жеткис, эсепсиз, опсуз көп, быкылдаган, бүткүл деген мааниде айтылган: «Ойроттон чыккан жол менен, Орчун кара кол менен». К. тирек, жөлөк, таяныч, медер тутуу символу катары келет: «Кабар уккан сөзүмдөн, Жакшы келдиң кандарым Кара учканда көзүмдө» (СО, 2. 77). К. эпосто тарыхый термин иретинде калайык, эл, будун, кул, күң сыяктуу сөздөр м-н тутумдашып келип (кара калайык, кара калың эл, кара будун, кара күн, кара кул) элдин төмөнкү катмарын билдирет. К. элдин же адам башына түшкөн катаал кезең, азап-муң, оор турмуш же коомдогу алааматты билгизген: «Кара түшүп башына, Качкан кыргыз мындан көп». К. эпосто бодо мал деген мааниде да айтылат: «Канды булоон болушуп, Кара малдан союшуп» (СО, 1. 216).

*С. Сыдыков*

**КАРА-АЛМА** — топоним. Шоорук кан Алайда жаткан окчу кыргыз уруусун чаап алганда Манас кол курап, элге кабар жибергенде кыргыздар жашаган жер катары эскерилет:

Кара-Кулжа тарынан,
Көкүрөк, Көгарт баарынан,
Кара-Алма кайкы белинен,
Калба деп кыргыз элинен (СО, 2. 206).

Географиялык реалияда Көгарт алабындагы өзөн, өрөөн.

**КАРА АТ** (кош Кара ат, Эгизкара) — *Үрбүнүн* күлүгү. Көкөтөйдүн ашында байгеге чабылат (СО, 3. 155).

**КАРА АТ** — *Калкамандын* аты. Алмамбеттин келишине арналган тойдогу ат чабышта «Жакын жерден чабылып, Жазылбай калып канаты» (СО, 2. 341) он биринчи болуп келет. Каныкейге күйөөлөп баргандагы ат чаап жар тандоо расмисинде К. а. онунчу келип, Калкаман тагдырына буюрган Ташбүбүгө үйлөнөт (СО, 2. 423). Көкөтөйдүн ашында Аккуланы байгеге кошуп жиберген Манас Коңурбай м-н сайышка К. а-ты минип, Алмамбеттин Сараласын жайдак коштоп чыгат. Сайыш көпкө созулуп, К. а. алсырап калганда Манас Саралага жайдак ыргып минип, Коңурбайды сайып түшүрөт (СК, 2. 60—63). Бул окуя К. а-тын эпостук башкы каарманга тете келбеген чамалуу эле тулпар экенинен кабар берет. СОВдо да сайышка түшөрдө К. а-ты Кошой тандаганы айтылат, бирок Манас Алымсарыктын Жармаңдайын жактырып минип чыгат (СО, 3. 242—252).

**КАРА АТ** — *Чынкожонун* укмуштуу канаттуу аты. СКВда төмөнкүчө сүрөттөлөт:

Чынкожонун Кара аты
Кара атынын бар экен,
Капталында канаты.
Ажайыптан дуба окуп,
Уча жүргөн адаты.
Кыйын зээрчи жадыгөй,
Кылганы ушул Кожонун —
Астында бедөө Кара аты
Кара жанга күч келсе,
Кармашкан жоону көргөндө
Калкылдап учаар адаты (СК, «Семетей», 1. 134).

Канаттуу К. а. минип, асмандап учуп урушкан Чынкожо Семетейлерге үстөмдүк кылат. Качан гана Күлчоро канатка атканда К. а. жерге түшүп өлүп, Чынкожо жеңилет, к. *Канаттуу аттар.*

*А. Жайнакова*

**КАРА АШ** — өлгөн адамды жайына коюп келгенден кийин чогулган элге берилүүчү тамак. Адатта К. а-ка бодо мал, жылкы ж-а майда жандыктар да союлат:

Токсонго чыгып мен өлбөй,
Тоодоюм Манас сен көмбөй,
Алдыңкы жолду чаңдатып
Кылым журтту айдатып
Кара ашыма тойбодуң (СК, 2. 246).

СОВдо да Көкөтөйдүн К. а-ы берилгендиги баяндалат, к. *Аш.*

**КАРА БАЛБАН** — эпизоддук кейипкер, Чоң казатта өлгөн кытай балбаны экени гана эскерилет (СК, 2. 201).

**КАРА-БАЛТА** — топоним. Эпосто кыргыздар мекендеген жерлердин бири. Көкөтөйдүн уулу Бокмурун атасынын кара ашын өткөрүүчү жер тандаган учурда эскерилет: «Кара-Балта ашамын, Кайыңдыны басамын» (РЖВ, 146). Географиялык реалияда Кыргыз Ала-Тоосундагы ашуу, анын түн. капталындагы өзөн, өрөөн.

**КАРАБЕК** — эпизоддук кейипкер. Манас *Кортукту* өлтүрүп, калмактар кун кубалап Жакыптын жылкысын тийип, элин чаап алмак болгондо Жакып казак бийи К-ке да кабар жөнөтүп, К-тин Айдаркан, Күнөс балбандар м-н чогуу келгени айтылат (СО, 2. 146, 218).

**КАРАБЕК** — эпизоддук кейипкер, Каныкейдин нөкөрү *Калбүбүнүн* атасы экендиги гана айтылат (СО, 2. 418).

**КАРАБОЗ** — *Атайдын* байгеге чапкан күлүгү. Манас Каныкейге күйөөлөп баргандагы жар тандоо ат чабышында он үчүнчү болуп келет СО, 2. 424).

**КАРАБОЗ** — эпизоддук кейипкер, шибээ элинин баатыры. Бакайдын Кардыгач тууралуу айткан баянында Кардыгачтын кытайлар м-н болгон согушка катышкандыгы айтылат (СК, «Семетей», 1. 262).

**КАРАБӨРК** — каарман, Манастын биринчи аялы, Кайып дандын кызы. Аскери жеңилип, атасы колго түшүп калганда жаа аткыч мерген кыз К. жанындагы кырк кызды баштап согушуп, Бакайды жарадар кылып, кыргыз колун бир топ зыянга учуратат. К-түн мүнөзүндө эл-жерине болгон сүйүү, о. эле, кан кызына таандык текебердик, баатырга таандык көктүк, кыз балага ылайык адептүүлүк бар. Атасын өлдү деп ойлогон К. Манас өзүн жактыларын билсе да ага жар болгусу келбейт. Атасынын тирүү экенин билгенден кийин гана Манаска тийүүгө макул болот. Кайып дан чоң той жасап, кызын Манаска берет. К. Бакайды жарадар кылганы үчүн уялып, ага көрүнбөй качат, кезигип калганда жүгүнүп таазим кылат. Айтуучу жүгүнүү салты ушундан калган деп баяндайт. Манаска чыккандан баштап К. бир жактуу аракетсиз каарманга айланат. Кийинки эпизоддордо Манастын аялы экендиги гана айтылат ж-а Манастын кийинки аялдарына болгон күнүлүгү көрсөтүлөт (СО, 2. 10—11, 342). СКВда Кайып кан кызы делет (СК, 2. 42). *А. Жайнакова*

**КАРА-БУЛАК** — топоним. Кыргыздар Ала-Тоону душмандан бошоткондо К.-Б-тын белинен бейшекел, коңур эли м-н беттешип жеңип чыгышат (СО, КФ, 576-инв., 225-б.). Аталган топоним Кичи-Кемин аймагында окшойт. Буга мындагы Бейшеке, Коңур, К-Б. өңдүү жер-суу аттарынын кезигиши далил боло алат.

**КАРА-БУУРА** — топоним. Манастын эли такай мекендеген жерлердин бири. Эпосто: «Кара-Буура, Чаткалда, Кайкалап кыргыз жатканда» (СК, 1. 172),— деп сүрөттөлөт. Бул К.-Б. Таластын сол алабындагы суу ж-а аймак. Азыркы кезде Бакай-Ата ж-а К.-Б. райондорун ажыратып турган өзөн. Анын боюнда К.-Б., Бейшеке, Тамчы-Булак ж. б. кыштактар жайгашкан. Талас м-н Чаткалды байланыштыруучу жол ушул К.-Б. аркылуу өтөт.

**КАРАГЕР** — Түлөөнүн байгеге чапкан күлүгү. Манас Каныкейге күйөөлөп барганда өткөрүлгөн ат чабышта К. отуз бешинчи келип, Түлөө тагдырына буюрган Калемкашка үйлөнөт (СО, 2. 426).

**КАРАГЕР** — Кайгылдын байгеге чапкан күлүгү. Каныкейге күйөөлөп баргандагы ат чабышта К. жыйырма жетинчи келип, Кайгыл тагдырына буюрган Үркөрбүбүгө үйлөнөт (СО, 2. 425).

**КАРАГУЛ** — каарман. Коңурбайдын жылкычы башчысы. Ашынган айлакер, жеткен куу, кыйын сынчы К-дун жылкычыга башчы болгондон тышкары негизги милдети душмандан шек-шыба болсо Коңурбайга дароо кабар жеткирүү (жоокерчилик доордо жоолашуу адатта жылкы тийүүдөн башталган). Жиберген баатыр-балбандары Манасты кармап келмек түгүл колунун баарын кырдырып келгенде кароол коюп Эсенкан Манастын келер жолун тосоттогондо да К-дун аткара турган иши белгиленет: «Катаалдын уулу Карагул, Кара саат мына бул, Кайгуулга чыгаар ал болуп» (СК, 1. 165). «Карагул деген аяр бар, Кандай да болсо келет деп, Калкына кабар салгандыр» (СО, 4. 260),— дейт чалгында жүргөн Алмамбет жанындагы Сыргакка.

Кытайча кийинип турса да чалгында жүргөн Алмамбет м-н Сыргакты көргөндө эле кексе К. алардын жоо экенин сезет, Алмамбетке жакындабай алыстан сүйлөшөт, кабар жеткирмекчи болуп, Торайгырын зыргытып жөнөп берет. Алмамбеттен найза жеп жарадар болгон К. Каспаңдын суусунан кечип баратып, атынан шыпырылып калат. Ээси жок келген Торайгырды көргөн Коңурбай жоо келгенин билет (СО, 4. 278—292). Атасынын кунун кууп Семетейдин акыры бир келерин билген Коңурбай жылкысын көргөнү келгенинде К-га «Жылкыны жакшы багыңар, Чалгынды мыктап чалыңар. Кокустан, мага жоо келсе Тезирээк кабар салыңар?!» (КВ, «Семетей», 253),— деп бекеринен эскертпейт.

Жол чалып кайтмакчы болгон Семетей К-дун жаман түш көрөсүң деп от жаккан баланы кыйнап өлтүргөнүн көрүп, каарданган б-ча жанындагылардын баарын жайлап, К-дун сакалын такыр жулуп салат. Чуут К. адатынча ак көңүл Семетейди арыдан-бери алдап, атаңдын бир тууганы Жоодар баатырмын деп ишендирет (СК, «Семетей», 2. 63). Алгара деп Семетейди баспаган атка мингизип, өзү Алгараны минип алат да, Коңурбайдын жылкысын тийип алып кетип бараткан Семетейди суудан кечеринде укурук м-н башка чабат. Семетейди акмалап жүргөн Тайбуурул куйругун тосо берип ээсин суудан чыгарат. Тайбуурулду минген Семетей К-ду кууп жетип, Алгараны куйруктан алып токтотмок болгондо, куйругу түбүнөн жулунуп калат. К. «Сакалы жок мултуюп, Алгара куйругу жок чултуюп», Коңурбайга барат (КВ, «Семетей», 253—257). Коңурбайдын Таласка жасаган жортуулунда К. Канчоро колдуу өлүм болот. *А. Жайнакова*

**КАРА-ДЕҢИЗ** — топоним. Каныкей Тайторуну чапканда ат айдоочу Эшенчалга күлүктөрдү К. -Д-ден коё берүүнү тапшырат. Эпосто К.-Д. «Чып этип ууртар суусу жок, чымчып жээр чөбү жок, Боз мунарык, күйгөн кум» — нечен чөлдөрдүн, ашып өткүс адыр, белдердин эң наркы жагындагы жер катары сүрөттөлүп, тулпарларды алыскы жолго чабуу аркылуу,

Тайторунун чыныгы талыбас күлүктүгү көрсөтүлөт. Географиялык реалиида К. -Д. Европа м-н Азиянын ортосундагы деңиз.

**КАРА ДИН** — исламдан башка дин. «Манас» эпосунда Кытайдан качып келип мусулман болгон Алмамбетке карата айтылат: «Кара динден ак болуп, Капырдан качып жат болуп». Бул араб тилинин «гайридин» деген сөзүнөн өздөштүрүлгөн: «гайри» — «башка, бөлөк» деген мааниде, к. *Кайырдин*.

**КАРА-ДӨБӨ** — топоним. Күлчоро, Каныкейлер Таласка келгенде, «Бере, Кара-Дөбө кайкаңча Берендер ордо аткан жер» (КВ, «Сейтек», 165) экендиги эскерилет. Жердин рельефине байланыштуу географиялык реалиида Кыргызстандагы көптөгөн топонимдер ушундай аталат.

**КАРАДӨҢ** — эпизоддук кейипкер. *Жарманастын* атасы делип гана айтылат (СК, 1.146).

**КАРАДӨӨ** — «Сейтектеги» көрүнүктүү каармандардын бири, *Кутубийдин* баласы. Атасы Кутубий Манаска кандай ак кызмат өтөсө, баласы К. да Манастын урпактарына ошондой эле адал кызмат кылат. Айчүрөктү олжолоп алганда Кыяс чоң той берип, ошол тойдо «Атасы шайдоот кыраакы, Артык балбан мураапы» (СК, КФ, 958-инв., 1099-б.) К. «эгер жеңесем Айчүрөк жеңем эркек төрөп, душмандан өч алабыз, жеңилсем кыз төрөгөнү, анда тирүү жүрбөй өлгөнүм оң»,— деп төлгө кылып эр сайышка түшөт. Ошондон баштап К. Сейтектин чоңоюшун тилеп, эл керегине жарай турган күнгө күтүнүп жүрөт. Барбаган жери калбай жер кезип жүрүп дарыгер *Момунжанды* таап келип, Күлчоронун айыгышына да К. себепчи болот. Кайып болуп кеткен Семетейдин элге кайрылып келишинде да К. көп күч жумшайт. Кыяс өлгөндөн кийин жедигерге кан болуп калган К. коркунучтуу жоонун алдынан тосо чыгып, Желмогуз уулу Сарыбай м-н кармашта курман болот.

**КАРАЖОЙ** — кытайдын кыйын мергени, *Кожожаштын* атасы. СКВда Манастын Нескара, Жолой м-н болгон Алтайдагы экинчи урушунда:

> Ал Каражой баатырың
> Бет алганы кетпеген,
> Огу сая өтпөгөн
> Оңой эмес чоң мерген (СК, 1. 156).

К. Манастын жоого минип жүргөн алгачкы аты *Торучаарды* атып өлтүрөт. Чоң казатта Сыргактан найза жеп, жөө калган К-ду Жесе деген балбаны атка мингизип кеткенче Алмамбет жетип башын кесип кетет (СК, 2. 190).

**КАРАЖОЙ** — топоним. Нескара м-н Манастын урушун баяндаган окуяга катышкан калмактардын Даң-даң аттуу балбанынын мекени катары эскерилет (СО, 1. 201).

**КАРАЖОЙ** — эпизоддук кейипкер, калмактын түндүкчүсү. Манас туулганда берилген тойдогу ат чабышка кошупийген куйнаны сай тулпарды артка таштап, байгелүү орунга ээ болот (СО, 1. 100).

**КАРАКАЛПАК** — этноним. «Манас» эпосунда эскерилген элдин аты Ар кандай эпиздордо кездешет. Мис., Чубактын Бакайга кайрылып сүйлөгөн сөзүндө мындай деп айтылат:

> Ногойдон Манас, нойгут мен,
> Ойлонгун Бакай, муну сен!
> Кара калпак, думара,
> Карап турсаң буларга,
> Атабыз бир экен деп,
> Ар качандан бир качан
> Катарыңдан калбастан
> Бу да жүрөт убара (КВ, 2. 240).

Бул саптарга караганда К-тар кыргыздарга туутан эл. Ал эми тарыхый даректерде, кыргыздардын арасында айтылган санжыра б-ча К-тар Адигинеден тарайт. Кээ бир санжырада тескерисинче, К-тардан саяктын ичиндеги каба уруусу чыгат. С. М. Абрамзондун А. Чоробаевден жазып алган маалыматтары б-ча бир кездерде кыргыз жергесинде К-тардын жетекчиси (же уруу башчыларынын бири) Эшмат өлтүрүлгөн. Ушул окуядан кийин К. душмандашып кеткен. Ошондон улам кыргыздардын айрым бир бөлүктөрүндө мындай ылакап сөз калган: «Кара калпак Эшматтын кунундай болду».

Кыргыздар м-н К-тардын тууганддыгына далил болгон Түш. Кыргызстандан жазып алган санжыралар бар. Мис., ал санжыралардын биринде Адигине, Тагайдын түпкү ааларынын бири катары — Ак-Чолпон деген адамдын аты эскерилет. Ал эми К-тардын санжырасында да Есим кандын кызы Ак-Шолпан Муйтен уруусунун негиз салуучусу катары белгилүү.

«Манаста» К-тардын кыргыздарга жакындыгы бозек аттуу уруунун эскертилиши м-н бышыкталып турат. Себеби, бозан, бозек формасында К-тардын санжырасында кездешет. Дегинкиси «Манас» эпосунда ж-а кыргыз санжырасында кезиккен учурлар м-н К-тардын санжырасына тиешелүү болгон кыпчак, коңурат, каңгы, катаган, курама, уйгур, түркмөн, мангыт, эштек (өстөк) аттуу уруулардын жалпылыгын белгилеп кетүү зарыл. Мындан тышкары эки элге жалпы болгон асан, байбиче, (каракалпакча — байбише), бакы, бешкемпир (бес кемпир), жаман, казак, калмак, кара курсак, кара моюн, кара тай, кызыл аяк, сарт, сары, сегизбек (сегизек), суу мурун, тогузак, тубай ж. б. майда уруулардын аттары белгилүү.

Ошентип, «Манас» эпосу К-тар ж-дөгү маалыматтарды тарыхый чындыктын негизинде чагылдырган. Бир кездерде К-тар м-н бирге ак калпак кыргыз болуп жашаган. Бул мезгил «Алтын ордонун» убактысына туш келет. Эпостун О. Азияда калыптанган мезгили болуп эсептелет.

*И. Молдобаев*

**КАРАКАН** — «Манас» эпосунун бардык варианттарында кезигүүчү салттык туруктуу каарман. Айрым манасчылар (Сагымбай Орозбак уулу, Жакшылык Сарык уулу) Манастын түпкү ааларынын бири десе, айрымдары (Саякбай Карала уулу, Молдобасан Мусулманкул уулу, Актан Тыныбек уулу) Манастын чоң

атасы дейт. СКВда катылганды жайлап, душманга намыс бербеген баатыр, эл коргогон эр болгондугу ж-а К. өлгөндөн кийин Алооке м-н Молто кан кыргызга көп кордук көрсөткөндүгү айтылат (СК, 1.27—28, 35, 114). Түрк элдеринин оозеки чыгармаларында «күчтүү кан», «улуу кан» деген маанидеги титул ат катары кеңири кезигет. Айрым изилдөөчүлөр Манастын чоң атасы (түп атасы) К-дын прототиби катары азыркы Кыргызстандын аймагында 10—12-к-да өкүмдарлык кылышкан Караханийлер суладесин карашат.

**КАРАКАН** — каарман. Каныкейдин атасынын ылакап аты. Өңү кара киши болгондуктан К. аталып кеткен. Өзүнүн ысмы СОВдо Атемир, СКВ б-ча Темиркан. Манасчы Жакшылык Сарык уулу Каныкейдин атасы К-ды дүнүйөкор, колу тар адам катары сүрөттөйт. Кызы Каныкей К-дын кара олпогун кадырын салып эки жолу сураса (биринде Манаска, экинчисинде Семетейге деп), урушуп бербей коёт, к. *Темиркан*.

**КАРАКАН** — эпизоддук кейипкер. РЖВ б-ча Алмамбеттин атасы.

**КАРАКАРА**, к. *Каркыра*.

**КАРАКАРА**, Каракара-кан — эпизоддук кейипкер. *«Мажму ат-таварих»* б-ча Манастын чоң атасы (Жакыптын атасы) ж-а уруусу катары баяндалат.

**КАРАКАШ** — эпизоддук кейипкер, Үргөнчтүн боюнда Семетейдин жолун тосуп жаткандагы Айчүрөктүн нөкөрү (СК, «Семетей», 2. 47).

**КАРА-КАШАТ** — топоним. Кыястын өлүмү окуясында: «Кара-Кашат тоосуна, Кароол-Таштын боюна, Чыгып Кыяс караса» (КВ, «Сейтек», 122) Тоосторуну минип Күлчорого келген Чүрөктүн көрүнгөнү айтылат. Географиялык реалияда Кыргызстандын аймагында К.-К. аттуу бир нече топоним кездешет.

**КАРА КАШКА АРГЫМАК** — Каныкейдин кыз кезинде минген аты. Эпосто «Кара кашка аргымак, Кармап оозун бурду эле» (СК, 1. 229),— деп эскерилет.

**КАРАКЕСЕК** — эпизоддук кейипкер, окчу уруусунан. Алтайдан Анжыянга көчөлү деген кеңешке катышат ж-а Кер-Көлдөгү Орго канды көздөй жөнөгөн аскердин ичиндеги баатырлардын катарында аты аталат (СО, 2. 14, 68).

**КАРА КИЮҮ** — аза күтүү салты. Күйөөсү же башка тууганы каза болгон аял кара түстөгү кийим кийип, чачын жайып, башына кара жоолук салынып жүрүшү аза күтүү белгисин билдирет. К. к. көбүн эсе күйөөсү өлгөндөргө карата айтылат. Элдик оозеки чыгармаларга, этнографиялык эски материалдарга караганда илгери кара кийген, өлгөн эринин кебетесин элестеткен сөлөкөт (тул) жасап, ага анын чапанын жаап, баш кийимин үстүнө коюп, көшөгө тартып, аза күтүп ыйлаган. «Манас» эпосунда да кара кийген, каралуу же кара жамынган, тул калган, кара элечек болгон деген сөздөр К. к. м-н бирдей маанини билдирет: «Айкөлгө тулду тарттырып, Кыз Сайкал келип түштү дейт, Асемин журттан арттырып, Кара кийип, кан жутуп, Кабыланга аза күттү дейт» (КВ, 1. 303). «Ошондо кайран катын Каныкей, Кандуу бети жыртылуу, Кара чачы жайылуу Калдайган кара башында» (КВ, 1. 307), к. *Тул*.

**КАРАКОЖО** — эпизоддук кейипкер. СОВдо аргын уруусунун билерманы, эл аксакалы. Манастын бала чагын ж-а анын Алтайдан Ала-Тоого көчүп келишин баяндаган окуяларда К. казактын чоң урууларынын бири аргындардын башчысы катары уруу аксакалдарынын кеңештерине, ар түрдүү иштерине активдүү катышат (СО, 1. 104, 164, 232, 250; 2. 14, 23, 25, 39, 68, 94). Манас жолдоштору м-н салбырынга баргандагы эпизоддо Калдардын атасы делет (СО, 1. 255). Кийин Манастын кырк чоросунун катарында «Аргын Каракожосу, Акылга бирге кошосу» деген туруктуу стилдик форма м-н сыпатталган, акылман, чечкиндүү кейипкер катары көрүнөт. Чоң казат мезгилинде, он башы болгон Тазбаймат өз тобундагы Манасты унутуп койгондо, К. душмандын босогосунда турганда он кишини жакшылап көзөмөлдөй албаган мындай башчы шек жок жаза тартыш керек деп чечкиндүүлүк кылат (СО, 4. 169—170). Манас Каныкейге күйөөлөп баргандагы ат чаап жар тандоодо аты Желтаман он бешинчи келген К. тагдырына буюрган *Кусабүбүгө* үйлөнөт (СО, 2. 419, 424).

*А. Жайнакова*

**КАРАКОЖО** — этноним. Эпос б-ча казак урууларынын бири: «Алчын, Үйшүн, Найман бар, Аргын, Кара кожо бар» (КВ, 1. 69). К. казактардын аргын уруусунун ичине кирген же болбосо аларга жакын уруунун аты. Эпосто К. кээде уруунун, кээде кейипкердин аты катары колдонула берет. Реалдуу турмушта казак, кыргыз ж. б. элдердин курамындагы уруулардын бири катары адам аттарынан пайда болгонун көрөбүз. Казак окумуштуулары К. аргындардын урааны катары колдонулганын белгилеп жүрүшөт. Буга караганда К. уруусунун аты адам атынан алынып коюлган ж-а ал «Манас» эпосунда кеңири чагылдырылган.

**КАРАКОЛ** — топоним. Манас башта кытайкалмак басып алган ата-журтун бошото баштаганда анын Үрбү, Мунаркан башкарган колу Кочкор өрөөнүн бийлеген калмак Арсы жанжуңдун кол башчылары Таргыл жайсаң, Дангабылды жеңген жер (КФ, 576-инв., 536—539-б.). Географиялык реалияда Кочкор өрөөнүнүн түн. -батышындагы аймак.

**КАРАКӨЗ** — эпизоддук кейипкер. *Кыястын* аялы, Күнжүнүн кызы. Кыяс аялдары *Жайнаке* м-н К-дүн төрөбөй жүргөнүн эскерет (КВ, «Сейтек», 81).

**КАРА-КӨЛ** — топоним. СОВдо ж-а РЖВда кездешкен көл. СОВдо Көкөтөйдүн кырк ашында байгеге чабылган аттар айдалып барып, кайра коё берген жердин чеги катары айтылат.

Барганы деңиз Кара-Көл
Мага ишенбей барып көр...
Камышы көп жер экен,
Камышы үйдөн жоон экен,
Кайтарар жери шол экен (СО, 3. 62—63).

**КАРА-КУЛЖА** — топоним. Эпосто сай, жер ж-а тоонун аты катары айтылат: «Айдап жылкы сугартып Кара-Кулжа сайына» (СО, 2. 163); «Адам калбай келсин деп, Кошунуна чакырды Кара-Кулжа, Тарынан, Кекүрек, Кек-Арт баарынан, Кара-Алма кайкы белинен» (СО, 2. 206) деген саптардан көрүнгөндөй К.-К. Алтайдан көчүп келген Манастын эли жашап турган жер. СОВдо К. -К-нын элдик этимологиясы мындайча чечмеленет:

Кароолдуктун тоосунан
Карыя Бакай абасы
Көмүрдөй кара Кулжадан,
Көбүн атып салыптыр.
Акыр заман журтуна
Кара-Кулжа атагы
Так ошого калыптыр (СО, 2. 170)...
Капкара болгон Кулжадан
Элүү төртүн атышып...
Баатырлар жолго салыптыр,
Кара-Кулжа атакка
Жер атагы калыптыр (СО, 2. 288).

Географиялык реалияда К.-К. азыркы Ош обл-нын түн.-чыгышында жайгашкан аты уйкаш дарыя ж-а анын чөлкөмү. *С. Алиев*

**КАРА-КУМ** — топоним. Манастын төрөлүшүндөгү жентек тойго келген калмактардын мекени катары эскерилет (СО, 1. 76). Жакып элди чогултуп Алтайдан Ала-Тоого көчүү ж-дө кеңеш курганда, ар бир элдин көчүп баруучу жеринин орду аныкталганда:

Жетиген жагын карасак,
Жерин өлчөп санасак
Илепси бар Кара-Кум
Күн чыгышы Сары-Арка
Күлдү баары казакта (СО, 2.15) делип

К. -К-дун аты аталат. Эпостогу эпикалык К. -К. Казакстандын Балкаш тараптагы чөлү м-н байланыштуу.

**КАРА-КУРУМ** — топоним. Эпостун сүрөттөөсү б-ча Каар аярдын баласы Култаң баатыр качып, Терс-Маёодогу Текес канга барып К.-К. талаасына Манас көп кол менен келгенин айтат (СО, 2. 34).

**КАРА-КҮНГӨЙ** — топоним. Кытай-калмактар басып алган ата журтун бошотуу үчүн Алтайдан Манас баш болуп аттанып чыккан кыргыздардын Мунаркан баштаган колу Кочкор өрөөнүн башкарган калмак жаң-жуңу Арсы м-н беттешип, анын аскерин талкалаган жер (КФ, 576-инв., 514—520-б.). Географиялык реалияда Кочкор өрөөнүнүн түш.-чыгышындагы аймак, тоо ж-а өзөн.

**КАРА-КЫР** — топоним. Алоокени жеңип Манасты кан көтөргөндө:

Алтын казган казына
Кенимди кошо берейин
Чай алуучу Кара-Кыр
Жеримди кошо берейин (СК, 1. 211),—

деп айтылат.

**КАРА-КЫРЧЫН** — топоним. Кытайлар м-н болгон экинчи урушта атынан ж-а кырк жолдошунан ажырап жоонун курчоосунда жөө калган Манасты көп колу м-н келген Кошой куткарат. Ошондо өз жерине кайткан жоокерлердин жолунун сүрөттөлүшүндө: «Кайра тартып Алтайдан, Кара-Кырчын, Тал-Мазар Бойлоп көп кол конду эле» (СК, 1. 161),— деп айтылат.

**КАРА КЫТАЙ** — этноним. «Манас» эпосунда кыргыздардын кытай деген этноним м-н аталган эпикалык башкы душманы. «Кыргыз элинин бытырандылыкка учурап, баскынчылар тарабынан күч менен ар кайсы жакка таратылып сүрүлүшү тарыхта чыныгы болгон факт. Бул окуя 10-к-да моңгол тилине жакын тилде сүйлөгөн Кара-Кытайлардын (алардын дагы бир аты — кидан) баскынчылык м-н кол салып, кыргыздардын мамлекеттигин бузган чабуулуна туура келет... Кыргыз урууларынын тарыхта эң күчтүү мамлекет болуп турган учурунда кол салып бирдигин бузган кидандар (кара кытайлар) болгондуктан, элдин өмүрүндөгү мындай оор кезең эпосто из калтырбай койгон эмес. Ошондуктан эпос боюнча кыргыздардын душманынын «кара кытай», «кытай» деп аталышы, тилде да «кара кытайдай каптап» деген ылакаптын пайда болушу кокустан эмес» — деп Б. М. Юнусалиев көрсөтсө, Б. Жамгырчинов да «Манас» эпосунун алгачкы тарыхый негизи К. к-лардын чабуулдарына каршы күрөшү мезгилинде пайда болгондугун белгилейт. Орхон-Эне-Сай жазууларында К. к. түрктөрдүн чыгышында жайгашкан күчтүү душманы катары бир нече ирет эскерилген. Ал кытай жазмаларында 8-к-дан тартып белгилүү. К. к-лар алгач Манжуриянын түштүгүн мекендеген эл. Мусулман жазууларында К. к. жалпы эле кытай деген түшүнүктө колдонулган. 10-к-дын башында 916-ж. ченде (тунгус, кээ бир булактарда моңгол тилинде сүйлөгөн эл К. к-лар Тынч океандан тартып, түндүгү Байкөл (Байкал), түш.-батышы Тянь-Шанга чейинки аралыкты ээлеген күчтүү империяны түзгөн. В. В. Бартольд м-н А. Г. Малявкиндин маалыматтары б-ча К. к. суралесинин борбору Түн. Кытайда болуп, ал Ляо (Кытай жазмаларында) деп аталган. Суралени негиздеген Абаоцзи (Ила-Абула) 840-ж. эне-сайлык кыргыздардын карамагында болгон Түн. Моңголияны басып алып, Ордо Балыкты талкалап, бийлигин чыгыш Түркстанга чейин кеңейтет. Орхондогу Билге канга арнап тургузулган эстеликти бузуп, өзүн даңазалаган жазууну чегүүгө буйрук кылат. Кытайда кыйла мезгилге чейин бийлик жүргүзгөндүктөн, кытай маданиятын дээрлик кабыл алат. Түш. Кытайдагы Сун суралесинен алман алып да турган. 1125-ж. тунгус тилинде сүйлөгөн чжурчжендер Сун суралеси м-н биригип К. к-лардын суралесин жок кылат. Елюй Да-ши башчылык кылган К. к-лардын тобу О. Азияны басып кирип, Си Ляо (Батыш Ляо) деген мамлекетин түзөт. К. к. империясынын башында Гуркан аттуу башкаруучусу болгон. Мусулман жазууларында Гуркан «Кандардын каны» деген маанини билгизген. К. к-лар маникей дининде болушкан. К. к-лардын батышка карай келиши эки жол менен өтөт.

К. к-лардын бир бөлүгү Чыгыш Түркстан аркылуу өтөт. Бирок ал Табгач кан Хасандын уулу Кашкарлык Арслан кан Ахмедден сокку жеп, кол башчысы анда өлгөн. Бул согуш 1128-ж. болгон деп болжолдонот. Араб жазуу булактарында мусулман элдеринин ичинен К. к-ларга биринчи болуп Баласагун кан баш ийген деген кабар айтылат. Ибн Ал-Асирунын маалыматында 16 миңден турган К. к-лардын бөлүгү Жети-Сууга Арслан кандын (Сулеймандын) мезгилинде эле келип орношуп, кийин жергиликтүү көчмөн калктар м-н сиңишип кеткен. К. к-лар эпосто кыргыз элинин айыгышкан жоосу иретинде сүрөттөлөт: «Биздин кыргыз аз болот, Кара кытай, манжу журт Биздин журтка кас болот» (СК, 2. 8).

Тегерегин карабай
Алоокенин Коңурбай
Чымын жанын аябай
Каңгайдын дөөсү өлгөндө
Мен эмне болом — деп,
Кара кытай көп журтум
Кай бетим менен көрөм — деп (КВ, 2. 217).

К. к-лар 10-к-да Чыгыш Түркстандагы көчмөн калктар сыяктуу эле Чыңгыз кандын мамлекетине туруштук бере албай, өзүлөрүнүн мамлекеттик абалынан ажырап, кийин казак, кыргыз элдеринин калыптануу процессинде аралашып кеткен. Балким, кыргыз элинин уруулук курамында кытай, манжу деген эски аттардын сакталып калышы, ушул тарыхый факты м-н да түшүндүрүлүшү мүмкүн.

К. к-лардын «Манас» эпосунда эпикалык душман катарында чагылгандыгына колубузда болгон анын көптөгөн варианттарына караганда 16-к-дын башында жазылып калган «Мажму ат-таварих» кол жазмасы көбүрөөк ишенимдүү маалыматтарды берет. Кол жазмадагы Манас баатыр ж-дөгү окуялар м-н кыргыз уруулары тууралуу тарыхый-этнографиялык маалыматтар эпостун тарыхый ж-а анын өнүгүшүнүн мыйзам ченемдүүлүгүн аныктоо б-ча маанилүү фактыларды берет. «Мажму ат-таварих» б-ча Манас баатырдын негизги душманы Жолойдун тарабында солон, шибе элдери катышкандыгы айтылат. «Манас» эпосунун кийинки варианттарында да кыргыздын башкы душмандары болгон калмак-кытайлар жаатында солон, шибе деген элдин өкүлдөрү катышат. Демек, солон, шибе деген конкреттүү элдердин ысымдары салттык түрдө сакталып келатышы да бекеринен эмес. Бул элдердин өткөндөгү тарыхы да К. к-лар м-н байланышат. Мына ошол «Мажму ат-таварихте» сүрөттөлгөн Жолой м-н К. к-лардын башчысы Елюй Да-шини бир адам деп эсептөөгө болот. К. к-лардын негизги бөлүгү (жаңы келишкенде) азыркы Түн. Кыргызстандын аймагына жайгашып калышкан. Алардын калдыгы «кара-кытай», «кытай» деген ат м-н кыргыз элине кошулган. Чаткал кыргыздарынын арасында «кара-кытай» уруусунун басымдуу болушу бекеринен эмес, уламыштарга караганда алардын Чаткал өрөөнүндө Күлбескан деген башкаруучусу болгон экен. Ошентип, байыркы кыргыздардын бирдиктүү мамлекет болуп турган кезде (9—10-к.) баскынчылык кылган К. к-лардан жапаа тартышы, бытырандылыкка, бүлүнчүлүккө ж-а калың кыргынга учурашы байыркы «Манас» жомогунун чыгышына себеп болушу мүмкүн.

*Ө. Караев, С. Сыдыков*

**КАРАКЫШ** — топоним. Эпос б-ча кыргыздардын Алтайдан Ала-Тоого көчүү ж-дөгү кеңешине К-тан да келишет:

Анын арка жагынан
Каракыш шаардын Бурчагы
Каркап кырк миң кол менен
Каптап келди бу дагы (СО, 2. 30).

Географиялык реалияда Синьцзяндагы Каракаш шаарчасына туура келет.

**КАРА-КЫШТАК**, Кара-Кишлак — топоним. «Мажму ат-таварих» б-ча К. -К. Манас баатыр мекендеген жер катары айтылат. Калмактар м-н кыргыздардын урушунда Манас он үч жеринен катуу жарадар болуп, калмак каны Жолой К.-К-ты талап, Якуб-бекти (Жакып) туткундап кетет. Жолойдун кол алдындагы Тубай деген киши К. -К-ка келип Манасты ууландырат. Тубай дагы Көзкаман сыяктуу калмактан аял алып, алардын динине кирип, кыргыздарга келип чыккынчылык кылат. Тубайдын Манасты уулантырышы, башкы баатырдын өлүп, тирилиши ж-дөгү окуя К.-К-та өтөт. «Манас» эпосунун негизги варианттарында да К.-К. кыргыздардын байыркы мекендеген жерлеринин бири катары айтылат. Географиялык реалияда Кыргыз Ала-Тоосунун түндүк капталында, азыркы Мерке районунун аймагында жайгашкан өрөөн. Баш жагы кенен, түн.-батышта Терек суусу кошулгандан кийин, Кара-Дөбөнүн тушунда кууш капчыгайга айланат. К.-К. мал-жанга ыңгайлуу; жайкысын — жайлоо, кышкысын кары аз болгондуктан кыштоо катары пайдаланылат.

*К. Сейдакматов*

**КАРА-КЫЯ** — топоним. Туткундардын кайра кошулушу окуясында Күлчоро «Кара-Кыя капчалга Жол салганда бир өлбөй» (КВ, «Сейтек», 66), — деп арман кылат. Географиялык реалияда Кыргызстанда К.-К. сыяктуу тоо беттерин кыялап кесип өткөн чыйыр жолдор өтө көп.

**КАРАЛА** — *Агыштын* байгеге чапкан күлүгү. Көкөтөйдүн ашында байгеге чабылган аттардын бири катары эскерилет (СО, 3. 268).

**КАРАЛА** — *Ажыбайдын* байгеге чапкан күлүгү. Алмамбеттин Манаска келишине арналып өткөрүлгөн тойдогу ат чабышта алтынчы болуп келет (СО, 2. 340).

**КАРАЛАЕВ** Саякбай (1894—1970) — манасчы, к. *Саякбай* Карала уулу.

**КАРА МАНАС**. Өзбек ССРинин Бостон р-нундагы айыл. Элдик уламыш б-ча бир заманда бул жерди Манас баатырдын бир жээни бийлеп турган экен. Ал жээни той берип, Манасты чакырбай коёт. Тойго келген кытай-калмактар тике карап кайша айтар баатырлардын жоктугун көрүп, тойдун чаң-тополоңун чыгарышыптыр. Ошондо карыялар, айыл

аксакалдары жашыруун кеңешип, Манаска кабар беришет. Баатыр Манас колу м-н келатканын кытай-калмактар алыстан көргөндө эле «Кокуй, кара Манас келип калды качкыла!»,— деп чуру-чуу түшүп качкан экен. Ошондон улам бул жер К. М. аталып калыптыр.

**КАРАМАР** — эпизоддук кейипкер. Калмак баатыры. Көкөтөйдүн ашында Коңурбай ат чабыштын байгесине зордук кылмак болуп курган кеңешке катышат (СО, 3. 260).

**КАРАМАР** (ир. мар — жылан) — өтө чоң, зор жылан, ажыдаар. Эпосто К. Алооке кандын ажайыпканасын сүрөттөөдө учурайт: «Байкап көргөн кишинин Акылы жобоп, дал кылган, Төө кийиктен төртөө бар, Жыйырма жылан — карамар» (СО, 2. 184).

**КАРА МЕРГЕН** — эпизоддук кейипкер, мергенчи. Манас боюнда барында жолборстун жүрөгүнө талгак болгон Чыйырдыга Беделбай аттуу жылкычы Каңгайдын К. м-и аткан жолборстун жүрөгүн алып келип берет (СО, 1. 69).

**КАРА НОГОЙ** — этноним. Эпосто кыргызга канатташ жашаган уруулардын бири. Көпчүлүк эпизоддордо К. н. белгилүү каармандардын урруусу катары сүрөттөлөт: «Кара Ногой Жамгырчы, Сары Ногой Эр Манас (РЖВ, 7). «Манаста» К. н. ж-а Сары ногой тууралуу маалыматтар, тарыхый болмуш көркөм формада чагылдырылган. К. н. тарыхта Жуучу кандын чебереси болгон Ногойго (13-к-да жашаган) караштуу эл. Кийинчерек ногойлор деген эл жалпы аталып өзүнчө болуп калыптанган. Бул түрк-моңгол элдеринен куралган калк. Алтын-Ордонун ж-а ал кулаганда Ногой ордосунун курамына кай бир кыргыз уруулары киргенин эсепке алганда «Манас» эпосундагы К. н. тууралуу билдирүүлөр тарыхый чындыкты чагылдырган дешке болот.

*И. Молдобаев*

**КАРА-ӨТКӨЛ** — топоним. Манас баатыр баштаган кыргыздар Алтайдан Ала-Тоого көчөр алдында казактардын уруу башчысы Көкчө жер чалып кайра кайткан учурда «Кара-Өткөл дeңиз көл менен» (СО, 2. 154) өткөнү айтылат.

**КАРА-ӨТӨК** — топоним. *Алооке* кандын Анжыяндан качып кетишин баяндаган окуя б-ча бош калган Анжыянга Манас колу м-н келип, К. -Ө. жерине кыштайт (СО, 2. 230).

**КАРАСАЕВ** Хусаин Карасаевич (1902, Түп р-ну, Кең-Суу айылы) — кыргыз совет адабиятчысы. Профессор (1966). Кыргыз Республикасынын илимге эмг. сиң. ишмери (1992), Кыргыз Республикасынын ИАнын ардактуу академиги (1992). «Манас» эпосун изилдөөчүлөрдүн бири. 1914—16-ж. Пржевальск орустузем мектебинде окуган. 1922—23-ж. Кең-Суу кыштагындагы ревкомдун төрагасынын орун басары. 1923—27-ж. Ташкендеги казак, кыргыз эл агартуу ин-тунда билим алган. 1924-ж. кыргыздын туңгуч «Эркин-Тоо» газетасын чыгаруучулардын бири. 1928—31-ж. Ленинграддагы Енукидзе атн. Чыгыш таануу ин-тун бүтүргөн. 1961—74-ж. КМУда эмгектенген. Эмгектери: «Жаңылык» туңгуч кыргыз алиппеси (1928, И. Арабаев м-н бирге), «Сабат ачкыч» алиппеси (1927), «Орусча-кыргызча сөздүк» (1928, И. Батманов м-н бирге), «Орусча-кыргызча сөздүк» (1938, И. Батманов м-н бирге), «Орусча-кыргызча сөздүк» (1944), «Орфографиялык сөздүк» (1966), «Накыл сөздөр» (1984), «Өздөштүрүлгөн сөздөр» (1987) ж. б. Кыргыз элинин биринчи агартуучусу Осмоналы



Сыдыковдун «Тарых кыргыз Шадмания» аттуу китебин (1990) азыркы тамгага өткөрүп, ага баш сөз жазган. 1931-ж. улуу манасчы Саякбай Карала уулу м-н биринчи жолу таанышкан. Анын оозунан «Манас» эпосун жазырып алууга көп эмгек сиңирген. «Манасчы» деген терминди биринчи болуп манастаануга киргизген. К. «Накыл сөздөр» китебинде кыргыз тилиндеги, о. эле «Манас» эпосунда жолуккан көптөгөн накыл сөздөргө түшүндүрмө берип чечмелеген. «Өздөштүрүлгөн сөздөрдө» кыргыз тилине ж-а «Манаска» башка тилдерден (орус, араб, иран, моңгол, кытай ж. б.) оошуп кирген сөздөрдүн маанисин ачып берген. 1990-ж. жарык көргөн *«Камус наама»* («Манас» сөздүгү) эмгеги эпостогу көөнөрүп бараткан сөздөргө түшүндүрмө берүүгө арналган.

*З. Бектенов*

**КАРА-САЗ**, к. *Жүйүрмөнүн Кара-Саз.*

**КАРАСМАН** — эпизоддук кейипкер, калмак балбаны. Манас төрөлгөндө берилген тойдогу балбан күрөштө казак балбаны *Калдардан* жыгылып калат (СО, 1. 97).

**КАРАСУР** — *Ошпурбайдын* байгеге чапкан күлүгү. Алмамбеттин келишине арнап өткөрүлгөн тойдогу ат чабышта байгелүү орундардын бирин ээлейт (СО, 2. 341).

**КАРАСУР** — *Койчумандын* аты. Алмамбет келгенде Манас ага тартуулаган күлүктөрдүн бири (СО, 2. 318).

**КАРАСУР** — каңгайлардын байгеге чапкан күлүгү. Манас туулгандагы тойдогу ат чабышта байге алган тулпарлардын бири (СО, 1. 82).

**КАРАСУР** — *Айдаркандын* байгеге чапкан күлүгү. Тейишкандын тоюндагы ат чабышта Аккуладан кийин келет (СО, 2. 66).

**КАРА-СУУ** — топоним. Эпосто Алтайда, о. эле Ала-Тоодо да кезигет. Манастын жентек тою К. -С-нун боюнда өткөрүлгөн.

Жакып бай жайнай конуптур
Үч-Аралдын түзүнө,
Каңды тоонун оюна,
Кара-Суунун боюна.
Карап тургун калайык
Кан Жакып кылган тоюна (СО, 1. 77).

Географиялык реалияда Алтай тараптагы жерлердин бири.

**КАРАТАЗ** — эпизоддук кейипкер, көөрүкчү. Манастын ач албарсы жасалганда кырк алты

устаны жадатып, көөрүк басып бергени айтылат (СО, 4. 339).

**КАРАТАЙ** — Ырчыуулдун өз аты, к. *Ырчыуул.*

**КАРА-ТАШ** — топоним. Эпосто Манас Бээжинге кол топтоп аттанганда басып өткөн жерлердин бири:

Как Чөмүчтүн башына,
Кашага, Кара-Ташына
Кымкаптаган чатырга,
Чай кайнатып нан салып,
Сары аякка бал салып,
Чатыраш ойноп даң салып (СО, 4. 112—113).

Географиялык реалияда Чүйдүн Чөмүч өрөөнүндөгү микротопоним.

**КАРА-ТАШ** — топоним. Манастын кытай-калмактар м-н болгон экинчи жолку урушунда душмандардын Каражой мергени (Кожожаштын атасы) «Алачыктай кара таш Караташтан Манасты» (СК, 1. 156) тосуп, анын Торучаар тулпарын атып өлтүрөт.

**КАРАТЕГИН** — топоним. Алтайдан көчүп келип Алай өрөөнүнө отурукташкан кыргыздын нойгут, окчу урууларын чапкан Шоорук канга караштуу жер, аны толук калчалар жердеген. Бокмурун Көкөтөйдүн ашын өткөрүү үчүн элди чогултуп кеңешкенде ылайыктуу жерлердин катарында аты аталган Алай жайлоосунун географиялык жайгашкан орду «Каратегиндин башында» (СО, 3. 76) экенин түюндуруу үчүн колдонулган. Географиялык реалияда Тажикстандын түн.-чыгышында, Сурхоб дарыясынын чөлкөмүндө, Алайга чектеш жаткан тоолуу аймак.

**КАРА ТЕЙИТ** — этноним. Эпосто кыргыздын белгилүү урууларынын бири: «Катарлаш болуп Кошойго, Кара тейит Наймангa Кабардаш болуп ошого» (СО, 2. 230). К. т. бир катар каармандардын уруусу катары да сүрөттөлөт: «Казактан бар Жоорунчу, Кара тейит журтунан Кайгыл, Бөгөл, Тоорулчу» (КВ, 2. 178). Кыргыздардын санжырасы б-ча К. т-тер тейит уруусунун курамына кирет.

**КАРАТОКО** — эпизоддук кейипкер, Мажиктин атасы. Кошойго кандагай батпай калганда Ажыбай м-н Чалыбайга кошулуп «Өнөр менен өткөрө Кылып койгон бир иш деп», кандагайдын жөн шым эмес экенин баамдайт (СО, 3. 211). Башка учурларда Мажиктин атасы делип же уруунун аталышы (этноним) катары айтылат (СО, 3. 50, 175).

**КАРА-ТОО** — топоним. Эпостогу сүрөттөө б-ча мифтик кейипкерлердин тургун мекени. К.-Т-го жортуул жасаган Жолойдун эрдигин «Кара-Тоону басып жер кылдың, Беш дөөнү байлап эл кылдың» (СК, 1. 80),— деп Эсенкан жогору баалаган.

**КАРА УСТА** — эпизоддук кейипкер. Аккелтени жасаган уста. Бакай Манаска Аккелтени тартуу кылганда «Дөөтү досу Кара уста» (СК, 1. 189) жасаганын айтат.

**КАРА-ҮҢКҮР**, к. *Кайыпчынын Кара-Тоосу.*

**КАРАЧ** — кейипкер, Чамбыл-Белди жердеген эки эрдин бири, к. *Жанаалы, Карач.*

**КАРАЧА** — кейипкер. Кыз *Сайкалдын* атасы. Бул каармандын образы эпостун варианттарында ар башкача чечилет. СОВдо калмак доотайы, эл билерманы. Бул вариантта Катталаң деген ылакап ат м-н да айтылат. Текес кан жеңилгенде сексенге таяп калган К-ны эл кандыкка каалайт, көңүлдөнүп калганында кызы Сайкал каршы болуп К. кайра кандыктан айнып калат. Ошондо эл бизге катаалдык кылдың деп, Каткалаң атка конуп кетет. К. Текестин иниси Тейишти кандыкка көрсөтөт. Тейиш кандын тоюндагы эрөөлдө Манастан найза жеген Сайкал сайышка кайра чыкпай койгондо, Манаска К-нын айтуусу б-ча Сайкалдын атын тартуу тартышат. Манас Сарыбуурулду К-га берет (СО, 2. 46—48, 64—67). СКВда кырк уруу кыргыздын бири нойгут элинин каны делет. Атасы Жакыпка таарынып, өзүнө ылайык жолдош издеп чыккан Манас Баба дыйкан м-н ортоктошуп айдаган буудайын эли ачарчылыкка учурап, эгин издеп жүргөн К-га берип, акысына «Кулатайды» алып, ал кийин баатырдын айтылуу тулпары Аккула болуп чыгат. Акылы жетик, эл камын ойлогон К.:

Ал абалың кандай деп,
Картайганда Карача
Ал-абалын сурай жүр!
Эрендирсиң, эрдирсиң
Күтүп алчу сендирсиң!
Элди байкап чала жүр,
Менин жерим Лоп дайра
Ошондон кабар ала жүр!— деп Манаска анын жалпы кыргыз элине арка-бел экенин айтат (СК, 1. 172—182). Манас өлгөндө кызы Сайкалга алтымыш катын кошокчу м-н тул салдырып берет (СК, 2. 253).

*А. Кургенов, С. Телегенова*

**КАРАЧАЧ** — эпизоддук кейипкер. Үргөнчтүн боюнда Семетейди күтүп жаткандагы Айчүрөктүн нөкөрү (СК, «Семетей», 2. 47). Кийин Кыяс Айчүрөктү олжолоп алып кеткенде К. Айчүрөк м-н кошо жүрөт. Айчүрөк толготуп жатканда эркек төрөсө баласын билгизбей өлтүрүп келгиле деп, Кыястын жети кемпирди жөнөтүп жатканын К. угуп, Айчүрөккө айтып келет. Айчүрөк К-тын жардамы м-н жети кемпирди өлтүрүп, Сейтекти аман алып калат.

**КАРА ЧОЮН** — эпизоддук кейипкер, калмак балбаны, Эсенкан Манасты кармап келүүгө Жолой м-н Дөңгө аттуу баатыр-балбандарын баш кылып жиберген согушта Жолойдун он эки жайсаңынын бири экени айтылат (СК, 1. 94).

**КАРА-ШААР** (Чоң шаар маанисинде) — топоним. Эпостун негизги варианттарында учурайт. СОВдо: «Жери Шыйкуу, Суушаңда, Калаасы Кара-Шаар болуп, Жердеген экен ошондо» (СО, 1. 155),— деп Жакыптын жердеген мекени катары айтылса, кээде кытайдын жери (шаары) катарында да учурайт:

Беш калааны айланып,
Бээжин минер мал экен.
Кара-Шаарды айланып
Калдайлар минер мал экен (СО, 3. 191).

Чоң казатка аттанган Манастын колу Бээжинге бараткан жолдо К.-Ш. аркылуу өткөнү айтылат (СО, 4. 92).

**КАРА-ЭМИЛ** — топоним. Нескара м-н болгон урушта бошотулган маңгулдарга Манас баатыр кыргыз эли м-н канатташ жашоону сунуш кылып «Кара-Эмилди, Кажырты Как ошону жерденер» (СО, 1. 211),— деп аларды Эсенкандын баскынчыларына каршы күрөшүү үчүн дайым даяр турууга чакырат.

**КАРГЫШ** — бирөөгө карата каргап айтылган сөз. «Манас» эпосунун көркөм түзүлүшүнө кирген салттык-турмуштук ырларынын катарында К-тар кеңири жолугат. Алар алкыш сыяктуу эле тилөө ж-а арбоо максатында колдонулат. Бирок алкышка карата каршы максатта — бирөөгө наалат, кыянаттык келтирүү үчүн сөздүн магиялык кудурети жумшалат. Эпостун көркөм курамындагы К-тарды бир нече темага бөлүп кароого болот: теңирдин ж-а жердин кудуретине байланышкан К., ата-бабалардын арбактары м-н байланышкан К-тар. Эпостун көркөм поэтикасындагы К-тар бул темалар м-н гана чектелбейт, бири-бири м-н байланышкан майда темадагы К-тар да жолугат. Байыркы түрктөр, а. и. кыргыздар Теңирди (асман, көк), жылдыздарды ыйык тутушуп, ар кандай элдик ишенимдер пайда болгон. Ошого байланыштуу алардын бүгүнкү лексикада да «Теңир урсун!». «Төбөсү ачык көк урсун!»,— деген өңдүү арбоо К-тар кеңири жолугат. Эпостун текстинде теңирдин аты м-н багытталган К-тар ар кандай кырдаалдарда колдонулат. Мис., ыйык тутулуп, Теңирдин аты м-н К. багытталат:

Төбөсү ачык көк урсун,
Төшү түктүү жер урсун,
Көк милтенин чогу урсун,
Убадаңар чын болсо
Ушуга кандар кол көтөр...
Ат башындай ак куран
Алып келип баары да
Көкүрөгүн урушту (СО, 4. 16).

Контексттеги алты кандын К-ы ислам дининин элементтери м-н айкалышкан. Мында алты кан Теңирге ж-а Жерге жалынып, Манасты багындырып бериш үчүн өздөрүнүн арбоолорун тилеп, убадаларын байланыштырышкан К-ында элдик ишенимдеги диндик элементтер колдонулуп К-ты бекемдөө үчүн «Ыйык куранды көкүрөгүнө коюшат». Бул учурда ислам ишеними К-ты баштапкы көөнөлүк түрүн жаап, чүмбөттөп калган. Эпосто көрүнгөндөй элдик көз караштын байыркы ж-а кийинки катмарлары бири-бири м-н сиңишип, Теңир м-н Жердин культтук мааниси эпостун бардык варианттарындагы салттык К-тар да кеңири колдонулуп, культтук Теңир, Жерге багытталып айтылган К. эпостогу эң бир каардуу, ырайымсыз, коркунучтуу К. катарында эсептелген. Эпостогу К-тардын башка түрлөрүнө ата-бабалардын арбактарынын аты м-н багытталган К. жатат. Элдик ишенимде жаны өлбөйт, ал качан адам өлгөндө анын денесинен чыгып, күнөөсүнө жараша Теңирден же Жерден орун алат. Кыргыздар көпчүлүк учурда өздөрүнүн душмандарына, жамандык тилеген, кырсыктарды көп жасаган адамдарды «арбак урсун!» деген ата-бабалардын арбактары м-н байланышкан К-ты колдонуп келишкен. Мындай мазмундагы К-тардын «Манастын арбагы урсун!» деген өңдүү түрлөрү кыргыз эпосунда кеңири жолугат. Ушул эле К-тын саал өзгөргөн түрү «Манастын тузу урсун!» делип да жолугат. Атасы Манас өлгөндөн кийин кырк чоросу кас болуп чыккан аракеттерин башынан өткөргөн Семетей аларды «Манастын тузу уруп кетсин!», «иттерди арбакка койдум!» — деп каргайт. К-тын мындай түрү Манас баатыр өлгөндөн кийин ар кандай шылтоо м-н кыргыздардын саясий бирдигин бөлүп-жарган ички душмандарга карата колдонулган. Ата-бабалардын арбактары, алардын аты м-н К. айтуу адам баласынын дүйнө таануу турмушунда өтө жаман К-тар катары саналат. Ошондуктан кытай каны Эсенкан коркунуч туудурган Алмамбетти «Арбак урган качкын!» деп каргашынан К-тын жогорку түрү көрүнүп турат. К-тын мындай касиетке ээ болушун Алты кандын Манас баатырга каршы чыкканда Манастын «Арбак урган кандар ай!» деп каргашынан көрүнөт. Эпостун көркөм курамындагы К-тардын арасында Жер м-н байланышкан мүрзө-көр деген К-тар да бар. Бул К-тар кыргыздардын турмуш-тиричилигине мусулман салттарынын ургаалдуу кирген дооруна таандык. Мусулман элдеринде карасанатай адамды «Сазайыңды көр берсин!» деп көргө байланыштырып каргашкан. Эпосто Көкчө Алмамбетти Акеркеч м-н көңүлү жакын деп күнөөлөгөндө, ак жеринен көө жабылган Алмамбет Көкчөнүн өзүн каргайт: «Адам болбой жит Көкчө Кара жер сорсун нээтиңди, Сенин караркан кудай бетиңди» (СО, 2. 260). Семетейге каршы чыккан Канчорого Кыяс Манастын эли м-н ынтымакка келүүнү сунуш кылганда, арам оюу оңунан чыкпаган Канчоро Кыясты ж-а Жедигер элин каргап жиберет: «Бек болбой кара жерге кир, Жети кара көргө кир!» (СК, «Семетей», 308). Көрүнүп тургандай адамдардын ишениминде кара жер, көр тозок м-н кыйноо болуп эсептелинген. К-тын ушул түрүнө «Кара жер сорсун нээтиңди» деген типтеги К-тар кирип, мында адамдын жаман ою бар экендиги белгиленет.

Эпосто адамдар жашап турган бул дүйнө исламдын таасири м-н «азаптуу дүйнө, өлчөөсүз дүйнө, куруп калсын дүйнө, алакчы дүйнө» болуп кайталанат. Негизинен дүйнө м-н байланышкан К-тар, каармандын башына кыйынчылык түшкөндө айтылат. «Чоң казатта» Аккуласы окко учкан Манас баатыр:

Азаптуу дүйнө оңбо,— деп
Арманга ичи жык болуп,
Арстаның бармакты жара чайнады.
Алача моюн ак шамшар
Ала коюп кайран шер,
Аккуланы чалганы
Өлчөөсүз дүйнө оңбой кал... (СК,

2. 206),— деп арман кылат. Эпостун контекстиндеги К-тын арасынан «Кара оозуңа кан толсун!» деп айтылган түрү да жолугат. К-тын бул түрү жоокерчилик турмушта, салгылашуу-чабышуулардын таасири астында пайда болушу мүмкүн. Байыркы кыргыздарда жаа, найза, кылыч, канжар ж. б. кеңири тараган курал-жарактардан болгон. Мындай куралдардан жарадар болгон жоокер кансырап жатып өлгөн. Мына ушундай өлүмдүн коркунучтуу түрүн өзүнүн душманына каалашып багытташкан. Бул К. эпосто ар кандай шарттарда, согуштук окуяларда ж-а бейкуттукта сюжеттин өнүгүшүнө жараша ыза болгон каарман өзүнүн эмоциясын билдирген учурда колдонулат. Мис., Жолойго дит багып күрөшүүгө эч ким чыкпаганда, Кошой мындай К-ты колдонот:

Кара оозуңа кан толгур,
Кайрылгысыз күн болгур!
Куру оозуңа кум толгур
Кубангысыз күн болгур (СО, 3. 197).

Эпостун контекстиндеги бир топ К-тар элдин салт-санаасы, турмуш-тиричилиги м-н байланыштуу. Манас баатыр өлгөндөн кийин анын тууганы Көбөш левират салтынын укугу б-ча Каныкейди Абыкеге алып берүүнү сунуш кылат. Бирок Абыке Манастын арбагын сыйлап Каныкейге үйлөнүүдөн баш тартат, анда иниси Көбөш мындайча К. айтып, тилденет: «Салпаяк акмак деп айтат, Садага кеткин катындан». «Садага кеткин» деген К. өзүнүн чыгыш теги б-ча шамандык ритуалдык атрибуциясынан.

Күндөлүк тиричиликке К-тын «апаңды ал, энеңди ал!» деген тибинин да таасири өтө күчтүү болгон. Кыргыз бул К-ты ар намысына тийген учурда колдонуп, адамды жаман сөз м-н тилдеген учурда колдонгон. «Семетейде» Айчүрөктү зордук м-н алмак болуп келген Чынкожо Күлчородон жеңилип ичи күйгөндө Толтойго мындай деп К. айтат: «Айчүрөк албай апаңды ал, Эрке кыз албай энеңди ал!». Эл арасында уруулук түзүлүштөгү анимисттик көз караштагы К-тар да өтө коркунучтуу эсептелген. «Жети атаңдын боорун же!» деген өңдүү К. да К-тардын коркунучтуу, өтө жаман тибине кирген. Ата-бабалардын рухтары кыргыз элинин аң-сезиминде өзгөчө тутулуп, жети атанын К-ы кырсык алып келе турган К. делинген. «Манас» эпосунун сюжетинде К. Айдарга билдирген мамилесинде Манастын оозунан чыгып, Аккуланы чоң байгеге чапкан мезгилинде, намысына келген баатыр бул К-ты колдонот:

Байге жебей майың же
Медериңдин каның же
Жеткен байге доорун же
Жети атаңдын боорун же! (КВ, «Манас», 2. 124).

Эпосто аялдын же аксакалдын К-нын таасирдүүлүгү белгиленет. Каныкейдин таңдайында мөөрү бар, тамагында сөөлү бар деп белгиленип, ал кимдир бирөөнү каргаса, К-ы дароо ишке ашат, ошондуктан анын К-нын кырк жигити эле эмес, Манас баатыр өзү да сактанган. «Семетейде» Ачүрөктүн Семетейдин орой сөзүнө, жасаган мамилесине нааразы болуп айткан К-ы бар. Анын К-ынан корккон Каныкей Айчүрөктү каргышыңката кетпеген «Эби келсе айчүрөк Каргышыңды кайтып ал!»,— деп суранат. Каныкей Айчүрөктүн оозунан чыгып кеткен К. орундаларынан корккот, Каныкей өзүнүн жашы, даражасы улуулугуна карабастан Айчүрөктүн айткан К-ын кайтарып алуусун өтүнөт. Карылардын акылман сөзү, турмуштук тажрыйбалары кыргыздарда алардын сөзүнө сак мамиле кылуусун туудурган. Карынын сөзүнө кулак салбаса, ал сыйлабаган катары эсептелинген. Ошондуктан эпосто кары адамдын К-ы жамандык жаратууга кудуреттүү катары саналат.

*Б. Садыков*

**КАРКЫРА** — топоним. «Манас» эпосунун сюжеттик сызыгындагы элге кеңири белгилүү салттык туруктуу окуялардын бири Көкөтөйдүн ашы өткөрүлгөн жер. Уруу аксакалдары кеңешип отуруп Кошой карянын сунушу б-ча ашты өткөрүүгө ылайыктуу жер деп К-ны жактырышат. К. «Манастын» негизги варианттарынын бардыгында Көкөтөйдүн ашы өткөрүлгөн жер — өрөөн катарында сүрөттөлөт. ВЖЭ б-ча Көкөтөйдүн ашы эпостун башка варианттарыдай азыркы Ысык-Көл өрөөнүн өн ары чыгыш тараптагы К. жайлоосунда өтпөстөн Эртыштын боюнда өткөрүлөт. РЖВ б-ча «Бокмурун» деген темада баяндалган Көкөтөйдүн ашы Кулжанын тегерегинде өткөрүлөт. СОВдо Кошойдун сунушу б-ча К. жайлоосу тандалат:

Баарыңарга эп болсо,
Бабаңар айткан кеп болсо
Күн батыш жагы Ысык-Көл,
Ар тарабы бирдей тең,
Иледен ылдый айдаса
Ат чабуучу жери кең,
Ашка ылайык ушу бар,
Ар тараптан салаалап
Аккан булак суусу бар.
Кең Каркыра атагы,
Сиркедей шакел чыкпаган
Кайнатып алма, тузу бар.
Карагай, кайың, тереги,
Канчалык жагып жатсаң да
Отунга тиер кереги.
Ат чабылар жери мол
Ашка ылайык жер ошол (СО, 3. 77).

СКВда:

Аты угулат Каркыра,
Артыкча башка ошо жер.
Мүдүрүлөр аңгек жок,
Суу жеген кемер жок,
Жилик чагар ташы жок,
Сай-сайынан шаркырап,
Миңден булак куюлган,
Үкүрчүнүн оюна,
Үч-Капкактын боюна
Кемегени казчуу жер.
Керилген өзөн Кеген-Суу,
Кең бойлоп атты чапчуу жер,



Кең тамаша салчуу жер.
Үч-Каркыра өзөнү
Аш берүүчү жер ошол (СК, 2. 10—11).

К-ны Кошой карыя сунуш кылат. Географиялык реалияда азыркы Алматы обл. түш.-чыгышындагы Кыргызстанга чектеш аймак.

*Ө. Караев*

**КАРКЫРАЛУУ КЫЗ** — тебетейинин, бөркүнүн төбөсүнө каркыранын канат-куйругунан тагынган бойго жеткен кыз. Кыздардын турмушка чыга электигинин белгиси. Мис., калмак каны Кайыпкандын кызы Карабөрктү Манас алганы ж-дө: «Ырас, каркыралуу кыз алдым» (КВ, 1. 253),— деп эскерилет.

**КАРКЫРАНЫН САЗЫ** — топоним. Калмактардын жылкысы жайлаган жайлоо. Эпосто кыргыздардын К. С-ндагы калмактардын «кайнап жаткан жылкысынан» тийип алышы жоокерчилик доордун шарт, талабына ылайык келген согушуу ыгынын бир түрү болуп эсептелет ж-а кыргыздын жерин басып алган калмактарга каршы жүргүзүлгөн адилеттүү күрөштүн көрүнүшү катары сүрөттөлөт (СО, 2. 72).

**КАРКЫТ,** Аркыт (моңг. саба) — көөкөр сыяктанып төөнүн терисинен жасалып, ооз жагы күмүш же дат баспаган металл м-н кырбууланган, ичине суюктук куюлуучу идиш. Көчмөн эл кымыз, айрандан тартылган арак ж. б. суюктук куюш үчүн пайдаланышкан. Эпостун көпчүлүк варианттарында эскерилет. Кырк чоро жоого аттанарда же үлпөт курушканда:

Кымыз ичип кызышып
Сөөк терин сызышып
Каркыттан арак куюшуп
Арак, шарап мисалдаш
Албан түрлүү сонун аш
Адам татса болгон мас,
Ак боз бээни сойдуруп
Нарын тартып койдуруп — деп айтылат.

**КАРЛЫГАЧ** — эпизоддук кейипкер. Бокмурундун карындашы. ВЖЭде Бокмурун жайма Көкүл жаш Айдарды эл чакырууга жиберип жатып кааласаң карындашым К-тын Кайынбоз атын минип бар дейт (ВЖЭ, «Ала-Тоо», 1979, № 7, 76-б.). К. — адатта түрк тилдеринде сүйлөгөн элдердин эпосторунда башкы баатырдын карындашы катары кезигүүчү салттык кейипкер. «Манас» эпосунун башка варианттарында К. Манастын карындашы, к. *Карлыгач.*

**КАРЛЫГАЧ,** Кардыгач — кейипкер, Манастын карындашы. Эпостун белгилүү варианттарынын көбүндө айтылат. К. — түрк-моңгол элдеринин эпосторунда кездешүүчү салттык кейипкер. Баатыр башкы каармандын К. аттуу карындашынын болушу да туруктуу салттык мотив. Мис., Табылдынын («Эр Табылды»), Алпамыштын («Алпамыш») карындаштарынын ысымдары да ушундай аталат.

СКВда К. «найза сунуп топ бузган» баатыр катары сүрөттөлөт («Эпсиз энең Чыйырды Уулдан бирди шер тууган, Кыздан бирди шер тууган» — СК, «Семетей», 1. 262). Бакай Семетейге айткан К. ж-дөгү баянда кытайлар м-н болгон согушта Коңурбай баштаган кытай баатырлары К-ка алдары жетпей койгону айтылат:

Каарына бу кыздын
Калайык чыдап турбаган.
Кан Коңурбай баш болуп,
Чымачындын, Бээжиндин
Чын кандары ыйлаган (СК, «Семетей, 1. 262).

Ошол согушта минген атын Каражой атып салгандан кийин гана жөө калган К. кытайларга колго түшүп калат. Манас келип, карындашын кытайлардан тартып алып, жердин түбү Желпиништи жердеген *Жарманаска* күйөөгө берет. Таласка адеп келишинде Семетей К-ка жолугат. Манастын өлгөнүн, Абыке, Көбөштүр Каныкейге көрсөткөн кордугун Бакайдан угуп, барып баарын өлтүрөм дегенине Семетей көнбөйт. Семетей Букаргa кайра кеткенче «алты арам» мерт кылып коёбу деп сыртынан багып жүрөт.

**КАРНАС,** Карнас Кара — *«Мажму ат-таварихтеги»* каарман. Якуб-бектин *(Жакыптын)*

бир тууганы. Жолой көп кол м-н келип Кара-Кыштакты талкалап, Якуб-бекти туткундап кеткенде К. качып чыгып Манаска кабарлайт. Жортуулдарда, согуштарда дайыма Манас м-н бирге жүрөт. К-тын ысымына караханийлер учурунда «улуу», «кудуреттүү» деген маанини туюнткан «кара» сөзүнүн кошо берилиши мүмкүн бул каармандын баатырдыгынын белгиси. К. кезегинде жекеге чыгып, душман м-н бетме-бет кармашса, көп учурларда маанилүү кабарды убагында жеткире алган чабарман дагы.

**КАРНАС КАРА,** к. *Карнас.*

**КАРООЛ ДӨБӨ** — топоним. Кытай тарапта Ак-Сайдын оң куймасы Терек суусунун баш жагында Кереге-Саздын жээгинде Карool Дөбө деген дөбө бар. Учурунда Манас баатыр ага кароол койчу дешет. Дөбөнүн жанында «Жалгыз үй» деп аталган анча бийик эмес дөбөчө бар. Манас: «Чалк-Өйдөнү чала кел Жалгыз үйгө бара кел»,— деп кароолго киши жиберчү экен. Чалк-Өйдө — Кытай тараптан узак жол жүрүп, чарчап келе жаткан кол эс алып, аттарын тойгузуп, жатканга ылайыктуу өзөн-суулуу жер. Арпанын күн чыгыш жагынын Ак-Талаа р-ну тарабынан орун алган. Бул жерде илгери коргошун кени көрүнө эле жердин үстүндө жатчу дешет. Колунан көөрү төгүлгөн чебер усталар коргошундан ок куюп жасаган куралжарактары м-н душмандан коргонуп турганы ж-дө элде уламыш айтылып жүрөт.

**КАРООЛ-ТООСУ,** Кароолдун тоосу — топоним. Эпос б-ча Алтайдан Ала-Тоого жаңы көчүп келген Манас баатыр кырк чоросу м-н ууга чыккан тоо:

> Кароолдунун тоосунан
> Карыя Бакай абасы
> Көмүрдөй кара кулжадан
> Көбүн атып салыптыр (СО, 2. 170),—

деп баяндалып, ал тоо ошондон кийин Кара-Кулжа аталган имиш. Географиялык реалияда Алайкудагы жер.

**КАРООЛЧУ ЖАНДЫКТАР** — эпос б-ча кытай-калмак чек арасын кайтарган мифтик жандыктар. Алар «Манас» эпосунда: «Түлкүсү жатат белинде, Өрдөгү жатат көлүндө, Кулжасы жатат каңкайып, Коймого койгон



жеринде» (СК, 2. 126),— деп сүрөттөлгөндөй жоонун колу келе жатканын Коңурбайга кабар салышат. Мис., Чоң казат мезгилинде чалгындап барган Алмамбет, Сыргак баатыр тарабынан Куу Кулжа м-н Куу Түлкү ажал табат да, амалдуу Куу Өрдөк кутулуп Коңурбайга кыргыз колу келгенин кабарлайт. Сыйкырдын жардамы м-н иштелип, душман сакчыларынын милдетин аткарышкан Куу Кулжа, Куу Өрдөк, Куу Түлкүнүн образдарына негизинен ашкере куулукту туюндурган амалкөйлүк, митайымдык сапаттар топтоштурулган. Буларды Манастан чочулаган Коңурбай сыйкырдын күчү м-н кыргыздардын жолуна атайы кароолго койдурган. Мындай образдардын түпкү тегинде жаратылыштын ээси ж-дөгү («Кожожаш» эпосундагы Суречки тибиндеги) ишеним жатат. Небак унутулган маанисин билбеген айтуучу элести поэтизациялоонун негизги жолу деп ага чектен тыш, өзгөчө сапат, касиетти таандыкташтырууну түшүнөт. Натыйжада кароолчулук милдет аткарган жандыктар каармандарга жардамын тийгизүүчү касиеттүү күч катарындагы абалынан өзгөртүлүп, адамдар өз акыл күчүнүн жардамы м-н жасап алган куралга айландырылып берилип калган. Ошондуктан, кытай баатыры Коңурбайдын кароолго Куу Кулжа, Куу Өрдөк, Куу Түлкүнүн образдарынын негизинде байыркы адамдардын адам баласына жат, оңго карама-каршы турган сырдуу күчтөр ж-дөгү түшүнүктөрүнүн өз формасын өзгөрткөн үлгүлөрү жатат да, «Манас» эпосунун алгачкы жомоктук-мифологиялык абалына тиешелүү болот. «Семетей» эпосунун да байыркы катмарын К. ж-тар ж-дөгү түшүнүктөр түзүп, адамдардын магиялык, анимизмдик ишенимдер м-н байланышта сүрөттөлөт. Бээжинге бет алган төрт баатыр (Семетей, Күлчоро, Канчоро, Бакай) Кытай чек арасына жеткенде ар кандай тоскоолдуктарга учурайт. Мындай тоскоолдуктар камырабастыктан, Бакайдын айткандарын так аткарбагандыктан келип чыгат. Бакай Семетейге Коңурбайдын сакчы айбанаттары ж-дө түшүндүрүп, («Манас» эпосунун «Чоң казат» эпизодунда өлтүрүлгөн) Куу Кулжа, Куу Өрдөк, Куу Түлкүнүн балдары калгандыгын эскертет. Манастын кунун кууп, өчүн алуу үчүн Коңурбайга каршы аттанган Семетей баатыр алды м-н Бакай эскерткен сакчы айбанаттарды жайлайт. «Манас» бөлүгүндө сакчылык милдет аткарган К. ж-дан айырмаланып «Семетей» бөлүмүндөгү сакчы жандыктар негизинен кийинки экинчи муундун өкүлдөрү. Демек, эпикалык душман баатырларынын чек арага койгон ушул кабарчылары эпостун эки бөлүмүндө тең бирдей сакчылык милдет аткарган мифтик образдардан болуп саналат. Түрк, моңгол элдеринин эпосторунун өнүгүшүнүн алгачкы этабында магиялык мүнөздөгү айбанаттардын ролу айрыкча маанилүү орунду ээлейт. Мис., мифтик образ Эрликтин айбанаттардан (кузгун, төө ж. б.) жардамчылары болгондугу Алтай эпосторунда баяндалат.

*С. Алиев*

**КАРСЫМАН** — топоним. Жакыптын жылкысын тийген калмактардын бала баатыр Манастан аман калгандары качып, К. суусунун боюндагы сайга корголошот (СО, 1. 124).

**КАРТКҮРӨҢ** — *Ажыбайдын* аты. Эпосто К. аркасы бийик, маңдайы калың, туягы чулу,

кайыптын тукуму, чаалыкпас тулпар катары сүрөттөлөт. Анын «Бир изин жаза баспаган, Азар-түмөн жылкы алып, Кошуп ийсе жылкыга Бир жаңылбай баштаган» (СО, 4. 177) айбандан башка акылдуу мал экенин байкап, Алмамбет Чоң казатта чалгынга жөнөгөндө К-дүн күчүн сурайт. Коңурбайдын жылкычысы Карагул Алмамбет м-н Сыргактын өздөрүнөн гана эмес сыны башка тулпар К-дөн да «Тулпардык шаңы көрүнгөн, Биздин элдин



Б. Жумабаев. Карткүрөң (Ажыбайдыкы).

малы эмес Коштоп жүргөн атыңыз» (СО, 4. 283),— деп шек санаганда Алмамбет аны «Макел баатырдын буруттардан олжого түшүргөн малы»,— деп жүгөнүн шыпырып жылкыга кошуп жиберет. Ошентип, К-гө баштатып жылкы тийип алышат. Ажыбайдын ар кандай баатырдык аракеттери К. м-н жүргөндүгү СКВда кеңири сүрөттөлөт (СК, 2. 170, 176).

**КАРТЫК** — ооруган жерден кан алууга, канды, ириңди, денеге туруп калган желди сордуруп таштоого колдонуучу табыптардын уйдун мүйүзүнөн жасалган аспабы, түтүкчө. К. кыргыздар арасында илгертен эле кеңири таралып, суук тийген, жел турган жерге оңко (медициалык айнек банка) сыяктуу коюлган. «Манас» үчилтигинин «Сейтек» бөлүмүндө далысынын кечири кесилип жараланган Күлчорону табып, аяш атасы Момунжан ириңдеген жарага К. коюп таза эмес кандарды сордуруп дарылаганы эскерилген. К. негизги варианттарда көпчүлүк окуяларда баяндалат. К. ж-дө кенже эпостордо да кеңири маалымат берилет.

**КАРЫКАН** — кейипкер. Кырк кан кытай элинин түпкү, башкы каны (императору). СКВда окуяларга учкай катышса да элестүү сүрөттөлгөн, өзүнчө мүнөзгө ээ кейипкер. К., Эсенкан, Азизкан, Алооке төртөө бир тууган. К. чексиз бийликке эгедер, согуштук эпизоддорго түздөн-түз катышпаганы, баатырдык иштери сүрөттөлбөгөнү м-н Эсенкан экөө көп согуштук окуялардын түздөн-түз уюштуруучусу болуп саналат. Ал ар кадамын өлчөп куулук м-н бийлик жүргүзгөн кан катары акыл, айла, амал м-н сырткы саясатын жүргүзөт. «Эрдигин билип Манастын, Нечен кыстап бурутту, Алалбаган мен ушу» — деп эң башкы душманы Манаска алы жетпегенин, анын баатырдыгын мойнуна алат. Кытайлардын көп маанилүү иштери К-дын буйругу м-н бүтөт) Азизканга Алтынайды алып берет; Азизкан ат койдурганы баласын К-га алпарат; Манасты өз туугандары аркылуу тымызын жок кылуу үчүн Таласка Көзкамандарды жөнөтөт; Манас Чет-Бээжинге кан болгондо качып барган Коңурбайга Манастын айбалтадан өлөрүн айтып, айбалта жасатат ж. б.). Коңурбай баш болгон кытай кандары алдына жүгүнүп турган Эсенкан да керек учурда К-дан акыл сурайт, анын буйругун аткарат, жардамын алат (кандыкты талап кылып келген Алмамбеттен качып, Эсенкан К-га даттанып барат ж. б.). Айлакер К. Алмамбетке өзүнүн тагын мингизип, таажысын кийгизип, амал м-н көзүн тазаламакчы болгонун билгенден кийин Алмамбет Бээжинге дүмөк салып, К. жок болгондуктан аны өлтүрө албай калат (СК, 2. 112). Чоң казаттан кийин К-дын тагдыры ж-дө айтылбайт.

*А. Күрөгөнов, С. Алиев*

**КАРЫМШАК** — Жоошбай уулу (1900, Ноокат р-ну, Шорон айылы —1979, ошол эле жер) — манасчы, жомокчу. «Манас», «Эр Төштүк» эпосторунун бир катар окуяларын айткан. 1969-ж. ТАИнин кызматкерлери тарабынан «Манас» эпосунун үзүндүлөрү («Көкөтөйдүн ашы») жазылып алынып, Кыргыз ИАнын Кол жазмалар фондусунда (КФ, 5192-инв.) сакталып турат.

**КАРЫНБАЙ,** Карымбай — эпизоддук кейипкер, малга кароо, сараң адам. «Кишичилик чаркы жок» К. кезинде «ат баштаган алтыны» (алты мал) алып, Манас м-н Каныкейге өкүл ата болгонун Манас өлгөндөн кийин унутуп коёт (к. *Өкүл ата).* Манастан калган мал-мүлктү «алты арам» талап кеткенде Каныкейден кер торпогун аяп, а түгүл камчы көтөрүп ыза кылат, өзүнүн адамкерчилиги жоктугун көрсөтөт (СК, «Семетей», 1. 28—29). Кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгына ж-а «Манас» эпосуна К-дын образы курандагы Карун ж-дөгү уламышка байланыштуу кирген. Уламышта К-дын аябагандай сараңдыгына ачууланган Алла тааланын буйругу м-н К-дын мал-мүлкү, үй-жайы ташка айланып, өзүн жер соруп кеткен делет. Азыр «Карынбайды жуткан жер» деген топоним да Ош жергесинде бар.

**КАРЫПЧЫ** — эпосто аскердик кийимдин бир бөлүгү. «Жоого кийүү жарагын, Баарын кийди карагын, Карыпчы менен кыягы» (СО, 2. 58). Согушта жоокердин колун билегинен ийнине чейин сырткы соккудан сактап калууучу атайын жасалга. Ал кийиз м-н кайыштан шырылып тигилип, сырт жагына жазы темирден калканч кадалып, кайып бүчүлөр м-н колдун сыртына байланат.

**КАСПАҢ** — топоним. Коңурбай жылкысын кайтарткан тоо. Манастын алты кан м-н кеңешинде К. тоо эскерилет:

Каспаңдын Кара Тоосунда
Капкалуу Бээжин оозунда
Чок-Табылга жайлаган
Чоң кара атын байлаган
Калдайдын уулу капырга —
Кан Коңурбай баатырга
Казат кылсак канетет (СО, 4. 58).

**КАСЫМБАЙ** Бирназар (Кара мерген) уулу (1873, Нарын өрөөнү — 1943, ошол эле жер)— манасчы. Тынымсейит уруусунан. Тыныбек манасчы м-н тааныш болгон. «Манас» айтып калуусун кереметтүү түш көрүү м-н байланыштырат. Жаш кезинде суу сугарып жүрүп уктап калса түшүндө Манас кырк чоросун ээрчитип бара жатып, «Балам, биздин баатырдык иштер жөнүндө айткың келеби?»,— дейт. «Макул баатыр, айтып жүрөйүн»,— деп ойгонсо жанында эч жан жок. Ошондон кийин «Манас» айтып калат. Атасы кой союп, эл чакырып бата алат. Андан эпостун «Манас» бөлүгүнөн: «Манастын бала чагы», «Жети кандын окуясы», «Көкөтөйдүн ашы», «Чоң казат», «Каныкейдин Букарга качышы»; «Семетей» бөлүгүнөн: «Семетейдин Сарытазга жолугушу», «Семетейдин Айчүрөккө үйлөнүшү», «Семетей баатырдын Манастын кунун куушу», «Семетейдин кайып болушу», «Канчоронун кастыгы» эпизоддору баласы *Дөөталынын* айтуусунда жазылып алынган.

*С. Карагулов*

**КАСЫМОВ** Эркин Өмүркулович (1941, Аламүдүн р-ну, Орок айылы) — опера ырчысы, драмалык баритон. Кыргыз ССРинин эл арт. (1987). Кыргызстан Ленин комсомолу (1979), Абдылас Малдыбаев атн. сыйл. лауреаты (1989). 1969-ж. Москвадагы Чайковский атн. консерваториянын алдындагы музыкалык окуу жайды бүтүргөн. Андан бери А. Малдыбаев атн. Кыргыз мамл. академиялык опера ж-а балет театрында эмгектенип келе жатат. 1980-ж. Б. Бейшеналиева атн. иск-во ин-тунун вокалдык бөлүмүн профессор С. Кийизбаеванын классында бүтүргөн. «Манас» операсынан Манастын, «Айчүрөк» операсынан Семетейдин партиясын аткарган.

Э. Касымов — Манас. «Манас» операсы, 1984.



**КАТАЛ** — топоним. Кытайга чалгынга бара жаткан Алмамбет: «Каталдын кара бели бар, Каңгайдын калың эли бар» (СО, 4. 217),— деп душман жерин Манаска тааныштырганда эскерилет.

**КАТКАЛАҢ** — Сайкалдын атасы Карачанын ылакап аты, к. *Карача.*

**КАТЫРАҢ** — эпизоддук кейипкер, аяр кыз. Арсы жаң-жуңдун өлгөнүн уккан амбал Кубан К. аярга келаткан жоонун жолун тостурат. Отун терген карыган кемпир болуп кубулган К. аяр Кызарттын белинде Үрбүнүн колунун алдынан чыгат. К. түрдүүчө кубулуп колду далай алакетке салат. Акыры Мунаркандын Арсалаң аярынан жеңилет. Душман башчысы Кубан жеңилип, Мунарканга кошулат. Элдин каргышына калган К. өлөт. Анын жаны башка жакта жашаган жети суусар болот. Ошол жети суусар өлгөндө күн күркүрөгөндөй добуш чыгып, караңгылык түшөт.

**КАЧАЛЫК** — эпизоддук кейипкер. Калмак кол башчысы. Аранeкте болгон согушта жекеде көзүнө найзанын сыныгы кирип, кошунун көздөй бараткан Ашаң дөөнүн аркасынан барып айбалталап жыгып жарадар кылат. Андан соң майданга чыккан Көкчө экөө көпкө салышып, бири-бирин жеңе албай койгондон кийин мылтык атышмак болот. Көкчө туруп берип, К. атканда дарыны көп салып коюп, огу алыс кетип калат. Кезегин бербей качып жөнөгөн К-тын оң колун Көкчө билегинен үзө атат. Камчыланам деп тизгин-чылбырын түшүрүп жиберип аты чалынып калган К-ты Көкчө кууп жетип өлтүрөт (КВ, 1. 116, 120—123).

**КАЧЫРТКЫ** — топоним. Эпосто «Качырткынын кытайын Кара-Шаар, Таңшаңга, Сүргөн журтум барсыңбы» (СО, 4. 64),— деп эскерилет.

**КАШАГА** — топоним. Алмамбет чалгынга кеткенде, «Как Чөмүчтүн башына, Кашага, Кара-Ташына» (СО, 4. 112) кол өргүп калат. Географиялык реалияда Чүйдүн Чөмүч өрөөнүндөгү жердин аты.

**КАШАР-ДӨБӨ** — топоним. Манас Каныкейге күйөөлөп барганда колуктуга арналган ак өргөлөрдү К. -Д-нүн оюна тигип, Атемирдин эли тойго даярданышат (СО, 2. 417).

**КАШАР-СУУ** — топоним. Манас баштаган кыргыздардын Алтайдан Ала-Тоого көчкөндө Тазчечендин уулу Үрбү кайын атасы Кеймен шаанын айылы К. -С-га көчкөнү эскерилет (СО, 2. 154).

**КАШКА** — уруу башкаруучу же уруудан, жоокерлердин арасынан чыккан мыкты жетекчи, билгич адам:

Салтанаттуу сай кашка
Сайышы журттан бир башка!
Кызыл байрак кырк кашка,
Кыраакы Манас бадыша,
Кылыгы журттан бир башка! (СО, 3. 174).

К-нын төмөнкүдөй маанилери бар: 1) Жылкынын маңдайындагы ак белги. 2) Өтө чыгаан, эң көрүнүктүү башкаруучу, жетекчи бийликте турган адам. 3) Тайманбас, бетке айткан, улуу адамга көп ишенбеген аял киши. 4) Уруунун аты (мис., жети кашка). Жалпысынан алганда эпосто төрт мааниси тең кездешет. «Мажму ат-таварихте» маңдайларына ак кашкалары бар 7 атка минген, 7 бир туугандын жети кашка деп аталгандыгы ж-дө баяндалат. Мындан тышкары солто уруусунда ж-а ферганалык кыпчактардын ичинде «жети кашка» аттуу уруунун болгону белгилүү. Ал эми 1582-ж. жазылган түрк автору Сейфинин чыгармасында «кыргыздардын каны жок, бектери гана бар, аларды «кашка» деп айтышат. ««Кашка» калмактарда да жыш кездешүүчү титул» — деген маалымат бар. Бул жагдай «Манастын» В. Радлов жазып алган вариантынан айкын көрүнүп турат: «Калакай кашка дегеним, Каныц барбы дегеним» (РЖВ, 9). Ошону м-н катар К. 17-к-да Эне-Сайлык кыргыздарда (хакастарда — титул катары) кездешет. Орус жазма булактарында алардын бектерин кашка деп айтышкандары белгилүү. К. кыргыздарда, хакастарда, өзгөчө «Манас» эпосунда титул, жетекчи маанисинде колдонулушу кыргыз ж-а хакас элдеринин түпкү тамырлары бир экенин даректейт.

*Н. Молдобаев*

**КАШКАР** — топоним. Кыргыздарга коңшу отурукташкан эл жашаган белгилүү чоң шаар ж-а айланасындагы аймак катары эпосто кеңири кездешет. Айрыкча, Кошойго байланышкан эпизоддор, Манас өз элине таандык жерлерди душмандардан бошоткондугу бир катар окуялар ушул К. айланасында өтөт. Географиялык реалияда К. Чыгыш Түркстанда, Синьцзян-Уйгур автономиялык районунун түш.-батышында, Кызыл-Суунун жайылмасында жайгашкан шаар.

**КАШКАРДЫН КАРА ДАРЫСЫ** — эпосто колдонулган касиеттүү дарылардын бири. К. к. д. деп аталып калышынын себеби бул дары Кашкар тараптан алынгандыгы м-н байланыштуу, к. *Кайнатма кара дары.*

**КАШКА-СУУ** — топоним. Манастын Орго кан м-н болгон согушунда Орго кан Кемен канга кабар жиберген элчилери басып өткөн жерлердин бири (СО, 2. 73).

**КАШКА-ТАШ** — топоним. Канчоронун өлүмү окуясында Күлчоро «Жылгындуу Кең-Кол, Кашка-Таш, Кайрылып ордоп конууга, Кайрадан тууган болууга» (КВ, «Сейтек», 170) Канчоронун ордосуна барат. Мында К. -Т. Таластагы Кең-Кол өрөөнүнө жамаатташ жер катары айтылат.

**КАШКЕЛ** — эпизоддук кейипкер, кытай каны, дуу-дуу. Орго кандын белгилүү баатырларынын бири. Манастын келатканын уккан Орго кан К-ге кабар жиберип, көп кол м-н келген К. Манастын колу м-н болгон согушта өлгөнү айтылат (СО, 2. 74, 89, 129).

**КАШКУЛАК ӨТҮ** — кыргыз элинин элдик медицинасында колдонулган дарылардын бири. «Манас» эпосунда үйлөнүүгө барган Манасты Каныкей ак тинте м-н колго сайганда, ал ачууланып айтып турган жери:

Кашкулак өтү барбы экен?
Кан темир дары бар бекен?
Ичине эсип бериңер!
Тышына эсип сүртүңөр!
Аракыга бал кошуп
Аны ичемин бериңер! (РЖВ, 101).

**КАШЫК** — топоним. Бээжинге казаттап бараткан кыргыз колу «Кара-Суунун боюна, Кашыктын кирген оюна» (СО, 4. 111) өргүгөн жер. Географиялык реалияда Чүй өзөнүнүн оң жээгиндеги жер.

**КАШЫМ,** Кашымбек — эпизоддук кейипкер. Баймырзанын атасы. Көкөтөйгө аш берүү кеңешине катышкан карыялардын бири (СО, 3. 81, 83, 85). Башка варианттарда көпчүлүк учурда СОВдо да Байдын уулу Баймырза делип берилет, буга караганда *Бай* анын титул аты, К. өз аты.

**КАШЫМБЕК,** к. *Кашым.*

**КЕБЕЗ-ТОО** — топоним. Кыргыздар, анын ичинде Төштүктүн эли мекендеген жер.

Кебез-Тоону жердеген,
Келберсиген эр деген.
Чалкуйругун байлаган,
Чабышка колун майлаган,
Эр сырттаны Эр Төштүк (СК, 2. 81),—

деп сүрөттөлөт. Кытайдын башкы каны Эсен кан бала Манастын дайынын, жердеген айылын билүү максатында атайын аттандырган тыңчы-соодагерлеринин чалгын чалуу багытында эпикалык К. Т-нун аты эскерилет (СО, 1. 157). Жарен дарыясынын чөлкөмүндө, Таш-Коргондон нары түштүктө жайгашкан тоо. Топоним азыркы карталарда кезикбейт.

**КЕГЕН** — топоним. Эпосто кан Кошой Тоо-Теңшер м-н кармашкан жер. Башка эпизоддордо да эзелтен кыргыз-казак мекендеп келе жаткан жер катары көп эскерилет. Географиялык реалияда Алматы обл. түш.-чыгышындагы жер, өзөн.

**КЕГЕТИ** — эпизоддук кейипкер. Калмак баатыры, Акунбешим паашанын кол башчысы. Манастын Абдылда чоросу (Ажыбай) экөө жекеге чыгып таң аткандан күн батканча салгылашып, бири-бирин жеңе алышпай коюшат (СО, 2. 130—133).

**КЕДЕР** — эпизоддук кейипкер. Жолойдун атасы катары аты гана аталат (СО, 3. 196; 4. 312).

**КЕЗЕК** — эпизоддук кейипкер. Шоорук кандын атасы катары гана эскерилет (СО, 2. 201).

**КЕЗЕҢ-КЫР** — топоним. Каныкей төлгө кылып чапкан Тайтору басып өткөн кыйын жолдун бири.

**КЕЙГУР** — эпизоддук кейипкер. Акуңбешимдин бектеринин бири катары аты гана аталат (СО, 2. 129).

**КЕЙИП**, Кейип-Бадаң — топоним. Каныкейдин атасы Атемир кандын шаары (СО, 2. 351, 366, 369, 384, 391, 395). Манастын Каныкейге үйлөнүшүндө эскерилет. Мис., келин алып келгени жөнөгөн кудалардын сүрөттөлүшүндө төмөнкүчө берилет:

> Көпчүлүктүн баарысы
> Көчкөн көчтөй калкылдап
> Асты-артына көз жетпей
> Бара жатыр закымдап,
> Кейип шаар кайда деп
> Жеттикпи деп жакындап (СО, 2. 391).

Башка варианттарда Каныкейдин атасынын шаары Букар деп берилет. СОВдо да Букарга жакын турган шаар катары сүрөттөлөт.

**КЕЙИПБАЙ** — эпизоддук кейипкер. Каныкейдин нөкөр кыздарынын бири Серсабайдын атасы катары эскерилет (СО, 2. 419).

**КЕЙКУБАТ** — эпизоддук каарман. Алмамбеттин келишине арналган тойдо (СО, 2. 341) ж-а Көкөтөйдүн ашында (СО, 3. 107) кыргыз уруу башчыларынын бири катары жолугат.

**КЕЙМЕН** — эпизоддук кейипкер. Эпосто бирде шаа (СО, 2. 78, 79, 88, 96), бирде дуу-дуу (СО, 2. 100, 101) деп сүрөттөлөт. Манастын Орго кан м-н урушунда душман тараптын башчысы катары катышат.

**КЕЙМЕН** — эпизоддук кейипкер. Манаска каршы аттанган Шоорук кандын колунун ичинде К. аярдын да бар экендиги айтылат (СО, 2. 203).

**КЕЙҮҮ** — топоним. Жети кандын Манаска каршы кутум-кеңеши «Кейүүнүн бою, Сары-Колдун оюнда өтөт» (СО, 4. 9). Географиялык реалияда Сары-Колдогу суунун аты.

**КЕЛДИБЕК** Карбоз уулу —18-к-да жашаган манасчы. К-тин өмүрү, чыгармачылыгы ж-дө кабар, так маалымат бизге жетпеген м-н анын таланттуу жомокчу болгондугун айгинелеген аңыз-уламалар бар. Манасчы болушун Манас ж-а анын чоролору түшүнө кирип «Манасты айт» деп аян бериши м-н түшүндүргөн. К. «Манас» айтканда Манастын керемети аркылуу жайыттагы мал эч кимге айдатпай эле өзүлөрү келишкен. Манасчы кызыган кезде боз үй солкулдап, чак түштө күүгүм түшүп, Манас ж-а анын чоролору минген тулпарлардын дүбүртү угулуп турчу экен.

**КЕЛДИКЕ** — эпизоддук кейипкер. Каңгай уруусунун мыктыларынан. Аскер башчысы. Манас м-н барып Тейиш кандын тоюна катышат. Манас Орго канды жеңгенден кийин Акунбешимге каршы жоого аттануу кеңешине да чакырылат (СО, 2. 68, 94).

**КЕЛЕМЕ ШАРЫП** (ар. келаму-шариф, калем — сөз, сүйлөм; шариф-ыйык) — эпостун негизги варианттарында эскерилген ислам дининин уютку китеби Курандын элестүү аталыштарынын бири (мис., келамул-керим — кайрымдуунун сөзү ж. б.). К. ш. Манаста «куран» терминине синоним катары кеңири пайдаланылат. Убадалашуунун өтө олуттуу түрү — ант берүү маалында Манас ж-а анын ишенимдүү жөкөрлөрү, чоролору, тарапкерлери, насаатчылары тарабынан К. ш. кармалган. Адатта К. ш. кармоо жөрөлгөсү кыргыздын мусулман динин кабылдаганга чейинки «ак буудай унун (нанын) чайноо», «колун канга малуу», жоокердик курал м-н касам ичүү (кылыч мизин кармап же жалап, аккелтени оозанып ж. б.) сыяктуу жөрөлгөлөрү м-н тыгыз байланышта ишке ашкан.

**КЕЛЕҢКЕР ЧАЧПАК** — жаш келиндер, орто жаштагы аялдар аркасына өрүлгөн чачтарынын учуна тагынуучу асемдик буюм. Ал бирибирине шакекчелер м-н бириктирилген тегерек, үч, төрт бурчтук формадагы күмүш тыйын жибек чачыктардан турат. Эпосто К. ч. төмөнкүчө сүрөттөлөт: «Келеңкер чачпак кең соору, Келбети нурдун кызылдай, Узун бойлуу жал-жал көз», (СК, «Семетей», 1. 131), «Келеңкер чачпак бир кучак, Май сооруда жаркылдайт, Балтыркандай солкулдайт» (РЖВ). Келенкор кездемесинен жасалган чачпак.

**КЕМЕЛ** — эпизоддук кейипкер. Сейиттин уулу. Мысыр журтунун каны, баатыр. Бокмурун Көкөтөйдүн ашына эл чакыртканда эскерет.

**КЕМЕН** — эпизоддук кейипкер. Даңгүлү (Дөңгө) калаасын башкарган калмак каны. Манаска каршы согушмак болгон Текес кан м-н Орго кандын тарабында болот (СО, 2. 22, 73, 153).

**КЕН БАЙЛЫКТАР**. Манас эпосу кыргыз элинин эзелтен берки тарыхы, маданияты, жашоо тиричилиги ж-а жеринин географиялык шарты, абалы, чек арасы тууралуу көп маалыматтарды камтыйт. Эпостун элге кеңири белгиүү негизги варианттарында жерден казып алынуучу кендерден алтын, күмүш, жез, темир, коло, калай, коргошуун ж-а асыл таштар ж-а кеңири сүрөттөөлөр кезигет. Бул кендерди усталар, зергерлер жоокердик турмушка керектүү кийим, курал-жарактарды жасоо ж-а тиричиликке керектүү буюмдарды (алтын таажы, бакан, кемер ж. б.) кооздоо үчүн пайдалангандыктары эпосто даана чагылдырылган. Эпосто күмүштөн дилде же жамбы жасалары, ат жабдыктары (ээр, токум, жүгөн, чылбыр, куюшкан ж. б.) кооздоолору, темирден жоокер кийими (тон, туулга, чопкут ж. б.), тор аркан жасалары айтылат. Кооз таштардан жасалган асем буюмдар «көөхар», «зумурут» (изумруд), «жубар бермет» деген аттар м-н кезигет. Алтай аймагында, Ысык-Көлдө, Таласта алтын кендери болгондугун эпостогу: «Алтын казып, дан айдап, Алтайга келип турабыз» (КВ, 1. 38).

> Жердеген адам бай болор,
> Түгөнбөс ырыс — кен экен.
> Боз мончокчон дөбөгө
> Түшүп Манас жер чукуйт,
> Эки эли жерин оодарса,
> Кебелбес алтын бар экен.
> Жаныбарым Ысык-Көл,
> Жер соорусу турбайбы,—
> Жердеген киши тунбайбы!..(КВ, 1. 74),

«Баатырың жер өлчөгөн чак экен, Бир жерди карыга чейин чукуса, Түбүндө алтын бар экен» (КВ, 1. 110) деген ыр саптардан байкоого болот. Алтын кендеринен башка темир, калай, жез, сурьма ж-а асыл таштар алынуучу кендер ж-дө учкай айтылып кетет. Алтын м-н асыл таштардан жоокерчиликте колдонулуучу куралдар кооздолгон. Мис., Манастын дүрбүсү кандай заттардан жасалганы:

Алтындан кылган сабы бар,
Бой тумар чалыш кабы бар,
Ичин алтын ашаган,
Айнегин көөхар жасаган,
Жакут таштан жардырган,
Артык уста Бөлөкбай.
Айнегине салдырган
Тиктегенде адамды,
Көрсө мээрин кандырган,
Жоону көздөй салдырган,
Жоодон кабар алдырган,
Жолборсундун чоң дүрбү (СК, «Семетей», 1. 94),— деп сүрөттөлөт. Турмуш-тиричиликте жез, колонун кеңири пайдаланылгандыгын жез казандан тартып башка динди туткан элдердин колодон кылган Бурканына чейин айгинелеп турат. Тамакка татытыш үчүн Каркырадагы кенден чыккан тузду пайдаланышат. Эпосто айтылган кен байлыктардын аттары, кен чыккан жерлерди манасчылар өзүлөрүнүн акындык кудуретине, жашаган дооруна жараша көркөмдөп сүрөттөөгө аракеттенишкен. *К. Осмонбетов*

**КЕНДЕГЕР** — топоним. Көкөтөйдүн ашында ат байгени талап алып кеткен кытай-калмактардын Буданчаң м-н Ушаң баатырын К-дин коосунан Манас баштаган кол кууп жетип уруш болот (СО, 3. 279). Иле өзөнүнүн жогорку агымынын аймагына тиешелүү шарттуу топоним.

**КЕНЕН** — кейипкер, Манастын чебереси. Сейтектин уулу. Сейтек кан болуп, эли бейкут жашап жаткан учурда чоң атасы Манас түшүнө кирип, ага Зулпукор кылычын тапшырат. Кереметтүү бул түштү Акжолтой мыкты уулдуу болот экенсиң деп жоруйт. «Перизада Берметжан, Белгилүү Сейтек зайыбы, Жолборско талгак болуптур» (КФ, 960-инв., 145-б.). Муну билген Акжолтой жолборс уулап, салбырынга чыгып, жети күн кыдырып таппай, Кара-Кыя капка ташка келип, Кулунсур тулпарын жайдактап, уктап калат. Таң сүрө чочуп ойгонсо, чагарак куйрук чаар жолборс Акжолтойду чала турган болуп калыптыр. Акжолтой маша тартып жиберсе, жолборс адам болуп кубулат. Ал Акжолтойду сынаганы, даарыганы келген Кызыр экен. Анын жетелеген бышты тулпары бар. Медиян чөлүндө өлгөн ажыдаардын уусу чачылган жерден өсүп чыккан жаңгактын мөмөсүн жесе Берметтин талгагы канып, кийин Кенен аттуу уул төрөрүн айтып, жаңгак берет. Ал эми жетелеген бышты тулпары — Кенендин келечекте мине турган Кертулпары экен. «Кенен төрөлгөндө Бээжиндеги зор Айган, Чоң Билгичтер коркуп жанынан түңүлүшөт» деп көздөн кайып болот.

Акжолтой кызырдын белегин Акберметке бергенден кийин тогуз ай, тогуз күндөн кийин катуу толготот. Жерге түшкөн баланын үнүнөн, бакырган сүрүнөн он эки кемпирдин жүрөгү түшүп өлөт. Аркасында карыштай кара жалы бар балага «Кенен» деген ат коюлат, ал тез эле өсүп жетилип, Кертулпар атты минип, келберсиген кан болуп, журт башкарганга жарап калат.

Эзелтен Манастын тукумуна душмандыгы бар Жанаалы, Карачтын Эбегей, Көгөй аттуу уулдары Семетей өлүп, Сейтек калганын угуп, эки атабыздын өчүн алабыз деп жөнөшөт. Душман келатканын Кулансур сезет. Акжолтой жер чалып чыгып, келаткан көп колду көрөт.

Коёналынын уулу Кайсардын кызы Айканышка бир кемпир келип (ал Манастын карындашы Кардыгач болот) Кенендин жайын айтат. Айканыш Ордодогу ок өтпөс, Он эки силкип кийип, Ок жетпеген Талкызыл күндө аркандап минип, жанына жолдош алып, эгер Кенен укканымдай мыкты баатыр болсо ага тием, болбосо жоолашам деп, аскери м-н чыгып, Эбегей, Көгөйдүн колуна туш келет. Согушууга жеткизбей эле, Айканыштын жөнүн уккан Сейтек м-н Акжолтой Кулансурду баш кылып алты сан малга кебез байлатып куда түшөт. Айканыштын тилеги орундалып, Кененге нике кыйылат. Келин алып, жол жүрүп келатып мазардын жанына түшүп тамактанышат да, «кабыргадан кагынып, как төбөдөн сезгенип, тарса-турса жөтөлүп» Сейтек м-н Акжолтой ооруп, жума күнү көз жумушат. Тулпарлары Кулансур м-н Кулунсурду жабдыктап Ак эшенди мингизип Чук мазардын жанына койдуруп, таштан обо көтөрүп, күмбөз салдырат. Атасынын ордуна Кенен баатыр атанып, эл күтөт. Эбегей, Көгөй бир күнү ууга чыгып, эс алып уктап калышса Шай ата келип, Алоокенин тукуму Чыңтемир деген келет, ага туруштук берүүчү — Кенен, ага барып, жоро-жолдош болгула деген кеңешин берет. Кенендин кабарын уккан Эбегей, Көгөй ага да болгон жоону бирге жоолашалы деп издеп келгендиги айтылат. Эбегей, Көгөй баатырлар кошулганы жатканын Кененге Желжетпес аттуу бала сүйүнчүлөйт. Кенен Таластын боюна, Жылгындуу оюна чоң той өткөрүп, эки баатырдын урматына казынасын элине чачтырат. Ошентип, Кенен, Кенен болуп турганда байбичеси Гүлайым Кулансарык, Алымсарык деген эгиз уулдуу болот. «Санкара тойго союлуп, Уруудан калбай эл келип» чоң той өтөт. Коңурбайдын небереси Чыңтемир (Китенин баласы) ал кезде кырк уруу кытайды башкарып, Суурулган экөө кан болуп, элин чогултуп, буруттардан алты атабыздын өчүн алалы деп камынат. Кытайлардын Желжетпес аттуу карыясы мен Кененди билем, кыргыздарга тийишпегиле деп айтып, кагуу жеп, Сурадайдын арачасы м-н өлүмдөн калат. Эпосто каардуу кан катары сүрөттөлгөн Чыңтемир Желжетпести Кененге барып: «Кермекаштай сулуу кызын, Кертулпар атын тартуу берсин»,— деп айт дейт. Кытайлардын камы-

нып жатканын Эбегей, Көгөй түшүндө көрөт: «Ала-Тоону кан басып, Астыңкы түзүк чаң басып, Журт чуркурап, эл дүрбөп, Капкара канга батыптыр, Калың мал-баш, дүнүйө Айла таппай жатыптыр, Кертулпар м-н Кермекаш олжого кетиптир». Эбегей, Көгөй чочулашып, Алымсарык м-н Кулансарык чакыртып түштөрүн айтышса, буюрганын көрөрбүз деп, эки эрен кенебейт. Эртеси Алымсарык, Кулансарык жол чалып чыкса, Желжетпес баштаган он эки эр элчиге келаткан болот. Алар Эбегей, Көгөйгө жолугуп, Чыңтемирден качып чыгып биротоло кыргыздарга келгендигин билдиришип, Чыңтемир кыргыздарга кол салганы турганын айтышат. Кененге абар жиберишет. Эбегей, Көгөйлөр кытай м-н урушпай эле бер дегенин берүүнү сунуш кылат. Желжетпес каршы чыгат. Чыңтемир кыргыздарга кол салат. Жекеме-жеке беттешүүлөр болот. Кара калмак тукумунан Оду кан дөөгө каршы Көгөй, Эбегей чыгат. Оду канды Кенен сайып өлтүрөт. Ага болушуп жекеге чыккан Чоюн алп Желжетпестин колунан өлөт. Эбегейди Чоңкөр деген мерген атып жиберет. Катуу согуш болот. Чоңкөр Кенендин Кертулпарын атып өлтүрүп, өзүн байлап аларда Кенен кылыч м-н анын башын алат. Чоңкөрдүн өлүмүн көргөн Чыңтемир каарданат. Кененге каршы колун айдайт. Кенен жалгыз ортодо калат. Чыңтемирдин атын кылыч м-н чаап жыгат. Бирок колго түшүп, Чыңтемир Кененди алык-салык, түмөн кун бер десе болбой койгондо башын алат. «Беренин союп жок кылдык, Бет алаары кайсы» — деп, кытай кыргыздарга ого бетер күчтөп кол салат. Коңурбайдын тукуму Чыңтемир кыргыздарды алтай, каңгай, тереңге айдайт. Кытайдан келген Желжетпес «атагы өчпөй асылдын артынан тукум калса» — деп, Кулансарык, Алымсарыкты зарчитип, эчен жеринен жарадар болуп кутулуп чыгат. Эгиз балдардын жаштыгына карап, эптеп аман сактап калуу максатында, Желжетпес (Чандаяк) балдардын «Канзааданын балдары, Качкын болор жөн барбы» деп каршы болушканына карабай алып качып бир өзөнгө келишет. Ал жер өтө ажайып кооз сүрөттөлөт. Масин деген дарыянын боюнда үч күн туруп калышат. Таш казанды астырып, Жалпак өркөч кызыл нарды ата-бабанын арбагына багыштап бата кылганда, кутпа жактан аласкардай ат минген, жоокер кийимчен бир адам пайда болот. Көрсө, эгиз балдарды колдогону (Желпиништен) келген олуя ата Машайык экен. Желжетпес ага болгон ишти баяндап берет. Олуя ата дуба м-н сал жасап, аларды Масин дарыясынан өткөрүп Эки-Аралга жеткирет. «Короо күтүп мал айдап, Оокат кылып дан чайнап» убактылуу ошо жерде туруп калышат (СК, КФ, 960-инв.).

*А. Жайнакова*

**КЕНЖЕКАРА** Калча уулу (1859, Бишкек — 1929, Фрунзе) — ырчы, семетейчи ж-а кыякчы. К. башка семетейчилерден «Семетей» эпосун кыл кыяктын коштоосунда айткандыгы м-н өзгөчөлөнөт. Анын кыл кыяктын коштоосу м-н аткарган «Семетей» эпосунан «Семетейдин Айчүрөккө үйлөнүшү» ж-а «Ак-Бала баатыр жөнүндө ыр» деген чыгарманы сүрөтчү Б. В. Смирнов үнжазгычка (фонографка) жазып алып, орус тилине кара сөз м-н которуп жарыялаган. К-нын айтканын Атайбек деген тилмеч которуп берген. Котормо 1914-ж. Москвадан «Түркстандын талааларында» (В степях Туркестана. М., 1914) деген наам м-н китеп болуп чыккан. Сүрөтчү К-дан уккан сюжет б-ча



Семетей м-н Айчүрөктүн ж-а семетейчинин өзүн эпостун үзүндүсүн кыл кыяктын коштоосу м-н аткарып жаткан учурунда сүрөткө тартып алган. Ошентип, Окт. рев-ясына чейин эле «Семетей» эпосунан үзүндү биринчи жолу сүрөтү м-н жарык көрөт. Смирнов К. м-н кезиккен ж-а семетейчинин ырдоо манерасын мындайча сүрөттөйт: «Жөнөкөй тери тон кийген, башында шуңшуйган калпагы бар, колуна куржун кармаган кичинекей жалпак кыргыз жакындап келип, шашпай аттан түштү. Бөлмөгө киргенде Кенжекара калпагын алып, топучан калды. Ал орто жашап калган киши эле. Жерге малдаш токунуп отуруп, куржундан аспабын (кыл кыякты — ред.) алып чыкты. Бул аспап биздин скрипкага окшогон кылы бар... музыкалык аспап эле. Ырчы кыяктын кылын кармап көрүп бир-эки жолу чалды... Ал көкүрөктүн тереңинен коңур үн чыгарды. Бул музыкадан ж-а ырдоодон болгон таасирди айтуу кыйын... Кекиртек м-н ырдалган үн музыканын өзүнө ылайык келип жарашып турду. Бул ырчы талаа элине жагат. Балким ал үн чыгарып жатып кыргыздын элдик оозеки чыгармасынын тигил же бул темасын айкалыштырып ырдын мазмунун түзүп жатса керек. Чынында бул (Кенжекара) анык ырчы-баян болсо керек. Ал ырдап жаткан учурда угуучуларга такыр караган жок, өзүн курчап турган кишилерди унутуп койгондой болду». Сүрөтчүнүн К-нын ырдоо ыкмасын баянда-

ганы академик В. Радловдун ырчылар ж-де айтканын толуктайт. К-нын айтуусу б-ча «Семетейди» кырк күн, кырк түн айтууга боло тургандыгы да белгиленген, к. *«Кысса Семетей бу-турур»*.

*К. Айдаркулов, С. Алиев*

**КЕНЖУТ** — топоним. Эпосто Алтайлык кыргыздар көчүп барган жердин аты катары: «Алтайлык кыргыз барыптыр Ополдун тоосун оролуп, Кенжутка жетти көчмөнү» (СО, 2. 200),— деп айтылат. Алмамбет Манаска келгенден кийин К-тун каны Айганга жортуул жасап аны жеңет да, Алтынай деген кызына Алмамбет үйлөнөт. Алар мужоосу (маджус — отко табынуу) динде болгондуктан, мусулман динине киргизишет. Бул окуя СОВдо гана айтылат. Кээде Шооруктун эли жашаган жер катары да эскертилет:

Жетигендин тарабы,
Жерди Кенжут карады,
Күн чыгышы Имадай.
Шолорду да жердеген
Шооруктун эли бир далай (СО, 2. 203).

Географиялык реалияда түн. Индиядагы жер — Канжут. Айрым изилдөөчүлөр (М. Ауэзов, Ө. Караев) К-ту байыркы Эне-Сай кыргыздарынын Улук-Кемдеги (Тува АССРи) шаары (Кем-Кемжут) м-н окшоштурушат. Жердин аттары гана окшош болбосо, Кем-Кемжут 10-к-да эле жок болуп кеткен, ал эми Канжут (Кенжут) кийинки кезге чейин эле аталып Сары-Кол тараптагы элдерге (кыргыз, тажик) кеңири белгилүү болгон экөө эки башка региондогу топоним. Ч. Валиханов: «Канджут — Хунза менен Нагар княжествосунун эски жалпы аты»,— деп жазат.

*Э. Абдылдаев, Б. Мурзабекова*

**КЕНИЗЕК** — үй кызматын аткаруучу аял, күң. Эпосто Манас Каныкейге күйөөлөп барган учурда К. Санирабиганын сакчы, кызматчы кыздары катары сүрөттөлөт. Манас уурданып Санирабиганын үйүнө киреерде жети К. «канжарлары колунда, канкордун өтөр жолунда» каршы-терши жатышкан болушат. Манас м-н кошо келген Ажыбай жети жамбы көтөрүп алып жети К-тин бири Наарк үлдү ойготуп калган К-терге шаңшуур жамбы берип Манаска жол ачат (СО, 2. 398—399).

**КЕНТ** — топоним. К. эпостогу «Манас жолдоштору м-н салбырынга барганы» деген окуяда: «Нуукер деген башчысы, Кент калаанын жакшысы» (СО, 1. 244),— деп айтылат. Контекст б-ча К. шаардын, калаанын аты. Бирок, К. перси тилдеринде шаарды, калааны билгизген. Демек, жогоруда көрсөтүлгөн эпостун саптарындагы К. белгилүү бир шаардын энчилүү аты эмес калаа, шаар деген жалпы аталыштын синонимдери. Айырмасы калаа деген сөз арабдардан, К. перси тилинен алынып эки сөз катары м-н «Манас» эпосунан орун алган. О. Азиядагы көп шаарлардын атынын составдуу бөлүгү (Ташкент, Жаркент, Чымкент ж. б.).

**КЕН-ТОО** — топоним. Нескара м-н Манастын урушунда:

Жер түбүнө кетсе да,
Бээжин түгүл ар жагы
Кен-Тоого кирип кетсе да
Артынан Манас жетем деп (СО, 1. 210)

айтылат.

Географиялык реалияда Чыгыш Түркстандагы тоолордун бири.

**КЕНТУН** — топоним. Эпос б-ча кытайлардын чоң шаарларынын бири катары сүрөттөлөт:

Чырпыгы чыгып чынардай,
Чынарлары кадимки
Шаар салган мунардай,
Торгою тоонун улардай,
Тооктору кунандай
Кунандарын көрөсүң
Куруп салган мунардай,
Күдөрү Кентун как ушул (СО, 4. 215).

**КЕҢ-АРАЛ** — топоним. Эпостун «Семетей» бөлүгүндө кыргыздар мекендеген жер катары көп эскерилет. Талас шаарынан 8—9 чакырым батышырак, Талас дарыясынын сол жээгинде жайгашкан жер. Аймак саздак келип, токой өспөй арал сыяктуу болгондугуна байланыштуу К.-А. деп аталган

**КЕҢГЕС** — эпизоддук кейипкер. Текес кан Манаска каршы согушка камынып, өзүнө ымалалаш кандарына кабарга жиберген аяры (СО, 2. 22).

**КЕҢДИ-БАДАҢ** — топоним. Көкөтөйдүн кара ашындагы ат чабышта чабылган күлүктөр бириндеп көрүнгөн жер. Эпосто: «Кокондун жогор жагынан Коюу чаңы бөлүндү, Кеңди-Бадаң келгенде Бириндеп аттар көрүндү» (СО, 3. 57),— деп кабарлаганына караганда азыркы Тажикстандын Канибадам шаарына дал келет.

**КЕҢ-КАЛКАН** — топоним. Кыргыздар мекендеген жерлердин бири катары эскерилет. Бокмурун атасына аш берерде «Кең-Калкандан төмөнүн, Кеме менен кечемин» (ВЖЭ, «Ала-Тоо», 1979, № 7, 74-б.),— деп Баймырза м-н кеңешкенде айтылат. Географиялык реалияда Иле дарыясынын боюндагы тоо (Кичи-Калкан, Чоң-Калкан).

**КЕҢ-КОЛ** — топоним. Манастын ордосу турган жер катары эпосто кеңири кездешет. Эпосто:

Алмамбет, Чубак, Сыргагым,
Жаткандан жамбаш талбайбы?
Чырм этсе уйку канбайбы,
Кең-Колго тиккен бак барбы
Керилип уктап жатуучу
Кең-Колдогу чак барбы? (СК, 2. 100),—

деп эскерилет.

Географиялык реалияда Талас дарыясынын сол куймасы. Түндүк жактан кыргыз Ала-Тоосунун түштүк капталынан агып түшкөн суунун аты. К.-К. өрөөнү Кара-Жылга м-н Кыргыз Ала-Тоолорунун ортосунан орун алган. Анын батыш жагы Кан-Жайлоо м-н, чыгыш жагы Чоңор ашуусунун батыш жагы м-н чектешет. Өрөөндүн узундугу 35 чакырым. К.-К. Таласты көздөй имерилишинде Манастын күмбөзү, Кароол-Чоку турат.

**КЕҢ-КӨЛЧҮК** — топоним. Каныкейдин кыз

кезинде көңүл ачып, сейил курган жери. Таластан Букарга качып бара жатканда көлчүктүн соолуп калганын көргөн Каныкей Чыйырдыга: «Бу Каныкейдин Кең-Көлчүк, Бадыша гана турган дечү эле. Энеке, балачак оюн салган жер, Балаңыз гана келип күйөөлөп, Береги байкуш жанды Алган жерде тойго тогуз жүз бээ союп, Тогуз кан элин чакырып Токсон күн балбан күрөшүп, Жеңкетайга тогуз төөнүн алтынын бөлгөн жер» (СК, «Семетей», 1. 61—62) экендигин айтат.

**КЕҢ-МОЙНОК** — топоним. Сейтек чоң энесине кезиккенде Каныкей «Аркайган Талас, Кең-Мойнок Кебелбей ашчуу бел эмес» (КВ, «Сейтек», 163) экендигин Сейтекке айтат. Географиялык реалия катары Талас чөлкөмүндөгү ашуулардын бири болуу керек.

**КЕҢ-ӨЗӨН** — топоним. Эпосто көп окуяларда кездешет. Семетейдин Кардыгачка жолукканында:

Көз көрсө курсак көп кайнайт
Кең-Өзөн, Кең-Кол жериңиз,
Кеп кылдым аман бар бекен,
Кеңири аргын элиңиз (СК, «Семетей», 1. 268),— деп Кардыгач К.-Ө-дү жердеген Бакайдан эл-журтунун амандыгын сурайт. Географиялык реалия катары Таластын оң куймасы Кеңкол өзөнү.

**КЕҢ-ШОР** — топоним. Семетей Букардан Таласка адеп келип жолугушканда, Бакай Манастын Кең-Шордон дүйнөдөн кайткандыгын эскерет (СК, «Семетей», 1. 234).

**КЕПЕРЕТ** (ар. акталуу, төлөп кутулуу) — ислам дининин шарты б-ча орозо кармабай калгандыгы үчүн, о. эле ж. б. күнөөлөрдөн арылуу өтөлгөсүн берүү. Эпосто К.

Ааламдын баарын жыйдырып,
Шарыятка сыйдырып.
Кетте кичик ыйгарып
Кеперетин чыгарып (СО, 3. 54),— деп айтылат.

К. азабын тартуу, кыйноосун көрүү деген маанини да билдирет.

**КЕПТЕШ** — топоним. Кыргыздар Алтайдан Ала-Тоого көчүп келатып, Иле суунун боюнда көч токтотуп, жети күн жатып эл жыйнап, үч күнү жыйын куруп, кепти ортого салып кеңеш кылып, алышар душман көп, кароолду катуу коюп, жоону бирге жоолойлу: «Ордолу шайык көк жөкөр, Орчун Кокон, Маргалаң. Аягы Кептеш, Самаркан, Күн чыгыш жагы Алты-Шаар, Өзүңдү күтүп келет деп» (КВ, 1. 107),— Кошойдун айткан сөзүндө айтылат.

**КЕРБЕН** — кырк чоронун бири. *Шыңгыйнын* уулу. Манаска алты кандан барган элчилерди тосуп чыккандагы аскердин башчысы болгон он чоронун бири К. экендиги айтылат. Башка учурларда чоролордун катарында саналып өтүлөт. Манас Каныкейге күйөөлөп баргандагы ат чаап жар тандоодо *Октору* аты отузунчу келип, К. тагдырына буюрган *Серсабакка* үйлөнөт (СО, 2. 328, 426; 3. 50, 176; 4. 25, 44).

**КЕРБЕН** (ир. каруан — соода күзөтүү, кайтаруу) — алыска товар ташып соода кылуу максатында жүк жүктөгөн унаалардын (төө, ат, эшек) тизмеги. Чиркештирилген унаалардын тизмегинин эң алдыңкысынын мойнуна коңгуроо тагылган. Эзелтен бери Жакынкы Чыгыш, О. Азия ж-а Африка элдеринде К. м-н соода кылынган, саякат жасалган. «Манас» эпосунун көп эпизоддорунда К. ж-дө эскерилет, айрым учурда К-чилер соода-сатык гана кылбастан чалгынчылык, тынчтылык сыяктуу атайы тапшырмаларды да аткарышат. Бала Манастын атагы чыга баштаганынан тынчсызданган Эсенкан анын сырын астыртан тартуу үчүн атайын тыңчы К. жиберет. Эсенкандын К-и м-н кагылышкан Манас алардын башчыларын жеңип, 40 төөгө жүктөлгөн мүлкүн элине таратып берет. Мына ушундан тартып Чоң-Бээжиндин каны Эсенкан м-н Манастын күрөшү күч алууга өтөт. Душман К-ди тыңчы, чалгынчы катары пайдаланганы тарыхта боло келген көрүнүш. Мис., Чыңгызкан О. Азияны багындырууда ушул ыкты колдонгон. Отрарда анын 450 соодагерден, 500 төөдөн турган К-и элчи-тыңчы катары кармалып, жок кылынган. Аны шылтоолоп Чыңгыз кан чабуулга өткөн.

**КЕРГҮЛТҮК** — калмак баатыры Бозкертиктин күлүгү. Чоң казат маалында жылкы тийген Сыргак Алмамбеттин артынан кытай-калмактар кууп келгенде Бозкертик К-тү минип Алмамбетке найза салат (СО, 4. 305).

**КЕРЕМЕТТҮҮ ТҮШ ЖАНА АНЫ ЖОРУУ** — дүйнөлүк эпостордо салттык мүнөзгө ээ болгон жомоктук-фантастикалык мотив. Башка элдердин баатырдык эпосторунда К. т. ж. а. ж. мотивдери кыска, схема түрүндө баяндалса, «Манаста» ага кеңири орун берилет. Чоң кубанычты же трагедиялык окуянын болорун билдириши мүмкүн. Мис., Манас баатыр төрөлөрдө көргөн кереметтүү түш өзүнчө баян болуп берилет. СКВда Манастын атасы Жакып Алтайга барып эгин айдап, мал багып, кен казып ашкан бай болот. Бир чоң кайгысы баласы жоктугу. Күндөрдүн биринде ал түш көрүп, аны жорутууга элин жыйнайт, баяндайт. Түш жөн гана күнүмдүк окуя эмес, ага көп эл чогулуп кадимкидей той өткөрүлөт. «Ала-Тоо башын жайладым, Мен бир бала барчын бүркүт кармадым» (СК, 1. 45),— деп Жакып көргөн түшүн кеңири баяндайт:

Ушул түшүң чын болсо,
Ачылган көт жабылат.
Кара калмак — манжудан
Ажыратып алууга
Бизге бир арстан бала табылат! (СК, 1. 45—46).

СОВдо кереметтүү түш жомоктук-фантастикалык мотивдер м-н кеңири, көркөм сүрөттөлөт. Баласы жок Жакып зарланып, мазар кыдырып жүрөт. Жакып, анын байбичелери Чыйырды, Бакдөөлөт түш көрүшөт. Чыйырдынын түшүнө «алтымыш кулач ажыдаар», Жакыптын түшүнө бөтөнчө куш кирет:

Асмандагы канаттуу
Айбатынан уча албай,
Жерде жүргөн айбаттуу
Желип чыгып кача албай (СО, 1. 47).

Бакдөөлөттүн түшүнө туйгун кирет. Бай Жакып көп мал союп, чоң той берип, элге түшүн баян этет. Түштү эл жоруй албай кыйналат. Акырында Байжигит жоруп, Чыйырды «Ажыдаардай айбаттуу, арыстандай кайраттуу» уул төрөрүн билдирет. Жакып ж-а анын байбичесинин түшү келечекте элин жоодон коргой турган ашкан баатыр баланын жарык дүйнөгө келерин символдойт. Эпосто Манас өзү да кереметтүү түш көрөт. Түшүнө кылыч, жолборс, куш кирет. Бул кереметтүү түштү өткүр чечен Ажыбай: «Билинди айткан түшүңүз, оңолгон экен ишиңиз, оолуккан экен сизди издеп ойдогу азиз кишиңиз. Кытайдын кыйыны Соорондуктүн уулу Алмамбет кылымдан ашкан эр чыгып, өз элинен кетип, Көкчөгө келип турду деп уктум эле. Жолборс жолдош болгону ошол Алмамбет келип сага кошулат экен» — деп жоруйт. Бул эпизоддон баатырдыгы ж-а акылы жагынан өзүнө теңдеш эр жүрөктүү, акылман дос издеп, өзүнө барабар жолдош күтүүнү мурдатан эле самап жүргөн Манастын кубанычын көрөбүз. Ошентип, К. т. ж. а. ж. эпосто көркөм поэтикалык ыкма катары милдет аткарат. Эл тыштан басып кирген душмандардан элди-жерди коргой турган ашкан баатырдын төрөлүшүн күтөт. Манас баатыр төрөлө электе эле анын идеялдуу образын эл өзүнүн фантазиясында жараткан.

*С. Бегалиев*

**КЕРИК** (ир. керигдан) — тумшугунда мүйүзү бар, териси калың айбан, носорог). Эпос б-ча кытай дөөлөрү К. минип жоого киришет. Сыргак м-н Бээжинге чалгынга барганда Алмамбет Кентунга мусулмандар келип уруш салып жатат деп К. минген дөөлөрдү алдап Бээжинден кетирет (СО, 4. 260).

**КЕРИМЖАНОВА** Бүбү (1920, Ак-Суу р-ну, Бөрү-Баш айылы) — кыргыз совет адабиятчысы. сынчы. Кыргыз ССР ИАнын корреспондент-мүчөсү (1954), 1941-ж. КМПИнин тил ж-а адабият факультетин бүткөн. 1947—50-ж. Кыргыз республикасынын ИАнын Тил ж-а адабият ин-тунда илимий кызматкер, 1950-жылдан «Манас» секторунун башчысы. К. кыргыз жазуучуларынын чыгармачылыгы, кыргыз адабиятынын өсүш тарыхы, көркөм табияты б-ча көптөгөн макалалардын, эмгектердин автору. «Манас» эпосун басмага даярдоодо ж-а изилдөөдө да эмгек сиңирген. «Семетей жана Сейтек» (1961) деген эмгеги кыргыз ж-а орус тилдеринде жарык көргөн. «Семетей» эпосунун курама варианттарына кириш сөз жазган. К. Эмгек Кызыл Туу, «Ардак, Белгиси» ордендери ж-а медалдар м-н сыйланган.



**КЕРКАШКА** — *Керкөкүлдүн* байгеге чапкан күлүгү. Көкөтөйдүн кара ашындагы ат чабышта марага экинчи болуп келет (СО, 3. 64).

**КЕР КАЧЫР** — кытай баатырларынын айрымдарынын жоого минген унаасы. «Жашыл күрмө тон кийип, качыр тулпар ат минип» (СК, 1. 81),— деп Дөөдүр алп минген унаа катары айтылат.

**КЕРКЕ** — эпизоддук кейипкер, кытай балбаны. Саякбай Карала уулунун вариантында Эсенкан Жолой м-н Доңгөнү баш кылып Манасты кармап келүүгө он миң кол атказганда К. балбан да кошо барганы айтылат (СК, 1. 81). «Алтан Тобчи» деген жыл намеде Гэркэ-хаган — моңголдордун белгилүү кандарынын бири.

**КЕРКӨКҮЛ** — эпизоддук кейипкер, кыргыз уруу башчыларынын бири. Көкөтөйдүн сөөгүн койгондогу ат чабышта Керкашка деген күлүгүн байгеге чабат.

**КЕР-КӨЛ-АТА** — топоним. СОВ б-ча Ысык-Көлдүн мурдагы аталышы. Кер — «чоң» дегенди билдирет, б. а. Кер-Көл «Чоң-Көл» деген түшүнүккө ээ.

**КЕРМЕКАШ** — эпизоддук кейипкер, Айчүрөктүн нөкөрү. Семетейдин жолун тосуп Үргөнчтүн боюнда оюн куруп жаткан Айчүрөктүн кеңешчилеринин бири (СК, «Семетей», 2. 47).

**КЕРМЕНИН КАРА-БЕЛИ** — топоним. Домабил баш болуп келип, Алтайдагы Жакыптын жылкысына тийген калмактарды талкалаган жер катары айтылат (СО, 1. 147).

**КЕРМЕ-ӨТӨК** — топоним. Манастын бала чагында алтайлык калмактар м-н болгон согушунда эскерилет:

Керме-Өтөктү кан кылып,
Өлтүргөнүн сан кылып.
Керменин Кара-Белине
Кирип кетип баратыр,
Сазайларын калмактын
Берип кетип баратыр (СО, 1. 165).

**КЕРМЕ-САЗ** — топоним. СОВ б-ча «Нескара м-н Манастын урушу» окуяда:

Ая-Көздүн Керме-Саз,
Капталың Кара-Кум болсун,
Кабардашып жоо келсе
Жердээр жериң бу болсун (СО, 1. 229),—
деп башка жер-суу аттары м-н кошо эскерилет.

**КЕРМЕ-ТОО** — топоним. Эпосто Төштүктүн турган жери катары эскерилет:

Керме-Тоонун оюна,
Кең-Котондун боюна,
Эр Төштүктүн тоюна
Элчи келди деген сөз
Элге текши билинди (СО, 4. 33).

Географиялык реалияда Тибеттин түндүгүндөгү Куэнлун тоо кыркасына туура келет.

**КЕРНЕЙ** — музыкалык үйлөмө аспап. О. Азия ж-а Иранда аскердин кабар берүүчү музыкалык аспабы катары колдонулган. Эпосто К. көбүнчө сурнай м-н бирдикте аткарылып, жоокерлерди, элди чогултуу үчүн тартылган:

«Керней, сурнай тарттырып жарчыга кабар айттырып» (СО, 2. 60). О. эле К. ар түрдүү окуяларда, башкы каармандардын жеңиштеринде, салтанаттарында ж. б. учурларда тартылган. Мис., Манас баатыр Акунбешимди жеңгенде:

Ордого керней коюлуп,
Дүйнө жүзү союлуп.
Желек туудан бөлүнбөй
Жердин жүзү көрүнбөй (СО, 2. 180),—
деп баяндалат.

К. башка музыкалык аспапсыз жеке да тартылган. Аскерлерди чогултуучу-кабардоочу



аспап катарында пайдаланылган. Манас баатырдын туш-тушка кеткен аскерин жыюуда: «Бандулунун түбүндө Жети жүз керней бапылдап Аскерин жыйып азырлап» (СО, 2. 127) — делип сүрөттөлөт. Манас Алооке канды багындырганда:

Бакка пааша киргенде,
Баркыраган кернейден
Алты жүзү тартылып,
Кернейдин үнү бапылдап
Сурнайдын үнү такылдап (СО, 2. 184),
жеңишти даңазалайт.

**КЕРТЕЛКИ** — *Кыргылчалдын* минген аты. «Суркызыл менен Кертелки, Баскан сайын жорголоп» (КВ, «Семетей», 11),— деп мүнөздөлөт.

**КЕРЭЭЗ** — каада-салт ырларынын байыркы түрлөрүнүн бири. Эл оозеки чыгармачылыгында эки түрдө — кара сөз ж-а ыр түрүндө кезигет. Алгач кара сөз түрүндө айтылып, кийин акындар тарабынан поэтикалык формага түшүрүлүп, күчөтүлгөн учурлары көп. Мис., Боромбайдын, Балбайдын керээзи. К. калкка кеңири таанымал чечен же акын тарабынан айтылса авторлугун сактап, чыгарманын мазмуну көп өзгөрүүгө учурабайт. Айтуучулар да өзүнөн кошпой сактап калгандарын так берүүгө аракеттенишет. Буга Көкөтөй Чечендин, Арстанбек, Жеңижок, Куйручуктун К-и далил.

К. «Манаста» да кездешип, эпостун мазмундук өзөгүндө, идеялык, поэтикалык системасында алган орду ж-а көтөргөн жүгү бар. Мис., Көкөтөйдүн, Манастын К-и эпостогу окуянын өнүгүшүндө белгилүү роль ойноп, көп окуялардын түйүнү, андан ары чиеленишинин себеби болот.

Көкөтөйдүн К-и бардык варианттарда бирдей деңгээлде болбосо да орун алып, бир канча муундун таланттуу айтуучуларынын чыгармачылык өнөрканасынан өтүп, мазмуну, көркөмдүгү жактан такталып, калыптанган түрдө бизге жеткен эпостун алгачкы окуяларынын бири. Көкөтөйдүн К-и негизинен өзүн кандай көмүү ж-а аш берүү ж-дө болгону м-н мазмуну, багыты кеңири. Айрыкча, Сагымбай Орозбак уулунун айтуусунда К. ырынын жанрдык мүмкүнчүлүгү артып, таанытуучу-эстетикалык мааниси бир топ кеңейген: турмуш-тиричилик гана эмес, коомдук-социалдык, тарыхый-этнографиялык ж-а дипломатиялык маселелерди камтып, лирика-эпикалык деңгээлге чейин көтөрүлгөн.

Көп жашап, көптү көргөн журт атасы Көкөтөй өзү өлгөндөн кийинки элинин тагдырын ойлоп, санаасы санга бөлүнөт. Жалгыз уулу Бокмурундун «акылга пас», өзү «жаш», «дөөлөт мас» бейкапардыгына ж-а «атпай кыргыз калкынын башчысыз калгандыгына» катуу тынчсызданат.

Өлгөнүмдү элге билдирбей,
Өз малымды бүлдүрбөй,
Келген келин тоюндай,
Мени көмсүн
Жаш балдар кылган оюндай
Кемпирдин ашы кылсын,
Өлгөнүм, тирилигим билинбесин,
Өз журтум бүлүнбөсүн (СО, 3. 8),— деп баласына табышмактуу К. калтырат. Акылман карынын Бокмурунга «жети кылым эл жыйып», «кампа толгон казынасын ачып», бар байлыгын калайык калкка жарыя кылууга тыюу салышы да калктын камын, бейкутчулугун ойлоодон чыгат. Көкөтөй ашка чакырылуучу элдердин ар бирин мүнөздөй келип:

Калмактан тыргоот, шибээн бар,
Жегени бака, жылан — мар
Кыргызга калба салбасын,
Кыжылдап жаткан кытайды
Чакырып ашка албасын (СО, 3. 15) «жетимиш түрдүү тил билген» Нескарага, «Оюктун боюн жердеген, Ойроттон киши жеңбеген» Оронгу катынга, «алп Жолойго кабар жетпесин»,— дейт. Кайнында жүрүп, атасы көз жумарда кашында болбой калып, К-ин Баймырзадан уккан Бокмурун:

Кыямат кеткен өзү экен,
Кыял деп айткан сөзү экен,
Акырет кеткен өзү экен,
Артындагы калганга
Аш бер деген сөз экен (СО, 3. 35), калк башчылары, Манас м-н кеңешип, туш-тушка кабар айттырып, сансыз мал союп, өлүктүн каада-салтын жасап, шаанисн м-н узатат. Андан кийин Бокмурундун калмак, манжу, кытайларга чейин кабар айттырып, чоң аш берүүгө камданышы м-н окуянын андан ары өнүгүшө шарт түзүлөт.

Манастын К-и айрыкча Саякбай Карала уулунун вариантында кеңири ж-а көркөм айтылып, эпостун мазмундук өзөгү м-н бекем тутумдаш. К. өтө оор ж-а кайгылуу жагдайда айтылат. Кичи казатта Алмамбет, Чубак, Сыргак баштаган кыргыз баатырлары согуш майданында окко учуп, Манас өзү катуу кай-

гы, оор жарааты м-н элине кайтат. Журт башчысы Манасты жарык дүйнө м-н коштошуу эмес, баатыр чоролорунун шейит өлүм болушу, жесир аяштарынын ый-зары, өзү өлгөндөн кийин ички, сырткы душмандардын курчоосунда башчысыз калып жаткан кыргыз элинин, жалгыз баласы Семетейдин тагдыры катуу тынчсыздандырып кабыргасын кайыштырат. Манастын К. жарык дүйнө м-н коштошор мезгили жакындаганын сезген учурда акыл токтото, ой жүгүртүп, асыл жары Каныкейге өзүн кандай узатуунун, дос, душманын эскертип, өзү өлгөндөн кийин ага кимдер жөлөк болорун баяндап келип, «душманым көп эле сөөгүмдөн өчүн албасын, бейлебес жерге жашыргын» дейт. Манастын Каныкейге:

Кан өлгөндө катынга
Төркүнү жакын болучу.
Сен Темиркан көздөй качып кет
Атаң Темирканга барганда
Колуңдагы Семетей
Кыркып бергин чыбыгын,
Кылып бергин ырымын,
Ит аягын кечирип,
Кылычтын мизин аттатып,
Арка чачын кесе көр
Тууганың Ысмайылга бере көр...
Жашы он экиге келгенде
Ичинен ок өтпөс тонду кийгизгин,
Ошондо эне-ата жайын билгизгин (СК, 2. 225) — деген К. калтырышы калкынын келечегин ойлоодон, эл өз башчысына ээ болуп, душмандан өч ала тургандыгына ишенүүдөн келип чыгат. К. ырларынын эпостун мазмундук өзөгүндө, идеясында, поэтикасында алган орду, аркалаган жүгү бар.

*Б. Кебекова*

**КЕСЕНДИ** — жылан, чаян сыяктуу жандыктар. Манасты оңой эле жеңип алам деген Шоорук кандын кебинде айтылат:

Жолугарга жолукпай
Жолу каткан кыргызды.
Шоролу менен Тагарма
Жоопберип ким тургузду?
Кесендиси уруусу,
Кесири тиер мунусу (КВ, 1. 149).

**КЕТЕЛИК** — эпизоддук кейипкер. Көкөтөйдү койгондо катышат.

**КЕТМЕН** — топоним. Көкөтөйдүн ашында эр эңиш өткөрүлгөн Каркырадагы жерлердин бири (СО, 3. 256). Географиялык реалияда Иле аймагындагы тоо.

**КЕТМЕН-ТӨБӨ** — топоним. Бокмурун элге кабар жиберип, Көкөтөйдү койгондо «Чабыр малы батыптыр Кетмен-Төбө боюна» (СО, 3. 47),— деп айтылат. Географиялык реалияда Кыргызстанда Нарын өрөөнүндөгү аймак.

**КЕЧИЛ** — ламаизм дининдеги элдердин атайын касам ичкен дин кызматкери. К. ж-дө эпосто:

Сары-Суунун боюнда
Оркойгон күрөө көрүнөт.
Ал күрөөгө барганда
Кызыл сакал топусу,
Ал кытайдын сопусу
Ошол күрөөдө болот кечили (СК, 2. 19),— деп сүрөттөлөт.

К. болгон адам дүйнөдөн безүү, үй-жай, мүлкүн кечүү, дүйнөдөн так өтүү, туугандык ж-а социалдык байланыштарды үзүү, катаал тартипке баш ийүү сыяктуу эрежелерди аткарган: «Катын алып жүрбөгөн Кытайлардын кечил деген молдосу» (СК, 2. 101). К. көбүнчө кытай маанисинде да колдонулат: «Көбөз белбоо, кең өтүк, кечилдин каны Коңурбай» (СК, 2. 129). К-дер өздөрүнчө социалдык диний топту түзгөн, ал кечилдик деп аталган. К-дин алгач Индияда б. з. ч. 1-миң жылдыкта пайда болуп, кийинчерээк Кытай, Япония, Тибет, Түш.- Чыгыш Азия, Ыраакы Чыгыштагы өлкөлөрдө өнүккөн, к. *Күрөө.*

*Ы. Кадыров*

**КИДАЙШ-ПОКРОВСКАЯ** Нинель Викторовна (1926, Орёл ш.) — түрк тилдүү элдердин фольклорун изилдөөчү. Ломоносов атн. МГУнун филология факультетинин чыгыш бөлүмүн бүткөн (1950). 1954—58-ж. Крупская атн. Бүткүл Союздук эл чыгармачылыгынын үйүндө О. Азия ж-а Казакстан түрк тилдүү элдеринин фольклору, адабият тармагында эмгектенген. СССР ИАнын Горький атн. дүйнөлүк адабият ин-тунун аспирантурасын бүтүрүп, филология илимдеринин кандидаты (1961) илимий даражасын алган. 1963-жылдан СССР ИАнын ИМЛИде фольклор бөлүмүндө жетектөөчү илимий кызматкер. К.-П. фольклордун историзми, поэтика, текстология, эпостун илимий котормосу проблемаларына арналган 30га жакын илимий эмгектердин автору. Негизги эмгектери — ИМЛИнин фольклор бөлүмүнүн коллективдүү иштеринде ж-а 1971-жылдан СССР ИАнын «Наука» басмасынан «СССР элдеринин эпостору» академиялык сериясы м-н чыгып жаткан бир катар томдорунда жарык көргөн. К.-П-нын түздөнтүз катышуусу м-н (илимий которуу, тарыхыйэтнографиялык, лингвистикалык, фольклористикалык мүнөздөгү кеңири пландагы комментарийлерди жазуу м-н) кыргыз элинин баатырдык «Манас» эпосунун төрт томдук басылышынын төрт томун басып чыгарууга катышкан. Бул К.-П-нын Кыргыз Республикасынын ИАнын ТАИнин «Манас» сектору м-н Сагымбай Орозбак уулунун оозунан жазылып алынган тексттерди басууга даярдоодогу көп жылдык бирдиктүү иш-аракеттеринин жемиши болуп саналат.

*А. Абилов*

**КИЕНКЕС** — мифтик каарман. Жажуж-мажуж дөөсү. Көкөтөйдүн ашына чакырылат (СО, 3. 99).

**КИИИЗБАЕВА** Сайра (1917, Төкөлдөш — 1988, Фрунзе) — кыргыз совет ырчысы, СССР эл арт. (1958). Чыгармачылык ишмердигин 1936-ж. Кыргыз музыкалык драма театрында баштаган. 1939-ж. кыргыз иск-восунун Москвада өткөн декадасында «Айчүрөк» операсынан Айчүрөктүн партиясын зор ийгилик м-н аткарган. «Манас» операсынан Каныкейдин партиясын жогорку чеберчиликте атка-



С. Кийизбаева — Айчүрөк. «Айчүрөк» операсы, 1939.

руугa жетишкен. К. Ленин, Октябрь Революциясы, Эмгек Кызыл Туу, Эл достугу, «Ардак Белгиси» ордендери ж-а медалдар м-н сыйланган.

**КИЙИМ-КЕЧЕ,** жоо кийими — жоокерлердин тула боюн же айрым мүчөлөрүн ар кандай согуш куралдарынан коргоочу буюмдардын жалпы аты. Эпостун башкы каармандарынын образын түзүүдө, алар урунган куралжарагы, минген аты м-н катар согуштук кийимдери да маанилүү роль ойнойт. Борбордук каарман баш болгон эпикалык баатырлардын уруш майданында кийген жоо кийимдеринин бардыгынын энчилүү аты бар. Окуянын мүнөзүнө жараша апыртылып сүрөттөлгөн жоо куралдарынан коргонуучу ал кийимдер укмуштуу: ок өтпөйт, найза тешпейт, отко күйбөйт, сууга чөкпөйт, кылыч кеспейт. О. эле «Манас» эпосунун каармандары Аколпок, Бадана, Соот, Күрөөкө, Туулга, Чарайна, Чопкут сыяктуу жоо кийимдери м-н жабдылган. Бул кийимдерди кийген баатырлар магиялык касиетке ээ. Эпостогу Манас баатырдын сыйкырдуулук касиети анын жоо кийимдерине байланыштуу идеализацияланган. Ал Аколпок, Бозкисе, Туулганы кийип, Аккелте, Сырнайза, Зулпукор өңдүү курал-жарактарын асынып, Аккуланы минген учурда адам тик карай албайт. Душманына Манастын сүрү кара чаар кабылан жандай салып камынып, чолок куйрук арстан бир жагынан чамынып, алтымыш кулач ажыдаар астында, алпкаракуш үстүндө алуучудай түрдөнүп көрүнөт. Ал шайланып майданга киргенде каршысындагы жоо кармашып алы жетпеген, жеңе албаган. Элдик баатырлардын бул сыяктуу сыйкырдуу касиеттери дүйнөлүк эпостордо кеңири таралган эпикалык салт. Көпчүлүк элдердин эпосторундагы башкы баатырлардын магиялык касиеттери жоо кийимдерине байланыштырылбастан, алардын денесинин өзүндө душмандын куралын өткөрбөй, ажалдан сактаган кереметтүү касиети болот. Мис., гректердин «Илиадасындагы» Ахилл, болгарлардын юнак ырларындагы Момче Секула, осетиндердин нарт эпосундагы Сосруко ж-а О. Азия элдериндеги Алпамыштын образындагы магиялык мүнөздөгү жалпылыктар, ал элдин өзүнүн идеал каарманын өлбөс-өчпөс каармандар катары идеализациялоодо бирдей салттык мотивдерди пайдалангандыгын көрсөтөт. Эпикалык башкы каармандардын денесинин жоо куралын өткөрбөөчүлүк касиети эпостун тарыхый өнүгүшүнүн кийинки этаптарында алардын жоо кийимдерине өтүп, алмашылган. Бул көрүнүш жеке эле «Манас» эпосуна мүнөздүү болбостон, О. Азия ж-а Казак элинин баатырдык эпосторунда да сакталып, бирдей жалпылыкты түзүп туруктуу стилистикалык формула м-н сүрөттөлөт. Аталган элдердин салттарына салыштырганда «Манас» эпосунда жоо кийимдеринин эпикалык сүрөттөлүшү да кеңири планда айтылат. Баатырдын денесине душмандын куралын өткөрбөй ажалдан сактаган бул типтеги кийим дүйнө эпосторунда кеңири белгилүү мотивдердин бири — каармандын денесинин магиялык касиетке ээ болушунун жумшартылган түрү экенин биринчи жолу академик В. М. Жирмунский Манастын ок өтпөс Аколпогуна байланыштуу белгиленген эле. Жоо куралдарын өткөрбөөчү кийим казак элинин «Кобланды» эпосунун терс каарманы, калмак каны Кобыктыда да болгондугу айтылат. «Чоң казаттагы» согуш учурунда Каныкейдин жасаган соот-чопкут, жоожарактардын, дарылардын ж-а камдаган күл азыктын мааниси, негизги сапаттары, аларды пайдаланган кырк чоронун каармандык иш-аракети аркылуу ачылат. Эпостун «Семетей» бөлүгүндө Манас баатырдын жоо кийимдери (тытылган Аколпок оңдолуп мурунку калыбына келтирилет) атадан балага мурас катары өткөн кийим катары баяндалат. «Манас» эпосундагыдай эле «Семетейде» Семетейдин образынын магиялык касиети атасынан калган жоо кийимдеринин сыйкырдуулугуна байланыштырылып түшүндүрүлөт. Эпосто жоо кийимдин сыйкыры, курал-жарактардын керемети, Тайбуурулдун тулпардык касиетинин күчтүүлүгү м-н бирдикте берилген. Семетей Аколпок, Туулга, Бозкисе өңдүү согуштук кийимдерди кийип, куралжарактарды асынып, Тайбуурулду минип жүргөндө атасы Манастай найза тешпес, ок өтпөс, кылыч кеспес баатырдын образын элестетет. Качан ал Тайбуурулду, Аколпокту тартууга берип, алардан ажыраганда анын баатырдык кайраты, сыйкырдуу керемети качкандай көрүнөт. Үчилтиктин жыйынтыктоочу бөлүгү «Сейтекте» борбордук каармандардын жоо кийимдери рационализацияланган түрдө сүрөттөлөт.

*С. Алиев*

**КИЛДЕРБЕК** — эпизоддук кейипкер. Эштектин атасы экендиги гана айтылат:

Булгарда жаткан түрк уулу,
Сары ногой сарасы.
Алардын башын кармаган
Килдербектин баласы
Эштек деген эр экен (СО, КФ, 1787-инв., 119-б.).

**КИНДИК ЭНЕ** — төрөлгөн баланын киндигин кескен аял. Курч устара м-н баланын киндигин такай түбүнөн кесип, ага кийиз күйгүзүп басышкан. Кескен аялды К. э. деп аташып, экинчи эне катары эсептелген. Манас төрөлгөндө анын киндигин Дамбылданын аялы Канымжан кесет. Ал СОВдо:

Антаңдабай катындар,
Аныктап көрчү капырлар?
Жерден алгын тез деди,
Дамбылданын зайыбы
Киндигин өзүң кес деди (СО, 1. 77),— деп айтылат.

Төрөлгөн баланын киндигин кескен аялдын күйөөсү «Киндик ата» деп аталат. Эпостун «Семетей» бөлүмүндөгү Каныкейдин жомогунда:

Кайып болуп талаага
Качып кеткен Бөлөкбай
Киндик атаң болучу
Бөлөкбайды көрө кел (СК, «Семетей», 1. 161) деген баяндоодон киндик ата ж-дө маалымат алабыз.

**КИНО ЖАНА «МАНАС».** Иск-вонун башка түрлөрү м-н катар «Манас» эпосу кино өнөрүнүн өнүгүшүнө да өз таасирин тийгизип келүүдө. Бул залкар эпос улуттук жаш кино өнөрүнүн тарыхында бир топ даректүү тасмаларды жаратууга себепкер болгон. Кыргыз киносунун тарыхындагы эң алгачкы көркөм фильм жаратуу аракети да «Манас» эпосуна байланыштуу. 1941-ж. Алматынын киностудиясында (сценарийи Ж. Бөкөнбаев м-н К. Исаев) *«Манастын уулу Семетей»* деген көркөм тасманы тартууга аракет жасалган. Болочок фильмдин режиссёрлору Г. Раппопорт м-н А. Куттубаев болгон. Тилекке каршы бул ой оор шартка байланыштуу иш жүзүнө ашпай каган. 1962-ж. «Манас» эпосуна арналган эки бөлүктөн турган *«Улуу эпос»* деген тасма (сценарийи М. Байжиевдики, режиссёр — коюучусу Л. Турусбекова, оператору М. Туратбеков) тартылган. «Манас» эпосуна кызыгуулар жыл сайын артып, ар кыл пландагы даректүү тасмалар жарала баштаган.

Таланттуу манасчы Саякбай Карала уулуна арналган *«Манасчы»* аттуу даректүү фильмди (режиссёр Б. Шамшиев) тарткан (операторлору Б. Борбиев, Р. Петров). Ушул эле теманы режиссёр М. Убукеев үч бөлүктөн турган *«Саякбай Каралаев»* (1962) аттуу атайын тасмасында, о. эле 1988-ж. жарык көргөн *«Улуу манасчы»* (кенже режиссёру С. Токтоналиев, режиссёрдун жардамчысы У. Жукеев, кинооператорлору М. Туратбеков, Б. Алыбаев, сүрөтчүлөрү Ж. Касымалиев, А. Төрөбеков, композитору Б. Макеев) аттуу жети бөлүктөн турган толук метраждуу тасмасында улантышкан. Кыргыз кино ишмерлери көркөм фильмдерди жаратууда да «Манас» эпосуна кайрылып, аны чыгармачылык м-н пайдаланып келе жатышат. Кинорежиссёр Т. Океев «Кызыл алма» (1975, сценарийи Ч. Айтматов, Э. Лындина, Т. Океевдики, оператору К. Орозалиев, сүрөтчүсү Д. Жумабаев, композитору Ш. Калош), «Ак илбирстин тукуму» (1984, сценарийи М. Байжиев м-н Т. Океевдики, оператору Н. Борбиев, композитору М. Бегалиев, сүрөтчүсү А. Макаров) көркөм тасмаларында «Манас» эпосунан үзүндүлөрдү фильмге киргизип, кошумча драматургиялык материал катары пайдаланат. Өзгөчө эки бөлүктөн турган «Ак илбирстин тукуму» аттуу эпикалык фильминде Сайкал апанын (артист А. Жанго-



Манасчы Молдобасан Мусулманкул уулу «Манас» айтууда. «Манас» эпосу дарек фильми.

розова) «Манас» эпосунан үзүндүлөр аткарышы зор таасир калтырат. Б. Шамшиевдин «Бөрү зынданы» (сценарийи Б. Шамшиев, Е. Абишевдики, кинооператору М. Мусаев, сүрөтчүлөрү Д. Касымалиев, Э. Салиев) аттуу эки бөлүктөн турган тасмасында «Манас» эпосунан пайдаланылган чакан эпизодду да эскере кетсек болот. Кинорежиссёр Б. Карагулов өзүнүн алгачкы көркөм тасмасы «Айдагы жезкемпир» (1985, сценарийи А. Жакыпбековдуку, оператору М. Мусаев, сүрөтчүсү А. Макаров, композитору В. Киселев) аттуу фильминде да «Манас» эпосунан үзүндүлөрдү орундуу пайдаланган. Натыйжада фильмдин идеялык мазмуну байыган. 1980-ж. тартылган *«Жаш манасчылар»* (оператору С. Макекадыров, сценарийи Б. Сарыгуловдуку) даректүү фильминде режиссёр Р. Байтемиров эпосту пропагандалоо, улам кийинки урпактардан манасчылык өнөрдү улантуу маселелерине кайрылган.

*К. Ашымов*

**««КИРГИЗСКИЙ ГЕРОИЧЕСКИЙ ЭПОС «МАНАС»»** — китеп, орус тилинде жазылган илимий эмгектердин ж-а макалалардын жыйнагы (Москва, 1961). Китептин редколлегиясы М. И. Богданова, В. М. Жирмунский, А. А. Петросян. Китептин аягына П. Н. Берков м-н Э. К. Сагидова түзгөн «Манас» ж-дөгү адабияттардын библиографиялык көрсөткүчү жыл ирети б-ча берилген. Библиографияда адам аттарынын, о. эле географиялык ж-а этнографиялык аталыштардын, иск-во чыгармалары м-н элдик чыгармачылыктын аттарынын көрсөткүчтөрү кошо берилген. Китепте А. А. Петросяндын кириш сөз катары ««Манас» эпосунун элдиктүүлүгү жөнүндөгү маселеге карата», М. Ауэзовдун ««Манас» кыргыз элинин баатырдык поэмасы», В. М. Жирмунскийдин ««Манас» эпосун изилдөөгө киришүү», М. Богданованын «Кыргыздын баатырдык эпосу «Манастын» өзгөчөлүгү жөнүндө», П. Н. Берковдун ««Манас» жана Алтай эпосу», А. Токомбаевдин ««Манас» үчилтик эпосунун элдүүлүгү жөнүндөгү маселеге карата», Т. Сыдыкбековдун ««Манас» үчилтик эпосунун үчүнчү бөлүгү — «Сейтек» поэмасынын элдүүлүгү жөнүндө», Б. Юнусалиевдин ««Манас» эпосунун бириктирилген вариантын түзүүдөгү тажрыйба тууралуу» — деген эмгектери кирген.

*Ж. Сагынов*

**КИРИЧ** — жаанын эки башы бириктирилип, туурасынан байланган, жебе салып кере тартыла турган жип, кайыш. Эпосто:

Жааны колго алышып,
Жаалданып калышып,
Күчүгөн жүндүү сыр жебе
Киричине чалышып (СО, 2. 132).
Коломсокко кол салып,
Колуна тартып ок алып,
Киричине чалганча
Коюп Манас кеткени (СО, 1. 205),—
деп сүрөттөлөт.

Кээде жаа маанисинде да колдонулат, к. *Жаа.*

**«КИРИШ СӨЗ»** — *Б. Юнусалиевдин* «Манас» эпосунун курама вариантына (КВ) жазган баш макаласы («Манас», 1-бөлүк, 1-китеп, Фр., 1958). Макалада КВ түрүндө басмадан чыгаруунун зарылдыгы, максаты, мааниси ж-а эпосту окурмандардын кеңири чөйрөсүнө арнап чыгаруунун, бастырууга кире турган эпизоддорду тандап алуунун, жалпы эле текстти басмага даярдоонун принциптери ж-дөгү илимий ойлор кеңири айтылган. Айрыкча «Манас» эпосуна арналган Бүткүл союздук илимий конференциядан (1952, 6—10-июнь) кийин эпос б-ча топтолгон материалдарды системага салып, басмага даярдоо ж-а илимий изилдөө багытындагы иштер жүзөгө ашкан. Натыйжада «Манас» үчилтигинин КВнын төрт китеби («Манас» 1—2, «Семетей», «Сейтек») жарыкка чыкты.

«Манас» өңдүү улуу эпостун көптөгөн илимий проблемаларынын ичинен анын зор көлөмү илимпоздордун көңүлүн бөтөнчө буруп келгендиги биринчиден, элдин көркөм сөз өнөрүнүн бөтөнчө өнүккөндүгү, экинчиден, элдин тилинин чексиз байлыгын айгинелейт. Анткени, «жүздөгөн жылдар бою кыргыздар үчүн бул эпос таалим алуучу роман китептин, таасирдүү сахнанын, түстүү экрандын, өткөндү эске салуучу тарых китебинин милдетин аткарган». Эпос м-н тарыхтын байланышы ж-дө фольклористика илиминде бири-бирине карама-каршы пикирлердин жашагандыгы белгилүү. Айрым окумуштуулар эпосто көркөм чагылдырылган тарыхый окуяларды бир беткей карашып, эпосту тарыхтын жыйнагы катары баалашып, анын көркөм чыгарма экендигин унутуп коюшат. Бул маанилүү маселе б-ча Б. Юнусалиевдин пикири негиздүү экендигин окумуштуунун төмөнкү сөздөрү ачык далилдеп турат. «Эпос тарых эмес, бирок «Манас» эпосунун кыргыз элинин тарыхына байланыштуу экенин танууга болбойт». «Манас» эпосунда элдин байыркы мезгилдеги коомго, жаратылышка болгон мамилелери, түшүнүктөрү кеңири көркөм баяндалгандыгын белгилеп, кыргыздардын диний түшүнүктөрү, мифтик, фантастикалык ой жүгүртүүлөрү арбын кезигерин айтат/ Кыргыздын көркөм мурасы «Манасты» жаратккан, сактаган, өнүктүргөн манасчылардын варианттарынан кыскартып түзүлгөн КВнын негизин СКВ түзөрүн белгилеп, андагы окуяларды мүнөздөгөн. О. эле окуяларынын молдугу, күлүк ой жүгүртүүлөр, апыртуулардын кеңирилиги чыгармага зор масштабдуулук мүнөз бергенин каармандары да дээрлик эпикалык өмүр баяны бар образдардан экенин көрсөтүп образдар системасына кеңири талдоо жүргүзгөн.

«Манас» эпосунун жаралуу доору б-ча да Б. Юнусалиевдин негиздүү илимий божомолу бар. Бул олуттуу проблеманы туура чечүү эпостун идеялык мазмунун, образдар системасын, көркөм поэтикасын туура түшүнүп, туура баа берүүгө өбөлгө болорун белгилейт да, эпостогу тарыхый, этнографиялык, лингвистикалык, географиялык маалыматтарга таянып, «Манас» эпосу Алтай доорунда

(9—11-к.) пайда болгон деген пикирди айтат. Эбегейсиз зор эпостун саясий, тарыхый ж-а көркөмдүк жагынан маанисинин чоң экенин баса белгилеп, келечекте эпостон орун алган тарыхый окуяларды, мотивдерди, этнографиялык ж-а мифологиялык элементтерди, эпостун тилин, стилин, образ системасын, сюжеттик сызыгын, варианттарындагы айырмаларын, эпостогу окуялар м-н граждандык тарыхтын байланыштарын терең изилдөө керектигин сергек баамдап, туура илимий жыйынтык чыгарган.

Б. Юнусалиев «К. с-дө» кыргыз эли үчүн зор сыймык, кубанычтуу окуя болгон КВга талдоо жүргүзүп, тексттеринин тарыхта биринчи мертебе жарыяланышына чоң баа берген.

*Ж. Сагынов*

**«КИРИШ СӨЗ»** — *Б. Керимжанованын* «Манас» эпосунун курама вариантынын экинчи бөлүгү «Семетей» (Фр., 1959) эпосуна жазган баш макаласы. Макала эпостун вариантында чагылдырылган доордун мүнөзүн ж-а генеологиялык циклдешүү принцибинин өзгөчөлүгүн иликтөөгө арналган. Ушул максатта эпостогу байыркы элементтер каралып, жомоктук-мифтик катмарлардын орун алышы тийиштүү деңгээлде көсөтүлөт. Чыгарманын сюжеттик канвасы ж-а чагылдырылган доору талданат. Генеологиялык циклдештирүүнүн классикалык үлгүсү болгон «Семетей» эпосунун айрым сюжеттик мотивдери, образдары, поэтикасы сөзгө алынат. Эпос биринчиден, эл-жер үчүн ички ж-а тышкы душмандар м-н күрөшүү — баатырдык темасы, экинчиден, романтикалык сүйүү емасына бөлүнөт. Ал темалар бири-бири м-н айкалышып, поэманын сюжетин түзөт ж-а ал сюжеттик окуялар Семетейдин кыймыл-аракети, ой-дүйнөсү, турмуштук көз караштары м-н ажырагыс байланышта өнүгөт. Аны ички ж-а сырткы душмандарга каршы жүргүзгөн күрөшүнөн баамдайбыз. Эч себепсиз эле бөтөн элди чаап алуу поэманын духуна жат. Ал эми Семетейдин Коңурбайга каршы аттануусу эки себепке негизделген. Биринчиден, алыстагы Коңурбай капылеттен кол салбасын деген тактикалык максат, экинчиден, ата-бабаларынын өткөн өчүн, кеткен кегин алуу экендиги белгиленет.

«Семетей» поэмасынын экинчи сюжеттик өзөгүн лирикалык тема түзүп, махабат мамилелери орчундуу орун ээлейт. Семетей м-н Айчүрөк табиятынан эле бири-бирине ылайык жаралгандай, ата салты б-ча да, тунук махабаттын салтанаты б-ча да үйлөнүү поэмада оригиналдуу чечилген. Жыйынтыктап айтканда эпостун вариантынын бардык тутумдук бөлүктөрү өз жайын тапкан. Сүрөттөлгөн окуялар, көрүнүштөр ырааттуу берилген — органикалык ички биримдик бекем сакталган, өзүнчө бүткөн. «Семетей» поэмасы кыргыз элинин нечен кылымдар бою башынан өткөргөн тарыхый, социалдык турмушун, прогрессивдүү ой-тилегин, патриоттук күрөшүн жогорку пафосто, чебер сүрөттөп берген көркөм чыгарма катары бааланат.

*Ж. Сагынов*

**«КИРИШ СӨЗ»** — *К. Асаналиевдин* «Манас» эпосунун курама вариантынын үчүнчү бөлүгү *«Сейтек»* (Фр., 1959) китебине жазган баш макаласы.

«Сейтек» эпосу — «Манас» үчилтигин бардык жагынан жыйынтыктаган бөлүм. Автор «Сейтек» эпосунун үчилтиктеги орду, мааниси, тема, идея, образдардын талкууланышы, салттуулук м-н жеке айтуучулук чеберчиликтин карым-катышын талдоого алат. «Сейтек» сюжеттик ж-а композициялык түзүлүшү, каармандардын көркөм элестеринин ачылышы, идеялык мазмунунун толуктугу б-ча оригиналдуу, өз алдынча чыгарма. Поэманын «Манас» м-н «Семетейдей» эле эл арасына кеңири таралган бир нече варианттары бар. Алардын арасынан көркөм сюжеттери жетер жерине чейин иштетилиши, окуялардын нагыз эпикалык арымда сүрөттөлүшү, образдардын даана ачылыш жагынан Саякбай Карала уулунун вариантына башка варианттардын эч бири тете келбейт. Ошондуктан ар кыл идеялык-көркөмдүктө айтылган варианттардан кыскартылып, куралып түзүлгөн «Манас» м-н «Семетейден» айырмасы, «Сейтек» бир гана Саякбай Карала уулунун вариантынын негизинде берилген. Кириш сөздө «Манас», «Семетей» варианттарындагы идеялык-көркөмдүк системасын кайталабастыгын айтуу м-н «Сейтек» бөлүмү да мурдагы сюжеттик теманы кайталабастан, жаңы идеялык-тематикалык негиздери улантылат, акыр аягына чыгарып, бүт эпосту тыянактайт. «Сейтек» да «Семетей» сыяктуу эле кыргыз элинин бүлүнүшүн, каармандарынын жеңилишин, азап чегишин сүрөттөө м-н башталат. Бөлүмдүн эң күчтүү жактарынын бири — салттык сюжеттик мотивдердин жаңыча чечилгендигинде. Андагы фантастиканы, гиперболалаштырууну, мифтик учурларды каармандардын турмуштук абалдарынан ажыратууга болбойт. «Эмне үчүн Бакай өлбөйт», «Эмне үчүн Айчүрөк сулуулугунан өчпөйт», анткени элдик таланттар бул касиетти аларга «түбөлүк» берген. Чыгарманын бүткүл идеялык-көркөмдүк негизинин арымы да, кеңдиги да анда ар түрдүү каармандардын турмушу, тагдыры бардык тараптан сүрөттөлгөнүнө байланыштуу. Каармандын мүнөзүн сенейтип койбостон ага жаңы түс берип, түрдүү кыймылдарга, кубулуштарга туш келтирет. Мис., Күлчоро «Семетейде» шайыр, ачык жигит, кийинки башка турмуштук кырдаалда анын мүнөзү да, кыялы да өзгөргөн. Күлчоро м-н Канчоро бири-бирине карама-каршы образдар. Күлчоро адилеттүүлүктүн, адамгерчиликтин, ал эми Канчоро арамзалыктын, кара ниеттүүлүктүн элесин берет. Бул «Сейтек» бөлүмүндө ачылат. Поэманын сюжеттик негизин анын баш каарманы Сейтек түзөт. «Семетейде» баатырдык мотив күчтүү болсо, «Сейтекте» элдин турмушу, тагдыры көбүрөөк баяндалат. Дээрлик бардык варианттарда Сейтек күчтүү душман м-н согушуп, аны жеңет. «Сейтектин» толук вариантын түзүүдө Саякбай Карала уулунун чыгармачылыгы чоң орунду ээлейт. «Манас» үчилтиги атайы «Сөз башы» м-н баш-

талат. Анда элдик жомоктун нечен замандан бери укумдан-тукумга өтүп келе жаткандыгы айтылат. Үчүнчү бөлүм «Сейтек» поэмасында «Сөз аягы» берилет. «Сөз аягында» душман биротоло жеңилгенден кийин Семетей, Күлчоро, Айчүрөк, Бакай, Каныкейлердин алыс сапар кеткени айтылат. Чыгарманын мындай бүтүшү элдин акылмандыгынын күбөсү. Анткени, эл өзүнүн сүйүктүү каармандарына өлүмдү каалаган эмес. Ошондуктан эл арасында алардын сапар чегип жүргөндүгү ж-дө уламыш кеңири таралган.

*Ж. Сагынов*

**КИСЕ** — калың кайыштан күмүш чабылып коoздолуп жасалган курга боосунан бекитилип же илинип коюлуучу баштыкча, тегерек кутуча. Көбүнчө кемер курга байланат. Ага оттук, куу, милте ж. б. майда буюмдар салынган. Мис., «Шалдыркан кисе, бото кур» (СО, 3. 76). Бычактын кыны, оттук, куу салынган баштыкча ж. б. керектүү майда буюмдар илинген кур жалпысынан К. кур деп аталган. Кээде кайыш кур деле К. деп айтылат: «Мойнуна кисе салынып» (СК, 1. 51), к. *Боз кисе.*

**КИТЕ** — «Кенендеги» кейипкер. Коңурбайдын небереси, к. *Чоң Ките.*

**КИТЕН АЛП** — мифтик каарман. Эпосто дөө, перилердин өкүлү катары жоо тарабында сүрөттөлөт. К. а. — эпостун байыркы катмарларына кирген ысым. Бул эпоним о. кылымда жашап кыргыздар м-н түрдүү мамилелерде болушкан кара кытайларга байланыштуу. Алар тарыхта «кидандар» деген ат м-н белгилүү болуп, 10—12-к-дын аралыгында күчтүү мамлекети болгондугу маалым. Ушундан улам К. а. эпоними «кидан» этноними м-н өзөктөш деп айтууга болот. Б. а. «Манас» эпосунун өнүгүү шартына, басып өткөн жолуна ылайык «кидан» этноними эпоско киргенден кийин К. а. эпонимине айланып калган. Мындай көрүнүш анчалык таң калыштуу эмес ж-а дайыма боло берүүчү нерсе. Тарыхтан белгилүү: кара кытайлар (кидандар) өздөрүнүн мамлекетин «ляо» (темир) деп аташкан. Демек, эпосто «Киндиги темир Китен алп» (СО, 3. 99, 107; СК, 1. 80) деп ушул себептен улам айтылышы мүмкүн. К. а. эпоними Алтай, Сибирь жактагы түрк элдеринин фольклорунда ж-а эвенкилердин уламыштарында да көп учурайт.

**КИЧИ ЖҮЗ** — казак элинин негизги үч бөлүгүнүн бири. Эпостогу эпизоддук кейипкер Үмөт К. ж-дүн өкүлү катары айтылат: «Кичи жүздүн Үмөтү» (СО, 2. 243), к. *Казактар.*

**КИШИДАШ** — мифтик кейипкер. «Таш киши» деген мааниге ээ. Перилердин балбаны.

Кишидаш жайын сурасаң
Сайса найза теше албайт.
Чапкан кылыч кесе албайт.
Жаракка адам ишенсе
Адам уулу бет албайт (СО, 3. 99),—

деп Бокмурун Көкөтөйдүн ашына чакырат.

**КИШИМЖАН** — эпизоддук кейипкер, *Ысмайылдын* кызы. Ысмайыл багып алган балтыр бешик Семетейди көтөрүп чоңойтот. Семетей он экиге келип, Сарытаздан ата-тегин угуп, аны жашырган Каныкейге тарынып жатканда келип, жалынып-жалбарып тургуза албай коёт (СК, «Семетей», 1. 135).

**КИШТЕ** — кыргыз элинин эң байыркы оюндарынын бири. Эпосто башка элдик оюндардын катарында айтылат:

Бакылдашып ордо атып,
Чатыраш оюн салыптыр,
Кишисинен кырк-элүү
Киштеге кирип калыптыр (СО, 2. 308).

К. оюну индилердин чатуран, моңголдордун шатар ж-а шахмат оюндарына окшоштуктары бар. К-нин таштары «кан», «баатыр», «урук» же «урук аксакалы», «төө», «ат-аккула», «мерген» же «мергенчи» «жоокер», же «пияда» деп аталат. Таштардын аталышы ж-а көчүш эрежелери кыргыз элинин коомдук-экономикалык, маданий турмушу, согуштук стратегия, тактикасына байланыштуу түзүлгөн. К-нин тактасы шахматтын тактасына окшош жасалат. Оюн таштары аттарына ылайыкталып, улуттук оюм-чийим м-н кооздолуп, түп жагы шахмат таштарынын түбүндөй учу шоңшогойлонуп жасалат. К. оюнунда канды шахматтагыдай рокировка кылбайт. Матты болсо аттан башка бардык оюн таштары м-н коюуга болот. Мергенди болсо эки оюнчу тең оюнду баштакшан убакта гана алдындагы көчүшүнөн кийинки экинчи жолго шахмат оюнунда пешканы жүргөндөй эле көчүшөт. Калган учурда көчүш сайын аттан бөлөк бардык оюн таштарын бир жолдон гана көчүү м-н мергенди да бир жолго көчүшөт. К-де ат шахмат оюнундагы ат сыяктуу эле көчөт. Канга коркунуч туулса «киш» жарыяланат, б. а. шахматтагыдай шах дебестен киш делет. Оюндун эрежесинде канча коркунуч туулганда эки тарапка тең бир жолу аттын жүрүшүндө качууга жол берилет. К. оюнунда «жүр» деп айтылбастан, «көч» деп айтылат.

*С. Токторбаев*

**КОБУЛДУ** — топоним. Чоң казатка аттанып, күндөп-түндөп жол жүрүп, чарчап, шайы кеткен кол Алмамбет жолбашчынын буйругу б-ча К. өрөөнүнө конуп, тыныгат (СО, 4. 147).

**КОЕН** — эпизоддук кейипкер. Орго кандын билермандарынын бири. СОВ б-ча Манастын келатканын уккан Орго кан туш-тушка кабар салганда К-го да кабарчы жиберет.

**КОЕНААЛЫ** — каарман, *Көкбөрүнүн* баласы. Бала баатыр катары Манас дүйнөдөн кайткан мезгилде бир катар көрүнүктүү иштерди аткарат. Манастын өлгөндөгү зыйнатына Төштүк, Кошойду чакырат ж-а ал зыйнатка баргысы келбеген анжыяндык кырк эшенди зордук м-н айдап келет. К-нын баатырдыгы, балбандыгы Сайкалды Манастын зыйнатына алып келгенинен көрүнөт. Мурда Манас м-н беттешип жеңилгенде Сайкал, эгерде Манас өзүнөн мурун дүйнөдөн кайтса кырк күн зыйнатына турууга ж-а тигил дүйнөлүк жары болууга ант берген. Манас өлөрүндө Каныкей Ажыбайды ага кабарга жиберет, бирок Сайкал убадасында турбай, Ажыбайды сабап кайра кубалап, Манастын зыйнатына туруудан баш тартканда К. өзү кабарга жөнөйт.

Сыр найза колго алганмын
Ошондо көмө сайгамын,
Кырк чоросун кыйратып,
Алмамбеттен башкасын
Ошондо байлап алгамын (СК, 2. 24),—

деп Сайкал өзү мактангандай, эч кимден эч качан жеңилбеген Манасты да кезегинде жеңген Сайкалдын капыстан качырып келип сайган найзасын бучкагына теңебей, анын өзүн тебетейдей бөктөрүп опоңой гана жеңип алып, Манастын зыйнатына келүүгө мажбурлайт. Дүйнөлүк эпикалык чыгармаларда өзгөчө түрк-моңгол эпосторунда эң соңку муундун өкүлү бала баатырдын өтө кыйын чыгышы, мурунку муундун эң кыйын баатыры аткара албаган ишти иштеп, алар жеңе албаган жоону оңой эле багындырып коюшу — типтүү көрүнүш. Вала баатырдын атасын жеңген же өлтүргөн душманды (а. и. Сайкалдын тибиндеги аял баатырларды да) жеңип келүүсү якут, алтай, хакас элдеринин эпосторунда кездешүүчү мотивдерден. Мындай мотив О. Азиядагы түрк тилдеринде сүйлөгөн элдердин эпосторунда да учурайт. Мис., казактардын «Кобланды баатыр» эпосунда башкы каарман Кобландыны Көбүктүн кызы Карлыгач кулата саят. Кобландынын баласы алты жашар Бөкөнбай аны оңой эле жеңип, колго түшүрүп келет. Көпчүлүк эпикалык чыгармаларда мындай алп бала баатырлар өздөрүнүн кызуу кандуулугу, өз боюна ашкере ишенген баатырдыгы м-н байкоостон, жаштайында каза болушат. К. да ушундай кырдаалдын курманы болот. Каныкейдин кармаганына болбой, дүйнөдөн өтүп бараткан аяш атам м-н коштошом деп, колун катуу кармайт. Ошондо жаш бала К-га Манастын көзү тийип, ал көп өтпөй курман болот. Көз тийүү мотивине манасчы экинчи бир төмөнкүдөй мотивди кошот. Балага көзү өткөн Манас анын атасы Көкбөрүгө кайрылат:

Менин айткан сөзүмө
Көнөсүңбү Көкбөрү,
Кыяматтык дос элек,
Коёнаалы чыракты
Бересиңби Көкбөрү?
Берип ыраа сен көрсөң
Достум ай, канжыгама чалайын,
Ичиңди жыйбай жакшы бер
Чырагымды жолдош кылып алайын!
Колума кармап жалгызды,
Кыяматтык тар жолдо
Достумдан алган белек деп,
Ушуну кармап барайын (СК, 2. 248).

«Семетей» бөлүмүндө Манастын тигил дүйнөлүк жары Сайкал, жаш бала К. анын көрүндө бирге жатканы айтылат. Байыркы элдерге таандык Евразиядагы айрым археологиялык эстеликтерден уруу башчылар, өкүмдарлар м-н бирге ага тигил дүйнөдө кызмат кылууга аялы, жакын нөкөрлөрү көргө кошо коюлганы белгилүү. Ошол салт б-ча Манастын көрүндө Сайкал м-н К-нын кошо жатышында кандайдыр бир байланыш бар.

*Р. Сарыпбеков*

**КОЕНБОЗ** — Кошой кытайлардан тартып алып, Билерикке мингизген тулпар (СК, 1. 147).

**КОЕНБОЗ** — *Бакайдын* минген аты.

**КОЖЕКОВ** Жаңыбай, к. *Жаңыбай* Кожек уулу.

**КОЖЕНТ**, Кожонт — топоним. Кыргыз жамаатына караштуу шаарлардын катарында эпосто көп эскерилет. Мис., шоорук кан кол салганда Манас кошун курап, карамагындагы элдерге кабар жибергенде: «Кожент менен Жызакты, Бачым-ылдам келсин деп, Баруучусун узатты» (СО, 2. 207),— деп башка көптөгөн шаарлар м-н катар К-ке да кабарчы жөнөтөт. Географиялык реалияда Тажикстандагы ири шаар.

**КОЖО**, к. *Каракожо*.

**КОЖО** — эпизоддук кейипкер. ВЖЭде Билериктин атасы, (ВЖЭ, «Ала-Тоо», 1979, № 7, 76-б.). К. Айкожонун эле контекстте ыргакка ылайык кыскартылып айтылышы болуу керек. Себеби башка варианттарда Билериктин атасы *Айкожо* делет.

**КОЖО**, к. *Чынкожо*.

**КОЖО** — эпизоддук кейипкер. Алчын уруусунан. Манас жолдоштору м-н салбырынга барганда атын союп кан болуудан качкан балдардын бири.

**КОЖОЖАШ**, Шыпшайдар — кытайдын көзгө атар мергени. К-тын образы эпосто көбүнчө Алмамбетке байланыштуу эскерилет. Ал Алмамбет м-н чогуу жүрүп, алтымыш баштуу ажыдаардан бирге окуп, көзгө атар мергендик, жайчылык өңдүү укмуштуу өнөрлөргө ээ болот.

Учаарын билип ал калды,
Жүрүштү билип мен калдым
Келип калса бул жерге
Баарыбызды оң кылбайт,
Жалпыбызды соо койбойт (СК, 2. 184),—

деп Алмамбет да, өзүнөн алты ай ашыкча окугандыктан К-тын өнөрү артыкчылык кыларын айтат. Ооруп айыккан К. Кичи казатка келгенден кийин Алмамбет, Чубак, Сыргак, Көкчө, Музбурчак баш болгон Манастын бел байлаган баатырлары, кыйын чоролору окко учат. Аккула да К-тын огунан мерт болот. Өзү кийинчерээк Манастын колунан, Аккелтенин акыркы огунан өлөт. Шапак Рысменде уулунун, Молдобасан Мусулманкул уулунун варианттарында К. темир канаттуу ат м-н асмандан уруш салат. Кыргыздардын ж-а ага канатташ жашаган О. Азиядагы элдердин оозеки чыгармаларында канаттуу тулпарлар белгилүү болсо да, «Манастан» башка эпос, дастандарда К. окшоп канаттуу тулпар минип асмандап уруш ачкан кейипкерлер белгисиз. Шаманизм дини али күчтүү сакталган Борб. Азиядагы түрк-моңгол элдеринин оозеки чыгармаларында дайыма учуп жүргөн тулпар минген ар түрдүү кейипкерлер, түрдүү көрүнүштөрдү, кубулуштарды пайда кылуучу пирлер мол кезигет. Бурят мифологиясында Хухредей-мерген — жаан-чачындын, күн күркүрөнүн пири. Ал дайыма тогуз канаттуу көк боз ат минип жамгырдын үч пири, чагылгандын үч пири м-н бирге туман түшүрүп,

жаан-чачын жаадырып дүйнө кезип жүрөт. Эпостун Шапак Рысменде уулунун вариантында Шыпшайдар (К.) ушул жаан-чачын, чагылгандын Хухредей-мерген башында турган пирлерине жакын сүрөттөлөт:

Шыпшайдар деген аяр бир,
Алтымыш аяр кашында,
Сыймык кушу башында,
Түп Бээжиндин түбүнөн,
Эсенкандын алдынан,
Убада күнү толгондо
Булут минип буркурап,
Аяр келди чуркурап,
Бу кудайдын буйругу,
Аярларды караса,
Жылан өңдүү куйругу,
Куштай учкан канаты (ШРВ, КФ, 1085-инв., 192-б.).

Шыпшайдардын ярлардын башында туруп, булут минип, туман түшүрүп, жамгыр жаадырышы, анын үстүнө жылан куйрук болушу (жылан байыркы мифологияда жаан-чачындын ээси) Хухредей өңдүү жаа м-н куралданып, аныкына окшош ат минип жүрүшү экөөнүн качандыр бир кезде генетикалык-типологиялык жакындыгы болгондугун көрсөтөт. Шыпшайдар аяр аталганы м-н байыркы кыргыздардын синкреттик мифологиялык түшүнүгүндөгү жаан-чачындын ээси — зооморфтук жаныбар ажыдаардан шаманисттик түшүнүккө ылайык антроморфтук түргө келүү м-н бирге, зооморфтук белгилерин да сактап калган (мис., жылан куйрук болушу). «Шыпшайдар» деген ысымдын келип чыгуу төркүнү да бул кейипкердин шаманизм дининдеги кудай болгонун көрсөтүп турат. Бир катар түрк элдеринде, анын ичинде кыргыздарда «Айдар» шамалдын, аба ырайынын пири болгон. Шыпшайдардын байыркы атынын кээ бир варианттарда «Кожожаш» деген ысмы м-н алмашылып калышын ушундай аталыштагы элге кеңири белгилүү кенже эпостун таасири катары кароо керек. К. (Шыпшайдар) бардык жагынан Хухредей-мергендей күчкө-касиетке ээ болуп туруп, аяр аталышы шамандык ишенимдердин сүрүлө башташы м-н шартталган. Баштагы пирлердин, культтардын мифологиялык касиеттеринен ажырай башташы, алардын элдик оозеки чыгармалардагы образын акылга сыярлык кадыресе адамдардай талкуулоого алып келген. «Манас» эпосунда эч кимден жеңилбеген, алтымыш баштуу ажыдаардан окуп, кереметтүү түркүн өнөргө ээ Алмамбеттин К-тын огунан набыт болушу кокус көрүнүш эмес. Эпостордун алгачкы үлгүлөрүндө, мифтерде Прометейдин тибиндеги маданий кармандар (Алмамбеттин көөнө образы ушул типке жатаары атайы изилдөөдө көрсөтүлгөн) табият стихиясын элестеткен укмуштуу күчтөргө каршы күрөшүп алардын үстүнөн жеңиштерге жетишет. Күчтөрүнө ишенген алардын батылдыгы бара-бара кудайлар м-н теңтайлашууга алып барат. Мындай каармандардын бардыгы тең акырында кудайлар тарабынан жазага кириптер болушат, көпчүлүк учурда өмүрлөрү кайгылуу аяктайт. Анткени А. Ф. Лосев белгилегендей: «мифология өкүм сүрүп турганда, б. а. кудайлар кудай, каармандар каарман болуп турганда башкача болушу мүмкүн эмес эле» (Античная мифология, М., 1957, 152-б.).

*Р. Сарыпбеков*

**КОЖОСАН** — баатырларды колдоочу пир. «Анын колдогону — Кожосан, чын жолдошу — кырк чилтен». Кожо Асан — 15-к-дагы шайык. Атактуу аалым Улугбектин кадырлаган адамдарынан болгон, ушундан улам О. Азия аймагына ылайык адам катары атагы жайылган.

**КОЖОШ** — кейипкер. Кыргыз бектеринин бири. Бокмурун атасы Көкөтөйгө аш бермек болуп курган кеңешке чакырылып, Бокмурун ашты Суусамырга берсек кандай болот?— деген сунушуна К.: «Тоосу бийик, жери тар» (СО, 3. 71, 77),— деп каршы болот. Көкөтөйдүн ашы өткөндөн, жыл маалы болгондо кыргыз бектери чогулуп алып, аштагы наразылыктарын эстешет, Манас м-н басташмакчы болуп, Кошойго акыл салышат. Кошойдун «койгула» деген тилин алып, үйүнө кайтып кеткен жети бектин бири К. экендиги айтылат (СО, 4. 8—9).

**КОЗУ-БАШЫ** — топоним. Кыргыздар ж-а ага жамаатташ жашаган элдердин жери катары кеңири эскерилет. Айрыкча «Көкөтөйдүн ашы», «Чоң казат», «Манастын балалык чагы» деген эпизоддордо көп кезигет. Географиялык реалияда Казакстандын түштүгү, азыркы Алматы обл., аймагындагы кыштоо.

**КОЗУБЕК** — эпизоддук кейипкер. СКВда Кокондун каны. Кыргыздарга канатташ жашаган кандардын катарында такай эскерилет.

**КОЙНОТ** — топоним. Эпос б-ча Котон шаары жайгашкан жер (СО, 3. 14).

**КОЙТОРУ** — Көкөтөйдүн ашындагы эр эниште *Чыноончук* балбан минип чыккан ат (СО, 3. 255).

**КОЙЧАГЫР** (моңг. цагиур — милте)— эпосто колдонулган эски мылтыктын аты. Төө мылтык, жазайыл, бараң сыяктуу мылтыктардын катарында айтылат: «Жазайыл үнү жаңырып, Койчагыр үнү жаңырып» (СО, 2. 139, 140). К. *Мылтык*.

**КОЙЧУМАН** — эпизоддук кейипкер. Алмамбеттин келишинин урматына ага тогуз ат тартуу кылганда К. тартууга Карасур тулпарын кошот.

**КОКОН** — топоним. Кыргыздар ж-а алар м-н жамаатташ жашаган элдердин шаары катары эпосто кеңири жолугат. Географиялык реалияда Фергана өрөөнүндөгү шаар (9-к-дан белгилүү). 1740—1876-жылдары Кокон кандыгынын борбору болгон.

**КОЛ** — эпосто аскердик чакан отряддан баштап, аскердик зор бөлүктөргө чейинки түшүнүктү билдирет. К. көбүнчө жоокердик атчан ири бөлүктөрдү түшүндүрөт:

Отуз түмөн орчун кол
Он кишиче көрүнбөс,
Жараткан өзүң жардам бол,
Сапарга чыккан он миң кол (СО, 4. 101).

**КОЛ ЖАЗМА** — кандайдыр бир тексттин кол м-н жазылган же машинка м-н көчүрүлгөн, басмаканада терилсе да К. ж. укугунда гана жашаган түрү. «Кол жазма» деген түшүнүк адабият таанууда автор тарабынан жазылып, эгер машинкага басылган болсо, автордун текшерүүсүнөн өткөн текстке карата айтылат. Фольклористикада К. ж. көбүнчө айтуучулар эмес, изилдөөчү, жыйноочулар тарабынан түзүлөт. Бирок сабаты ачылган манасчылардын өз колу м-н жазган варианттары да бар. Мис., Тоголок Молдо, Ы. Абдыракманов ж. б. манасчылардын тексттери өздөрү тарабынан кагаз бетине түшүрүлгөн. Бул көрүнүш адабияттаануудагы автордун К. ж-сы (автография) жакын турат. «Манастын» белгилүү варианттарынын түп нуска, көчүрмө түрүндөгү К. ж-лары Кыргыз республикасынын Илимдер Академиясынын КФда сакталып турат.

**КОЛ ЖАЗМАЛАР ФОНДУСУ (КФ),** Кол жазма ж-а жарыялоо фондусу — Кыргыз Республикасынын ИАнын КЖБсынын карамагындагы, эски басма ж-а кол жазма китептерин, республиканын аймагында жашап жаткан элдердин фольклору, этнографиясы, тарыхы жана тили б-ча жазмаларды топтоо, сактоо, иреттөө, изилдөө ж-а жарыялоо б-ча бирдиктүү илимий борбор. Анын адеп уюштурулушу 1922-ж. Түркстан Мамл. окумуштуулар кеңешинин астындагы казак-кыргыз билим комиссиясынын иши м-н байланыштуу. Ушул кезден баштап Сагымбайдан «Манас» жазылып алына баштайт. Адегенде К. Мифтаков, андан кийин аягына чейин Ы. Абдыракманов жазып алган. О. Азия республикалары өз алдынчалыгын алгандан кийин 1924-ж. апрелде Кыргыз автономия обл-нын Эл агартуу комитетинин астында Билим комиссиясы кайра түзүлгөн. Ал Кыргызстанда жүргүзүлүп жаткан илим изилдөө иштерин багыттап, тескеп туруу үчүн уюштурулган. Билим комиссиясынын эң алгач баштаган иштеринин бири — калк арасынан элдик оозеки чыгармаларды жазып алуу, топтоо ж-а изилдөө болгон. 1926-ж. комиссиянын мүчөлөрү К. Мифтаков, А. Шабданов жыйналган материалдардын негизинде кыргыз фольклорун түрлөргө бөлүштүрүү, кол жазмаларды паспорттоштуруу, системага келтирүү б-ча алгачкы иштерди өтөшкөн. 1926-ж. декабрда Кыргызстандын борб. музейи түзүлүп, бардык жыйналган фольклордук тексттер, кол жазмалар анын карамагына өткөрүлгөн. Ал эми 1928-ж. Фрунзе Край таануу ин-ту ачылып, анын негизги милдеттеринин бири элдик оозеки чыгармаларды, баарыдан мурда «Манасты» жыйноо, сактоо, изилдөө деп аныкталган. Ошол мезгилге чейин топтолгон кол жазмалардын бардыгы ушул ин-тка толук бойдон өткөрүлүп берилген. Ал 1930-ж. Кыргыз АССРинин Эл агартуу комиссариатынын астында Маданий курулуш ин-ту болуп кайра курулган. 1936-ж. май айында ал Тил ж-а жазуу илим изилдөө ин-туна айланган. 1940-ж. Кыргыз ССР ЭКСинин алдында Тил, адабият ж-а тарых илим изилдөө ин-ту түзүлүп, кол жазмалар толугу м-н ушул ин-ттун карамагына өткөн. 1954-ж. кол жазмалар фондусу бул ин-ттан бөлүнүп чыгып, СССР ИАнын КФнын карамагына өткөн. Ошондон тартып 1968-ж. Кыргыз ССР ИАнын Тил ж-а адабият ин-туна Кол жазмалар ж-а жарыялоо сектору болуп өткөнгө чейин Академиянын Президиуму алдындагы Коомдук илимдер бөлүмүнүн бир бөлүкчөсү болуп келген. 1968—87 жылдары Тил ж-а адабият ин-тунун 1987-жылдын сентябрь айынан баштап, Академиянын Коомдук илимдер бөлүмүнүн астында Кол жазмалар м-н жарыялоо бөлүмү деген ат м-н өз алдынча бөлүм катары иш жүргүзүп келет.

КФ — «Манастын» тексттери, көчүрмөлөрү,



«Манас» эпосунун ар кайсы учурда жазып алган түп нускаларынын үлгүлөрү.

манасчылардын өмүрү, чыгармачылыгы тууралуу материалдар, сүрөттөрү сакталган илимий борбор. Фондунун «Манас» бөлүмү адегенде Билим комиссиясынын мүчөлөрү топтогон материалдардан түзүлүп, кийин илимий мекемелердин фольклордук экспедициясы тарабынан толукталган. Азыр негизинен «Манастын» белгилүү варианттарынын көчүрмөлөрү, ар кыл эпизоддору элден топтолуп алынып жатат. К. *«Манастын» варианттары. Көчүрмө, «Манасты» жыйноо.*

*С. Кайыпов*

**КОЛКУНАЙ** — эпизоддук кейипкер. Үргөнчтүн боюнда Семетейдин жолун тосуп жаткандагы Айчүрөктүн нөкөрү (СК, «Семетей». 2. 47).

**КОЛЛЕКТИВДҮҮ ЧЫГАРМАЧЫЛЫК.** «Манас» эпосу адатта бир гана айтуучу тарабынан аткарылган. Бирок, эл оозунда айтылып жүргөн уламышка караганда, кайсы бир чоң ашта кырк манасчы (сыягы Манастын кырк чоросун билгизгени го) катар олтуруп «Манас» айтышкан имиш. Алардын кандай ыкмада аткарганы: роль б-чабы, же бир-бирин улаппы, анысы белгисиз. Ушул маалыматка карагандa манасчылык өнөрдө бир кездерде К. ч. болсо керек.

**КОЛУН БООРУНА АЛУУ** — жоокерчилик доордун шартында жеңген тарапка жеңилген тараптын башчысы айыбы үчүн эки колун бооруна алып кечирим суроо өтүнүчү. Кыргыздарды Алтайдан Ала-Тоого көчүрүп келген Манасты «калмактардан коркуп качып келген бул качкын жеримди тарытып жиберди» деп өзү катылып жеңилген Шоорук кан:

Алтымыш нөкөр кашында,
Алтындуу таажы башында
Эми келди Шоорук кан
Элүү сегиз жашында,
Бото куру мойнунда,
Эки колу боорунда
Жаш төгүлүп койнуна (СО, 2. 218)

Манас баатырдын алдында жалынат. Эпостук мындай салт кыздары тартуу, малы олжо болуп турган жоокерчилик доордун мүнөзүнө туура келген ж-а айыпка жыгылган адамдын күнөөсүн кечиргендиктин белгиси катарында бааланган.

**КОМЕДИЯЛУУЛУК** — кандайдыр бир социалдык көрүнүштүн, иш-аракеттин, жүрүш-туруштун, кылык-жоруктун, үрп-адаттын ошол мезгилдеги элдин түшүнүгүнө, прогрессивдүү коомдук күчтөрдүн эстетикалык идеалына шайкеш келбей калышын шылдың иретинде көрсөтүүчү эстетикалык категория.

«Манаста» К-тун карама-каршысы трагедиялуулук көбүрөөк орун алган (к. *Трагедиялуулук).*

К-тун башкы белгиси — күлкү. «Манас» эпосунда элдин турмуштук, коомдук түшүнүктөрү, аң-сезими чагылдырылгандыктан эпостогу К. элдик болуп саналат. Эпосто К. окуякырдаалды баяндоодо, каармандардын жорук-жосунун, мүнөзүн ачып берүүдө, кейипкерлердин речинде ж-а адамдардын, жан-жаныбарлардын тышкы кебете-кешпирин сүрөттөөдө көрүнөт. Манасчылар К-тун мыскыл, азил, тамаша, какшык сыяктуу каражаттарын көбүрөөк пайдаланышат. «Манаста» К. аркылуу каармандардын образы ачылат, аларга сын айтылат, атүгүл баш каарман Манасты да К-тун каражаты м-н азилге, тамашага тартып, элге жакындатат, кадыресе эле киши экендигин көрсөтөт, угуучуларды да күлкүгө аралаштырат. Тойлордогу ар кандай таң-тамашалар, балбан күрөштөр, жоого аттанар алдындагы оюн-күлкүлөр накта К. жагдайда сүрөттөлөт.

К-тун башкы каражаттарынын бири, күлкүлүү жагдайларга эстетикалык касил берүүнүн эң таасын формасы — *юмор.* Эл арасында кеңири таралган, эпосто гана эмес эл оозунда ар кандай жагдайларда айтылып жүргөн юмор — кол эсебин алганда Тазбайматтын ондугунан бир кишинин жетпей калышы ж-а анын Манас экендиги. Көпчүлүк варианттардан орун алган бул эпизоддо он башы Байматтын бир кишиси кем чыгып, эсеби табылбай, өлүү-тирүүсү билинбей, желдеттин колунан Тазбаймат мерт болордо кысталышта жол тапкыч Серек тизмеге Манас кирип калбасын, кагазыңды окучу, молдо дейт. Жок киши Манас болуп чыгат (СОВ 6-ча). Ал эми СКВда «Бакай кагазыңды кара, Манас болуп жүрбөсүн» дейт. Жок киши Манас экенин билгенде «кыргыздын көбү каткырып, кыйындар күлүп калат». Мында ошол учур, айрыкча Тазбайматтын абалы комедиялуу штрихтер м-н тартылып өтөт, Манас Тазбайматты тамашалайт:

Уруп кеткен Тазбаймат,
Улук кишим сен болсоң,
Унуткан кишиң мен болсом,
Ушу жорук саа чала.
Он башы ойрон сен болсоң,
Оюңда жогуң мен болсом,
Серекти айтпай койдурбай,
Сени ушул жерге сойдурбай,
Эстебей койсоң мени сен,
Эр Алмамбет баатырга
Өлтүртүүм экен сени мен (СО, 4. 1, 70—171).

Бул эпостогу жөн гана бир айтылып, унутулуп калчу эпизод эмес, мында элдин Манаска болгон сүймөнчүлүгү, К. ж-дөгү түшүнүгү жатат. Ушул окуя кыргыздар арасында ылакап катары муундардан муундарга өтүп айтылып келе жатат.

К-тун дагы бир көрүнүшү — Чоң казаттагы бир согуштан кийин майдан талаасынан келбей калган манжунун кырк төрөсүн байлап келгендеги Манастын ал-абалынын сүрөттөлүшү. Мында К. адам мүнөзүн ачуунун каражаты катары пайдаланылат ж-а о. эле керек учурда элдик баатырдык ишти намаздан да жогору койгондугу көрүнөт. Нескараны баш кылып кытайдын кырк баатырын туткундап келаткан Чубакты көргөн Манас:

Намазды бузуп барбактап,
Тура калды эр Манас,
Сүйүнгөндөн дардактап.

Аппак кожо, Ай кожо
Кереленип каласың,
Кечке окуу саласың,
Бейишиңди өзүң ал,
Берениm Чубак келатат (СК, 2. 155).

Мунун өзүндө комедиялуу кыймыл-аракет м-н комедиялык мүнөз айкалыша берилген.

К-тун дагы бир көрүнүшү каармандарды сүрөттөөдө колдонулган поэтикалык каражаттар. Маселен, Манаска карата «Манас, Манас, деп койсо, барбая түшөт экенсиң, сууга салган чаначтай дардая түшөт экенсиң» дегенде азил, какшык аралаш салыштыруулар колдонулат. Терс образдарды элдин идеалына ылайык келбеген каармандарды сүрөттөөдө да К-ка чоң роль таандык. Мында каармандын сырткы келбетине күлүү м-н анын ички дүйнөсү, тилек-ниети да ачылат, ошол каарман сынга алынат, мында күтүлбөгөндөй салыштыруулар, эпитеттер, *гротеск, ирония* кеңири колдонулат. Мис., Жолойдун сыпаты:

Тырмагына караса,
Ак жолборстун салаадай,
Муруттарын караса,
Тегирмендин көпчүгү
Текши каккан барадай.
Өлчөөсү жок өзгөчө,
Чечекейи чарадай.

«Манаста» К. ар кандай шарт-жагдайларда, ар кандай каармандарга карата, ар түрдүү максатта колдонулат. Эпостогу К. элдин К. ж-дөгү түшүнүгү, көз карашы м-н айкалышып турат. *А. Муратов. Б. Кыдырбаева*

**КОМПОЗИЦИЯ** — көркөм чыгарманын түзүлүшү, анын бардык бөлүктөрүнүн, образдарынын өз ара байланышы, бир бүтүндүккө биригиши, чыгармадагы образдарды уюштуруунун белгилүү системасын ачып берүүнүн, турмуш процессин мүнөздөөнүн, алардын байланышын ж-а мамилесин көрсөтүүнүн каражаты. К-нын ордуна кээде «архитектоника», «структура», «көркөм түзүлүш», «конструкция» деген атоолор да колдонулат. К. бардык жанрдагы ж-а формадагы чыгармаларга мүнөздүү. «Манас» эпосунун К-сы — анын көркөм формасынын ар түрдүү компоненттеринин бир бүтүнгө биригип, бирине бири кыналып, бирин бири толуктап турушу. «Манас» эпосунда К-нын тутумун түзгөн баяндоо, диалог, монолог, лирикалык чегинүү, портрет, пейзаж, уйкаштык, интонация өңдүү негизги компоненттери манасчылардын чеберчилигине жараша бириктирилип, сюжеттин өсүп-өнүгүшүн шарттап, эпостун текстин көркөмдүк жактан жаратып, бүтүндүктү түзүп, чыгарманын идеясын ачып турат. «Манас» эпосунун К-лык курулушунун өз мыйзам ченемдери бар, ал эл турмушун эстетикалык таанып-билүүдөн келип чыгат. «Манастагы» К-нын негизги аспекти — текстте баяндалган окуялардын ырааттуу өнүгүп отурушу (к. *«Манастын» сюжетин, «Семетейдин» сёжетин, «Сейтектин» сюжетин).* К. эпостун үч бөлүмүндө негизинен окшош өнүгөт: баатыр туулганга чейинки эл-журттун абалы, баатырдын төрөлүшү, балалыгы, алгачкы эрдиктери, бой жетиши, үйлөнүшү, казаттары, өлүмү. Мындагы салттык окуяларсыз эпосту элестетүү мүмкүн эмес. Бул окуялардын бирөөнү эле алып салса, анда бүт К. бузулат.

Эпосто К-лык жактан калыптанып, эпостун ар бир бөлүгү, деталы тыкан иштелип чыккан. Эпостогу ар бир окуя өзүнчө К-га ээ бүткөн чыгарма катары берилгени м-н (мис., Чоң казат, Көкөтөйдүн ашы ж. б.) чыгарманын бардык окуялары биригип келип, эпостун жалпы К-сын түзүп турат.

«Манастын» К-сы көбүнчө эркин уюштурулат, манасчылар чыгарманы К-лык жактан курууда кысылбайт. Кээде фольклордук жанрлардын салттарына ылайык К-лык канондор (эпикалык клишелер, каармандардын кайып болушу, айрым окуялардын бир нече жолку кайталанышы, ар кыл окуяларды сүрөттөөдө пайдаланылуучу туруктуу саптар) колдонулат. Эпостун К-сы сюжеттик жактан гана эмес, бир каарман м-н экинчисин (Манас м-н Коңурбай, Алмамбет м-н Чубак, Айчүрөк м-н Чачыкей ж. б.) салыштыруу ыкмасы да чыгарманын түзүлүшү үчүн кызмат кылат. Манасчылардын чыгарманы аткаруу кезиндеги интонациясы, синтаксиси, обону, индивидуалдуу тили, аткаруу манерасы да К-га жатат.

*А. Муратов. Б. Кыдырбаева*

**КОМУЗ**, чертмек — кыргыз элинин чертме кылдуу музыкалык аспабы. К. жыгачтан (өрүк, алмурут, карагай, арча, жапайы тал) алмурут өңдүү формада чабылып, моюну ичкерип кетет. Комуздун жалпы узундугу 75 *см* чамалуу. К. баш, моюн, тулку, чара, капкак, куткун, тепкек, үч кулак, үч кылдан түзүлөт. «Манас» эпосунда К. тууралуу маалыматтын орун



алышы, анын кыргыз элинин байыртадан келе жаткан музыкалык аспабы экенин айгинелейт. Эпосто Бай Жакып Манас аттуу уулдуу болгондо берген тойдо айтылуу шайырлар К. чертишкендиги айтылат:

Дутар менен комузун,
Колуна алып чертишип...
Сурнайды суулап тартышып,
Ырчылар ырын айтышып (СО, 1. 96).

О. эле эпосто К. эмнеден чабылып, жасала тургандыгы ачык, так, элестүү көркөм баяндалат:

Өрүктөн комуз чаптырган,
Үкөктөн капкак жаптырган,
Чарасын терең ойдурган,
Тепкесин кайкы койдурган,
Ичеги кылып тактырган,
Аркы-терки кактырган,
Күүсүн уккан жактырган
Комузчудан жүздү алып (СО, 2. 390).

**КОНДУЧАЛОВА** Сагипа (1926, Аламүдүн р-ну, Кара-Жыгач айылы) — тилчи, педагог. Филология илимдеринин кандидаты (1964), профессор (1982). Фрунзе педагогика ин-тунун



тил ж-а адабият факультетин бүткөн (1949). 1949—52-ж. Фрунзедеги Кыргыз кыздар окуу жайында, 1952—55-ж. Кыргыз кыз-келиндер ин-тунда иштеген. 1955—59-ж. Кыргыз ССР ИАнын Тил ж-а адабият ин-тунда кенже илимий кызматкер. 1959—70-ж. Ош педагогика ин-тунун кафедра башчысы, 1970—73-ж. Маяковский атн. кыз-келиндер педагогика ин-тунда доцент, 1973—88-ж. кафедра башчысы. К. кандидаттык диссертациясын «Радловдун кыргыз тили боюнча жыйнаган материалдары» (1959) деген темада коргогон. Ал *«В. В. Радловдун жыйнаган материалдарындагы кыргыз тилинин фонетикалык өзгөчөлүктөрү»* (1961), *«В. В. Радловдун жыйнаган материалдарындагы кыргыз тилинин лексикалык жана грамматикалык өзгөчөлүктөрү»* (1964) деген эмгектеринде орус окумуштуусу жазып кеткен кыргыз оозеки чыгармачылыгынын үлгүлөрүнө, асыресе, «Манас» эпосунун тексттерине фонетикалык, лексикалык ж-а грамматикалык талдоо жүргүзүп — фактыларды азыркы түн. кыргыз говорлору м-н адабий тилдин материалдарына салыштырып текшерген.

*А. Абилов*

**КОНОЙ** — эпизоддук кейипкер. Бала Манас жолдоштору м-н салбырынга барганда жолдоштору кан көтөрөлү, атыңды сой дегенге болбой койгондордун бири тыргоот *Ангирдин* уулу К. болот (СО, 1. 239).

**КОНОК** — топоним. Көкөтөйдүн ашында Манас Жолойдун жаагын айра чапканда ал:

Чакы менен Жайнактын
Кулжа менен Коноктун
Келе ортого барармын
Калың бир колдор болормун
Ошондо Манас сага кыlармын (ВЖЭ, «Ала-Тоо», 1979, № 7, 92-б.),— деп кекенип, ачуусу келгенде айтылат. Географиялык реалияда Иле аймагындагы жердин аты.

**КОНТАМИНАЦИЯ** (лат. contaminatio — жалгашуу, жанашуу, аралашуу) — элдик оозеки чыгармачылыкта ар башка мотивдердин, сюжеттердин, образдардын өз ара жалгашуусу, биригүүсү аркылуу чыгарманын жаңы түс, жаңы мазмунга ээ болуусу. Мис., «Манастагы» Алмамбетке байланыштуу окуяларда байыркы энелик доордон аталык доорго өтүү мезгилиндеги карама-каршылыктардан улам пайда болгон *ата менен баланын касташуусу* ж-дөгү мотивге кийинки кездин идеологиясына ылайык өнүгүп чыккан чыныгы ак дин үчүн кайрыдин ата м-н күрөшүүчү уул ж-дөгү мотив жалгашып, байыркы мотив жаңыча талкууланып, андагы образдар жаңы түскө ээ болгон.

**КОНТЕКСТ** (лат. contextus — тутум, байланыш) — чыгарманын белгилүү бир бөлүгүнүн — ар бир сөз, көркөм каражат, фраза, сүйлөм ж. б.-дын мааниси, так, толук ачыла турган үзүндү. Чыгармадагы сөздүн тандалышы, көркөм сөз каражаттарынын колдонулушу, стиль К-ке жараша болот. Тилдин, стилдик каражаттардын К-ке туура келбей калышы тексттин биримдигин бузат. К. дайыма чыгарманын жанрдык өзгөчөлүгү м-н шартталат. Оозеки өмүр сүргөн эпикалык мурастарда, а. и. «Манаста» К-тин бир топ өзгөчөлүктөрү бар. Эпикалык текстке ретардация мүнөздүү болуп, кайталоолор (стилистикалык, эпизоддук ж. б.) кеңири учурагандыктан айрым сөздөрдүн, троптордун, көбүнчө эпикалык формулалардын мааниси колдонулган бөлүктө так ачыла бербейт. Бирок, чыгарманын жалпы К-инде алардын мааниси айдан ачык. Мис., СКВда «Ана ошондо караса, Мал аманын кааласа» деген формулага айланган эки сап көп колдонулат. Мындан биринчи сап эпикалык баяндоонун объектисин алмаштырууда колдонулуучу композициялык каражат катары кызмат өтөп, ар бир сөзүнүн мааниси так, ачык туюлат. Ал эми экинчи сап, биринчи сапка катар айтылып, анын ар бир сөзүнүн конкреттүү мааниси эмес, сап толук бойдон бир бүтүндүк катары кабыл алынат. Бул сапат эпикалык тексттин мүнөздүү белгилеринен болуп саналат. Мындай текстологиялык көрүнүштөрдү белгилөө үчүн микроконтекст, макроконтекст деген түшүнүктөр колдонулат. Микроконтекстте мааниси ачык байкалбаган сөздөр, сөз айкаштары эпикалык чыгарманын макроконтекстинде сөзсүз ачылат. «Оңдошуп атын минишип, Жарашып жарак кийишип, Урушмак болду калмакка» (СО, 1. 164) — деген сүйлөмдүн мааниси макроконтекстке шайкеш келет — согуштук баатырдык тематика ачылып жатат. Ал эми алынган үзүндүнүн өзүндө болсо, К-ти «Урушмак болду калмакка» деген сап түзөт. Эгерде тексттин эпостун макротексти м-н шартталган бул сап айтылбаса, алгачкы эки саптын мааниси, чыгармадагы функциясы, сюжеттик ролу толук ачылбайт.

К. — эпикалык текстти бир бүтүндүктө кармап турган, чыгарманын поэтикалык системасынын (сюжет, композиция, стиль) табыятын аныктаган маанилүү категория, к. *Текст, Текстология.*

*С. Кайыпов*

**КОНФЕРЕНЦИЯ (1952),** «Манас» эпосун изилдөөгө арналган Бүткүл союздук илимий конференция, Научная конференция посвященная изучению эпоса «Манас» — негизги маселеси катары «Манас» эпосунун элдүүлүк проблемасын талкуулаган жалпы союздук илимий форум, «Манасты» изилдеп үйрөнүү багытындагы орчундуу баскыч, *манастаануу* илиминдеги бурулуш учур. 1952-ж. 6—10-июнда Фрунзе шаарында өткөн.

К-ны өткөрүүнүн демилгечиси СССР ИАнын Президиуму болгон. Ал 1950-ж. 20-октябрда Москвада өткөрүлгөн кеңешмесинде Академиянын Кыргыз филиалындагы Тил, адабият

ж-а тарых ин-тунун ишинин абалы ж-а кадр маселеси талкууланып, кабыл алынган токтомдо ин-ттун ишин оңдоодогу зарыл чаралардын бири катары 1951-ж. эпостун элдүүлүгү, негизги варианттары ж-а курама вариант даярдоо маселелерине арналган «Манас» эпосу б-ча илимий сессиясын өткөрүү ИА Кыргыз филиалынын Президиумуна сунуш кылынган.

Мындай маселенин коюлушуна КПСС БКнын идеологиялык маселелер б-ча согуштан кийин кабыл алынган бир катар токтомдору, аларга байланыштуу өлкөдө түзүлгөн саясий жагдай, айрым элдердин баатырдык эпосторунун («Жангар», «Эдигей» ж. б.) элдик эмес деп жарыяланышы ж-а 1946-ж. «"Манас» киргизский эпос» («Великий поход») деген ат м-н (Чоң казаттын окуялары) орус тилинде Москвада басылып чыккан китептеги эпизоддорду сынга алган макалалар себеп болгон. Бирок СССР ИАнын Президиумунун негизги максаты ошол коогалуу шартта «Манас» эпосун сактап калуу эле. Буга курама вариантты даярдоо ж-дөгү сунуш да күбө. Кыргыз филиалынын Президиуму маселени өз убагында ж-а талап кылынган багытта даярдап үлгүрө албагандыктан К. белгиленген мөөнөттө өткөрүлбөй калат. 1951-ж. 29-сентябрда Москва, Ленинграддын окумуштуулары, СССР ж-а Кыргызстан жазуучулар союзунун өкүлдөрү, республиканын окумуштуулары катышкан Кыргыз филиалынын Президиумунун кеңири жыйынында илимий К-ны өткөрүү үчүн Тил, адабият ж-а тарых ин-тунун даярдыгы (эпостун көпчүлүккө арналган ж-а академиялык басылыштарын даярдоо) туура эмес ж-а жетишсиз деп табылат. Профессор Л. И. Климович, профессор А. К. Боровков баш болгон москвалык, ленинграддык окумуштуулар илимий сессияда «Манас» эпосунун элдүүлүк проблемасына өзгөчө көңүл буруу зарылдыгын белгилешип, колдогу варианттар орчундуу кемчиликтерге ээ дешкен. Жыйын К-ны өткөрүү мөөнөтүн узартуу зарыл деген жыйынтыкка келген. СССР ИАнын Президиуму 1952-ж. 21-январдагы көрсөтмөсү м-н Кыргыз филиалынын Президиумун кыргыздардын эпосу «Манасты» изилдөө б-ча СССР ИАнын ин-ттарынын ж-а жазуучулар союздарынын өкүлдөрүнүн катышуусу м-н илимий К. өткөрүүгө милдеттендирген ж-а К-нын филиалдардын кеңеши сунуш кылган программасын бекиткен. Негизги төрт доклад болору белгиленип, докладчылар дайындалган: «Манас» эпосунун калыптанышынын тарыхый шарттары (Об исторических условиях формирования эпоса «Манас»), докладчы профессор А. Ю. Якубовский; «Манас» эпосун изилдөөнүн жыйынтыктары ж-а милдеттери (Итоги и задача изучения эпоса «Манас»), докладчы профессор Л. И. Климович; «Манас» эпосунун элдүүлүк проблемасы (Проблема народности эпоса «Манас»), докладчы профессор А. К. Боровков; «Манас» эпосунун варианттарын талдоо (Обзор вариантов эпоса «Манас»), докладчы жазуучу Ө. Жакишев. Бир катар жардамчы докладдарды даярдоо да белгиленген. Тил, адабият ж-а тарых ин-тун 1952-ж. 1-апрелден кечиктирбей Кыргызстандын райондорундагы элдерден «Манастын» варианттарын жазып алуу ишин уюштурууну милдеттендирген. Докладдарды убагында ж-а сапаттуу даярдоону камсыз кылуу үчүн беш кишиден турган комиссия түзүлгөн: филология илимдеринин доктору В. П. Сухотин (төрага), Л. И. Климович, филология илимдеринин кандидаты А. А. Валитова, филолгия илимдеринин кандидаты Г. С. Тихомиров, В. В. Фарсобин (мүчөлөрү). К-ны даярдоо ж-а өткөрүү филиалдардын кеңешине ж-а Кыргыз филиалынын Президиумуна жүктөлгөн. Көптөгөн дагы башка иш-чаралар көрүлүп, даярдык жандалып, зарыл аракеттер жүзөгө ашырылган: «Манастын» бүткүл кыргыз элине таандык чыгарма экендигин далилдөө максатында республиканын райондоруна илимий экспедициялар уюштурулуп, мурда эпостун тексттери жазылып алынбаган чөлкөмдөргө, айрыкча Түш. Кыргызстан аймагына өзгөчө көңүл бурулуп, эпостун жаңы варианттары кагаз бетине түшүрүлөт; айрым белгилүү манасчылардан эпостун тексттерин кайталап жазып алуу жүзөгө ашырылат (Саякбай уулунан; «Манас» эпосун жазуу, жыйноо иштерине активдүү катышып, өзү да эпосту айтып жүргөн Ы. Абдыракманов өз вариантын жазып өткөрөт). Төрт ай бою республикалык мезгилдүү басма сөз беттеринде «Манас» эпосуна арналган талкуу жүрүп, «Кызыл Кыргызстан», «Советская Киргизия» газеталарына ж. б. газета-журналдарда негизинен эпостун элдүүлүк проблемасына арналган орус ж-а кыргыз тилдеринде түрдүү мазмундагы жыйырма бештен ашуун макала жарыяланган. 1952-ж. 2-февралда «Советская Киргизия» (кыргызчасы ошол эле күнү «Кызыл Кыргызстан» газетасына) газетасына жарыяланган тарыхчы Г. Нуровдун «"Чоң казат" китеби жөнүндө» (О книге «Великий поход») аттуу макаласы м-н башталган бул талкууга республиканын акын-жазуучулары А. Токомбаев («Манас» — эпос киргизского народа — «Советская Киргизия», 1952, 28-март; «Кызыл Кыргызстан», 1952, 28-март), К. Баялинов («Манас» эпосу жөнүндө — «Кызыл Кыргызстан», 1952, 25-май; киргизской эпос «Манас» — «Советская киргизия», 1952, 27-май), Т. Сыдыкбеков («Манас» эпосунун элдиги жөнүндө — «Кызыл Кыргызстан», «Советская Киргизия», 1952, 29-май), Ө. Жакишев («Манас» эпосунун варианттары жөнүндө — «Кызыл Кыргызстан», 1952, 28-май; «Советская Киргизия», 1952, 20-май), түркολог окумуштуулар Б. Юнусалиев (К вопросу об эпохе и возникновении эпоса «Манас» — «Советская Киргизия», 1952, 23-май; «Кызыл Кыргызстан», 1952, 28-май), И. Батманов («Манас» эпосу жөнүндө — «Кызыл Кыргызстан», 1952, 21-май), кыргыз окумуштуулары Ж. Таштемиров (Сырткы басып алуучуларга каршы кыргыз элинин жүргүзгөн күрөшү м-н «Манас» эпосунун байланыштуулугу тууралуу — «Кызыл Кыргызстан»; 1952, 17-май; Очистить

эпос «Манас» от антинародных наслоений — «Советская Киргизия», 1952, 5-июнь), Б. Керимжанова («Манас» эпосунун элдүүлүгү туура чечилүүгө тийиш — «Кызыл Кыргызстан», 1952, 5-июнь), республикалык педин-ттун окутуучулары И. Шерстюк (О народности эпоса «Манас» — «Советская Киргизия», 1952, 18-март; «Кызыл Кыргызстан», 1952, 19-март), С. Мусаев (Элдик эпостун туура бааланышы зарыл — «Кызыл Кыргызстан», 1952, 13-апрель), П. Балтин (Против фальсификации устных произведений — «Советская Киргизия», 1952, 15-май), москвалык окумуштуулар: С. Даронян (К вопросу о народности эпоса «Манас» — «Советская Киргизия», 1952, 13-апрель), М. Богданова (Очистить эпос «Манас» от антинародных наслоений — «Советская Киргизия», 1952, 18-апрель; «Манас» эпосунун элдүүлүгү жөнүндө — «Кызыл Кыргызстан», 1952, 11-май; Об эпосе «Манас» — «Литературная газета», 1952, 27-май), В. Зимогляд («Великий поход» — реакционная антинародная книга — «Советская Киргизия», 1952, 15-май) ж. б. катышкан.

К-нын ишине СССР ИАнын Кыргыз филиалы м-н СССР ИА Тил ж-а адабият бөлүмү жетекчилик кылган. К-нын ишине төрт жүздөн ашуун адам, Кыргызстандын, Москва м-н Ленинграддын ж-а Союздук республикалардын илимий кызматкерлери, жазуучулар, партиялык-советтик кызматкерлер ж. б. катышкан.

К-нын негизги маселеси «Манас» эпосунун элдүүлүк проблемасы болуп ага, арналган докладдар эки топко бөлүнгөн: 1-топ: негизги доклад — «Манас» эпосунун элдиги жөнүндөгү проблема (Проблема народности эпоса «Манас»), докладчы Өзбек ССР ИАнын корреспондент мүчөсү, профессор А. К. Боровков; кошумча докладдар — «Манас» эпосунун элдүүлүк проблемасына карата (К вопросу о проблеме народности эпоса «Манас»), докладчы Тил, адабият ж-а тарых ин-тунун директору, философия илимдеринин кандидаты А. Д. Давлеткелдиев; «Манас» эпосунун элдүүлүгү жөнүндө (О народности эпоса «Манас»), докладчы М. И. Богданова; 2-топ: негизги доклад — «Манас» эпосунун варианттарына мүнөздөмө берүү, докладчы Ө. Жакишев; кошумча докладдар — Каралаевдин вариантына мүнөздөмө (Обзор каралаевского варианта), докладчы К. Маликов; «Манас» эпосунун алгачкы жазылыштары жөнүндө (О ранних записях эпоса «Манас»), докладчы СССР ИА Чыгыш таануу ин-тунун (Ленинград) илимий кызматкери, филология илимдеринин кандидаты А. А. Валитова, «Манас» эпосунун Ы. Абдыракманов түзгөн варианты (Вариант Ы. Абдыракманова), докладчы филология илимдеринин кандидаты Б. Керимжанова; «Семетейдин» элдүүлүгү проблемасына карата (К проблеме о народности «Семетей»), докладчы А. Токомбаев; «Сейтек» — «Манас» үчилтигинин бөлүгү катары («Сейтек» — как составная часть трилогии «Манас»), докладчы Т. Сыдыкбеков. Бул эки топтогу докладдардан тышкары негизги доклáддын бири катары СССР Жазуучулар союзунун улуттук адабияттар бюросунун төрагасы, профессор Л. И. Климовичтин доклады («Манас» эпосун изилдөөнүн абалы жана милдеттери — Состояние и задачи изучения эпоса «Манас») угулган.

Негизги ж-а кошумча докладчылардан башка да К-га катышкан көптөгөн адамдар сүйлөгөн. Талкууланып жаткан маселе б-ча өз ойлорун айткандардын арасында М. Ауэзов, А. Бернштам, Б. Юнусалиев сыяктуу белгилүү окумуштуулар да болгон.

Беш күнгө созулган К. орус тилинде өтүп, кыргызча сүйлөгөн сөздөр орус тилине которулуп берилген. Докладдар, кошумча докладдар, о. эле чыгып сүйлөгөндөрдүн сөздөрү толук стенограммаланган. Стенограммалардын машинкага бастырылган үлгүлөрү Кол жазмалар фондусунда (851, 852, 853-инв.) сакталып турат (704 б.). К-нын жүрүшү, докладдардын, сүйлөгөн сөздөрдүн кыскача обзорлору «Кызыл Кыргызстан», «Советская Киргизия» газеталарынын 7—8—10-июндагы сандарына жарыяланган. Илимий К-нын материалдары толук жарык көрө элек.

К-ны ачкандагы кириш сөзүндө жыйындын төрагасы, СССР ИАнын Кыргыз филиалынын Президиумунун төрагасынын орун басары, философия илимдеринин кандидаты А. Алтымышбаев кыргыздар байыркы элдердин бири экендигин, алардын системалуу түрдө жазылып калган тарыхы болбогондуктан басып өткөн жолу ж-дөгү маалыматтар материалдык ж-а рухий эстеликтеринде чагылдырылгандыгын эскерте келип, элдин тарыхы тигил же бул деңгээлде чагылдырылган чыгарма «Манас» эпосу экендигине токтолуп, эпосту эл арасынан жыйноо, басмага даярдоо, изилдөө багытында көп күч, убакыт, каражат сарпталып, бир катар иштер иштелгенин белгилеп, бирок чыгарманын элдүүлүгү ж-дөгү маселе алиге тактала электигине, буга орус тилинде басылып чыккан («Великий поход», М., 1946) материал күбө болорн айтат. Китепте басма сөздө талаш-тартышты пайда кылган бир катар учурлар орун алгандыгын эскерте кетип, ага катышкандардын ойлоруда ар түркүн экендигине көңүлбурат. Жыйындын катышуучуларыан шкеактивдүү аралашып, талкууланууучу маселе б-ча объективдү чечим кабыл алууга Академиянын Кыргыз флиалын Президиумуна көмөк көрсөтөт деп үмүттөнгөнүн билдирет.

Негизги докладчы профессор А. К. Боровков оозеки чыгармачылыкка марксчыл-ленинчил эстетиканын позициясында гана мамиле жасалууга тийиш, коммунисттик көз карашка тарбиялоонун талаптарына ылайыкташканда гана маданий мурас проблемасын туура чечүүнүн бирден бир туура жолу ачылат, башка мамиле сөзсүз өткөндү идеалдаштырууга (эпикалык чыгармачылыкта да) гана алып келет деген оюн билдирүү м-н кыргыз эпосунун элдүүлүк маселесинде бир катар кыдыксыз кыйынчылыктар бар деп эсептейт: 1) «Манас» эпосунун идеялык мазмунуна баа берүү-

дөгү биринчи кыйынчылык чыгарманын мүнөзү м-н байланышкан. Анын акыркы убактарга чейин оозеки сакталып ж-а муундан муунга өтүп келиши эпостун дайым жаңыланып турушуна, анын курамынын, эпикалык образдарынын мүнөздөрүнүн, идеялык мазмунунун өзгөрүшүнө алып келген. 2) Эпостун курамынын ж-а түрдүү версияларынын жеткиликтүү изилденбегени, чыгарманын пайда болуш, калыптаныш учуру ж-дө так түшүнүктүн жоктугу. 3) А. Н. Веселовскийдин «бир агым» («единный поток») теориясынын ж-а академик Н. Я. Маррдын «тил илиминдеги жаңы окуусунун» таасири «Манас» эпосун изилдөө ишинде укмуштуудай чаташууларга алып келгенин көрсөтөт. Докладчынын оюу б-ча ушундай абалдын натыйжасында «Манастын» эң реакциячыл версиясы болгон Сагымбай Орозбаков айткан тексттер элдик ж-а демократиялык катары көрсөтүлгөн. О. эле эпостун элге каршы мазмуну, исламды үгүттөө, башка элдерге душмандыкты ж-а талоончул согуштарды идеалдаштыруу эпикалык Манастын тээ алыскы, 9-к-да эле кыргыз мамлекетин түзүү аракети деген жалган идея м-н жаап коюлганы да жашырын эмес (7-б.).

Докладчы эпостун көптөгөн изилдөөчүлөрү «Манаска» түрдүү тарыхый шарттарда киргизилген кошумчалар, анын мазмунундагы катмарлар ж-дө айтышарын эскерте келип, мындай «теориялар» эпостун өнүгүшүндөгү эки сызыктын — элдик ж-а феодалдык-клерикалдык багыттын айырмасын өчүрөт, феодалдык-клерикалдык идеологияны идеалдаштырууга алып келет — деп эсептейт. «Манастагы» реакциячыл феодалдык, бай-манаптык ж-а буржуазиялык улутчулдук идеялардын таасири м-н киргизилген кошумчалар, докладчынын оюу б-ча, өзгөчө мүнөзгө ээ, алар чыгармадагы катмар гана болбостон, редакциялык белгиге айланган. Буга С. Орозбаковдун, М. Мусулманкуловдун ж-а Тоголок Молдонун версиялары — далил. Докладчынын түшүнүгүндө реакциячыл көрүнүшкө айланып, мазмунга терең сиңип кеткен кошумчаларды алып салууга, эпосту ушул жол м-н тазалоого мүмкүн эмес.

Андан ары докладчы «Манастын» мазмунун талдоого өтүп, СОВду ж. б. манасчылардын тексттерин сынга алат. Орчундуу кемчиликтер катары тексттерде Баабедин, Кызыр Иляс, Кырк чилтен ж. б. сыяктуу түшүнүктөрдүн, ислам, түрк сыяктуу айрым сөз, терминдердин кезигишин түшүнөт. Эпостогу так эместиктер, кошумчалар «Манасты» терс чыгарма кылып көрсөтөт деп эсептеп, көптөгөн фактыларды келтиргенине карабай сөзүнүн корутундусунда профессор биздин милдетибиз колдо болгон материалдардын негизине таянып, эпос б-ча чыныгы, терең изилдөө жүргүзүү, үчилтиктин элдик негизин калыбына келтирүү — деп эсептейт (стенограмманын 5—39-б.).

Кошумча доклад жасаган А. Давлеткелдиев сөзүн өткөндүн маданий мурасына сын көз м-н кароо зарылдыгын эскертүү м-н баштап, «Манас» элибиздин тарыхынан, күрөштөрүнөн, саясий коомдук өнүгүүсүнөн кабар берген энциклопедиялык монументалдуу чыгарма экендигин белгилейт ж-а карама-каршы таптар коомунда бийлик ээлери өз кызыкчылыгын коргоо максатында эл чыгармачылыгынын материалдарын пайдаланганын, ал үчүн алардын мазмунуна кошумчалар киргизип, реакциячыл идеялар м-н катмарлап, элдик негизин бурмалагандыгын, мындай абалга «Манас» эпосу да туш болуп, натыйжада негизи күмөнсүз элдик болгон бул чыгарма көптөгөн өзгөрүүлөргө дуушарланган деп эсептейт.

Эпостун сюжеттик линиясындагы окуялар системасын кыскача эске сала келип, докладчы аларда панисламдык, пантүрктүк, улутчулдук жана баскынчылдык идеялар орун алган деп өкүнүү м-н айтат, кайсыл үзүндүнү, кайсыл эпизодду албайлы ушул элге каршы реакциячыл идеяларга урунабыз дейт. Сөзүнүн далили катары эпостун мазмунундагы Жакыптын түшү (түштү балаң бүт дүйнөнү караткан баатыр болот экен деп жоруууну бүт дүйнө жүзүн басып алууга умтулуу деп түшүнөт), Алмамбеттин мусулмандык белгилер м-н туулушу сыяктуу көрүнүштөрдү келтирет ж-а талдоого алат. Ошондой болсо да, докладчы Каралаевдин ж. б. варианттарда, ал гана эмес реакциячыл варианттарда да айрым прогрессивдүү учурлар бар, бирок алар терс катмарлардын алдында өтө эле терең жаткандыктан абыдан көңүл буруп окуу аркылуу гана табууга болот дейт. Мис., Сагымбайдын вариантын барып турган реакциячыл деп эсептеп, андагы Манастын Алтайдан кыргыз жери Ала-Тоого келиши калмактардын кыргыздарды басып алуусу м-н байланыштырылганы м-н кыргыз жерин баскынчылардан бошотуу учурунда Манас эл жашаган жайларды, шаарларды талкалап, талап жүрүп отурушу сүрөттөлүү м-н эркиндик идеясы, кыйраган, чабылып-чачылган элдин башын кошууга багытталган окуялар манасчынын айтуусунда баскынчылыкка айланып калган деп түшүнөт.

Докладчынын оюу б-ча реакциячыл, элге каршы кошумчаларына, катмарларына карабастан «Манас» эпосун ошол кошумчалардан тазалап, негизги сюжеттик линиясын бардык прогрессчил демократиялык белгилери м-н калыбына келтирүүгө мүмкүн — деген жыйынтыкка келет. Сөзүнүн акырында таза, кошумчаларсыз, чыныгы элдик вариантты табуу керек деген пикир айтылып жатканын эскерте келип, мындай варианттын болушу мүмкүн эместигин, эпостогу негизги элдик, демократтык багытты табуу, аныктоо үчүн колдогу варианттарды көңүл коюп тыкан изилдөө ж-а жаңыларын да жазып алуу керектигин белгилейт (стенограмманын 40—55-б.).

Кошумча доклад жасаган М. Богданова өз баяндамасын буржуазиялык улутчулдардын манасчыларга тийгизген таасиринин натыйжасында болгон эпостун жазууларындагы реакциячыл ж-а бир жактуу мүнөз, ошондой эле бастыруу учурундагы аларды сын көз м-н

карап тандап алуу ишинин такыр эле жүргүзүлбөгөнү «Манастын» негизги маңызын туура түшүнүүдөгү орчундуу тоскоолдук деп белгилеөдөн баштап, «Манаска» баа берүү ишинде узак убакыттар бою аны идеалдаштыруу ж-а элге каршы, реакциячыл катмарлардын айтпоо тенденциясы өкүм сүргөнүнө көңүл бурат. Айрым учурларда мунун тескерисинче «Манастан» реакциячыл мотивди издеп таап ж-а ошонун негизинде бул чыгарманы элдик эмес деп жарыялоого шашылуу өкүм сүрүүдө. «Манасты» жеке бир киши жараткан чыгарма эмес, о. эле аны кээ бир феодалдык чөйрөдөгү жалданма ырчыга таандык дешке да болбойт, ал — көп муундардын коллективдүү эмгегинин жемиши. Эпосто жеке эле согуш окуяларын эмес, элдин көп жактуу жай турмушунун көрүнүштөрү да сүрөттөлөт. Бүтүн бир чоң чыгармага бириккенге чейин эпостун композициялык структурасы айрым уламыш, легенда, жөө жомок түрүндө жашап, бир бүтүнгө бириктирилишинин өзү балким кийинки учурлардын иши болушу да мүмкүн.

Докладчы «Манас» эпосу эң алды м-н поэтикалык көркөм чыгарма экендигин, элдин тарыхый турмушу анын мазмунунда кеңири көркөм жалпылоолор аркылуу чагылдырылгандыгын баса белгилеп, «Манас» кээ бир изилдөөчүлөр таңуулаган конкреттүү тарыхый окуялардан алда канча кеңири деп эсептейт. Докладчы эпостогу тарыхый окуялар м-н адамдар ойдон чыгарылган ж-а поэтикалык мүнөздөгү маалыматтар м-н аралашып кеткендигине көңүл буруу м-н, эпостун өзү таанышып чыккан орус ж-а кыргыз тилдеринде басмадан чыгып жарык көргөн тексттерине, Багыш Сазан уулунун вариантына таянып, чыгарманын өзгөчөлүктөрүнүн бири окуяларды сүрөттөөлөрдө, каармандардын образында карама-каршылыктардын болушу деп эсептейт. Ал карама-каршылыктарды эпостун түзүлүш ж-а өнүгүш жолундагы өтө узак мезгилде түрдүү эпостордон, уламыштардан, ырлардан куралгандыгынын натыйжасы м-н түшүндүрөт.

Бизге белгилүү версияларда Манас уруунун коргоочусу эле эмес, мал, согуштук олжо, кул ж. б. үчүн да аракеттенгендигин байкоого болот — деп сөзүн улантат да, М. Богданова мындай көрүнүштүн себебин ошол тарыхый шарттын өзгөчөлүктөрү м-н түшүндүрүү зарыл деп эсептейт, элдүүлүк деген түшүнүктүн өзү тарыхый категория экендигин эске сала келип, эпостун жаралуу, жашоо шартында элдүүлүктүн өзү бүгүн биз түшүнгөн мүнөздө болгон эмес да — дейт.

М. Богданова А. К. Боровковдун докладында айткан эки эпос (элдик ж-а феодалдык) болгон деген оюна каршы чыгып, түрдүү чөйрөдө аткарылганы м-н «Манас» эпосу бир гана организм болгон — деп эсептейт. Докладчынын оюу б-ча кыргыздарда жазуу жок болгондуктан «Манасты» эл да, феодалдык чөйрөдө да пайдаланган. Жазма адабияты бар жерде абал башка — жазма адабият бийлик төбөлдөрдү тейлеп, оозеки чыгармалар, а. и. эпос да, элдик негизин толугураак сактап калат.

Өзү кеңири таанышкан БСВны мүнөздөөгө өтүп, докладчы бул версия өзүнүн реакциялуулугу жактан Орозбаковдун версиясы м-н тең тайлашат деген жыйынтыкка келет. Докладынын аягында М. Богданова эпостун барып турган реакциячыл варианттарында да элдин үнү айрым эпизоддор, мотивдер түрүндө даана байкалып турганын айтып, эпостун негизи элдик экендигине андагы элдин көп кылымдык турмушунун чагылышы, чыгармадан көптөгөн көркөм жанрлардын орун алгандыгы, уруулардын биримдешип, четтен басып келгендерге каршы туруу идеясынын чагылышы, Манастын образында да карама-каршылыктуу белгилердин болушу, чыгарманын эл арасында кеңири таралышы, карама-каршы таптык күчтөрдүн эпостун айланасында өз ара жүргүзгөн күрөштөрү ж. б. далил болот — деп эсептейт. Докладчынын оюу б-ча «Манас» биз билген жазылып алынган үлгүлөрүндө эл арасында жашоосу мүмкүн эмес. Аны түрдүү терс кошумчалардан, катмарлардан арылтуу, тандап алуу иштерин жүргүзүп, нукура элдик, мыкты үлгүлөрүн элге кайтарып берүү абзел. Академик И. А. Орбелинин жетекчилиги м-н 70 версиянын негизинде түзүлгөн армяндардын «Сасундук Давид» эпосунун үлгүсү сыяктуу курама вариант түзүү зарыл (стенограмманын 56—79-б.).

Негизги докладчылардын бири Ө. Жакишев сүйлөгөн сөзүндө В. И. Лениндин ар бир улуттук маданияттагы эки жактуулук ж-дөгү окуусуна таянуу м-н Октябрь революциясына чейин кыргыздарда да эки маданият болгонун, реакциячыл багыттын өкүлдөрүнө Калыгул, Арстанбек, Кылыч кирет, демократиялык топтун башында Токтогул турат деп белгилей келип, 20—30-жылдарда «Манас» эпосун жазып алууда, айрыкча Сагымбай Орозбак уулунун вариантын жазууда орчундуу каталыктар кетирилген дейт. Бул ишти жетектеген буржуазиялык улутчулдар айтуучунун чыгармачылык иш процессине кийлигишип, панисламдык, пантүрктүк мүнөздөгү кеңештер беришип, Манастын образын баскынчы, ислам үчүн күрөшүүчү катары түшүндүрүүгө далалаттанган деп эсептейт. Докладчынын оюу б-ча бүт эпосту баштан аяк реакциячыл деш туура эмес, эгер эпос жалаң эле агрессивдүү ж-а феодалдык идеялары м-н гана чектелип, элдик кызыкчылыктар чагылдырылбаган болсо, эпос эл арасында биздин күндөргө чейин жашап, ушундай кадыр-баркка жетише алмак эмес, алда качан жашоосун токтотмок. Ушундай зор көлөмдүү ж-а жогорку көркөмдүктөгү эпостун элдин катушуусусуз пайда болушу мүмкүн эмес.

Докладчы Саякбай Карала уулунун вариантына мүнөздөмө берүүгө өтүп, анын сюжетиндеги Алоокени жеңгенге чейинки окуяларды Манас баатыр элдин таламын талашкан адам катары сүрөттөлгөн эпизоддор катары эсептеп, чыгарманын кийинки окуяларынын көбүндө

Манас исламды үгүттөөчү, түрктөрдүн башын коштуруучу, агрессор ж-а баскынчы катары берилген деп көрсөтөт. Ч. Валиханов, В. В. Радлов жазган тексттерге мүнөздөмө берип, ал окумуштуулардын кыргыздар ислам ж-дө үстүрт гана түшүнүккө ээ деген маалыматтарына таянуу м-н, «Манас» эпосуна ислам Кокон кандыгынын ж-а жадидизмдин таасири аркылуу 19-к. — 20-к-дын башында кирген болуш керек деген божомолун айтат.

Сагымбайдын вариантына токтолуп, докладчы манасчы да, тексттерди кагазга түшүргөн адам да сабаттуу болгонун көрсөтүп, жазуу ишине жетекчилик кылган улутчулдар исламдык, түрктүк түшүнүктөрдү таңуулап киргизген дейт да ж-а Сагымбайдын өзү да кыргыз коомундагы бай-манаптык төбөлдөр ж-а улутчул интеллигенттер м-н тыгыз байланышта болгон деп эсептейт. Докладчынын пикири б-ча СОВдогу Манастын туулганы, балалык чагы, Каныкейди алганы ж-а «Көкөтөйдүн ашы» окуяларында гана айрым жай турмуш көрүнүштөрү сүрөттөлөт, калган окуяларда жалаң согуштук жүрүштөр м-н башка элдерди каратуу баяндалат.

Докладчынын түшүнүгүндө Саякбай Карала уулунун кембагал бүлөдөн чыгышы ал айткан вариантка таасирин тийгизгени м-н анын варианты да буржуазиялык улутчулдардын таасиринен таза эмес. Сагымбай сыяктуу эле Саякбайдан үчилтиктин биринчи бөлүмүн жазууга да улутчулдар жетекчилик кылышкан.

Докладчы Сагымбай м-н Саякбайдын варианттарындагы окуяларды салыштырууга кеңири токтолот. Шапак Рысменде уулу, Багыш Сазан уулу, Молдобасан Мусулманкул уулу айткан тексттер сюжеттик композициясы, идеялык багыты б-ча СОВду негизинен кайталагандыктан, элге жат экендиги кадиксиз деп эсептейт. Баяндамасынын аягында Ө. Жакишев колдогу варианттардын ичинен СКВда элдик мотивдер басымдуулук кылат, бул ал тексттердин өзгөчө баалуулугун айгинелеп турат деп белгилейт, бирок ал да бириктирилген вариантка негиз боло албайт. Ин-ттун фондусундагы варианттардын баарын дыкат карап чыгып, аларды элге жат идеялардан тазалоо зарыл деген корутундуга келет (стенограмманын 81—107-б.).

Кошумча докладчы К. Маликов өз баяндамасында негизинен СКВга токтолорун эскертип, чыгарманын кыскача сюжетин баяндап, сырттан басып кирген душманга каршы туруу, мекенди бошотуу, чачыранды урууларды бириктирүү сыяктуу маселелерге басым жасап, Молтокан м-н Алоокеге каршы күрөш, Алоокенин элди эзиши, жеринен айдалган кыргыздардын турмуш-тиричилиги, Манастын Аккуланы эгинге сатып алышы өңдүү окуялардан мисалдар келтирип, аларды эпостун элдик белгилери катары көрсөтөт. СКВдагы элге жат идеялар баяндалган, буржуазиялык улутчулдардын таасири м-н бурмаланган эпизоддор катары «Чоң казат», «Шоорук менен согуш», «Чубактын Букарды камаганы» сыяктуу окуяларды ж-а ушундай эле терс мүнөздөгү кошумчалар м-н бурмаланган тексттер деп Кошой, Бакай, Ажыбай ж. б. каармандардын өмүр баяндык маалыматтары айтылган үзүндүлөрдү эсептейт. «Чоң казат» толук бойдон идеялык талаптарыбызга туура келбейт, баштан аяк элдин кызыкчылыгына каршы турат дейт да, кытай эли м-н совет элдеринин достугунун кызыкчылыгы үчүн бул бөлүмдү эпостун тутумунан такыр алып салууну сунуш кылат. Сөзүнүн акырында «Манас» эпосунун идеялык, көркөмдүк жактан талапка жооп бере турган текстин даярдоо үчүн колдогу варианттардан иргеп бир вариант түзүү зарыл. Бул үчүн Тоголок Молдодон башка манасчылар бүт сабатсыз экендигин эске алып, алардан жазылган тексттерди кайра иштеп чыгууга жол берүү керек — деп сөзүн аяктайт (стенограмманын 108—155-б.).

«Манастын» алгачкы жазылып алынган тексттери ж-дө кошумча докладчы А. А. Валитова Ч. Валихановдун кыргыз жергесине качан келгенин, эмнелерди жазып алганын, аларды качан жарыяланганын эскертет, тексттерге кыскача мүнөздөмө берип, чыгарма көчмөн элге таандык экендигин айгинелеп турган билгилерге көңүл бурат. Үзүндү түрүндөгү жазуулардын негизинде эпикалык баяндын мүнөзүнө баа берүүнүн кыйындыгын эскерте келип, казак окумуштуусунун жазуулары өзгөчө баалуулугу Манастын алгачкы элдик образынын кандай болгондугун байкоого мүмкүнчүлүк бере тургандыгында дейт. Докладчынын оюу б-ча Ч. Валиханов жазган тексттерде да элге жат, таңууланган издер бар, бирок элдик баатырдын образын феодалдарча чечмелөө кийинки айрым версиялардагыдай терең эмес.

В. В. Радлов жазып жарыялаган тексттерге мүнөздөмө берүүдө докладчы ал материалдар улутчулдардын таасирине түш болбогондугуна ж-а табигый шартта жазылгандыгы м-н баалуу экендигине көңүл бурат, андагы эпизоддорду санап чыгып, тексттер үч адамга таандык экендигин эскертет. Докладчынын оюу б-ча бул тексттерде да феодалдык түшүнүктөрдүн таасири бир топ күчтүү, элдик мотивдер жат идеологиянын таасири м-н күңүрттөлүп баяндалат. Мунун себебин А. Валитова В. В. Радлов экспедиция учурунда бай-манаптардыкында токтогондуктан айтуучулар бай-манаптык идеологгияны баяндашкан болсо керек деген жоромол м-н түшүндүрөт.

Докладчы Манастын душмандары катары калмактар аталганына көңүл буруп, эпостун окуяларын жунгар баскынчылыгы м-н байланыштырат ж-а чыгармадагы негизги идея баскынчылыкка каршы туруу экенин белгилейт. Сөзүнүн акырында докладчы Ч. Ч. Валиханов, В. В. Радлов жазган тексттерде элге жат мотивдер бир кыйла экенине карабастан алардагы каармандардын алгачкы образдарынын ж-а элдик мотивдердин жетишерлик так байкалып турушу колдогу бардык варианттардын негизинде дыкат изилдөө иштерин жүргүзүп, нукура элдик образдарды калыбына кел-

тирүүгө болот деген жыйынтык чыгарат (стенограмманын 156—182-б.).

Кошумча докладчы Б. Керимжанова өз сөзүн «Кызыл Кыргызстан», «Советская Киргизия» газеталарынын беттеринде уюштурулган талкууда «Манас» эпосу б-ча эки түрдүү пикирлер айтылганын белгилөөдөн баштап, айрымдар эпостогу реакциячыл мотивдер м-н катар элдик мотивдер да бар экенин белгилешсе, кээлери, мис., Г. Нуров «Чоң казатты» туура сындаганы м-н жалгыз эпизодго гана таянуу м-н бүт эпосту реакциячыл деп баалоого аракеттенгенин, ал эми П. И. Балтин СОВдун негизинде гана бүт эпосту реакциячыл деп карагандыгын айтты. П. И. Балтиндин эпосту эл эмес көз каранды ырчылар түзүшү мүмкүн деген оюна каршы чыгып, «Манас» сыяктуу зор масштабдуу чыгарманы коллектив, эл гана жарата алат деген ишенимин билдирип, белгилүү 80дей манасчынын Тыныбек м-н Сагымбайдан башкасынын тектери бүт эмгекчи эл арасынан чыкканына көңүл бурган.

Кыргыздарда «Манас» башка оозеки көркөм чыгармачылыктын үлгүлөрү м-н катар маданий булактын милдетин аткаргандыктан феодал төбөлдөр «Манаска» таасирин тийгизгени шексиз. Ошондуктан эпостун бүгүнкү варианттарынын көпчүлүгүндө реакциячыл мотивдердин болушу кокустук эмес. Докладчынын ою б-ча терең талдоо жүргүзгөндө эпосто реакциячыл идеялар м-н катар эле демократиялык, элдик мотивдер бар экенин «Манастын» дээрлик бардык тексттеринен байкоого болот. «Манастагы» терс катмарларды жоюу, элдик негиздеги тексттерди табуу максатында 1951—52-ж. аралыгында ин-тта көрүлгөн иш чараларга токтолуп, жаңы жазылып алынган, илимге мурда белгисиз варианттар ж-дө айтып, ошолордун бири катары Ы. Абдыракманов түзгөн вариантты көрсөтөт. Анын тексти м-н кенен таанышып чыкканын эскертип, вариантка мүнөздөмө берүүгө өтөт, андагы окуяларды санап, алардын диндик ж. б. терс түшүнүктөрдөн тазаланганын белгилейт. Бирок бул жаңыдан кайра жазылып чыккан текст эпикалык баян эмес экендигин, мындай ык м-н идеялуу чыгарма түзүү жолу жараксыздыгын айтып, «Манасты» сактап калуу үчүн курама вариант түзүүнү сунуш кылат (стенограмманын 183—195-б.).

Кошумча докладчы А. Токомбаев сөзүн менин оюм боюнча эпостун негизи элдик — деп белгилөө м-н баштап, эл тарыхын бүгүнкү көз караш м-н кароого ж-а аны бүгүнкүгө ылайыкташтырууга болбой турганын, фольклорду өнүгүүнүн жолунда белгилүү гана учурдун шартында сөөк болуп катып калган нерсе катары эмес, диалектикалык кыймылда кароо керектигин, эпос доорлордун көптөгөн такталарынан куруларын баса көрсөтөт. Докладчынын ою б-ча эпостун идеялык, мазмуну аны ким аткаргандыгына (кан сарайынын айтуучусубу же эл өкүлүбү) жараша болот. Ошондой эле эпостун чыгыш доору эске алынуусу зарыл. Демек, байыркы эпостон бүгүнкү күндүн идеяларынын так өзүн талап кылууга болбойт, «Манас» эпосун изилдеген айрым жолдоштордун эпостон так ушуну туура эмес талап кылып жатышканы өкүнүчтүү. Эпос элдик маданияттын балалык курагынын көрүнүшү — дейт.

Докладчы андан ары эпостогу каармандарды эл экиге бөлүп карай турганына токтолуп, эл үчүн, анын биримдиги, баш кошуусу үчүн аракеттенгендер Манас, Чубак, Алмамбет, Кошой, Бакай, Үрбү, Сыргак, Төштүк, Семетей, Күлчоро, Сарытаз, Каныкей, Айчүрөк ж. б. көптөгөн каармандар экенин айтат. Экинчи топтогу элди бөлүп-жарган, өз жеке кызыкчылыгынын камын ойлогон каармандар: Манастын атасы Жакып, Абыке, Көбөш, Көзкаман, Толтой, Кыяз, Чынкожо ж. б. Алардан башка Канчоро, Чачыкей, Кыргылчал ж. б. сыяктуу чыккынчылар да бар. Демек эпосто эл идеясын жактаган ж-а элге каршы идеяларды көздөгөн карама-каршы күчтөрдүн өкүлдөрү бар деп көрсөтөт. Өзгөчө Сагымбайдын вариантында реакциячыл катмарлар көп, диндик мотивдер, тарых м-н эч байланышы болбогон согуштук жүрүштөр бар деп эсептейт.

А. Токомбаев эпостун негизин түзгөн — элдик элементтер катары Манастын туулушу, Көкөтөйдүн ашы, Каныкейдин жомогу, Семетейдин үйлөнүшү сыяктуу көпчүлүк эл жакшы билген окуяларды эсептейт. Ар бир вариантты өзүнчө толук эмес деп эсептээрин, анткени жарым миллион сап ырдан турган чыгарманы бир айтуучу сюжеттик ж-а көркөмдүк жактан мүчүлүшсүз айтуусу мүмкүн эместигин айтып, түрдүү варианттардан бирин-бири толуктай тургандай кылып бириндеги мүчүлүштүктүн ордуна экинчисиндеги мыкты үлгүнү алуу аркылуу бир вариант түзүүнү сунуш кылат. Ушундай жол м-н түзүлгөн чыгармаларга «Калебипоэгди», «Сасундук Давидди», «Калеваланы» мисалга келтирет. Докладчы «Семетейге» токтолуп, Саякбай Карала уулунун варианты б-ча анын сюжетин талдайт.

Баяндамасынын акырында докладчы «Манас» негизинде элдик, бирок көптөгөн феодалдык катмарлардан чыгарманы тазалоо керек, эпостун эң акыркы вариантын жыйноо, түзүү ж-а редакциялоо советтик окумуштуулар м-н жазуучулардын ыйык милдети — деп жыйынтыктайт (стенограмманын 196—218-б.).

Эпостун «Сейтек» бөлүмү б-ча кошумча докладчы Т. Сыдыкбеков өз сөзүн чыгарманын үчүнчү бөлүгү көлөмү, композициялык түзүлүшү ж-а көркөмдүгү жактан «Манас» м-н «Семетейден» төмөн тургандыгын, ушунун негизинде ал кийин түзүлгөн деген корутундуга келүүгө болорун эскертүүдөн баштап, Саякбай Карала уулу айткан вариант б-ча «Сейтектин» сюжетин талдап, башка варианттардан айырмачылыктарын көрсөтөт. Түрдүү айтуучуларга таандык тексттерде айрым окуялардын гана башкачараак айтылганы болбосо, идеялык багыты бирдей экендигине көңүл бурат. «Сейтекте» баскынчылык жортуулдар,

динди таратууга аракеттер жок, тескерисинче элдик баатырлар Кыяз, Сарыбай сыяктуу баскынчыларга каршы күрөшүп, элди алардын эзүүсүнөн сактап, өз жеринин эркиндигин коргошот деп белгилейт. П. Балтиндин «Советская Киргизия» газетасындагы макаласында Семетей м-н Сейтекти атасынын тагы үчүн гана күрөшкөн кан катары түшүнгөнүнө, эпостун бул бөлүмдөрүн да элге жат чыгармалар катары баалап, баш тартууну сунуш кылганына каршы чыгат. Докладчынын «Сейтекте» да кемчиликтер бар экендигин, алар тексттеги кайталоолор, узун-узун кайгыруулар экендигин көрсөтөт. Саякбай Карала уулу айткан «Сейтектин» 121 миң сап ыр көлөмүнөн редакциялангандан кийин 35 миң сап гана ыр калганын эскерте келип, азыр эпостун үчүнчү бөлүгү көркөмдүгү жогору, таасирлүү, мыкты поэма болуп калды деп чечкиндүү айтууга болот — деп белгилейт.

Эпоско кошумчалар кантип кирген?— деген суроого жооп катары ар бир айтуучу эпоско өз учурунун ж-а коомдук түзүлүшүнүн талаптарына ылайык мамиле кыларын, чыгарманын сюжетине талантына, түшүнүгүнө, диндик ишенимине карата өзгөртүүлөр киргизерин айтат. Мисал катары Сагымбай Орозбак уулу эпоско идеялык жактан зыяндуу толуктоолор киргизип, исламды туу кылып көтөрүп, Манасты дүнүйөнүн түш тарабына бөтөн жерлерди басып алууга жибергенин көрсөтөт. Сагымбайдын вариантында каармандардын образдары, аттардын сыпаты, жаратылышты сүрөттөө күчтүү берилгенин белгилеп, мунун себеби ал ушуул жерлерди мурдагы манасчылардан кандай укса, ошондой эч өзгөртүүсүз, кошумчасыз айткан дейт. Айтуучунун эпоско өзү кошкон, анын жеке башына таандык саптар зыяндуу эле эмес, көркөмдүк жактан да начар деп эсептейт. Докладчы эпостон карама-каршы эки идеяны көрөт. Биринчиси — кылымдар бою эл башынан кечирип келген күрөшү м-н эмгегин, каада-салттарын, кайгы-кубанычын баяндаган бөлүмдөрүндө берилген эмгекчилердин келечекке умтулуусун, үмүтүн, ой-тилегин баяндаган элдик идея. Экинчиси — кыргыз элинин тарыхында жок кандуу жортуулдарды жараткан элге каршы идея.

Баяндамасын докладчы «Манас» эпосун марксисттик-лениндик окуунун негизинде көңүл коюу м-н кылдат редакциялап, элге жат ж-а идеялык жактан зыяндуу катмарлардан тазалап чыгып, совет элине таза түрүндө тартуулашыбыз керек — деп жыйынтыктайт (стенограмманын 219—241-б.).

Негизги үч докладчынын бири А. И. Климович өз баяндамасын «Манасты» изилдөө 19-к-дын экинчи жарымынан башталгандыгын белгилөөдөн баштап, Ч. Валиханов м-н В. В. Радловдун эпоско берген бааларын келтирип, эпос кыргыздарга таандык ар түркүн поэтикалык чыгармаларды мазмунуна сиңирип алган деген корутундусун айтат.

Ч. Валиханов м-н В. В. Радловдун «Манас» эпосу ж-дөгү негизги корутундулары Октябрь рев-сына чейинки көрүнүктүү чыгыш таануучулар тарабынан дээрлик кабыл алынгандыгына көңүл буруп, академик В. Р. Розен, академик В. В. Бартольд, профессор П. М. Мелиоранский ж. б. окумуштуулар алардын айткандарын кубаттаган, кайталаган, таянган фактыларды келтирип, революцияга чейин эле чыгыштаануу илиминде «Манас» эпосун терең изилдөөгө мүмкүнчүлүк бере турган материал топтолгону м-н, эпосту атайылап изилдеген эмгек болбогонун көрсөтөт.

Эпосту системалуу жазып алуу 1922-ж. башталып, бир катар иштер иштелгенин белгилегени м-н ал иштер туура эмес жүргүзүлүп, тексттер буржуазиялык улутчулдардын көзөмөлү ж-а кысымы м-н жазылган деп атайын белгилеп айткан. Докладчынын оюу б-ча эпостун текстин жазып алуу үчүн манасчыны тандоонун өзүн да кокустук дешке болбойт. Себеби, Сагымбай Ормон кандын сурнайчысы Орозбактын уулу, эпосту белгилүү манаптардын (Мамбетаалы, Дүр, Тезекбай, Чолпонкул) алдында айткан. Арстанбек, Молдо Кылычтардын эң реакциячыл чыгармаларынын духундагы поэма жазган, анда патриархалдык эскини идеалдаштырып, диндин начарлап кеткенине, алдамчылык м-н эки жүздүүлүктүн кеңири тараганына кайгырган. «Манасты» Орозбаковдон жазуу иши буржуазиялык улутчул Э. Арабаевдин ж-а эл душмандарынын сунушу б-ча Нарын аймагында манап ж-а басмачы Абдылданын үйүндө жүргүзүлгөн. Орозбаковду пантүрктүк, панисламдык адабияттар м-н жабдып, өзүлөрүнүн контрреволюциячыл умтулууларына ылайык тексттерди алуу үчүн жазылып жаткан тексттер айтуучуга кысым көрсөтүп турган улутчулдар тарабынан түздөн-түз текшерүүдөн өтүп турган. Докладчы андан ары өзүнүн ушундай пландагы оюн дагы тереңдеткен. Анын оюу б-ча бул варианттагы мындай терс көрүнүштөр мурдатан эле айтылып келген, 1930-ж. «Кызыл Кыргызстан» газетасында Орозбаковдун вариантын бастырып чыгаруу аракети айыпталган. Ошол эле учурда Орозбаковдун вариантына негизделип түзүлгөн улутчулардын «Академиялык кечелери» катуу каршылыкка учураган. Ошону м-н бирге эле докладчы басма беттериндеги «Манастын» маанисин такыр танып, аны эл душмандарына өткөрүп берген пикирлердин жарык көрүшүн улуттук нигилизмдин көрүнүшү дейт. Мис., 1934-ж. И. Тойчинов кыргыз эмгекчилеринде адабий байлыктын бардыгын тануу м-н кыргыз жергесиндеги феодалдык түзүлүштү, феодалдардын башкаруусун көкөлөтүп мактаган, алардын баатырдык жеңиштерин көрсөткөн «Манас», «Семетей» сыяктуу өзгөчө бай эпостору, поэмалары бар — деп жазган. Ушул туура эмес көз караш ошол эле автор тарабынан кийин «Адабият энциклопедиясынын» («Литературная энциклопедия») беттеринде да баяндалган деп белгилейт.

Ушуга карабастан эпосту сын көз м-н кароо иши колго алынбай келген деп эсептейт баяндамачы. Мунун себебин марксизм-ленинизм

классиктеринин фольклор ж-дөгү окуусунун жеткиликтүү пайдаланылбагандыгынан көрөт.

Докладчы эпосту тарыхка каршы ык м-н изилдөөнүн көрүнүшү катары А. Н. Бернштамдын эмгектерин келтирип, аларга талдоо жүргүзөт, айрыкча окумуштуунун баатырдык эпос «Манас» элдин саясий жана экономикалык жактан өзгөчө өнүгүшүнүн шарттарында гана пайда болушу мүмкүн деген оюна катуу каршы чыгат. Ушуга байланыштуу Сагымбайдын вариантында кыргыз урууларынын башын коштуруу, бириктирүү идеясы берилген деген ойду айткандар м-н макул эмес экендигин билдирет, жогоркудай пикирлери аркылуу А. Бернштам Орозбаковдун вариантындагы панисламдык, пантүрктүк идеяларды актоого далалат кылган деп эсептейт. Климович А. Н. Бернштамдын эпос чыгыш доору жактан байыркы дегенине, айрыкча эпосту 8—9-к-дагы окуяларга байланыштырган оюна каршы туруп, окумуштуунун «жөө жомоктук-мифтик катмар» ж-дөгү пикир-жоромолдору космополиттик түшүнүктөр деп билет.

Андан ары баяндамачы «Чоң казат» («Великий поход», 1946, М.) китебине мүнөздөмө берүүгө өтүп, бул китеп жарык көрө электе эле көтөрө чалып макталганына, ал турмак «Чоң Совет энциклопедиясында» («Большая Советская энциклопедия») алдын ала кабар берилгенине көңүл бурат, эми М. Богданова «Чоң казатты» басып чыгаруу аркылуу эпос орус окурмандарынын алдында жаманатты болду деп жазганын (1952, апрель) атайылап белгилейт. «Чоң казат» элдик эмес, эпизоддун феодалдык-клерикалдык редакциясы экендиги көрсөтүлгөн Нуров, Зимогляд жолдоштордун «Советская книга» журналынын 12-санына жарыяланган макаласы алты жарым жыл мурда эле жарык көргөндүгүнө карабастан, китепти коргоого аракеттенгендер болгонун, алардын бири Бернштам экенин, К. Рахматуллиндин «Чоң казатты» агрессивдүү эмес, душмандын алдын алуучу аракеттенүү дегенин, ал эми Абрамзон эпостогу диндик түшүнүктөрдү актоого далалаттанып, Алмамбеттин образын Огуз-каганга алып барып такаган ойлорду айткандыгын белгилеп, Жирмунский м-н Зарифовду, котормочулар Л. Пеньковский м-н М. Е. Массонду чыккан китептериндеги, макалаларындагы «Манас» ж-дөгү ойлору үчүн сынга алат.

Докладчы андан кийин «Манастын» пайда болуу учуру ж-дөгү маселеге өтүп, 16—18-к-дар арасындагы жунгар-калмак агрессиясына кеңири токтолуп, эпосту ушул мезгил м-н байланыштырат. «Манастын» чыгыш доорун андан мурда деш тарыхты бурмалоо, эпостун түзүлүшүнө жасалма жол м-н мамиле кылуу болот — деп, жарыялап, андай жасалмалуулуктун бир көрүнүшү катары Б. Юнусалиевдин «Манас» эпосунун доору жана жаралышына карата» («К вопросу об эпохе и возникновении эпоса «Манас») — деген эмгегин көрсөтөт. Автордун эпостогу негизги идея кыргыз урууларын биримдештирүү — деген оюн эпостун материалдары м-н бекемделбеген жоромол — деп, ал эми эпос 10—11-к-да пайда болгондугу ж-дөгү пикирди эч нерсе м-н далилденбеген жобо — деп эсептейт.

Докладчы өз баяндамасында 1952-ж. «Советская Киргизия», «Кызыл Кыргызстан», «Литературная газетада» жарык көргөн макалаларга мүнөздөмө берүүгө да көп көңүл бурат. Анын оюу б-ча К. алдындагы пикир алышууга арналган макалалардагы чоң кемчилик «Манас» эпосу ж-дөгү илимий иштерди сындоо болбогондугу ж-а пикир айткандардын көбү «Манас» б-ча жарык көргөн эски адабияттарга таянышкандыктан туура эмес түшүнүктөр өтө эле арбын. Т. Сыдыкбеков, К. Баялинов эпостогу айрым сюжеттик сызыктардын эркин баяндамасын гана беришкен, ал эми С. Мусаев, М. Богданова «Манас» эң эски учурларда жаралып, андан бери түрлүү катмарланууга, терс таасирлерге дуушарланган — деп эсептешет. С. Мусаев — «Манас» эң байыркы учурлардын чыгармасы — десе, Богданова «Манастын» жаралышын тапка чейинки коомго таандыкташтырууга негиз бар дешке болот — деп көрсөтөт. Авторлор конкреттүү талданган материалдарга негизделбестен, логикалык ой курууга гана таянган, эпостогу айрым байыркы калдыктарга жамынып алып, чыгармадагы бардык реакциячыл көрүнүштөрдү актоого далалаттанышкан — дейт.

Баяндамачы эпостун эл арасында жашоосу ж-дөгү маселеге да көңүл буруп, бул изилдене элек проблема экенин белгилейт ж-а Ө. Жакишевдин макаласындагы «Сагымбайдын варианты Тянь-Шанда жашайт»,— деген оюн туура эмес деп эсептейт. О. эле Шапак, Багыш, Молдобасандын варианттарына исламдык, түрктүк идеялардын кирип кетиши бул айтуучулардын сабатсыздыгы, ислам ж-дө түшүнүгүнүн чектелгендиги м-н түшүндүрүү аракети негизсиз деп көрсөтөт.

«Манастын» бүгүнкү жазуучулар м-н акындарга тийгизген таасиринин натыйжасында айрым чыгармаларда өткөндү мактоо өңдүү кемчиликтер орун алганын ж. б. бир катар маселелерге да кеңири токтолуп, докладчы төмөнкүдөй жалпы корутундуларга келет: советтик илим азыр «Манас» б-ча орчундуу материалдарга ээ. Аларды талдоо бул эпосто кыргыз элинин бир кыйла байыркы учурларына таандык тарыхы чагылдырылганын көрсөтөт, бирок, «Манас» негизинен 16—18-к-дагы жунгар-калмак агрессиясынын дооруна туура келет. Эпосто элдин турмушун, үрп-адатын көркөм сүреттөгөн көрүнүштөр көп. Бул эпос ак сөөктүк топ тарабынан же байманаптык чөйрөдө жаралбастан, анын негизи элге таандык экенин, демек «Манас» сакталып калууга тийиштигин көрсөтөт. «Манасты» өтө мусулмандаштыруу ж-а ага байланышкан кытайга каршы болуу, түрктүк, исламдык маанайдагы кошумчалар негизинен 19—20-к-га таандык; эпостун түрдүү версияларындагы демократиялык белгилерди табуу зарыл, алар мындан кийинки иштерде кандайдыр багыт катары милдетти аткарышы мүмкүн;

«Манаска», о. эле «Семетей» м-н «Сейтекке» жасалма түрдө кошулган айрым элементтер алынып, эпос манасчылар тарабынан берилген элге каршы түшүндүрмөлөрдөн тазаланышы керек (стенограмманын 238—307-б.).

Жыйындын төрагасы В. П. Сухотиндин сунушу б-ча докладдардын ж-а сүйлөнгөн сөздөрдүн негизинде практикалык сунуштарды иштеп чыгуу үчүн комиссия түзүлөт. Комиссияга А. К. Боровков, Л. И. Климович, Ө. Жакишев, А. Д. Давлеткелдиев, Г. С. Тихомиров сунуш кылынат. К-га катышкандардын сунушу б-ча комиссияга А. Алтымышбаев, К. Баялинов да кошулат.

Л. И. Климович м-н А. К. Боровковдун докладчылар катары жазуу жүзүндөгү ж-а оозеки суроолорго берген жоопторунан (стенограмманын 311—325-б.) кийин талкуу башталат.

Э. Х. Будянский (Кыргыз мамлекеттик педагогика ин-тунун улуу окутуучусу) — өз сөзүндө «Манас» сюжети ж-а курулушу б-ча татаал чыгарма экендигин, анда түрдүү доорлордун калдыктары чырмалышып берилип, бери болгондо эле, уруулук мамилелердин белгилери үстөмдүк кылган учурдун, аталык уруу түзүлүшүнүн кыйрашынын ж-а феодалдык мамилелердин калыптанышынын шарттарындагы көрүнүштөрдүн элестерин табууга боло турганын белгилейт. Эпостун элдүүлүк негизин В. И. Лениндин эки маданият ж-дөгү окуусунун негизинде чечүүгө болот деп эсептейт. Адегенде элдик массанын өзүндө пайда болгон эпикалык ыр өзүнүн андан кийинки кеңейишинде ж-а сюжеттик-идеологиялык татаалданышында башкаруучу төбөлдөрдүн да таасирине дуушарланганын, ошол эле учурда, үзүндүлөр түрүндө болсо да кеңири угуучуларга да таралгандыгын, бирок бул учурда башкаруучулардын таптык-идеологиялык куралы катары алардын түшүнүктөрүн эл арасына жайылтуу максаты үчүн кызмат өтөгөндүгүн айтат.

Корутундусу: уюткусу уруулардын башын кошуу, эркиндик, көз каранды болбостук үчүн күрөш идеясын баяндаган чыгарма катары «Манастын» негизи элдик, азыркы милдет — аны кошумчалардан тазалоо (стенограмманын 326—343-б.).

А. Хасанов (доцент, тарых илимдеринин кандидаты) — «Манастын» В. В. Радлов жазып алган тексттерине таянып, эпостогу айрым көрүнүштөрдүн реакциячыл мүнөзүнө (ислам дининин элементтери) ж-а демократиялык багытка (жунгардык баскынчыларга каршы күрөш), кыргыздардын Россиянын курамына кошулушуна, анын маанисине токтолот (стенограмманын 350—365-б.).

Ж. Самаганов (сынчы) — сөзүндө отуз жылдан берки «Манас» эпосуна байланыштуу терс көрүнүштөрдүн бетин ачкан Л. И. Климовичтин докладына ыраазы болгондугун айтып, өзү К. алдындагы талкууга катыша албай калгандыгына өкүнгөнүн билдирет, айрым адамдар азыр да эски адаты б-ча өзүлөрүнүн улутчулдук каталарын жашыруу үчүн «Манасты» сындагандарды кысымга алып, аракчеевдик режим түзүштү,— деп, далил катары А. Давлеткелдиевдин 1951-ж. «Манасты» изилдөөчүлөрдүн кеңири кеңешмесиндеги сөзүн, М. Богдановадын талкуудагы макалаларын көрсөтөт. Б. Жамгырчинов коркуп, талкууга катышпай жүрөт, Э. Будянский калтырап коркуп олтурат, Жунусов Москвага качып кетти. Ушундай шартта «Манасты» изилдөө мурда кандай болсо дагы эле ошондой туңгуюкта кала берүүдө — дейт.

Андан ары өзү таанышып чыккан Ы. Абдыракмановдун вариантына токтолуп, азыркы атом доорунда мындай жаңы эпос жаратып, фольклорду фальсификациялоо туура эмес деп белгилейт.

К. ишин аяктай элек, бирок анын эпостун элдик же элдик эместигин чындап чече албасы айкын болуп калды. Доклад жасагандардын сөздөрүндө карама-каршылыктар өтө көп. Боровков Шапактын вариантын элдик десе, Жакишев жок, Каралаевдики элдик дейт. Маликов Жакишевди жактайт. Бирок, Боровков Каралаевдикин эң эле оңой четке кагарына ишенем. Анткени, анда кытайга каршы жүргүзүлгөн «Чоң казат» бар, анын үстүнө ал казат ислам дини үчүн жүргүзүлөт. Каралаевдин вариантындагы Алмамбеттин тарыхынын өзү эле — андагы исламдын ролуна күбө.

Сөзүн улантып, Ж. Самаганов курама вариант түзүү идеясына каршы чыгат, бирөөнүн мурдун, экинчисинин ээрдин, үчүнчүдөн дагы бир жерин алып, бир бүтүн нерсе жасоо мүмкүн эмес — дейт.

Кыргызстан КП БК биринчи катчысы И. Раззаковдун: «Сиздин өз пикириңиз кандай? «Манас» эпосунун идеялык негизи эмнеде?»,— деген суроосуна Ж. Самаганов: «Жылдап даярданган бардык докладчылар менен кошумча докладчылар буга жооп бере алышкан жок, мен кантип жооп бермек элем»,— дейт (стенограмманын 366—385-б.).

И. А. Батманов (түркolog, тилчи) — сөзүн эпоско илимий талдоо жүргүзүү иши болжол м-н он беш жылдан бери жүргүзүлүп келе жаткандыгына карабастан «Манастын» элдүүлүгүн тактоо али колго алына электигин эскертүүдөн баштап, иштелген бирин-экин иштерде айрым кемчиликтер бар экендигин айтат да, анын себебин В. В. Радлов м-н Ч. Валиханов жазып алган тексттерди кийин жазылгандарга салыштырып карабагандыктан көрөт. И. Батмановдун оюу б-ча аталган эки вариант м-н башка тексттерди салыштыруу «Чоң казат» эпостун органикалык бөлүгү эместигин айгинелейт. О. эле «Манастагы» күрөш кытай м-н эмес, ойрот-жунгарларга каршы жүргүзүлгөнүн ж-а бул 17-к-дагы тарыхый окуяларга байланышканын, тарыхый маалыматтар б-ча ал кезде кыргыздар мусулман болбогонун, демек исламга байланыштуу түшүнүктөр чыгармага алда канча кийин киргизилгенин көрүүгө болот. «Манастагы» уруулардын башын кошуу идеясы кыргыздардын эл катары түзүлүү мезгили м-н байланышкан. Буга эпостогу көз карандысыздык үчүн күрөш

темасы айкалышканда чыгарманын эл арасына өзгөчө кеңири тарашынын сыры түшүнүктүү болот. Бул эки көрүнүш И. Батмановдун түшүнүгүндө эпостун негизин түзгөн уютку, бүгүнкү максат — чыгарманы терс кошумчалардан тазалап, ошол таза данды — уюткусун элге берүү. Бул үчүн жоюлуп калган «Манас» секторун калыбына келтирүү ж-а аны адис кадрлар м-н толуктоо зарыл (стенограмманын 388—395-б.).

Ы. Абдыракманов (эпосту жыйноочу, илимий кызматкер) кыргызча сүйлөгөндүктөн сөзүнүн стенограммасы жазылбаган, анын сөзүнүн кыскача маңызын орусча которуп берген Б. Юнусалиевдин баяндамасы гана жазылган. Сөзүндө эпостун элдүүлүгүнүн далили катары «Манас» кыргыз элинин арасында өзгөчө кеңири тараганын, ал эми манасчылар өзгөчө кадыр-баркка ээ болгонун айтып, өзү билген көптөгөн фактыларды келтирет. Эл түшүнүгүндө Манас кан эмес, баатыр экендигин белгилеп, баатыр өзөлтөн келе жаткан салт б-ча элдин коргоочусу экенин айтат да, «Чоң казат» баскынчыл согуш деген баага каршы чыгып, Коңурбай мурда өзү катылган, демек ага каршы күрөштү баскынчыл согуш дешке болбойт — деген корутунду оюн айтат (стенограмманын 396—400-б.).

Б. Оруэбаева (илимий кызматкер) — сөзүндө Ж. Самагановдун Тил, адабият ж-а тарых ин-тунун кызматкерлери К-га начар даярдык м-н келишкен — деген дооматы негизсиз экенин белгилеп, В. В. Радлов жазып алган тексттерге талдоо жүргүзөт да, бул материал жаңы курама вариантты түзүүдө контролдук варианттын милдетин аткарып бере алат — деп эсептейт (стенограмманын 402—410-б.).

С. Өмүрзаков (Фрунзедеги эки жылдык мугалимдер ин-тунун директору) — сөзүндө акыркы убактарга чейин эпосту изилдөө бир жактуу болуп, жалаң гана анын оң жактарын көрсөтүүгө аракеттенүү өкүм сүргөнүн, элге жат, реакциячыл көрүнүштөр жаап-жашырылып келгенин өтүп жаткан жыйын айгинелегенине көңүл буруп, «Манастын» айланасында күрөш узактан бери жүрүп келе жатканын, феодал төбөлдөр рев-га чейин эле аны фальсификациялап, өз куралына айландырууга умтулуп, реакциячыл, баскынчыл, панисламдык, пантүрктүк идеология м-н сугарууга аракеттенип келгенин айтат. Бул күрөш 20—30-жылдарда ого бетер күчөп, буржуазиялык улутчулдар өз максаттары үчүн С. Орозбаковдун вариантын жазууну уюштурушкан, «Манас» эпосу идеологиялык диверсияда көрүнүктүү орунду ээлеген деп көрсөтөт. Буржуазиялык улутчулдардын ушул жалпы багытын саясий сокурлар гана байкабай калышы мүмкүн -дейт.

Андан ары С. Өмүрзаков Ы. Абдыракманов м-н С. Каралаевдин өзү таанышып чыккан жаңы варианттарына токтолуп, алар мурдагы бардык варианттарга караганда сөзсүз жакшы — деп эсептейт. Бирок, анын ою б-ча, бул эки вариант тең али жеткире иштелбеген, кемчиликтер да бар, ошон үчүн экөө тең бизди канааттандыра албайт. Жаңы вариантты жазуучулар «Манас» айтуучулар м-н бирдикте түзүшү керек. Ал вариантта кыргыздардын өз көз карандысыздык үчүн күрөшүн О. Азиянын чегинен эч чыгарбай, окуяларды манжур-калмак жүрүшүнө тууралап, согуштардын санын азайтып берүү керек — деген корутунду чыгарат (стенограмманын 411—423-б.).

С. Табышалиев (комсомолдук кызматкер)— С. Каралаевдин вариантына токтолуп, анын сюжеттик линиясын кыскача айтып келип, эпостун алгачкы окуяларында элдик идея ачык берилсе, аякы жагы согуш, олжо экенин белгилейт. Эпосто эки карама-каршы идея орун алган. Бул тарыхый шартка ылайык узак убактар чыгармага бийлөөчү төбөлдөр өз идеясын таңуулап келгендиги м-н түшүндүрүлөт. Ошого карабастан чыгарманын негизи элдик экендигине эпостун элге кеңири белгилүү болушу далил.

С. Табышалиев андан наркы сөзүндө Боровковдун докладынын темасы «эпостун элдүүлүгү» деп аталганы м-н баяндаманын мазмуну темага жооп бербей калганына, айрыкча корутунду бөлүгү, эпоско терс баа бергенине көңүл бурат. О. эле Климовичтин докладынын биринчи бөлүгүндө да эпос терс делсе, экинчи бөлүгүндө оң делгенин айтып, анын 1946-ж. жазган макаласында «Манасты» мактаган ойлору басымдуу экенин эскертет, макаладан бир катар үзүндүлөр келтирип, окумуштунун кайсыл пикирине ишенүү керек?— деген суроо коёт. Сөзүнүн жыйынтыгында курама вариант түзүү идеясын кубаттайт ж-а С. Каралаевдин мурда жазылган вариантын негиз катары пайдаланууга болот — деген оюн айтат (стенограмманын 424—440-б.).

А. Н. Бернштам (тарыхчы окумуштуу) — сөзүндө эпосту түп нускада окуй албаса да, котормолорго таянып, тарыхчы катары чыгармага байланыштуу айрым ойлорун айтып келе жатканын эскерте келип, ал ойлорунда эпосту идеалдаштыруу өңдүү айрым кемчиликтер кеткенин мойнуна алат. Бирок башкалардын көз карашын сындагандардын өздөрү чынчыл болсо жакшы болот эле — деп Климовичтин 1946-ж. жазылган макаласынан көптөгөн цитаталар келтирип, өзгөлөрдү сындаганда өзүнүн кемчиликтерин да эскере кетпегени өкүнүчтүү — дейт.

А. Н. Бернштамдын ою б-ча эпостун чыгыш доорун кыргыз элинин түзүлүш учуру м-н байланыштыруу туура эмес ж-а эпосту 16—18-к. м-н байланыштырууга да кошулбайт. Г. Нуровдун 25-майдагы газетага жарыяланган макаласына токтолуп, автордун адис катары чабалдыгына, кеңири белгилүү көп нерселерди чаташтырып жибергенине көңүл бурат.

А. Н. Бернштам о. эле эпосто «кан» деген сөздүн учураганы үчүн эле чыгарманы канбектердики деш болбогон кеп, андай болсо атында «бай», «бек» деген адамдардын баары (Токомбай, Түгөлбай, Кубанычбек ж. б.) эле бай, бек болуп калабы — дейт.

Сөзүнүн корутундусунда А. Н. Бернштам

жаңы вариант түзүү идеясына каршы чыгып, эпосту өз доорунан ажыратууга болбойт — деп эсептейт да, эпоско таңууланган көрүнүштөрдү гана мурда жазылган тексттерден алып салууну сунуш кылат (стенограмманын 441—456-б.).

Б. Маленов (илимий кызматкер) — сөзүн Сагымбайдын вариантын улутчулдар бузган деп баштап, далил катары манасчынын 1937-ж. 31-декабрда «Кызыл Кыргызстан» газетасына жарыяланган арызында «Манасты» жазбасаң сотко берем деп опуза көсөткөндүк ж-дө айтылганын келтирет. С. Каралаевдин вариантында да элге жат катмарлар бар экенин айтат. Ин-ттун кызматкерлеринин жакында Ош, Жалал-Абад обл-тарына барган экспедициясы «Манас» б-ча көптөгөн материалдар таап кайтканын айтып, бул факт мурдагы айрым адамдардын эпос түш. кыргыздардын арасында айтылбайт деген оюн төгүндөөрүнө көңүл бурат (стенограмманын 457—466-б.).

А. Каныметов (илимий кызматкер) — өзү таанышып чыккан Багыш Сазановдун вариантына токтолуп, окуялардын кыскача сюжетин баяндап, вариант реакциячыл, зыяндуу деп эсептейт. Биз «Манастын» таза вариантын таап, элге берүүбүз керек деген жыйынтыкка келет (стенограмманын 467—476-б.).

Г. Нуров (илимий кызматкер) — бүгүн «Манасты» изилдегендердин баары «Чоң казат» м-н Орозбаковдун вариантынын реакциячыл мүнөзүн моюнга алышты деп белгилеп, булар эле эмес М. Мусулманкулов, Б. Сазанов, Тоголок Молдо айткан варианттар да баштан аяк реакциячыл экенин, «Манас» элдик деген ойду айткандар эпостун окуяларынын ар кайсы жерлеринен, ал турмак «Чоң казат» ж-а Орозбаковдун вариантынан да үзүп-жулуп алган фактыларга таянууга аракет кылып жатышканын, профессор Боровковдун докладынын «Манастын» элдүүлүгү ж-дө эмес эле, элге жат экендиги ж-дө болуп калышынын өзү да кокустук эмес деп көрсөтөт да, ар кайсы жерден үзүп алып көрсөтсө кандай гана реакциячыл чыгарма болбосун, ал түгүл «Куранды» да элдик деп «далилдөөгө» болот — дейт.

Нуровдун оюу б-ча «Манастын» чыгыш доорун тактоо — эпостун элдүүлүгүн чечүүдөгү маанилүү маселе. Ч. Валиханов, В. В. Радлов жазып алган тексттерде, башка көптөгөн варианттарда да «ногой» эл, адам аты катары эскерилерин, ал ысым Алтын Ордонун белгилүү аскер башчысынын ысымына байланыштуулугун, кийин өзүнчө эл ошол ысым м-н аталып калганын, бул элдин айрым бутактары кыргыздардын курамында да бардыгын эскертип келип, Нуров «Манастын» тарыхый негизи 14—16-к-га таандык деген жоромол айтат.

Нуровдун эң алды м-н «Манастын» эл арасында айтылып жүргөн үлгүлөрүн табигый шартта жазып алуу иштн жүргүзүү керек дейт. Ошолорду изилдөө гана «Манастын» негизги проблемаларын акырына чейин чечүүгө ж-а курама вариант түзүү ж-дөгү маселени карап көрүүгө мүмкүнчүлүк бере алат (стенограмманын 477—509-б.).

К. Баялинов (Кыргызстан жазуучулар союзунун төрагасы) — буга чейин «Манасты» сын көз м-н кароо болбогондугунун натыйжасында эпосту жыйноо үчүн жумшалган каражаттардын реакциячыл тексттерди жазууга жумшалып, текке кеткенин, жазуучулар сын көз м-н карабагандыктан улуттук биринчи опера «Айчүрөк» эпостун сюжетинин негизинде түзүлгөнүн, бирок эпосто Сагымбайдын варианты сыяктуу реакциячыл тексттер м-н катар негизинен элдик болгон варианттар да бардыгын эскертет, С. Каралаевдин вариантына токтолуп, мазмунун талдайт. Бул варианттын терс жактары катары кытайга каршы согушууну, Алмамбеттин окуясын ж. б. эпизоддорду келтирет да, төмөнкүдөй корутунду чыгарат: эпос бизге жат идеялар м-н өтө булганган, сюжеттик сызыгында, каармандардын образында карама-каршылыктар көп. Адабиятчы окумуштуулардын ж-а тарыхчылардын милдети — эпостун бардык варианттарын изилдеп, аларда кайсылар чыныгы элдик экенин, феодалдык төбөлдөр м-н буржуазиячыл улутчулдардын таасири м-н кирген кошумчаларды аныктап, эпосту алардан тазалоо (стенограмманын 510—525-б.).

Токтогонов (Кыргыз ССРинин эл агартуу министри) — «Манасты» изилдөөдө В. И. Лениндин эки маданият ж-дөгү окуусун унутта калтыруунун натыйжасында орчундуу каталыктар кетирилгенин, ошонун кесепетинен мектептер үчүн түзүлгөн кыргыз адабиятынын программасы м-н окуу китептеринде жаңылыштыктар орун алып келгенин айтып, Аюпова, Мусаев, Балтин тарабынан түзүлгөн программанын 8-класска арналган бөлүмүндө «Манас» бүгүнкү күнгө чейин борбордук орунду ээлеп келе жатканын, анда программанын түзүүчүлөрү С. Орозбаковдун вариантына таянышып, эпосту кыргыз оозеки чыгармачылыгынын улуу эстелиги деп атагандыгын, ал түгүл, реакциячыл айтуучу Сагымбайдын өмүр баянын окутууну таңуулаганын, Манас, Алмамбет ж. б. каармандардын образдарын талдоо сунуш кылынганын, С. Мусаев, Ж. Таштемиров түзгөн кыргыз адабиятынын 8-класс үчүн хрестоматиясында (1952) кыргыздарды кытайлар эзген деген жалаа орун алып жүргөнүн белгилейт. Андан наркы сөзүндө М. Мусулманкуловдун вариантына токтолуп, анда исламдын таасири күчтүү деп белгилеп, көптөгөн мисалдар келтирип, өзгөчө реакциячыл Орозбаковдун вариантынан айырмасы жок деген корутунду чыгарат. «Манасты» тазалоо, кемчиликтерден арылтуу, эл арасынан жаңы вариантын издеп табуу зарыл милдет — деп, эсептегенин билдирет.

Агартуу министирлигинде кыргыз адабияты б-ча 8—10-класстар үчүн түзүлгөн программаны кайра кароо үчүн комиссия иштеп жатканын, айрыкча 8-класска арналган материалдар өзгөртүлө тургандыгын билдирет (стенограмманын 526—538-б.).

П. И. Балтин (педин-ттун улуу окутуучусу) — бул жерде «Манас» жалпысынан элдик чыгарма экендигинин далилин укпагандыг-

гын, түрдүү айла-амалдардын жардамы м-н колдо болгон варианттардын тексттерин тазалоо аркылуу элдик катары көрсөтүүгө болорун гана укканын айтып, көркөм чыгарма катары эпостун бардык элементтери, компоненттери жалпы идеялык максатка баш ийдирилгени эске алынбай жатат дейт. Бул же тигил варианттын элдик негизинин далили катары айрым үзүндүлөр келтирилип, ал жулуп алынган үзүндүлөрдүн эпостун жалпы көркөм тутумунда аткарган идеялык-көркөмдүк милдети эсепке алынбай жатканын белгилеп, эгер мындай ык м-н элдүүлүктү далилдөө мүмкүн болсо, ата-энени сыйлоо, ууру кылбоо, жалган күбө өтпөө ж. б. жаман идеяларбы?— деп Библиядан үзүндүлөр окуп, ушул жол м-н андагы катмарларды алып салууга ж-а анын элдик негизин далилдөөгө мүмкүн экендигине көңүл бурат. Сөзүнүн аягында П. Балтин 8-класстын программасы үчүн С. Мусаев жеке жооп берерин, «Манастын» элдүүлүгү ж-дө маселе өзү үчүн бүгүн да белгисиз бойдон калып жатканын, эпостун эл арасында айтылып жүргөн версияларын жазып алууну кеңири уюштуруу зарыл деп эсептээрин айтат (стенограмманын 539—555-б.).

Б. Юнусалиев (түрколог, тилчи) — негизги докладчылар А. К. Боровков м-н Л. И. Климович өз баяндамаларында эпостун мүчүлүш, кемчилик жактарына кеңири токтолгондору м-н эпостун оң жактары ж-дө эч нерсе айтышпагандыктарын эскертип, А. К. Боровковдун ойлору, келтирген фактылары дээрлик «Манас» эпосу элге жат чыгарма деген корутундуну талап кылып турат, бирок ал сөзүнүн аягында эпоско оң баа берүү м-н логикага коошпогон жыйынтыкка келди. Ал эми Климович сөзүнө караганда жалаң гана «Чоң казаттын» басылып чыккан үлгүсүнө таянат да, ошол жалгыз эпизоддун негизинде бүт эпоско баа берүүчү бүтүмгө келет. Мындай ык логикалык жактан туура эмес деп белгилейт. Докладчылардын экинчи тобу — негизинен эпостун терс жактарына жеткиликтүү көңүл бурбай, оң көрүнүштөргө көп токтолууга аракет жасаган Ө. Жакишев, К. Маликов, А. Токомбаев ж. б-дын баяндамалары.

Кыргыз урууларын баш коштуруу ж-а элди четтен келген баскынчылардан коргоо идеялары бардык варианттарда кызыл сызык катары өтөт. Б. Юнусалиев эпостогу башкы идея дал ушул идея деп эсептейт. Андан нары Ы. Абдыракмановдун, С. Каралаевдин варианттарынан үзүндүлөр келтирип, кыргыздарды кытайлар басып алып, катуу эзип турганы баяндалган эпизоддорго көңүл бурат да, мындай шартта баскынчыларга бүт элдик каршы турушу байыркы бардык элдерге мүнөздүү экенин эскертет. Кыргыздарга каршы кыйраткыч жортуулдар тарыхта бир эле жолу эмес, көп болгонун, буга 7—8-к-да түрктөрдүн, 9—10-к-да кидандардын (кара кытайлардын), 11—12-к-да Чыңгызкандын, 15—18-к-да калмак-жунгарлардын ж. б-дын баскынчыл жортуулдарын көрсөтүүгө болорун айтат. Профессор А. К. Боровков, анын артынан Климович, Богданова, Валитовалар эпостогу негизги мотив катары калмактардан коргонууну эсептешерин, бирок ошол эле учурда биримдешүүнү четке кагып, ал турмак идеяны пантүрктүк үгүт м-н байланыштыруу (А. К. Боровков) аракеттери жасалганына көңүл буруп, коргонуу аракети м-н биримдешүү даалатын логикалык жактан ажыратып кароо мүмкүнбү?— деп суроо коёт, биримдик болгондо гана коргонууга мүмкүн экенин адамдар миң жылдар мурда эле билгенин эскертет. Эпостогу бул башкы идеяны тануу — чыгарманы элге жат деген корутундуга келүүгө баш коюу. Балтиндин «Манас» элге жат деген корутундуга келиши кокустук эмес, так ушул «аргументке» таянып аракеттенүүнүн ачык көрүнүшү. Ишке мындай мамиле нагыз нигилизмге жата турганын белгилейт.

Б. Юнусалиев андан наркы сөзүндө Л. Климовичтин эпос 10—11-к-да пайда болгон деген пикирге каршы чыгышын, Нуровдун Эне-Сай кыргыздары Тянь-Шанга калмак баскынчылары м-н кошо келген деген жоромолун, «Манастын» чыгышын ногой (татар) м-н байланыштырууга кылган аракетин сынга алат.

Сөзүнүн жыйынтыгында Б. Юнусалиев «Манастын» чыгыш доору ж-дөгү маселеге токтолот. Кыргыз тили м-н алтай тилинин жакындыктарына көңүл буруп, маанисин белгилейт да, кыргыздар эл катары ошол тарапта калыптанган, эпос да 12-к-га чейин түзүлгөн деген божомолду айтат (стенограмманын 556—583-б.).

К. Сооронбаев — «Манас» эпосу жашоо процессинде өзгөрүүлөргө, толуктоолорго учураганын, эзүүчү таптын өкүлдөрү элге кеңири белгилүү ж-а көңүлчөөк айтуучуларды өз кызыкчылыгы үчүн пайдаланууга аракет кылганын, муну С. Орозбаковдун вариантынын фактысынан көрүүгө мүмкүн экендигин эскертет, андагы өзү терс көрүнүш катары эсептеген бир катар мисалдарды келтирет. Бул варианттагы терс көрүнүштөрдүн себептери айтуучунун сабаттуу адам болгону, өзү феодалдык төбөлдөрдүн арасынан чыкканы, андан эпосту жазуу ишине буржуазиялык улутчулдар жетекчилик кылып, көзөмөл жүргүзгөнү деп көрсөтөт. Докладчы өзү таанышкан башка варианттар, алардын ичинде С. Каралаевдин, Ш. Рысмендеевдин, Б. Сазановдун варианттары ушул деңгээлде болбосо да кемчиликтерден таза эмес дейт. Эпос негизинде элдик деп эсептеймин. Бирок, жазылгандардын арасында идеал вариант жок, демек азыр колдо бар ж-а эл арасындагы варианттардын негизинде эпостун түрдүү зыяндуу кошумчалардан тазаланган курама вариантын түзүү керек — деген корутундуга келет (стенограмманын 584—595-б.).

М. Ауэзов (академик) — өзү «Манасты» изилдеп үйрөнүү ишине 30-жылдардын башынан киришкенин, кийин ал ишин бир нече жолу толуктаганын айтып, ал мезгилде колдогу жалгыз вариант С. Орозбаковдон жазылган тексттер болгондуктан ошого таянганын ж-а ошол шартта фольклористикада өкүм

сүрүп турган туура эмес түшүнүктөргө, ошонун ичинде эпосту феодалдык, князьдык-кошундук чөйрөгө таандык чыгарма катары эсептөө салтына негизделгендиктен жеке эле Сагымбайдын вариантын гана эмес, бүт «Манасты» феодалдык деген туура эмес корутундуга келгенин, кийин ал көз карашын кайра карап чыкканын ж-а ошол Сагымбайдын эле вариантында айтуучу өзү киргизген терс кошумчалардын бардыгын эскертүү м-н бирге коллективдүү чыгарма болгон эпостун алгачкы негизи элдик деген жыйынтык чыгарганын айтат.

М. Ауэзов «Манас» кыргыз элине керекпи же жокпу? Курама вариант түзүү мүмкүнбү? Эгер мүмкүн болсо кантип түзүү керек?— деген үч суроо коюп, түз, так коюлган биринчи суроого негизги докладчы болгон Боровков жооп бербегенин, чынында, анын докладынын 99% терс, бир гана проценти оң көрүнүштөргө арналганын белгилеп, кошумча докладдардын ж-а басмага жарыяланган материалдардын басымдуу бөлүгүндө суроого так айтылган оң жооп бардыгын айтып, «Манас» кыргыздарга керек, буга анын 34 жылдан бери советтик кыргыз элинин арасында колдонулуп келишинин өзү да далил. Кыргыз тилинин, поэтикасынын, жалпы элдик рухий маданиятынын казынасы экендиги да «Манастын» өз элине керектигинин далили — дейт.

Экинчи суроосуна М. Ауэзов курама вариант түзүүгө мүмкүн — деп жооп берет, муну өз учурунда үч манасчы айткан тексттерди бириктирип В. В. Радлов да далилдегенин эскертет.

«Манастын» түрдүү варианттарында жалпылык мүнөздөгү белгилер эң эле көп экенин белгилей келип, ошол жалпы белгилерге таянып бир текст түзүүгө болот деген оюн айтат. Үчүнчү суроонун жообун ашыкча кайталоолорду, кошумчаларды ж. б. кыскартуу аркылуу эпостун эски түшүнүктөрүн, мүнөздүү белгилерин сактоо жолу м-н аракеттенүүдөн көрөт.

Эпостун жаралыш доору ж-дөгү маселеге кайрылып, Климовичтин бул багыттагы ойлоруна каршы чыгат ж-а жалпы эле «Манас» эпосун бир гана учурга таандык деш ката болор эле деген ой айтат. Орхон жазууларын эске салып, айрыкча Күлтегиндин урматына коюлган эстеликтеги жазуулардан кеңири үзүндүлөр келтирип, анда кыргыздар эскерилерине көңүл бурат ж-а ошол кездеги окуялардын, согуштардын эпоско негиз болушу да мүмкүн деген жоромолду айтат. Анын оюу б-ча эпоско калмак-жунгар учурунун да таасири болушу мүмкүн, бирок чыгарманын негизи алда канча мурдагы учурларга тиешелүү деген жыйынтыкка келет. Сөзүн элдикин элдин өзүнө берүү кеңеши м-н аяктайт (стенограмманын 596—616-б.).

К. Укаев (студент) — тенденциялуу, эпоско нигилисттик мамиле катары П. Балтиндин макаласындагы, сүйлөгөн сөзүндөгү ойлорду, өз оюн так айтпайт, принципиалдуу эмес деп, Ж. Самагановду, Алмамбеттин образын туура талдабагандыгы үчүн Зимоглядды сынга алып, айрым адамдардын эпостон «Чоң казатты» алып салуу керек деген ойлор айткандыгына каршы чыгат (стенограмманын 617—626-б.).

С. Ильясов (тарых илимдеринин кандидаты) — эпостун чыгыш доорун тактоо анын элдүүлүгүн белгилөөгө көп жактан жардам берерин эскерте келип, оозеки чыгарма болгон «Манас» эпосун бир гана доорго, учурга таандыкташтыруу туура болбойт дейт. «Манаста» байыркы катмар бар экенин көпчүлүк изилдөөчүлөр танбастыгын, эпосто эскерилген мифтик жандыктар ж. б. буга далил болорун, эл жашаган жерлерде такталган чек аранын жоктугу, атайын армиянын болбогондугу, алык-салыктын жоктугу, согуштун олжо үчүн жүргүзүлүшү ж. б. көрүнүштөр эпос чагылдырган доорлордон кабар берерин көрсөтөт. «Манаста» эскерилген көп адам аттарынын 13—14-к-дагы тарыхый адамдар м-н окшоштугуна көңүл буруп, эпос ошол мезгил м-н да байланышса керек — деген жоромол айтат.

С. Ильясовдун оюу б-ча эгер «Чоң казат», Чубактын согуштары өңдүү айрым эпизоддор алынып салынса, С. Каралаевдин вариантындагы калган бөлүмдөрдө реакциялуулукка караганда элдик мотивдер басымдуулук кылат (стенограмманын 627—636-б.).

И. Сарманова (педин-ттун мугалими) — коллективдүү чыгарма болгон оозеки көркөм материалдарга жазма документ катары мамиле кылууга болбой турганын, ал муундан муунга өткөндө өзгөрүүлөргө учураарын эскертип, «Манас» негизи элдик чыгарма, аны жат кошумчалардан тазалап, элге берүү зарыл деген ой айтат (стенограмманын 638—640-б.).

А. Алтымышбаев (СССР ИАнын Кыргыз филиалынын президиумунун төрагасынын орун басары) — «Манас» эпосун талдоодо ж-а баа берүүдө чыгарма калыптанган ж-а анын мүнөзүнүн, мазмунунун, формасынын калыптанышы үчүн таасирин тийгизген тарыхый шарттарды эске алуунун зарылдыгын белгилей келип, бул багытта аракеттенип, Манасты Яглакар м-н салыштырууга аракеттенген, экөөн бири бирине прототип деп түшүнгөн профессор Бернштамдын аракетинен туура натыйжа чыкпаганына көңүл бурат, өзү Б. Юнусалиевдин 1952-ж. 23-майында «Советская Киргизия» газетасына жарыяланган макаласындагы эпостун балким анча чоң эмес варианты 9-к-дын экинчи же 10-к-дын башталышында пайда болсо керек деген оюна жакын пикирде турарын көрсөтөт; В. В. Бартольддун 10-к-дын башында пайда болуп, кыргыз урууларынын мамлекетин кыйраткан ж-а 1234-жылга, б. а. моңголдордун О. Азияга келишине чейин жашаган кара кытайлар мамлекети ж-дөгү маалыматтарына таянып, кыргыздар м-н кара кытайлардын күрөшү узакка созулганын ж-а ал күрөштө толук көз карандысыздыкка да жетише албаганын айтат да, эпостун мазмуну элдин жеңишин эмес, жеңилишин көбүрөөк баяндаганын, үч бөлүмдүн тең аягы башкы каармандардын өлүмү м-н бүтөрүн белгилейт. Буга караганда эпос кыр-

гыз урууларь жеңилишке учурап, баатырлары набыт болгондо көз карандысыздык үчүн күрөштө курман болгондорду жоктоо катары түзүлгөн. Демек, чыгармадагы айрым айтуучулар тарабынан киргизилген агрессиячыл мүнөзгө ээ материалдар «Манас» эпосунун өзөктүк мазмуну м-н эч кандай байланышы жок, алар кийин кирген катмарлар.

А. Алтымышбаев сөзүн улантып, айрым адамдардын мис., М. И. Богданованын «Советская Киргизия» газетасына жарыяланган макаласында белгилүү варианттарда негизинен уруу феодалдарынын кызыкчылыгы көздөлгөн, чыныгы элдик варианттар али жазылып алына элек дегенине, ал эми Балтиндин ошол эле газетага жарыяланган макаласында чыныгы элдик вариант жок — деп эсептегенине көңүл буруп, экөөнүн тең аша чаап кеткендиктерин белгилейт. Жаратылышта идеалдуу таза, түбөлүктүү өзгөрбөй бир калыпта сакталган эч нерсе жок экендигин эске албай жаңылышканын айтып, мындан он, он бир кылым мурда жаралган эпос өзгөрбөй бир калыпта турушу эч мүмкүн эмес. Бирөөлөр табууга аракеттенип, экинчилери андайдын болушун такыр эле танып жаткан варианттар — азыр биз билген, изилдеп жаткан тексттердин эле өзү. Алар алгачкы варианттын бизге белгисиз ж-а белгилүү айтуучулар тарабынан кылымдар бою иштелип чыккан үлгүлөрү — дейт.

А. Алтымышбаевдин оюу б-ча дээрлик бардык варианттарда бул же тигил деңгээлде элдик ж-а элге жат элементтер орун алган. Баштан аяк элдик же элге жат вариантты табууга мүмкүн эмес. Алдыдагы милдет — ар бир вариантты элге жат элементтерден ажыратуу, чындыкты калыбына келтирүү (стенограмманын 641—657-б.).

М. И. Богданова корутунду сөзүндө И. Климович, Ж. Самаганов, Г. Нуров, П. Балтиндин өз адресине айткан сын пикирлерине каршы аргументтер келтирет (стенограмманын 658—663-б.).

Л. И. Климович корутунду сөзүндө К. жалпысынан жемиштүү болгонун белгилеп, ал ушуга чейин орун алып келген «Манаска» сын көз м-н кароо абалын жоёт ж-а «Манасты» басмага даярдоодогу практикалык маселелерди чечүүгө көмөк көрсөтөт — деген ойлорун айтат. Өз адресине Керимжанова, Юнусалиев, Богданова, Бернштам, Табышалиев, Нуров, Ауэзов ж. б. тарабынан айтылган сын пикирлерге токтолуп, жооп берет, алардын айткандарына макул эместигин билдирет. Балтиндин «Манасты» Библияга салыштырууга кылган аракетине каршы болот, Токтогоновдун «Манасты» мектепте окутуу, баркын көтөрүү аракеттерине каршы айткандарын кубаттап, бул өзгөчө маанилүү иш экендигин белгилейт. «Семетей», «Сейтек» б-ча өз оюу бар экенин, анын башка учурда айтарын эскертет (стенограмманын 664—685-б.).

Ө. Жакишев, Б. Юнусалиевдин сүйлөгөн сөзүндөгү айрым докладчылардын эпостогу оң жактарды гана айтышты деген оюу м-н макул эместигин белгилеп, терс жактары да айтылганын, өзү Орозбаковдун вариантын баштан аяк элге, тарыхка каршы деп эсептээрин айтты. Ауэзовдун ойлорун кубаттай турганын эскертип, фактыларды этибарга албагандыгы, оң көрүнүштөргө көңүл бурбагандыгы үчүн Климович м-н Боровковду сынга алып, өзү окуп чыкпай туруп, колдогу он вариантты бүт элге каршы деп жарыялай салган Боровковго таң калганын билгизет. Эпоско нигилисттик мамилеси, ар кимге асылганы үчүн Балтинди сынга алат (стенограмманын 686—689-б.).

А. К. Боровков корутунду сөзүндө кошумча докладчылардын варианттар б-ча баяндамалары эчтеке бере албагандыгын, эпостогу оң ж-а терс көрүнүштөрдү белгилөө м-н гана чектелишкендигин белгилей келип, «Манасты» терс кошумчалардан тазалоо керек дешип, бирок эмнеден, кантип, кандай жол м-н тазалоону айтышпагандыгын көрсөтөт. Андан нары өз докладындагы айтылган катмар ж-а редакциялоо ж-дөгү ойлорго дагы көңүл буруп, бул түшүнүктөрдү ажырата билүүнүн зарылдыгына кеңири токтолот.

В. П. Сухотин (СССР ИАнын Президиумунун «Манас» б-ча илимий К-ны уюштуруу комиссиясынын төрагасы, филология илимдеринин доктору) — маданий мураска мамиле маселелеринде түрдүү элдерде орчундуу кемчиликтер орун алганын эскерте келип, о. эле абал «Манаска» баа берүүдө да бардыгын, ал К-да таасын көрүнгөнүн белгилеген. Ошондой болсо да кыргыз элинин кылымдар бою жашап келген «Манас» эпосунун негизи элдик экендигине анын оюу б-ча дээрлик бардыгы макул болгонун айтып, бул чыгармада кыргыз элинин четтен келген баскынчылар м-н күрөшү чагылдырылгандыгында шек жок экендигин баса көрсөткөн. Ошону м-н бирге эле негизи элдик бул эпосто улутчулдук, пантүрктүк, панисламдык катмарлардын да бар экендигин өтүп жаткан К. таасын айкындады деп белгилейт. Адабиятчылардын милдети эпоско жасалма жол м-н киргизилген элементтерди таап, тазалап, бастырып чыгарууга негиз боло турган вариантты түзүү — деп көрсөтөт.

Жыйындын төрагасы К-нын катышуучуларына иштин ийгилигин камсыз кылууга активдүү жардамдашкандыктары үчүн ыраазылыгын билдирип, К-нын чечимин даярдоо комиссиясынын мүчөсү Давлеткелдиевге чечимдин долбоору м-н тааныштырууга сөз берет.

К. он пункттан турган чечим кабыл алган. Биринчи пунктунда кылымдар бою кыргыз элинин арасында жашап келген «Манас» эпосунун негизи элдик деп эсептейт, бирок ошону м-н бирге эле анын белгилүү варианттарында орчундуу карама-каршылыктар орун алгандыгы көрсөтүлгөн. Экинчи пунктта «Чоң казат» («Великий поход», М., 1946) китебинин басылып чыгышы жаңылыштык деп белгиленген. Үчүнчү пунктта колдогу болгон варианттардын бири да бастырып чыгарууга жараксыз деп көрсөтүлгөн. О. эле К-нын чечими-

нин пункттарында Тил, адабият ж-а тарых ин-тунун «Манасты» жыйноо б-ча орчундуу иштер иштегендиги, бирок эпосту үйрөнүү багытында татыктуу илимий-изилдөө иштеринин жоктугу, жолго коюлбагандыгы; республикалык басма сөз беттеринде жүргүзүлгөн кеңири илимий талкуунун «Манас» эпосун изилдөө багытындагы эмгектерди сындоону жайылтууда маанилүү роль ойногондугу белгиленип, эпосту изилдөөнүн жакынкы милдеттери көрсөтүлгөн. Чечимдин жетинчи пунктунда К. «Манас» эпосунун комментарийлер ж-а киришүү макала м-н коштолгон курама вариантын бастырууга даярдоо зарыл деп эсептейт — деп жазылган. Чечимдин башка пункттарында көрсөтүлгөн милдеттерди (Тил, адабият ж-а тарых ин-тунун, Жазуучулар союзунун, университеттин тиешелүү кафедраларынын кызматкерлеринин күчү м-н, борбордук ин-ттардын кызматкерлерин, айрым «Манас» айтуучуларды да тартуу аркылуу жүзөгө ашырууга тийиш экендиги, Тил, адабият ж-а тарых ин-тунун тутумунда оозеки көркөм чыгармачылыкты изилдөөчү сектор уюштуруунун зарылдыгы белгиленип, К-нын материалдарын өзүнчө жыйнак түрүндө орус ж-а кыргыз тилдеринде бастырып чыгаруу сунуш кылынган.

1952-ж. 1-августта СССР ИАнын Президиумунун жыйынында «Манас» эпосуна арналган илимий К-нын жыйынтыктары, Тил, адабият ж-а тарых ин-туна жардам көрсөтүү маселеси талкууланып, алты пункттан турган № 465-токтом кабыл алынган.

Ал токтомдун 1-пунктунда «Манас» эпосу б-ча өткөрүлгөн илимий К-нын чечими кубатталган, калган пункттарда «Манас» эпосунун курама вариантын 1953—55-ж. ичинде түзүү белгиленип, ишке көмөк көрсөтүү үчүн А. К. Боровков, М. И. Богданова, К. К. Юдахин консультит болуп бекитилген, К-нын материалдарын жыйнак түрүндө бастыруу ИАнын басмаканасынын 1953-жылдагы планына киргизилген, 1953-жылдан СССР ИАнын Кыргыз филиалынын Тил, адабият ж-а тарых ин-тунун тутумунда оозеки көркөм чыгармачылыкты изилдөө секторун 7 кызматкер м-н ачуу СССР Министрлер советинен суралган.

*С. Мусаев*

**КОНФЛИКТ** (лат. conflictus — кагылышуу)— көркөм чыгармадагы карама-каршылык, каармандардын ортосундагы кагылыш, күрөш аркылуу сюжеттин өнүгүшү. Теориялык адабияттарда К. негизинен драмалык чыгармаларга мүнөздүү экендигин белгилешет. Анткени, К. драмалык ж-а эпикалык чыгармаларда аракеттердин өөрчүшүн ж-а мүнөздөрдүн ачылышын ишке ашыруучу негизги кыймылдаткыч күч болуп саналат. К. сюжеттин өнүгүшүнүн башка этаптарын аныктайт: окуянын башталышы, чиеленишн — К-тин пайда болушу, К-тин курчушу *(Кульминация)*, чечилиши. Ар кандай эпикалык чыгармада окуялардын, мүнөздөрдүн кагылыштары сөзсүз учурайт. Мындай ситуациялык көрүнүштөр сюжеттин өөрчүшүнө алып келет. «Манас» үчилтигинде мындай ситуациялык көрүнүштөр салттык чоң окуялардан тартып, майда окуяларга чейин учурайт. Үчилтиктеги негизги К. ар дайым жоолаша жүргөн кыргыз м-н кытай, калмактардын башкы баатырлары Манас м-н Коңурбай, Жолойдун ортосунда ж-а Семетей, Сейтектин ички, тышкы душмандар м-н болгон карама-каршылыгы, кагылышуусу аркылуу чыгат. Бирок ар бир чоң-кичине окуяда да өзүнчө К. бар. «Манастын» сюжеттик өзөгүнүн негизин түзгөн ж-а баш каармандын баатырдык жүрүштөрүндө түйүндүү окуяларга катышып, өздөрүнүн каармандык эрдиктерин көрсөткөн негизги каармандарга байланыштуу окуялар да сюжеттин өнүгүшүнө, татаалданышына зор салымдарын кошот. Каармандардын өз ара мамилелеринен келип чыккан ар кандай кырдаалдар улам бир жаңы окуяны пайда кылат да, сюжеттин мазмуну жаңырып отурат. Алсак, Алмамбет м-н Көкчөнүн ортосундагы араздашуу, Көкөтөйдүн ашындагы Манас м-н кандардын кагылышы, кытай, калмак кандарынын байгени зордуктап алып кетиши, жети кандын Манаска каршы аттанышы, Алмамбет м-н Чубактын жол талашышы, о. эле Семетейдин Жакып, Абыке, Көбөш, Чынкожо, Толтойду жайлашы ж-а атасы Манастын кунун кууп Коңурбайдан өч алышы, Сейтектин Канчоро, Кыяс, Желмогуз уулу Сарыбай дөөнү, айрым варианттарда Коңурбайдын уулу Ките же Куялы м-н согушу сыяктуу окуялар ар бири өз алдынча К-түү ситуацияны түзүп, эпостун мазмунуна жаңы мотив берип, окуяны улам тереңдетип, өөрчүтүп жүрүп олтурат. Мына ушундай көрүнүштөр аркылуу башка каармандар — Манас, Семетей, Сейтектин баатырдык күрөшүнөн жыйынтык чыгарылат.

*К. Кырбашев*

**КОҢГУ** — топоним. Манас он төрт жашында ит агытып, куш салып кеткенине он бир күн болгондо санаасы тынчыбай аны издеп чыккан Жакыпка жолуккан он бир кишинин жери катары:

> Барибизди сурасаң,
> Тарлан аттуу жерибиз,
> Талкоо кытай элибиз,
> Ындыстандын бер жагы
> Коңгу деген жерибиз (СО, 1. 219),— деп

айтылат.

**КОҢГУРООЛУ** — эпизоддук кейипкер. Алоокенин агасы, *Кошабыштын* атасы экендиги гана айтылат (СО, 2. 196, 420).

**КОҢКО** — топоним. Манас бала кезинде жолдоштору м-н салбырынга барган тоо (СО, 1. 232).

**КОҢТАЖЫ** (кээде тайчы)— кытайдын «Хуантайцзы (императордун, кандын уулу) деген термини б-ча калмактар коңтайчи, хонтайчи түрүндө кабыл алышкан. Бул титулдук наамды жунгарлардын башкаруучу чөйрөлөрү да мансаптык даража катары колдонушкан. «Манас» эпосунун кээ бир варианттарында сейрек болсо да учурайт.

**КОҢ ТӨРӨ** — *Коңурбайдын* атак, наам аты.

**КОҢУРАТ** — эпизоддук кейипкер, Жакыптын койчусу. Манас Каныкейге күйөөлөп барганда калыңга берилүүчү отуз миң койду Кейип калаага айдатып барат (СО, 2. 393).

**КОҢУРБАЙ** — эпостун негизги терс каарманы, эпикалык душмандарынын башкы баатыры, аскеринин кол башчысы. Манас үчилтигинин биринчи ж-а экинчи бөлүгүндө салттык түрдө айтылган, согуш майданында жоокердик жөндөмү ж. б. сапаттык артыкчылыктары м-н айырмаланган көркөм образ. К. бардык варианттарда бирде калмактын, бирде кытайдын өкүлү болуп, алмашылып айтыла берет. Ал эпикалык душмандарды башкаруу, согуштук иш-аракети жагынан Манас баатыр м-н бирдей деңгээлде, ал эми айла-амалы, куулук жактан кээде артыкчылык кылып, эпопеяда чагылдырылган терс каармандардын ичинен акылга дыйкан, согушка маш, найзага ыктуу, жол айласын мыкты билген баатыр. К-дын баатырдыгы ж-а эрдик көрсөтүүсү негизинен эпостун «Чоң казат» эпизодунда кеңири баяндалат. Ал кыргыз баатырларына каршы согушууда өзгөчө бөлүнүп көрүнөт. «Манас» эпосун изилдөөчүлөр К-дын образын калмактардын баатырдык эпосу «Жангардагы» эпикалык Улан-Хонгор м-н байланыштырышат. Окумуштуулардын «Жангар» эпосундагы Улан-Хонгорду да, «Манастагы» К-ды да Иртыштын башындагы географиялык рндордо кеңири таралган Конгор-Батор деген легендарлуу баатырдын ысымына ббайланыштырышы негиздүү. Мына ушул пикирге таянып «Манас» изилдөөчү Э. Абдылдаев да К-дын образы Ойрот мамлекетинин биригүүсүнүн (14—16-к.) ж-а андан кийинки Жунгар кандыгынын (17—18-к.) баскынчыл чабуулдарынын мезгилиндеги калмактардын феодалдык баскынчыларынын жалпылаштырылган образын туюндурат деп көрсөтөт. «Манас» эпосунда сүрөттөлгөн «Кызыл чоктуу чоң Коңур, Кытайдан чыккан оңбогур», «Көркүн көрсөң ушундай, Кечилдин каны Коңурбай» кытай элинин баатыры, Манастын негизги ж-а коркунучтуу душманы катары бардык варианттарда баяндалат. К. эпопеянын негизги салттык окуяларында (Манас баатырдын Алтай жериндеги алгачкы ж-а Ала-Тоого көчүп келе жаткан жолдогу кандыктарга каршы казаттарын эске албаганда) катышып, баскынчы душман баатырларынын эң көрүнүктүү өкүлү катары роль ойнойт. Манасчылар К-дын образын түзүүдө баатырдыгын гана эмес, анын бардык иш-аракеттерин сүрөттөп, көп кырдуу мүнөз түзүшөт. «Манас» эпосунда катышкан окуяларында К. — баатыр, К. — кол башчы, К. — эпикалык кан, К. — баскынчы, К. — аксым, К. — айлакер. К-дын образындагы жетектөөчү ушул сапаттар негизинен үчилтиктин «Манас» бөлүгүндө кеңири ачылат. Манас баатырдын каршысында турган:

Кебез бѐлбоо, кең өтүк
Кечилдин каны Коңурбай.
Өзү жоонун айласын билген эрениң —
Найзакерден ыктуу кул,
Жоонун айласын билген мыкты кул.
Бел байлаган бели ошол,
Бекитилүү жери ошол.
Каканчылуу кырк канды
Өзү кайтарып турган эр ошол,— деп сүрөттөлөт.

К. дайыма баскынчылык аракеттерин ишке ашырууда кыргыздардын малын, жерин тартып алууга умтулат. Көпчүлүк манасчылардын варианттарында Көкөтөйдүн ашында Мааникер тулпарды бер деп кыр көрсөтүп кыргыз баатырларынын айрымдарын опузалайт. К. эпосто кайдыгер сүрөттөлбөйт, ал дайыма таңдануу ж-а жек көрүү, шылдың сезим м-н көрсөтүлөт. Буга ал Манасты алдап жарадар кылганы ачык мисал боло алат. Атайын аңдып жүрүп, камсыз, жараксыз турган Манасты капыстан (СОВдо найза м-н сайса, СКВда айбалта м-н эки жолу чабат) жарадар кылган К-дын иши баатырдын баатырдык жеңиши катары сүрөттөлбөстөн, арсыз, намызсыз адамдын иши катары бааланат. К-дын адамдык сапат касиетинин төмөн турушу анын баатырдык сапаттарын төмөндөтүп, чексиз күчүн жокко чыгарат. Ал кара күч, баатырдык сапат жактан өзүнөн төмөн турган оң каармандын кимисине болбосун чечүүчү мез-

Т. Герцен. Коңурбай.



гилге чейин туруштук бере албай качып берет. Душмандан качуу жеке эле К. эмес, жалпы эле терс каармандар үчүн намыс эмес. К. душмандарына алар аңдабай турганда, же аламан согуш учурунда жашырынып келип аңдостон кол салуучу адаты бар. Эгерде эпостогу оң каармандар жеринин, тууган элинин эркиндиги, көз каранды эместиги үчүн өлүмгө даяр турса, К. ж-а ал сыяктуу баскынчы душман баатырлаҕы мындай эрдикке жарамсыз. Бирок, Манас акыры К. колдуу өлүмгө учурайт. Манастын уулу Семетейдин да негизги күчтүү жоосу — К. Эпикалык салгылашууда же жарадар болуп акыры каза тапкан башкы баатырдын кунун кууп, анын ишин улантуучу эр жүрөк уулу ж-дөгү салттык тема «Семетейде» сакталган. К-га Семетейдин каршы салгылашуусу элдик эпостордогу кангакан деп өч алууну билдирген салттык мотивге негизделген. СКВда кытай баатыры К-дын «Манас» эпосундагыдай эле баскынчылык ж-а айлакерлик саясаты «Семетейде» да өз күчүндө сакталган. Эпосто К-дын баскынчылык, зордукчулук иш-аракетин Таласты камап «Чатакташпай чырдашпай, Таласың тартуу бер, бурут» деп буйрук кылып, сууну башка тарапка бурдуруп, элди суусуз калтырганы ж-а анын айлакер, арамзалыгы калк карысы Бакайдын Семетей баатырга: «Сен эмес атаң Манасты алты жолу алдаган Коңурбай» дегенинен көрүнөт. Бирок, эпосто К. «айкырыгы таш жарып» канчалык каарданса да, амалайланы колдонсо да, Ата Мекен үчүн күрөшкөн Семетей баатырдан жеңилет. К-дын образындагы терс сапат анын эпикалык душман өкүлү экендиги м-н гана түшүндүрүлбөйт. Ал — өз элинин, өз элиндеги адилет адамдардын да душманы. Демек, анын сапаттарындагы (терс) көрүнүштөр жалпы эле андагы адамдык касиетинин негизи м-н шартталган. Ал чет эл м-н касташып, жоолашпай турган тынчтык учурунда деле өз эл, өзз жер, өз ич ара айрым кандар м-н кагылышып, зордук-зомбулук көрсөтүп, адилеттикке, оң ишке каршы турат. Буга К-дан зордук-зомбулук көргөн Азизкандын баласы Алмамбетке толгонуп ызалуу айткан төмөндөгүдөй сөзү далил боло алат:

Баласыздын артынан,
Көп көргөмүн кордукту
Коңурбай ит калчадан.
Алган жерим бөлүп бер.
Алың итке келбесе
Тирүү жүрбөй өлүп кел (СК, 2. 106).

Азизкандын мамилесинин маңызын ачкан жогорудагы сөзү аркылуу өз элинде, өз жеринде да К-дын зордукчул адам экендиги ачык сезилет. Аталаш тууганы Азизкандын «Кан-Жайлак» деген жайлоосун тартып алышы — анын зордукчулдугуна күбө. Мына ушул фактылар эпостун башкы оң каармандары Манас ж-а анын уулу Семетей баатырдын негизги душманы болгон К-дын кандай адам экендигинен толук кабар берип турат. Үчилтиктин биринчи бөлүгүндө аягына чыкпай калган сюжеттик сызыкты экинчи бөлүк аягына чыгарат, б. а. кыргыз баатырларынын качантан берки эң негизги, эң коркунучтуу душманы К. жок кылынат.

*С. Алиев*

**КОҢУРБИЙ** — эпизоддук кейипкер. Манас туулганда берилген тойдогу ат чабышта Акбакай аттуу күлүктү кыйкырып сүрөгөнү айтылат (СО, 1. 82).

**КОҢУР-САЗ** — топоним. Манастын колу келе жаткандыгы ж-дөгү кабарды Култаңдан уккан Орго кан алты доргосун өзүнө караштуу



Коңурбайдын ордосу. «Манас» операсы, 1977.

элге кабар жиберип кошун чогултканда К.-С. төмөнкүчө эскерилет:

Коңур-Саз бар, Тоңу бар
Коён, Шибен чоңу бар
Алтооң жүрүп айтыңар
Алты күндөн калбастан
Аскерин алып кайтыңар (СО, 2. 73),—

деп буйруп жөнөтөт.

Географиялык реалияда К.-С. — азыркы Тоң р-нундагы Коңур-Өлөң аттуу жер.

**КОҢУРЧАЧ** — эпизоддук кейиипкер. Куялы м-н Айчүрөк К. кыздын тоюнда кезигишип, достошкону айтылат (КВ, «Сейтек», 227).

**КООК КИЙГИЗҮҮ** — адамды кыйноо максатында башка кийгизиле турган териден жасалган каптама, кептеп коймо, жаргак. Коок негизинен чылгый териден жасалып, адамдын башына кийгизилет, ал кургаган сайын башты кысып, жанды кыйнайт. Ага эпостогу:

Башына коок кийгизип,
Эки көзүн тең чукуп,
Эр Эсендин алдына
Тирүү байлап баргыла! (СК, 1. 156),—

деген саптар мисал боло алат. Айрым окуяларда коок темирден, жыгачтан жасалары да айтылат. Мис., Саамаркандык Чоң Эшендин уулу Жарманасты кытайлар Манас деп кармап кеткенде «Жарманастын башына Темирден коок кийгизди» (СК, 1. 43),— деп айтылат.

**КОПО** — топоним. Көкөтөйдүн чоң ашына даярдык көрө баштаган Бокмуруңдун көчү ашка союлчу койлорду 20 күнү К. жайлоосунда семиртет. СОВдо: «Козу-Башы, Копого Кой көктөтүп ошого» (СО, 3. 31, 80) десе; СКВда: «Козу-Башы, Копого Кой семиртип ошого» (СК, 2. 12),— деп айтылат. Эпостун Алтай тарапта өткөн башка окуяларында да туруктуу эскерилет. Географиялык реалияда Иле боюндагы өзөн.

**КОРБАШЫ** — бир топтун жетекчиси, башчысы; Букара кандыгынын учурунда куралжабдык турган үйдү башкарган адам. Эпосто экинчи маанисинде жолугат. Мис., Жакып Манаска аял алып бергени кыз издеп Букарга келгенде: «Жакшы кыз көрсөтөбүз деп Ак таяк менен корбашы Жуда келип калганы» (СО, 2. 352),— деп сүрөттөлөт. ААлар Жакыптан эки жамбы алгандан кийин бакчада жүргөн Санирабиганы (Каныкейди) шыкаалап көрсөтөт.

**КОРДОЙ** — топоним. Кыргыздар ж-а ага жамаатташ элдер жашаган жер катары эпосто көп эскерилет. Географиялык реалияда Чүй ж-а Иле дарыяларынын аралыгындагы бөксө тоолор.

**КОРОГЛЫ** Халык Гусейнович (1919, Ашхабад) — филология илимдеринин доктору (1971), профессор (1986), адабиятчы, фольклорчу. 1946-ж. Москва медициналык ин-тун, 1952-ж. М. В. Ломоносов атн. МГУнун филология факультетинин Чыгыш бөлүмүн бүтүргөн. Медицина ин-тунун алгачкы курстарын Фрунзе шаарында окуган. Түрк ж-а иран тилдеринде сүйлөгөн элдердин баатырдык эпосторун салыштырма изилдөөдө зор эмгек сиңирген. Ал 1947-жылдан тартып иран тили ж-а адабияты б-ча жогорку окуу жайларда сабак бере баштаган. 1954-жылдан МГУнун филология факультетинде О. Азия, Казакстан элдеринин адабияттары б-ча лекция окуган. 1958—71-ж. «Большая Советская Энциклопедия» басмасынын Тил ж-а адабият редакциясынын илимий редактору. «Краткая литературная энциклопедия» редакциясынын Чыгыш элдеринин адабияттары редакциясынын башчысы, 1971—85-аж. СССР ИАнын А. М. Горький атн. Дүйнөлүк адабият ин-тунун улуу илимий кызматкери болуп иштеген. Анын изилдөөлөрүндө кыргыз фольклорунун, анын ичинде «Манастын» тексти кеңири колдонулат. Айрыкча «Огузский героический эпос» (М., 1976), «Взаимосвязи эпоса народов Средней Азии, Ирана и Азербайджана» (М., 1983) аттуу монографиялары жалпы түркологиялык мааниге ээ. Ал Р. З. Кыдырбаеванын «Генезис эпоса «Манас»» (1980) аттуу монографиясынын жалпы редакторлугун жүргүзгөн.



К. кыргыз фольклору, «Манас» эпосу б-ча адистерди даярдаган.

*С. Кайыпов*

**КОРОГОТУ** — топоним. Көкөтөйдүн ашында чабылган аттар басып өткөн жерлердин бири.

**КОРОСОН** — 1) курч, өткүр. Мис., К. кылыч; 2) күчтүү, күчү жетилген, ачуу. Мис., К. арак; 3) оттук. Мис., «Көкөтөйдүн ашына элдин келип түшкөнү» деген окуядагы: «Коросондон куу коюп, Коркурата бир соруп, Коңурбай түштү жүз миң кол» (СО, 3. 104) — деген ыр саптар К-дун оттук экендигин далилдейт. 4) койдун чечек оорусу да К. делген. Чечек оорусунун пири-колдоочусу Коросоната деп айтылган. Элде мурда Коросонатага сыйынуу, курмандыкка кой чалуу ырымы орун алган. Ошондуктан, эпосто «Коросонго кой айтып» (СК, 2. 128) деп К. касиеттүү күч катары да айтылат. К. кээде мыкты, чоң, баалуу деген мааниде да колдонулат.

**КОРТУК** — эпизоддук кейипкер, Шакумдун атасы. Алтайда кыргыздар м-н канатташ жашаган манжулук калмактар жер коруп жүрүп, баласын ээрчитип жылкыга келген Жакыпка кез болуп калышат. Жакыпты калмактардын бири камчы м-н башка чаап жибергенде, жини келген Манас жылкычы Ыймандын укуругун ала коюп, калмактын башчысы К-тун башын жара чаап өлтүрүп салат (СО, 1. 130—131).

**КОРШ** Фёдор Евгеньевич (1843, Москва — 1915, Москва) — орус илимпозу. К. славян, иран, араб, армян, санскрит, түрк тилдери б-ча

белгилүү адис, фонетика, ыр түзүлүшү, текстология маселелерин изилдеген илимпоз, котормочу, акын ж-а прозачы болгон. Байыркы түрк ыр түзүлүшү б-ча изилдөөсүнүн илимий мааниси зор. Анын илимий кызыкчылыгынан кыргыз эл оозеки чыгармачылыгы да сыртта калган эмес. Ал В. Радлов жарыялаган Манас эпосунун тексти м-н терең тааныш болгон. 1909-ж. жарыялаган «Древнетюркский стих» аттуу макаласында В. Радлов жарыялаган тексттен мисал келтирип, байыркы түрк ыр түзүлүшүнүн бир көрүнүшү катары караган.

**КОТОН** — топоним. Эпос б-ча кыргыздар ж-а ага жамаатташ элдер жашаган шаар. Көкөтөйдүн керээзинде:

> Койнотто шаар Котондон,
> Козголоң салып ошо элден
> Кыдырып жүрүп айтпасын,
> Кытай,орус калыкка (СО, 3. 14),— деп

эскерилет.

Географиялык реалияда Кытайдын батышындагы дарыя, оазис, шаар.

**КОЧКОР** — кейипкер. Манастын аталаш иниси, *«алты арамдын»* бири. Манас өлгөндө бир туугандары м-н кошо Каныкейге кордук көрсөтүшкөн. Абыке, Көбөш өлгөндөн кийин К. «Манастын өлгөнү кырк күн боло электе каныкейдин эмчегин жара чапкансыңар. Эми баласын сүрөп олтуруп баарыбызды өлтүрөт» — деп Манастын чоролорун көкүтөт да, Адыбай, Көлбай, Чыйбыт, К. төртөө кырк чорого кошулуп Коңурбайды көздөй качышат. Экинчи жолу качышканда кууп жеткен Семетей төртөөнү кырк чорого кошуп өлтүрүп, баарына күмбөз салдырат. Ошол жер ошондон Кочкор аталган деп айтылат эпосто (СК, 2. 249; «Семетей», 1. 276, 310, 319, 330, 336, 339).

**КОЧКОР** — топоним. Эпосто кыргыз урууларынын жери катары көп эскерилет. Кыргыздар Ала-Тоону калмак кандыктарынан бошотюндо, Кайыпкан, Үрбү баштаган кол Арсы калдайды К-до талкалайт. Манас Көкөтөйдүн ашына бараткында К. жолун басып өтөт; Семетей кырк чорону К. өрөөнүндө кырып, аларга күмбөз тургузат. Географиялык реалияда азыркы Нарын обл., түндүгүндөгү ири өрөөн.

**КОЧКУ** — кейипкер. Эпос б-ча Жакыптын айлына канатташ жашаган алтайлык калмактардын айыл башчысы, эң алгач жоо м-н беттешип Манас жекеде өлтүргөн баатыр. СКВда баатыр Манас он эки жашка чыкканда К. Эсенкандан келген кат б-ча жети жүз киши м-н жер коруп келип, Эсенкан издетип жүргөн Манас сенин балаң экен, бергин деп Жакыпты камап, жылкысын тийип алып айдап жөнөйт. Намыстанган жаш Манас келген колду кырып, алардын аттарын элге бөлүп берет. К-нун образы аркылуу Манас эрезеге жетип, ат жалын тартып минип колуна курал алып, эл коргогонго алы жеткенче чабылып-чачылып душмандардын арасында калган кыргыздарды ар ким басмырлаганы берилген.

**КОЧУКЕЕВ** Дуңкана, к. *Дуңкана* Кочуке уулу.

**КОШАБЫШ** — кырк чоронун бири *Абыштын* ылакап аты. Кошту, колду эсептөөгө маш болгондуктан «Кошчу Абыш» — «Кошабыш» аталган К-тын «Кошу болсо, кол болсо Э дегиче аскердин Эсебин алчу неме...» экендигинен улам Манас Алоокеден согушкуң келбесе *Бооке* м-н К-ты бергин деп талап коюп, экөөнү тартууга алат (СО, 2. 196—197). Ошондон баштап Бооке м-н К. Манаска чоро болуп калышат, к. *Абыш*.

**КОШ-АРАЛ** — топоним. Көкөтөйдүн ашында байгеге чапкан күлүктөр К.-А-дын бою аркылуу келе жаткандыгы айтылат. Географиялык реалияда Казакстандын түштүк-чыгышындагы жер.

**КОШ-АРТЫШ** — топоним. Көкөтөйдүн ашында кекенип калган кандар Манаска каршы кутум уюштуруп, убадалашканда айтылат (СО, 4. 13). Географиялык реалияда Кашкар аймагындагы кыргыз жери.

**КОШ-АШУУ** — топоним. Эпостун «Семетей» бөлүмүндө: «Кош Кара-Көл, Кош-Ашуу Кошуң менен эсен бол» (СК, «Семетей», 1. 24),— деп Каныкей Таластан Букарга качып кетеринде өзү жашап жүргөн жер катары эскерет.

**КОШ-ДӨБӨ** — топоним. Коңурбай Бокмурундан Мааникерди өкүм м-н сураганда Манас ачуусу келип чабуул койгондо, Коңурбай корккондугунан тартуу тартып кутулган жер (СО, 3. 143). Географиялык реалияда Каркыра өрөөнүндөгү жер.

**КОШ-КӨЛ** — топоним. Көкөтөйдүн ашында чапкан аттар басып өткөн жерлердин бири. Географиялык реалияда Казакстандын түштүк-чыгышындагы жерлердин бири.

**КОШОЙ** — эпостогу негизги оң каармандардын бири, элдин башын кошуп туура жолго баштаган терең акылман карыя ж-а өз элинде да, душмандын ичинде да теңдеши жок балбан, баатыр адам. Ал жигердүү кол башчылыгы м-н да, жекече баатырдыгы м-н да башкалардан өзгөчөлөнүп турат. Кытай кандары кыргыздарды чаап, «бирин айдап Эренге, бирин айдап көз көрбөгөн тереңге» туштушка таратканда жалгыз гана К. душманга бой бербей, Чеч-Дөбөнү жердеп калып, «Жети өзөндөй кайран жер, Эби менен жер кылып, Жети өзөндө кыргызды, Эптеп жүрүп эл кылып, Кулаалы жыйып куш кылган, Курама жыйып журт кылган» (СК, 1. 111) баатыр кол башчы. Алтайга сүрүлгөн кыргыздардын Манастын башчылыгы астында ата конушу Ала-Тоого кайрылып көчүп келишинде мурдатан ошол аймакта жашап, орун-очок алган, белгетаңуу бек айбат баатыр катары негизги таяныч болот. О. эле Манаска чейин эле ата журтту баскынчы душмандан бошотууга өз алдынча кыйла ийгиликтүү аракет кылган баатыр. Ал Кашкарга жасаган жортуулунда Манаска кошулганга чейин эле жоонун көптөгөн баатырларын, аярларын, кандарын айла-амал, баатырдык м-н жеңип, кыйла жерди душмандан бошотот. Эпосто К. «калк атасы», «эл атасы», «элдин уюткуу», «олуя», «даанышман», «акылман» деген туруктуу эпитеттер м-н сы-



Т. Герцен. Кошой.

патталат. Кыргыз журтчулугунун ичиндеги ары эң улуусу, ары акылман, калыс, алп турпатына төп келген кайрат-күчү мол адам К-ду Манас баштаган бардык кыргыз баатырлары кадырлап, зор урмат м-н «Абам Кошой карыя» деп кайрылышат. Эл ичинде зор кадырбаркка ээ болгон К. бардык кыргыз урууларды баш кошкон чоң жыйындарды башкарат (мис., Көкөтөйдүн ашын башкаруу ага ыйгарылат), орчундуу маселени чечүүдө эл ага кайрылат, анын кеңешин угуп, жардамын алышат (мис., кыргыздар Алтайдан Ала-Тоого көчүп келердин алдында Манас атайы Чеч-Төбөгө келип, К-го жолугуп, анын кеңешин угат, Чоң казаттын астында Манаска каршы кутум уюштурмакчы болгон он эки кан ага кеңеш салышат, бирок К. алардын туура эмес иш баштап жатканын айтып, колдобойт). К-дун эл ичиндеги кадыр-баркы анын Манаска карата мамилесинен да ачык көрүнөт. Эч ким даап келип тике сөз айта албаган Манаска К. гана жүйөлүү сөзүн тартынбай айтат; керектүү кеңеши, акыл-насааты м-н бирге, кемчилигин да ачык көрсөтүп, керек болсо жалпы иштин кызыкчылыгы үчүн калк астында да жемелей алат. К-дун намыстуулугу, кайраттуулугу Көкөтөйдүн ашында таасын көрүнөт. Токсонго таяп карып калганына карабастан «Карысам да карпаңдап, Карт буурадай тартаңдап мен түшпөсөм капырга, Канкор да болсоң эр элең, Кайраты ашык неме элең, Сен түшпөсөң капырга, Кандай адам катылат» (СО, 3, 196),— дейт Манаска кайрылып, эч ким даап күрөшүүгө чыкпай койгон Жолой м-н күрөшөт, жеңишке ээ болот. Эпосто ал экөөнүн күрөшү адаттан тышкаркы, кандайдыр өзгөчө адамдардын күрөшү катары сүрөттөлөт. Бирин-бири асманга топтой ыргытышат, көктөн келип буту тийген жерлери оюлуп, андан учкан чаңдан адамдар бири-бирин көрө албаган туман түшөт, күрөш бир нече күнгө созулат. К. ортодо уктоого үлгүрөт. Ушундай оор күрөштө жеңишке ээ болгон К-дун өзүнө теңдеши жок балбандыгы, башкалардан өзгөчө алптыгы баса белгиленет. Бул түрдөгү узакка созулган укмуштуу күрөш — кыргыз эпосторунда сейрек учуроочу көрүнүш. Ал эми Борб. Азиядагы түрк-моңгол элдеринин көөнө эпосторунда салттык мотив катары кеңири учурайт. Мис., шор элинин «Картыга Перген» деген эпосунда эки баатырдын кармашы төмөндөгүдөй сүрөттөлөт:

Аттан түшүштү,
Жакага жабышышты,
Алкымдан алышышты,
Ак деңиз чайпалды,
Ак тоо козголду,
Көз көрбөс кара туман түштү.
Булар ал жерде
Тогуз жыл кармашты (Шорский фольклор. М. — Л., 1940, 10-б.). Келтирилген мисал м-н салыштырганда Кошой м-н Жолойдун күрөшү баатырдык жомоктордогу каармандардын күрөшү м-н типтеш келип, бул каармандардын образынын байыркылыгын, мифтик-фантастикалык көз караштын негизинде жаралганын каббарлап турат. Алардын образдарынын байыркылыгын сырткы келбеттеринин сүрөттөлүшү, мүнөздөрүнүн көп белгилери айныксыз айгинелеп турат. «Чоңдугу тоонун теңиндей, «эки бетин караса, эки даңгыт тойгондой». «Көзү казган ородой», «колу кырк жылдык чынардай», «кашы комдонуп жаткан кара иттей», «кулак калканы кол чатырдай», «төш жайыгы тоонун керисиндей», «аркасы ат жарышчу талаадай», «бир күндө жеген ашы 9 бука, 9 кочкор, 9 айгыр эти», «90 саба кымыз ичкен» Жолой укмуштай зор сырткы түрү м-н эч кимден жеңилгис көрүнөт. Ошондуктан «Жолойго киши жолойбу» деп К-дон башка эч ким аны м-н күрөшүүгө даабайт. Эгерде эпосто Жолойдун сырткы келбети гротесктик гиперболалаштыруу м-н ары күлкүлүү, ары коркунучтуу сүрөттөлсө, Кошойдун алы-күчү мол алп адам экени айрым деталдар, штрихтер аркылуу таасын берилет (эпостун эволюциялык өнүгүшүнүн кийинки этаптарында каармандардагы уруулук коомдун мифологиялык түшүнүктөрүнүн негизинде пайда болгон дөөлөргө таандык өтө зор сырткы келбет терс көрүнүш катары кабыл алынып калгандыктан, башка оң каармандарга да мүнөздүү мындай көрүнүштөр акырындап сүрүлө баштайт). Жолой м-н күрөшкөндө белин

он алты жигитке тебелетип жаткан К. аларды эргежээлдердей эле көрөт:

Окторулуп эр Кошой
Ордунан тура калганы.
Жонундагы жүргөндөр
Томолонуп калганы.
Чоң кишээ чыккан балдардай
Кыйрап жерде калганы (СО, 3. 217).

Күрөшкө кийип түшөргө ага чак шым табылбайт, жадесе Каныкей Манаска тиккен кандагай тарлык кылат (бул жерде эпос б-ча кыргыздардын башкы баатыры болгондон кийин Манас бардык жагынан кол жеткис бийик үлгү катары каралырын эске алганыбыз жөн). Качан гана Каныкей капшырып койгон жерин жазып жиберишкенден кийин гана, баштагыдан кыйла кеңейген шым К. абаңа чак келет. Кээ бир манасчылар анын теңдешсиз зор адам экенин: «Токсон койдун териси, томугунан тон болгон» — деп сүрөттөшөт. К-дун образын жалаң сырткы турпатынын көрүнүшү жагынан гана эмес таптык коомго чейинки фольклордун, синкреттик мифологиянын каарманы — түпкү баба — маданий каарманга мүнөздүү кээ бир функцияларга ээ экендиги м-н байыркылык кылат. Бул жерде Сагымбайдын ж-а ага жакын турган варианттарда К-дун Кашкарда ж-а анын айланасындагы жерлерди аярлык өнөргө салып караткынын баяндаган өзүнчө сюжетке ээ көлөмдүү эпизодду эсепке албаганда да, ага туруктуу колдонулган салттык мүнөздөмөлөрдөгү: «Бекип жаткан бейиштин, Эшигин ачкан эр Кошой» — деген ыр саптардын өзү эле анын кандайдыр жөн гана кадыресе адам эмес, адаттан тышкары касиеттерге ээ адам экенин кабарлап турат. Ушуга байланыштуу В. М. Жирмунский: «Мүмкүн бул жерде мусулмандашкан формада «каармандын өлүктөр дүйнөсүнө барып келгендиги жөнүндөгүгө» окшош баян сакталган» — деген ой айтат. Окумуштуу көрсөткөндөй бул мотив Төштүк, Жүгөрүлөрдүн жер астына түшүп чыгышына катарлаш каралууга тийиш. «Төштүк» эпосунун сюжетинин негизин башкы каармандардын жер астына түшүп, нечен укмуштуу тоскоолдуктарды, кыйынчылыктарды жеңип, жер астынын каны Көкдөөнүн кызына үйлөнүп, жер үстүнө алы чыгышы түзөт. Мындай сюжет түпкүлүгүндө адамдардын жашоосуна зарыл дөөлөттөрдүн булагын анын ээси же сактоочусу Улуу Энеден (табияттан) жеңип алууга такалары фольклористикада аныкталган көз караш болуп саналат (кыргыз эпосторунун ичинен «Кожожаштагы» Молдожаш кайберендердин энеси Сурэчкини жеңип, анын кызы Ашайранга үйлөнүшүндө бул мотив ачыгыраак сакталган). Демек «бекип жаткан бейиштин эшигин ачкан» (б. а. тигил дүйнөдөгү жыргалдын эшигин ачкан) эр К-дун поэтикалык образы ж-а анын айланасындагы баян түпкүлүгүндө таптык коомго чейин пайда болгон маданий каарман ж-дөгү мифтик-фантастикалык эпикага барып такалат. Ушул көз карашта К-дун Жаангер Кожонун (Айкожонун) кытайлар зордук м-н кармап кеткен уулу Билерикти (СО), башка варианттарда Кожонун кызы Билерикти куткарып чыгышы кыйла кызыктуу факт болуп саналат. А. А. Валитова «Манастагы» Жангаркожо ж-а анын баласы Билерик ж-дөгү эпизодду 1822—28-жылдардагы Жангаркожонун кытайларга каршы көтөрүлүшүнө байланыштуу Чыгыш Түркстандагы тарыхый окуя м-н байланыштуу караган. В. М. Жирмунский бул пикирди негизинен колдоп келип, төмөндөгүдөй туура жыйынтык чыгарган: «Бирок 19-к-дын орто ченинде белгилүү болгон Кошойдун Кашкарга жортуулу жөнүндөгү эпикалык салттын байыркылыгы жана С. Орозбаковдун вариантында бул каармандын эрдигинин жомоктук мүнөзү көрсөтүп тургандай жаңы аттар жана аларга байланыштуу сүйүү мотивдери бир кыйла байыркы, мурда эле түзүлгөн баянга кирген деп айтууга негиз берет» (Жирмунский В. И. Тюркский героический эпос. Л., 1974. 65-б.). К. ж-дөгү мифтик баяндын түрк элдеринде өтө байыркы мезгилде пайда болгондугун түздөн-түз ырастоочу бир оригиналдуу, өтө кызык факт бар. Орус элинин оозеки чыгармачылыгында Өлбөс Кощей (Кощуй) деген, бери болгондо 10-к-дан белгилүү жомоктук кейипкер бар. Ушул кейипкердин К. м-н генетикалык-типологиялык жакындыгы бар экендигин төмөндөгүдөй айрым фактылар ачык далилдейт (орустар Өлбөс Кощейдин образын ж-а ага байланышкан баянды маданий таасир катары 5-к-дан тартып байыркы кыргыздар м-н тектеш түрк уруулары гунндардан, болгарлардан, хазарлардан, печенегдерден, кыпчактардан кабыл алышкан). 1) Кошой м-н Кощейдин (Кощуйдун) ысымдарынын аталыштары окшош ж-а бул сөздөрдүн келип чыгыш төркүнү тектеш, маанилеш келип, байыркы түрк тилдериндеги «кошуу», «ыр жаратуу» деген сөздөрдөн тараган. Б. А. Рыбаков бул сөздүн байыркы орус тилинде колдонушулун изилдеп келип, мифологиялык баянды аткаруучу, сыйкырчы деген мааниге ээ экендигин көрсөтөт. К-дун аты ушуга жакын мааниге ээ. Ал кыргыз тилиндеги «кош» («ырга кошуу», «ыр жаратуу») деген жана байыркы кыргыздарда адам аттарын уюштуруучу «-ой» аффиксинен турат. Байыркы кыргыз тилинде магиялык түшүнүк м-н байланышы бар антропонимдерди ушул түрдө жасоо салт болгонун ошол кезде көчмөндөр сыйынган тотемдик пирлердин аттарына («Бекбекей», «Саксакайга») салыштыруу ырастайт. Бул аттар да «кош» сыяктуу «бек», «бек», «сак», «сак» деген буйрук этиш сөздөрдөн ж-а «-ой» аффиксинин фонетикалык варианттарынан («-ей», «-ай») турат. Кыргыздар али магиялык ишенимден чыга элек байыркы уруулук коомдун тушунда пайда болгон, элдик чыгармачылыктын эң алгачкы үлгүлөрүнүн бири «Бекбекейдеги» пирлердин аттары м-н «Кошой» аттуу ысымдын жаралуу жолунун типтештиги — анын байыркылыгынын дагы бир белгиси. Жыйынтыгында «Кошой» ырга кошуунун, ыр чыгаруунун пири же байыркы орустардын Кощейиндей мифтик баяндап айтуучу, сыйкырчы деген ойго

келүүгө болот. 2) Кошой м-н Кощейдин образдарынын да окшоштугу Кощейдин «өлбөс» деген эпитети көрсөтүп тургандай чексиз узак жашаган кары, К. да өз элиндеги өтө узак жашаган адам, о. эле экөөнүн тең сыйкырчылык, кубулуучулук өнөрү алардын ысымдарына шайкеш келет. Байыркы уруулук коомдо адамдын сыйкырчылык, кубулуучулук өнөрүн сөздүн, ырдын магиялык касиетине байланыштырып карашкан. Ошондуктан уруу аксакалдарынын туруктуу атрибуту көзү ачыктык ырчылык болгон. Буга байыркы түрк элдеринин «Огузнамесиндеги» 550 жыл жашаган, өз элинин акылман таалимчиси, кандарынын башкы кеңешчиси, келечекти алдынала көрө билген олуя Коркут ата; карельфиндердин «Калеваласындагы» өз уруусунун аксакалы, жол башчысы ж-а насаатчысы, даанышман аяр Вейнемейнендердин сыйкырдуу ырчылары болушканы ачык мисал боло алат. 3) Кошой м-н Кощейдин айланасында жүргөн окуялардын сюжеттеринин да бири-бирине окшоштугу. Экөөндө тең оң каарман зордук м-н колго түшүп, камакта жаткан кызды сыйкырдуу амал-айла м-н куткарып, кайра өз элине алып келет. Келтирилген аргументтердин негизинде Кошой м-н Кощейдин образдары ж-а алардын айланасындагы окуялардын сюжетинин генетикалаш экенин белгилеп, К-дун образы 5-к-дан алда канча мурун пайда болгонун болжоого болот. Анткени, бул образды, сюжетти түпкү мекени Борбордук Азиядан өздөрү м-н ала келип орус элинин чыгармачылыгына маданий таасир катары өткөргөн түрк урууларынын кыргыздардан ажырашып батышка оой башташы ошол доорлорго туура келет. Укмуштардын өлкөсү кытайдан өнөр билимге ээ болуп келген Алмамбетти эсепке албаганда К. — кыргыз кол башчыларынын ичинен аярлык укмуш өнөргө ээ бирден бир каарман. Аярлык м-н бирге, колдоочулук, жаратуучулук, көзү ачыктык касиеттери да бар. «Батасы журтту байыткан», олуязаада К-дун батасынан Семетей бойго бүтүп, аты да ал тарабынан коюлуп, келечеги алдын ала айтылат. Тоголок Молдонун вариантында Манастын өзү да анын батасынан бойго бүткөн делет. Мамбет Чокмор уулунун вариантында К. Манастын тагдырынын урунттуу учурларында катышат; СКВдагыдай көп жардамынан кийин Манасты кан шайлоо м-н бирге, Каныкейге куда түшүп,калың төлөп үйлөндүрөт. Башка варианттарда бул ролду Манастын өз атасы Жакып (Сагымбай) же Бакай (Саякбай) аткарат. Бир катар варианттарда К. Манастын колдоочусу, пири катары сүрөттөлөт. СКВда Нескара, Жолой м-н болгон экинчи урушунда Манас алгач күткөн кырк чоросунан, минген аты Торучаардан ажырап, калмак-кытайлардын курчоосунда калганда көп кол м-н атайы аттанып чыгып Жарманас м-н Билерикти туткундан бошотуп келаткан К. Манаска келип, жардам берип куткарып алат. Жолукканда эле аны пирим бол деп жүргөн Манас эми аны нагыз пирим деп тааныйт:

Билбегенди билгизип,
Минтип жолго киргизип,
Туйбаганды туйгузуп,
Туура жолго киргизип,
Тосуп барып кан Кошой
Тоодой болгон төрөңдү
Алтайдан тосуп алыптыр.
Белгилүү Кошой абакең
Өчкөн отун тамызып,
Берен Манас султандын
Өлгөн жанын тиргизип,
Үзүлгөнүн улаптыр,
Чачылганын жыйнаптыр.
Катагандын кан Кошой
Пир туткан жери ал болду.
Ошондо Кошой карыя,
Оён Манас көк жалга
Олуя заада жан болду (СК, 1. 161).

К-дун образынын саналып өткөн бир катар белгилерине карап анын негизи тарыхка чейинки уруулук коомдун идеологиялык синкретизминин туундусу түпкү баба — маданий каарманга барып такаларын көрүү кыйын эмес. В. М. Жирмунский ушул типтеги каарман ж-дө белгилегендей: «Ал акылман патриарх, көзү ачык жана олуя. Бул функциялардын минтип бир адамда төп келишип турушу поэзиянын байыркы синкретизми жана магиялык каада-салт үчүн мүнөздүү болгон». К-дун образы бул жагынан алганда жогоруда белгилегенибиздей Коркут ата, Вейнемейнендер м-н типтеш. В. М. Жирмунскийдин Коркут ж-дөгү: «Коркут барыдан мурда уруу жетекчилеринин жана элдин башында турган даанышман патриарх, ал хандарды шайлайт жана түшүрөт, хандарга жана элге кеңеш берет, анысы олуялык көрөгөчтүк жана осуят катары ишке ашырылат, ал эл ичиндеги эң башкы адам катары кадыр-сыйга курчалган, анын керт башы ыйык, анын алдында анын сөзү менен шайланган огуз хандары жүгүнүп турушат»,— деп айтканы (В. М. Жирмунский. Тюркский героический эпос. Л., 194, 541-б.) толук бойдон К-го да туура келет. К. түрк элдериндеги байыркы эпикалык каарман болгондуктан жеке кыргыздардын «Манасында» гана эмес, башка тектеш элдердин оозеки чыгармачылыгында да жолугат. Мис., казак, кара калпак элдеринин фольклордук чыгармаларында Эр Кошой деген кеңири белгилүү кейипкер бар. Казак элинде «Эр Косай» аттуу эпостун бир нече варианты бар. Анын мазмуну Чоң Алайдагы кыргыздардан жазылып алынган жөө жомок м-н окшош келип, экөөнүн генетикасы бир. Казактардын «Көкчөнүн уулу Эр Косай» деген экинчи бир көп варианттуу эпосу сюжети б-ча «Манас» м-н жакындыгы жок болгону м-н эки эпостун тең башкы каармандары Аккула минген Манас, Көкчө, Кошой экендиги көңүл бурарлык көрүнүш. Казак элинин эпикалык чыгармаларында К.кыргыздардыкына жакын сүрөттөлүп, ал чексиз балбан, кээ бирлеринде токсон жаштагы акылдуу, нускалуу карыя. «Манас» эпосунун жалпы эле өнүгүү мыйзам ченемине ылайык К-дун образы

ж-а анын айланасындагы окуялардын сюжети коомдук мамилелердин, идеологиянын алмашылышын чагылдырат ж-а көптөгөн катмарланууга, кайрадан курулууга, өзгөрүүлөргө туш болгон. Ал тарыхка чейинки уруулук коомдун синкреттик мифологиясынын каарманы түпкү баба — маданий каармандан тартып, уруунун патриархы, жомоктук укмуштуу балбан, тарыхый окуялардын катышуучусу — реалдуу адам, элдин көсөм карыя жетекчисине чейинки бир катар өзгөрүлмөлүү тарыхый жолду ыраатуу басып өткөн. Анын образынын реалдуу адам м-н жуурулушуп, тарыхый окуяларга катышуучу катары көрүнүшү болжол м-н 9—10-к-га туура келет. Энесайлык кыргыздардын ошол доордогу улуу мамлекетин ыдыраткан кара кытайлардын хандарынын династиясы Елуй прототиби болгон Жолой м-н өмүр бою салгылашып жүрүшү ушул ойго түртөт (К-дун өзүнүн эскерүүсүндө Көкөтөйдүн ашындагы күрөштөн тышкары мурда да ал Жолойду бир нече жолу жеңет). К-дун айланасында тарыхый окуялардын катмарланышы 16-к-дан тарртып айрыкча күч алганын белгилөөгө болот. Кыязы 16—19-к-дын аралыгында О. Азия, Чыгыш Түркстан ж-а Түн. Ооганстандын тарыхында катаган уруусу ири саясий күчкө айланып, активдүү роль ойношу ж-а элдик аңыздарга караганда К. аттуу даңазалуу адамдын чыгышы байыркы эпикалык каарман К. м-н контаминацияланып, жаңы катмардын пайда болушуна шарт түзгөн. 16-к-да Султангазы султандын башчылыгы м-н Кашкарияга көчүп кетишкен катагандардын өкүлдөрү өлкөнүн саясий окуяларына активдүү катышып, мамлекеттик чоң мансаптарды ээлеп келишкен. Алардын тукумдары — өздөрүн кыргыздын катаган уруусунан деп эсептеген эл азыр да Хотон, Жаркент аймактарында жашашат. Алар бир кезде өздөрүнүн К. деген баатыры болгонун эскеришет. Мына ушул окуялар 19-к-да Жангир кожо кыргыздардын, кундуздук (Түн. Ооганстан) отряддын ж-а Чыгыш Түркстандагы жергиликтүү элдердин жардамы м-н Цин династиясына каршы күрөштө Кашкар, Жаркент, Хотон шаарларын бошоткон окуялары м-н толукталып, «Манас» эпосуна эпикалык каарман К-дун Жангир кожонун өтүнүчү м-н Кашкар, Котон, Жаркент, Дагалак шаарларын бошотушу катары кирген. Аталган окуялар К-дун байыркы жомоктук жортуулу (колго түшүп кеткен кызды аярлык м-н куткаруу) м-н контаминацияланып, фантастикалык маанайда сүрөттөлгөнүн белгилей кетүү жөндүү. СОВдо:

Кундуз, Талкан жайлаган,
Кундуздай кара ат байлаган.
Кабил ара жердеген
Кесенип жоону жеңбеген,
Аталык уулу эр Кошой — делип, К-дун жердеген жери Түн. Ооганстан, атасы Аталык болуп сүрөттөлөт. Муну «Манаста» К. катаган уруусунан болуп баяндалышына байланыштуу эпоско кийин кирген катмар катары кароо керек. 1628-жылдары катагандын кан Турсунун Эшимкан талкалап, Ташкенден сүргөндө, катагандын бир тармагы улам жер которуп отуруп, 17-к-дын акыры ченде Бекмурат кан, анын уулу Махмуд-бий аталыктын жетекчилиги м-н Ооганстанга көчүп барышып, биротоло туруп калышат. Демек, ушул тарыхый окуялардын айрым фактылары К-го байланыштырылып, «Манаста» чагылдырылган. Каратегиндеги кыштактын, Ат-Башыдагы чептин ордунун эпикалык К-дун атына байланыштырылышынын өзү көңүл бурарлык көрүнүш (к. *Кошой-Коргон)*. «Манас» эпосунда К-дун образына байланыштырып кеңири сүрөттөлгөн эпизоддордон тышкары анын «күрсү тийип жонуна, кылыч тийип кыйлача» Акдөө, Көкдөө ж. б. ар түрдүү жоолор м-н «намыс бербей жашынан» кармашканы эскерилет. Буга бир катар түрк элдериндеги анын аты м-н байланышкан эпизоддорду, кыргыз элиндеги жөө жомок, уламыштарды кошуп алганда ал качандыр бир кездерде көп катмарлуу, көп окуялуу, өтө көлөмдүү өз алдынча эпостун борбордук баш каарманы болгон деп болжоого негиз бар.

*Р. Сарыпбеков*

**КОШОЙДУН-КАРА-ТООСУ** — Ала-Тоо түркүмүндөгү тоо, Нарын ж-а Ат-Башы өрөөнүнүн ортосунда, Нарын тоо тизмегине кирет. Узундугу 27 *км*. Орточо бийиктиги 3530 *м*, эң бийик жери 4066 *м* (Кошойдун чокусу). «Манас» эпосундагы негизги каармандардын бири Катагандын кан Кошой кароол караган бул тоо эл арасында К.-К.-Т. аталат. Тоодон 50—60 *км* түш.-чыгыш тарапта Ат-башы, Кара-Коюн өрөөнүнүн таманында Кошойдун коргону жайгашкан. Уламышта Кошой баатырдын Кара тоонун чокусундагы Манастын ордосунда туруп «балдар атка чөп салып койгула, малды сугаргыла, чыгаргыла» дегени коргондогуларга кадимкидей угулуп турчу экен деп айтылат.

**КОШОЙ-КОРГОН** — топоним. Ат-Башы кыштагынан 12 *км* батышта Кара-Коюн суусунун сол жээгиндеги эки бөлүктүү негизги чептен ж-а узун дубал м-н курчалган кыйла чоң аянттан турат. Дубалдын бийиктиги 7 *м*, бурчтарына ж-а дубалды бойлой мунаралар курулган. Дубалдын үстү м-н ат араба кенен жүргөн экен. Изилдөөлөргө караганда 10—12-к-га

Кошой-Коргон (Ат-Башы өрөөнү).



таандык, мурдагы курулуш калдыктары учурайт. Элдик уламышта «Манастагы» негизги каармандардын бири Кошойдун аты м-н байланыштырылат.

**КОШОЙ-ТОО** — Талас Ала-Тоосунун түн.-чыгыш тармагы Каракол ж-а Үч-Кошой (Талас-тын башы) сууларынын аралыгында чыгыштан батышка карай 36 *км*ге дого сымал созулуп



Кошойдун Кара-Тоосу (Ат-Башы өрөөнү).

жатат. Элдик уламышта «Манастагы» негизги каармандардын бири Кошойдун аты м-н байланыштырылган тоо.

**КОШОК** — дүйнөдөн өткөн адамга карата өкүнүү, күйүнүү, жакындык сезимин билдирүү м-н муңдуу аткарылган кайгылуу ыр. К-тун элдик оозеки чыгармачылыктагы эң байыркы жанрлардын бири экендигин К., керээз түрүндө айтылган сөздөрдөн турган байыркы энесай-орхон жазуулары да далилдеп турат. Кыргыз элинде К. илгертен кеңири таралган, азыр да учурайт. Ал эми «Манас» жомогунда баатырлар өлгөндө жесирине тул салдырып берип, алтымыш кошокчу аял кошуп берип, аза күткөнү айтылат; Мис., Манас өлгөндө «Алтымыш катын кошокчу Тул түбүндө Акылай Баягы кайран жеңең Каныкей, Боздоп турду буркурап. Кошуп эле турат чыркырап (СК, «Семетей», 1. 13); Көкөтөй өлгөндө «Тулун туура тарттырып, Көкөтөйдүн жоктоосун Күлайымга айттырып» (СК, 2. 7). Адатта К. көзү өткөн адамга арналгандыктан ошол адамдын сапаттары, турпаты, аткарган жумушу, адамдарга мамилеси айтылган. Мис., «Манаста» Алмамбеттин аялы Арууке «тоодоюм», «падышам», «кабылан» деп атап кошот:

> Тоодогу жылкы тогуз сан,
> Тобурчак буудан аралаш,
> Тосуп алар жаман ат,
> Томсоруп жанды кууратпай,
> Тоодоюм төрөм ала жат!
> Падышам бармактайда баш кошкон,
> Ошо же биттей кезде бириккен,
> Канжыгаңа чала кет,
> Караандаша кеткенге
> Кабылан, мен чиркинди ала кет!
> Ар уруудан көйнөгүм,
> Тартсам жетпейт мойнума,
> Талыктырбай бейбакты,
> Кабылан, тарта кетчи койнуңа!
> Отуз дайра бириксе,
> Шар жериндей падышам,
> Отуз тоо бириксе,
> Ошондо тар жериндей падышам! (СК, 2. 224).

Адатта К-ту өлгөн адамдын ашы берилгенче айтышат. Ашты таратып бүткөндөн кийин гана жесирдин карасын алып, башка кийим кийгизишкен. Эпосто да Көкөтөйдүн ашы берилгенче аялы кара кийим кийип отурганы айтылат. Аш бергени Ташкенден көчүп чыкканда:

> Алган жары Күлайым
> Калдайтып кара кийгизип,
> Кан Көкөтөй зыйнатын
> Калайыкка билгизип,
> Атанга жүгүн арттырып,
> Алтымыштай катынга,
> Тегиз кошок айттырып (СК, 2. 11),—

жүрүп олтурушат.

Эпостогу К-тор мааниси гана эмес, формасы, түзүлүшү б-ча элдик К-го окшош ж-а К-тордо элдик поэзияга мүнөздүү эпикалык параллелдүүлүк, аллитерация, аксак уйкаш сыяктуу көркөм сөз каражаттыр кеңири жолугат.

*З. Бектенов*

**КОШУМБЕК** — эпизоддук кейипкер, Кайыптын иниси. Түлкү болуп кубулган бадаң аяр К-тен өлөт (СО, КФ, 576-инв., 510-б.).

**КОШУН** — эпосто куралдуу жоокерлердин түрлөрүнүн бирикмесинен турган согуштук күчтү туюндурат. К-га синоним маанидe аскер, кол, черүү деген терминдер кеңири колдонулат. «Манас» эпосунун уюкту өзөк окуяларына караганда эл сүрөттөгөн тарыхый шарт тапсыз урук түзүлүшүнүн эң жогорку баскычы — аскердик демократия учурун чагылдырат. Анткени, эпосто баяндалган кыргыздар уруу-уруу болуп жашашат. Ал уруулар согуштук уруу союзу аркылуу бир эл мүнөзүнө бириктирилген. Уруу мүчөлөрү тең укукташ, тең ата, алар тууган катары бирибирине жардамдаш болууга милдеттүү. Мамлекет ж-а атайын башкаруу аппараты жок, туруктуу армия да жок. Элди, жерди ыйык деп түшүнүү, эл м-н бирге болуу, өз жерин сырткы душмандардан коргоо эпостогу жеке каармандарга гана таандык эмес, жалпы мүнөздүү көрүнүш. Элдик ошол салтка ылайык Манас баатыр жалпы кыргыз урууларынын башчысы эсептелип, атайын кан шайланат. Анын карамагына түздөн-түз кырк чоро гана таандык. Ал эми колуна курал алууга жарактуу жоокерлер Манаска аскердик демократиянын негизинде гана мамилелеш болот. Алар адегенде өз уруу-башчы-кандарына баш ийип, ошолор аркылуу Манасты колдойт. Анткени, жоокерчилик доордун аскер тартиби зордукка же опузага таянбайт, ал ар бир аскер өзүнүн Ата мекенин коргоону, жоокердик ыйык милдетим деп эсептегенине таянат. Жоокерлик зарылдык болуп калган учурда Манас, анын кырк чоросу, тең ата уруу кандары ж-а тилектеш, талапташ казак, өзбек ж. б. элдин

өкүлдөрү өз К-дарын дароо чогултуп даяр болушат. «Манастын» мазмунун адилеттүү күрөш ж-а жеңиш идеясы түзгөндүктөн, анда кичине ж-а чоң масштабдагы согуш эпизоддору негизги орунду ээлейт. Айрыкча эпостун биринчи бөлүгүндө эң көп К. катышкан согуш аракеттери арбын. Мына ушул согуштарда эки тараптын тең жоокерлери өзүлөрүнүн чеберчилигине жараша онго, жүзгө, миңге бөлүнгөн согуштук стратегия м-н тактиканын поэтикалык чагылышын көрөбүз. Чоң казатка аттанган кыргыз К-нун «Найзасы албарс учтуусу, Кылычы кыйла курчтуусу, Калканы болот дөөлөрү, Ат көтөргүс жөөлөрү» (СО, 4. 294) болуп өзүнчө бөлүктөргө бөлүнгөндөй эле сырткы душмандар да согуш өнөрүн мыкты билген жоо куралдарын атууга, саюуга, чабууга өтө чебер келишет. Эпосто душман К-унун жалпы көрүнүшү:

Кылычы кыйла учтуусу,
Найзага артык курчтуусу,
Чалма уруучу балбаны,
Эчен түрлүү жаалары,
Кумурскадай калктары,
Түрдүү-түрдүү алптары.
Темир аркан торчону
Каптап уруш салды эми (СК, 1. 89),—
деп баяндалат.

Поэтикалык бул саптардан көрүнүп тургандай кылыччандардын, найзакерлердин, чалма чалуучулардын, темир торчондор өз-өзүнчө өнөрүнө, аткаруучу милдетине карай оңго, жүзгө, миңге бөлүштүрүп, бир кишини он кишиге, башка бирөөнү миң кишиге башчы кылып дайындалышы тарыхый фактылар м-н бирдей дал келет. Адатта согушту баштоочулар катарында манасчылар адегенде элдик баатырлардын каршысында турган жоо колун сүрөттөөдөн баштайт. Биринчи иретте душмандардын жер жайнаган К-ун баян кылат. Бул учурда көбүнчө сан жагынан душмандардын артыкчылыгы эскерилет. Бирок туура иш үчүн күрөшкөн кыргыздардын ар бир жоокер азаматы — баатыр, бири көпкө татыйт. Жалпы мүнөздөгү уруштун бир көрүнүшү сүрөттөлгөн учурда да:

Асаба желек жалпылдап,
Карап турсаң ушуну,
Кара кыргыз кошууну
Каптап кирип калганы
Жашы менен карганы
Жалпысы бура тартпастан
Жалпы кирип калганы (СО, 4. 338) көз алдыга тартылат. «Тууну тууга урдуруп, айгай кулак тундуруп», салгылашуу жүрөт. Мындай көрүнүш СОВдо басымдуу о. эле баяндалып жаткан ар бир кичине же чоң согуш окуялары жалпы салтка ылайык чыныгы эпикалык масштабда чечилет. Эпосто сырткы душмандарга каршы күрөшүүдө жеке гана кыргыз урууларынын биримдиги эмес, адилеттик, эркиндик үчүн баш кошкон тектеш түрк элдеринин жардам берүүчү күчүнүн таасири зор. Ошентип, «Манаста» чагылдырылган кыргыздардын өз эркиндиги, көз карандыи болбостугу үчүн жүргүзгөн күрөштүн ар бир этабында аларга казактар баш болгон түрк тилинде сүйлөгөн элдер (каракалпак, өзбек ж. б.) жардамга келип, союздаштар катары бирге аракеттенишет. Мындай согуштарда К-дардын урааны, жалпы максаты бир болуп күрөшүүнүн натыйжасында гана душмандын үстүнөн жеңишти камсыз кылып турушкан.

*С. Алиев*

**КОШ-САЛАА** — топоним. Кытай манжулардын жери. Алмамбет м-н Сыргак Бээжинди бет алып чалгынга бара жатканда:

Тетиги дүмпүйүп түздө көрүнгөн,
Кош-Салаа деген жер ошол.
Кебез белбоо, кең өтүк,
Кечилдин каны Коңурбай
Бекитип жаткан бел ошол, Манас (СК, 2. 101),— деп Алмамбет бүткүл кытайдын жоо өткүс, ишенимдүү бели экенин Манаска айтат.

**КОШЧАБДАР** — Алмамбет Манаска келип кошулганда ага кан тартуу катары тартылган тогуз аттын бири (СО, 2. 318).

**КӨБӨН** — эпизоддук кейипкер. Алтайдан Ала-Тоого көчүү кеңешине наймандардын өкүлү катары катышканы гана айтылат (СО, 2. 23).

**КӨБӨТАЙ** — эпизоддук кейипкер. *Ороздунун* ыркы жок он уулунун төртүнчүсү (СО, 1. 189).

**КӨБӨШ** — каарман. Жакыптын кичи аялы Бакдөөлөттөн туулган алты баласынын («алты арамдын») башчысы, Манас өлгөндө ордун зордук м-н ээлеп, Таластагы аргын, ногой уруусуна кандык кылган аталаш иниси. «Семетейдин» бардык варианттарда «көөлдөгөн көр Көбөш» делинип, ал акылы тайкы, өзүнүн керт башынын кызыкчылыгы үчүн бардыгына даяр, уят-сыйытсыз адам катары сүрөттөлөт. Ал илгертен бекем сакталып келе жаткан элдик ыйык салтты бузуп, агасы Манастын өлгөнүнө «кырк күн мезгил толо элек, каадалап ашы бериле элек» жатса, сөөк өчтү чет душмандан да жаман иш кылып, «тамынын баарын уратып, талынын баарын сулатып», ордосун талкалап, «сан дүйнөсүн камчыга ченеп бөлүп», каралуу аялы Каныкейге зордуктап үйлөнмөк болот. Каныкей анын бул жосунсуз жоругуна каршы турганда анын оң далысынын кечирин айбалта м-н кыя чаап (СК, «Семетей», 1. 20) же эмчегин жара чаап, эси ооп калганда башын кесмек болот. Шууту же башка арачылар арага түшүп өлүмдөн аман алып калышат. К. Манастын жалгыз баласы, анын жолун улантып, келечекте элдин үмүт-тилегин жүзөгө ашыруучу Семетейди да жок кылуудан баш тартпайт. Алты айлык Семетейди өлүмдөн Каныкей алдын ала көрөгөч акылмандыгы, айлакерлиги м-н аман алып калат. Абыке, Көбөш Манастын ордосуна чабуул жасап келе жатканда Семетейди Чыйырдыга берип качырып, анын ордуна күңдүн баласын бөлөп коёт. К. бешиктеги баланы наркескен м-н алты бөлө чабат (СКВ б-ча), башка варианттарда көкбөрү тарттырып өлтүрөт... «Алты арамдан» энеси Букарга ала качкан Семетей эрезеге жетип, мекени Таласка келип, ата мурас ордун ээлемек болгондо кай-

радан К-түн кастыгына дуушар болот. Анын атасынан калган мал-мүлкүн, жоо жарагын бергиси келбей: «Манас чоң да болуучу, мен кичине болчумун, менин малым баарысын, ээлеп алып ал Манас меники деп жүрүүчү, эл меники болуучу, жер меники болуучу, Тороло албай жатканда малымды ээлеп алуучу, жанымды ээлеп алуучу» (БС, КФ, 580-инв., 456-б.),— деп кара өзгөйлөнөт. СКВда:

Кызыталак жетим кул
Сенин, атаң Манас кандан не калган,
Кула чолок бээ калган,
Курттаган жалгыз төө калган,
Жырык кара уй калган,
Жыртык кара үй калган.
Сенин атаң Манастын
Киргени кара алачык,
Атаңдын күнү өтүүчү,
Ар кайсы менен сабашып.
Томаяк кылып сен атаң,
Торпокко жүктү арттырган,
Тозокту минтип тарттырган.
Сенин атаң Манас келесоо
Аккуланы минүүчү,
Беттешкен менен урушуп,
Догурунуп жүрүүчү.
Атаң минип жүргөн Аккула,
Биздин жылкы болуучу,
Догурунуп ал Манас
Күчүн минип жүрүүчү (СК, «Семетей», 1. 281—282),— деп кордоп, Манаска кайыбынан табылган Акшумкар, Кумайык, Бозкисе, алты курчту өзүм тапкан, Аколпок, Тайбуурулду өзүм эрдигим м-н жеңип алган мүлк деп калп айтып мактанып, кара өзгөйлүккө салып, Семетейге бергиси келбей кылыч ала чуркайт. Жаш болсо да Семетей анын бардык күнөөсүн кең пейилдик м-н кечирип, нечен жолу курун мойнуна салып, атын тартуу кылып, бир туугандык ынтымакта бололу, элдин биримдигин сактап, сырткы жоого бел алдырбайлы дегенине көнбөй, ага каршы кол курап, чабуул коёт. Семетей аны өлтүрүүгө аргасыз болот. Кыргыз уруулары бир эл экенин алгач аңдап, өз ара баш кошууга умтулуусун чагылдырган «Манас» бөлүмүнө салыштырганда «Семетей» коомдук өнүгүштүн алда канча кийинки этабында, феодалдык бытырандылык доордун тушунда пайда болгонун К-түн образы ж-а анын иш-аракетин баяндаган окуялар айрыкча даана көсөтүп турат. Биринчи бөлүмдө кимдиги ачык көрүнбөй, арамдыгын ичине каткан К. эми жаңы шартта өзүмчүлдүк, мансапкордук оюн ишке ашырыш үчүн жаңы күч м-н чыгат. Байлык, бийлик үчүн өзүнүн эң жакын туугандары м-н кармылашып, максаты орундалганда «ысыктагы жылкыдай ылаалап», «аюу талпактын үстүндө, бар жаздык коюп башына», «Каныкейга бутун ушалатып», «элге айда салык салып, айгырдан тандап ат алып, төөдөн тандап нар алып, алтын-күмүш зар алып», «көк кенедей толгон» нагыз катаал феодалга айланат. Ал чабылып-чачылып ар кайда жүргөн элди бириктирип, ата-журттун көз карандысыздыгы үчүн күрөшкөн Манастын толук карама-каршысы катары сүрөттөлөт. Манастын элдик иштеринин эч биринде катышпайт, жортуулга кетсе башын катып үйдө калат (жамы журт бүтүн аттанган Чоң казатта да), Манастын оң ишин колдомок турсун, анын душман колдуу болуп өлүп, кайтпай калышын тилейт. Оорукта калган элдин ыркын бузуп, бийликке ээ болууга умтулат. Манас өлгөндөн кийин бул кара ниет оюн ишке ашырат. Өзүнүн аброюн көтөрүп, Манастын ордун өмүр бою ээлеп калышы үчүн анын мыйзамдуу мураскору Семетейди жок кылууга умтулат.

Түрк-моңгол элдеринин эпикалык чыгармаларында К-түн тибиндеги тескери образдар салттык образ катары кеңири жолугат. Мис., «Алпамыштын» ар түрдүү варианттарындагы Ултан-Таз. Ал — Алпамыштын өгөй энеси туткун күңдөн туулган аталаш иниси. Муну К-түн Жакыптын жоо эл калмактан алган кичи аялынан туулган баласы экендиги м-н салыштырса болот. Ултан-Таз да өлдү деп эсептелген Алпамыштын аялын зордуктап алууга, жакындарын кордоп, өз бийлигин бекемдөөгө аракет кылат. К-түн образына алтайлыктардын «Алып Манаш» эпосундагы Ак-Көбөндүн образынын генетикалык-типологиялык жакындыгы бир кыйла ачык байкалат. Көбөш м-н Ак-Көбөндүн ысымдарынан башка да, каармандар Манас м-н Алып-Манаштын, алардын бир тууган карындаштарынын (эки эпосто тең Карлыгач) аттарынын окшош болушунан тышкары, сюжет жагында да жакындык бар. Асыранды иниси Ак-Көбөн Алып-Манаш баатырдын жогунан пайдаланып (жортуулда жүргөн Алып-Манаш баатырдык алп уйку м-н уктап колго түшүп, орго салынат, мындай мотив көөнө эпостордо каармандын убактылуу өлүмүн билдирет), анын аялына үйлөнмөк болушу Көбөштүн Каныкейге үйлөнүүгө аракетин эске түшүрөт. Жакып сыяктуу эле Алып-Манаштын атасы Байбарак келининин Ак-Көбөнгө чыгышын талап кылат. В. В. Радлов 19-к-да Түш. Сибирдеги татарлардан жазып алып жарыялаган бир нече варианттуу «Ак-Көбөк» аттуу баатырдык баяндын да «Манас» м-н, анын ичинде К-түн образы м-н айрым генетикалык байланышы бар. Ак-Көбөк энесинен туула элек жатып «Мен туулармын, туулармын, бу дүйнө жүзүн көрөрмүн, күмүш шекилдүү жеңемдин, оозу-мурдун өбөрмүн» (РЖВ, 143),— дейт. Алып-Манаштагы Ак-Көбөндүн «Манастагы» К-түн жеңелерине көз артышып, аларга үйлөнүүгө жасаган аракеттерине мүнөздөш мотивдин айтуучунун эсинде сакталып калган рудименти болуу керек. Окуянын андан аркы улантылышында Ак-Көбөк эр жетип укмуштуу ат, кылыч, куш, тайгандуу болгондон кийин Көдөн кандын баласы Мангыш алп м-н беттешкени жөнөйт («Мангыш алп» деген ат Алпамыштын Алып-Манаштын фонетикалык өзгөрүшү болуу м-н бирге Манастын аты м-н да тектеш). Талаадан кездешкенде Мангыш алп Ак-Көбөктүн атын, кушун, кылычын, тайганын бергин деп талап кылат. Бул мотив Семетей Көбөштөн атасынан калган мурас-мүлктөрүн доолаганын кайсы

бир деңгээлде эске салат. Эки эпосто мал-мүлктөрдүн өтө окшош сүрөттөлүшү да бул чыгармалар качандыр бир кездерде генетикалык байланышта болгону ж-дөгү ынанымды тереңдетет. Мис., кылычтын жасалышы ж-дөгү эки эпостогу төмөнкүдөй сүрөттөөлөрдүн окшоштугу бир чыгарманын түрдүү айтымдары сыяктуу элес калтырат. «Манаста»: «Көмүрүнө чыдабай көп токойлор кыйылган, Көөрүгү үчүн кылычтын Көк букалар кырылган, сугатына бир катар суук булак соолгон, Кылганына чыдабай кырк алты уста жадаган өгөөсүнө чыдабай отуз өгөө жоюлган». «Ак-Көбөктө»: «Кагымына чыдабай как балкалар жоюлган, Согушуна чыдабай сом балкалар жоюлган, басуусуна чыдабай балтыры жоон кул өлгөн, басышына чыдабай көп көөрүктөр жарылган». Ырас жогоркудай мал-мүлк доолашуудан кийин Ак-Көбөктүн «агалуулар-инилүүлөр ата малын талашар»,— деп (бул Манас м-н Көбөштүн ага-ини болгонун эске түшүрөт), Мангышты амал м-н өлтүрүшүнүн «Манас» м-н сюжет жагынан окшоштугу жок, бирок бул мотив «Алпамыш», «Алып-Манаштагы» башка оң каарманды амалкөй же сыйкырдуу кемпирге жолун тостуруп ууландырып (мас кылып), колго түшүрүп орго салышына үндөшүп турат. Алтайлыктардын «Алып-Манашын» окумуштуулар О. Азия элдеринин «Алпамышынын» көөнө версиясы катары карашат да, ошол эле учурда анын «Манас» м-н генетикалык байыркы байланышы бар экенин эскеришет. Демек, «Ак-Көбөктү» көөнө формаларда тектештиги бар бул чыгармалардын дагы бир версиясы катары кароого толук негиз бар. Мунун Ак-Көбөктүн «Манастагы» К., «Алып-Манаштагы» Ак-Көбөн м-н атынын тектеш болушу да ырастайт. Бу ысымдын төркүнүтеги байыркы түрк моңгол тилдериндеги Көбөгүн (Көбөйүн, Көбөгөн) — «кенже уул», «канзада» деген сөз. Бул ысымды эркелетип айтуудан Көбөш, Көбөй, Көбөн, Көбөк формалары пайда болгон. Бул аттарды алып жүргөн каармандар өздөрү катышкан чыгармаларда атанын кенже уулу катары сүрөттөлөт да, ысымдары образдарына шай келет. Сибирдик татарлардын эпикалык баянынын бардык варианттарында Ак-Көбөктү өлтүргөн душманы Киден кан (Көдөн кан) 10—11-к-да коңшу элдерди, а. и. кыргыздарды да багындырып, Борбордук Азияда гегемондугун орноткон Кидан (кара кытай) мамлекетинин наамынын персонификацияланышы деп табылса, анда Көбөктүн, К-түн, Көбөндүн образдарынын келип чыгышы ушул доорго туташ деген жыйынтыкка алып келет. Ак-Көбөк ж-дөгү баяндар хакастардын, кавказдагы ногойлордун элдик оозеки чыгармаларында да учурайт. Кыргыздарда Кумайык деген кыраан тайганы, Карлыгач деген карындашы бар Көбөктүн кырк уруу түрктүн каны экендиги ж-дө жөө жомок айтылат. К. Мифтаков ушул жомоктун уландысы катары Талым кыз м-н Көбөктүн ыр түрүндөгү табышмак-айтышын жазып алган. Тереңден карай келгенде бул чыгармалар да жогоруда аталган эпостор м-н тамырлаш. Түш. Сибирде байыркы кыргыздар жашаган чөлкөмдө Көбөк-кан деген тоо бар. Келтирилген мисалдардын негизинде К-түн образы «Манас» эпосундагы эң эски образдын бири деген жыйынтыкка келүүгө болот. Сыягы, анын образы кыргыздардын борбордук Азияда үстөмдүк кылып турган мезгилинин соңку кездеринде (10—11-к.) алардын ж-а аларга көз каранды түрк урууларынын чөйрөсүндө түзүлө баштап, кийин алар м-н кошо Кавказга чейинки жаңы аймактарга тараган.

*Р. Сарыпбеков*

**КӨБҮ-ШАМУ** (моңг. говь — чөл, суусуз жер, кыт. шаму — чөл) — топоним. Алмамбет өз элинен кетип Көкчөгө келген соң өзүнүн баатырдыгы, эр жүрөктүүлүгү аркасында бат эле казак элине кадыр-барктуу болот. Көкчө ж-а анын чоролору жеңе албай жүргөн жоолорун жеңип, душмандын малын тийип, Көкчөнүн элин байытат. Эпосто ал мындайча сүрөттөлөт:

Көбү-Шаму чөлүнөн
Маңгул, калмак аралаш
Санам кытай элинен
Жыйырма миң жылкы алыптыр.
Жыйып кара малынан —
Сыйыр, төөсү баарынан
Он беш миң кара алыптыр (СО, 2. 238),—

деп жоокерчилик доордун шартына ылайык идеалдаштырылат. Тарыхый топоним катарында МЭРдин түштүгүндө ж-а түш.-батышындагы ж-а Кытай чөлкөмүндө жаткан эбегейсиз зор чөлдүү аймак аталат.

**КӨГАЛА** — *Көкчөнүн* минген аты. РЖВ м-н

Б. Жумабаев. Көкала (Көкчөнүкү).



СОВдо Алмамбет кетеринде Көкчөдөн К-ны сураса, бербей койгону эскерилет (СО, 2. 261).

**КӨГАЛА,** Көктеке — *Чубактын* жоого минген ж-а байгеге чапкан күлүгү. СКВ б-ча К. тулпар болочокто жоого минчү ээси эр жетилгенден кийин гана бардык жасалгалары (ээртокумдуу, жоо кийимдери, курал-жарактары)



Б. Жумабаев. Көкала.

м-н кайып адам (Олуя) «алданын буйругу б-ча сага арыбай турган көк тулпар алып келдим»,— деп тапшырат. К. Чубакка жомоктук керемет м-н тийген, баатырга казат жолунда канат боло турган өзгөчө тулпар катарында сыпатталат. Олуя чалдын мүнөздөөсү б-ча К-нын элеси мындайча тартылат: «Кармашка минсең камсыкпайт, Кырк күнчүлүк чөлгө мин! Кыйшаң этип талдырбайт, Кылайтып сыр алдырбайт» (СК, 1. 225). К. эпосто реалдуу шартка ылайык идеалдаштырылып, апыртылып сүрөттөлгөн. Чубак согушуп жаткан учурда бардык баатырдык иштерине жардамчы болгон канаты, досу катары кызмат кылат, аны далай жолу коркунучтан куткарат. Эпостун «Сейтек» бөлүмүндөгү башкы душман Сарыбай дөө да К-ны алуу үчүн кыргыздарга далай кордук көсөткөн.

*А. Жайнакова*

**КӨГӨЙ** — «Кенендеги» каарман, к. *Эбегей.*

**КӨГӨЙ** — эпизоддук кейипкер, Манастын түпкү аталарынын бири. Түбөйдүн уулу, Ногойдун атасы. Манас же Манастын туугандары тууралуу санжырада айтылат (СО, 1. 33, 302). Бул антропоним «көк» ж-а «ай» деген сөздөрдүн айкалышынан түзүлгөндүктөн («көк» «ай» — «көгөй») эпостогу байыртадан бери сакталып келаткан ысымдардан. Түрк тилдеринде сүйлөгөн элдер байыртан жер-сууну, тоо-ташты, ай-күн, жылдыздарды, көктү, отту ыйык тутуп, балдарына да ушуга байланыштуу ысымдарды ыйгарышкан. Көптөгөн антропонимист-түркологдор да мындай типтеги ысымдарды байыркы деп эсептешет.

**КӨГӨН** — эпизоддук кейипкер. Кыргыздын найман уруусунун беги катары эпосто учурайт (СО, 1. 232).

**КӨГҮЧКӨН** — эпизоддук кейипкер, Каныкейдин нөкөрү, Тилекенин кызы. Манас Каныкейге күйөөлөп баргандагы ат чаап жар тандоодо аты жыйырма бешинчи келген Жайнак тагдырына буюрган К-га үйлөнөт (СО, 2. 418, 425).

**КӨДӨҢ** — эпизоддук кейипкер. Көкөтөйдүн ашында кыргыздын күлүгү чыкса жыкмак болуп, азарланган калмак-кытай бектеринин бири. Дагыр уруусунун билерманы (СО, 3. 261).

**КӨЗКАМАН** — каарман. Жакыптын бир тууганы. Өз ысымы Үсөн. К. — ылакап аты. Калмактардын арасында көп жыл жашап калмакча атка конуп калган. «Манас» эпосундагы К-дын ж-а анын балдарынын (айрым варианттарда туугандары, алардын балдары) Манаска душмандык иштерине байланыштуу айтылган чоң эпизод Үсөндүн ылакап аты м-н К-дар окуясы деп аталат. СОВдо гана Үсөн кары балдарынын Манасты өлтүрүшүнө каршы болот. Балдары тилин албай койгон соң Манаска кымызга кошуп ууну кесип кетүүчү дары ичирет. Ал эми СКВда К. м-н Көкчөкөз бир тууган делип, арамдык иштерин чогуу аткарышат, к. *Көзкамандар, «Манастын» сюжетиндеги* Көзкамандар окуясын.

**КӨЗКАМАНДАР**—Манастын жакын тууганы Үсөндүн, анын балдарынын эпосто жалпы аталышы. Көзкамандар окуясы эпостун дээрлик бардык варианттарында кезиккен салттык туруктуу окуялардын бири. Бардык варианттарда окуянын сюжеттик өзөгү окшош болгону м-н окуянын өнүгүшү, каармандардын ысымдары, саны ар башкача берилет. СОВдо Орозду, Бай, Жакып, Үсөн төртөө Ногойдун балдары делип, кытай кыргызды туш-тушка таратканда Үсөн калмактардын арасында калат. Калмактан аял алып, балдары калмакча тарбияланат. Манас ата журтун душмандан бошотконун угуп, беш баласы м-н көчүп келген Үсөнгө Манас мал-мүлк, жер бөлүп берет. К. Манаска тең тууганбыз дешип, амал м-н көзүн тазалап, бийликке ээ болууну самай баштașат. СКВда Көзкаман м-н Көкчөкөз бир тууган делип, Желтийбес, Чаңдаяк, Орозон бешөө Эсенкандын тапшырмасы м-н Манасты өлтүрүүгө атайын келишет. Ал эми РЖВда кызын Манаска калыңсыз берген Темирканга нааразы болгон вазири кыргыз м-н калмактын ортосунда тыңчылык кылган Көзкаман м-н Көкчөкөзгө уу берип Манасты өлтүрүүгө буйрук берет. «Мажму ат-таварихте» чыккынчы *Тубайды* Манасты өлтүрүүгө Жолой жиберет. К-дын Манаска каршы күрөшүндө айрыкча Көкчөкөз активдүү аракеттенет. СОВдо да, РЖВда да Көкчөкөз Манасты атып жарадар

кылат, Каныкейди зордук м-н алам дейт. Чалгынга барып, Айканга Манастын келатканын кабарлап коюп, Манаска келип калмак бейкапар жатат дейт. СКВда да, РЖВда да Манаска ууну Көкчөкөз берет. СОВдо Манастын келатканын уккан К. чатакташып, бычакташып өлүшөт. «Көзкамандарча бычакташкан» деген сөз эл оозунда ушундан калган делет. Ал эми СКВда Манасты өлтүрүп салдык деп, сүйүнүп кытайга кетип бараткан жолдо К. артынан кууп жеткен Бакай баш болгон кырк чоронун колунан өлөт (к. *Манастын сюжети):*

К-дын тууганы Манаска чыккынчылык кылышынын себептери варианттарда ар башкача мотивдештирилет. Калмактардын арасында туулуп, дили калмак болуп калган К. кыргыздын турмушуна көнө албай өгөйлөшөт. Манас берген дүнүйөгө манчыркап, Манастын дүйнө-мүлкүнө көз артып аны жок кылгылары, ордуна кан болгулары келишет. Манасты күч м-н ала албай тургандыктарын билген К. аны амал м-н мертинтүүгө аракеттенишет (СОВ). Манасты өлтүрүү үчүн кытайдан атайылап келишет (СКВ). Манас эпосундагы бул эпизоддун сюжети көп жактарынан (туугандарынын чыккынчылыгы, жарадар болгон баатырдын айыгышына жаныбарлардын жардам бериши, аялына үйлөнмөк болушу ж. б.) түрк-моңгол элдеринин эпосторуна («Алтай-Буучай», «Көгүдей») үндөшүп турат.

Манас элдин эркиндиги үчүн күрөшкөн элдик баатыр болгондуктан ага каршы турган адамдар жеке Манаска гана эмес, элдин эркиндигине, биримдигине каршы күрөшүүчүлөр катары кабылданат. Ошондуктан Көзкаман, Көкчөкөздөрдүн ысымдары эң коркунучтуу душмандардын катарында аты аталат. Жекече кызыкчылыгы, мал-мүлк, бийлик үчүн кандаш туугандарына чыккынчылык кылуу кылмыштын эң жаман, эң жийиркеничтүүсү катары каралып, элде «өздөн чыккан жат жаман» деген макал да айтылат. К-дын өзгөчө коркунучтуулугу — алардын өз болумуш болуп, астыртадан жамандык иш жасагандыгы, чыккынчылыгы.

К. окуясынын «Манас» эпосунан орун алышынын мезгили, себептери, «Көзкаман» деген ысымдын келип чыгышы ж-дө окумуштуулар арасында ар кандай пикирлер бар.

*Д. Сыдыкова*

**КӨЙКАП,** Кап-Тоо — топоним. Элдин диний мифологиялык түшүнүгүндө бүткүл дүйнөнү курчап турган тоо (араб алфавитинин «К» тамгасына окшош имиш), ал адамдар жашаган жерден эч бир жан каттагыс мейкиндик м-н бөлүнүп турат. Уламыш б-ча жин, пери, дөө ж. б. адамга кас укмуштуу жандар жашайт. Түрк-иран элдеринин фольклорунда К. жердин акыркы чеги катары сүрөттөлөт. «Манаста» да К. элдик уламыштагыдай сүрөттөлөт. Эпостун айрым каармандары К-ка барганы айтылат. Мис., Төштүк өзүнүн К-ка барганы ж-дө Көкөтөйдүн ашында балбанга түш деген Кошойго мындай дейт:

Ай качабы жылдыздан,
Айрылып кетип кыргыздан.
Көйкапта бар канча жан:
Алптар менен алышып,
Дөөгө кыргын салышып,
Пери менен беттешип,
Капыр пери журтуна
Канча жылы кептешип,
Көрбөгөнүм калган жок
Көптөп душман алган жок (СО, 3. 191).

«Манас» эпосунун сүрөттөөсү б-ча кыргыздарды кара кытайлар басып алып, баш көтөргөндөрүн туш-тушка бөлүп айдаганда Жакыптын бир тууганы Үсөн (ал барган жеринде Көзкаман аталып кетет) да К-ка жакын сүрүлүп барганы «Көзкамандын балдары Көйкапка жакын барганы Көрө албай бизди калганы» (СО, 1. 175). Манастын жентек тоюна эл чакырган Жакыптын сөзүндө: «Көйкапка кеткен Үсөндү Көрөмбү деп күсөдү» (СО, 1. 173),— деп Үсөндүн К-та экени Жакыптын агасы Байдын бааны аркылуу эскерилет.

*Э. Абдылдаев*

**КӨЙҮШ** — эпизоддук кейипкер. Кыргыз балбаны, аяр. Манас м-н болгон согушта Орго кан *Атан* аттуу балбанын жекеге жөнөтөт. Бүжүрөгөн жаман чал кейпинде кубулуп алган К. аяр Атандын жолунан тосуп, аны майдан талаасына жеткирбей өлтүрөт (СО, 2. 80—84).

**КӨК-АРАЛ** — топоним. Алмамбет м-н Сыргак душмандын жылкысын тийип келе жатканда артынан Коңурбай баштаган куугунчулар келип, уруш болгондо Сыргактан кабар алган кыргыздардын колу каршы аттанат. Ошондо Таздын уулу эр Үрбүнүн колу «Көпкөк темир тон менен Көк-Арал деген жол менен» (СО, 4. 327) жөнөйт. Географиялык реалияда Жунгариядагы жерлердин бири.

**КӨК-АРГЫН** — топоним. Алмамбет Бээжинге бараткан жолдо колду тыныгууга токтотуп, өзү жалгыз чалгынга барып: «Көк жал Алма султаныц Бура тартты шол жерде Көк-Аргындын кыядан» (СО, 4. 155) кайра келет. Географиялык реалияда Жунгариядагы жерлердин бири.

**КӨК-АРТ,** Көгарт — топоним. Кыргыздар мекендеген жер катары көп эскерилет. Манас Ала-Тоону душмандан бошотконго чейин К.-А. дарыясын бойлото Алооке кандын шаары жайгашканы: «Көргөндө сонун ушу бар, Көгарт суунун бою шаар» (СО, 2. 165) делип, көп кабаттуу үйлөрү бар кооз шаар катары айтылат. Географиялык реалияда К.-А. суусу ж-а өрөөнү азыркы Жалал-Абад обл-нын Сузак р-нун аймагында, ашуусу Фергана тоо тизмегинде.

**КӨК БАЙТАЛ,** Куубайтал — кытай мергени Кожожаштын (Шыпшайдардын) жоого минген канаттуу аты. Көпчүлүк варианттарда ушул канаттуу атты минген Кожожаш (Шыпшайдар) асмандан уруш салып кыргыз баатырларынан артыкчылык кылып, аларды окко учурат.

**КӨК БӨРҮ,** улак тартуу — кыргыздын улуттук мелдеш оюну. Атчан адамдар эки тарапка бөлүнүп, башы кесилген улакты, кээде торпокту белгилүү эрежеге ылайык тартышат. Эпосто:

Бөлүнүп ордо, чын мөрөй
Атпай турган жер бекен?

Жатпай оюн, көк бөрү
Тартпай турган жер бекен? (КВ, «Семетей», 148),— деп сүрөттөлөт.

**КӨКБӨРҮ** — каарман. СОВдо кыпчактардын уруу башчысы. Манастын алгачкы казаттарына катышат, башка учурларда Көккоён султандын атасы катары эскерилет. СКВ б-ча кырым элинин каны. Урумкандын уулу ж-а *Коёнаалынын* атасы. Нескара баалагандай «Кырк күнчүлүк сайышка жарап берчү» (СК, 2. 26) баатыр гана эмес, К. Манастын «Ободон булут козгошкон, бир күндө үч жол достошкон» (СК, 2. 230) о дүйнөлүк досу дагы. Манастын өзүнүн айтуусу б-ча анын эң жакын адамдары Кошой, Төштүк, Сайкал м-н бирге атайы чакырылып, Манастын сөөгүн жашыруун көмүүгө катышат. «Манас» эпосундагы көөнө типтеги каармандар Кошой, Төштүк, Сайкал м-н катар айтылган К. да чыгыш теги жагынан эң байыркы каармандардан деп болжошко негиз бар. Анын ысымынын байыркы түрктөрдүн тотеми «Көк-Бөрү» м-н байланыштуу болушу бул ойду ырастайт.

**КӨК-БУКА** — жалгыз көздүү Мадыкандын минген унаасы. Эпостун сүрөттөөсү б-ча:

Башында жалгыз мүйүзү бар,
Чоңдугу тоодой Көк-Бука
Минип алган кези экен.
Астындагы Буканын
Желгенине жел жетпейт,
Басканына мал жетпейт.
Үстүндөгү Мадыкан
Алышкан менен ал жетпейт (СК, 2. 149—150).

СКВдагы Чоң казатта жалгыз көздүү Мадыкан дөө чоңдугу тоодой К.-Б. минип майданга кирет. «Семетей» эпосунда жалгыз көздүү Мааданча ж-а Дыңша дөөлөр да согушта Бука минип жүрүшөт. Бул түрк-моңгол элдеринин баатырдык эпосторунда учураган салттык көрүнүш. Жалгыз көздүү дөө тибиндеги мифологиялык кейипкерлердин минген унаасы К.-Б. сыяктуу фантастикалык жандыктар (*Керик, Пил)* болуу түрдүү элдердин фольклорунда кеңири жолуккан белгилүү сюжеттерден. Алтайлыктардын баатырдык эпосторунда жер алдындагы дүйнөдө (тиги дүйнө) жашап, киши этин жей турган жети баштуу Делбеген (желмогуз) ж-а Эрлик кан дайыма жортуулдарга Бука минип чыгышат. «Манас» эпосунда сүрөттөлгөн мифологиялык К.-Б. алтай эпосторундагы жомоктук-фантастикалык Букалар м-н түпкү теги жагынан бирдей түшүнүктөн жаралган.

*С. Алиев*

**КӨК-ДӨБӨ** — топоним. Манас баштаган кыргыз колу душмандан ата журту Ала-Тоону бошото баштаганда ага каршы чыккан Орго кандын туу тиккен жери (СО, 2. 80). Географиялык реалияда Ысык-Көлдүн түштүгүндөгү Көк-Дөбө деген жер.

**КӨКДӨӨ** — мифтик кейипкер. Эпостун эргежээл, итаалы элдеринин дөөсү. Көкөтөйдүн ашында чакырылганы айтылат (СО, 3. 99—100) ж-а Жолой м-н күрөшөрүндө Кошой жаш кезинде Акдөө, К-лөр м-н салгылашып жүргөнүн эскерет (СО, 3. 215).

**КӨК ЖЕКЕ** — кайыштан кооздолуп жасалган сый өтүк. К. ж-нин тигилиши, кооздугу, аткарган милдети «Каныкейдин сарамжалында» керемет сүрөттөлөт:

Алтындатып чордотуп,
Айнегин күмүш орнотуп,
Такасынын кыюусун
Тасмал менен куратып,
Таманынын баарына
Сары алтын салып буратып,
Коңгуроолуу көк жеке,
Он кесилген бек жеке
Таканын ичин ойдурган,
Таманды калың койдурган,
Кош жылаажын салдырган
Кийсе кыба кандырган
Кырк чорого кырк өтүк (СО, 4. 95, 97).

Көбүнчө атчан жүрүүгө ылайыкталып, өкчөсү бийик, кончу узун, тумшугу кууш болуп, бир аз кайкалатып ултарылган. К. ж. өтүктөрдү кыздар да, жигиттер да кийишкен. Кыздардын К. ж-сине көбүрөөк оймо-чиймелер түшүрүлүп, апкыттын сырт жагына майда жылаажындар кошо тигилген.

**КӨКЖОРГО** — *Көккоёндун* байгеге чапкан күлүгү. Манас Каныкейге күйөөлөп баргандагы ат чаап жар тандоодо К. кырк биринчи келип, Көккоён тагдырына буюрган Батмабүбүгө үйлөнөт (СО, 2. 427).

**КӨКЖОРУ** — эпизоддук кейипкер. Кыргыз балбаны. Ыспара жеринин улугу. Тейиш кандын тоюндагы балбан күрөштө казактын *Байкап* балбанын жыкканы айтылат (СО, 2. 51).

**КӨККАЗЫК**, Көк чебич — *Сыргактын* жоого минген аты ж-а байгеге чапкан күлүгү. Негизги

Б. Жумабаев. Көкчебич.



вариантгарда айтылат. Эпикалык К. тулпардын образы Сыргак баатырдын эң ишенимдүү жардамчысы болуу м-н бирге анын бардык иш-аракеттеринде ажырагыс бирдикте сүрөттөлөт. Сыргактын чыныгы жардамчысы. Манасчылар эпостун жалпы духуна ылайык тулпарды кандай укмуштуу касиеттерге ээ кылат. Манас Каныкейге күйөөлөп баргандагы ат чаап жар тандоодо К. аты үчүнчү келген Сыргак тагдырына буюрган Сыягүлгө үйлөнөт (СО, 2. 422). Чоң казатта К. ээси м-н кошо кытайдын көзгө атар мергени Кожожаштын огунан өлөт (СК, 2. 191).

**КӨККАЧЫР** — кытай баатыры *Кымкардын* жоого минген унаасы. Манас жолдоштору м-н салбырында жүргөндө Кымкар К-ды минип Көкчө м-н сайышка түшүп өлөт (СО, 1. 254).

**КӨК КИЙИМЧЕН АСКЕРЛЕР** — «Манаста» жоокерлердин кийимдери көпчүлүк учурда «көк»деп көрсөтүлөт. «Көк темирден туулга, Төбөсүндө жаркылдап», же «Жалаң темир торгой көз, көк темир зоот кийгизип» (СК, КФ, 550-инв., 168, 196-б.). Бул кийимдин өңүтүсүн белгилебестен диний түшүнүктөн келип чыккан болуу керек. Эң байыркы түрк урууларынын арасында кеңири тараган «Көк теңирге» сыйынуу «Манас» эпосунда да учурайт. «Төшү түктүү жер урсун, Төбөсү ачык көк урсун». Бул жердеги «көк» деген өң-түстү туюндуруучу экинчи мааниси асмандын өңүтүсүн айтып жатат. Ыйык көрүшкөн «көк» деген термин элдик оозеки чыгармаларындагы окуяларга, аталыштарга кирип кетиши закондуу көрүнүш.

**КӨККОЁН** — эпизоддук кейипкер. СОВдо кыпчактардын башчысы. Кээде К. султан деген эпитет м-н аталып, Көкөтөйдүн ашында, Чоң казатта Манаска караган кан катары көрсөтүлсө, Манастын Каныкейге үйлөнүшүндө кырк чоронун бири деп айтылат. Ошондогу ат чаап жар тандоодо аты *Көкжорго* кырк биринчи келген К. тагдырына буюрган Батмабүбүгө үйлөнөт (СО, 2. 427). СКВда Коёнаалы деген ысым м-н берилип, эпикалык образы башкача планда чечилет, к. *Коёнаалы*.

**КӨК-КОЛОТ** — топоним. Манастын тапшырмасы б-ча беш чоро (Чалыбай, Ажыбай, Сыргак, Кутунай, Чубак) Көкчөдөн капаланып келе жаткан Алмамбетти сынамакка буйткадан качырып чыккан жер (СО, 2. 306).

**КӨККЫЯЗ** — эпизоддук кейипкер, Буудайбектин кичи иниси, Көкчөнүн чоросу. Акеркеч м-н Алмамбетти көңүлдөрү жакын деп жаманатты кылып Көкчөгө ушактап, араздаштыргандардын бири. РЖВда гана жолугат.

**КӨКМОНЧОК** — кейипкер. Семетейди Канчоро, Кыяс чыккынчылык м-н жарадар кылганда сыйкыр м-н кайып кылып алып кеткен пери кыз, Айчүрөктүн сиңдиси. СКВда К. жаралуу Семетейге өзү келип, туман түшүрүп, жаан жадырып, жан адамга көрсөтпөй Кайыпчынын кара тоосуна алып кетет да, сыйкыр м-н Тайбуурулду, Акшумкарды, Кумайыкты баатырдын колуна тийгизип, кулагын уккус кер, көзүн көргүс көр кылып, жолун дубалап элге жолотпой алып жүрөт. ВСВда Семетейди Кыяс өлтүргөндө ай, күн тутулуп, катуу жаан жаайт. Айчүрөк Семетейдин сөөгүн кайтарып тургула деп Акшумкар м-н Кумайыкты коё берип, өзү «тили темир, жаагы жез» сыйкырдуу комузун кагат, анын үнүн Көйкаптагы дөөнүн кызы К. угуп, көп дөөлөр м-н келет да, Семетейдин сөөгүн көккө алып чыгып, «баштагы өткөн пайгамбар» Так-Сулаймандын жанына бекитет.

Согушта курман болгон баатырларды кереметтүү кыздардын алып кетиши дүйнөлүк мифологияда көп учураган типтүү көрүнүш. Скандинавия элдеринин мифологиясында башкы кудай Одинге баш ийген жоокер кыздар — валькириялар согушта эрдик м-н өлгөн жоокерлер эйнхийлерди Валохоллага (өлгөн баатырлар тирилип тойлоп жатуучу асмандагы сарай) алып кетип турушат. К., Валькирия тибиндеги каармандар энелик доордогу синкреттик мифологиянын негизинде жаралып, алгачкы учурда Улуу Эне — башкы кудайдын ролун аткарса, аталык бийликтин күчөшү м-н анын милдети төмөндөп башкы эркек кудайдын жардамчысына айланышат. Башкы аял кудайдын образынын мындай өзгөрүшү Борбордук Азиядагы шаманизм динин туткан түрк-монгол элдеринин чыгармаларында көрүнөт. Ал эми «Манас» эпосунда мифологиялык мындай образдар мусулман элдеринин оозеки чыгармаларындагы перилер, кайыптар м-н контаминацияланып, бир кыйла башкача өзгөрүүлөргө туш болгон.

*Р. Сарыпбеков*

**КӨКМӨК** — эпизоддук кейипкер. *Керкөкүлдүн* атасы экендиги гана айтылат (СО, 3. 43, 105, 178).

**КӨКӨ-НООР** (моңг. көк-көл) — топоним. Эпостун көпчүлүк эпизоддорунда эскерилет. Мис., Алмамбет кытайдан Көкчөгө келгенден кийинки жылы калмак м-н маңгулда бөлүнбөгөн энчим бар деп К.-Н. келүнөн, Көбү-Шаму чөлүнөн 20 миң жылкы, 15 миң кара мал олжолоп алат (СО, 2. 238). Географиялык реалияда КЭРдин Цинхай провинциясындагы көл.

**КӨКӨТӨЙ** — каарман, кыргыздын ичинен чыккан эң бай ж-а өтө узак жашаган (кээ бир варианттарда 190 жашка чыгып өлөт) кадырлуу карыя адам. Ташкент тараптагы кыргыздардын башчысы, айрым варианттарда «түн түшкөн калың» ногойдун каны деп да айтылат. СОВдо Манас Ташкенди кытайдын баскынчы каны Панустан бошоткондо К. кол курап Манаска жардамга келгенин эсепке албаганда, башка орчундуу окуяларга катышпайт. К. негизинен ага арналып өткөрүлгөн аш аркылуу кеңири белгилүү (к. *Көкөтөйдүн ашы). Б. М. Юнусалиев* «Көкөтөйдүн ашы» алгач кыргыздарга мүнөздүү аш берүү салтына арналган өзүнчө поэма болушу мүмкүн деп эсептейт. Элдин үрп-адаты кеңири сүрөттөлгөн этнографиялык мазмундагы поэмага кырк чоролуу Манастын кейипкер катары киргизилиши м-н ал баатырдык эпопеянын бир чоң эпизодуна айланып кеткен. Мурунку этнографиялык эпизоддорго Кошой м-н Жолойдун күрөшү, Манас м-н Коңурбайдын беттешүүсү сыяктуу.

көрүнүштөр кошулган. Ал жекеме-жекелердин аягы чоң согушка айланып, «Көкөтөйдүн ашы чоң чатактын башы» болуп, поэма баатырдык мүнөзгө ээ болгондугун белгилейт.

Лингвистикалык изилдөөлөрдө бир катар түрк элдеринин эпикалык чыгармаларында жолуккан «Көкөтөй» (фонетикалык варианттарында Көгүдөй) шамандык диндеги байыркы түрк-моңгол элдеринин эң башкы кудайы Көкөтеңирдин атына байланыштырылат. Буга караганда, балким поэманын алгачкы башаты байыркы кыргыздардын Көккө тайынуусуна — ар кыл уруулар баш кошуп өткөргөн чоң майрамына байланыштуу жаралган. Кыргыздарга жакын тектеш эл кийинки учурларга чейин шаман динин тутуп келген хакастарда Көккө тайынуу 20-к-дын башы ченге чейин сакталып келген. Бул салт алтайлыктарда да болгон. Мусулман динине өткөн кыргыздарда бара-бара унутулуу м-н анын аталышы,— Көкө той реалдуу адамдын аты катары интерпретациялана баштаган. Мындай өзгөрүүнүн издерин эпостун ыр саптарынан жолуктурууга болот. Мис., көп учурларда К-гө берилген аш делбестен, ага арналган улуу той катары айтылат. Эпосто К-дү реалдуу адам катары сүрөттөө эл ичинде белгилүү айрым тарыхый инсандарды ага прототип кылып алууга шарт түзүп, каармандын образына жаңы катмарлар киргизилген. Манас изилдөөчү Э. Абдылдаевдин иликтөөсү б-ча мындай инсандын бири 16—17-к-дын аралыгында жашаган, багыш уруусунан чыккан Көкүм бий Карачорин болгон. Ал кыргыз урууларын баш коштуруп, Түркстандагы ошол кездеги тарыхый окуялардын жүрүшүндө активдүү роль ойногону айрым тарыхый булактардан, элдик санжыралардан белгилүү. Элдик санжыра б-ча Казак каны «эңчегер» бойлуу эр Эшим Көк-Дөбө деген жерге казак-кыргыз бийлерин чогултуп жыйын куруп, кан Турсундан мурдагы өздөрүнө таандык Ташкенди кайрып алууну сунуш кылат. Ал сунуш кабыл алынат. Согушта кан Турсун каза таап, аскери талкаланат. Эшим кандын буйругу б-ча кыргыз урууларын баштап келген Көкүм бий м-н казактын улуу жүзүнүн бийи Байтик экөө бирдикте он эки капкалуу Ташкенди башкарып турушат. Көкүм каза болгондо Эшим кан ага арнап көк күмбөз салдырат (КФ, 1165-инв., 264—267-б; 191-инв., 180—181-б.). Эшим кандын тушунда (1598—1645) кыргыз, казак баш кошуп турушканын, алар биргелешип Ташкенди каратышканын тарыхый даректер да ырастайт. Бул тарыхый окуя эпостогу Ташкенди башкарып турган Нускан дөөнүн уулу Панускан м-н болгон согушта К. колу м-н келип, Манаска жардам бергени үчүн Ташкенге кан көтөрүлгөндүгү эпикалык окуянын түзүлүшүнө өбөлгө түзгөн. Эпикалык каарманга аталган тарыхый инсан прототип болуп катмарланганы: «Башкарганы канча жан Панустун орду Көкөкан», «Акырет кеткен Көкүм-кан Наалып калган канча жан», «Көкүм деп, Көкүм деген ураан бар» деген сүрөттөөлөрдөн да көрүүгө болот. Багыш уруусунан чыккан Көкүмдүн эпостук каарманга прототип болуп катмарланганын көпчүлүк варианттарда «Көкөтөйдүн ашы» Багыштын уулу Толтой өз көзү м-н көргөн окуя катары баяндалышы да кайсы бир деңгээлде ырастайт.

*Р. Сарыпбеков*

**«КӨКӨТӨЙДҮН АШЫ»** — «Манас» эпосунан кагазга жазылып алынган эң алгачкы материалдардын бири. 1856-ж. Ысык-Көл өрөөнүнүн түндүгүнөн Ч. Ч. Валихановдун көзөмөлү астында араб жазмасын билген кишилердин бири тарабынан кагазга түшүрүлгөн. Кол жазма кадым формасында араб алфавити м-н 47 баракты түзөт. Көлөмү 3319 сап ыр. Ч. Валиханов жаздырып алган бул эпизод «Манас» эпосунун бардык варианттарында учурайт. «К. а-нда» канондук сюжет негизинен толук сакталган. Өзгөчөлүктөрүнөн маселен, айрым варианттарда Көкөтөй кандын ашы Каркыра жайлоосунда өтсө, ВЖЭде Алтайдагы Түпкү кандын жергесинде өтөт. Бул материалдардын түп нускасы СССР ИАнын Чыгыш таануу ин-тунун архивинде (Р. 2. оп. 4, д. 36) сакталып турат. Анын Ч. Валиханов тарабынан орус тилине которулган бөлүгүнүн түп нускасы («Смерть Кукотай хана и его поминки», алгачкы сабы 913) СССРдин Ворб. адабий архивинин фондусунда (ЦГАЛИ СССР, 159 номерлүү папкесинде, д. 179, 15—22-б.) сакталып турат. Котормо биринчи жолу академик Н. И. Веселовский тарабынан Ч. Валихановдун бир томдук чыгармалар жыйнагына

Ч. Валиханов. «Көкөтөйдүн ашынын» факсимилеси.



(Сочинения Ч. Ч. Валиханова, записки Русского географического общество по отд. этнографии, СПб, 1904) жарыяланган. Кийин Ч. Валихановдун тандалмалар жыйнагына (Ч. Валиханов. Избранные произведения, Алматы, 1958, 346—360-б.) киргизилип, беш томдугунда да басылып чыккан. Казак ССР ИАнын академиги А. Маргулан бул эпизоддун факсимилесин жарыялаган («Шокан жане «Манас», Алматы, 1971). Кийин казак тилинде которулуп да чыккан (Кокетайдын эртегиси «Манас» жырынын Шокан жазып алган белиги, Алматы, «Жазушы» басмасы, 1973). Кыргызчадан казак тилине которгон А. Маргулан, текстологиялык тейлөөдөн өткөргөн М. Магауин. 1977-ж. Англиядагы Оксфорд ун-тинин профессору А. Т. *Хатто* ушул эле эпизодду латын алфавити м-н транскрипциялап англис тилине кара сөз м-н которуп, бир топ комментарий ж-а тиркемелер м-н жабдып жарыялаган. «К. а-нын» кыргыз тилинин азыркы алфавитине салынып транскрипциянып жарык көрүшү К. Ботояров, Ш. Ибраевдер тарабынан ишке ашырылган.

Ч. Валиханов жазып алган бул вариантта Көкөтөйдүн баркы, даңкы бийик, батылы жогору турган кан экендиги айтылат. Ногой журттун башы болгон Көкөтөй кан ажал тооруп турганда элин чакыртып алдынан өтмөй болот. Сары ногойдун баласы Жайма көкүл Жаш Айдарды алдыртып, Мааникерге мингизип, Көкөтөй абалы жаман деп, түн түшкөн калың Ногойго, Байдын уулу Баймырзага айт, мен керээзимди айтамын деп тапшырат. Бул кабарды уккан көп Ногой чогулуп Көкөтөйдүн боз ордого дүңгүрөп түшүп калат. Келген элге Көкөтөй керээз сөзүн айтат. Менин көзүм өткөндө кылыч м-н кырдыргын, кымыз м-н жуудургун, журтум, Чарайна м-н чаптатып, булгаары м-н каптатып, ак казаным жаздантып, кыбыланы баштантып жаткыргыла, журтум. Кызыл макмал бүктөтүп, кызыл нарга жүктөтүп, кара макмал бүктөтүп, кара нарга жүктөтүп, алтымыш бир ногой кырк кербен м-н алып барып койгула. Кербен башы Кара сартка сексен эркеч майына кыш бышыртып, астыңкы жолдун үстүнө, үстүңкү жолдун астына айга баккан Ак сарай, Ак сарайга койгула. Бейитимдин башына тайдан, төөдөн, кунандан байге сайып, ат чаптырып, кызматыңарды кылгыла дейт да, мындан бөлөк кебим жок деп токтолот. Эл-журтунун эсен-амандыгын тилеп ак батасын берет. Анан Байдын уулу Баймырзага кайрылып: тели куш таптап куш салдым, тентиген жыйып эл кылдым, кулаалы таптап куш салдым, курама жыйып эл кылдым эле, менин көзүм өткөн соң курама элди таратпай жөөсүнө чобур кармап берип, чапан жаап, бир эл кылып ала көр. Таап алган жалгыз балам Бокмурунду арам сийдик жетим дедирбей үч жыл чыдап бакканда бой жетип эр болор, ошондо калы килем үстүнө салып менин ордума кан көтөрүп алгыла.

Кырк ашымды бererде кытайлардын кыр мурундуу Коңурбай өзүнүн аты Үңүрбай ошого кабар берип, кырк ашымдан кутулгун. Үлуу ашымды бererде, Жакыптын уулу жаш Манас, жаңы оозго алынган, кабагы бийик, өңү саз, эңгечер бойлуу эр Манаска барып акыл салып, мусулман м-н каапырды чогултуп, менин бир карызымдан кутулуп кала көр. Муну айтып Көкөтөй көзү сүзүлүп, кыямат көздөй жол тартат. Эл Көкөтөйдү жоктоп, айткан керээзи боюнча кылыч м-н кырдырып, кымыз м-н жуудуруп, Ак сарайлап коёт.

Ала шалбырт жаз м-н кунан чабат. Чабышта Айдаркандын Көкчөсүнүн Көгаласы чыгат. Байгесине алты тогуз мал, ботолуу төө нары м-н, балалуу ногой күңү м-н, манаттап жапкан үй алат. Баймырза эли м-н Чыбыратчыны жайлап, Көкөтөй айткандай элди багып, Мааникерди байлап жатып калды. Күндөр өтүп, калың көп ногой Кытайдын кыр мурундуу Коңурбайдын айылына түп көтөрө көчүп барды. Ала баш жорго, чубар ат айдап тартуу кылып, кырк ашынын карызынан кутулду.

Жер ортосу Боз-Дөбөгө калың ногой жыйын кылат. Карды салык бийлери м-н чоң курсак байлары өзүнчө кеңеш салат. Бул кеңеште Байдын уулу Баймырза аларга кошулбайт.

Бир күнү Бокмурун Мааникер м-н Баймырза баатырга келип, мындай дейт: Сен күндө жыйын кыласың, эмне кеңешиң бар. Мен сенин тилиң албаймын, акемдин ашын сага бийлетпей, өзүм башкарам. Мен Анжыянга көчпөймүн, Самаркандын сарт Манаска өзүң көчүп бар, мен ага барбаймын. Болбосо, көп ногой журтун көчүрүп, өзөн сууну бакалап, ботонун сазын бойлоп, жаткан казандай кара бөркү бар каапырдын каны Эр Жолойго барып, жан туугандай болуп жанаша кономун. Ала баш жорго, чубар ат Жолойго тартуулап, анын көз отогот ташын сайынып, төрө боломун. Ак боз атым такалап, күндөп-түндөп көчөмүн. Алты күнү ат сергитип, токсон атан комдотуп, күрүч арттырып, токсон жорго катарлап Түпкү канга киремин. Ошондо төтөгөлүү боз үй тиктирип, мусулман м-н каапырдын баарын чогултуп, Көкөтөй ашын беремин. Ошентип, калың ногой калы килем салып, Бокмурунду олтургузуп кан көтөргөн дейт.

Бокмурун жер кыдырып, эл чакырып алпка барар киши барбы деп, сурамжылап жүрүп, Жайма көкүл Жаш Айдарга келет. Көкөтөйдүн көп малын союп, ашын беремин, эл чакырып, алп чакырып кел деп сага келдим дегенде, Жайма көкүл Жаш Айдар: Сенин алпыңа да, атыңа да чакырыкка барбаймын, алпыңан өлүп калбаймын. Аралаш айыл конуп, чогуу жүргөнгө кулсунуп калган экенсиң. Айдын бурчу алты сан, алты айланып келгиче, алтымышта атакем, алдан тайып калбайбы. Жердин бурчу жети сан, аны айланып келгиче, жетимиште энекем жерден тайып калбайбы, барбаймын дейт. Бокмурун: Жайма көкүл жаш Айдар, сен алпка да, атка да барбасаң, өзүм барамын. Мен келгенче аштын, байгенин камылгасын көрүп тур. Келгенден кийин баш байгеге сени саям, аяк байгесине ата-энеңди коём дегенде Жаш Айдар чочуп, эркелетип сөз айтсам арданып кеттиң, Бокмурун, төрөм, ат-тон бер, атыңды минип, тонуңду кийип анан

жолго салайын дейт. Анда Бокмурун: Алтымыш атым аргымак токсон атым тобурчак сүйгөгүңдү тандап мин дейт. Ала тайынды минип, алптан өлүп калгыча, сенден өлгөнүм жакшы. Берсең астыңдагы Мааникерди минейин, үстүңдөгү аккүбө тонун кийейин, анан алпка барайын деген Жаш Айдарга Бокмурун Мааникерди берип, ак күбөнү кийгизип, Мааникердин сырын айтат. Андан кийин ашка кимдер чакырыларын айтат. Уй түгүндөй каапырдын арасында турабыз, жакын жер буларды чакырып аларбыз. Улуу-Тоону жайлаган, бекип калган Бээжиндин жүзүн ачкан, туруп калган Турпандын жолун ачкан, байланып калган базардын багын ачкан, Жаангир кожонун уулу Билерикти бошотуп алган эл агасы эр Кошойго барып айт. Өзү келсин кашыма, аты келсин ашыма деп опуза кеп айтат. Андан ары Кичи-Тоону жайлаган Кыйды кара күлүк байлаган, жаактууга жай бербеген, Актар Таздын баласы, аты Мөңкө төрөсү, эр Үрбүгө барып, аны да коркута айт. Андан өтүп барганыңда Камбардын уулу Айдаркан, Айдаркандын баласы эр Көкчөгө барып Көгаласын ашка алып келип чапсын де. Андан ары сен өтүп Агыш м-н Кожошко, Алике м-н Бообекке, Бекиш м-н Чекишке, Алтынкүлүк м-н Керкүлүк, Сайкал м-н Болотко, Чоюн кулак Чоюн алпка, дүмүр кулак Дүмүр алпка, Оргу кула бээси бар Ороңгу аттуу катынга, ошолордун баарына айт. Баары бирдей келишсин аш кызыгын көрүшсүн, эгер ашка келбесе айчыгы алтын кызыл туу ордосун көрүшсүн. Андан өтүп сен барсаң Эчкинин уулу Эдиге Тарланбоз атын алып келсин менин кашыма, аты келсин ашыма. Жети-Сууну жердеген Жедигер уулу эр Багыш Суркунандай күлүгүн алып келип чапсын де, чыкса байге алсын де. Андан ары сен барсаң Тоокара күлүк ат минген эр Карач келсин кашыма, күлүгүн чапсын ашыма. Темир өзөк, таш жүрөк Жанаалыга айта көр. Уртору атын алсын де, байгеге кошуп салсын де чыкса байге алсын, чыкпаса таңтамаша көрсүн де. Мындан өтүп барганда топ олуянын батасынан жаралган, тогуз уулдун кенжеси эр Төштүк Чалкуйрук м-н келсин де, күлүккө атын чапсын де, өзү ашымды билип берсин де, мүчөсүн артык жесин де. Андан узап жөнөсөң эки тоонун ортосун жайлаган Осурак чалдын балдары Акбай, Мамбет, Көккоён Аккоёндой күлүгүн алып келип чапсын де. Булардан өтүп сен барсаң Боён кан, Боён кандан Чаян кан, Чаян кандан Кара кан, Кара кандан Жакып кан, Жакып кан уулу Манас кан сен ошого бара көр, барып кабар айта көр. Аккуладай күлүгүн алып келип чапсын де. ашымды башкарып берсин деп айт. Андан ары сен барсаң саймалуу саадак байланган, Самаркан тоосун айланган, аса таяк колунда улуу жолдун боюнда Айкожого барып айт. Айбанбоздой күлүгүн алып келип чапсын де, ак батасын берсин де. Алакандай ак кагазга кат чийдирип ала кел, жерди жети айланып, алптардын баарына айтып, Желпиништен кайтып кел дейт да байгенин жайын айтат. Баш байгеси тогуз торко тон, токсон калча кул, сан саанчы күң, сан сарыча төө, сан сары башыл бээ, аяк байгеси алабаш жорго ат, алтымыш атка мингизип, алтымыш калча кул, ботолуу төө нар, балалуу ногой күң, манаттан жапкан үй экенин билдирет.

Жаш Айдар Улуу Тоону жайлаган эр Кошойго жетип келди. Жаш Айдар м-н эр Кошой амандык сурашып болгон соң Кошой жаш Айдардын ат арытып келген себебин сурады. Анда Жаш Айдар Кошойго Көкөтөй кандын ашына чакырып келгенин, ата уулуна арнап бериле турган мүчө, сайып койгон байге бар экенин айтып, Көкөтөйдүн азасына кырк нарга казына жүктөп, кырк байтал айдап, антын актап келбесе, Көкөтөйдүн айчыгы алтын кызыл туусун ордоңон көрсүн деп, Жаш Айдар андан ары кетти. Эр Көкчөгө жетип, Кошойго айткан сөзүн ага да айтып, аны да опузалап, андан ары өтүп Жакып кандын Манаска жетип барса, Манас кырк чорого он эки таман ордо салдырып, оюн куруп чардап жаткан экен. Салам айтып Манастын үстүнө атчан кирип барган Жаш Айдар: Көк дөнөндүн башы бар, Көкөтөй кандын ашы бар, Чаба турган аты бар, Тарта турган эти бар, ата-атанын уулуна бере турган мүчө бар, ашымды бийлеп берсин деп, эр Кошойго айткан сөздү эми Манаска да айтып салды. Манас Кыргыл чал баш болгон кырк чоросуна кайрылып, атын союп, өзүнүн башын алып салгыла деп буйрук бергенде, кырк чоро Жаш Айдарды аттан оодара тартып, башын алмак болгондо Жаш Айдар ыйлап туруп: баатыр төрөм падышам, жалгыз элем уядан, менин жанымды кыя көрбө деп Манастан кечирим суранат. Манас башын көтөрүп, кылагар көзүн кылайтып, кыл мурутун шыйпайтып, кечээ Ороздун он уулу олжого зордук кылганда жалгыздык баштан өттү эле деп өлтүртпөй бошотуп жиберет. Жаш Айдар Манаска жалынат: айланайын атыңдан, эч кетпейин кашыңдан, көчкөндө коюң айдайын, отуң м-н кирейин, күлүң м-н чыгайын, нөкөрүң болоюн, ат токуучуң болоюн. Муну уккан Манас бул кулдун айтып турган сөзүн көр деп, аш берүүнү өзүнө кеңешпегенге ачуусу келет. Кырк чорого Калкамандын Кара атын Элемандын эки атын элинен кармап келгиле. Ак чатырды бүктөгүлө. Аксаргылга жүктөгүлө, Көк чатырды бүктөгүлө, Көксаргылга жүктөгүлө. Тулпарга кошту тартыңар, Бокмурун көздөй жортуңар. Мен Бокмурунга бирди кылбасам Манас атым өчсүн дейт. Ошондо Жаш Айдар: баатыр төрөм, бадышам, айдын бурчун алты айланып, жердин бурчун жети айланып келгиче алда нечен жыл өтөр. Мени коё берсеңчи, байгени айтып берейин. Чабылууучу аттын баш байгеси тогуз торко тон, токсон калча кул, сан саанчы күң, сан сарыча төө, сары баш бээ саят. Ортосун айтпаганда эле аяк байгесине алабаш жорго ат, алтымыш атка мингизип, алтымыш калча кул, ботолуу төө нар, балалуу ногой күң, манаттан жапкан үй саят. Манас Жаш Айдарды бошотту. Мааникерге минип Жаш Айдар Айкожо жакка кетет.

Жаш Айдар кеткенден кийин Манас кырк чоросуна мындай дейт, баарыңар бирдей опок-

шош кырк кара боз мингиле, кырк кара көк кийгиле, ок-дарыңды камданып, жарак-жабдыкты шайланып, түз атар м-н бат атарды алып, тезинен атка мингиле, Аккулага жибектен чылбыр тактырып, манаттан жабуу жаптырып, жетелеп алып жүргүлө. Ошентип, Манас атданып жолго чыгышат. Атданып кеткен Жаш Айдар Айбанбозун асасына байлап коюп, намаз окуп отурган Айкожого жете келет. Салам берип Жаш Айдардын айтып турганы: Көк дөнөндүн башы бар, Көкөтөй кандын ашы бар, ата-атанын уулуна бере турган мүчө бар. Кожом, сага Бокмурундан салам бар. Ашымды бийлеп, баптап ак батасын берсин дейт. Алакандай кат жазып Мааникерге таксын дейт. Ошондо ыкыласын коюп Айкожо оң батасын бериптир. Ала шалбырт жаз м-н кабар жеткен дүйүм алптын баарысы келип болуп, уй түгүндөй каапырлар ж-а мусулман да жыйылып бүтөт. Бокмурун Манас эмне келбейт деп тынчы кетип, төмөн карап, Ачуусу м-н менин баламды ыйлатканы, байталымды туйлатканы келеби. Алдына тартуу алып чыгайын Бокмурун тогуз жоргого, тогуз жамбыны байлатып, сурнай баштуу Суржоргону, кекилик баштуу Кержоргону алып, Манастын астынан чыгат. Кырк кара боз минген, кырк кара көк кийген көк коёнго окшошуп, кырк чорону зэрчитип, ач бүркүттөй шаңкылдап Манас келип калат. Манас ачууланып, Бокмурунга сага бирди кылбасам, каныңды суудай чачпасам, сен билер сөз беле, же Байдын уулу Баймырза билер кеп беле деп күпүлдөйт. Анда Бокмурун алуучу болсоң жан, төгүүчү болсоң кан, кесүүчү болсоң баш мына, төрөм дейт. Манас: сенин арка кулагыңды жулуп, элиңди аралата чаап, түбүңө биротоло жетейин дейт. Бокмурун: Баатыр Манас бадышам, терең элең өткөрчү, теңиз элең кечирчи деп, алдына тогуз жоргону катарлап тартуулаганда, бөтөнчө тогуз жамбыны көрүп, Манас мусулман м-н каапырдын ортосуна келгенде тартуу алдым деп, бир компоюп калган экен. Ошондо «жаба», «жаба», «мөндү» деп калмактар кемеге башынан эттин бышканын бышылай, чийкисин чийкилей ала качып, талоон салып жүргөнүн көргөн Манас калмактардын бул кылыгына чындап ачуусу келип, колуна асый аттын терисин өрүм кылган, кунан өгүз терисин өзөк кылган, тел музоонун терисин бүлдүргү кылган, булдурсунун алып, «жаба» деген калмактын жаагын айра чаап, «мөндү» деген калмактын башын тиле чаап, кемеге башынан алыс айдап салат. Мусулман эли эс алып, Манаска алкыш бата беришет.

Капырдын каны Нескара мусулмандын алпы кандай, аты кандай экен билмек болуп, Кошойго келип салам берет да ашка келген кыргыз алптарын сурай баштайт. Эл агасы эр Кошой, тиги ай кулагы калкандай, алайган көзү чолпондой, мурду тоонун сеңирдей, муруту чөлдүн камыштай болгон кишиң ким эле десе, эр Кошой Нескараны кекээрлеп: атаңдын көрү ит бүрүк, сен аны кандай билбедиң. Кече он экисинде ок аткан, он үчүнө жеткенде ордо бузуп, уй чапкан Жакыптын уулу кан Манасты кантип билбей калдың, бүрүк ай дейт. Ошентип, Нескара кыргыздардын баатырлары эр Төштүктү, Эдигени, Үрбүнү, эр Карачты дагы башкаларды бүтүндөй ылгап, сындап чыгат. Анан Нескара аттардын баарын санап сындап өткөрөт да аттардын ичинен Аккулага айла жок экен, биринчи байге Аккуланыкы болот, бирок байгени Жолой тартып алат, дейт: Анан дагы Нескара: Мааникерди жактырып, Эсенканга тартууга бергин дегенде каапырдын каны Нескара, мен Манаска барып кеңешип, анан жообун берейин. Манас бер десе Мааникерди өзүм алып келип берейин. Мен билбеймин бул атты. Манас атты бербесе мен сени экинчи көрбөйүн, бүрүк дейт. Кошой Манаска келип Нескара оңчу жан эмес, Мааникердей күлүктү Эсен кан минер ат деди, Мааникерди эр Жолойго тартсаңчы, ага кеңеш салып ашты өткөрүүгө андан жооп алсаңчы дегенде Манас Кошойго айтат: эмнеге мынча пас болуп, коркок билиш болосуң. Капырың бокту жебесин дейт да Аксаргыл атты токутуп минип, уй түгүндөй каапырды аралап кирип барат. Ат сураткан каапырлар Манасты көргөндө Мааникерден түңүлүп, чөгөлөп, маңдайын жерге тийгизип, кол куушуруп, кайтарып сөз айтпай, бул ашты өзүң билсеңчи, аттарды айдоого салып ийсеңчи, эки тизгин, бир чылбыр, өз колуңа алсаңчы. Таң-тамаша оюнду өзүң баштап берсеңчи деп Манастын алдында бүжүрөп туруп беришти. Каары кармаган Манас: сага кеңешти ким койду да сага сөздү ким берди деп, алдында турган калмакты булдурсун м-н бир салганда ал элди айлана качат. Ошентип, Көкөтөйдүн ашына келген бардык журт аштын бийлигин Манаска беришет.

Манас Кошойго кайрылып кеңеш салып аттарды ары барганы алты ай, бери келгени алты ай, чабыла турган аттарды он эки айда көрөлү. Ошон үчүн ат чабуучу балдардын канжыгасына түгөнгүс гүл азык байлайлы. Аттар келгиче таң-тамаша куралык деп, Манас аттарды айдоо камын көрө баштайт. Эки жактан айчылар чыгып ат эсебин алганда эки миң сексен ат болот. Мааникерге минип, ат айдоого кошулуп, жөнөгөн Жаш Айдарга Бокмурун астындагы Мааникер алты айчылык жол басса ал табына келчү эле, жети айчылык жол жүрсө, жол табына келчү эле. Кечээ Самаркан барып чапканда Сары кандын ашында сан жылкыдан чыкты эле. Жетип кайра тарткanda Мааникердин оозун коё бербей тартып кел. Оозун коё берсең өзгө аттардан ашып, марага үч күн мурда келип, өз байгесин өзү алды деген домок сөзгө калабыз деп Жаш Айдарды аттарга кошуп жиберди.

Эртесинде болгондо Бокмурун Көкөтөйдүн сан жылкысынан токсон торала айгырды үйрү м-н айдатып келип, күрөшчөргө эки балбан чыксын, жыкканы бул жылкыны алсын деп, жар салды. Көп жылкыны көргөн каапырдын каны эр Жолой, бул малдын бирин койбой аламын, чыккан балбанын соёмун деп, тоодой тоңкоюп, ортого чыгып келди. Жолойду көрүп Кошойдун эси чыгып, калдаңдап калыптыр. Кимиңер чыгасың бул каапырга деп, ага да

барыптыр, буга да барыптыр. Баатыр Манас сен кандайсың балбанга, күрөшүп намыс алганга дегенде, Манас мындай дейт: оо, эл агасы эр Кошой Аккуланын үстүндө Акдөө келсе аңтарам, Көкдөө келсе көңтөрөм. Мен жөөгө турбас ит элем, жолой албайм Жолойго, байгени алсаң менден ал дегенде Кошой айласы кетип, Төштүккө, Көкчөгө, Жаанбайга, Багышка барат, Акбай, Мамбеттер качып макул болушпайт. Айласы кетип акыры Көккоёнго келгенде, Көккоён макул болуп, өлсөм өлүп калайын, өлбөсөм намыс алайын аке дегенде, Кошой Көккоёнду алптарга көрсөтпөй жашырып балбанга салмак болот. Аны байкап калган Манас Кошойго ачууланып, бала бөөдө өлүмгө учурайт да ошондо намысыбыз колдон тайбайбы дейт. Эмдиги намыс сеники, Жолой м-н кармашып өлсөң өлөрсүң, өлбөсөң, намыс аларсың деп Манас Кошойго катуу айтат. Ошондо жаш күнүн эстеп, же жыйырма бешим, же отуз бешим, же кырк бешим, же элүү бешим, же алтымыш бешим, же жетимиш бешим, же сексен бешим эле болсочу деп токсон бештеги Кошой арман кылат. Күрөшкө түшмөк болгон Кошойго Айдаркандын Көкчөсү басып келип, сенин шымың окура баскан буралуу марал териси, баатыр. Каапырдын каны эр Жолой алаңа колун салбайбы, багалектен албайбы да шымыңды айрып салбайбы. Аброюң ачылып, ошондо намысың колдон тайбайбы. Алты жылы малмалга салып, Каныкей тиштеп тиккен тоо текенин терисинен жасалган Манастын шымын сурап кийсеңчи дегенде Манас шымын кармата берет. Куп жарашкан шымды кийип тайлак төөдөй талтаңдап Кошой Жолойго басып барат. Атан төөдөй алчаңдап тура калган Жолой Кошойдун жүрөгүнүн үшүн алуу үчүн коркута сүйлөйт: оо, ат башындай жүрөгүң, мага айбыкпай кантип келдиң сен. Кой башындай жүрөгүң, коркпой кантип келдиң, сен. Санындан алып ыргытып, Самаркан көздөй урбасам, бутуңдан алып ыргытып, Букара көздөй урбасам, сени бир бөөдө өлүм кыла албасам Жолой атым курусун. Анда Кошой муну айтат. Атаңдын көрү ит бүрүк, сен күчүңө саларсың, мен кудайга салайын деп кармаша кетишти. Буурадай болуп булкушуп, булчуң эттен жулкушуп, тай букадай сүрүштү. Күнүтүнү тынбастан кырк беш күн кармашты. Жанына жетип келип Манас, абаке Кошой, акылыңдан таңдыңбы, же эрмек кылып, таң-тамаша сүрүп жүрдүңбү дейт. Анда Кошой Манаска карап колун шилтеп ары бас эле Манас, ары бас. Бул каапырдын кара күчү мол экен. Бу соргоктун ич мыкысын билим алдым. Мунун бир күндө жеген ашы тогуз бука, тогуз кочкор, тогуз буура, тогуз айгыр эти экен. Бир күндөгү ичкени токсон саба кымыз экен. Даам сыздырбай бу соргокту эрмек кылып жүрөмүн. Эртең таламандын тал түштө талпагын ташка жаямын дейт, Кошой. Эртесинде Жолой Кошойду жата калып ыргытам деп, өзү чалкасынан түшкөндө Кошой көөдөнүнө минет да, башынан аттап кетет. Карыганда кан бабабыз намыс алып берди дешип, дүйүм алптын баарысы атынан түшө калып, калы килемге салып көтөрүп кетишет. Канибыздын башынан аттап кеткени эмнеси дешип, калмактар жабыла атка минип мусулман калкын каапырлар Самаркандын көк ташын көздөй сүрүп барат. Каптап келген калмакты көрүп ачуусу келген Манас Акбулчуң күлүккө ыргып минип, калмакты кайра жапырат. Муну көргөн Бокмурун туурасынан чыгып, ашты берген киши күнөкөр, журтка бүлүк салбачы деп Манасты коштоп алып кетет. Жыгылган жеринде турбай жаткан Жолойго Бокмурун тогуз жорго тартуу кылат. Жыгылганына карабай тартуу алдым деп бир компоюм калган Жолойду солондор атка мингизип алып кеткен соң Бокмурун мусулман м-н каапырдын ортосуна дагы тогуз жорго алып чыгып, эр сайышты баштамак болот. Тула боюн топчулап, тултуйган кызыл бетин үчүлөп каапырдын каны Жамгырчы карагай найза колго алып, жер ортосу Боз-Дөбөгө чыгып келет. Муну көргөн эр Кошой Манасты сайышка чыксын деп чакырат. Манас Алмамбеттин Сараласын, андан соң Көкчөнүн Көгаласын минип сындан өткөрүп, Көгаланы жаратып жоо кийими ак олпокту кийинип, карагай найза алып Боз-Дөбөгө жетип келет. Жамгырчы м-н Манас беттешип, Манас аны аттан ыргыта саят да, атын кармап алат. Сайыш деген бар эле, ат алат деген эмине деп каапырлар дагы «мөндүлөшүп» каптап, мусулманды Самаркандын көк ташын көздөй айдап кирет. Ачуусу келген Манас калмакты кайра жапырып киргенде, Бокмурун дагы келип, Манастын ачуусун басат. Жыгылган жеринде турбай жаткан Жамгырчыга тогуз жорго кыналап Бокмурун тартуу бергенде тартуу алдым деп Жамгырчы да бир компоюп калат.

Эртеси шурудан буйла тактырып, калы килем жаптырып, карача каймал туу ингенди ортого байлап, төө чечмейди баштамак болот. Калмактын каны Оронгу энеден туума жылаңач чыгып келет. Эки колун төбөсүнө алып, төөнү тиши м-н чечип алат. Муну көгөн мусулман м-н каапырлар шатыра-шатман күлүшүп, тамашага батышат. Манас дүнүйөң жок беле деп, Оронгуну уялтмакчы болуп сөз айтса, анда Оронгу кайра Манаска ошол жердеги баатырларды бирден санап, Манастын өзүн кошуп баарыңарды тапкан менин абийирим деп мазактайт.

Эртеңки күн болгондо токсон тору айгырдын үйүрүн айдап келип, кай жыкканың алгын деп элдин ортосуна токтотот. Муну көрүп бүйрү кызыган, Коңурбай ким чыгар дейсиң, күрөшпөй эле байгени алам деп, аттан ыргып түшүп күрөшкө чыкты дейт. Кошой Манаска келип кимди чыгарабыз десе Манас Кылычтын уулу эр Агышты таап келгиле, кыз жандуу неме эле, кыз жандап кеткендир деп айтат. Кошой Агышты Айкандын кызы Алтынайдын айлынан таап Коңурбай м-н күрөшүп, колумду булгабайм дегенине болбой алып келет да күрөшкө салат. Агыш м-н Коңурбай отуз беш күн күрөшүп, Коңурбайды эр Агыш төбөсүнөн жер сайдырып жыгып кетет.

Эртеңки күнү болгондо Манас нечен күн-түн өттү, алабаш жорго, чубар ат байгеге камдал-

ды. Эл агасы эр Кошой байгени карап көрүп кем-кемтиги бар болсо толтургун, мен ат жолуна барамын деп үч күнчүлүк жолго жөнөп кетет. Кырк чоросу түптүү чынар теректин түбүнө токтоп, Акбулчундай күлүктү аса байлап, Аколпокту айкарасынан жамынып, тогуз күн уктап калат. Чабылган аттардан кабар угулганда кырк чоросун чогултуп, Манас төлгөчүсүнө төлгө тарттырып, Көз ачыгына болжолун каратып, жер тыңшарына жер тыңшатып, так айта көр дейт. Жер тыңшар Актар жер астын тыңшап: Оо, баатыр Манас бадышам, кайсы экени билинбейт, алтай, алтай, каңгай, Кошой, Көкүм, Көкүм деген ураан көп деп Актар айтканча аттын алды көрүнүп калат. Алды Жолойдун Акбууданы, анын артынан Үрбүнүн Кыткарасы, анын артынан Жамгырчынын Аксаргылы, андан кийин Төштүктүн Чалкуйругу, Чалкуйруктун соңунан Жаш Айдарга оозун бербей Мааникер келет. Мааникердин артынан Жанаалынын Уртору, андан кийин Ороңгунун Оркула, эр Багыштын Суркоён, анын арка жагынан Аккуланы жаңыдан чоро болом деп Манаска келген Алмамбет сүрөп алыптыр. Аккуланы көрүп, Манастын ачуусу келип, Аккула сени жебесем деп Аккуланы жетектеп келе жаткан Алмамбетти көздөй жөнөйт. Анда Алмамбет: төрөм, төрөм десе мынча неге мынча дүркүйөсүң, Манас, Манас дегенде мынча неге сен барчаясың, үйлөп койгон чаначтай, мынча неге дардаясың. Кече атты өзүмө жайлатпай же Чалкуйрук м-н кошо тердетпей сенин бул эмне кылганың деп, Алмамбет таарынычы сөзүн айтат. Ошондо Манас баатырың Жакыптап ураан чакырып, Аккулага катыра камчы салганда Аккуланын тайдай эти тарап, тайгандай жүнү түзөлүп, алты айчылык жол басып, ал табына келип, жети айчылык жол басып, жол табына келген Аккула көк булуттун асты м-н муундуу чөптүн үстү м-н аркырап келип учкан дейт. Өңгө аттардан күнчүлүк чыгып озуп кетет. Аны көрүп Манас Акбулчуң оозун тартып туруп калат. Кырк чоро Манастап ураан чакырып Аккуланын артынан кетет. Артта калган Манас артылманын Ак-Кыяга келип, аты баспай ашууга такалып калат. Манас атынан түшүп, Акбулчуңду кыр аркага салып Ак-Кыяны ашып түшөт да, кайра атына минип, аш берген жерге жете келет. Келсе Аккула аса байлалуу, кырк чоронун башы көзү жаралуу эмне экенин түшүнбөй байгени кайсы ат алганын билбей, Аккула албаса аны соёлу да этине мыктап тоёлу, сөөгүн итке, кушка жыттатпай бачайы м-н оройлу, макмал м-н чулгайлы, Масажалдын белине саарлап барып коёлу деп кырк чорону бирден санап чыгып, эмне болгонун сурайт. Ошондо Ажыбай эр Жолой Аккуланын байгесин тартып алып, кырк чорону сабап кеткенин айтат. Муну уккан Манас ордунан ыргып туруп, айбалтасын алып, Аккулага жайдак минип, Жолойду курчап турган каапырларга качырып кирип барат. Айбалта м-н Жолойдун жаагын эше чабат. Манастын кылычын Бокмурун жете келип, акемдин ашы өтсүн, аш берген киши күнөлүү, байгеңди Жолойдон өзүм сурап берейин деп атты чылбырдан алып жетелеп кетет. Жаагынан аккан канын эптеп токтотуп, чиркей эле бу Манас, чымын эле бу Манас, чагып эле кетти жаагымды деп, Жолой баатыр күпүлдөйт. Муну уккан эр Манас Жолойго алтымыш эрди бир жутуп, кан жыттанган ит, алтымыш жылы жөө басып, тер жыттанган ит. Кечээ Үңкүрчөнүн оюнда, Үч-Капкактын боюнда отор төөңдү тартып алган мен Манас, эми сенден коркомбу. Агайкандын жолунда, Көгөйкандын жолунда жылкыңды тартып алганда сени бир өлтүргөм, эми сенден коркомбу, байгемди бергин ит Жолой дейт. Жолой Манастын сөзүнө кулак какпастан, өлсөм өлүп калармын өлбөсөм сага кылармын, жети сан кол жыйып келип, анан өчүмдү аламын деп, калмактарын ээрчитип жүрүп кетет. Манас кол сурап Кошойго, Төштүккө, дагы да башка баатырларга кайрылат. Алар ар кайсы сөздү айтып жубатып, кол беришпейт. Манас акыры кудай дешкен досу Көкчөгө кайрылып, Көгала аты м-н Көккүбөсүн сураса калмак м-н аралаш жашайм, Көгала м-н Көккүбөнү тааныган калмак келип элимди талоонго алып кетпейби. Кааласаң же Акеркечти, же Умсунайды, же Үмүтайды алгының дейт. Муну уккан соң Манас Боз-Дөбөгө барып жатып алат. Эртеси кырк чорону жыйып, жыйырмасын жортуулга чыгам азык камдап берсин деп Каныкейге, Акболот жасап берсин деп жыйырмасын төкөр уста Дарканга атказып жиберет. Каныкейге түшүндө аян берген экен, чоролор келгенче даярлап, дайын кылып коёт. Даркан уста отуз уулу м-н токойго кирип, Манас айткандай алты күндө Акболот себилди жасайт. Даркан уста Акболоттун сырын Манаска өзү айтып бермек болуп кошо келет. Кынга салса кылт этпейт, суурул алса жылт этпейт. Батагындан аларда, капырды көздөй саларда, ай жакка карай шилтесең, алтындан чаңы жазылат, Күн жакка карап шилтесең, күмүштөн чаңы жазылат, төрөм. Акырын шилтеп бек тарткын, кокустан жерге түшпөсүн, колуңдан жаздым болбосун. Жүзүн жерге каратпа, төрөм, деп төкөр уста Даркан батасын берет.

Манас бардык камылгасы бүткөн соң ак чатырды бүктөтүп, кошту жүктөтүп, күнү-түнү тынбай жүрүп, Тал-Чокуга келет да Манас эки жагына көз салып кудайга жалынып, Ажыбайды кароолго жиберет. Эртеңинде көп кол м-н Жолой келип калат. Каптап келген калың колдун ичинде кызыл желек туу кармап, кара ала ат минип келаткан кытайлардын сыр мурундуу Коңурбайын Манас көрөт. Алмамбетти чакырып Коңурбайды көрсөтүп, кокту м-н барып, тушуңа келгенде найза сундуруп кол сал. Чамаң келсе ат-маты менен жыга көр. Чамаң жетпесе, эптеп атын ала көр дейт. Алмамбет капталынан качырып найза сайганда Коңурбай аттан жылмышып түшүп калат. Аны көргөн Жолой Ачбуудан м-н Алмамбеттин артынан кууп жөнөйт. Орто жолдо Сарала жүрбөй калып, Жолой Алмамбетке бута атымдай жете келет. Сараладан түшө калып Каралага минсе, жоонун аты эмеспи, оозугун чайнап

туруп алат. Алмамбет кайра Саралага минет. Жолойдун жетип калганын көргөн Манас тууралдан качырып, Жолойду аттан сайып түшүрүп, Ачбууданды кармам алайын десе, карчыга болуп асманга чыгып кетет. Манас Алмамбетке Акболотту сынаймын Жолойдун кийимин чечтирип, чочойтуп отургузгун дейт. Манас Акболот м-н Жолойдун башын кыя чабат. Денесин чабуу үчүн катуу шилтеген кылыч денеден өтүп жерге кирип кетип, туткасы колунда калат. Алмамбетке отун алдыртып Жолойдун денесин өрттөтүп жиберет. Ачбуудан асманда жүрүп ээмде атаңдын деле кеги жок эле эмнеге өрттөп салдың, эми сага карматпайм деп, күйүп жаткан отко түшүп кетет.

Манас баатырдын кырк чоросу жабыла атка минип, алты сан калмакты алты аралап, жети сан калмакты жети аралап согушат. Манас калың колдун ичинен Алгарасын минип алган Коңурбайды көрөт. Качкан Коңурбайды кубалап Манас Көк-Меженин суусун кечип өтөрдө Алгараны куйруктан алганда куйругу колдо калып, Коңурбай кутулуп кетет. Куйругунан ажыраган Алгарага тил бүтүп, ал Коңурбайга мындай дейт, кытайлардын кыр мурундуу Коңурбай ээм, кулагымдан айрылып, чунак кара ат, куйругумдан айрылып, чолок кара ат болдум. Куйрук-жалым курусун, менин Жолой алпым канакей? Жолой алп да курусун, жалымды кашып берүүчү жан шеригим Ачбуудан тулпар канакей? Ачбууданы курусун, менин капкалуу көп журтум канакей? Эми элге не деп барабыз, журтка не деп айтабыз? Манастын аты арып калыптыр, өлсө өлүп калалы, өлбөсөк кекти алалы, дейт. Коңурбай суудан кайра кечип өтүп, Манаска келип үн салат. Токтой тур Манас, токтой тур. Менин да бир кишиче алым бар эле. Аркалыктын Сары Талаага ат жарышмак ойнойлук. Үзөңгүнүн боосунан оодарышмак ойнойлук. Андан айла болбосо найза м-н сайышып, кылыч м-н чабышып, андан айла болбосо такыядай баш чукуу, тартып алып беришип, андан айла болбосо ай балта м-н чабышып оюн кылалык дейт. Манас макул болуп, башын тосуп бергенде Коңурбай айбалта м-н оройго чапканда ташка тийгендей чак дей түшөт. Чапкан андай эмес, мындай деп, Манас Коңурбайды орой чокуга чапканда тоңкоюп барып жатып калат. Манас Аккула м-н кайра тартып, кырк чорого келет. Кырк чоронун баарысы он эки сандан олжо алып, эң кенжеси Тазбайматка жети сан олжо тиет. Ошентип, Манастайын баатырың каапырдын журтун канап жеп, мусулман журтун санап билип, аягы бөтөгөлүү Кой-Таштан, башы Кызыл-Кыя, Сан-Таштан элди сурап калат. Манас баатырың боору чаар, сырты көк кара чоктуу калмактын журтун каратты. Кызыл чоктуу кытайдын журтун каратты. Кашкардан алтымыш асый, кырк кундуз алым жеди, Кокондон сексен байтал, жүз кундуз, зекет жеди. Мындан кийин жакшылар Манастайын баатырга батаңарды бергиле...

*К. Кырбашев, К. Ботояров*

**«КӨКӨТӨЙДҮН ЭРТЕГИСИ»** — казак тилиндеги котормо китеп (Алматы, 1973). Китеп Ч. Валиханов кыргыз жергесинен 1856-ж. жазып кеткен «Манас» эпосунун «Көкөтөйдүн ашы» эпизодунун казак тилине А. Маргулан тарабынан которулган котормосу. Текстологиялык иштерин М. Магаун жүргүзгөн.

**КӨК-ӨТӨК** — топоним. Манастын Аккуласы туулган жер.

Кара-Суунун четинде,
Көк-Өтөктүн бетинде
Минген атын суудуруп
Кара жалдуу кула бээ
Бир ак сур кулун туудуруп (СО, 1. 65)

отурган Жакыпты сүйүнчүлөп келген Акбалта К.-Ө-төн табат.

**КӨК-ТАЛ** — топоним. Манас баштагы кыргыздар Алтайдан Таласка көчкөндө «Көк-Тал» бойлоп сыдырып, Чоң Илени кыдырып» (СК, 1. 167) басып өтүшөт. Географиялык реалияда Иле чөйрөсүндөгү суу.

**КӨКТЕЛКИ** — *Мунардын* күлүгү. Тейиш кандын тоюнда байге алган кырк аттын бири (СО, 2. 66).

**КӨК ТЕҢИР** — асман кудайы. «Манас» эпосунда мифологиялык терминдердин бири:

Кул, байынан калбасын,
Кубатына карасын,
Куруганын биле албай,
Көзүн ачып жумганча
Көк-Тенир уруп салбасын!

К. т. эпосто теңирдин синоними катар да колдонулат. Мис., «Төшү түктүү жер урсун, Төбөсү ачык көк урсун», к. Теңир.

**КӨК ТУЛПАР**, Көкчолок — *Бакайдын* тулпары (СО, 2. 340).

Б. Жумабаев. Көктулпар.



**КӨКҮРӨК** — топоним. Манас баатыр өзү катылган Шоорук канды жеңүүдө К-тү жердеген кыргыздар да катышат (СО, 2. 206).
**КӨКЧЕБИЧ,** к. *Көкказык.*
**КӨКЧОЛОК** — Акбалта Манастын төрөлгөнүн сүйүнчүлөп Жакыпка барганда минген ат (СО, 1. 65).
**КӨКЧӨ** — эпостогу негизги каармандардын бири. Казактардын каны, белгилүү баатыр. СОВдо Көкчө эпостун сюжетинде дээрлик башынан аягына чейин катышат. Атасы Айдарканды ээрчип жүрүп, эл-журтун душмандардан коргоого активдүү катышып, жоодон тартынбай нечен жолу жекеге чыгып, баатырдык көрсөтөт. Эпосто К-нун баатырдыгы башка каармандар м-н тең катар бааланат. Сагымбайдын айтуусунда Көкчө Манаска келип кошулуп, өзүнүн биринчи эрдигин кытай баатыры Нескара м-н болгон согушта көрсөтөт. Салбырында жүргөн бир курдуу балдар Манасты кан шайлап алышат. Кийин эл чогулуп Манасты кан көтөрүшкөндө К-гө төрөлүктү ыйгарышат. Башка кандар сыяктуу эле К. да Манас м-н бирдикте Чүйдү, Анжиянды бошоткон жортуулдарга атасы Айдаркан баштаган колу м-н катышат. Ар бир кан өз алдынча жер-жерлердеги калмак кандарына каршы жөнөгөндө К., Айдаркан Кер-Көлдөн өтүп, Алматыга ашып түшүп, Иле боюн ээлеген калмактын каны Илебинге каршы барат. Каны мурун Манастын колу м-н болгон согушта өлгөн эл каршылык көрсөтө албай багынып, Буудайбек сулууну баш кылып тартуу тартат. К. Буудайбекке үйлөнүп, Иле боюнда калат. Манас чакыртканда гана башка кандар өңдүү өз колу м-н келип турат. Эпосто Көкчө Алмамбетке байланыштуу окуяларда кеңири айтылат. Алмамбеттин келиши м-н К-нун иши илгерилеп, К-нун көңүлү да Алмамбетке бурулуп калгандыктан, казак төбөлдөрү көрө албастык кылып аларды араздаштырууга аракеттенишет. К-нун алабарман, ичи тар ишенбөөчүлүгүнөн пайдаланып, эл арасында Көкчөнүн аялы Акеркеч м-н Алмамбет экөөнүн көңүлү жакын экен деген ушак кеп таратышат. Акылдуу Акеркеч Алмамбетти актап, Көкчөнү уяткарат. Анын Көкчөгө кылган кызматын, адамдыгын, жолдошчулугун айтат. Алмамбетти көрө албагандар акылы азыраак *Буудайбекти* күбөгө тартып, чагымчылдар Алмамбетти кетирип тынышат. Аягы К. жети канга кошулуп, Манаска каршы кутумга кирет, Бээжинге чоң казатка чогуу аттанат. СКВда да К. казактын каны, өзүнө ылайык Көкала тулпары бар белгилүү баатыр катары сүрөттөлөт. Анын мүнөзүндө алабармандык, мактанчаактык, ала көөдөндүк, өзүмчүлдүк өңдүү терс жактары бар экендигине карабастан ал душманга каршы тартынбай кармашкан эр жүрөк баатыр. Кийин Көкчөнүн уулу *Үмөтөй* чоң казатта окко учкан атасынын кунун Семетейден доолайм деп, бөөдө өлүм болот.

*К. Кырбашев*

Т. Герцен. Көкчө.



**КӨКЧӨКӨЗ** — каарман, көзкамандардын бири. Айрым варианттарда Көзкамандын баласы делсе (СОВ, РЖВ), айрымдарында Көзкаман м-н К. бир тууган делет (СКВ). Көзкамандардын окуясында К. активдүү катышат, к. *Көзкамандар, «Манастын» сюжетиндеги* Көзкамандар окуясын.
**КӨК-ЧЫНАР** — топоним. Алтайдан кыргыздар Ала-Тоого көчүп келгенде, Таласта, Кеңколдун оозунда Манас туу көтөрүп такка олтурган жер.

Кайнардын кара көзүндө,
Көк-Чынардын өзүндө
Төрт-Күлдүн төмөн жагында,
Туу көтөргөн жаңыдан,
Туйгунуң Манас тагында (КВ, 1. 112).

**КӨК ЫРАПС ТОН** (орусча — репис, репс) — Чубактын ырапстан (репстен) жасалган баатырдык сырт кийими. Тондун көк асман м-н (көк теңир м-н) түстөш болушу баатырды ар кандай кырсыктан сактоочу кереметтүү касиетке ээ экенин кабарлайт. Көк түс колдоочулук күчкө ээ болгондуктан Чубактын тону гана эмес, минген тулпары — Көгаланын да өңү көк. Дегеле эпостогу баатырлардын сырткы көрүнүшү көк түстө болушу мүнөздүү көрүнүш. Мис., «Көк сүлөөсүн бөрк кийген, көк ала Калкан ойногон, Көк тулпар сындуу ат минген» — деп сүрөттөлөт. Байыркы түрк элдери көк тонду касиеттүү санашканы тарыхта белгилүү. Мис., байыркы көк түрктөрдүн кагандарынын башкы акылчысы ж-а

кол башчысынын эр аты (эр жеткенде негизги белгисине, сапатына же мансабына берилчү ат) Тонукөк болгон.

**КӨЛ**, к. *Ысык-Көл.*

**КӨЛБАЙ** — кейипкер. Манастын аталаш иниси, «алты арамдын» бири. Манас өлгөндөн кийин агаларына кошулуп, Манастын үй-бүлөсүнө кордук көрсөтүп, дүнүйөсүн талап алууга катышкан. Кочкордун көкүтүүсү м-н кырк чоро экинчи жолу качканда алар м-н кошо Семетейдин колунан өлөт (СК, 2. 249; 1. 276, 310, 319, 330, 336, 339).

**КӨЛ-КАМЫШ** — топоним. Чоң казатка аттанган Манастын колу К.-К-ты басып өтүшөт (СО, 4. 130). Географиялык реалияда Казакстандын Алматы обл-на караштуу аймак.

**КӨЛ-КЕЧҮҮ** — топоним. Ит-Ичпес дарыясындагы терең кечүү. Кытайлардын жылкысын тийген элдик баатырлардын артынан Коңурбай куугунга түшөт. К.-К-нү көп жылкы кечип өтмөк болгондо кууп жеткен көп душман туш-туштан жабылып, Манастын минген аты Айбанбоздун начардыгынан пайдаланып айласын кетирет. Алмамбет м-н Чубак жардамга келип, Манас аркы өйүзгө чыгат. Бирок, жоо Алмамбет м-н Чубакты кармап алмак болгондо Алмамбеттин айтканына көнбөй Манас кайрадан К.-К-гө салып аларга жардамга келет. К.-К-дө жоонун көбүн кырып, экөөнү ажыратып алат. Аңгыча Бакай баштаган кол да жардамга келет (СО, 4. 331, 333—334).

**КӨЛӨП** (тажикче Куляб) — топоним. СОВдун ж. б. манасчылардын варианттарында кыргыздар мекендеп келген жерлердин бири катары көп эскерилет. Мис., Көкөтөйдүн ашында Бокмурун атасын көмгөнү элге кабар жиберип «Аягы Ысар, Көлөптү, Башы Жызак, Жөлөктү, Кабар берип баарысын» (СО, 3. 43) чакыртканда айтылат. К. эпоско 1635—36-ж. кыргыздардын бир бөлүгү Ысар, К-кө келгенде (к. *Ысар)* кирип калган. Анткени, бул жылы Махмуд ибн Валинин «Бахр ал-асрар» аттуу кол жазма чыгармасындагы маалыматка караганда 12000 түтүн кыргыз К. м-н Ысарга кыш мезгилде келген. Азыркы кезде ошол келген кыргыздар Тажикстанда, көпчүлүгү Ооганстан м-н Пакистанда Памир тоолорун жердеп турушат.

**КӨЛ-СУУ** — топоним. Манас калмак-кытайлар башта басып алган ата журтун бошото баштаганда анын Кочкор өрөөнүнө жиберген колу душмандын айрым бөлүктөрүн ушул жерде багынткан. «Азыркы атын Түндүк дейт, Андагы аты Көл-Суу дейт» (СО, КФ, 576-инв., 541—543-б.). Географиялык реалияда Кочкор өрөөнүндөгү жайлоо.

**КӨМӨК** — топоним. Бокмурун Көкөтөйдүн ашына эл чакырганда эскерилет:

Балыктын башы Көмөктөн,
Бактысы ашык бөлөктөн
Кыргыз уулу бу дагы
Улугу Багыш жедигер,
Жедигердин Багышы
Уруудан чыккан бу бир эр (СО, 3. 53).

Географиялык реалияда Ооганстандын чыгышындагы жер.

**КӨМӨСАРА ЧОҢ-БЕЛИ** — топоним. Бээжинге казатка аттанган кол «Көмөсара Чоң-Бели, Ары жагында жердеген Нескаранын көп элин» (СО, 4. 136) басып өткөн.

**КӨНӨК** — эпизоддук кейипкер. Перилердин тайып уруусунун башчысы. Көкөтөйдүн ашына чакырылат, бирок келгени айтылбайт (СО, 3. 92).

**КӨНӨР** — топоним. Алтайдан Ала-Тоого көчүп келген кыргыздардын бир тобу Шоорук кандын жерине жакын туруп калышат. Шоорук кан аларды чаап, мал-мүлкүн олжолоп, К-дүн оюна келтирбей Анжыян, Кашкардан нары сүрүп салууну ойлойт. Өзү келип катылган Шоорук кан Манастан сокку жеп, кызы Акылайды тартууга берип алдына түшөт (СО, 2. 201).

**КӨҢГӨЙ** — мифтик кейипкер. К. жандын денеден бөлөк сакталышы мотиви Сагымбай Орозбак уулунун вариантында бир канча кейипкерлердин образдары аркылуу берилген. Жомоктук-фантастикалык кейипкер К. дөөнүн образы да эпостогу ошондой образдардын бири. Аяр дөөнүн сырдуу жаны Кара куш экенин билип, Кошой аны атып өлтүргөндөн кийин гана К. шарттуу түрдө ажал табат, к. *Жандын денеден бөлөк сакталышы.*

**КӨӨДӨҢ**, Ыраң Көөдөн — эпизоддук кейипкер. СКВда кытайдын үч жүз элүү жыл жашаган карысы, акылга дыйкан, кадырман адамы. Чоң казаттын алдында көп кол м-н Манастын келатканын угуп кеңеш куруп жаткан кытай баатырларынын кашына келген К-гө Эсенкан өзү баш болуп ызат көрсөтүп, орун берет. Өтөр-кетер иштерди таамай көрө билген («кабарчысы азазил») К. Манасты согушуп жеңе албайсыңар, андан көрө тартуу тартып тынч багынып бергиле. Манастын акырет кетер ажалы силерден дейт. Чабала деген баатыры урушпай туруп эле чантуудан корксоңор, уруксат бергиле, мен барып чантууну байкап көрөйүн десе, Коңурбай «алжыган» деп, Ыраң Көөдөңдүн айтканына көнбөй коюшат. К. чалгында жүргөн Алмамбет м-н Сыргакты утурлап барып, Алмамбетке жолугуп, Чабаланын келатканын айтып кетет.

**КӨӨНӨКАН** — эпизоддук кейипкер. Тал-Чокуда Манаска өзүнүн кытайдан кетиш таржымалын баяндаган Алмамбет өзү м-н кошо келген Мажикке Каныкей Көлөйдүн кызы К-ды алып бергенин айтат (СК, 2. 122—123).

**КӨӨНӨ КАТМАР** — эпостогу көөнө мотивдердин, сюжеттердин, образдардын ж-а көркөм туюнтуу каражаттарынын системасынан түзүлөт. «Манас» жанрдык — стадиялык жагынан негизинен тарыхый-баатырдык эпоско жатса да, анын айрым эстеликтери, айрыкча, түштүктөн жазылып алынган варианттар сюжеттик курамы, образдары, көркөм сөз каражаттары ж-а алардын тарыхый-филологиялык өзгөчөлүгү б-ча толук бойдон көөнө-баатырдык эпостордун катарында турат. К. к. дегенде, эпикалык чыгармачылыктын тарыхый-баатырдык ж-а андан кийинки этаптарына таандык чыгармалардын поэтикалык түзүлүшүнөн орун тапкан, анын мазмунунда

тарыхый баатырдык теманы көркөм чагылдыруу үчүн кызмат кылган көөнө, мифологиялык (тотемдик, шамандык ж. б.) мотивдер, эпизоддор, сюжеттер, образдар ж-а көркөм сөз каражаттарынын тутумун түшүнөбүз.

Көөнө көрүнүштөр биринчи иретте «Манастын» сюжетинен ж-а образдар системасынан ачык көрүнөт. Кыз Сайкалды багынтып, акыреттик жар кылышы, Мадыкан, Макел дөө, Оронгу ж. б. каармандар, итаалы эли ж-дөгү сюжеттер эпостун К. к-ын түзөт. Аты аталып бирок образдары ачылбаган адамноо, жетимурук, жаян ж. б. мифологиялык жандыктар, баатырдык жомоктордо белгилүү болгон алп каракуш, тулпар, чеп кайтарган түлкү, өрдөк, аркар сыяктуу образдар да «Манастын» көөнө образдарды ж-а сюжеттерди кеңири камтыгандыгын көрсөтөт. «Манастын» төрөлүшү, үйлөнүшү тууралуу эпизоддор да көөнө белгилерге бай. Манас, Алмамбет, Кошой, Жолой ж. б. каармандардын келбетин сүрөттөөдө да көөнө элементтер жыш колдонулат.

«Манаста» географиялык түшүнүктөр да тарыхый ж-а мифологиялык аң-сезимдин жуурулушунан турат. Жердин түбү Желпиниш — нукура мифологиялык түшүнүктүн жемиши болсо, Бээжин, Каңгай, Алтай ж. б. топонимдер тарыхый белгилерди да алып жүрөт. О. эле «Манаста» элдин космос, ааламдын түзүлүшү тууралуу байыркы түшүнүгү да сакталган (Жер, анын үстүндөгү, астындагы мифологиялык өлкөлөр).

«Манастын» көркөм сөз каражаттары да бир катар көөнө белгилерди камтыйт. *Гипербола, салыштыруу, метафора, эпитет* өңдүү негизги көркөм сүрөттөө каражаттарынын көпчүлүгү келип чыгышы б-ча элдин мифологиялык түшүнүктөрү м-н тамырлаш (мис., канкор, айкөл, тоодой ж. б.).

Көөнө белгилер «Манастын» ыр түзүлүш системасында да сакталгандыгын көрөбүз. Ар бир сап 7—8 муундан туруп, *аллитерация, ассонанс,* референдердин жыш колдонушу буга далил. Ошентип, «Манастын» поэтикалык курулушу көөнө элементтерге бай, алар өзүнчө бир катмарды түзүп турат.

*С. Кайыпов*

**КӨӨНӨ МОТИВ** — дүйнөлүк эпостордо кеңири колдонулуучу, тарыхый тамырлары б-ча байыркы мифтик түшүнүктөргө негизделген, баатырдык тематиканын ачылышы үчүн кызмат кылган, көөнө образдардын (к. *Көөнө образ)* чыгармада сакталып калышын камсыз кылып турган эпикалык мотив (к. *Көөнө катмар, Мотив).*

**КӨӨНӨ ОБРАЗ** — тарыхый-филологиялык негизи б-ча элдин алгачкы мифтик түшүнүктөрү м-н байланышкан, эпосто көөнө мотивдердин, сюжеттердин көркөм каражат катары кеңири колдонулушун шарттаган образдар системасы. Эпосто мындай сапаттарга ээ образдар — Алмамбет, Төштүк, Кошой, Жолой ж. б. каармандардын образдары (к. *Көөнө катмар).*

**КӨӨНӨ СӨЗДӨР** — күндөлүк речте колдонулбаган, көркөм тексттерде стилдик ыкма, көркөм каражат катары кызмат аткарган сөздөр, сөз айкаштары. К. с-дүн элдик оозеки эпосто колдонушу анын мазмуну, жанрдык-стадиялык өзгөчөлүгү, поэтикасы м-н тыкыс байланыштуу. Көөнө мотив, көөнө сюжет, көөнө образдарды көркөм чагылдырууда айрыкча жыш колдонулат. «Манаста» К. с-дүн бардык түрлөрү кездешет. Белгилүү бир тарыхый учурда жашап, кийин колдонуудан чыгып калган историзмдер (зубун, тарса, ылама, мубакил, бичик ж. б.) элдин мифологиялык аңсезимине ж-а көөнө тарыхына байланыштуу түшүнүктөрдү билдирген сөздөр (жетимурук, адамноо, албын, кайып, зерчи ж. б.) көп жолугат. Эпостогу К. с-дү келип чыгышы б-ча эки топко бөлүүгө болот: уңгусу түрк сөзүнөн турган ж-а араб, иран, кытай, моңгол ж. б. тилдерден кабыл алынган сөздөр. *Х. Карасаев* «Манас» эпосундагы түшүнүүгө кыйынчылык келтире турган сөздөрдүн (СОВ б-ча) сөздүгүн түзгөн (к. *«Камус наама»*). К. с. эпостун стилине көтөрүңкү эпикалык мүнөз берип, көөнө түшүнүктөрдү көркөм чагылдырууга кызмат кылат.

**КӨӨНӨ СЮЖЕТ** — баатырдык-көөнө эпосторго мүнөздүү көөнө образдар катышып, көөнө мотивдердин тутумунан турган эпикалык сюжет. «Манаста» мындай сюжеттер арбын, алардын эң мүнөздүүлөрү Эр Төштүк, Алмамбет, Дөө-пери жомогу, Макел дөө, Итаалы ж-дөгү сюжеттер болуп саналат, к. *Көөнө эпос.*

**КӨӨНӨ-ТУРПАН,** Турпан — топоним. Кыргыз уруулары ээлеген мекендеп келе жаткан жерлердин бири катары эпосто көп эскерилет. Иранча кухене — көөнө-эски ж-а моңголчо Турпан — ордо, борбор шаар, кан сарайы деген сөздөрдүн айкалышынан жасалган аталыш. Географиялык реалияда Чыгыш ТяньШань тоолорунун этегиндеги ойдуң ж-а андагы шаар.

**КӨӨНӨ ЭПОС** («баатырдык-көөнө эпос, баатырдык архаикалык эпос, архаикалык эпос) — поэтикалык курулушун, мазмунун көөнө мотивдер, сюжеттер, образдар ж-а көркөм сөз каражаттары аныктаган эпос, баатырдык эпостун жанрдык-стадиялык өнүгүшүнүн алгачкы этабын чагылдырган эпикалык мурас. «Манастын» белгилүү варианттары жанрдык-стадиялык жагынан тарыхый-баатырдык эпостордун катарында турса да, анын бир айтымдары кадимки К. э-ко таандык касиеттерди толук камтыйт. Алсак, эпостун түштүктөн жазылып алынган варианттары буга далил (к. *Мурат* Калбай уулу, *Төрө* Мамыт уулу, *Матисак* Акбай уулу, *Чал* Сыдык уулу ж. б.). Мунун өзү кыргыз эли Манас баатыр ж-дө ар кыл жанрдык-стадиялык мүнөздөгү чыгармаларды жараткандыгын көрсөтөт. К. э-тун поэтикалык курулушунда мифологиялык образдар, сюжеттер м-н бирге, алардын аткарылыш ыкмасы да өзгөчө болот. Көлөмү тарыхый-баатырдык эпостордой чоң эмес, баяндоо ыкмасы жөнөкөй келет. Негизги каармандардын образдарында тарыхый белгилерге караганда көөнө белгилер басымдуулук кылат. Эпикалык душмандар болсо дөөр-

лик фантастикалык, мифтик белгилер м-н чүмбөттөлгөн болот. Негизги көркөм сөз каражаттары катары *гипербола, салыштыруу* кызмат кылат.

*С. Кайыпов*

**КӨРКӨМ СҮРӨТ ӨНӨРҮ ЖАНА «МАНАС».** Бир катар социалдык-тарыхый өзгөчөлүктөргө, мусулман дининин реалдуу дүйнөнү анын ичинде адамды сүрөткө тартууга жол бербегендигине байланыштуу кыргыз элинин арсеналында узак убакыт бою көркөм сүрөт өнөрү ар тараптуу өнүгө албаган. Бирок, «Манас» эпосу кыргыз элинин дүйнөгө болгон көз карашын, тарыхын, маданиятын чагылдыруу м-н сүрөт өнөрүнүн да болгондугу тууралуу маалыматты да сактап калган. Революцияга чейин жазылып алынган «Семетей» эпосунда күмбөздүн интерьерлеринде сүрөттөр болгондугун, андагы тематикалык сүрөттөрдө борб. фигура катары Манас өзүнүн колдоочу жаныбарлары — жолборс, арстан, кабылан, бүркүттөрдүн курчоосунда курал-жарактары м-н согушка даяр, үртүк жабылган атты минип турганы, о. эле анын кырк чоросунун душмандар м-н согушуп жаткан учуру тартылганы сүрөттөлөт. Ошол эле сүрөттө элдин турмушунан алынган турмуш-тиричиликтик көрүнүштөр дагы бар экендиги кеңири баяндалат.

Манас таануучу С. Мусаев туура белгилегендей «Манас» эпосу искусствонун ар кайсы түрлөрүнүн элементтерин камтыйт. Каармандарды сүрөттөө адатта оозеки түрүндө болгондугуна карабастан, алардын сырткы турпаты, кийимдери ж. б. өтө элестүү баяндалат. Эпосто кыргыз элинин жасалма-колдонмо өнөрү ж-дө өтө кеңири маалымат берилген. Жомоктук образдарга эң алгач кайрылуу Орус география коомунун экспедициясы м-н бирге келип, Кыргызстанда иштеп кеткен В. Смирновдун чыгармачылыгы м-н байланыштуу. 1903-ж. Кенже-Кара ырчынын айтуусунда эпостон үзүндүнү фонографка жазып алуу м-н Семетей м-н Айчүрөктүн Кытай жолундагы жолугушуусун иллюстрациялаган. Ошол учурда Б. Смирнов тарткан Кенже-Кара ырчынын портрети манасчылардын портреттик галереясынын эң алгачкысы. 1939-ж. кыргыздын туңгуч операсы «Айчүрөккө» сүрөтчү Я. Штоффер улуттук өзгөчөлүктү ж-а эпосту терең үйрөнүүнүн негизинде костюмдардын ж-а жасалгалардын эскиздерин иштеген. 1930-ж. О. Мануйлова кыргыз көркөм сүрөт өнөрүнүн алтын фондусуна кирген «Манасчы Тоголок Молдо» скульптуралык бюстун жараткан. Улуу Ата Мекендик согуш жылдарында сүрөтчүлөр жомоктук темаларга ж-а образдарга кайрылышкан. 1942-ж. И. Безинович «20-кылымдын Гомери» аттуу С. Каралаевдин портретин тарткан. Бул жылдары эпостун биринчи «Чоң казат» деген томун сүрөтчүлөр И. Костылев ж-а С. Петровдор көркөм жасалгалашкан. 1943-жылдан О. Мануйлова эпоско такай кайрылып, гипстен ж-а металлдан жасалган тоголок барельефтердин «Иллюстрациялар» сериясын түзгөн: «Манас ажыдаарды багындырууда» (1943), «Бала Манас салбырында» (1944), «Сыргак Алмамбет менен жана ажыдаарлар» (1944), «Сыргак менен Чынкожо» (1952), «Ажыдаарлар» (1957), «Ажыдаарды багындырып жаткан бала Манас» (1969) ж. б. Ал 1945-ж. «Манас» операсынын сахна жасалгасына «Атчан чоролор» деген топторду иштеп чыккан. 1964-ж. «Манас жана манасчылар» темасын улантуу м-н О. Мануйлова Ю. Карих м-н бирдикте демократ-акын ж-а манасчы Т. Молдонун Фрунзе шаарындагы эстелигин жараткан.

1946-ж. Я. Штоффер «Манас» операсынын монументтик-жалпыланган жасалгасын түзгөн. Эпостун экинчи томунун даярдалышына байланыштуу Кыргызстанга көрүнүктүү сов. графикачы В. Фаворский келген. Анын эпос б-ча болуп өткөн конференцияда (1946-ж. 28-авг.) чыгып сүйлөгөн сөзү кийинки муундагы сүрөтчүлөргө эпосту иллюстрациялоонун принциптерин түшүнүүдө теориялык негиз болуп калды. 1946—47-ж. «Чүкө ойноп жаткан Бакай, Кошой жана Бокмурун», «Ажыдаарга каардуу бараткан Манас» ж. б. станоктук гравюраларынын серияларына карата эскиздери В. Фаворскийдин стилизациядан качып, эпосту иллюстрациялоодогу сүрөттүн туура чечилишин тапкан. Сүрөтчү А. Михалёв эки түстөгү «Манас. Чоң казат» деген литографиянын циклын жараткан, ал кыргыз элинин өткөндөгү тарыхына, маданиятына кызыкгандыкты көрсөткөн. Ал 1979-ж. смалта живопись техникасында иштелген «Каныкей» монументтик ишин жасаган. Скульптор А. Мануйлов архитектор А. Альбанский м-н бирдикте Сокулук айылында тургузулган Советтер Союзунун Баатыры Д. Шопоковдун эстелигинин (1947, сакталган эмес) супасына «Манас» эпосунун темасындагы барельефти орноткон, анда ар кайсы муундардагы баатырларды жакындаткан улуттук белгилер баса көрсөтүлгөн. Советтик көрүнүктүү живописчи С. А. Чуйков 1950-ж. «Манас салбырында» полотносун жараткан. Живописте манасчылардын образдары да жаралган: «Манасчы» (Ф. Стукошин, 1949), «Акындар» картинасы (1956—57, Г. Айтиев, Ж. Кожахметов). Эпостун 1958—59-ж-дагы басылышы Е. Соколов, А. Шубин, В. Рогачёв тарабынан классикалык манерада иллюстрацияланган. 60-жылдардын орто ченинен тартып баатырдык каармандардын ж-а манасчылардын образдарына көптөгөн сүрөтчүлөр кайрылышкан. Т. Садыков өзүнүн «Саякбай Карала уулу» аттуу скульптурасында (1965) эргүү учурундагы ойчул — аткаруучуну көрсөтүү милдетин койгон. А. Михалёв «Манасчы» деген карандаш портретинде (1967) айтуучунун көркөм бүтүн образын түзгөн. «Баатырлар жана айымдар» китебиндеги (1968, сүрөтчүсү Б. Жумабаев) Саякбай Карала уулунун портрети, С. Чокморовдун «Саякбай Карала уулу» живописттик портрети (1971), Г. Айтиев иштеген манасчынын скульптуралык портрети (1975) ж. б-лар манасчылар сүрөттөгөн баатырлардын сүрөттөлүшүнө шайкеш келген эпикалык кенендикте чагылдырылышы м-н өзгөчөлөнөт. Театр сүрөтчүсү А. Арефьев эпос-




















Көркөм сүрөт өнөрү жана «Манас» макаласына. 1) А. Н. Михалев, Бакай, линогравюра; 2) Т. Герцен, «Манас», гравюра; 3) Т. Курманов, «Манас» эпосу китебине иллюстрация; 4) О. М. Мануйлова, «Ажыдаарды багындырып жаткан Манас», медаль; 5) В. Соловьев, «Манас» эпосу, медаль; 6) Б. Жумабаев, «Сыйлоо», гравюра; 7) Л. А. Ильина, «Сейтек», жыгач гравюра; 8) В. Г Рогачев, «Манас» эпосу китебине иллюстрация; 9) Г. Петров, «Манас» эпосу китебине иллюстрация.



С. Чокморов. С. Каралаев.

тун мотивинде ишке ашырган: «Айчүрөк» (1959), «Манас» (1969) операларын көркөм жасалгалаган. Скульптор В. Димов шамоттон «Манасчы» (1975), «Обон» (1982) композицияларын жараткан. Ушул эле техникада С. Бакашев «Айтуучу» скульптурасын түзгөн. Салттуу турмуш-тиричиликтик сюжеттерден ийчи Д. Жолчуевдин интерпретациясындагы образдар жаралган: «Эпос айтуучу» (1978) ж. б. Акыркы он жылда активдүү өнүгө баштаган кыргыз медаль жасоо өнөрүндө эпостук темада бир топ чыгармалар пайда болгон: В. Копотев «Чоро — Манастын жоокери» (1972) ж. б. А. Соловьев — «Кыргыз эпосу — «Манас»» медалдар сериясы (1973), А. Тыналиев — «Саякбай Каралаев — 20-кылымдын Гомери» (1980) ж. б.

Плакат тармагында Ж. Садыковдун «Манастын уулу Семетей» спектаклине (1981) У. Омуровдун тарткан плакаты чыгармачылык фантазиясынын, образдык ойдун айкындыгы м-н өзгөчөлөнөт. С. Орозбак уулунун, С. Карала уулунун портреттери «СССР элдеринин эпостору» сериясынан жарык көргөн «Манастын» 1-томунун жасалгасы катары сүрөтчү Л. Эрман тарабынан (1984) аткарылган. Эпикалык образдар чагылдырылган монументтик чыгармалар: «Манас» архитектуралык-скульптуралык ансамбли, Бишкек ш.: сүрөтчүлөр С. Бакашев, З. Хабибулин, А. Воронин, А. Каменскийлер иштеген Кыргыз академиялык драма театрынын имаратынын дубалындагы рельефтер. «Манас» эпосунун иконографиясында Т. Т. Герцендин кошкон салымы орчундуу. Эпостун С. Карала уулунун варианты б-ча сүрөтчү Т. Курмановдун түсүнүн экспрессиясы ж-а композициясынын динамикасы м-н өзгөчөлөнгөн иллюстрациялары сүрөтчүлөрдүн эпос темасына тынымсыз кайрылып жаткандыгынын күбөсү.

*А. П. Ярков*

**КӨРПАЯН,** Көрпөжан — эпизоддук кейипкер, Бакайдын аялы. Эпикалык каармандарга турмушка чыгуучу кыздар белгилүү эрежелер б-ча өздөрүнүн тандоосу же каалоосу м-н күйөөгө баруунун салттык мотиви К-дын образында да сакталган. СКВда Карачтын кызы К. өзүнүн каалоосу м-н Бакайды тандап турмушка чыгат. Кыздардын өз каалоосу м-н күйөө тандап, ага турмушка чыгуу салты алтайлыктардын ж. б. эпосторунан («Өскүс-уул», «Бойдок-Кекшин», «Тектебей-Мерген» ж. б.) көрүүгө болот. Ал эми «Семетей» эпосунда Семетей Акшумкарын ак куу болуп кубул-



А. Асанов. Алмамбет. Манас. Бакай.

ган Айчүрөккө алдырып жибергенде Чачыкейден шумкардын дайынын билгени барган үч байбиченин бири К. болот (СК, «Семетей», 2. 25—28).

**КӨРПӨЖАН,** к. *Көрпаян.*

**КӨРУУЛУ СУЛТАН** — Жакынкы Чыгыш, О. Азия элдерине ж-а казактарга кеңири тараган баатырдык эпос «Көруулунун» башкы каарманы. Эпосту батыш (азербайжан, армян, грузин, ажар, кумук ж. б. элдердеги) ж-а чыгыш (түркмөн, өзбек, казак ж. б. элдердеги) деген топко бөлүп карашат. Бул эпостун башкы каарманы К. С. — түркмөндөрдүн текейомут уруусунун башчысы ж-а ырчы-акын. Батыш топтогу элдердин эпосунда атасын сокур кылган душманына каршы күрөшкөн баатыр. Атасы сокур болгондуктан Көруулу делет да Ченлибел, Шамлыбел аттуу ажайып жерди жердейт. Ал эми чыгыш топко кирген элдерде көрдүн (мүрзөнүн) ичинде төрөлгөндүктөн Көруулу аталып калат ж-а Чамбул, Чабули мастанды мекендейт. «Манас» эпосунда К. С. эпизоддук кейипкер катары айтылат да Букардан Таласка келтакан Семетей Бакайга жолуккандагы эпизоддо Бакай Чамбыл-Белдеги К. С-дын элин алты жолу чаап алып, *Көрпаянды* тартып алганын айтат (СК, «Семетей», 1. 227).

**КӨКСӨӨ КУЙРУК КӨКБӨРҮ** — Манасты колдоочу тотем жаныбар, к. *Бөрү.*

**КӨТМАЛДЫ** — топоним. Манас баштаган кыргыздардын Алтайдан Ала-Тоого көчкөнү окуясында:

> Көчүп өтүп Көтмалды,
> Кетилтпей айдап көп малды,
> Чүйдүн башын таянып,
> Үрбүң жатсын жай алып (СО, 2. 160),—

деп айтылат. Географиялык реалияда Ысык-Көл өрөөнүнүн батыш чети.

**КӨТӨЛҮКТҮН САРЫ-БЕЛ** — топоним. Чоң казатта Манастын колу Бээжинге жакындап келип токтойт. Алмамбет мындан ары Бээжинге кандайча баруу ж-дөгү оюн ортого салып Манас м-н К. С-Б-инде кеңешет. «Көтөлүктүн Сары-Бел, Он бир жолдун ортосу, Алты жолдун арасы» (СО, 4. 236) аркылуу кербенчилер, жолоочу-жүргүнчүлөрдүн баары өткөн. Капырдан кароолчулар келсе да К. С.-Б-не токтошкон. Географиялык реалияда Тарбагатай тоосундагы кытайга ашып түшчү ашуу.

**КӨТӨРМӨ** — топоним. Көзкаман Манасты өлтүрдүм деп элин чаап, мал-мүлкүн талап алып К-нү ашып, Суусамыр аркылуу Какандны көздөй кетет (КВ, 1. 280).

**КӨТӨРҮШ** — эпизоддук кейипкер. Бокмурун Сыймун аралын жердеген жапан элинин баатыры К-тү да ашка чакыртып, ашка келгени айтылбайт (СО, 3. 94).

**КӨЧӨК** — эпизоддук кейипкер, кыпчак баатыры. Араникте болгон согушта жекеге чыгып, каңгайдын Талап балбаны м-н беттешип, анын күрсүсүнө такат кыла албай өлүм болот (КВ, 1. 117).

**КӨЧӨР** — эпизоддук кейипкер, кыргыз баатыры. Кыяс Айчүрөктү олжологону келгенде Бөлөкбайдын уулу Акжолтой м-н кошо Айчүрөктүн капкасын коргоп курман болот (СК, «Семетей», 1. 334).

**КӨЧПӨСБАЙ,** Көчпөс — эпизоддук кейипкер. Көкөтөйдүн ашындагы ат чабышта К-дын чабдары Агыштын Карача атынан кийин келгени айтылган эпизоддон башка учурларда Жанайдын атасы экендиги гана көрсөтүлөт (СО, 3. 43, 61, 105, 178, 268).

**КӨЧҮРМӨ** — түп нуска деп эсептелген тексттти толук чагылдырган кол жазма. Манастаанууда К. өзгөчө мааниге ээ. К. түп нусканы толук эмес, анын айрым үзүндүсүн, бөлүгүн гана чагылдырышы да мүмкүн (мис., СОВдун «Көкөтөйдүн ашы» бөлүгүнүн К-сү делип айтыла берет). «Манас» адеп жыйнала баштаган убактан тартып эле анын К-лөрү жаратыла баштаган. Ы. Абдыракманов Сагымбай Орозбак уулунун вариантын жазып жатканда анын жанында К. жасоо үчүн атайын адамдардын отургандыгы белгилүү, О. эле К. Мифтаков да анын көпчүлүк бөлүгүн кайра көчүрүп чыккан. Сагымбай Орозбак уулунун вариантынын 20—30-жылдардагы К-лөрү азыр да Кол жазмалар фондусуна түшүп жатат.

Манастаанууда К. ж-а вариант деген түшүнүктөрдү ажыратуу кээде атайын изилдөөнү талап кылат. Мис., Тоголок Молдо «Манастын» эпизоддорун өз колу м-н бир нече ирет жазып чыккандыгы белгилүү. Манасчынын ар бир айтканы (Тоголок Молдодо жазганы) өзүнчө вариант болуп калышы да мүмкүн (к. *«Манастын варианттары»*). О. эле мурдагы жазылган даяр тексттен сөзмө-сөз көчүрсө, К. катары баалanууга тийиш.

КФда «Манастын» ар бир вариантынын түрдүү көчүрмөлөрү сакталып турат. Араб, латын, орус арибиндеги К-лөр м-н бирге фотожазуу, фотокөчүрмө түрүндө сакталган нускалар бар. Изилдөөчүлөр пайдалануу үчүн даярдалган жумушчу К-лар да КФда сакталып турат.

*С. Кайыпов*

**К ПРОБЛЕМЕ ТРАДИЦИОННОГО И ИНДИВИДУАЛЬНОГО В ЭПОСЕ «МАНАС»** — *Р. З. Кыдырбаеванын* орус тилинде жазылган монографиясы (Фр., 1967). Эмгек «Манас» эпосундагы салттык көрүнүштөрдүн ж-а жеке чыгармачылыктын карым-катнаш мыйзам ченемдүүлүгүн изилдөөгө арналган. Бул максатта эпостун сюжетиндеги, о. эле поэтикасындагы салттуулук проблемасы каралат. Изилдөөгө манасчылар Сагымбай Орозбак уулу, Саякбай Карала уулу, Молдобасан Мусулманкул уулу, Тоголок Молдонун варианттары, В. Радлов жазып алган вариант м-н 16-к-дын башында тажик тилинде жазылган Манас баатырга тиешелүү фактылык материалдар алынган. СОВду талдоо аркылуу манасчынын жеке кошумчалары эпостун сюжетине биротоло сиңип кетишине жол берген салттуулуктун ролу ачылат. Салттык сюжетинин көөнө катмарынан тартып эң кийинки кошумчаларына чейин каралат. Окумуштуу буга жортуулдарды, кырк чорону, Манастын Жолой м-н болгон согушун, Манастын төрөлүшү ж-дөгү темаларды киргизет. Эпостун поэтикасын иликтөө-

дө метафора, антитеза, строфикалык параллелизм, туруктуу эпитет, салыштыруу, апыртуу, эпикалык кайталоолорго айрыкча көңүл бурат. Окумуштуу жеке чыгармачылык м-н оозеки чыгармачылыктын салты бири-бирин жокко чыгарбастан тескерисинче, диалектикалык тыгыз карым-катышта боло тургандыгын белгилейт. *С. Алиев*

**КУБАЙЫС** — эпизоддук кейипкер. Кулутка Манастын кабарын билдирип К-ты Алоокеге чабарман кылып жиберет (СО, КФ, 576-инв., 658, 659-б.).

**КУБАЙЫС** — топоним. Кыргыздардын катаган уруусу жашаган калаа (СО, 2. 199).

**КУБАН** — эпизоддук кейипкер. Манас м-н болгон согуштун алдында Орго кан колуна кайрылганда баатыр-балбандарынын ичинде К-ды да айтат (СО, 2. 80).

**КУБАТ** — эпизоддук кейипкер, Жакыптын койчуларынын башчысы. Жакып, Чыйырды, Бакдөөлөт үчөө түш көрүп, той бергенде союлган койлорду айдап түшкөнү айтылат (СО, 1. 61).

**КУДАЙНАЗАР** — эпизоддук кейипкер. «Кудайназар куу чокмор, Курган Кошой жолдошу» ж-а жан бирге сырдашы, акылман. Кошойдун түшүн жоруп, Манастын келерин айтат. Кошойдун Билерик м-н Жарманасты бошоткон жортуулуна катышып, келаткан жолдо кайра Манаска жардамга келип, кытайлар м-н болгон согушта Жолойдон өлөт (СК, 1. 111, 112, 161). «Кудайназар куу чокмор» деген каарман «Эр Табылды» эпосунда да кездешет. Муну кыргыз эпосторунун бири-бирине таасири катары кароо керек.

**КУЙРУЧУК** [(өз аты-жөнү — Кудайберген Өмүрзак уулу) 1866, Жумгал р-ну, Кызыл-Туу айылы — 1940, ошол эле жер]— чечен, куудул, ырчы. К. кыргыз оозеки чыгармаларын, уламыш, санжыраларын жакшы билген, кепке уста, абдан чечен адам болгон. Атактуу Найманбай манасчы м-н да айтышка түшкөн. «Манас» эпосунун айрым бөлүктөрүнөн да айткан. Андан 1938-ж. «Семетейден» «Чынкожо, Толтойдун Акун кандын шаарын курчашы», «Айчүрөктүн ак куу кебин кийип, Семетейди издеп чыгышы, Семетей кушунун артынан барып, Айчүрөктү табышы» ж. б. эпизоддор (3000 сап) жазылып алынган.

**КУЛ** — кожоюндун жеке менчигине айланган, эч бир укуксуз киши, кул ээлик коомдун негизги таптарынын бири. К. буюм катары эсептелип, аны сатып алган, сатып жиберген, ал түгүл өлтүрүп да салган. Эпосто К-дун укуксуздугу «Сатыкка салып, кул кылып» (СО, 1. 264),— деп көрсөтүлөт. «Таятаң Темиркандай мытаамдын Дене кулу болупсуң» (СК, «Семетей», 1. 130),— деп сүрөттөлгөндөй эпосто дене К. деген түшүнүк жолугат. Дене К. — түбөлүк кул, сатып жиберсе кыңк этпеген кул деген маанини билдирет. Ал эми «Элирип кеткен кесек кул» (СО, 1. 64), «Оңой Манас кул эмес, Оюлгур жайы башкача» (СК, 1. 144), «Жайма көкүл жаш Айдар Өзү эптүү кул эле, Өңү сындуу кул эле» деген саптардан эпосто К. жалпы эле кудайдын кулу, адам, киши деген мааниде айтыла берээрин баамдоого болот.

**КУЛА** — *Кутубийдин* байгеге чапкан күлүгү. Алмамбеттин келишине арнап өткөрүлгөн тойдогу ат чабышта марага он бешинчи болуп келет (СО, 2. 341).

**КУЛАБЭЭ** — *Ороңгунун* күлүгү. Көкөтөйдүн ашындагы ат чабышта байгеге чабылган (СК, 2. 70).

**КУЛАККАЙЧЫ** (калмакча — ууру). СОВдо Манастын Орго кан м-н болгон согушу ж-дөгү баянда Оргонун дөөтайы Калтаңдын кыргыздарга карата айтканында эскерилет:

Анда Калтаң кеп айтат,
Камыкпа каным деп айтат.
Кулаккайчы буруттур,
Көбөйүп кетти дейсизби
Көк теңир аны уруптур (СО, 2. 77),—

деп кыргыздарга душманы кемсинткен түрдө айтат.

**КУЛАН** — топоним. Манастан коркуп Бээжинге качкан Алооке кан күндүзүндө тынч албай, түн ичинде уйку албай чөл, талааларды басып өтөт. Буруттан эми кутулдук деп К. талаасына жүк түшүрүп, малын өргүтүп тыныгышат (СК, 1. 201).

**КУЛАН** — эпизоддук кейипкер, калмак жайсаңы. Мунаркандын колу м-н согушкан калмак, кытайлардын ичинде К. жайсаң да болгон (СО, КФ, 576-инв., 768, 786-б.).

**КУЛАНАК** — топоним. «Алооке кандын баатыр Манастан коркуп качышы» окуясында «Куланак, Ак-Чий, Кең-Талаа, Жүк түшүрүп салды дейт» (КВ, 1. 147),— деп айтылат. Географиялык реалияда Чыгыш-Түркстанда Какшаал дарыясынын өрөөнүндөгү жер.

**КУЛАН-ЖАЙЛАК** — топоним. Алтайдагы Жакыптын жылкысы жайлаган жайлоо. Бай Жакып Манастын жентек тоюна семирген жылкыларынан сойгону эскерилет: «Кулан-Жайлак, Куу-Тезде Кур атым жатат бу кезде» (СО, 1. 74). Географиялык реалияда Алтай аймагындагы жер.

**КУЛАНСАРЫК** — Манастын бешинчи муун урпагы, Сейтектин эки небересинин бири. Кенен баатыр башында турган кыргыз эли бейкут жашап жаткан учурда аялы Гүлайым эгиз уул — Алымсарык, К-ты төрөп, «Сан кара тойго союлуп, Албан түрлүү жан келип, Ууруудан калбай эл келип» (СК, КФ, 146-инв., 401-б.) чоң той өткөрүлөт. Манастын учугун уланта турган тукумду эл зор кубаныч м-н кабыл алышат. Эгиздердин келечекте эр жүрөк баатырлардан болорун алдын ала билдирген белги көрүнөт. Эбегей, Көгөй деген эки баатыр түш көрөт да кандайдыр бир коркунучтун жакындап келатканын кабарлап К-ка айтса, ал «Сунулган бут тартылбай, Жумулуп көз ачылбай, катуу уйкуга батып» кенебейт. Душман капыстан кол салып, Кененди өлтүрүп, кыргыздарды кыйратканда К. м-н Алымсарык жаштыгына байланыштуу каршылык көрсөтө алышпайт. Желжетпес баатырдын акылы б-ча утурумдук эл-жерди таштап качып чыгууга аргасыз болушат. Алар Масин деген дарыядан

Олуя атанын колдоосу м-н өтүп, Эки-Аралды жердеп туруп калышат.

*А. Жайнакова*

**КУЛАНСУР** — *Байчоронун* күлүгү. Манас Алоокени жеңип кан көтөрүлгөндө түшкөн олжону бөлүп алсын деп, кең Кашкарды сураган Алабекке Байчорону К-ду мингизип кабарга жиберет (СК, 2. 213).

**КУЛА ТАЙ** — *Аккуланын* тай кезиндеги аты. Айтуучулар тарабынан К. т-дын таржымалы толук түзүлгөн. СКВда К. т-дын атасы кайберен-кулан, энеси Нойгуттун Карача деген канынын көп жылкыларынын ичине эч адамга көрүнбөй, билинбей пайда болгон «кайыптан келген куу байтал» (к. *Куу байтал).*

Тууганда жерге жатпаптыр,
Энесинин үстүнөн
Карап турса Карача
Так миң катар аттаптыр (СК, 1. 175).

Эпос б-ча К. т. кезинде сынчы сынайт да «күтүп жүргөн ээси бар» экен, өз менчигине тиешелүү мүлктү асырай билген ээсин таап берүүнү Карача канга эскерет. Чынында эле К. т-дын ээси — Манас болот, ал ага тиешелүү. Анткени, болочокто сымбатына сыпаты төп келишкен тулпар болчу К. т. «Олуяттан бата алат, Аккула болуп аталат» (СК, 1. 175),— деп эскерилет.

**КУЛЖА** — топоним. Эпосто кыргыздар ж-а ага жамаатташ жашаган элдер мекендеген жер катары көп эскерилет. Нескара м-н Манастын урушунда: «Ошо суунун аягы Эми да аты өчкөн жок «Кулжа» атанып калыптыр» (СО, 1. 245); Көкөтөйдүн ашында Жолой м-н Кошой күрөшкө чыкканда Жолойду кордогону Кошойдун сөзү аркылуу эскерилет:

Кулжа-Тоонун оюнда,
Кутман байдын тоюнда...
Катылам деп Кошойго
Кан жеткүргөн жериң бар (СО, 3. 219).

Кытай-калмак байгеге зордук кылып уруш чыгарганда: «Кужулдап кытай, калмагы Кулжага жакын барганы» (СО, 3. 280),— деп айтылат. Географиялык реалия катары К. — Иле дарыясынын алабындагы тоо. Кытайдын Синьцзян-Уйгур автономия р-нундагы (Синьцзяндагы) суу, жер, шаар.

**КУЛЖАН** — эпизоддук кейипкер. Акунбешим паашага каршы аттанардагы кеңешке катышканы гана айтылат (СО, 2. 94).

**КУЛТАҢ** — эпизоддук кейипкер. Үч-Турпандык Каар аярдын баласы К. Манастын келатканын Текеске кабарлап, Текес, Куяс өлгөндөн кийин Орго канга барат. Орго ат мингизип Акунбешимге кат жазып берип, К-ды андан ары жөнөтөт. Жолдо Кеймен шаага келет. Оргого жардамга жөнөгөнү жаткан Кеймен ат которуп мингизип, ал дагы Акунбешимге кат жазып берип, К-ды жолго салат. Акунбешимге кабар жеткиргени тууpасында айтылбай, К-дын айтып келгени чын экен деп согуштан аярлык амалы м-н аман чыгып, качып келген Сары кыяр аярдын Акунбешимге айткан сөзүндө гана эскерилет (СО, 2. 33—34, 36, 70, 74—75, 78—79, 99).

**КУЛТКА**, к. *Кулутка.*

**КУЛУН** — топоним. Фергана тоо тизмегинин түш.-чыгыш капталындагы көл. Тар суусунун оң куймасы. К. суусунун башында жайгашкан. Элдик уламыш б-ча калмактар кыргыздарды чаап, туш-тарапка айдап жиберген байыркы мезгилде Жакып кан Алтайга сүрүлүп кетет. Кыргыздардын ичинен 10 түтүн бөлүнүп киши жетпес тоонун арасында калат. Бул он түтүн элди Акас деген мерген кийик атып, тузак салып, багып турат. Анын жалгыз Кулабээси 3 жылы катары м-н кайыптан кулун тууйт. Алар кийин тулпар чыгып, бирин Манас (Аккуланы), экинчисин Жолой (Ачбууданды), үчүнчүсүн Көкөтөй (Мааникерди) сатып алат. Кулабээнин кулундарын сатып, оокаттанып калган Акас мергендин эли тоо арасындагы көлгө жакын көчүп келип конушат. Акас мергендин Кулабээси төртүнчү жылы жазга маал көгүш кулун тууйт. Айгыр карабаса деле Кулабээнин кулун тууганына таң калган Акас мерген жолдошторуу м-н ууга чыгат. Кулабээсин көлдүн боюна аркандап, жолдошторун жөнөтүп жиберип, өзү жээктен алыс, көмүскө жерде жашынып карап турса көл көпкөк болуп, анын бээ аркандалган чети чайкалып, көлдүн түсүнөн айыргыс көпкөк аргымак айгыр сүзүп чыгып бээге келет. Аны жыттагылап жатып, Акас мерген жакты карап калат. Адамдын жытын сезгенсип, башын жерге салып, бээни айланып, башын көтөрүп мерген жакты дагы бир карап, башын чулгуп алып, көк кулунду жалынан тиштеп, көлдү карай сүйрөп кирип кетет. Мерген көлдү караса, анын ичи дүңгүрөп, көп жылкы жүргөнсүйт. Кулабээ көлдү көздөй жүткүнүп, ордунда тыбырчылап кан сийип жиберет. Кулундун жайын мергенден уккан эл Кулабээнин мал болбосун сезип союп алышат. Көлдү кайып алган деп, ак сары башыл кой, ай туяктуу бээ союп, алла тааладан кечирим сурашып, көлгө «Кулун» деп ат беришет. Ошондон кийин Акас мерген ооруп өлөт. Эл К. көлүнүн жанындагы жайлоо мындан кийин Акас жайлоо болсун деп бүтүм чыгарышат, к. *Акас мерген.*

*С. Карагулов*

**КУЛУНСУР** — *Акжолтойдун* тулпары. Жер кезип жүргөн Акжолтойго жолугуп, Олуя чал Сейтекке Кулансурду, Акжолтойго К-ду атайы арнап алып келип берет. К. тулпарга ээ болгон Акжолтой далай эрдик иштерди жасайт. *Чоң Билгич* м-н болгон согушта анын айбандан башкача күлүк керигине К. жете барат. Токсон төрт балбан жабылып Акжолтойдон Чоң Билгичти бошотуп алып, көптөп кармамакчы болгондо жанга шерик тулпары К. куткарып калат:

Астындагы Кулунсур,
Ай жаныбар чын буудан,
Айбан да болсо жаныбар
Абаңызга чын тууган,
Беттеп айза сунганда
Белес менен жылт коюп,
Жамгыр кылып жаа тартса,
Ийри-муйру кылт коюп,
Акжолтой абаң урушту (СК, «Сейтек», 296).

Кененге каршы кол курап келген Эбегей, Көгөйгө Акжолтой К-ду тартуу тартып, алар Кенен м-н эл болуп, Таласка көчүп келет.

*С. Төлөгенова*

**КУЛУТКА**, Култка — эпизоддук кейипкер. Калмак калдайы, баатыр. Манаска каршы кол курап жаткан Орго канга отуз миң аскери м-н кошулат (СО, 2. 72, 77, 80).

**КУЛЬМИНАЦИЯ** (лат. culmen — чоку, бийиктик) — көркөм чыгармадагы окуянын өсүп, өнүгүп жеткен жогорку чекити. Бул учурда сюжеттеги *конфликт* ачык көрүнөт, каармандардын максаттары, сапаттары айкындалат. Ар кандай көркөм чыгарманын, а. и. эл оозунда сакталып ушул күнгө жеткирилген эпикалык чыгарманын ар бирине сюжеттин өнүгүшүнө жараша окуя мотивдештирилип, өөрчүтүлүп олтурат да К-лык абалга жеткирилет. Андан ары окуянын чечилиши башталат. Эпикалык чыгармаларда адатта алгачкы согуштардан кийин окуянын чордону деп аталган эпостун финалдык жыйынтыгын чыгаруучу эпикалык чоң жүрүш башталат. Ал жүрүшкө чейин даярдык иретинде айтылган чакан эпизоддорду учуратабыз. Бул эпизоддор тарыхый доордун шартына жараша ситуациялык кагылыштардын натыйжасында ар кыл багытта өөрчүтүлөт да, өнүгүү процессинде болот. Жалпы дүйнөлүк эпикалык чыгармаларда кездешүүчү баш каармандардын жоого аттануу алдында өз үй-бүлөсү м-н коштошуусу, анын жоо кийимдерин, курал-жарагын камдап берүү салты да кеңири баяндалат. «Манас» эпосундагы мына ушундай көп чакан эпизоддорду жыйынтыктоочу К. «Чоң казат» болуп эсептелет. Бул эпизод ичине Манас ж-а анын башкы чоролору Алмамбет, Чубак, Сыргактын, Төштүк ж. б. баатырлардын көрсөткөн эрдиктерин, бир нече согуштук көрүнүштөрдү камтыйт. Жыйынтыктоочу эпизоддун негизги окуяларын түзгөн мотивдер эпостун мазмунуна ж-а сюжетинин курулушуна курч мүнөздөгү ситуацияларды киргизип, жогорку эпогейине, К-лык чекке жеткирилген. К-нын чечилиши Манастын өлүмү, чоролорунун курман болушу м-н аяктайт.

*К. Кырбашев*

**КУМАЙЫК** — Манастын алгыр тайганы, кийин мурас катары Семетейге калат. СКВ б-ча Көк жору тууган көзү ачыла элек кызыл эт күчүктү Манас Медияндын чөлүндөгү *Кум-Булактын* боюндагы кумайдан кайыбынан таап алат. К-ты «сыңар күнөө кылбаган зайып багат»,— деп угуп Букардын каны Темиркандын кызы Каныкейге куда түшүп: «Кумайык багып сен берсең, Азарым анык салармын. Кол жеткен жердин баарына Каныш кылып алармын, Артылып камчы чаппасмын, Айкалтып күнү албасмын. Бенделигим билгизбейм, Бек сөзү сага тийгизбейм»,— дейт. Каныкей «Күндүзүндө тынч албай, Түн ичинде уйку албай, Оозу менен сүт берип, Колу менен эт берип, Кырк кез ордун түбүнө багат» (СК, 1. 146—148). БСВда Алмамбет дүрбү салып туулган жеримден кабар алам деп Кум-Чокунун башына Сарала аты м-н чыгып барып, Көк жору тууп таштаган К-ты таап алып, кан баласы Каныкейге алып келип берет. Ал «Туу байталдын казысын туурап салдырып, жети жыл жер алдында багат» (БСВ, КФ, 579-инв., 1258—59-б.). К-тын табылышы башка варианттарда да аталган манасчылардыкына жакын сүрөттөлөт. Бардык варианттарда К. баатырлардын жөнөкөй гана аңчылык тайганы болбостон, өзгөчө бир жан күйөр, сыйкырдуу жаныбары катары сүрөттөлөт. Манас өлгөндө анын башка сыйкырдуу жаныбарларындай эле К. мөгдөп, аза күтөт, анын касташ туугандары Абыке, Көбөшкө кызмат кылыштан моюн толгойт. Семетей Букардан Таласка алгач келгенде жолунан биринчи болуп тосуп чыгат, ал Кыяс колдуу жарадар болгондо, сөөгүн душмандан коргоп, эч кимди жолотпойт. Кийин Семетей, Бакай, Айчүрөк, Күлчоро кайып болуп, дүйнө кезип кеткенде, касиеттүү жаныбар катары кайып болот. Түрк элдеринде (кыргыз, казак, түркмөн, хакас ж. б.) К. ж-дөгү легенда кеңири тараган. Ал элдик оозеки чыгармаларда оң каармандардын жакын жардамчысынан. Бардык учурда тең ал иттен кушка айланган укмуштуу жандык, же бир эле учурда ит да, куш да болгон аргын жаныбар. Бул жаныбар ушул эле ат м-н Кавказдагы ж. б. элдерде да учурайт. Демек, анын образы алгач бир негизден таралган. Иран элдеринин эң байыркы дин китеби «Ригведе» жерге касиеттүү өсүмдүк хоманын уругун алып келип таштаган Хомай деген ыйык куштун образы жолугат. Элдик түшүнүктө ал бийик тоонун башында жашаган жору мисалдаш куш (кыргыз уламыштарында К. жорунун жумурткасынан чыгып, аны жети күнгө чейин таап алса кыраан итке, андан кечиксе жоруга айланат). «Манаста» да кээде К. деген куш болгон делип айтылат (БСВ, КФ, 579-инв., 1258-б.). Иран элдеринин түшүнүгүндө ж-а көркөм адабияттарында Хомайдын көлөкөсү түшкөн адам падыша болору айтылат. Кийинчерек Хомай ушул эле иран элдеринин мифиндеги өзүнө жакын турган образ Симург («Авесте» Сенмуров) куштун да ролун аткарат. Симург ит ж-а куштун кейпиндеги жакшылык кылуучу аргын жаныбар. Ал кийинчерек ит м-н кошулган турган жакшылык кылуучу образын Хомайга өткөрүү м-н каардуу ажыдаардын элесине айланат. Аты ж-а образынын көп белгилери жакын болгондуктан түрк элдериндеги К-тын образы байыркы иран элдериндеги ушул Хомайдын Симург м-н биригишкен образынан маданий таасир катары кабыл алынган деп айтууга негиз бар. Кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгында Хомайдын образы бир кыйла эволюциялашкан. Анын баштагы аргын образы экиге ажырап, өз-өзүнчө персонификацияланган, куштун атрибуту Акшумкарга (к. *Акшумкар*), иттик атрибуту К-ка айланган. Экөө башта бир образ болгондуктан «Манаста» экөө дайыма катар коюлуп, ажыратылбай бир учурда эскерилет. К. ж-дөгү аңыз сөздөр кыргыздын башка оозеки чыгармаларында да кеңири кезигет. Мис., «Көбөк кан» деген уламышта кырк уруу түрк журтунун башчысы Көбөк кан аңчылыкта жүрүп, күчүк таап алып, ка-

рындашы Карлыгачка бакканга берет. Карлыгач оозу м-н сүт берип, колу м-н эт берип, жыл маалы үйдөн чыгарбай багат, күчүккө К. деп ат коёт. К. чоңойгондо жер үстүндөгү аңдарга тынчтык бербегенде Ак бугу мелдешке чакырып көзгө сүзүп өлтүрөт (КФ, 106-инв., 59-б.). Мифологиялык планда баяндалган бул уламыш «Скиф — Сибирь аңчылык стили» деп аталган археологиялык байыркы эстеликтерде эң кеңири тараган, укмуштуу жырткыч жаныбар м-н шаа мүйүз бугунун күрөшү чагылдырылган сценаны толук эске түшүрөт. Буга караганда К-тын образы кыргыздардын байыркы мекени Сибирде биздин эрадан алда канча мурун пайда болгон.

*Р. Сарыпбеков*

**КУМАР** — эпизоддук кейипкер. *Дебегинин* атасы деп гана айтылат (СО, 4. 347).

**КУМ-АРЫК** — топоним. Бээжинди көздөй качкан Алооке канды Аксынын жанында К. -А. дарыясынын боюнда кууп жетет. Алоокени жайлап, дүнүйөсүн калкка бөлүп берет. Кошойдун сунушу б-ча К.-А-та жыйылган эл Манасты кан көтөрүшөт (СК, 1. 209). К.-А. Чыгыш Түркстанда, Тарим дарыясынын сол куймасы.

**КУМ-БУЛАК** — топоним. «Кум-Булактын белинен, Даарат алган жеринен Кайыбынан кабылды. Кол башындай сур күчүк Көзү ачылбас чагында Жаңыдан туулган табында» (СК, 2. 233—34) Манас Кумайыкты таап алат.

**КУМДУУ-СУУ** — топоним. Жанаша аккан К.-С. ж-а Кара-Суу деген дарыялардын бир тарабына Манастын колу, экинчи тарабына Орго кандын колунун:

Желбиреп желек туу болуп,
Жер жарылган чуу болуп,
Бир жагында Кумдуу-Суу,
Эки жагы суу болуп (СО, 2. 79) ортодогу

кургакта өткөн согушта Орго кандын колу жеңилип, өзү өлөт.

**КУМ-КЫЯ** — топоним. Таласка көчүп келген Семетейге каршы Абыке, Көбөштүн колу чабуул койгон жер (СК, «Семетей», 1. 320-б.). Географиялык реалиянда Талас өрөөнүндөгү жерлердин бири.

**КУМ-ТАЛАА** — топоним. Нойгуттарды көп жолу чаап алып кордук көргөзгөн жети талаа Жаркенди жердеген калчалардын каны Шоорукка каршы Бакайдын кеңеши б-ча Манас көп колу м-н К.-Т. аркылуу өткөн (СК, 1. 216).

**КУМУЛ** — эпизоддук кейипкер. Көкөтөйдүн ашындагы ат чабыштын байгесине зордук кылмакка ниеттенген Коңурбай бир топ баатырларына, а. и. К-га «Ашын бузуп чыр кылып, Атын жыгып сын кылып», чыр баштамак болуп кайрылат (СО, 3. 260).

**КУМУЛ** — топоним. Эпостун көпчүлүк варианттарында жер аты катары колдонулат. «Кумулдан чыккан жол барбы, Курчап келип бу жерде, Кууратып жаткан кул барбы» (СО, 1. 222); «Кумулду барып чапканда, Астында жүргөн мен элем» (ММВ, КФ, 1061-инв., 1562-б.) деген саптар бар. Географиялык реалияда Синьцзяндагы Кумул (кытайча Хами) шаары м-н тике байланышат.

**КУНАР** — топоним. «Манастын туулганына той кылганы» окуяда:

Бир чети Тибет чөл болсун,
Күн чыгыш жагы кытайдын
Камбылдын Кунар бел болсун,
Чакырарын тоюма
Шондо берки эл болсун (СО, 1. 94),—

деп, К-дан берки эл тойго чакырылат.

**КУНДАК** — ымыркай бала бешикке бөлөнгүчө жатуучу төшөкчө. Көбүнчө төө жүнүнөн, тыбыттан же койдун уяң жүнүнөн кат-кат төшөлүп, баштык же оромо түрүндө жасалган. Сырты кездеме, таар, жаргак м-н капталган. Көчкөндө алып жүрүүгө, кереге башына илип коюуга, сууктан сактоого ыңгайлуу болгон. Эпосто көп жолугат. Мис., «Бешик боосу бек болсун, Кундагың боосу кут болсун!» (СО, 1. 70),— деп Манас төрөлгөндө Жакыптын Бакдөөлөткө кайрылганы, Семетей төрөлгөндө «Караган аман калчу эмес, Көзүндө кара калы бар эле»,— (СК, 2. 223),— деп Каныкейдин К-тагы баланы Манаска көрсөтпөй турганы К-ты жаңы төрөлгөн баланын төшөнчүсү экендиги далилдейт. Каныкей м-н Чыйырды Манас өлгөндөн кийин Букарга качып бара жатып жолдо Байтеректин түбүндө уктап калышат. Он эки айры мүйүздүү ак бугу келип, баланын К-ын чапкылаганда алты айлык Семетей К-ынан суурулуп чыгып кетет (СК, «Семетей», 1. 50). Мындан, К. бешик м-н бирдей эле мааниде колдонулуп, кеңири тарагандыгын билүүгө болот. Мылтыктын найынын бешиги да К. делет.

**КУНДУЗ** (ир. хухане — көөнө, эски; диз — чеп, сепил, коргон) — топоним. Ооганстандын түндүгүндөгү шаар ж-а ага караган аймак. 17-к-да катаган уруусу түн. тараптан көчүп барып отурукташкандан кийин К. ш-нын чөйрөсүндөгү жер «Каттагани вилаети» деп аталат. Эпостун айрым варианттарында: «Кундуз, Талкан жайлаган, Кундуздай кара ат байлаган, Аталык уулу эр Кошой» (СО, 2. 199),— деп айтылып, негизги каармандардын бири Кошойдун ата мекени катары баяндалат. Географиялык реалияда Ооганстандын түндүгүндөгү шаар ж-а өрөөн.

**КУР** — эпизоддук кейипкер. Бээжиндин чоң төрөлөрүнүн бири Дуңшанын уулу. Коңурбай Бээжинге келгенден анын жанында жүргөн нөкөрү. Анжыянды таштап Манастан качып келаткан Алоокеге жолукканда Коңурбай К. экөө барганы айтылат (СО, 2. 224).

**КУР** — булгаарыдан, кайыштан ж-а сызма сыяктуу башка материалдардан, узун жазы кездемеден белди бууп, байлаш үчүн жасалган буюм, белге курчана турган жоолук. Эпостогу маалыматтар курдун байыртадан эле болгондугун айгинелейт: «Белине жоолук — кур берди» (СО, 1. 45), «Курдан кармап алганы Оодара тартып атынан Чалды жерге салганы» (СО, 1. 90). Ал эми К-ду моюнга салуу жеңилгендикти же кудайга жалынып тилек тилөөнү билдирет: Мис., «Мойнуна курун салынып» (СК, 1. 52), к. *Ботокур, Боз кисе.*

**КУРАЛ-ЖАРАК** (аскердик) — согуш аракетинде колдонулуучу ар кандай каражаттар-

дын жалпы аты. Кыргыз элинде да негизинен К.-ж-тардын аң уулоочу, аскердик, спорттук түрлөрү болгон. Аң уулоо куралдары колдонулушуна жараша атылма (жаа, мылтык, ж. б.) ж-а ыргытуучу (найзалар) болуп аңчылык кылууга ылайыкталган. Атылма куралдар улам өркүндөтүлүү м-н аңчылыкта анын ар кандай түрлөрү колдонулган. Металлдын ачылышы м-н аскердик К.-ж-тар колодон, темирден ж. б металлдан жасала баштаган. Мылтыктын найына сай (октун айланып, алыска учушу, таамай тийишин камсыз кылат) салынат. Чабуул куралдары м-н катар зоот, калкан, туулга сыяктуу коргонуу жабдыктары да жасалган. Спорттук мылтыктар спорттук максатта (элдик эпостордогу даңазалуу аш-тойлордо өткөрүлгөн салттык милдеште (мис., *жамбы атуу)* ар кандай буталарды атууга арналат. Атылма мылтыктын түрлөрү: Аккелте, Бараң, мылтык, замбирек ж-а ал куралдардын негизги бөлүктөрү: кундак, най, кароол, ок салгыч куту, машаа кармагыч (цевье), ж-а сактагычтан турат. Кыргыз элинин эпикалык салтында айтылган К.-ж-тардын түрлөрү казак, өзбек ж. б. коңшу түрк элдеринин чыгармаларында негизинен бирдей термин-туюнтмага жакын энчилүү ат м-н аталат. Башкы баатырдын образын толуктап турган ал курал коомдун тарыхый өнүгүшүнүн ар кыл мезгилдеринде пайда болуп, улам өркүндөтүлгөн формада колдонулуп келген реалдуу куралдардан болуп эсептелинет. К.-ж-тардын улам өркүндөтүлүшү ж-а жаңы куралдардын пайда болушу, жоокердик шартка ылайык сүрөттөлүшүн камсыз кылып турган. Ошондуктан эпостордун салтындагы жоокерчилик согуштар үчүн натыйжалуу куралдар көбүрөөк идеалдаштырган. Мис., мылтык, кылыч, замбирек (топ) өңдүү согуштук куралдар О. Азияда 14—16-к-дардан колдонула баштаганын ж-а ал элдердин эпосторунда бул куралдар кеңири сүрөттөлүп, олуттуу идеалдаштыруу мүнөздүү экенин бир катар изилдөөчүлөр белгилешкен.

Эпостук салт б-ча баатырлар укмуштуу К.-ж-тар м-н камсыз болушат. Эпикалык бул мотив ар бир элдин эпосунда ар түрдүүчө идеалдаштырылып баатырлардын тигил же бул К.-ж-ка кантип ээ болгондугу баяндалат. Көпчүлүк эпостордо баатырлардын куралдары өтө чебер устанын колунан жаралган согуштук буюм катары даңазаланат. «Манас» эпосунда баатырлардын, айрыкча Манаска таандык К.-ж-тардын өзүнчө таржымалы, аларга ээ болуунун тарыхы кеңири баяндалат. Кандай шартта, кайдан келгендиги, же ким тарабынан жасалгандыгы ж-дө толук кабар берилет. Башкы баатыр сыяктуу жардамчы каармандардын өзүнүн энчилүү кылычы, сайса узарган найзасы, алыскы жерлерди көргөн дүрбүсү, жазбай тийген мылтыгы болот. Булар баатырлардын эпикалык образын толуктап турат. Айрым көөнө эпостордо баатырдын келечекте мине турган тулпары м-н К.-ж-ы асмандан түшкөнү айтылат. «Манас» эпосунда Манас баатырдын К.-ж-тарынын табылышынын түпкү теги жомоктук мифологиялык мүнөздө поэтизацияланат. СКВда асмандан түшкөн алты курчтун ар биринин өзүнчө касиети идеалдаштырылат. Манастын урунган К.-ж тары эпостун кийинки бөлүмүндө Семетейге атадан калган мурас катары өтүп, анын образына да керемет бүткөрүп турат.

«Манаста» чагылдырылган К.-ж-тар негизинен энчилүү ат м-н аталат. Мындай салт элдик эпостордун баарына мүнөздүү. В. М. Жирмунский мындай байыркы адат Батыш Европа элдеринин эпикалык чыгармаларында да орун алгандыгын белгилеп, көпчүлүк учурда кылыч, найза өңдүү куралдарга ээ болуу үчүн баатыр көп кыйынчылык м-н жете турган сыйкырдуу жомоктук мотивдин бири катары карайт. Баатырды баатыр даражасына жеткирип, күчүнө күч, эрдигине эрдик кошкон куралдарды ар бир элдин айтуучулары өтө кылдаттык, сүйүмөнчүлүк м-н ырдашат. Манас баатыр өзүнүн энчилүү К.-ж-гына кандайдыр бир жогорку күчтүн колдоосу аркылуу ээ болсо, Семетей атасынан мурас калган ошол эле жоо куралдарды (Аккелте, Ачалбарс, Зулпукор, Наркескен, Сырнайза) атасынын бир туугандары — Абыке, Көбөштөн кайтарып алууда каршылыктарга учурайт. Айрым учурларда К-ж-тар душмандын колуна тийип калса, кылыч кынынан суурулбай, мылтык атылбайт. Ээсинин колунда турса гана кылыч кынынан суурулуп, мылтык атылып, адилет идеянын кызматын өтөйт. Бала баатыр Семетей ички душманы Көбөш м-н жекеме-жеке кармашкан учурда үйдө илинип турган Аккелтеден шуйшүңдөп кан агып, өзү эле тарсылдап добуш берет. Жоокердик куралдарга мүнөздүү жомоктук бул мотив «Семетей» эпосунда да «Манастагыдай» кереметтүүлүктөн ажырабаган көөнө белгилерди, магиялык касиеттердин белгилүү өлчөмдө сакталганын далилдейт.

*С. Алиев*

**КУРМАН** Кыдырбай кызы (1915, Жети-Өгүз р-ну, Чырак айылы) — «Манас» жыйноочу. Фрунзедеги педтехникумду бүтүргөн. 1932—33-ж. Москвадагы стенографистикалардын курсунда окуган. К. манасчылар Саякбай Карала уулу м-н Шапак Рысменде уулунун варианттарындагы негизги окуяларды так, жогорку деңгээлде жазып алган. Анын Саякбай Карала уулунан жазып алган материалдарынын көбү өзүнчө китеп болуп басылып чыкты. Калган материалдар Кыргыз ССР ИАнын Кол жазмалар фондусунда сакталып турат.

**КУРМАНОВ** Таалай (1949, Чүй р-ну, Талды-Булак айылы) — сүрөтчү, графикачы. 1968-ж. Фрунзедеги сүрөт өнөр окуу жайын, 1976-ж. Ленинграддагы сүрөт өнөр-жай жогорку окуу жайын бүтүргөн. Манасчы Саякбай Карала уулунун варианты б-ча жарык көргөн «Манастын» 4 томдугуна «Манас» 1—2-китеп, «Семетей» 1—2-китеп (1984—89) графикалык сүрөттөрдүн циклин түзгөн. К. сүрөттөрүндө жанрдык, баатырдык, жоокердик окуяларды реалисттик маанайда чагылдырып, каармандардын мүнөздөрүн терең ачып берүүгө аракеттенген. К. тарткан сүрөттөрдө образдарды,



Т. Курманов «Манас» эпосуна иллюстрация.

композицияларды чечүүдө ар түрдүүлүк байкалат.

**КУР САЛУУ** — 1) толук багынганын билгизип, кулдук уруп айыбы, кылмышы үчүн бирөөлөрдөн кечирим суроо. Кудай ж. б. жогорку күчтөрдөн кандайдыр бир көмөк, жардам сурап тиленгенде жасалган жөрөлгө. СОВ б-ча Манас эр жетип, катылган кара кытай, калмактардын катыгын берип, жоосу да, досу да көбөйүп турган чакта Алтай жериндеги кыргыз, казак элинин аксакалдары чогулуп, Ала-Тоого кетүү үчүн кеңешкенде: «Мойнуна курун салынып Боздоп турду Бай Жакып Жаратканга жалынып» (СО, 2. 218). Ала-Тоого көчүү үчүн ак жол тилейт. РЖВда «Семетей» бөлүгүнүн окуясы кырк чоронун чыккынчылыгын баяндоо м-н башталат. Аталган эпизоддо Манас баатыр м-н жоону бирге жоолашкан, доону бирге доолашкан жоокер чоролор — деп Семетей өтө кадырлаган кырк чоро качканда аларды артынан кууп жетип ызаттаган сезим м-н урматтап таазим кылып кайрылуусу ж-дөгү эпикалык баян айтылат. «Эне болуп үйрөткөн, ата болуп дуулаткан чором, атыңдын оозун бура тур» — деп Семетей Тайбуурулду алдыларына тартат. Кырк чоро болбогондо курун салып, башын тартуу кылат. Эпосто Семетей баатырдын акыркы үмүт, ишеним м-н «атамдан калган мурапы» деп кырк чорого тулпар атын тартып, мойнуна курун салып, башын тартуу кылып, өтүнүп турган учуру кечирим суроонун эң жогорку чеги ж-а жеткен жери.

**КУРТКА** — эпизоддук кейипкер. Анжыяндык кары адам. Манаска ат коюуга катышканы гана айтылат (СО, 1. 86).

**КУСАБҮБҮ** — эпизоддук кейипкер, Каныкейдин нөкөрү. Манас Каныкейге күйөөлөп баргандагы ат чаап, кыз тандоодо аты он бешинчи келген *Каракожо* тагдырына буюрган К-гө үйлөнөт.

**КУСАРЫШ** — топоним. Алтайдан Ала-Тоого көчүү ж-дө жыйын куруп эл башчыларына кайрылган Манас ата-бабалардан калган жерлердин катарында К-ты да эскерип өтөт.

**КУТАН АЛП** — мифтик каарман. К. а. эпостун байыркы катмарын түзгөн кейипкерлерден. Бул тарыхта белгилүү кара кытайлар (кидандар) м-н байланыштуу эпоним. Кутан «кидан» этнониминин өзгөргөн түрү, бирок эпосто К. а. м-н Китен алп экөө эки башка дөө катары берилген. «Манаста» бирде «Кулан куйрук Кутан алп» (СО, 3. 99), бирде «Кулагы темир Кутан алп» (СК, 1. 80) болуп айтылат. К. *Китен алп.*

**КУТМАН** — эпизоддук кейипкер. Кошой Жолой м-н күрөшөрүндө К. байдын тоюнда Жолойду жеңгенин эскерет (СО, 2. 219).

**КУТТУБАЕВ** Аманкул (1907, Сокулук р-ну, Белек айылы — 1984, Фрунзе) — кыргыз совет режиссёру, актёр. Кыргыз ССР эл арт. (1946), Кыргыз ССР Токтогул атн. мамл. сыйлыгынын лауреаты (1970). 1935—41-ж. Москвадагы А. В. Луначарский атн. театр ин-тунун режиссёрдук факультетинде окуп, В. Г. Сахновский м-н В. А. Орловдон таалим алган. Чыгармачылык жолун 1926-ж. Пишпек (Фрунзе) шаарында музыкалык драма студиясынан баштаган. 1939-ж. Москвада өткөн кыргыз искусствосунун декадасында улуттук сахна өнөрүнүн саамалыгы болгон «Айчүрөк» операсын зор ийгилик м-н коюп, өзүнүн режиссёрдук дареметин көрсөтө алды. К-дин «Манас» операсынын алгачкы (1951) ж-а кийинки вариантын (Р. В. Захаров м-н бирге, 1966) койгон. Ленин ордени, эки Эмгек Кызыл Туу, «Ардак Белгиси» ордендери ж-а медалдар м-н сыйланган.



**КУТТУБАЕВА** Анвар Акматовна, Кудайбергенова (1915, Бишкек ш. — 1977, Фрунзе)—



А. Куттубаева. Калыйман. «Айчүрөк» операсы. 1939.

кыргыз совет артисти, Кыргыз ССР эл арт. (1939). Фрунзедеги педтехникумда окуп, актёрдук чыгармачылыгын андагы драма ийриминен баштаган. 1929-ж. кыргыз театр студиясына кирип, артисттик ишмердигин уланткан. Ал «Айчүрөк» операсынан Калыймандын партиясын аткарган. Ленин ордени, Эмгек Кызыл Туу, «Ардак Белгиси» ордендери ж-а медалдар м-н сыйланган.

**КУТУ** — эпизоддук кейипкер, жедигер элинин аксакалы, кадырман, акылга дыйкан, чечен адам:

Келер менен кетерди,
Кеңири билген жан экен.
Семеңе тийген Кыязга
Карасаң мындай Кутунун
Чоң кастыгы бар экен (КВ, «Сейтек», 56).

Айчүрөк уул төрөгөндө баладан күмөн санаган Кыяска К. нуска сөзүн айтып, той берип, баланын атын өзүң кой деп Сейтектин аман өсүп, эр жетишине көмөктөш болот.

**КУТУБАЙ** — эпизоддук кейипкер. Чыйырдыны төрөтүшкөн аялдардын бири К-дын зайыбы экендиги гана айтылат (СО, 1. 74).

**КУТУБИЙ**, Кутунай — кырк чоронун бири. Бул образ ар түрдүү варианттарда ар башкача берилет. СОВдо Ошпурдун айылдашы кыргыз Кадообайдын баласы, өз ысымы Чегебай. «Кутман болор сага деп, Дартыңа болор даба деп» (СО, 1. 115) кырк чилтен атын К. коюп беришет. Манастын чоролорунун ичинде бирде К., бирде Кутунай деген ысым м-н айтылат. Мис., Манас Каныкейге күйөөлөп баргандагы ат чаап жар тандоодо:

Кутубийдин Акбакай,
Улаан күлүк бир далай,
Бешинчи болуп барыптыр,
Бери кызындай Кыяпат
Берген кудай муну деп
Бекке ылайык кутунай
Бетине келип калыптыр (СО, 2. 422—423).

Ушул окуядан нары кырк чоронун бири катары «Кыргыздан кыраан Кутунай» делип, эрдиги, ар ишке жүйөкөрлүгү көсөтүлөт. Ошондуктан жөн билгиликти, баатырлыкты талап кылуучу ишке Манас бекеринен К-ды кошо жибербейт. Мис., Алмамбетти алгач тосуп чыккан Чубак, Сыргак баштаган беш баатырдын бири К. болот (СО, 2. 303), Манастын Санирабигага күйөөлөп келатканын Атемирге Ажыбай, Чалыбай, К. үчөө кабарлайт (СО, 2. 392—393).

Ал эми СКВда Манас м-н козу кайтарып жүргөн кара калмак Ошпурдун баласы Чегени Кызыр Алейкисалам К. атайт: «Кутубий дедим бул бала, Кутман болот өзүңө. Астыңа салса ак жолуң. Сенин артыңда жүрсө сан колуң...» (СК, 1. 106). Манас Кошойго жолукканы кеткенде Акбалта м-н бирге каптап келген жоонун жолун тосот. Манас келгенден кийин Кошой жардамга келгенче Манаска караан болуп, сандаган кол м-н жан аябай согушат. Ошол согушта Манас Оргону минген качырынан түшүрө сайганда азыр болгон К. Оргонун башын кесип кетет. Алтайдан Ала-Тоого келгенден кийин элине, Сары-Колго кетмекчи болгон Акбалта: «Кутмандуу бийиң кулунум, Курган нойгут элиме Кан көтөрүп салайын! Манаска тете уулум, деп, Баана кылып алайын» (СК, 1. 126—142, 151—154, 170),— деп К-ди кадырын салып Манастан сурап элине алып келет. К. Манаска, кыргыз элине, ак кызмат өтөсө, кийин К-дин уулу *Карадөө* Манастын урпактары Семетей м-н Сейтекке да о. эле адал кызматын арнайт.

*К. Кырбашев*

**КУТУНАЙ**, к. *Кутубий*.

**КУУ БАЙТАЛ** — эпостун негизги варианттарында эскерилген эч адамга билинбей кайыптан пайда болгон ургачы жылкы. *Карача кандын* малы. Аккуланын энеси. Ал эпосто:

Кайыбынан кабылган,
Нойгуттун каны Карача
Эркеги жок кызы арбын,
Кудай сүйүп буюруп
Так ошого табылган (СК, 1. 175),— деп баяндалып, касиеттүү К. б-дын биринчи төлү Кула тай (Аккула).

**КУУ-ЖЕКЕН** — топоним. Көкөтөйдүн ашындагы ат чабышта аттар токтогон жер. Эпосто:

Түркстандын ары жагы,
Куу-Жекендин аралы
Куу деген бас экен,
Аяк-башы түшчүлүк,
Дайрага жакын саз экен,
Саз боюнда жайнаган,
Жапан учкан каз экен (СО, 3. 263),— деп айтылат.

**КУУЖИГИТ** — эпизоддук кейипкер. ВЖЭде Манастын чоролорунун ичинен амал-айлалуу, кысталышта жол таба билген чоро катары айтылат (ВЖЭ, «Ала-Тоо», 1979, № 7, 79, 91-б.).

**КУУКАЗЫК** — *Көкбөрүнүн* байгеге чапкан күлүгү ж-а жоого минген аты. СКВда Көкөтөйдүн ашында байгеге чабылганы эскерилет (СК, 2. 70).

**КУУ КУЛЖА** — кытай, калмактардын чегин кайтарган кароолчу жандыктарынын бири (к. *Кароолчу жандыктар)*. Эпостун «Манас», «Семетей» бөлүмдөрүндө салттык түрдө айтылып, жоо тараптын сыйкырдуу жардамчыларынын милдетин аткарат. «Манас» эпосунун сүрөттөөсү б-ча К. к. сыйкырдын жардамы м-н иштетилген магиялык касиеттеги жандыктардын бири катарында көрсөтүлөт:

Тогуз жолдун тоомунда,
Кырк бөрү койдун чаркына,
Үзгүлтүк тоонун урчукка,
Үңүрөйгөн тумшукка,
Как суунун четине,
Каспаң тоонун бетине
Кулжаны кабар койду дейт (СК, 1. 165).

Кытай, калмак чек арасын кайтарып турган, кишиден кыйын акылдуу К. к-ны жеңүү жан-жаныбарлардын куулук-шумдугун, тилин, сырын билген Алмамбеттин гана колунан



Г. Петров. Куу кулжа.

келет. Ошондуктан ал «Чоң казат» эпизодунда кытай чек арасына чалгындап барган Алмамбет, Сыргак тарабынан ажал табат.

**КУУ ӨРДӨК** — кытай-калмактардын укмуштуу кароолчу жандыктарынын бири. Укмуштуу К. ө. «Манас» эпосунда мындайча сүрөттөлөт:

Жел учса кабар берүүчү,
Жез канаттуу Куу өрдөк.
Абаргер деген көлүнө
Суук-Капчыгай төрүнө
Муну кароол койду дейт.
Кабылан төрө Манастын
Келе турган жерине (СК, 1. 165).

Кытай чегин кайтарып турган, кишиден кыйын акылы бар. К. ө-тү сыр билгизбей жеңүү аракети жан-жаныбарлардын куулук-шумдугун, тилин, сырын билген айлакер Алмамбеттин да колунан келбейт. «Чоң казат» эпизодунда кыргыз колунун Чоң Бээжинге каршы аттанып келе жатканын алдын ала билип Коңурбайга кабарлаган да ушул К. ө. болот. Амалкөй К. ө-түн терс мүнөзү байыркы доорлордогу канаттуу кабарчы өрдөк ж-дөгү элдик түшүнүк эпостун кийинки өнүгүш этабында эпикалык душман өкүлүнүн куралына айландырылып, жоо тараптын сыйкырдуу жардамчыларынын милдетин аткарып, кызмат кылышы м-н мүнөздөлөт. Эпикалык өрдөктүн образы өзүнүн алгачкы үлгүсүндө терс мүнөздө элестетилбейт. Анткени, байыркы доорлордогу катташып башкы каармандын оор абалын бүлөсүнө, элине билдирген «көгүчкөн катчы» ж. б. канаттуу кабарчылардын жагымдуу элесте сыпатталгандай эле өрдөк да оң маанисиндеги элестерден, к. *Канаттуу кабарчы.*

**КУУ-ТЕЗ** — топоним. Жакыптын жылкысы жайылган жерлердин бири (СО, 1. 180).

**КУУ ТҮЛКҮ** — кытай-калмактардын укмуштуу кароолчу жандыктарынын бири. Байыркы элдер өздөрүн курчап турган жаратылыш кубулуштарды, жан-жаныбарларды адамга мүнөздүү касиетке ээ деп ишенишкен. Ушуга ылайык оозеки чыгармалардын ар кандай үлгүлөрүндө чагылдырылган укмуштуу айбандар адам сыяктуу сүйлөөгө, түшүнүүгө, окуяларды алдын ала билүүгө жөндөмдүү жандык катары сүрөттөлөт. «Манас» эпосунда жомоктук-фантастикалык элесте сүрөттөлгөн бул жандык:

Кырк кулач кызыл түлкү экен,
Айбандан болгон артык сак,
Эсен канга мүлк экен.
Мүлктүгү ушул эмеспи,
Кароолго койгон Куу түлкү
Бел байлаган бел экен (СК, 1. 165),—

деп сыпатталат. Бээжинге барчу жолду кайтарып жаткан, адамдай акылы бар К. т-нү жеңип, жоонун жерине кирүү иши да Манастын чоролорунун колунан келет. Канчалык амалкөй болсо да К. т. кароолдо турган жерине чалгындап барган элдик баатырлар тарабынан жай болот.

**КУУЧАБДАР** — кытай баатыры Шаңдөөгөрдүн минген аты. СОВ б-ча Көкөтөйдүн ашында, Чоң казатта катышат. Эпикалык душман баатырынын эрдиги К-дын тулпарлык касиетинин күчтүүлүгүнө байланыштырылып эскерилет (СО, 3. 151).

**КУШ-МУРУН** — топоним. Көкөтөйдүн уулу Бокмурун атасынын ашын берүү үчүн көчүп өткөн жерлердин бири. «Бакты-Куурай басамын, Куш-Мурун тоосун ашамын» (РЖВ, 147),— деп айтылат. Географиялык реалияда Кегендин түндүк алабындагы тоо.

**КУШЧУ**, кутчу — кыргыз элинин сол канатына кирген негизги уруулардын бири, алардын малдарга баса турган тамгасы тегерек формада болгон. К. тамгасы м-н Чыгыш Түркстанда жашаган уруулардын бири пу-гулардын (бугулардын) тамгасы өтө окшош. Демек, К. байыркы уруулардын бири. Этнограф С. М. Абрамзон кыргыз элинин 6—11-кылымдардагы биринчи катмарындагы урууларга К-ну да кошкон. Бул илимпоз К. Батыш түрк кагандыгындагы (7-к.) Иле суусунун батыш тарабында жашаган нушибилердин арасындагы гэшулар м-н окшоштурган. К. Моголистан мамлекетиндеги (14—16-к.) ири уруулардын бири. Алар кыргыз элинин түзүлүшүнө чоң роль ойногон. «Манас» үчилтигинин айрым эпизоддорунда К. уруусу да эскерилет.

**КУЯЛЫ** — каарман, эпикалык баатыр, алп кыз. СКВда «Сейтектин» көлөмдүү окуяларынын бири Желмогуз уулу Сарыбайдын окуясына катышкан баатыр, эпостун идеялык-көркөмдүк негизинде өзүнчө орунга ээ. Эпостун бул бөлүмүндөгү негизги каармандар Семетей, Сейтек, Күлчоро, Айчүрөк экендиктерине карабастан, «Сейтектеги» баатыр аялдардын ичинен К-нын эрдиги өтө көтөрүңкү маанайда поэтикаланып, анын кайрат-күчү эр азаматтардыкынан алда канча ашыкча көрсөтүлөт. Семетей, Сейтек, Күлчоролор күндөп-түндөп согушуп жеңе албаган коркунучтуу душман

Сарыбайды жеңип чыгат. Муну м-н баатыр уулдардан калышпаган эр жүрөк кыздарына элдин зор урматы билдирилет. К. негизинен согуш учурунда сүрөттөлгөндүктөн анын мүнөзүнүн жоокердик жагына басым күчтүү жасалып, аялдарга таандык сулуулугу, назиктиги баатырдыгы м-н эриш-аркак сыпатталат. Анын образы көбүнчө эпикалык баатыр катары салттык мотивдер м-н жабдылат. Ал да баласыз ата-эненин көпкө чейин зарлап тилегенинен кийин перинин кыздары оюн курган жерден кайыбынан табылат. Атасы Кайып чал байыркы салт б-ча кызы алтыга чыкканда гана чоң той берип, ат койдурат.

К. да эпикалык башка баатырлардай эле өтө эртелеп эрдик көрсөтөт. Жети жашка чыкканда эле: «Кан шимирип катыгып, Кыз арстан атыгып» баатырдыгы, балбандыгы белгилүү болот. Он үч жашында атасынын ордун басат. Эпостогу байыркы энелик доордун айрым белгилери да ушул К-нын образынан учурайт. Мындай эпикалык алп баатыр кыздардын образы дүйнө элдеринин эпосторунда өтө көп жолугат. В. М. Жирмунскийдин сөзү м-н айтканда: «энелик доордун турмуштук мамилеринен келип чыкса да, жоокер-кыздардын мындай тиби варвардык доордун аталык-уруулук коомунда да сакталат (мис., Европада байыркы кельттер менен германдыктарда); ошону менен катар жоокер кыздар феодалдык мамилелердин өнүгүү жана аялдар теңсиздигин алып келген мусулман идеологиясынын таралуу алдындагы мезгилдердеги көчмөн түрк урууларынын жоокердик турмушунда да кеңири белгилүү болгон» (Тюркский героический эпос. — Л., 1974, 39-б.). Демек, К-дай алп кыздардын образынын келип чыгышы ж-а салтка айланышы өтө узакка созулган татаал процесс. «Ал кандайдыр бир чукулунан гана табыла каган образ эмес, поэманын бүткүл идеялык агымы менен даярдалган образ» (К. Асаналиев). Бул каарман, биринчиден, эпостун элдүүлүгүн арттырса, экинчиден, анын зарыл турмуштук жагдайга жараша аткара турган өзүнө ылайык милдети бар. Саякбайдын «Сейтегинде» гана берилген алп кыз К. — апыртылган жомоктук белгилери бар, ата-бабанын адилет иши, эли-жеринин эркиндиги үчүн каны-жанын аябаган эпикалык баатыр. Анын образынын эң башкы касиети жоокерге таандык баатырдык мүнөз:

Олоңдой болгон кайран чач
Төбөгө ороп түйүптүр.
Көк темирден туулга,
Көмкөрө башка кийиптир.
Чабыша кийчү чарайна
Чактап белге салыптыр (СК, КФ, 566-инв., 195-б.),— деп сүрөттөйт манасчы К-нын Сарыбай м-н согушууга аттангандагы көркөмүн. Кытайдагы кыргыздарда да К. алп кыз катары берилип, ага Сейтектин үйлөнгөндүгү айтылат. Эч ким жеңе албаган Желмогуз уулу Сарыбайды багынтып, элди каардуу жоодон куткарган баатыр кыз К-нын образы — «Сейтек» эпосунда негизги образдардан болуу м-н «Манас» үчилтигинин негизги идеялык мотивдерин, салттарын улаган ж-а акыр аягына жеткирген образдардын бири.

*А. Жайнакова*

**КУЯЛЫ** — кейипкер. БСВ, ШРВда Коңурбайдын уулу. Атасынын кунун кууп Сейтек м-н урушат.

**КУЯС** — эпизоддук кейипкер. Маңгул аяры. Култаңдан Манастын кабарын уккан Текес кан күндүк жердеги К. аярды атайын киши жиберип, тез келсин деп чакыртат. Текестин коркконун көргөн К. аны жооткотуп: «Ортодо төрт буруттур, Ошондон коркуп жүргөнүң Сени да кудай уруптур!» — дейт да Манастын колу келчү жолдогу бак-шак, чөп-чарды арып-дуба окуп эсеп жеткис жаракчан аскерге айлантып коёт. К-тын аярлык өнөрүнө тен берген Текес Манастын колунун өтө албасына ишенип, даярдыксыз, беймарал жатып алат. Найза сайса найзаларын сунуп, мылтык мээлесе мылтыктарын колуна алып, кыйкырса кыйкырып, бет маңдай келген адам эмне иш кылса ошону жасап, жолду тосуп турган аскердин сырын Бакай билип, Манаска, колго айтат. Душмандын амал аскерин дары төгүп өрттөп жиберишип, Текестин ордосуна кирип барышат. Каарданган Текесадегенде К-ты, анан өзүн-өзү өлтүрөт (СО, 2. 35—45).

**КҮБӨ** — топоним. Көкөтөйдүн ашына чакырылган дугул элинин жери. «Күн чыгыш Күбө жери бар, Күлдү дугул эли бар» (СО, 3. 99).

**КҮБӨ** — жоого кийилүүчү ок өтпөс сырт кийим. К. баалуу сырт кийим катары да айтылат. К-нүн эпосто ак күбө, көк күбө, кыл күбө, күбө тон деген түрлөрү жолугат: «Ак күбө тонду кийгени, Аккула атка мингени». Көкөтөйдүн ашында Манас м-н эр сайышка чыкканда Коңурбай «Темир тондун тышынан Көк күбө чопкут жамынып» (СО, 3. 236) чыкканы айтылат.

**КҮБӨЙ** — мифтик этноним. Көкөтөйдүн агатуугандарына айткан керээзинде «Күн алдына барбасын, Күбөйгө кабар салбасын» (СО, 3. 12),— деп ал эл ж-дө эскерет.

**КҮБӨК** — атайын таш капкан. Ал суусар, кундуз, суур ж. б. жаныбарларга коюлган. К-түн оозу кууш, түп жагы кеңири болуп, терең чуңкур формада, б. а. жаныбар ичине кирип кайра чыга албай калгандай жасалган. Эпосто: «Жал куйругу түпөктөй, Тумшугуна карасаң Суурга койгон күбөктөй» (СО, 3. 127),— деп Бокмурундун Мааникери, «Суусарга койгон күбөктөй» (СО, 2. 319),— деп Алмамбеттин Саралысы сүрөттөлөт. Кооздук үчүн аялдар тагынуучу алтын, күмүштөн кооздолуп жасалган майда-майда желбиреөчтөрдөн турган жасалга да К. делет.

**КҮДӨҢ** — эпизоддук кейипкер. Кытай балбаны. Нескара м-н болгон урушта *Даң-Даңды* Айдаркан өлтүргөндөн кийин К. чыгып, Айдаркан К-дүн айбатына даабай качып берет. Ошондо К-гө каршы он үч жашар Манас чыгып, жеңишке ээ болот (СО, 2. 222).

**КҮДӨРҮ** — топоним. «Күдөрү, Кентун как ушул, Алмамбетке күйүүчү Күдөрү журту дагы ушул» (СО, 4. 215). К. айрым изилдөөчү-

лөрдүн талаш пикири б-ча төмөнкү Сырдын боюндагы гунндардын борбору болгон Курдер калаасы.

**КҮДҮҢБАЙ** — эпизоддук кейипкер. Акунбешим бааша жеңилгенде Олуя-Атага качып барышкан Мерки жайсаң м-н Шамың шаа ал жердеги Меркеш, Дабагы болуп кеңеш куруп, ошол чөлкөмдө жашаган кыргыздарды кырмак болушат. *Кетелик* аттуу калмак кыргыз К-га калмактардын кеңешин айтат, К. элге кабарлайт, эл качат (СО, 2. 145).

**КҮЙӨНҮШ** — эпизоддук кейипкер, аяр. Манаска каршы аттанган Шоорук кандын колунун ичинде К. аярдын да бар экендиги айтылат (СО, 2. 203).

**КҮЙҮК** — топоним. «Кыястын Тооторудан ажырашы» окуясында Сейтек «Күйүк, Чакмак эки ашуу Белин качан басабыз» (КВ, «Сейтек», 113),— деп К-тү ашып кыргыз элине качан барары айтылат. Географиялык реалияда Таластагы белгилүү ашуу.

**КҮЙҮКОВА** Даркүл (1919, Пишпек, Төкөлдөш айылы) — кыргыз совет артисти. СССР эл арт. (1967), Кыргыз ССР Токтогул атн. мамл. сыйл. лауреаты (1987). 1944-жылдан КПССтин мүчөсү. К. Ж. Садыковдун «Манастын



Д. Күйүкова — Чыйырды. «Манастын уулу Семетей» драмасы, 1981.

уулу Семетей» (1982) спектаклинде Чыйырдынын ролун аткарган. «Айкөл Манаста» (1989) бул образды андан ары тереңдетип, жогорку чеберчиликте аткарууга жетишкен. К. Кыргыз ССР Жог. Советине (8-шайл.) депутат. Эмгек Кызыл Туу, Элдердин достугу ордендери ж-а медалдар м-н сыйланган.

**КҮЛ АЗЫК** — көпкө бузулбай турган алыскы жолго арналып жасалган кыргыз элинин байыркы тамак-ашынын бир түрү. К. а-тын негизи эттен (жылкынын, уйдун, койдун, кийиктин ж. б.) турган. Союлган малдын (кайберендин) эти бышырылган соң нарын сыяктуу майда тууралган же кургатылып, сокуга жанчылган же жаргылчакка тартылган. Андан кийин майдаланган эт эки жолу (биринде өзүнүн майына, экинчисинде ун же талкан аралаштырылып, туз салынып) куурулган. «Манас» эпосунда чагылдырылган К. а. узак сапарга, ууга, казатка аттанган жоокерлердин тамагы катары сүрөттөлөт. Эпосто К. а. адамдар үчүн гана эмес аттар үчүн да мээр чөптөн чакан көлөмдө жасалары айтылат. Эпостун төмөнкү саптары буга мүнөздүү:

Кагылайын уулдар
Ала жүрсөң күл азык,
Атка берер мээр чөп,
Каран күн башка түшкөндө
Кереги мунун тиет деп
Кудус менен Мысырдан
Муну койбой чалдырган
Бармактайын чайнаса
Адамдын мээрин кандырган,
Беш талын катып чайнатса
Тулпардын суусун кандырган,
Шири капка бекитип
Бүктөп берген эмеспи (СК, 2. 175).

Айрым этнографиялык маалыматтарда К. а. бөлөк азыктар кошулуп да даярдагандыгы айтылат. Муну В. В. Радлов «Манас» эпосу м-н кошо жарыялаган «Жолой кан» аттуу өзүнчө фольклордук чыгармадан ачык-айкын көрүүгө болот. Мында Жолой баласы Болот м-н жолго чыгардын алдында аларга К. а. камдалып берилет. Ошол дастандагы К. а-тын даярдалышы төмөндөгүдөй баяндалат:

Миң бээнин эттерин
Каптыгадай тилдим дейт,
Алты күнү туска бөлөдүм,
Дүүм жемиштен талкалап туруп,
Эт үстүнө септим мен,
Күнгө как кургаттым,
Тегирмен салдым мен,
Чери чары болот деп,
Торко элекке эледим,
Келе соку кылдырдым,
Келин кыс чогултуп
Сокулатып алдым мен,
Капчык ичине салдым (РЖВ, 549—550).

Мындай К. а-тын бир эле кашыгын ысык сууга салып эритип ичкенде адамга кадимкидей кайрат берип, ток туткан. Мис., РЖВда Жолойдун келини жолго чыгып жаткандарга К. а. м-н кошо куржунга кол казанды кошо салып берип, кайнатасына мындай дейт:

Тамак керек болгондо,
Жер очокту кассын де!
Аста отту жаксын де!

Чеӊеп үч колдун башы менен
Чымчып мындан алсын де,
Казанга акырын сээп койсун де,
Кашык менен айлантып,
Сактап олтурсун де! (РЖВ, 500).

Контекст илгерки убактарда кыргыздардын К. а-ты кеӊири колдонгонун айгинелеп турат. Мындай фольклордук материалдар К. а-тын технологиясын «калыбына» келтирүүгө чоӊ жардам бере алат. Эпосто чагылдырылган К. а. ж-дөгү маалымат анын кыргыз элинин турмушунда орун алып келгендигин көркөм формада көрсөткөн. К. а-ка окшош тамак-аштын түрү алтай элинин эпосу «Алып-Манашта», тувалыктардын «Бокту-Кириш» ж-а «Бара-Шээлей» аттуу дастанында да айтылгандыгы белгилүү. *И. Молдобаев*

**КҮЛАЙЫМ**, Гүлайым — эпизоддук кейипкер, перинин кызы *Акберметтин* курдашы. Сейтек Акберметке үйлөнгөндө, К. *Акжолтойго* турмушка чыгат. Акбермет төрөгөндө жардамдашып, Кененди киндигин К. кесет (СК, «Семетей», 315).

**КҮЛАЙЫМ**, Каныпшай, Айганыш, Күлжар, Күлканыш, Айымкүл — эпизоддук кейипкер. Көкөтөйдүн аялы. Көкөтөй өлгөндө, Көкөтөйгө аш бергени Каркырага көчкөндө К-га кошуп алтымыштай катынга кара кийгизип, кошок айттырып жүрүп отурганы баяндалат (СК, 2. 7, 11).

**КҮЛДҮР** — эпизоддук кейипкер. Маӊгул баатыры, Күнөс балбандын агасы. Жакып, Чыйырды, Бакдөөлөт үчөө түш көрүп өткөргөн түлөөгө чакырылат. Манас маӊгулдарды Нескарадан куткарып калганда он төрттөгү уулу *Чаганбайды* Манаска жолдош кылып берет. Алтайдан Анжиянга көчүү тууралуу кеӊешке катышат (СО, 1. 60, 231—232, 250). Башка учурларда Чалыбайдын атасы экендиги гана айтылат (СО, 2. 39, 93, 144, 149, 180, 419; 3. 48, 165; 4. 43, 52).

**КҮЛДҮР МАМАЙ** (уйгурча гүлдүр мама добуул, чагылган) — мылтыктын аты. Кыргыз, казак элдеринде алыска атылуучу ж-а үнү добулдай күркүрөп угулган мылтыктын (кээде замбирек) энчилүү аты катары айтылган. СОВдо мындайча эскерилет. «Жазайылды жаткырып, Күлдүр мамай мылтыкты, Күркүрөтө аттырып» (СО, 1. 217).

**КҮЛЖАР** — эпизоддук кейипкер. Көкөтөйдүн керээзинде анын аялы экендиги гана айтылат (СО, 3. 27).

**КҮЛНААРЫ**, Күлнаар — кейипкер, *Көкбөрүнүн* аялы, *Карачанын* кызы, *Коёнаалынын* энеси. Эпосто бир, эки эпизоддо гана айтылса да К. сулуулугуна акылмандыгы, жөн билгилиги төп келген аял катары сүрөттөлөт. Жанаалы, Карач м-н болгон уруштан кийин уктап калган Коёнаалыны Жанаалы атып өлтүргөндө өзү баласынын күйүтүн тартып турса да күйөөсү Көкбөрүгө кайрат айтат (СК, 2. 235, 254).

**КҮЛӨ** — думана, дервиштердин шоӊшогой чокулуу атайы баш кийими. Адатта ак кездемеден жасалгандыктан ак Күлө деп айтылса керек. Эпосто Ак күлөлүү аксакалдын кайыбынан пайда болушу ж-дө «Ак күлөлүү думана, Асасы бар шапап Кайдан келди билинбейт» (СО, 1. 86), — деп айтылат, к. *Думана.*

**КҮЛТҮКАН** — эпизоддук кейипкер. Шоорук кандын балбаны «Жетимиш кулач пил минген» К. он эки миӊ балбан м-н чогуу Манаска каршы келип, Аккелтенин огунан өлөт (СО, 2. 203, 213—214).

**КҮЛҮШАА** — топоним. Кыргыздар мекендеген жерлердин бири. Шоорук кан м-н болгон урушта эскерилет. Географиялык реалияда Алай кырка тоолорунун чыгышындагы бийик тоолуу Гүлчө өрөөнү.

**КҮЛЧОРО** — «Семетей», «Сейтектеги» негизги каармандардын бири, Алмамбеттин уулу, Семетейдин эмчектеш иниси, чоросу. К. эпостогу өзгөчө сүйменчүк м-н реалдуу сүрөттөлгөн образ. Семетейдин эл-жердин биримдиги, эркиндиги үчүн күрөшүндө анын негизги жардамчысы, таянычы болсо, «Сейтекте» ички, тышкы душман м-н болгон күрөштөрдүн негизги уюштуруучусу катары көрүнөт. СОВдо Семетей сыяктуу эле Көкөтөйдүн ашындагы Кошойдун касиеттүү батасынан кийин туулат:

Арууке келин баласы
Акылдашы ар качан,
Ага болсун чын жоро,
Аты болсун Күлчоро, (СО, 3. 214—215), — деп Кошой ошондо эле К-нун ашкан баатыр болорун алдын ала белгилейт. Энеси Аруукенин шердин жүрөгүнө талгак болушу м-н келечекте атасы Алмамбеттен ашкан баатыр туула тургандыгы белгилүү болот (СК, 2. 183—184).

Атасы Алмамбет Чоӊ казатта окко учуп, К. да Семетей сыяктуу эле жетим калып жетилет. Семетей Таласка кайрылып келгенде жанында жүрүп, анын бардык иштерине катышат. Семетей кайып болуп кеткенден кийин анын өтө жакын адамы катары Канчоро м-н Кыястан оор запкы көрүп, Сейтектин аман-эсен чоӊоюп эр жетишин чыдамсыздык м-н күтөт.

К-нун «Сейтек» эпосунун башында баяндалган оор тагдыры ички душманчылыктын күчүн айгинелеп турат. «Күлчоро тирүү турганда Кытайдын иши оӊолбойт» — деп Коӊурбай чочулаган К. кийин өз жакындарынан далысынын кечири кесилип, өтө аянычтуу абалда Кыястын колунда калат. Ал Айчүрөк, Сейтектин жардамы м-н өлүмдөн калып, Карадөө издеп жүрүп таап алып келген *Кызылсарт* (Момунжан) дарылап айыктырат. К-нун баштагы баатырдыгынын калыбына келиши эпостун окуясынын өнүгүшүндө өзгөчө мааниге ээ. Сейтекти алдыга үндөп, кеп-кеӊешин берген насаатчы катары да, аны м-н чогуу найза сайышып, жоо жоолашкан баатыр катары да зарыл. Ал «Семетейде» чоӊ орун ээлесе, «Сейтекте» да иш-аракети көӊүлгө толорлук сүрөттөлөт. Кыяс м-н Канчорону жок кылууда болсун, Желмогуз уулу Сарыбай м-н согушта болсун алдыӊкы планда жүрөт. Семетейди таап, элге кошууда да К-нун эмгеги чоӊ. Кыс-

касы К. — эпостун экинчи, үчүнчү бөлүмдөрүндө бардык жагынан шайма-шай сүрөттөлгөн каарман.

«Семетейде» К. — экинин бири болуп, Семетейдин образын көп жагынан толуктап турган жигердүү баатыр. Каармандын образы анын ченемсиз баатырдыгына шамдагайлыгы, жайдары, шайыр мүнөзү төп келген, көптөгөн кармаштарда далай душманды узунунан салган К-го тең келе албасын ар дайым ага атаандаша жүргөн Канчоро да мойнуна алат:

> Күйдүргү Күлүс шок эле,
> Сөзүндө сөлтүк жок эле.
> Чукугандай сөз тапкан,
> Чуулдап учкан ок эле.
> Эрдиги менен элдиги
> Бирдей келген эме эле
> Бул жагынан Канчоро
> Күлүскө качан тең эле?!
> Тили чечен өзү шок,
> Тирүүдө мындай неме жок! (КВ,
> «Семетей», 179).

Семетейден ажырагандан кийин аянычтуу абалда калып, Сейтекке кошулгандан тартып мурунку калыбына келет. СКВда К. — баштан аяк кыраакы каарман, акылман баатыр. Ал эч убакта жоокерлик шартты бузбайт. К. м-н Кыяс кармашып жатканда Сейтек келип, Кыястын башын алып салганда, К.: «Кокуй, жалгыз кишини экөөлөп өлтүрдү дебесин, мага эле койбойсуңь»,— деп кейийт. Айрым варианттарда (ВЖЭ, МЧВ) «Мажиктен калган Күлчоро» — делип айтылат. Бирок айрым айтуучуларда Мажик Алмамбеттин мурунку ысымы катары талкууланып, К. кадимки Алмамбеттин өз баласы, Семетейдин эмчектеш бир тууганы экендиги күдүксүз айтылса, айрымдарында Алмамбет окко учкандан кийин Аруукени *Мажик* алгандыктан «Мажиктин уулу Күлчоро» делип айтылат. К. өмүрүнүн акырына чейин Манастын укум-тукумунан кол үзбөйт. ШРВда К-нун Айчүрөккө үйлөнүшү да мына ушунун бир далили сыяктанат.

СКВда К-го элдин эң сүйүктүү каармандарынын бири катары эпикалык мүнөз берилип, баатырдык күрөштөрдүн курчоосундагы жандуу аракетин көрсөтүүдө анын өзүн гана эмес курал-жарагына чейин толук сыпаттайт. К-нун найзасы, Нескара м-н Коңурбайдын башын кескен айбалтасы, атасы Алмамбеттен калган Акбараң мылтыгы анын эпикалык келбетин ого бетер баатырдык шаңга бөлөйт.

Адатта эпикалык баатырлардын курал-жарагы м-н кийген кийимин идеалдаштыруу салты көбүрөөк орун алган түрк-моңгол элдеринин эпостук чыгармаларында күчтүү берилген бир өзгөчөлүк бар. Бул өзгөчөлүк — баатырдын образынын ардакталып, ага ылайык бүткөрүлүп, сүрөттөлгөндүгү, о. эле К. да колунан бардык иш келген жомоктук баатыр болгону м-н анын күрөшүнүн мааниси, максаты реалдуу. Анын образы жалпы эле эпос аркалаган идеяларды тереңдетүүгө, өркүндөтүүгө көмөктөшөт. Айрыкча, чыгармадагы негизги темалардын бири болгон достук темасынын ачылышында да К-нун образы атасы Алмамбеттин образы сыяктуу эле мааниге ээ. К. Семетейдин бар кезинде гана эмес, анын көзү жокто да ага о. эле берилген бойдон калат. Өзүнүн керт башынын кызыкчылыгынан достукту, туугандыкты жогору коёт. Чыныгы баатырга таандык айкөлдүк м-н Канчородон көргөн кордугун унутуп, аны дагы эле бир тууган кылууга даяр. Ошондуктан, Кыястан өч алып элге келгенде Канчорого кайрылып: «Жылгындуу Кең-Кол, кең Талас, Үйүрлүү-Марал, Күмүш-Так, Журт күздөөгө сен консоң, Кара-Буура, Кан-Жайлак, Чаткал тосо мен консом, Бармактуу адам батабы? Тырмактуу душман тийеби? (КВ, «Сейтек», 173),— дейт ак көңүл К. өзүнө таандык кең пейилдик м-н. Алмамбеттин Кытайдан келгендиги өзү тарабынан же башка бирөөлөр аркылуу дайым айтылып, эскерилип отурса, К-нун түпкү теги кытай экендиги эске да алынбайт. Ал Алмамбеттин баласы, Таласта туулуп өскөн, кыргыз элине, жерине эч качан бөлөк-бөтөн эмес, К. өзү да бүт ой-тилегин иш-аракетин кыргыз элинин жалпы кызыкчылыгына арнайт. Ал — атанын ишин улантуучу, ата-бабанын кегин алуу үчүн жаратылган урпактардын бири. Ошондуктан, анын тагдырына Айчүрөк, Каныкей, Бакайлар кайдыгер карабайт. Семетейден калган жалгыз туяк Сейтектин эр жетишин кандай чыдамсыздык м-н күтүшсө, К-нун кайрадан мурдагы калыбына келишин да о. эле самашат. Себеби, Манас, Семетей, Сейтек өңдүү башкы каармандарга эриш-аркак түзүлгөн образ. «Манаста» Алмамбеттин баатырдыгы, акылмандыгы, адамгерчилиги кандай төп көрсөтүлсө, К. — да атасынын наамына көлөкө түшүрбөй турган, эрдиги атасынан кем эмес каарман. Ал бүт өмүрүн эл деп зарыптап, эл үчүн иштейт. Элдин өзүнүн түшүнүгүндө да К. Семетейден кем эмес, ал турсун айрым окуяларга К. Семетейден да орчун катышат.

Элдик оозеки чыгармалардагы башкы касиеттердин бири эл тагдыры ойдогудай абалга келмейинче башкы баатырлар өлүүгө тийиш эмес. Элдик фантастика, өчпөгөн үмүт аларды өлтүрбөй кайра жаратууга кудуреттүү. К-ну кайра элге кошууда жөн гана ага ордуна келген ден соолук бербестен, бирде тайдын, бирде иттин далысынын кечирин кыйыштырып (КВ, «Сейтек»), айтор баатырдын эл керегине жарагыдай абалга биротоло келиши үчүн кайдан болсун да даба издеп табышат. К-нун айыккандан кийинки эрдиги «Сейтектин» башынан аягына чейин белгиленип отурат. Желмогуз уулу Сарыбай м-н беттешип, сексен күн тынбай урушуп, сексен жеринен жара жегени сүрөттөлөт. Муну м-н кармаштын катаалдыгына жараша К-нун баатырдыгы даңазаланат. Анын тагдыры башка эпикалык каармандардын тагдыры м-н биримдикте сүрөттөлгөндүктөн Семетей, Бакай, Каныкей, Айчүрөктөрдөн ажырабастан, акырында алар м-н чогуу кайып болуп кетет. Айрым варианттарда К-нун кайып болуп ке-

тиши м-н чыгарма бүтпөй, Кулансарык, Алымсарык анын балдары катары айтылат. Бирок, бул анчалык салттуу эмес, кийинчерек кошулган генеологиялык циклди жандандырууга болгон дагы бир аракеттен улам орун алган көрүнүш. К-нун салттык композиция б-ча курулган образы деле — эпостогу өзү аркалаган милдетин толук аткарып турган образ. Семетейге, кийин Сейтекке өөдө тартса өбөк, ылдый тартса жөлөк, астыда жүрсө ак жол, артта жүрсө сан кол болуп, элдин сүймөнчүлүгүнө ээ болгон каарман. Ал өзүнө чейинки баатырлардын, бабаларынын жөн гана вариациясы же көчүрмөсү эмес. Өзүнө таандык ачык максаты, аткарчу так милдети бар, өзү кез келген ар бир кырдаалга, шартка жараша өзгөрүп, жаңыланып турган көркөм образ. Элдин идеалдуу баатыры К-ну тарыхый инсан деп таанууга же анын образын кайсы бир тарыхый адам м-н жакындаштырууга азырынча мүмкүнчүлүк жок. Бирок, «Күлчоро» деген аттын байыркы түрктөргө таандык экендиги күмөнсүз. «Күлчоро» антропоними азыркы кыргыз тилинин базасында чечмеленбейт. Ошондуктан анын мааниси бүгүнкү кыргыздар үчүн түшүнүксүз. Мына ушунун өзү айрым манасчылардын бул ысымды туура эмес түшүндүрүүгө түрткөн. Чынында эпоним байыркы түрк тилдеринде активдүү колдонулган «күлиг» ж-а «чор» («чора») деген эки сөздүн айкашынан түзүлүп, кийинчерээк убакыт өткөн соң Куличор>Күличора>Күлчоро деген формага ээ болгон. Мындай формадагы «Күличор» деген ысым байыркы түрк тилинде «даңктуу», «атактуу» деген маанини туюнткан, ал эми антропонимдин экинчи бөлүгү чоро-чора-чор титулду туюнтуучу сөз катары колдонулуп, хан м-н бектин ортосундагы даражаны билгизген. Түбүндө бул сөз байыркы перс тилинен байыркы түрк тилине кабыл алынып, алгач «жоокер», «баатыр» деген маанилерди туюндурган. Ошентип, «Күлчоро» деген сөз атактуу жоокер, даңктуу баатыр деген мааниге ээ ж-а элдин сүйүктүү баатыры К-нун эпостогу образына толук шайкеш келет.

*А. Жайнакова, А. Боронов*

**КҮМҮШАЙ** — эпизоддук кейипкер. Ысмайылдын аялы. Сарытаздан атасы Манас экенин угуп, тамак ичпей тарынып жатып алган Семетейге келип жалынганы айтылат (СК, «Семетей», 1. 132).

**КҮМҮШАЛИЕВА** Сабира (1917, Пишпек, Төкөлдөш айылы) — кыргыз совет артисти. Кыргыз ССР эл арт. (1964). Кыргызстан Ленин Комсомолу сыйлыгынын лауреаты (1981). 1940-жылдан КПССтин мүчөсү. Анын көптөгөн драмалык, комедиялык ж-а кино өнөрүндө түзгөн образдары курч мүнөзү, кыялынын ачык, айкындыгы, психологиялык тактыгы м-н айырмаланат. О. эле эпостук чыгармадын негизинде жазылган драмада да эпикалык маанайдагы ролдорду ойноду. Ж. Садыковдун «Манастын уулу Семетей» (1982) драмасында небересине тарбия-таалим берген татаал мүнөздүү, кары Чыйырды эненин, «Сейтекте» (1987) Эмчи кемпирдин образын түзгөн. К. Эмгек



С. Күмүшалиева — Экинчи кемпир («Сейтек драмасы, 1989).

Кызыл Туу, «Ардак Белгиси» ордендери ж-а медалдар м-н сыйланган.

**КҮМҮШ-ТАК** — топоним. Таластагы белгилүү жерлердин бири катары эпосто көп эскерилет:

Үйүрлүү Марал, Күмүш-Так,
Журт күздөөгө сен консоң,
Кара-Буура, Канжайлак,
Чаткал тосо мен консом (КВ, «Сейтек», 173,— деп эл күздөөчү жер катары сүрөттөлөт. Географиялык реалияда Талас Ала-Тоосунун бир тармагы, ашуу.

**КҮМСАРАНЫН АЧ-БЕЛИ**, к. *Ач-Бел.*

**КҮНЖАҢЖУҢ** — кейипкер. Кытайдын белгилүү баатырларынын бири. Эсенкандын жакын сырдашы, кеңешчиси катары айтылат. Маанилүү маселелер б-ча чечим кабыл алына турган учурларда *Айжаңжуң* экөө дайыма Эсенкандын кашында турушат:

Эр Эсенкан чамынып,
Так үстүндө камынып,
Бышылдап кайнап жан толуп,
Айжаң-жуң м-н Күнжаң-жуң,
Жанындагы курдашы,
Кеп айтуучу сырдашы,
Жакын турган ал болду (СК, 1. 165). Согуштардагы эрдиги сүрөттөлбөгөндүгү м-н Чоң казатта К-дун Алмамбеттин колунан өлгөнү айтылган эпизод бар (СК, 2. 204). Бул ысым «Күн» ж-а «жаң-жуң» (кытайча «цзяньцзюнь» — генерал, генерал губернатор, колбашчы) деген сөздөрдүн айкалышынан түзүлүп, экинчи бөлүгү эчактан бери кытайларда, кийинчерек, айрым түрк-моңгол элдеринде титул катары колдонулуп келген. К. антропониминин пайда болушуна, о. эле 19-

к-дагы Цинь империясы м-н кыргыздардын ортосундагы мамилелер да кайсы бир даражада роль ойногон, к. *Айжаңжуң*.

*А. Бороков*

**КҮНЖҮ** — эпизоддук кейипкер. Кыястын аялы *Каракөздүн* атасы экени гана айтылат (КВ, «Сейтек», 81).

**КҮНЖҮТ** — топоним. Негизги варианттарда кезигет. «Сейтектеги» туткундардын кайра кошулушу окуясында: «Күн жетпестин Күнжүткө, Күндөп-түндөп жол жүрүп, Жеткен экен Карадөө» (КВ, «Сейтек», 66),— деп Момунжанды издеп Карадөө К-кө чейин баргандыгы айтылат.

**КҮНКАН** — эпизоддук кейипкер. ВЖЭде Төштүк жер алдында жүргөнүндө К-дын кызы *Күнүкейди* тартып алганын эскерет (ВЖЭ, «Ала-Тоо», 1979, № 7, 85). СОВдо мындай ысымдагы кейипкер кытай каны катары айтылат, к. *Кункан*.

**КҮНКАН** — эпизоддук кейипкер, калмак каны. РЖВ м-н СОВдо Манас баатыр К. м-н согушуп жеңет. Бул антропонимдин чыгыш теги байыркы түрктөргө таандык. Эпосто сакталып калган эң эски ысымдардын бири. «Күн» ж-а «кан» деген эки сөздүн айкалышынан түзүлгөн. Түрк элдеринин фольклорунда, айрыкча уламыш, мифтеринде өтө көп учураган ысым. Бүгүнкү күндө адам аты катары кыргыз антропонимдер системасында колдонулбайт, Күн, хан, Күн жаан ж. б. формаларында о. кылымдын эстеликтери болгон Кашкарлык Махмуддун «Диван лугат ит-түрк» эмгегинде, Рашид ад-Диндин «Тарыхтар жыйнагында» учурайт. Айрым алтай эпосторунда да жолугат, к. *Айкан*.

**КҮНӨГӨР** — эпизоддук кейипкер. Казак балбаны. Нескаранын келатканын угуп, кол жыйнап жаткан Манаска келип кошулган казак колунун ичинде К. балбандын да аты аталат (СО, 1. 218).

**КҮНӨС** — топоним. Көзкамандар Манасты ууландырганын билген Каныкей Манастын кийимин кийинип, «Манастап» ураан чакырып Өгүз-Ашуу, Тай-Ашуу аркылуу Күнөс, Жылдыз, Кош-Талаадан өтөт (КВ, 1. 285). Географиялык реалияда Иле дарыясынын баш куймаларынын бири.

**КҮНӨС** — эпизоддук кейипкер, казак балбаны. Нескара м-н болгон уруштагы калмак балбаны Даң-даңдын колунан курман болуп, жер анын атынан Күнөс аталган делет (СО, 1. 219—220).

**КҮНҮКЕЙ** — эпизоддук кейипкер. Күнкандын кызы. ВЖЭде Төштүк жер алдында жүргөндө К-ди да тартып алганын эскерет (ВЖЭ, «Ала-Тоо», 1979, № 7, 85-б.).

**КҮНҮ КАТЫН** — эки же көп аялдуу кишинин аялдарынын бири-бирине карата болгон мамиле абалдары. Мис., эпосто Жакыптын аялдары Чыйырды м-н Бакдөөлөт бири-бирине карата К. к. болуп эсептелет.

**КҮН ТУМУШ ЭЛИ** — этноним. «Манас» эпосунун РЖВда кыргыздардан алыс жашаган эл катарында Бокмурун ашка чакырган көп сандаган элдердин арасында эскерилет: «Андан ары сен барсаң, Күн тумуш эли болучу, Ага жетип кабар бер» (РЖВ, 144).

**КҮПҮ** — эпизоддук кейипкер. Күнжаң-жуңдун уулу. Чоң Билгич м-н кошо жортуулга келип, согушта өлгөнү айтылат (СК, «Сейтек», 300).

**КҮРКӨӨ** — топоним. Көкөтөйдүн ашында калмак-кытайлар байгени күч м-н тартып алып, К., Күйүк деген жерге жеткенде кыргыз колу кууп келген жер (СО, 3. 280). Географиялык реалияда Кулжа өрөөнүндөгү жердин аты.

**КҮРМӨНТҮ** — топоним. Манастын Орго кан м-н болгон согушунда: «Күлүк тандап мингизди, Күрмөнтүгө узатып. Култаңды жолго киргизди» (СО, 2. 78),— деп айтылат. Географиялык реалия катары Ысык-Көлдүн Күңгөй Ала-Тоосунун чыгыш бөлүгүндөгү жер.

**КҮРӨӨ** (моңг. «хурээ» — монастырь) — эпос б-ча кечилдер турган жай. Бул тибеттен тараган ламаизм дини м-н байланыштуу. 16-к-дын экинчи жарымынан тартып, Моңголиянын бардык жерлеринде ламаизмдин «сарыбөрк» тарамы кеңири жайылган. Ар кайсы жерлерге К. курулуп, эркектердин үчтөн бир бөлүгү кечил болуп, ошол К-лөрдө жашашкан. Бул диний тарам Саякбайда кытай, калмактарга гана мүнөздүү сүрөттөлбөстөн, байыркы кыргыздардын айрымдары К-лөрдө жашагандыгы эскерилет. Эпосто кара кытайлар кыргыздарды чаап, туш-тушка сүргөнүн баяндаган окуяда жоо баатыры Молтокандын диалогунда мындайча айтылат: «Бу журтта каракчы бар, күрөө бар, Калың журт таза эмеспи, Муну кылып жүргөн бирөө бар» (СК, 1. 35). Мында ислам динин кабыл алганга чейин кыргыздар көп диндүү болуп, алардын айрым тобу кечилдик кылып К-лөрдө жашагандыгын көрсөтүп турат. Азыр да кыргыз калкы мекендеген Текес дарыясынын жээгинде К. (Калмак-Күрөө) деген жер, айыл бар, к. *Кечил*.

**КҮРӨӨКӨ** — кооздолуп жасалган, ок, найза өтпөс сырт кийим. «Манаста» жибекке алтын кошулуп иштелип, кандар кие турган тон маанисинде да жолугат. Аны баатырлар адатта эр сайышка кийип чыгышкан. «Көкөтөйдүн ашында» Манас Коңурбай м-н сайышка түшкөндө «жакалыгы сары алтын, Түймөсүнүн баары алтын» (СО, 3. 247) К. тонду кийип чыккан. Каныкейдин кырк жигиттин ар бирине күрөөкө, соот тиктирип бергени да айтылат.

**КҮРПҮЛДӨК** — топоним. Алмамбет туулуп өскөн жердеги дарыя. Чалгынга бара жаткан Алмамбет м-н Сыргак бул дарыяны кечип өтүшөт. (КВ, 2. 168).

**КҮРСҮ** (ир. гурс) — бетме-бет салгылашууда колдонулуучу чокмор түрүндөгү курал. К-нүн чабыла турган бөркүнө тикен тиш металл чегерүлөт. К-нү найза сайышкан соң гана пайдаланышып, анын соккусуна коргонуу үчүн калкан тосот (СО, 1. 202). К-нүн дагы бир түрү «чоюнбаш». Манас баатыр Зулпукор кылычын сол жагына, «он эки батман чоюнбашын» оң жагына байланганы (СК, 2. 184, 185) сүрөттөлөт. Ал эми Макел-дөөнүн «чатында кыстар-

ган» куралы «үйдөй күрсү чоюнбаш» (СО, 4. 323) болот.

**КҮЧАЛА** — седеп топчу сыяктуу ак даны бар көп жылдык уулуу өсүмдүк. О. Азия элдеринде дары ж-а уу катары байыртадан бери кеңири колдонулуп келген. Кыргыз дарыгерлери К-ны сууга кайнатып, кымызга, бозого ачытып, кзак оорудан күч-кубаты начарлагандарга, эски ооруларды дарылоого ж-а жалпы эле көңүл көтөрүү үчүн пайдаланышкан. Эпосто К. күчтүү ачыткы, күчүн жогорулатуу максатында колдонулганы баяндалат. «Күчү кайтып калат деп, Күчала туурап салдырган, Алдырып келип арагын» (СО, 2. 428). «Күчтүү болсун арак деп, Күчаладан салыптыр» (СО, 2. 252). Аңчылыкта карышкыр, түлкү ж. б-ды уукторуу үчүн да колдонулган.

**КҮЧӨР** — топоним. Кыргыздар ж-а аларга жакын турган элдер жашаган шаар. Каракандын сегиз уулунун кенжеси Жакып Алтайга айдалып барып, эгин эгип «Аксы менен Күчөрдөн, Ичерине чай алып» (СК, 1. 49) турганы айтылат. Географиялык реалияда Тянь-Шандын түш. этегиндеги Синьцзян-Уйгур автономиялык р-нуна караштуу түзөң жер, шаар. Илимий адабияттарда Куча деп берилип, жергиликтүү тилдерде Кучар-Күчөр деп айтылат. мындагы «р» тыбышынын кошулуп айтылышы айрым илимий көз караштарда араб тилин тууроодон чыккан.

**КҮШӨНДҮ** — эпизоддук кейипкер. Көкөтөйдүн керээзинде жетиген жактагы жетимурук аттуу жомоктук элдин улугу экендиги гана айтылат (СО, 3. 12).

**КҮШӨҢ** — эпизоддук кейипкер, кытай карыясы. Көкөтөйдүн ашында эр эңишке түшкөн эки балбан бирин-бири ат үстүнөн ала албай турганда К. чал арага түшүп, эки балбанды ажыратмакчы болот (СО, 3. 256).

**КЫДЫКЕЕВА** Бакен (1923, Пишпек, Төкөлдөш айылы) — кыргыз совет артисти. СССР эл арт. (1970), Кыргыз ССР Токтогул атн. мамл. сыйл. лауреаты (1970). Чыгармачылык жолун 1936-ж. Фрунзедеги жаш көрүүчүлөр театрынан баштаган. 1941-ж. Пржевальск обл. драма театрында, 1942—44-ж. Тянь-Шань музыкалык драма театрында, 1944-жылдын аягынан Кыргыз мамл. академиялык драма театрында эмгектенген. Ж. Садыковдун «Манастын уулу Семетей» (1982) драмасында Каныкейдин образын түзгөн. Акылмандыгы, адамкерчилиги, кыраакылыгы, сулуулугу ж-а баатырдыгы жагынан эл ичинде кылымдан кылымга тарбия-таалим үлгүсү болуп келген Каныкейдин образы К-нын аткаруусунда эпикалык масштабда чечилген. К. Ленин ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.



Б. Кыдыкеева — Каныкей. «Манастын уулу Семетей» драмасы, 1981.

**КЫДЫРААЛЫ** Кайназар уулу (1850, Ала-Бука р-ну —1920, ошол эле жерде) — манасчы, төкмө ырчы. К. жаштайынан эле ыр, өлөң, түрдүү эпосторду айтууга шыктуу өнөрү м-н эл ичинде таанымал болгон. К. манасчы Талас, Кетмен-Төбө, Жалал-Абад, Алай, Ош, Анжыян, Ташкен, Бадакшан, Кожент тараптарда болуп, ырчы, өлөңчү, кошокчуларга жолугуп, алар м-н айтышып, «Манас» айтып элге таанылган. Акындын замандашы Жеңижок төкмө К. ж-дө мындай деп ырдаган:

Карайган тоонун талаасы
Калың журтту ээрчиткен
Алмамбет, Сыргак Манасы.
Кайназар мерген баласы
Кыдыраалы жомокчу (Эл ырлары, Фр., 1981).

Жеңижок төкмө бул ырында Аксылык башка белгилүү ырчылар м-н бирге К. манасчыга, анын калың журтту ээрчиткен алп талантына тен бере, өнөрүн баалап, өзүнүн мурасын ак таңдай Токомо айтып жүр деп багыштап, нары төкмө ырчы, нары манасчыга өнөрпоздук сынын билдирет.

Ташкен тарапта өткөн Үсөн деген ырчы м-н айтышканда Үсөн ырчынын минтип ырдаганы бар:

Эмесе туурдукту сыйрыгыла
Эссиз эле барчалап жыртылбасын.
Кыдыкем «Көкөтөйдүн ашын» айтат.
Уй мүйүз тартып элим кылкылдасын (КФ, 770-инв.).

Элге тааныштырып, анын азыр «Көкөтөйдүн ашын» айтарын жарыялаганына караганда жергиликтүү, б. а. Ташкен тараптык Үсөн ырчы м-н эски тааныш, анын манасчылык өнөрүн жогору баалап, ага чоң урмат көрсөткөн ырчы.

Аксы чөлкөмүндөгү элге өз мезгилинде кеңири белгилүү болгон К-нын замандашы, бирок ата-теги, чыгармачылыгы азырынча бизге толук белгисиз Гөркары деген ырчы К. ж-дө ырдаганы эл оозунан жазылып алынган:

Жомогун угуп тыңдаган,
Жанынан карыш жылбаган,
Жети ай айтып Манасты,
Жарымын ада кылбаган.
Чаар атын баяндап,
Чарчабай үч күн ырдаган.

Алпамыш акын Кыдыкем
Айтышканын бурдаган (КФ, 770-инв., 11-б.).

К. «Манас», «Семетей», «Сейтек» ж-а бир нече кенже эпосторду, көптөгөн элдик ырларды айтканын анын өнөрүн кичинекейинен үйрөнүп, устат катары тутуп жүргөн *Дейди кызы Сейденин* эскергенин, о. эле Сейде эмне айтып, эмне ырдаса да бу Кыдыраалыныкы деп баштаганын, К. ж-дөгү материалдарды жыйнап фондуга тапшырган Сейде манасчынын небереси Калмурат Рыскул уулу жазат (КФ, 770, 772-инв.). Төкмө акын Токтогул К-нын ырчылык, манасчылык өнөрүн бегилеп, дегеле анын талантына баа берип, өзүнүн шакирттерине: «Кыдыраалынын алдын тороп айтышпагыла, курч акын, жолборстой алып ыргытат. Өзү ырдагандан кийин айтышсаңар абийирге ээ болушуңар мүмкүн. Кыдыраалыдан жарчылыкты талашууга болбойт, ал улуу манасчы»,— деп ал ж-дө минтип ырдаган жери бар:

Ар бир сөзү тапкандай,
Ак келтени аткандай,
Кыдыраалы манасчы
Кыргыздан чыккан ак таңдай.
Торгой сайрап жаткандай,
Топ акындан ак таңдай.
Кыдыраалы ырчыны айт
Кыйырды билген сынчыны айт (КФ, 770-инв., 7-б.).

К-нын «Манастын Борканага калаа курдурганы», «Манастын зилдей (чоң, оор) ташты көргөнү», «Манастын Мардигилең алп менен ылшканы», «Манастын Борканадан Айгандын канын айдап чыкканы», «Айгандын канынын кызы Алтынай сулуунун Манаска ашык болушу» деген Манастын өзүнчө үлгүлөрүн айтканы гана белгилүү.

*Ү Беркбаев*

**КЫДЫРАЛИЕВ** Кадыржан (1936, Калинин р-ну, Тельман айылы) — кыргыз совет кинооператору, кинорежиссёр. Кыргыз ССР искусство эмг. сиң. ишмер (1969). Ленин комсомолу (1968) ж-а Кыргыз ССР Токтогул атн. сыйл. (1972) лауреаты. 1956—61-ж. ВГИКтин оператордук ф-тетинде окуган. 1961-жылдан «Кыргызфильм» студиясында кинооператор болуп иштейт.

К. ишмердигин даректүү ж-а илимий-коомдук тармакта иштөөдөн баштаган. К-дин оператордук иши профессионалдык чеберчилиги; поэтикалуулугу, драматургиянын ички маңызын сезе билгендиги м-н баалуу. Ал «Манас» эпосуна байланыштуу «Улуу эпос» (1962) даректүү фильмин (режиссёру Л. Турусбекова, композитору Т. Эрматов, сценарийи — М. Байжиевдики) тарткан. К. «Ардак Белгиси» ордени м-н сыйланган.

**КЫДЫРБАЕВА** Раиса Заитовна (1930, Фрунзе) — «Манас» изилдөөчү, филология илиминин доктору (1984), Кыргыз ИАнын корреспондент мүчөсү (1989). 1952-ж. КМУнун филология факультетин (орусча бөлүмүн) бүтүргөн. К. 1956-ж. А. М. Горький атн. дүйнөлүк адабият ин-тунун аспирантурасын бүтүрүү м-н «А. Осмоновдун лирикасы» аттуу темада кандидаттык диссертациясын коргогон. 1956—60-ж. Кыргыз ССР ИАнын ТАИде кенже илимий кызматкер, 1960—86-ж. улук илимий кызматкер болуп иштеген. К. 1986-жылдан «Манас» бөлүмүндө (мурда сектор) башкы илимий кызматкер. 1981-ж. Түркияда өткөн Түрк элдеринин 2-бүткүл дүйнөлүк конгрессине катышып, «Манас» б-ча доклад жасаган. Республикалык, жалпы союздук мезгилдүү басма сөз беттеринде кыргыз ж-а орус тилдеринде фольклор изилдөө, адабият таануу маселелери б-ча 100гө жакын макалалары жарыяланган, алардан башка 19 изилдөө иштери (анын ичинде 9 монография) бар. К. жалпы республикада, андан тышкаркы жерлерде таанымал фольклор изилдөөчү, адабият таануучу катарында кеңири белгилүү. «Манас» ж. б. кенже эпостордун ар түрдүү проблема, маселелерин талдаган, жалпылаган « Саринжи-Бөкөй» эпосунун идеялык-көркөмдүк бөтөнчөлүктөрү», ««Жаңыл Мырза» эпосунун поэтикалык традициялары», ««Манас» эпосундагы традициялык жана индивидуалдык маселелерине карата», «Манасчынын айтуучулук чеберчилиги», ««Манас» эпосунун генезиси», ««Манас» эпосунун варианттары» деген ж. б. монография, изилдөөлөрдүн автору.



*Ж. Төлөев*

**КЫДЫРБАЙ** — эпизоддук кейипкер. Таз чечендин атасы. Нескара м-н Манастын урушунда эскерилет (СО, 1. 250).

**КЫДЫРШАА** — этноним. Эпосто кыргыздын белгилүү урууларынын бири. Мис., Алмамбет м-н Чубактын жол талашкан чатагында К. Чубактын сөзү б-ча «А да кыргыз уругу, Атын уксаң Кыдыршаа Анжыяндын улугу» (КВ, 2. 141),— деп эскерилет.

**КЫЗАРТ** — топоним. СОВ б-ча кыргыздар Алтайдан көчүп келаткан жолдо калмак кандыктарынан Ала-Тоону бошоткондо: «Абалкы аты Ара-Бел Кыяматтын журтуна Кызарт аттуу бел болду» (СО, КФ, 576-инв., 561-б.),— деп калмактын *Катыраң* аяр кызы кыргыз колун апсун окуп сыйкырлап, алакетке салат, аягында жеңилип, өзү өлөт. Ошол кыздан улам К. аталган имиш. Географиялык реалияда Ала-Тоодогу Жумгал м-н Кочкор райондорунун ортосундагы ашуу, тоо, суу.

**КЫЗКАРА** — Алмамбеттин келишине арнап Манас ага тартуулаган күлүктөрдөн (СО, 2. 318).

**КЫЗ ОЮН**, жар көрүшүү — кыргыз элдик оюндардын бири. «Манас» эпосунда Семетей баатыр Акун кандын шаарына күйөөлөп барганда, Айчүрөктүн тоюнда К. о. ж-дө айтылат:

Сексен келин, сексен кыз
Сексен жигит, сексен уул
Серпилип оюн салышып,
Оромолдон жоолугун
Токмок кылып бурушуп,
Ургаачы, эркек аралаш,
Бири-бирин урушуп,
Мына минтип турушуп,
Кезек токмок алышып,
Сүйгөнүнө салышып,
Эркектери ырдашып,
Ургаачылар тыңдашып,
Эрикпей ойноп алышып
Сүйгөнүнө барышып,
Кымыз ичип кызышып,
Сөөк тери ысышып,
Жыргалдын четин караса,
Кайран жеңең Айчүрөк
Ушундай салды тамаша (СК, «Семетей»,
2. 69).

**«КЫЗ САЙКАЛ»** — баатырдык эпос. Айткан Орузбай Урмамбет уулу. Айтуучу 1978-ж. өз колу м-н жазып келип, Кыргыз Республикасынын ИАнын Кол жазмалар фондусуна тапшырган (КФ, 686/5324-инв., 1—311-б.). Чыгарманын мазмунун негизинен «Манас» эпосундагы Сайкал м-н Манастын сайышы ж-дөгү эпизод, б. а. баатырдык үйлөнүү мотиви түзөт (к. *Баатырдык үйлөнүү).*

«К. С.» эпосунун окуялары нойгут уруусунан чыккан Карача кан өз элине сырттан душман кол салуусунан коргоп турган бейпил турмушун сүрөттөөдөн башталат. Эпикалык салт мыйзам б-ча кандын жападан жалгыз кемчилиги — баласыздыгы. Баласыздык мотивин көркөм өздөштүрүү үчүн сырткы душмандардын тынч жаткан элге бүлүк салышы, жашы улгайган кандын кудайдан бала тилеши, түш көрүшү сыяктуу кырдаалдык мотивдер колдонулат. Зарыгып көргөн перзенти тентек чыгып, өзү курактуулардан кара күч, акыл, баатырдык жагынан айырмаланып турушу да — түрк-моңгол элдеринин баатырдык эпосторуна мүнөздүү көрүнүш. Сайкалдын куш салып салбырынга чыгышы, он беш жаш курагында жолборсту мерт кылышы, менсинген эки жигитти байлап келиши, атасы Карачанын кытайга салык төлөп тургандыгын Шерик аттуу балбандан угуп, жер чалышы, кытайдын Кежир балбанын сайышы, салык жыйнаганы келген кытайды жолотпой, өзү кытайларга барып алардын төрөсүн булдурсун м-н жыга чабышы сыяктуу эпизоддордо Сайкал кадимки эпикалык баатыр катары сүрөттөлөт. Элин, жерин душмандан бошотуп, атасы Карачанын ордуна кандык кылып калат. Ушул окуялардан кийин гана эпостун «Манас» эпосуна түздөн-түз тиешеси бар негизги бөлүгү башталат. Көкөтөйдүн ашына Сайкал келген эмес экен. Кошой Жолой м-н күрөшөр балбан таппай калганда Сайкалдын келбегенине өкүнүшөт. Ошондон улам Сайкалдын баатырдыгын билген Манас аш бүтөр м-н Алмамбет, Чубак, Сыргак Бакайды жанына алып, Сайкалды издеп жөнөйт. Карачанын ордосуна барып, Сайкалдын эрдигин сыноо үчүн жылкы тиет. Сайкал эртең барып көрөрмүн деп камырабай жатып алат. Түшүндө жылкы тийген Манас экенин билип, анан аттанат. Сайкалдын Манас м-н жүз көрүшүп, күч сынашып, жеңилген соң, акыреттик жар болууга ант бериши м-н окуя аяктайт. Кийин Манастын өлгөнүн угуп, Таласка барып, зыйнатына туруп кайтат ж-а көп узабай кайып болуп кетет. Бул эпизоддор түгөлү м-н «Манаста» бар.

Манас м-н Сайкалдын акыреттик жар болушу «Манас» эпосундагы салттуу, көөнө мотивдердин бири (к. *Сайкал, Акыреттик жар).*

*С. Кайыпов*

**КЫЗ САЙКАЛ**, к. *Сайкал.*

**КЫЗ САЙКАЛДЫН ОРУ** — Ак-Сайдагы Какшаал тоосунун тескейиндеги Текелик капчыгайынын оозундагы тегиз жерде казылган ор (оро). Ордун тереңдиги 8—9 *м*, эни 20—30 *м*. Элдик уламыш б-ча Кыз Сайкал бул орго жашынып алып, келүүчү жоону күзөтүп, күтчү имиш.

**КЫЗЫЛБАШ** — этноним. Эпосто Көкөтөйдүн ашына чакырылган элдердин бири катары эскерилет:

Күн батыштын жагында
Кызылбаш бар, тарса бар,
Ашка келсе анча көп
Алакандай Анжыян
Ага буруш кандай кеп (СО, 3. 75).

Тарыхта (16-к.) Ирандагы ислам дининин бир багытын түзгөн шийиттер сунниттер м-н согушкан учурда айырмаланып туруш үчүн кызыл баш кийим кийип жүргөндүктөн «Кызылбаш» деп аталган. 16-к-да О. Азия элдерине (өзбек, түркмөн, тажик, каракалпак) да диний согуштарды жүргүзүп келген. Ошондуктан, бул элдерде «Кызылбаш» деп жалпы эле түн.-чыгыш ирандыктарды атап, душман катары эсептешкен. Оозеки чыгармаларда да о. эле маанide чагылдырылган.

**КЫЗЫЛ-БЕЛ** — топоним. Манастын Орго кан м-н болгон согушунда: «Кызыл-Белден ашыңар, Кыйыныраак шашыңар» (СО, 2. 74),— деп айтылат.

**КЫЗЫЛ ДӨӨ** — мифтик кейипкер. «Буттары бар мунардай, Колдору бар чынардай» жомоктук элдин башчысы (СО, 3. 13). Көкөтөйдүн ашына кабар берилип, чакырылат (СО, 3. 99—100).

**КЫЗЫЛ-ЖАР** — топоним. Эпосто Семетей баатыр чоролорунан: «Шемей калаа, Кызыл-Жар, Аны көргөн барсыңбы?» (РЖВ, 312),— деп сураганда эскерилет. Казакстандагы Семей (Шемей) калаасы м-н катар айтылганына караганда ага жакыныраак жайгашкан мурдагы К.-Ж. (азыркы Петропавловск) шаары ж-дө баяндалып жатканын айтууга болот.

**КЫЗЫЛ ЖИЙДЕ** — топоним. Кырк чоро биринчи жолу качканда Семетей артынан куун жетип элдешип, Таласка кайра алып келген жер. Географиялык реалия катары Иленин боюндагы жерлердин бири.

**КЫЗЫЛ-КУМ** — топоним. Алооке кандын жери. Ал Манаска колго түшүп калганда:

Агала чап, Кызыл-Кум,
Аңчы барса жыргаган.
Ойнобой бенде турбаган,
Кымбат баа жерим бар (СК, 1. 211),

жанымды аман калтыр, ушул жеримдин баарын берейин деп жалынып турганда айтылат. Географиялык реалияда Аму-Дарыя м-н Сыр-Дарыянын аралыгындагы чөл.

**КЫЗЫЛ-КЫЯ** — топоним. Эпос б-ча Манас адеп Кошойго жолугардын алдында К.-К. аттуу жолдон өткөндүгү айтылат:

Жер байкаган сыягы,
Үч-Каркыра басты дейт.
Кызыл-Кыя кымбат жол,
Кылт этип ашып түштү дейт (КВ, 1. 74).

Географиялык реалияда Ысык-Көлдүн түн.-чыгышындагы тоо, ашуу.

**КЫЗЫЛ-ОМПОЛ** — топоним. Манастын Орго кан м-н болгон согушунда:

Кызыл-Омпол дөбөсү,
Кароолго чыгып келгени
Кызыталак капырдын
Шамың шаа деген төрөсү (СО, 2. 102),—

деп кароол караган дөбө катары берилет. Экинчи бир жерде «Омполдун кызыл тоосу» (СО, 2. 101) деп айтылат. Географиялык реалияда К.-О. Кыргыз Ала-Тоонун чыгыш уландысы, Ысык-Көл өрөөнүнүн батышындагы тоо.

**КЫЗЫЛСАРТ,** Момунжан — кейипкер, дарыгер. Карадөө издеп жүрүп таап келген К. Күлчорону дарылап айыктырат (СК, «Сейтек», 50—55).

**КЫЗЫЛ-СУУ** — топоним. Манастын Орго кан м-н болгон согушунда:

Кызыл-Суунун башына
Кызматыңа бардык деп,
Кыжылдаган кол көрүп
Кыргын таап калдык деп (СО, 2. 125—126) айтылат. К.-С. шаар катары да сүрөттөлөт:

Ырамандын баласы
Кызыл-Сууда калаасы
Атын уксаң Каратай
Акындыгы бир далай (СО, 2. 92).

Географиялык реалияда К.-С. Ысык-Көлдүн тескейиндеги жер, суу.

**КЫЗЫЛ-ЧОК** — кытай ж-а калмак башкаруучуларынын баш кийиминдеги мансабын көрсөтө турган атайын белги. Мис., эпосто «Кызыл чок кытай журтунан» (СО, 1. 80), «Кызыл чоктуу көп ойрот, Мени кытай кайдан соо коёт?!» (СО, 1. 115) — деген сыяктуу саптар көп жолугат. РЖВ б-ча ата-энеси ж-а эли мусулман болууну каалабаган соң Алмамбет кыргыздарды көздөй «кызыл чоктуу ойроттун канын өлтүрүп» (РЖВ, 19) качат. «Кызыл чоктуу ойротту өрт күйгөн эмедей сапырып», күн чыгышка сүрөт да, «Каапырдын каны болгончо мусулман кулу болоюн,» — деп кыргыздарга келет.

**КЫЗЫР,** Кыдыр (ар. хызыр — жашыл деген маанидe) — адамдарга жакшылык кылуучу олуя. Түрк, иран элдеринин жомокторунун байыркы кейипкерлеринин бири, көбүнчө жашыл тончон, ак ат минген аксакал карыя түрүндө сүрөттөлөт. Бул табышмактуу пайгамбар өлбөстүн дарысын издеп, акыры мүрөктүн суусунун булагын тапкан экен. О. Азия элдеринин түшүнүк, ишениминде К. түбөлүк жер кезүүчү, адашкан жолоочуларга, кедей-кембагалдарга ж-а кыйын кезеңге туш келген бардык пенделерге жардам көрсөтөт. К. жолоочу дубана, майып киши, кээде тааныш кишинин кебетесинде кездешет. К-ды оң колун кармап, анын баш бармагынын сөөгү жок экенинен таануугa болот деп эсептешкен. Түрк элдеринин эпосторунда К. акылман карыя, баатырлардын колдоочусу катары айтылат. «Манас» эпосунда бул кейипкер баш каарман Манаска, башка элдик баатырларга колдоо көрсөтүүчү катары учурайт.

**КЫЗЫР ИЛИЯС** — кудуреттүү күчкө ээ, касиеттүү колдоочу. «Манас» эпосунда кырк чилтен м-н бирге Манастын колдоочуларынын бири катары айтылат (СО, 1. 114). Илияс — куранда пайгамбар. Сууга аккандарга, чөккөндөргө жардам кылат. Семетейди Үргөнчтөн кечүүгө жардам бергени, колдогону сүрөттөлөт: «Суунун пири Илияс Азыр акең жар болуп, Ошол жерде бар болуп, Семетейди жылоосунан алды дейт» (КФ, 176-инв., 114-б.).

**КЫЙБА** — топоним. Эпосто өлкө, шаар, эл аты, көбүнчө тажиктердин мекени катары көп эскерилет. Мис., Жакып Манаска колукту издеп К. журтуна барып ж-а анын каны Атемирдин кызы Санирабигага (Каныкейге) куда түшүп, уулун үйлөндүрөт (СО, 2. 350—488). Тарыхый ж-а географиялык реалияда Хива кандыгы О. Азиядагы 16- ж-а 20-к-дын башындагы мамлекет. Борбору — Вазир, Үргөнч, Хива болгон. Хива мамлекети кыргыздар м-н байланышта болгону «Семетейдеги» Акункандын шаары Үргөнч болгону да, «Кедейкан» эпосунда Кедейкан К. шаарында өкүмдар болгонунан да көрүнөт.

**КЫЙДЫ КАРА** — *Үрбүнүн* тулпары. ВЖЭде, Көкөтөйдүн ашында байгеге чабылган күлүк катары эскерилет.

**КЫЙТУУЧА** — эпизоддук кейипкер, калмак баатыры. Манас Ташкенди бийлеп турган *Панус* канды жеңгенден кийин К. Манасты байкап көрүп, ыгы келсе чаап алмак болот да жылкысын тиет. Манас жылкыны кайрып алып, К-нын колун кыйратат (КФ, 577-инв.).

**КЫЙША-ТОО** — топоним. Көкөтөйдүн ашынан кийин ашты Манас өзү билип, өзү башкарды деп нааразы болгон алты кандын Манаска жиберген элчилери басып өткөн жер:

Алты азамат аттанып,
Жолго түшүп шаттанып
Кылычын кыя байланып
Кыйша-Тоо сеңирин
Кыдырып өтүп айланып (СО, 4. 18).

Географиялык реалияда Кашкар аймагындагы тоо.

**КЫЙЫР СӨЗ** — эпосто көп учурда каармандардын айткан сөзү ал кандай айтса, дал ошондой кайталанбастан манасчы тарабынан

өзгөртүлүп, бирок жалпы мааниси бурмаланбай берилет. Мис., Чоң казаттагы бир эпизоддо Коңурбайга Ушаңдын айткан сөзүн Сагымбай Орозбак уулу тике сөз түрүндө эмес, К. с. катары айттырат:

Өтпөгүн дедим мен деди,
Өлөт белең сен деди,
Кой дегенмин мен деди,
Коркот белең сен деди.
Өзгө адам ага бара албайт,
Алмамбетти кетирбей,
Өзүң кармай бер деди (СО, 4. 303) же

Алмамбеттин төл сөзү мындайча К. с-гө айландырылат:

Ал жерде Алмаң кеп айтып,
Аңдагын, баатыр деп айтып,
Калдык жакын калаага,
Кагышып калып капырга
Калбайлык кара балаага (СО, 4. 254).

*А. Муратов, Б. Кыдырбаева*

**КЫЛЖЕЙРЕН** — *Мурадылдын* күлүгү. Көкөтөйдүн ашындагы ат чабышта байгеге чабылган (СО, 3. 155).

**КЫЛЖЕЙРЕН** — Алмамбеттин Кытайдан кеткенден Манаска барганга чейин минип жүргөн аты (СО, 2. 307).

**КЫЛКҮРӨҢ** — калмак баатыры *Дөңгөнүн* аты. К-дү Дөңгө жоодо минип, Манас м-н болгон сайышта өлөт. К-дү Манас олжолоп алат (СК, 1. 89, 90, 91).

**«КЫЛЫМДАР ЖАҢЫРЫГЫ»** (Фр., 1989)— *К. Айдаркуловдун* китеби. Эмгек Совет бийлигине чейинки араб тамгалары м-н жазылган «Семетей» эпосунун сейрек кол жазмаларын талдоого арналат. Китеп үч баптан турат. Биринчи бапта «Семетей» эпосунун Окт. Рев-ясына чейинки жазылып алынган кол жазмалар тууралуу баяндама жасайт ж-а 1903-ж. биринчи жолу Б. В. Смирнов тарабынан фонографка Кенже-Кара семетейчинин айтуусунда жазылган «Семетей» эпосунун үзүндүсү м-н тааныштырат. Экинчи бапта «Кысса Семетей бу-турур» кол жазмасынын, эпостун Алматыдан ж-а Кочкордон табылган айрым үзүндүлөрүнө текстологиялык талдоо жүргүзүлөт. Үчүнчү бапта кыргыз элинин «Ордо», «Тогуз коргоол» сыяктуу оюндарынын келип чыгышына, алардын ойнолуу тартибинде чагылдырылган жоокердик турмуштун айрым көрүнүштөрүнө токтолот.

**КЫЛЫЧ** — жоокердик курал. Эң мыкты сапаттагы «ак болоттун» ж-а «кара курчтун» өзгөчө кошулмасынан чапканда кесип же тешип кетүүгө ыңгайлаштырылган өткүр миздүү, учтуу курал. Бир аз кайкалаган көрүнүштөгү жука «баанектен» ж-а алып жүрүүгө ылайыкталган «толтолуу» саптан турат. Жоокердик заманда сырткы душмандар м-н салгылашууда ж-а өзүн-өзү коргоодо колдонулган. Жоокердик заманда К-ты негизги курал катары үйрөнүүнү кыргыздар бала кезинен үйрөнө баштагандыгын элдик «мангел уруу», «ашкабак чапмай» ж. б. оюндарда К. чабуунун ыкмаларын үйрөнүү эрежелеринин сакталып калгандыгынан көрүүгө болот. Демек, К. кыргыздарда негизги курал болгонуна караганда анын сапаттуу жасалышына да абдан көңүл бурулган болуу керек. Ал эми эпосто К-тын асем коздолуп жасалышы төмөнкүчө сүрөттөлөт:

Кубулган миздүү ак албарс,
Атаңдан калган кылычтын,
Алтын торго албарстын,
Байнеги кооз болсун деп,
Бооруна алтын чөгөрткөн,
Билеги кооз болсун деп —
Билдин сөөгүн саптаган,
Кабы кооз болсун деп
Өтөгөндүн терисин
Өз кырына каптаган (ЖКВ, КФ, 846-инв., 831-б.).

Бул маалыматтарга караганда Манастын кылычын Бөлөкбай Төкөр уста деген атактуу усталардын жыл маалына чейин узанышып, араң жасап бүткөндүгү эпосто айтылган. К-тын курчтугун күчөтүүдө:

Көмүрүнө чыдабай
Көп токойлор кыйылган
Көөрүгүнө чыдабай
Көп букалар союлган
Сугатына чыдабай
Көп булактар соолгон деген эпостогу апыртма сүрөттөөлөр К-ты жасоого абдан көңүл бөлгөндүгүн айгинелеп турат. Ушинтип



жасалган «кереметтүү» К-тар атадан балага мурас калтырылган. Ал өткөндүн эстелиги катары сапаттуулугу б-ча «ыйык», «касиеттүү» сезилип бардык эле адамдар колун тийгизип кармоого же колдонууга даай алышкан эмес. Аны айрым гана өзгөчө инсандар колдонгон ж-а анын кээмөлүндө болгон. Жогоркудай жасалгалуу кылычтарды атактуу баатырлардан бөлөк, эл башкарган жетекчилер да бийликтин символу катары алып жүрүшкөн. Мындай учурда К. шаан-шөкөттүн, дөөлөттүн белгиси катары көрүнөт. Көптөгөн элдерде (сактар, усундар, гунндар ж. б.) К. байыркы доордон тартып эле негизги курал катары пайдалангандыгын археологиялык табылгалар ырастайт.

*К. Айдаркулов*

**КЫЛЫЧ** — эпизоддук кейипкер. ВЖЭде *Агыштын* атасы экендиги гана эскерилет (ВЖЭ, «Ала-Тоо, 1979, № 7, 89-б.). СОВдо Агыш *Жеткир* бийдин уулу делет.

**КЫЛЫЧ КУЙРУК БАЯС** — мифтик жаныбар. Алооке кандын ажайыпканасындагы реалдуу ж-а эпикалык жаныбарлардын арасында сүрөттөлөт:

Кылыч куйрук баяс бар
Кызыл аюу, саяс бар,
Маймыл дарек деген бар,
Жабыр баян бир жандар,
Пил, керикти жеген бар (СО, 2. 183).

Эпостун башка эпизодунда Манас бала чагында жолдошторү м-н салбырынга барып, К. к. б. жолугуп Аккелте м-н атып өлтүрөт. Ал жаныбарлардын сырткы келбети сүрөттөлөт.

Чоңдугу бар өгүздөй,
Аяк басса адамдай,
Капталында канат бар,
Куйругунда кылычы,
Куп тамаша бул ушу (СО, 1. 225).

**КЫЛ-ЭРТЫШ**, к. *Эртыш.*

**КЫМКАР** — эпизоддук кейипкер. Калмак кол башчысы *Нуукердин* кошунундагы баатыр. Салбырындап жолдоштору м-н Уркун дайрасынын боюнда жаткан Манаска Нуукердин колу кез болгондогу урушта калмактар тарабынан биринчи болуп жекеге чыккан К. Көкчөнүн колунан ажал табат (СО, 1. 270—273).

**КЫМЫЗ** — көбүнчө бээнин сүтүнөн ачытылып жасалган кычкыл суусун. Уй, топоз, төөнүн сүтүнөн да жасалган. К-ды малчылык м-н күн көргөн байыркы көчмөн элдер ойлоп тапкан. Байыркы грек тарыхчысы Геродот (б. з. ч. 5-к.) скифтер К. ачытканын жазган. Алтай, башкырт, бурят, казак, калмак, каракалпак, кыргыз элдеринде К. эзелтеден эле белгилүү болгон. К-дын дарылык касиети бар экенин байыртадан эле байкашкан. Эпосто көңүл ачуу суусундук катары баяндалат. Мис., «күндүзү кымыз, түнү кыз», «Кымыз ичип кызышып, Сөөктөрү ысышып, Чекеден терин сызышып» (СК, «Семетей», 1. 313), «Кымыз ичип кылгырып» (СК, 2. 83),

Алты жүз мешке куйдурган
Алып келип кымызды
Аксакал бою балкытып,
Аны ичкен соң карпаңдап,
Аңгемени кылышты (СО, 2. 19) ж. б.

**КЫНЫМЖАН** — эпизоддук кейипкер. Үргөнчтүн боюнда Семетейди тосуп жаткандагы Айчүрөктүн нөкөр кыздарынын башчысы (СК, «Семетей», 2. 47).

**КЫҢГЫР** — топоним. «Манас» баштаган кыргыздардын Алтайдан Ала-Тоого көчкөнү» эпизодунда: «Кыңгырдын жолун кыдырып, Жети-Суу боюн сыдырып» (СО, 2. 160),— деп кыргыздар Ала-Тоого көчүп келе жатканда К-дын жолу аркылуу өткөндүгү баяндалат. Географиялык реалияда Жунгариядагы жерлердин бири.

**КЫПЧАК** — этноним. «Манас» эпосунда К-тар кыргыз эли м-н тектеш (Кыргыз, кыпчак уругум, кыз үчүн балам кетем деп; СО, 2. 153) уруу катары айтылат. К. биринчи жолу 8-к-да уйгур башкаруучусу Моюн-Чурга арналган эстеликте кездешет. Ал доордо К. Саян-Алтай тоолорунда жашашкан. 11—13-к-да болсо Алтайдан Кырым ж-а Дунайга чейинки аралыкта көчүп жүрүшкөн. Махмуд Кашгаринин «Сөздүгү» б-ча К-тын бөлүгү Талас өрөөнүндө ж-а Кашкар шаарынын жанында да жашашкан. Ферганалык автор Сейф ад-Дин Аксыкентинин «Мажму ат-таварихи» (16-к.) б-ча Таластагы Каркара өрөөнүк К-тар жашешкен. Манастын атасы ж-а чоң атасы да ушул аймакты башкарган. Манас баатыр Каркарада төрөлгөн, анын чоролору да каркаралык болушкан. Кыргыздар м-н К-тар чектеш, аралаш жашагандыгын далилдейт. Ошол себептен Манас баатырдын теги айрым убактарда кыргыздардын К. уруусунан чыккан болуп көрсөтүлүп калышы ыктымал. К. бир топ түрк элдеринин а. и. кыргыздардын курамына кошулган. Эпостун бүгүнкү күндөгү варианттарында бир катар белгилүү каармандар (Мис., Төштүк, Үрбү ж. б.) К. уруусунан деп берилет.

*Ө. Караев*

**КЫРАҢ-КЫР** — топоним. Коңурбай капыстан Таласка чабуул жасаганда чек кайтарып жүргөн Кардыгач калың жоо м-н катуу кармашып жатып колго түшөт. Жоонун артынан кууп жеткен Манастын колу ушул жерден Кардыгачты туткундан бошотуп алышат. Эпос б-ча К.-К. Иленин боюндагы жерлердин бири.

**КЫРБАШЕВ** Кеңеш (1931, Ысык-Көл р-ну, Темир айылы) — адабиятчы, «Манас» изилдөөчү, жыйноочу. Филология илиминин кандидаты (1968). КМУнун филология факультетин бүтүргөн (1956). Кыргыз ССР ИАнын ТАИде лаборант (1958), кенже илимий кызматкер (1959—69), улук илимий кызматкер (1969), жетектөөчү илимий кызматкер (1990). К. «Манас» эпосуна арналган бир нече эмгектердин автору. Ал ««Манас» эпосунун стили» (Фр., 1983) деген монографиясын, «Эл акындарынын чыгармачылыгынын тарыхынын очерки» (1988) деген коллективдүү эмгекте манасчы Сагымбай Орозбак уулунун, Шапак Рысменде уулунун, Мамбет Чокмор уулунун, Жакшылык Сарык уулунун, Жаңыбай Кожек уулунун, Акмат Рысменде уулунун чыгармачылыгы б-ча портреттик баптарды жазган. Мамбет Чокмор уулунун «Семетей» эпосуна арналган «М. Чокморовдун айтуусундагы «Семетей» эпосунун өзүнчөлүгү» аттуу эмгеги ««Манас» эпосунун варианттары» (1988) деген коллективдүү эмгекке жарыяланган. СОВ, СКВ б-ча «Манас» эпосунун тексттерин орус ж-а кыргыз тилинде даярдоо, чыгаруу жумушуна да активдүү катышкандардын бири.

*Ж. Төлөев*

**«КЫРГЫЗ АКЫН-ЫРЧЫСЫ САГЫМБАЙ ОРОЗБАКОВ (1867—1930) ЖАНА «МАНАС» ЭПОСУ»** — америкалык түркolog окумуштуу Ильзе Лауде-Циртаутастын макаласы (орусчасы — «Советская тюркология», 1987, № 3; кыргызчасы — «Ала-Тоо», 1989, № 5, 52—56-б.). Макалада Сагымбай Орозбак уулунун кыскача өмүр таржымалы берилип, манасчылык өнөр м-н акындык өнөрдүн ширелишкен катышы тууралуу сөз болот. Акындык дареmet, талант күтүү болгондо гана эпостун өзгөчө нускасы (варианты) жараларына басым коюлат. Манасчылардын түш көрүү аркылуу Манастын, анын чоролорунун бирөөнүн же Семетей, Сейтектердин аян беришинен кийин гана айта баштагандык салтын изилдөөчү эпостун зоболосун андан ары арттыруудагы айтуучулардын аракети катары баалаган. Сагымбайдын «Манастан» башка да санат-насыят ырларын, майда дастандарды аткарган-

дыгы, дарым ырларын билгендиги, санжырачы да экендигин айтып келип, кыргыз акынырчылары м-н «Манас» эпосунун ортосуна биз али аңдап биле элек байланыштын болгондугу анык деген тыянак чыгарылган.

*И. Абдувалиев*

**КЫРГЫЗДАР** — этноним. «Манас» эпосун жараткан эл. Бул эпопеяда кыргыз элинин нечен кылымдар бою башынан өткөргөн окуялары сүрөттөлгөн. Ушуга байланыштуу К-дын байыркы ж-а о. кылымдардагы тарыхына кыскача токтолууга болот. «Кыргыз» аты биринчи жолу орхон-эне-сайлык түрк эстеликтеринде кездешет. Ал эми кытай тилиндеги китептерде бул этноним андан мурун ар түрдүү иероглифтер (тамга) м-н жазылып келген. Алардын транскрипциялары (чечмеленген) цзьгунь, хягас, хагас, сяцзясы, хэгасы, хэхэ, хякя, цилицисы, хэлецзы, цизргайсы ж-а кизрцзис. К. байыркы доордо Моңголиянын түн.-батышындагы Кыргыз-нур көлүнүн айланасында көчүп жүрүшкөн. Андан кийин алар биздин заманга чейинки доордун аяк чендеринде гунн урууларынын кысымынын натыйжасында Саян тоолорун ашып Миң-Суу (минусин) ойдуңуна көчүп барышып, жергиликтүү динлин уруулары м-н аралаш жашашкан. Орхон-эне-сай рун жазуулары ж-а кытай китептеринде 6—9-к-да Миң-Суу өрөөнүндө жашаган. К. ж-дө маалыматтар көп кездешет. Бул мезгилдерде алар түрк кагандыгына (6—7-к.) баш ийишкен, бирок кандайдыр бир деңгээлде саясий өз алдынчалыгын сактап калышкан. Түрк кагандыгы узакка созулган согуштардын ж-а ич ара келишпес жаңжалдын кесепетинен начарлай баштаган. Бул абалдан пайдаланып, 745-ж. уйгур башкаруучусу Моюн-чур Саян-Алтайда жашаган уруулардын колдоосу м-н түрк кагандыгын жеңип, Борб. Азиядагы саясий бийликти колуна алган. Моюн-чурдун төңкөрүшүнө эне-сайлык К. да активдүү катышкан. Бирок, бир аз убакыттан кийин алар, Түш. Сибирдеги башка уруулар сыяктуу эле уйгур кагандыгына күч м-н бириктирилген. Бул абал деле көпкө созулган эмес. К. түн. тараптан уйгур кагандыгына тез-тез кол салып турган. Мына ошондуктан Моюн-чурдан кийинки кан Мочжо Голе 758-ж. К-га каршы жортуул уюштуруп, алардын 50 миң жоокерин талкалаган. Буга карабастан уйгур каны К-га саясий өз алдынчалыгын берүүгө аргасыз болгон. Алардын ортосундагы күрөш 820-жылдардан баштап өтө күч алган. Жыйырма жылдык кармашуудан кийин уйгур канын жеңип алуусуна көзү жеткен кыргыз ажосу ага төмөнкүчө кабар берген: «Сенин өмүрүң бүттү. Мен жакында сенин алтын ордоңду алып, анын алдында атымды байлайм, туумду саямын. Эгерде мени менен күч сынаша алсаң тез кел, анте албасаң тезирек кет». Мына ушул мезгилдерде уйгур кагандыгынын ички ж-а тышкы абалы начарлай баштаган. 839-ж. эпидемия тараган, кышында кар калың түшүп, малдар ири чыгашага учураган, ачарчылык күчөгөн. Кандын ордосунда ич ара келишпөөчүлүк күч алган, сарай төңкөрүштөрү көбөйгөн. Чыгыш Түркстанда тибеттер м-н болгон узакка созулган согуш өлкөнүн экономикалык абалын кыйындаткан. 840-ж. уйгур аскер башчысы Күлү Бага козголоң чыгарып, кыргыз канын жардамга чакырган. Ал болсо ушул жагдайдан пайдаланып, 100 миң аскер м-н Эне-Сай өрөөнүнөн Моңголияга карай жортуулга чыгып, Орхон дарыясынын боюндагы уйгур кагандыгынын борбору Орду-Балыкты курчаган. Тарыхый маалыматтар б-ча кыргыз каны өзү уйгур башкаруучусунун ордосун талап, өрттөөгө катышкан. Акыркы уйгур каны Хэси Дэлэ өлтүрүлгөн. Уйгур каншасы (кытай принцессасы) Тай-хо колго түшүрүлгөн. Орду-Балыктын калдыгын археологиялык изилдегенде, анын К. тарабынан талкалангандыгы далилденди. Аны казганда «кыргыз вазалары» табылган. Ал буюм жумуртка формасында, ичке моюндуу, түбү жалпак, кооздолуп жасалган. Мындай вазалар К. жашаган Миң-Суу өрөөнүндөгү көрүстөндөрдөн табылган. Алардын Эне-Сай ойдуңунун башка райондорунан табылышы, К-дын 840-жылдары ал жерлерди каратып алгандыгын далилдейт. Мурун кыргыз канынын ордосу Миң-Суу өрөөнүндө болгон, 840-ж. кийин ал Танну-Ола тоосунун түштүгүнө, уйгур кагандыгынын борборунан 15 күндүк аралыктагы жерге көчүрүлгөн. Аны Батыш Моңголиядагы Улуу көлдөр айланасындагы кыргыз көрүстөндөрү ырастайт. Эне-Сайлык К. 9-к-да саясий жактан күчөп турган мезгилде Түш. Сибирди ж-а Борб. Азияда көп райондорду каратып алышкан. Аны ошол жерлерден табылган археологиялык буюмдар аныктайт. К-дын өзүлөрүнө тиешелүү маданий, үрп-адат калдыктары эң алгач Хакассиянын Тюхтят өрөөнүнөн казылып алынган. Алардын өзгөчөлөнгөн белгилери төмөнкүдөй: өлгөн адамдардын сөөгүн өрттөп, анын калдыктарын бир жылдан кийин көрүстөнгө алып келип көмүшкөн. Көрүстөндөрдүн үстү боз үй формасында курулган. Кыргыздардын бул адаты кытай китептеринде да жазылып калган. Алардын көмүү адаттарынын мындай калдыктары Миң-Суу өрөөнүнөн алыс аймактардан да табылды. Бул археологиялык фактылардын ж-а китептердеги маалыматтардын негизинде 9—10-к-да К-дын кайсы территорияга чейин барышкандыгын аныктоого болот. Эне-Сай К-ы түн. тарапта Кызыл-Жарга чейин барышкан. Аларга тиешелүү көрүстөндөр ушул шаардын жанынан табылган. Уйгурлардын Кечжили тегин башчылык кылган бир бөлүгү азыркы Якутия-Байкал тараптыкездей качып кетишкен. Алардын артынан К-дын баргандыгын Төмөнкү Иволга ж-а Хойцегордогу археологиялык табылгалар айгинелейт. Тегин Хэуче башчылык кылган уйгурлардын экинчи бир бөлүгү Моңголиянын чыгышында жашаган кидандарга качып кетишкен. Алардын артынан К-дын кууп барышын археологиялык табылгалар далилдейт. Чыгыш Моңголиянын Суджи аттуу жеринен кыргыз акимине (мүмкүн аскер башчысына) арналган эстелик биздин заманга чейин келип

жетти. Анда мындай жазуу бар: «Уйгур жерине Йаглакар кан ата келдим. Кыргыз уулумун. Мен Бойла, даражалуу сотмун. Куттуу Бага таркандын буйрук берүүчүсүмүн. Атакдаңкым (кабарым) күн чыгышка, батышка тийди (жетти). Бай (бар) элем. Асылым (короом) он, жылкым сансыз эле. Иним жети, уулум үч, кызым үч эле. Уулумду үйлөндүрдүм. Кызымды калыңсыз бердим. Фкутуучума жүз эр, турак (жай) бердим. Жээнимди, неберелеримди көрдүм. Эми өлдүм. Уулум эр жеткенде окутуучуңдай бол. Канга кызмат кыл, кайраттан».

Орду-Балыкты К. алгандан кийин уйгурлардын ири бөлүгү түштүккө, Кытай чек арасына карай качып кетишкен. Алардын башында кан болуп шайланган принц Уцзе тегин турган. Ушул мезгилде кытай императору Уцзе кандын тобун К-дын күчү м-н жок кылууга көп аракет кылган. Тарыхий маалыматтарга караганда 843-ж. кыргыз кошундары Эдзин-Гол өрөөнүндө жайгашкан уйгурларга ийгиликтүү чабуул жасашкан. Уцзе, андан кийин Энянь башчылык кылган уйгурлардын тобу Чоң Хинганга ж-а анын түш.-батыш тарабындагы аймактарга көчүп кетүүгө аргасыз болушкан. Кыргыз каны аларга каршы 848-ж. жортуул уюштурган. Биринчи министр Або башчылык кылган 70 миң кыргыз жоокерлери Гоби чөлү аркылуу өтүп, шивейлерди жеңип, уйгурларды туткундап кайтып келишкен. Монголиянын Чыгыш-Гови аймагындагы Барун бигичт жергесинде аскага чегерилген атчан жоокердин сүрөтү табылган. Анын чегерүү ыкмасы, аттын жабдыктары Эне-Сай К-нын эстеликтерине өтө окшош экен. В. В. Вольков Гобидеги бул сүрөттү К-дын уйгурлар м-н күрөшүнө байланыштырат. Балким Барун бичигтеги аскага чегерилген атчан жоокер Або башчылык кылган кыргыз кошуну Гоби чөлүнөн өтүп бара жатканда тартылгандыр. 9—10-к-да Эне-Сай К-ры түн.-батышта Новосибирск, Томскиге чейин барышкан. Аны Кемеров ж-а Новосибирск областтарындагы К-дын тюхтях сыяктуу көрүстөндөрү айгинелейт. Томскинин жанында ж-а Жогорку Обдо өлгөндөрдү жөн эле көмүлгөн ж-а алардын өрттөө адаттарынын калдыктары табылган. Ал эми Новосибирскинин айрым р-ндорунан «кыргыз вазалары» казылып алынган. Эне-Сай К-ры 9—10-к-да саясий жактан күчөп турган мезгилде Тоолуу Алтай аймагына да кирип барышкан. Ага Усть-Кан р-нундагы Мөндүр-Соккон кыштагындагы Тарпак аттуу даңктуу кыргызга арналган руникалык жазуу далил боло алат. Ушул эле мезгилде Эне-Сай К-ы батышта Иртыш дарыясына чейин барышкан. Археолог Ф. Х. Арсланова бул суунун боюндагы Бобров кыштагынан өрттөлүп же жөн эле көмүлгөн көрүстөндөрдү жолуктурган. Мындан тышкары ал Чыгыш Казакстандын Шемонайхинск р-нунан 14 сөөгү өрттөлүп көмүлгөн көрүстөндөрдү изилдеген. Айрым мүрзөлөрдө өрттөлбөй ат м-н кошо көмүлгөн калдыктар да табылган. Ал эми кээ бир көрүстөндөрдүн ичинен өрттөлгөн ж-а аны м-н бирге жөн эле көмүлгөн адамдардын калдыктары да кездешкен. Окумуштуулардын пикири б-ча мындай адаттар көчүп келген К. м-н жергиликтүү кимактардын же башка уруулардын аралашып кетишинен пайда болгон.

Чыгыш авторлорунун маалыматтары б-ча Эне-Сай К-ы 840-жылдары канзада Пан-Тегин башчылык кылган уйгурлардын артынан Тянь-Шань ж-а Жети-Сууга чейин келишкен. 843-ж. алардын Кытай императоруна барган элчиси Табу Хэцзу мындай кабарды айткан: «Кыргыздар Аньси (азыркы Куча), Бэйтин (Бешбалык, урандысы Үрүмчү шаарынын жанында), дада (татар) ж-а беш аймакты (урууну) баш ийдирип алышты». Бул кабар кытай тилиндеги дагы бир эмгекте кайталанат. 843-ж. кыргыз ажосунун (башкаруучусунун) ордосуна барып келген кытай элчиси Чжао Фан да К-дын Куча м-н Бешбалыкка чабуул коюп жаткандыгын кабарлаган. Перс тилинде белгисиз автор (10-к.) жазган «Дүйнөнүн чек арасы» аттуу китепте төмөнкүдөй мазмундагы маалымат жазылган: «Пенчул (азыркы Үч-Турфан) карлук өлкөсүндө жайгашкан, аны мурун тогуздар ээлеп турушкан, азыр кыргыздар басып алышты». Ушул эле эмгекте К-дын Жети-Суу, Чыгыш Тянь-Шандын аймагында жашап тургандыгы баяндалган. Анда карлук, ягма, тухси, чигил ж-а уйгурларды жогоруда аталган региондорго ж-а О. Азиянын территориясында жайгаштырылган. Ал эми К. болсо алардын коңшусу катарында көп жерде эскерилет. Маселен, К. карлук м-н чигилдердин түндүгүндө, тухсилердин чыгышында жайгаштырылган. Карлуктар Чу-Талас өрөөнүндө, тухси, чигилдер Ысык-Көлдүн айланасында жашашкандыгын билебиз. Демек, «Дүйнөнүн чек арасынын» автору К-ды Жети-Суу ж-а Чыгыш Тянь-Шань тоолоруна жайгаштырат.

Эне-Сай К-нын бир бөлүгү Тянь-Шань, Жети-Суу аймагына келгендигин археологиялык табылгалар да далилдейт. 1961-ж. Иле өрөөнүндөгү Текели шаарынын жанынан 76 темир ж-а коло буюмдары табылган. Алар 8—10-к-да жасалыптыр. Бул буюмдар Чыгыш Казакстандагы кыргыз көрүстөндөрүнөн казылып алынган табылгалар м-н өтө окшош экен. А. Н. Бернштам Нарын дарыясынын боюндагы көрүстөнү м-н Эне-Сай өрөөнүндөгү 8—9-к-га тиешелүү мүрзөлөрдүн көмүү адаттары окшош экендигин аныктады.

Талас өрөөнүнөн табылган 9—10-к-га тиешелүү таштардагы «отуз огдан» рун жазуусунун Эне-Сай К-нын Тянь-Шань тоолоруна көчүп келиши м-н түздөн-түз байланышы бар. 9-к-да Эне-Сай К-нын бир бөлүгү О. Азия, Чыгыш Тянь-Шанга көчүп келишип жашап калышкандыгын араб, перс, кытай тилинде жазылган китептердеги маалыматтар да далилдейт. 981—983-ж. кытай элчиси Ван Яньдэ уйгурлардын Турфан княздыгына барган. Ал ишине байланыштуу батышта Бешбалык шаарына чейин саякат жасап, көргөн, уккандары ж-де жазып калтырган. Анда К. ягма, чигил ж. б. уруулар м-н бирге Турфан мамле-

кетчесинин аймагында жашагандыгы баяндалган. Мүмкүн К. Ван Яньдэнин убагында Бешбалык калаасынын айланасында көчүп жүрүшкөн чыгар. Алардын 843-ж. ушул шаарды каратып алгандыгын эстен чыгарбоо керек. К-дын Бешбалыктын батыш тарабындагы көчүп жүргөндүгүн о. кылымдардагы башка авторлор да маалымдайт. Ал ж-дө төмөндө сөз болот. 11—12-к-дын аралыгында жашаган араб автору ал-Марвази да К-ды чыгыш Тянь-Шандын аймагына жайгаштырат. Анын маалыматы б-ча К. кимактардын түштүгүндө, ягма м-н карлуктардын чыгышында, Куча ж-а Карашардын түн.-чыгышында орун алышкан. Эгер бул кабарларды иликтесек К. 11-к-да Чыгыш Тянь-Шандын Манас өрөөнүнүн арыбери жагын мекендеп турганына шек кылууга болбойт. Маселен, ал-Марвазинин өзүнүн маалыматы б-ча карлуктар Алтай тоолорунан көчүп келип Или, Чүй ж-а Талас өрөөндөрүнө отурукташып калышкан. Мындан алардын чыгыш кошунасы К. экендиги айгинелеп турат. Окумуштуулардын пикири б-ча кимак уруулары 10-к-да Иртыш дарыясынын Жуңгар тоолоруна чейин көчүп жүрүшкөн. Демек, ал-Марвази жазгандай К. алардын түш. кошунасы болушкан. Жогоруда Эне-Сай К-ы өлгөндөрдү өрттөп көмгөндүгү ж-дө археологиялык фактыларды келтирдик. Ал-Марвази бул алардын мурунку салты болгон, ал эми К. мусулмандардын кошунасы болгондон баштап өлгөндөрдү көмүү салтына өттү деп жазган. Чындыгында эле ислам караханийлер кагандыгынын мамл. дини болуп, 11-к-да чыгыш тарапта Черчен, Куча, Ала-Көлгө чейин тараган. Демек, ошол мезгилде Чыгыш Тянь-Шанда жашаган К. мусулмандардын кошунасы болгондуктан алардын таасири астында өлгөндөрүн көмүү салтына өтүшкөн. Перс автору Джувейнинин маалыматы б-ча кара кытайлардын гурханы Елюй Даши 1120-ж. чыгыштан О. Азия тарапты карай келе жатып К-га жолуккан, алар катуу каршылык көрсөткөндүктөн Эмиль өрөөнүнө келип токтогон. Андан бир аз убакыт өткөндөн кийин гурхан Баласагунду, Кашкарды ж-а Хотанды каратып К-га каршы жоокерлерин жиберип, аларды ж-а Бешбалыкты жеңип алган. Бул маалымат К-дын 12-к-да Бешбалык шаарынын жанында көчүп жүрүшкөндүгүн далилдейт. Моңгол каны Үгедейдин небереси Хаиду 13-к-дын 2-жарымында Азия, Жети-Суу ж-а Чыгыш Түркстандын аймагында өз алдынча мамлекет түзгөн. Ал өлгөндөн кийин анын мурасчыларынын ж-а чагатаид канзаадаларынын ортосунда бийлик үчүн күрөш жүргөн. Мунун натыйжасында өлкөнүн экономикалык абалы начарлаган. 16-к-дагы автор Махмуд ибн Вали бул ж-дө мындай деп жазган: 1307—08-ж. Хайдунун мурасчысы Чапардын элчилери чагатаид Кенжеке келип, ич ара жаңжалдан пайдаланып кыргыз ж-а кытайлар талоончулук жолуна түшкөндүгүн айтышкан. Бул кабар 13—14-к-да Хайду мамлекетинин аймагында К. жашап тургандыгын айгинелейт. О. азиялык автор Абдар-Раззак Самаркандинин эмгегинде Тимурдун небереси Искендердин 14—15-к-дын аралыгында Могулистанга жасаган жортуулу ж-дө баяндалган. Андагы маалыматтар б-ча Искендер Или өрөөнүндөгү Алмалыктан ж-а Хотандан ондогон сулуу айымдарды, К-дан ж-а Бешбалыктан сүйкүмдүү кыздарды чоң атасына тартууга жиберген. Бул тарыхый факт К-дын 14—15-к-да Бешбалык шаарына чектеш көчүп жүрүшкөндүгүн далилдейт.

1450-жылдардын аяк чендеринде Ак ордонун каны Барактын балдары Жаныбек ж-а Гирей башчылык кылган казактар Абу-ал-Хайрдан качып Моголстанга көчүп келишкен. Ошол убактагы Моголстандын каны Эсен-Бука аларды Талас, Чүй ж-а Или өрөөндөрүнө орноштурган Махмуд ибн Валинин маалыматы б-ча бир аз убакыттан кийин эле Жаныбек, Гирейдин адамдары кыргыз, калмак урууларын талап-тоноого киришкен. Талоонго учурагандардын бири калмактар Иртыш-Или аралыгында ж-а Жуңгарияда көчүп жүргөндүгү белгилүү. Ал эми К. болсо Алмалык м-н Бешбалык шаарынын ортосундагы райондордо жашап турушу ыктымал.

Махмуд ибн Валинин эмгегинде 1468-ж. Абу-ал-Хайрдын калмак, К-га каршы жасаган жортуулу ж-дө маалымат бар. Ал армиясы м-н Талас, Чүй өрөөнү аркылуу өтүп, азыркы Алматы шаарынан алыс эмес жерде ооруп каза болгон. Абу-ал-Хайрдын жүргөн бул жүрүшү калмак, К-дын биз жогоруда атаган аймактарда көчүп жүрүшкөндүгүн дагы бир жолу айгинелейт. 1541—47-ж-да жазылган Мухаммед Хайдердин эмгегинде К-дын азыркы отурукташкан жерлерде жашап тургандыгы ж-дө көп маалыматтар бар. Демек чыгыш авторлорунун маалыматтары ж-а археологиялык табылгалар Эне-Сай К-ы 9-к-да саясий жактан күчөп турган доордо чыгышта Чоң-Хинганга, түштүктө Эдзин-Гол өрөөнүнө чейин барышкандыгын далилдейт. Алар батышта Иртыш дарыясына чейинки жерлерди каратып алышкан. Кытай китептериндеги фактылар Эне-Сай К-нын эң алгачкы бөлүгү Чыгыш Тянь-Шань тоолоруна 840-ж. келгендигин айгинелейт. Алардын 9—10-к-да ушул региондо ж-а Жети-Сууда ири этникалык топ болуп жашап калышкандыгын айрым археологиялык материалдар, Ван-Яньдэнин ж-а «Дүйнөнүн чек арасы» китебиндеги маалыматтар далил боло алат. Ал эми ал-Марвази, Джувейни, Абдхар-Раззак Самарканди ж-а Махмуд ибн Валинин маалыматтары б-ча К. 11—15-к-да ошол аталган аймактарда көчүп жүрүшкөн. Алардын негизги массасы Бешбалык м-н Алмалыктын ортосунда жайгашкан. Мухаммед Хайдердин маалыматы б-ча чыгыш тянь-шандык К. 15—16-к-да бара-бара Борб. Тянь-Шанды ж-а Батыш Кашгарияны ээлеп алышкан. 9—10-к-дан кийин Эне-Сай К-нын Тянь-Шань тоолоруна келиши ж-дө эч кабар жок. Бирок алардын айрым бөлүктөрү кара кытай, моңгол ж-а калмактардын батышка карай жортуулдары м-н бирге тяньшандык К-га келип кошулушу ыктымал. Акырында айтарыбыз мурунку мез-

гилдерде ар кандай себептер м-н Алтайга, Моңголияга, Тянь-Шань тоолоруна, Волга боюна, Кытайдын Фуюй уездине көчүп барышкан К-дын түпкү теги Эне-Сай өрөөнүн мекендеген.
*Ө. Караев*

**КЫРГЫЗ ПЕДАГОГИКА ИЛИМ ИЗИЛДӨӨ ИНСТИТУТУ** — жумуряттын элге билим берүү министрлигинин алдындагы илимий мекеме. 1951-ж. негизделген. Педагогика ж-а психология, кыргыз тили ж-а адабиятын окутуу, орус ж-а чет тилдерин окутуу, башталгыч класстар ж-а мектепке чейинки тарбия берүү, тил эмес предметтерди окутуу усулу бөлүмдөрү, китепканасы, аспирантурасы бар. Кырктан ашык оригиналдуу окуу китептери ж-а окуу куралдары даярдалган, жыл сайын 60 басма табак көлөмдүн айланасында усулдук китептер ин-ттун грифи м-н басылып чыгып, мектептерге жиберилет. Предметтер, факультативдик окуулар, предметти тереңдетип үйрөтүү б-ча 100дөн ашык программа түзүлгөн. Ин-тта улуттук мектептерде бардык предметтерди окутуунун жеке усулдары м-н кыргыз салтына, үрп-адатына байланыштуу этнопедагогикалык теориялар изилденет. «Русский язык и литература в киргизской школе» (1958) илимий-методикалык журналы эки айда бир жолу чыгат. Аталган журналда «Манас» эпосуна байланыштуу бир нече макалалар жарыяланган. Кыргыз тили ж-а адабияты секторунда ар кайсы мезгилде эмгектенишкен окумуштуулар (Б. Алымов, Т. Саманчин, В. Шнейдман, Н. Кангелдиев, С. Байгазиев, С. Рысбаев) «Манас» эпосун окутуу б-ча илимий-методикалык изилдөөлөр жүргүзүшкөн. Т. Ормонов жана Д. Саалиева эпостогу тарбиялык идеялар ж-а бул чыгарманы окутуу б-ча диссертация жазган. Институт уюштурган илимий конференцияларда, педагогикалык окууларда жалпы билим берүүчү мектептерде эпостун проблемасына арналган ондогон докладдар окулган.
*А. Муратов. Б. Кыдырбаева*

**КЫРГЫЗ СОВЕТ ЭНЦИКЛОПЕДИЯСЫ** — алты томдон турган улуттук универсал энциклопедия (Фр., 1976—80). Мындан тышкары «Кыргыз ССРи» ж-а «Киргизская ССР» деген атайын томдор, «Кыргыз Совет Энциклопедиясынын көрсөткүчү» сыяктуу 6 томдуктун уландысы да кошо жарык көргөн. Ар бири үч колонка м-н басылып, 608—670 беттен турат. Энциклопедиянын томдору 619—684 сүрөт, 12—23 карта, 33—38 баттама же 396—557 түстүү сүрөт, 20—25 түстүү карталар м-н кооздолгон. Тиражы 25 000. КСЭни жазууга эл чарба адистери, илимпоздор, жазуучулар, искусство кызматкерлери, коомдук ж-а мамл. ишмерлер ж. б. (450—650 автор) катышкан. Бул улуттук-универсал энциклопедияда илимдин бардык тармактарынан кыскача так кабар берилип эле тим болбостон, кыргыз элинин өткөндөгү тарыхынан, маданиятынан, салт-санаасынан кеңири түшүнүк берген макалалар да бар, а. и. элибиздин сыймыгы, маданий байлыгы болгон «Манас» эпосуна, анын бөлүмдөрү «Семетей» м-н «Сейтекке» да кеңири орун берилип, ар бир бөлүм ж-дө өзүнчө макала жазылган. «Манас» эпосу м-н «Манас» операсына атайын кара-ак баттама берилген. О. эле манастаанууу б-ча маалыматтар да бар. Белгилүү манасчылар: Тыныбек Жапый уулу, Чоюке Өмүр уулу, Сагымбай Орозбак уулу, Саякбай Карала уулу, Тоголок Молдо, Шапак Рысменде уулу, Молдобасан Мусулманкул уулу, Жаңыбай Кожек уулу, Акмат Рысменде уулу, Мамбет Чокмор уулу, Дуңкана Кочуке уулу, эпосту жыйнаган ж-а изилдеген окумуштуулар: С. М. Абрамзон, М. Ауэзов, Ы. Абдыракманов, В. В. Бартольд, А. Н. Бернштам, Ч. Валиханов, В. М. Жирмунский, Ө. Жакишев, Х. Карасаев, А. Х. Маргулан, К. Мифтаков, Е. Поливанов, В. В. Радлов, К. Рахматуллин, Т. Сыдыкбеков, Б. Юнусалиев ж. б. ж-дө таржымал макалалар берилген. КСЭде, о. эле «Манас» эпосуна байланыштуу театр чыгармалары ж-дө маалыматтар да келтирилген. «Айчүрөк» ж-а «Манас» операсы, алардагы негизги ролдорду аткарган СССРдин, Кыргыз ССРинин эл артисттерине, эпостун жарык көргөн китептерин көркөмдөгөн же эпостун темасы б-ча иштеген сүрөткерлерге, чыгарма б-ча тартылган сүрөттөргө (Б. Жумабаев, Т. Т. Герцендин сүрөттөрүнө) да орчундуу орун берген. «Манас» эпосуна байланыштуу тартылган даректүү фильмдер («Манасчы» ж. б.) ж-дө, ал фильмдердин режиссёр, операторлору ж-дө маалыматтарды да КСЭнин томдорунан табууга болот.
*Ж. Сагынов*

**«КЫРГЫЗ ССР ТАРЫХЫ»** (Фр., 1-т. 1984)— эмгекте «Манас» эпосуна чакан бөлүм арналган (11-бап, § 3). Анда эпостун варианттарындагы биринчи манасчы деп эсептелинген Ырчыуул («Ырамандын баласы, Атпай журтка көрүндү,... Эртели-кечти бир жүрүп, Эрмек болсун бизге деп, Эр Манас айтып салганы», СО, 2. 93) ж-а Жайсаң ырчыдан тартып («Баатыр Жайсаң даңгыл бар», СО, 2. 68, 93) Саякбай Карала уулуна чейинки манасчыларга мүнөздөмө берилген. Андан кийин «Манас» эпосунун жаралышы ж-дө окумуштуулардын пикирлери тизмеленген. Айрыкча эпостун мазмуну кыргыз элинин байыркы доордон тартып 18-к-га чейинки башынан өткөргөн тарыхый окуяларды камтый тургандыгы, алардын төрт катмары тууралуу маалыматтар камтылган. Акырында «Манас» эпосунун ж-а ал ж-дө 16-к-да жазылган «Мажму ат-таварихтин» мазмунуна кыскача мүнөздөмө берилген.

**«КЫРГЫЗСТАН КӨРКӨМ АДАБИЯТТА»** — библиографиялык көрсөткүч китеп, автору библиограф Ж. Айсаракунова. «Кыргызстан» басмасынан 1983-ж. чыгарылган (184 б.). Ага «Манас» эпосунун жарык көргөн китептери, ал ж-дөгү адабияттар киргизилип, көрсөткүчтүн 10—13-беттеринен орун алган.

**«КЫРГЫЗ ТАРЫХЫ ЛЕКСИАЛАРЫ»** [жоопту редактор Өшпур Мамбет (Артыш), Кызыл-Суу кыргыз басмасы, 1986, 340 б. араб арибинде] — кытайлык тарыхчы А. Байтурдун китеби. Эмгек 1983-ж. Пекиндеги Борб. улуттар ин-тунун Кыргыз курсу үчүн окулган

лекциялар жыйнагынын биринчи бөлүгү болуп саналат. Мындагы тарыхый окуялар кыргыздар ж-а алардын эзелки ата-бабалары жашаган О. Азия, Борб. Азия ж-а Түш. Сибирдеги алгачкы жамааттык коомдон тартып, Чыгыш Түркстандын жаңы доорунун орчундуу мезгили — 1911-жылга (цин-манжур сулалеси кулаган кез) чейинки доорду өзүнө камтыйт. Лекциялар жыйнагы он баптан (тароодон) турат. Эмгектин экинчи тароосунда кыргыздар тууралуу тарыхый санжыраларды ж-а уламыштарды өзгөчө бөлүп карайт. А. Байтур «Манас» м-н «Семетейдин» бириктирилип 1958-ж. Фрунзеде жарыяланган китептерине шилтеме берет (33, 41—43-б.). Тарыхчылардын ичинен алгачкылардан болуп Жусуп Мамайдын нускасын булак катары пайдаланат (186—188-б.). Кыргыздар м-н кытайлардын ж-а кара кытайлардын тарыхый байланыштарын чагылдырууда эпосту пайдаланып (алтынчы тароодо), А. Байтур Алмамбет баатырдын Манаска жолукканга чейинки ысымы Сушуйа экенин (Жусуп Мамайдын айтуусунда) белгилеп, бул каармандын прототиби катары (1124-жылдан тартып Түн. Кытайдан батышка качкан кидандардын (кара кытайлардын) канзаадасы Элли Тайши (орусча — Елюй Даши) каралуусу мүмкүндүгү тууралуу божомол кылат. Алмамбет дал ушу Элли Тайшинин өзү болбосо да анын доорун чагылдырган эпостук каармандын образы экенин (188-б.) белгилейт. «Манас» эпосунун маалыматтары этнографиялык жагдайда өз орду м-н пайдаланылган. Мис., кыргыздардын о. кылымдардагы кол өнөрчүлүгүнүн үлгүсү катары Манастын жоокердик курал-жарактары эскерилет.

*Т. Чороев*

**КЫРГЫЗ ТЕАТРЫ ЖАНА МАНАС.** Совет дооруна чейин кыргыз элинин маданий турмушунда улуттук профессионал театр болгон эмес. Бирок эл өзүнүн көп кылымдык тарыхында театр элементтерине бай кайталангыс иск-восун жаратып келген. Театр элементтери элдик үрп-адаттарда сакталган. Чоң жыйындарда, аш-тойлордо миңдеген адамдар чогулушкан. Аткаруучу белгилүү бир темада даярдыгы болбосо да алып баруучулук милдетин ж-а негизги аткаруучулук ролду да аткарган. Төкмө акындар, куудул-чечендер, элдик ырларды аткаруучулар, эпос айтуучулар чыгармаларды элестүү жаңдоо, ымдоонун коштоосунда аткарышкан. Мис., манасчылардын аткаруучулугу жалгыз актёрдун театрын элестетет. Айтуучу эпостун мазмунун берүүдө ар бир каармандын образына жараша түрүн өзгөртүп турган. «Манас» үчилтиги 6-ча 30-жылдардан баштап драма, опера либреттолорун жазып театр сахнасына алып чыгууга аракеттенишкен. Алардын алгачкысы — «Айчүрөк» (1938) операсы. Операнын негизин Айчүрөктүн Семетейге болгон сүйүүсү, кыргыз элинин чет элдик баскынчыларга каршы патриоттук күрөш темасы түзөт. Либреттосун К. Маликов, Ж. Бөкөмбаев, Ж. Турусбеков жазышкан. Музыкасы В. Власов, А. Малдыбаев, В. Ференики. Эпикалык лирикалык опера адегенде (1939) кыргыз музыкалык драма театрында коюлган. Ушул эле жылы Москвада өткөрүлгөн кыргыз иск-восунун биринчи декадасында да коюлат. Башкы ролдорду биринчи аткаргандар: Айчүрөк — С. Кийизбаева, Семетей — Ж. Садыков, Чынкожо — А. Боталиев, Күлчоро — А. Малдыбаев, Чачыкей — А. Махмутова, Калыйман — А. Куттубаева. Кыргыздын улуттук иск-восунун классикасына айланган «Айчүрөк» операсы 1986-ж. кайра редакцияланып Кыргыз мамл. опера ж-а балет театрында коюлат. Дирижёр коюучусу К. Молдобасанов, режиссёру К. Арзиев, У. Сарбагышов. Башкы партияларда: Семетей — Э. Касымов, Б. Миңжылкыев, А. Мырзабаев; Айчүрөк — Э. Молдокулова, К. Сартбаева; Акун кан — А. Муртазин, А. Мүсүралиева; Бакай — А. Абдукаимов, В. Муковников; Чынкожо — Х. Мухтаров. Опера жаралган күнүнөн бери үзгүлтүксүз коюлуп, 1989-ж. операнын 50 жылдык юбилейинде 650-жолу коюлгандыгы белгиленген. «Манас» эпосуна арналган экинчи баатырдык-патриоттук опера «Манас» операсы Кыргыз мамл. опера ж-а балет театрында (1946) коюлган. Либреттосу К. Маликов м-н Токомбаевдики, режиссёрлору А. Куттубаев, В. Васильев, сүрөтчүсү Я. Штоффер, музыкасы В. Власов, А. Малдыбаев, В. Ференики. Операнын негизин «Манас» эпосунун Көкөтөйдүн ашына байланышкан окуялар түзгөн. Операнын 2-редакциясы (1966) Кыргыз мамл. опера ж-а балет театрында коюлган. Режиссёрлору Р. Захаров, А. Куттубаев, Дирижёр К. Молдобасанов, сүрөтчү А. Арефьев, балетмейстер К. Мадемилова, хормейстерлер С. Юсупов, К. Алиев. Башкы партияларда Манас — К. Чодронов, Каныкей — С. Кийизбаева, Канайым — К. Сартбаева, Коңурбай — Х. Мухтаров. Операнын бул вариантында Манастын образы демократташтырылып, элдик баатырларга айланат да, патриоттук кыймылда көпчүлүктүн ролу көтөрүлөт.

1945-ж. Өзгөн театры К. Маликовдун «Сейтегин», 1946-ж. Т. Сыдыкбеков м-н Рахматуллиндин «Манас менен Алмамбетин» коёт. Режиссёру К. Төлөбаев.

1982-ж. Кыргыз мамл. академиялык драма театры Ж. Садыковдун «Манастын уулу Семетейди» даярдайт. Режиссёрлору Ж. Абдыкадыров, Б. Ибраев; музыкасы К. Молдобасановдуку, сүрөтчүсү М. Сыдыкбаев. Башкы ролдордо: Каныкей — Ж. Сейдакматова, М. Далбаева, Семетей — М. Токтобаев, Бакай — С. Жаманов, Жакып кан — С. Далбаев, Сарытаз — К. Досумбаев, Чыйырды — Д. Куйукова. Бул спектаклди мыкты аткарып элге жеткиргендиги үчүн (1987) Ж. Садыков, Ж. Абдыкадыров, Д. Куйукова, С. Жаманов, С. Далбаев, Ж. Сейдакматова, К. Досумбаев Кыргыз ССРинин Токтогул атн. мамл. сыйлыгына татыктуу болушкан. «Манас» эпосуна кайрадан кайрылып Ж. Садыков «Сейтек» драмасын жазат. Анын режиссёру Б. Ибраев, музыкасы К. Молдобасановдуку, сүрөтчүсү М. Исхаков. Башкы ролдордо: Сейтек — Э. Бекболиев,

Ч. Думанаев, Айчүрөк — Т. Абдуразаева, Каныкей — Ж. Сейдакматова, Бакай — С. Жаманов, Чачыкей — М. Далбаева, Күлчоро — И. Эшимбеков, Кыяс — К. Досумбаев. «Манас» үчилтигин драма үчилтигине жеткирүү үчүн Ж. Садыков «Айкөл Манас» драмасын жазат. Аны режиссёр Б. Ибраев даярдап Кыргыз мамл. академиялык драма театрына 1990-ж. алып чыгат. Сүрөтчүсү М. Исхаков, М. Сыдыкбаев, композитору К. Молдобасанов. Негизги ролдорун: К. Досумбаев — Манас, А. Осмонов — Кошой, С. Жумадылов — Бакай, К. Дулатова — Чыйырды, М. Далбаева — Каныкей, И. Эшимбеков — Алмамбет, Ч. Думанаев — Чубак, Э. Бекболиев — Сыргак, Т. Бердалиев — Коңурбай, М. Асанбаев — Нескара, А. Жолдошев — Жолой. Кыргыз эли үчүн «Манас» үчилтиги түгөнгүс жомок, о. эле кыргыз театры үчүн да бул эпос түгөнгүс булак. Кыргыз искусствосунун чеберлери бул түгөнгүс булакка дагы да далай кайрылышат.

*Ж. Молдобаев*

**«КЫРГЫЗ ФОЛЬКЛОРУНУН ТАРЫХЫНАН»** — Э. Абдылдаевдин «Манас» эпосунун маселелерине арналган макалалар жыйнагы (Фр., 1983). Жыйнакта: «Элибиздин поэтикалык чыгармачылыгын тарыхый принципте изилдейли»,— деген макалада элдик оозеки чыгармачылыкты тарыхый принциптин негизинде изилдөөнүн методологиялык куралы катарында колдонуу, фольклор ж-дөгү сов. илимдин улам жетишкен тажрыйбаларын, эффективдүү илимий методдорун чыгармачылык м-н пайдалануу ж-а ата-бабаларыбыздын башынан өткөргөн тарыхын терең үйрөнүү сыяктуу принциптүү маселелер каралат. «Залкар эпик ырчы» аттуу макалада СКВнын өзгөчөлүгү, анын дастандары (Эр Төштүк, Делдеш баатыр, Талгар мерген ж. б.), чыгармалары [Унутулгус күндөр (1967), Эстен кетпейт (1957)] тууралуу кеңири сөз болот. А. Маргуландын «Шокан жана Манас» деген монографиясына (Алматы, 1973) илимий мүнөздө баа берген макаласы да автордун бул китебинен орун алган. «Манастын образынын тарыхы тууралуу» макаласында «Мажму ат-таварих» кол жазмасындагы Манас баатыр ж-дөгү маалыматтарга ж-а эпостун колдо болгон материалдарындагы фактыларга таянып, «Манас» деген ысымдын чыгышы тууралуу ой жүгүртөт. «Алмамбеттин образынын тарыхы тууралуу изилдөө» макаласында Р. Сарыпбековдун «Алмамбеттин образынын эволюциялык өнүгүшү» (Фр., 1977) аттуу монографиясы ж-дө сөз болот. «Көкөтөйдүн ашынын тарыхы» аттуу макалада автор эпостун сюжеттик системасындагы «Көкөтөйдүн ашы» аттуу эпикалык окуянын пайда болушу ж-дө иликтөө жүргүзөт. ««Манас» эпосундагы, Бээжин деген топоним ж-дө» деген макаласында бул топонимдин эпоско кирүүсүнүн тарыхый негиздерине токтолот да өз оюн бир катар ишенимдүү фактыларга таянып бекемдейт.

*М. Мукасов*

**КЫРГЫЛЧАЛ,** Кыргыл, Айнакул — кырк чоронун башчысы, эпостун бардык варианттарында айтылган туруктуу каарман. СОВдо өз аты Айнакул, К. ылакап аты делет. Эпосто К. баатырлыгы, эрдиги м-н катар куйту, бузукулук кылып, адамдарды чабыштырганга маш кейипкер катары сүрөттөлөт:

Кырктын башы Кыргылчал,
Кыркында көпкөн жинди чал.
Келген чоро улугу,
Кеби тентек, чорт кыял
Кырк чоронун бузугу
Бузукчулук ойлогон
Буттайын бузуп ийсе да
Буудан Манас кабылан
Бузду экен деп койбогон (СК, 1, 195).

Эпосто К-дын бузукулук иштери бир топ эпизоддордо айтылып, кээде каармандар арасында карама-каршылыктарды, пикир келишпестиктерди туудурат. Варианттардын баарында кезигүүчү Чубактын Алмамбеттен чалгындын жолун талашып чыр чыгарышына К-дын бир кытайга тең болбой оорукта калдың деген бузуку кеби себепчи болот. О. эле СКВдагы Чубактын тарынып кетиши, Коңурбайдын Таласка жасаган чабуулу да К-дын Чубак м-н Каныкейдин көңүлү жакын деп Макаска жамандагандыгынын натыйжасы. РЖВда К-дын бузукулугу атасына кызмат кылып согушуп жүрүп чарчадык, эми баласы алдына салып айдап жүрүп өлтүрөт деп куйтуланып азгырганы кырк чоронун качышына, Семетейдин колунан өлүшүнө алып келет. СКВда Манас өлгөндө кырк чоронун Абыке, Көбөш тарапка өтүп кетишинде да К. негизги ролду ойнойт. К-дын терс сапаттары ж-дө Букардан Таласка келгендеги сөзүндө Каныкей мындай дейт:

Кырк чоронун кыйшыгы
Кыргыл чал какшаал өлдүбү?
Кыргыл чал чочко өлбөсө,
Кыямат жүзүн көрбөсө
Кең Талас бизге жер болбойт,
Алты агаң бизге эл болбойт (СК,
«Семетей», 1, 309—310).

К-ды кырк чоро м-н кошо Семетей өлтүрөт.

*С. Төлөгенова*

**КЫРК** — эпосто көбүнчө сыйкырдуу мааниде кездешүүчү эпикалык сан. Мунун пайда болушу байыркы мезгилдерде адамдардын табият ж-а коом кубулуштарына, кереметтүү, укмуштуу көрүнүштөргө түшүнүү аракеттеринде сырын чече албаган нерселерди таасирдүү дух, касиеттүү күч катары кабылдоолордун үрп-адатка айланышы м-н байланышкан. «Манаста» сөз сыйкыры (магиясы) сыяктуу эле сан сыйкыры кеңири тараган (мис., үч, жети, тогуз ж. б.). Бирок, мында «кырк» деген сандын өзгөчө учурлары бар. Барыдан да анын кыргыздардын этногенезисинин («кыргыз») чечмелениши м-н чиеленип турушу өтө кызыктуу. Ал эми жалпы алганда ар түрдүү жагдайларда колдонулган «кырк» саны эпосто кыргыз элинин байыркы мезгилдердеги тарыхынан бери карай турмуш-салтынан, дүйнө түшүнүмдөрүнөн ачык кабар берет.

Эпостун окуясы кырк үйлүү кыргыздын Ал-

тайга айдалып барышы м-н башталат. Алардын турмуштары оңолот. Байлыгы ташыган Жакып баласынын жоктугуна арман кылат. Бир күнү түш көрүп, аны байбичесине айтат. Байбичесинин түштү жорутуп, кырк бээ союп, бата алалы дегенине Жакыптын ачуусу келет. Манас төрөлгөндө талаада жүргөн Жакыпка «сүйүнчүгө кырк киши кетти чапкылап» Акбалтанын аялы Сулайка күйөөсүн үгүттөп мындай дейт:

Кызыр чалган бай Жакып,
Кырк кара боз байлаган,
Кырк жылкыдан бирди албай,
Сенин кандай шоруң кайнаган (СО, 1. 62).

Албетте, жогоруда айтылган «кырк» деген эпикалык сандын колдонулушу эч качан кокус жеринен болгон эмес. Казак окумуштуусу А. Маргулан: «Кырк — элге салт болгон касиеттүү сан — күчтүүлүктүн, биримдиктин белгиси. «Кырк уруу эл», кийинчерээк феодалдык коомдогу «кырк нөкөр», «кырк дос», «кырк чоро», «кырк вазир» деген туюнтмалар адегенде уруу башчыларынын чыгаан бир адамдын тегерегине топтолуп, биригишин билдирет»,— дейт (Н. Мухаметканов. Феникс — «Манас» жана Мухтар Ауэзов. «Ала-Тоо», 1988, № 8, 103-б.). Манастын бүткүл «таржымалы» бул айтылганды толук ырастайт. Манас бала кезинен ашкан тентек чыгып, Чоң Жинди аталып, аны катыксын, тартипке келсин деп Ошпур койчуга кошуп бергенде, ал анын тилин албай, өз билгенин жасайт.

Бир күнү Манас кабылан
Оолугуп токтобой
Кырк үйлүүдөн кырк бала
Кыйбатын жыйып алыптыр
Чоң Алтайдын талаага
Чогулуп оюн салыптыр (СК, 1. 59).

Алар ошентип ойноп жатышса, кара калмак манжуудан 15—16 жаштардагы 80 бала келип, улуу сымагы «кызыталак бурут, тентип келген бурут» деп кордоп, уруп-токмоктоп киришет. Мына ушунда Манас «кыргыздап» ураан чакырып, туур качырып кирип, кезиккенин жанчып, койгулаша кеткенин кокосун жулуп, жалпы эле калмакка бүлүк саларда атасы бай Жакып алдынан чыгып, арачалап калат. Күндөрдүн биринде Манас кырк баласы м-н сайран куруп, койлорду каалагандай союп, этине эркин тоюп, Кең Алтайдын баткалда катуу уктап жатканда жылкычы алпы Канжаркол келип аларга бүлүк салат. Кырк баланын кыйсыпырын чыгарат. Мында да Манас калтаарып калбастан, өзүнүн эпчилдиги, мыктылыгы, эрдиги м-н өзү келип тийген «балбанды союп жай кылат». Анан өзүнүн жолдошторуна карап мындай дейт:

Атаңдын көрү кырк бала,
Айтканым менен болуп бер,
Тегерете конуп бер,
Мага чоро болуп бер! (СК, 1. 66).

Жогоруда келтирилген мисалдардан дегеле Манастын келечеги үчүн ушул кырк үйлүү кыргыз, кырк бала чоң демөөр, уютку, кубат болгондугу ачык байкалат. Мында барыдан да кырк баланын кырк чорого чоктолуп жатышы алдыдагы албан иштерден үмүткөр кылат. Чынында да, кийин Манаска өбөк, жөлөк болуп, асыресе анын аскердик ийгиликтерин, рухун, согуштук жеңиштерин камсыз кылууда алар (к. *Кырк чоро)* зор роль ойногондугу белгилүү.

Манас Чегебай деген бала м-н козуларды кайтарып жүрсө, бир карышкыр келип, бир козуну баса калып, куйругун жулуп алат. Манастын кыжыры кайнап, «кулагынан алайын, өлбөгөн жерде калайын» деп карышкырга чуркап барса, ал козуну көтөрө качып, кырды ашып кетет. Козунун каны м-н Манас артынан кууп:

Жетип барып караса,
Аттары бар канаттуу
Адамдан башка сапаттуу
Аргымак бедөө минишкен,
Аземдүү тонду кийишкен,
Бир үңкүрдө кырк киши,
Бир өтөктө жык киши (СО, 1. 113).

Баягы жартысын карышкыр аймап таштаган козу бүтүн, жанында байланып, маарап турат. Буга Манас абдан айран таң калат: Мунун жөн-жайын, сырын сурап келгенде:

Адамдар анда кеп айтат
Аңдап көр, балам, деп айтат.
— Бөрү болгон биз деди,
Бөлөкчө жансыз сиз деди,
Кызыр Ильяс деген бар,
Сизди кырк күндөн бери издеди,
Кырк чилтен деген биз деди,
Козуңа салган тиш деди (СО, 1. 114).

Бул жерде К. санынын сыйкырдуулугу ачык байкалып турат. Мында кеп, албетте көчмөн элдин салтына, көзгө көрүнбөй кубулуп жүргөн, адамдардын асыресе баатырлардын жандоочусу, жолдоочусу болуп, болочок тагдырына чоң мааниге ээ болгон, кыйын кезеңге туш болгондо, кысталышта жардамга келип, колдоп, сүрөөнгө алып келген ыйык заттар Кыдыр, Кызыр, Кызыр Илияс (к. *Кызыр Илияс)* кырк чилтендин (к. *Кырк чилтен*) бөтөнчө жан катары, «Манасты самап, кастарлап, келечегине бир эске алынуучу нерсе: Мына ушулардын кылган иш-аракеттеринде кырк деген сандын аралашып, ажырагыс болуп жүргөндүгүндө. Бул асыресе Кыдыр Илиястын Манасты кырк күндөн бери издегенин, ага минтип кырк чилтендин өздөрү келип таап олтургандыктан ачык көрүнөт. Кыргыз элинде илгертен бери: «кырктын бири кыдыр, миңдин бири олуя» деген сөз жашап келген. Бул канчалык сан көп болсо, ынтымактуулукка ылайык, анын ичинен мыкты, жакшы нерсе артык болот деген практиканын натыйжасы экендиги белгилүү. Дегеле кырк дегендин күчтүүлүктү, дараметтүүлүктү, кубаттуулукту туюнтушу да ушуну м-н байланышкан. Мис., Жакып баш болуп, кыргыздар Каныкейге кудалап барышканда, Каныкейдин

атасы Атемир конокторду тосуп, сый-урмат көрсөтөт:

Кырка тиккен кырк үйү,
Кызмат кылды кырк бийи,
Кошо келген кырк нөкөр,
Кошулушун карап көр (СО, 2. 417).

Мындан Атемирдин ашып ташкан дүнүйөсүн адептүү каада-салт гана эмес, анын дөөлөтүн да элестетүүгө болот.

Эпосто кырк чоро барыдан мурда Манас баатырдын сөөлөтүн, кадырын, бийлигин, баркын элестетет. К. деген сандын эпосто жөнөкөй эле мааниде колдонулган учурлары да өтө көп. Алсак, «Анжыяндын кырк эшен, кырк эшенге барды эми», «Кызыл ала кылсамбы, кырдан кырк теке аткан мергендей», «Кызматка кырк-ты тургузду», «Кырк чанач кымыз киргизди», «Кырк миң дилде алышар», «Кырк күн оюн, кырк түн тоюн өткөрүп» ж. б. Бирок, булардын баары, кантсе да, кокустук көрүнүш эмес. К. деген сандын түпкү сыйкырдуу катары кабыл алынып, аң-сезимге кеңири орношу анын мына ушундай кеңири пайдалана беришине да шарт түзгөн.

*О. Исмаилов*

**КЫРК-ЖИГИТ-АРЫК** — Бакай-Ата р-нунун аймагындагы 10-к-да курулган байыркы каналдын нугу. Каракоюн суусунан башталып, тоо боору м-н Талас өрөөнүнө чыгат. Арыктын узундугу 10 *км*, туурасы 1,2 *м*, тереңдиги 1 *м*, жылмакай таштар м-н кынапталып алебастар м-н бекитилип оңдолгон.

К.-Ж.-А. м-н Кырк-Кыз-Арыктын тарыхы ж-дө эл оозунда төмөнкүчө уламыштар айтылат: «Семетейдин жигиттери Үрмарал суусунун жээгине оюн-зоок курушат. Кезек күч сынашуу оюнга келет. Кыздар Бакай карыяга кайрылып калыс болуп берүүсүн суранышат. Акылман карыя Үрмарал суусунун сол тарабынан кыздар, оң тарабынан жигиттер арык казып, сууну өрөөнгө кайсыл тарап мурун чыгарса жеңиш ошолордуку болорун айтат.

Эки тарап күндөп-түндөп иштешет. Кыз-келиндер амалдуулук кылып, теңи иштеп, теңи кылактап жигиттерди азгырып, алаксытышат. Кыздар арык казууну бир жума мурун бүткөрүп жеңишке ээ болушат».

*О. Беренлиев*

**КЫРК-КАЙЫҢ**, к. *Кыр-Кайың.*

**КЫР-КАЙЫҢ** — топоним. Алмамбет атасынын Кан-Жайлак жайлоосун талашып, Коңурбайга кол салган жер.

Кыр-Кайыңдын оюнда
Коңурбайга кол салдым,
Белим кетип мекчейип,
Кайран көзүм чекчейип,
Найза менен калчаны
Жетип муштап өткөнүм (СК, 2. 108).

Географиялык реалияда Жунгариядагы жерлердин бири.

**КЫРК-КЫЗ-АРЫК** — Талас өрөөнүнүн түш.-батыш тарабындагы тоо этектей курулган байыркы канал (10-к.). Каракоюн м-н Үрмарал суулары кошулган жерден башталат. Ал жерден каналды бөгөгөн сыпайдын калдыгы табылган.

Үрмарал суусунун сол жээгин бойлоп, Ленинполь кыштагына чейин созулат. Каналдын боюнан 10—12-к-дагы Үрмарал 1 ж-а 2 деген эки шаардын чалдыбары табылган.

Эл оозунда К.-К.-А. м-н *Кырк-Жигит-Арык* тууралуу уламыштар айтылат.

**КЫРК ЧИЛТЕН** (ир. -кырг. сөзү) — мифологиялык түшүнүктө адамдын көзүнө көрүнбөгөн, укмуштуудай касиетке ээ болгон жакшылык кылуучу дух. «Кырк» деген эпикалык сан жеке кыргыз элинин фольклорунда эмес, О. Азия м-н Алдыңкы Азиянын элдеринин фольклорунда да салттык түрдө туруктуу айтылат. Бул сандын түпкү теги байыркы иран мифологиясындагы «чилтан» («чил» — кырк, «тан» — киши,—«кырк колдоочу», «кырк сыйкырдуу олуя») деген түшүнүк б-ча пайда болгон деп эсептөөгө болот. Иран мифологиясы б-ча чилтен сыйкырдуу күчкө ээ болуп ж-а көрүнбөй адамдардын арасында жүрүп сүйгөн кишисин колдойт имиш.

«Манастын» бардык варианттарында К. ч. ж-дө айтылат. СОВ б-ча Манас Ошпурдукунда козу кайтарып жүргөн кезинде бир козуну (карышкыр) көтөрө качып асканын түбүндөгү үңкүргө кирет. Манас да бөрүнүн артынан кошо кирип:

Жетип барып караса
Аттары бар канаттуу,
Адамдан башка санаттуу,
Аргымак, бедөө минишкен,
Аземдүү тонду кийишкен
Бир үңкүрдө кырк киши (СО, 1. 113)
турганын көрөт.

Алар өздөрүн К. ч-биз деп тааныштырат. «Манас» эпосунда кеңири чагылдырылган К. ч. Манас баатырга дайыма колдоо көрсөтүп коргоп жүргөнү мындайча сүрөттөлөт:

Кайып эрен — кырк чилтен
Канкор эрдин жолдошу.
Кырк чилтендин бирөөбү
Ажыдаар болуп сойлошуп
Кабылан бири, бири шер
Кашында бар сексен төрт
Бири миңге тийген эр (СО, 2. 230).

Бул жерде чилтендердин түпкү теги тотемдик түшүнүктөр м-н байланыштуу экенин айта кетүү керек. Уруулук коом үчүн гана мүнөздүү болгон тотемдик түшүнүктөр, б. а. уруулардын тотеми көбүнчө жырткыч айбандардан болгон. Кыргыз элинде бул тотемдер (бөрү, жолборс, илбирс) небак унутулуп, эпикалык салттарда гана элдик баатырлардын колдоочусу катарында сакталып, алар да өзүнүн милдетин мусулман мифологиясынын магиялык колдоочуларына (чилтен, кызыр, шайык, шаймерден ж. б.) алмаштыра баштаганын «Манас» эпосунун мотивдери далилдеп турат. Эпостун бардык варианттарында Манас кыйын шарттарга дуушар болгон кездерде көбүнчө К. ч., шаймердендердин колдоосу м-н аман калат.

*И. Молдобаев, С. Алиев*

**КЫРК ЧИЛТЕН,** Кырк чилтан — Баткен р-нундагы туш тарабын дайра, тоо курчап ат чабымдай аралды элестеткен Коргон айлына кире беришге орун алган коор жай (бейит) мазар. Ал жерде жалгыз түп гүлсовгар (дарак) гүлдөп турат. Эл ошол жерди Манастын кайыбынан берген кырк жигитинин бейит мазары деп касиеттүү көрүп, ыйык эсептешет.

Ал эми түпкү теги тотем (бөрү, жолборс, илбирс) м-н байланышкан чилтендин ж. б. образдары мусулман мифологиясынын магиялык колдоочуларына айланганын «Манас» эпосунун айрым мотивдери аныктап турат. Мис., эпостун бардык варианттарында Манас кыйын шарттарга дуушар болгон учурда көбүнчө чилтендердин колдоосу м-н аман калат.

**КЫРК ЧОРО** — Манастын баатырдык кошуну, нөкөрлөрү, эң жакын кеңешчилери, жан жолдоштору, кол башчылар, ар башка уруулардын тандалган мыктылары, кылданган баатырларынан куралган көйкашкалардын тобу. Ар башка варианттарда ар башка санда, айрым учурларда алардын аталыштары да ажырымдуу болгону м-н негизинен элге кенен тараган саны кырк. Көпчүлүк учурда алардын баары тегиз саналбай негизгилери гана аталат да окуянын жүрүшүнө ылайык алар көпчүлүк учурда эпикалык каармандардын негизин түзөт. Кырк чоро айрыкча Сагымбай Орозбак уулунун вариантында Манас чоролору м-н Каныкейге күйөөлөп барганда эки-үч жолу кайталанып толук саналат. Кырк чорого төмөнкү каармандар кирет: Бакай, Кыргылчал, Чалыбай, Ажыбай, Кутунай, Каратоко, Мажик, Камбар уулу Чалик, Сатай, Атай, Үмөт, Жайсаң, Каракожо, Бообек, Шаабек, Шүкүр, Алтай (албандардан), Төртай, Төлгөчү кара Төлөк, Токөтай, Калкаман, Элеман, Серек, Сыргак, Кошабыш, Эр Ыбыш, Алакен, Арстан Мажик, Чубак, Жоорунчу, Кайгыл, Бөгөл, Тоорулчу, Кербен, Дөрбөн, Бөгөл, Каратүлөө Кабыке, Жабыке, Бооке (Алоокенин уулу), Ырчуул, Бозуул, Тазбаймат, Шууту... Булардын ичинен жарымынан көбү туруктуу, дайыма аталган активдүү каармандар, ал эми акыркы он чактысы жалпы санга кирип аттары сейрек аталат да, айрымдары кээде башкача да атала берет.

*К. Ботояров*



Кырк чоронун күмбөзү (Кочкор өрөөнү).



С. Чокморов. Манас жоокерлери менен.

**КЫРК ЧОРОНУН КҮМБӨЗҮ** — Манастан калган кырк чоро Семетейди жашсынтып, ага баш бербей, биз карыдык, жоокерчиликтен жададык, тынч жашайлык деген шылтоо м-н кытай жакка качып жөнөшөт. Семетейдин аларды токтотууга жасаган аракети текке кетет. Кайра ага каршы согуш ачышат. Ошондо Семетей аларды кырып аларга күмбөз салдырат. Элдик уламыш б-ча ал күмбөздөрдү Кочкор өрөөнүндөгү Талаа-Булак, Төрткүл ж-а Семиз-Белдеги кыркаланган көп күмбөздөр м-н байланыштырышат. Күмбөздөрдүн курулушу 16—19-к-дын аралыгында бийик босоголуу болуп курулган. Бышырылбаган кыш м-н кынаштырылып курулгандыктан урап бүтүп, алардын чала ураган орду гана калган. Мындай архитектуралык курулуш салты О. Азия элдеринде кийинки убакка чейин колдонулган.

**КЫРК ЧОРОНУН ОРДОСУ** — Кочкордун түн.-батыш тарабындагы Кара-Тоонун үстүндөгү түздүк. Узун-туурасы бир гадай болгон ачык жай, ордо ойногондой тегерек, ортосунда кан жайгашкандай кичинекей белгиси бар. Элдик уламыш б-ча кырк чоросу м-н ордо ойноп жаткан Манас Шамшы айылы тараптан үрккөн жылкылардын алдын тороп Кара-Тоодон таш ыргыткан дешет. Ошол таштар ээн талаада, ар кайсы жерде (10дой) ар кандай көлөмдө (эң чоңунун туурасы —2, 5, узуну 3,5, бийиктиги 3 *м*) жатат. Мындан тышкары ошол ордо ойногон жайыктан ылдый «Манастын үңкүрү»,

анын жанында «Аккуланын жер чапчыган изи» жатат. Үңкүр топурак ташка толуп, орду эле калган.

**КЫРМА КЫЗЫЛ ДАРЫ** (кызыл дары) — жаратка сүйкөгөн дарынын аты, к. *Элдик медицина.*

**КЫРМУС**, к. *Кырмус шаа.*

**КЫРМУС ШАА**, Кырмус — кейипкер. Дагалак шаарынын каны. СОВдо Кошойдун окуясына байланыштуу айтылып, Нескара колго түшүрүп келген Билерикти зынданга салып, атасын коё берет. Жаангер кожо Кошойду издеп таап жардам сурайт. Кошой кол курап барып, К. ш-ны өлтүрүп, Билерикти бошотот.

Бул антропонимдин эпоско кириши иран мифологиясында башкы кудай Ахурамазда// Хормуста м-н байланыштуу. «Кырмус» деген ысым Хормузда//Хормуста дегендин кыргыз тилинин закондоруна ылайык өзгөртүлгөн түрү. Терминдин экинчи бөлүгү болгон «шаа» сөзү перс тилиндеги «шах» (кан) сөзүнүн өзгөртүлүп айтылышы. Ирандыктарда башкы кудай болгон Ахурамазда//Хормуста эпоско кирип, анын өнүгүшүндө жөнөкөй эле эпостук кейипкер, кытай каны, баатырга айланып калган. Бул антропоним башка түрк-моңгол элдеринин фольклордук чыгармаларында, уламыш, мифтеринде Курбусту кан, Курбустан-Тенгере, Кан Курбусту Теңкерекей, Күрмөс ж. б. ат м-н кездешет. Байыркы түрк жазмаларында да El Kirmiš sänün, Kirmiš формасындагы адам аттары жолугат. Буга караганда Кырмус шаа<Хормузда (Хормуста) иран мифологиясынан түрк элдеринин мифологиясына байыркы мезгилдерде эле келген. Айрым окумуштуулар «Манастагы» К. ш. антропонимин дал ушул Хормузда (Хормуста) м-н байланыштырып, эпоско иран мифологиясынан моңголдор аркылуу кирген деп жоромолдошот.

*А. Боронов*

**КЫРЧЫН** — топоним. Алмамбеттин келгенин сүйүнчүлөп төрт жигит барганда «Самаркандын сыртында, Бээ байлап Бел-Саз, Кырчында» (СО, 2. 334) бай Жакып жаткан жер.

**КЫРЫМ** — топоним. Эпосто ар кыл мааниде: бирде кыргызга кыйырлаш жаткан өлкө, мамлекет катары, бирде адам жеткис алыскы жер катары сүрөттөлөт. Хакас элинин эпосторунда да К. адам өтө алгыс ашуу, тоо катары кезигет. Географиялык реалияда Кара деңиз ж-а Азов деңизинин ортосунда жайгашкан жарым арал. Бул аймакта, Алтын ордо талкалангандан кийин өз алдынча феодалдык К. кандыгы түзүлгөн (1443—1783-ж.). Кыргыздар кезегинде бул мамлекет ж-дө кабардар болушкан.

**«КЫССА-И САЙКАЛ»** — «Манас» эпосунун бир бөлүгү. 1896-ж. Казан университетинин басмаканасында араб арибы м-н терилип, кыргыз тилинде чыккан.

**КЫТАЕВ** Насыр (1917, Аламүдүн р-ну, Кой-Таш айылы) — кыргыз совет артисти, Кыргыз ССР эл арт. (1967). Москвадагы А. В. Луначарский атн. театр ин-тунун актёрдук ф-тин бүтүргөн (1941). К. «Манас» операсынан Кошойдун партиясын чеберчилик м-н аткарган. Ж. Садыковдун «Манастын уулу Семетей» (1982) спектаклинде Манастын кырк чоросунун бири Тазбайматтын ролун ойногон. Драмада К. Тазбаймат бийликтин куралына айланган «камчы чабардын», төрөлөрү каякка шилтесе ошол жакка кете бере турган акыл-сезими тайкы корсондогон мал жандуу адам. К. Эмгек Кызыл Туу ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

**КЫТАЙ** — этноним. Эпостун бардык варианттарында кыргыздардын ж-а коңшу элдердин эң башкы душманы катарында баяндалат. 10—12-к-да Борб. Азияда түзүлгөн кара кытайлар мамлекетинен кийин, орто азиялыктар бул территорияда жашаган бардык элди жалпысынан «кытайлар» деп атап келишкен. 18-к-дын ортосунда Кытайдагы Манжурия (Цин) сулалеси Чыгыш Түркстанды басып алып, өзүнүн үстөмдүгүн жүргүзө баштаганы белгилүү. Ушул мезгилден баштап жергиликтүү элдер (уйгур, казак, кыргыз, тажик ж. б.) м-н бирге коңшу элдер (өзбек, кыргыз, казак, ооган, тажик ж. б.) да биргелешип манжу-кытай баскынчыларына каршы боштондук үчүн күрөш жүргүзүп келген. Чыгыш Түркстандагы кылымдар бою жүргүзүлүп келген бул боштондук көтөрүлүштөр «Манас» эпосунун тарыхый өнүгүшүнө түздөн-түз өбөлгө болуп, акыркы тарыхый катмар катарында эпикалык мыйзамга ылайык чагылды. Ошентип, 18-к-дын экинчи жарымынан кийин эпоско мурунку эпикалык душмандар (кара кытай, солон, шибе, калмак ж. б.) м-н катар К. «манжу-кытай», «кытай» деген этнонимдер да параллель колдонула баштаган. «Манас» эпосунда К. деген этнографиялык термин үч мааниде колдонулат. 1) Кытай мамлекети, 2) Кытай өлкөсү, 3) Кытай эли. О. эле К. деген термин ар башка тилдерден өздөштүрүлгөн: бакбурчун, чынмачын, каканчын деген терминдер м-н да синонимдик мааниде колдонулат. Эпикалык тексттерде көп учурда «Кытай өлкөсү», «Кытай эли» деген түшүнүктөрдө айтылат. Кытайдын борбор шаары Бейцзин (эпосто Бээжин) деген географиялык термин да «Кытай өлкөсү» деген жалпы мааниде синонимдик милдетти аткарат.

*Э. Абдылдаев*

**КЫЯК** (моңг. «хуяг») — жоокерлер согушта кийүүчү соот кийим, чарайна. Эпостун көпчүлүк варианттарында кеңири кездешет. Мис., СОВдо Манас м-н кыз Сайкал беттешкен эпизоддо Сайкалдын кийимдери төмөндөгүдөй берилген:

> Жоого кийчү жарагын,
> Баарын кийди карагын.
> Карыпчы менен кыягы,
> Кыз да болсо капырай
> Каармандай сыягы! (СО, 2. 53).

К. К. Юдахиндин түшүндүрмөсү б-ча К. көкүрөккө (төшкө) кийе турган соот. Ал эми курама варианттагы түшүндүрмөдө К. — «темир тондун бел тарткычы». К. моңгол тилинде — хуяг. 1) калкан, чопкут, соот; 2) соот; 3) соот (чарайна) кийген жоокер деген түшүнүктө берилет. Кыргыз тилинде К. (хуяг) көөнө сөзгө

(архаизмге) өткөндүктөн, манасчы анын маанисин сооттон башка жоо кийими катары кабыл алган, б. а. бир эле нерсени эки башка жоо кийим катары түшүндүргөн. Айрым учурда бул эки термин (соот, кыяк) синонимдик мааниде болгондуктан, кош сөз формасында тутумдашып да айтылат. Мис., «Чарайна, сооткыягы, чамынган арстан сыягы», «Соот менен кыягын Кабат жарып калканын» (КФ, 1790-инв., 1750, 281). О. эле К. деген ат м-н бул соот кийимди Түш. Сибирь чөлкөмүндө турган элдердин оозеки чыгармаларында да кездешет. Мис., «куйах» деген якуттардын «Эр соготох» аттуу эпосундагы соот кийимди белгилесе болот. Сөздүн «куяк» деген варианты алтай ж-а хакас («хуяк») баатырдык эпосунда чагылдырылган. Орус былиналарында да куяк деп темирден жасалган сооттун аталгандыгын белгилей кетүүгө болот. Демек, К-тын Сибирь элдеринин фольклорунда да учураганы кыргыздардын бул элдер м-н болгон карым-катнаштарын айгинелеп турат. Бир четинен илгерки кыргыздарда согуш иши жогорку деңгээлде өөрчүгөнүн ырастайт.

*И. Молдобаев*

**КЫЯҢГЕР** — топоним. Жаш Манастын Каман алп м-н болгон урушунда:

Кытайдын аркы четинде,
Кыяңгер, Кайсаң тоосунда,
Суук-Капчыгай оозунда,
Суук-Төр деген төрүндө,
Жалгыз көз деген элинде
Жалгыз көз элин Каман алп
Жалгыз өзү кырыптыр (КВ, 1. 53),—

деп айтылат.

**КЫЯҢКУУ** — эпизоддук кейипкер. Манастын жаа м-н чекеге атып өлтүргөн кара калмак *Токтуктун* атасы экендиги гана айтылат (СО, 4. 353).

**КЫЯПАТ** — эпизоддук кейипкер, Каныкейдин нөкөрү. Манас Каныкейге күйөөлөп баргандагы ат чаап жар тандоодо аты бешинчи болуп келген Кутунай тагдырына буюрган К-ка үйлөнөт (СО, 2. 418, 422—423).

**КЫЯС**, Кыяз — эпостогу негизги каармандардан. «Сейтек» эпосун «Семетейдин» уландысы, «Манастын» корутунду бөлүгү катары таанытып турган салттык терс образдардын бири. К. негизинен «Семетей», «Сейтек» бөлүмдөрүндө катышса да анын ата жолун жолдоочу катары көтөргөн идеясынын тамыры тереңде. К-тын атасы Толтой Чынкожо м-н бирдикте Семетейдин тушунда ногой уруусуна баскынчылык көрсөткөн. Көпчүлүк вариантта Багыштын уулу Толтой (СОВ, СКВ, МЧВ ж. б.) деп берилген бул каармандын теги Манастан бери карай айтылат. К. мына ошол Толтойдун баласы катары өзү тийишип, Семетейден өлүм тапкан атасынын кунун алыш үчүн келет. Атасы Толтой сыяктуу эле К. да көбүнчө бирөөнүн шыкагында жүргөн, кайраты жок каарман катары көрүнөт. Канчоронун жардамы аркылуу кыргыздарга бүлгүн салып, Семетей кайып болот (же өлөт), Айчүрөктү олжолойт. Семетейден биротоло өч алыш үчүн курсакта калган Сейтекти жок кылууга көп аракеттенет. «Семетей» эпосунда Манастын тукумуна зыян келтирүүдөн тарткынчыктап, дээрлик Канчоронун опузасы м-н иштесе, «Сейтекте» жеке башынын мансабы үчүн мурдагыдан чечкиндүүрөөк мүнөзгө өтөт. Анын портрети СОВдо:

Жалаяк ооз, жар кабак,
Көбүнчө заар, көзү тик,
Көп адамдан сөзү тик,
Кирпиги туман көзү чок,
Кишиден мындай сүрдүү жок — деп

тартылып, каардуулугу, айла-амалдуулугу да ушуга шайкештелет.

Патриархалдык-феодалдык мамилелердин ички ыдыроосунан келип чыккан күрөштөрдөй эле К. бүткүл өмүрүн баскынчылык м-н өткөрөт. Анын образы да коом м-н бирге жаралып, ошого жараша өсүп-өнүгүп отургандыктан кадыресе жердик адам сыңары эле айла-амалдуулук, эки жүздүүлүк өңдүү терс сапаттар м-н коштолот. «Кара арстандай чамынып, Ок жыландай күч алып, Араандай оозу ачылып, Өрт аралаш шилекей, Омуроого чачылып, Жаалы катуу көрүнгөн» К. башына күч келгенде өтө басмырт, момун адам боло калат. Айчүрөктүн ачууланганын көргөндө «Билегинен сап кетип, Жүрөгүнөн кан кетип, Кабырга сөөгү сөгүлүп, Катын минбес мал эле, Карасаат чочконун кайыптыгы бар эле» деп тайсалдайт, аялуу Тооторусун берет.

СКВ б-ча К-тын образын дагы тереңдетүү максатында тескери образдарга колдонулуучу даяр ыр түрмөктөрүн жумшап, аны мифтикжомоктук белгилер м-н кеңири жабдыйт. Адатта, алгачкы баатырлык эпостордун эпикалык каармандарынын өзү эле эмес, алардын минген тулпарлары, колдонгон куралдары, кийимкечеси да магиялык касиетке ээ. Бул барабара айрым өзгөрүүгө дуушарланса да байыркы архаикалык белгилер катарында кийинки бөлүмдөрдө салттык мүнөздө сакталып кала берет. К-тын тулпары Тооторуда алтайлыктардын эпосторундагы аттарга кээ бир белгилери б-ча типтешип, өзүнүн ээсинин образын көп жагынан толуктап турат. Айрым учурда ал К-ка караганда акылдуу, күйүп-бышып акыл насаат айткан жакын досу. Тооторунун өлүмү К-тын биротоло жок болушу. К-тын Сейтек, Күлчоролор тарабынан жазаланышы — элдин эзелтен көксөгөн оптимисттик көз карашынын эпосто көрүнүшү ж-а жүзөгө ашышы. Сейтек баштаган кыргыз баатырларынын жеңишке жетиши ал турсун К-тын эли тарабынан да кубанычтуу кабыл алынат. Чыккынчы Канчоронун сүрөөнү м-н тескери иштерди иштегендиги үчүн аны өз уруусу да колдобойт. Ушунун өзү эле К-тын көпчүлүктүн көңүлүнө тийген терс жагын ого бетер бекемдейт. Ал колго түшүп, өлүм алдында турса да, өлгөндөн кийин да кандайдыр бир жаманчылык жасап калуудан кайра тартпайт. К-ты Күлчоро өлтүрө турган болгондо андан көп кыйнабай өлтүрүүсүн суранып, «Ичимди жарып, өтүмдү ал, жүрөгүмдү алып жүрөгүңө бас, ичегимди алып белиңе курчан, мындан да эр жү-

рөк болуп каласың»,— деп сунуш кылат. Бирок Күлчоро анын айтканынан тескерисинче ичегисин терекке орой салса, терек кыйылат (ЖСВда), К-тын арам оюу да бир жолу ашкереленет. Ошентип, К-ка байланыштуу окуялардагы жомоктук мотивдердин басымдуулугу элдик фантастикадан бүткөн ушундай терс каармандар м-н аларды жеңген элдик баатырлардын ортосундагы айырмачылыкты ачык көрсөтөт.

*А. Жайнакова*

**КЫЯС** — топоним. Манас Кошойду издеп чыгып К. аркылуу өткөн.

Көк жалың Манас жол жүрүп,
Ат аянбай мол жүрүп,
Сонун эл, сонун жер көрүп
Кыяс менен Текести
Кыркындай басып келди эми (СК, 1. 109),— деп эпосто К. м-н Текес жер соорусу катары баяндалат.

**КЫЯСКАСЫ** — *Кызайдын* байгеге чапкан күлүгү. Манас Каныкейге күйөөлөп баргандагы ат чаап жар тандоодо К. кыркынчы болуп келип, Кызай тагдырына буюрган Турсунайга үйлөнөт (СО, 2. 427).

**КЫЯШ**, Айганыш — эпизоддук кейипкер. Жолойдун аялы. Эпосто ал акылман, жөн билги аял катары сүрөттөлөт (СО, 2. 280, 293).

## Л

**ЛААТ-МАНАТ** (ар. аль-Лат, Манат) — байыркы арабдардын ислам динин кабыл алганга (7-к.) чейинки сыйынган кудай-буттары. СОВдо гана учурайт. «Чоң чабуул» окуясында Макел-дөө «Эсенкан эгер оңбо деп, Лаат-манат колдо деп» (СО, 4. 299) сыйынып, Манаска каршы жолго чыгат. Муну өзбектердин «Малика-аёр» дастанынын таасиринен киргизилген болуу керек. Анда Макел-дөө да ар дайым Л.-М-ка сыйынып жүрөт.

**ЛАГЫЛ**, Лаал (ар. лаьл) — асыл таштын түрү. Мусулман элдеринин поэзиясында Л. түз ж-а каймана мааниде кеңири колдонулат. «Манас» эпосунда жакут, көөхар, зумурут таштары м-н бирге Л. өзүнүн түпкү маанисинде көп учурайт: «Зумурут, көөхар, лагыл таш, Эки миң төөгө артылып» (СО, 4. 349—350).

**ЛАЙЛАМА** (моңг. даа лам, далай лама — улуу лама, башкы лама) — ламаизм динindеги моңгол-калмак элдеринин эң башкы ламасы (молдосу). «Манас» эпосунун варианттарында да калмак-кытайлардын дининин улуу, жогорку ламасы катары айтылат. Мис., Алмамбетке карата атасы Соорондук төмөнкүчө кайрылат: «Не болдум деп эрмегим, Эскирип кеткен чагымда Лайлама бергеним» (СО, КФ, 580-инв., 57-б.). Ламаизм динindеги элдер (моңгол, калмак) башкы (улуу) ламаны кудай катары эсептешет. Алмамбет башка элге кеткени жатканда «Кудай бергеним» деген мааниде атасы кетпегин деп жалынып айтат. Калмактардын Текес каны Манастын келе жатканын угуп «Лаайлама колдой көр, Кыйынырак болгон бейм Кыргыздардын Манасы» (СО, 2. 35),— деп «кудай колдой көр» деген мааниде айтылат. СОВдо «Ыламасын баңкү дээр, улуу-кичүү калың эл» (СО, 6. 320) деген түшүнүктөгү ыр саптары бар. Мында ламаизмдин ишеними б-ча ламасына (далай ламага) «мөңх» (кырг. маңкү-мөңгү) деген эпитет туруктуу колдонулат. Себеби, аны түбөлүктүү, өлбөс катары эсептешет. СКВда «Манжунун каны Ылама» (СК, 2. 147),— деп каармандын ысымы катары айтылат.

*Э. Абдылдаев*

**ЛАПАЗ** Көкөз уулу (1899, Өзгөн р-ну, Куршаб айылы — өлгөн жылы белгисиз) — манасчы. Л-дын тогуз атасына (Белек, Тасма, Эшполот, Дүйшө, Такабай, Кайназар, Кененсары, Матен, Көкөз) чейин «Манас» айтууну кесип кылып келишкен. Л-дын «Манасы» башка варианттардан Жакыптын атасынын алмашылып айтылгандыгы, кыргыздардын кытайлардан чабылып Жакыптын сүрүлүшү ж-а Манастын төрөлүү мотиви б-ча айырмаланат. Л-дын варианты Таласты мекендеген Бөйөн кандын уулу Чаяндан Жакып туулуп, Чаян өлгөндөн кийин Жакыптын кан болуп турушунан башталат. Жакыптын Чыйырды, Бакдөөлөт деген аялдарынан Манас, Бакдөөлөттөн Абыке, Көбөш деген уулдары болот. Чыйырдынын боюнда бар кезинде кыргыздарды кытайлар чаап, Жакыпты Таластын эл барбас бир четине бир кула бээ, эки ат, ончакты кой-эчки берип айдап жиберет. Манас ошол сүргүндө төрөлөт, кула бээден Аккула туулат. Манас 12 жашка чыкканда кырк жигит чогултуп, элин кытайдын эзүүсүнөн куткарат. Жакып кан уулу Манаска кыз издеп жүрүп Караканга жолугуп, анын кызы Каныкейге куда түшөт. Манас баатыр эли-жерин бошотуу үчүн Кошой м-н бирге кытайларга каршы көп жолу согушат. Коңурбай м-н тарыныпып, кытайдан качып кеткен Алмабет Көкчөгө жигит болуп жүрүп, андан Манаска келип жигит болуп калат. Көкөтөйдүн ашынан кийин Манас кырк чоросу м-н элине келип сайран куруп жатып калат. Коңурбай Манасты чаап алуу үчүн миңдеген аскери м-н келип жылкы тийип кетет. Согушта кытайлар жеңилет. Бээжинге Кошойду кан көтөрөт. Коңурбай жеңилдим, күнөөмдү кеч деп суранымыш болуп, Манасты алдап айбалта м-н башка чаап жарадар кылат. Ал согушта Алмамбет, Сыргак, Чубак ж-а Манастын Аккуласы окко учат. Манастын жарааты айыкпасын билген Каныкей ага арнап күмбөз салдырып, бирок сөөгүн башка жерге койдурат. Л. Көкөз уулунан жазылган «Манас» варианты Кыргыз ИАнын Кол жазмалар фондусунда сакталып турат.

*С. Карагулов*

**ЛЕВИРАТ** (лат. levir — күйөөсүнүн бир тууганы, кайнага, кайни) — бүлө, нике мамиле-

леріндеги жесир калган аялды кайнисине же кайнагасына, же өлгөн күйөөсүнүн жакын туугандарынын бирине алып берүү салты. Дүйнөнүн дээрлик бардык элдеринин, алардын ичинде кыргыздардын да турмушунда орун алып келген салт. Адатта кандайдыр бир кырсыктан, оорудан эри каза болуп жаш аял жесир калса анда ал бир нече убактан кийин (адатта кара ашын берип, кийимин алмаштыргандан кийин) бир тууган кайнисине тийген (кайнисинин чоң кичүүлүгү эске алынган эмес). Бул салт патриархалдык, уруулук-жамааттык мамилелерден келип чыккан. Калың төлөнүп (ага бүт уруу, жамаат мүчөлөрү катышкан) алынгандан кийин аял киши толугу м-н башка уруунун карамагына өткөн ж-а андан чыга алган эмес. «Чыккан кыз, чийден тышкары» деп төркүндөрү да кабыл алган эмес. СОВдо кытай мамлекети кыргыздарды бөлүп кеткенде Алтайга барганда Жакыптын Чыйыр деген агасы өлгөн. Чыйырдынын Шакан аттуу (кийин Шакан аты унутулуп Чыйырды аталып кеткен) аялын Жакыптын алышы Л. салты м-н байланыштуу. О. эле «Семетей» бөлүгүндө да Манас өлгөндөн кийин анын ашын бере электе эле аталаш туугандары Абыке, Көбөш Каныкейди алмакка аракет жасашкан. Бул эпизоддо элдин бүлө, нике тарыхындагы реалдуу салты эпосто да чагылдырылганын айгинелейт.

*А. Кечкунов*

**ЛИБРЕТТО** (итал. Libretto, сөзмө-сөз — китепче)— музыкалык-драмалык чыгарманын: операнын, опереттанын, кээде ораториянын көркөм тексти. Адатта ыр түрүндө жазылат; балеттин, пантомиманын көркөм сценарийин; опера, балет, драманын мазмунунун театр программасында же өзүнчө китепчеде (аты ошондон) жазылышы; кинофильм сценарийинин сюжеттик планы же схемасы. Л. алгач көрүүчүлөргө китепче катары чыгарылган, кийин Л-нун композициясы типтүү схема б-ча жазылган. Адабий-драматургияга шыгы бар композиторлор операларына Л-ну өздөрү түзүп жазган. Негизинен Л-ну профессионал жазуучу-акындар даярдашкан. «Манас» үчилтигинин негизинде көптөгөн жазуучу-акындарыбыз: Ж. Турусбеков, Ж. Бөкөнбаев, К. Маликов кыргыздын тунгуч «Айчүрөк» операсынын Л-сун (1938), А. Токомбаев м-н К. Маликов баатырдык-патриоттук «Манас» операнын Л-сун (1946) жазышкан. Операнын 2-редакциясы 1966-ж. кайра жазылган. Булар Кыргыз мамл. опера ж-а балет театрында коюлган.

**ЛИПЕЦ** Рахиль Соломоновна (1906, Скопин ш.) — фольклорчу, этнограф. Экинчи Москва мамл. ун-тин бүткөн. 1941-жылдан тарых илиминин кандидаты. Л-тин негизги эмгектери орус, түрк-моңгол элдеринин маданиятынын тарыхына, этнографиясына ж-а фольклоруна арналган. Көптөгөн эмгектеринде «Манас» эпосунун материалдары талдоого алынган. «Манас» эпосунун академиялык басылышынын биринчи томуна рецензия жазган.

**ЛИПКИН** Семён Израилевич (1911, Одесса ш.) — акын, котормочу. 1937-ж. Москвадагы кыбачылык-экономикалык ин-тун бүтүргөн. Калмак, кабардин, бурят, инди элдеринин эпосторунан, о. эле азыркы тажик, өзбек, кыргыз, балкар ж-а калмак акындарынын чыгармаларынан котормолору бар. «Манас» эпосунун Сагымбай Орозбак уулунун айтуусунда «Чалгынга даярдануу», «Чалгын», «Жылкы тийүү», «Баатырлардын согушу», «Соңку казат» бөлүмдөрүн орус тилине которгон. Ал М. Тарловский, Л. Пеньковскийдин котормолору м-н кошо бир китеп болуп 1946-ж. Москвадан жарык көргөн.

**ЛИТОТА** (гр. litotēs — жөнөкөйлүк, кичинекейлик, кичирейтилгендик)— троптун *гиперболага* карама-каршы түрү. Л. бул сүрөттөлүп жаткан нерсенин же кубулуштун маанисин, күчүн, чоңдугун кичирейтип образдуу сүрөттөйт. Л. көркөм адабиятта, а. и. элдик оозеки чыгармачылыкта кеңири колдонулат. «Манас» эпосунда да Л-ны көп эле учуратууга болот. Мис., Саякбай манасчы сүрөттөлүп жаткан көрүнүшкө контраст берүү үчүн, айрым учурда Аккуланын тулпарлык касиетинин күчтүүлүгүн көрсөтүү үчүн Л-ны колдонот:

Коргошундай Манасты
Корголдой кылып көтөрүп.
Опол тоодой Манасты
Омурткадай көтөрүп.
Баскан ташы быркырап
Учкан куштай зыркырап,
Келе жатат дыркырап (СК, КФ, 37-инв., 541-б.).

Каармандардын башкалардан өзгөчө сапаттарын белгилөөдө Л. көп колдонулат. Манасты Көзкамандардан куткарып чыккан Акаярдын балбандыгын белгилөө үчүн Л. колдонулган:

Ала-Тоодой атаңды,
Артык балбан Акаяр,
Жаш баладай көтөрүп,
Коргошундай атаңды,
Койбой чуркап көтөрүп (СК, «Семетей», 1. 201).

Ал эми Сыргактын сактыгын, манасчы Л. аркылуу белгилеп көрсөтөт: «Чырым этип уйку албаган, Чыканактай Эр Сыргак». Л. согуш талаасын сүрөттөө үчүн пайдаланылган учурлар да кездешет.

Согуш салган көк майдан
Томуктай болгон тоосу жок,
Томук батар коосу жок.
Жайык далаа, кумдак чөл
Кыргыз, кытай беттешип,
Талкандашкан ушул жер (СК, КФ, 541-инв.).

**ЛОП** — топоним. Кыргыздын нойгут уруусу жердеген жер катары эпостун көп эпизоддорунда эскерилет. Географиялык реалияда Синьцзяндагы Лобнор көлүнүн тегерегиндеги жерлер. Лобнор деп моңголчо аталышынан айырмалап, Кашкардын түрк тилиндеги жергиликтүү эли бул көлдү «Лоп» деп аташкан. Эпосто ушул аты сакталып калган. Бул жерлерди 16—18-к. нойгут уруусу да мекен кыл-

ганы тарыхта белгилүү. Ал эми Лобнор көлүнүн боюнда жашаган лобнор элинин тили кыргыз тилине эң жакын экендигин С. Е. Малов белгилеп кеткен.

**ЛӨК** — эпосто «Манас баатыр Чүйдөгү Акунбешимди жеңгени» деген окуяда калмак баатырлары кыргыздарды жекеге чакырып турган жерде айтылат:

Жаның тирүү кутулбайт
Өлөм деген жан келгин,
Бириң коюп, миң келгин,
Лөгүң коюп, пил келгин (СО, 2. 137).

Деги эле Л. деген сөздүн мааниси нар төөнүн эркегин туюндурат. Эпосто болсо өтмө мааниде баатыр, балбан, эр жүрөк деген мааниде колдонулган.

**ЛӨКҮШ** — этноним. Айдың-Көлдүн жээгине жыйылып Манасты кан шайлаган көптөгөн уруу башчыларынын ичинде Л-төрдүн Өмүрзагынын аты аталат (СО, 1. 80).

**ЛУЙПУ** — эпизоддук кейипкер. Эсенкандын курдашы ж-а ишенген аярларынын бири. Манасты жок кылууга жиберилген балбандарын кырдыртып Жолой м-н Нескара качып келгенде Эсенкан Айжаңжуң м-н Күнжаңжуңга, Л., Суйпу аярларына кеңешип, Жолойду, Чоң Дөөдүрдү баш кылып Манаска каршы дагы кол жөнөтөт.



Б. Жумабаев. Мааникер.

# М

**МААМЫТБЕК** — мифтик кейипкер, кытайдын жалгыз көздүү дөөсү. Алтайда Манастан жеңилип, Бээжинге качкан Жолой, Нескара баш болгон кытай-калмак баатырлары Эсенканга Манастын эрдигин айтып барышат. Эсенкан м-н Карыкан кеңешип, Манас акыры Бээжинге казат кылат деп, мерчемдүү жерге кароолчу коюп, Коңурбайды Чет-Бээжинге кечилге кан көтөрүп, Маңгубада туулган «Каканчындын балбаны Маамытбек сокур» м-н тыргооттун каны Канышайга жол тостуруп, Бээжиндин жолун бекемдейт (СК, 1. 164—166). М. дөө Чоң казатта өлөт.

**МААМЫТСУЛТАН** — эпизоддук кейипкер. Бадакшан, Балык жеринин каны. Көкөтөйдүн ашына чакырылып, эки жүз кол м-н ашка келет (СО, 3. 107).

**МААНИКЕР** — *Көкөтөйдүн* тулпары, ал өлгөндөн кийин уулу Бокмурунда калат. Көкөтөйдүн ашында Бокмурун Айдарга эл чакыртканда М-ди мингизет. Ашка келген кытай-калмак баатырлары Коңурбай, Жолой М-дин тулпарлыгына кызыгып, ашта чатак чыгарып М-ди берүүнү талап кылат. Бокмурун М-ди берүүнү чечет. Буга Манас кырк чоросу м-н кийлигишип, тулпар ээсинде калат. М-дин артыкча сапаты эпосто:

Кечип чапса чок өтпөс,
Кездеп атса ок өтпөс.
Жазайыл менен топ жетпес,
Жанаша атса ок жетпес (СО, 3. 87),—

деп сүрөттөлөт.

Айрым варианттарда мис., Актан Тыныбек уулунун айтуусунда «Мааникердин окуясы» деген өзүнчө эпизод бар.

**МААРАМБҮБҮ** — эпизоддук кейипкер, Каныкейдин акылман нөкөр кызы. Манас Каныкейге күйөөлөп баргандагы ат чаап жар тандоо салтында аты он үчүнчү келген *Атай* тагдырына буюрган М-гө үйлөнөт (СО, 2. 418, 424).

**МААРАМКАН** — эпизоддук кейипкер, Каныкейдин нөкөрү, *Маматбектин* кызы. Манас Каныкейге күйөөлөп баргандагы ат чаап, жар тандоо салтында аты он жетинчи келген *Шукур* тагдырына буюрган М-га үйлөнөт (СО, 2. 418—428).

**МАГДЫМ** — эпизоддук кейипкер, Жакыптын кичүү аялы, Сыргак м-н Серектин энеси. Эпостун Кыргыз республикасындагы варианттарында М. аттуу кейипкер кезикпейт. Жусуп Мамайдын вариантында М. — жалгыз баласы бар жесир аял. Жакып М-дын баласын (аты аталбайт) ээн токойдо жалгыз калтырылган Чыйырдыга тамак алып барууга жумшайт. Бала кайра Жакыпка келип, анын балдарын ж-а Манасты көргөндүгүн айтат. Бул сөз айылга жайылып кетет. Буга чейин эле кытай-калмак кандары Манасты издеп жүрүшкөндүктөн, алардан корккон Жакып баланы азоо байталга таңып, тындым кылып салат. М. баласынын

кабарын угуп чатак салганда, арага Адылбек түшүп, М-ды Жакыпка алып берип, чатакты басат. Бул вариантта Сыргак м-н Серек Жакыптын М. төрөгөн балдары делет.

**МАГИЯ** — «Манаста» сөздүн касиети аркылуу тигил же бул эпикалык сюжетке сыйкырдуу маани киргизүү. «Манас» көп катмарлуу поэтикалык көрүнүш, анын салттуу тексти өзүнүн жашоо процессинде көптөгөн өзгөрүүлөргө дуушар болду. Байыркы замандын бул оригиналдуу эстелигинин оозеки жашап келүүсүнүн өзү анын текстинин өзгөрүлмөлүүлүгүн, варианттуулугун шарттаган. Анын оозеки жашап келүү формасына карабастан айрым сюжеттик сызыктардын, образдардын ж-а байыркы поэтикалык формулалардын өтө туруктуулугун аныктаган экинчи бир өзгөчөлүккө ээ. Мындай өзгөчө касиет белгилүү даражада эпикалык дүйнөнүн алгачкы картинасын кайрадан калыбына келтирүүгө мүмкүнчүлүк берет. Мис., «Манаста» бутпарас дининин бир кыйла издери, ар түрдүү нерселердин магиялык кудуретине, сөздүн магиялык касиетине ишенүү сакталган. Эпосто бир нече жолу магиялык сыйкыр аркылуу жортуулдун эмне м-н аяктарын алдын ала айткан далычы ж-дө кабар берилет. Койдун далысы м-н бал ачуу, бул жаныбардын сөөгүнүн укмуштуу магиялык кудуретине ишенүүнүн байыркы жаңырыгы болуп саналат. Төлгөчү Кара Төлөк, далы көрүүчү Агыдай деген чоролор дайыма Манасты жандап жүрүшөт, анын буйругу б-ча төлгө салып, далы карап, келечекте эмне болорун дароо айтып беришет. О. эле эпосто табиятка сыйынуу ж-а атайы тандамалуу адамдардын жаратылыш кубулуштарына таасир тийгизгени ачык көрүнөт. Айталык, Манастын башкы чоросу Алмамбет Чоң казатка барганда «жайташын» дубалап суугa салып, жайдын күнүн кыш кылып, бороон-чапкын жасап, күркүрөп кирип жаткан Уркун дарыясын тоңдуруп, душман колун берки өйүзгө өткөрбөй, тоскоол кылат. Адамзат маданиятынын алгачкы өнүгүш мезгилинин жаңырыгы маанисинде адамдын жаратылыш м-н байланышы ж-дөгү мотивдердин кыргыз эпосунда сакталышы эң эле ар түрдүү жол м-н көрүнөт. Алсак, эпосто кепшөөчү жапайы жаныбарлардын кереметтүү колдоочусу Кайыпка (көбүнчө алтымыш айры мүйүздүү бугу түрүндө элестетилет) өзгөчө назар салынат.

Эпосто ар түрдүү расымдык буюмдардын жардамы м-н аткарылган сыйкырлардан башка, сөз сыйкыры да күчтүү берилген. Бул сыйкырлап дарымдоо түрү эпостун поэтикалык системасына эриш-аркак айкалышкан. Алар өздөрүнө ар кандай конкреттүү жагдайларга байланыштуу жакшылыкты ж-а жамандыкты алып келген сыйкырдуу милдетти, сөздөрдүн укмуштай таасир берүүчү күчүнө ишенимди камтыйт.

Алкыштар эпосто жаңы төрөлгөн наристеге ат коюуда, баатырды жортуулга узатып жатканда, аксакал карыялардын төрөбөгөн аялдарга бата берүү учурларында көбүрөөк кездешет. Алкышты кээде аялдар да айтышат. Мис., Каныкей Манасты Бээжинге, Чоң казатка узатар алдында ага ж-а анын кырк чоросуна карата мындай дейт:

> Сапарга чыксаң жол болсун,
> Жараткан эгем колдосун
> Кылган ишиң күч болсун,
> Самаган душман түз болсун.

Алкыш өзүнүн составы б-ча ар түрдүү, мүнөздүү сөз айкаштары жагынан да, же татаал жүйөлөнгөн (мотивделген) топтору б-ча да айрымаланып турат.

Сыйкырлап дубалоонун түрү — каргыштар. Алар негизинен төбөсү бийик Көктүн, төшү түктүү Жердин, ата-бабалардын арбагынын ж-а конкреттүү адамдын атынан айтылат. Эпосто бул типтүү мисалдар арбын. Чоң байгени алуу үчүн Аккуланы жарышка кошуп жиберген Айдарды Манас минтип каргышка алат:

> Байге жебей майың же,
> Медериңдин каның же,
> Жеткен байге дооруң же
> Жети атаңдын боорун же!

Кыргыз эпосунда көптү көргөн карыялардын, таңдайында же алкымында сөөлү, көзүндө чегеси бар аялдардын оозунан чыккан каргыштар кимге да болсо чоң зыян келтире тургандыгы ж-дөгү ишеним даана чагылдырылган. Эпосто Каныкейдин тилинде сөөлү бар экендиги айтылат, андыктан баарысы анын каргышына калбоо үчүн абдан этият болушкан. Ал ж-дө: «Каргышы ката кетпеген» деп эпосто баса көрсөтүлөт.

Алкыш м-н каргыш өздөрүнүн чыгышы б-ча шамандык иск-вого, дарымдоого барып такалат. Ушундан улам, алкыш ж-а каргыш түпкү тегинде шамандык иск-вого таандык болуп, шамандык жөрөлгө, жорук-жоосундар, айрыкча шаман сөзү эпосто каада-салт жөрөлгөлөрдү гана аныктабастан, салттык поэзияда көркөм жанр катарында калыптанышына өбөлгө түзгөн. *Р. Кыдырбаева*

**МАДАҢШАҢ** — эпизоддук кейипкер. СКВда Дөөдүр алп М. м-н салгылашып, каратып алганын эскерет: «Мадаңшаң менен салгылашып, Ордолуу шаарын бузганда» (СК, 1. 85).

**МАДЫКАН**, Мады, Мадышкер — кейипкер. Жомоктук-мифтик образ. М. — эпосто портреттик элеси, аткарган милдети жактан баатырдык эпостордун каармандарына жакыныраак турган, кийинки доорлордун мүнөзүнө ылайык өзгөртүлгөн жалгыз көздүү дөө. М. дөөнүн эпикалык душмандын кол башчысына толук өткөн образы СКВда «Чоң казатта» берилет. Башында жалгыз мүйүзү бар Көк Букасын минген Мады же М. дөө жекеге чыгат. Айрым Сибирь элдеринде Мады — тоонун ээси, тоо киши дегенди түшүндүрөт. БСВда «Алачыктай темирди, чочмор алган Мадышкер» деп сүрөттөлөт. «Мады» деген сөзгө уланган «кер» байыркы убактарда чоң, зор деген маанини туюнткан. Алтай эпосторундагы мифтик жандыктардын көпчүлүгү «кер» деген туруктуу эпитет м-н тутамдашып айтылат: Кер-Жутма

(чоң-жутма), Кер-Балык (чоң-балык, кит), Кер-Бука (чоң-бука, мамонт, керик), Кер-Куш (чоң-куш, алп кара куш) ж. б. Ырым-жырым ырларында «керней баштуу кер жылан» деген сөз айкалышы учурап, «кер» деген сөз жыландын өңү-түсүн эмес, көлөмүнүн чоңдугун туюнтат. Демек, Мадышкер да «Чоң Мадыкан» деген маанини, түшүнүктү берет. Шор элинде Падыкан (Мадыкан) тоонун ээси катары айтылат.

Коом өзгөрүп, мезгилдин өтүшү м-н элдин дүйнө таанып билүүсү, көз карашы, түшүнүгү жаңыланат. Жомоктук-мифтик кейипкерлерге карата мамилеси да өзгөрөт. Коомдун өнүгүшүнүн натыйжасында мифологиялык түшүнүктөр өзгөрүүгө учурап, эл чыгармалары да идеялык мазмунуна ылайык жаңы белгилерди сиңирет. Эпостогу ушундай эволюциялык өнүгүүнүн поэтикалык үлгүсү М-дын, *Малгундун, Макел* дөөнүн образдары. Эпосто М-дын мифологиялык кебетеси ж-а белгилери толук сакталуу м-н ал туруктуу терс кейипкерге айланып, эпикалык душман баатыры катары берилген. Чоң казатта М-дын кол башчылык кылып майданга келиши анын мүнөзүнүн, иш-аракетинин өзгөргөндүгүн айкындайт. Эпосто Манас баатыр м-н М. дөө жоокерчилик доордун шарты б-ча чыныгы эрдиктин салтын сактап жекеме-жекеде согушат:

Керен турат Мадыкан,
Керилип саят Манас кан,
Кебелбей койду Мадыкан.
Чочубады зор Манас,
Букасына камчы уруп,
Оозунан өрт чыгып,
Кош колдоп саят Мадыкан,
Козголбой турат эр Манас (СК, 2. 151).

М. дөөнүн шарттуу түрдө өлүүчү жумшак, талуу жери маңдайындагы жалгыз көзү эмес. Манас аны Көк Буканын үстүнөн сайып түшүрүп, Чубак Көк Буканын, Бакай М-дын башын кесип алгандан кийин гана ажал табат. Бирок, М-ды өлтүрүү жоокерчилик доордогу кадимки эле адам душмандардын бирин өлтүрүү сыяктуу көндүм иш эмес. Ал жөнөкөй эле өлө койбойт. Аны түбөлүк өлтүрүү үчүн белгилүү шартты ишке ашыруу керек. Элдик эпостордо М. тибиндеги сыйкырдык касиетке ээ кейипкерди биротоло өлтүрүү үчүн башын денесинен бөлүү керек. Ошондо гана ал мифтик жандык магиялык касиетинен ажырап, кайра тириле албай калат. Жалгыз көздүү жомоктук-фантастикалык кейипкерлердин башын кесип өлтүрүү сюжети башка элдердин эпостук чыгармаларында да кеңири учурайт.

*С. Алиев*

**МАДЫШКЕР** — Мадыкандын БСВдагы ысымы, к. *Мадыкан*.

**МАЖИК**, Манжыбек, Шакум — кырк чоронун бири. СОВ б-ча жер коруган калмактар Жакыпка кол салганда атасына болушкан бала Манас башчысы *Кортукту* укурук м-н чаап өлтүрөт. Кортуктун кунун кууп келишкен калмактар Жакыптын жылкысын тийип алып, аны бөлүшө албай өз ара манжулук, алтайлык болуп чабышып кетишет. Алтайлыктар үстөмдүк кыла баштаганда өлгөн Кортуктун баласы, манжуулук Шакум: «Өз кордугун көргөнчө, жат кордугун көрөйүн»,— деп Жакыпка келип, жардам сурайт. Кыргыздар манжу калмагын алтай калмагынан ажыратып, өздөрүнө кошуп алат:

Казак, кыргыз, калмагы
Жыргап жатып калганы.
Манжудан келген журт үчүн
Атасы өлгөн баланы
Бий көтөрүп алганы,
Кара Токо Мажик деп
Кабары кийин калганы (СО, 1. 151).

Мындан кийинки эпизоддордо: «Каратоко Мажиги», «Манжуулуктан кошулган, бала Мажик эри бар», «Манжурия калмактан Манжуусуна бек койгон Мажик баатыр бар экен» делип, кырк чоронун катарында такай эскерилет. СКВ б-ча Алмамбеттин бала күнүнөн кеңешчиси, жардамчысы. Түпкүлүгүндө мусулмандын уулу болгондуктан мусулман динин жашыруун кабыл алган Алмамбеттин энеси Алтынай м-н пикирдеш болот. Алмамбет кытайдан качканда М. аны м-н бирге келет. Кичи казаттагы салгылашта курман болорун билген Алмамбет аялы Аруукени «Өзүм менен бир келген Мажикке нике кыйып кой»,— деп Манаска керээзин айтат. Бир катар варианттарда «Камбардан туулган Канчоро, Мажиктен туулган Күлчоро» делип, Күлчоро Алмамбеттин эмес, Мажиктин баласы катары көрсөтүлөт. ТМВда Алмамбеттин баласынын өз аты М. болуп, Күлчоро анын кийин коюлган ылакап аты болот. Ошол эле вариантта:

Мунаркандан, Чынаркан,
Чынаркандан Чылаба,
Чылабадан Солобо,
Солободон Соорондук,
Соорондуктан Манжыбек,
Алмамбеттин өз аты
Алмамбет эмес Манжыбек
Муну буруттар айтып жүргөндүр
Кытайдан келген Манжу деп (ТМ, КФ, 576-инв., 54-б.),— деп сүрөттөлөт. Бул мотив СОВдогу Кортуктун баласы Шакум Манаска манжу журтунан келип кошулуп М. атка конгонуна үндөшөт. Кыскасы, ар бир вариантта М-тин образы ар түрдүү талкууланып, бирибирине кыйгач келет. Бирок, варианттарга мүнөздүү көрүнүш: М. — Алмамбет сыяктуу эле кытай-калмактардан кыргыз тарапка өтүп келген баатыр. Бир катар варианттарда М. Алмамбеттин жандоочусу, ал турсун айрым вариантта анын өзү (мис., ТМВдагыдай). Буга караганда 17-к-дан тартып Борб. Азияда ж-а кытайда манжуулардын бийлиги күчөй баштаган мезгилде алардан чыккан кайсы бир тарыхый инсан М. ж-дөгү аңыз кеп «Манас» эпосундагы Алмамбеттин мурдатан калыптанып келе жаткан образына таасир тийгизип, реалдуу тарыхка жакындаштырып талкуулоодо кандайдыр бир деңгээлде роль ойногон.

*Р. Сарыпбеков*

**МАЖИЛИС** — «Манас» эпосунун варианттарында жыйын, жыйналыш деген мааниде көп айтылат:

> Мажилиске жыйылган
> Атпай кыргыз балдары.
> Баатыр Манас кеп айтат:
> Мажилиске жыйылдың,
> Баарын уккун деп айтат (СО, 2. 151).

**«МАЖМУ АТ-ТАВАРИХ»** («Тарыхтар жыйнагы») — ферганалык Сейф ад-Дин Аксыкентинин ж-а анын уулу Нооруз-Мухаммеддин эмгеги. Ал 16-к-дын башталыш чендеринде жазылган. Анда ар кыл мезгилдердеги каармандар, тарыхый окуялар аралаштырылып, уламыштар м-н байланыштырылып берилген. Жалпысынан бул эмгекте көптөгөн диний, фантазиялуу уламыштар м-н катар 9—15-к-да болуп өткөн тарыхый окуялар, фактылар чагылдырылган. Маселен, Манас баатырга каршы согушта, фактылар чагылдырылган калмак кол башчысы Жолойдун аскерлеринин ичинде Манжурияда жашаган солон, шивэй урууларынык болушу тарыхый фактыларды элестетет. Кытай тилиндеги эмгектердеги маалыматтар б-ча Або башчылык кылган Эне-Сай (Енисей) кыргыздарынын аскерлери 848-ж. Улуу Хинганда жашаган солон, шивэйлерге жортуул жасап, аларды жеңип кайтышкан. Бул окуя кийинчерек «Манас» эпосунда чагылдырылып калышы ыктымал. «М. а.-т-те» кара кытайлардын Гурканы (12-к.), чагатай Дува-кан (13-к.), хорезм-шах Мухаммед (13-к.), Чыңгызкан (12—13-к.) анын уулу Тулуй, Алтын-Ордонун каны Токтомуш (16-к.), Моголстан мамлекетинин башкаруучусу Кысыр-Кожо (14-к.) сыяктуу жыйырмадан ашык тарыхый адамдар эскерилет. Мындан тышкары ондогон этнонимдердин аталыштары кездешет. О. кылымдагы тарыхый булактардын ичинен «М. а-т-те» Манас баатыр ж-дө маалымат биринчи жолу жазылган. Анда Манас ж-а анын союздаштарынын калмак баскынчыларына каршы согуштары сүрөттөлгөн. Бул окуялар Тянь-Шань, Жети-Суу ж-а О. Азиянын аймагында өтөт. Жыйнакта кыргыз элинин этнографиясына тиешелүү баалуу маалыматтар, а. и. кыргыз уруулары ж-дө генеологиялык таблица да бар. Жыйынтыктап айтканда «М. а.-т.» кыргыз элинин тарыхын, этнографиясын ж-а «Манас» эпосун изилдөөдө баалуу эмгек болуп эсептелет. Бул эмгек «Тарыхтар жыйнагы» деп аталып, узак убакытты камтыган тарыхый маалыматтар баяндалганына карабастан «М. а.-т.» — өз алдынча көркөм чыгарма. Бул чыгармага тарых кабарлары м-н катар санжыра, улама, уламыш, жомок-эпос ж. б. сыяктуу материалдар булактык милдет аткарган. Ошол булактардын ичинде «Манас» эпосунун орду да кыйла орчундуу. Буга кол жазманын негизги мазмуну кыргыз элинин, айрыкча, Манас баатырдын иштеген иштерине арналышынын өзү да күбө.

Кол жазмада «Манас» эпосу ж-дө сөз жок, Манас баатыр, анын калмактарга каршы күрөшү, бул күрөштө кимдер ага жардам бергени ж. б. ж-дө айтылат. Демек, Манас көркөм чыгармада эпостун каарманы эмес, тарыхта чыныгы болгон адам катары мүнөздөлөт. Анын үстүнө Манас м-н ымалалаш болгон, ага жардам берген адам аттарынын басымдуу көпчүлүгү тарыхта белгилүү адамдар. Ошондой болсо да кол жазмада «Манас» эпосунун материалдары пайдаланылган. Анткени, эпостун бүгүн илимге белгилүү бардык варианттарында туруктуу кезигүүчү Манастын атасы Жакып, жердеген жери Талас, жакын жардамчылары кырк жигити, негизги душмандарынын көрүнүктүүлөрүнүн бири калмактын каны Жолой делген маалыматтар, эпостун айрым эпизоддорунун сюжеттик нугу кол жазма м-н кийинки варианттарда бири-бирине окшош мүнөздө кайталанат.



Мажму ат-таварихтин Тагиржанов тапкан нусканын титулдук барагы.

Кыргыздардын түпкү тектери, урууларга бөлүнүшү, жашап турган жерлери ж. б. маалыматтарды эске албаганда «М. а.-т-теги» түздөн-түз Манаска ж-а «Манас» эпосуна тиешеси бар кабарлар булар: каркыралык кыпчактарды жаш Жакып бек башкарып турганда аларга калмактардын каны Чункча кол салып, жеңилген кыпчактар Оң кандан жардам сурашат. Анын жардамы м-н Чункчаны кайра сүрүп кубалашат. Жакыптан Манас, калмак каны Чункчадан Жолой туулат. Атасы өлгөн соң анын ордун ээлеген Жолой Оң кандын өлгөнүн угуп, Жакып бектин турагы Кара-Кыштакка кол салып кыйратып чаап, Жакыпты колго түшүрүп алат. Аны туткундан каркыралык кырк жигити м-н Таластан келген 12 жаштагы Манас куткарат. Жолой Манаска каршы Таласка, андан кийин Манас эли м-н көчүп кеткен Чаткалга жортуул жасайт. Кырк жигити м-н жоого каршы турган Манаска Токтомуштун тууганы Аңчы төрө, Токтомуш өзү жардам берет. Токтомуш «Манас» шаарын салдырат. Токтомуш м-н Жолой жарашып, уруш бүтөт.

Башка элдер м-н согушуп жүргөн Токтомуштун жоктугунан пайдаланып, Жолой солон-шибээлерди баштап Кара-Кыштак, Манасия шаарларына жортуул жасайт. Манас Аңги төрөнүн жардамы м-н калмактарды кайра сүрөт. Жолойдун дагы бир чабуулу Токтомуштун жардамы м-н токтотулат. Бул жолу да

жеңилип калган Жолой Манасты уулантып өлтүрүүнү чечип, Тубай (балким Түбөй) деген чыккынчыга өз кызын алып берип, беш калмакка башчы кылып Манаска жумшайт. Ал «Туткундан качып келдим»,— деп Манасты ишендирет да, ыгын келтирип уулантат. Манасты өлүмдөн ууга каршы дары берип Сейф Жалал ад-Дин аман алып калат. Эки ай өткөндө Жолой Кара-Кыштакка чабуул коёт, Манаска Кара кожо, Каңбай баатыр жардамга келет. Бирок, Жолойду жеңе алышпайт. Аңги төрө жиберген анын уулу Мухаммад бек колу м-н келип, чоң согушта Жолой өлөт. Согуш токтоп, Манас Кара-Кыштакка кайтат. Кол жазмадагы Манастын өзүнө тиешелүү маалыматтар ушуну м-н бүтөт, анын өлүмү, тукумдары ж-дө эч кабар айтылбайт.

«Манастын» мазмуну, окуяларынын курамы ошол тарыхый шартта бүгүнкү варианттардагынын так өзү эмес. Ошондуктан, кол жазмада баяндалган Манаска тиешелүү маалыматкабарлардын кайсыларын автор эпостун өзүнөн же башка булактардан алганын, эмнелерди өзү кошумчалаганын так ажыратып айтуу мүмкүн эмес. Бирок, чыгарманын түрдүү учурларда кагаз бетине түшүрүлгөн тексттерине, көптөгөн варианттарындагы кабарларга таянып болжол м-н «М. а.-т-тин» автору эпостон пайдаланган материалдарга кайсылар жатарын жоромолдоого болот. Алар эң алды м-н кыргыздардын калмактарга, б. а. Манастын Жолойго каршы күрөшү м-н байланыштуу. Буга «Манастын» өткөн кылымдын орто чендеринде кагаз бетине түшүрүлгөн тексттери күбө. Айрыкча, РЖВдагы материалдар баалуу. Бул вариант б-ча Манастын душмандары катары кыргыздарга коңшулаш жашаган уруу, элдердин кандары эскерилгени м-н баатырга башкы душман делип калмак каны Жолой эсептелет. Кийинки манасчылардын дээрлик бүт баарында Манаска каршы турган негизги душман Коңурбай делсе, В. В. Радловдо анын аты аталганы м-н Жолой сыяктуу биринчи планда турбайт. Варианттагы кенен сүрөттөлүп берилген согуш да Манас м-н Жолойдун ортосунда жүргүзүлөт, ал согушта Жолой өлөт. Бул фактылар «М. а.-т-теги» Манаска таандык маалыматтар м-н РЖВдагы сюжеттик нуктун ортосунда байланыш бар, ал нук айрым өзгөрүү, толуктоолорго учурагандары м-н негизги өзөк кол жазма жазылган шарттан бери 19-к-дын экинчи жарымынын баш чендерине чейин өкүм сүргөн деп айтууга негиз бар.

«Манас» эпосунун илимге белгилүү варианттарындагы окуялар, кабарлар м-н «М. а.-т-те» берилген айрым маалыматтардын окшоштуктарын, жакын белгилерин системалуу окуялар түрүндө эмес башка көптөгөн жеке эпизоддордон, өзүнчө айтылган окуялардан да байкоого болот. Мис., эпостун СОВдо, СКВда ж. б. көрүнүктүү манасчылардан жазылган тексттерде кыргыздардын башында турган белгилүү кан (СОВдо Ногой, СКВда Каракан ж. б.) өлгөндө душмандары басып кирип мал-мүлкүн олжолоп, Ногойдун (Каракандын) балдарын тушташка бөлүп айдап жибергени айтылат. «М. а.-т-теги» «Манаска» таандык маалыматтар да негизинен ушуга эң жакын көрүнүштөрдү сүрөттөөдөн башталат: Жолой Оң кандын өлгөнүн угуп, Жакып бектин турагы Кара-Кыштакка жортуул жасап, чаап алып, Жакыпты колго түшүрөт. Жакыпты туткундан 40 жолдошу м-н уулу Манас бошотот. Эки тексттин жазылыш аралыгында төрт жүздөн ашуун жыл убакыт өткөнүн эске алганда айрым деталдык айырмачылыктар болгону м-н негизги нук эки окуяда тең бирдей. «М. а.-т-те» жогоркуга улай эле Жолойдун Манаска каршы атганып, Таласты камаганы айтылат. СКВ б-ча Коңурбай көп кол м-н келип Таласты камаганы өзүнчө чоң эпизод. Биринде Жолой, экинчисинде Коңурбай делгени м-н көп жоонун Таласты камап согушуусу бир негизден экени шексиз же окуялардын жалпы өнүгүш нугунда анча чоң мааниге ээ болбогон майда деталь мүнөздөгү кабарлардын катарына жатуучу Манастын урматына «Манасия» шаарынын салынышы кол жазмадагы мүнөзгө жакын эле эпосто да эскерилет. Болгон айырмасы «М. а.-т-те» Манастын көзү тирүү кезинде эле шаарды ага арнап тарыхтагы белгилүү адамдардын бири Токтомуш кан салдырды десе, СОВ б-ча баатырдын урматына аталган шаар экендиги гана эскерилип, ким тарабынан, качан салынганы деталдаштырылып чечмеленбейт. Эки кабардын бири м-н генетикалык тектештиги бар болуу мүмкүндүгү көңүл бурууга арзырлык фактылардан.

Кол жазмадагы маалыматтардын ичинен «Манас» м-н түздөн-түз тиешеси бар эпостун белгилүү болгон кийинки тексттеринин дээрлик бардыгында орчундуу мааниге ээ, туруктуу өзөк окуялардын бири катары орун алган чоң эпизод «Көзкамандардын окуясы». «М. а.-т-те» да, «Манастын» варианттарында да маалыматтын өзөгүн түзгөн окуя Манас баатырды кастык ой м-н өз тууганы уулантышы. Деталдык белгилери б-ча эки материалдын арасында бир катар айырмалар бар, бирок жалпы нук, негизги схема экөөндө тең бир ж-а бир булакка негизделгендигинде шек жок. Мис., Манасты уу берип өлтүрүп кел деп Жолой жумшаган Тубайдын өзү туткундагы адам, түбү кыргыз. СКВ б-ча кытайдын башкы каны Карыкан Манасты өлтүрүп келгиле деп жиберген Көзкаман, Көкчөкөздүн да теги кыргыз, колго түшкөн туткундагы кулдар. Жолой Тубайга өз кызын алып берип, калмактарга баш кылып, анан жиберет. Карыкан да Көзкамандарга Манастын көзүн тазалап келсеңер «алтын таажы кийгизип, алтын такка мингизип, Чоң Бээжиндин кандыгын берем»,— деп убада кылат. Ырас, СКВда Көзкамандарга Карыкан кызын бергени айтылбайт, бирок Манаска каршы аттанган Көзкаман, Көкчөкөз, Желтийбес, Чаңдууаяк, Орозон бешөөнүн ар биринен тогуздан уулдары бар, демек алардын аялдары калмак, бекеринен Көзкамандарды Каныкей алар калмак, калмак да тууган болмок беле деп эсептебейт. Эки материалдагы орчундуу айырмачылык — кол жазмада ууланды-

рууну калмак Жолой, ал эми эпостун вариантында кытай каны Карыкан жибергени. Бирок, бул фактыны чоң айырма дешке да болбойт. Анткени, эпос б-ча экөө тең кыргыздардын салттуу эпикалык душмандары. Анын үстүнө «Манаста» адат катары калмак м-н кытайлардын арасы так ажыратылып, чек коюлбайт, аралаш айтыла берет. Буга Көзкаман, Көкчөкөздөр ж-дө сөз жүрүп жатканда алар манжулар, кыргыздарды чапканда кара калмактардын колуна түшүп кеткен кулдар эле дегендик да күбө. Ал эми кол жазмадагы Жолойдун Карыканга, Тубайдын Көзкаманга айланып айтылуусу эпосто адаттагы көрүнүштөрдөн. Буга Манастын теги ар башка айтылуусунун өзү да күбө. Манас баатырдын ууланышы ж-дөгү окуянын бүтүшү да эки нускада көп жагынан бири-бирине жакын: СКВ б-ча Манасты жалгыз өз үйүнө чакырып келишкен Көзкамандар ага уу беришет. Баатырды өлүмдөн Акаярдын жардамы м-н аны ала качкан Каныкей сактап калып, Кайыпчынын зоосундагы үңкүргө алып барып багат. Өлүм алдындагы Манасты Багдаддан атайын алдырып келген дары м-н дарылап айыктырат. Кол жазма б-ча ууланган Манасты катуу дарттан Жалал ад-Дин шейх атайын издеп барып дарылап айыктырат. Эпостун варианттарындагы касиеттүү шаарлар Меке, Мисир, Багдаддан издетип жүрүп таап келген дары м-н айыктыруусу касиеттүү шейхтин өзү атайылап издеп келип айыктырууга үндөшүп турганы күмөнсүз.

«М. а.-т-теги» Манаска тиешелүү маалыматтар кара сөз түрүндө берилген. Бирок, айрым жерлерде ыр үлгүлөрү да учурайт. Буга караганда кол жазмага булак болгон эпостук чыгарма же жалаң ыр түрүндө же ыр м-н кара сөз аралаш түзүлгөн болсо керек деген жоромолго негиз берет.

*Ө. Караев, С. Мусаев*

**МАЗАБЫЛ** — эпизоддук кейипкер. Медине, Меке жериндеги араб элинин төрөсү, карысы. Көкөтөй өзүнүн өлөөр алдында айткан керээзинде эскерет (СО, 3. 23).

**МАЗАКЕ** — эпизоддук кейипкер. Көкөтөйдүн жан-жөкөрү. Көкчөкөз М-ге Манас өлдү деп жар чакыртат. Эл ишенбей М-ни шылдыңдап күлөт (ушундан улам «Мазаке кылбачы» деген ылакап калган). Көкчөкөз Каныкейди «мага тийсин» деп Меңдибай м-н М-ни арачы кылып жиберет (СО, 2. 440).

**МАЗАР** (ар. товаф — табынуу, сыйынуу) — дин ишениминде мусулмандар сыйынуучу «ыйык» жер (күмбөз, булак, дарак ж. б.). «Манас» эпосунда кыргыздар ислам динин кабыл алганга чейин шамандык түшүнүктө болгондугун ж-а мусулман болгондон кийин да шамандык түшүнүктөрдү сактап калгандыгын көрсөткөн материалдар көп. Бул төрөбөгөн аялдын бала тилешинен ачык көрүнөт. «Манас» варианттарынан (РЖВ, СОВ) баласыз кыргыздар М-га, куттуу жыгачка ж-а ата-бабалардын күмбөзүнө барып бала тилеп сыйынганын көрөбүз. РЖВ б-ча Жакып аялы Чыйырдыны:

Бул Чыйырдыны алганы
Жайы, кышы он төрт жыл
Бул мазардуу жерге сыйынбайт,
Бу алмалуу жерге оонабайт,
Бу арашандуу жерге түнөбөйт (РЖВ, 12),— деп арман кылат. Ал эми СОВдо Жакып М-га барып «Мойнуна куржун салынып, Мазарды көрсө бай Жакып, Бакырып ыйлап жалынып» (СО, 1. 46) жер, сууга сыйынгандан кийин гана Чыйырдынын боюна бүтөт. Демек, М-га, жер, сууга сыйынуу, жердин, суунун ээси бар деген шамандык түшүнүк м-н байланышкан.

Кыргыздар балалуу болбосо М-га гана эмес, арашандуу жерге барып, суу боюндагы жыгачтын жанына мал союп түлөө кылып, кудайдан бала тилегени белгилүү. Жер, сууга, жыгачка сыйынуу «Манас» эпосунда гана эмес башка элдердин да эпосторунда кездешкен, байыркы убактардан бери келаткан расми экендиги байкалат. Жакыптын «мазарлуу жерге барып, Чыйырды сыйынбайт» дегени куттуу жыгачка ишенген шаманчыл якуттардын куттуу жыгач түбүндө кылган шамандык эм-домунан эч айырмаланбайт, ага жакындайт. Баласы жок аялдын жер, сууга табынганы 10-к-дагы «Коркуд Ата» эпосунда да кездешет. Эпостогу жомоктордун биринде баласы жок аял бала бер деп жер, сууга арнап суу чачат («Коркуд Ата», Баку, 1950, 115-б.). Башка диний түшүнүктөр сыяктуу эле ата-бабалардын күмбөзүнө барып сыйынуу мотиви «Семетей» эпосунда да сакталган. «Ак күмбөз тайып келүүгө Атасы Манас арбагы Акбоз бээ атап берүүгө (СК, «Семетей», 2. 287) барган учурда Семетей баатыр кайып болгон же өлүмгө учураган. Кыскасы, М-ларга же ата-бабалардын күмбөзүнө барып сыйынуу байыркы доорлордон бери келген ата-бабалардын арбагын сыйлоо расмиси болуп саналат.

*С. Алиев*

**МАЗЕЙИЛ** — топоним. Ойрот элинин мекени. Кыз Сайкал жердеген жер. Манас керээзинде Карача кандын кызы Сайкалдын өлөрүндө кырк күнү зыйнатыңа турам деген убада сөзү бар эле деп кабар жибертет (СК, 2. 229).

**«МАЙДАН»** — жазгыч акын ж-а Манасчы Тоголок Молдонун варианты б-ча «Семетей» бөлүмүнөн түзүлгөн китепче (Фр., 1943). Басмага даярдаган редактору Ж. Бейшекеев. Китепте камтылган окуя «Коңурбайдын Таласка жасаган жүрүшү» деген темада баяндалат. «Манас» эпосунан «Семетей» бөлүгүнө өткөн терс каармандардын ашкан амалдуусу, каардуусу, эң коркунучтуусу Коңурбайдан оор жарадар болгон Манас баатыр Таласка келип дүйнөдөн кайтат. Кыйды Коңурбай эми кыргыз элин баш көтөргүс абалга жеткирүүнү ж-а Манастын уулу Семетейди жок кылууну ойлойт. Анын бул аракети менменсинүүдөн же текеберленүүдөн келип чыкпайт. Манастын өлүмүнө себепчи болгон Коңурбай жоокерчилик салт б-ча кан кууп, өч ала турган Семетейден кооптонот. Эпосту түзгөн эл да баскынчы душмандардан коргоочу башкы баатыры катары кун кууп, өч алуучу милдетти Семетейге

жүктөшөрүн сезген кыйды Коңурбай Үч-Бээжинге кабарлап эл башчы кандарын жыйып кеңешет:

Кечээ кайратымдын барында,
Айбатым толук чагында,
Ушул канкор кулдун атасы
Кан Манасты жайладым.
Алтайга бурут келтирбей
Түркстанга айдадым...
Түркстанда кыргыздан
Манастын уулу Семетей,
Кездеше турган чоң душман
Атадан артык тууптур.
Бул керишип турган жоо койбойт,
Кезенген душман соо койбойт.
Таласын барып чаппасак,
Талап малын албасак,
Семетейди өлтүрүп

Минтип кумар канбасак (7—8-б.) деген Коңурбайдын талабына баары макул болушат. Алты ай камданган Коңурбай 60 миң кол м-н Таласка аттанып бейкут жаткан кыргыздарды камайт. Таластын суусун башка жакка бурдуруп, элди суусуз калтырат. Баскынчы душмандар Семетейдин айлын аткылай баштаганда Айчүрөк токуп, даярдап койгон Тайбуурул байлоосун үзүп качканда Коңурбай кармап алып, терең ор каздырып салдырып коёт. Аны айлалуу баатыр Күлчоро зындандан алып чыгат. Кыргыз эли бул кордукка чыдабастан Семетейдин жетеги б-ча басып алуучулукка каршы бүт көтөрүлүштү. Кандуу майдан бир нече күнгө созулуп, зордукчул Коңурбайдын аскери жеңилүүсү м-н окуя аяктайт.

*С. Бакенов*

**МАЙКАНА** — кагылган добуш аркылуу кабар берүүчү чоң коңгуроонун асылып турган жайы. Эпосто да ушул мааниде айтылат:

Ордокана коңгуроо —
Баңдуулуга жеткени,
Майканага туруптур,
Баңдуулусун уруптур,
Каңгыраган добушун
Бир күндүк жер угуптур (СО, 2. 126).

**МАЙМУН** — топоним, негизги варианттарда кыргыздарга чектеш жер ж-а андагы жашаган элдин аты. Мис., СОВдо Шоорук кан М-дуктардан деп берилет:

Дөбөт чөлү атанып,
Жакасы кум, тоосу таш,
Алайдын түштүк жагында,
Башы Даң-Дуң тоосунда,
Маймундуктун Шоорук кан
Жаткан экен ушунда (СО, 2. 200).

Географиялык реалияда Оогандын түн.-батышындагы шаар. Жергиликтүү тилде аталышы Маймене. Оогандагы башка жерлер м-н бирге 15-к-дын 20-жылдарында Аксак Темирдин уулу Шахрух («Манас» эпосунда Шоорук) башкарып турган.

**МАКАЛ-ЫЛАКАПТАР** «Манаста». Элдик оозеки чыгармачылыкта М.-ы. өзгөчө орунга ээ. Түзүлүшү жагынан кыска ж-а нуска болуп, айтыла турган ойду таасын чагылдырат. М.-ы-да элдин тарыхы, турмуш-тиричилиги, үрп-адаты, салт-санаасы орун алат. Жөнөкөй эле сөздөр турмуштук тажрыйбада элдин элегинен өтүп, нуска болорлук, адамды ойлонторлук накыл сөзгө айланат. Ошентип, М.-ы. адамдын акыл-эсинин энциклопедиясын түзөт. Макал (М.) м-н ылакап (Ы.) түзүлүшү, мазмуну, айтылышы б-ча бир-бирине өтө жакын келет ж-а алардын бири-биринен айырмалануу өзгөчөлүктөрү да бар.

М. — адамдардын турмуштук тажрыйбаларынан алынып, алардын философиялык ой-жүгүртүүлөрүн жыйынтыктаган, дүйнөгө болгон көз караштарын билдирген, тарбиялык мааниси курч сөздүү, көркөм элестүү, рифмага ж-а ритмге ээ кыска чыгарма. Ал сүйлөм, бир-эки сап же бир сабак ыр түрүндө да айтылат.

Ы. — кандайдыр бир окуянын негизинде же адамдардын жүрүш-турушунун, мүнөзүнүн өзгөчөлүгүн жыйынтыктап, так, элестүү берилген, өзгөчө чечмеленүүчү тарыхы бар, көбүнчө каймана айтылып, контекстке карата мааниси чечилүүчү кыска, образдуу сүйлөм.

М-дагы ой, аягына жеткире айтылса, Ы-та ой кыйыр түрдө айтылып, жыйынтыкты Ы. багытталган адамдын чыгарышы талап кылынат.

Кыргыз элинин көркөм энциклопедиясы болгон «Манас» эпосу М.-ы-га, санат, накыл, нуска сөздөргө өтө бай. Эпостогу М.-ы. ыр саптары м-н айкалыша келип, ыргакка ылайык структуралык анча-мынча өзгөрүүгө учурап, сүрөттөлүп жаткан окуянын, көрүнүштүн көркөм, элестүү сүрөттөлүшүнө көмөктөшүп, кошумча маани кийирип турат. «Мурут бар жерде сакал бар Мурунтадан макал бар» (СО, 2. 15) деген саптардын өзү М. болсо дагы, байыртадан эле элде, элдин сүйүктүү чыгармасы «Манаста» М-дын колдонулгандыгын айгинелейт. Ал эми эпостун ар бир вариантынан М.-ы-ды мол жолуктурууга болот:

Ар качандан бир качан
Жамандын жаны аялуу (СО, 2. 17).
Бадышадан башкага
Баркы болбос көөхар таш (СО, 2. 292).
Нелер келип, не кетпейт
Эр жигиттин башына (СО, 2. 151).
Туулмак бар, өлмөк бар,
Жакшылык менен жамандык
Туш-тушунда көрмөк бар (СО, 2. 18).
Адырмак тоого бел керек,
Азаматка эл керек (СК, «Семетей», 1. 183).
Өтүрүк сөз — өлгөн сөз,
Жалган айткан жаман сөз (СО, 1. 183).
Элди баккан жер өлбөйт,
Эр төрөгөн эл өлбөйт (КВ, «Семетей», 312).
Өзөндө күйгөн өрт жаман,
Өздөн чыккан жат жаман (СК, 2. 187).

«Манас» эпосунун окуяларынын, сюжетинин негизинде пайда болгон, эпостун өзүндө, эл оозунда айтылып жүргөн М.-ы-дын арбын бо-

лушу элдин бул чыгарманы терең кадырлагандыгынын бир белгиси. Алсак: «Эрди сайса ким сайды Аты калат Манаска» (СК, 2. 34) же болбосо Тайбуурулдун тартуу болуп кеткени, Семетейдин ажалынын жеткени; Чубактын кунундай чубалган иш; Ногойдон нойгут кем бекен, Чубактан Манас эр бекен?; Манас, Манас деп койсо барбая түшөт экенсиң, чала үйлөгөн чаначтай, дардая түшөт экенсиң; Көкөтөйдүн ашы — көп чатактын башы ж. б. көптөгөн М.-ы. эпостун сюжетинин негизинде келип чыккан.

Ы-ка караганда М-да дидактикалык маани күчтүү болот. Экөөнүн бири-биринен дагы бир айырмасы Ы-тын келип чыгыш тарыхы болгондугунда. Мис., Чубактын кунундай чубалган иш деген Ы. көпкө бүтпөй адамды убара кылган иш тууpасында айтканда колдонулат. Эпостогу М.-ы. чыгарманын көркөмдүгүн арттырып, мазмунун байытуу м-н чоң тарбиялык мааниге да ээ. Алар элдин дүйнөгө болгон көз карашын, басып өткөн тарыхын, эстетикалык түшүнүктөрүн чагылдырып, турмушту терең билүүгө, таптык сезимин ойготууга, курч, көркөм сөздөр м-н куралдандырууга, аларды пайдалана билүүнү үйрөтүүгө жардам берет.

*З. Бектенов, Ы. Кадыров*

**МАКЕЛ**, Малгун, Макел-Малгун — антроморфтук, жөө жомоктук-фантастикалык кейипкер. СОВдо бир эле М. дөө Макел-Малгун делип айтылса, СКВда М. дөө жок, Малгун, Мадыкан деген эки кейипкер дөө айтылат. Жалгыз көздүү М. дөөнүн образы — эпосту жараткан элдин мифологиялык жандыктар ж-дөгү түшүнүктөрүнүн байыркы үлгүсү. СОВдо М. дөө-мифтик салттык кейипкер. Анын элеси манасчынын баяндоосунда төмөнкүдөй сүрөттөлөт:

Ант ургурдун өзү бар,
Бакыраят ачылса,
Маңдайда жалгыз көзү бар.
Адам уулу билгисиз,
Аркы-терки сөзү бар
Байкаса адам үн өңдүү,
Оозун ачып сүйлөсө,
Обо жарган обону
Күркүрөгөн күн өңдүү,
Азат бойдон чыккан түк
Ажайган аюу жүнү өңдүү,
Аңдап көрсө дидаары
Ажыдаар түрү өңдүү (СО, 4. 224).

Эпосто «Үй ордуна киргени, үлкөн тоонун үңкүрү, кирип-чыгып жүргөнү, көз учкан таштын чуңкуру» болгон Макел дөөнүн эпикалык душман кол башчысына айланышынын өткөөл мезгили баяндалган. О. эле «тоодой болгон чоң Макел» деп өтө зор жандык катары сүрөттөлүп, «чоң киши», «тоо киши» дегенге жакын түшүнүктү бериши да — бул элестин түпкү теги байыркы адамдардын тоонун ээси ж-дөгү ишенимдери м-н байланышкандыгынын белгиси. Ал — үңкүрдө жашаганы м-н өзүнчө бир жомоктук-фантастикалык элдин башчысы. М., анын эли чөптөн тартып, бакдарактын тамырына чейин, кезиккен жан-жаныбарларды ылгабай жей берсе, эволюциялык өнүгүшүнүн кийинки этабында эми М. өзү да, эли да эпикалык душмандын башкы канына баш иет, анын союздашы катары сүрөттөлөт. Коңурбай Эсенкандын атынан М-ге чабарман жиберип, жардам сурайт, ал өзү да Коңурбайды союздашым деп таанып, Манас м-н урушууга келет. Бирок, М-дин образында эпикалык душман өкүлүнүн, анын союздашынын белгисине караганда жалпы адам баласына душмандык белгилери басымдуу. Өнүгүүнүн кийинки баскычтарына ылайык дөөнүн образындагы алгачкы салттык касиеттердин жаңыланганы даана көрүнөт. Натыйжада, адам уулуна каршы кара күчтөрдү элестеткен М. дөөнүн образы өзгөрүп, эпикалык душмандын белгилерине ээ болот. Ушуну м-н катар дөөнүн образындагы мифологиялык көрүнүштөр да белгилүү даражада сакталып калган. М. оңойлук м-н өлбөйт. Мындай өзгөчөлүк жалгыз көз дөөлөрдүн образына таандык салттык көрүнүш. Бирок, көрүнүшү тоодой, күчүнө жан туруштук бере албачудай көрүнгөн анын жанында алсыз өңдөнгөн адамзат акылдын, куралдын жардамы м-н жеңип чыгышы М. дөөнү Алмамбет м-н Чубак өлтүргөндөгү эпизоддо сүрөттөлөт.

Тоо жылып келе жаткандай көрүнгөн М. дөөнү үңүп жаткан Алмамбет баатыр «көк милтени чоктоп, Алмабаш мылтык октоп» жазы маңдайда жаркылдаган жалгыз көзгө кармай берет:

Ок көзүнө мылгыды
Чечекейи челектей
Жерди карай ыргыды (СО, 4. 243).

Маңдайда жалгыз «көзүнөн башка эч жеринде эти жок» ок өтүүчү жумшак жери болбогон М. дөөнү кереметтүү жөө жомоктордогудай уктап жатканда ысык темир шиш м-н көзгө сайып өлтүрбөстөн, мылтык м-н атып, курал, акылдын жардамы м-н жеңет. Көп элдердин фольклордук чыгармаларында жомоктук-фантастикалык дөөлөрдү жалгыз көзүнө кызарта ысытылган шиш м-н сайып, мылтык м-н атып өлтүрүү сыяктуу окшош сюжеттер көп учурайт. Моңгол-ойроттордун эпосунда башкы каарман мангустар (киши жечү дөөлөр) м-н согушса, «Одиссеяда» зор дөө (циклоп) Полифемди Одиссей оңой эле жеңет. Жалгыз көздүү дөөнү көзгө атып, анан өлтүрүү мотиви «Манас» эпосуна алда канча кийинчерек мылтык пайда болгон учурлар м-н байланыштуу кирген көрүнүш.

*С. Алиев*

**«МАКЕЛ ДӨӨ»** — манасчы Сагымбай Орозбак уулунун варианты б-ча «Манас» серияларынан жарык көргөн китепче (Фр., 1941). СОВ Б-ча басмага даярдаган Ыбырайым Абдыракман уулу. Латын ариби м-н басылган. «Манас» эпосунун «Чоң казат» эпизодунда жалгыз көздүү мифтик кейипкер Макел дөө, жомоктук «Маңгуба» деген жерде жашаган «сазаңшаң» деген мифтик элдин өкүлү болуп баяндалат. Кытай жерине чалгындап барган элдик баа-

тырлардан өлөт, к. *Макел дөө, Манастын сюжети.*

**МАКИЛ** — эпизоддук кейипкер, кытай балбаны. Манаска тарынган Чубактан кат алган Коңурбайдын Таласка чабуулунда М-ди Каныкей коригинен сайып түшүргөнү, Манас Дөөдүрдү, М-ди кошуп, жети балбандын башын алып салганы Каныкей жомогунда Семетейге баяндайт (СК, «Семетей», 1. 185).

**МАЛГУН** — антропоморфтук типтеги жомоктук-фантастикалык кейипкер, жалгыз көздүү дөө. Манасчылардын түшүнүгүндө жалгыз көздүү дөө чоң киши, жапайы киши, дөө адам дегенге жакын. Бул эпосто берилген аттардан



да байкалат. Мис., СОВдо жалгыз көздүү дөөлөр Адамдүк, «Сазаңшаңды бийлеген Макел-Малгун эр деген» деп бир эле дөөнү (к. *Макел*) кош ысым м-н атаса, СКВда эки дөөнүн бири «Мадыкан» делип, дагы бири М. деген ат м-н берилет. Жалгыз көздүү дөөлөрдөгү өлбөстүк касиет ж-а тоонун ээси экендиги ж-дөгү түшүнүктүн калдыктары М-дун образында сакталган. Чоң казаттын чалгын чалуу эпизодундагы эпикалык тоодо «алышса адамдын алы жетпеген, атышса огу өтпөгөн, жалгыз көз Малгун дөөнү» Алмамбет, Сыргак жалгыз көзүнө сайганда ал тоону карай качат (СК, 2. 132). Бул анын образынын түпкү теги тоо м-н байнышкан, тоонун ээси экендигин, ал тоого таянып, тоо м-н күчтүү болорунан кабар берет. Ошону м-н бирге М. дөөнүн образында жалгыз көздүү дөөлөрдү шарттуу түрдө сокур кылып өлтүрүү сюжети м-н байланышпаган мотив кездешет. СКВда гана айтылган М. дөө — зор ж-а күчтүү, найза тешпей, кылыч кеспей, ок өтпөй турган кадимки жалгыз көз дөө. Анын теги да мифологиялык түшүнүктөр м-н тыгыз байланыштуу. Ал көзүнөн ажыраганда да өлбөйт. Себеби М. жөнөкөй дөө эмес, «дөө-перинин шаарынан алып келип, окутулган, адам тили билгизилген», атайылап кароолго коюлган дөө. Анын дөөлүк касиетине адамдарга таандык көрүнүштөр кошумчаланган — башына туулга кийгизилген. Жалгыз көзүнөн ажырап, бирок көрбөй ой-тоого качып жүргөн дөөнүн башындагы туулгасын Сыргак ыргыта койгондон кийин гана эки баатыр аны өлтүрө алышат. Бул дөөнүн образынын улам кийинки доорлордогу эволюциясынын — адам түрүнө жакындашынын көрүнүшү. М-дун адам түрүнө жакын турган дөө экендигин анын кароолго турушу, кечилдердин каны болгондугу да айкындап турат.

Эпостогу жомоктук-фантастикалык дөөлөргө салыштырмалуу М-дун эпикалык образынын эволюциясын аныктай турган атрибут — шарттуу талуу жери «жалгыз көзгө сайдырып, чечекейден айрылса» да өлбөгөн магиялык касиети. Ал башына кийген кереметтүү туулга эпосто түз маанисиндеги коргонуучу согуштук кийим катары эмес, аллегориялык мааниде, кандайдыр жашыруун, сырдуу, касиеттүү күчкө ээ түшүнүгүндө мотивделген. Мындагы негизги максат ар кандай касиеттүү, сыйкырдуу нерселер сырткы күчтөрдүн каршылыгынан, таасиринен «коргоочу», «сактоочу» керемети бар экендигин билдирүү. Мындай ишенимдин түпкү теги байыркы адамдардын чектелген анимизмдик, магиялык түшүнүктөрү м-н байланышкан. Эпостогу жалгыз көздүү дөөлөрдүн алгачкы сапатын алда канча өзгөрткөн түрү М. дөө тибиндегилер өткөөл мезгилде тургандыктан мурдагы касиеттерин (киши этин жегендик, жалгыз көзүнөн ажыраганда өлүшү) негизинен жоготкону м-н жаңы өзгөчө сапат-касиеттерге ээ болот. Ансыз алар адамдар м-н бирдей болуп калат. Ошон үчүн Алмамбет м-н Сыргак М-ду өлтүрө албай убара тартышат:

> Ортого алып Малгунду
> Алты күнү сабады,
> Өлтүрө албай Малгунду
> Эки кыраан жадады (СК, 2. 132).

Мунун сыры М-дун дөөлүк касиеттен башка «сыйкырдуулук» касиетке да ээ экендигинде. Магиялык мүнөздөгү касиеттүү нерселердин касиетине ишенүү түшүнүгү огуздардын эпосундагы Депе-Гез (Төбө-Көз) дөөнүн эпикалык образында сакталган. Эпостун сүрөттөөсү б-ча жалгыз көздүү Депе-Гез дөөнүн магиялык өлбөстүк касиети анын пери энеси жакшылыкты каалап, сыйкырлап берген кереметтүү шакекке байланыштырылса, «Манас» эпосундагы М. дөөнүн магиялык касиети кереметтүү туулга м-н берилген. М-дун башындагы касиеттүү туулга түшкөндөн кийин гана магиялык сапаттан ажырап, ажал табат. Туулганын магиялык касиетке ээлиги ж-дөгү мотивди Орхон-Эне-Сай жазма эстеликтеринен да көрүүгө болот. Күлтегиндин урматына коюлган эстеликте: «анын соотуна жана кемселине жүздөгөн жебе кадалганы менен жез соот кийген башына бир дагы жебе тийген эмес». Мындагы маани талуу жер болгон башты калкалап турган атайын кийимдин өзгөчө

касиетинде эмес, түшүнүктүн теги анын магиялык күчкө ээ экендиги ж-дөгү ишенимдер м-н байланышкандыгында. Жалпы эле соот түрүндөгү жоо кийимдери эл турмушунда алда канча кийин пайда болгону тарыхый маалыматтардан белгилүү. Ал эми М-дун образындагы көзүнөн ажыраганы м-н туулгасынан ажырап, башы кесилмейинче өлбөстүк ж-дөгү түшүнүктүн эл арасында жашашы алда канча эски учурларга таандык экендигинде шек жок. Аны биротоло өлтүрүү үчүн атайын белгилүү шарттарды аткаруу зарыл. Адатта керемettүү жөө жомоктордо М. өңдүү сыйкырдык күчкө ээ кейипкерлердин сөөгүн өрттөп, такыр жок кылуу максатында күлүн сапырып жиберет. Ошондо гана ал жандык кайра тириле албай калат. «Манас» эпосунда бул өтө коркунучтуу душман ар кандай себептер м-н кайра тирилип кетпесин үчүн сөөгүн (денесин) өрттөп жиберүү ишеними кийинчерээк өз маанисин өзгөртүп, шарттуу түрдө өлтүрүлгөн дөөлөрдүн денесинен башын кесип алуу мотивине байланыштырылган. Магиялык күчкө ээ жандыкты өлтүрүү үчүн талап кылынуучу атайын аракеттер ж-а ырым-жырымдык белгилер түрүн өзгөрткөн формада М-дун образында да сакталган. Чалгынга барган баатырлардын М-ду өлтүрүп, башын кесип алып кетишинин эки мааниси бар. Биринчиден, бул жерде эң коркунучтуу жоону жеңгендиктин белгисин көрүүгө болот, анын далили катары башын алып барып Манаска көргөзүү; экинчиден, бул иш-аракеттин мааниси — денеден башты бөлүп эле таштап койбой, душманды кайра тирилип кетүү мүмкүнчүлүгүнөн таптакыр ажыратуу. Кээде ушул расминин өзүнчө бир көрүнүшү жөө жомоктордо өлтүрүлгөн душмандын денеси м-н башын кесип алып кетүү аркылуу магиялык күчтү жок кылуу ырымынын бир түрү катары берилет. Эпосто:

Бир чапканда Алмамбет
Чоң Малгунду сойгон соң
Алмамбеттен шер болбойт,
Эрдинен тешип Малгунду
Артып берсе атына
Малгун жалгыз башына
Кайран Сыргак тең болбойт (СК, 2. 132),— деп сүрөттөлөт. Мындан М-дун эпсиз чоңдугун, өтө коркунучтуу мифтик жандык экенин, ошону м-н бирге анын башын кесип алып, бир жагын таш м-н теңдеп артып, б. а. кордоо жолу м-н магиялык касиет, күчүнөн ажыратуу расмисин көрүүгө болот. Эпос муну м-н өтө коркунучтуу, жаратылыштан тышкаркы кара күчү мол жомоктук-фантастикалык жандык болбосун, алар кандай гана жаңы белгилерди алып, идеялык өзгөрүүгө учурабасын, жеңиш дайыма адилеттик үчүн күрөшкөн элдик баатырлар тарабында болорун сүрөттөп көрсөткөн.

М. тибиндеги сыйкырдуу күчкө ээ кейипкерлерди кайра тирилбесин үчүн башын кесип алуу же сөөгүн өрттөп, күлүн чачып жиберүү кыргыздардан башка элдердин эпосторунда да кеңири жолугат. Алтайлыктардын «Алтай-Буучай» эпосунда башкы баатырдын эки аты эки бүркүт болуп кубулуп, Алтай-Буучай м-н Эркемелдин сөөгүн душмандар өрттөп кетпес үчүн эч ким таба албай турган токойго алып барышат. Камчы-Жээрен аты дары издеп кетет, калган эки ат, эки шумкар, эки тайганы сөөктөрдү кайтарып калышат. Ал эми якуттардын олонхосунда айыылар абаасыны өлтүрүлгөндөн кийин денесин өрттөп жиберип, башын жыгачка сайып адилеттиктин жеңишинин символу катарында илип койгондугу ж-дө айтылат.

*С. Алиев*

**МАЛДЫБАЕВ** Абдылас (1906, Кемин р-ну, Кара-Булак айылы —1978, Фрунзе) — кыргыз совет композитору, ырчы (тенор) ж-а артист.



СССР эл арт. (1939). Кыргыз ССРинин Токтогул атн. мамл. сыйл. лауреаты (1970). Кыргыз ССРинин иск-вого эмг. сиң. ишмери (1937), Кыргыз профессионал музыкасына негиз салуучуларынын бири. 1922—24-ж. Алматы казак-кыргыз агартуу ин-тунда, 1924—29-ж. Кыргыз пед. техникумунда окуган. Москва консерваториясында Кыргыз улут студиясынан (композиция классы б-ча 1940—41-ж. Г. Литвинскийден, 1947—50-ж. В. Фереден)



А. Малдыбаев — Күлчоро. «Айчүрөк» операсы, 1939.

таалим алган. В. А. Власов, В. Г. Фере м-н бирге кыргыздын тунгуч улуттук операсы «Айчүрөк», «Манас» операсына музыка жазган. О. эле ал драма ж-а опера спектаклдеринде бир катар элестүү образдарды түзгөн. «Айчүрөк» операсынан эң алгачкылардан болуп Күлчоронун ролун аткарып, анын эпикалык маанайдагы образын артисттик чоң чеберчилик м-н көрүүчүлөргө тартуулаган.

**МАЛИКОВ** Кубанычбек Иманалиевич (1911, Үч-Эмчек айылы, азыркы Аламүдүн р-ну — 1978, Фрунзе) — кыргыз совет акыны, Кыргыз ССР эл акыны (1969), Кыргыз ССРинин Токтогул атн. мамл. сыйл. лауреаты (1978). Кыргыз ССРинин иск-восуна эмг. сиң. ишмер (1947).



Ал кыргыз элинин адабий мурастарын изилдеп, пропагандалоого зор салым кошкон. Кыргыздын улуттук туңгуч «Айчүрөк» операсынын либреттосун (Ж. Бөкөнбаев, Ж. Турусбеков м-н бирге), «Манас» операсынын либреттосун (А. Токомбаев м-н бирге) жазган. Ата Мекендик согуш алдында «Сейтек» операсынын либреттосун жазып бүтүргөн. 1940—45-ж. «Манас» сериясы деген наам м-н түрдүү эпизоддор б-ча жарык көргөн китепчелердин катарында М-дун мектеп жашындагы балдарга арналган *«Манастагы элестер»* (1941) аттуу китеби бар. «Манастын» төрт томдук курама вариантынын 1—2-китептерин («Манас» бөлүгүн) басмага даярдаган, о. эле «Манаска» байланыштуу жазылган көптөгөн макалалардын автору. М. Ленин ордени, Эмгек Кызыл Туу, үч «Ардак Белгиси» ордендери ж-а медалдар м-н сыйланган.

**МАЛКАРА** — *Байжигиттин* күлүгү. Маңас Алмамбеттин келишине арнап өткөргөн тойдогу ат чабышта марага үчүнчү болуп келет (СО, 2. 340).

**МАЛТОРУ** — *Бакайдын* байгеге чапкан күлүгү. Көкөтөйдүн кара ашындагы ат чабышта тогузунчу болуп келет (СО, 3. 58).

**МАМАЙ**, Сарай-Мамай — Алтын-Ордонун аскер кол башчысы. 1360—70-жылдары өлкөнүн башкаруучусу. 1380-ж. Токтомуш анын ордосун басып алган. М. *«Мажму ат-таварихте»* Манастын союздаштарына каршы согушка катышып, туткунга түшөт.

**МАМАТБЕК** — эпизоддук кейипкер. Тажик аксакалы. Каныкейдин нөкөр кызы *Маарамкандын* атасы. Каныкейге күйөөлөп барганда М. Манас м-н Ажыбайды тосуп алат (СО, 2. 397).

**МАМБЕТ** — кейипкер. Кыргыздын уруу башчыларынын бири. Эпосто уруулар арасында болгон жыйындарга, кеңештерге катышат (СО, 3. 58, 71, 76).

**МАМБЕТ** Чокмор уулу (1896, Тоң р-ну, Корумду деген жер — 1973, Тоң р-ну, Бөкөнбаев айылы) — манасчы. М. өз вариантын жаздырып жүргөн учурунда кайсы манасчыдан кандайча таалим алгандыгын айтпай, «Манас баатырдын өзү айтмайынча же «Манасты» өз дилинде айтпаса, жаттап бүрөөдөн үйрөнүп алууга болбойт» деген.



Башка манасчылар сыяктуу эле ал да Манас баш болгон чоролордун аян берүүсүнөн, «айтасың» деп кыстаганынан кийин гана «Манас» айтып калгандыгын эскерет. 20 жашында Тастар-Ата деген жерде жүрүп, уктап калганын же талып калганын өзү билбейт. Ошондо көзүнө көк туу көтөргөн кошун көрүнөт. Алардын ичинен бөлүнүп чыккан бирөө буларды тааныйсыңбы деп опузалайт. М. таанымбастыгын айтканда бирөөнүн «найза менен сайып ташта» деген үнү угулат. Жанына келген киши: «Коркпо, Манас ушул, эми сен Манасты айтасың»,— деп аттан түшө калып М-тин төшүнүн оң жагына мөөрүн басат. Ошондон кийин М. өзүнчө жалгыз жүргөн учурларында «Манасты» айта баштайт. Бирок, ага ошол учурда бирөөлөр жолугуп калса же көрсө эсинен танып жатып калчу экен. Мына ушундай абалда жүрүп, эл арасына барып айтпагандыктан, ал бир жак ыптасынан шал ооруга чалдыгат. М-тин ушул абалын байкаган таекеси Дөңүзбай аны эл арасына алып чыгып биринчи жолу бетин ачат. Ошондон тартып эл аралап «Манас» айтып калат.

М. Чокмор уулунан «Манас» үчилтигинин бөлүмдөрү («Манас», «Семетей», «Сейтек») «Манас» секторунун кызматкерлери тарабынан 1965—73-жылдардын аралыгында жазылып алынган. М-тин айткан вариантында «Манас» эпосундагы айтылып жүргөн салттык окуялар бүтүндөй камтылган. Окуяларды сүрөттөп берүү ыктары көпчүлүк манасчылардыкына жакын. Бирок, айрым бир окуяларды куруу, мотивдерди талкуулоо ж-а сүрөттөө көрүнүштөрү б-ча башка варианттардан мүнөздүү айырмачылыкка ээ. Эпостун мазмуну Манастын түпкү тегин баяндоо м-н ачылат. Манастын түпкү атасы башка варианттарда жолукпаган, бирок элдик уламыштын каармааны Асанкайгы болот. Анын балдарынын аттары аталып, ошол учурда кайсы кандар м-н жамаатташ тургандыгы ж-а чачылып, айдалып кетиши ж-дө да өзүнчө баяндалат.

Жакыптын жакын тууганы Аталыктын баласы Көзкаман бийлик талашуунун негизинде Жакыпка каршы чыгып, аны өз жеринен айдап жиберет. Жакыптын тентиши ж-дөгү идея мотивдештирилсе да сөз эпикалык душмандар ж-дө болбостон, ички ага туугандарынын ортосунда болгон араздашууга алып келип такайт. Мына ушундай себептердин натыйжасында Жакып аялдарынын сөзү м-н өлүм жа-

засынан кутулуу үчүн айылын таштап качууга аргасыз болот.

Көзкамандардын өкүмүнөн кийин Жакып аялдарын зэрчитип бир топ эл-жерди кыдырып, акыры Арстанбапка келип токтоп, жер айдап, эгин эгип дыйканчылык кылат. Бул жерден ал башка жерге которулбастан акырында өз жерине кайрылып келет.

Манас башка варианттардагыдай Алтайда эмес, Арстанбап тарапта төрөлөт. Анын дүйнөгө келиши баатырлардын сыйкырдуу төрөлүшү ж-дөгү салттык ык м-н эле баяндалат. М-тин айтуусунда ичтен капкактуу түшөт. Кайыптын добушу ал капкакты жарып чыгат. Баланы караса эки колу бекем түйүлгөн. Түйүлгөн эки колунда кан болот.

Башка варианттарда Манастын балалык кези койчулуктан башталып, андан соң анын калмактар м-н болгон алгачкы айкаштары эпостун лейтмотивин түзүүчү баатырдык жүрүшкө багыт берип турат. Ал эми М-те негизинен тарбиялоонун багыты башка варианттарга үндөшкөнү м-н эпостун мазмунунун жүрүшү кандайдыр жомоктук мүнөздө айтылат. Манастын тентектигине ж-а баш бербестигине чыдабаган Жакып энеси экөөнү айдап жиберет. Таалим-тарбияны ж-а молдолук окууну таятасы Карачаныкында жүрүп үйрөнөт. Бирок, канчалык тарбияланса да Манастын өз билгенин бербестиги, тентектиги күчөй берет. Анын мүнөзү эрезеге жетип, чоң жортуулга чыкканда гана токтолот.

Манас таятасы Карачадан келгенден кийин кандарды издеп айылынан чыгып өзүнө чоро болуучу кандарга жолугат. Мунун ичинен Кошой м-н жолугушканы кененирек баяндалып, Кошойдон Кожонун кызы Билерик ж-дө угат. Андан соң Манас алты пирге жолугат. Ушул сыяктуу көп жүрүштөрдөн кийин гана Манас элине келет.

Негизги варианттарда (СОВ м-н СКВда) Жаангер Кожонун же Айкожонун баласы Билерик ж-дө кеңири пландагы баяндама берилсе, М-те Билерик Кожонун кызы болуп аталат да Кошойдун сөзүндө гана эскерилет. Демек, варианттардын биреөндө уул бала болсо, экинчисинде кыз бала болуп, айырмачылыкка ээ.

Ушул сыяктуу өзгөчөлүктөрдү МЧВнын эпизоддорунан да учуратабыз. Манастын Каныкейге үйлөнүшүндөгү башка варианттарда айтылган кыз издөө, кудалашуу, кызды алып келүү, Манастын Каныкейден жарадар болушу сыяктуу урунттуу окуялардын берилиши МЧВда да толугу м-н сакталган. Бирок, манасчы ушул окуяларды өөрчүтүүдө эпостун сюжетин жомоктук багыттагы мазмундун негизинде трактовкалаган. Манастын кандарды кыдырып келишинен кийин элинде болгон жыйында ага аял алып берүү ж-дө сөз козголуп, Каракандын кызы Каныкейди алып беришмек болушат. Кыз издөөгө Жакып каршы болот. Кыз издөө, элчилик милдет Агыш, Үрбү, Жангазы, Элчибай ж-а Бөкөйгө тапшырылат. Алардын кыз издегени, жолдо көргөн азап-тозогу манасчы тарабынан кеңири баяндоого алынат.

Манастын башкы эпикалык душманы Алооке ж-дөгү баян МЧВда өзүнчө эпизод катарында айтылган. Алооке өзүнүн үстөмдүгүн тегерегиндеги кандарга көрсөтүп, аларды бүтүндөй каратып алат да жеңилбей дагы кайсы кандар калды дегенде Эдиге аттуу билерман жигити Манастын жөнүн айтат. Аны уккан Алооке Манастын элин камайт. Ошол учурда Манас кырк чилтендин азгыруусу м-н Аккуланы минип айылынан чыгып кетет. Ортодо майда окуялар баяндалат да, бир топ эпикалык мүнөз өткөндөн кийин Манастын өзүнө тиешелүү курал-жарагы, кийимдери колуна тийгендиги айтылат.

Эпостогу Көкөтөйдүн ашы бардык варианттарда чоң эпикалык жүрүштүн башталышына түрткү болгон эпизоддордон болуп саналат. Ашта кыргыз ж-а аларга союздаш кандар Манастан запкы көрүп, кек сактап калышат да ага каршы чыкканы бардык манасчыларда бирдей айтылат. Бул вариантта дагы айрым бир аталыштар же окуялардын айтылышы сыяктуу көрүнүштөрдөн айырмаланганы болбосо, башка варианттардагыдай эле Көкөтөй канга берилген аш, анын шаан-шөкөтү ж-дөгү окуялар сүрөттөлөт.

«Манас» эпосунун финалдык бөлүгүн түзгөн жыйынтыктоочу эпизоддордун бири «Чоң казат». Бул эпизод бардык варианттарда туруктуу түрдө учурайт. Негизги сюжеттик нук ж-а окуянын өөрчүтүлүшү композициялык жактан көпчүлүк манасчыларда негизинен бирдей эле мотивдер аркылуу баяндалат. Мындай жалпылыкка карабастан айрым манасчылар айтуу манерасына, үйрөнүү салтына жараша кээ бир деталдуу көрүнүштөрдү ж-а окуяларды талкуулоодо башка манасчылардан өзгөчөлөнүп тургандыгы байкалат. Анткени, манасчы эпосту айтып жатканда жалпы сюжеттик нукту сактаганы м-н айрым бир көрүнүштөргө же окуялардын түшүндүрүлүшүнө, пейзаждын сүрөттөлүшүнө келгенде эргүү сезимине жараша башка манасчыларды кайталабастан, өз өнөрканасына мүнөздүү чыгармачылык күчкө басым жасайт.

Негизинен үчилтиктин экинчи ж-а үчүнчү бөлүгү айтылган вариантта өзүнүн салттык өзөк окуяларын сактаган. О. эле бул вариантта ысык-көлдүк манасчылардын мектебинде айтылган салттык эпизоддор бар экендигин да эстен чыгарбоо керек. «Семетей» бөлүмү өз ичине Каныкейдин Чыйырды м-н Семетейди алып Букарды көздөй качканы, Каныкейдин Тайторуну чапканы, Семетейдин Сарытаздан өзүнүн жери м-н эли ж-дө укканы, Семетейдин Букардан аттанып чыкканы, Таласка келип Абыке, Көбөштөн алты мүлктү алганы, кайра Букарга келгени, Букардан Таласка көчкөнү, Абыке, Көбөштүн каршылашып кырк жигитти зэрчитип качышы ж-а курман болгону, Семетейдин Толтой м-н болгон кармашы, Айчүрөккө үйлөнгөнү, Коңурбайдан өч алганы, Семетейдин өлүмү сыяктуу бардык варианттарда туруктуу учуроочу өзөк окуяларды камтыйт. Жогоруда аталган туруктуу эпизоддор сакталганы м-н манасчы

тарабынан айрым окуялар, мотивдер, образдардын талкууланышы башка варианттардан өзгөчөлөнүп баяндалуу м-н өзүнчөлүк мааниге ээ. СКВ м-н ЖСВда Бакай төө кайтарып калса, ШРВда элин бөлүп өз алдынча жашайт. Ал эми МЧВда Бакай Жакып м-н анын балдары Абыке, Көбөшкө моюн бербестен, алар м-н кандуу кармашка чыгып, Каныкейди качырганга жардам берет. Каныкей качканда түз эле Букарга атасыныкына барам деп чыгат. Анын башка элге баруу ж-дөгү ою атасына тарыныч кылып Каракандын жолдон кезиккен жигитине айткан сөзү башка варианттардын айрымдарында учураганы м-н өзгөчөлөнтүп Бакай м-н болгон кеңеште мотивдештирилген. Ал эми бул вариантта жолдо чарчап-чаалыгып калган мезгилде Каныкей тарабынан тарыныч иретинде гана айтылган сөз катары белгилөөгө болот. Каныкейдин Букарга келгенден кийин атасы м-н кеңешип ачык эле Манаска аш берип, Семетейдин эл, жерин таап, атасындай баатыр болор бекен деп төлгө кылып ат чаба тургандыгы манасчы тарабынан ачык айтылат. Башка варианттарда болсо мындай мотивдештирилген эпизод жок.

Семетей м-н Коңурбайдын кармашына чейинки мезгилди ичине алган окуяларга бир топ майда окуялар киргизилген. Бирок, манасчы тарабынан кошумчаланган майда окуялар, сюжеттин өзөк окуяларына анча таасир бербестен ж-а өзгөртпөстөн, тескерисинче негизги окуяларга органикалык түрдө биригип кеткен. Буларга Күлчоро м-н Канчоронун ж-а Чынкожо м-н Толтойдун окуялары, Чачыкейге байланыштуу айтылган баяндамалар манасчы тарабынан өз алдынча трактовкаланып, окуяларга жаңы мазмун, мотив бергени м-н эпостун негизги сюжеттик нугунан чыкпастан толуктап турат. О. эле Айчүрөктүн баатырларды сынашы башка манасчылардагы мотив м-н үндөшсө дагы СОВдо айтылгандай эпикалык арымына жеткире сүрөттөлгөн эмес. Канчоронун ичине кек сактап калуусу башка варианттарда Семетейдин Толтойдун атын соогатка сураганда чылбырды Күлчоро тарапка үйрө ыргытып коюусунан чыгат. Ал эми бул вариантта ушул эле мотив сакталат да Семетей тарабынан Канчоро мындан сырткары дагы эки жолу кагуу жейт.

Башка варианттардагыдай эле Семетей Канчоронун азгыруусу м-н күмбөзгө келип жарадар болот. Күлчоро Семетейди үңкүргө алып барып жашырат да Кумайык м-н Акшумкарга табыштап, өзү Канчоро, Кыястын колу м-н кармашып жарадар болуп колго түшөт.

Семетейдин ордосу таланып, Айчүрөккө Кыяс нике кыйдырып, барымтага ж-а аларга кошуп Күлчорону алып кетүүсү м-н «Семетей» эпосу аяктайт.

Үчилтиктин «Сейтек» бөлүмү деле жалпы салттык өзөк окуяларды ичине камтыган. Башка манасчыларда кездешүүчү Айчүрөктүн колго түшүп, Кыяска кетиши, Сейтектин төрөлүшү ж-а бойго жетип, Күлчорого жолугушу, өз эл, жери ж-дө угушу, душмандан өч алуу, ата мекенине кайрылып келүү сыяктуу урунттуу эпизоддорду учуратабыз.

Жогоруда аталган урунттуу эпизоддор бардык манасчыларда салттык түрдө айтылса да ар бир манасчыда окуялардын мотивдештирилиши ар башка аспектиде ачылган. Бирок, мунусуна карабастан сюжеттин конструкциясы бузулбай, мазмунга өзгөртүү киргизилбестен калыбында калган. Манасчылардын таалим алуу мектебине жараша ар башка трактовкалоо, мотивдештирүү, окуяларды өөрчүтүү жолдору ар кыл экендигин көрүүгө болот. М-тин айтуусунда «Сейтек» эпосунун мазмунунда негизинен элдик турмуш кенен сүрөттөөгө алынган. Кандуу кагылыш, баатырлардын кармашы, курч ситуациялык окуялар дээрлик жокко эсе. Бул эпосто деле башка манасчыларда баяндалгандай Күлчоронун көргөн кордугу, кыйналуусу кеңири планда баяндалып сүрөттөлөт. Сейтектин төрөлүшү, ага карата Кыястын жүргүзгөн терс ойлору, Айчүрөктүн аракеттери, ж. б-лар ж-дөгү белгилүү окуялар камтылган. МЧВда «Семетей» м-н «Сейтек» эпостору толугу м-н жазылып алынган.

*К. Кырбашев*

**МАМБЕТАЛЫ** Ашымбай уулу (1897, азыркы Ак-Суу р-ну, Кайырма-Арык айылы — 1969, ошол эле жер) — манасчы. М. бала кезинен жомокторду, элдик санжыраларды, уламыштарды берилип уга турган. Айылдагы жаштардын көңүл ачкан «Кыз оюну», «Селкинчек» өңдүү оюн-зооктордон калчу эмес. Өзү да ыр чыгарып, оюн-тамаша куруп, жаштардын арасында жамактатып ырдап жүрөт. Бара-бара ал өз айлында ырчы аталып кетет. М. жаш кезинен «Манаска» абдан кызыккан. 16—17 жаш чамаларында Көл башындагы жомокчу Чоюке айлына келип, кыштап «Манас» айтат. Анын айтуусунда эпосту бир канча жолу угуп, чыгарманын негизги окуяларын, белгилүү сюжеттик мотивдерди, поэтикалык жалпы орундарды үйрөнүп, таалим алат. Мына ошондон тартып М. «Манас», «Семетей» бөлүмдөрүнөн үйрөнгөн эпизоддорун эл алдында айта баштайт. Улам башка чоң манасчыларга жолугуп, билгенин толуктап, өркүндөтүп турган. М. жашаган айылга кошуна айылда чоң жомокчу Назар жашап өткөн. Анын уулу Жүгөрү да «Манас» үчилтигин толук айткан жомокчу болгон. М. Жүгөрү м-н көпкө бир жүрүп, анын айткан «Манасын» угуп, өзүнүн билгендерин толуктаган. Мындан башка М. Улуу-Тоолук (Тянь-Шандык) манасчы Шапак Рысменде уулунун да «Манас» айтканын бир нече жолу угуп, айта билүүнүн чеберчилигин үйрөнгөн. Бардык манасчылар сыяктуу эле М. да өзүн-



дөгү айтуучулук шыктын жаралышын кандайдыр бир сырткары күчтүн колдоосу, б. а. түш көрүү салты м-н байланыштырат. М. коллективдештирүү мезгилинде жер коом шериктигине ж-а алгачкы артелге өзү баштап кирген. Колхоздо иштеп жүргөндө, айылдык шайырлар м-н бирге эмгек талаасында колхозчуларга эс алуу учурунда «Манас» айтып көңүл ачкан. Кийин Караколдогу өздүк көркөм чыгармачылык ийримине катышып, райондун аймагын кыдырып, элге «Манас» айтат. 1939-ж. Москвада өткөн кыргыз адабияты м-н иск-восунун декадасына катышат. Ал ошол жылдан тартып Ысык-Көл обл. драм театрында артист болуп 1944-жылга чейин иштейт. Ден соолугуна байланыштуу ал артистикти таштап, өз айлында жашап, өмүрүнүн акырына чейин эпосту дайыма чыгармачылык м-н өнүктүрүп айтып келген.

М. манасчыдан «Манасты» жазып алуу иши алтымышынчы (1962, 1967) жылдары башталган. Эпостун «Манас» бөлүмүнөн: Манастын Каныкейге үйлөнүшү, Көкөтөйдүн ашы, Алмамбеттин аңгемеси, Коңурбайдын чабуулу (Чоң казат), Манастын өлүмү деген эпизоддор жазылып алынган (КФ, 231—234-инв.). Аталган эпизоддордун мазмуну төмөнкүчө баяндалат: Эпостун бардык варианттарында айтылган туруктуу салттык чоң эпизоддун бири «Манастын Каныкейге үйлөнүшү» эпизоду М-нын вариантынан да орун алган. Эпизоддо Манастын Каныкейге үйлөнүшү ж-а Манастын кыз Сайкал м-н беттешкени деген белгилүү эки сюжет бириктирилип берилген. Манастын Каныкейди алышы белгилүү сюжеттердин бири катары кыска түрдө баяндалат. Окуянын башталышында эле Чубак ж-дөгү баян кыска берилет. Эрдигине чиренген Чубак баатыр Каракандын шаарына барып, Каныкей м-н жекеме-жеке сайышып жеңише албайт. Эңишке түшүп Чубак алдырып коё турган болгондо качып жөнөйт. Артынан кууп келаткан Каныкей, ууда жүргөн Манас м-н Бакайды көрүп сынайт: «Ичи көлдөн кең экен, Телегейи тең экен, Шай колдогон эр экен» (КФ, 231-инв., 3-б.),— деп Манас купулуна толот. Каныкей кайра тартат. Манас намазын окуп болуп, Кара-Зоонун түбүнөн балта жутар көк жору тууп кеткен күчүк таап алат. Аны бага турган ылайыктуу ургаачы жалгыз Каныкей болгондуктан, ага күчүктү багып берсин деп Кыргылчалдан берип жиберет. Кийинки жылы Манас күйөөлөп барганда, көп азап м-н багып чоңойткон күчүк Суртайган болуп, кыздар оюн куруп жатканда коломтодогу сексөөлдүн чогуна куйругун чаап алат. Колуктусун алганы келген Манас баатыр Кумайыктын куйругунун учу күйүп калганын көрүп «Күчүктү жакшы бакпаптыр Кызыңда албаймын»,— (КФ, 231-инв., 5-б.) деп айтып каарданат. Баатырдын күйөөлөп барышы, колуктусунун болочокку кайнатасынын оор тапшырмаларын аткарышы ж-а кыз-күйөөнүн ортосундагы чатак ж-дөгү көрүнүштөр жөө жомоктук, эпикалык «даяр» сюжеттерден. Бул сюжеттердин теги баатырдык үйлөнүү темасы м-н байланышып, улам кийинки доорлорго ылайык өзгөрүүгө дуушар болгон. Башка элдердин эпосторунун эпикалык баатырлары сыяктуу эле Манас да бир нече аял алгандыгы ж-дө өзүнчө поэтикалык окуялар баяндалат. Эпостун негизги варианттарында Манас калмак каны Кайыпдаң кызы Карабөркө, Ооган каны Шооруктун кызы Акылайга үйлөнгөндүгү ж-дөгү эпизоддор салттык түрдө айтылат. Бирок бул экөө баатырдын чыныгы аялдары эмес. Манаска багышталган, «маңдайына жазылган» аял башка. Ал — Каныкей. Өзүнө жакын Саякбай Карала уулунун варианты сыяктуу эле М-нын айтуусунда да Манас Каныкейди албай кетип калат. «Алты жыл салбар кылганда, албаймын деп калганда» Бакайдын арага түшүшү м-н окуя аяктайт. Ага улай Шооруктун кызы Акылай төрөбөй койду, нойгуттун каны Карачанын кызы Сайкалды аялдыкка аламын деп Манас оолугуп, Бакай, Чубак ж-а Сыргак, Серек эгиз эрди ээрчитип кыз Сайкалга аттанат.

Мыкты болсо Манасың
Бир сайыш менен чабышта
Тие турган мен эмес
Ала койчу ал эмес (КФ, 231-инв., 6-б.),—

деп Сайкал жекеме-жеке беттешүүдө Бакай м-н Чубакты жеңет. Эр сайышта эки чыгаан баатырын ат үстүнөн сайып түшүргөн кыз Сайкалга каршы Манас өзү чыгат. Экөөнүн беттешүүсү намыс талашуу, өз беделин коргоо мүнөзүндө болот да, Манастын ээрден арты кылтайып, үзөңгүдөн бут тайып, атынан оой баштаганын көргөн Алмамбет баатыр тууралдан кирип, ортого жетип, Манасты куткарып калат. Кайра бир беттешүүдө жеңилген Сайкал «О дүйнөлүк» жар болууга убадасын берет. «Манас» эпосунун варианттарынын көбүндө бул сюжет өз алдынча вариацияалары м-н кездешет.

Кыргыз элиндеги адамдын дүйнөдөн кайтышына ж-а аны жерге коюуга байланышкан салттык расмилер М-дан жазылып алынган Көкөтөйдүн ашында кеңири сүрөттөлөт. Поэтикалык жактан күчтүү сүрөттөлгөн окуянын киришүү бөлүмүндө Көкөтөйдүн образы жагымдуу сүрөттөлөт. Көкөтөй көп жашаган, көптү көргөн, жыргалчылыкты ж-а кыйынчылыкты эл м-н бирге тарткан акылман карыя катарында көрсөтүлөт. Карыганча балалуу болбой жүргөн Көкөтөй бай жоголгон кызыл нарын издеп жүрүп үйдөй болгон кызыл таштын түбүндө чөгүп жаткан нарынын оң өркөчүнүн түбүнөн ымыркай бала таап алат. Ал ж-дө эпосто:

Билгендери айтчу эле
Нурдан бүткөн бала деп,
Билбегендер айтчу эле
Айсалкын өзү тууп алды деп (КФ, 231-инв., 19-б.) —

чоң той берип, баланын аты Бокмурун коюлат. Эселек уулу эр жетип, он экиге толгондо Көкөтөй ооруп, өлөр алдында мураскысы Бокмурунга керээзин айтат: Мекедеги Акеэнди, Кошойду чакыр, зыйнатыма тур-

сун. Энеңдин тилин ал, Кошой м-н энеңдин айтканына макул бол деп, Көкөтөй көз жумат. Анын жылдык чоң ашын берүү үчүн Бокмурун Ташкенден Каркырага көчүп, ашка ар түрдүү элди чакырат. Ашка келген кытай-калмак улуктарынын ичинен Нескара каапыр м-н мусулмандын алптарын сынашы, Манастын жоктугунан пайдаланып Мааникер тулпарды тартууга бер деп Бокмурунга кыр көрсөтүп опузалашы, эси чыккан Бокмурундун ашты башкарган Кошой олуяга келип акылдашканы, Кошойдун кеңеши б-ча Таластан Манас ашка чакыртылып келиши, Мааникерди душман тарапка бердирбей коюшу СКВга жакын планда сүрөттөлөт. Айырмачылыгы «Манасыңды чакыртпайм, Манасың качан киши эле Манасың жок аш берем» (КФ, 231-инв., 17-б.),— деп Бокмурун Кошойдун айтканына көнбөй, энеси Айсалкындын кийлигишүүсү аркылуу макул болгонунан көрүнөт. Манаска мындай кекирейүүгө Бокмурундун байдын дөөлөт мас баласы болушу түрткү болот.

Аштын аземи башталат. Баатырлык кара күч, эрдик, аткычтык, айлакердиктерин сынашууга эпостун негизги каармандары — кыргыздар тарабынан Манастын өзү, анын атактуу чоролору — Кошой, Алмамбет, Бакай, Чубак, Сыргак ж. б. катышса, экинчи тараптан алар м-н эрегишип жүргөн эзелки баатыр жоолор — Коңурбай, Жолой, Нескаралар ж. б. чыгат. Жар чакырылып, байгеси жарыяланып, чабыла турган аттар айдалат. Аттар келгиче, эл зерикпесин деп мелдештин башка түрлөрү ирети м-н жарыяланат. Эр сайышка Коңурбай чыгат. Аккуланы ат чабышка кошуп жиберген Манас сайышка минип чыгууга ылайыктуу ат издеп турганда Айсарала ат минген, сары рапыс тон кийген Алмамбет баатыр келип, баштатан кеги бар ал Коңурбайга каршы сайышка чыгууга суранат. Манас баатыр: «Алакандай буруттан Адам чыкпай калды деп, Бизден кеткен качкын кул Алмамбетти салды деп Күбүр кылып калбайбы» (КФ, 232-инв., 10-б.),— деп намыстанып Калкамандын Кара атын минип, Сарала тулпарды бош коштоп чыгып, сайышка түшөт. Нескара м-н Кошой алп баатырларга калыс болуп турушат. Манас Коңурбайды аттан түшүрө сайып өлтүрөрдө «кыргыздын колу аз» деп Кошой токтотот. Балбан күрөшкө чыккан Жолой дөөгө каршы барууга кыргыз, аларга канаатташ, максатташ жашаган казак, өзбек ж. б. ашка келген түрк элдеринин белгилүү баатыр, балбандар баш тартканда, Манастын өтүнүчү б-ча Кошой алп өзү чыкмак болот. Кийүүгө ылайыктуу кандагай, Каныкей атайылап даярдаган шымды кийген Кошой «эркек балалуу бол!» — деп бата берет. Кошой бата бергенде аны м-н кошо ал жерде чогулган мусулмандарга кошулуп каапырлар да бата кылат (Семетей ошол батадан бүткөн бала делет). Узакка созулган күрөштө Жолойду жыгып, Кошой намыс алат. Экинчи жолку күрөштө кытайлардын түктүү таман Түкүбай балбанын чыканактай эр Агыш ташка чаап өлтүрөт. Төө чечмейге каңгайлардын Ороңгусу чыгып тиешелүү байгени алды. Жамбы атууда каапыр м-н мусулмандын ичинен эч кими ата албай койгондо Сыргак атып түшүрүп согуш өнөрүнө маштыгын көрсөтөт. Улак тартыштын байгесин эки тарап бөлүп алат. Чоң байге сайылган тулпарлар жарышында Манастын Аккуласы м-н Жолойдун Суркуласы тең келе жатканда Алмамбет баатыр Аккуланы сүрөөнгө алып, ал чыгып келет. Өзүлөрү катышкан салттык мелдештерде жеңилип, байгенин көбүн алдырып ыза болгон Коңурбай, Жолой баш болгон калмак, манжулар «Суркула чыгар мезгилде кылганын эми көрдүңбү» деп көптүгүнө салып байгени талап киришет. Үтүрөңдөп тил кайырган Жолойду Манас булдурсун м-н төбөгө тартып жибергенде, жаагы айрылып кеткенин көргөн Коңурбай ж. б. калмак, манжу улуктары ичине кек сактап кетишет.

Негизги варианттын бири эсептелген СКВда Алмамбеттин окуясы чоң казатка аттанган жолдогу «Тал-Чокуда» анын өз сөзү аркылуу кеңири айтылса, МАВда Көкөтөйдүн ашына улай Алмамбеттин аңгемеси өзүнүн монологу аркылуу кыска түрдө баяндалат. Алмамбеттин өмүр таржымалы анын Бээжинден качып чыгып Көкчөгө келгенге чейинки окуялары СКВга окшош мотивде берилет. Анткени Ысык-Көл мектебинин өкүлдөрү болгон эки манасчы эпостогу салттык туруктуу чоң эпизод — Алмамбеттин баянынын бирдей мазмундагы негизин өзгөртпөстөн, өздөрүнүн айтуучулук чеберчилигине жараша поэтикалык салымын кошконун, кемиткенин байкоого болот. СКВда Алмамбеттин Көкчөгө келип турушу, андан кетишинин себеби, Манаска кандайча, кимдин кеңеши б-ча келгени деталдаштырылып сүрөттөлсө, МАВда бул мотивдер эскерилбейт да, окуянын кийинки сюжеттик жүйөлөнүшүндө өзүнчө өзгөчөлүктөрү м-н башкача аспекте мотивделген айырмачылык бар. Маселен:

Алтайдын канын өлтүрүп
Шаңгай кирди деп уктум,
Шаңгайдын канын өлтүрүп
Каңгай кирди деп уктум,
Сары-Аркада Көкчөгө
Келгениң алты жыл болду деп уктум.
Карадан туулуп, ак болуп,
Калмактан качып жат болуп
Көрбөсөк да билбесек
Алтын айдар, чак белбоо
Кол алышып коёлу
О, Алмамбет аманбы? (КФ, 231-инв., 9-б.),— деп Манас өзүнө тете Алмамбет баатыр м-н табышып таанышканы күбө. Ал эми Алмамбет өзүнүн кытайдан биротоло кетишинин себептерин уккан Каныкей м-н Бакайдын өтүнүчү б-ча аларды Манаска айтпас үчүн ант кылышы ж-а Манастын тарынычынан улам Бээжиндин укмуштай чеп экени, душман чек арасын кайтарган сакчылардын бар экени негизинен СКВга жакын айтылат.

Манас, Манас болуп Таласта турганда кырк чоро кезектешип, кароолго жарым айдан барчу экен. Чубакка кезек келип, жер чалып чы-

гып Коңурбайдын көп кол м-н келе жатканын көрөт. Калмактардын чалгынчыларынан экөөнү өлтүрүп, аттарын бош коштоп айылга келет. Чубактын эл арасында эрдиги м-н кадыр-баркка ээ болушуна Манастын чоролорунун ичтери күйөт. Чоролор Манас өзү кадырлаган Чубакты эч себепсиз жөн эле кетирип жибербесин билишет. Ошондуктан «Манасты Чубак билди деп, Каныкей менен ойнош деп Ынандырып алалык» (КФ, 232-инв., 61-б.) деген бүтүмгө токтошуп турганда Каныкейдикине Чубак келип кымыздан тартылган арак ичип кызып калган учурда Манас келет. Ушундай ыңгайлуу абалдан пайдаланып Кыргылчал Манаска Чубакты жамандап ортолоруна чагым салат. Ала көөдөң Манас ак, караны аныктабай туруп эле Чубакты жектейт. Манастын мындай мамилеси чоролоруна да таасирин тийгизет, аларга жага бербей калат. Чоролорго сабатып, ызаланткан Манаска тарынып Чубак көчүп кетет. Манас Каныкейди салбар кылып таштап, Акылайга барат.

Чубактын тарынып кетиши, Манастын Чубак м-н Каныкей көңүлү жакын деп күнөм санашы Саякбай Карала уулу м-н Багыш Сазан уулунун варианттарына жакын берилет. Бирок М-нын вариантында бир аз айырма бар. Анын айтуусу б-ча Чубак Коңурбайга кат жазат. Манас ооруп, төшөктө жатат, Алмамбет улак тартышып жүрүп колун кокустатып алды деген каттагы маалыматтан улам, Коңурбай көп кол м-н Манаска каршы аттанып келип Таласты камайт. Баскынчы Коңурбай Манастан Аккула, Аколпок ж-а Каныкейди тартууга берүүнү талап кылат. Кыргыздар амалдуу акыл ойлошуп: «Урушту жети күнгө токтото туралы, кеңешели, эл макул болсо сенин тартууңду берели» — деген жообун берет. Согушту токтотууга Коңурбай макул болот. Бакай Каныкейди Чубакка жиберет. Эпосто Чубакты ээрчип Манастын куту, б. а. колдоочулары кошо кеткендей сүрөттөлөт. Бирок Каныкей барары м-н Манастын колдоочулары ээсинин курчоодо калганын сезип, «Манас бир өлмөктөн үч өлсүн деп кекээрдеп турган Чубакты таштап жөнөшөт:

Манасты колдогон кырк чилтен
Кайра тартып калыптыр.
Адырдан чыгып ак кулжа
А да кетип баратат,
Кара чаар арстан
Тилин салып акактап
Капталдап ал да кетип баратат,
Боору кара, сырты көк
Боз ала туйгун ителги
Кайра учуп баратат (КФ, 232-инв., 76-б.).

Каныкейден чочулаган Чубак Таласка келип, душмандарга каршы жеке салгылашат. Мындан кийинки эки тараптын негизги баатырлары катышкан жалпы уруш сүрөттөлөт. Беш-Таштын башы жайлоодон аскери м-н Алмамбет келет. Салгылашта колго түшкөн Манастын карындашы Карлыгачты куткарат. Баскынчы душмандар чегинип, качат.

Манасчы М-дан «Манас» эпосунун согуштук эпизоддорунун эң негизгиси болгон «Чоң казат» эпизоду жазылып алына баштаган. Бирок, эпостун соңку окуялары МАВда кеңири планда деталдаштырылып берилбестен, сомологон түрдө жондотуп айтылган мүнөздө: Манас баатырдын амалдуу Коңурбайдан жарадар болушу, чоролордун ж-а Аккуланын окко учушу, согуш бүтүп, Манас жерине кайтып келип курман болгон баатырларды катуу кайгырып угузуп, кан кусканы, оорусу күчөп, оңолбосун сезип, Кошой, Айкожо, Сайкал, Көкбөрүгө кабар бер деп керээз айтышы, Каныкей Тайбуурулду мингизип Ажыбайды кабарга жибериши, чакырылган адамдар м-н коштошуп Манастын көз жумушу, Каныкей Эчкилинин Кара-Зоого күмбөз салдырып сөөгүн коюшу СКВга жакын баяндалат.

Жомоктун биринчи бөлүгүнө караганда анын экинчи бөлүгү — «Семетей» эпосунун сюжеттик системасы жыйынтыктуураак, тыканыраак болуп, бири-бирине уланып, тыгыз байланышкан түрдө баяндалат. Эпостун сюжетин андагы окуялардын мүнөзүнө ж-а сюжеттик сызыктын багытына ылайык бир нече топко бөлүүгө болот: 1) жетим калган Семетейди өлүмдөн сактоо үчүн Букарга алып качуу, 2) Семетейдин балалык чагынын Букарда өтүшү ж-а өз атасын, эли-жерин билиши, 3) Семетейдин Таласка келиши, 4) өз туугандары м-н талаш-тартыштары ж-а кагылыштары, 5) Айчүрөктүн учушу ж-а ага Семетейдин үйлөнүшү, 6) Семетейдин Коңурбай м-н согушу, 7) Семетейдин өлүшү сыяктуу элге кеңири белгилүү окуялар толук сакталган. «Семетей» варианттарына таандык салт б-ча мында да болочокку баатырдын жаш кезиндеги өмүрү толгон коркунучтарга дуушар болот: акылман Каныкей балтыр бешик Семетейди корголотуп Абыке, Көбөштөрдөн алып качат. Букарга бара жаткан жолдо кыйынчылыктарга учурашат. Азыгы жок ач болуп, шайы кеткен «качкындар» дөбөгө суй жыгылып жатканда көктө учуп жүргөн жору түшүрүп жиберген өпкөнү Каныкей Семетейге бышырып жедирет ж-а ак марал эмчегин эмизет. Ал маралдын сүтү жеке эле Семетейди тойгузбастан, анын энеси м-н чоң энесине да азык болуп күч-кубат берет. Бул эпизоддо болочок баатырдын башына кыйынчылык келгенде «колдоо көрсөтүп, жардам берген маралдын элеси аркылуу элдин байыркы тотемдик түшүнүгүнүн калдыгы берилген. Качкындарды издеп тапкан армандуу Бакай олжого түшкөн Бозжоргону Чыйырды, Тайбуурулду Каныкей минип, жол азык алышып, Үрбүс деген дайрадан өтүп Букарга жакындашат. Ит агытып, куш салып сейилдеп чыккан Ысмайылга жолугушат. Бакай Букарга келишинин себебин түшүндүрөт. Баш калкалап качырып келген Семетейдин тагдыры, келечеги үчүн кам көрүп, аны Ысмайылга тапшырып, он экиге толгондо өзүмө көрсөткүн деп Бакай аманат сөзүн айтып кайра Таласка кайтат. Семетей эр жеткенде Букардан Таласка көчүп келет.

Семетейдин балалык чагы таятасыныкында өтөт. Семетей сыяктуу атасынан эрте жетим

калган бала таятасыныкында тарбиялануу, атасынын кимдигин кийин башка биреөдөн угуп келип, энесинен кыстап суроо ж-а акыры чындыкты билип, эли-жерин издеп чыгуу көптөгөн элдердин эпосторунда, жөө жомокторунда салттык мотивдерден. О. эле эпостук салт б-ча болочокку баатыр бала күнүндө өтө тентек болуп өсүшү да эпосто атайын белгиленип көрсөтүлгөн. Он экиге толгондо:

Баланы карап олтурсаң
Кадимки өткөн Манастай,
Айдыңы бар Таластай,
Ага арбак конгон Манастай (КФ, 233-инв., 121-б.) болгон Семетейдин тентектигин койдуруу үчүн таятасы аны өз ордуна кан шайлайт. Ушул тойдогу Каныкейдин Тайторуну чапканы болочокку баатырдын тагдырын сыноонун дагы бир түрү ж-а төлгөгө чабылган ал ат чыгып келгендиги аркылуу жеке эле Семетейдин өзгөчө баатыр болору алдын ала эскертилбестен, анын балалык доорунун бүтүшүнүн да далили. Бул эпизод аркылуу баатыр өсүп эр жетти, күчкө толду, өз эл-жерин табууга убакыт жетти деген түшүнүк берилет.

МАВда да жетим өскөн Семетейге ата-тегинин жайын айткан Сарытаз ага жөн-жай кабарлабайт, баланын намысына тийип, баатырдык сезимин козгоп сүйлөйт. Сарытаздын сөзү аркылуу эркек бала сөзсүз атасынын өчүн алуусу керек, атасынын уруусунан башка урууда, жерде жүргөн бала кимдигине, жеке сапатына карабастан кул, энесинин уруусу балага таята, тааке катары эсептелет деген эпос чагылдырган доордун түшүнүк идеалдарынын негизинде берилген.

Энесинен өзүнүн чыныгы тек жайынын ким экендигин аныктап билгенден кийин Семетей элин издеп жөнөйт. Бул сюжет «Каныкейдин жомогу» эпизодунда берилет. Болочокку баатырдын өз жерине, тууган элине келиши да толгон жышаандар м-н байланышкан. Семетейди эл карысы Бакай баш болуп, Манастын Суртайган, Акшумкар, Желмаянына чейин зор кубаныч м-н тосушат. Бул зооморфтук образдар аркылуу Манастын ордун баса турган, ага тете эл башчы баатыры келди, элдин самаганы орундалды, күткөн тилегине жетти деген ой берилген. Атасынын ордун басуудагы Семетейдин укугун анын туугандары турмак душмандары да тана алышпайт.

Семетей баатырдын өз туугандары — чоң ата м-н неберенин, ага м-н ининин ортосунда болгон талаш-тартышы кеңири сүрөттөлөт. Тууган жеринде Жакып баш болгон өз туугандары анын атасынан калган курал-жарактарды берүүдөн баш тартышып ар түрдүү кастыктар иштешет. Чоң атасы Жакып бозого уу кошуп берип небересин өлтүрмөк болот. Ички душмандык иштерди Семетейдин аталаш туугандары Абыке, Көбөштөрдөн да көрөт. Алар бийликке зордук м-н жеткендиктен андан ажырагысы келишпейт, элдин ыркын бузуп, Семетейдин күч-кубатын кетирүү максатында Манастан калган чоролорду баатырга каршы тукурушат. Чынында Семетейдин баатыр катарындагы биринчи кадамы да сырттан келген душмандарга эмес, өз туугандарына каршы күрөшүүдөн башталат. Семетей туугандарына каршы күрөштү Көбөштөн баштайт, аны ж-а чыккынчылык кылган кырк чорону жайлайт. Ошон үчүн Жакып м-н Абыке, Көбөштөрдүн Семетейден жазаланышы элдик көз караш, түшүнүккө туура келип, адилеттиктин жеңиши катарында кубатталат.

Эпосто Семетей эки жолу үйлөнгөн болуп сүрөттөлөт. Анын биринчи аялы — Чачыкей. Ага үйлөнүү кыргыз элинде эскиден бери келе жаткан белгилүү салтка байланыштуу түшүндүрүлөт. СКВда Чачыкейди Семетейге Темиркан таятасы алып берсе, МАВда Темиркандын иниси Шаатемирге Бакай куда түшүп кызы Чачыкейге Семетейди үйлөндүрөт. Бирок Чачыкей баатырга ылайыктуу жар эмес. Эпостук байыркы салттын таламдарына ылайык Семетейдин өзү үчүн жаралган, маңдайына жазылган өмүрлүк жары бар. Ал — Айчүрөк. «Семетейдеги» андан кийинки окуя жомоктук-фантастикалык элементтер м-н шөкөттөлгөн лирикалык-романтикалык мүнөзгө ээ баатырдык үйлөнүү тематикасына байланышкан.

Семетей м-н Айчүрөк өзүлөрү төрөлө электе аталары Манас м-н Акункан бел куда болушкан. Бул эпостогу эң байыркы көрүнүшкө ылайык Манас уулдуу, Акункан кыздуу болуп, Көкөтөйдүн ашында батадан бүткөн баланын аты Семетей, кыздын аты Айчүрөк коюлат. Кудалашып койгон Айчүрөктү күч м-н тартып алмакчы болуп, Манастын кыйыр тууганы Чынкожо ж-а жедигер элинин баатыры Толтой биргелешип кол курап келип, кыздын атасы Акункандын шаарын камайт. Кысымчылыкта турган элин куткаруу үчүн Айчүрөк болочокку жары Семетейди издеп, аккуу кебин кийип учуп жөнөйт. Нечен сонун жерлерди, ар түрдүү элдердин нечен алп баатырларын көрүп, аларды сынайт, бирок Таласка эч бир жер, Семетейге эч бир алп-баатыр тең келбейт. Айчүрөктүн учуп жүрүп ар кайсы баатырларды сындап өтүшү, Чачыкей м-н жолугушу, акыры Семетей экөөнүн ортосундагы жакындык сезимдин берилиши эпоско лирикалык мүнөз берип турат. Семетейди ээрчитүү максатын көздөп, куш салып сейилдеп жүргөн кезинде анын шумкарын алып качат. Шумкардын жоголушунун дайнын билген Семетей эки чоросун алып, Айчүрөк м-н таанышып, эли Чынкожо, Толтой тарабынан чабылганы жаткан Акункандын калаасына келип, Айчүрөктүн элин коргоо үчүн урушка кирет. Семетей, Күлчоро, Канчоронун эрдиги, айлакерлиги кең түрдө берилген согуштук сүрөттөр м-н көрсөтүлөт. Ээликкен душман жеңилет, Семетей Айчүрөккө үйлөнүп, той-тамаша өткөрүлөт. Семетейдин Чынкожо, Толтойду жеңип, Айчүрөккө үйлөнүшү башка варианттарга көп жагынан жакын, үндөш окуя катары сүрөттөлөт.

Семетей элине келгенден кийин ынтымагы ыдырап, урууларга бөлүнгөн элдин башын ко-

шуп, тынч турмушту калыбына келтирет да, атасы Манастын ала албай кеткен өчүн, кегин кууп алуу ж-дө кыялданат. Бакай м-н кеңешип, Коңурбайга каршы аттанат. Жоо жерине бараткандагы жүрүш, жол, чалгын, кароолчу жандыктар ж-а уруш көрүнүштөрү эпостун биринчи бөлүгүнө бир топ окшоштугуна карабастан, өзүнчө стиль, ык м-н кызык сүрөттөлөт. Бул урушта Семетей жарадар болот, денесине токтоп калган окту Айчүрөк аял затынан артыкча сапаты, касиеттүүлүгү аркылуу түшүрүп, айыктырат. Коңурбай келгендерден ок жаңылган Семетейди бирде өлдү деген кеп укса, бирде жок өлө элек деген ушак-айың кеп угуп, аны чаап алмакчы болуп тымызын келип Таласты камайт. Согушта колго түшкөн Коңурбай кутулбасын билип, Семетейди алдап достошуп бир жолу ажалдан аман калат. Ага алдатканына Семетей өзү да, Бакай, Күлчоро да абдан кейийт. Бирок кийинки жолку бүт эл катышкан урушта эзелки каардуу жоо Коңурбай Күлчоро тарабынан башы кыя чабылып, ажал табат.

Кыргыз элине тынчтык бербеген Коңурбай баш болгон сырткы баскынчы жоолор жеңилип, эл бир азга тынчыйт. Ал эми мурунку окуяларда, күндөлүк турмушта өзүнүн арамзалыгын, кыйдылыгын, мансапкорлугун, дүнүйөкорлугун билгизбей тымызын жүргөн эки жүздүү Канчоро эми сырын сыртына чыгара баштайт. Ал эр Толтойдун баласы Кыяс м-н байланышып, Семетейди өлтүрүүнүн тымызын планын түзөт. Бул план б-ча Манастын доорундагы Чоң казатта окко учкан атасы Көкчөнүн кунун кууп келип Семетейден каза тапкан Үмөтөйдүн (Каныкейдин сиңдиси Акеркечтин баласы, Семетейдин бөлөсү), кунуна Тайбуурул тулпарды тартууга бердирет. Тулпардан айрылган Семетей атасы Манастын күмбөзүнө сыйынууга барганда, ошол жерде Кыястын жашырынып жаткан көп колу чабуул коюп, Канчоронун катышуусу м-н Семетей катуу жарадар болуп өлөт. Семетейге чын дили м-н адал кызмат кылган Күлчоро өлгөн Семетейдин денесин кайыпчынын кара үңкүргө алып барып катат. Урушта колго түшкөн Күлчоронун далысынын кечирин кестирип Кыяс жылкычыларына кул кылат.

«Семетей» эпосунун идеялык мазмуну туулган жерди, элди сырткы баскынчы жоолордон гана эмес, эл ичинен чыккан ички чыккынчы, мансапкор, дүйнөкор арамзалардан сактоого арналган ж-а эркиндик, сүйүү темасына да чоң маани берилген.

Эпостун үчүнчү бөлүгү «Сейтек» поэмасындагы окуялар экинчи бөлүктүн уландысы, андан ары өнүктүрүлүшү катарында баяндалат. Бөлүмдүн окуяларын мүнөзү жактан эки топко бөлүүгө болот: элдик кайгыны, оор азапты баяндаган бөлүм. Буга Семетейдин өлүмүнөн тартып, Сейтек эр жеткенге чейинки окуяларды бүт киргизүүгө болот. Кыянатчыл оюн ишке ашырган Кыяс боюнда үч айлык бала м-н жесир калган Айчүрөктү, оң далысы кесилген Күлчорону туткунга алып кетет. Чыккынчы Канчоро Чачыкейге үйлөнүп, бийликти колуна алып, оюна келген өкүмүн чыгарып, элди кыйнап эзген бийлик ээси болуп калат.

Кыяс олжолоп алып кеткен Айчүрөктү болбогонуна карабастан, өзүнө нике кыйдырат, Күлчорону отунчу кулга айландырат. Сейтек төрөлгөндө Кыяс аны өлтүрмөкчү болот, бирок Айчүрөктүн эрдигинен ж-а кереметтүүлүгүнөн коркуп оюн ишке ашыра албайт. Өгөй атанын колунда тарбияланган Сейтек өзүнүн чыныгы ата-теги, туулган эли, атасынын достору ж-а душмандары ж-дө чындыкты Күлчородон угат. Бул бөлүмдө далысынын кечири кесилип, отунчу кулга айланган Күлчоронун муңу, Каныкейдин зары, Айчүрөктүн арманы сыяктуу таасирдүү эпизоддор сүрөттөлөт. Баатыр өскөн жаш бала биринчи кезекте атасынын кеңешчиси Күлчорону кулдуктан куткарат. Чоң атасы Манастын досу Кызылсарт табылтан айыккан Күлчоро кадимкидей баатырдык күчкө толуп, Сейтекке кошулуп Кыясты өлтүрүп, Таласка келет. Торпок кайтарган аянычтуу абалдагы чоң энеси Каныкейге жолугат.

Каардуу Канчоро кандын ээүүсүндө жаткан эл көптөн эңсеп күткөн баатырлары келгенде, аларга бүт көтөрүлүп жардам берип, Канчоронун кандуу бийлигинен кутулуп, Сейтекти башчы кылып, тынчтык турмушка жетишет. М-нын айтуусунда да сырткы жоолордон кем түшпөгөн ички душмандар м-н күрөшүүдө бүт элдин, эл сүйгөн баатырлардын көргөн кордугу, тагдырынын трагедиясы ишенимдүү реалдуу түрдө сүрөттөлгөн. О. эле Коңурбайдын уулу Музкөкөр ж-а Бозкертикти жеңип, сырткы баскынчы эң акыркы жоолорду талкалап, элдин ээүүсү жок эркиндик заманга жетүүсү м-н эпостун «Сейтек» бөлүгү аяктайт.

Манасчы М-нын айтуусундагы үчилтиктин ар бир бөлүмү СКВга көп жагынан жакын. Бирок айрым сюжеттик жүйөлүштөрү өзүнчө өзгөчөлөнүп айтылгандык да учурайт. Ал Алмамбет баатырдын кырк чоро күтүп, кытайдан качып чыкканда артынан кууп келген Коңурбайдын колу м-н урушта чоролордун кыргын болушу өңдүү айырмачылыктан көрүнөт. О. эле Алмамбеттин Манаска келиши Көкөтөйдүн ашында айтылат. Мындай өзгөчөлүктөрдү үчилтиктеги каармандардын орун алышынан, көркөмдүк жагынан да учуратууга болот.

*С. Алиев*

**МАМЫРДЫН КАРА САЗЫ** — топоним. Жакыптын Алтайда жайлап турган жери (СО, 1. 232).

**МАМЫРОВ** Муңдук (1928, Тоң р-ну, Туура-Суу айылы) — адабиятчы, «Манас» изилдөөчү. Филология илимдеринин кандидаты (1964). Пржевальскидеги педагогика окуу жайын (1945) бүткөн. 1945—47-ж. Тоң р-нундагы Туура-Суу жети жылдык, «Коммунизм» орто мектептеринде мугалим. 1947—51-ж. Фрунзедеги педагогика ин-тунун филология факультетин бүтүп, ошол эле жылдан ин-ттун кыргыз тили ж-а адабияты кафедрасынын аспиранты (1951—54). 1954—57-ж. КМУнун филология

факультетинде окутуучу. 1957-жылдан Кыргыз ССР ИАнын Тил ж-а адабият ин-тунун «Манас» секторунда кенже илимий кызматкер, 1967-жылдан улук илимий кызматкер, 1986-жылдан Кол жазмалар ж-а жарыялоо бөлүмүнүн улук илимий кызматкери. М-дун «Манас» эпосуна арналган негизги эмгектери: «Саякбай Каралаевдин «Манас» эпосунун идеялык-көркөмдүк өзгөчөлүктөрү» (1962), ««Семетей» — «Манас» трилогиясынын экинчи бөлүгү» (1963), «Орус окумуштуулары «Манас» эпосу жөнүндө» (1967), «Адабият башаты» (1986). Манасчылардын чыгармачылыгы, алардын өзгөчөлүгү, эпостун алгачкы айтуучулары ж-а анын чыгышы ж-дө маселелерди козгогон макалалардын автору.

*А. Абилов*

**МАМЫТ** Алдаяр уулу (качан туулгандыгы ж-а өлгөндүгү ж-дө маалымат жок) — «Манас» аткаруучу Манасчы Сагымбай Орозбак уулу ж-а Тоголок Молдонун «Манас» вариантынан жаттап үйрөнгөн үзүндүлөрдү эки дептерге жазып алган. Биринчи дептерде: Кандардын Манаска каршы кеңеши, экинчи дептерде: Манастын дүйнөдөн кайтышы, анын ашына даярдык көрүү эпизоддору жазылган. М. жазып тапшырган «Манас» эпосунан үзүндү Кыргыз ССР ИАнын Кол жазмалар фондусунда сакталып турат (КФ, 178-инв., 365, 95-б.). 1278 сап ыр араб тамгасы м-н жазылган. Сагымбайдын варианты жазылып жатканда ар кимдер көчүрүп ала беришкен. М. да кай бир үзүндүлөрүн көчүрүп алып, чала жаттап алган. Кол жазмада окуянын араларындагы көп ыр саптар түшүп калса, кай бир ыр саптары кошулуп жазылган.

Кандардын Манаска каршы кеңеши ж-а Чоң казаттын башталышында жылкы тийген элдик баатырлардын эпикалык душман м-н болгон алгачкы айкашы Сагымбайдын вариантынан алынган үзүндү болсо, Манастын дүйнөдөн кайтышы, анын ашка даярдык көрүү деген темада берилген окуя Тоголок Молдонун вариантынан алынган.

**МАМЫ-ТАШ** — Соңкөлдүн тескейинде «Жылдыз-Көл» аталган майда көлдөрдүн чыгыш тарабындагы таш тулгалар ж-а *Аккуланын мамысы* м-н чогуу жаткан таш. М.-Т. таш тулгалардын биринен 4—5 *м*дей обочо жерде. Ал жерден 90 *см*дей чыгып турат, канчасы жер астында экени белгисиз. Аккуланын мамысынан саал ичке, төрт кырдуу. Уламыш б-ча таш тулгадан бышырган оокаттарды ат м-н ташып жеткирип турган чабармандын аты байланууучу мамы делет.

Мамы таш (Соңкөл өрөөнү).



**МАМЫТБЕКОВ** Зайыр Чакиевич (1923, Жети-Өгүз р-ну, Желе-Дөбө айылы —1986, Фрунзе) — адабиятчы, «Манас» изилдөөчү, котормочу. Ленинград мамл. ун-тин бүтүргөн (1952). Филология илимдеринин кандидаты (1963). М-дун илимий ишмердигинин негизги тармагы «Манас» эпосун изилдөө болуп эсептелет. «"Манас" эпосун изилдөөнүн кээ бир маселелери» аттуу эмгегинде 16-к-дын башында жазылган «Мажму ат-таварихти» иликтеп, аны кыргыздардын турмуш-тиричилигин изилдөөдө маанилүү тарыхый-этнографиялык булак катары караган. Ч. Валиханов, В. В. Радлов, сүрөтчү Б. В. Смирнов, этнограф Г. Алмаши жазып алган тексттердин өзгөчөлүктөрүн азыркы варианттар м-н салыштырып изилдеген. М. «Манас» эпосунда кыргыздардын турмушу менен күрөшүнүн чагылдырылышы» (Бишкек, 1993) деген (өлгөндөн кийин жарык көргөн) монографиянын да автору.

**МАНАС** — эпостун биринчи бөлүгүнүн борбордук башкы оң каарманы. Эпос б-ча кыргыз элинин чексиз кайрат-күчкө ээ эң башкы баатыры ж-а алардын бардык урууларынын башын кошуу м-н аны тыштан басып кирүүчү ар кандай күчтүү жоолордон коргоп, ата журттун эркиндиги, элдин элдигин сактаган саясий биримдиги үчүн күрөшкөн жигердүү даанышман кол башчысы, каны. Дүйнө элдеринин оозеки чыгармачылыгынын эпикалык үлгүлөрүндө борбордук негизги оң каармандын жарык дүйнөгө келиши, ага каармандын келечекте аткаруучу негизги миссиясынын тикеден-тике байланыштуу болушу — салттык көрүнүш. Муну м-н элдик философиянын оптимисттик көз карашы — жамандык канчалык күтүүсүздөн келип, канчалык оор болсо да, ага каршы тура алуучу жакшылык күчтүн болору, ал акыры салтанат- курары белгиленген. Эпикалык ушул салтка ылайык М. кыргыз элинин башына каран түн түшүп, «бири айдалып Эренге, бири түшүп кетип кайра чыккыс тереңге» күчтүү жоо тарабынан чабылып, ата конуш жеринен туш-тушка зордук м-н сүрүлүп, чилдей таратылганда туулат. Кыргыздарды баш коштуруп турган Каракан (кээ бир варианттарда Ногой кан) каза болгондо анын уулдары:

> Атасынан жаш калып,
> Акылдан такыр бош калып,
> Калың кара көп журтту
> Кармай албай маң болуп,

Ар кылган иши кам болуп (ШР, КФ, 100-инв., 2-б.) бийликти тышкы душманга тарттырып жиберишет. Мында акылдуулук баатырдык м-н кыргыз элин биримдикте кармап, күчкубатын арттырып, тышкы жоодон сактанууга



Т. Т. Герцен. «Манас». 1991.

кудуреттүү кылган Каракандын (Ногойдун) иши даңазаланып, анын өзүндөй боло албаган уулдарынын чабалдыгы, жөндөмсүздүгү астыртан сындалат. Эл ишин ойлогон бек айбат уулдары болбосо, эл ушинтип, тышкы жоого жем болуп, чабылып-чачылары белгиленет. Ошону м-н элдин камын ойлогон нагыз баатырдын төрөлүшү зарыл экенине көңүл оодарылып, элдин ошондой чоң мүдөөсүн жүзөгө ашыруучу азамат М. экенине басым жасалат. Ал ата журтунун башына түшкөн кыйын кезеңди жок кылуу үчүн элдин тилеги м-н атайы жаралганы алдын ала көрсөтүлүп, ал кийин бүт өмүрүн ушул ыйык ишке, элди, жерди сактоого жумшайт. Элди бөлүп-жарып, талап, туш келди тараткан жоодон өч алат, кыргыздарды өз мекени Ала-Тоого кайрадан ээ кылат, аларга тилектеш, тектеш башка элдер м-н бириктирип, тышкы жоо басып кире албагандай бекем күчкө айландырат. Элдин түшүнүгүндө мындай улуу миссия үчүн атайы төрөлгөн адам катардагы эле бирөө эмес, кандайдыр адаттагыдан тышкары болууга ж-а ошол укмуштуулугу, өзгөчөлүгү алдын ала сезилип турууга тийиш. Ошондуктан, чыгармада анын бойго бүтүү, төрөлүү, эр жетүү процессине кеңири көңүл бөлүнөт. Элдик оозеки чыгармачылыктын эпикалык салттарына ылайык М. узакка баласыз жүргөн карыган ата-эненин кудайга зар какшаган тилегинен бойго бүтөт. Укмуштуу бала төрөлөрүнө алдын ала ар түрдүү аяндар берилет: эне-атасы укмуштуу-кереметтүү түш көрөт, энеси жолборстун жүрөгүнө талгак болот, төрөлөрүнөн алда канча жыл мурун душманынын сыйкырдуу китептерине (бичик, даңза) аты жазылып, алардын сезин алат. Энесинин төрөтү катуу болот, бир колуна кан, бир колуна сүт ууччай түшүп, кан төккөн баатыр гана эмес, ак көңүл, кең пейил, жоомарт адам болору дайын болот ж. б. СКВда ал төрөлгөндө «Асмандан кудайдын нуру чачылып, зилзала жүрүп кетет» (СК, 1. 54). Эпикалык чыгармалардагы мындай типтеги төрөлүүнү В. Г. Белинский: «Бул — баатырдык төрөлүүнүн чексиз бийиктиктин, күчтүүлүктүн апофеозу»,— деп мүнөздөгөн. Табияттын ар түрдүү кереметтүү күчтөрү М-ты төрөлүшүндө эле эмес өмүр бою коштоп жүрөт. Эпостун белгилүү варианттарынын бардыгында ал төрөлөрдөн алда канча мурун ата-энеси элдин көз карашында тартынбастыктын, кайраттуулуктун, баатырдыктын, күчтүүлүктүн үлгүсү болгон ажыдаар, алп кара куш, кара чаар кабылан, сур жолборс өңдүү жаныбарларды түштөрүндө көрүшөт ж-а ошол түштөрү аркылуу ушул жаныбарларга таандык артыкча сапатка ээ эркек бала төрөлөрү билинет. «Манас» эпосунун сюжетинин андан наркы өнүгүшүндө Чыйырды, Жакыптын түшүнө

Т. Герцен. Манас.



кирген ошол жаныбарлар Манастын колдоочуларына айланып, классикалык тотемдердин бардык белгилерин сактап, анын функцияларын аткарышат (к. *Тотемизм).* М. жоого киргенде ошол тотем жаныбарлар сүр-айбат болуп коштоп жүрөт:

Ажыдаар, жыланы
Артынан сойлоп алыптыр.
Көсөө куйрук, көк бөрү
Көк жал эрдин жөкөрү
Көтүнөн ээрчип алыптыр.
Алп кара куш арбайып
Асмандан бутун салыптыр...

О. эле алар М-тын башына ар кандай кыйынчылык түшкөндө жардамга келишет, керек болсо өлүмдөн да сактап калышат. Мис., СОВдо Көзкамандардан ууланып өлүм алдында жаткан М. өзүн издеп келген чоролору Сыргак м-н Серекке мындай дейт:

Мени дагы чоролор,
Бейсаадат бенде дебеңер,
Жолборстон болор жолдошум,
Коркпостон болор колдошум,
Жолборстон жолдош келүүчү
Жот дары алып берүүчү.
Бөрүдөн бөлө келүүчү,
Бөлөкчө дары берүүчү,
Илбирстен ини келүүчү,
Искеме дары берүүчү,
Аюудан ага келүүчү
Ак дары казып берүүчү.
Өлөт деп жүрөт оюңар,
Өкүнүчтү коюңар (СО, КФ, 1794-инв., 437-б.).

Эпосто Манастын кереметтүү жаныбарлар м-н байланышы мындан да терең сүрөттөлгөн учурлар кездешет. Саякбай Карала уулу «артын сала бергенде ажыдаар түрү бар, астын сала бергенде алты миң эрдин сүрү бар» экенин белгилесе, Сагымбай Орозбак уулу Манастын каары келгенде адамдык түсү жоголуп, жолборс түрүнө өткөнүн айтат. Көкөтөйдүн ашында М-тын Үрбүгө ачуусу келгендеги турпаты төмөнкүчө сүрөттөлөт:

Арстан сыны баатырдын
Азыр чыга калганы.
Баткалашта мараган,
Кабыландай караган,
Ар качандан бир качан
Ачуусу ишке жараган,
Чагарак куйрук, чаар тон
Чамынганы соо болбос
Шаңы чыкты сур жолборс (СО, 3. 158).

Мындай мотивдер — түрк элдеринин эпосторунда типтүү салттык көрүнүштөрдөн. Мис., «Огуз-Намэде» келечектеги башкы каармандын тышкы көрүнүшү: «Буттары буканын бутундай, бели бөрүнүн белиндей, ийни киштин ийининдей, көкүрөгү аюунун көкүрөгүндөй болду»,— деп сүрөттөлөт. Якуттардын «Сүйң Джаасын» олонхосунун башкы оң каарманы: «алдынан караса ачыккан карышкырга, артынан караса каардуу кары аюу түрүндө» болот.



Г. Петров. Манас.

Тотем жаныбарлардын образы да илимде эволюциялык өнүгүүнү башынан өткөргөн. Эң алгачкы этабы — каарман-жаныбар же кудай-жаныбар («Кожожаштагы» Сурэчкинин, байыркы түрк элдеринин санжырасындагы Көкбөрүнүн тибиндеги), экинчи этабы — жаныбар кейипке келе алуучу сыйкырдуу каарман. Бул этап адамдардын аң-сезиминин деңгээли жаныбарларды кудай катары кароодон кутула баштаган мезгилге туура келет. Рационалдуу ой жүгүртүүнүн натыйжасында, каарман-жаныбарлардын образы акырындап адамдаштырууга өткөндө кейипкердин жарымы адам, жарымы жаныбар жаңы тиби пайда болгон. М-тын образында ушул процесс реликт катары сакталган. Б. а. «Узакка созулган эволюциялык процесстен улам адамга айланган мифтик каарман Манас чечүүчү учурда өзүнүн жырткычтык касиетине ээ болуп, арстандын, жолборстун, ажыдаардын кейпин киет. Бул эпикалык образдын айбанаттар м-н болгон байланышы биротоло жоюла элек кездеги өнүгүү этабын чагылдырат» (М. Борбугулов, «Манас» эпосунун байыркы башаттары. —КМ, 22-январь, 1987). Эпостун андан аркы эволюциялык өнүгүү процессинде эпикалык каармандын адамдык образы зооморфтук белгилеринен улам акырындап алыстай баштайт. Жаныбарлар эми каармандын өзү эмес, анын атрибуту болуп калат (Мис., байыркы египет, грек мифтериндеги кудайларды, «Манастагы»

башкы каарманды жандап жүргөн жаныбарлардай) же каарман зооморфтук келбетке келбестен баштагы тотем жаныбардын кебин гана кийип жүргөн болот (Мис., грек мифинде Геракл, ирандыктардын «Шахнамэсинде» Үрүстөм дайыма жолборстун терисин кийип, жоодон эч жеңилгис касиетке ээ болушкандай). Рационалдуу ой жүгүртүүгө негизделип, байыркы зооморфтук образ улам жумшартылып, улам адамдаштырылып олтуруп, акыры субъективдештирилген поэтикалык образга орун бошотот. Бул көрүнүш М-тын образына да туура келерин «Манас» изилдөөчү Р. З. Кыдырбаева да белгилеген: «Алгачкы символдор, Манастын образынын жаныбарлар м-н байланышы шек жок зооморфизмдин туундусу болгон, андан кийинки мезгилдерде гана алар таза көркөм символдор м-н биригишет да, Манастын образын такай жандап жүргөн эпитеттерге айланышат (Р. З. Кыдырбаева, Генезис эпоса «Манас», Фр., 1980, 20-б.). М-тын образына кайрылып, аны изилдеген бир катар окумуштуулар анын тегин же тикеден-тике өзүн кудайлар м-н байланыштырышат. М. Ауэзов М-тын ысымы шамандык пантеондогу кудайдын аталышын билдириши ыктымал деп эсептеген. М-тын образын алгач тикеден-тике кудайдын образы м-н байланыштырган окумуштуу П. Н. Берков болгон. Ал алтайлыктардын эпосунун башкы оң каарманы Алып-Манашты М. м-н генетикалык түбү бир катары параллель карайт да, Алып-Манаштын байыркы образында өмүр берүүчү, жашоону жаратуучу күндүн (байыркы элдердин мифологиясында башкы кудай) образы жатат деп болжойт. Б. а. М-тын түпкү образы күн кудайдын образынан өсүп чыккан деген ойду айтат. Эпостогу: «айың менен күнүңдүн бир өзүнөн бүткөндөй» деген өтө белгилүү ыр сабына, ушул өңдүү башка фактыларга таянып, М. Борбугулов П. Н. Берковдун оюн дагы тереңдетип: «Манас — же Ай менен Күндүн өзү, же алардын уулу» деген жыйынтыкка келет. Муну М-ка ат коюлганда анын келечекте ким болорун алдынала аныктаган:

Атышкандын алы болсун,
Айдай Манас өзү болсун.
Күрөшкөндүн күчү болсун
Күндөй Манас өзү болсун (Набиев А. «Манас», КФ, 1116а-инв., 230-б.) деген ыр саптары да ырастайт. М-ты сыпаттоодо колдонулган «бир өзүнөн бүткөндөй», «күндөй», «айдай» өңдүү сөз айкаштары эпостун азыркы ыр саптарында метафора, метонимия, салыштыруу катары колдонулганы м-н тереңден карай келгенде, ал рационалдуу ой жүгүртүүнүн натыйжасында баштагы функциясын өзгөртүп, поэтикалык каражатка айланган миф экени анык болот. Б. а., абалкы абалында М. ай м-н күндүн бир өзүнөн (бойго) бүткөн (бүтүндөй эмес) же ал ай м-н күндүн өзү (айдай, күндөй эмес). М. сыяктуу каармандардын күн м-н айдан төрөлүшү түрк-моңгол элдеринин эпикалык чыгармаларында салттык мотив болуп келгендиги алардагы байыркы мифтер м-н да ырасталат. Моңголдордун ушул азыркыга чейин сакталып калган байыркы ырында: «Атасы — жаш ай, энеси — алтын күн»,— деп айтылат. «Манастагы» башкы оң каармандын бири Алмамбет нурдан (жаш жигит кебетесинде келип түшкөн айдын нурунан) кадимки жердик аялдын боюна бүтөт. Дал ушунун өзүндөгүдөй баян Чыңгызкандын түп аталарынын төрөлүшү ж-дөгү моңгол санжырасында айтылып калган. Р. З. Кыдырбаева кыргыз эпосун тектеш элдердин тарыхый-этнографиялык, эпикалык чыгармалары м-н тарыхый-салыштырма планда изилдеп келип: «Манас — асмандын уулу жана карышкырдын тукуму, бул — касиетке ээ адам, өз уруусунун, тайпасынын атынан эрдиктерди жасоого жөндөмдүү — каармандын иш-аракетинин алгачкы мотивировкасы кебетеси мына ушундай болгон»,— дейт. Бул көз караш М-тын ай м-н күндөн төрөлүшү ж-дөгү жогоруда айтылган жобого каршы келбейт. Мифологияда Күн бүткүл асмандын символу катары каралат да, асман, күн — экөө тең бир эле нерсенин (бул жерде башкы кудайдын) ар түрдүү аталышы болуп эсептелет. Көкбөрү түрк элдеринин санжырасында алардын түпкү энеси, ошону м-н бирге бул элдердин мифологиясында жердин (байыркы түрктөрдүн мифологиясында жер-суу Көк теңир м-н катар турган өзүнчө теңир-кудай) символу (башка элдердин мифологиясында бул символ көбүнчө ажыдаар түрүндө болот). Тектеш элдердин этнографиялык фактылары м-н салыштыруу М-тын башкы кудайдан жаралганын көрсөтөт. М-тын түп аталарынын бири — СКВ б-ча Чаянкан. Шамандык ишенимдерди кийинки кездерге чейин тутуп келген эне-сайлык кыргыздарда (хакастарда) Чаян башкы жаратуучу кудай болгон. Демек, кыргыздар мусулман динин кабыл алганга чейин Чаянды башкы жаратуучу кудайы катары эсептөө м-н бирге, аны өздөрүнүн негизги эпосунун башкы каарманынын атасы кылып да сүрөттөшкөн. Дүйнөлүк мифологияда кудайлар, эпикалык каармандар асман м-н жер теңирлеринен төрөлүшү — типтүү салттык мотивдерден. Классикалык мифтер болуп саналган байыркы египеттердин, гректердин мифтеринде бул ачык көрүнөт. Табияттын өндүргүч күчтөрүнүн ж-а тигил дүйнөнүн кудайы Осирис жер кудайы Геб м-н асман кудайы Нуттун уулу, гректердин башкы кудайы Зевс асман кудайы Уран м-н жер кудайы (жер-эне) Геянын небереси. М. аталган кудайларга туулушу жагынан гана эмес айрым белгилери, иш-аракеттери, аткарган функциялары б-ча да окшоштукка ээ. Зевс адам түспөлдүү кудай болуу м-н бирге М. сыяктуу зооморфтук белгилерге ээ. Ал букага айланып, Европаны ала качат, Персефонага жылан, Ледага ак куу кебетесинде келип кошулуп, балалуу болот. Түпкү образында М-тын өзү күн, ай эсептелгендей эле Зевс жарыктын ж-а жарык асмандын кудайы (б. а. күн кудай). Байыркы гректер Зевстин атын жашоону ж-а жанды жасоочу, жандандыруучу от катары түшүнүшкөндөй эле, өзү күн эсептелген М-тын аты да жан м-н байланыштуу. Эпосто «Алп

кара куш арбайып, Асмандан буту тарбайып Манаска жолдош болуптур»,— деп сүрөттөлгөндөй, бүркүт Зевстин туруктуу атрибуту, Олимп тоосунун чокусунда дайыма аны жандап жүрөт. «Артын сала бергенде ажыдаар түрү бар» М. өңдүү Зевс да жылан түргө келе алат. Зевс түпкү образында эмен дарагы түрүндө элестетилген. Ал негизинен турмуштун жарык, жаркын жагынын башкаруучусу, өкүмдары болуу м-н бирге, асман, жер үстү гана эмес, тигил дүйнө-жер алдына да бийлиги өтөт. Дүйнө элдеринин мифологиясында, эпикалык чыгармаларында өмүр дарагы — космостук дарак (к. *Байтерек*) ааламдын үч катмарын: жер астын (өлүктөр өлкөсүн), жер үстүн (кадимки адамдардын өлкөсүн), асманды (кудайлардын өлкөсүн) байланыштырып турган борбор болуп сүрөттөлөт. Анын үстүндө асмандын ээси адамдарга жакшылык алып келүүчү күч — бүркүт (к. *Алп кара куш)* айланып учуп жүрсө, түбүндө жер астынын ээси, жердин чексиз күчүнүн символу ажыдаар (к. *Ажыдаар*) ээлеп жатат. Манасты алп кара куш м-н ажыдаар ушул космостук дарактай бири төбөсүндө айланып, бири бут алдында сойлоп колдоп жүрүшү анын бийлиги эмен түрүндө элестетилген Зевс сыяктуу үч сферага (жер алды — өлүктөр өлкөсү, жер үстү — кадимки адамдардын өлкөсү, асман — кудайлар тибиндеги жогорку күчтөрдүн өлкөсү) жеткенин символдоштурат. Демек, М-ка карата айтылуучу «Асман менен жериңдин тирөөсүнөн бүткөндөй», «Алды катуу кара жер, жердигинен түткөндөй» деген ыр саптары азыркыдай анын образына өтмө мааниде́ги, поэтикалык көркөм салыштыруу каражаты катары эмес, түз маанисинде, анын бийлиги үч сферага жер асты, жер үстү, асманга жеткенин көрсөткөн мааниде колдонулган. Зевс грек кудайларынын башкы кудайы болгондой эле М. кыргыз ж-а ага жамаатташ жашаган элдердин эң башкы баатыры, эң башкы кол башчы-каны катары жалпы элдик ар кандай иштерде башкы ролду ойнойт. Зевс адамдардын, кудайлардын атасы катары аларды колдоо м-н бирге, ачуусу келгенде каардуу жазалоочу күч катары көрүнөт. М. да өз элинин камкор коргоочусу болуу м-н бирге каары келгенде кудайлар сыяктуу кереметтүү касиет м-н жазалоочу күчкө да ээгедер. Эпосто «караган аман калчу эмес, көзүндө кара калы бар, жүзүндө жаман заары бар», «айланып карап койгондо тыңдаймын деген тыңчы өлгөн, сындаймын деген сынчы өлгөн»,— деп сүрөттөлгөндөй Манастын көз карашы грек мифиндеги караганын соо калтырбаган Афина Палладанын, горгона Медузанын көз караштарындай магиялык күчкө ээ. Зевс өзүнүн атасы Кронос м-н бийлик талашып, акыры аны жеңип, тартарга кулатат. М. да бакылдык коркоктук жайы бар өз атасы м-н ыркы көп келишпей, наараазылашып жүрөт, Жакып акыры М-тын уулу Семетей колдуу каза болот. М-ты Зевс м-н жакындаштырган башка бир катар мотивдер бар экендиги изилдөөлөрдө да көрсөтүлгөн. «Интенсивдүү өнүккөн саясий жана тарыхый турмуштун таасири астында Манас жөнүндөгү миф баатырдык поэма-жомоктун стадиясын басып өтүп, кандайдыр бир реалдуу адамга өткөрүлгөн жана ошол кейипкер жөнүндөгү баатырдык баян менен биригишкен» (Берков П. Н. Алтайский эпос и «Манас» — Китепте: Киргизский героический эпос «Манас». М., 1961, 255-б.). Дүйнөлүк эпикалык чыгармаларда реалдуу тарыхый адам м-н мифтик каармандардын образынын биригиши — типтүү салттык көрүнүш. Дүйнөдөгү эң байыркы эпостордун бири, байыркы шумерлер м-н аккаддардын эпосунун каарманы Гильгамеш — реалдуу тарыхый адам — Шумердеги — Урук шаарынын биринчи сулалесинин бешинчи өкүмдары (б. з. ч. 27-к-дын аягы — 26-к-дын башы). Жергиликтүү элдин ишениминде ал өлгөндөн кийин кудайга айланган. Эпикалык чыгармаларда Гильгамеш — Уруктун башкаруучусу Лугальбанданын ж-а күн кудайы Утунун тукуму кудай аял Нинсундун баласы. Кудайга айланган Гильгамеш өлүктөр дүйнөсүнүн тескөөчүсү, адамдарды жин-шайтандардан коргоочусу болуп калат. Моңгол тилдеринде сүйлөгөн элдердин ж-а тибет-бирма элдеринин эпикалык чыгармаларынын каарманы — Гесер да тарыхый адам. Изилдөөчүлөр Гесерди Тибеттин түн. чыгышындагы Лин мамлекетинин өкүмдары болгон деп эсептешет. Алгач маданий каарман катары түптөнө баштаган Гесердин образы кийин инди ж-а будда мифологиясынын таасири астында башкы кудай Индранын баласы делип айтылып калган. Кудайлардын пантеонунда ал согуш кудайы болуп саналат. Скифтердин уламышы б-ча алардын биринчи падышасы Колаксай (анын ысымынын этимологиясын окумуштуулар Күн-падыша деп түшүндүрөт) Зевс-папайдын ж-а жылан буттуу кудай аялдын неберси. Ал өзүнүн бир туугандарынын ичинен көктөн түшкөн сыйкырдуу алтын буюмдардын ээси болушу аркылуу, коомдун башка мүчөлөрүнүн үстүнөн бийлик жүргүзүүгө жогорку күчтөрдүн — кудайлардын эрки б-ча атайы тандалат. Мифологиялык бул мотив, ошол байыркы скифтердин маданиятынын алыскы мураскору болуп калган элдердин бири орустардын былиналарында да сакталып калган. Киев циклиндеги былиналардын борбордоштуруучу каарманы — тарыхый адам Киевдин улуу князы Владимир Святославичтин (10-к.) титул-эпитети Кызыл күн (Красное солнышко). Ал жазма эстеликтерде байыркы славяндардын күн кудайы — Дажбогдун аты м-н аталып, анын небере-чеберелери Дажбогдун небере-чеберелери делип эсептелет (Рыбков Б. А. Язычество древней руси. — М., 1987, 447—451-б.). Реалдуу тарыхый прототиби бар эпикалык каармандын кудай тектүү болушунун, кудайга айланышынын адамзат коомунун стадиялык өнүгүшүндөгү белгилүү этабынын туундусу катары кароого тарыхый негизи бар. Мифология али негизги идеологиясы болуп саналган урууулуктайпалык коомдо падыша өкүмдар гана эмес (азыркы түшүнүктөгү), жрецтик функцияны аткарып, өзү башкарган жамаат м-н кудайлар-



А. Н. Михалев. Манас.

дын ортосундагы элчи да болуп эсептелген. Натыйжада аларды кудайлар тибинде же алардын урпактары катары элестетип сүрөттөө пайда болгон. Мындай көрүнүш байыркы түрктөрдө өтө ачык байкалат. Түрктөрдүн каганы өзүн түздөн-түз «Теңирге тең» сезет. Аны Теңирдин өзү жараткан (төрөткөн) болот. Теңир аны түрк элине каган коёт (кан кылып берет) (Орхон-енисей тексттери. Фр., 1982, 53, 82-б.). Түрктөр бул мифологиялык көз караштı өздөрүнүн түпкү бабалары байыркы хунндардан мурастап калган. Хунндардын атактуу өкүмдары Модэ шаньюй (б. з. ч. 2-к.) асман м-н күндү, космос күчтөрүн адамдаштырып (персонификациялап), ага сыйынуу киргизген, Шаньюй өзү «Көк теңир менен жерден төрөлгөн, ай менен күн аркылуу бийликке коюлган» деген титулду салтанаттуу кабыл алган. Модэнин мамлекеттин башкы жрецинин функциясын аткарышы—кудайдын жердеги өкүлү катары анын бийлигин ого бетер күчөткөн (Плетнева С. А. Кочевники средневековья. М., 1982, 85—86-б.). Өздөрүнө тектеш хунн, түрк элдериндей эле байыркы эне-сайлык кыргыздардын мифологиялык ишеними б-ча алардын ажосу (араб ж. б. элдердин тарыхый жазма эстеликтеринде кыргыз-хакан деп да аталат) Көк теңирдин жердеги жандуу элеси болгон. М-тын адепки мифологиялык образынын реалдуу тарыхый адамга өтүп, тарыхый-баатырдык эпостун каарманынын образына трансформацияланышы ушул мезгилдерге туура келет. М-тын трансформацияланган жаңы образы — өзүнө «эрдик кайраты менен кара күчү аскердик демократия мезгилинин идеалына дал келген кебелбес баатырдын белгилерин жана тарыхый жактан андан бир кыйла кийинки, алгачкы феодалдык доордун эпикалык өкүмдарынын белгилерин бириктирген» (Жирмунский В. М. Тюркский героический эпос. — Л., 1976, 54-б.) образ. Анын эволюциялык мындай өнүгүшүн Р. З. Кыдырбаева кыскача төмөнкүдөй схемада көрсөткөн: «эпосто эпикалык баатырдын алгачкы образы асман кудайлары менен байланышкан... Мезгилдин өтүшү менен кудайдын баласы өзүнүн алгачкы эпитети "алпка" ээ болот. Образдын эволюциясынын кийинки уламасында "алп" "баатырга" орун бошотот... Өз кезегинде "баатыр" эпитети феодалдык өз ара мамилелер калыптанып жана өнүгүп жаткан доордогу, кийинки эпикалык формасы — жаңы эпитет — "канга" трансформацияланат». (Кыдырбаева Р. З. Генезис эпоса «Манас», Фр., 94—95-б.). Эпосто М-тын адамдыкынан ашкере алп күчү жомоктук-гиперболалык белгилер м-н сүрөттөлүп, анын сырткы портрети табияттагы зор, шаңдуу, нерселер м-н салыштырылып, адам али өзүн табият м-н бир бүтүндүктө эсептеп, андан өзүн индивидуум катары толук ажыратып карай элек кездеги — дөөлөрдүн тибиндеги — мифологиялык каармандарга жакын турат:

Астыңкы ээрди албайып,
Үстүңкү ээрди далбайып,
Ал муруту сеңирдей,
Айбаты албарс темирдей,
Мурунy тоонун кырдачтай,
Муруту чөлдүн камыштай,
Көзү көлдүн буткулдай,
Каарданып караса,
Көрүнгөндү жуткундай (СО, 2. 148).

Манас бир кезекте өтө зор көлөмдүү, чексиз кара күчкө ээ титан катары элестетилгенин кезегинде түз маанисинде колдонулуп келген «Асман менен жериңдин тирөөсүнөн бүткөндөй, асты катуу кара жер жердигинен түткөндөй» деген саптар да күбөлөп турат. Асман м-н жердин тирөөчү Манас байыркы гректердин мифологиясында асманды жерге кулап кетпес үчүн жонуна көтөрүп турган Атлантка жакын элес берсе, ага «асты катуу кара жер, жерлигинен түтүшү», аны орус былинасынын кара жер салмагын көтөрүп тура албаган, ыгы келсе жерди көңтөрүп сала ала турган каарманы Святогор м-н типологиялык окшоштукка ээ кылат. Алп-дөөлөргө мүнөздүү белгилердин бири — алардын алп уйкусу. Святогор дайыма үргүлөө абалында болот. Кыргыз эпосторунда дөөлөр жети күн катар ойгонбой уктайт (Желмогуз уулу Сарыбай). Түрк элдеринин байыркы эпосторунда алп уйкусун салган башкы оң каарман уйкусунан ойгоно албай душманына туткунга түшөт (Алпамыш). Чоң казаттагы эки кол беттешкен катуу кармаштын астында уктап калган Манасты Чубак кулагына доол кагып да, өз боюна тең кылып өйдө тургузуп жерге таштап жиберип да ойгото албайт. Бул типтеги каармандардын дагы бир белгиси — кенебестиги, энөөлүгү. Уктап

жаткан М-ты ойгото албай койгон Чубак аны найза м-н сооруга саят. М. «Маша чаккан эмедей, шондо да чочуп кебелбейт». Уктап жаткан Святогорду Илья Муромец бардык күчүн салып, чокмору м-н башка чабат, үчүнчү чапканында ал араң козголуп карап: «Орустун чиркейлери чагып жатат деп ойлосом, көрсө даңктуу баатыр Илья Муромец турбайбы»,— дейт (Онежские былины. М.-Л., 1949, 265-б.). Эпосто Манастын мындай кенебестиги өзүнүн кайрат-күчүнө толук ишенген, кебелбес, чыныгы баатырдык катары эң жогору бааланат. Уйкудан ойгонгон Манас, калың жоо каптап келе жатканын айтып антаңдаган Чубакка мындай дейт:

Апкаарыба акыры,
Атасынын көрү капырды.
Урунбай жүргөн тоо барбы,
Урушпай жүргөн жоо барбы,
Азыркысын Чубагым,
Деги аманат жаның соо барбы?
Жоо болсо нетербиз,
Жолуң болгур ыйлаба
Уруша-уруша чыгып кетербиз (СО, 4. 308).

Бир аз мурдарак, Алмамбеттен чалгындын жолун талашып чыр чыгарганда: «Ногойдон нойгут кем беле? Чубактан Манас эр беле?» — деп өзүн М-ка теңдеш баатыр эсептеген Чубак, ушундай кыйчалыш мезгилде да «Кенебей да кебелбей да» турган М-ка тен берүүгө аргасыз болот:

Аты да Манас турбайбы?
Заты да Манас турбайбы?
Өзү да Манас турбайбы?
Сөзү да Манас турбайбы? (СО, 4. 309).

М-тын өзүнөн алда канча жогору турган, кандайдыр адамдан тышкары кереметтүү күчкө, артыкча сапатка ээ баатыр экенин таанийт. Эпикалык чыгармаларда кенебестик, энөөлүк алп-дөөлөрдүн негизги кемчилиги болуп саналат, алар көбүнчө ушул кемчилигинин натыйжасында өлүм болушат. М. көпчүлүк учурда ошол мифтик-эпикалык кейипкерлердей кенебестигинен, энөөлүгүнөн кыйын абалдарга туш болот. Андай кыйындыктардан аны акылман, аяр, алысты көрө билгич Бакай, Каныкей, Алмамбеттер куткарат же алдын ала коргойт. Коңурбай М-тын ушул кенебестигинен, энөөлүгүнөн пайдаланып, жарадар кылат. «Ала көөдөн Манасты алты алдаган кол ушул»,— деп ал өзүнүн Манастан артыкчылык кыла турган негизги сапаттарынын бири катары митайымдыгын, кыйдылыгын эсептейт. Манасты түрк-моңгол элдеринин баатырдык жомокторунун каармандары — алптар м-н жакындаштырган байыркы белгилеринин бири магиялык өлбөстүгү. Анын бул касиети өзбектердин «Алпамышындагы» башкы каармандын өлбөстүгү ж-дөгү мотивге өтө жакын айтылып, төмөнкүчө сүрөттөлөт:

Айтып сизге туюнтам,
Ал Манастын сөөлөтүн:
Сайган найза тешпеген
Эремети дагы бар,
Чапкан кылыч кеспеген
Керемети дагы бар.
Мылтык атса, ок өтпөс
Эремети дагы бар.
Отко жакса, чок өтпөс
Керемети дагы бар (СО, 4. 231).

Ошентип, душман м-н бетме-бет салгылашкан согуш майданында М-ка өлүм жок. Каармандын согуш талаасында өлбөстүгү дүйнөлүк эпостордо өтө кеңири орун алган мотивдердин бири (Ахилл «Илиадада», Зигфрид «Нибелунгда», Исфандиар «Шахнамэде» ж. б.). Магиялык өлбөстүк ж-дөгү мотив — адамдын жаны анын денесинен бөлөк, жашыруун жерде сакталышы ж-дөгү өтө байыркы мезгилдердеги түшүнүк м-н байланышкан. Ошондуктан, мындай белгилерге негизинен мифологиялык-жомоктук кейипкерлер, алп-дөөлөр ээ. Элдик чыгармалардын көбүндө алардын жападан жалгыз талуу жери көзү болуп, көзүнөн жаралануу аркылуу өлүмгө дуушар болушат. Кереметтүү жөө жомоктук бул мотив өзгөртүлгөн түрдө эпосторго трансформацияланган. Жогорудагы эпикалык каармандардын (Ахилл, Зигфрид, Исфандиар) ар кимисине таандык талуу жерлери бар. М-тын өлбөстүгү ж-дөгү мотив кийинки рационалдуу ой жүгүртүүгө негизделип, өтө жумшартылып, эч бир курал өткүс жасалган *Аколпок* м-н байланышкан. М. Аколпогун кийбей турганда гана Коңурбай аны жарадар кылат. Манастын Аколпогу «Шахнамедеги» Үрүстөм, грек мифологиясындагы Геракл ж. б. каармандар кийип жүрүшкөн жолборстун кебин эске түшүрөт. Тотемдик жаныбардын териси катары магиялык касиетке ээ ал тери каармандарды ажалдан сактап, жоодон жеңилгис кылат. Алп-дөөлөргө мүнөздүү мындай белгилерди М. гиперболизм поэтикалаштыруунун негизги каражаты катары эсептелип, эпсиз зор көлөм, адамдыкынан тышкаркы чексиз кара күч чыныгы баатырдык белги катары таанылган кезден мурастап калган. М-тын бул көөнө белгилери тарыхый эпостун каарманына караганда мифтик-жомоктук каармандарга бир кыйла жакындык кылат. Анын образынын жерде жашаган реалдуу адамга айланышы атчан жоокерчилик-баатырдык доор м-н байланышкан. Байыркы адамдардын, айрыкча Борб. Азиядагы элдердин жылкыны колго үйрөтүшү, алардын турмушунда экономикалык жактан гана эмес, саясий, идеологиялык жактан да өзүнчө бир революция болгон. Жылкы өстүрүүнү мыкты өздөштүргөн уруулар адатта согуш ишинде башкалардан кыйла артыкчылык кылышкан, атчан жоокерлер өтө ийкемдүү болуп, кубалаган жоосуна тез жеткен, качса оңой кутулуп кетишкен. Аттын алыскы жолду ылдам басып өтүшү, узак жолго чыдамдуулугу жоокерлерге эң алыскы жерлерге чейин жортуулга барууга мүмкүнчүлүк берген. Натыйжада, мындай элдер жортуулдарга тез-тез чыгышып, согуштан түшкөн олжо алардын жашоосунун бир булагына айланып, жоокерчилик массалык түргө өткөн. Ар бир курал кармаганга жарактуу эркек, ал турсун жаш аялдар (кү-



Манастын ордосу. «Манас» операсы, 1966.

йөөгө чыга элек бойго жеткен кыздар) да согушка катышып, жоокерлик милдет аткарышкан. Мындай коомдо согушуу ыктарын мыкты билген, кайрат-күчү мол, баатыр жоокерлер башкы ролду ойногон ж-а алардын образдары адабият м-н иск-вонун бардык түрлөрүндө негизги орунду ээлөө м-н жердик реалдуу адам катары сүрөттөлө баштаган. Тынымсыз жортуулдардын натыйжасында уруу менен уруу аралашып, жамааттык (общиналык) мүлк жеке менчикке айланып, жамааттык уруулук түзүлүштүн толук кыйроого туш болушу м-н бирге анын идеологиясынын негизин түзгөн мифология да жаңы көз караштарга жол бошотууга аргасыз болгон. Мифологиялык көз караштан бошоно баштоо ар бир нерсеге реалдуу карап, аларды рационалдуу түшүнүүгө мүмкүндүк берген. Мына ушул жаңы шартта М-тын көөнө типтеги образы жаңы белгилерге ээ болгон. Анын алп-дөөлөргө мүнөздүү белгилери атчан жоокердин образына өтө баштап, бара-бара жаңы образга толук жол бошотуп, эски белгилер рудимент түрүндө гана сакталып калган. М. өзүн атчан жоокер деп эсептей турганы Көкөтөйдүн ашында Жолойго балбанга түш деген Кошойго берген жообунан ачык көрүнөт:

Манас, Манас болгону,
Башыма дөөлөт конгону,
Алчайып атка мингени,
Аколпок тонду кийгени,
Сан жыйынга чок элем,
Жөөгө топор жок элем,
Ат үстүнө келгенде
Найзакерден ыктуу элем,
Азаматтан мыктуу элем,
Айтыша чыккан доого сал,
Найзалашкан жоого сал (СК, 2. 41).

Башка варианттарда Манас «Ат үстүндө турганда, Ак дөө болсо аңтарам, Көк дөө болсо көңтөрөм»,— дейт. Көөнө эпостордун каармандары алп-дөөлөр ар дайым атсыз жүрүшүп, кармаш кылышат. Тескерисинче, М. жөө балбан күрөшкө жок, алардын карама-каршысындагы, жаңы типтеги каарман. Түрк-моңгол элдеринин баатырдык жомокторундагы алгачкы атчан жоокер каармандар сыяктуу эле М. да табияттын жашырын сырынын ээси дөө м-н кармашып жеңет (СКВда Чоң казатта жалгыз көздүү Мадыканды). М-тын жаңы типтеги образы жердик реалдуу адам болгон сыяктуу эле негизги душмандары да белгилүү элге, мамлекетке таандык адамдар, ал турсун айрымдарынын тарыхый прототиби бар. Алар м-н кармашта Манас эч кандай адамдардыкынан тышкаркы керемет күч колдонбойт. Душманын жекеме-жеке беттеште түрдүү согуш куралдарын ыктуу колдонуп, зор кайрат-күч, кажырга ээ баатыр катары жеңип чыгат. М-тын образынын атчан жоокер катары көрүнүшү кыргыздарда Эне-Сай доорунда (б. з. ч. 2 к.— б. з. 12-к.) калыптанган. «Атчан жоокерчилик — аска сүрөттөрүнүн негизги мотиви. Атчандар адатта оор жарактуу болуп тартылган. Булар — соот-чопкут м-н жылчыксыз корголгон рыцарлар. Кыргыздар жасай жана колдоно билген ар түрдүү жоо куралдарын адатта, атап айтканда: ушул рыцарлар пайдаланган» (Плетнева С. А. Кочевники средневековья М., 1982, 94-б.). Бул сүрөттөөгө караганда атчан кыргыз жоокерлеринин негизги куралдары саадактуу жаа, желектүү найза, айбалта, кылыч, калкан, о. эле калкалоочу кийимдери: соот, чарайна, туулга болгон. Алардын минген аттары буттарынын учуна чейин үртүктөлгөн (Худяков Ю. С. Вооружение ени-

сейских кыргызов VI—XII вв. — Новосибирск, 1980, 25-б.). М-тын эпосто сүрөттөлгөн жоо кийими, курал-жарагы аталган аска сүрөттөгү курал-жарак, жоо кийими м-н бирдей. Б. а. байыркы атчан кыргыз жоокеринин келбети көркөм сүрөттөгү ж-а көркөм сөздөгү чагылдырылышы катары көрүнөт. Аколпокту, туулгасын кийип, Аккуласын минип, Сырнайзасын карыга илип, Ачалбарсын (Зулпукорун) колуна алып, Айбалтасын белине кыстарып, жаасын ай далыга асынып (кийин анын ордун Аккелте ээлеген) майданга чыкканда гана М-тын чыныгы баатырдык келбети көз алдыга тартылат. Эпосто М-тын чыныгы элдик баатыр катары негизги белгиси эл-жерине берилгендиги. Ал эс тарткан күнүнөн өлөрөлгүчө ата журттун эркиндиги үчүн ички-тышкы душман м-н жан аябай күрөшөт. Ал ар дайым биринчи болуп жоого чабуул коюп, анын эң кыйын баатырларын жекеме-жеке беттешүүлөрдө жеңип чыгат. Ата журтка болгон чексиз сүйүү, андан канын-жанын аябоо, намыскөйлүк анын жоокердик мүнөзүндө жетектөөчү роль ойнойт. Кытайлар басып алган ата журтту бошотуу ж-дөгү жалпы элдик кеңештеги М-тын сөзү эпосто мындайча баяндалат:

Атадан не үчүн тубамын?
Алда билет өлүмдү,
Ааламга канча турамын?
Аманат жаным чыкканча
Намыс жолун кубамын.
Атамдан калган жеримди,
Алдырып коюп кытайга
Аңкайып кантип турамын?
Атым өчүп калбайбы
Атамдан калган Нааманды
Алты айга чейин албасам.
Түркстан барган кытайды,
Түгүн койбой кырбасам (СК, КФ, 575-инв., 75-б.).

Ал элдик улуу ишке башкаларды да шыктандырып, патриоттук рухун көтөрүп, өзүнүн артынан ээрчитет:

Шүмшүңдөгөн басыктар
Түрк уулунун мойнуна
Сүйрөткөн экен арканды.
Моюндан аркан чечиңер,
Алалбасаң кытайды
Аманат жандан кечиңер.
Кытайга кыргын салалы,
Кыйратып жерди алалы,
Кызыктуу жерди алдырып,
Кыянатта жүргөнчө,
Кыргыз уулу болгону
Кырылып жатып калалы (СО, КФ, 575-инв., 79-б.).

М-тын образындагы аны эпостогу оң каармандардан бөлүп турган негизги белги — нукура элдик жетекчилик. Ал жигердүү, даанышман жетекчи катары чабылып, чачылган элдин башын бириктирип, күч-кубатын бир жерге топтоо аркылуу саясий биримдигин арттырат. Тышкы жоого алдырбас бекем «мамлекет» түзөт. Эпикалык монарх катары ал француздардын эпосундагы Улуу Карлга, орустардын Киев циклиндеги былиналарындагы Владимир Кызыл Күнгө, калмактардын эпосундагы Жангарга, өгүз түрктөрүнүн дастанындагы Баюндур канга типтеш. Аталган каармандардын бардыгы тең М. сыяктуу идеалдуу борборду түзүшөт, алардын айланасына элдик баатырлар чоро (дружник) же вассал катары топтолушуп, баатырдык иштерин жүргүзүшөт. Натыйжада, ушул эпикалык монархтын айланасында эпостун бардык окуялары өтөт. М-тын аты инди-европа тилдериндеги «Манас» деген өтө байыркы сөз м-н үндөш. Аталган сөз бул тилдерде төмөнкүдөй маанилерге ээ: 1) жан (дух, душа); 2) акыл-эс, акылмандык, даанышмандык; 3) кең пейил, айкөл; 4) эр жүрөк, кайраттуу, тартынбас; 5) максат, эңсөө, шык. Инди-европа тилдеринин ономастикасында бул сөз активдүү роль ойноп, кудайлардын, эпостук каармандардын, касиеттүү жер-суулардын аталыштары. Саясий, диний, маданий байланыштардын натыйжасында инди-европа тилдеринде сүйлөгөн элдердин бири-нен кыргыздарга оошуп, эпостун башкы каармандарынын *прототиби* болгон инсанга титул ат катары колдонулган.

*Р. Сарыпбеков*

**«МАНАС»** — архитектуралык-скульптуралык композиция. 1981-ж. Бишкек шаарынын Совет аянтында, Т. Сатылганов атн. Кыргыз мамл. филармониясынын алдына курулган. Скульптор Кыргыз эл сүрөтчүсү Т. Садыков. Ансамбль темасы б-ча өз алдынчалуу ж-а скульптуралык топторунун пластикалык интерпретацияланышы б-ча ар башкача, алар бири-бирин толуктап турган ж-а анын образдык идеясын ырааттуу ачып берген эки топтон турат. Биринчи топ шаардын борборундагы Чүй проспектисине бет маңдай жайгашкан Манастын монументи ж-а Каныкейдин, Бакайдын статуялары. Экинчи топ — улуу манасчылардын скульптуралык портреттери. Алар аянттын эки тарабына эки-экиден бири-бирине бет маңдай орнотулган. Ансамблдин негизги бөлүгү Манастын скульптурасы. Анда Манас бардык жоо кийимдерин кийип, тулпары Аккулада ишенимдүү отурат. Анын сол колунда калкан, оң колунда кылыч. Ал жамандыктын

Т. Садыков. «Манас» архитектуралык-скульптуралык композиция, 1981.





Т. Садыков. Манас, «Манас» архитектуралык-скульптуралык композициясынан, 1981.

үстүнөн болгон жеңиштин салтанатын көрсөтүп тургансыйт, аны жаалдуу, бирок алдан тайып бараткан канаттуу мардын (жылан) көрүнүшү аркылуу элестетүүгө болот.

Монумент (анын бийиктиги, супасы м-н бирге 21 *м*) аянттын бардык тарабынан жакшы көрүнөт. Аны тегеренип карап чыкканда көп кырдуу ж-а бир бүтүн көркөм образды жараткан теманын трактовкаланышындагы жаңы нюанстарды көрүүгө болот. Атта отурган Манастын элеси шарттуулугуна карабастан, образдуу, конструктивдүү чечилген. Супага скульптуралык топ оригиналдуу ж-а ыңгайлуу орнотулуп, ал аянт мейкиндигинде учуп бараткандай таасир берүүгө жетишилген.

Каныкей м-н Бакайдын фигуралары да зор сүймөнчүк м-н иштелген. Алардын сөлөкөттөрү таасын, композициялары ачык-айкын, пропорциялары жеткире иштелген. Сүйкүмдүүлүккө, аялдын назиктигине, поэтикалуулукка ширелген Каныкейдин образы ансамблдин ичинен эң жагымдуусу. Көлөмдөрдүн өз ара шайкештиги, турган абалынын ж-а кыймылдагы көрүнүшүнүн табигыйлыгы Каныкейдин турпатындагы токтоолукту, назиктикти, тазалыкты, кең пейилдикти чагылдырган. Бул өзү типтүү образ. Скульптор кыргыз аялынын жалпылаштырган эң сонун портретин түзүү м-н аны жаңы белгилер м-н байыткан. Акылмандыкты ж-а элдик жетилгендикти көрсөткөн Бакайдын тулкусу типажды туура тандап алгандыгы ж-а пластикалык жактан аны так интерпретациялоо аркылуу образдын турмуштук ынанымдуулугуна жетишип, көрүүчүлөрдү өзүнө бурат. Скульптор негизги көңүлдү каармандардын мүнөзүн ачып берүүгө бурган, ошол эле учурда кенен жалпылаштырууга да жетишкен.

Манасчылардын скульптуралык портреттери скульптордун портрет жанры жаатында көп жылдык изилдөөсүнүн жемиши, о. эле синтездөөгө жасаган аракети катары каралат. Эгерде Манастын, Каныкейдин ж-а Бакайдын образдарынын ишенимдүүлүгү доорго үндөш кийимдеринин тарыхый тактыгынан каармандардын мүнөздөрү өз ара байланыштуу ишке ашырылган болсо, ал эми портреттерде манасчылардын образдарына эпикалык маанайды берүү пластиканын өзү аркылуу, көркөм каражаттарды так тандап, ар бир деталды чегине жеткире иштөө аркылуу жетишкен. Портреттердин кызыл граниттен жасалышы алгылыктуу болгон. Анын фактурасы ж-а түсү формаларды трактовкалоонун мүнөзүн аныктоого, көлөмдөрдүн бири-бирине куюлушуп өтүшүнө өбөлгө түзгөн. Өз каармандарынын өтө ачык индивидуалдуулугунан качып сүрөткер чоң идеялык-көркөмдүк күчтөгү образдарды түзгөн. Аларга берилген лиризм (Тыныбек Жапый уулу) ж-а ички жыйнактуулук, ойдун чабыты (Найманбай Балык уулу) ж-а кенен эпикалуулук (Саякбай Карала уулу) өтө кылдаттык м-н көрсөтүлгөн. М. архитектуралык-скульптуралык композициясынын бардык бөлүктөрү поэзиянын бийик демине сугарылган. Архитектор аянттын параметриндеги скульптуралык формаларды жайгаштыруунун зарыл катышын таап, бирдиктүү монументтик-архитектуралык ансамблди түзүүгө жетишкен.

**«МАНАС»** — баатырдык патриоттук опера. Музыкасы В. Власов, А. Малдыбаев, В. Ференики. Либреттосун «Манастын» сюжети б-ча А. Токомбаев м-н К. Маликов жазган. Сюжеттин негизин «Манас» эпосундагы «Көкөтөйдүн ашы» түзөт. Операнын эки редакциясы бар.







«Манас» операсы макаласына. 1. Операдан көрүнүш, 1966; 2. Манас — К. Чодронов, 1966; 3. Сыргак — Т. Сейталиев, Алмамбет — С. Алмасбеков, 1984.

Биринчиси 1946-ж., экинчиси 1966-ж. Кыргыз Мамл. опера ж-а балет театрында коюлган. Операнын биринчи редакциясындагы башкы ролдорду Ж. Садыков (Манас), С. Кийизбаева (Каныкей) ойногон. Режиссёрлору профессор В. Я. Васильев м-н А. Куттубаев. Хормейстери

С. Юсупов, художниги Я. Штоффер. Алгачкы редакциясында Манас м-н элдин биримдүүлүгү белгилүү деңгээлде чечилген эмес. Сюжетте шаан-шөкөттөр басымдуулук кылып, окуялардагы карама-каршылыктар ачык көрсөтүлбөгөн, музыканын оркестрлештирилишинде жагымсыз угулуштар көп болгон. Авторлор бул мүчүлүштөрдү эске алып, операны кайрадан иштеп чыгышкан, айрым ашыкча эпизоддору алынып ташталган. «М». операсы улуу эпоско татырлык чыгарма болуп опера өнөрүнүн алтын казынасына кирди. Операнын 1966-ж. коюлушунда башкы ролдорун К. Чодронов, А. Тентимишев (Манас), С. Кийизбаева, К. Сартбаева (Каныкей), Т. Сейталиев, С. Токтоналиев (Сыргак), Х. Мухтаров (Коңурбай) ж. б. ойногон. Режиссёру профессор Р. В. Захаров, А. Куттубаев. Хормейстери С. Юсупов. Опера прологдон (киришүү музыкасы), 3 акт, 7 көшөгө (картина) ж-а эпилог-апофеоздон турат. Ар бир көшөгөнүн аталышы бар. Кириш музыкасында операнын негизги эки лейтмотиви — Манастын ж-а анын кырк чоросунун баатырдык темалары жаңырат. Операнын өнүгүшүндө драматургиялык принцип катары реалдык ж-а фантастикалык образдарды салыштыруу, о. эле согуштук окуялар, лирикалык ж-а турмуштук сценаларды алмаштырып туруу ыкмалары колдонулган. Авторлор музыкасын жазууда элдик обондорду цитаталап пайдаланган эмес. Бул жагынан «Манас» операсы башка кыргыз операларынан айырмаланып, өзүнчө көркөмдүк бийик деңгээлге көтөрүлгөн. Операнын партитурасында дүйнөлүк классикалык опера өнөрүнүн формалары: ариялар, дуэттер, трио, квинтет, секстет, оркестрлик эпизоддор жазылган. Булардын ичинен Манастын ариясы (3-көшөгө), Коңурбайдын монологу (2-көшөгө), Манас м-н Каныкейдин дуэти (4-көшөгө), Сыргак м-н Каныкейдин сценасы (5-көшөгө) финалдык салтанаттуу хор-апофеозу (7-көшөгө) ж. б. айрыкча эмоциялуу ж-а таасирдүү. Манастын башкалардан өзгөчөлөнгөн артык сапаты анын эл абалын туура баалап, оюн туура түшүнгөн, эл башчысы, эл жетекчиси экендиги. Эл азаматтарды тегерегине топтоп, элинин башын кошуп, душманга каршы көтөрөт. Башкы ролду (Манас) аткарган К. Чодронов, А. Тентимишевдер баатырдын так ушул сапаттарын — кең пейилдигин, калыстыгын, балбандыгын сүрөттөп бере алышкан. «Манас» операсынын авторлору 1970-ж. Кыргыз ССРинин Токтогул атн. сыйлыгына татыктуу болгон. Опера Москва, Ленинград шаарларында коюлган.

*К. Дүйшалиев*

**МАНАС** — Индиядагы улуттук парк ж-а ага чектеш Бутан өлкөсүндөгү корук (заповедник). Индиядагы парк 1928-ж. негизделген, аянты 8 миң *га*. Бутандагы корук 1966-ж. түзүлүп, аянты 41,9 миң *га* жерди ээлейт. Гималай тоосунун түш. бетиндеги Манас өзөнү агып өткөн өрөөн тропикалык токойго бай болуп парк м-н корук үчүн ыңгайлуу шарт түзгөн. Ар түрдүү айбанаттар [жолборс, индия носорогу (керик), ж. б.] көп өстүрүлгөн.

**«МАНАС»** — курама вариант (КВ) б-ча «Манас» үчилтигинин 1-китеби (Фр., 1958). Китеп эки колонка м-н терилген, көлөмү 24252 сап ырдан турат. Китептин аягына айрым сөздөрдүн түшүндүрмөсү берилген. Эпостун бул бөлүгүн түзүүчү — К. Маликов, китепти жалпы редакциялаган ж-а кириш сөзүн жазган Б. Юнусалиев.

Эпостун бул бөлүгү белгилүү манасчы Сагымбай м-н Саякбайдын айткандарынан тышкары Кыргыз ССР ИАнын кол жазмалар фондусунда сакталып турган Шапак Рысменде уулунун, Тоголок Молдо, Модобасан Мусулманкул уулунун, Акмат Ырысменде уулунун, Багыш Сазан уулунун, Тыныбек Жапый уулунун, Ыбырайым Абдыракман уулунун ж. б. варианттарынын айрым эпизоддору ж-а үзүндүлөрү кыскартылып бириктирилип алынган.




Китептен жомок башы, Манастын балалык чагы, Алооке кандын кыргыздарды чабышы, кыргыздардын Ала-Тоодон сүрүлүшү, Жаш Манастын дөөлөр м-н кармашы, кыргыздардын Алтайдан Ала-Тоого келиши, Манастын Алооке м-н Шоорукту жеңиши, Аккуланы сатып алышы, Алмамбеттин баатырдык аңгемеси, Манастын Каныкейге үйлөнүшү, Көзкамандардын кырк чородон жеңилиши деген «Манас» эпосунун сюжеттик сызыгын түзгөн салттык туруктуу темалар орун алган.

*Ж. Сагынов*

**«МАНАС»** — курама вариант (КВ) б-ча «Манас» үчилтигинин 2-китеби (Фр., 1958). Китеп эки колонка м-н терилип, көлөмү 28908 сап ырдан турат. Китептин аягына айрым сөздөрдүн түшүндүрмөсү берилген. Эпостун 1-бөлүгүнүн 2-китебин К. Маликов түзгөн, жалпы редакциялаган Б. Юнусалиев. Китепте СОВ, СКВнын эпизоддору негиз кылып алынып башка варианттар м-н толукталып, Көкөтөйдүн ашы, Чоң казат, Кичи казат, о. эле Манастын дүйнөдөн кайтышы кирген.

**«МАНАС»** — Кызыл-Суулук (КЭР) кыргыз манасчы Жусуп Мамайдын варианты б-ча кыргыз тилинде араб ариби м-н жарык көргөн «Манас» үчилтигинин 1-китеби (Үрүмчү, 1984). Басмага даярдаган Асанбай Матили, жооптуу редактору Норух Үсөналы. Анда жалпы эле «Манас» эпосунун мааниси ж-а дүйнөлүк оозеки адабияттан алган орду көрсөтүлүп, «кыргыздардын саясий, экономика, заң-закүн, философия, тарых, география, дин, турмуштук салт-санаалар, табигый жагдай ж-а адам мү-



нөздөрү сыяктууларды бир-бирлеп өз ичине сиңирген. Ал канчалаган узун тарыхты басып өтүп, Түндүк Моңгол аймактарына, Орто Азиянын жер-жерлерине чейин баскан изин көрсөтө алат. Атап айтканда бул чыгарма кыргыз турмушунун энциклопедиясы болуп саналат. Бул улуу чыгарма жалгыз гана кыргыз элинин кымбаттуу байлыгы болуп калбастан Жаңгуа улутунун баа жеткис байлыгы, о. эле дүйнө элинин кымбаттуу байлыгы болуп каралат»,— деп тарыхый-философиялык ж-а эстетика-тарбиялык маанисине кириш сөздө токтолгон. О. эле «Манас» эпосунун мазмуну, көркөмдүгү, улуттук өзгөчөлүгү, эпос пайда болгон доор, эпостун таралышы ж-а манасчылар ж-дө кеңири баяндама берилип талдоо жүргүзгөн.

Китепке Кыргыздардын таралышы, Алоокенин кыргыздарды чабышы, Кардыгачтын туулушу, Жакыптын Магдымды алышы, Манастын төрөлүшү, Манастын Турпанда эгин эгиши, Жакыптын кандык алышы, Аккулага ээ болушу, Манастын куттуу үйүнө кайтышы, Манастын Балта дөөгө барышы, Акбалтанын Манаска айткан насааты, Манас м-н Дөөдүр алптын кагылышы, Манастын Кошойго конок болушу, Манастын Бөдөнөнү кооптон куткарышы, Кырк душмандын кырылышы, Манастын каруу-жарактарынын жасалышы, Аколпокту алып келүү, Кырк чоронун куралышы, Жаш Манастын Көңтөйдү сайышы, Манастын элге акыл-насаат айтышы, Жеңиштен кийинки той, Жайлоо, Манастын качкан калмакты кубалап Шоорукка барганы, Шооруктун Манастан жеңилиши, Манастын Накылайды алышы сыяктуу «Манас» эпосунун сюжеттик сызыгын түзгөн негизги туруктуу окуялар орун алган.

*К. Кырбашев*

**«МАНАС»** — Кызыл-Суулук (КЭР) кыргыз манасчы Жусуп Мамайдын варианты б-ча кыргыз тилинде араб ариби м-н жарык көргөн эпостун 2-китеби (Үрүмчү, 1984). Китепке Бадыкөлдүн Карманапка кол салышы, Манастын Карманапка болушуусу, Араниктеги төрт баатырдын Көкчөгө чабуулу, Манастын аларды кайта сүрүшү, Манастын Коконго аттанышы, Сынчыбектин багынышы, Банус кандын өлүшү, Карылыптын качышы, Сынчыбектин Ташкенде такка миниши, Манастын Каныкейге үйлөнүшү, Көкөтөйдүн ашына элдин чакырылышы, Коңурбайдын аштагы зордугу, Кошойдун Манаска киши жибериши, Манастын келип ашты башкарышы, Аштын шаан-шөкөттөрү, Жолойдун Аккуланын байгесин ала качышы, Көкчөкөздүн Манасты атышы, Көкчөкөздүн шумдуктары, Айжаң-жуңдун жеңилиши, Кутунайдын такка миниши, Үрбү баштаган алты кандын Манаска кат жибериши, Манастын Калдайдын шорун катырышы сыяктуу окуялар киргизилген.

**«МАНАС»** — Кызыл-Суулук (КЭР) кыргыз манасчы Жусуп Мамайдын варианты б-ча кыргыз тилинде араб ариби м-н жарык көргөн эпостун 3-китеби (Үрүмчү, 1986). Китепте Алмамбеттин Көкчөдөн кетиши, Манастын түшү, Алмамбеттин келиши, Манастын Алмамбетти алып келиши, Каныкейдин алынды болушу, Алмамбеттин Аруукеге үйлөнүшү, Манастын Ооганга жортуулу, Чынаачынын жеңилиши, Алмамбеттин Көкчөкөздү өлтүрүшү, Айчүрөккө бел куда болушу, Манастын жети канды чакырышы, Кандардын келиши, Бакайдын кан болушу, Манастын Бээжинге атташышы, Алмамбеттин кан болушу, Коңурбайдын сыйкырдуу кароолчулары, Алмамбет менен Чубактын чатагы сыяктуу окуялар камтылган.

**«МАНАС»** — Кызыл-Суулук (КЭР) кыргыз манасчы Жусуп Мамайдын варианты б-ча кыргыз тилинде араб ариби м-н жарык көргөн эпостун 4-китеби (Үрүмчү, 1989). Төртүнчү китепти төмөнкү окуялар түзөт: Чалгындагы ийгиликтер, Алмамбеттин Сыргакка жер таанытуусу, Ажаттын боюндагы жайма топ салгылашуулар, Манас м-н Коңурбайдын Ажаттын боюнда беттешүүсү, Коңурбайдын Бейжинге кире качышы, Эки жактын согушка камданышы, Ороңгу м-н Борончунун өлүмү, катардагы баатырлардын алгачкы беттешүүсү, Коңурбайдын баш-аламан уруштa Жолой баштаган жети баатырынан айрылышы, Чубактын кырк Жаң-жуңдун баласын байлап келиши, Кыргыздын такка миниши, Күлүстөн м-н Каңкелдинин туулушу, Коңурбайдын Манасты чабышы, Коңурбайдын Шыпшайдарды алдырып келиши, Көкчөнүн өлүшү, Баатырлардын өлүмү, Манастын дүйнөдөн өтүшү деген эпизод м-н үчилтиктин биринчи бөлүмү «Манас» эпосу аяктайт. Төрт китепке киргизилген окуялардын мазмунуна караганда Жусуп Мамайдын вариантынын өз алдынчалыгы ж-а айырмачылыгы өзгөчөлөнүп турат.

**«МАНАС»** — «Манас» эпосу б-ча кара сөз түрүндө жазылган *А. Жакыпбековдун* роман-эпосу (Ф., 1992). Чыгарма манасчылар Сагымбай, Саякбай ж-а Жусуп Мамайдын варианттарынын негизинде жазылган. Анда эпостун окуяларынын өзөктүк нугу сакталып, анын мотивдери, эпизоддору автордук вариациялар м-н берилген. Роман-эпостун 1-китебинин үзүндүлөрү К. Жусупов м-н авторлош болуп республикалык газета-журналдарга жарыяланган.

**«МАНАС»** — «Манас» эпосунун кара сөз түрүндөгү баяндамасы (Фр., 1986). Сагымбай

Орозбак уулу м-н Саякбай Карала уулунун варианттарынын негизинде жазылган. Түзүүчү — С. Мусаев. Жооптуу редактору — Э. Абдылдаев. 284 беттен турат. Китепте Манастын төрөлүшү, балалык чагы, алгачкы каршылашкан душмандарын жеңип, өз эли-жерине ээ болушу, үйлөнүшү, чоң казат, баатырдын өлүмү сыяктуу эпостогу туруктуу салттык окуялар толугу м-н камтылган. «Манас» үчилтигинин 1-бөлүмү м-н окурмандарды тааныштыруу, эпостун көптөгөн варианттары ж-дө жалпы түшүнүк берүү максатында кара сөз түрүнө келтирилген. Эпостун окуяларынын өнүгүш нугу, ар биринин салттуу орду өз үлгүсүндө так сакталган.

**«МАНАС»** (киргизийн ардын туульсаас) — «Манас» эпосунун моңгол тилине которулуп чыккан китеби (Улан-Баатыр, 1988). Аны В. Энэбиш которгон. Китепке эпостун төмөнкү окуялары кирген: баатырдын төрөлүшү, Көкөтөйдүн керээзи, Көкөтөйдүн ашына Манас баатырдын келиши, жамбы атуу, Манас менен Коңурбайдын эр сайышы, Кошой менен Жолойдун күрөшү, Каныкейдин каты, Коңурбайдын элдешүүнү бузушу, баатырлардын өлүмү, Манастын кайтып келиши, Манастын керээзи, Манастын өлүмү. Китептин аягына кээ бир сөздөргө түшүндүрмө берилген. Бул китептен моңгол окурмандары кыргыз элинин турмушунун көркөм энциклопедиясы болгон «Манас» эпосу ж-дө толук маалымат алышат.

**«МАНАС»** — «Манас» эпосунун орус тилине которулган китеби (М., 1960). Баш сөзү С. Липкин м-н С. Дароняндыкы. Редактору Т. Колякина. Сүрөттөрүн Г. Фишер тарткан, которгондор С. Липкин м-н Л. Пеньковский. С. Липкин баатырдын төрөлүшү, Каныкейдин каты, Коңурбайдын элдешүүнү бузушу, Баатырлардын өлүмү, Манастын кайтышы, Манастын керээзи, Манастын өлүмү, ал эми Л. Пеньковский Көкөтөйдүн ашын которгон.

**«МАНАС»** — «Манас» эпосунун орус тилине которулган «Чоң казат» бөлүмү (М., 1941). Сагымбай Орозбак уулунун варианты б-ча С. Липкин м-н М. Тарловский которгон. Баш сөзүн жазгандар ж-а редакциялап басмага даярдагандар: Е. Мозольков, Ө. Жакишев. Сүрөттөрүн тартып кооздогондор: Г. Петров, И. Костылев. Китеп СССР элдерин «Манас» эпосу м-н тааныштырууда белгилүү роль ойногон.

**«МАНАС»** — «Манас» эпосунун өзбекчеге КВ б-ча которуган 1-китеби (Ташкен, 1964). Өзбекчеге Миртемир которгон. Китепке Манастын балалык чагы, кыргыздардын Ала-Тоого келиши, Алооке менен Шоорукту жеңиши, Аккулага ээ болушу, Алмамбет баатырдын аңгемеси, Баатырдын жары бөлүмдөрү кирген. Бул китепте эпостун айрым окуялары кыскартылып ж-а кээ бир эпизоддорунун мазмуну кара сөз түрүндө берилген. Китеп өзбек окурмандарын «Манас» эпосу м-н тааныштыруу үчүн кызмат кылат.

**«МАНАС»** — «Манас» эпосунун өзбекчеге КВ б-ча которулган 2-китеби (Ташкен, 1987). Которгон Султан Акбари. Китептин башталышын Миртемир, акыркы бапты Т. Адашбаев которгон. Китеп Ч. Айтматовдун «Бийик чоку» деген баш сөзү м-н ачылат. Негизинен китеп 2 бөлүктөн турат: биринчиси «Көкөтөйдүн ашы», экинчиси «Чоң казат». Китептин аягына кээ бир сөздөрдүн түшүндүрмөсү ж-а чыгышы ж-дөгү маалыматы берилген.

**«МАНАС»** — «Манас» эпосунун тажик тилинде которулуп жарык көргөн китеби (Дүйшөмбү, 1982). Сагымбай Орозбак уулунун варианты б-ча тажик жазуучусу ж-а котормочу Атхам Аслам которгон. Китепке эпостун элдик салт болуп калган: Көкөтөйдүн ашы м-н Чоң казат окуялары кирген.

**«МАНАС»** — Сагымбай Орозбак уулунун варианты б-ча жарык көргөн «Манас» үчилтигинин 1-китеби (Фр., 1978). Китеп бир колонка м-н терилип, көлөмү 11308 сап ырдан турат. Китептин аягына айрым сөздөрдүн түшүндүрмөсү берилген. «Байыркы кыргыз рухунун туу чокусу» деген ат м-н академик Чыңгыз Айтматов баш сөз жазган. Басмага даярдап, сөздүгүн түзгөн, о. эле «Сагымбай манасчы жана анын варианты жөнүндө» деген көлөмдүү макаланы С. Мусаев жазган. Китепти көркөмдөгөн сүрөтчү Т. Герцен.

Өз доорунун мыкты жомокчуларын жакшы билген ж-а алардын варианттарындагы мурдатан салт катары аткарылып келген артык үлгүлөрүн чыгармачылык м-н өркүндөтө алган Сагымбай Орозбак уулунун бул варианты ырынын кооздугу, түзгөн элестеринин тереңдиги, эл турмушун таамай сүрөттөй алганы м-н белгилүү. Түзүүчү жомокчунун өзү кандай айтып жаздырса так ошол калыбында кийлигишүүсүз, б. а. тексттеги сөздөр, ыр саптар оңдоого, орун алмаштырууга, бир сөздүн ордуна башка сөз пайдаланууга жол берилбей, эч өзгөрүүсүз, так берүүгө далалаттанат. Элибиздин байыркы ата мурасынын эң туу чокусу «Манас» эпосунун Сагымбай Орозбак уулунун айтуусундагы «Манастын» биринчи китебине Манас баатырдын тегинен кабар берген кара сөз түрүндөгү кыскача маалыматтан тартып жаш баатырды кан шайлоого чейинки окуялар кирген. А. и. Жакып Чыйырды, Бакдөөлөт үчөөнүн көргөн кереметтүү түшү, Манастын туулушу ж-а ага той бергени, Жакып өзүнүн койчусу Ошпурга Манасты койчулукка бергени, Манастын Эсенкан жиберген тыңчыларын жайлаганы, Нескара м-н Манастын урушу, Манас жолдоштору м-н салбырынга барганы, Манастын кан шайланышы сыяктуу окуялар камтылган.

*Ж. Сагынов*

**«МАНАС»** — Сагымбай Орозбак уулунун варианты б-ча жарык көргөн «Манас» үчилтигинин 2-китеби (Фр., 1980). Китеп бир колонка м-н терилип, көлөмү 18964 сап ырдан турат. Китептин аягына айрым сөздөрдүн түшүндүрмөсү берилген. Басмага даярдап, сөздүгүн түзгөндөр: К. Кырбашев, Ж. Мусаева, Р. Сарыпбеков, О. Соронов. Редколлегиянын «Кириш сөз ордуна» деген чакан макаласы бар. Китепти көркөмдөгөн сүрөтчү Т. Т. Герцен. Китепте топтоштурулган окуялар манасчы тарабынан кандай айтылса ошол үлгүсүндө толук бойдон берилбестен кыскартылып ж-а кээ бир чоң-




чоң эпизоддор кара сөз түрүндө кыскача берилген.

Бул китепке Манасты кармап келебиз деген он бир балбандын кордук көргөнү, Жакыптын Алтайдан Анжыянга көчүшү, Манастын Текес канды жеңгени, Тейиш кандын тою, Манастын кыз Сайкал м-н беттешкени, Орго кан, Акунбешимдин жеңилиши, кыргыздардын Алтайдан Ала-Тоого көчүшү, Алооке кандын багынып, Анжыяндан качышы, Алмамбеттин Көкчөдөн кетип, Манаска кошулушу, Манастын Каныкейге үйлөнүшү сыяктуу окуялар кирген.

**«МАНАС»** — Сагымбай Орозбак уулунун варианты б-ча жарык көргөн «Манас» үчилтигинин 3-китеби (Фр., 1981). Китеп бир колонка м-н берилип, көлөмү 12760 сап ырдан турат. Эпостун бул бөлүгүн даярдап, сөздүгүн ж-а тиркемелерди түзгөн С. Мусаев, китепти көркөмдөгөн сүрөтчү Т. Т. Герцен.

Китеп эпостун белгилүү чоң эпизоддорунун бири «Көкөтөйдүн ашы» м-н башталат. Көкөтөйдүн керээзи, Бокмуруңдун элге кабар жибергени, Көкөтөйдү койгону, Бокмурун Көкөтөйгө аш берүү үчүн элди чогултуп кеңеш кылганы, Айдарга эл чакыртканы, Коңурбайдын Бокмуруңдан Мааникерди өкүм м-н сураганы, Кошой м-н Жолойдун күрөшү, Манас м-н Коңурбайдын сайышы, чапкан аттардын келиши, кытай-калмактардын байгеге зордук кылып чатак чыгарышы сыяктуу окуялар кирген. Китептин аягына айрым сөздөрдүн түшүндүрмөсү ж-а 1-, 2-, 3-китептеги кезиккен адам аттары, этнонимдер, топонимдердин, ат ысым көрсөткүчүнүн тиркемеси берилген.

**«МАНАС»** — Сагымбай Орозбак уулунун варианты б-ча жарык көргөн «Манас» үчилтигинин 4-китеби. Китеп бир колонка м-н терилип, көлөмү 15268 сап ырдан турат. Эпостун бул бөлүгүн басмага даярдап ж-а тиркемелерди түзгөн Э. Абдылдаев, китепти көркөмдөгөн сүрөтчү Т. Т. Герцен. Китепке эпостун белгилүү эпизоддору Жети кандын кеңеши, элчилердин Манаска барышы, Манастын кандарды күткөнү, колдун Бээжинге аттанышы, Каныкейдин сарамжалы, Алмамбетти кан көтөргөнү, аскерлердин жолго аттанышы, Алмамбеттин Сыргакты чалгынга баруугa тандашы, Алмамбет баатырдын чалгынга жөнөрдүн алдында кытайдын көптүгүн Манаска айтканы, Макел-Малгундун Алмамбеттен жеңилиши, Алмамбет м-н Сыргактын Бээжинге чалгын чалышы, Алмамбет баатырдын элжерин, атасынын сарайын көрүп арман кылганы, Карагулга жолукканы, Карткүрөңдү жылкыга кошуп, жылкы тийгени, Коңурбай жылкылардын артынан келип уруш салганы, Кыргыздардын колуна Сыргактын кабар бергени сыяктуу окуялар киргизилген. Китептин аягына адам аттарынын, этноним, топонимдердин, ат (ысым) көрсөткүч тиркемеси берилген. *Ж. Сагынов*

**«МАНАС»** — Саякбай Карала уулунун варианты б-ча жарык көргөн «Манас» үчилтигинин 1-китеби (Фр., 1984). Китеп эки колонка м-н терилип, көлөмү 52680 сап ырдан турат. Эпостун бул бөлүгүн басмага даядап, сөздүгүн ж-а тиркемелерин түзгөндөр: Р. Кыдырбаева м-н А. Жайнакова, «Чоң манасчы Саякбай жана ал айткан вариант» деген кириш сөзүн С. Мусаев жазган. Китептин аягына айрым сөздөрдүн түшүндүрмөсү берилген. Аны көркөмдөгөн сүрөтчү Т. Курманов.

Бул китепке эпостун башталышынан тартып «Көкөтөйдүн ашына» чейинки окуялар топтолгон: Манастын бабаларынын баяны, Манастын туулушу, балалык чагы, анын алгачкы эрдиктери, Манасты кармоого он миң кол м-н келген Жолой м-н Дөңгөнү жеңгени, Манастын Кошойду издеп барып жолукканы, кытай м-н экинчи урушу, Кытайдан Жарманас м-н Билерикти бошотуп келаткан Кошойдун Манаска кошулушу, кыргыздардын Таласка келиши, Манастын Аккулагы ээ болушу, Манастын Бакай, Ажыбайга жолугушу, Алоокени жеңип, Манастын кан көтөрүлүшү, Шоорук канды жеңип, кызы Акылайды тартууга алганы, Чубактын төрөлүшү ж-а анын Манаска келип кошулушу, Манас баатырдын Каныкейге үйлөнүшү. Бирок, аталган окуяларды бүт бойдон басмадан чыгаруу мүмкүн эместиги эске алынып, сөзмө-сөз кайталоого жата турган (эпикалык кайталоолор буга жатпайт) ыр саптары кыскартылган. О. эле китеп чыккан кездеги айрым идеялык мүнөздөгү талаптарга туура келбеген жерлер китепке кирген эмес. *Ж. Сагынов*

**«МАНАС»** — Саякбай Карала уулунун варианты б-ча жарык көргөн «Манас» үчилтигинин 2-китеби (Фр., 1986). Китеп эки колонка м-н терилип, көлөмү 30000 сап ырдан турат. Эпостун бул бөлүгүн басмага даярдап, сөздүгүн түзгөндөр: С. Мусаев ж-а М. Мукасов. Китептин аягына айрым сөздөрдүн түшүндүрмөсү берилген. Аны көркөмдөгөн сүрөтчү Т. Курманов.

Бул китепте Көкөтөйдүн ашы, жети кандын чатагы, колдун чоң казатка аттанышы, Алмамбет м-н Сыргактын чалгынга жөнөшү, Чубактын чатагы, Алмамбеттин жомогу, чалгын чалуу, кытай жеңилип, Эсенкан Манаска Чет-Бээжиндин кандыгын бергени, Манастын жарадар болгону, Кожожаштын келиши м-н




кыргыздардын жеңилиши, баатырлардын өлүшү, Таластан Тайбуурулдун келиши ж-а Манастын акыркы урушу, колдун кайтышы берилген. Китеп Манастын өлүмү, Каныкейдин Манаска күмбөз салдырганы, акылмандык м-н Манастын сөөгүн жашырын койгону м-н бүтөт.

Саякбай алгач Көкөтөйдүн ашын «Семетейде» жаздырган. 1968-ж. эпосту кайталап жаздырганда ушул тартипте айткандыктан түзүүчүлөр аштын окуяларын «Семетейге эмес», «Манаска» киргизишкен.

*Ж. Сагынов*

**«МАНАС»** — «СССР элдеринин эпостору» сериясынан кыргыз ж-а орус тилдеринде жарык көргөн «Манастын» 1-китеби (М., 1984). Тексти Сагымбай Орозбак уулунун варианты б-ча даярдалган. Китепке Манас баатырдын төрөлүшү, балалык чагы, өспүрүм кезиндеги алгачкы эрдиктеринен баштап кыргыз урууларынын башчылыгына — кан шайлаганга чейинки окуялар камтылган. Орусчага СССР ИАнын А. М. Горький атн. дүйнөлүк адабият ин-тунун илимий кызматкерлери А. С. Мирбадалева, Н. В. Кидайш-Покровская которуп, Кыргыз ССР ИАнын «Манас» секторунун ал кездеги башчысы С. Мусаев, сектордун илимий кызматкерлери м-н бирдикте басмага даярдаган. Орусча котормосу улуттук өзгөчөлүгү м-н берилип, сөздүк ж-а айрым сөздөрдүн түшүндүрмөсү м-н коштолот.

**«МАНАС»** — «СССР элдеринин эпостору» сериясынан кыргыз ж-а орус тилдеринде жарык көргөн «Манастын» 2-китеби (М., 1988). Китепте Манастын турмушу ж-а эрдиктери, бытырап кеткен кыргыз урууларын бириктириши, ата журтун душмандардан коргогон күрөштөрү, Алмамбет баатыр м-н эмчектеш тууган болушу, Атемирдин кызы Каныкейге үйлөнүшү баяндалат. Китеп белгилүү манасчы Сагымбай Орозбак уулунун варианты б-ча түзүлүп, анын кыргызча тексти м-н катар орусча котормосу да берилген. Орусчага СССР ИАнын А. М. Горький атн. дүйнөлүк адабият ин-тунун илимий кызматкерлери А. С. Мирбадалева м-н Н. В. Кидайш-Покровская которгон. Басмага Б. М. Юнусалиев, С. Мусаев, К. Кырбашев, Ж. Мусаева, Р. Сарыпбеков, О. Соороновдор даярдаган.




**«МАНАС»** — «СССР элдеринин эпостору» сериясынан кыргыз, орус тилдеринде чыккан «Манас» эпосунун 3-китеби (М., 1990). Китептин тексти негизинен Сагымбай Орозбак уулунун варианты б-ча даярдалган. Китепте кыргыз элинин үрп-адат, каада-салты кеңири чагылдырылган. «Көкөтөйдүн ашы» эпизоду камтылган. Китеп кыргызча тексти ж-а орусча котормосунан турат. Аягында комментарийлер м-н айрым сөздөрдүн түшүндүрмөсү берилген. Орусчага СССР ИАнын А. М. Горький атн. дүйнөлүк адабият ин-тунун илимий кызматкерлери А. С. Мирбадалева, Н. В. Кидайш-Покровская которгон. Басмага Б. М. Юнусалиев, С. Мусаев, Э. Абдылдаев, Р. Кыдырбаева, К. Кырбашев, А. Жайнакова, Р. Сарыпбеков, С. Бегалиев ж. б. даярдаган.

**МАНАС** — топоним. Дагстандын Ленин р-нундагы климаттык курорт. Каспий деңизинин жээгинде. Махачкала шаарынан 50 *км* түш.-чыгышта. Курорттун аймагында минерал суулар (йод-бром) бар. Мында «Каспий», «Чайка» санаторийлери, эс алуу үйлөрү иштейт. Бул курорттун, о. эле Дагстандагы башка жер-суу аталыштары (Манаскент, Манасмахи, Манас темир жол станциясы ж. б.) мында илгертеден жашап келаткан ногой калкынын дастанына байланыштуу деп каралат. Ногой, кыпчак ж. б. уруулар Түн. Кавказга Алтын-Ордо кулагандан кийин (15-к.) ооп келген. Манас ногой уругунан чыккан дегенди эске алганда Дагстандагы топонимикалык «Манасиа» да Манастын ысымына байланыштуу экендигин байкоого болот.

**МАНАС** — топоним. Дагстандын Ленин р-нунун аймагындагы темир жол станциясы. Каспий деңизинин жээгинде. Махачкала шаарынан 34 *км* түш.-чыгышта. Станциядагы кыштакта кумык, авар, даргин, орус ж. б. эл жашайт.

**МАНАС** — топоним. Индиянын түн.-чыгышы м-н Бутандагы (башаты Кытайда) дарыя. Брахмапутранын оң куймасы. Уз. 400 *км* чамасында. Гималай тоолорунан башталат. Жаз — жай айларында кар, мөңгүнүн эришинен, муссон жамгырларынан суу кирип, ташкын пайда кылат. Сугатка пайдаланылат.

**МАНАС** — топоним. Казакстан аймагындагы тоолуу жер, жайлоо. Эртиш дарыясынын баш жагында, ландшафты шалбалуу талаа. Жер-

гиликтүү элдин айтымында топоним Манас доорунан калган эстелик. Эпостогу белгилүү көп окуялар Эртиш дарыясынын чөлкөмүндө өткөн. Жердин атынын Манаска тиешеси бар экенин Ч. Валиханов да ырастайт (1860).

**МАНАС** — топоним. Казакстан (Жамбыл обл., Георгиевка р-ну) аймагындагы бейит, мазар. Чүй дарыясынын оң жээгиндеги Какпак-Суунун чатынан бир аз ылдый. Мазардын орду революцияга чейин жарыяланган топографиялык карталарда көрсөтүлгөн.

**МАНАС** — топоним. Казакстан (Жамбыл обл., Луговой р-ну) аймагындагы кыштоо. Кыргыз Ала-Тоосунун түндүк этегинде. Малдыбай темир жол станциясынан түш.-чыгышта. Топоним Манастын ысмына байланыштуу аталган.

**МАНАС** — топоним. Кыргызстандын (Нарын обл., Жумгал р-ну) аймагындагы кыштоо. 1913-ж. өткөн чарбалык каттоодо белгилүү болгон. Топоним Манас баатыр жүргөн жерлердин бири деп эсептелет.

**МАНАС** — топоним. Кытайдын батышындагы дарыя. Чыгыш Тянь-Шандын түн. капталындагы дарыялардын эң ириси. Ирен-Хабырга массивиндеги мөңгүлөрдөн башталат. Башталышында терең ж-а кууш капчыгайлар, ортоңку ж-а төмөнкү агымында Жунгар түздүгү аркылуу өтүп, Манас (Ихэ-Хак) көлүнө куят. Уз. 402 *км*, 20-к-дын 40-жылдарына чейин Айран-Көлгө куйган. Сугатка пайдаланылат.

**МАНАС**, Манса, Маниса, Манас — топоним. О. Азияда о. кылымдарда жайгашкан бийик тоолу өлкөнүн ысмы. Фарс тилинде жазылган «Худад ал Аламда» жолугат (10-к.). Анонимдик автордун бул эмгеги б-ча Манса эбегейсиз зор, көп тармактуу залкар тоо системасы. Манса түштүктө Тибеттен башталып, түндүктө «Тараз менен Шелжинин» (азыркы Талас өрөөнүнүн орто бөлүгү) чегине, батышта Туран ойдуңунан, чыгышта Кытайга чейин созулат. Тоо системасынын чыгыш жагы Тафкан, борбордук бөлүгү Игражарт, түштүк тарабы Буттем деп аталган. Мансанын айрым тармактары кыргыздардын өлкөсүн көздөй да бет алган.

Маниса тоо системасынын негизги бөлүгүн азыркы кыргыз жергесинин Ала-Тоосу алып турган. Талас Ала-Тоосунун бийик чокусу — Манас (Манас-Ата) илгерки Маниса топониминин өзгөргөн формасы (А. Н. Бернштам, 1947) же тескерисинче, Мансанын (Маниса) өзү андан мурунку Манас ысмынын араб жазуусунун тыбыштык системасынын бир мүчүлүштүк көрүнүшү деп каралышы мүмкүн.

*С. Өмүрзаков*

**МАНАС** — топоним. Өзбекстандын Самаркан ж-а Сурхан дарыя обл-тарында жайгашкан канал. Зарафшан дарыясынын чөлкөмүндө, б. з. ч. биринчи миң жылдыкта курулган. Зарафшан дарыясынан чыгарылган канал 300 *км*ге созулуп, анын суусу м-н Зарафшан ж-а Каршы өрөөндөрүнүн кургак талаа, чөлдөрү сугарылган. Ал о. кылымдарда, Тимурдун убагында да ирригациялык маанисин жоготкон эмес. Совет бийлигинин тушунда канал кайра курулуп, кеңейтилген. Каналдын нугу м-н секундасына 45$^3$ *м* суу агат. Топоним Манас атанын ысмына байланыштуу аталган болуу керек.

**МАНАС** — топоним. Сокулук р-нундагы Ат-Башы айыл советине караштуу кыштак. Ат-Башы дыйканчылык өндүрүш заводунун аймагында, Бишкек — «Манас» аэропорту авт. жолунун боюнда. Райондун борбору Сокулук кыштагынан 40 *км* түн.-чыгыш тарапта. 1950-ж. негизделген. Калкы 3473 (1987); негизинен жашылча өстүрүүдө эмгектенишет. Орто мектеп, амбулатория, балдар бакчасы, маданият үйү, китепкана бар. Үй канаттуулар заводу, өрдөк фабрикасы иштейт.

**МАНАС**, Манас-Ата — топоним. Талас Ала-Тоосунун эң бийик жеринин бири. Бийиктиги 4483,8 *м*. Талас тоо кыркаларынын күн батышында, Күркүрөө суу алабынын баш жагында жайгашкан. Казакстан м-н Кыргызстанды бөлүп турган чек арадан 3125 *м* түндүктө. Өзгөчө бийиктиги, сөлөкөтү, алып турган орду м-н Манас-Ата башка тоолордон бөлүнүп, айырмаланат. Жалпы түрүгү сүйрүчө: түштүктөн түндүктү карай узун (8—9 *км*), туура жагы кыска (5—6 *км*). Тулку байыркы палеозойдук сланец, акиташ, кумдак таш (песчаник) тоо тектеринен курулган.

Тоонун баш жагы, чоку бөлүгү (400 *м* өйдө) конус формасында, тик, жылаңач. Анын бир гана түндүк бети тайпак, узун, 7—8 *км* созулуп, этеги 1500—2000 *м* бийиктикте бүтөт. Калган жактары тик, жантык. Батыш капталы 3—4 *км*, түштүк бети кыска 500—600 *м*, чыгыш тарабы аска-зоокалуу, 4000—3800 *м* чейин гана созулат. Түштүк ж-а чыгыш жагынан коңшу бийик тоолор м-н туташып кетет. Манастын тоосунан бир кыйла майда суулар (Куруч-Көлдүн, Аташ-Чапкандын оң куймалары) куралат. Алардын ирилери — Кара-Шылдыр, Дандыр.

Элдик уламыш б-ча Манас Талас Ала-Тоосунун жонуна чыгып, эл-журт тынчпы, келет-кан душман — жоо барбы, жокпу деп ары жак, бери жакты карачу экен. Ошондон эл тоону ыйык көрүп, Манас-Атанын тоосу деп атап калган дейт.

*С. Өмүрзаков*

**МАНАС** — топоним. Талас обл-нын Манас р-нундагы Май айыл советине караштуу кыштак. «Манас» совхозунун аймагында, Кызыл-Адыр тоосунун этегинде жайгашкан. Райондун борбору Покровка кыштагынан 23 *км* батыш тарапта. 1925-ж. негизделген. Калкы 601 (1986), негизинен тамеки өстүрүүдө эмгектенишет. Башталгыч мектеп, китепкана бар.

**МАНАС** — топоним. Талас р-нундагы Чоң-Алыш айыл советине караштуу кыштак. «Манас» колхозунун аймагында, райондун борбору Талас шаарынан 25 *км* чыгыш тарапта. Калкы 6259 (1977). Эки орто мектеп, китепкана, медпункт бар.

**МАНАС**, Манасаровар, Манам-Цо — топоним. Тибеттин түш.-батышында Гималай тоо кыркаларынын түндүк этегиндеги көл. Сатлеж (Инди дарыясынын сол салаасы) өзөнүнүн

башталыш жеринде. Көл деңиз деңгелинен 4557 *м* бийиктикте жатат. Аянты 500 чарчы *км* чамасында. Көл балык, каз-өрдөккө бай, жээктери малга жайыт. Индия, Тибет элдери Манас көлүн ыйык көрүп, ага сыйынышат.

**«МАНАС»** (Тынчтык проспектиси 47, Бишкек ш.) — кең экрандуу кинотеатр. 1966-ж. ачылган. 740 орундуу. Сов. ж-а чет элдик фильмдер көрсөтүлөт. «Кино жана мезгил» студенттик кинолекторий, «Светофор», «Жылдызча», балдар киноклубдары, о. эле видеозалдары бар. Фоесинде кинорекламаларды ж-а хроника көрсөтүү үчүн күндүзгү проекция установкасы иштейт.

**«МАНАС» АДАБИЙ-ЭТНОГРАФИЯЛЫК МУЗЕЙИ.** 1976-ж. Кыргызстан КП БКнын ж-а Кыргыз ССР Министрлер Советинин токтомуна ылайык Таласта Манас күмбөзүнүн жанына «Манас» адабий-этнографиялык музей түзүү каралган ж-а музей түзүлгөн. Музейдин көргөзмө бөлмөсүнүн аянты 30 $м^2$ди түзөт. Ал эки бөлүмдөн турат: 1) 19-к-дын аягы — 20-к-дын башына таандык этнографиялык буюмдар; 2) «Манас» эпосунун кино, театр, сүрөт өнөрүнө тийгизген таасири ж-дөгү ж-а эпоско байланыштуу илимий ж-а адабий чыгармалар коюлган. Музейдин фондусунда 500гө жакын экспонат, а. и. этнографиялык буюмдар, археологиялык табылгалар, фотосүрөттөр, живопись ж-а графикалар бар. Музейде 5 кызматкер иштейт. 1988-ж. бул музейди «Манас» мамлекеттик музей-коругу деп аталып, уюштуруу ж-а комплектөө маселелерине байланыштуу бир кыйла иш чаралар жүргүзүлө баштады. Улуттук рухтун калыптанышында, ыймандуулукка ж-а эстетикалык тарбиялоо ишинде музейдин пропагандалык мааниси зор. Анда эмгектин, согуштун ардагерлери, эмгек баатырлары м-н жолугушуулар уюштурулуп, «Манастын» элдин тарыхы м-н байланышы, эпостун мааниси ж-дө лекция, доклад, тематикалык кечелер өткөрүлүп турат.

**МАНАС АРАЛЫ** — топоним. Казак ССРиндеги Арал деңизинин чыгышында жайгашкан арал. Аянты 19 $км^2$. Уз. 7,5 *км*, туурасы 1,5 *км*ге чейин. Деңиз деңгээли м-н бийиктиги 10 *м*дей. Камыш, шоро чөп ж. б. өсөт. Батыш жагы тик жарлуу.

**МАНАС-АРЫК,** Таш-Арык — о. кылымдагы ири канал. Талас өрөөнүндө, туурасы 5—7 *м*. Кыргыз Ала-Тоо кыркасынын этегин жээктеп, Ак-Дөбө шаар урандысына (6—7-к.) чейин 14 *км* узундукта созулуп жатат. Илимий адабияттарда «Таш-Арык» деп берилгени м-н эл оозунда М.-А. деп айтылат.

**МАНАС АТА ОРДОСУ** — чыгармачыл ж-а өндүрүштүк коом. Кыргыз Республикасынын интеллигенттеринин, окумуштууларынын демилгеси м-н уюшулган (июнь, 1990). Ишин коомдун мүчөлөрүнүн ыктыярдуулугунун, коллегиялуулугунун ж-а чыгармачылык демилгесинин негизинде жүргүзөт. Коомдун максаты — жергебизде этнографиялык борбор уюштуруп, түпкү ата-тегибиздин этностук тарыхын (сак, гунндардан тартып) изилдөө, Манас ж-дө жазылган китеп, тартылган кино, ага байланыштуу уламыштарды, ар кандай пландагы маалыматтарды чогултуп, чет жактан келген меймандарды эпос, анын каармандары, айтуучулар м-н кеңири тааныштыруу, улуу чыгарманын маанисин элге жеткирүү. О. эле кыргыздардын укумдан-тукумга өтүп келаткан салт-санаасын, үрп-адатын иликтеп, аларды пропагандалоо. Келечекте Коом өз өкүлдөрүн Кытай эл республикасына ж-а араб өлкөлөрүнө чейин жиберип, унутулуп бара жаткан Азиянын тарыхын үйрөнмөкчү ж-а түрк элдеринин маданиятына ылайык Манас-Ата эл аралык сыйлыгын уюштуруп, кыргыз элинин турмуш-тиричилигин, улуттук өзгөчөлүгүн, адабиятын, маданиятын, ар тараптан изилдеген адамдарга ыйгарып турат. Областтарда, райондордо, айылдарда Коомдун бөлүмдөрү ачылып, республиканын атагын даңазалоого багытталган ар тараптуу иш-аракеттерди кеңири жүргүзүүдө. Ордонун президенти — жазуучу, кинодраматург Ю. Тойчубеков.

*М. Дүйшөнбеков*

**МАНАС АТА СЫЙЛЫГЫ,** Эл аралык Манас Ата сыйлыгы — эл аралык мамлекеттик эмес Манас Ата ордосунун сыйлыгы. 1991-жылдын ноябрь айында уюштурулган. Сыйлык эки жылда бир жолу кыргыз адабиятын, маданиятын өнүктүрүүгө, каада-салтын байытууга — элдин рухий деңгээлин жогорулатууга кошкон чоң салымы үчүн Кыргызстан жана башка өлкөлөрдүн адабият, өнөр, маданият, саясат ишмерлерине ыйгарылат. Сыйлык ээсине атайын төш белги ж-а миң сом өлчөмүндө акча берилет. Сыйлык алгач жазуучу Түгөлбай Сыдыкбековго ыйгарылган (1992).

**МАНАСАУЛ** — топоним. Дагстан республикасынын Буйнак р-нунда жайгашкан кыштак. Негизги калкы — аварлар. 1859-жылдан кийин негизделген. Элдик этимология топонимдин чыгышын кумыктардын «нас авул» (ыплас кыштак) деген сөздөрүнө ж-а Манас ысымына (антропоним) алпарып такайт. Бирок, бул түшүнүктөрдүн калпыс, этимондун сырын ачалбасы ж-а кийинки жоромолдордон экени ачык эле көрүнүп турат.

**МАНАС-АШУУ** — азыркы Талды-Коргон облнын (Казакстан) чөлкөмүндөгү Тарбагатай тоо кыркасынын ашууларынын биринин энчилүү аты. Белгилүү саякатчы В. А. Обручев өз көзү м-н көрүп: «Өрөөн (Зайсан көлүнүн аймагы) Саур менен Тарбагатайдын көчмөндөрүнүн турмушунда чоң мааниси болгон болуу керек. Мында дайыма таасирдүү адамдар көчүп жүрүшкөн. Ал эми Тарбагатайдын ашууларынын бири Манас-Ашуусу деп аталат. Манас — кыргыздын белгилүү эпосунун каарманы. Уламыш б-ча ал Зайсандын түздөрүндө көчүп жүргөн»,— деп жазган.

**«МАНАС АЭРОПОРТУ»** (Бишкек ш.)— Кыргыз Республикасынын атуулдук авиация башкармасынын эң ири аэропорту. Эпостун баш каарманы Манастын ысымынан коюлган. 1974-жылдан пайдаланылууда.

**«МАНАС» БӨЛҮМҮ** — Кыргыз Улутуук Илимдер академиясындагы Адабият жана искусство институтунун «Манас» эпосун жый-

ноо, жарыялоо ж-а комплекстүү изилдөө иштерин жүргүзүүчү бөлүмү (мурдагы «Манас» сектору). 1924-ж. Ташкенде уюштурулган академиялык борбордун кыргыз бөлүмү 1925-ж. Фрунзеге көчүрүлүп, Кыргызстандагы илимий иштерди координациялаган. Илимий комиссия катары кыргыз тилинде окуу китептерин, мектеп программаларын түзүү, о. эле элдик оозеки чыгармаларды жыйноо, системага салуу иштерин жүргүзгөн. Илимий мекеме 1930-ж. Маданий курулуш ин-туна, 1936-ж. Кыргыз тили ж-а жазмасы илим изилдөө ин-туна, 1940-ж. 14-мартта Кыргыз ССР ИАнын Тил ж-а адабият ин-туна айландырылган. Анда кыргыз тили, адабияты ж-а «Манас» эпосу деген үч сектор болгон. «Манас» секторунун уюшулушу м-н «Манас» эпосуна көңүл бурула баштаган. 1942-ж. ин-тта Фольклор ж-а этнография бөлүмү ачылып, «Манас» сектору ушул бөлүмгө кошулат. 1943-ж. Фольклор ж-а «Манас» эпосу өзүнчө бөлүм болуп, элдик оозеки чыгармачылык, «Манас» эпосу б-ча илим изилдөө иштерин жүргүзгөн. 1948—56-ж. Фольклор ж-а «Манас» эпосу бөлүмү Кыргыз адабияты бөлүмүнө кошулуп, «Манас» эпосун жыйноо, изилдөө ж-а басмага даярдоо Адабият бөлүмүнүн чегинде жүргүзүлгөн. Кыргыз фольклорун тарыхый аспектиде карап чыгуунун, өзгөчө «Манас» эпосунун проблемалык маселелери б-ча изилдөөчүлөрдүн негизинде «Манас» секторун кайрадан уюштуруу маселеси күн тартибине коюлду. 1956-ж. ин-ттун тутумунда «Манас» сектору уюштурулуп, илимий кызматкерлердин милдети «Манас» эпосунун көптөгөн варианттарын изилдеп үйрөнүү болгон. Ин-ттун кол жазмаларды сактоо ж-а жарыялоо фондусунда (азыр Кол жазмалар ж-а жарыялоо бөлүмү) 60тан ашуун варианты бар. Тоголок Молдо, Молдобасан Мусулманкул уулу, Мамбет Чокмор уулу ж. б. манасчылардан жазылып алынган эпостун тексттеринин түп нускалары Кол жазмалар фондусунда сакталып турат.

Сектордун илимий кызматкерлери варианттарды үйрөнүү м-н гана чектелбестен эпосту дагы да эл арасында жыйноо, жыйналган материалдарды жарыялоо ж-а изилдөө иштерин жүргүзүшкөн. Өзгөчө академик Б. М. Юнусалиевдин эмгеги зор. Анын жетекчилиги м-н «Манас» үчилтигинин курама варианты жарык көргөн. Сектордун кызматкерлери 1970—80-жылдардын ичинде Сагымбай м-н Саякбайдын варианттарын басмага даярдаган (к. китептер тууралуу атайын макалаларды). О. эле Москвадан кыргыз ж-а орус тилдеринде «СССР элдеринин эпосу» сериясынан чыгуучу «Манас» эпосунун 4 томдугун басмага даярдашты.

Сектордун илимий кызматкерлери (*Э. Абдылдаев, З. Мамытбеков, С. Бегалиев, А. Жайнакова, Б. Керимжанова, Р. З. Кыдырбаева, С. Мусаев, М. Мамыров, К. Кырбашев, Р. Сарыпбеков, О. Сооронов*) эпосту жыйноо ж-а жарыялоо м-н катар эпостун ар кыл аспектидеги проблемалык маселелерин изилдөөгө кайрылып, ар түрдүү темадагы илим изилдөө иштерин жүргүзүп, монографиялык эмгектерди жаратышты. Авторлор эпостун жаралуу доорун, тарых м-н байланышын, тигил же бул варианттын идеялык-көркөмдүк өзгөчөлүктөрүн, композициясынын ж-а сюжет курулушунун варианттарындагы айырмачылыктарын, манасчылардын жекече айтуучулук чеберчилигин, эпостун варианттарынын стилдик жактан өзгөчөлүктөрүн, поэтикасын ж. б. проблемалык маселелерине көңүл буруп, манастаануу илимине өз салымдарын кошту. О. эле «Манас» эпосунун маселелери б-ча мезгилдүү басма сөз беттеринде макалаларды жарыялашып, радиоуктурууларга, телекөрсөтүүлөргө катышып, эпосту элге терең тааныштырууга көп күч жумшашты. О. эле эпоско арналган ар кандай симпозиум, конференцияларды өткөрүүгө да активдүү катышууда.

1989-жылдан «Манас» сектору «Манас» эпосун комплекстүү изилдөө б-ча бөлүмгө айландырылып, аны философиялык, тарыхый, этнографиялык, музыкалык, лингвистикалык ж. б. аспектиде изилдөөнү ишке ашыруу максатында жаңы адистер м-н толукталды.

Бөлүм жакын арада СОВ б-ча «Манас» эпосунун академиялык басылышынын үстүндө иш алып барууда. Ошону м-н катар эле эпосту комплекстүү изилдөөнүн айрым теориялык маселелери бөлүмдүн илимий кызматкерлеринин иш алып барат. Ошону м-н катар эле эпосту 13 кызматкер иштеген. Фольклор ж-а «Манас» эпосу бөлүмү уюшулгандан «М». б. болгонго чейин бул илимий мекемени ар жылдарда М. И. Богданова, З. Бектенов, Б. Керимжанова, Ө. Жакишев, Р. Кыдырбаева, С. Мусаев жетектеген. 1989-жылдан Р. Кыдырбаева жетектейт.

*К. Кырбашев*

**«МАНАС ВЕЛИКОДУШНЫЙ»** — Семён Липкиндин «Манас» эпосунун сюжетинин негизинде жазган повести. Ал үч жолу басмадан чыккан (М., 1947, 1948, 1958). Повесть «Манас» эпосунун салттык сюжетинин окуяларын кыскартып, кээ бир жерлерине өзүнүн кошумчалары киргизилип, мектеп окуучуларына арналып жазылган. Китеп үч баптан турат. Биринчи бапта: түш көрүү, ат коюу, кырк чоро, Кошой м-н жолугушуу, Алооке кандын качышы, Айкөлдүн аялы, Көкөтөйдүн ашы, Бабалардын жери ж. б, экинчи бапка: кандардын бүтүмүнөн чоң казатка чейинки окуялар кирген, үчүнчү бапта: чалгынга чыгуу, туулган жер, баатырлардын кармашы, чыккынчылык, акыркы кармашуулар ж. б. камтылган. Китеп көркөм сүрөттөр м-н кооздолгон. Сүрөтчүсү Л. Фейнберг, кириш сөзүн А. Токомбаев жазган. Повесть жарык көргөндөн кийин көп узабай эле чет тилдерге да которулуп жаштардын сүйүктүү китебине айланган.

**«"МАНАС" ГЕРОИЧЕСКИЙ ЭПОС КИРГИЗСКОГО НАРОДА»** — «Манас» эпосу ж-дөгү орус тилинде жазылган илимий макалалардын жыйнагы (Фр., 1968); Китепте кириш сөз ордуна берилген «Редактордон» деген макаланы С. Мусаев жазган. Жыйнакка белгилүү илимпоздор м-н «Манас» изилдөөчүлөрдүн ар кайсы мезгилде жазылып, эпосту изилдөөнүн

түрдүү проблемаларына арналган төмөнкү макалалары топтоштурулган: *В. В. Радловдун* 1885-ж. Санк-Петербургдан чыккан «Түндүк түрк урууларынын элдик адабиятынын үлгүлөрү» деген эмгегинин 5-томунун «Баш сөзү», *Ч. Ч. Валихановдун* «Жунгария очерктеринен» үзүндү, *Г. Алмашинин* «Манас баатырдын уулу Семетей менен коштошкону», *П. Фалевдин* «Кара кыргыз былинасы кандай курулат», *Е. Д. Поливановдун* ««Манас» эпосунун орусча котормосунун принциптери жөнүндө», *К. А. Рахматуллиндин* «Манасчылардын чыгармачылыгы», *А. Н. Бернштамдын* «Кыргыз эпосу «Манастын» пайда болуу доору», ««Манас» деген аттын келип чыгышына карата», *П. Н. Берковдун* ««Манастагы» Ата Мекен идеясы», *С. М. Абрамзондун* «Кыргыздын баатырдык эпосу «Манас» этнографиялык булак катары», *Б. М. Юнусалиевдин* ««Манас» кыргыздын баатырдык эпосу». Бул жыйнактын материалдары алгач М. Ауэзов тарабынан топтоштурулуп, басууга 1948-ж. даярдалган, бирок ар кандай себептер м-н чыкпай калган. Кийин кээ бир эмгектер жарыкка чыгып, айрымдары актуалдуулугун жоготконуна байланыштуу Ауэзов даярдаган материалдардын бардыгы жыйнакка киргизилген эмес.
*Ж. Сагынов*

**МАНАСИЯ** — топоним. Сейфад-Дин Аксыкентинин «*Мажму ат-таварих*» эмгеги б-ча Алтын-Ордонун 14-к-дын аяк чениндеги каны Токтомуш Манас баатыр үчүн курдурган шаар. «Манас» эпосунун кийинки кездерде жазылып алынган варианттарында да М. шаары Манаска арналып салынганы айтылат. Географиялык реалияда Чыгыш Теңир-Тоонун түндүгүндө М. аттуу шаар ж-а дарыя бар.

**МАНАСКА БАЙЛАНЫШТУУ АТАЛГАН ЭНЧИЛҮҮ АТТАР** — элдик уламыштарда «Манастын» каармандарынын, тулпарларынын, курал-жарактардын, жер-суулардын ж-а реалдуу турмуштагы мекеме, көркөм чыгармалардын энчилүү аты, наамы. Элдик түшүнүк, ишенимде «Манастын» кейипкерлерин урматтоо, ыйык тутуу салттык көрүнүш. Эпостун каармандарынын ысымдары, минген тулпар аттары, кармашкан жерлери ж-дө легендарлык аталыштар кыргыз элинин арасында көп айтылат. Нечен кооз жерлер, тарыхый эстеликтер, мазар, күмбөз жайлары эпикалык каармандардын ысымында аталат. Бул болсо элдин өзүнүн бардык жакшы тилектерин, жагымдуу ойлорун, элдик баатырдын айлана-

Манастын ордо ойногон жери (Кара-Тоонун үстү, Кочкор өрөөнү).





Манастын дабла (бута) ташы (Кеңкол өрөөнү).



Манастын оттук ташы (Ысык-Көл өрөөнү).



Манастын Кара-Тоодон жылкы тосуп, ыргыткан ташы (Кочкор өрөөнү).



Бакай-Таш тоосу (Талас өрөөнү).

сына топтошу, алардын адилеттүүлүктү көздөгөн көрүнүшүн, көрсөткөн эрдигинин эл кыялында жогору бааланышы м-н түшүндүрүлөт. Эпостун баш ж-а негизги каармандары кыргыз эли үчүн ата мекен, эне дегендей эле сыймыктуу. Элдик уламыш б-ча үчилтиктин айрым каармандары — Бакай, Каныкей, Семетей, Күлчоро, Айчүрөк, о. эле Тайбуурул, Акшумкар, Кумайык өмүрүнүн акырында кайып болуп кетишет. Ошондуктан, эл сүйгөн каармандарынын ысымын сыймыктануу м-н эскеришет. Алардын баатырдыгын арттырып, мифтик каармандардын деңгээлине чейин көтөрүүгө аракеттенишет. Буга Манастын доорундагы баатырлардын «Манастап» ураан чакырып согушка киргени гана күө болбостон, Ата Мекендик согушта Манас ж-а анын чоролору ж-дө эл арасында тараган уламыштар далил. Согуш жылдары Манастын ысымы патриоттук сезимдин символу болуп, анын аты м-н кыргыз аскерлери фашисттерге каршы күрөшүп, советтик жоокерлер м-н бирдикте баскынчыларды жеңүүгө өз үлүштөрүн кошкон. Уулдарын, неберелерин согушка жөнөткөндө Манастын эрдигин эскерип, Манастай баатыр болуп, душманга Манастай сокку бе-

Манастын чакмак ташы (Талас өрөөнү).



рүүлөрүн каалашкан. Кыскасы, байыртадан бери Манас ж-а анын чоролорунун айрымдары, Семетейдин ж. б. негизги каармандардын образы дайыма эл м-н бирге жашайт. Кыргыз эли кийинки эле учурларга чейин Манастын атын жаңы төрөлгөн балага койбогон. Эл ишениминде «Манас» деген оор ысымды бала көтөрө албайт, ошол атка татыктуу болбосо ал наристе жаш курагында эле чарчап калат деген. Элдик идеал баатырды урматтоо, ыйык тутуу да турмуштук зарылчылыктан келип чыккан. Эл түшүнүгүндө алардын ыйыктыгына сөз тийгизип, касиеттүүлүгүнөн шек санаган адам сөзсүз бир кырсыкка учурабай койбойт имиш. Алсак, эл арасында «Манасты» айтпай коюп, кырсыкка учураган адамдар ж-дө айтылат. «Манаска тил тийгизип» кырсыкка учураган адамдардын болгондугун белгилешет. Жоокерчилик заманында эпикалык каармандардын адилеттүү күрөшүнөн эл өз мүдөөсүн, кызыкчылыгын, ой-тилегин ж-а



Жолойдун бешиги (Боом капчыгайы).

келечегин көргөн. Элдик баатырларды урматтагандыктын, ыйык тутКандыктын белгиси катарында өздөрүнүн жагымдуу кыялдарын алардын айланасына топтогон. Ошого жараша элдик баатырлардын ж-а тулпарларынын ысмына байланыштуу айтылган топонимдердин — жер-суу, тоо-таш, кокту-колоттордун аталышын түшүндүргөн мифтер кыргыз ж. б. жерлерде көп сакталган. Айрыкча, Кыргызстанда, Казакстанда, о. эле Синцзянда ж. б. чет жерлерде Манастын ж-а негизги каармандардын атына эл тарабынан коюлган жерлер бар. Буга Манастын күмбөзүнөн тартып Кошой-Коргонго, Манастын ордо аткан жайынан таш тулгасына, Аккуланын акырынан Каркырадагы Көкөтөйдүн ашында казылган кемеге-очоктордун ордуна, кырк чоронун күмбөзүнөн Айчүрөк-Булакка, чет жерлердеги Манас көлү, Манас-Ашуусу, Манас шаарына чейинки энчилүү атоолор күбө. Биз билген дүйнөлүк эпостордун каармандарына бул сыяктуу коюлган наамдар чанда учурайт. Айрым күмбөздөрдүн, эскерткич жайлардын, мазарлардын Манас, Семетейлердин доору, өмүр баяны м-н тике же кыйыр түрдө бай-



Манастын Кароол-Дөбөсү (Талас өрөөнү).

ланышы болгондуктан, эл турмушунун, ой-санасынын, кыялданууларынын эстелиги катарында ал каармандардын ысымында аталып калган. Азыркы мезгилде да Манастын ысымын элдин рухий байлыгынан ажыратып кароого болбойт. Кыргыз эли өз жеринде учураган белгилүү, кооз ар бир көрүнүштү, реалдуу жайларды ж-а көркөм чыгармаларды Манас баш болгон элдик баатырдын ысымы м-н байланыштырышкан. Мис., «Манас» аэропорту, «Манас» р-ну, «Айчүрөк» универмагы, «Манас», «Айчүрөк» операсы, «Айкөл Манас», «Манастын уулу Семетей», «Сейтек» драмалары ж. б. Мына ушунун өзү эле кыргыз элинин «Манасты» кол жеткис көркөм чыгарма ж-а өткөндүн артык эстелиги катары жогору баалап, кадырлап, сүйгөндүгүнүн айкын далили болот. *С. Алиев*

**МАНАСКЕНТ** — топоним. Дагстан ССРинин Ленин р-нундагы кыштак. Каспий деңизинин жээгинде. Махачкала шаарынан 34 *км* түш.-чыгышта, Манас-Өзөн суусунун боюнда жайгашкан. Кыштакта кумук, даргин ж. б. эл жашайт.

**«"МАНАС" КИРГИЗСКИЙ ЭПОС»** («Великий поход») — эпостун орус тилинде көркөм сүрөттөр м-н кооздолуп чыккан көлөмдүү китеби (М., 1946). Которгондор: С. Липкин, Л. Пеньковский ж-а М. Тарловский. «Манас» кыргыз эпосу деген кириш сөзүн Е. Мозольков м-н Ө. Жакишев жазган. Көркөмдөгөн сүрөтчүлөр: Г. Петров м-н И. Костылёв. Китепке «Манас» эпосунун «Чоң казат» эпизоду кирген. Аягына кээ бир сөздөрдүн котормосу берилген. Котормочулар «Манас» эпосунун өзгөчөлүгүн, ыр түзүлүшүн, муундардын топтолушун, ар бир саптын маанисин сактоого аракеттенишкен. Бул китеп эпосту орус тили аркылуу башка элдерге тааныштырууда чоң мааниге ээ болгон.

**«МАНАС КЫРГЫЗ БААТЫРЫ»** («Manas kirgiz hősének)— эпостун курама вариантынын (1—2-китеп) венгер тилине которулуп басылган китеби (Будапешт, Европа басмасы, 1979). Которгон Беде Анна. Текстти тандаган ж-а соңку сөзүн, эскерүүлөрүн жазган Урайне Кохалми Каталин, сүрөттөрү Касс Йанос Кесзитеттеники. Эпостун төмөндөгү эпизоддору кыскартылып ыр түрүндө которулуп китепке киргизилген: жомок башы; баатырдын төрөлүшү; Манастын балалык чагы; Манас м-н Кошой балбандын жолугушу; Манастын колу душмандарын багынтып Тянь-Шанга көчүп келиши; Алооке кандын Манас баатырдан качышы; Азиз кандын Алтынайга үйлөнүшү, Алмамбет баатырдын туулушу, тугандарынан качып чыгышы; Алмамбеттин куугунчу жоо м-н салгылашышы ж-а Манаска кошулушу; Манастын колуктусу м-н таанышканы; баатырдын өлүмү.

**МАНАСЛУ** — топоним. Гималай тоо системасындагы өтө зор бийик тоо тобу. Непал мамлекетинин борбордук бөлүгүндө. Жер бетиндеги эң бийик тоолордун катарына кирет. Бийиктиги 8128 *м*. Тоонун башы, чоку бөлүгү тик, аска-зоокалуу, ага чыгуу өтө кыйын. Чокуга биринчи жолу жергиликтүү шерп Гиальцен Норгу баштаган жапан экспедициясы 1956-ж. чыккан. Тоону ыйык деп эсептеген Непал калкы ага чыгууга умтулган экспедицияларга каршылык көрсөтүп келишкен. Индия, Тибет элдеринде «Манас» «ыйык», «сыйынт» деген мааниде.

**«МАНАС МЕНЕН АЛМАМБЕТ»** — «Манас» эпосунун окуяларынын негизинде орус тилинде жазылган 4 көшөгөлүү, 6 сүрөттүү баатырдык драма (Фр., 1942). Автору К. Рахматуллин, Т. Сыдыкбеков. 1943—46-жылдары Фрунзедеги Н. К. Крупская атн. орус драма театрында коюлган. Пьеса Кыргызстан Жог. Советинин Ардак грамотасына татыктуу болгон. Спектаклди койгон артист А. В. Милославский (кеңешчиси иск-вого эмг. сиң. ишмер. А. Куттубаев). Жасалгасы сүрөтчү М. Я. Гафтыкы, музыкасы М. Р. Раухвергердики. Спектаклдин негизги өзөгүн Чоң казат окуясы, Алмамбеттин Манаска келиши, алардын достугу ж-а душманга каршы күрөшү түзөт. Спектаклде баш каарман Манастын ролун А. В. Милославский, Алмамбетти В. С. Офицеров аткарган. Башка ролдорду аткаргандар: Каныкей — О. Д. Петрова, Алтынай — Н. И. Данилова, Бирмыскал — республиканын эмг. сиң. арт. К. Г. Ефремова, Бурулча — З. А. Корешкова, Тайхо — К. С. Лунгрен, Чубак — республиканын эмг. сиң. арт. И. И. Коваль-Самбарский, Коңурбай — республиканын эмг. сиң. арт. А. П. Розанцев, Азизкан — С. Г. Дигам, Мажик — А. Б. Прибыловский. Спектакль ийгиликтүү коюла баштаганы м-н ошол мезгилде «Манас» эпосунун айланасында түзүлгөн кырдаалга байланыштуу театрдын репертуарынан алынып ташталган.

*К. Мукашева*

**МАНАС МӨҢГҮСҮ** — Талас Ала-Тоосунун түн. капталында. Талас суусунун сол куймасы Үрмаралдын алабында жайгашкан; узундугу 4,4 *км*, аянты 6,4 *км*$^2$. Эпостун башкы каарманы Манастын ысымынан аталган.

**МАНАС-ӨЗӨН** — топоним. Дагстан ССРинин Ленин р-нун аралап агып өткөн суу. Чоң-Кавказ тоолорунун түн.-чыгыш капталынан кар, жаан-чачын сууларынан куралат, Каспий деңизине куят. Манас, Манаскент, Манасмахи кыштактары ушул өзөндүн боюнда жайгаш-

кан. Суунун чөлкөмүндө Манасавлан, Манасматабы деген жерлер да бар. Бир Ленин р-нунун аймагында мынча Манас аттуу топонимдердин болушун Г. М.-Р. Оразаев (Махачкала, 1989, 1991) бул жерлерди илгери ногой калкы ээлеп турушуна байланыштырат.

**МАНАС РАЙОНУ** — Талас обл-нын түн.-батышындагы административдик район. 1980-ж. уюштурулган. Аянты 1.044,5 миң *км*². Калкы 27,04 миң (1990); көбү кыргыздар, андан башка орус, казак, татар, немец ж. б. улуттар жашайт. Райондо 5 айыл совети, 22 кыштак, 5 совхоз, 2 колхоз, 5 токой чарба бар. Борбору — Покровка кыштагы.

Райондун аймагы Талас өрөөнүнүн Кыргыз Ала-Тоосу м-н Эчкили-Тоо, Ак-Таш, Кызыл-Адыр тоолорунун аралыгында жаткан бөлүгүндө жайгашкан. Чарбасынын негизги тармагы айыл чарбасы, а. и. дыйканчылык өнүккөн. Райондун аймагында Киров суу сактагычы курулган. Райондо кесиптик-техникалык окуу жайы, 12 орто, 6 сегиз жылдык, 2 башталгыч мектеп, 1 спорт мектеби, 20 китепкана, турмуш-тиричилик комбинаты, 13 клуб бар. 3 ооруксана, 2 бейтапкана, 11 фельдшер-акушердик пункт, санитария-эпидемиология станциясы иштейт. Райондук «Эмгек даңкы» гезити чыгат.

**МАНАС-САЙ** — топоним. Казакстан (Жамбыл обл-нын Георгиевка р-ну) м-н Кыргызстандын (Чүй обл-ндагы Кемин р-нун) ортосундагы суу. Чүй дарыясынын оң куймасы, Каштек тоосунан куралат. Жай айлары өзөндүн суусу толугу м-н сугатка жумшалат. Сай, арыктан башка бул жердеги полиметалл кени да Манас ысмы м-н аталат. Манас баатырдын атына байланыштуу.

**«МАНАС» СЕКТОРУ** — 1940—48, 1956—89-ж. Кыргыз республикасынын ИАсынын Тил, адабият ин-тундагы «Манас» эпосу б-ча илим изилдөө иштерин жүргүзгөн илимий бөлүм, 1989-жылдан *«Манас» бөлүму*.

**«МАНАС» СЕКЦИЯСЫ** — Кыргызстан жазуучулар союзунун алдындагы «Манас» эпосу боюнча иш алып баруучу бөлүм, 1982-жылдын 15-сентябрында Кыргызстан КП БКнын токтому м-н ачылып, аткарчу милдети белгиленген: «Манас» эпосун («Манас», «Семетей», «Сейтек») кара сөзгө айландырып, кыргызча, орусча басып чыгаруу м-н эпосту СССР элдерине ж-а башка чет элдерге кеңири таанытуу; орусча поэтикалык котормосунун төрт томдугун даярдоо. Бул иш-чаралар келечекте «Манастын» миң жылдыгын өткөрүүгө карата алдын ала каралган даярдык болмокчу. Эпостун «Манас» бөлүмүн кара сөзгө айландырууну жазуучу *А. Жакыпбеков* (1-китеби К. Жусупов м-н бирге; к. *«Манас»*) иш жүзүнө ашырды. М. с-нын ишин бир окумуштуу секретарь алып барат. Ал эпосту кара сөзгө айландыруучу жазуучулардын, орусча котормосун жүзөгө ашырып жаткан котормочулардын, сөзмө-сөз котормосун даярдоочу окумуштуулардын, кеңешчилердин иш көзөмөлгө алат, багыттайт. Эпосту, манасчыларды пропагандалоону жүргүзөт.

*М. Төлөмүшев*

**«МАНАС СЕРИЯЛАРЫ»** — «Манас» эпосунун айрым эпизоддору б-ча түзүлгөн китепчелер. 1940—45-ж. белгилүү манасчылардын варианттарынан алынган айрым эпизоддордон он бир китепче кыргыз тилинде жарык көргөн: *Манастын балалык чагы* — Сагымбай Орозбак уулунун айтуусу б-ча басмага даярдаган Ыбырайым Абдыракманов (Фр., 1940), *Алооке кан* — Сагымбай Орозбак уулунун айтуусу б-ча басмага даярдаган Ы. Абдыракманов (Фр., 1941), *Каныкейдин жомогу* — Саякбай Карала уулунун айтуусу б-ча басмага даярдаган Ы. Абдыракманов (Фр., 1940), *Каныкейдин Тайторуну чапканы* — Саякбай Карáла уулунун айтуусу б-ча басмага даярдаган Өмүркул Жакишев (Фр., 1941), *Макел Дөө* — Сагымбай Орозбак уулунун айтуусунда басмага даярдаган Ы. Абдыракманов (Фр., 1941), *Манастын өлүмү* — Саякбай Карала уулунун айтуусунда басмага даярдаган Ы. Абдыракманов (Фр., 1940), *Манастагы элестер* — мектеп жашындагы балдар үчүн, түзгөн — Кубанычбек Маликов (Фр., 1941), *Семетейдин Букардан Таласка келиши* — Тоголок Молдонун (Абдыракманов Байымбет) айтуусунда басмага даярдаган Ы. Абдыракманов (Фр., 1941), *Үргөнч* — Акмат Рысменде уулунун айтуусу б-ча басмага даярдаган Ы. Абдыракманов (Фр., 1941), *Алгачкы айкаш* (Чоң казаттан үзүндү) — Сагымбай Орозбак уулунун айтуусунда басмага даярдаган Жамий Бейшекеев (Фр., 1942), *Майдан* («Семетейден») — Тоголок Молдонун (Абдыракманов Байымбет) айтуусунда басмага даярдаган Ж. Бейшекеев (1942), *Биринчи казат* — Сагымбай Орозбак уулунун айтуусунда басмага даярдаган Калим Рахматуллин (Фр., 1944).

*Ж. Сагынов*

**МАНАС-СУПА**, Манастын чокусу, Кароол-Чоку — топоним. Кеңколдун сол жагында, Талас суусунан 1,5 *км* түндүктө жайгашкан, өзүнчө обочо турган бийик дөбө, чоку. Абс. бийиктиги 1428 *м*. Сүйрүчө түспөлдө: түш. түндүккө карай 450—500 *м* созулат. Айлана-чөйрөдөн 70—80 *м*-че өйдө көтөрүлүп турат. Үстү кичинекей, бир боз үйдүн ордуна жетпеген, тегиз супача. Бетеге, тулаң, көдө ж. б. жамынган чоку жазда, жайда көркүнө келет. Эл оозундагы уламышта, Манас бул чокуда кароол кармаган, айлана-чөйрөгө көз салдырган. Манастын күмбөзү дал ушул тоонун түш.-батыш этегинде. Аны жергиликтүү эл М-с., Манастын чокусу, Кароол-Чоку деп айтат.

**МАНАСТААНУУ** — кыргыз фольклористикасынын «Манас» эпосун илимий негизде изилдөөчү бөлүмү. Эпосту илимий андап билүү 19-к-дын экинчи жарымында (*Ч. Валиханов*, *В. В. Радлов*) башталганы м-н илим катары 20-к-дын 30-жылдарында калыптана баштаган (*М. Ауэзов*). М. негизинен үч багытта өнүгүүдө: «Манас» эпосун жыйноо (к. *«Манасты» жыйноо*); бастырып чыгаруу (к. *«Манасты» бастыруу*); эпосту ар тараптан илимий изилдөө (к. *Манасты изилдөөнүн тарыхы*). 1940-жылдарда «Манас» эпосун изилдөө чөйрөсү бир

кыйла кеңиген. *К. Рахматуллин, А. Н. Бернштам, С. М. Абрамзон, В. М. Жирмунский, М. И. Богданова, Ө. Жакишев, Ы. Абдыракманов* ж. б. окумуштуулардын изилдөөлөрү эпостун актуалдуу маселелерине арналган. 1950-жылдарда, айрыкча «Манас» эпосун изилдөөгө арналган илимий *конференциядан (1952)* кийин эпосту изилдөө б-ча маанилүү иштер аткарыла баштады. 1957-ж. Кыргыз ССР ИАнын Тил ж-а адабият ин-тунда «Манас» секторунун уюшулушу м-н эпос б-ча топтолгон материалдарды системага салуу, басмага даярдоо ж-а илимий изилдөө багытындагы иштер улантылган. «Манас» үчилтигинин курама вариантынын төрт китеби чыккан (к. китептер ж-дөгү макалаларды: *«Манас»* (1), *«Манас»* (2), *«Семетей», «Сейтек»). «Мажму ат-таварих»* аттуу тажикче кол жазманын табылышы да «Манас» эпосунун тарыхын изилдөөгө баалуу материал болду. 1961-ж. орус тилинде «Кыргыздын баатырдык эпосу "Манас" деген жыйнактын (к. *«Киргизский героический эпос "Манас"»)* жарыкка чыгышы М-нун өнүгүшүндө жаңы баскыч болгон. «Манас» изилдөөчүлөр *Б. Керимжанова, С. Мусаев, М. Мамыров, З. Мамытбеков, Э. Абдылдаев, Р. З. Кыдырбаева, К. Кырбашев, А. Жайнакова, О. Сооронов, Р. Сарыпбековдун,* о. эле *А. Маргуландын* монографиялык эмгектеринде эпостун поэтикалык өзгөчөлүгү м-н стили, түрк элдеринин эпостору м-н эпикалык карым-катышы, типологиялык байланыштары, эпостун циклдик мүнөзү ж. б. түйүндүү маселелер каралган. 1968-ж. «"Манас" — кыргыз элинин баатырдык эпосу» (к. *"Манас" — героический эпос киргизского народа»)* жыйнагынын чыгышы да М-дагы жакшы саамалык болгон. *Е. М. Мелетинскийдин* «Баатырдык эпостордун чыгышы» (1963), *С. М. Абрамзондун* «Кыргыздар» (1971) аттуу монографияларында ж-а «Кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгынын тарыхынын очерки» (1973) аттуу эмгекте да «Манас» эпосуна арналган атайын бөлүмдөр бар. 1970—80-жылдарда да М. б-ча омоктуу изилдөөлөр жүргүзүлдү. Эпостун Сагымбай Орозбак уулунун («Манас», 4 том), Саякбай Карала уулунун («Манас», 2 том; «Семетей», 2 том; «Сейтек») варианттары б-ча китептери жарык көрдү. «Манас» эпосун генетикалык, поэтикалык аспектиде изилдеген бир докторлук, 10дон ашуун кандидаттык диссертация корголгон (к. *Диссертация).* Бул мезгилге чейинки «Манастын» ар кайсы маселелери изилденген эмгектерде эпостун айрым орчундуу проблемалары чечилгени м-н алигиче тактала элек, болжолдуу маселелери дагы эле көп. «Манас» секторунун өзүнчө бөлүмгө (к. *«Манас»* бөлүмү) айланышы м-н эпосту ар тараптан, комплекстүү изилдөө иши жолго коюлууда.

*Э. Абдылдаев*

**«МАНАСТАГЫ ЭЛЕСТЕР»** — «Манас» серияларынан жарык көргөн китепче (Фр., 1941). К. Маликов мектеп жашындагы балдар үчүн түзгөн. Бул китепченин өзгөчөлүгү ага топтоштурулган үзүндү материалдар өз доорунун жомокчуларын жакшы билген ж-а алардын варианттарындагы мурдатан салт катары айтылып келген артык үлгүлөрдү чыгармачылык м-н өркүндөтө алган Тыныбек Жапый уулунун, Сагымбай Орозбак уулунун, Саякбай Карала уулунун, Тоголок Молдонун, Ыбырайым Абдыракман уулунун айткандарынан алынган. Бирок, «үзүндүлөрдү жомокчулар кандай айтса, ошондой коё бербестен бир канча жерлери адабияттык жагынан мүмкүн болушунча каралып ж-а иштелип чыкты» дейт түзүүчү. Текст араларынан редакторлук максат м-н Манас баатыр, анын жакын жоокер адамдары, минген аты, урунган курал-жарагы ж-дөгү мурдатан иштелип чыккан даяр, элестүү ыр саптарын, таасирдүү сүрөттөөлөрдү тандап, топтоп берген. Мис., СОВ б-ча Манастын портрети, Аккуланын сын-сыпаты, Ак-келте, Айбалта, Кылыч, Күрсү, Сырнайза, Манастын соот чапаны, жалгыз көздүү Макел дөөнүн сыпаты, Жолой, Коңурбайдын портрети, Мааникердин сын-сыпаты, Чубак баатырдын портрети ж-а Манастын Ак-Сайда ууда жүргөнү сүрөттөлөт. СКВнын ж-а Тоголок Молдонун варианты б-ча алп Кошойдун, акылман Бакайдын, атка жеңил, тайга чак, уйкусу жок, жолго сак Сыргактын, о. эле Тыныбек жомокчунун айтуусунда «Семетей» бөлүмүнөн Үргөнчкө жакын жердеги жер көрүнүшүнүн кооздугу түшүнүктүү, терең маанилүү ыр саптары аркылуу тартылып, окуучуларга өтө күчтүү таасир кылат. Ар бирөө бири-бирине окшобой берилген образдар жомокту окуганда көзгө тирүү адамдай көрүнөт. Жогорку идеяны көксөгөн оң каармандардын элестүү тартылган сырткы көрүнүшүнө жаш өспүрүмдөр жан тартып, ички сезимдери козголот. Тетирисинче, терс каармандардын портрети ж-дөгү ырларды окуганда аларга наалат айткысы келип, жек көрүүчүлүк сезим пайда болот. Мектеп жашындагы балдар үчүн түзүлгөн бул китепченин тарбиялык таасири, эстетикалык күчү мына ушунда.

*С. Алиев*

**МАНАС ТАШ,** Манастын ташы — топоним. Кыргызстандын (Ысык-Көл обл., Ак-Суу р-ну) аймагындагы тоонун боору, алыс сырт жер. Көөлү кырка тоосунун түндүк капталындагы жантайма бет. Көөлү суусунун оң (түшүш-чыгыш) өндүрү, Борду-Төрдөн (Көөлүнүн оң куймасы) өйдө, 3400—3600 *м* бийиктикте жаткан чакан аймак. Уз. (батыштан чыгышты карай) 3—4 *км*, туурасы 1,5—2 *км*. Топографиялык картада аймак «ур. Манастын ташы» деген жазуу м-н берилген. Топонимдин тарыхы, этимологиясы изилдене элек.

**««МАНАС» ТРИЛОГИЯСЫНДАГЫ ЭПИКАЛЫК ОКУЯЛАРДЫН СҮРӨТТӨЛҮШ ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ»** — О. *Сооронoвдун* монографиясы (Фр., 1981). Эмгекте Тоголок Молдодон жазылып алынган «Манастын» варианты иликтөөгө алынат. «Сөз башында» автор Тоголок Молдонун жалпы чыгармачылыгына мүнөздөмө берип, белгилүү жомокчулардын ичинен вариантын өз колу м-н жазып калтырган биринчи манасчы экендигин көрсөтөт. Тоголок

Молдонун кыргыз элинин классик акыны болуу м-н бирге эпостун үч бөлүмүн тең айта билгендигин, вариантынын жогорку көркөмдүгүн белгилеп, аны чоң манасчылардын тобуна кошот. Китептин «Манас» бөлүмүндө Тоголок Молдонун варианты Сагымбай м-н Саякбайдын варианттарына салыштырылат. Варианттын айрым мотивдери Сагымбайдын вариантына кыйла жакындыгы белгиленет. О. эле автор Тоголок Молдонун «Семетей» бөлүмүн да кеңири талдоого алат. Жыйынтыктоочу бөлүгүндө «Сейтек» эпосуна кайрылып, эпоско байланыштуу айрым маселелер б-ча учкай кеп козгоп, анын айрым варианттары тууралында өз алдынча ой жүгүртөт.

*Ы. Кадыров, С. Карагулов*

**«МАНАСТЫ» БАСТЫРУУ.** «Манас» эпосунун мазмуну м-н окурмандарды тааныштыруу иретинде эпостун текстинин үзүндүлөрү, эпизоддору жарыяланып, китептери жарык көрүп жатат.

«Манас» эпосу тууралуу жазуу жүзүндөгү эң алгачкы маалымат *«Мажму ат-таварихте»* жолугат. 1856-ж. *Ч. Валиханов* тарабынан жазылып алынган *«Көкөтөйдүн ашы»* 1904-ж. «Жунгария очерктери» деген эмгегинде биринчи жолу орус тилинде басылып чыккан. «Көкөтөйдүн ашынын» факсимилесин 1973-ж. А. Х. Маргулан жарыялаган. *В. В. Радлов* жазып алган үзүндүлөрдүн кыргызчасы Санкт-Петербургда, немисчеси Лейпцигде 1885-ж. жарык көргөн. 1911-жылы *Д. Алмаши* «Keleti Szemle» журналына «Манастын уулу Семетей менен коштошкону» деген чакан текстти жарыялаган. 1925-ж. Москвадан араб ариби м-н Тыныбек жомокчунун айтуусунда «Семетей» эпосунан үзүндү жарык көргөн (басмага даярдаган ж-а баш сөзүн жазган Эшеналы Арабай уулу; көлөмү 3617 сап ыр). Бул — «Манас» эпосунун Совет доорунда жарык көргөн эң алгачкы тексти. 30-жылдардын аягында







«Манас» эпосунун алгачкы жарык көргөн китептери.

эпостун тексттеринин үзүндүлөрү, эпизоддору күндөлүк басма сөздө да ж-а өз алдынча китеп болуп жарыялана баштаган. Ал эми 1940—45-ж. «Манас» серияларынан төмөнкү китептер жарык көргөн: СОВ б-ча «Манастын балалык чагы» (кара сөз аралаш, Фр., 1940, 132 б.), басмага Ы. Абдыракманов даярдаган; «Алооке хан» (Фр., 1941, 56 б.), басмага Ы. Абдыракманов даярдаган; СКВ б-ча *«Каныкейдин жомогу»* (Фр., 1941, 108 б.), басмага Ы. Абдыракманов даярдаган; *«Каныкейдин Тайторуну чапканы»* (Фр., 1941, 156 б.), редактору Ө. Жакишев; СОВ б-ча «Макел дөө» (Фр., 1941, 64 б.), басмага даярдаган Ы. Абдыракманов; СКВ б-ча «Манастын өлүмү» (Фр., 1941, 64 б.), басмага даярдаган Ы. Абдыракманов; «Манастагы элестер» (мектеп жашындагы балдар үчүн, Фр., 1941, 39 б.), түзгөн К. Маликов; ТМВ б-ча «Семетейдин Букардан Таласка келиши» (Фр., 1941, 56 б.), басмага даярдаган Ы. Абдыракманов; АРВ б-ча «Үргөнч» (Фр., 1941, 64 б.), басмага даярдаган Ы. Абдыракманов; СОВ б-ча *«Алгачкы айкаш»* («Чоң казаттан» үзүндү, Фр., 1942, 98 б.), басмага даярдаган Ж. Бейшекеев; ТМВ б-ча «Майдан» («Семетейден» үзүндү, Фр., 1943, 63 б.), басмага даярдаган Ж. Бейшекеев; СОВ б-ча «Биринчи казат» (Фр., 1944, 108 б.), басмага даярдаган К. Рахматуллин. Б. Юнусалиевдин жалпы редакторлугу астында эпостун курама вариантынын төрт томдугу жарык көргөн: *«Манас»* (1-китеп, Фр., 1958), *«Манас»* (2-китеп, Фр., 1958), басмага даярдаган К. Маликов; *«Семетей»* (Фр., 1959), басмага даярдаган *А. Токомбаев;* «Сейтек» (Фр., 1960), басмага даярдаган *Т. Сыдыкбеков.* «Манастын» Ч. Айтматовдун башкы редакторлугу астында 1978—82-ж. СОВ б-ча төрт томдугу, 1984—91-ж. СКВ б-ча «Манас» (2 китеп), «Семетей» (2 китеп), «Сейтек» (1 китеп) китептери жарык көрдү. «СССР элдеринин эпосу» сериясынан СОВ б-ча «Манастын» төрт китебин кыргыз, орус тилдеринде Москвадан басып чыгаруу пландаштырылган. 1984-жылдан бери үч тому чыкты. О. эле «Манастын» айрым эпизоддору орус, ж. б. элдердин тилдеринде которулуп басылып чыгып жатат: «Алмамбет и Алтынай», (М., 1936, 168 б.), эркин которгон С. Клычков; ««Манас — киргизский эпос» («Великий поход», М., 1946, 372 б.), которгон С. Липкин, Л. Пеньковский, М. Тарловский, редакциялаган Ө. Жакишев, Е. Мозольков, И. Сельвинский, К. Юдахин; «Манас» (эпостон эпизоддор, М., 1960, 310 б.), которгон С. Липкин, Л. Пеньковский; «Алгачкы айкаш» (Алматы, 1942), которгон Куандык Жеми; курама варианттын 4 томдугу (Алматы, 1—2-китеби, 1962; 3—4-китеби, 1963), «Көкөтөйдүн ашы» (Алматы, 1973, А. Маргуландын котормосунда) казак тилинде басмадан чыкты. О. эле курама варианттын өзбекче 1—2—3-китеби (1964, 1966, 1968) Ташкенде жарык көрдү. «Манас» (1982) тажик тилинде да өзүнчө китеп болуп чыккан. Кызыл-суулук манасчы Жусуп Мамайдын айтуусунда эпостун бир нече китеби чыккан. Моңгол тилинде «Манас» 1989-ж. Улан-Батырда басылган. «Манастын» айрым эпизоддорунан үзүндүлөр француз, немец, англис, венгер тилдерине которулуп, басмадан чыгарылды. 1977-ж. профессор А. Т. Хатто Ч. Валиханов жазып алган «Көкөтөйдүн ашын» Англияда кыргызчасын латын арибинде ж-а англисче котормосу м-н бастырып чыгарган.

*К. Кырбашев*

**«МАНАСТЫ» ЖЫЙНОО** — тиешелүү мекемелерде сактоо, иликтөө, жарыялоо максаты м-н эпосту эл оозунан жазып алуу. Кыргыз жергесине келген окумуштуулардын көпчүлүгү кыргыз элинин үрп-адаты м-н оозеки чыгармачылыгына, өзгөчө «Манас» эпосуна аябагандай кызыгышкан. «Манас» эпосу ж-дө биринчи жолу *«Мажму ат-таварихте»* эскерилет.

Казак окумуштуусу Ч. *Валиханов* кыргыз жерине үч жолу келген (1856, 1857, 1858). Ал саякаттарында кыргыз элинин оозеки адабиятын, тарыхын, этнографиясын изилдеген. «Манас» эпосунан «Көкөтөйдүн ашы» эпизодун жазып алып, жарыялаган.

В. В. *Радлов* кыргыздарга үч жолу келип кеткен (1862, 1864, 1869). «Манас» эпопеясынын үч бөлүмүн тең жазып алып, 1885-ж. кыргызчасы орус алфавитинин транскрипциясы м-н Санкт-Петербургда, немисчеси өзүнүн котормосунда Лейпцигде жарык көргөн. «Манас» эпосунун В. В. Радлов жазып алган текстинин жалпы көлөмү 12454 сап ыр, анын 9449 сабы «Манас» эпосуна, калган 3005 сабы «Семетей» м-н «Сейтек» эпосуна таандык. 1925-ж. Москвадагы СССР элдеринин борбордук басмасынан «Семетейден бир бөлүм» (Тыныбек жомокчунуку) деген китеп араб арибы м-н жарык көргөн. Китепти басмага Эшенаалы Арабай уулу даярдап, ага баш сөз жазган. Чындыгында эле китептин тексти Тыныбектики болсо анда ал жомокчунун көзү тирүүсүндө (ал 1902-ж. өлгөн) жазылган болот. Тексттин качан, ким тарабынан жазылып алынганы да көрсөтүлбөгөн. Тыныбектин өзүнүн эскерүүсүндө 1898-ж. Нарын участковою «Манас», «Семетейди» жазып бер деп буюрганда «Семетейден» айрым үзүндүлөрдү жаздырып берген. Мүмкүн, китеп ошол тексттен алынып басылган болушу да ыктымал.

1903-ж. Орус географиялык коому тарабынан уюштурган илимий комплекстүү экспедиция м-н кыргыз жергесине сүрөтчү Б. В. *Смирнов*, этнограф А. Г. Белинский келген. Б. В. Смирнов Чүй боорунда кыякчы ж-а жомокчу *Кенже Карага* жолугат. Кенже Каранын айтуусунда «Семетейден» үзүндү жазып, аны 1914-ж. кара сөз түрүндө орусча которот. да, «Түркстандын талааларында» аттуу китебине чыгарат. Жазылган үзүндүдө «Семетейдин Айчүрөктү издеп чыкканы» окуясы баяндалат. Смирнов Кенже Каранын үнүн фоножазууга да жазып алган.

Будапештте чыгуучу «Keleti Szemle» журналынын 1911-жылдагы 12-номерине мажар окумуштуусу Д. *Алмаши* «Манастын өлүмү», «Манас баатырдын уулу Семетей менен коштошкону» деген ат м-н эпостон чакан үзүндү жарыялап, текстке түшүндүрмө берген. Жа-

рыяланган үзүндү 73 сап ырдан турат. Окумуштуу үзүндүнү Ысык-Көлдүн чыгыш тарабында, Нарынколдун аймагындагы кыргыздардан жазып алган. «М.» ж. иши совет доорунда гана кеңири колго алынды. «Манастын» текстин көркөм чыгарма катары таанып, жазып алууга киришкен алгачкылардын бири — Каюм *Мифтаков*. Ал 1922-ж. манасчы Сагымбайдын айтуусунда «Манас» эпосун кагаз бетине түшүрө баштап, бир нече гана барак жазып алган. К. Мифтаковдон кийин Сагымбайдан «Манасты» жазып алууну Ыбырайым *Абдыракманов* уланткан.

Ы. Абдыракмановдун «Манасты» жазып алууда ж-а аны тартипке келтирүүдө сиңирген эмгеги зор. Ы. Абдыракманов «Манасты» жазып алуу үчүн манасчынын жанында 1922-ж. жай айларынан баштап 1926-ж. августка чейин төрт жыл жүрүп, эпостун «Манас» бөлүгүн гана кагаз бетине түшүргөн (180378 сап).

30-жылдардын башында республикада атайын илимий мекеменин уюштурулушу, «Манасты» жазуу иши биринчи жолу илимий принципте жүргүзүлө баштаган. Ар кыл кесиптеги ж-а жаштагы, илимий деңгээли да ар кыл адамдар катышкан бул иштин жүрүшүндө республикадагы илимий деңгээлге байланыштуу көпчүлүк учурларда илимий принциптер сакталбай да калган.

Саякбай Карала уулунун айтуусунда эпосту толук жазып алуу ишин К. Жумабаев, *Ы. Абдыракманов*. Ж. Рисов ж-а К. *Кыдырбаева* 1930-жылдан 1947-ж. апрелге чейин ар кайсы учурларда ишке ашырышкан. Бул мезгилде манасчыдан 500553 сап ыр көлөмүндөгү материал кагаз бетине түшүрүлгөн («Манас» 84513, «Семетей» 316157, «Сейтек» 84697, «Кенен», «Алымсарык», «Кулансарык» 15186 сап ыр). 1935-ж. башталган Шапак Рысменде уулунан эпосту жазуу ишине О. Кыштообаев, К. Кыдырбаева, Т. Байжиев катышып, эпос толук жазылып алынган (46671 сап ыр). 1944—45-ж. С. Байсалов, А. Тайкүрөңов, Ы. Абдыракманов Молдобасан Мусулманкул уулунан эпостун бардык эпизоддорун кыскача жазышкан (57688 сап ыр). 1938—40-ж. Т. Абдыракунов, М. Багышев, И. Мусаев Багыш Сазан уулунун вариантын жазып алууну ишке ашырышкан (41140 сап ыр). 1937—39-ж. Тоголок Молдо өз вариантын (48492 сап ыр) жазып, фондуга тапшырган. Ыбырайым Абдыракман уулунун вариантында эпостун бардык негизги окуялары кыска берилген (14380 сап ыр). 1960—70-жылдарда «Манас» секторунун кызматкерлери тарабынан Мамбет Чокмор уулунан эпостун үч бөлүмү тең жазылып алынган («Манас» бөлүмү 103090 сап ыр). Эпостун 2—3-бөлүмдөрү ж-а үч бөлүмдүн айрым эпизоддору көптөгөн айтуучулардан жазылып алынган. «Манасты» жазууда Тил ж-а адабият ин-ту, анын тутумунда ар жылдары ар кандай наам м-н иштеп келген «Манас» сектору (к. *«Манас» бөлүму*) көп иш аткарган. «Манас» бөлүмүнүн кызматкерлери фольклордук экспедицияларга чыгышып, эпосту жыйноону улантышууда.

Шапак Рысменде уулунан Ыбырайым Абдыракман уулу «Манасты» жазып алууда, 1940.



**«МАНАСТЫ» ИЗИЛДӨӨНҮН ТАРЫХЫ.** Эпосту илимий изилдөө өткөн кылымдын экинчи жарымынан башталып, *манастаануу* илими калыптанып, өзүнө мүнөздүү өзгөчөлүктөргө ээ болду.

«Манас» эпосуна биринчи илимий пикир айтып, чыгарманын үзүндүлөрүн кагаз бетине түшүргөн адам Ч. *Валиханов* болгон. Окумуштуу «Манас» эпосунун салттык туруктуу окуяларынын бири «Көкөтөйдүн ашын» жазып алып, анын зор көркөм эстелик экендигин адилеттүү белгилеген. Чыгарманын биринчи бөлүгү м-н таанышкан, «Семетейди» буруттардын «Одиссеясы» деп атап, «Манас» эпосу ногой дооруна таандык деп, эпостун жаралыш мезгили ж-дө да алгач пикир айткан.

«Манас» эпосу м-н кеңири таанышып, чыгарманын бардык окуяларын кагазга түшүрүүгө аракет жасап, кеңири илимий мүнөздө талдоо жүргүзүүгө ниеттенген белгилүү окумуштуу В. В. *Радлов* болгон. Эгер кыргыз жергесине Ч. Валиханов өткөн кылымдын 50-жылдарында келсе, В. В. Радлов 60-жылдары эки ирет болгон. В. В. Радлов жазып алган тексттер «Манас» эпосунун үч бөлүгүн камтыйт. Бул материалдар 1885-ж. окумуштуунун көп томдон турган «Түндүк түрк урууларынын элдик адабиятынын үлгүлөрү» аттуу көп томдуу эмгегинин 5-томуна кыргыз, немец тилдеринде жарыяланган. Ырас, текстти жазып алууда кыйынчылыктар болгондугун окумуштуу өзү эскерип кеткен, тексттеги мүчүлүштөр да буга күбө. Радлов жазып алган материалдын илимий баалуулугу бөтөнчө зор. Баш сөзүндө бир катар илимий пикирлерин билдирген. Кыргыздарда сөз өнөрү, а. и. баатырдык эпос өзгөчө өнүккөндүгүн, эпостун бир катар олуттуу өзгөчөлүктөрүн туура байкап, адилеттүү баа берген. «Манас» эпосунун өзгөчө касиеттерин кыргыз элинин тарыхый жашоо турмушу м-н тыгыз байланышта карап, манасчылардын чыгармачылык өзгөчөлүктөрү, угуучу чөйрөнүн ролу өңдүү эпостун маанилүү маселелери б-ча айткан ой-пикирлери өзүнүн актуалдуулугун жоготкон жок.

Окт. рев-ясына чейин «Манас» эпосуна кайрылып, ал ж-дө илимий пикир айткан дагы




«Манас» эпосун изилдөө боюнча чыккан китептер.

бир окумуштуу — Д. *Алмаши*. Ал 1911-ж. «Манас баатырдын уулу Семетей менен коштошкону» аттуу эпизодду журналга жарыялап, ага комментарий берген. Комментарийде «Манас» эпосунун айрым орчундуу жерлери, ыр түзүлүшү, окуялары ж-дө сөз болот. Окумуштуунун эпос м-н жалпы мүнөздө тааныштыгы байкалат. «Манас» эпосун зор маданий эстелик катары кеңири планда илимий изилдөө иши советтик доорго таандык. Профессор П. Фалев «Кара кыргыздардын былинасы кандай курулат» (1922) деген макаласында «Манас» эпосунун айрым көркөм өзгөчөлүктөрү ж-дө сөз кылат. Фалевдин байкоолору В. В. Радлов жазып алган материалдардын негизинде жүргүзүлгөн. «Манас» эпосунун тексттин байыркы Күлтегиндин эстелигиндеги жазмалар м-н салыштырып, алардан окшоштуктарды көрөт. «Манас» эпосуна арналган биринчи фундаменталдуу илимий эмгекти М. О. *Ауэзов* жазган. Окумуштуу «Кыргыздын элдик баатырдык поэмасы "Манас"» аттуу эмгегинде чыгарманын көптөгөн мүнөздүү өзгөчөлүктөрүнө илимий жагдайда терең талдоо берген. М. Ауэзов 20-жылдардан тартып өмүрүнүн акырына чейин «Манас» эпосуна кызыгып, ой-пикирлерин айтып, манасчылардын чыгармачылыгы, чыгарманын сюжеттик курамы, образдык тутуму, көркөм формасы өңдүү эпостун негизги маселелерин кеңири илимий талдоодон өткөргөн. О. эле «Манас» эпосунун жаралыш доору ж-дө да окумуштуунун эске ала турган салмактуу көз карашы бар.

«Манас» эпосун илимий изилдөөдө К. *Рахматуллиндин* эмгектерин (*«Манасчылар», «Улуу патриот, укмуштуу Манас»)* эске албай коюуга болбойт. Окумуштуу манасчылар ж-дө көп материал жыйнап, алардын чыгармачылык өзгөчөлүктөрү, бөтөнчө улуу манасчылар Сагымбай Орозбак уулу м-н Саякбай Карала уулунун варианттары б-ча баалуу пикирлер айткан.

«Манас» эпосун илимий изилдөөдө бөтөнчө орун *В. М. Жирмунскийге* таандык. Ал өзүнүн «"Манас" эпосун изилдөөгө киришүү» (*«Введение в изучении "Манаса"»)* аттуу эмгегинде тарыхый салыштырып изилдөө методун колдонуп, «Манас» эпосунун көптөгөн проблемаларын жогорку илимий деңгээлде иликтеп чыккан. Бөтөнчө «Манас» эпосунда кеңири учурап, дүйнөлүк эпосто салтка айланган жомоктук-фантастикалык мотивдерди салыштырып иликтейт да, эпостун сюжеттик курамына, образдар тутумуна, көркөм каражаттарына илимий талдоо жүргүзөт. О. эле «Манас» эпосунун мазмунунан үч негизги катмарды көрүп, эпостун жаралыш доору б-ча да илимий негиздеги пикирин айтат.

«Манас» эпосун изилдөөгө арналган ар түрдүү мүнөздөгү, мазмундагы миңден ашуун эмгек бар. А. и. Б. М. *Юнусалиев*, Р. З. *Кыдырбаева*, С. *Мусаев*, Э. *Абдылдаев*, Р. *Сарыпбековдордун* эмгектерин бөтөнчө бөлүп көрсөтүүгө болот. Көркөмдүк жактан иштелип чыгып, эпостун курамынан орун алган сюжеттер, образдар, тарыхый окуялар, фактылар, аларды көркөм сүрөттөөнүн принциптери, эпостун жаралыш доору өңдүү масштабдуу проблемалар бул окумуштуулардын эмгектеринде бир кыйла кеңири ж-а ар тараптан изилденген. Эпосту илимий изилдөөдө «Манас» изилдөөчүлөр жалпы мүнөздөгү маселелерден конкреттүү, эпостун идеалык-мазмунун анык-тай турган башкы проблемаларга өтө башташты. К. *Кырбашев*, М. *Мамыров*, А. *Жайнакова*, С. *Бегалиев* өңдүү окумуштуулар эпосту илимий изилдөөгө өз салымдарын кошууда.

«Манас» эпосун башка тилдерге которуу маселесине байланыштуу илимий ой-пикирлер өз кезегинде белгилүү советтик окумуштуу, котормочу Е. Д. *Поливанов* тарабынан ийгиликтүү башталган. Бирок, бул маселе кийинки жылдары окумуштуулардын көз жаздымында калып келе жатат.

Эпостун кыргыз элинин тарыхы, этнографиясы м-н болгон байланышын А. Н. *Бернштам*, С. М. *Абрамзон* өңдүү советтик белгилүү окумуштуулар изилдешкен. Белгилүү кыргыз тарыхчысы Ө. Караев бул маселеге белсенип киришип жатат.

«Манас» эпосун илимий изилдөөдө чыгарманын тексттерин басмадан чыгаруу зор мааниге ээ. Ушул күндө «Манас» эпосунун негизги варианттары б-ча китептердин (СОВ — «Манас», 4 том; СКВ — «Манас», 2 том; «Семетей», 2 том; «Сейтек») чыгып бүтүшү чоң маанилүү иш болду. Бул иште башкы редактор катары Ч. Айтматовдун да эмгеги зор. «Манас» эпосун орус тилине которуу иши негизинен ийгиликтүү жүрүп, СССР ИАнын демилгеси м-н Москвадан «СССР элдеринин эпосу» сериясынан «Манас» эпосунун төрт томдугу (СОВ б-ча) чыга баштады.

Ошентип, «Манас» эпосун илимий изилдөө тарыхы негизинен бир кылымдан ашуун мезгилди камтыйт. Бул мезгилде эпостун көптөгөн олуттуу маселелери илимий изилденди. Бир катар чет өлкөлөрдө (КЭР, АКШ, Англия, Түркия, Франция, Германия, Венгрия ж. б.) «Манас» эпосун изилдеп жүргөн илимпоздор бар. Тилекке каршы алардын эмгектеринин көпчүлүгү м-н кыргыз окурмандары тааныш эмес.

«Манас» эпосун илимий изилдөөдө зор ийгиликтер бар болгону м-н эпоско байланыштуу көптөгөн маселелер, проблемалар кеңири илимий изилдөөгө муктаж. «Манас» бөлүмүнүн түзүлүшү м-н «Манас» эпосун ар тараптан комплекстүү изилдөө иши колго алынууда.

*С. Бегалиев*

**«МАНАСТЫ» КОТОРУУ** — «Манас» эпосун таанытуу ж-а пропагандалоо үчүн башка элдердин тилине которуу. Кыргыз элинин эпосторунун ичинен эң биринчи жазылып алынганы да, башка элдердин тилине эң алгач которулганы да «Манас» эпосу. Эпосту башка тилдерге котору маселелерине байланыштуу илимий пикирлерди айтууну белгилүү окумуштуу, котормочу Е. Д. Поливанов баштап, омоктуу бир топ ойлорун айткан.

«Манас» эпосунун башка тилдерде алгач баяндалышы *«Мажму ат-таварихке»* байланыштуу. Ушул чыгармада эпостун айрым окуялары тажик тилинде берилген. «Манасты» жыйноо, жарыялоо иши сыяктуу эле, «М». к. да Ч. Ч. *Валиханов* м-н В. В. *Радловдон* башталат. Эпостун В. Радлов жазып алган тексти өзүнүн котормосунда немисче 1885-ж. Лейпцигде жарык көргөн. 1856-ж. жазып алган «Көкөтөйдүн ашын» Ч. Валиханов 1904-ж. кара сөз түрүндө которуп, «Жунгария очерктеринде» жарыялаган. 1911-ж. Д. Алмаши «Манастын уулу Семетей менен коштошкону» деген чыккан текстти Будапештте кыргызча-немисче жарыялаган. «Манасты» орус тилине которуу ишине 1930-жылдары көңүл бурула баштаган. Кыргыз АССР ЭКСтин 1935-ж. февралдагы токтомунда «Манас» эпосун кыргызча, орусча басып чыгаруу иши каралган. 1935—45-жылдары республикалык, союздук, о. эле башка республикалардын газета-журналдарына Е. Д. Поливанов, С. Клычков, М. Тарловский, С. Липкин, Ф. Ощакевич, Э. Беккер ж. б-дын котормосунда эпостун көптөгөн үзүндүлөрү жарыяланган. 1936-ж. С. Клычковдун котормосунда *«Алмамбет и Алтынай»*, эпостун үзүндүлөрү 1941-ж. (*«Манас»*), 1961-ж. (*«Манас»*) өзүнчө китеп болуп жарыкка чыккан. Ал эми 1946-ж. Москвадан *««Манас» киргизский эпос»* («Великий поход») китебинин чыгышы республиканын маданий турмушундагы маанилүү окуя болгон (С. Липкин, Л. Пеньковский, М. Тарловский которгон). 1937-ж. Парижде чыгуучу «Europe» журналына жарыялаган «Чоң казаттан» үзүндүнү француз тилине Б. Болиславская м-н Ролан Мальро которгон. 1942-ж. Куандык Жеминин котормосунда Алматыда «Алгачкы айкаш» казакча чыккан. Эпостун айланасында түзүлгөн кырдаалга байланыштуу 1940-жылдардын аягы ченде «М.» к. ж-а жарыялоо иши дымый түшкөн. Курама варианттын төрт томдугунун жарык көрүшү м-н эпосту башка тилдерге которууга ыңгайлуу шарт түзүлгөн. Эпостун КВ б-ча төрт томдугу тең казакчага которулуп, жарыкка чыккан (1—2-китеби —1962, 3—4-китеби —1963, Алматы). Ч. Валиханов жазып алган «Көкөтөйдүн ашын» А. Маргулан казакча которуп, жарыяланган (1973). КВнын негизинде эпостун котормосунун өзбекче эки китеби чыккан (1—1964, Миртемир которгон; 2—1987, Султан Акбари которгон; Ташкен). Тажикче СОВ б-ча Атхам Асламдын котормосунда жарык көргөн (1982, Дүйшөмбү). Ал эми «СССР элдеринин эпосу» сериясынан Сагымбай Орозбак уулунун варианты б-ча «Манас» эпосунун төрт томдугунун кыргыз-орус тилдеринде чыга башташы «М» к-дагы зор маанилүү окуя болду.

Эпосту чет тилдерге которуу иши да жандануууда. 1977-ж. А. Т. *Хатто* Ч. Валиханов жазып алган «Көкөтөйдүн ашын» кыргызча (латын арибы м-н) ж-а англисче Англияда бастырып чыгарган. 1988-ж. Улан-Батордо эпос В. Энэбиштин котормосунда эпос моңгол тилинде өзүнчө китеп болуп чыккан. Чет өлкөлүк окумуштуулар, котормочулар «Манас» эпосуна көбүрөөк кызыгып, аны которууга ынтызарланып жатышат. Мис., Венгриялык түрколог Иштван Коңур Мандоки эпосту венгер тилине которуунун үстүндө иштеп жатат. О. эле эпостун которулган үзүндүлөрү ар кандай газета-журналдарга, альманахтарга басылууда. Мис., Шинжаң Уйгур автоном областында (КЭР) уйгурча чыгуучу журналдарга Сыдык Аблимиттин котормосунда «Манас», «Семетейден» үзүндүлөр жарыяланган.

С. Мусаевдин «Эпос Манас» деген моногра-




1 2 3

Эпостун уйгур тилинде чыккан журналдарга (КЭР, Үрүмчү ш.) жарыяланган үзүндүлөрү: 1. «Тарим» журналындагы «Семетейден» үзүндү. 2. «Манас» эпосунун «Шинжаң» адабияты журналындагы үзүндүсү. 3. «Манас» эпосунун «Тарим» журналындагы үзүндү.

фиясы орус, немис, англис тилдеринде бир китеп болуп жарык көргөн (Фр., 1986).

*С. Төлөгөнова*

**«МАНАСТЫН БАЛАЛЫК ЧАГЫ»** — «Манас» серияларынан ТМВ б-ча латын ариби м-н жарык көргөн үзүндү китепче (Фр., 1940). Басмага Ыбырайым Абдыракманов даярдаган (кара сөз аралаш). Манастын ата-энесинин карыганча балалуу болбой жүргөндөгү муң-зары, Жакып м-н аялдарынын көргөн түштөрү, Бакдөөлөттүн түшү, Манастын туулушу, туулгандагы тою, ат коюлушу, Жакып Манасты койчулукка бергени кыскача баяндалат. Манастын биринчи жолу Алтайдагы калмактардын зордугуна каршы чыгышы, Нескара Манасты кармап алам деп барып жеңилип, качышы, уйгур кандарынын жиберген баатырларын Манас жарым жан кылып жибериши, Эсенкан экинчи жолу жиберген Нуукер дөөнүн Манастан өлүшү, Манастын кан болушу ж-дөгү эпизоддорду камтыйт.

**МАНАСТЫН БЕЙИТИ**, к. *Манастын кабыры.*

**МАНАСТЫН БОЗ-ДӨБӨСҮ** — топоним, к. *Боз-Дөбө.*

**«МАНАСТЫН» ГЕОГРАФИЯСЫ** — көп пландуу терең мазмуну, көркөмдүк кудурети м-н бирге, «Манас» эпосу өзүнүн түркүн маалыматтуулугу м-н айырмаланат. Татаал көркөм

сюжет, ар кыл окуялар эпостун башынан аягына чейин жаратылыш кубулуштары, дүйнөнүн көрүнүштөрү, элдердин карым-катышы, конкреттүү географиялык кырдаал м-н айкалышып жүрүп олтурат. Географиялык маалымат — номенклатура (топонимия), термин, баян, мүнөздөмө, түшүнүк эпостун бүт тулкуна сиңип, коюн-колтугуна чейин тарап, анын организминин ажырагыс мүчөсүнө айланган. Географиялык маалыматтын мынча кеңири терең таркашы, «Манастын» географиясы деген атайын түшүнүктү пайда кылат. Эпостогу сюжет, окуялардын дааналыгы, реалдуулугу айрым өлкө, жер-суу, эл-журтка байланышы географиялуулуктун негизинде жетилген. «Манастын» тарыхтуулугу да белгилүү өлчөмдө географиялуулукка келип такалат.

Эпостун эпикалык географиясынын диапазону өтө зор. Ал кеңири аймакты — бүт Евразия материгин дээрлик өз кучагына алат. Байыркы кыргыз журтчулугунун географиялык маалымдуулугу (кругозору) чыгышта — Ыраакы Чыгышты «торогон» мифтик Көйкап тоолорунан тартып, батышта — Орол, Эдил, Кырым, Урум аркылуу жомоктук өлкөлөр — Желпиниш, Жеткайтка чейин созулган. Жетиген тарапта биздин бабаларыбыздын түшүнүгү Буурул түн аймагына, күн жүрүш жакта Тебит (Тибет); Ымалай (Гималай), Ындыстан (Индия), Меке, Мысыр (Египет), Магрипке (Түн.-батыш Африка өлкөлөрү) чейин жеткен. Өтө белгилүү географиялык мейкиндиктин чордонун Казакстан, Алтай, Кытай, О. Азия, Чыгыш Түркстандын ортосу түзгөн. Географиялык маалыматтардын экинчи, регионалдык жагы да өзүнүн так, дааналыгы, айрым, аймак, жер-сууну ж. б. өтө кооз сүрөттөшү мүнөздүү. Түрдүү өлкө, эл-жерлер м-н катар, эпосто Ала-Тоо аймагы, кыргыз эли, Талас, Чүй, Алай ж. б. кыргыз жерлери да сүрөттөлөт.

Эпостун географиялык маалымдуулугун үчилтиктеги көп сандаган энчилүү аттар айкындап турат. Жалаң Сагымбайдын варианты б-ча жарык көргөн «Манастын» төрт томдугунда (1978—1982) 532 топоним (кайталануучу аттар менен бул сан алдаганча көбөйөт) кезигет. Географиялык, жалпы эле дастандын маалыматтуулугун арттырган дагы бир маанилүү көрүнүш — андагы илгерки, эл, уруу ж. б. этностор ж-дөгү даректер. Сагымбайдын вариантында 113 этностун аты аталат. Залкар илимпоз Махмуд Кашгаринин «Түрк тилдеринин сөздүгүндө» (11-к.) мындай 73 ысым эскерилген.

Эпостун географиялуулугу анын фактологиялыгы (түрдүү даректердин көптүгү), маалыматтуулугу алардын так, дааналыгы м-н мүнөздөлөт. Географиялык маалыматтар эпосто эки түркүмгө бөлүнөт. Бири жалпы географиялык, жаратылыштын айрым компоненттери ж-дөгү дарек, түшүнүктөр. Экинчиси — регионалдык ж-а локалдык (жалпысынан аймактык) мүнөздөгү маалыматтар, айрым ландшафттардын, кооз жерлердин көркөм сүрөттөлүшү.

Жалпы географиялык түшүнүктөр айрым космогониялык даректерди, жаратылыштын кубулуштарын, жер бетинин, климат, суу, өсүмдүк, жаныбарлар дүйнөсүнүн өзгөчөлүгүн, өзгөрүшүн, таркашын чагылдырат. «Манаста»:

Тоо бузулуп сай болду,
Сай козголуп тоо болду.
Аты калып өзү жок,
Ар канча деңиз жоголду.
Элүү жылда эл жаңы,
Жүз жылда болуп жер жаңы (КВ, 1. 2—3),— деп дүйнөдөгүнүн баары кыймылда, өзгөрүштө деген философиялык аксиоманы айкындайт. Ушул эле идея «Семетейде» дагы терең кеңири чагылдырылат (СК, «Семетей», 3—4). Мындай географиялык маалыматтардын (жалаң топонимдер жүзгө жакын) арбын кезигиши түшүнүктүү.

Ушундай эле маалыматтардын ичинде элдердин чарбачылыгы, жол катнаштары, соода-сатыгы ж. б. карым-катнаштары ж-дөгү даректер «Манас» үчилтигинин ар бир бөлүгүнөн жолугат. Кыргыздардын илгертен бери эле жерге, малга, жайытка болгон мамилеси, аларды ылгап, кылдаттык м-н пайдалануу жагы да унутта калбаган. Жол катнаштары, кошундардын жүргөн жерлери, өткөн ашуулары же ооруктардын орду эпосто дээрлик даана чагылдырылган. Андан кыргыздардын Алтайды карай көчүшү, ал жактан кайра кайтышы, Бокмурундун Ташкен тараптан Каркыраны көздөй жөнөгөн кошунунун маршруттары көбү азыркы кездеги географиялык реалиялар м-н дал келет.

Эпостогу географиялык маалымдуулуктун негизин элдик географиялык терминдер түзөт. Лексикалык мааниси терең эски нукура терминдер «Манаста» өтө арбын. Өзгөчө топонимдердин маңызын талдоо үчүн алардын ролу зор. Баар, биябан, кесенде ж. б. өтө сейрек учуроочу тарыхый географиялык терминдерге кирет.

Конкреттүү реалдуулугуна карабастан эпостогу географиялык маалыматтар эпос үчүн жеткиликтүү илимий негиз, толук тарыхый дарек боло албайт. Алар өзүнүн эпикалык мүнөзүндө кала берет. Бирок, эпикалык география белгилүү өлчөмдө дастанга тарыхый-географиялык негиз болушу ыктымал. Анткени, айтылып жаткан маалыматтар баары бир тарыхый географияга таандык. Эпосто кезигүүчү бир кыйла топонимдер (Алай, Алтай, Арабанты Артыш, Орхон, Гоби-Шаму, Көкө-Ноор, Кабакарт, Талас, Ашмара ж. б.) тарыхый аталыштар. Алар тарыхта о. кылымдардын алгачкы мезгилинен бери белгилүү. Кыргызстандын аймагында деп эсептелген эпостук аттар да бери дегенде 17—18-к-дан бери маалым болгон онимдер. Керме-Тоо, Кер-Көл, Кебез-Тоо, Опол-Тоо дагы ушул сыяктуулар эл оозунда илгертен айтылып келаткан жерлер.

Улуу эпостун географиялуулугу өтө жогору баалоого татыктуу. Ал «Манастын» кол жеткис бийиктигинин бири. Анын өз заманында

мындай жогорку даражага жетишин илгерки бабаларыбыздын убагындагы маданий деңгээли, рухий дүйнөсүнүн байлыгы, географиялык түшүнүгүнүн кеңдиги м-н, эл-журтубуздун дүйнөнүн чар тарабы м-н болгон карым катышы аркылуу түшүндүрүү негиздүү көрүнөт.

*С. Өмүрзаков*

**МАНАСТЫН ВАРИАНТТАРЫ** — эпостун текстиндеги аткаруу-айтуу процессинде учуроочу түрдүү деңгээлдеги айырмачылык, чыгарманын оозеки жашоосуна байланыштуу ыр саптарындагы, окуялардагы алымча-кошумчалардын негизинде пайда болгон көп нускалуулук. «Манас» зор көлөмдүү, узак убакыт ооз жүзүндө гана жашап келген чыгарма болгондуктан анда өзгөрүүсүз сакталган (канондук) текст жок. Мазмуну, ыр саптары устаттан шакиртке, бир муундан экинчисине өткөндө, ал түгүл бир эле манасчы эпосту улам кайталап аткарганда өзгөрүүлөргө учураган. Шартка, түрдүү себептерге ылайык өзгөрүүлөрдүн деңгээли, мүнөзү да түрдүүчө болот. Ушундан келип эпостун варианттары жаралат. «Вариант» деген сөздүн терминдик жалпы мааниси бир нерсенин башка, өзгөргөн түрү дегенди туюнтат (к. *Вариант).*

«Вариант» термини адабият таанууда эки мааниде колдонулат. Кеңири планда — чыгарманын автографынык көчүрмөлөрүндөгү, басмадан чыккан тексттердеги өзгөчөлүктөр. Тар маанисинде адабият таануу илиминин түрдүү тармактарында спецификалык өзгөчөлүктөрү м-н пайдаланылат. Фольклористикада айтуучу чыгарманы ар бир аткаргандагы текст вариант болуп түшүндүрүлөт. Анткени, оозеки чыгармалар, айрыкча көлөмдүүлөрү ар башка айтуучу аткарганда эле эмес, бир эле чыгарманы бир эле адам аткарганда да көптөгөн себептердин натыйжасында (мурда айтып жүргөндөрүнө чыгармачылык жаңы табылганы кошуу, бул же тигил деталдын эстен чыгып калышы, угуучулардын каалоосуна ыңгайлашуу, ошол учурда айтуучунун психологиялык, физиологиялык абалы ж. б.) ар кандай өзгөрүүлөргө учурашы мүмкүн. Манасчылардын кимиси болсо да өзүнүн вариантын эч өзгөрүүсүз сөзмө-сөз кайта айтпайт, бул мүмкүн да эмес. Ал түгүл чоң-чоң окуялардын орун алмашуусу, кеңири белгилүү окуялардын биринде кенен, экинчисинде алда канча кыска айтылышы, айрым сүрөттөөлөрдүн, окуялардын айтылбай калышы да мүмкүн. Мис., Алгач Саякбай Карала уулу «Көкөтөйдүн ашын» «Семетейдин» окуяларынын арасында айтып берген, ал эми 1968-ж. эпостун бардык бөлүмдөрүнүн окуяларын ирети м-н бүт магнитофон тасмасына жаздырганда бул эпизодду «Манастын» окуяларынын арасында — өзүнүн логикалык ордунда айткан. Бир эле окуяны же сүрөттөөнү кайталап айткан учурда ыр саптары сөзмө-сөз дал келбейт:

Мына ошондо Тору айгыр
Чакчалакей чаң болуп,
Көчүгүнөн быягы
Кызыл челек кан болуп,
Көкүлүн көккө зыргытып,
Туягын жерге мылгытып,
Өзүң көргөн Тору айгыр
Айтайын десе тили жок,
Айгайды салганы,
Атаңдын көрү дүнүйө,
Калдай уулу капырга —
Кан Коңурбай баатырга
Дарбазалуу коргонго
Каны туткан ордого
Качып кирип Тору айгыр
Жайдак качып барганы.
Айтайын десе тили жок,
Жышаналайт Тору айгыр
Ошондо кабар салганы (СК, КФ, 4074-инв., 98—99-б.).

Ушул эле эпизод кайра кайталап айтканда:

Көкүлүн көккө зыргытып,
Туягын жерге мылгытып,
Мына ошондо Карагул,
Карагулдун Тору айгыр
Карасаат мына бул,
Бөксө менен желиптир,
Калдай уулу капырга
Кан Коңурбай баатырга,
Дарбазалуу коргонго,
Бүтүп аткан ордого,
Жолборсу он беш төлдөгөн,
Жолоп адам келбеген,
Бел байлаган бегине,
Бекип жаткан жерине,
Кумурскадай кайнаган
Куу кытайдын элине,
Атаңдын көрү дүнүйө,
Барса келбес Бээжиндин
Балаңдынын жолунан
Тору айгыр качып барды эми,
Карагулдун колунан.
Мына ошондо Тору айгыр
Көкүлүн көккө зыргытып,
Туягын жерге мылгытып,
Бээжинди көргөн эмедей
Бөксөлөп ичин тарткылап,
Кара жерди каккылап,
Өзүң көргөн Тору айгыр
Барган экен кысталак.
Кошкуруп курсак тарткылап,
Атаңдын көрү дүйнө күн
Окуранып алыптыр,
О, долуга Тору айгыр кабар салыптыр
(СК, КФ, 4074-инв., 1—2-б.).

Үзүндүлөрдө бир эле окуя баяндалганы м-н эки текстте сөзмө-сөз кайталанган айрым бир саптарынын бар экендигине карабастан экинчи текст биринчинин сөзмө-сөз кайталанышы эмес, анын варианты деш жөндүү. Тексттерден көрүнүп тургандай ыр саптарынын саны (19—33) да, алардагы маалыматтарда да айырма бар. Ал эми бир манасчы түзгөн вариантты экинчи адам өздөштүргөндө учураган түрдүү айырмачылыктар ж-а көлөмдөрүнүн бирдей эместиги табигый көрүнүш. «Манастын» ар кандай айырмачылыктар м-н айтылары, көркөмдүк деңгээли, эстетикалык таасирдүүлүгү ар бир манасчыда ар башка экендигинде, ай-

туучунун жеке салымынын барлыгы айрым учурда чечүүчү мааниге да ээ болушу мүмкүн экендиги белгилүү. Буга бул же тигил варианттын аны жараткан ж-а айткан инсандын аты м-н байланыштырылып аталышы да күбө (Сагымбайдын «Манасы», Саякбайдын «Манасы» ж. б.). Варианттын мындайча айтылышы эпос ушул адамдын жеке чыгармасы дегендик эмес, эпостун көптөгөн варианттары бар экендигин белгилөөнүн өз алдынча көрүнүшү.

Манасчылардын чыгармачылык өзгөчөлүктөрүнө ылайык жомоктун варианттары эки багытта — айтуучунун эркинен сырткары ж-а анын каалоосу б-ча түзүлөт. Биринчисин ыр саптарын бүт эмес, окуялардын нугун, мазмундун негизин түзгөн салттык туруктуу эпизоддорду гана кабылдап, өздөштүрүп, мурдатан кеңири белгилүү айрым элестүү даяр ыр саптарын кенен пайдаланып, чыгарманы өз сөзү м-н бере турганын, б. а. дээрлик жаңы деп айтууга да боло турган чыгарма жаратарын айтышат. Башка-башка айтуучулар турмак бир эле айтуучу эпосту кайталап айткан сайын «жаңы» текст жаратарын белгилеп, В. В. Радлов чыгарманын түрдүү варианттарын кагаз бетине түшүрүүнүн зарылдыгы жок деп эсептеген. Чыгарманын мазмунунун кеңейишинде, өнүгүшүндө, көркөмдүгүнүн жогорулашында эпостун варианттарынын активдүү жаралуу ыгынын мааниси чоң экендиги түшүнүктүү. О. эле бул ык чыныгы ж-а чоң манасчылардын чыгармачылыгына мүнөздүү.

«Манас» эпосунун негизги бөлүмдөрүнүн кагаз бетине түшүрүлгөн жетимишке жакын варианты белгилүү (буга кызыл-суулук, ооган-дык ж. б. жерлердеги кыргыздардан чогултулган материалдардын так саны белгисиз болгондуктан, кошулган жок). Жомоктун улам жаңы үлгүлөрүн жыйноо иши дагы эле улантылууда.

«М.» в-нын көлөмү, мазмундук, формалык касиеттери, көркөмдүк деңгээли бир кылка эмес. Бири-биринен орчундуу айырмачылыктарга ээ варианттар да, көп белгилери б-ча жакын тургандары да, бир эле окуянын айрым өзгөчөлүктөр м-н айтылышы да, о. эле чыгарманын толук сюжетинин варианттары да кезигет. Ошондуктан, аларды чыгарманын варианттары ж-а эпостогу айрым окуялардын варианттары деп негизинен эки топко бөлүп кароо жөн. Чыгарманын бардык негизги окуяларын камтыган толук кандуу варианттар чыныгы же чоң манасчылар тарабынан түзүлөт, ал эми окуялардын варианттары негизинен үйрөнчүк же чала манасчыларга таандык.

Эпостун окуяларынын варианттары, адатта, аны жаратуунун пассивдүү ыгы аркылуу пайда болот. Түп нускалык милдет аткарган текстти жаттоо жолу м-н жүзөгө ашырылуучу мындай иштин алгачкы учурларында эки текстте дээрлик айырма да жок болушу мүмкүн. Эпизодду жаттап алып аткарып жүргөн үйрөнчүк манасчы болсо, кийин өз вариантын түзгөндө жаттап алган тексттерди ошол б-ча же өзгөртүүлөрү м-н өз репертуарына киргизип, эпостун башка окуяларынын катарында айтып калат. Ал эми чала манасчыларда болсо адеп жаттаган текст негизинен ошол бойдон сакталып чыгарманын башка окуялары м-н байланыштырылбай, үзүндү түрүндө аткарылат. Мындай учурда варианттык белгилер текст узак убакыт бою кайталанып аткарылуу процессинде тактоо, башкалардан уккандарынын өзү мыкты деп эсептеген үлгүлөрүн репертуарындагы текстке кошумчалоого аракеттенишинин натыйжасында жаралышы мүмкүн.

Эл арасындагы ж-а эпос изилдөөчүлөрдө кабыл алынган салт б-ча «М.» в. дегенде негизинен эпостун окуялары толук, көрүнүктүү айтуучулар түзүп ж-а аткарып жүргөн үлгүлөрү түшүнүлөт. Буга эпостун биринчи бөлүмүнүн Сагымбай Орозбак уулу, Саякбай Карала уулу, Шапак Рысменде уулу, Тоголок Молдо (Байымбет Абдыракман уулу), Багыш Сазан уулу, Молдобасан Мусулманкул уулу, Ыбырай Абдыракман уулу, Мамбет Чокмор уулу тарабынан түзүлгөн, «Семетей», «Сейтектин» Саякбай Карала уулу, Жаңыбай Кожек уулу, Молдобасан Мусулманкул уулу, Багыш Сазан уулу, Жакшылык Сарык уулу, Мамбет Чокмор уулу, Акмат Рысменде уулу, Актан Тыныбек уулу ж. б. жараткан варианттарын кошууга болот.

«Манастын» түрдүү варианттарын бириктирип, алардын бир чыгарма экенин билдирип турган маанилүү белгилердин эң башкыларынын бири — чыгармадагы негизги окуялар, алардын өнүгүшү, жалпы сюжеттик нуктагы орду. Эпостун бул белгилери илимий эмгектерде эпостун туруктуу өзөк окуялары ж-а алардын салттык өнүгүш жолу деп аталат. «Манас» эпосунун туруктуу өзөк окуялары дегенде бардык варианттарда жолугуучу салттык эпизоддор түшүнүлөт. Бардык манасчыларга таандык сюжеттик бир канва да, эпостун идеялык багыты да ушул өзөк, уютку окуяларга карата белгиленет ж-а чыгармада чагылдырылган доордун мүнөзү да ушул өзөк окуяларга ылайык аныкталат. Бардык негизги варианттарга мүнөздүү өзөк окуялар: күчтүү душман тарабынан кыргыздардын чабылышы; баатырдын төрөлүшү ж-а бала чагы, алгачкы эрдиктери; ата журтту баскынчылардан бошотуу, Алтайдагы кыргыздардын Ала-Тоого кайра келиши; Шоорук, Алооке окуялары; Манастын Каныкейге үйлөнүшү; Көзкамандар окуясы; Алмамбеттин тарыхы; Көкөтөйдүн ашы; Чоң казат; Манастын өлүмү ж-а ага күмбөз салдыруу (к. *«Манастын» сюжетиндеги* туруктуу өзөк окуялары) жатат. Бул өзөк окуялардын берилиш ыгы, ар бир окуянын орду туруктуу. Айрым учурларда гана окуялар орун алмашып кеткен же айрым эпизоддор өз ордунда эмес башка бөлүмдө айтылып калган учурлар болот. Мис., Сагымбайда Алмамбеттин тарыхы өз алдынча чоң окуя катары Манас Каныкейге үйлөнгөнгө чейин айтылса, Саякбайда Чоң казат учурунда Алмамбеттин өзүнүн эскерүүсү түрүндө берилет. Туруктуу эпизоддордун берилиш

системасындагы мындай айрым бузулууларды кандайдыр себептердин натыйжасы катары кароо зарыл. Чындыгында чыгармадагы окуялар системасы туруктуу, ар бир манасчы аны каалагандай өзгөртө берүүгө акысыз, тескерисинче, мурдатан кабыл алынган нукту сактоого милдеттүү. Ар бир чоң эпизоддун өз орду бар, алардын ирети так сакталууга тийиш. Бул факт «Манастын» калыптанып бүткөн, бардык окуялары бир композициялык бүтүндүккө бириктирилген чыгарма экендигин айгинелейт. Ар бир манасчыда өзөк окуялар ички мазмуну, деталдык белгилери м-н айырмаланат. Бир манасчы бул же тигил эпизодду кенен, майда деталдарына чейин айтса, экинчиси өтө кыскартылган түрдө берет, ал эми үчүнчү айтуучу, аны такыр эле айтпашы ыктымал. Ушул белгилерге карай манасчылардын мектептик өзгөчөлүгү аныкталат. Окуялардын өнүгүш жолу, жалпы нугу, ички мазмуну жактан бири-бирине алда канча жакын турган айтуучулар бир мектептин өкүлдөрү катары эсептелет (к. *Манасчылар мектеби).*

Адатта, ар бир жаңы вариант негизинен даяр сюжетти өздөштүрүп, окуяларды өз сөзү м-н айтып берүү аркылуу жаралгандыктан манасчынын өзгөчөлүгүн белгилөөдө чыгарманын көркөмдүк касиеттери чоң мааниге ээ. Бирок, манасчынын жеке өзүнө таандык белгилер, өзгөчөлүктөр м-н катар эле айтуучулардын көптөгөн муундарынын табылгалары болгон, жалпыга туруктуу салттык мүнөзгө ээ белгилер да аз эмес. Сюжет куруу, образдар системасы, окуяларды берүүнүн ыгы сыяктуу белгилерден башка, көптөгөн манасчылардын варианттарында жолугуучу сөзмө-сөз окшош, элестүү ыр саптары, сүрөттөөлөр, баяндоолор, портреттик мүнөздөмөлөр ж. б. да бар. Андай туруктуу ыр түрмөктөрү бир муундун өкүлдөрү болгон, бири-бирин билген аралашкан манасчылардын гана эмес, бирин-бири такыр көрүшпөгөн атүгүл башка муундун өкүлдөрү болуп, ар башка тарыхый шартта жашаган манасчылардын варианттарында да кеңири жолугат. Мис., «Манастын» В. В. Радлов жазып алган варианттарындагы:

Кара жерге кар жааса
Карды көрсөң этин көр,
Карлуу жерге кан тамса
Канды көр да бетин көр (РЖВ, 389) деген ыр саптары СКВда төмөнкүдөй айтылат:

Кара жерге кар жааса
Карды көр да, этин көр,
Кар бетине кан тамса
Канды көр да бетин көр (СК, КФ, 540-инв., 1873-б.).

Бул өңдүү бирдей ыр саптары манасчылардын ар биринде бар. Мында эпостун муундан-муунга өтүү процессиндеги туруктуулук касиетинин белгилери жатат.

Эпостун бир чыгарма экендигин белгилеп турган анын негизги варианттарынын дээрлик баарында жолугуучу көрүнүштөрдүн катарына көркөм ыктар м-н көркөм каражаттардын салттык түрлөрү да жатат. Аларды кеңири пайдалануу варианттын өзгөчөлүгүн жокко чыгарбайт, баасын төмөндөтпөйт, тескерисинче айтуучунун даараметин, талантын белгилеп турат.

Эпостогу салттык көрүнүштөрдү кандай пайдалангандыгы, чыгарманы кандай жаңы табылгалар м-н байыта алгандыгы манасчылардын талантынын, аракеттенүүлөрүнүн деңгээли м-н шартталат.

«Манастын» негизги варианттарынын ичинен чоң манасчылар Сагымбай Орозбак уулу м-н Саякбай Карала уулунан жазылып алынган тексттер башка варианттарда материалдарынын толуктугу ж-а өзгөчө кеңири планда айтылышы, көркөмдүк деңгээлинин жогорулугу м-н айырмаланып, о. эле эки вариант бири-биринен окуяларынын өнүгүшү, сюжеттик курулушу ж. б. белгилери б-ча орчундуу өзгөчөлүктөргө ээ болгондуктан алардын маанисин белгилеп варианттарынын ичинен алган ордун атайылап көрсөтүү, элдин көңүлүн буруу максатында айрым эпос изилдөөчүлөр (М. Ауэзов, В. Жирмунский ж. б.) ушул эки вариантка карата вариант м-н катар эле «версия» терминин колдонушат.

Версия (лат. versio — түрүн өзгөртүү, бурулуш) — бир фактынын, окуянын бири-биринен айырмаланып, ар башка баяндалышы. Версия варианттан айырмаланып бир булак, бир негизге таянган материалдардын бири-биринен бир топ өзгөчө орчундуу белгилер аркылуу айырмалана тургандыгын туюнтат. Муну эске алганда «Манастын» түрдүү мектептин өкүлдөрү айткан үлгүлөрүн «версия» деп атоонун жөнү да бар, демек окумуштуулардын эпостун эки башка мектепке жата турган өкүлдөрүнө таандык материалдар ж-дө сөз болгондо вариант м-н катар «версиянын» да колдонулушу талапка ылайык.

*С. Мусаев*

**МАНАСТЫН ЖЕЛЕСИ** — Манас ж-а анын кырк чоросу ат байлаган жер. Токтогул р-нундагы Желе-Терек кыштагында (Фрунзе атн. к-з). Элдик уламыш б-ча бул жерде Манас кырк чоросу м-н Анжыян тарапка өтүп бара-тып эс алуучу экен.

**МАНАСТЫН ЖЕЛЕСИ** — уламыш б-ча Манас баатыр бээ байлатып, желе тартып, түштөнүп өткөн жер. Талас р-нундагы «Коммунизм» колхозунун аймагында (Арал айылынын тушунда). Желени жыйып кеткенде мамылары м-н каккан казыктары бүрдөп, өсүп, кучак жеткис талга айланган.

**МАНАСТЫН КАБЫРЫ** — Тажик ССРинин, Гарм р-нундагы Хаит кыштагынын жанындагы тоонун чокусундагы мүрзө сыяктуу дөбөчө. Жергиликтүү калк Манастын сөөгү ушул жерге коюлган, мүрзөсү ушул деген аңыз м-н М. к. деп атайт. Кабырдын узундугу 9 кадам, туурасы 3—3,5 кадам, тегерегине кыдырата таш тизилген.

**МАНАСТЫН КАЙРАГЫ** — бир четинде «боо өткөргөн жери» деген тешиги бар чоң кайрак таш. Аксы р-нундагы Жазы-Кечүү кыштагынан Бел-Мончок дабанынын наркы бетинде. Бул ташты эл ыйык тутуп, атам заман-

дан бери бычактарын кайрап курчутуп жүрүшкөндүктөн анын эки капталы жешиле баштаган.

**МАНАСТЫН КАН ОРДОСУ** — Нарын ж-а Ат-Башы өрөөндөрүнүн ортосунда созулуп жаткан Кошойдун кара тоосунун эң бийик жери Кошойдун чокусундагы кенен, тегиз аянтча. Бул жерде Манас баатыр кырк чоросу м-н Кошой аксакалга келгенде ар дайым ордо ойноп кетүүчү экен. Эл оозунда ушул ордодон Манас баатыр черткен чүкө Турпан жактан өтүп бара жаткан кербендердин төөлөрүнүн шыйрагын талкалап кеткен экен деп айтылат.

**МАНАСТЫН КҮМБӨЗҮ** — о. кылымга (14-к.) таандык архитектуралык эстелик. Эпос ж-а эл ичиндеги уламыш б-ча баатырды эскерип жүрүш үчүн бейитине анын жары Каныкей атайын тургузган көрөсөндүү курулуш. Ал ушул кезге чейин сакталган. 1893-жылда орустун белгилүү изилдөөчүсү академик В. В. Бартольддун О. Азияга жасаган илимий саякаты ж-а 1895-ж. Ташкен шаарындагы археология ышкыбоздордун Түркстандык ийриминин уюштурулушу М. к-нүн илимий негизде изилденишине өбөлгө түзүлгөн. Ошол жылдары В. В. Бартольд тарабынан М. к-нүн абалы, негизги архитектуралык мүнөздөмөлөрү кагазга түшүрүлүп, ченөө иштери аткарылган. 1923-ж. Түркстандын архитектуралык эстеликтерин мамл. тарабынан корукка алуу тууралуу атайын декрет жарыялагандан кийин М. к. Кыргыз мамл. тарабынан коргоого алынган. Ал ким тарабынан качан, кимге арналып курулган деген көптөгөн суроолорго күмбөздүн башкы фасадындагы «куфи» жазмасындагы жазуу жооп берди. Жазуунун толук жандырмагын 1938-ж. А. М. Беленицкий сунуш кылып, кийинчерек М. Е. Массон айрым өзгөртүүлөрдү кийирген: «Улуу даражалуу мазар», жакшылардын жакшысы, даанышман,

Манастын ресторацияга чейинки күмбөзү.



сыпайы, бактылуулардын нускасы, кудаа таалага ылайык иштердин төртүнчү доордогу эгеси, аялдардын эң даңктуусу Кенизек-Хатун, урматтуу эмирдин кызы, марттык м-н ырайымдын булагынын кылычы да, каламы да жеңилбес, Абуке эмирдин, алардын сырын кудаа таалам билгилик кылбасын да жүргөн жерин бейиш кылсын. Бул Рамазан айынын башында болгон да ал касиеттүү кудаа тааланын төртүнчү жылдагы «айы» жазуунун аягы сынып жок болгондуктан күмбөз 14-к-дын кайсы он жылдыгында тургузулгандыгын аныктоого мүмкүн эмес. Буларды тарыхый маалыматтар м-н бирге талдап Дуба кан эмир Абуке атасы, Кенизек-Хатундун чоң атасы экендиги ж-а Кенизек-Хатун 1334-ж. 6-майда жума күнү дүйнөдөн кайткандыгы аныкталган. Кенизек-Хатундун күмбөзүн эл ичинде М. к. деп аталганы баарыбызга белгилүү. «Семетей» эпосунун көпчүлүк варианттарында М. к. Талас өрөөнүнөн алыс эмес суу жээгиндеги Төрткүлдүн төмөн жагында Кайнардын как өзүндө курулгандыгы айтылат, б. а. күмбөздүн төбөсү шоңшойбостон томпок (сферический) болуп тургузулат, анда Манастын куралжарактарынын баары коюлуп, дубалдын ички бетин толтуруп, эпикалык баатырлардын жүрүштөрү, кан майдандагы салгылашуулары, айрымдарынын жеке портреттери тартылгандыгы айтылган. Чындыгында ушул көрүнүштөгү архитектуралык курулуштардын 6—8-кдарда Пенжикент, Варахша, Афрасиаб шаарында кенен колдонулгандыгы белгилүү. Алардын дубалдарынын ички беттерине «Шахнаме» эпосунун эпикалык сюжеттеринен образдуу сүрөттөрдүн тартылгандыгы археологиялык казуулардан маалым. Мамл. мекеме жайларды, сарайларды эпикалык сюжеттерден алынган сүрөттөр м-н кооздоо бир кезде өзүнчө салтка айланган. Ушунун негизинде 8—10-к-да Талас өрөөнүндө Текабкет, Шельджи, Сус, Куль, Ак-Төбө шаарларындагы сарайлардын ички бети элдик чыгармалардагы эпикалык сюжеттерди чагылдырган сүрөттөр м-н кооздолгон сыяктанат. Анткени, 1903-жылдагы айрым маалыматтар б-ча күмбөздүн дубалдарында сүрөттөр болгон. Бирок, кандай мааниде экендиги белгисиз. Албетте, сүрөттөрдү «Манастын прототиптериники дешке негиз жок, бирок мындай пикирди таптакыр жокко чыгарууга да болбойт. Демек, эстеликтин М. к. деген атка конушу жок жерден чыккан эмес, анын элдик оозеки чыгармачылык м-н байланышкан себептери бар экендиги шексиз. Уламыштардын дагы биринде күмбөздү Семетей салдыргандыгы айтылат. Кыш жасоо үчүн топуракты алыстан алдырып, ылайга эчкинин кылын кошуп, бышкан кыштарды эркечтин майына кайнаткан дешет. М. к. ж-дө эпосто төмөндөгүдөй саптар бар:

Жети миң эркеч бир кырып,
Кыш бышырып бек салды.
Жети кылым өткүчө
Жетигимдин күмбөзү
Бузулбай турсун деп салды
Алты миң эркеч бир кырып,



Реставрациядан кийин.

Кыш кайнатып бек салды,
Алты кылым өткүчө
Айкөлүмдүн күмбөзү
Бузулбай турсун деп салды (СК, 1. 238).

Кыштын топурагынын составынан Кеңкол дайрасынын жайыктарына мүнөздүү болгон кесек кумдун табылышы кыш даярдоо үчүн жергиликтүү материал пайдалангандыгын айгинелейт. Кээ бир кыштарда кам кезинде беттерине батып калган айбанаттардын издери бар. Ал издер Талас өрөөнүндө таралган айбанаттарга таандык экени далилденген. Ошентип, М. к. Чүй, Талас өрөөндөрүндө отурукташкан «Согдалыктардын» салттык архитектурасынын негизинде курулуп (9—10-к-да) кийинки тынымсыз кагылыштардын биринде кыйрап жок болгон. Бирок, 14-к-да курулуп, кийин ушул чөлкөмдө жападан жалгыз бүтүн калган күмбөздү эл өзүнүн сүйүктүү баатыры Манастын ысымы м-н байланыштырып айтып калган.

*К. Айдаркулов, М. Сыдыков*

**«МАНАСТЫН» МУЗЫКАСЫ́.** Кыргыз эл эпосу «Манас» — бул улуттук поэзия гана эмес, музыкалуу, обондуу ыр маданияты жагынан да зор көркөм чыгарма. Мазмуну, формасы б-ча фольклордук чыгармачылыктын түрлүү элементтеринен турган эң чоң катмар. Музыкалык аткаруучулук өнөр жагынан алып караганда согуш-казат, кошок, күлкү-тамаша, ашыктык, оюн-зоок өңдүү элдик ыр жанрларын өзүнө камтыган синтездик көркөм формага кирет. Бирок, «Манас» бири-биринен бөлүп алгыс сөз, музыка ж-а көркөм кол шилтемдерден түзүлгөн синкретизмдик же болбосо жарым синкретизмдик иск-во болуп да эсептелинет. «Манастын» эң башкы музыкалык өзгөчөлүгү — анын жекече (соло) ж-а музы-

калык аспаптын коштоосусуз аткарылгандыгы. Коштоочу аспаптык музыканын жоктугу өзүнчө бир ритмдештирилген актёрдук кол шилтемдер, жандоолор м-н толукталып турат. Эпопеянын музыкалык интонацияларын өзүнчө эле жаткан обондор дүйнөсү, кыргыз эпикалык речитациясынын энциклопедиясы десе болот. Манасты аткарууга манасчылардын




баарына орток, мүнөздүү обон, ык калыптанган, ошол белгилүү обон, ыкты ар бир аткаруучу өз талант-жөндөмүнө жараша өздөштүрөт, өз алдынча вариациялайт. Демек, ар




бир профессионал манасчынын жекече айтуучулук жөндөм-шыгына жараша эпостук обондордун ар кандай варианттары түзүлөт. Маселен, улуу манасчы Саякбай Карала уулу башка манасчылардан бөтөнчө экспрессиялуу үн интонациялары м-н айырмаланып турат. Буга далил катары анын аткаруусунда «Каныкейдин Тайторуну чапканы» эпизодунан кичинекей үзүндүнүн нотасын келтиребиз.

Бул келтирилген музыкалык «тез сүйлөө» речитативи Саякбайдын экспрессиялуу аткарган обонун иллюстрациялоо м-н бирге, жалпы эле эпос айтуучулардын Ысык-Көл аймактык мектебинин үлгүсү боло алат.

Сагымбай Орозбак уулунун үнү жазылып калбагандыктан анын айтуу стилин конкреттүү түрдө нота м-н көрсөтүү мүмкүнчүлүгү жок. Бирок, Сагымбай ж-дөгү эскерүүлөргө караганда, ал салмактуу, жай, академиялык мүнөздө ырдаган. Сагымбайдын аткаруучулук стилин улантуучулардын бири — манасчы Молдобасан Мусулманкул уулу болгон. Анын аткаруусундагы граммафон табагына жазылган «Манастын чоң казатка аттанышы» — деген үзүндүнүн негизинде жогоруда айтылган ойдун туура экендигине толук ишенүүгө болот. Ушул үзүндүдө Молдобасан «чоң» эпостун музыкалуу лейтмотиви болуп эсептелинген сегиз-тогуз добуштуу фраза м-н варианттап кайталап айтат. Саякбайдай экспрессиялуу речитатив — тез сүйлөмө интонацияларды колдонбойт. Нотада Молдобасан «Манасынын» музыкалык лейтмотиви берилген.

«Манас» айтуучунун эң кийинки мезгилдеги өкүлдөрүнүн бири катары Кыргыз мамл. филармониясынын манасчы-солисти Назаркул Эшенкул уулу Сейдиракмановду алууга болот. Ал ар кайсы аймактык «мектептердин» ыкма-каражаттарын пайдаланып, синтездештирилген өзүнчө бир речитатив обондуу жекече аткаруучулук манерага жетишкен.

«М» м. кыргыз эл аспаптык чыгармачылыгына да чоң таасир тийгизди. Кээ бир божомолдорго караганда революцияга чейин чоң манаптардын (мисалы Ормондун) керней, сурнай, добулбастардан түзүлгөн аскердик (кошундук) оркестри болгон. О. эле комузчулардын чыгармачылыгында «Манастын» лейтмотивинин негизинде түзүлгөн марш ритмдүү казаттык музыкалык чыгармалардын кеңири орун алышын белгилөөгө болот. Мис., А. Тыныбековдун *«Чоң кошуун»*, *«Семетей күү»* аттуу комуз күүлөрү «М.» м-нын негизинде жаралган кыргыз эл аспаптык музыкасынын үлгүсү болуп саналат. «М.» м. кыргыз музыкасына да таасирин тийгизүүдө, к. *Музыка жана «Манас»*.

*К. Дүйшалиев*

## НЕГИЗГИ КЫСКАРТУУЛАР

админ. — администрация
АРВ — Акмат Рысмендеевдин варианты
АТВ — Актан Тыныбековдун варианты
ар. — арабча
арт. — артист, артисти
атн. — атындагы
а. и.— анын ичинде
А-А. — Алматы, Алма-Ата
БСВ — Багыш Сазановдун варианты
б. а. — башкача айтканда
б. з. ч. — биздин заманга чейинки
борб. — борбордук
б-ча — боюнча
б. — бет, бети
ВЖЭ — Валиханов жазып алган эпизод
гр. — грекче
губ. — губерния
ДКВ — Дуңкана Кочукеевдин варианты
д. у. с. — дагы ушул сыяктуу
ж. — жыл, жылы, жылдар, жылдары
ж-а — жана
ж. б. — жана башка
ж-дө — жөнүндө
ЖСВ — Жакшылык Сарыковдун варианты
ЖКВ — Жаңыбай Кожековдун варианты
ЖМВ — Жусуп Мамайдын варианты
ИА — илимдер академиясы
ин-т — институт
ир. — иранча
иск-во — искусство
инв. — инвентарь
к. — кара (шилтеме берилгенде)
к. — кылым, кылымы, кылымдар, кылымдары
КВ — курама вариант
КМУ — Кыргыз мамлекеттик университети
КМ — «Кыргызстан Маданияты»
КФ — кол жазмалар фондусу
МЧВ — Мамбет Чокморовдун варианты
мамл. — мамлекет, мамлекеттик
м-н — менен
мис. — мисалы
моңг. — моңголчо
ММВ — Молдобасан Мусулманкуловдун варианты
о. эле — ошондой эле
обл. — областы
Образцы... — Образцы народный литературы северных тюркских племён
Окт. — Октябрь
О. Азия — Орто Азия
р-н — район
РЖВ — Радлов жазып алган вариант
рев-я — революция
СК — Саякбай Каралаев
СКВ — Саякбай Каралаевдин варианты
СО — Сагымбай Орозбаков
Собр. соч. — Собрание сочинений
СОВ — Сагымбай Орозбаковдун варианты
сов. — советтик
түн. — түндүк
түш. — түштүк
түрк-моңг. — түрк-моңголчо
фр. — французча
ун-т — университет
ШРВ — Шапак Рысмендеевдин варианты
эмг. сиң. — эмгек сиңирген

КЭнин БАШКЫ РЕДАКЦИЯСЫНЫН ЖЕТЕКЧИЛЕРИ

А. КАРЫПКУЛОВ — БАШКЫ РЕДАКТОР, ФИЛОСОФИЯ ИЛИМДЕРИНИН ДОКТОРУ ПРОФЕССОР, КЫРГЫЗ УЛУТТУК ИАнын КОРР-МҮЧӨСҮ.

З. БЕЙШЕЕВ — ЖООПТУУ СЕКРЕТАРЬ

### «МАНАС» ЭНЦИКЛОПЕДИЯСЫН ДАЯРДООГО КАТЫШКАН ИЛИМИЙ-ТАРМАК РЕДАКЦИЯЛАР ЖАНА БӨЛҮМДӨР

**«Манас» редакциясы.** С. АЛИЕВ — редакция башчысы, А. АБИЛОВ, С. ТӨЛӨГӨНОВА — 1-кат. редакторлор, Ж. САГЫНОВ — 2-кат. редактор, К. МУКАШЕВА — редактор.

**Иллюстрация ж-а картография.** Э. КАСЫМОВ — редакция башчысы, К. АКМАТАЛИЕВ — ст. ил. редактор, Р. ЖЭЭНАЛИЕВ — ил. редактор-художник, Л. РЕМПЕЛЬ — фотограф.

**Өндүрүш бөлүмү.** Б. КАЛДЫБАЕВА — жетекгөөчү технолог Ж. ЖОЛДОШЕВА — тех. редактор.

**Кол жазмалар бөлүмү.** Ш. САДАБАЕВА — бөлүм башчысы, Б. БЕЙШЕНАЛИЕВА, Г. ТОЙМАТОВА, Ы. ШЕРАЛИЕВА — редакторлор, Э. ТҮЛКҮБАЕВА, Н. ЧОРОЕВА — машинисткалар.

Мукабасын жасалгалаган сүрөтчү — И. А. ЕФИМОВ.

Энциклопедияга Т. ГЕРЦЕН, Б. ЖУМАБАЕВ, Л. ИЛЬИНА, С. ИШЕНОВ, Т. КУРМАНОВ ж. б. сүрөтчүлөрдүн чыгармаларынан репродукциялар киргизилген.

Фотографтар Э. МАМАДАЛИЕВ, Л. РЕЗНИКОВ, Л. РЕМПЕЛЬ тарткан слайддар ж-а режиссёр М. УБУКЕЕВдин киного тарткан тасмасынын сүрөттөрү пайдаланылган.

ББК 92 я 2
М 23

М 23 «Манас» энциклопедиясы (Башкы ред. А. Карыпкулов, Башкы ред. мүчөлөрү: И. Айтматов ж. б.; Ил.-ред. совет: Э. Абдылдаев ж. б.— Б.: Кыргыз Энциклопедиясынын Башкы редакциясы, 1995.
1-т: Аалам — «Манастын» музыкасы — 1995. —440 б.
ISBN —5—89750—013—4

Бул эки томдук илимий маалыматчы китепте «Манас» эпосунун түрдүү маселелери б-ча негизги маалыматтар берилди. Энциклопедияда манасчылар, жыйноочулар, изилдөөчүлөр, котормочулар ж-а эпоско байланыштуу чыгармалар, алардын авторлору, режиссёрлору, операторлору, сүрөтчүлөр, ролдорду аткарган артисттер ж-дө жазылган таржымал макалалар, о. эле чет өлкөлөрдөгү «Манас» айтуучулар, жарыялоочулар, изилдөөчүлөр, жарыкка чыккан китептер өзүнчө макала түрүндө камтылды. Китеп фольклорго кызыккан жалпы окурмандарга арналат.

4702030100—01
М——————————10—87 ББК 92 я 2
454(П)—95

Двухтомная энциклопедия «Манас» содержит свыше 3 тыс. статей,в которых отражены все стороны проблемы эпоса «Манас».

Справочное издание

Энциклопедия «МАНАС»

т. 1. Аалам — «Манастын» музыкасы

Бишкек, Главная редакция Кыргызской Энциклопедии

на кыргызском языке

Маалымат китеп басылмасы

«МАНАС» энциклопедиясы

1-том. Аалам — «Манастын» музыкасы

Мукабасын жасалгалаган сүрөтчү *И. А. Ефимов*
Сүрөт редакторлору *Э. Р. Касымов, И. А. Ефимов*
Тех. редактору *Ж. Жолдошева*
Корректорлору: *С. Калмаматов, Б. Кыдырбаева*

ИБ № 47

Терүүгө 1991-ж. 26-июлда берилди. Басууга 1994-ж. 15-июлда кол коюлду. Форматы 70×100¹/₁₆. Текст фототерүү ыкмасында мектеп арибы м-н терилип, № 1 офсет кагазына офсет басма м-н басылды. Көлөмү 27,5 накта басма табак, 35,75 шарттуу басма табак, эсеп басма табагы 53,34. Тиражы 10000. Заказ № 2177. Келишим баа менен.

Кыргыз Энциклопедиясынын Башкы редакциясы,
720040, Бишкек шаары, Эркиндик проспектиси, 56-үй.

Кыргыз республикасынын мамлекеттик «Акыл» концерни.
Кыргыз ССРинин 50 жылдыгы атындагы Кыргызполиграфкомбинаты
720461 ГСП, Бишкек шаары, Т. Суванбердиев көчөсү, 102-үй.